ИШКЕРДИК БОЮНЧА ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

ЕВРАЗИЯ ФОНДУ

К. Атышов, Т. Алиев, Р. Суртаев

ИШКЕРДИК БОЮНЧА ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

Разидин Суртаевдин редакциясы менен

Бишкек "Кесип" 2003

33(03)
У я2+Ш143. 21-48
А
48

ББК 81.2—4
И—97

Рецензенттери:
экономикалык илимдердин доктору, проф: А. Муратбеков,
жазуучу, журналист Б. Сексенбаев

Бул долборду колдоо Евразия фонду тарабынан, АКШнын Эл аралык өнүктүрүү Агенттиги (USAID) берген каражаттын эсебинен ишке ашырылды.

Бул түшүндүрмө сөздүктө авторлор тарабынан чагылдырылган көз караш Евразия фондунун же АКШнын Эл аралык өнүктүрүү Агенттигинин (USAID) көз карашы менен дал келбеши мүмкүн.

Атышов К., Алиев Т., Суртаев Р.

Ишкердик боюнча орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүк / Разидин Суртаевдин редакциясы менен. — Б.: Кесип, 2003. — 604 б.

ISBN 5—87989—039—2

Энциклопедиялык нукта даярдалган бул түшүндүрмө сөздүктө менчиктин ар кандай формаларында иш жүргүзүүчү субъектилердин (ишканалардын, фирмалардын, чакан ишканалардын, фермер-дыйкандардын) уюштуруу, башкаруу шарттарын жана иш-аракеттерин чечмелеген экономикалык терминдер камтылган. Мында бугалтердик эсеп, аудит, статистика, финансы, банк иштери, чыгым, инвестиция, бюджет, салык, камсыздандыруу, биржалык иш, менеджмент, башкаруу теориясы, эмгек, эмгек акы, маркетинг, соода, транспорт, табигатты пайдалануу экономикасы, жарандык, административдик, кылмыш жана эмгек укугу, экономикалык-математикалык ыкмалар сыяктуу ишкерликке тыгыз байланышкан экономика тармактарынын материалдары орун алган. Сөздүктө дүйнөлүк экономика, дүйнөлүк базарлар жөнүндө маалыматтар да камтылды.

Бул эмгек негизинен жогорку жана атайын орто окуу жайларынын студенттерине, кесиптик-техникалык окуу жайларынын окуучуларына, ишкерлерге, фермерлерге, ошондой эле жалпы окурмандарга арналган.

ББК 81.2—4

И 4602030000—02
ISBN 5—87989—039—2

© Суртаев Р. ж. б. 2003
© Эл аралык "Евразия" фондусу, 2003

КИРИШ СӨЗ

Шериктеш өлкөлөрдүн азыркы абалы, экономикасынын өнүгүшү, алардын өз алдынча финансылык жана кредит саясаты, дүйнөлүк базардагы интеграциясы, чет өлкөлөр менен байланыштары, менчиктин бардык формаларында чарбаны башкарган субъекттердин базар мамилелерине, ишкердикке жана менчиктештирүүгө өтүшү экономика илимдеринин теориясы менен практикасынын маанисинин өтө зарыл экендигин толук ашкереледи. Мына ушундай шартта калктын басымдуусу тиешелүү терминологияны талдап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн атайын китептерге, бөтөнчө сөздүк, аныктама түрүндөгү финансылык, коммерциялык же ишкердиктин башка маселелери боюнча кыскача болсо да маалымат алууга өбөлгө болуучу адабияттарга муктаждык кыйла арбып жатат.

Атайын ишкердик боюнча терминдер жана түшүнүктөр жалаң экономика, бизнес нугунда гана эмес, ошону менен бирге саясый, социалдык адабият майданында, жарандардын күндөлүк турмуш тиричилигинде, массалык маалымат каражаттарында барган сайын көп кездешүүдө. Чарбакерчиликтин көп түрдүү формаларынын шартында улам жаңылары пайда болуп, өзгөрүлүп турат жана адатка айланган ишкердик түшүнүктөр башкача мазмун менен кайрадан толукталып турат. Ошондуктан жетекчи, адис, студент, мугалим, ишкер, бизнесмен же катардагы эле адам ишкердик терминдер менен көп кездешүүгө жана ар кандай экономикалык түшүнүктөрдү туюнткан процесстердин жана кубулуштардын маңызын түшүнүп, үйрөнүүгө туура келет.

Мына ушундай жагдайда ишкерлер үчүн азыркы энциклопедиялык нуктагы түшүндүрмө сөздүктү даярдап, басып чыгаруунун зарыл экендигин толук ашкереледи. Сөздүктүн түпкү максаты макро- жана микроэкономика, менеджмент, маркетинг, сурам жана сунуш, ишкердик жана бизнес, салык системасы, валюталык-финансылык, кредиттик жана тышкы-экономикалык иш-аракеттер боюнча маалыматтарды камтыган кыска, бирок ишкердикке ыктаган терминдерди өздөштүрүү үчүн толук жетиштүү жана оңой түшүнүк берүү болуп саналат. Сөздүктө

башкаруунун формалары жана ыкмалары, жетекчиликтин башкаруу стилдери, ресурстарды (материалдык, финансылык, эмгек) нормалоо жана пайдалануу жөнүндөгү, бугалтердик эсеп, пландоо, божомолдоо, өндүрүштүн натыйжалуулугу, инвестиция боюнча көптөгөн макалалар орун алган.

Сөздүктө буга окшогон басылмаларда кабыл алынган лексикография жана сөздүк материалын берүү системасы пайдаланылды. Макалаларды жайгаштыруу принциби алфавиттик, алардын ар биринин аты баш тамга менен жартылай кара шрифт менен терилип берилди. Башка тилдерден өздөштүрүп алынган кээ бир терминдерге кыскача этимологиялык маалымат келтирилди, мында грек этимондору латын транскрипциясында берилген, мисалы "**АККРЕДИТИВ** (лат. accreditivus – ишеним кагаз, күчү бар)" же "**КЛИРИНГ** (англ. clearing – эсептешүү)". Эгерде башкы сөз жана этимологиялык маалыматы келтирилген чет тил (этимон) бирдей маанилүү сөздөр болсо, акыркысы которулбай эле берилди, мисалы, "**КОМПАНИЯ** (фр. kompagnie)".

Сөздүктүн макалаларынын аты эки же андан көп сөздөрдөн турса, биринчи орунга сын атооч коюлуп же ал бир кыйла кеңири таралган окуу жана илимий китептердеги түшүнүктө берилди, мисалы "**КАРЫЗ КАРАЖАТТАР**", "**ӨНДҮРҮШ КАРАЖАТТАРЫ**" же "**ЭМГЕК КАРАЖАТТАРЫ**". Арналышы боюнча бирдей мааниге ээ айрым терминдер пайдалануунун ыңгайлуу болуш үчүн катар жайгаштырылган, мисалы "Баланс", "бугалтердик баланс", "капиталдардын кыймылынын балансы", "ишканалардын киреше жана чыгым балансы" ж. б.

Сөздүктө *шилтемелер системасы* кеңири пайдаланылды. Шилтеме берилген макаланын аты *курсив* менен терилип, сөздүктө ушул көрсөтүлгөн түшүнүк бар дегенди билдирет. Башка макалаларга берилүүчү шилтемелер адатта көрсөтүлгөн терминге түшүнүк алуу үчүн окурмандарга алардын мазмуну менен толук таанышуу сунуш кылынган учурларда берилди. Мисалы, "Валюта" макаласында: "акча белгилери, кредиттик жана төлөм документтери (вексель, чек, акча котормо ж.б.)", "Активдүү эсеп – ишканаларды, алардын каражаттарынын курамын чагылдыруу жана жайгаштыруу үчүн арналган *бугалтердик эсеп* дегендер болот. Эгерде предметти баяндоо

мазмуну башка макала менен өз ара байланышы бар учурларда, кийинки макаланын аты каралып жаткан макаланын аягында курсив менен терилди. Мисалы "Валюталык паритет" макаласынын аягында: "*Кара. **Валютный курс – валюта курсу***." Макала түйүндүү сөздөрдү (аныктама сөздөр), классификациялык түшүнүктөрдү же андагы талкууланып жаткан курамдык терминдерди камтышы мүмкүн. Эгерде аларга өзүнчө айрым макала берилбесе, анда алар ариптердин арасы ачык терилип көрсөтүлдү. Мисалы, "Эмгекти нормалоонун аналитикалык ыкмасы" макаласында "Аналитикалык текшерүү жана эсептик текшерүү".

Сөздүктү түзүүдө экономикалык ар кандай материалдар, статистикалык, бугалтердик, финансылык ж. б. басылмалар, мыйзамдык актылар, токтомдор, окуу китептери жана куралдары, монографиялык, энциклопедиялык, аныктамалык жана экономикалык маселелерди камтыган көптөгөн адабияттар пайдаланылды.

Алардын айрымдарын келтире кетсек болот:

1. Большой экономический словарь /Под ред. А. Н. Азрилияна. — М: Институт новой экономики, 1997.

2. Амбарцумов А. А., Стерликов Ф. Ф. 1000 терминов рыночной экономики. — М.: Кронпресс, 1993.

3. Баскаков М. А. Толковый юридический словарь бизнесмена. — М.: Финансы и статистика, 1994.

4. Долан Э. Дж., Домненко Б. Н. Экономикс. Англо-русский словарь-справочник. — М.: Лазурь, Бухгалтерский учет, 1994.

5. Корельский В. Ф., Гаврилов Р. В. Толковый биржевый словарь. — М.: Экспедитор, Руссо, 1996.

6. Райзберг Б. А. Экономическая энциклопедия для детей и взрослых. — М.: АОЗТ "Нефтехиминвест", 1995.

7. Райзберг Б. А., Лозовский Л. Ш., Стародубцева Е. Б. Современный экономический словарь, 2-е изд. исправленное. — М.: ИНФРА-М, 1998.

8. Жумагулов К. Рынок экономикасы боюнча орусча-кыргызча сөздүк. — Б.: Кесип, 1995.

9. Жумадылов К. Социалдык экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүк-справочниги. — Б.: Кыргызстан, 1989.

10. Экономическая энциклопедия /Под ред. Л. И. Абалкина. — М.: ОАО "Экономика", 1999. — 1055 с.

11. Пол. А. Самуэльсон, Вильям Д. Нордхаус "Экономика": пер. с англ. — М.: "Бинон" лаборатория базовых знаний, 1997. — 800 с. ил.

Өзгөчө белгилеп кетүү керек: көз каранды эмес эгемендүү Кыргыз Республикасында кийинки он — он бир жылдын ичинде чыккан экономикалык мүнөздөгү адабияттар толук пайдаланылды. Авторлор сөздүктүн жогорку жана атайын орто окуу жайларынын студенттери, кесиптик-техникалык окуу жайларынын окуучулары, ишкерлер жана жалпы окурмандар үчүн пайдалануга оңтойлуу болуу жагын алдыга максат кылып коюшту.

Китептин аягында терминдердин орусча-кыргызча, чет тилдеги көрсөткүчү жана пайдаланылган адабияттардын тизмеси берилди. Сөздүктү түзүүчүлөр жана "Кесип" басмасынын жамааты — "Евразия" фондусуна учурунда туура чечим кабыл алып, элге өтө зарыл болуп турган кыргыз тилиндеги бул эмгекти чыгарууга каражат бөлүп бергендиги үчүн ыраазычылыгын билдирет. Бул фондунун жамааты мамлекеттик тилдеги китептерди чыгарууга мындан ары да көмөк көрсөтө берет деп ишенебиз.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия жана мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын орунбасары мырза Казат Акматов сөздүктү отурумдарында көп жолу талкууга коюп, илимий терминдерди тактап, сапатын жакшыртууга көп эмгек сиңиришти. Ишкердик боюнча терминдер "Эркин Тоо" гезитине жарыяланып, көпчүлүктүн талкуусуна коюлуп, көп маанилүү иштер аткарылды. Авторлор чын дилибиз менен ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Бул маалымдама окуу куралы экономика, ошонун ичинде базар мамилелеринин шартындагы ишкердиктин теориясы жана практикасы боюнча жалпы окурмандардын ой-өрүшүн кеңейтип, күндөлүк иштерине өбөк боло алса, биз алдыга койгон максатыбызга жеттик деп эсептейбиз.

Суртаев Разидин

ИШКЕРЛЕРДИН УКУКТАРЫН КОРГОО ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2000-жылдын 29-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган.

Ушул Мыйзам жарандардын өздөрүнүн жөндөмдөрүн жана мүлктөрүн ишкердик жүргүзүү үчүн эркин пайдалануунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген укуктарын коргоого багытталган, ошондой эле ишкердиктин субъекттеринин иштеги демилгелерин мамлекеттик колдоого алуунун жана жөнгө салуунун формалары менен усулдарын белгилейт.

Ушул Мыйзамдын аракеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлүүчү жана иштөөчү ишкердиктин субъекттеринин мамилелерине карата уюштуруучулук-укуктук формаларына жана менчигинин формаларына карабастан жайылтылат.

I БӨЛҮМ
ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья. Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы

Кыргыз Республикасында ишкерлердин укуктарын коргоо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, Кыргыз Республикасынын Президентинин указдарына, ушул Мыйзамга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.

Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдар төмөнкүлөрдү караштырат:

— ишкердиктин субъекттери катышуучу мамилелердин формаларынын көп түрдүүлүгүн ченемдик жактан бекемдөө;

— ишкердиктин субъекттеринин айрым категорияларына дифференцияланган мамлекеттик колдоонун ишке ашырылышын камсыздоо.

Эгерде Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимде ушул мыйзамда камтылгандан башка эрежелер каралса, анда эл аралык келишимдин ченемдери колдонулат.

2-статья. Ушул Мыйзамда пайдалануучу негизги түшүнүктөр

Ишкердик (ишкердик жүргүзүү) деген жеке жана юридикалык жактардын өз атынан өзүнүн менчик же карызга алган каражаттарынын эсебинен, өз тобокели

жана өзүнүн мүлктүк жоопкерчилиги астында киреше алуу үчүн жүргүзгөн демилгеси, өз алдынча экономикалык ишкердиги болуп эсептелет.

Ишкердиктин субъекттери болуп, мыйзамда белгиленген тартипте каттоодон өткөн жана өзүнүн уюштуруучулук-укуктук формасына жана менчигинин формасына карабастан, өз тобокели жана өзүнүн мүлктүк жоопкерчилиги астында пайда же жеке киреше табуу максатында мыйзамда тыюу салынбаган иш жүргүзүүчү жеке жана юридикалык жактар эсептелет.

Концессия — мамлекет тарабынан жеке ишкерлерге, чет элдик фирмаларга өнөр жай ишканаларын иштетүү, ар кандай курулуштарды куруу, пайдалуу кендерди казып алуу укугу менен жер участокторун эксплуатацияга берүү келишими.

3-статья. Ишкердиктин эркиндиги

Ишкердиктин эркиндиги өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

— Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана түзүлгөн эл аралык келишимдерде белгиленген чектерде иш чөйрөсүн эркин тандап алуу;

— иштин түрлөрүн жана аны жүзөгө ашыруунун программаларын эркин тандоо;

— ишкердик иш-аракетти жүргүзүү үчүн юридикалык жана жеке жактардын мүлкүн жана каржылык каражаттарын ыктыярдуу негизде эркин тартуу;

— эмгек жөнүндө мыйзамдардын ченемдерин сактоо менен кызматкерлерди эркин жалдоо;

— жалданып иштеген адамдардын эмгек акысын жана башка кирешелеринин формасын, тутумун жана өлчөмдөрүн өз алдынча, бирок, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген минималдуу деңгээлден төмөн эмес белгилөө;

— бардык мамилелерде контрагентти эркин тандоо;

— ишти интеллектуалдык менчиктин негизинде өнүктүрүү;

— Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда, сунуш кылынган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын эркин коюу;

— мамлекет тарабынан белгиленген негизги төлөмдөрдү төлөгөндөн, ошондой эле контрагенттердин алдындагы өзүнө алган милдеттенмелерди аткаргандан кийин калган накта кирешени тескөө эркиндиги;

— Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишкердин өз алдынча тышкы экономикалык иш жүргүзүүсү, анын өзүнүн валюталык үлүшүнүн пайдасын өзү каалагандай пайдалануусу.

4-статья. Ишкерлерге берилчү кепилдиктер жана алардын укуктарын коргоо

Мамлекет ишкерлерге менчигинин түрлөрүнө карабастан, төмөнкүлөрдү кепилдикке алат:

— тең укуктуулук жана каржылык, эмгектик, табигый, маалыматтык жана интеллектуалдык ресурстарга бирдей укук жана мүмкүнчүлүк берүү;

— атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;

— Кыргыз Республикасынын аймагында жана чет мамлекеттерде эл аралык макулдашуулардын негиздеринде иштеп жаткан ишкердиктин субъекттеринин укуктары менен мыйзамдуу таламдарын коргоо.

Тиешелүү органдардын мыйзамда белгиленген негиздердин жана ыйгарым укуктарынын чектеринен тышкары учурларда, ишкерлердин иштерине мамлекеттин жана анын органдарынын кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

Мамлекет экономиканын артыкчылыктуу тармактарындагы ишкердикти колдоонун жана өнүктүрүүнүн программасын иштеп чыгууну жана аны жүзөгө ашырууну камсыздайт, инфраструктуралык жана институционалдык өзгөртүүлөрдү жүргүзөт, аларды ишке ашыруу үчүн ченемдик-уюштуруучулук ыңгайлуу шарттарды түзөт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган төлөмдөрдү белгилөөгө жана алууга тыюу салынат.

5-статья. Ишкердиктин формалары

Кыргыз Республикасында мыйзам чегинде жүргүзүлчү ишкердиктин бардык формаларына жол берилет.

Ишкердик:

— жеке эмгектин негизинде;

— жалданма эмгекти пайдалануу менен;

— юридикалык жакты түзбөстөн;

— юридикалык жакты түзүү менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

Ишкердиктин өзгөчө формалары болуп:

— ишканаңы ал ишкананын мүлкүнүн менчик ээси менен түзүлгөн контрактын негизинде башкарган адам жүргүзгөн ишкердик иш;

— концессиялык келишимге жана комплекстүү ишкердик лицензияга (франчайзинг) негизделген ишкердик иш эсептелет.

Кыргыз Республикасында ишкердик иш адабий, көркөм жана илимий чыгармалар, артисттердин аткаруучулук иши; үн жазуу, радио жана телекөрсөтүүлөр; товардык белгилер, тейлөө белгилери, фирмалык аталыштар, коммерциялык аталыштардын укуктарын камтыган интеллектуалдык менчиктин негизинде жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Интеллектуалдык менчик менен байланыштуу мамилелер Кыргыз Республикасынын атайын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

6-статья. Ишкердиктин субъекттерин мамлекеттик каттоо

Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги жана анын аймактык органдары тарабынан акысыз жүргүзүлөт. Мамлекеттик каттоо өтүнмө берүү мүнөзүндө болот жана

"Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

Юридикалык жактарды юстиция органдарында мамлекеттик каттоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда уруксат берүү мүнөзүнө ээ эмес, ал уюштуруу документтеринин тууралыгын тастыктоо иретинде жүргүзүлөт жана лицензиялоого жатпаган багыттар боюнча ишкердик ишти жүргүзүүнү баштоо үчүн негиз болот.

Юридикалык жак түзбогон жеке жактарды мамлекеттик каттоо Кыргыз Республикасынын өкмөтү аныктаган тартипте статистика органдарында, ал эми патенттик негизде жүргүзүлүүчү ишкердик — ишкердин жашаган жериндеги Мамлекеттик салык инспекциясынын органдарында жүргүзүлөт.

Ишкердиктин субъекттерин мамлекеттик каттоо четке кагылганда сотко даттанууга болот.

7-статья. Ишкердик ишти лицензиялоо

Ишкердиктин субъекттеринин ишин лицензиялоо "Лицензиялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

Ишкердик ишти жүргүзүү укугуна лицензияны кайра чакырып алуу жана анын аракетин токтото туруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

8-статья. Ишкердиктин субъекттеринин союздары (ассоциациялары)

Ишкердиктин субъекттеринин союздары (ассоциациялары) ишкердикти өнүктүрүү боюнча жагымдуу шарттарды, ак ниет атаандаштыкты камсыздоо, ишкердиктин субъекттеринин жоопкерчиликтерин жана компетенцияларын жогорулатуу, мамлекеттик бийликтин органдарында алардын таламдарын жамаатташ коргоону камсыз кылуу үчүн ыктыярдуу негизде түзүлөт. Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишкердиктии субъекттеринин союздарын (ассоциацияларын) уюштурууга жана иш жүргүзүүсүн камсыздоого колдоо көрсөтүшөт.

Ишкердиктин субъекттеринин союздары (ассоциациялары) мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик укуктук актыларды, социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн аймактык программаларын, ишкердик жүргүзүүгө байланыштуу башка ченемдик документтерди даярдоого жана экспертизалоого катышууга, аларды өркүндөтүү боюнча мамлекеттик бийликтин органдарына сунуштарды киргизүүгө укуктуу.

9-статья. Чет өлкөлүк ишкерлердин иш жүргүзүүсү

Кыргыз Республикасында ишкердик иш жүргүзгөн чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактар өз иш-аракеттеринде Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарын, түзүлгөн эл аралык келишимдерди жетекчиликке алат жана Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактары үчүн каралган тең укуктар менен милдеттерге ээ.

10-статья. Ишкердикти илимий жана кадрлык камсыздоо

Башкаруунун борбордук органдары, аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишкерлерди даярдоо, кайра даярдоо жана адистигин жогорулатуу боюнча окуу жайлар тармагын өнүктүрүү үчүн шарт түзүү, ишкердиктин актуалдуу проблемалары боюнча алар үчүн кыска мөөнөттүү курстарды жана семинарларды, конференцияларды, симпозиумдарды уюштуруу боюнча чараларды жүргүзүшөт.

11-статья. Ишкердик иш жүргүзүүнүн эсеби жана отчету

Ишкердиктин субъекттери өндүрүштүк-чарбалык иштин бугалтердик эсебин жүргүзүшөт. Статистикалык отчет түзүшөт жана беришет жана анын тууралыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликте болушат.

12-статья. Ишкердик ишти жүргүзүү процессинде эмгектин корголушу

Ишкер Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарынын ченемдерин сактоого, ошондой эле кызматкерлердин саламаттыгынын жана иш жөндөмдүүлүгүнүн сакталышын камсыз кылуучу ыңгайлуу жана коопсуз эмгек шарттарын түзүүгө милдеттүү.

13-статья. Ишкерлерди камсыздандыруу, ишкердикте иштеген кызматкерлерди социалдык камсыздоо жана социалдык камсыздандыруу

Ишкердик иш жүргүзүүдө анын катышуучуларын камсыздандыруу каралат. Ишкер камсыздандыруунун мамлекеттик же башка түрүн өзү каалагандай тандап алууга укуктуу.

Ишкердик негизделген менчиктин түрлөрүнө карабастан, ишкер эмгек келишими боюнча иштеп жаткан кызматкерлерин камсыздандыруу үчүн социалдык камсыздоо жана социалдык камсыздандыруу фонддоруна жалпы негизде каражат которууга милдеттүү.

14-статья. Ишкердик иш жүргүзүүнү токтотуу

Ишкердиктин субъектисинин иши соттун чечиминин негизинде, уюштуруу документтеринде айтылган шарттарга ылайык, ишкердин демилгеси же башка

себептер боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте токтотулат.

II БӨЛҮМ
ИШКЕРДИКТИ МАМЛЕКЕТТИК КОЛДОО

15-статья. Ишкердикти мамлекеттик колдоо

Ишкердикти мамлекеттик колдоо аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан алардын компетенцияларына ылайык, ал үчүн ынгайлуу уюштуруучулук жана экономикалык шарттарды түзүү жолу менен төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

— Кыргыз Республикасында ишкердикти өнүктүрүүнүн ченемдик-укуктук жана мыйзамдык базасын өркүндөтүү;

— мамлекеттик каржылык, материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстарды, ошондой эле анын ичинде материалдык-техникалык камсыздоону, сатууну, ошондой эле ишкерлерди маалыматтык тейлөөнү, кадрларды даярдоону жана кайра даярдоону уюштурууга көмөктөшүү менен ишкердикти экономиканын Кыргыз Республикасынын өкмөтү белгилеген артыкчылыктуу тармактарында өнүктүрүүгө багытталган илимий-техникалык иштеп чыгуулардын натыйжаларын пайдаланууга жеңилдетилген шарттарды түзүү;

— ыңгайлуу салык, бажы жана инвестиция режимдерин түзүү;

— салык салуунун, ишкердиктин субъекттерин каттоонун, алардын ишкердигин лицензиялоонун, чыгарылып жаткан продукциясын сертификаттоонун, мамлекеттик статистикалык жана бугалтердик отчет берүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибин орнотуу;

— колдонуудагы мыйзамдарда каралган шарттарда жана тартипте жер участокторун берүү жана мамлекеттик мүлктү өткөрүп берүү;

— ишкердиктин субъекттеринин тышкы экономикалык иштерине алардын чет мамлекеттер менен соода, илимий-техникалык, өндүрүштүк, маалыматтык байланыштарын өнүктүрүүгө көмөктөшүүнү камтуу менен колдоо көрсөтүү;

— мамлекеттик жана мамлекеттик эмес инвестициялык жана инновациялык фонддорду, холдингдик, лизингдик компанияларды, фондулук биржаларды, аудитордук кызматтарды жана аныкталган тартипте бекитилген жоболордун негизинде иштөөчү башка курамдарды түзүүгө көмөктөшүү.

16-статья. Ишкердиктин субъекттерин өндүрүштүк-технологиялык колдоо

Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишкердиктин субъекттерин учурдагы жабдуулар жана

технологиялар менен камсыздоого, технопарктар тармагын, лизингдик компанияларды, бизнес-инкубаторлорду, интеграциялашкан бизнес-борборлорду, өндүрүштүк-технологиялык борборлорду жана башка объекттерди түзүүгө, адистештирилген дүң базарларды, жарманкелерди түзүүгө жана уюштурууга багытталган жана ошондой эле имараттарды, курулуштарды, жабдууларды, өндүрүштүк жана кызматтык жайларды, мамлекеттин менчигинде турган башка мүлктү Кыргыз Республикасынын өкмөтү белгилеген тартипте берүү боюнча иш чаралардын комплексин иштеп чыгышат жана ишке ашырышат.

17-статья. Ишкердикти каржылоо

Ишкердиктин тармагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун алкагында чарбакер субъекттерди каржылык-кредиттик колдоо республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин, адистештирилген тармактык мамлекеттик фонддордун каражаттарынын, эл аралык каржылык уюмдар жана донор өлкөлөр берүүчү кредиттердин эсебинен, ошондой эле ата мекендик жеке жана чет өлкөлүк капиталдарды жана башка булактарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартуунун эсебинен жүргүзүлөт.

Ишкердиктин субъекттеринин жеңилдетилген каржылоонун шарттарын Кыргыз Республикасынын өкмөтү аныктайт.

Ишкердикке каржы-кредиттик колдоо көрсөтүү республикалык бюджеттен жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кепилдиги менен эл аралык каржы уюмдары тарабынан жүзөгө ашырылып, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө мыйзамдын долбоору менен бир эле убакта жыл сайын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берилүүчү ишкердикке колдоо көрсөтүүнүн жана аны өнүктүрүүнүн программасынын негизинде жүргүзүлөт. Мында ишкердикти колдоону каржылоо Кыргыз Республикасынын бюджети жөнүндө мыйзамда өзүнчө сап менен бөлүнүп көрсөтүлөт.

18-статья. Ишкердиктин субъекттеринин мамлекеттик заказдарды жана ири ишканалардын заказдарын аткарууга катышуусу

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууда сатып алууну жүргүзүүчү мекемелер бул процесске ишкердиктин субъекттеринин катышуусун караштырат. Ишкердиктин субъекттери үчүн заказдардын тийиштүү үлүшүн резервдөөнүн жана аларды берүүнүн тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

Ири ишканалар чийки заттарды, материалдарды, комплекттөөчү буюмдарды жана тетиктерди сатып алуу боюнча өз заказдарынын бөлүгүн ишкердиктин субъекттерине жайгаштырышат.

19-статья. Ишкердиктин субъекттерин маалыматтык чөйрөдө колдоо

Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары ишкердиктин субъекттери натыйжалуу өнүгүшү үчүн экономикалык, укуктук, статистикалык, өндүрүштүк-технологиялык жана башка маалыматтарды алышы жана ал маалыматтарды өз ара алмашуусу үчүн тийиштүү маалыматтык инфраструктура түзүү боюнча чараларды иштеп чыгышат жана ишке ашырышат.

20-статья. Ишкердиктин субъекттеринин мамлекеттик менчикти жеңилдетилген шартта менчиктештирүүсү

Мамлекеттин менчигиндеги иштебей токтоп турган, консервацияланган жана майнапсыз иштеген ишканалар, өндүрүштүк аянттар, жабдуулар жана башка негизги каражаттар продукцияларды, товарларды чыгарууну жана тейлөөнү уюштуруу үчүн ишкердиктин субъекттерине ижаралык шартта, Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен программага жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кийин сатып алуу үчүн ижарага алуу жолу менен өткөрүп берилиши мүмкүн.

Мамлекеттик мүлктү ишкердиктин субъекттерине жеңилдетилген шартта өткөрүп берүүнүн тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

21-статья. Мамлекеттик контролдоочу органдардын ишкердиктин субъекттеринин ишин текшерүүсү

Мамлекеттик контролдоочу органдар ишкердиктин субъекттеринин ишин текшерүүнү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жүргүзүшөт.

22-статья. Мамлекеттик контролдоочу органдардын жана кызмат адамдарынын жоопкерчилиги

Кызмат адамдарынын ушул Мыйзамдын талаптарын аткарбоосу администрациялык жаза берүүдө укук бузуунун оордугуна байланыштуу болот же колдонуудагы мыйзамга ылайык жаза жоопкерчилигине алып келет.

Мамлекеттик же башка органдардын өз компетенциясына, болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келбеген, ишкердин укугун бузган актыны чыгаруусу соттук тартипте даттанылышы мүмкүн.

Мамлекеттик контролдоочу жана башка органдардын же алардын кызмат адамдарынын ишкердик укугун бузган иштеринин, ошондой эле андай органдардын, болбосо алардын кызмат адамдарынын ишкерге карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген милдеттерин мыйзамга ылайык

аткарбагандыктарынын натыйжасында келтирилген зыяндар ишкердин алынбай калган пайдасын кошо камтуу менен ал органдар жана кызмат адамдары тарабынан төлөнүп берилүүгө тийиш.

23-статья. Ишкердиктин субъекттеринин чарбалык талаштарды чечүүсү

Ишкердиктин субъекттери доо арызы менен сотко кайрылган учурда, мамлекеттик алымды төлөө мөөнөтүн сот чечим чыгарганга чейин кийинкиге калтырууга мүмкүндүк берилет. Мында мамлекеттик алым жарандык жана арбитраждык процессуалдык мыйзамдарга ылайык төлөнөт.

24-статья. Ишкердин жоопкерчилиги

Ишкер реализациялаган продукциялар (товар жана тейлөөлөр) керектөөчүнүн өмүрү, ден соолугу жана мүлкү үчүн толук коопсуз келип, шайкеш сертификаты, ошондой эле сатылып жаткан товар менен тейлөөнүн керектелүү өзгөчөлүгү жөнүндө толук жана так маалымат болууга тийиш. Керектөөчүлөр менен эсептешүүнү кассалык же товардык чекти керектөөчүгө милдеттүү түрдө берүү менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына толук ылайык жүргүзүү керек.

Ушундай талаптар бузулган учурда ишкер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

Сапатсыз товарларды (жумуш жана кызмат көрсөтүү) реализациялоодон улам чыккан ишкер менен керектөөчүнүн ортосундагы талаштар "Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык аткаруу бийлигинин тиешелүү мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, ошондой эле керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо коомдоруна (ассоциацияларга жана союздарга) тикеден-тике байланышуу жана кайрылуу жолу менен, же сот аркылуу каралат.

25-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актылары, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ведомстволук ченемдик укуктук актылары ушул Мыйзам күчүнө киргенден кийин эки айдын ичинде ага ылайык келтирилүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын
Президенти **А. АКАЕВ**

Бишкек шаары, Өкмөт үйү,
2001-жылдын 1-февралы

ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
О ЗАЩИТЕ ПРАВ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЕЙ

Принят Законодательным собранием
Жогорку Кенеша Кыргызской Республики 29 декабря 2000 года

Настоящий Закон направлен на защиту установленных законодательством Кыргызской Республики прав граждан на свободное использование своих способностей и имущества для реализации предпринимательской деятельности, а также устанавливает формы и методы государственного стимулирования и регулирования инициативной деятельности субъектов предпринимательства.

Действие настоящего Закона распространяется на отношения, в которые вступают субъекты предпринимательства, создаваемые и функционирующие в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, независимо от организационно-правовых форм и форм собственности.

РАЗДЕЛ I
ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

Статья 1. Законодательство Кыргызской Республики о защите прав предпринимателей

Защита прав предпринимателей в Кыргызской Республике осуществляется в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики, Гражданским кодексом Кыргызской Республики, указами Президента Кыргызской Республики, настоящим Законом, а также иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

Законодательство о защите прав предпринимателей предполагает:

— нормативное закрепление многообразия форм отношений, в которые вступают субъекты предпринимательства;

— обеспечение реализации дифференцированной государственной поддержки отдельным категориям субъектов предпринимательства.

Если по международным договорам, участником которого является Кыргызская Республика, установлены иные правила, чем те, которые содержатся в настоящем Законе, то применяются нормы международного договора.

Статья 2. Основные понятия, используемые в настоящем Законе

Предпринимательство (предпринимательская деятельность) представляет собой инициативную, самостоятельную экономическую деятельность физических и юридических лиц осуществляемую от своего имени за счет собственных или заемных средств, на свой риск и под свою имущественную ответственность, направленную на получение прибыли.

Субъектами предпринимательства являются физические и юридические лица, зарегистрированные в установленном законом порядке и осуществляющие на свой риск и под свою имущественную ответственность не запрещенную законодательством деятельность с целью извлечения прибыли вне зависимости от их организационно-правовых форм и форм собственности.

Концессия — договор на сдачу государством в эксплуатацию промышленных предприятий, участков земли с правом добычи полезных ископаемых, строительства различных сооружений частным предпринимателям, иностранным фирмам.

Статья 3. Свобода предпринимательства

Свобода предпринимательства включает в себя:

— свободный выбор сферы деятельности в пределах, установленных законодательством Кыргызской Республики и заключенными международными договорами;

— свободный выбор видов деятельности и программ её осуществления;

— свободное привлечение на добровольных началах имущества и финансовых средств юридических и физических лиц для осуществления предпринимательской деятельности;

— свободный наем работников с соблюдением норм трудового законодательства;

— самостоятельное определение форм, системы и размеров оплаты труда и других видов доходов лиц, работающих по найму, но не ниже минимального уровня, определяемого нормативными правовыми актами Кыргызской Республики;

— свободный выбор контрагента во всех отношениях;

— развитие деятельности на основе интеллектуальной собственности;

— свободное установление цен на предлагаемые товары и услуги, кроме случаев, предусмотренных Законодательством Кыргызской Республики;

— свободу распоряжения чистой прибылью, остающейся после внесения обязательных платежей, установленных государством, а также выполнения принятых на себя обязательств перед контрагентами;

655665

— самостоятельное осуществление предпринимателем внешнеэкономической деятельности в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, использование им своей доли валютной выручки по собственному усмотрению.

Статья 4. Гарантии и защита прав предпринимателей

Государство гарантирует предпринимателям независимо от форм собственности:

— равные права и возможности доступа к финансовым, трудовым, природным, информационным и интеллектуальным ресурсам;

— создание условий для защиты и развития конкуренции;

— защиту прав и законных интересов субъектов предпринимательской деятельности, действующих на территории Кыргызской Республики и иностранных государств на основе международных соглашений.

Не допускается вмешательство государства и его органов в деятельность предпринимателей, кроме как по установленным законодательством основаниям и в пределах полномочий соответствующих органов.

Государство обеспечивает разработку и реализацию программы поддержки и развития предпринимательства в приоритетных отраслях экономики, проводит инфраструктурные и институциональные преобразования, создает благоприятные нормативно-правовые, экономико-организационные условия для их реализации.

Запрещается установление и взимание платежей, не предусмотренных законодательством Кыргызской Республики.

Статья 5. Формы предпринимательства

В Кыргызской Республике допускаются любые формы предпринимательства, осуществляемые в рамках законодательства.

Предпринимательство может осуществляться:

— на основе личного труда;

— с использованием наемного труда;

— без образования юридического лица;

— с образованием юридического лица.

Особыми формами предпринимательства являются:

— предпринимательская деятельность, осуществляемая лицом, управляющим предприятием на основе контракта с собственником имущества этого предприятия;

— предпринимательская деятельность, основанная на договоре концессии и комплексной предпринимательской лицензии (франчайзинга).

В Кыргызской Республике может осуществляться также предпринимательская деятельность на основе интеллектуальной собственности, включающей в себя права, относящиеся к литературным, художественным и научным произведениям; исполнительской деятельности артистов, звукозаписи, радио- или телевизионным передачам; товарным знакам, знакам обслуживания, фирменным наименованиям, коммерческим обозначениям.

Отношения, связанные с интеллектуальной собственностью, регулируются специальным законодательством Кыргызской Республики.

Статья 6. Государственная регистрация субъектов предпринимательства

Государственная регистрация юридических лиц осуществляется Министерством юстиции Кыргызской Республики и его территориальными органами на бесплатной основе. Государственная регистрация имеет заявительный характер и осуществляется в соответствии с Законом Кыргызской Республики "О государственной регистрации юридических лиц".

Государственная регистрация юридических лиц в органах юстиции не носит разрешительного характера, кроме случаев, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики, производится в подтверждение правильности оформления учредительских документов и является основанием для начала предпринимательской деятельности по направлениям, не подлежащим лицензированию.

Государственная регистрация физических лиц без образования юридического лица осуществляется в установленном Правительством Кыргызской Республики порядке в органах статистики, а деятельность, осуществляемая на патентной основе, — в органах Государственной налоговой инспекции по месту нахождения предпринимателя.

Отказ в государственной регистрации субъектов предпринимательства может быть обжалован в суде.

Статья 7. Лицензирование предпринимательской деятельности

Лицензирование деятельности субъектов предпринимательства осуществляется в соответствии с Законом Кыргызской Республики "О лицензировании".

Отзыв лицензии на право занятия предпринимательской деятельностью и приостановление ее действия осуществляется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

Статья 8. Союзы (ассоциации) субъектов предпринимательства

Союзы (ассоциации) субъектов предпринимательства создаются на добровольной основе для обеспечения наиболее благоприятных условий развития предпринимательства, добросовестной конкуренции, повышения ответственности и компетенции субъектов предпринимательства, коллективной защиты их интересов в органах государственной власти. Государственные органы исполнительской власти и органы местного самоуправления оказывают поддержку в организации и обеспечении деятельности союзов (ассоциации) субъектов предпринимательства.

Союзы (ассоциаций) субъектов предпринимательства имеют право участвовать в подготовке и экспертизе проектов законов и иных нормативных правовых актов, региональных программ социально-экономического развития, других нормативных документов, связанных с предпринимательской деятельностью, вносить предложения по их совершенствованию в органы государственной власти.

Статья 9. Деятельность иностранных предпринимателей

Иностранные физические и юридические лица, осуществляющие предпринимательскую деятельность в Кыргызской Республике, в своих действиях руководствуются законодательством Кыргызской Республики, заключенными международными договорами и имеют равные права и обязанности, предусмотренные для физических и юридических лиц Кыргызской Республики.

Статья 10. Научное и кадровое обеспечение предпринимательства

Центральные органы управления, государственные органы исполнительной власти и органы местного самоуправления осуществляют меры по созданию условий для развития сети учебных заведений по подготовке, переподготовке и повышению квалификации предпринимателей, организации для них краткосрочных курсов и семинаров, конференций, симпозиумов по актуальным проблемам предпринимательства.

Статья 11. Учет и отчетность предпринимательской деятельности

Субъекты предпринимательства ведут бухгалтерский учет производственно-хозяйственной деятельности, составляют и представляют статистическую отчетность и несут ответственность за её достоверность в порядке, установленном действующим законодательством Кыргызской Республики.

Статья 12. Охрана труда в процессе предпринимательской деятельности

Предприниматель обязан соблюдать нормы трудового законодательства Кыргызской Республики, а также создать здоровые и безопасные условия труда, обеспечивающие сохранение здоровья и работоспособность работников.

Статья 13. Страхование предпринимателей, социальное обеспечение и социальное страхование работников, занятых в предпринимательстве

Предпринимательская деятельность предполагает страхование ее участников. Предприниматель вправе свободно выбирать как государственный, так и другой вид страхования.

Предприниматель независимо от форм собственности, на которых основано предпринимательство, обязан производить на общих основаниях в фонды социального обеспечения и социального страхования отчисления на страхование работников, работающих по трудовому договору.

Статья 14. Прекращение предпринимательской деятельности

Деятельность субъекта предпринимательства прекращается на основании решения суда, в соответствии с оговоренными в учредительных документах условиями, по инициативе предпринимателя или по другим основаниям в порядке, предусмотренном законодательствам Кыргызской Республики.

Раздел II
ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПОДДЕРЖКА ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА

Статья 15. Государственная поддержка предпринимательства

Государственная поддержка предпринимательства осуществляется государственными органами исполнительной власти и органами местного

самоуправления в соответствии с их компетенцией путем создания благоприятных организационных и экономических условий по следующим направлениям:

— совершенствование нормативно-правовой и законодательной базы развития предпринимательства в Кыргызской Республике;

— создание льготных условий использования государственных финансовых, материально-технических и информационных ресурсов, а также результатов научно-технических разработок, направляемых на развитие предпринимательства в определенных Правительством Кыргызской Республики приоритетных отраслях экономики, включая содействие в организации материально-технического обеспечения, сбыта, а также информационного обслуживания предпринимателей, подготовке и переподготовке кадров;

— создание благоприятного налогового, таможенного и инвестиционного режима;

— установление упрощенного порядка налогообложения, регистрации субъектов предпринимательства, лицензирования их деятельности, сертификации выпускаемой продукции, предоставления государственной статистической и бухгалтерской отчетности;

— предоставление земельного участка и передача государственного имущества на условиях и в порядке, предусмотренных действующим законодательством;

— поддержка внешнеэкономической деятельности субъектов предпринимательства, включая содействие развитию их торговых, научно-технических, производственных, информационных связей с зарубежными государствами;

— содействие созданию государственных и негосударственных инвестиционных и инновационных фондов, холдинговых, лизинговых компаний, фондовых бирж, аудиторских служб и других структур, действующих на основе специальных положений, утверждаемых в установленном порядке.

Статья 16. Производственно-технологическая поддержка субъектов предпринимательства.

Государственные органы исполнительной власти и органы местного самоуправления разрабатывают и осуществляют комплекс мероприятий, направленных на содействие обеспечению субъектов предпринимательства современным оборудованием и технологией, создание сети технопарков, лизинговых компаний, бизнес-инкубаторов, интегрированных бизнес-центров, производственно-технологических центров и других объектов, создание и организацию специализированных оптовых рынков, ярмарок, а также по

предоставлению зданий, сооружений, оборудования, производственных и служебных помещений, иного имущества, находящихся в государственной собственности, в установленном Правительством Кыргызской Республики порядке.

Статья 17. Финансирование предпринимательства

Финансово-кредитная поддержка хозяйствующих субъектов в рамках реализации государственной политики в области предпринимательства осуществляется за счет средств республиканского и местного бюджетов, специализированных отраслевых государственных фондов, кредитов, предоставляемых международными финансовыми организациями и странами-донорами, а также привлечения частного отечественного и зарубежного капиталов и других источников в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

Условия льготного финансирования субъектов предпринимательства устанавливаются Правительством Кыргызской Республики.

Финансово-кредитная поддержка предпринимательства, осуществляемая из республиканского бюджета и международными финансовыми организациями под гарантию Правительства Кыргызской Республики, производится на основании программы поддержки и развития предпринимательства, которая ежегодно представляется в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики одновременно с проектом закона о республиканском бюджете Кыргызской Республики. При этом финансирование на поддержку предпринимательства должно выделяться в законе о республиканском бюджете Кыргызской Республики отдельной строкой.

Статья 18. Участие субъектов предпринимательства в выполнении государственных заказов и заказов крупных предприятий

При осуществлении государственных закупок товаров, работ и услуг закупающие организации предусматривают участие в этом процессе субъектов предпринимательства. Порядок резервирования для субъектов предпринимательства соответствующей доли заказов и их размещение устанавливается Правительством Кыргызской Республики.

Крупные предприятия размещают часть своих заказов по приобретению сырья, материалов, комплектующих изделий и деталей у субъектов предпринимательства.

Статья 19. Поддержка субъектов предпринимательства в информационной сфере

Государственные органы исполнительной власти и органы местного самоуправления разрабатывают и осуществляют меры по созданию соответствующей информационной инфраструктуры в целях получения субъектами предпринимательства экономической, правовой, статистической, производственно-технологической и иной информации, необходимой для их эффективного развития, и обмена ею между ними.

Статья 20. Приватизация субъектами предпринимательства государственной собственности на льготной основе

Простаивающие, законсервированные и неэффективно работающие предприятия, производственные площади, оборудование и другие основные средства, находящиеся в государственной собственности, могут передаваться для организации производства продукции, товаров и услуг субъектам предпринимательства на условиях аренды, аренды с последующим выкупом в соответствии с Программой разгосударствления и приватизации государственной собственности в Кыргызской Республике, утвержденной Жогорку Кенешем Кыргызской Республики, и законодательством Кыргызской Республики.

Порядок передачи государственного имущества субъектам предпринимательства на льготной основе устанавливается Правительством Кыргызской Республики.

Статья 21. Проверка деятельности субъектов предпринимательства государственными контролирующими органами

Проверка деятельности субъектов предпринимательства государственными контролирующими органами осуществляется в соответствии с действующим законодательством Кыргызской Республики.

Статья 22. Ответственность государственных контролирующих органов и должностных лиц

Невыполнение должностными лицами требований настоящего Закона влечет в зависимости от тяжести правонарушения наложение администра-

тивных взысканий или привлечение к уголовной ответственности согласно действующему законодательству.

Издание государственным или иным органом акта, не соответсвующего его компетенции, либо требованиям законодательства Кыргызской Республики, нарушающего права предпринимателя, может быть обжаловано в судебном порядке.

Убытки, причиненные предпринимателю, включая упущенную выгоду, в результате неправомерных действий государственных контролирующих и иных органов, либо их должностных лиц, нарушивших права предпринимателя, а также вследствие ненадлежащего осуществления такими органами, либо их должностными лицами предусмотренных законодательством Кыргызской Республики обязанностей по отношению к предпринимателю, подлежат возмещению этими органами и должностными лицами.

Статья 23. Разрешение субъектами предпринимательства хозяйственных споров

Субъектам предпринимательства при обращении с исковыми заявлениями в суды предоставляется отсрочка на оплату государственной пошлины до вынесения судом решения. При этом государственная пошлина оплачивается в соответствии с нормами гражданского и арбитражного процессуального законодательства.

Статья 24. Ответственность предпринимателя

Реализуемая предпринимателем продукция (товары и услуги) должна быть полностью безопасна для жизни, здоровья и имущества потребителя, иметь сертификаты соответствия, а также полную и достоверную информацию о потребительских свойствах реализуемых товаров и услуг. Расчеты с потребителями должны производиться в полном соответствии с законодательством Кыргызской Республики с обязательной выдачей потребителю кассового или товарного чека.

При нарушении этих требований предприниматель несет ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

Споры между предпринимателем и потребителем по поводу реализации некачественных товаров (работ и услуг) рассматриваются согласно Закону Кыргызской Республики "О защите прав потребителей" путем непосредственных контактов и обращений в соответствующие государственные органы

исполнительной власти и органы местного самоуправления, а также общества (ассоциации и союзы) защиты прав потребителей или суд.

Статья 25. Вступление в силу настоящего Закона

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования. Нормативные правовые акты Президента Кыргызской Республики, правительства Кыргызской Республики, ведомственные нормативные правовые акты органов государственной власти Кыргызской Республики и органов местного самоуправления подлежат приведению в соответствие с настоящим Законом в течение двух месяцев со дня его вступления в силу.

Президент
Кыргызской Республики **А. АКАЕВ**

гор. Бишкек, Дом Правительства
1 февраля 2001 года

А

АБАНДОН – АБАНДОН (фр. abandon – баш тартуу) – укуктан жана мүлктөн өз эркн менен баш тартуу.

АБОЛИЦИЯ – АБОЛИЦИЯ (лат. abolitio – жокко чыгаруу, жоюу) – *1)* Мыйзамды, чечимди, келишимди жокко чыгаруу; *2)* Аткарган кызматтын кыскарышы.

АБОНЕМЕНТ – АБОНЕМЕНТ (фр. abonnoment – пайдалануу укугу) – белгилүү мөөнөткө кандайдыр бир нерсени пайдалануу укугу жана бул укукту күбөлөндүрүүчү документ.

АБОНЕНТ – АБОНЕНТ (нем. abonnent, фр. – abonner – кол коюу, жазылуу) – *1)* Абонементи бар тарап же мекеме. *2)* Маалыматтарды, коммуникацияларды иштетүү системасына кирүү укугуна ээ болгон пайдалануучу.

АБРОГАЦИЯ – АБРОГАЦИЯ (лат. abrogatio – жоюу) – өлкөнүн аймагында колдонулуп жүргөн, бирок эскирип калган мыйзамдын жоюлушу.

АБСОРБЦИЯ – АБСОРБЦИЯ (лат. absorption – сиңирүү) – эки коммерциялык фирманын бир бирдиктүү уюмду (мекемени) түзүү максатында чоңурагы кичинесин өзүнө кошуп алып, бир фирмага биригиши.

АВАЛЬ – АВАЛЬ (фр. aval – кепилдик) – айрыкча кепилдик жазуу түрүндө тужурумдалган (оформить этилген) *чекке* (*вексель* ж.б.) төлөнүүчү жазуу жүзүндөгү финансылык кепилдик (поручительство); *банктык кредит* берүүнүн формасы. Чектин (векселдин) бардык суммасына же анын (чектин) бир бөлүгүнө гана кез келген жооптуу адамдын (мисалы, чек же вексель кармаган адамдын, *акцептанттын*, *индосанттын*) атынан (төлөөчүдөн башка) жасалышы мүмкүн. Аваль чектин (векселдин) оң жагына же кошумча баракка (аллонжга) жазылат; мында жазууну "аваль үчүн эсептеш керек" жана ал кимге берилгендигине белги коюлат. Авалчы өзүнүн адресин жана жазган күнүн көрсөтүп кол коёт. Кепилдик берген банк, башка кредиттик-финансылык мекеме чек (вексель) боюнча аваль берилген адамга анда көрсөтүлгөн ошол көлөмдө төлөөгө биргелешип жооп берет. Векселди төлогон авалчы аваль берген адамынан төлөмдүн ордун толтуруп төлөп берүүнү талап кылууга акылуу жана ошондой эле карыздар болгон адамга кепил болуп жоопкерчилигин алган адамдан талап кыла алат; негизги карыздар – *кредитчи*, чек (вексель) боюнча төлөп берүү бүткөндөн кийин гана жоопкерчиликтен бошотулат. Аваль чектин (векселдин ж. б.) ишенимдүүлүгүн арттырат деп эсептелинет жана ишкерлердин кредиттик-финансылык

айланым документинин финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө ишенимин жогорулатууга жардам берүү менен банктардын же фирмалардын кепилдик формасы болуп саналат.

АВАНС – АВАНС (фр. avance, англ. advans – карызга берүү) – алдыдагы төлөөнүн (төлөмдүн) эсебинен берилүүчү акча каражаты же башка мүлктүк баалуулук. Бул ишкана эмгек акынын эсебинен алдын ала берүүчү акча каражаты, же келерки чыгымдардын жана төлөмдөрдүн, же алдын ала төлөнүүчү каражат болушу ыктымал; иш аткаруучуга иштерди жасоого (тейлөөгө) тийиштүү болгон наркынын бөлүгү катары төлөнүүчү акча же материалдык баалуулук болушу мүмкүн. Мисалы, фирма кызматкерлерине ар айдын биринчи жарымында ошол айга тийиштүү эмгек акынын эсебинен берилүүчү акча (аванс). Аванстын өлчөмү жана төлөө мөөнөтү *жамааттык келишимге* ылайык аныкталат. Аванс кызматкерлерге аларды кызмат боюнча иш сапарга жөнөткөндө, ошондой эле чарбалык сарптоолорго да, эсептешүү негизинде берилет. Бул учурларда аванс алуучу белгиленген мөөнөт ичинде ага берген мекемеге *аванстык отчёт* тапшырып жана пайдаланылбай ашып калган акчаны кайра кайрышы керек. Аванс заказчы тарабынан көтөрмөчүгө курулуш-монтаждык, долбоордук-иликтөө, илимий-изилдөө ж. б. жумуштардын аткарылыш эсебинен которулган акчанын суммасы болушу да мүмкүн. Аванстын бул түрүнүн которулуу өлчөмү жана мөөнөттөрү тийиштүү келишимдин негизинде каралат. Соода-сатык ишинде аванс катары товарларды жөнөтүү (тейлөө) үчүн жүктөөгө чейин сатып алуучулар тарабынан ишке ашырылуучу төлөмдөрдү кошууга болот. Адатта, алар кредит шарттарында (контрактын наркынан пайыздар менен) товарды жеткирип-тапшырууда милдеттүү түрдө керек жана жеткирип тапшыруучунун (экспортчунун) менчик *айланым каражаттарынын* толукталышынын булагы болуп саналат.

АВАНСИРОВАННАЯ СТОИМОСТЬ – АВАНСЫЛАНГАН НАРК – *пайда* табуу максатында *өндүрүш каражаттарын* алууга (туруктуу капитал) жана жумушчу күчүн чегерүүгө (өзгөрүлмө капитал) жумшалуучу акча каражаттары.

АВАНСОВЫЙ ОТЧЁТ – АВАНСЫЛЫК ЭСЕП-КЫСАП – ишкана же мекеменин жумушуна байланыштуу тапшырмаларды (иш сапар, чарбалык чыгымдар ж. б.) аткаруу үчүн эсеп менен алган авансыны пайдалангандыгын ырастаган кызматкердин берген эсеп-кысабы. Авансылык эсеп-кысап адатта ар бир аванс суммасына өзүнчө түзүлөт. Анда чыгымдардын бардыгы жана эсеп менен алгандары көрсөтүлөт; чыгымдарды ырастаган далилдүү документтер, ал эми ишсапар учурунда аткарылган иштери жөнүндөгү кыскача эсеп-кысабы тиркелет да, ага эсеп-кысап

берүүчү адам кол коёт. Ал эми өндүрүштүк чыгымдардын аныктыгын бугалтер текшергенден кийин, тузурумдуулугун ишкананын (уюмдун) жетекчиси бекитет.

АВИЗО – АВИЗО (ит. avviso, англ. advice – билдирүү) – бир *контрагенттин* башка бирөөнө өз ара эсептешүүлөрүнүн өзгөрүүлөрү, акчаны которуу, товарды жөнөткөндүгү же үчүнчү тарап менен жүргүзүлгөн эсептешүүлөр тууралуу жиберүүчү билдирмеси. Бул көбүнчө банк ишинде, почта-телеграфтарда да колдонулат. Авизодо анын номери, операциялардын жүргүзүлгөн күнү, суммасы, төлөөчүнүн же сатып алуучунун аты жөнү көрсөтүлөт. Өзүлөрүнүн кардалдарына алардын эсеби боюнча акча суммаларынын кыймылдары, которулуучу *векселдер* же чектер менен коюлуучу *аккредитивдерди* ачуу, товарларды ташып-жеткирип, тапшырып туруучуларга товарлардын жөнөтүлгөндүгү же акча суммаларынын которулгандыгы, алардын эсебинде каражаттардын калгандары жөнүндө кабарландырма үчүн банктарда пайдаланылат. *Төлөө кагаздарынын* көчүрмөлөрү, башка бугалтердик же банк документтери да авизо катарында кызмат кылышы мүмкүн.

АВИСТА – АВИСТА (ит. avicta – көрсөтүү) – векселге же акча эсептешүүлөрүнүн документтеринде ошол тиешелүү документти же *векселди* көрсөткөндө, же аны көрсөткөн убактан кандайдыр бир мезгил өткөндө төлөнүүгө жатары чагылдырылган жазуу. Мында, векселди көрсөткөн адамга төлөнөт. Авистанын жазуусу чектер менен акча которууга да жазылышы мүмкүн.

АВТАРКИЯ – АВТАРКИЯ (гр. autarceia – өзүн өзү канааттандыруу, камсыз кылуу) – кандайдыр бир өлкөнүн дүйнөлүк алкактан обочолонуунун экономикалык саясаты; бир мамлекет өз аймагынын чегинде өзүн өзү камсыз кылуучу жана туюкталган экономикалык ыкма нугунда өнүгүү максатында дүйнөлүк базардан өз эркн же мажбурлануу менен четтеп калышы. Бул *эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшүнүн*, өлкөлөрдүн ич ара экономикалык байланышынын талаптарына көпчүлүк учурда кайчы келет. Мындай көрүнүш көбүнчө мамлекеттин учурдагы саясый абалына же анын эл аралык деңгээлдеги жагдайына тыгыз байланыштуу болот. Автаркия өлкөнүн экономикалык абалынын начарлашына, эл аралык мамилелер нугунда терс көрүнүштөрдүн күчөшүнө алып келет, экономикалык жактан көз карандысыздыкты камсыз кыла албай калат да, өлкөнү бир кыйла жакырлантып жиберет, калктын турмуш-тиричилигинин жакшырышына бөгөт жасайт, илимий-техникалык прогресстин натыйжаларын өндүрүшкө жайылтууга кедерги келтирет, акырында өлкөнүн экономикасын кризистик абалга алып келет. *Кара. Протекционизм.*

АВТОКРАТИЯ – АВТОКРАТИЯ (гр. autokrateia – жеке бийлик) – бийликти бир адамдын жеке өз

колуна топтоп, экономиканы, ишкананы башкаруу жолу.

АВТОМАТИЗАЦИЯ ПРОИЗВОДСТВА – ӨНДҮРҮШТҮ АВТОМАТТАШТЫРУУ – өндүрүштү машиналар, курал-шаймандар жана автоматтык жабдуулар менен камсыз кылуу. Ушулардын жардамы менен түрдүү иштердин тизмеги же айрым бөлүктөрү аткарылат. Өндүрүштүн технологиялык процесстери негизинен автоматташтырылган тетиктердин жардамы аркылуу ишке ашырылат да, аны тейлеген адамдар машиналардын иштешин гана көзөмөлгө алып калат. Азыркы базар мамилесинин шартында жумуш процесстерин автоматташтыруу өнөр жай тармактарында кеңири таралган. Ал эми айыл чарба тармактарында өндүрүш процесстери толук механикалаштырылган же өндүрүш процесстеринин деңгээли өнөр жайдагы деңгээлге жеткирилген объектилерде гана автоматташтыруу ишке ашырылууда. Алсак, суу ресурсун бөлүштүрүүдө жана пайдаланууда, бакма канаттуулардын ири комплекстеринде, мал чарба продуктуларын иштеп чыгарууда автоматташтыруу иши кеңири керектелип жатат. Эмгек чыгымдарын кыскартуу, өндүрүш шарттарын жакшыртуу, продуктуну чыгаруу көлөмүн жана сапатын жогорулатуу – өндүрүштү автоматташтыруунун башкы максаты болуп саналат. Өндүрүштү автоматташтыруу адамдын эмгегинин бүт баарысы же анын бир азы машиналардын иштери менен алмаштырылганына байланыштуу толук же бир аз автоматташтырылган болушу мүмкүн. Өндүрүштү автоматташтыруунун жүрүшүндө учур талабына ылайык келгидей автоматтык жана автоматташтырылган техникалык каражаттарды даярдоого же сатып алууга жана пайдаланууга кыйла акча талап кылынат. Ошондуктан анын ишке киргизилиши эң алды менен социалдык жана экономикалык жактан жеткиликтүү бышыкталышы зарыл. Анын башкы артыкчылыгы баарынан мурда *өндүрүштүк циклды* кыскартууга жана *эмгек өндүрүмдүүлүгүн* кескин жогорулатууга, айланым (жүгүртмө) каражаттардын айланымын ылдамдатууга, продукциянын *өздүк наркын* төмөндөтүүгө, анын сапатын жогорулатууга олуттуу таасирин тийгизип, жыйынтыгында экономиканын жалпы өнүгүшүнө зор көмөк көрсөтөт. Муну дүйнөлүк деңгээлде өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн бай тажрыйбасы да толук ырастайт.

АВТОРИЗАЦИЯ – АВТОРИЗАЦИЯ, АВТОРЛОО (фр. autoriser – уруксат этүү) – Эмитент тарабынан карттын ээсинин банктын төлөм карттарын (мындан ары – транзакцияларды) пайдалануу менен операцияларды жүргүзүүгө ыйгарым укугун же автордук укугун тастыктоо процедурасы. Натыйжада, *эквайердин* алдында жогоруда көрсөтүлгөн эмитенттин карттарын пайдалануу менен түзүлгөн эсептик документти аткарууга эмитенттин милдеттенмеси келип чыгат. Авторизация автоматташтырылган (терминал аркылуу) жана добуш аркылуу (телефон байланышы менен) болушу мүмкүн.

АВТОРИТАРИЗМ – АВТОРИТАРИЗМ (лат. auctoritas – бийлик, таасир этүү) – демократияга каршы, укуктуулукка каршы *концепция* жана бийлик кылуу (жетекчилик) практикасы. Күч, зордук-зомбулук аркылуу чексиз бийлик укугуна ээ болуп алган бир адамдын же белгилүү топтун (партия, топтор) түптөгөн катаал режими. Мындай учурда укук-тартиптери жок кылынат да, жарандардын, коомдук уюмдардын укуктары жана эркиндиги этибарга алынбайт, демократиялык нуктагы чечимдерге чек коюлуп же курулай көрсөтмө түрүнө өтөт. Инсандын өкүмдар менен өз ара мамилелеринде ал коопсуздук кепилдигинен толук ажыратылган абалда калат. Авторитаризм мезгилинде "өзүмдү өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем" ыкмасы күч алып, тек-жай, жорожолдош, кошоматчылык нугунда бийлик өкүм сүрүп, баш көтөргөндөрдү ар кыл жол менен жазалоо, жер которууга аргасыз кылуу, көзүн тазалоо үстөмдүк кылат. Ишкердиктин ойдогудай өнүгүшүнө өтө терс таасирин тийгизет.

АВТОРИТАРНЫЙ – ӨКҮМДАР, АВТОРИТАРДЫК БИЙЛИК (фр. autoritaire – өкүмчүл) – бийликке чексиз ээ болгон диктатордук өкүмдар. Авторитардык бийлик айрым инсандын – жетекчинин өзүнө баш ийгендердин, жамааттын, ведомстволук мекемелердин иштерин башкаруунун бүт системасын толугу менен өз колуна топтоп, кабыл алынган башкаруучулук чечимдерден тартып, алардын аткарылышын көзөмөлдөө менен аяктаган өкүмчүлдүк. Башкаруунун бул түрүндө түшүнүк берип айкындоо, жамааттык талкуу административдик башкаруу менен алмаштырылат; жамааттык иштелип чыккан жана илимий негизделген чечим жеке көрсөтмөлөр менен алмаштырылат; сын жана өзүн өзү сыноо – жазалоо, ал эми ачыкашкерелик, көпчүлүктүн айткандарын угуу – алардан сактануу ж. б. менен алмаштырылат.

АВТОРИТЕТ – АВТОРИТЕТ, БЕДЕЛ, КАДЫР-БАРК (лат. auctoritas, нем. autorität – бийлик, таасир) – кандайдыр бир адамдын же уюмдун, социалдык институттун, билим системасынын белгилүү бир күч-касиеттерин коомчулуктун кабыл алышын айкындай турган этикалык түшүнүк; бийликти ишке ашыруу формаларынын бири. Анткени коомдук уюмдарды же адамдарды белгилүү бир деңгээлде уюштурууга, башкарууга тийиштүү беделдин болушу талап кылынат. *Кара. Авторитет руководителя – Жетекчинин беделі.*

АВТОРИТЕТ РУКОВОДИТЕЛЯ – ЖЕТЕКЧИНИН БЕДЕЛИ – адамдын билимине, адеп-ахлактык касиетине, тажрыйбасына, дүйнөгө көз карашына, ишмердигине, уюштуруучулук жана кол алдындагы кызматкерлерге рухий, моралдык жактан тийгизген таасирине карата жалпыга таанылган ишеним жана сый-сыпат, кадыр-барк. Бул ошондой эле *бийликти* ишке ашыруу

формаларынын бири болуп саналат. Уставга же аткарган ишине таянган бийлик бедели жана өзүнүн акылына, билимдерине, тажрыйбасына, адеп-ахлактык көрөңгөсүнө, башкаруу жөндөмдүүлүгүнө, сиңирген эмгектерине ж. б. негизделген жеке бедели болуп ажыратылат. Жакшы *жетекчиде* жеке бедел устав боюнча ага тийиштүү бийликти толуктоого зарыл болууга тийиш. Жетекчинин бедели башкаруунун маанилүү элементи болуп саналат да, жетекчи менен эмгек жамаатынын ортосундагы өз ара мамилелеринин калыптанышына кыйла олуттуу таасирин тийгизет. Ушундай жагдайда гана эл аны ички дүйнөсү менен таанып, аракетине жана кылган ишине ишеним көрсөтүп, анын буйруктарын, тапшырмаларын, өтүнүчтөрүн так аткарууга толук өбөлгө түзүлөт. Ошол эле учурда жетекчинин калыптанган бедели жеке адамга сыйынуу жагына айланып кетүүдөн сактануу талап кылынат. Себеби, башкаруу формасы акырындап *автократияга* (белгилүү бир инсандын бийликти чексиз башкаруусуна) алып келип такаган мисалдар тарых баракларынан белгилүү. Жетекчинин беделинин маанилүү бөлүгүн анын жеке сапаты менен инсандыгын коомчулуктун туура кабылдашы, таанып-билүүсү эзлейт. Мындай башкаруучулук асыл сапат, жетекчинин тубаса жөндөмдүүлүгүнөн жана жеке касиеттеринен, талбай эмгектенүүдөн келип чыгат. Мисалы, жетекчинин бири нукура принциптүү болгону менен, бирок иштин көзүн толук билбейт да, элди уюштырууга жөндөмү жок болгондуктан бедели анчалык эмес, экинчи бир жетекчи тескерисинче жакшы уюштыруучу болгону менен тиешелүү деңгээлде бедели жок жана принципсиз. Мыкты жетекчи кол алдындагы жамаатты жана айрым аткаруучуларды башкарууда эң алды менен өзүнүн тунук акылы, мыкты эркти, иштин көзүн билгендиги, принциптүүлүгү, элди уюштыруу, ишке чегерүү жана өзүнө тарта алуу жөндөмдүүлүгү, талапчылдыгы жана адилеттүүлүгү, үлгүлүү адеп-ахлактуулугу аркылуу өзүн көрсөтө алат. Анын өзүнүн жеке жөндөмүнүн таасир этүү күчү көп жагынан мүнөздүү белгилери төмөндөгүдөй болгон башкаруу искусствосун пайдалануу билгичтиги менен аныкталат: тиешелүү маселелерди чечүүдөгү өз алдынчалыгы, өзүнүн жеке сапатын сактай билиши жана тужурумдашы, башкалардын иш тажрыйбаларын билгичтикте пайдалануу артыкчылыгы; алды-артын толук ойлонуштуруп, дагы бир жолу акыл калчагандан кийин тобокелге баруу жана кабыл алынган чечимдердин жыйынтыгы боюнча жоопкерчиликти толугу менен өзүнө алууга даяр экендиги; жамааттагы келип чыгуучу карама-каршылыктарга калыс, аяр мамиле кылуу, капысынан пайда болуучу опурталдуу жагдайларда сабырдуу болуу жана өзүн өзү толук башкара билүү; башкарууга байланышкан маселелерди чечүүдө коомчулуктун пикирин эске алуу, өзүнө жеткиликтүү

талап коюучу өзүн өзү сындоого, сындын түпкү тегине туура баа берүү, башкалардын дагы пикирин сыйлай билүү. Жетекчинин бедели белгилүү бир даражада анын оор басырыктыгы, туруктуулугу (өз сөзүндө туруу), мамилечилдиги, ак ниеттүүлүгү, жугумдуулугу, жөнөкөйлүгү менен шартталат. Ал эми өзүн сыйлай билген, беделин көтөрүүгө аракет кылган жетекчи базар мамилесинин шартындагы илим менен техниканын жетишкендиктерин пайдалана билүүсү, башкаруунун ар кыл ыкмаларын иш жүргүзүүгө керектей билиши зарыл. Керектүү учурда башкаруу чечимдеринин ыңгайлуу жолдорун таба билүү, ойлоп табуучулук жана иштиктүүлүк, тобокелчиликке баруну акыл калчоо аркылуу жогорку жоопкерчилик менен айкалыштыруу ар бир жетекчиге коюлган талап болуп саналат. Алабармандык, ыгы жок шамдагайлык, өзүн көтөрмөлөй берүү жетекчиге эч качан чыныгы бедел алып келбейт. Ал эми өз деңгээлин туура баамдоо, баалай билүү, бул сапаттарын жасаган иштери менен бышыктап туруу, эң негизгиси "улук болсоң кичик бол" принцибин кармай билүү – жетекчинин беделинин өйдөлөшүнө олуттуу көмөк көрсөтөт.

АВТОРСКОЕ ПРАВО – АВТОРДУК УКУК: *1)* илим, адабият жана искусство чыгармаларынын авторлорунун укугун жөнгө салуучу улуттук жарандык укуктун жана эл аралык жеке укуктун бөлүгү; *2)* адабият, музыкалык же көркөм сүрөт чыгармаларды кайрадан чыгарууга, алардын мазмунун жана формасын жарыялоого жана сатууга берилген айрыкча укугу.

АВТОРСКОЕ СВИДЕТЕЛЬСТВО – АВТОРДУК КҮБӨЛҮК – ойлоп чыгаруучунун автордук укугун күбөлөндүрүүчү документ. Автордун каалоосу боюнча ага автордук күбөлүк же ойлоп чыгаруунун патенти берилет. Жамааттардын ойлоп чыгарууларына, ошондой эле тигил же бул ишти аткаруунун натыйжасында аныкталган ойлоп чыгаруулар үчүн автордук күбөлүк ишканалардын (уюмдардын) атына жазылат. *Патент* берилген ойлоп чыгарууларды пайдалануунун укугу патенттин эзсине гана таандык болот. Жаңы бир нерсени ойлоп тапкандыгы же ачкандыгы жөнүндөгү автордук күбөлүк бизде Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу Илим жана интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствосунда катталгандан кийин берилет.

АВУАРЫ – АВУАРЛАР (фр. avoir – мүлк, энчи) – *1)* Активдер (акча каражаттары, чектер, *векселдер*, которумдар, аккредитивдер) боюнча төлөмдөр жүргүзүлөт жана милдеттенмелер тындырылат. Эч кандай чек коюлбай пайдалануучу эркин авуарлар; мамлекеттин же банктардын карамагындагы чектелген авуарлар, ошондой эле белгилүү режимде пайдаланылуучу авуарлар болуп ажыратылат. *2)* Чет элдик банк-корреспонденттеринин эсебиндеги чет элдик валютадагы банк каражаттары.

АГЕНТ – АГЕНТ (лат. agens – таасир этүүчү) – *1)* Эл аралык кредиттик синдикаттын мүчөлөрү тарабынан, ошол синдикаттын кызыкчылыктарын кредиттин мөөнөтү бүткөнгө чейин гарант катары коргоого ишеним берилген банк; *2)* облигация чыгарууга тапшырма берилген уюм; *3)* агент – продукция өндүрүүчү менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы соода далдалчысы, тигил же бул фирманын өкүлү. Агент товарга ээлик кыла албайт. Товарды алып келүүнүн шартын жана товарга коюлуучу бааны өндүрүүчү өзү аныктайт. Өндүрүлгөн продукциялардын потенциалдуу керектөөчүлөрүн иликтеп табуу агенттин негизги милдети. *Кара. Джоббер. Маклер. Комиссионер.*

АГЕНТ ТОРГОВЫЙ – СООДА АГЕНТИ; белгилүү жердеги бир нече өнөр жай ээлеринин өз ара атаандаштыкка аралашпаган, товарларын сатуу менен аракет жасаган агент. Көбүнчө узакка пайдалана турган товарлар менен соода кылат.

АГЕНТСКОЕ СОГЛАШЕНИЕ – АГЕНТТИК КЕЛИШИМ-ШАРТ (макулдашуу); милдеттери белгилүү даражадагы ээлик кылуучунун кызыкчылыгы үчүн жеке же юридикалык жак тарабынан түзүлгөн жана алардын атынан ишке ашырылуучу *келишимдин* түрү. Агенттик келишим-шарт негизинен төмөнкүлөрдү камтыйт: ээлик кылуучу өзүнүн өкүлү (*агент*) катары *юридикалык* же *жеке жакты* дайындайт. Алар өз кезегинде базар алкагында ээлик кылуучуну тааныштырууга, сатып алуучуларды табууга, ээлик кылуучунун продукциясын сатууну жана ага керектүү продукцияны сатып алууну ишке ашырууга макулдук берет: агент тиешелүү аныкталган аймакта ээлик кылуучунун ошол учурдагы продукциясынын келечекте абалын (милдетин) аныктайт. Ээлик кылуучунун көрсөтүүсү боюнча агенттин бирден-бир жана өзгөчө укугу мында бөтөнчө белгиленет; көрсөтүлгөн аймакта ээлик кылуучу агенттин жардамысыз эле ишин жүргүзүү мүмкүнчүлүгү; ээлик кылуучу өзү тарабынан жайгаштырылган заказынын негизинде комиссиялык акы төлөө боюнча агенттин укугу; атаандаштык продукция менен иштөөгө агентке тыюу салуу. Ээлик кылуучунун атынан агент келишим-шарт түзүүгө милдетүү. Ээлик кылуучу агенттин укугунун чегин, ошондой эле баа, жарнама шарттары жана продукцияны сатуунун чегин минималдуу зарыл болгон жүгүртүү айланымын кеңейтүүнү дагы көрсөтүүгө милдеттүү. Ээлик кылуучу продукцияны берүү, аны чогултуу, жеткирип-тапшыруу мөөнөтүнүн жана жолунун тартибин, ошондой эле иштетүүнүн гарантиялык мөөнөтүндө тейлөө тартибин бекитет. Агенттик келишим-шарт ээлик кылуучу аркылуу агенттин эсеп-кысаптык тартибин жана мөөнөтүн аныктайт. Келишим-шартта башка жагдайлар көрсөтүлбөсө, анда агент өзүнүн милдеттерин үчүнчү адамга ыйгарууга укугу жок.

АГРАРНАЯ МОНОПОЛИЯ – АГРАРДЫК МОНОПОЛИЯ. Жерге, айыл чарба ишканаларына карата жеке ээлик монополиясы.

АГРАРНАЯ РЕФОРМА – АГРАРДЫК РЕФОРМА. Агрардык мамилелерди – жер ээлөө, жерди пайдалануу ишин жакшыртуу максатында кайрадан карап чыгуу боюнча мамлекеттин жүргүзүп жаткан чаралары.

АГРАРНЫЙ КРИЗИС – АГРАРДЫК КРИЗИС. Айыл чарба тармактарында ашыкча өндүрүүнүн жана атаандаштыктын күчөшүнөн улам көптөгөн фермерлерди кирешесинен ажыратып, жумушсуздардын арбышын ыкчамдатуучу экономикалык кризис.

АГРЕГИРОВАНИЕ ЭКОНОМИЧЕСКИХ ПОКАЗАТЕЛЕЙ – ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮ ИРИЛЕШТИРҮҮ – бир кыйла жалпыланган, жыйнакталган көрсөткүчтөрдү алуу максатында кандайдыр бир белгиси боюнча бир түрдүү экономикалык көрсөткүчтөрдү бириктирүү, ирилештирүү. Бул көбүнчө пландоо иштеринде статистикалык эсепкысапта, экономикалык моделди түзүү учурларында кеңири колдонулат.

АДВАЛОРНЫЙ – АДВАЛОРЕМ (лат. ad valorem – наркы боюнча) – *товардын, бүтүмдөрдүн* жалпы наркынан (салык, комиссиондук акы, бажы салыгы) алынуучу белгиленген пайыз формасында эсептелинген нарк.

АДДЕНДУМ – АДДЕНДУМ (лат. addere – кошуу, кошумчалоо) – *келишимге*, атап айтканда эки жак иштеп чыгышып кол коюшкан *чартерге* кошумчалоо.

АДМИНИСТРАТИВНО-УПРАВЛЕНЧЕСКИЕ РАСХОДЫ – АДМИНИСТРАТИВДИК БАШКАРУУЧУЛУК ЧЫГЫМДАР – башкаруу аппаратын кармап турууга, жеңил автомобилдерди күтүүгө, күзөтчүлөрдү кармоого жана ишсапарга жумшалган чыгымдар.

АДМИНИСТРАТОР – АКИМ, АДМИНИСТРАТОР (фр. administrateur – башкаруучу) – *менеджер* терминининн маанилеши (синоними).

АДМИНИСТРАЦИЯ предприятия – ишкана, мекеменин **АДМИНИСТРАЦИЯСЫ** (лат. administrare – башкаруу, жетекчилик кылуу) – ишкананын жетекчи кызматкерлери. Бул жетекчилерди, адистерди жана техникалык жактан тейлегендерди камтыйт.

АЖИО – АЖИО (лат. ит. aggio – жогорулоо, көбөйүү) – базардык курстун нугунда баалуу кагаздардын өз наркынан жогорулап көтөрүлүшү. Пайыз боюнча аныкталып белгиленет. Мисалы, номиналдык баасы 1000 доллар өлчөмүндөгү баалуу кагаз 1100 доллар курсу боюнча бааланса (котировкаланса), анда ажио 10% ды түзөт. Ажио – бул

АГЕНТ – АГЕНТ (лат. agens – таасир этүүчү) – *1)* Эл аралык кредиттик синдикаттын мүчөлөрү тарабынан, ошол синдикаттын кызыкчылыктарын кредиттин мөөнөтү бүткөнгө чейин гарант катары коргоого ишеним берилген банк; *2)* облигация чыгарууга тапшырма берилген уюм; *3)* агент – продукция өндүрүүчү менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы соода далдалчысы, тигил же бул фирманын өкүлү. Агент товарга ээлик кыла албайт. Товарды алып келүүнүн шартын жана товарга коюлуучу бааны өндүрүүчү өзү аныктайт. Өндүрүлгөн продукциялардын потенциалдуу керектөөчүлөрүн иликтеп табуу агенттин негизги милдети. *Кара. Джоббер. Маклер. Комиссионер.*

АГЕНТ ТОРГОВЫЙ – СООДА АГЕНТИ; белгилүү жердеги бир нече өнөр жай ээлеринин өз ара атаандаштыкка аралашпаган, товарларын сатуу менен аракет жасаган агент. Көбүнчө узакка пайдалана турган товарлар менен соода кылат.

АГЕНТСКОЕ СОГЛАШЕНИЕ – АГЕНТТИК КЕЛИШИМ-ШАРТ (макулдашуу); милдеттери белгилүү даражадагы ээлик кылуучунун кызыкчылыгы үчүн жеке же юридикалык жак тарабынан түзүлгөн жана алардын атынан ишке ашырылуучу *келишимдин* түрү. Агенттик келишим-шарт негизинен төмөнкүлөрдү камтыйт: ээлик кылуучу өзүнүн өкүлү (*агент*) катары *юридикалык* же *жеке жакты* дайындайт. Алар өз кезегинде базар алкагында ээлик кылуучуну тааныштырууга, сатып алуучуларды табууга, ээлик кылуучунун продукциясын сатууну жана ага керектүү продукцияны сатып алууну ишке ашырууга макулдук берет: агент тиешелүү аныкталган аймакта ээлик кылуучунун ошол учурдагы продукциясынын келечекте абалын (милдетин) аныктайт. Ээлик кылуучунун көрсөтүүсү боюнча агенттин бирден-бир жана өзгөчө укугу мында бөтөнчө белгиленет; көрсөтүлгөн аймакта ээлик кылуучу агенттин жардамысыз эле ишин жүргүзүү мүмкүнчүлүгү; ээлик кылуучу өзү тарабынан жайгаштырылган заказынын негизинде комиссиялык акы төлөө боюнча агенттин укугу; атаандаштык продукция менен иштөөгө агентке тыюу салуу. Ээлик кылуучунун атынан агент келишим-шарт түзүүгө милдетүү. Ээлик кылуучу агенттин укугунун чегин, ошондой эле баа, жарнама шарттары жана продукцияны сатуунун чегин минималдуу зарыл болгон жүгүртүү айланымын кеңейтүүнү дагы көрсөтүүгө милдеттүү. Ээлик кылуучу продукцияны берүү, аны чогултуу, жеткирип-тапшыруу мөөнөтүнүн жана жолунун тартибин, ошондой эле иштетүүнүн гарантиялык мөөнөтүндө тейлөө тартибин бекитет. Агенттик келишим-шарт ээлик кылуучу аркылуу агенттин эсеп-кысаптык тартибин жана мөөнөтүн аныктайт. Келишим-шартта башка жагдайлар көрсөтүлбөсө, анда агент өзүнүн милдеттерин үчүнчү адамга ыйгарууга укугу жок.

АГРАРНАЯ МОНОПОЛИЯ – АГРАРДЫК МОНОПОЛИЯ. Жерге, айыл чарба ишканаларына карата жеке ээлик монополиясы.

АГРАРНАЯ РЕФОРМА – АГРАРДЫК РЕФОРМА. Агрардык мамилелерди – жер ээлөө, жерди пайдалануу ишин жакшыртуу максатында кайрадан карап чыгуу боюнча мамлекеттин жүргүзүп жаткан чаралары.

АГРАРНЫЙ КРИЗИС – АГРАРДЫК КРИЗИС. Айыл чарба тармактарында ашыкча өндүрүүнүн жана атаандаштыктын күчөшүнөн улам көптөгөн фермерлерди кирешесинен ажыратып, жумушсуздардын арбышын ыкчамдатуучу экономикалык кризис.

АГРЕГИРОВАНИЕ ЭКОНОМИЧЕСКИХ ПОКАЗАТЕЛЕЙ – ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮ ИРИЛЕШТИРҮҮ – бир кыйла жалпыланган, жыйнакталган көрсөткүчтөрдү алуу максатында кандайдыр бир белгиси боюнча бир түрдүү экономикалык көрсөткүчтөрдү бириктирүү, ирилештирүү. Бул көбүнчө пландоо иштеринде статистикалык эсеп-кысапта, экономикалык моделди түзүү учурларында кеңири колдонулат.

АДВАЛОРНЫЙ – АДВАЛОРЕМ (лат. ad valorem – наркы боюнча) – *товардын, бүтүмдөрдүн* жалпы наркынан (салык, комиссиондук акы, бажы салыгы) алынуучу белгиленген пайыз формасында эсептелинген нарк.

АДДЕНДУМ – АДДЕНДУМ (лат. addere – кошуу, кошумчалоо) – *келишимге*, атап айтканда эки жак иштеп чыгышып кол коюшкан *чартерге* кошумчалоо.

АДМИНИСТРАТИВНО-УПРАВЛЕНЧЕСКИЕ РАСХОДЫ – АДМИНИСТРАТИВДИК БАШКАРУУЧУЛУК ЧЫГЫМДАР – башкаруу аппаратын кармап турууга, жеңил автомобилдерди күтүүгө, күзөтчүлөрдү кармоого жана ишсапарга жумшалган чыгымдар.

АДМИНИСТРАТОР – АКИМ, АДМИНИСТРАТОР (фр. administrateur – башкаруучу) – *менеджер* терминининн маанилеши (синоними).

АДМИНИСТРАЦИЯ предприятия – ишкана, мекеменин **АДМИНИСТРАЦИЯСЫ** (лат. administrare – башкаруу, жетекчилик кылуу) – ишкананын жетекчи кызматкерлери. Бул жетекчилерди, адистерди жана техникалык жактан тейлегендерди камтыйт.

АЖИО – АЖИО (лат. ит. aggio – жогорулоо, көбөйүү) – базардык курстун нугунда баалуу кагаздардын өз наркынан жогорулап көтөрүлүшү. Пайыз боюнча аныкталып белгиленет. Мисалы, номиналдык баасы 1000 доллар өлчөмүндөгү баалуу кагаз 1100 доллар курсу боюнча бааланса (котировкаланса), анда ажио 10% ды түзөт. Ажио – бул

ошондой эле колдогу товардын баасы менен чукул *мамилелешип келишим жасалган* (белгилүү *мөөнөткө түзүлгөн*) товардын баасынын ортосундагы онунан сала берген айырма да болуп саналат; кагаз акчаларды алтынга же валютанын башка бир түрүнө комиссиондук ыкмада өз ара алмашуу. *Кара. Дизажио. Лаж.*

АЖИОТАЖ – АЖИОТАЖ (фр. agiotage – кызууланууу, желигүү, алаптануу) – коньюнктуранын, сурам жана сунуштун, товарлардын бааларынын, баалуу кагаздардын курсунун, валюта курсунун кескин өзгөрүүлөрү менен келип чыккан базар иш-аракеттеринин кызуу учуру.

АЖУР – АЖУР (фр. ajuor – бүгүнкү күнгө чейин) – бугалтердик эсепти жүргүзүү. Мында эсептик операциялардын бардыгы чарбалык операцияларды жасаган күнгө удаалай токтоосуз жүргүзүлөт; эсептик мындай иш-аракеттер белгиленген мөөнөттө аткарылат. "Ажур" түшүнүгү – ушул тапта иш тартипте, баары ордунда дегенди билдирет.

АКВИЗИТОР – АКВИЗИТОР (лат. acguisitor – алуучу) – транспорттук же камсыздандыруу мекемелеринин кызматкери же *агенти*. Булардын негизги милдети жаңы жүктөрдү же камсыздандырууну табуу, билгичтикте уюштуруу (*аквизация*) болуп саналат.

АКВИЗИЯ – АКВИЗИЯ (лат. aguico – алуу, табуу) – *аквизитордун* жаңы кардарларды, жүктөрдү, камсыздандырууларды тартуусу; акционердин же алардын тобунун (биржадан) ишкананын акцияларынын көзөмөл пакетин сатып алуусу.

АККОРДНАЯ ЗАРАБОТНАЯ ПЛАТА – АККОРДДУК КЫЗМАТ АКЫ. *Кара. Сдельная оплата – иштегенине жараша төлөө.*

АККОРДНАЯ РАБОТА – АККОРДДУК ЖУМУШ – макулдашылган келишим же шарт боюнча аткарылуучу жана мурдагы көрсөтүлгөн өлчөмгө ылайык аткарылган (аккорддук тапшырма) иш. Адатта эмгек акы жогорулатылган тарифте төлөнүүчү иш.

АККРЕДИТИВ – АККРЕДИТИВ (лат. accreditivus – ишеним кагаз) – *1)* Банк эсебинин бир түрү. Аккредитив – товар алуучу уюмду тейлеген банк бөлүмүнүн товар өткөрүүчү уюмду тейлеген банк бөлүмүнө берген буйругу. Бул боюнча ишканалар бири-бири менен тиешелүү коммерциялык банк аркылуу накта акчасыз эсептешет. Мында аккредитив товар алуучу уюмдун талабы боюнча түзүлөт да, товар өткөрүүчү ишкана экөөнүн ич ара эсептешүү жоопкерчилиги ошол коммерциялык банкка жүктөлөт. Аккредитивди аткаруу мөөнөтү – 25 күндү камтыйт. Айрым учурда банктын өкүлдөрүнүн макулдугу менен аккредитив боюнча эсептешүү мөөнөтү 45 күнгө чейин узартылат. Ал фирмалардын ич ара жана эл аралык маанидеги коммерциялык

эсептешүүлөрүндө кеңири колдонулат. *2)* Бирөөнүн атына жазылып берилүүчү баалуу кагаз. Анда көрсөтүлгөн өлчөмдөгү акчаны кредит мекемелеринен (банк, сактык касса) алууга болот.

АККРЕДИТИВНАЯ ФОРМА РАСЧЁТОВ – ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮН АККРЕДИТИВДИК ФОРМАСЫ – сатылган товар жана көрсөтүлгөн кызмат үчүн аккредитив аркылуу эсептешүү. Мында товардын (материал) ээсине сатып алуучу мекеменин банктагы акча каражатынан төлөнөт. Бул ыкма айрым учурда товар ээси тарабынан эсептешүүнүн макулдашылган шартын бузган мекемелерге санкция катары да колдонулат. Сатып алуучу өзүнүн акча каражаты же банк кредитинин эсебинен (почта же телеграф боюнча 100 сомдон кем эмес өлчөмдө 25, кээде 45 күнгө чейинки убакка) товар ээси менен эсептеше алат. Аккредитив берилген арыздын негизинде толтурулат да, тиешелүү товарды сатып алуучу мекеме коммерциялык банкка тапшырат. Жөнөтүлгөн продукция жана көрсөтүлгөн кызмат үчүн токтоосуз төлөөнү эсептешүүнүн аккредитивдик формасы толук кепилдейт. Мындай форма азыр чет мамлекеттердин ич ара карым-катнашында, товарларды ташуу, сатуу иштеринде кеңири колдонулуп жатат.

АКСЕЛЕРАТОР – АКСЕЛЕРАТОР (лат. accelerare – ылдамдаткыч) – экономикалык өнүгүүнү тездетүүнүн натыйжалуулугун өлчөө үчүн пайдалануучу көрсөткүч.

АКТ ХОЗЯЙСТВЕННЫЙ – ЧАРБАЛЫК АКТ – кандайдыр бир чарбалык операциянын ишке ашкандыгын ырастоочу документ. Анын формасы ички мазмунуна тыгыз байланыштуу болот да, көбүнчө типографиялык ыкма менен даярдалат. Чарбалык операциянын учурунда же ал аткарылып бүткөндөн кийин, кээде ага чейин түзүлөт. Мисалы, *негизги фондулар* жоюлгандан кийин чарбалык акт түзүлүшү мүмкүн. Чарбалык актынын негизги талаптарына анда чагылдырылган операциялардын максатка ылайыктуулугу жана мыйзамдуулугу, датасы көрсөтүлүп, кайсы жерде түзүлгөндүгү, орунунун милдеттүү түрдөгү аты, чарбалык актыны түзүүчүлөрдүн фамилиясы, аткарган кызматы жана коюлган колу кирет. Ошондой эле мамлекеттик юридикалык, жарандык, нормативдик, административдик камсыздандыруу жана башка актылар дагы болот.

АКТИВ – АКТИВ (лат. activus – таасирдүү, иштиктүү) – бугалтердик баланстын бир бөлүгү (сол жагы); анда белгилүү бир датага карата, ошол ишканага (фирмага, уюмга, мекемеге) тийиштүү материалдык баалуулуктардын бардыгынын отчёттук мезгилдин башындагы жана аягындагы курамы жана жайгашуусу чагылдырылат. *Кара. Пассив. Активы – активдер. Активы предприятия – ишкананын активдери.*

АКТИВНАЯ ЧАСТЬ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН АКТИВДҮҮ БӨЛҮГҮ – өндүрүштүк негизги фондулардын бөлүгү. Ушулардын жардамы менен өндүрүш процессинде эмгек предметтерине түздөн түз (активдүү) таасир тийгизип, алардын колдонулушун ишке ашыруу функциясын аткарат. Өндүрүштүк фондунун негизги бөлүгүн жумушчу машиналары жана курал-шаймандар, жабдуулар, транспорттук каражаттар, аспаптар ж.б. түзөт. Өнөр жайдын кээ бир тармактарында (мунай, таш көмүр, токой) курулуштарда (жолдор, сактагычтар ж.б.) дагы активдүү роль аткарат. Негизги фондулардын активдүү бөлүгүнүн өздүк (салыштырмалуу) салмагы алардын жалпы наркында *негизги фондулардын структурасынын* прогрессивдүүлүгүн аныктайт. Ал техникалык, энергетикалык жактан жогорку денгээлде камсыз болгон өндүрүш процесстери бир кыйла механикалаштырылган жана автоматташтырылган ишканаларда өтө маанилүү болуп эсептелет. *Кара. **Пассивная часть основных фондов – негизги фондулардын пассивдүү бөлүгү.***

АКТИВНЫЕ ОПЕРАЦИИ БАНКОВ – БАНКТАРДЫН АКТИВДҮҮ ОПЕРАЦИЯЛАРЫ – банктардын өзүлөрүндөгү акча каражаттарын (баалуу кагаздарды сатып алуу, ссудаларды берүү ж.б.) жайгаштыруу операциялары.

АКТИВНЫЕ СЧЕТА – АКТИВДҮҮ ЭСЕП-ЧОТУ – ишканалардын каражаттарынын курамын, жайгаштыруусун жана алардын кыймылын чагылдырган *бухгалтердик эсеп-чот. Дебет* боюнча белгилүү бир учурда каражаттардын берилген түрүнүн абалын чагылдыра турган калдык болот да ал *бухгалтердик баланс* активинде көрсөтүлөт.

АКТИВНЫЙ ПЛАТЁЖНЫЙ БАЛАНС – АКТИВДҮҮ ТӨЛӨМ БАЛАНСЫ – кандайдыр бир өлкөгө келип түшкөн акча каражаттарынын анын башка өлкөлөргө жумшалган чыгымдары менен төлөөлөрүнөн ашып кеткен *төлөм балансы.*

АКТИВНЫЙ ТОРГОВЫЙ БАЛАНС – АКТИВДҮҮ СООДА БАЛАНСЫ – белгилүү бир өлкөдөн товардын сыртка чыгарылышынын өлчөмү товардын башка өлкөлөрдөн ташылып келишинен арбын болушун айгинелеген *соода балансы.*

АКТИВЫ – АКТИВДЕР – өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес нуктагы кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк түрүндөгү менчик. Буларга ошондой эле чарбалык пайдалануудагы жер аянттары, токой аймагы, пайдалуу кендер, *юридикалык* же *жеке тараптардын* менчигиндеги акчалай наркка ээ болуучу бардык нерселер да активдердин курамына кирет. Бир өлкөнүн башка мамлекеттерден (мисалы, товарларды четке чыгаруунун натыйжасында) түшкөн акчалай кирешелеринин чет өлкөдө

ага жумшалган чыгымдан арбын болушу. Активдер негизинен төмөндөгүдөй түрлөргө ажырайт: кыска мөөнөттүү активдер, узак мөөнөттүү активдер, оперативдүү активдер, өтүмдүү активдер. *Кара. **Актив. Активы банка – банк активдери. Активы предприятия – ишкананын активдери. Активы финансовые – финансы активдери.***

АКТИВЫ БАНКА – БАНК АКТИВДЕРИ – банк балансынын активдүү бөлүгү; анда *кыска мөөнөттүү* жана *узак мөөнөттүү кредиттер*, ссудалар боюнча кардарлардын банкка карата карыздарын камтыган каражаттар, банктагы кассалык жана валюталык накта каражаттар, алардын башка финансылык жана кредиттик мекемелерге жайгаштырылган каражаттары (пай, акциялар ж.б.) чагылдырылат.

АКТИВЫ МАТЕРИАЛЬНЫЕ – МАТЕРИАЛДЫК АКТИВДЕР – *юридикалык* же *жеке жактардын* акчалай жана мүлк түрүндөгү нарктуу менчиги. Буларга менчигиндеги жер аянттары, имараттар, өндүрүштүк жана өндүрүшкө тиешеси жок курулуштар; ишкананын балансындагы турак-жайлар, окуу жайларына, балдар-бакчасына, дарылоого, ден-соолукту чыңоого, спортко ылайыкталган имараттар, жайлар; пайдаланууга берилген жана кампаларда сакталып турган өндүрүштүк жабдуулар, өндүрүш тармактарына кирбей турган кыймылдуу мүлктөр, чийки заттардын, отундун, жартылай даяр заттардын (кампалардагы, цехтердеги жана жол боюндагы) түрдүү бөлүктөрү, даяр продукциялар, мүлк, *негизги каражаттар, ижарага* берилген жерлер, ишканаларга тийиштүү филиалдары, компания туундулары (эгерде алар укуктуу статуска ээ болбосо, алардын балансы башкы ишкананын балансынан ажыратылбаса) кирет. Материалдык активдер ич ара кайрадан өндүрүлүүчү (кайрадан керектелүүчү материалдык каражаттардын запастары, негизги фондулар, материалдык жана көркөм-чебер баалуулуктар) жана өндүрүштүк эмес (жер, кен байлыктары) болуп экиге бөлүнөт.

АКТИВЫ НЕМАТЕРИАЛЬНЫЕ – МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС АКТИВДЕР – өнөр жайлык объектилердин жана *интеллектуалдык менчиктердин* буларга окшогон конкреттүү *жеке* же *юридикалык тараптын* менчик объектисине укуктуулугу таанылган жана ага киреше алып келүүчү башка мүлктүк укуктун шарттуу наркы. Булар ич ара төмөндөгү жикке ажырайт: *финансылык активдерге* (*валюта, депозиттер, векселдер, баалуу кагаздар* ж.б.), ошондой эле *материалдык эмес башка активдер* (патенттер, соода маркалары, автордук укук, *франшизалар* ж.б.). Материалдык-эмес активдер – бул сезилбеген (дене сезими менен кабыл алынбай турган) *активдер*, бугалтердик баланстын активинде эсептелген, ишкана мүлкүнүн

курамындагы жаңы категория. Материалдык эмес активдерге таандык негизги белгилерине материалдык-заттык структурасынын жоктугу, узакка чейин пайдалануу мүмкүнчүлүгү, ишканага пайдасын тийгизүү жөндөмдүүлүгү, пайдалангандан келечекте түшүүчү пайдадан белгилүү эмес салыштырмалуу өлчөмдөрдө жогорку даражада ишканага пайда келтирүү жөндөмдүүлүгү кирет. Булардын объектилери негизинен төмөндөгүлөрдү камтыйт: өнөр жайлык менчиктин объектилерине болгон укугу – ойлоп чыгарууга карата укук, *товардык белгилер* жана тейлөө белгилери, *"ноу-хау"*; *авторлук укук* – китеп басып чыгарууга карата айрыкча укугу, илимий, адабий чыгармаларды же искусствону эл ичинде же башкача тартипте пайдалануу укугу, тийиштүү чарбалык же башкача пайдалануу эрлик кылуучунун айрыкча укугу; эсептөөчү техниканын программалык камсыз кылынышы – техникалык (ошонун ичинде программалык жана эксплуатациялык) документацияларды, ошондой эле маалыматтарды иштеп чыгуу системасын автоматташтырууну камтыган маалыматтардын программалары; уюштуруучулук чыгымдары, [биргелешкен ортоқ ишканаларды же акционердик коомчулукту түзүүгө байланыштуу чыгымдар, эгерде алар уюмдаштыруучулук (учредителдик) документтерде *уставдык фондуга* салынгандын бөлүгү катарында көрсөтүлгөн болсо]. Дүйнөлүк практикада материалдык эмес активдердин объектиси – *гудвилл* сыяктуу категория да каралат; гудвилл дегенибиз – бир фирманын башка фирмалардан (башкаруу командасынын профессионалдык деңгээли, иштиктүү байланыштары, репутациясы ж.б. жагынан) артыкчылык кылган факторлордун жыйындысын кошкон фирманын баасы же болбосо биздин экономикада азырынча азыраак белгилүү болгон материалдык эмес активдердин – *франшизанын* түрү.

Материалдык эмес активдерди катышуучулардын мүчөлүк акчалай төлөмдөрүнөн (ата мекендик жана чет өлкөлүк), продукцияларды сатуудан, иштерден же тейлөө көрсөтүүдөн, ошондой эле чарбалык иштердин башка түрлөрүнөн, мисалы *баалуу кагаздардан, банк кредиттеринен*, төлөөсүз (бекер берилүүчү) мүчөлүк акылардан алынган киреше лердин эсебинен алууга мүмкүн. Мындай активдер ишканалардын узак убакыт чыгымдалгандары болуп саналат да, алар киреше алып келүүгө тийиш, а демек ишкананын балансында кирешелүү болуп турганда эсепке алынат. Мындай болбогон учурда буга окшогон активдерге жумшалган чыгымдар *бугалтердик балансынын* зыян келтирүүчү реалдуу эмес статьясына айланат. Башка инсанга сатуу (юридикалык, жеке жакка), төлөмсүз өткөрүп берүү, ошондой эле башка ишкананын уставдык фондуна салганда материалдык эмес активдер ишкананын эсебинен чыгарылып таштала т.

АКТИВЫ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНА АКТИВДЕРИ – юридикалык жактын (ишкананын) акчалай наркы бар менчиги. Буларга анын колдонулбаган менчиги, башка жактан алынган каражаттар, баалуу кагаздар, товардык-материалдык баалуулуктар, негизги каражаттар, башка мекеме, ишканалардан чегерилген финансылык инвестициялары, менчиктелген патенттери, ойлоп табуулары, *"ноу-хау"*, жерди жана табигат ресурстарын пайдалануусу, чарбаны жүргүзүүчү субъектилер (ишкана, фирма, компания, мекеме ж.б.), ишкердикти илгерилетүүгө пайдаланыла турган түрдүү менчиктер кирет. Ишкананын активдери: *материалдык активдер, материалдык эмес активдер* жана финансылык активдер болуп бөлүнөт. Кыска мөөнөттүү жана капиталдык эмес узак мөөнөттүү милдеттенмелерди чегерип алып салгандан кийинки ишкана активдеринин бардык наркы *таза активдер* деп аталат. *Кара. Активы – активдер. Активы банка – банк активдери. Активы финансовые – финансылык активдер.*

АКТИВЫ ФИНАНСОВЫЕ – ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР – *жеке* же *юридикалык* жактын акча каражаттары; келечекте пайда алып келүүчү объектилер. Бул, мисалы, кассадагы акчалар жана банктардагы *депозиттер*, аманаттар, *чектер*, камсыздандыруу полистери, баалуу кагаздардагы салым, керектөө *кредити*, башка мекеме, ишканалардын *акциялары* (көзөмөлдөп турууга укук, пай ж.б. берүүчү), ошондой эле өзгөчө активдер (монетардык алтын ж.б.). Монетардык алтын менен жүргүзүлгөн операция уюштурулган базарларда финансылык органдар тарабынан алтынды сатуу жана сатып алууну камтыйт. Бул алтынга ээлик укук улуттук (борбордук) банкка жана өкмөткө гана тиешелүү. Ошондуктан ал ушул органдардын активдери болуп эсептелет. Монетардык алтын адатта монеталар, сомдолгон куймалар же төрт кырдуу куйма түрүндө болот. Алтындын башка түрлөрү товар катары эсептелет. Өз ара колдонуунун атайын укугу катары, *Эл аралык валюталык фонду* тарабынан түзүлгөн эл аралык резервдик активдер эсептелет жана эл аралык валюталык фонду анын мүчөлөрүнүн арасындагы резервдик активдерди толуктоо үчүн да таркатылат. Өз ара колдонуунун атайын укугуна ээ болуучулар, айрыкча расмий органдар, адатта борбордук банктар болуп эсептелет. *Кара. Активы предприятия – ишкананын активдери. Активы банка – банк активдери.*

АКЦЕПТ – АКЦЕПТ (лат. acceptus – макулдук) – ички жана эл аралык жүгүртүүдө акча жана товардык документтердин төлөмүнө макулдук (документтин өң жагына *акцептанттын* тийиштүү жазуусу көрсөтүлөт же төлөм-талапты төлөөгө жазуу жүзүндөгү макулдугу

болот); бул сунуштарда көрсөтүлгөндөргө кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизбестен, ошол шарттардын негизинде келишим түзүү сунушун кабылдоо болуп эсептелет. *Акцептик формасындагы* эсептөөлөр колдонулат. Бул документтерди, баалуулуктарды, *банк* каражаттарына кирбеген жана анын *балансынын* активине жана пассивине таасир көрсөтпөөчү кээ бир тапшырмаларды чагылдыруучу баланстык эмес эсептин дал өзү болуп саналат (мисалы, мында ссудаларды төлөп кутулганга чейинки мөөнөттүү милдеттенмелер, карыздардын суммасын, эсептен чыгарылган зыяндарды чагылдыруучу документтер эсепке алынат); фирмаларга, ишканаларга, менчик түрү ар кандай уюмдарга банк тарабынан берилген *кредиттердин* эсеби үчүн арналган ссудалык эсеп.

АКЦЕПТ БЛАНКОВЫЙ – БЛАНКАЛЫК АКЦЕПТ; эч кандай шартсыз эле көрсөтүлүүчү акцепт.

АКЦЕПТ ВЕКСЕЛЬНЫЙ – ВЕКСЕЛДИК АКЦЕПТ – *акцептанттын* векселдеги тийиштүү жазуу боюнча векселге төлөө макулдугу.

АКЦЕПТ ЧАСТИЧНЫЙ – АНЧА-МЫНЧАЛАНГАН АКЦЕПТ – сатып алуучунун жеткирип-тапшыруучунун жекече төлөм эсебине макулдугу.

АКЦЕПТАНТ – АКЦЕПТАНТ (лат. acceptans, acceptantis – макулдугун берүүчү, кабылдоочу) – көрсөткөн эсеп, *вексель* боюнча төлөп берүүгө милдеттенме алган инсан.

АКЦЕПТНАЯ ФОРМА РАСЧЁТОВ – ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮН АКЦЕПТИК ФОРМАСЫ – жеткирип-тапшырып туруучулар менен керектөөчүлөрдүн (сатып алуучулардын) ортосундагы *акчасыз эсептешүүлөрдүн* бир формасы; мында жүктөлүп жөнөтүлгөн же жиберилген материалдык баалуулук, аткарылган иш же көрсөтүлгөн тейлөө үчүн төлөмдөр жеткирип-тапшыруучунун документтеринин негизинде сатып алуучулардын макулдугу боюнча гана жүргүзүлөт. Эсептешүүнүн акцептик формасында төлөөчү продукцияны жүктөп жөнөтүп же *контрагентке* тейлөө көрсөтүп, ага счёт (товардык-транспорттук коштомо кагаз) төлөм-талабын жазат да, аларды жеткирип-тапшыруучуну *инкассодо* тейлөөчү банкка өткөрөт. Банк документ-айланымын уюштурууну өзүнө алып, сатып алуучулардан төлөмдөр келип түшкөнгө чейин жеткирип-тапшыруучуларга кредит берет. Төлөмдөр сатып алуучулардын акцепти (макулдугу) менен тейлеген банк төлөө төлөм-талабын алып, соңунан ага суммасын көрсөткөндөн кийин жүргүзүлөт. Анда көрсөтүлгөн сумма сатып алуучунун (кардардын) эсебинен (счётунан) өчүрүлүп таштала да, төлөө мөөнөтү келгенде жеткирип-тапшыруучунун эсебине (счётуна) өткөрөт. Эгерде бул убакытка чейин төлөө үчүн сатып

алуучунун акчасы жок болсо, анда ага кредит берилбейт да, ошол акча каражаты белгиленген тартипте төлөтүлүп алынат. Ал эми мөөнөтүнөн кечиктиргендиги үчүн жеткирип-тапшыруучунун пайдасына штрафтык *санкция* колдонулат. Эгерде сатып алуучу төлөгөн товардык-материалдык баалуулуктар стандартка туура келбей, толук эмес, сапатсыз ж.б. болуп чыкса, анда ага *акцептсиз* тартипте эле жеткирип-тапшыруучунун счётторунан ашык төлөнгөн сумманы чыгарып таштоого укук берилет. Эсептешүүлөрдүн *аккредитивдик* түрүнөн, акцептик формасынын эң башкы айырмасы, анын сатып алуучунун кызыкчылыгын коргогондугунда.

АКЦЕПТНО-РАМБУРСНЫЕ КРЕДИТЫ – АКЦЕПТИК-РАМБУРС КРЕДИТТЕРИ. Белгилүү бир өлкөнүн банктарынын тапшыруусу боюнча экинчи бир өлкөнүн банктары тарабынан берилүүчү *тратта акцепт* формасындагы кредит. Мындай кредиттердин берилиши ошол өлкөнүн банкы башка бир өлкөнүн импортчусун кредиттөө жөндөмдүүлүгүн билбей туруп ошол өлкөнүн банктык төлөө кепилдиги менен экспортчунун траттасын (векселин) акцептөөгө макул болгондугуна тыгыз байланыштуу келет. Бул үчүн траттанын (векселдин) мөөнөтү келгенге чейин ал өзүнүн банкына акча салууга тийиш. Ал эми банк болсо аларды *акцептант* – банкка көрсөтүлгөн мөөнөттө акцептелген тратталар боюнча төлөө үчүн которот.

АКЦЕПТНЫЙ БАНК – АКЦЕПТИК БАНК. Векселдик камсыздоого кредит берүүчү финансылык мекеме.

АКЦЕПТОВАННЫЕ КРЕДИТЫ – АКЦЕПТЕЛГЕН КРЕДИТТЕР. Экспортчулар, импортчулар, же башка кардарлар тарабынан банктарга коюлган котормо векселдердин (тратталардын) акцепттик формасында банктар тарабынан берилүүчү *кредиттер*. Банктык акцептер тышкы сооданы кредиттөөнүн бир түрү болуп эсептелет. Биржалык товарлар, адатта, накта акчага сатылат, бирок экспортчулар накта акчанын ордуна ири банктардын акцепти менен векселдерин алууга макул болушат. Анткени мындай векселдерди каалаган учурда сатып жиберүүгө же эсепке алууга болот.

АКЦЕПТОВАННОЕ ПЛАТЁЖНОЕ ПОРУЧЕНИЕ – АКЦЕПТЕЛГЕН ТӨЛӨМ ТАБЫШТАМАСЫ (төлөм тапшырмасы). Банк мекемесинин акцепти бар төлөм тапшырмасы, башкача айтканда, ушул төлөмдү жасаш үчүн төлөөчүнүн эсебинде зарыл болгон акча каражаттарынын бардыгы жөнүндө анын аныктамасы.

АКЦЕПТОВАННЫЙ ВЕКСЕЛЬ – АКЦЕПТЕЛГЕН ВЕКСЕЛЬ. Төлөөчүнүн (*трасаттын*) аны төлөөгө акцепти (уруксаты) бар *вексель*. Банк тарабынан акцептелген векселдер банктардын бири-бирине кредит берген кезде пайдаланылат.

АКЦЕПТОВАННЫЙ ЧЕК – АКЦЕПТЕЛИНГЕН ЧЕК. Банктын *акцепти* бар чек – анда да көрсөтүлгөн сумманы төлөөгө кепилдик берет.

АКЦИЗЫ – АКЦИЗДЕР (фр. accise, лат. accidere – кесүү) – сатып алуучулар төлөй турган товардын баасына кошулуучу кыйыр салыктар. Мындай салыктар өзгөчө касиеттери боюнча монополдук жогорку баага жана туруктуу сурамталапка ээ болгон товарларга (иштерге, тейлөөлөргө) салынат. Алардын төлөмчүлөрү болуп, каякка баш ийгендигине жана уюштурулган менчиктүүлүгүнүн түрүнө карабастан белгилүү бир өлкөнүн аймагында өндүрүштүк жана коммерциялык иштер менен алек болгон, ушул салыктын ставкасы белгиленген товарларды өндүрүп чыгарган (тейлөөлөр, иштер) *ишканалар, бирикмелер, уюмдар,* алардын филиалдары, бөлүмдөр, өкүлдүктөр жана башка обочо бөлүмдөр саналат. Салык салуунун объектиси – товар-өндүрүүчүлөрдүн чыгарган продукцияларды сатуудан түшкөн акчасы. Сатуу, *алмашуу,* товарларды кайтарымсыз берүү (иштер, тейлөөлөр), аларды негизги өндүрүшкө байланышпаган өзүнүн жеке керектөөлөрүнө пайдалануу жана аларды кимдир-бирөөнүн менчигине өткөрүп берүү салыктын өзөгүн түзөт. Акциздер адатта спирт жана шарап-арак ичимдиктерине, эт, балык продукцияларына, тамекиге, сырга, натуралдык иштетилген териге, килемдерге жана килем сыяктуу буюмдарга, бензинге ж.б. товарларга (буюмдарга) салынат.

Акциздердин өлчөмдөрү салык салынуучу товарларды сатуудан түшкөн пайдага пайыздар түрүндө коюлат. Салыктардын суммалары түздөн-түз төлөөчүлөрдүн (керектөөчүлөрдүн) эсебинен жүргүзүлүп, товардын баасына кошулат да, республикалык бюджетке киргизилет. Төлөөчү салык мекемелерине *бюджетке* төлөнүүгө тийиштүү акциздердин суммасы жөнүндөгү эсептөөлөрдү белгиленген тартипте тапшырат.

АКЦИИ – АКЦИЯЛАР (фр. action, нем. aktie – баалуу кагаз) – *дивиденд* түрүндө киреше берүүчү баалуу кагаздардын түрү; баалуу кагаздардын ээлеринин – уюмдаштыруучунун (*акционердик коомдун,* ишкананын, уюмдун, коммерциялык банктын, кооперативдин ж.б.) каражаттарына катышуучу экендигин күбөлөндүрүүчү жана ага түшкөн пайданын (ар жылдык кирешенин) тийиштүү үлүшүн *дивиденд* түрүндө алып турууга укук берүүчү баалуу кагаз. Бул (дивиденд) акционердин (уюмдаштыруучунун) ишканага (коомго, компанияга, фирмага ж.б.) салымы катары саналган капиталдын белгилүү бир бөлүгү. Акциялар өзүнүн ээсин (*инвесторду*) ишканага ээлик кылуусун камсыз кылат. Акцияда белгиленген акча суммасы – анын номиналдык наркы, ал эми базарда сатыла турган баасы – анын курсу деп аталат. Колдогу акциялар өзүлөрүнүн маанисине

жараша ээлери көрсөтүлүп, ири купюрларда чыгарылуучу ысымдуу (аты жазылган) жана көрсөтүп эле алма болушу мүмкүн. Көрсөтүп эле алма акциялардын менчик ээси болуп, аларды кармап туруучу (көрсөтүүчү) саналат. Алар көбүнчө белгиленген чакан наркка (баага) ээ болот. Ысымдуу (аты жазылган) акциялар адатта бардык жарандарга таркатылат, көрсөтүп эле алма акциялар белгилүү жамаат мүчөлөрүнүн арасында гана таратылып берилет. Акциялар артыкчылыгы бар жана жөнөкөй түрдө болушу мүмкүн. Булар ошондой эле ишкана жана эмгек жамаатынын акциялары деп дагы ажыратылат. Ишкана акциялары башка ишканалардын жана уюмдардын арасында таркатылып жана алар өзүлөрүнүн каражаттарынын эсебинен алышат, ошондой эле эркин сатыкка түшүшү мүмкүн. Эмгек жамаатынын акциялары өзүнүн ишканасынын кызматкерлеринин арасында гана таркатылат, алар эмгек акысынын, ар кандай сыйлыктардын жана жеке акча корунун эсебинен алышып, ысымдуу болгондуктан башка бирөөгө берүүгө болбойт. Булар ишкананын менчик формасына ээ болбойт да, аны акционердик коомго айландыруу мүмкүн эмес жана башкарууга катышууга кошумча укук бербейт. Акциялар боюнча кирешелер (*дивиденддер*) жылына бир жолу төлөнөт: ишкананын акцияларына *топтоо фондунун* каражаттарынын эсебинен, эмгек жамаатынын акцияларына *керектөө фондунун* эсебинен төлөнөт. Чыгарылуучу акциялардын жалпы суммасы, аларды сатуунун шарттары жана тартиби, кармап туруучуларга төлөнүүчү кирешенин өлчөмү, акциялардын бир кызматкер тарабынан алынышы мүмкүн болуучу минималдык суммасы эмгек жамаатынын жалпы чогулушунда аныкталып белгиленет. Жумуштан чыгарылган кызматкерлерге акциялардын наркы жана али төлөнбөгөн кирешелер кайтарылып берилет, пенсияга кеткендер болсо дивиденддерди алуу укугун сакташы мүмкүн. Акционердик коомдор акцияларды уставдык фондунун бүт суммасына жараша чыгарышы ыктымал. Баалуу кагаздардын базарында акциялар эркин жүгүртүлгөн учурда, алар номиналдыктан башка дагы базардык наркка ээ болушат. Акциялар бөлүнбөйт да, адатта төмөндөгүдөй *реквизиттерди* кармап турат: акционердик коомдун наамы жана анын орун алган жери, баалуу кагаздардын аты ("акция"), анын катар номери, чыгарылган айкүнү (датасы), акциянын түрү (жөнөкөй же артыкчылыгы бар), номиналдык наркы, кармоочунун ысмы, акцияларды чыгарган күнгө карата акционердик коомдун уставдык фондусунун өлчөмү, ошондой эле алардын саны, дивиденддерди төлөө мөөнөтү, коомдун башкармачылыгынын төрагасынын колу ж.б. *Кара. **Эмиссия ценных бумаг – баалуу кагаздар эмиссиясы.***

АКЦИИ БЕСПЛАТНЫЕ – БЕКЕР АКЦИЯЛАР – *акциялардын түрү* – бул акцияларды чыгаруунун натыйжасында (төлөөсүз, жеңилдетилген негизде) кошумча капитал келип түшпөйт. Бул *акционердик капитал* менен бөлүштүрүлбөгөн пайданын ортосундагы түзүлгөн оош-кыйыштын корреляциялык механизминин таасиринин натыйжасы гана болуп саналат. Кирешелер жана дивиденддердин чондугу салынган капиталдын бардык чондугуна эмес, акционердик капиталдын өлчөмүнө жараша (байланыштуу) болгондуктан, бул көрсөткүчтөрдүн ортосундагы оошкыйыштар кирешелердин жана бөлүп чыгаруулардын, чегерүүлөрдүн көбөйүшүнө алып келиши мүмкүн. Колдогу резервдердин капиталга айланышы бул маселени чечүүгө мүмкүндүк берет. Бекер акциялар ишканалардын мурдагы акционерлеринин арасына шайкеш негизде таратылат.

АКЦИИ ОБЫКНОВЕННЫЕ – ЖӨНӨКӨЙ АКЦИЯЛАР – акциялардын бир түрү; бул акциялардын ээсине *акционерлердин* чогулушунда добушка укуктуу жана тийиштүү *дивиденддерди* алуучу – компаниянын (фирманын, ишкананын, акционердик коомдун) катышуучусу болууга шарт түзүүчү акция болуп саналат. Адатта, компаниянын мүчөлөрү (акционерлер) ар акция боюнча бир добушка ээ болуп жана баары өз ара биригип, анын менчиктик же *акционердик капиталына* ээ болушат. Бул, акциялардын ээлеринин кызыкчылыктарын жана *артыкчылыгы бар акциялардын* талаптарын канааттандыргандан кийин компаниянын мүлкүнө карата бардык тиешелүү укукка ээ болот дегенди билдирет. Компаниянын уставында (көбүнчө жөнөкөй акцияны ээлөөчүлөргө тийиштүү), эгерде ал банкротко учурап калса жөнөкөй акциянын ээси ишкананын кандай гана болбосун кез келген кошумча активдерине укуктуу деген жазуу болот. Жөнөкөй акция мөөнөтсүз (мөөнөт коюлбаган) болот жана базарда (*фондулук биржада*) дайыма жүгүртүлүп турат.

АКЦИИ ПРИВИЛЕГИРОВАННЫЕ – АРТЫКЧЫЛЫГЫ БАР АКЦИЯЛАР – *акциялардын* бир түрү. Мунун ээлери *дивиденддерди* (жөнөкөй *акционерлерге* төлөөгө чейинки) алууга укуктуу. Бирок, дивиденддердин өлчөмү өзгөрүүсүз кала берет. Анткени, алардын мурдатан аныкталып белгиленген пайыз ченеми так сакталат. Эгерде артыкчылыгы бар акциялар кумулятивдүү (көбүрөөк топтолгон) болсо, мурда төлөнбөгөн дивиденддер кандай гана болбосун келерки жылы төлөнөт. Муну төлөө *жөнөкөй акцияларга* караганда кыйла мурда жүргүзүлөт. Ошондой эле дивиденддерге катышуу менен артыкчылыгы бар акциялар да болот. Мындай шартта аларды кармаган адамга кошумча түшкөн пайдадан

(эгерде болуп калса) тийиштүү үлүштү алууга укук берет. Артыкчылыгы бар акциялар боюнча кирди-чыкты маселелери компаниянын уставында көрсөтүлөт. Азыркы убакта базар экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдө (мисалы, Улуу Британияда) артыкчылыгы бар акциялардын мааниси ишканалардын финансылык жагдайын калыптандырууда кыйла төмөндөп жатат. Анткени, биринчиден, салыктардын таасиринен улам алар пайдалуу болбой калууда, экинчиден алар таянган *инвестор*, эми компаниянын олуттуу була-гынын бири болбой калды. Себеби жеке ишкер өзүн инфляциядан алдын ала сактоого умтулат да, ошол эле убакта башка субъектилер чарбалык иш-аракеттеринде пайыздын калыптанган ставкаларын алууга аракет кылат. Белгилүү мөөнөт өткөндөн кийин артыкчылыгы бар акциялардын бир бөлүгүн ишканалар алардын (акцияда көрсөтүлгөн) наркы боюнча сатып алышат.

АКЦИИ С ОТСРОЧЕННЫМ ДИВИДЕНДОМ – МӨӨНӨТУ УЗАРТЫЛГАН ДИВИДЕНДДҮҮ АКЦИЯЛАР – кайрадан түзүлгөн ишкананын (компаниялардын, фирмалардын) уюмдаштыруучулары же *менеджерлери* ээлик кылган акциялардын түрү. *Жөнөкөй акциялар* боюнча белгилүү бир өлчөмгө чейин төлөнмөйүн *дивиденддер* алар боюнча чегерилбейт. Эгерде бул шарттар аткарылса, анда *пайданын* калган бөлүгү толугу менен же анын олуттуу бөлүгү бул акция ээлерине бөлүнүп берилет. Ошондуктан алар [уюмдаштыруучулук (учредителдик) акциялар деп да аталат] компания көбүрөөк пайда таап, иши ийгиликтүү болуп турган учурда бир топ натыйжалуу келет. Мындай акциялар салыштырмалуу кыйла аз таркатылат.

АКЦИОНЕР – АКЦИОНЕР (фр. actionnaire – акция ээси) – акционердик коомдун (фирмалардын, ишканалардын) акцияларына ээ болгон укуктуу жеке инсан же юридикалык уюм (мекеме). Акционер коомдун милдеттенмелери боюнча өзүнүн *кредиторлоруна* жоопкерчиликтүү болбойт. Коомдук мүлк акционерлердин мүлкүнөн толугу менен ажыратылат. Кандайдыр бир себептер менен коом төлөөгө кудуретсиз боло баштаганда акционер өзүнө тийиштүү акциялардын баасынын төмөндөп кетиши үчүн тобокелге барат. Булардын укугу төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт: мүлк боюнча – жарыяланган *дивиденддин*, ошондой эле жоюлуп калган учурларда фирманын мүлк наркынын тийиштүү бөлүгүн алууга укуктуу; жекече (мүлксүздөр) – акционерлердин жалпы чогулушунда добуш берүүгө катышууга укуктуу.

АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО – АКЦИОНЕРДИК КООМ – юридикалык жана жеке жактардын макулдашуусу боюнча мүлктөрүн бириктирүү аркылуу чарбалык иш жүргүзүү максатында түзүлгөн жа-

на номиналдык наркы бирдей акциялардын белгилүү бир санына бөлүштүрүлгөн *уставдык фондусу* бар жана өз мүлктөрүнүн чегиндеги милдеттенмелери боюнча жоопкерчиликти алуучу бирикме (коом). Бул юридикалык жак катары эсептелет да, ачык жана жабык формада болушу мүмкүн. Коомдун уставына ылайык түзүлөт жана ошонун нугунда иштейт. Эгерде анын акциялары ачык сатуу же жазылуу аркылуу таратылса жана баалуу кагаздардын базарындагы эркин жүгүртүлүшү мыйзамдардын чегинде болсо (ал коомдун башка формасына кайра түзүлүшү мүмкүн эмес), анда ачык акционердик коом катары эсептелет; эгерде баалуу кагаздардын базарында акциялардын жүгүртүлүшүнө тыюу салынса же анын уставы аркылуу чектелсе (ал ысымдуу акцияларды гана чыгара алса жана ачык акционердик коомго кайра түзүлүүгө мүмкүн эмес болсо), анда жабык акционердик коом болуп саналат. Жабык акционердик коомду түзүү үчүн биргелешкен иш-аракеттер жөнүндөгү келишимди даярдоо, уставды бекитүү, коомду жана баалуу кагаздар жөнүндөгү мыйзамда белгиленген тартиптеги акцияларды мамлекеттик каттоодон өткөрүү керек. Мунун акциялары коом түзүлүп жатканда биргелешкен иш-аракеттер жөнүндөгү келишимге кол коюшкан инсандарга таркатылат.

Ачык акционердик коом акцияларга ачык жазылуу же жабык акционердик коомду, башка бир чарбалык объектини же шериктештикти кайра түзүү аркылуу уюштурулат. Ачык коомду мамлекеттик каттоодон өткөрүү учурунда анын уставдык фондусу толук киргизилүүгө тийиш. Эгерде белгиленген фондунун өлчөмү кайра түзүлүүчү субъектинин мүлкүнүн балансалык наркынан ашык болсо, анда эмиссиялардын проспектисинде бул айырманы төлөө үчүн каражаттардын булагы көрсөтүлүшү керек. Акцияларга ачык жазылуу аркылуу ачык акционердик коомду уюштурууда биргелешкен иш-аракеттер жөнүндөгү келишимди түзүү, акцияларга жазылууларды ишке ашыруу, уюмдаштыруучулук конференцияны өткөрүү, коомду жана анын акцияларын мамлекеттик каттоодон өткөрүү сыяктуу жумуштарды камтыйт. Ал эми жабык акционердик коомдун катышуучулары уставда белгиленген тартипте анын катышуучуларына же үчүнчү жакка өзүнүн акцияларын эркин таратууга укуктуу. Ачык акционердик коомдун акцияларын анын ээлери эркин сата алышы мүмкүн. Акционерлердин жыйналышы бир акция – бир добушка ээ деген принцип боюнча жүргүзүлөт. Ачык коомдун уставынын өзгөрүшү, анын иш-аракеттеринин токтотулушу жөнүндөгү чечим же уставдык фондунун өзгөрүшү акционерлердин

жыйналышындагы катышуучулардын төрттөн үч адамдан кем эмес добушу менен кабыл алынат. Башкаруунун акционердик формасы ишкананын иш-аракеттеринин натыйжаларынан кызматкерлердин жана айрым жамааттардын ажырап калышын жок кылууга маанилүү каражат болуп эсептелүүнү көздөйт. Башкаруунун акционердик формасы коомдук мүнөздөгү менчикти үнөмдүү пайдалануунга жумушчуну (эмгек жамаатын) өз эмгегинин жыйынтыгы аркылуу кызыктырууга мүмкүндүк берет. Ишкананын өзүнүн, башка акционерлердин инвестицияларды тартууга катышуусу бюджеттин кыйын абалын кыйла басандатып, калктын акцияларды алышына көмөк көрсөтүп сурамталаптын камсыздандырылбагандыгын төмөндөтөт. *Кара. **Общество хозяйственное – чарбалык коом. Учредительная конференция открытого акционерного общества – ачык акционердик коомдун уюмдаштыруучулук конференциясы.***

АКЦИОНЕРНЫЙ КАПИТАЛ – АКЦИОНЕРДИК КАПИТАЛ – акционердик коомдун уставында аныкталган жана уюмдаштыруучусунун карамагына келүүчү жана акциялар сатылгандан кийин бардык акционерлердин карамагына келип түшүүчү акча каражаттарынын өлчөмү.

АЛГОРИТМ – АЛГОРИТМ – (лат. algorithmi, algorismus – Борбордук Азиянын 9 кылымдагы илимпозу Аль-Хорезми Algorithmi ысмы боюнча аталат) – маселелерди ийкемдүү чыгаруунун эрежелеринин системасы. Бул экономикалык, техникалык же ушул сыяктуу башка маселелерди чыгаруу үчүн аны чыгаруунун методун (программасын, чыгаруу жолун, эрежесин же формуласын) билүү же түзүү, б.а. белгилүү амалдарды аткаруунун тартиби жөнүндөгү ыкмасы. Алгоритмдин кандайы болсо дагы тактык, массалуулук жана натыйжалуулук касиеттерге ээ болууга тийиш. Кандайдыр бир маселенин алгоритми билингенден кийин аны жөнөкөй эле чыгарууга болот.

АЛГОРИТМ УПРАВЛЕНИЯ – БАШКАРУУНУН АЛГОРИТМИ – башкаруучулук чечимдердин, пландардын калыптанышынын, башкаруу процессинде маалымат алмашуунун ишгелип чыккан так белгилүү тартиби. Башкаруунун алгоритмин кылдат иштеп чыгуу – ар кандай автоматташкан башкаруу системасынын зарыл баскычы.

АЛЛОНЖ – АЛЛОНЖ (фр. allonge – кошумча) – векселге кошо тиркелген кошумча барак; анда кепилдикти билдирген жазуу (*аваль*) болот. Адатта векселдин сырт жагына батпаган, өткөрүп берүүчү кошумча жазуулар – *индоссаменттер* үчүн кызмат кылат. Бир катар өлкөлөрдө бул жазуу анын бир бөлүгү векселге баткандай жайгаштырылып, ал эми экинчи бөлүгү – аллонжго баткандай кылып атка-

рылат. Көбүнчө жазуу (индоссамент) аллонж менен *вексель* кошулушкан сызыктын туурасынан аткарылат.

АЛЬПАРИ – АЛЬПАРИ (ит. alpari, alla pari – тең, бирдей) – бул баалуу кагаздын же валютанын биржалык, базардык курсу алардын номиналына (паритетине) туура келет дегенди билдирет. Ушундан улам бул термин тең катар, бирдей деген мааниде колдонулат. Батыш өлкөлөрүнүн акча базарларында баалуу кагаздардын жана валюталардын курсу, адатта, номиналдан четтеп кетет.

АЛЬТЕРНАТИВНЫЕ ИЗДЕРЖКИ – АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ЧЫГЫМДАР – чарбанын бардык тиешелүү чөйрөлөрүнөн жана тармактарынан алууга мүмкүн болуучу кирешелүү экономикалык ресурсту билгичтикте пайдалана албай калуудан улам мезгили өтүп кеткен ыңгайлуулук. Мисалы, өз алдынчалуулуктагы кожоюн үчүн альтернативдүү чыгымдар катары эң жогорку эмгек акы эсептелет. Ал аны түрдүү иштерди жалданып аткаруучулар үчүн төлөшү мүмкүн. Экономика нугунда альтернативдүү чыгымдар тууралуу түшүнүк ресурстарды натыйжалуу бөлүштүрүү ишин талдоодо пайдаланылат.

АЛЬТЕРНАТИВНЫЙ ЧЕК – АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ЧЕК. Белгилүү бир инсандын атына жазылган чек. Аны тийиштүү жайга ким алып келсе, ошого төлөө жүргүзүлө берет.

АЛЬЯНС – АЛЬЯНС (фр. alliance – союз, бирикме) – келишимдик милдеттенмелердин негизиндеги союз, бирикме.

АМАЛЬГАМАЦИЯ БАНКОВ – БАНКТАРДЫН АМАЛЬГАМАЛАНЫШЫ. Эрегишүүнүн күчөшүнөн улам өз алдынча болуп келген эки же бир нече банктын биригиши; банк капиталынын ирилештирүү формаларынын бири.

АМОРТИЗАЦИОННЫЙ ПЕРИОД – АМОРТИЗАЦИЯЛЫК МЕЗГИЛ – *негизги фондуларды* пайдалануунун экономикалык жактан ыңгайлуу мезгили. Булар ар кандай түрлөрү, *моралдык эскириши* эсепке алынган факторлору боюнча пайдалануу шарттары, ошондой эле дагы бир башка факторлору боюнча аныкталып белгиленет. *Материалдык эмес активдер* боюнча амортизациялык мезгил аларды керектөөнүн пайдалуу мөөнөтү катарында белгиленет. *Кара. Износ нематериальных активов – материалдык эмес активдердин эскириши.*

АМОРТИЗАЦИОННЫЙ ФОНД – АМОРТИЗАЦИЯЛЫК ФОНДУ – ай сайын амортизациялык чегерүү аркылуу түзүлүүчү акча каражаттарынын максаттуу топтолушу. *Негизги фондулардын* амортизациялануучу орточо-жылдык наркынын туундусу жана амортизациянын нормасынын чондугу анын суммасы болуп саналат.

АМОРТИЗАЦИЯ – АМОРТИЗАЦИЯ (лат. amortisatio – төлөө, карызды төлөп, документти жабуу, фр. amortir – бошондотуу, жумшартуу) – *улуттук дүи* (жалпы) *продуктуну* өндүрүү процессинде эскирген же пайдаланылган капиталдын көлөмүн баалоо; өндүрүшкө чегерүү учурунда эскирген *негизги фондулардын* наркын кайтарып, аларды кайра калыбына келтирүү максатында өндүрүлгөн продуктуга белгилүү өлчөмдө чегерип туруу. Негизги фондулардын ордун толуктоо, капиталдык курулушту баштоо, капиталдык оңдоо аркылуу жүргүзүлөт. Амортизация негизги фондулардын эскиришинен келип чыгат. Негизги фондулар иштетүүдөн жана моралдык жактан эскирет. Кээ бир учурда жаңы жана жакшыртылган, өндүрүмдүүлүгү бир кыйла жогору, үнөмдүү негизги фондулардын пайда болушунун негизинде мурдагылары өзүнүн керектөө наркынын белгилүү бөлүгүн жоготот. Бул *фондулардын моралдык эскириши* деп аталат. Негизги фондулардын алгачкы техникалык эксплуатациялык сапатынын (конструкциялык элементтеринин, белгилүү тапшырманы жана техникалык функциясын аткаруусунун ж.б.) төмөндөшү негизги фондуларды иштетүүдөн эскиришинин өзөгүн түзөт. Негизги фондулардын орду амортизациялык чегерүү аркылуу толтурулуп турат. Алар негизги фондулардын наркынын бөлүкчөлөрү катары өндүрүлгөн продукцияга чегерилип турат жана негизги фондулардын эскирген үлүшүнө барабар келет да акчалай көрсөтүлөт. Амортизациялык чегерүү көлөмү чарбанын ар бир тармагында жана негизги фондулардын түрлөрү боюнча амортизациялык нормага жараша ар түрдүү болот. Амортизациялык чегерүү негизги фондулардын алгачкы наркынан орточо пайыз менен алар толук эскирип, жарабай калганга чейин амортизациялык фондуга чегерилип турат.

АНАЛИЗ – ТАЛДОО, АНАЛИЗ (гр. analysis – ажыратуу, бөлүктөргө бөлүү) – текшерип талдоо, анализдөө, талкуулоо, курамдык бөлүктөргө ажыратуу.

АНАЛИЗ БАЛАНСА – БАЛАНСТЫ ТАЛДОО – балансты, пайданын жана чыгымдардын, ошондой эле ишкананын абалынын отчётторун жана отчётко тиркемелерди бардык жагынан баалоо.

АНАЛИЗ БЕЗОПАСНОСТИ – КООПСУЗДУКТУ ТАЛДОО – *юридикалык* же *жеке жактын* болжолдонгон иш-аракеттерин жүзөгө ашырууга байланыштуу коопсуздукту ар тараптуу талдоо жана эсеп-кысабын тактоо.

АНАЛИЗ ДОКУМЕНТОВ – ДОКУМЕНТТЕРДИ ТАЛДОО – документтер маалыматтын түпкү булагы катарында пайдаланылуучу баштапкы маалыматтарды жыйноо ыкмасы.

АНАЛИЗ ИЗДЕРЖЕК – ЧЫГЫМДАРДЫ ТАЛДОО – тигил же бул товарды өндүрүп чыгарууда жана аларды сатууда келип чыгуучу чыгашаларды айкындай турган талдоо.

АНАЛИЗ ИЗМЕНЕНИЙ – ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ ТАЛДОО (АНАЛИЗДӨӨ).

АНАЛИЗ ПОСЛЕДСТВИЙ – НАТЫЙЖАЛАРДЫ ТАЛДОО.

АНАЛИЗ РЫНКА – БАЗАРДЫ АНАЛИЗДӨӨ. Базар мамилесиндеги баалар, сурамдар, сунуштар, товардык запастар, атаандаштардын болгон мүмкүнчүлүгү сыяктуу негизги көрсөткүчтөрүн иликтеген ыкма.

АНАЛИЗ СПРОСА И ПОТРЕБЛЕНИЯ – СУРАМДЫ ЖАНА КЕРЕКТӨӨНҮ ТАЛДОО – экономикалык иликтөөнүн олуттуу бөлүгү. Мунун башкы максаты коомдун мүчөлөрүнүн материалдык керектөөлөрүн илимий жактан тагыраак божомолдоо жана аларды канааттандыруу үчүн эң мыкты жолдорду издөө болуп саналат. Түшүүчү кирешелерди, түрдүү кызыкчылыктарды, багыттаган иштерди, үй-бүлөлөргө байланышкан маселелерди, социалдык жактан бир кылка топтордун *сурамын* жана *керектөөлөрүн* изилдөө анализдөөнүн маанилүү багыты катары эсептелет. Мындай топтор үчүн адатта бир катар маселелерге жооп берүүгө жана аны чечүүгө мүмкүндүк түзүүчү *экономикалык-математикалык моделдер* иштелип чыгат. Мисалы, эгерде белгилүү бир топтун жумушчуларынын эмгек акысын жогорулатууга туура келсе, анда кандай товарларга сурам арбый тургандыгын, тескерисинче, товарлардын айрым түрлөрүнүн баасы төмөндөтүлө турган болсо, анда калктын кайсыл катмары мындан утарын билүүгө багытталып иштелет. Мындан сырткары, керектөөнү жана сурамды өндүрүш иши менен байланыштыруучу моделдер дагы иштелип чыгат. Келечектеги тиешелүү керектөөлөрдү аныктап тактоодо төмөндөгүдөй методдор кеңири пайдаланылат: статистикалык метод менен бүгүнкү күндө сурамдын төлөөгө жөндөмдүүлүгүн, кирешенин келечектеги өзгөрүүлөрүнүн эсептөөлөрүн, сурамдын жана керектөөлөрдүн өзгөрүүлөрүн иликтөөгө болот; нормативдик методдун жардамында калктын (өндүрүүчүлөдүн) түрдүү катмарынын илимий жактан негизделген керектөө нормаларынын эсептөөлөрүн тактоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мисалы, адамдын физиологиялык керктөөлөрүн изилдөөнүн негизинде анын тамактануу нормасы иштелип чыгат.

АНАЛИЗ ХОЗЯЙСТВЕННОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН ЧАРБАЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРИН АНАЛИЗДӨӨ – ишкананын (фирмалардын, компаниялардын ж.б.) чарбалык абалын жана өнүгүшүн, анын техникалык деңгээли, жамааттын социалдык жагдайы менен тыгыз байланыштуу көрсөткүчтөрдүн аткарылышына баа берүү, чарба ичиндеги резервдерди табуу жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн ар тараптуу изилдөө. Мындай олуттуу маселени ишке ашырууда активдүү эсептин статистикалык жана бугалтердик материалдары, алардын эсеп-кысабы, нормативдик жана пландык көрсөткүчтөрү, техникалык маалыматтар кеңири пайдаланылат. Ошондой эле мында чарбанын иш-аракеттеринин натыйжалуулугуна техниканын, технологиянын, өндүрүштү, эмгекти уюштуруунун, пландоонун, башкаруунун, финансылоонун жана кредиттик акча мамилелеринин таасири дагы аныкталат. Анализдин сапаты көбүнчө колдонулуучу методдор жана ыкмалар, маалыматтардын толуктугу жана ырастыгы, аткаруучунун квалификациялык деңгээли менен камсыз кылынат. Анализдөө жалпы экономикалык жана техникалык-экономикалык болуп экиге ажыратылат. Мында жалпы-экономикалык анализдөө чарбалык иш-аракеттердин жалпылоочу нарктык көрсөткүчтөрүн изилдөөгө багытталса, техникалык-экономикалык анализдөө болсо, ишкананын техникалык деңгээлин жана экономикалык көрсөткүчтөргө анын тийгизүүчү таасирин изилдеп текшерүүнү камтыйт. Талдануучу маселелердин көлөмүнө жараша анализ толук (бүтүндөй чарбалык иш-аракеттер) жана тематикалык (айрым багыттарын жана көрсөткүчтөрүн, мисалы эмгек өндүрүмдүүлүгүн, негизги фондулардын, эмгек акынын, пайданын, рентабелдүүлүктүн ж.б. пайдаланылышын анализдөө) болуп ажырайт. Анализдөө иши төмөндөгүдөй ырааттуулукта жүзөгө ашырылат: максаты так көрсөтүлгөн иш планы, аны аткаруунун, анын мөөнөттөрүн анализдөөнүн программасы түзүлөт, ага зарыл болуучу формалар, графиктер, таблицалар даярдалып, техникалык каражаттары аныкталат, баштапкы маалыматтар (зарыл маалыматтар) толугу менен жыйналат да, анын далилдүү экендиги ийне-жибине чейин текшерилет жана тийешелүү өлчөмдө ийге келтирилет; алынган натыйжалар жалпылантылып, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу чарба ичиндеги резервдерди пайдалануу, байкалган кемчиликтерди четтетүү ж.б.) боюнча тиешелүү сунуштар киргизилет. Анализдөөнүн материалдарын изилдөө жана жалпылоо атайын ыкмалардын (салыштыруу, топтоштуруу, математикалык статистика ж.б.) жардамы менен ишке ашырылат.

АНАЛИЗ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ – ЭКОНОМИКАЛЫК АНАЛИЗ – экономиканын ар кандай уюштуруу структуралары боюнча анын

абалын жана өнүгүү тенденциясын баалоо. Бул көбүнчө макро- жана микродеңгээлде аткарылат. Макродеңгээл масштабдар, темптер, шайкештиктер (пропорциялар) жана структуралык-нарктык катыштар жөнүндөгү маселелердин алкагында топтоштурулат. Микро-деңгээл (ишкананын деңгээлинде) чыгымдардын анализин, пайда алуу үчүн зарыл болуучу сатуу көлөмдөрүн, ишканалардын (фирмалардын) ишаракеттеринин айрым багыттары боюнча кирешелердин жана чыгымдардын сметаларын түзүүнү, тенденциялардын анализин жана алардын нугундагы кыска жана узак мөөнөттүү божомолдоону, ресурстардын жана даяр продукциянын бааларынын анализин ж.б. камтыйт. *Кара. **Анализ хозяйственной деятельности предприятия – ишкананын чарбалык иш-аракеттерин анализдөө.***

АНАЛИТИЧЕСКИЙ МЕТОД НОРМИРОВАНИЯ ТРУДА – ЭМГЕКТИ НОРМАЛООНУН АНАЛИТИКАЛЫК МЕТОДУ – жумушчу орунда ишти уюштуруунун, нормаланган жумушту аткаруунун жана жабдууларды пайдаланууну колдонулуп жүргөн ырааттуулуктарын жана ыкмаларын изилдөөгө жана анализдөөгө негизделген метод. Бул метод аналитикалык изилдөө жана эсептик изилдөө болуп ажыратылат. Эмгек нормасына кошула турган керектүү убакыттын сарпталышын аныктоо ыкмасы алардын айырмасын аныктайт. Мунун биринчисинде алар байкоо маалыматтары боюнча операциянын ар бир элементине эсептелинсе, экинчисинде алдын ала белгиленген техникалык жабдуулардын иш режимдери жана убакыт нормативдери боюнча эсепке алынат. *Кара. **Нормирование труда – эмгекти нормалоо, Нормы затрат труда – сарпталган эмгек нормасы, Суммарный метод нормирования труда – эмгекти нормалоонун суммаланган методу.***

АНАЛОГ СОБСТВЕННОРУЧНОЙ ПОДПИСИ – ОКШОШ ӨЗ КОЛ ТАМГАСЫ (АНАЛОГУ) (гр. analogikos – окшош, ошого тийешелүү) – электрондук цифралык кол тамга; документте камтылгандарды сандык ыраттуулукка бир тараптуу өзгөртүп түзүү жана жашыруун жеке ачкычтын жардамы менен кодду белгилөө аркылуу сертификат салынган программалык-техникалык каражаттардын негизинде түзүлгөн код. Электрондук цифралык кол тамга бир адам тарабынан гана иштелип чыгат, ал эми анын аныктыгы көп адамдар тарабынан тастыкталат. Электрондук цифралык кол тамга конкреттүү жөнөтүүчү менен жана анын өзү менен гана тыгыз байланыштуу.

АНДЕРРАЙТЕР – АНДЕРРАЙТЕР, ГАРАНТ, КЕПИЛ (англ. underwriter – кол кат берүүчү). Жаңы чыгарылган *акциялардын, облигациялардын же башка баалуу*

кагаздардын бир бөлүгүн белгилүү убакыттан кийин инвесторлорго кымбатыраак сатуу үчүн аларды сатып алуу аркылуу жайгаштыруу үчүн өзүнө тиешелүү милдеттенме алган киши.

АННУИТАНТ – АННУИТАНТ (лат. annuitas – жыл сайын төлөм алуучу). Киреше булагы катары жылыга рента алып туруучу адам.

АННУИТЕТ – АННУИТЕТ (нем. annuität, лат. annuitas – жыл сайынкы төлөм). Кредиторго (адатта узак убакыт бою) андан алган зайымдан пайызын кошуп, кутулуш үчүн жылына төлөнүүчү белгилүү бир суммадагы финансылык рента.

АНТИМОНОПОЛЬНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ – МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ ЖӨНГӨ САЛУУ. 20-кылымда дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө чарбанын түрдүү тармактарында атаандаштыкты колдоо максатында монополиялыкка каршы бир катар мыйзамдар кабыл алынган. Монополияга каршы саясаттын негизги максаты монополиялык бааларды төмөндөтүү жана алдын алуу, өндүрүш тартышын азайтуу жана алдын алуу, монополиялык байлыкты кайрадан бөлүштүрүү жана коомдогу экономикалык ресурстардын топтолушунун унгусун борбордоштурбоо болуп саналат. Монополияга каршылыкты жөнгө салуу көбүнчө мамлекет тарабынан, ал тургай базар мамилелеринин нугунда өнүгүп жаткан өлкөлөрдө да ишке ашырылат. Алсак Кыргыз Республикасынын экономикасында буйрукчул-акимдик башкаруудан базар мамилелерине өтүү шарттарында монополиялыкка каршы бир катар мыйзамдарды кабыл алышы буга толук мисал боло алат.

АПОРТЫ – АПОРТТОР (англ. contribution of capital). Акцияга төлөө үчүн акционердик коомго түшкөн мүлк. Булар товарлар, соода жана өнөр жай ишканалары, акча капиталынын белгилүү бир суммасына теңештирилүүчү жана бааланууучу курулуштар түрүндө берилиши мүмкүн. Көп учурда уюмдаштыруучулар түзүлүп жаткан акционердик коомдорго апорттор катары жогорку баа менен өзүлөрүнүн ишканаларын жана товарларын беришет да, натыйжада мүлктүн чыныгы баасына салыштырмалуу алар акцияларды кыйла арбын алышат.

АРБИТР – АРБИТР, КАЛЫС (ортомчулук бейтарап), сот. (фр. arbitre, лат. arbiter – ортомчул). *1)* Ишканалар, уюмдар, мекемелердин ортосунда келип чыккан мүлктүк чыр-чатактарды башынан аягына чейин кароочу кызматкер (*арбитражды караңыз*); *2)* спорт оюндарын тейлөөчү судья. Мелдештерди өткөрүүдө анын эрежелери аркылуу тейлөөчү, жыйынтыктары боюнча тиешелүү чечим кабыл алуучу адам.

АРБИТРАЖ – АРБИТРАЖ (фр. arbitrage – ортомчул сот). Эки жактын макулдугу боюнча, мыйзам чегинде түзүлүүчү бейтараптык сот.

Батыш өлкөлөрүндө түрдүү коммерциялык иштерди чечүүдө кеңири колдонулат. Арбитраж (мурдагы Союз учурунда) мамлекеттик, кооперативдик (колхоздордон башка) жана коомдук ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ортосундагы мүлктүк, келишимге чейинки чатактарды чечүүчү орган катары кызмат кылган. Арбитраж чарба эсебин, пландык, финансылык жана келишимдик тартипти бекемдөөгө көмөк көрсөтөт.

АРБИТРАЖНЫЕ СДЕЛКИ – АРБИТРАЖДЫК БҮТҮМДӨР – тобокелге бел байлоо даражасы салыштырмалуу төмөн болуп турганда ар кандай *биржа* борборлорундагы курстардын айырмачылыгын пайдалануу менен бир эле убакта ошол же ага окшогон баалуу кагаздарды сатып алуу жана сатуу. Кадимки эле акциялар менен бүтүмдөрдү түзүүдө түшкөн *пайда* – көбүнчө *"таза пайда"*, ал эми белгиленген кирешелүү баалуу кагаздарды сатуудан түшкөн пайда "пайыздык ставкалардагы таза айырма" болуп эсептелет.

АРБИТРАЖНЫЙ СУД – АРБИТРАЖДЫК СОТ. Дайыма иштөөчү бейтараптык сот. Бул көбүнчө экономика тармагындагы түрдүү келишпестиктерди, талаш-тартыштарды жана калк арасындагы ар кыл иштерди калыс чечүү жолу менен сот адилеттигин жүзөгө ашырат.

АРЕНДА – АРЕНДА, ИЖАРА (лат. arrendare, пол. arenda – карызга берүү). Кимдир бирөөлөр (жеке адам же уюм) башка бирөөнүн мүлкүн, айталык, үйүн, жерин, ишканаларын ж.б. белгилүү бир мөөнөткө, тиешелүү акыга убактылуу пайдалануу алышы. Ижаранын түпкү маңызы мүлккө ээлик кылуучунун табигый ресурстарды, жерди (арендага берүүчүнүн) ижарачыга, келишимде кандайдыр бир мөөнөткө аныкталган ижаралык акы төлөө үчүн бул каражаттарды пайдалануу укугун ыйгаруу эсептелет. Ижарачы мыйзам боюнча өндүрүлгөн товарларга тейлөө жүргүзүүгө, мамлекеттик заказдарды аткарууга, салыктарды төлөөгө милдеттүү. Ошону менен бирге камсыздандыруу төлөмдөрү киргизилип, табигый жана эмгек ресурстарына төлөйт. Калган чарбачылык иш-аракети боюнча ижаралык ишкана мамлекеттин экономикалык органдарына көз каранды болбойт. Ижаралык ишканалардын кирешеси анын продукцияларынын (тейлөөлөрдүн) керектөөчүлөрдүн мүдөөсүнө ылайык келишине көбүрөөк байланыштуу болот.

АРЕНДА ДОЛГОСРОЧНАЯ – УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ ИЖАРА. Узак мөөнөткө берилген ижара.

АРЕНДАТОР – ИЖАРАЧЫ. *Негизги фондуну* жана мүлктү ижаралоочу адам. Алар белгилүү бир убакка дейре ээлик кылууга, ошондой эле ижаранын келишиминде шартталган чечимге ылайык сатып алышы дагы мүмкүн.

АРЕНДНАЯ ПЛАТА – ИЖАРА АКЫСЫ. Ижарага алып (мүлк, жер, ишкана, үй ж.б.) пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү акы.

АРЕНДНОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ – ИЖАРАЛЫК (АРЕНДАЛЫК) ИШКАНА. Мамлекеттик орган тарабынан же жеке менчик ээсинин ижарачыларга – эмгек жамааттарынын өкүлдөрүнө ижаралык келишимге ылайык ижарага берилген ишкана. Ижаралык ишкананын негизги иш-аракети жалпы чогулуштун негизинде бекиген уставы болуп эсептелет. Ишкана ижарага өткөн учурда мамлекеттик заказды жана продукцияны сатуу боюнча ишкана ижарага берген жылда белгиленген заказдарды аткарууга милдеттүү. Чарбалык маселелерди чечүүдө ишкана өз алдынча каалаган ишин жүргүзөт да, эч кимге баш ийбейт. Бугалтердик жана статистикалык эсеп-кысап, ошондой эле анын ишмердүүлүгүнө көзөмөлдүк кылуу кооперативдер үчүн белгиленген тартипте ишке ашырылат. Түшкөн акчадан алынган кирешелер толугу менен табигат жана эмгек ресурстары үчүн камсыздандыруу төлөмдөрдү, эмгек акы, ижаралык төлөөлөргө бергенден кийин гана келип түшөт. Кызматкерлерди ишке алуу, бошотуу, эмгек акы төлөөнүн формалары, дем алыш күндөрүн жана өргүүлөрдү берүү тартибин ижаралык ишкана аныктайт. Ижаралык ишкана бардык банктардан кредит ала алат, *баалуу* кагаздарын чукул чыгарып, баалуу кагаздардын базарына чыга алат.

АРЕНДНЫЙ ДОГОВОР – ИЖАРАЛЫК КЕЛИШИМ – ижарага берүүчү менен ижарага алуучунун ортосунда өз эркү менен жана толук тең укуктуулукта түзүлгөн ижара келишими. Анда негизинен төмөндөгүлөр каралат: ижарага берилүүчү мүлктүн курамы жана наркы; *ижаралык төлөмдүн өлчөмү*; ижаралык мөөнөтү; ижаралык мүлктү толук калыбына келтирүү жана ремонт боюнча эки жактын милдеттери; ижаралык келишим бүткөндөн кийин мүлктү кайтарып берүүнүн тартиби. Ал эми ижаралык келишимге ижарага берүүчүнүн төмөндөгүдөй милдеттери киргизилиши мүмкүн: материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу, өндүрүштүн өнүгүшүнө, жаңы техника менен технологияны өндүрүшкө киргизүүгө жардам берүү, социалдык өнүгүүгө маалыматтык жардамдарды көрсөтүү, кадрларды даярдоого ж.б. өбөк болуу. Ижаралык келишимге ылайык ижарачы өзүнүн чарбалык иш-аракеттеринин багытын өз алдынча аныктап белгилейт жана өндүргөн продукцияларына, алынган кирешелерине өзү кожоюндук кылат, ага ижарага берилген мүлктүн толук же белгилүү үлүшүн сатып алууга мүмкүндүк берилет. Калыптанган тажрыйбага ылайык ижа-

ралык келишимдин кыска мөөнөттүү ижара – *рентинг*, орточо мөөнөттүү ижара – *хайринг*, узак мөөнөттүү ижара – *лизинг* сыяктуу түрлөрү кездешет.

АРЕНДНЫЙ ПОДРЯД – ИЖАРАЛЫК КӨТӨРМӨ. Ижарага берүүчү менен ижарага алуучунун ортосундагы келишимге негизделген экономикалык форманын бир түрү. Ижаралык көтөрмө – ишкананын ижаралык көтөрмө келишимине негизделген кызматкерлердин эмгек акысын төлөө жана уюштуруу. Ижаралык көтөрмө келишими жамаат менен администрациянын ортосунда түзүлөт. Ал боюнча жамаат ички чарбалык баалар жана тарифтер боюнча өндүрүлгөн продукциянын кандайдыр бир бөлүгүн берүүгө милдеттенет да, пландан ашкан продукция толугу менен ижара жамаатынын карамагында калат. Ижаралык төлөөнүн ченеми, ижарачылар жамаатынын чыгымдоо, ишкананын төлөмдөрүнө катышуусунун көлөмү жана тартиби, ошондой эле эки жактын жоопкерчилиги ижаралык көтөрмөнүн келишими менен аныкталат. Ижаралык көтөрмө ишкана жалпысынан ишкердик боюнча банк ж.б. менен болгон бардык эсеп-кысабын жүргүзөт. Ошол эле учурда пландаштыруу, социалдык чөйрөнүн жана техникалык саясат функциясы сакталып калат.

АРЕНДОДАТЕЛЬ – ИЖАРАГА БЕРҮҮЧҮ. Мүлктүн жана өндүрүш каражаттарынын менчик ээси, ишканалардагы мамлекеттик менчиктин өкүлү, жогорку органы.

АРТИКУЛ – АРТИКУЛ (лат. articulus – бөлүм, бөлүк) – чыгарган *буюмдун, товардын* тиби, анын цифралык же эн белгилери.

АСПЕКТ – АСПЕКТ (лат. aspectus – түр); каралып жаткан кубулушка, түшүнүккө, нерсеге көз караш; кандайдыр бир процессти мурда тандап алынган чектерде карoo.

АССИГНОВАНИЕ – БӨЛҮНГӨН АКЧА КАРАЖАТЫ (лат. assignare – бөлүү, чегерүү) – акча каражаттарынын кандайдыр бир максатка белгилүү суммада бөлүнүшү.

АССОЦИАЦИЯ – АССОЦИАЦИЯ (лат. associatio – кошулуу) – биригүү; союз; уюмдардын (ишканалардын, мекемелердин) же жеке жактардын жалпы чарбалык (мисалы, салынган капиталга пайданын, дивиденддин үлүшүн алуу үчүн), саясий, илимий, маданий же башка дагы бир максаттарга жетишүү үчүн келишимдин негизинде биригиши. Чарба комплексинин же анын бир катар тармактарынын ишканалары өз алдынча курамга кирүү аркылуу жаңы ассоциация түзө алат. Бул ассоциация – өз эркн менен бириккен жана продукция өндүрүү, түрдүү иштерди аткаруу, тейлөө көрсөтүү жана катышуучуларды (ассоциация субъекттерин) тейлөө, өндүрүштү өнүктүрүүдө жана социалдык чөйрөдө биргелешкен орток капиталдык салымды жумшоо же илимий изилдөөлөрдү, тажрыйбалык-конструктордук жумуштарды аткаруу, жабдууларды пайдалануу жана сатуу ишин уюштуруу, тышкы экономикалык ж.б. иштер боюнча биргелешкен иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн өз эркн менен кошулган бирикме болуп саналат. Ассоциациянын ишеними жүктөлгөн өкүлдүгү өзүнүн атынан келишим түзүүгө, *банк кредиттерин* пайдалануу, коммерциялык операцияларды ишке ашырууга, баалуу кагаздар базарына чыгууга, биргелешкен орток ишканаларды уюштурууга, башка ишканаларга, уюмдарга карата өз кызыкчылыгын жана катышууларын көрсөтүүгө, ошондой эле карымкатнаш кылгандарга ар кандай тейлөөлөрдү (транспорттук, технологиялык, курулуштук, коммерциялык, юридикалык ж.б.) көрсөтүү боюнча чарбалык эсептеги бирикмени (фирмаларды, борборлорду, өндүрүштөрдү ж.б.) түзүүгө толук укуктуу жана ишке ашыра алат. Келишимдин негизинде өндүрүштүк-чарбачылык иш-аракеттерди координациялоо жана борбордоштуруу, адистештирүүнү терендетүү жана өндүрүш кооперацияларын өнүктүрүү максатында өзүнүн ресурстарынын бир бөлүгүн бириктирүүнүн эсебинен белгилүү продукцияга карата жеке өзүлөрүнүн керектөөлөрүн канааттандыруу менен бирге, үчүнчү тарапка өткөрүүнү, сатууну да камсыз кылып туруучу ишканалардын бирикмеси чарбалык эсептеги (өндүрүштүк-коммерциялык) ассоциация деп аталат. Алардын катышуучулары толук өз алдынчалыгын сактап, эч кимдин макулдугусуз эле башка бирикмелерге кире алышат. Чарбалык ассоциация *концерн* сыяктуу эле, катышуучулардын кызыкчылыгын мамлекеттик башкаруу органдарына, эл депутаттарынын жергиликтүү Кеңештерине жана биргелешкен иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу максатында башка мекемелерге, уюмдарга коё алат. Аны уюштуруунун түпкү максаты катышуучулардын уставдык милдеттерине дал келбей калышы да мүмкүн. Мунун концерндан бир топ жогору борборлоштурушу, ишканалардын – келишимдин катышуучуларынын ортосундагы байланыштын кыйла өз алдынчалыгы, алардын өз бетинчелиги жана көз каранды эместигинин эң жогорку даражада болушу менен олуттуу айырмаланат. Айрым чет өлкөлөрдүн ишканалары (фирмалары), же алардын бир нечеси (топтору) менен кызматташтык уюмдарды түзүү үчүн иштиктүү кызматташтык ассоциациялар уюштурулат да, булар толук чарбалык эсептешүү, өзүн-өзү финансылоо нугунда иштейт. Чарбалык өз алдынчалыгы жана валюта жагынан өзүн-өзү камсыздоосу менен бөтөнчөлөнүп, укуктуу мекеме болуп эсептелет. Мындай ассоциациялар өзүлөрүнүн мүчөлөрүнө, башка фирмалар менен

уюмдарга, тышкы экономикалык байланыштардын иш-аракеттерин чечүүдө, биргелешкен орток ишканаларды түзүү үчүн өнөктөрдү табууда, *коммерциялык келишимдерди* иштеп чыгуу, *базар* жана *маркетинг* нугундагы изилдөөлөрдү жүргүзүү, экспорттук-импорттук операцияларды ишке ашыруу үчүн жакындан иштиктүү жардам көрсөтөт. Өндүрүштүк ассоциацияларда эң жогорку органы – ассоциацияланган ишканалардын (уюмдардын, акционерлердин) жалпы чогулушу болуп эсептелет. Бул чогулуш сандык жагынан ассоциациялардын иш-аракеттеринин масштабына жана капиталдык салымынын өлчөмүнө карабастан, бардык мүчөлөрдүн бирдей өкүлдүк принциптеринде куралат. Жалпы чогулуш зарылчылыгына жараша чакырылат да, жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлүүгө тийиш. Ассоциацияны башкаруунун туруктуу иштөөчү органы болуп башкармалык саналат да, ал бардык ишканалардын жана акционерлердин жетекчилеринин курамынан түзүлөт. Ал эми директордун милдетин аткаруучу (кеңеш берүүчү добуш укугу менен), башка уюмдардын өкүлдөрү жалпы жыйналыштын чечими боюнча аныкталат. Башкарманын төрагасы жалпы жыйналышта жетекчилердин ичинен – ассоциациянын мүчөлөрүнөн көпчүлүк добуш (үчтүн экиден кем эмес бөлүгү) менен беш жылдан ашык эмес мөөнөткө шайланат. Башкарманын кеңешмесинде *вето* укугу колдонулат, б.а. чечимдин бардыгы алардын бир добуштан жактыруусу менен кабыл алынат. Ассоциациянын иш-аракеттеринин оперативдүү жетекчилигин башкармалык дайындаган аткаруучу директор башчылык кылган аткаруучу дирекция ишке ашырат да, аларды каржылоого жумшалуучу акча каражатынын өлчөмү болсо жалпы жыйналышта бекитилет.

АТТЕСТАЦИЯ – АТТЕСТАЦИЯ (лат. attectatio – күбөлүк) – кызматкерлердин квалификациясын же окуучулардын билим деңгээлин, продукциянын сапатын, жумушчу орундарынын абалын аныктоо; кандайдыр бир адамдын жөндөмдүүлүгү, билими, ишкердик сапаттары жөнүндөгү пикирлер; бир катар мекемелер менен уюмдарда кызматкерлерге наам, ранга ж.б. ыйгаруу үчүн аттестация милдеттүү шарт болуп эсептелет. Бул төмөндөгүдөй негизги баскычтарды камтыйт: аттестациялануучу адамга же мекемеге даярдануура жана ага катышууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн тийиштүү аттестация жөнүндө билдирүү (кабарлоо); аттестацияны жүргүзүүнүн жол-жобосу – аттестациялануучу адамдын профессионалдык даярдыгына, инсандык сапатына, тийиштүү милдеттерди (иштерди) аткарып кетүү даярдыгына ылайык анын социалдык абалынын өзгөрүшү (сакталышы) жөнүндө объективдүү чечимдерди камсыз кылууга тийиш. Берилүүчү мүнөздөмөдө (көбүнчө жазуу жүзүндө) аттестацияланууучунун мыкты жактарын жана кемчиликтерин баса көрсөтүү талап кылынат. Аткарган кызматына ылайык келет (ылайыктуу эмес) деп таанылгандыгы, андан жогорку ишке которуу резервине киргизүү, окууга жиберүү жөнүндөгү комиссиянын чечими, б.а. аттестациялануучу адамдын келечектеги ишке байланыштуу тагдыры аныкталат. Тагыраак айтканда адистерди, ишкананын бөлүмчөсүн, өндүрүштүк процессти, жумуш орунду, продукцияны, ар кандай социалдык процессти (объект) аттестациялоого болот. Анын жыйынтыгы дайыма субъективдүү, аттестацияланган инсан же мекеме белгилүү өлчөмдө жоопкерчилик милдетти талапка ылайык алып жүрөт. Ошондуктан мына ушунун өзү белгилүү бир даражада мыйзам ченемдүү иш болуп саналат.

АТТЕСТАЦИЯ РАБОЧИХ МЕСТ (ПО УСЛОВИЯМ ТРУДА) – ЖУМУШЧУ ОРУНДУ (ЭМГЕК ШАРТТАРЫ БОЮНЧА) АТТЕСТАЦИЯЛОО – социалдык-экономикалык факторлорго ылайык келүүчү, эмгек иш-аракеттеринин процессинде жумушчу-кызматкерлердин саламаттыгына жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнө таасир көрсөтүүчү өндүрүштүн жана эмгектин бардык факторлорун комплекстүү баалоо. Аттестация боюнча иштерди уюштуруу жана өткөрүү үчүн ишкананын жетекчиси буйрук берет да, анда аттестациялоонун маңызы жана милдеттери көрсөтүлүп, аттестациялык комиссиянын курамы бекитилип, анын өкүлдүк милдети аныкталат. Сонунан аттестациялоону өткөрүү мөөнөтү, ишкананын структуралык бөлүмдөрүндө даярдык иштерин жүргүзүүнүн узактыгы жана графиги аныкталат, ошондой эле *эмгек шарттарынын* абалын изилдеп текшерүү жана баа берүү үчүн долбоорлор, бул ишке тартылуучу илимий-изилдөө жана башка уюмдар көрсөтүлөт. Кайрадан аттестациялоо мурдагы өткөрүлгөн мөөнөтү бүтүп, беш жыл өткөндөн кийин жүргүзүлөт. Кезексиз аттестациялоо ишканаларды кеңейтүүдөн, жаңылоодон улам эмгек шарттары жана анын уңгусу өзгөргөн учурда, жаңы техниканы жана технологияны ишке киргизүүдө, чийки заттардын жана материалдардын жаңы түрлөрүн пайдалануда, уюштуруу-техникалык иш чараларды ишке ашыруунун негизинде эмгек шарттарын жакшыртууда, жалдоочунун же ага өкүлдүк кылуучу органдын профсоюздук комитеттин же эмгек жамаатынын, шайлоо органдарынын, ишкананын кызматкеринин демилгеси, ошондой эле эмгек шарттарынын мамлекеттик экспертизасынын демилгеси менен дагы өткөрүлүшү мүмкүн. Аттестациялоо комиссиясы төмөндөгүлөргө жооп берет: зарыл болуучу укуктук, нормативдик-маалымдоо базасын калыптандыруу жана аны изилдеп-текшерүүнү уюштуруу; кызыкчылык көрсөткөн органдардын (эмгек шарттарынын экспертизасы, санитардык-эпидемия-

лык кызматы, эмгек инспекциясы) профсоюздук органдар менен болуучу ич-ара иштерди аныктап белгилөөнү, уюштуруучулук, методикалык жетекчилик жана бардык баскычта аткаруучулардын жүргүзгөн иштерине көзөмөлдүүлүктү ишке ашыруу; аттестациялануучу жумушчу орундарынын тизмесин түзүү; бирдиктүү тарифтик-квалификациялык маалымдоонун негизинде кесиптин атына ылайык жана иш жүзүндө аткара турган жумуштар боюнча (өзгөрүүлөр болуп калган учурда алар эмгек китепчесине киргизилет) милдеттерди белгилөө; долбоордук документтерге, эмгек коопсуздугу, курулуш жана санитариялык нормаларга жана эрежелерге ылайык жумушчу ордунун техникалык, уюштуруучулук деңгээлине баа берүүнү жүргүзүү; өндүрүштүн зыяндуу жана коркунучтуу факторлорун изилдеп-текшерүүнүн зарылдыгын аныктоо жана аларды ишке ашырууну уюштуруу; жумушчу орундун уюштуруу-техникалык деңгээлинин баалоо картасын; жумушчу орунунун эмгек шарттарынын картасын ж.б. эмгек шарттары боюнча жумушчу орунга аттестациялоону жүргүзүүнүн методикасында каралган документтерди түзүү. Аттестациялоонун жыйынтыгында төмөндөгүлөр көрсөтүлөт: жумушчу оруну, өндүрүштөр, кесиптер жана аткарган кызматтары, эмгектин өзгөчө шарттары менен байланыштуу жашы боюнча пенсияга укуктуу деп табылган жумушчулар; эмгектин жагымсыз шарттарындагы иштер үчүн жумушчуларга кошумча акы төлөө белгиленүүчү жумушчу оруну, өндүрүштөр, кесиптер жана аткарган кызматтар; жумушчу орундарын эмгекти коргоонун эрежелерине жана нормаларына ылайыкташтырып келтирүү максаттарында рационализациялоо боюнча уюштуруучулук-техникалык иш чаралар. *Кара.* ***Оценка организационно-технического уровня рабочего места – жумушчу орундун деңгээлинин илимий-техникалык уюштурулушун баалоо. Оценка условий труда – эмгек шарттарын баалоо.***

АУДИТ – АУДИТ – [лат. audit – эсептөөлөрдү (счётторду) текшерүү, ревизия] – субъекттердин чарбаны жүргүзүү финансылык эсеп-кысабынын *аудиторлор* жана *аудиторлук уюмдар* тарабынан аткарылуучу көз карандысыз экспертизасы жана анализи. Аудит тышкы (аудиттин көз карандысыз формасы) жана чарба жүргүзгөн субъектинин каалоосу, койгон шарттары боюнча түзүлгөн ички (ведомстволук) аудит (ички аудит субъектинин көзөмөлүнүн астында болгондуктан, ал тышкы аудитти алмаштыра албайт); милдеттүү аудит (мыйзамда алдын ала каралган учурларда жүргүзүлүүчү) жана демилгелүү аудит (чарба жүргүзүүчү субъекттердин же менчик ээсинин чечими боюнча) болушу мүмкүн. Аудитти жүргүзүү процессинде төмөндөгүлөр боюнча аудиторлук корутунду түзүлөт: жылдык бугалтердик (финансылык) эсепкысаптын абалы жана сакталышы; *банктардын, фондулардын, биржалардын, компаниялардын,* менчиктин формаларына жана иш-аракеттердин түрлөрүнө көз карандысыз чарба жүргүзүүчү башка субъектилердин жылдык балансынын жеткиликтүүлүгү жана толуктуулугу; субъектилердин *инвестицияларды* кабылдоо жана инновациялык долбоорлорду ишке ашырууга катышуу боюнча потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү; ишканалардын *уставдык фондусунун* калыптанышынын өз убагында жасалгандыгы жана толуктуулугу; кредиттик ресурстардын жана инвестициялардын максаттык пайдаланууларынын; финансылык абалдары (мисалы, *баалуу кагаздардын эмитенттери*; мүлктөн ажырап калган, менчиктештирүү процессинде аны ижарага берген мамлекеттик ишканалар, өз алдынчалыгын жоготкон же банкрот болгондор деп таанылуучу чарба жүргүзүүчү субъектилер) ж.б. аудиторлук корутунду жасалат. Аудиторлор жана аудиторлук уюмдар алардын кесиптик иш-аракеттерине байланыштуу башка тейлөөлөрдү да көрсөтө алышы мүмкүн: *бугалтердик эсепти уюштуруу* жана калыбына келтирүү; кирешелер жана финансылык эсепкысап жөнүндөгү декларацияны түзүү; финансылык-чарбалык иш-аракеттердин анализи; ишканалардын *активдерин* жана *пассивдерин* баалоо; заказ берүүчүлөрдү маалымат жагынан тейлөө; салык жана чарба мыйзамдарынын маселелери боюнча консультация берүү.

АУДИТОР – АУДИТОР (лат. auditor – угуучу, ревизор) – *аудиторлук иш-аракеттер* менен илешкен адис (*эксперт, ревизор* ж.б.). Экономикалык же юридикалык жогорку билимдүү, адистиги боюнча жумуш стажы беш жылдан кем эмес жана тийиштүү аттестациядан өткөн адам аудитор болушу мүмкүн. Аудитор – ишкер же *аудиторлук уюмдарда* (фирмаларда) кызматкер катарында жекече түрдө аудиторлук иш-аракеттер менен иш алып барууга (иштөөгө) укуктуу болот. Жекече ишкердик иш-аракеттерин жүргүзүүгө лицензия алгандан кийин жана аудиторлордун мамлекеттик каттоо тизмесине (реестрине), аудиторлук уюмдарга киргизилгенден кийин гана мүмкүндүк алат. Аудиторго түздөн-түз окутуучулук жана илимий иштерден башка ишкердик иш-аракеттери менен иш алып барууга тыюу салынат. Керт башынын пайдасын ойлогон дүнүйөкордук менен соттолгон жана чарбакерлик жагынан кылмышкер адам аудиторлук жумушта иштөөгө укугу жок. Аудитор (аудиторлук уюмдар) төмөндөгүлөргө укуктуу: текшерүүнүн формаларын жана методдорун өз алдынча аныктап белгилөөгө; бугалтердик каттоонун, эсептерди жана финансылык-чарбалык иш-аракеттердин башка документтерин, *активдерди* жана милдеттенмелерди, акча каражаттарын, *баалуу кагаздарын,* материалдык баалуулуктардын иш-жү-

зүндө колдо болгонун жана *бугалтердик эсепке* жана бугалтердик (финансылык) эсеп-кысапка туура келерин текшерүүгө; *банктардан*, салык органдарынан жана ортомчулук адамдардан текшерилүүчү ишканалардын иш-аракеттери жөнүндөгү зарыл болгон тийиштүү маалыматтарды аудитти жүргүзүү үчүн алууга; келишимдик негизде аудитке катышууга ар кандай кесиптеги адистерди чакырып тартууга; ишкана зарыл болгон документтерди бербеген учурларда текшерүүдөн баш тартууга. Аудитор (жана аудиторлук уюмдар) төмөндөгүлөрдү аткарууга милдеттүү: аудитти өткөрүүгө катышууга өзүнүн мүмкүнчүлүгүнүн жок экендиги жөнүндө заказ берүүчүгө билдирүүгө; текшерилүүчү ишканадан алган документтерди жана текшерүүнүн убагында өзү түзгөн документтердин сакталышын камсыз кылууга; заказ берүүчүгө тапшыргандардын жашырын сырын сактоого жана аудиторлук иштердин жүрүшүндө айкындалган ар кандай маалыматты текшерүүнүн натыйжаларын жана заказ берүүчүнүн финансылык абалын элге билдирбөөгө кепилдик берүүгө; текшерүүнүн натыйжасында алынган маалыматты өзүнүн максаттарына же ортомчулук (үчүнчү) жактардын кызыкчылыгына пайдаланбоого; менчиктин ээлерине аудитти жүргүзүү процессинде мыйзамды бузган олуттуу фактыларга далил болуучу жагдайлар жөнүндө жана алардын кесепетинен ишкана же мамлекет зыян тартканын же зыян тартышы мүмкүн экендигин жазуу жүзүндө кабарлап билдирүүгө.

АУДИТОРСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ – АУДИТОРДУК ИШ-АРАКЕТТЕР – субъектилердин чарбачылык иштерди жүргүзүүлөрүнүн бугалтердик (финансылык) эсеп-кысаптын ж.б. документтерин, иштелген финансылык жана чарбачылык операциялардын ырастыгына, мыйзамдарга туура келерине баа берүү максатында *аудиторлордун, аудиторлук уюмдардын* жүргүзгөн көз карандысыз текшерүүсү. Бул текшерүү менчик ээсинин кызыкчылыгын коргоону, ишканаларга жардам көрсөтүүнү, бюджетке байланышкан эсептерди туура жүргүзүүгө көмөк кылууну жана алардын иш-аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатууну көздөйт. Бул иштер өзүнүн иш-аракеттерин *юридикалык тарапсыз* эле ишке ашырган ишкер (аудитор) тарабынан, ошондой эле юридикалык жак (аудиторлук уюм) аркылуу аткарылышы мүмкүн. *Аудитти* өткөрүүгө жумшалган чыгымдар продукциянын (товардын, иштердин, тейлөөнүн) өздүк наркына киргизилет да, материалдык чыгымдарга теңештирилет. Уюштуруучу болуп эсептелген аудиторлор, чарбаны жүргүзгөн текшерилүүчү субъектилердин менчик ээлери, акционерлер, ошондой эле заказчы менен тууганчылыгы барлар; субъектилерге чарбаны жүргүзүүдө уюштуруучулар, менчик ээлери, *акционерлери, кредиторлору,*

камсыздандыруучулары болуп саналган аудиторлук уюмдар, ошондой эле, ошол субъектиге *бугалтердик эсепти* калыбына келтирүү жана туура жолго коюу (уюштуруу) боюнча тейлөө көрсөтүүчүлөргө аудиторлук текшерүүнү жүргүзүүгө жол берилбейт. Аудиторлук иш-аракеттердин натыйжасы аналитикалык жана жыйынтыктоочбөлүктөрүнөн түзүлүүчү аудиторлук корутунду болуп саналат. Аналитикалык бөлүктө заказ берүүчү жана ишканалардын иш-аракеттери текшерилген мезгил көрсөтүлүп, бугалтердик эсептин жана эсеп-кысаптын уюштурулуу жыйынтыктары, ички көзөмөлдүн абалы келтирилип, четтетиле элек терс фактылары ж.б. белгиленет; жыйынтыктооч бөлүгүндө ишкананын бугалтердик (финансылык) эсеп-кысабынын ырастыгын күбөлөндүргөндүгү тууралуу жазуу орун алат. Булардын ар бөлүгүнө өз алдынча кол коюлат да, мөөр менен күбөлөндүрөт.

АУДИТОРСКАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ – АУДИТОРДУК УЮМ – ачык типтеги *акционердик коомдун* формасынан башка, мыйзамдарда каралган ар кандай уюштуруу-укук формасындагы аудиторлук иш-аракеттерди жүзөөгө ашыруу үчүн түзүлгөн *юридикалык уюм*. Мындай уюм жүргүзгөн иш-аракеттеринин бул түрү боюнча лицензиясы болууга тийиш жана *аудиторлордун*, аудиторлук уюмдун мамлекеттик тизмесине киргизилиши зарыл. Анын жетекчиси аудитор гана болушу мүмкүн. Аудиторлук уюм менен заказ берүүчүлөрдүн ортосундагы мамиле (катыш) келишимдин негизинде бышыкталат. Аудиторлук уюмдун укугу, аудиторлордуку сыяктуу эле алардын милдеттери жана жоопкерчилиги (заказ берүүчүнүкү сыяктуу эле) аудиторлук иш-аракеттер жөнүндөгү аракеттеги мыйзамдар менен аныкталып белгиленет.

АУКЦИОН – АУКЦИОН (лат. auction – көпчүлүк, эл алдында соодалашып сатуу) – эл топтолгон атайын жайларда соодалашып кээ бир *товар* жана *мүлк* түрлөрүн сатуу. Алдын ала белгиленген жайда өткөрүлөт. Товар же мүлккө, адатта ким жогорку бааны сунуш кылса, ошонуку болот, б.а. ошол киши алат. Аукцион аргасыздан (мажбурланган формада), тагыраак айтканда, төлөөгө жөндөмсүз карызкордун (карызын төлөй албай калгандардын) мүлктөрүн соодалап сатуу аркылуу жана сатылуучу товарлардын ээсинин өз демилгеси боюнча ишке ашырылышы мүмкүн. Аукциондук товарлардын негизги түрлөрүнө аң терилери, жүн, тамеки, чай, жашылча-жемиштер, гүлдөр, балык, тактай, дан, мал (негизинен жылкы), ошондой эле түрдүү кооз нерселер, искусство чыгармалары жана антиквариат, кыймылсыз мүлк (мисалы, үй, батир) сыяктуулар кирет. Алар жекече касиеттеринин түрдүүлүгү (бөтөнчө укмуштуу товарлардан башкасы) менен айырмаланат. Ошондуктан буларды сатуу, адатта өзүнчө бөлөк-бөлөк тобу менен

(лоталар) ишке ашырылат. Аларды уюштуруу жана өткөрүү ишин ушул нуктагы *бизнеске* адистештирилген соода (*брокер*) фирмалары жүргүзөт. Базарга кыйла натыйжалуу көзөмөл жасоо жана кошумча пайда алуу максатында алар көбүнчө биргелешкен убактылуу ишканаларды (*концерциум*) түзүшөт. Аукционду өткөрүүнүн жол-жобосу төрт баскычты камтыйт. Эң алды менен анын катышуучулары товарларды фирма-уюштуруучуга сунуш кылат да, соңунан аны адистер карайт жана соодалоого кошуу же кошпоо жөнүндө чечим кабылдашат. Андан кийин товар ылганып, лоталар боюнча бөлүнгөндөн кийин алардын ар бирине номер коюлат. Ушундан кийин (аукционду баштаарда) – товарды сатып алуучулар же ишенимдүү өкүлдөр карап көрүшөт. Аукциондун башкы баскычы болгон аукциондук соодалашууда – аукциондогу товарды сатуу ишин аукциончу жардамчылары менен чогулай жүргүзөт. Ачык жарыялоо ыкмасында аукциончу кезектеги лотанын номерин жарыялайт да, адепки коюлган бааны белгилейт жана катышуучуларга "Ким көбүрөөк берет?" – деген суроо коёт. Сатып алуучулар алдын ала сооданы жүргүзүүнүн эрежелеринде белгиленген өлчөмдөн уламдан улам өйдөлөп отурат. Баанын жогорулашы алуучулар тарабынан сунушталбай калгандан кийин аны үч жолу катары менен кайталап, соңунан эң жогорку баага туруштук берген сатып алуучуга лотанын сатылгандыгын ырастап аукциончу балкасы менен уруп белги берет. Ачык жарыяланбоочу (дудук түрдөгү) соодада сатып алуучулар аукциончуга бааны жогорулатууга макулдугу жөнүндө шарттуу белгилерди беришет жана аукциончу сатып алуучунун атын атабастан уламдан улам жаңы бааны жарыялайт. Жыйынтыгында соодада баанын адепки коюлган өлчөмүнөн салыштырмалуу жогорулатылган бааны атаган катышуучу жалгыз калганда, ал утушка ээ болот. Эгерде ал товардын ээсине жакпай калса, анда ал аны соодадан алып таштап, сатууга кайра коюуга укуктуу. Эгерде аукциондо адепки коюлган баа жогору болуп калып, аукционер аны сатып алуучулардын ичинен кимдир бирөө аталган баага макул болгонго чейин төмөндөтө берүү голландиялык аукцион деп аталат. Бирок, аукциондун мындай түрү анчалык кеңири таралган эмес. Голландияда бул гүлдөрдү, ошондой эле пайдаланылган товарларды сатууда колдонулат. Аукциондо сатып алуучулардын бардыгы бааны бир эле убакта, адатта жазуу жүзүндөгү табыштаманы сунуш кылышса жана товарга карата кимдин баасы жогору болуп, ошого сатылса, анда мындай аукцион жашыруун аукцион деп аталат. Ал адатта үйлөрдү, жабдууларды ж.б. товарларды сатып алууда пайдаланылат.

Б

БАЗИСНАЯ ВАЛЮТА – БАЗИСТИК ВАЛЮТА. *1)* Белгилүү бир өлкөнүн финансылык борборунда башка мамлекеттердин валюталарынын баасын аныктоого чек катары белгиленүүчү валюта; *2)* Баалуу кагаздын курсун аныктай турган валюта.

БАЗИСНАЯ СТАВКА – БАЗИСТИК ӨЛЧӨМ, СТАВКА. Пайыздык өлчөмдүн системасын калыптандыруу үчүн негиз катары тандап алынган өлчөм.

БАЗИСНЫЙ ГОД – БАЗИСТИК ЖЫЛ. Эсептөөлөрдү ишке ашырууда негиз катары кабыл алынган жыл.

БАЛАНС – БАЛАНС (фр. balance – тең салмактуулук) – кандайдыр бир кубулушту, дайыма өзгөрүлүп туруучу өз ара байланыштуу өлчөмдүн (чондуктун) абалын айкындоочу көрсөткүчтөрдүн системасы; бирин-бири тең салмактап турууга тийиш болгон тараптардын ортосундагы кандайдыр бир иш-аракеттердин катыштарынын сандык туюнтулушу. Ал адатта эки бөлүктөн турган таблицалар түрүндө түзүлөт да, белгилүү бир датага ылайыкталат жана жыйынтыгы дайыма барабар келет. Баланс ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын, мекемелердин) иши боюнча, айталык жыйынтыкталган ведомость катарында түзүлүшү мүмкүн. Бул акчалай туюнтулган чарбанын каражаттарынын абалын жана жайгаштырылышын, ошондой эле акча түшүүчү булактар боюнча *бугалтердик балансты* чагылдырат; кирешелерди, чыгымдарды, акча каражаттарынын чегерилишин жана келип түшүшүн, бюджет менен өз ара катыштарды жана кредиттик катыштарды (ссудаларды алуу жана төлөп тындырууну, пайыздарды төлөөнү), *ишканалардын кирешелерин* жана *чыгымдарынын балансын* туюнтуучу экономикалык көрсөткүчтөрдүн системасы; белгилүү бир убакыт ичинде чыгарылган жана өлкөгө алынып келген товарлардын наркынын ортосундагы катышы – *соода балансы*; тиешелүү мезгилде келип түшкөн жана чет мамлекеттер менен ишке ашырган төлөмдөрдүн суммасы – *төлөм балансы*; өндүрүштү (ресурстарды) жана энергияны же отунду (материалдарды ж.б.) керектөөнү мүнөздөй турган өз ара байланыштуу көрсөткүчтөрдүн жыйындысы – отун энергетикалык ресурстардын (материалдардын ж.б.) балансы.

БАЛАНС БУХГАЛТЕРСКИЙ – БУГАЛТЕРДИК БАЛАНС – ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын, мекемелердин) чар-

балык каражаттарынын белгилүү бир датага карата акчалай түрүндөгү колдо болгондорунун жайгаштырылышын жана финансылоо булактарын чагылдыруучу бугалтердик эсеп-кысаптын негизги формасы. Бул эки жактуу таблица болуп саналат да, анын сол жагындагы актив де каражаттардын курамы жана жайгашуусу, оң жагындагы пассив де алардын түзүлүшүнүн булактары жана максаттуу жумшалуусу көрсөтүлөт. Актив менен пассивдин жыйынтыгы дайыма барабар болот. Бул барабардык аларда каражаттардын ошол эле бир өлчөмдө болгондугун ашкерелейт. Бирок алар ар кандай топтолуштарда, тагыраак айтканда, активде каражаттардын түрлөрү, пассивде болсо алардын булактары боюнча жайгашат. Баланстын активи менен пассиви үч бөлүмгө, алардын ар бири тийиштүү статьянын (счёттун, көрсөткүчтөрдүн) жактарына ажырайт. Активдин бөлүмдөрүнө негизги каражаттар, салымдар, запастар, чыгымдар, акча каражаттары, эсептөөлөр ж.б. активдер; ал эми пассивдин бөлүмдөрүнө болсо менчик каражаттарынын булактары, кредиттер ж.б. зайымдык каражаттар, эсептөөлөр ж.б. пассивдер кирет. Ишканалардын каражаттары өндүрүш процесстерине чегерилүү аркылуу дайыма кыймылда болушуп, алардын курамын жана жайгашуусун, ошондой эле финансылоо (пассивдеги) булактарын да өзгөрүүгө дуушар кылат. Эгерде бугалтердик баланстын статьясынын бир жагы көбөйсө (азайса), анын башка жагынын эсебинен баланстын ушул эле жагынын өзгөрүүсү активде же пассивде гана болушу мүмкүн. Ошондуктан активдин жыйынтыктоо суммасы өзгөрүүсүз кала берет. Актив менен пассив бир убакта эриш аркактыкта өзгөрүшү мүмкүн. Эгерде ишкана каражатты алса же чыгарса, анда ушуга ылайык баланстын эки жагы тең ошол эле өлчөмдөгү суммага көбөйөт же азаят. Мисалы, ишкананын негизги каражаттары арбыганда анын *уставдык фондусу* да көбөйөт. Андыктан, ар бир чарбалык операцияны жазуу эки жолу жүргүзүлөт да, бул баланстын жактарынын (активдин жана пассивдин) барабардыгын дайыма сактайт. Чарбалык каражаттардын абалына жана кыймылына байкоо жүргүзүү жана көзөмөлдөө үчүн бугалтердик баланстын ар бир статьясы боюнча *бугалтердик эсеп* жүргүзүлөт да, анда белгилүү датага карата каражаттардын бардык өзгөрүүлөрү чагылдырылат. Ал эми алардын жыйынтыгы ар чейректин аягында бугалтердик баланска киргизилет. Баланстын маалыматтары ишканалардын финансылык абалын жана төлөө жөндөмдүүлүгүн баалоодо, менчик каражаттары жана өндүрүш запастары менен камсыз болушун, банк кредиттеринин пайдаланууусун анализдөөдө, ссудалар боюнча төлөмдөрдүн мезгилин өткөрүп жиберүү

себептерин айкындоодо, ошондой эле чарбанын бардык иш-аракеттерине анализ жасоодо, кезектеги пландарды (божомолдорду) түзүүдө ж.б. пайдаланылат. Бугалтердик баланс өз алдынчалыктуу (бүткөн), юридикалык тараптарда (уюмда), укуктуу субъект болуп эсептелген ишканаларда же башка чарбалык органдарда болушу мүмкүн. Ишканалардын бөлүмчөлөрүндө өзүлөрүнүн баланстары (аяктай элек) болот да, алар өз алдынчалыктуу бугалтердик баланстын курамдык бөлүктөрүнө кирет.

БАЛАНС ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ – ТЫШКЫ СООДА БАЛАНСЫ; ЭЛ АРАЛЫК ЭСЕПТЕШҮҮЛӨР БАЛАНСЫ – бир өлкөнүн башка өлкөгө карата акчалай талаптарынын жана милдеттенмелеринин, келип түшкөн акча каражаттарынын жана төлөмдөрүнүн катышы. Тышкы соода балансынын негизги түрлөрү катары төмөнкүлөр эсептелет: төлөм балансы, эсептешүү балансы, эл аралык карыздар балансы. Булардын ар биринин өз алдынча өзгөчөлүктөрү бар.

БАЛАНС ДВИЖЕНИЯ КАПИТАЛОВ – КАПИТАЛДАРДЫН КЫЙМЫЛЫНЫН БАЛАНСЫ – кандайдыр бир өлкөдөн сыртка чыккан капиталдын өлчөмүн чыгарып таштагандан кийинки калган (келип түшкөн) капиталдын өлчөмү. Өлкө товарды экспорттоо жана тейлөө көлөмүнөн алардын импорттук өлчөмүн чыгарып салгандан кийинкиси товарлардын балансы, ал эми товарларды экспорттоо (тейлөө) көлөмүнөн товарлардын импорттук өлчөмүн чыгарып салгандан кийинкиси, ошондой эле инвестициялардан түшкөн таза киреше жана трансферттик сатуулардан алынган *сальдо* болсо, күндөлүк агымдагы операциялар балансы деп аталат. Капиталдардын кыймылынын балансы тигил же бул өлкөнүн төлөм балансынын бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан ал өз ара акчалай милдеттенмелерди жана бир өлкөнүн экинчисине коюлган талаптарын бир кыйла олуттуу деңгээлде чагылдыруучу өтө кеңири таралган эл аралык эсептөөлөр болуп эсептелет.

БАЛАНС ДОХОДОВ И РАСХОДОВ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН КИРЕШЕЛЕРИ МЕНЕН ЧЫГЫМДАРЫНЫН БАЛАНСЫ – ишканалардын өндүрүштүк-чарбалык жана финансылык иш-аракеттеринин пландуу божомолдоо эсептөөлөрүнүн натыйжаларын акчалай түрүндө бириктирүүчү (синтездөөчү) жана чагылдыруучу пландын (божомолдоонун) бөлүмү. Анда ишкананын кирешелери жана келип түшкөн каражаттары, аларды ишканада кереткөөнүн багыттары жана пайдалануунун шайкештиги, менчик *айланым (жүгүртүлүү) каражаттары банк, бюджет* менен өз ара катыштары көрсөтүлөт. Аны түзүү процессинде ишканалардын ресурстарын пайдалануу резервдерин аныктоо, өндүрүштүн натыйжа-

луулугун жогорулатуу, анын *рентабелдүүлүгү*, пайда алуу, ишканалардын өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттери үчүн зарыл финансылоо жагынын камсыздандырылышы жана анын пайда түшүүчү иштерин кызыктыруучу шарттарды түзүү ж.б. сыяктуу милдеттер чечилет. Булардын статьялары иш-аракеттердин жана тармактык (өнөр жайлык, курулуш, айыл чарбасы ж.б.) өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу бөлүмдөр боюнча түзүлөт.

БАЛАНС ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН БАЛАНСЫ – жыл ичинде колдогу негизги фондуларды жана алардын кыймылын аныктоочу көрсөткүчтөрдүн системасы. Негизги фондулардын балансында жылдын башына карата колдогу фондулар, эсеп-кысаптык жыл ичиндеги киреше (анын ичинде ишке киргизилгендери) жана чыгаша болгону (анын ичинде эскирип иштен чыкканы), жыл аягына карата колдо болгону толук көрсөтүлөт. Ал негизги фондуларды кайталап өндүрүүнү пландаштырууну жана анын эсебин жүргүзүү, жаңыртуу жана максатка ылайык пайдалануу, фондулардын кыймылын, абалын эсепке алуу жана талдоо үчүн зарыл керектүү нерсе. Ал фондулардын алгачкы баасынын наркы түрүндө жана баштапкы касиетинен ажыраган бөлүгүн чыгарып салгандан кийинки баасы боюнча түзүлөт.

БАЛАНС ПЛАТЁЖНЫЙ – ТӨЛӨМ БАЛАНСЫ – жалпылай жыйынтыкталган таблицалардын системасы. Мындай таблицалардын көрсөткүчтөрү бир өлкөдөн экинчи өлкөгө келип түшкөн кирешелердин жалпы өлчөмүн чет мамлекеттердеги *улуттук чарбанын резиденттери* тарабынан жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн жалпы өлчөмү менен салыштырууга мүмкүндүк берет. Өлкөнүн белгилүү бир мезгил ичиндеги тышкы-экономикалык иш-аракеттеринин натыйжаларын мүнөздөйт. Аны түзүүнүн унификацияланган методологиясы Эл аралык валюталык фондунун атайын жетекчиликке алынуучу колдонмосунда баяндалып жазылган. Тышкы-экономикалык кирешелерди жана төлөмдөрдү баланстоодо жалаң эле коммерциялык операциялар эсепке алынбастан, ошону менен бирге резервдик активдерди сатып алуу-сатуу, чет өлкөлүк жардамдар ж.б. дагы эсептелет. Баланс соода балансынын эсеби, тейлөө боюнча төлөмдөр жана келип түшкөндөр, *трансферттик төлөмдөр*, капиталдын эсеби, резервдик операциялардын эсеби сыяктуу бөлүмдөрдөн турат. Эгерде келип түшкөндөр төлөмдөрдөн ашып кетсе, ал баланс активдүү, ал эми тескерисинче төлөмдөр келип түшкөндөрдөн ашыктыктык кылса, анда баланс пассивдүү деп эсептелинет. Төлөм балансынын тартыштыгын адатта чет өлкөлүк карыздар көбөйтүп жиберет. Ал эми активдүү сальдо аны тескерисинче азайтат.

БАЛАНС РАБОЧЕГО ВРЕМЕНИ – ЖУМУШЧУ УБАКЫТЫНЫН БАЛАНСЫ – өндүрүштө жумушчунун убакытты пайдалануусун жана жалпы ресурсту айкындоочу көрсөткүчтөрдүн системасы. Адатта таблица түрүндө бир жылга түзүлөт.

БАЛАНС РАСЧЁТНЫЙ – ЭСЕПТЕШҮҮ БАЛАНСЫ. Белгилүү бир өлкөнүн бардык акча талаптарынын жана милдеттенмелеринин катышы. Бул конкреттүү мезгил ичинде мөөнөттөрүнө карабастан төлөп тындырууну камтыйт. Анын активинде товарлардын *экспорту* жана тейлөө, чет өлкөлүк туристтерди тартуу, тышкы *кредиттерди* бөлүү, чет өлкөлүк материалдык *активдерди* жайгаштыруу ж.б. экономикалык жагдайдагы чет элдик өкүлдөргө акчалай талаптарды коюучу ошол мамлекеттин өкүлдөрүндө келип чыгуучу аныктоочу операциялар көрсөтүлөт. Пассивинде болсо товарларды импорттоодон жана тейлөөдөн, эл аралык туризмден, чет мамлекеттердеги элчиликти жана өкүлдөрдү кармоодон, кредиттерди алуудан, чет өлкөлүк активдерди жайгаштыруудан ж.б. келип чыккан акча милдеттенмелери белгиленет. Ал ошол өлкөнүн башка мамлекеттерге карата кредитчи же карызкор болуп саналганын же саналбагандыгын көрсөтөт. Эсептешүү балансы узак мөөнөттүү (*баалуу кагаздарды* сатып алуу жана сатуу, *капиталдарды* түздөн-түз жайгаштыруу, ишканаларды сатуу, узак мөөнөттүү кредиттерди берүү жана эсептен чыгарып тындыруу, ошондой эле кыска мөөнөттүү операцияларды (соода жана банк кредиттери, валюталар экспорту жана импорту ж.б.) камтыйт. Мындай *баланстын* активдүү сальдосу өлкөнүн кредиттерди көбүрөөк бергендигин жана чет өлкөлүк инвестицияларды ишке ашыргандыгын (ошонусу менен аларды өзүнө тарткандыгын) бышыктайт; пассивдүү сальдосу – өлкөнү нетто-карыздар катарында мүнөздөп, анын келечектеги төлөмдөрүнүн чоңдугун көрсөтөт. Ошондуктан белгилүү бир датага карата түзүлгөн баланстык эсеп, башкача айтканда эл аралык карыздар балансы деп да аталат. Эсептик баланс операцияларды жана алардын суммасын *капиталдар кыймылынын балансына* караганда реалдуу көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Мына ушулардын натыйжасында мамлекетте акча талаптары жана милдеттенмелери келип чыгат. Бирок ал келип түшө турган жана төлөмдөрдүн мөөнөттөрү жөнүндөгү маалыматтарды камтыбайт. Ошол эле бир мезгил үчүн бул баланстардын сальдосу чоңдугу боюнча бирдей, бирок карама-каршы белгилери болот. Ошондуктан, капитал кыймылынын балансы активинин каршысында эсептешүү балансы пассиви турат. Эсептешүү балансынын төлөм балансынан айырмасы, анда кийинки убакыт ичиндеги алардын

наркын төлөө менен товарларды кредитке берүү, төлөм балансынын мөөнөтүнөн өткөн тышкы зайымдарды жана кредиттерди берүү жана эсептен чыгарып тындыруу чагылдырылат. Экспорт менен импорттун ортосундагы айырма *соода балансынын сальдосун* түзөт.

БАЛАНС ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ РЕСУРСОВ (ЭНЕРГОБАЛАНС) ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК РЕСУРСТАРЫНЫН БАЛАНСЫ – отун-энергетикалык ресурстардын киреше жана чыгаша ортосундагы катышты жана аларды пайдалануунун багыттарын чагылдыруучу көрсөткүчтөрдүн системасы. Бул энергиянын бардык түрлөрүнүн ресурстарын ашкерелөөчү киреше бөлүгүнөн жана керектөө багыттары боюнча чыгашаларды кошо алгандагы (мисалы тармактарга) алардын бөлүштүрүлүшүн ж.б. керектөөчүлөргө жөнөтүлгөндүгүн көрсөтүүчү чыгаша бөлүгүнөн турат. Анын жекече өзүнө тиешелүү катары электр-балансы (электр энергиясын иштеп чыгаруу жана керектөө балансы); жылуулук балансы (жылуулукту иштеп чыгаруу жана анын керектелиши); отун балансы (өндүрүү, кайра иштетүү) жана бөлүштүрүү ж.б. болуп эсептелет. Өндүрүш процесстеринде энергияресурстарын пайдалануу натыйжалуулугун, аларга керектөөнү анализдөө, энергияны керектөөнүн сарамжалдуу структурасын аныктоо, энергетика-ресурстарына керектөөнү жабуунун максатка ылайыктуулугун белгилөө жана энергияны сактоо, энергетикалык чарбаны мыкты уюштуруу маселелерин чечүү үчүн арналат.

БАЛАНС ТОРГОВЫЙ – СООДА БАЛАНСЫ – белгилүү убакыт ичинде *экспорт* жана *импорт* боюнча келип түшкөндөр менен төлөмдөрдүн катышы. Бажылык статистиканын негизинде түзүлөт жана чек арадан өткөн товарларды, ошондой эле экспорт менен импорттон келип түшкөндөрдү, төлөмдөрдү (алар убакыттары боюнча товарлардын кыймылдарына дал келбеши мүмкүн) көрсөтөт. Кредиттин эсебинен ишке ашырылуучу тышкы соода бүтүмдөрдүн (келишим боюнча) төлөнбөй калган бөлүгү эсептешүү балансына кирет. Ал эми төлөмдөр жүргүзүлгөн же токтоосуз жүргүзүлүшү мүмкүн болгон бөлүк – *төлөм балансына* киргизилет. Соода балансы активдүү (өлкөдөн товар чыгаруу ташып келинүүчү товарлардан ашып кетет) же пассивдүү (ташылып келүүчү товарлар өлкөдөн чыгарылчу товарлардан басымдуулук кылат) болушу мүмкүн.

БАЛАНСОВАЯ ПРИБЫЛЬ – БАЛАНСТЫК ПАЙДА. Бугалтердик баланста чагылдырылуучу белгилүү мезгил үчүн пайданын жалпы суммасы. Баланстык пайдага түрдүү продукцияларды, жумуштарды, тейлөөлөрдү реализациялоодон жана андан тышкаркы операциялардан (алынган жана төлөнгөн айыптардын, үстөктөрдүн, бышманалардын ортосундагы айырма, ижарага берилген мүлктөн алынуучу ижара төлөмү ж.б.) түшкөн пайда кирет.

БАЛАНСОВАЯ СТОИМОСТЬ – БАЛАНСТЫК НАРК – *негизги фондулардын, материалдык эмес активдердин наркы*; негизги фондулар, материалдык эмес активдер ошол наркы боюнча бугалтердик баланста эсепке алынат. Негизги фондулар үчүн баштапкы же калыбына келтирүүчү болушу мүмкүн. *Кара. **Оценка основных фондов – негизги фондуларды баалоо.***

БАЛАНСОВЫЙ ОТЧЕТ – БАЛАНСТЫК ЭСЕП-КЫСАП – компаниянын белгилүү күнгө капиталдык салымдарынын булактарын мүнөздөөчү бугалтердик эсеп-кысаптын негизги формасы. Бул эки жактуу таблица түрүндө болот да, анын сол бөлүгү (*актив*) капиталдын курамы жана жайгашуусу жөнүндө маалыматты камтыйт, ал эми оң бөлүгү (*пассив*) анын түзүлүү булактарын көрсөтөт. Актив негизги жана айланым капиталынын көрсөткүчтөрүн камтып, ал эми пассив жеке өзүнүн жана сырттан тартылган капиталдын структурасын жана өлчөмүн мүнөздөйт. Ички баланс компаниянын иш-аракетин пландоо жана башкаруу, финансы иштерине көзөмөл жасоо үчүн башкармалык тарабынан кыйла толук пайдаланылат. Тышкы баланс тышкы эсепкысаптын башка формалары менен бирге компаниянын иш-аракети жөнүндө маалыматтын толук жана ачык булагы болуп эсептелет. Бул мамлекеттик салык жана жетекчи органдарына берилип, фондулук биржалар акционерлерге салып жиберет, атайын маалымдама китептерде жарыяланат. Коммерциялык сырды сактоо максатында компаниянын балансында жетекчилери атайын уруксат берилген макалалардын жана жалпыламалардын топтору (кыскача баланс) кеңири колдонулат.

БАЛАНСЫ МАТЕРИАЛЬНЫЕ – МАТЕРИАЛДЫК БАЛАНС – белгилүү бир түрдөгү материалдык ресурстардын көлөмүн жана аларды керектөөлөргө, керектөөчүлөргө бөлүштүрүүнү айкындоочу көрсөткүчтөрдүн системасы. Өзүнүн колдонулушу боюнча өндүрүштү, керектөөнү, өндүрүш каражаттарынын топтолушун жана керектөө предметтерин чагылдырат. Материалдык баланс эки бөлүктөн турган таблицалар түрүндө түзүлөт. Биринчисинде ошол продукту боюнча ресурстардын пайда болуучу булактары (белгилүү мезгилдин башталышына карата калдыктар, эсеп-кысап берилүүчү мезгилдеги өндүрүү, импорт ж.б. ресурстардын келип түшүшү), экинчисинде болсо, ресурстарды пайдалануунун негизги багыттары (өндүрүштүк-эксплуатациялык муктаждыктар,

курулуш, базар фондусу, экспорт, башка чыгымдар, жылдын аягына карата калдыктар) көрсөтүлөт. Продукциялардын айрым түрлөрүнүн экономикалык маанисине ылайык өндүрүш курал-жабдыктары жана керектелүүчү нерселер болуп экиге бөлүнөт. Өндүрүш курал-жабдыктарынын материалдык балансы дагы эмгек заттарынын материалдык балансы (чийки заттардын ар кандай түрлөрү, материалдар, отун, кубаттуулук) жана эмгек жабдыктарынын материалдык балансы (машиналардын ар кандай түрлөрү жана жабдуулар) болуп экиге ажырайт. Керектелүүчү нерселердин материалдык балансы азыктүлүк товарлардын балансына жана ага кирбеген товарлардын балансына бөлүнөт. Материалдык баланстарды өнөр жай продуктуларынын балансына (материалдар, отун, жабдуулар ж.б.) жана айыл чарба продуктуларынын балансына (эгин, пахта ж.б.) бөлүү өтө маанилүү. Материалдык баланс облустар жана республика боюнча түзүлөт да анын эки бөлүгүнүн жыйынтыктары бирине-бири барабар болууга тийиш. Алардын барабар келбей калышы тартыштыкты же ресурстардын ашыктыгын ашкерелейт.

БАЛАНСЫ НАТУРАЛЬНЫЕ – НАТУРАЛДЫК БАЛАНСТАР – продуктулардын айрым түрлөрүнүн колдогу ресурстарын жана алардын канчалык көлөмдө керек экендигин айкындоочу көрсөткүчтөрдүн системасы. Натуралдык баланстар, эреже катары, айыл чарба продуктуларынын бардык негизги түрлөрү боюнча (эгин, картөшкө, тоют ж.б.) түзүлөт. Мындай баланстардын негизги милдети чарбалардын айыл чарба продуктуларын сатуу боюнча киреше алуу, чыгашага учуроо мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо болуп саналат. Баланстын кириш бөлүмүндө чарбанын үрөнгө, тоютка болгон керектөөсү, ишкананын кызматкерлерине сатылуучу продукциялардын көлөмү, камсыз кылуу запастары көрсөтүлөт. Чыгаша бөлүмүндө сатылуучу продукциялардын, ошондой эле фермер-дыйкан базаларында сатылуучу продукциялардын көлөмү көрсөтүлөт. Өзүнүн тартиби боюнча баланстын киреше бөлүмү чыгаша бөлүмүнө дал келүүгө тийиш.

БАНКИ – БАНКТАР (фр. banque, ит. banco – отургуч, акча майдалоочу, алмаштыруучу жай). Кредиттик-эсептик, кассалык ж.б. операцияларды ишке ашыруучу адистештирилген финансылык мекемелер. Булар убактылуу пайдалануага кредиттерди (зайымдар, ссудалар) берип, ишканалардын, мекемелердин же айрым инсандардын ортосундагы өз ара төлөмдөрдү жана эсеп-кысаптарды жүргүзүүдө ортомчулук милдетин аткарат. Белгилүү бир өлкөнүн ичиндеги акчанын жүгүртүлүшүн жөнгө салып турат. Өзүнүн менчиктүүлүгүнө жана карамагындагы каражаттарына карата банктар мамлекеттик, муниципалдык (жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарына баш ийген), жамааттык (акционердик), жеке менчиктүү болушу мүмкүн. Жасаган операцияларынын түрүнө жараша универсалдык (мисалы, кредиттик-эсептик операция түрлөрүнүн кыйласын ишке ашыруучу коммерциялык) банктарга, адистештирилген банктарга, калктын аманатын сактоочу банктарга, ошондой эле *инвестициялык, инновациялык, ипотекалык* ж.б. банктарга ажырайт. Мындан сырткары бир нече өлкөнүн өкмөттөрү тарабынан бекитилген мамлекет аралык банктар дагы бар. Мисалы, Реконструкциялоонун жана өнүктүрүүнүн эл аралык банкы.

БАНКИР – БАНКИР (нем. bankier, фр. banquier – банкчы). Банк кызматкери, банк ээси же банктын ири акционери.

БАНК-КОРРЕСПОНДЕНТ – КОРРЕСПОНДЕНТ-БАНК. Атайын келишимдин негизинде төлөм эсептер боюнча белгилүү бир банктын тапшырмасын аткаруучу башка бир банк. Жүргүзгөн тиешелүү операциялары үчүн банк келишими же эрежесине ылайык ал комиссиондук сыйлыгын алат. Корреспондент-банк ошол белгилүү бир өлкө аймагында же анын чегинен сырткаркы жерде болушу мүмкүн.

БАНКНОТНОЕ ОБРАЩЕНИЕ – БАНКНОТТУК ЖҮГҮРТҮЛҮҮ. Төлөм каражаты жана айландыруу каражаты катарында эмиссиялык банктар чыгарган кредиттик акчалардын жүгүртүлүшү.

БАНКНОТЫ – БАНКНОТТОР (англ. bank-note – банктык билеттер). *Эмиссиялык банктардын* жүгүртүлүүгө чыгарган акча белгилери; кагаз акчалардын (сом, доллар, ж.б.) негизги түрү.

БАНКОВСКАЯ СИСТЕМА – БАНК СИСТЕМАСЫ – нормативдүү актылар менен жөндөлүп туруучу кредиттик, эсептик ж.б. операцияларды ишке ашырып турган банктардын жыйындысы.

БАНКОВСКИЕ БИЛЕТЫ – БАНКТЫК БИЛЕТТЕР. *Эмиссиялык банктар* тарабынан чыгарылган жана төлөм жүгүртүү каражаты катары пайдаланылган металл акчаларды алмаштыруучу акчалардын кредиттик белгиси.

БАНКОВСКИЕ ОПЕРАЦИИ – БАНК ОПЕРАЦИЯЛАРЫ – банктын өз функциясына ылайык аткарылган иш-аракеттери. Алардын ичинен төмөндөгүлөр негизгилери болуп эсептелет: эмиссиялык-кассалык банк операциясы – мында *акчаларды* (борбордук, улуттук банктар тарабынан), *баалуу кагаздарды чыгаруу*, аларды жок кылуу, акчанын жүгүртүлүшүн уюштуруу жана жөнгө салып туруу, кардарларды

кассалык тейлөө боюнча иштер жүргүзүлөт; эсептик банк операциясы – бул бөлүгүндө өз кардарларына эсептерди ачуу жана аларда каражаттардын кыймылын, акча которууларды тузурумдоо, акчаларды колмо-кол берүү жана кабылдоо, төлөм документтерин жазып берүү жана тузурумдап жазуу, сактам үчүн пайыздарды эсепке киргизүү (кошуп эсептөө) ж.б. боюнча операцияларды чагылдыруу аткарылат; кредит берүү боюнча банк операциясы – бул күндөлүк чыгымдары үчүн акчалай ссудаларды берүү, капиталдык салым, *векселдерди* эсепке алуу боюнча калктын керектөөчүлүк талаптары ж.б.; бюджеттердин кассалык аткарылыш банк операциясы – бул эсептөөлөрдү кабылдоону, сактоону, бюджеттик каражаттарды чыгымдарга берүү боюнча борбордук банктардын функцияларын камтыйт; депозиттик банк операциясы– сактамга акча каражаттарын тартууну жана аларды жайгаштырууну камтыйт; фондулук банк операциясы – *баалуу казгаздарды* сатып алуу, жаңыдан чыгарылгандарды кармоочулардын арасында алгач ирет жайгаштыруу, клиенттердин тапшырмасы боюнча баалуу кагаздарды сатып алуу жана сатуу, ошолорго ссудаларды берүү ж.б.; акчанын жүгүртүлүшүн жөнгө салуу боюнча банк операциясы – акчанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу, анын жүгүртүлүшүн пландоо жана жөнгө салуу, сомдун курсу менен белгиленген жүгүртүлүү чыгымдарын үнөмдөө, *инфляцияны* кармоо, эмиссиялык ж.б. операциялар; ошондой эле *ортомчулук, ишеним билдирүү, консультациялык* ж.б. *Кредиттик* жана башка активдүү операцияларды (сактамга каражаттарды тартуу, жеке адамдардын салган акча салымдарын кабылдоо, *эмиссия*, банктын кредиттерди алуусу, киреше алуу ж.б.) өткөрүү үчүн банктар ошол банк операциялары аркылуу өзүлөрүнүн ресурстарын калыптандырат. Булардын өзөгүн банктын *пассивдүү* операциялары ээлейт. Ал эми банктардын өз карамагындагы ресурстарды жайгаштыруу боюнча (кредит берүү, финансылоо, баалуу кагаздарга салым кошуу ж.б.) жүргүзүлгөн операциялар банктын *активдүү* операциялары деп аталат. Кредит салынуучу объектиге байланыштуу банк операциялары *векселдик, банк ссудалары, акцептик, авверафт, анколдуу кредит, контокоренттүү, инкассолук* ж.б. ажыратылат. Пассивдүү операциялар боюнча төлөнүүчү пайыз активдүү операциялар боюнча алынуучу пайызынан төмөн болот да, бул өз кезегинде банктык кирешени алууну камсыз кылат.

БАНКОВСКИЙ ДЕПОЗИТ – БАНК ДЕПОЗИТИ (лат. depositum – сактоого берилген буюм) – банктын кардарларынын (жеке инсандардын, ишканалардын, уюмдардын) *банкка* сактоого жайгаштырган акча каражаттары

же баалуу кагаздары. *Кара. Депозиты – депозиттер.*

БАНКОВСКИЙ КРЕДИТ – БАНКТЫК КРЕДИТ – банк акча каражаттарын убактылуу пайдалануюга берилүүчү *кредиттин* негизги формасы. Кредиттин мындай түрү ишкердикти өнүктүрүүгө олуттуу таасирин тийгизет.

БАНКОВСКИЙ ПЛАТЕЖНЫЙ КАРТ – БАНКТЫК ТӨЛӨМ КАРТ – Төлөм картты кармап туруучуларга товарларды, тейлөөлөрдү сатып алуу, валюталарды алмашуу, накталай акча каражаттарын алуу жана башка операцияларды терминалдар же башка техника аркылуу жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берген төлөм куралы.

БАНКОВСКИЙ РЕЛИЗ – БАНКТЫК РЕЛИЗ. *Вексель* боюнча төлөмүн алгандан кийин берилүүчү кардардын товар алуу үчүн берилген банктын уруксаты.

БАНКОВСКИЙ ТЕРМИНАЛ – БАНК ТЕРМИНАЛЫ – Финансы-кредиттик мекемелердин кардарларын тейлөөгө каралган *терминал*. Терминалдын атайы программалык камсыздоосунун жардамы менен финансы-кредиттик мекеменин кызматкери башкы компьютер менен байланышты түзөт. Ал, ошол терминалдын кардарларынын счетторунун абалына көз жүгүртүүгө жана ошол счеттор (эсеп-чоттор) боюнча *транзакцияларды* жүргүзүүгө билдирмелерди жөнөтүүгө мүмкүндүк берет.

БАНКОМАТ – БАНКОМАТ – Накталай акча каражаттарын берүү жана кабыл алуу, карттарга акча каражаттарын, лимиттердин өзгөргөндүгүн, ПИН-коддорду, карттардын аракеттенүү мөөнөттөрүн узартууну каттоо, ошондой эле, счеттор боюнча маалыматтарды алууга жана ишке ашырылган *транзакциялардын* бардык түрлөрү боюнча карт-чектерди берүүгө каралган аппараттык-программалык комплекс.

БАНКРОТ – БАНКРОТ. Белгилүү бир себеп менен зыянга учурап, карыздарын төлөй албай калган адам же мекеме, ишкана. Карызды төлөөгө кудуретинин жетпей калышы.

БАНКРОТСТВО – БАНКРОТТУК, БАНКРОТ БОЛУУ (ит. banko – отургуч, орундук, банк жана rotto – сынып талкаланган) – карызды төлөөгө жарамсыздыгы; жеке же юридикалык жактардын өздөрүндө каражаттардын жоктугунан карыздык милдеттенмелери боюнча тиешелүү карызын төлөөдөн баш тартуусу. Банкрот болуу ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын) иш-аракеттеринин токтолушуна же мажбурлоо менен алардын жоюлушуна алып келет да, кредиторлордун талабына ылайык карызды төлөп берүү үчүн алардын мүлктөрүн сатуу аркылуу ишке ашырылат. Айыгышкан *атаандаштык, инфляция* ж.б. банкротко учуроонун башкы себеби болушу мүмкүн. Эконо-

микалык кризистердин мезгилинде мындай көрүнүш күчөйт жана жумушсуздуктун, ошондой эле терс көрүнүштөрдүн көбөйүшүнө алып келет. Ишкананын өз карыздарын такыр төлөй албай жоюлушу, анын толук кыйрап калышын айгинелейт. Мындай ишкананын карыздарды төлөп берүүгө укуктуу кредиторлору, мисалы *артыкчылыгы бар акциялардын* менчик ээлери, өздөрүнүн капиталынын бир бөлүгүн гана жоготот. *Жөнөкөй акциялардын* ээлери алардын наркынан толук ажырап калышат. Жеке менчиктүүлүк же шериктештүүлүк шартында кредиторлор ишкананын ээлеринен жеке менчигинин эсебинен карыздарды төлөп берүүнү талап кыла алат. Ал эми кыйрап калган учурларда кредиттчилер менен фирма ээлери өзүлөрүнө ылайыктуу келгидей (зыяндын ордун толуктоо) шарттары жөнүндө келишим түзүшү мүмкүн. "Банкроттук, банкрот болуу" термини, ошондой эле төлөй албашы, иш онунан чыкпай калышы, пландын жана үмүттүн акталбай ара жолдо калышы сыяктуу түшүнүктөргө дагы пайдаланылат.

БАРТЕР – БАРТЕР (англ. barter товар алмашуу) – товарды акчасыз алмашуу, башма-баш алмашуу. Бартердик алмашуунун негизги себеби (чет өлкөлүк валюталардын жетишпестиги, атамекендик валюталардын туруксуздугу д.у.с.) валютага байланыштуу айрым маселелерден келип чыгат. Эл аралык валюта өтүмдүүлүгүнүн курчушу, эл аралык соодада бартердик келишим жасоону көбөйтөт. *Кара. Сделка бартерная – бартердик бүтүм.*

БАРТЕРНАЯ СДЕЛКА – БАРТЕРДИК БҮТҮМ. Белгилүү бир товарды санынын баасы боюнча туура келчү башка товарларга айырбаштап алуудагы сырткы соода операциясынын бир түрү. Алмашуунун эквиваленттүүлүгүн камсыз кылуу үчүн товарларды баалоо дүйнөлүк же келишимдик баа боюнча жүргүзүлөт.

БЕЗНАЛИЧНЫЕ РАСЧЁТЫ – НАКТА ЭМЕС ЭСЕПТЕШҮҮ, АКЧАНЫ КОТОРУП ЭСЕПТЕШҮҮ – төлөмдөрдүн эсебинен алуучунун эсебине акча каражаттарды которуу жолу менен ишке ашырылуучу төлөөлөр же өз ара талап кылууларын канааттандыруу боюнча бир бүтүмгө келүү. Бул эсептешүү төлөнүүчү акчанын ордуна колдонулат. Накта эмес эсептешүү, көбүнчө өндүрүштүк курал-жабдыктарды, ар кандай керектелүүчү нерселерди саткан учурларда, аткарылган иштерге акы төлөө учурларында, ошондой эле финансылык жана кредиттик системалар менен болуучу төлөөлөрдү ишке ашырууда колдонулат. Мындай эсептешүү акчанын жүгүртүлүшүн пландуу түрдө жөнгө салууда, банктык ресурстарды түзүүдө, ишканалардын иштерине банк көзөмөлүн иш жүзүнө ашырууда жана жүгүртүүгө кетүүчү чыгымдарды азайтууда зор мааниге

ээ. Накталай эмес эсептешүү акцепт түрүндө *аккредитивдер* боюнча, өзгөчө эсептөөлөр, төлөө тапшырмалары, чек коюлган жана чек коюлбаган чектердин китепчелери, пландаштырылган төлөөлөр жана башка ыкмалар аркылуу жүргүзүлөт. Эсептешүүнүн бул түрүнүн негизги принциптерин төмөндөгүлөр түзөт: товарларды берип, тийиштүү тейлөөлөрдү ишке ашыргандан кийин гана эсептешүүнү жүргүзүү; мындай эсептешүү төлөмдөрдүн макулдугу же анын тапшыруусу боюнча гана жүргүзүлөт, ошондуктан төлөмдөрдүн акча каражаты же банктан кредит алууга укугу болууга тийиш; көрсөтүлгөн эсептешүү, эреже катары, банк аркылуу жана анын көзөмөлдүгү астында жүргүзүлөт. Төлөмдөрдүн акча каражаты жок болуп калса, же жетпей калган учурларда акцептештирилген эсептешүүчү документтер аткарылуучу документ катары жарактуу болот да, мыйзам тарабынан белгиленген кезек боюнча төлөнөт.

БЕЗОБЛИГАЦИОННЫЕ ЗАЙМЫ – ОБЛИГАЦИЯСЫЗ ЗАЙЫМДАР. Облигациялары чыкпайт жана сатылбайт деп чечилген мамлекеттик зайымдар. Мамлекеттин карызы катары китепчеге жазылып, өзгөчө күбөлүк катары аты аталып жазылган билеттер ж.б. берилет.

БЕЗОПАСНОСТЬ ИНФОРМАЦИОННОЙ СИСТЕМЫ – МААЛЫМАТ СИСТЕМАСЫНЫН КООПСУЗДУГУ – электрондук маалыматтардын бүтүндүгүн жана алардын купуя сакталышын коргоо, ошондой эле электрондук маалыматтарды чагылдыруу, иштеп чыгуу, берүү жана сактап туруу үчүн колдонулган аппараттык жана программалык каражаттардын корголушу. Маалымат системанын коопсуздугу көзөмөлдөөнүн үч тобун: бири-бирине тыгыз байланыштуу уюштуруу, функционалдык жана физикалык көзөмөлдүктү өзүнө камтыйт.

БЕЗРАБОТИЦА – ЖУМУШСУЗДУК. Эмгекке жөндөмдүү калктын бир кыйла бөлүгүнүн иш таппай бош калышын чагылдырган социалдык-экономикалык жагдай. Жумушсуздук базар экономикасынын атаандаштык шартындагы ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Анын белгилүү бир өлчөмгө чейинкиси болумуш көрүнүш катары эсептелинет да, жумушсуздуктун чыныгы турмушта калыптанган абалын билгизет. Алсак, базар мамилелери дурус өнүккөн өлкөлөрдөгү экономисттер бул боюнча *фрикциондук* деп аталган терминди кеңири пайдаланышат. Белгилүү бир же бир нече кызматкерлердин өз эркн менен башка бир жумушка которулуу максатында убактылуу ишсиз калышы жогорудагы терминдин түпкү маанисин билгизет. Илимий-техникалык прогресстин ыкчам өнүгүшүнөн улам чарба комплекстеринин тигил же бул тармактарында структуралык өзгөрүүлөрдүн болушу менен

кызматкер, жумушчулар белгилүү учурга чейин иши жок жүрүп калышы мүмкүн. Бул структуралык жумушсуздуктун өзөгүн түзөт. Жумушсуздук экономикалык кризистин убагында, фирмалар банкрот болуп, жумушчуларын кыскартууга аргасыз болгон учурда бөтөнчө күч алат. Базар экономикасына өтүү маалында жумушсуздуктун өсүшү түрдүү өзгөрүүлөр, олуттуу себептер менен күч алат. Ушундай учурда жумушунан айрылып, бирок адистигин өркүндөтүү же жаңы адистикке ээ болуу үчүн аракеттенип, кесипке даярдоо курсуна киргендер стипендия алышат да, алардын окуган учуру үзгүлтүксүз жалпы иш стажысына кошулат. Мындай көрүнүш көбүнчө экономикасы дурус өнүккөн өлкөлөрдө тиешелүү жолго коюлган.

БЕССРОЧНЫЕ ЗАЙМЫ – МӨӨНӨТСҮЗ ЗАЙЫМДАР. Төлөө мөөнөтүнүн шарты каралбаган мамлекеттин ички зайымдары. Чет өлкөлөрдүн бир тобунда ушул зайымдар боюнча жылыга киреше – *рента* төлөнүп турат; ошондуктан алар көп учурда ренталык деп дагы аталып жүрөт. Мамлекет аларды кандайдыр бир мөөнөттө төлөөгө милдеттендирбеген соң, ал узакка чейин кредиторлорго пайыз төлөп туруу менен чектелиши мүмкүн. Буга окшогон зайымдарды төлөө, аларды азыр көбүнчө биржада сатып алуу жолу менен жүрөт.

БИЗНЕС – БИЗНЕС (англ. business – иш, кызмат). Пайда таба турган экономикалык ишкердик. Киреше берүүчү же башка жеке пайда алып келүүчү ар кандай иштин түрү. Бизнес түшүнүгү ошондой эле өндүрүштүк, соода, коммерциялык иш аракеттерди туюнтат; экономикалык, коммерциялык нуктагы иштерди билгичтикте уюштуруп, тиешелүү жыйынтык чыгарып, бизнеске илешкен адам **бизнесмен** деп аталат. Ал кандайдыр бир ишкананын жеке (менчик) ээси боло алат. Ошол эле учурда *менеджмент, маркетинг, финансы,* ошондой эле башка чөйрөлөрдө жеке менчик болуп жалданышы мүмкүн. Мыйзам чегинде жана акыйкаттык нуктагы атаандаштыкка негизделген бизнес, базар экономикасынын шарттарындагы олуттуу иштердин бири болуп эсептелет. Чындыгында азыр бизнести туура уюштуруу жана андан ары улоо жеке менчиктүүлүктүн жана жалпы эле бүт коомдун экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн булагына айланып олутурат. Ушундай шартта бизнес менен коомдун кызыкчылыктарын ар тараптан шайкеш келтирүү максатында бизнесмендерге бир катар талаптар коюлат. Базар экономикасынын шарттарында ишкердик өкмөттүн расмий программаларынын чектеринде, ошондой эле өз алдынча социалдык ж.б. маселелерди чечүүдө олуттуу мааниге ээ болот. Бизнесмендердин

ар кандай кайрымдуулук уюмдарында, коммерциялык эмес долбоорлорду каржылоо ролу барган сайын кеңири өнүгүп жатат. Бизнесмендердин социалдык жана экономикалык нуктан беттегени өзүнүн фирмасына түшкөн пайданын канчалык жогорулатылганына гана эмес, ошону менен бирге жаңы жумушчу орундарын түзүү, ишкердиктин жигердүү тажрыйбаларын кеңири таратуу, өз райондорундагы, шаарларындагы жана жергиликтүү бизнестерге жардам берүү сыяктуу маселелерге дагы олуттуу маани берет. Бизнестин өз ыргагы менен өнүгүшүн ыкчамдатуу үчүн мамлекеттин атайын жүргүзгөн саясаты аркылуу ургаалдаштырылат. Бизнести аркалап аны менен иш алып баруучу инсандарга ар тараптан жардам көрсөтүүчү атайын мамлекеттик тийиштүү органдар уюштурулган. Ал эми бизнестин экономикалык маанисин, коомдогу ээлеген ордун, келечегин окутуп үйрөтүү үчүн мунун азыркыга чейин калыптанган түркүн окуу жайларынын, курстардын программаларына *менеджменттин, маркетингдин,* финансы иш-аракеттеринин, социалдык психологиянын, иштиктүү карым-катнаштын жана сүйлөшө билүү ж.б. иш жүргүзүү эрежелери киргизилген. Кыргызстанда бизнес ишин жигердүү өнүктүрүү боюнча бир катар олуттуу иштер жүргүзүлүп жатат.

БИЗНЕС МАЛЫЙ – ЧАКАН БИЗНЕС – чарбалык иш-аракеттерине өз алдынча ээлик кылуучу бирөөнүн көзүн карабастан өндүрүшүн уюштура билген бизнестин бир түрү. Бул чакан жана орто ишканалардын алкагында уюштурулуп, өндүрүштүн коммерциялык, соода иш-аракеттери менен алек болот. Чакан бизнеске биринчи кезекте: көз карандысыз өз алдынча башкаруу мүмкүнчүлүгү, менчик капиталы, иш-аракеттеринин белгилүү бир жерде жүргүзүлүшү, тармакты бүт алганда өлчөмү салыштырмалуу чоң эмес экендиги (мисалы, АКШда чакан бизнеске 100 дөн кем эмес, ал эми иштеп чыгаруучу тармактарда 500 дөн төмөн адам иштеген ишканалар таандык) – мына ушул көрсөткүчтөрдүн жок дегенде экөөнө жооп берген ишканалар кирет. Чакан бизнести уюштурууда төмөндөгүлөрдү эске алуу өтө керектүү: **артыкчылыгына** иш-аракеттеринин өз бетинчелиги, жергиликтүү ж.б. шарттарга ылдам ыкташуу жөндөмдүүлүгү, күндөлүк чыгымдарынын салыштырмалуу төмөндүгү, капитал жүгүртүүнүн бир кыйла жогору болушу, кошумча жумушчу орундарын түзүү мүмкүнчүлүгү, тез натыйжа алуу (пайда табуу) ж.б. кошууга болот; **кемчиликтерине** болсо финансылык жактан кездешүүчү кыйынчылыктарды, жекече жоопкерчиликке жана тобокелге барышы, контракт түзүүдө өнөктөрүнүн ишенимсиздиги, ресурстарды камсыз кылууда башка жактарга, фирмаларга жана мамлекеттик

башкарууга көз карандылыгы сыяктуулар кирет. Эл аралык калыптанган бай тажрыйба боюнча бизнес чөйрөсүндө массалык сурамталапка ылайык бир түрдүү продукцияларды чыгарган ири бирикмелерге, компанияларга багыт алуудан, тескерисинче, жаңы жана келечеги кең, анчалык чоң эмес көлөмдөрдөгү продукцияларды чыгарууга адистешкен чакан фирмаларга багыт алуу туура болуп эсептелет. Ири ишканаларга салыштырмалуу чакан бизнестин артыкчылыгы анын атаандаштыкка кыйла жөндөмдүү болушу, эң башкысы өзүлөрүнүн көлөмдөрү чектелген базарлардын (мисалы, тез жеткирүүнү жана билгичтикте, ыкчам сатууну талап кылуучу гүл базарларындагы иштер) калыптанышы же ал мекеме, ишканага керектөөчүлөрдүн өзүлөрүнүн баруу зарылчылыгынын болушу (чач-тарач, кафе, ресторан ж.б.), товарлардын жаңы түрлөрүн (мисалы, кийим-кече, бут кийимдер ж.б.) ыкчам чыгарууга өндүрүш процессин кайрадан жаңыча нукка салуу мүмкүнчүлүгү менен тыгыз байланыштуу болот.

БИЗНЕСМЕН – БИЗНЕСМЕН, БИЗНЕСЧИ (англ. businessman – ишкер, эпчил) – бизнес менен иш алып баруучу адам, *коммерсант, ишкер*. Бул "акча табуу", тиешелүү *капиталга* ээлик кылып, топтогон акчасы дайыма жүгүртүүдө болуп, киреше алып келген, б.а. экономикалык, коммерциялык активдүү иш-аракеттер менен илешкен адам. Карамагында эчкимиси жок, өз алдынча аракет кылган, ишке жөндөмдүү адам же белгилүү бир мекемеде, уюмда эч кандай туруктуу кызмат ээлебеген, бирок анын акцияларынын ээси катары саналып, анын башкармалыгынын мүчөсү болуп турган жеке менчик ээси бизнесчи болушу мүмкүн. Ал кандайдыр бир жеке менчик ишкана ээси болушу мүмкүн. Бирок, айрым учурда өзү да *менеджмент, маркетинг, финансы* сыяктуу чөйрөлөрдө жалданып иштеши дагы ыктымал. Базар экономикасынын нугунда өнүккөн өлкөлөрдө "бизнесмен" терминин көп убакта *"менеджер"* термини менен окшоштуруп дагы жүрүшөт. Ошондой болсо да булар эки башка термин деп эсептөө зарыл. Мында менеджер милдеттүү түрдө туруктуу кызмат аткарып, анын карамагында атайын иштеген адамдары болгондугу менен өзгөчөлөнөт. Бизнесмендин коомдогу социалдык жана экономикалык жактан ээлеген орду пайда алуучу анын капиталынын өлчөмүнө гана эмес, ошону менен бирге өндүрүш иш-аракеттерин өнүктүрүүгө кошкон салымы, жаңы жумушчу орундарын уюштуруусу, районго, облуска, мамлекетке жардам көрсөтүүсү жагынан дагы көз каранды болууга тийиш. Бизнесмендин моралдык-этикалык жактан дагы калыптанышынын олуттуу мааниси бар. Анткени кызмат абалына байланыштуу этиканы сактай билүү, атаандаштыктын

акыйкаттуу, мыйзамга ылайык келгидей ыкмаларын пайдалануу, формалдуу жана ага тиешеси азыраак милдеттенмелерди так аткаруу талап кылынат. Ушундай жагдайга тыгыз байланыштуу бизнесмендин Япон менеджментинин теоретиги Коносуке Мацусита жазып калтырган жети осуяты кыргыз бизнесмендеринин туура калыптанышы үчүн өтө маанилүү: кууланба, ак ниеттүү адил бол; өз милдетиңди туура так аткара бил; кечеги күнкү жашоо нугунда туруп калбастан өзүңдүн таанып билүүңдү дайыма өркүндөтүүгө жетиш; айлана-чөйрөңдөгүлөргө сый-сыпат жана түшүнүү менен мамиле жаса; тышкы дүйнө жөнүндө дайыма эстен чыгарбай, анын өнүгүү мыйзамдарына ийкемдүү бол; колуңда болгонго жана ала турганыңа каниет кыл, биз бардыгын коомдон карызга алабыз; сен ким үчүн иштеймин деп сурамчы боло бербегин; ага бир гана жооп бар – элиңдин келечеги үчүн коомго иштейсиң.

БИЗНЕС-ПЛАН – БИЗНЕС-ПЛАН (англ. business-plan) – белгилүү бир мезгил ичиндеги ишканалардын (ишкердик иш-аракеттеринин) өнүгүү планы; пайда алуу максатында *иш бүтүмдөрүн* жүзөгө ашыруу план-программасы; алдыга коюлган максатка жетүүнү көздөгөн иш-чаралар системасы. Анын түпкү нугу өндүрүштү калыптандырууга жана аны андан ары карай өнүктүрүүгө багытталган *маркетингдик* жана техникалык-экономикалык изилдөөлөрдүн комплексин ишке ашыруу болуп саналат. Мында көбүнчө инвестициялык долбоорлорду техникалык-экономикалык нуктан негиздөө үчүн бизнес-план иштелип чыгат. Бул учурда бизнес-план инвесторго – *капиталдык салымдын* максатка ылайыктуулугун (оң натыйжалуулугун) аныктоодо ишкерге долбоорду ишке ашырууда программаны иштеп чыгуу жана жетекчиликке алууда, мамлекеттик органдарда кредиттик өз ара катыштарды жана менчиктештирүүнү жөнгө салуу жана көзөмөлдөөнү ишке ашырууда эң зарыл болуп эсептелет. Бизнес-план *санацияны* (банктардын же мамлекеттин жардамы менен ири ишканалардын *банкроттук абалга* жетишин болтурбоо боюнча иш чаралар), *рестрикцияны* (товарлардын баасын жогору көтөрүү жана пайда табуу, *кредиттерди* кыскартуу максатында өндүрүштү, сатууну жана экспортту чектөө), ишканаларды менчиктештирүүнү жүргүзүү жана тышкы *инвестицияларды* алуу үчүн пайдаланышы мүмкүн. Бизнес-план белгилүү бир ишкананын 12 айдын ичиндеги чарбалык иш-аракеттерин ийне-жибине чейин толук карап чыгуу менен бир жылга, ушундай эле жол менен 4 жыл ичиндеги абалын, өзгөрүүлөрүн иликтеген чоңураак бизнес-план дагы түзүлүшү мүмкүн; инвестициялык долбоорлорду даярдоодо аларды ишке ашыруу мезгилине карата түзүлөт. Мындай

план ишкананын азыркы абалы, анын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн, *бизнесине* байланышкан ички жана тышкы чөйрөсү, *маркетинг стратегиясы,* бизнестин өнүгүшү жөнүндөгү конкреттүү маалыматтарды камтыйт. Анда тобокелдик менен чечүүгө болуучу мүмкүнчүлүктөрү бышыкталып, аны болтурбай коюу же төмөндөтүү боюнча иш-чаралардын тутуму аныкталып көрсөтүлөт. Бизнес-планга коюлуучу негизги талаптын өзөгү аны анык ишке ашыруу болуп саналат. Анын даярдалышына ишкананын базар мамилелеринин шартындагы финансылык-чарбалык иш-аракеттеринин ар тараптуу анализи жана жалпы кабыл алынган стандарттардын негизинде ишкананы өнүктүрүүнүн альтернативдүү техникалык-экономикалык түрдүү изилдөөлөрү негиз болот. Ишкананын бизнес-планын, илимий-техникалык жана инвестициялык долбоорлорун даярдоону жана аларды көз карандысыз эксперттер тобунан өткөрүүнү финансылоо үчүн ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин каражаттары, министрликтердин, ассоциациялардын, союздардын бюджеттен башка фондулары, потенциалдуу инвесторлордун каражаттары кеңири пайдаланылат. Бизнес-план төмөндөгүдөй негизги функцияларды аткарат: бизнес концепцияларын иштеп чыгуу үчүн пайдаланылат, бул болсо ишкананы (фирмаларды) түзүү мезгилинде, ошондой эле ишаракеттердин жаңы багыттарын иштеп чыгуу (тандоо) үчүн өтө зарыл болуп саналат; пландаштыруу иш-аракеттердин жаңы багыттарынын өнүгүш мүмкүнчүлүгүн баалоого, ишкананын өнүгүү процесстерин көзөмөлдөөгө, аныкталган максаттарды аткарууга мүмкүнчүлүк берет; менчик капиталдарды же өзүлөрүндөгү эң жаңы технологияны кошо ала турган потенциалдуу өнөктөштөрдүн пландарын ишке ашырууга, тартууга жардам көрсөтөт, финансылык булактарын аныктоого жана кеңейтүүгө (мисалы, *ссудалардын, кредиттердин* эсебинен) мүмкүндүк түзөт. Ишкана бизнес-пландын структурасын жана бөлүмдөрдүн көлөмүн өз алдынча аныктайт да, аларды даярдоодо колдонулуучу технологиянын, базардык атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана жаңы продуктулардын (тейлөө), ар кандай маселелердин иштелип чыккан өлчөмүнүн өзгөчөлүктөрү сыяктуу факторлор толук эске алынат. Ишкананын бизнес-планынын болжолдуу структурасы негизинен төмөндөгүлөрдү камтыйт: резюмесинде (пландын бардык бөлүмдөрү иштелип чыккандан кийин даярдалат) пландын түпкү маңызы, анын артыкчылыгы, маркетингдик изилдөөлөрдүн жана финансы-экономикалык эсептөөлөрдүн (сатуу көлөмү, сатуудан түшкөн акча каражаттары, өндүрүшкө кеткен чыгым, пайдалар, өзүн актоочулугу ж.б.) жыйынтыгы

баяндалат; ишкананы сыпаттап жазуу бөлүмүндө анын *реквизиттери,* тармакка тиешелүү керек-жарактары, менчик формалары, жетекчинин толук аты жөнү, ишкананын негизги багыттары жана иш-аракеттеринин башкы максаттары, калыптанган тарыхы, өнүгүү жолу жана азыркы абалы, жетишкен ийгиликтери жана айрым иши оңунан чыкпай калган учурлары; продукция жана тейлөө бөлүмүндө продукцияларды жана аны колдонуу жайларын сыпаттап жазуу, керектөөчүлөр, айырмаланган сапаттары жана *уникалдуулугу, лицензиялар, патенттик укук,* атаандаштардын артыкчылыгы белгиленет; маркетинг планы бөлүмүндө болсо, базарды ар тараптуу анализдөө каралып, инвестициялык жана өндүрүштүк программанын көлөмдөрүн, өндүрүштүк кубаттуулукту, талап кылынуучу технологияны ж.б. аныктоодо эң толтолуу болуп саналуучу маркетингди пландаштыруу ишке ашырылат; ошондой эле мында маркетинг стратегиясы тужурумдалып жана ишкананын тышкы чөйрөсүнө баа берилет; илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер бөлүмүндө өндүрүштүн тышкы жана ички бардык факторлорун анализдөө, эсептөө нугунда долбоордун оптималдуу чектери, анын тандалышын негиздөө, компоненттердин тизмесин келтирүү, тиешелүү технологияны аныктоо ж.б. сыпатталып жазылат; өндүрүш планы бөлүмүндө ишкананын экономикалык, техникалык жана эмгек капиталы, материалдык-техникалык жагынан камсыз кылынышы ж.б. чагылдырылат; ишкананы башкарууну уюштуруу планы бөлүмүндө өндүрүштүк *менеджменттин* маселеси, кабыл алынган башкаруу чечимдеринин принципиалдуу схемасы, базар мамилелеринин тиги же бул шарттары өзгөрүлгөн учурда башкаруу системасынын ийкемдүүлүгү ж.б. келтирилет; долбоорду ишке ашыруу бөлүмүндө долбоорду жүзөгө ашыруудан алынган негизги жыйынтыктар, финансылык ж.б. натыйжалар чагылдырылат; финансылык планда мунун эң маанилүү бөлүмү катары бизнес-пландын ишке ашырылышынын анык жыйынтыгы чагылдырылат да, ал жыйынтыкта инвестициялык, ошондой эле өндүрүштүк каржылар аныкталат, ошондуктан ал, мисалы, пайдалар, акча агымдары боюнча план, зыян тартып калбоо, рентабелдүүлүк жана өзүн-өзү актоо анализи, тобокелге барууну баалоо (аларды ишке ашырууда келип чыгуучу жоготууларды эң жок дегенде жалпы жонунан баалоо) сыяктуу бир катар бөлүмчөлөрдү камтыйт; юридикалык аспектер бөлүмүндө долбоорду ишке ашыруунун укук маселелери, тиешелүү жактардын укуктары жана милдеттери, катталуу жөнүндө маалыматтар, бюджет менен байланышкан өз ара катыштар ж.б. каралат; тиркемелеринде болсо негизги бөлүмдөрдү толуктоочу

бардык материалдар, ошондой эле *инвесторлор, эксперттер,* жарнама ж.б. тууралуу толук маалыматтар да киргизилет.

БИРЖА – БИРЖА (гол. beurs, нем. borse, лат. burse – намыян, капчык): *1) Баалуу кагаздарды, валюталарды,* стандарттык үлгү боюнча сатылчу товарларды алып сатууну ишке ашыруучу мекеме; *2)* Биржалык операцияларды жүргүзгөн жай. Бул ич ара товардык биржа, *агробиржа, эмгек биржасы, валюталык биржа, фондулук биржа,* жашырын биржа сыяктуу түрлөргө ажырайт. Биржанын өзү тиешелүү жактардын бири катарында, мисалы соода келишимине катышпайт да, соода операцияларын ишке ашырууга бир кыйла ыңгайлуу шарттарды гана түзүп берет. Биржа ээлери катышуучулардын бардыгы үчүн соода жүргүзүүнү уюштуруунун жалпы эрежелерин бышыктап, аларды белгилүү убакытта керектөө үчүн атайын орун берип, жалпы бирдей эрежелерди, нормаларды иштеп чыгышат да, алардын негизинде келишимдер, ошондой эле типтүү келишимдердин негизги шарттарын түзүшөт. Биржалык иштер төмөндөгүдөй принциптерде түзүлөт: брокер менен кардардын ортосундагы иштиктүү ишенимдин болушу (мисалы, биржада бүтүм адегенде оозеки, соңунан юридикалык нуктан бышыкталат); ачыкайкындык (бардык бүтүмдөр жөнүндөгү маалыматтар жана биржада кимдин акциялары каталса, ошол компаниялар жөнүндөгү маалыматтарды милдеттүү түрдө басма бетинде жарыялоо); брокердик фирмалардын иш-аракеттеринин биржалык администрациясы жана катаал финансылык, административдик, товардык жана бугалтердик эрежелердин негизинде көз каранды эмес аудиторлору аркылуу жөнгө салынышы. Биржанын көпчүлүгү азыр *корпорациялар* болуп саналат. Биржанын мүчөлөрү айрым жеке адамдар гана боло алат. Ал эми компаниялардан биржада контракт түзүүгө укугу бар киши чыгышы мүмкүн. Биржаны башкаруу биржанын бүт бардык мүчөлөрү чогулуп, шайланган директорлор кеңешинин колдоруна топтолот. Анын карамагында комитеттери: финансылык-иштиктүү практиканын нормаларын сактоочу, арбитраждык бүтүмдөрдү түзүү ж.б. тартибин байкап туруучу болот. Биржанын мүчөлөрү бүтүмдөрдү өзүнүн гана эсебинен жана ошондой эле кардарлардын эсебинен жүргүзгөндөргө ажырайт. Биржанын иш-аракеттери экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдө өнөр жай тармактары менен тыгыз байланыштуу.

БИРЖА ТРУДА – ЭМГЕК БИРЖАСЫ – жумушчулар менен ишкерлердин ортосунда жумушчу күчүн сатып алуу-сатуу максатында далдалчылык кылуучу адистешкен уюм. Эмгек биржасынын иш-аракети жумушсуздукту толук жок кыла албайт. Бирок ал ишканалардын жумушчу күчтөрүн жалдап

алууну тартипке салууга жардам берет жана ишсиз жүргөндөрдү жумуш менен камсыз кылууга олуттуу үлүшүн кошот. Эмгек биржасынын адатта бюро, контор, коом сыяктуу формалары ар түрдүү болот. Менчиктин түрлөрүнө байланыштуу алардын төмөндөгүдөй түрлөрү кездешет: коммерциялык нукта иштөөчү жеке менчиктүүлүк, филантропиялык, коомдук жана мамлекеттик. Эмгек биржасы жумушсуздарды жайгаштыруудан тышкары, адатта иш орундарын алмаштырууну каалагандарга дагы жардам көрсөтүп, жумушчу күчтөрүнө сурам жана сунуштарды изилдейт, адистиги боюнча иштеп жүргөндөрдүн деңгээли тууралуу маалымат топтоп, соңунан таратат. Эмгек биржасынын милдетине, ошондой эле жаштарды түрдүү кесипке багыттоо, аларды курстарга жиберүү да кирет. Кыргызстандын экономикасынын базар мамилелерине өтүшү структуралык өзгөрүүлөрдү жүргүзүүнү жана жумушчу күчтөрүн өлкөнүн чарба тармактары жана аймактар боюнча илимий жактан бышыкталган ыкма аркылуу бөлүштүрүүнү талап кылууда.

БИРЖЕВАЯ КОТИРОВКА – БИРЖАЛЫК КОТИРОВКА. Өткөрүлгөн биржалык келишим – бүтүмдөрдү эсепке алуу менен айрым бир биржалык товарлардын бааларын, *баалуу кагаздардын (акциялардын* жана *облигациялардын)* чаржайыттыкта келип чыккан курстарын өткөрүлгөн биржалык келишимде каттоо жасалышы. Бул биржалык конъюнктуранын көрсөткүчтөрүнүн бири болуп эсептелет да, баалуу кагаздарга жана биржалык товарларга болгон сурам менен сунуштардын катышын чагылдырат. Бирок кээде бул жасалма сурамдардын же жалган келишим – бүтүмдөрдүн таасири менен да болуп калат. Биржалык курстар күнүгө ошол биржанын бюллетендеринде басылып турат. Курстарды аныктаган кезде айрым учурда биржадагы эле келишим – бүтүмдөр эмес, андан сырткары жердегилери да эске алынат. Кээ бир биржалардын бюллетендеринде ар бир биржалык баалуулуктун жүгүртүлүү өлчөмү көрсөтүлөт. Эгер ошол күнү товарлар же баалуу кагаздар боюнча келишимдер түзүлүп, сүйлөшүлбөсө, курстун ордуна справкалык баа боюнча маалымат басылат, тагыраак айтканда ошол күнү болжол менен баалуу кагаздарды же товарларды сатууга же сатып алууга боло тургандыгы көрсөтүлөт.

БИРЖЕВОЙ БЮЛЛЕТЕНЬ – БИРЖА БЮЛЛЕТЕНИ. Баалуу кагаздардын (фондулук биржада) котировкалары, башкача айтканда курстары жана товарлардын баалары (товардык биржалардагы), ошондой эле биржада түзүлгөн бүтүмдөр жөнүндөгү башка материалдар басылуучу биржанын күнүмдүк органы.

БИРЖЕВОЙ КОМИТЕТ – БИРЖАЛЫК КОМИТЕТ. Биржанын күнүмдүк иштерин алып

баруучу туруктуу органы. Анын төрагасы менен мүчөлөрү белгилүү бир мөөнөткө жалпы чогулушта шайланат. Өтө ири биржаларда Президиум шайланат. Биржалык комитеттин милдетине: биржада операциялардын тартибин белгилөө; баалуу кагаздарды жүгүртүүгө көз салуу, биржалык брокерлерди түзүү; биржанын иштери боюнча өкмөттүк ж.б. органдар менен байланыш жүргүзүү; биржалык *маклерлерди (брокерлерди)* дайындоо; биржа мүчөлөрүнүн ортосундагы, ошондой эле биржанын мүчөлөрү жана алардын кардарларынын ич ара талаш-тартыштарын кароо кирет.

БИРЖЕВОЙ КРИЗИС – БИРЖАЛЫК КРИЗИС. Ашыкча чыгаруудан же өзгөчө саясий себептерден келип чыккан кризистин кесепетинен, улам пайда болуучу фондулук биржадагы оор жагдай. Мындай абал баалуу кагаздардын курсунун чукул төмөндөшүнөн жана алардын эмиссиясынын олуттуу кыскаруусунан да болушу мүмкүн. Экономикалык кризистер акционердик компаниялардан түшкөн пайдалардын азайышына жана дивиденддердин төмөндөшүнө алып келүүнүн кесепетинен улам акциялардын баасынын төмөн түшүшүнө дуушар кылат. Экономикалык кризистин убагында акциялардын жана облигациялардын курстарынын төмөндөшүнүн фактору катары, ошондой эле ссудалык пайыздын жогорулашы да эсептелет. Накта акчанын артынан такымдап, *акциялар* менен *облигацияларды* кризис учурунда масалык түрдө чыгаруу, алардын арзандап кетишине түздөн-түз түрткү берет.

БИРЖЕВОЙ КУРС – БИРЖАЛЫК КУРС. Биржада жүгүртүлүп жаткан *баалуу кагаздардын* (акциялардын же облигациялардын) сатылуу баасы. Акциялардын биржалык курсу *дивиденддин* өлчөмүнө түздөн-түз байланыштуу болот да, акча базарындагы ссудалык пайыздын деңгээлинен карама-каршы көз карандылыкта болот. Акциялардын номиналдык баасы анын курсуна таасир көрсөтө албайт, андыктан акцияны аны чыгарган ишканалар аркылуу сатып алууга болбойт. Акциялардан айырмаланып, облигациялардын номиналдык баасы анын курсуна таасирин тийгизип турат. Облигацияларды сатып алуу мөөнөтү канчалык чукул болсо, анын таасири дагы ошончолук күчтүү болот. Биржалык курс облигациялардыкына караганда конъюнктуралык термелүүгө көбүрөөк дуушар болот.

БИРЖЕВОЙ НОТАРИУС – БИРЖАЛЫК НОТАРИУС. Биржалык жүгүртүүлөр боюнча келишимдерди жана башка документтерди күбөлөндүргөн адам, ошону тейлеген киши. Нотариалдык күбөлүккө негизинен чет элдиктер менен түзүлгөн биржалык келишимдер кирет. Биржалык нотариуска мындан башка *вексель* берүүчү чет өлкөлүктөрдүн векселдик нааразылыкты (келишпестикти) кароо, коммерциялык кагаздарды жана актыларды чет тилден жана чет тилге которууга күбө болуу жүктөлөт.

БИРЖЕВОЙ ОБОРОТ – БИРЖАЛЫК АЙЛАНЫМ, БИРЖАЛЫК ЖҮГҮРТҮҮ. Белгилүү бир убакыттын ичинде биржада өткөн баалуу кагаздар, товарлар менен болгон келишимдин көлөмү. Ал сатылган баалуу кагаздардын *(фондулук биржада)* же товарлардын *(товардык биржада)* бааларынын өлчөмү менен аныкталат. Фондулук биржадагы жүгүртүүнүн көрсөткүчү, ошондой эле сатылган баалуу кагаздардын саны эсептелет. Биржалык жүгүртүү иш ийгиликтүү болсо жана жогорулоо учурунда көбөйөт да, кризис күчөп, конъюнктуранын төмөн түшкөн мезгилинде кыйла ылдыйлайт.

БИРЖЕВОЙ ПОСЕТИТЕЛЬ – БИРЖАЛЫК КАТЫШУУЧУ – биржанын мүчөсү эмес, бирок биржалык комитеттин чечими боюнча биржалык операцияларды жүргүзүүгө уруксат берилген, укук берилген адам. Алар биржага убактылуу же бир жолку келишимдерди түзүү үчүн коё берилиши мүмкүн. Анын үстүнө келишимдер, эреже катары, *маклерлер* аркылуу гана түзүлөт. Бирок алар адатта башкарууга жана анын органдарын шайлоого катышышпайт.

БИРЖЕВОЙ СОВЕТ – БИРЖАЛЫК КЕҢЕШ. Фондулук биржанын бөлүмүнүн башкаруу органы. Анын иш-кызматы Биржалык комитеттин иш-аракеттерине окшош келет.

БИРЖЕВЫЕ СДЕЛКИ – БИРЖАЛЫК БҮТҮМДӨР. Биржада *баалуу кагаздарды* же *товарларды* сатып алууга жана сатууга түзүлүүчү бүтүмдөр; кассалык же накта акчага бүтүмдөр жана мөөнөткө түзүлгөн бүтүмдөр деп бөлүнөт; кассалык бүтүмгө түзүлгөндөн кийин (товардык бүтүм боюнча кээде узак мөөнөт коюлат) 2-3 күндүн ичинде аткарылууга тийиштүүлөрү жатат. Кагаздарды же товарларды сатып алуучу сатуучулар менен накталай акча менен эсептешет же болбосо андан кредит алат. Мөөнөткө макулдашылган ишке (*чукул бүтүмдөр*) бүтүм түзүлөт. Ал бири экинчисине кандайдыр бир сандагы баалуу кагаздарды же товарларды жазылган курсу же баасы боюнча аларды милдеттенме менен шарттalган мөөнөткө, адатта бирден үч айга (товарлар боюнча он эки жана андан көбүрөөк айга) чейин сатат, ал эми сатып алуучу аларды кабыл алууга жана сатуучуга сүйлөшүлгөн акчаны төлөп берүүгө милдеттүү.

БЛАГОТВОРИТЕЛЬНЫЕ ФОНДЫ – КАЙРЫМДУУЛУК ФОНДУЛАРЫ – фирмалардын, банктардын, уюмдардын жана айрым жарандардын каражаттарынын эсебинен ар кандай кайрымдуулук фондуларын каржылоо максатында түзүлүүчү уюмдар; ишкананын микроэкономикалык деңгээлде – кайрымдуулук максатына багытталган жана белгилен-

ген нормативдердин чегинде салык салуудан жеңилдик берилүүчү пайдасынын бөлүгү.

БОЙЕНТ – БОЙЕНТ (англ. buoyant – көшүүн, ийкемдүү) – базардын жагымсыз шарттарынын таасиринен улам баалардын оңой-олтоң жогорулап кетүү абалы.

БОНД – БОНД (англ. bond – күрөө, кепилдик). *1)* Юридикалык же жеке жак берүүчү активдерди камсыз кылган облигация; уюмдар саткан облигациялардын наркын акырындык менен төлөп, белгиленген кирешени алуучу облигация кармоочулардын укугун күбөлөндүрөт; капиталдын тийиштүү үлүшүнө менчик болуу укугун бербейт; *2)* Бажы салыгын төлөөгө чейинки товардын абалы, чек ара аркылуу ташылуучу товар салыгы көрсөтүлгөн бажы-күрөөлүк документ.

БОНИФИКАЦИЯ – БОНИФИКАЦИЯ (фр. bonification, bonifico – кайрымдуу, жакшы) – эгер товардын сапаты жогору болуп калса, келишимде сүйлөшүлгөн дүң баасына кошуп берүү. Тескери бонификация – эгер анын сапаты шартташкан келишимдегиден төмөн болуп калса, койгон товардын баасынан кемитүү. Бонификация сурамды калыптандырууга жардам берип, сатууну стимулдаштырат. Бул термин катары тышкы соодада колдонулат.

БОНУС – БОНУС (лат. bonus – кайрымдуу, жакшы) – жасалган бүтүмдүн (мамилеге келишүүнүн) же айрым шартнаманын жагдайына ылайык сатуучунун сатып алуучуга койгон кошумча төлөө сыйы, сый акысы же кошумча жеңилдиги. Бул көбүнчө бүтүмдүн жалпы суммасына карай пайыздар же башка көрсөткүчтөрү менен белгиленет.

БОНЫ – БОНА (фр. bon – талон, чек) – *1)* Мамлекеттик казыначылык, муниципалитет органдары жана фирмалар чыгаруучу карыздык милдеттенмелер. Ага ээлик кылган адам белгилүү мөөнөттө белгилүү адамдан же мекемеден кайсы бир баалуу нерсени же кызматты талап кылууга укуктуу. *2)* Майдалоочу акча катары убактылуу жүгүртүүгө чыгарылуучу майда кундуу кагаз акча белгилери.

БРОКЕР – БРОКЕР, ДАЛДАЛЧЫ, ОРТОМЧУ (англ. broker – далдалчы, маклер, баа коюучу, *комиссионер,* эски-уску менен соода жасоочу). Баалуу кагаздарды алып сатуу боюнча *аккредиттелген (катталган) агент.* Товарлар менен баалуу кагаздарды алуучулар менен сатуучулардын ортосунда далдалчы болуп, ошонусу үчүн белгилүү пайда табып, сыйлык алган ортомчу. Брокерлер белгилүү бир тармактар боюнча адистешип, ошол багыттардагы баалар, түзүлгөн бүтүмдөр, ж.б. жөнүндө кеңири маалыматтарга ээ болуп турат. Брокерлер адатта банктардан кредит алууга укугу бар. Көп учурда брокерлердин өзүлөрү өз кардарларына кредит берип, ошондой эле сатып алуучулардын кредит жөндөмдүүлүгү жөнүндө кепилдик беришет да, ал ортомчулугу үчүн акыдан сырткары кошумча пайыздарды алышат. Биржадагы жүгүртүлгөн баалуу кагаздар, товарлар менен далдалчылык кылгандарды *биржалык брокерлер* деп атайт. Алар биржалык комитет тарабынан биржанын мүчөлөрү болуп дайындалат. Векселдердин эсеби боюнча далдалчылык кылып, көп учурда аларды өзүлөрү эсепке алгандар *биллъ-брокерлер*, башкача айтканда, *векселдик маклерлер* деп аташат. Брокер үчүн кандай курс ылайыктуу болсо, ал *дилер* менен өз кардарларынын тапшырмасына ылайык кагаздарды сатып алууга же сатууга бүтүм түзөт, сүйлөшүү жүргүзөт. Кардарларды сатуучулар менен жолуктуруп, жакындаштыруу жана аларга макулдашып бир пикирге келишине жардам берүү брокердин негизги иш-кызматы катары эсептелет. Брокерди ким чакырса, анын акысын ошол жак төлөйт. Брокерде камдалган товар болбойт жана бүтүмдөрдү финансылоого катышпайт, эч кандай тобокелчиликке барбайт.

БРОКЕР, БИРЖЕВЫЙ – БИРЖА БРОКЕРИ; биржанын имаратына тикелей кире албаган уюмдардын клиенттеринин жана башка инвесторлордун буйруктарын аткарып отурган биржанын операциялык залындагы инсан.

БРОКЕР, ВЕКСЕЛЬНЫЙ – ВЕКСЕЛЬ БРОКЕРИ – соодагерлерден векселдерди сатып алуучу жана аларды банктарга жана эсепкысап жайларына сатуучу же төлөө мөөнөтүнө чейин аларды өзүндө сактоочу брокер.

БРОКЕРСКИЕ КРЕДИТЫ – БРОКЕРДИК КРЕДИТТЕР – баалуу кагаздарды сатып алуу жана сатуу боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн биржалык маклер-брокерлерге жана *дилерлерге* банк тарабынан берилген кредиттер. Банктын түшкөн кредиттеринин эсебинен брокерлер өз кардарларына ссуда берет (негизинен баалуу кагаздардын күрөөсү менен талап кылганга чейин). Банк качан болсо да *брокерден* же *дилерден* кредитин төлөөнү талап кыла алат, ал эми дилер болсо, ушундай эле талаптарды өзүнүн карыздарларына коё алат.

БРУТТО – БРУТТО (ит. brutto – дордогой, таза эмес) – таңгакталган товар массасы; таңгагын кошо алгандагы товар; чыгымдарды чыгарып салганга чейинки дүң киреше, мисалы улуттук дүң продукт, дүң айланым (оборот). *Кара. Нетто.*

БУМАЖНЫЕ ДЕНЬГИ – КАГАЗ АКЧАЛАР; мамлекет расмий акчалар ролун жана күчүн берип, атайын кагазга басылган акча белгилери. Акча белгилери, тактап айтканда декреттик (шарттуу) акчалар болуп эсептелет, анткени кагаз белгисин, банкнотту даярдоого чыгымдалган ченеми менен өлчөнүлүүчү алардын чыныгы наркы белгинин номиналынан көп төмөн болот. Акча белгилери арзан жана мындай акчалар менен айланым (жүгүртүү) ыңгайлуу

болгондуктан, алар кеңири пайдаланылат. Тарыхый өнүгүү процессинде кагаз акчалар айланымда металлдык акчаны алмаштырды. Атайын кагазда басылып чыгарылып, жалган жасалмачылыктан коргоонун бир нече даражалары менен туюнтулган.

БУХГАЛТЕРИЯ – БУГАЛТЕРИЯ (нем. buch – китеп жана halten – кармоо) – эсепчилик жана бугалтердик эсепти алып баруунун теориясы жана практикасы; бугалтердик эсепти жана эсеп-кысапты иш жүзүнө ашыруучу ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын) структуралык бөлүмдөрү.

"БЫКИ" – "БУКАЧАР" – баанын көтөрүлүшүн күтүп товарларды же баалуу кагаздарды сатып алуучу же мурда сатып алынгандарды сактоочу алып сатар. Термин баанын өсүшүн күткөн алып сатарларга жана *хеджерчилерге* да колдонулат.

БЮДЖЕТ – БЮДЖЕТ (англ. budget – сумма жана анын кармалышы, запас) – мамлекеттин (шаардын, райондун, мекеменин), үйбүлөнүн же айрым адамдын белгилүү бир мөөнөткө (жыл, чейрек, ай) акчалай кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасынын жазылышы. Анын киреше жана чыгаша бөлүктөрүндө келип түшкөн булактары жана каражаттардын чыгымдалган багыттарын көрсөтүү жайгаштырылат. Чыгаша бөлүгүнүн киреше бөлүгүнөн ашып кетиши бюджеттин тартыштыгын билдирет да, финансылык абалынын туруктуу эместигин айкындайт. Киреше чыгашадан арбын болсо, ал оң калдыкты пайда кылат. Бул термин убакыттын чыгымдалышын бөлүштүрүүдө да колдонулат. *Кара. **Бюджет времени – убакыт бюджети. Бюджет государственный – мамлекеттик бюджет. Бюджетная система – бюджеттик система.***

БЮДЖЕТ ВРЕМЕНИ – УБАКЫТ БЮДЖЕТИ – кызматкердин, анын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн же калктын айрым тобунун өндүрүшкө, жеке жана коомдук керекке жумшалуучу убактысынын (күн, жума, ай, жыл) бөлүнүшүн айкындаган көрсөткүчтөр системасы. Бул өзгөчө текшерүү жолдору менен такталат. Изилдөөдө белгилүү убакыт аралыгында убакыттын сарпталышы эске алынат. Убакыт бюджетин жеткиликтүү изилдөө элдин турмуш-тиричилик деңгээлин аныктоонун маанилүү ыкмасына кирет. Убакыт бюджетинин жалпы фондусу негизинен жумуш убактысына жана жумуштан тышкаркы убакытка бөлүнөт. Фермерлер менен ишкерлердин убакыт бюджетин салыштырып изилдөө социалдык маселени чечүүгө өбөлгө түзөт. Убакыт бюджетин анализдөө калктын эмгектенишин, турмуш-тиричилигин жана эс алуусун уюштуруу боюнча иштараларды иштеп чыгуу үчүн пайдаланылат.

БЮДЖЕТ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ – МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТ – белгилүү бир убакыт ичинде мамлекетке түшкөн акча каражаттарынын (кирешелеринин) жана аларды пайдалануунун (чыгымдарынын) мыйзамдар нугунда бекитилген сметасы; мамлекеттин негизги финансылык планы (божомолу). Анын киреше бөлүгү жалпы мамлекеттик салыктардан жана милдеттүү төлөмдөрдүн, ошондой эле башка булактардын эсебинен калыптанат. Чыгым бөлүгүндө мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарын кармап туруу, согуш-аскердик куралдуу күчтөрдүн чыгымдары, саламаттыкты сактоо, илим, билим берүү, маданият ж.б. финансылоо каралат. Мамлекеттик бюджет жыл сайын түзүлөт. Ар бир өлкөнүн мамлекеттик бюджети коомдун экономикалык өнүгүшүнө, табигый шартына, табигат ресурстарына жана мамлекеттин көздөгөн максатына жараша болот. Кыргыз Республикасы көз каранды эмес эгемендүү укук-демократиялык шартында мамлекеттик бюджеттин негизги бөлүгүн улуттук фермердыйкан чарбасынын, ишкердик ишканаларынын өсүшүнө, мамлекеттик сектордун жана социалдык-маданий курулуштун кеңейишине жана улуттук экономиканы жандандырып турууга жумшайт. *Кара. **Бюджет республиканский – Республикалык бюджет, Бюджеты местные – жергиликтүү бюджеттер, Бюджетная система – бюджет системасы.***

БЮДЖЕТ РЕСПУБЛИКАНСКИЙ – РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТ – жалпы республикалык мааниге ээ болгон иш чараларды финансылоо үчүн каражаттардын калыптанышынын негизги планы. Анын кирешелери: жалпы республикалык *салыктар* жана *кирешелер (кошумчаланган наркка, акциздерге* жана башкаларга салынган мыйзамда алдын ала каралган салык); жергиликтүү бюджетке чегерилгенден башка бөлүктөрү; ишканалардын, бирикмелердин, уюмдардын пайдаларына салынган *салык, экспорт* жана *импорт* салыгы, *бажылык жыйымдар* жана төлөмдөр; тышкы-экономикалык иш-аракеттерден жана баалуу кагаздар менен жүргүзүлгөн операциялардан жана башкалардан келип түшкөн кирешелер. Республикалык бюджеттин финансылоо чыгымдары: республикалык менчикке тиешелүү объектилер боюнча табигатты коргоо иш-чаралары жана айрым облустардагы, өзгөчө Ош, Жалал-Абад облусундагы табигат кырсыктарынын зыяндарынан арылуу боюнча жумшалуучу капиталдык салымдар; чыгымы тышкы-экономикалык иш-аракеттер менен байланыштуу болгон калкты атайын коргоо боюнча жалпы республикалык программалар жана максаттуу программалар; элге билим берүү, илим жана маданият, ден соолукту коргоо, дене тарбия жана башка республика карамагындагы мекемелери жана уюмдары; мамлекеттик

резервдерди түзүүгө жана жаңылоого сарпталган чыгымдар; мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарын, соттору, укук-коргоо органдарын жана прокуратураларды, мамлекеттик коопсуздукту кармап туруу; коргонуу, чек ара аскерлери жана бажылык кызмат; бюджеттик чыгымдарды, мамлекеттик карызды жана алар боюнча пайыздарды төлөө үчүн банктардын кредиттерин жабуу; министрлер кабинетинин, республикалык бюджеттин, финансы министрлигинин жана башкалардын резервдик фондусун түзүү; ишканаларга, жергиликтүү Кеңештердин аткаруу комитетине, башка иш-чараларга *ссудаларды, субвенцияларды, субсидияларды, дотацияларды* берүү.

БЮДЖЕТНАЯ СИСТЕМА – БЮДЖЕТТИК СИСТЕМА – экономикалык байланыштарга, мыйзамдуу нормаларга негизделген жана ага өз алдынча бөлүк болуп кошулуучу бюджеттердин (республикалык, жергиликтүү) жыйындысы. Бюджет системасынын сапаты өлкөнүн социалдык-экономикалык түзүлүшүнө, ал эми аны уюштуруу мамлекеттин формасына, административдик түзүлүшүнө байланыштуу болот. Бюджет системасынын бирдиктүүлүгүн төмөндөгүлөр камсыздайт: бирдиктүү мыйзамдык базасы жана бюджет документинин формасы; бирдиктүү бюджет классификациясы (кирешелердин жана чыгымдардын милдеттүү түрдөгү топтоштурулушу); бюджеттердин жогоркусунан тартып төмөнкү деңгээлине чейинки зарыл статистикалык жана бюджеттик маалыматтарды берип тургандыгы жана бирдиктүү акча системасы. Бюджеттердин өз алдынчалыгы кирешенин менчик булактарынын болгондугу жана алардын пайдалануу багыттарын аныктоо укугу менен камсыз кылынат. Бюджеттердин бардык деңгээлдеринде балансталышы бюджеттик-финансы саясатынын зарыл шарты болуп саналат. *Кара. **Дефицит бюджета – бюджет тартыштыгы, Секвестр, Бюджет государственный – мамлекеттик бюджет.***

БЮДЖЕТНЫЙ ПРОЦЕСС – БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕСС – *бюджетти* түзүү, кароо, бекитүү, аткаруу боюнча мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын мыйзам ж.б. нормативдик актылар менен белгиленген иш-аракеттери. Анын курамдык бөлүгү бюджеттик жөнгө салып туруу болуп саналат да, кирешелерин жана чыгымдарын баланстоо максатында ар кандай деңгээлдеги бюджеттердин ортосундагы финансылык ресурстарды бөлүштүрүүнү сунуштайт. Кыргыз Республикасында бюджет процесси бул системаны жөнгө салып туруучу бюджет жөнүндөгү мыйзам, ошондой эле мыйзам актылары аркылуу ишке ашырылат. Бул процесс ошондой эле эл депутаттарынын жергиликтүү Кеңештеринин чегинде кабыл алынган чечимдер менен жүзөгө ашырылат. Бюджет кирешелердин келип түшүүсүн божомолдоп баалоонун негизинде жана аймактык экономикалык жана социалдык өнүгүшү боюнча иш-аракеттеги мыйзамга жана бекитилген мамлекеттик, регионалдык программаларга ылайык иш-чараларды финансылоого жумшалган бюджеттик бөлүнгөн акча каражаттарын керектөөлөргө негизделип калыптанат. *Республика бюджети* укук-демократиялык Кыргыз Республикасынын мыйзамы, ал эми *жергиликтүү бюджет* – жергиликтүү эл депутаттар Кеңештеринин чечимдери менен бекитилет. *Кара. **Бюджеты местные – жергиликтүү бюджеттер.***

БЮДЖЕТЫ МЕСТНЫЕ – ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕР – жергиликтүү эл депутаттар Кеңешинин финансылык базасы. Зарыл иш-чараларды финансылоо үчүн алардын каражаттарынын калыптанышынын негизги планы. Аларга облустук, шаардык, райондук жана айылдык Кеңештердин бюджеттери кирет. Жергиликтүү бюджеттен мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары тарабынан ишке ашырылуучу жергиликтүү жана регионалдык маанидеги экономикалык, социалдык, маданий ж.б. программаларды, иш-чараларды финансылоо пландаштырылат. Ар бир деңгээлдеги бюджеттердин кирешелери укук-демократиялык Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык калыптанат. Жергиликтүү бюджетке *дотациялар, субсидиялар* жана *субвенциялар* түрүндө каражаттар жогорку деңгээлдеги бюджеттерден берилиши мүмкүн. Эл депутаттарынын Жергиликтүү Кеңештери жогорку деңгээлдик жана максаттык мааниге ээ финансылык ресурстардын бюджеттеринен тышкаркы бюджет каражаттарын пайдалануу багыттарын өз алдынча белгилешет. Эл депутаттарынын ар бир жергиликтүү Кеңеши төмөндөгүлөрдүн базасында өзүлөрүнүн бюджетин калыптандырып түзүшөт: бекитилип берилген кирешелер булактары; тийиштүү бюджеттер үчүн белгиленген республикалык ж.б. *салыктардан* жана *кирешелерден* чегерилгендердин нормативдери; жергиликтүү Кеңештер тарабынан караштырылуучу кошумча булактар; тийиштүү аймактын экономикалык жана социалдык өнүгүшү боюнча иш чараларды финансылоо.

БЮЛЛЕТЕНЬ КУРСОВ ИНОСТРАННОЙ ВАЛЮТЫ – ЧЕТ ЭЛДИК ВАЛЮТАЛАР КУРСУНУН БЮЛЛЕТЕНИ; борбордук банк тарабынан жарыялануучу же белгилүү календардык мезгилде валюталык биржанын соодаларынын натыйжасы боюнча же өз алдынча эсептелген сомго карата чет өлкөлүк валюталардын курстарынын маалыматы. Валюталардын жарыялануучу курсу милдеттүү соодалардын тарифтерин, салыктарын төлөөдө мамлекеттик органдардын өз ара мамилелеринде милдеттүү болуп эсептелет.

В

ВАЛОВАЯ ЗАРАБОТНАЯ ПЛАТА – ДҮҢ ЭМГЕК АКЫ. Мындай акы менчик формаларына көз каранды эмес бардык категориядагы чарбалык бирикмелерди камтыйт. Бул эмгек акы фондусун (эмгекке төлөөнүн фондусу) жана эмгекке төлөө фондусуна жана жумушчулардын, кызматкерлердин фондусуна кирбеген бир жолку берилүүчү сыйлык жана эмгек акы түрүндөгү башка кирешелерди (эмгек келишими боюнча каралган пайдада кошулууну киргизгендер), кооператив кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө, аскер кызматкерлеринин жабдууларынын, тамактарынын жана жалдангандардын эмгек акысын, комиссиондук, чайлык төлөмдөрдү камтыйт. Социалдык камсыздандырууга ишканалардын жана уюмдардын аныктегерип төлөп берүүлөрү төгүмдөрдөн турат да, алар ишканалар, уюмдар тарабынан мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана медициналык милдеттүү камсыздандыруу үчүн жасалат. Бул төлөмдөр пенсияларды, жөлөк пулдарды төлөө, калкты туристтик-курорттук жайларда тейлөө үчүн каражаттардын негизги булагы болуп эсептелет.

ВАЛОВАЯ ПРИБЫЛЬ – ДҮҢ ПАЙДА – өндүрүп чыгарууда эмгек акыны жана салыктарды төлөө менен байланыштуу болгон чыгымдарды чыгарып салгандан кийинки калган кошумчаланган нарктын бөлүгү.

ВАЛОВЫЙ ВНУТРЕННИЙ ПРОДУКТ – ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКТУ – өлкө ичиндеги базар бааларында өндүрүлгөн жалпы нарктын статистикалык маалыматын жалпылоочу экономикалык көрсөткүч. Бул төмөндөгүдөй үч жол менен эсептелинет: киреше, чыгаша боюнча жана кошумчаланган нарк ыкмасынын негизинде. Улуттук эсеп тутумунда кеңири колдонулат. "Өндүрүш" эсебинде, ички дүң продукту, дүңүнөн чыгаруунун көлөмү менен жана арадагы керектөөнүн ортосундагы айырмачылыгы, "киреше түзүү" эсебинде – жалданма кызматкерлердин эмгек акысынын, өндүрүшкө кеткен таза салыктардын жана экономикадан алынган дүң пайданын суммасы, ал эми "кирешени пайдалануу" эсебинде – акыркы керектөөгө жана үнөмдөөгө чыгымдалган сумма катарында эсептелинип чыгарылат. Таза ички продуктунун көрсөткүчүнөн негизги капиталды керектөөсүнүн көлөмү менен айырмаланат. Ички дүң продукт чыныгы жана базар баалары менен эсептелинип чыгарылат да, анын динамикасын иликтөө үчүн туруктуу баалар колдонулат.

ВАЛОВЫЙ ДОХОД – ДҮҢ КИРЕШЕ – продукцияларды (иштер, тейлөө) ошол учурдагы колдонулган бааларда сатылган продукцияны өндүрүүгө жана өткөрүүгө жумшалган материалдык чыгымды чыгарып салгандан кийинки акчалай түшкөнүн бышыктаган жалпылоочу нарк көрсөткүчү. Айыл чарбасында ошол кездеги колдонулуп жаткан бааладагы *дүң продукциялардын* наркы менен материалдык өндүрүш чыгымдарынын ортосундагы айырмасы катары эсептелинет. Аны аныктоодо айыл чарбасынын *товардык продукциясы* сатылган баалар боюнча бааланат, товардык эмес продукциялар – айланым каражаттарынын (үрөн, тоют, отун, ремонттук ж.б. материалдар) керектелген буюмдун өздүк наркы же өндүрүштүк өздүк наркы боюнча бааланат. *Кара. Доход – киреше.*

ВАЛЬВАЦИЯ – ВАЛЬВАЦИЯ (фр. evalution – баалоо) – чет өлкөлүк валютанын наркын улуттук акча бирдигинде аныктоо; баалуу кагаздардын (*акциялардын, облигациялардын* ж.б.) наркын баалоо. *Кара. Ревальвация.*

ВАЛЮТА – ВАЛЮТА (ит. valuta – баа, нарк) – кандайдыр бир өлкөнүн мыйзамы менен бекитилген акча бирдиги; эл аралык экономикалык алмашууда, байланыштын башка түрлөрүндө (чет өлкөлүк валюта) пайдаланылуучу чет мамлекеттердин акча белгилери, кредиттик жана төлөм документтери (*векселдер, чектер, которумдар* ж.б.). Буга эл аралык эсептеме бирдиктер, мисалы *эл аралык валюта фондусунун* акча бирдиги же *Европалык валюта системасы* – евро кирет. Металл акчаны жүгүртүү шарттарында валюта алтынга улуттук кредиттик акчалар менен алмаштырылган түрүндө катышат. Аларды алтынга алмаштыруу токтотулгандан кийин (мындай алмашуунун акыркылары АКШда 1971-ж. токтотулган) улуттук валюталар толугу менен "кагаз акчага" айланып калган. Валюта эркин алмашылмалуу конверсиялануучу же кайра кайтарымдуу, б.а. чет өлкөлөрдүн ар кандай валюталары (мисалы, АКШ, Канада ж.б.) менен алмашылышы мүмкүн. Эл аралык эсептөөлөрдө кээ бир өлкөлөр өзүлөрүнүн улуттук валюталарын, ошондой эле чет өлкөлүк (мисалы, АКШ, Япония ж.б.) валюталарды пайдаланышат. Башка бир өлкөлөр жалаң чет өлкөлүк валютаны (мисалы, АКШ долларын) колдонушат. Чет өлкөнүн валютасы *валюта базарында* сатып алуу-сатуунун объектиси болуп, эл аралык эсептөөлөрдө пайдаланылышы ыктымал, банктын эсептеринде (счёторунда) сакталышы мүмкүн. Бирок, ал ошол мамлекеттин аймагында мыйзамдуу төлөм каражаттары болуп саналбайт (кээ бир учурларды кошпогондо). Улуттук валюта мыйзамдары улуттук валюталардагы операцияларды жүргүзүүнү, ошондой эле чет өлкөлүк валюталарды да – ээ болуу укугун, сатып алуу-сатуу, өлкөгө алынып келишин жана андан алынып кетишин ж.б. жөнгө салып турат. *Кара. Конвертируемость валют* –

валюталардын отумдүүлүгү (конверсиялануучулугу).

ВАЛЮТА, БАЗИСНАЯ – БАЗИСТИК ВАЛЮТА – өлкөдө же финансылык борбордо белгилүү бир валютага карата башка валюталар баалануучу валюта, мисалы, *АКШ доллары* же *фунт стерлинг*.

ВАЛЮТА КЛИРИНГОВАЯ – КЛИРИНГДИК ВАЛЮТА – клирингдик эсептешүүлөрдө пайдаланылуучу валюталык бирдик; анда банктардагы эсептер жүргүзүлөт жана клирингдик түрүндөгү төлөм макулдашуулары түзүлгөн өлкөлөрдүн ортосунда түрдүү операциялар жүргүзүлөт (анын алкагында так баланстоо – наркы боюнча өз ара товар алмашууну теңдештирүү каралган); банктык эсептерде бугалтердик жазуулар түрүндө акчасыз гана формада колдонулат; анын булагы болуп, төлөмдүк макулдашуулардын катышуучу өлкөлөрү тарабынан товарларды жеткирип-тапшырууну жана тейлөөлөрдү көрсөтүүнү өз ара кредиттөө эсептелет.

ВАЛЮТА "МЯГКАЯ" – "ИЙКЕМДҮҮ" ВАЛЮТА – өздүк номиналга, ошондой эле алтын менен камсыз кылынбаган башка валюталардын курсуна карата туруксуз валюта.

ВАЛЮТА НЕКОНВЕРТИРУЕМАЯ – КОНВЕРСИЯЛАНБООЧУ ВАЛЮТА (алмаштырылбай турган валюта) – бир өлкөнүн чегинде гана колдонулуучу жана башка чет өлкөлүк валюталарга алмаштырууга болбой турган улуттук валюта.

ВАЛЮТА ОБРАТИМАЯ – КАЙТАРЫМДУУ ВАЛЮТА – башка валютага эч кандай кедергисиз алмаштырууга мүмкүн болуучу валюта.

ВАЛЮТА ТВЁРДАЯ – ТУРУКТУУ ВАЛЮТА – өздүк номиналына, ошондой эле алтын же башка баалуулуктар менен камсыз кылынган башка валюталардын курстарына карата туруктуу валюта.

ВАЛЮТНАЯ БИРЖА – ВАЛЮТАЛЫК БИРЖА – базар баасы боюнча чет өлкө валюталарын дайыма жана иреттүү негизде сатып алууну-сатууну жүргүзүүчү биржа.

ВАЛЮТНАЯ ВЫРУЧКА – ВАЛЮТАДАН ТҮШКӨН АКЧА – товарларды экспорттоодон жана тейлөөлөрдөн, ошондой эле эл аралык кредиттерден түшкөн чет өлкө валютасы.

ВАЛЮТНАЯ ДЕКЛАРАЦИЯ – ВАЛЮТАЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯ – валюталарды чек ара аркылуу которууда бажыканага берилүүчү документ-арыз.

ВАЛЮТНАЯ ИНТЕРВЕНЦИЯ – ВАЛЮТАЛЫК ИНТЕРВЕНЦИЯ – борбордук *эмиссиялык банктын* операциясы. Ал валюта курсун кармап туруу үчүн өз өлкөсүнүн валютасын сатып алуу же сатууну; улуттук валюта курсунун жогорулашын же төмөндөшүн белгилүү өлчөмдө кармап турууга чет өлкөлүк

валютаны сатып алуу-сатуу боюнча максаттык операцияларды камтыйт. Улуттук валюта курсунун кармалып турушу жана жогорулашы үчүн борбордук банк чет өлкөлүк валютаны улуттук валютага сатып, ал эми анын курсунун төмөндөшү үчүн чет өлкөлүк валютаны улуттук валютага алмаштырып сатып алат (АКШнын долларын биринчи кезекте).

ВАЛЮТНАЯ КОРЗИНА – ВАЛЮТАЛЫК СЕБЕТ – *валюталык курсту* же эл аралык, регионалдуу, жамааттык валютаны аныктоо үчүн чет өлкө валютасын белгилөөдө пайдаланылуучу улуттук валюталардын жыйымы. Валюталардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн, алмаштыруунун жалпы экономикалык шарттарга тийгизген таасирин бир кыйла бышыктап эсепке алууга мүмкүндүк берет.

ВАЛЮТНАЯ КОТИРОВКА – ВАЛЮТАЛЫК КОТИРОВКА – колдонуудагы мыйзамдык нормаларга жана топтолгон практикага ылайык чет өлкөлүк валюталардын курсун аныктап белгилөө. Валюталарды котировкалоону мамлекеттик (улуттук) же ири коммерциялык банктар ишке ашырат. Котировка тикелей же кыйыр ыкма менен жүргүзүлөт. Англиядан башка бардык өлкөлөр кабыл алган тикелей ыкмада чет өлкөлүк валютанын акча бирдигинин курсу улуттук валютанын бир катар саны менен туюнтулат. Чет өлкөлүк валюталарды кыйыр котировкалоо Англияда практикаланылат да, анда бирдик үчүн *фунт стерлинг* колдонулуп, чет өлкөлүк валютанын бир катар саны менен туюнтулат.

ВАЛЮТНАЯ МОНОПОЛИЯ – ВАЛЮТАЛЫК МОНОПОЛИЯ – валюталык операцияга жана экономикалык агенттер иштеп тапкан бүткүл валютага мамлекеттин (анын органдарынын атынан) монополиялыгы.

ВАЛЮТНАЯ ПОЛИТИКА – ВАЛЮТАЛЫК САЯСАТ – валюталык мамилелер жаатында ишке ашырылуучу экономикалык, укуктук жана уюштуруучулук чаралардын жыйындысы. Учурдагы валюталык саясат аймагында валюталык интервенция, валюталык чектөөлөр, валюталык субсидиялоо, валюталык резервдерди диверсификациялоо ж.б. жардамы менен валюталык базар конъюнктурасын оперативдүү жөнгө салуу ишке ашырылат. Узак мөөнөттүү валюталык саясат мамлекет аралык сүйлөшүүлөрдүн жана макулдашуулардын, баарыдан мурда эл аралык валюталык фондусу алкагында, ошондой эле валюталык реформалардын жардамы менен валюталык механизмди ырааттуу өзгөртүү боюнча узак мөөнөттүү чараларды болжолдойт.

ВАЛЮТНАЯ САМООКУПАЕМОСТЬ – ВАЛЮТАНЫН ӨЗҮНӨЗҮ АКТООЧУЛУГУ – ишканалардын жана уюмдардын тышкы экономикалык иш-аракеттеринин чарбалык эсептеги принциби. Улуттук

валютанын чектелинген алмашылуу (алмашылбоо) шартында ишканалардын жана уюмдардын валюталык кирешелеринин эсебинен алардын валюталык чыгашаларын калыбына келтирүү алдын ала каралат.

ВАЛЮТНАЯ СИСТЕМА – ВАЛЮТАЛЫК СИСТЕМА – чарбалык тиричиликти интернационалдаштыруунун, дүйнөлүк базарды өнүктүрүүнүн негизинде түзүлгөн келишимдик жана мамлекеттик укуктук нормалар менен бекемделген акча-кредиттик катыштардын жыйындысы. Ич ара дүйнөлүк, эл аралык, региондук жана улуттук валюталык система болуп айырмаланат.

ВАЛЮТНОЕ ОГРАНИЧЕНИЕ – ВАЛЮТАЛЫК ЧЕКТӨӨ – чет өлкөлүк валютаны өтө кылдат көзөмөлдөөгө жана валюталык ресурстарды мамлекеттин карамагына топтоштурууга багытталган өкмөттүк иш чаралардын системасы. Валюталык ресурстарды мамлекеттин карамагында топтоштуруу же аларды көзөмөлдөөнү күчөтүү аркылуу кармап туруу максатында эле эмес, ошондой эле өлкөнүн болгон төлөм балансын теңдештирип турууну, валюта курсун каалагандай өзгөртүп кармап турууга тыюу салуу, чек коюу жана ар кандай валюталык операцияларды регламентациялоону камтыйт. Булар көбүнчө тышкы соода, капитал агымы, кредит, туризм ж.б. менен байланыштуу иштерде керектелет. Кыргызстанда бул валюталык чектөө боюнча иштер азыркы эл аралык деңгээлдеги демократиялык талапка толук жооп берет.

ВАЛЮТНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ – ВАЛЮТАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ – валюталык баалуулуктар менен болгон эл аралык эсептешүүлөрдүн жана бүтүмдөрдүн тартибин мамлекеттин регламентациялоосу (белгилөөсү). Бул нормативдик актылар жана эл аралык валюталык макулдашуулар менен жөнгө салынат. Валюталык жөнгө салууга улуттук мыйзамдардын негизинде өлкөнүн аймагында чет өлкө валютасын пайдалануу белгилөө да кирет.

ВАЛЮТНЫЕ ОПЕРАЦИИ (валютные сделки) – **ВАЛЮТАЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР** (валюталык бүтүмдөр) – валюта же акча базарларында белгиленүүчү чет өлкөлүк валюталар жана аларда жазылган (*банкноттор, чектер, векселдер*, телеграфтык котормолор) төлөм документтери менен болгон операциялар. Алар төмөнкүлөргө бөлүнөт: *1) накта валюта менен жасалган операциялар.* Мында сатып алуучу сатуучудан чет өлкө валютасын алат да, анын ордуна жергиликтүү валюта менен төлөп берет. *2) чукул валюталык операцияда* болсо, чет өлкө валютасынын алып-сатылуусу белгилүү бир мөөнөттү (1 айдан 3 айга чейин) камтыйт да, ал мөөнөт аяктаганда келишим түзгөн кездеги курсу боюнча кайра берет. Курстун өзгөрүп кетүүсүнөн сактаныш үчүн валюталык чукул операцияларды атайын эксперттер же импортчулар жүргүзөт.

Валюталык операциялар банк аркылуу ишке ашырылат.

ВАЛЮТНЫЕ РЕЗЕРВЫ – ВАЛЮТАЛЫК РЕЗЕРВДЕР – чет өлкө *валютасынын*, ошондой эле мамлекет органдарынын карамагындагы, же түрдүү өлкөлөрдүн борбордук (улуттук) банктарынын эл аралык эсептөөлөр боюнча төлөмдөр үчүн жумшалуучу алтын кору. Адатта мындай корлор банктарга, эл аралык валюта-кредиттик жана финансылык уюмдарга, ишканаларга, ошондой эле калкка таандык.

ВАЛЮТНЫЕ ЦЕННОСТИ – ВАЛЮТАЛЫК БААЛУУЛУКТАР. Буларга негизинен валюта, алтын, күмүш, ак алтын (уютулган жана монета түрүндө), валютада камтылган төлөм документтери, баалуу кагаздар (*акциялар, облигациялар* жана аларга кошуп берилген *купондор*) кирет. Валютада жазылган төлөм документтери (чектер, *котормолор, векселдер, аккредитивдер* ж.б.) боюнча накта валюта алыш үчүн же акчасыз эсептешүүлөрдө пайдаланылат.

ВАЛЮТНЫЙ АРБИТРАЖ – ВАЛЮТАЛЫК АРБИТРАЖ. Бир эле убакта түрдүү өлкөлөрдүн базарларында аты уйкаш валюталардын курстарынын айырмасынан киреше табуу максатында тиешелүү банктар (арбитраждар) өткөрүүчү валюталык операциялар, бүтүмдөр. Арбитраждар белгилүү бир базардагы арзаныраак валютаны сатып алып, аны кымбатыраак башка бир базарда сатып, киреше табышат. Валюталык арбитраждын жөнөкөйлөтүлгөн түрүндө эки валютанын катышуусу, татаалырагында болсо кеминде үч жана андан көп валюта менен өткөрүлөт. Эгер ошол убакта, айталы, Англияда – еврого суроо-талап жогору дейли, ошону менен бирге доллар сунушу талапка караганда жогору болгондугу үчүн евронун курсу жогорулайт. Ал эми Францияда болсо доллардын курсу көтөрүлөт да, фунт стерлингдин курсу төмөндөйт, ошондо англиялык банктарга Лондонго салыштырмалуу төмөнкү курс боюнча доллар сатып алып, аларды Францияда кыйла жогорку баада өткөрүп, андан түшкөн еврого фунт стерлинг сатып алуу кыйла пайдалуу. Ушундай кайчылаш операциялардын натыйжасында Лондондо доллардын курсу көтөрүлүп, Парижде болсо төмөндөйт да, мунун жыйынтыгы келип түрдүү акча базарларында аты уйкаш валюталардын курсун теңештирүүгө алып келет.

ВАЛЮТНЫЙ АУКЦИОН – ВАЛЮТАЛЫК АУКЦИОН. Валютаны конверсияланбоочу улуттук валютага сатуу жана сатып алуу. Бул белгилүү бир өлкөнүн тиешелүү банкы тарабынан аукцион түрүндө уюштурулат.

ВАЛЮТНЫЙ ДЕМПИНГ – ВАЛЮТАЛЫК ДЕМПИНГ – *валюта* жагынан камсыз болгон өлкөдөн товарларды дүйнөлүк баадан төмөнүрөөк туруктуу (өзүнүн жеке номиналына, ошондой эле башка валюталардын курстарына караганда ту-

руктуу келген) же куну кемирек валюталуу өлкөгө алып чыгаруу. Мындай жагдай анын мүмкүнчүлүгү бул акча бирдигинин сатып алуу жөндөмдүүлүгү башка валюталарга карата анын курсуна салыштырмалуу өлкө ичинде жайыраак төмөндөгөн учурда келип чыгат.

ВАЛЮТНЫЙ КЛИРИНГ – ВАЛЮТАЛЫК КЛИРИНГ – товарды жеткирип-тапшыруунун жана көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдүн нарк теңдештигинен келип чыгуучу тосмо талаптар менен милдеттенмелерди өз ара эсептешүү жөнүндөгү өкмөт аралык макулдашуу. Бул төмөндөгүдөй милдеттүү элементтердин жыйнагын камтыйт: клирингдик эсептердин тутумун, клирингдин көлөмүн (товар айлантуу боюнча бардык төлөмдөр же алардын бөлүктөрү); *клиринг валютасын* (эсептешүүлөрдүн макулдашылган валютасын), техникалык кредит көлөмүн (карыздардын сальдосунун мүмкүн болуучу чеги – айлануунун пайызы же абсолюттук чондук түрүндө); төлөмдөрдү теңдөө системасы (карыздар сальдосун жабуу боюнча) төмөндөгүчө айырмаланат: конверсия укугусуз валюталык клиринг – төлөм товарды жеткирип-тапшыруу менен гана жүргүзүлөт; чектелген же толук конверсия менен валюталык клиринг; өкмөт аралык макулдашуу мөөнөтүнүн бүтүшү боюнча сальдону биротоло жабуу.

ВАЛЮТНЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ – ВАЛЮТАЛЫК КОЭФФИЦИЕНТ – бир валютадан башка валютага бааны жана акча суммасын которуп эсептөөдө пайдаланылуучу валюта курсунун өз-ара катышы. Бир катар өлкөлөрдө коэффициенттер соода операциялары үчүн валюталык курстар деп аталат.

ВАЛЮТНЫЙ КРЕДИТ – ВАЛЮТАЛЫК КРЕДИТ. Тигил же бул мамлекет ишканаларына, уюмдарына кредитке берген валюталар. Булар негизинен тышкы экономикалык байланышты күчөтүү, ишаракеттерди өнүктүрүүгө жумшалат.

ВАЛЮТНЫЙ КРИЗИС – ВАЛЮТАЛЫК КРИЗИС – валюталык чөйрөдө валютанын курсунун кескин өзгөрүүлөрү болуп, өлкөнүн валюта резерви жакырланып, валюталык базарларда өтө кыйын жагдайдын туулушу.

ВАЛЮТНЫЙ КУРС – ВАЛЮТА КУРСУ – алмашуудагы эки *валютанын* нарктык катышы; бир өлкөнүн акча бирдигинин башка өлкөнүн акча бирдиги менен туюнтулган баасы. Бул валюта курсу борбордук (улуттук) *эмиссиялык банк* (банк операцияларын ишке ашыруу укугун пайдалануу менен бирге эле банк билеттерин чыгаруу укугуна дагы ээ болгон банк) же кандайдыр бир башка мамлекеттик валюталык орган тарабынан белгиленип коюлуучу расмий, ошондой эле *сурам* жана *сунуштун* катыштарына байланыштуу банктардын ортосундагы, валюта базарларындагы (биржалардагы) операцияларда түзүлгөн эркин базардык

болушу ыктымал. Кез келген баалар сыяктуу эле валюта курсу бул же тигил валютага сурамдын жана сунуштун өзгөрүү күчүнө жараша өзүнүн нарктык нугунан четтейт. *Төлөм балансының* абалы муну аныктоочу болуп саналат. Акыры келип чыгуучу шайкешсиздикти базар мамилелеринин механизми жөнгө салууга аракет жасайт. Бирок алар эл аралык экономикалык нуктагы алмашуунун динамикасына, багытына жана структурасына олуттуу таасирин тийгизет жана эң оболу финансылык байланыш жаатында өз кезегинде айрым тармактардын жана өндүрүштүн өнүгүшүнө, экономикалык өсүү темпине таасир этүү менен олуттуу өзгөрүү жасайт. Чет өлкөлүк акчага сурам жана сунуштун негизинде белгиленүүчү жана каалагандай эркин көтөрүлүп же төмөн түшүүчү валюта курсу **ийкемдүү** валюта курсу деп аталат. Ийкемдүү валюта курсунун тутумундагы валюта базарынын тажрыйбасында сатуучунуку бир кыйла жогорку, ал эми сатып алуучунуку тескерисинче төмөнкү курс болот. Эки валюта курсунун ортосундагы айырма адатта валюта операцияларын ишке ашыруучу банктардын жана ишкерлердин кирешесин калыптандырат. **Атайын белгиленген** валюта курсу валюталык өз ара катыштарда белгилүү бир мыйзам тартибинде негизделген улуттук валюталардын ортосунда (ар кандай өлкөлөрдүн акча бирдиктери менен) официалдуу белгиленген катыш болуп эсептелет. Анын колдонулушу, эреже катарында, эл аралык валюта фондусунун, ошондой эле эл аралык финансы институттарынын иш-аракеттери менен байланыштуу болот. Ошондуктан булардын алкагында өлкөлөрдүн валюта-паритет мүчөлөрүнүн макулдашуусу каралат (бул атайын эсепке жазуу жолу менен накта жүргүзүлүүчү эл аралык эсептөөлөр үчүн жана эсептөө бирдиги катары пайдаланылат). Алмаштырылуучу валюталар күндөлүк иш-аракеттеги баалардa туюнтулуп, өлкөдөгү инфляциянын же баанын деңгээлин, кимдин валютасы алмашыларын эсепке албай турган валюта курсу **номиналдык валюталык курс** деп аталат; ал эми өлкөлөрдө базалык жыл боюнча баалардын деңгээлиндеги өзгөрүүлөрдү, кимдин валютасы алмашыларын эсепке алуучу валюта курсу **реалдуу валюта курсу** болуп эсептелинет. *Кара: **Курс ценных бумаг – баалуу кагаздар курсу.***

ВАЛЮТНЫЙ КУРС СОМА – СОМДУН ВАЛЮТАЛЫК КУРСУ. Башка өлкөлөрдүн акча бирдигине карата аныкталган сомдун баасы. Мисалы, 2002-жылдын апрелинде АКШнын 1 доллары биздин 47 сом 80 тыйынга, ал эми 1997-жылдын сентябрында 17 сом 30 тыйынга барабар келгендигин белгилей кетүү жетиштүү болот.

ВАЛЮТНЫЙ РЫНОК – ВАЛЮТАЛЫК БАЗАР. Ар өлкөнүн аймагындагы валюта менен жүргүзүлгөн операциялар.

ВАЛЮТНЫЙ СЧЁТ – ВАЛЮТАЛЫК ЭСЕП. Жеке же юридикалык жактардын, мамлекеттик мекемелердин, чет өлкөлүк валютада болгон банк эсеби. Ушундай эсептер аркылуу валютада эсептешүүлөр жүргүзүлөт.

ВАРРАНТ – ВАРРАНТ (англ. warrant – өкүлдүк, ишеним кат) – товар кампаларынын товарды сактоого кабылдангандыгы жөнүндөгү күбөлүк (сатуучунун кепилдиги); товарлар көрсөтүлүп коюлган кепилдикке (күрөөгө) *зайым* алуу (карызга акча алуу) укугун кепилдөөчү документ; бекитилген баа боюнча карыздардын *облигацияларын* же *акцияларын* сатып алуу укугун берүүчү *баалуу кагаздар* формасындагы облигациялык зайымдын шарты.

ВАУЧЕР – ВАУЧЕР (англ. voucher – тил кат, ырастоочу документ) – жазуу жүзүндөгү кепилдик (күбөлүк, кепил, сунуш); товарлардын төлөмдөрүн же тейлөө төлөмүн, кредит берүүнү, акча алууну күбөлөндүрүп, ырастоочу документ. Бул туристтик топтун жетекчисине берилген кабыл алуучу жак менен макулдашылган тейлөөлөрдү алууга укук берилген документ да болушу мүмкүн. Менчиктештирилген чекти да, мамлекет менчигинин тиешелүү бөлүгүн калкка менчиктештирүү үчүн арналган белгилүү номиналдык нарктагы баалуу кагазды да ваучер деп атайт.

ВЕКСЕЛЬ – ВЕКСЕЛЬ (нем. wechsel – алмашуу) – *баалуу кагаздардын* бир түрү. Формасы мыйзам тарабынан өтө так белгиленген акча милдеттенмеси. Шексиз жана талашсыз бересенин документи. Көрсөтүлгөн мөөнөттүн келгени боюнча вексель берген кишинин кредит алган (вексель кармаган) кишиге кат жүзүндөгү милдеттенме кагазы, убадасы. Кредиттик акчанын түрү. Товардык-акча катыштарынын жана банк системасынын өнүгүшү жана кыйла чиелениши менен вексель бересе тил кат формасынан азыр төлөм, эсептик жана кредиттик универсалдуу документке айланды. Вексель товарларга жана тейлөө ишине төлөөгө, кыска мөөнөттүк кредит берүүгө, мурда алынган белгилүү сумманы кайырууга жарактуу болуп саналат. Вексель боюнча төлөө мөөнөтү келгенде бересе адам аны өзүнүн банктагы эсебинен төлөйт.

ВЕКСЕЛЬ КАЗНАЧЕЙСКИЙ – КАЗЫНАЛЫК ВЕКСЕЛЬ – *1)* өзүнүн чыгымдарын жабуу үчүн мамлекет тарабынан чыгарылуучу *вексель*. *2)* АКШда – кыска мөөнөттүү милдеттенме, ал жума сайын 91 күн жана 182 күн мөөнөткө атаандаштык соодалар аркылуу казына тарабынан таратылат.

ВЕКСЕЛЬНЫЙ АРБИТРАЖ – ВЕКСЕЛДИК АРБИТРАЖ. Курстук айырманы алуу максатында валюта аркылуу векселдерди алып-сатуу боюнча операциялар. Которулма векселдер менен арбитраждык операциялар алардын курстары түрдүү базарларда бирдей эмес кезде жүргүзүлөт. Эгерде, мисалы, евро менен берилген векселдердин курсу Нью-Йоркто Лондондогуга караганда жогору болуп турса векселдик арбитраж евро менен векселдерди сатып алууда Лондондо *фунт стерлингдерге* түзүлөт да, ал векселди Нью-Йоркто долларга сатуу боюнча макулдашылат.

ВЕНЧУР – ВЕНЧУР (англ. venture – тобокелденген ишкана) – өндүрүштө жаңы технологияны колдонууга, продукциялардын жаңы түрлөрүн киргизүүгө, өздөштүрүүгө жана түзүүгө адистештирилген анчалык чоң эмес коммерциялык илимий-техникалык уюм. Эң башкысы ал үчүн *жаңылыктарды* учурунда пайдалануу мүнөздүү болуп саналат. Көп жагынан үмүт кылынган, бирок, ошол эле учурда тобокелдик долбоорлорду ишке ашырууга, жабдууларды тез жаңыртып турууга жана чыгарылган продукцияны ыкчам алмаштырып турууга негизделет. Мындай кылдаттыкты талап кылуучу иштердин ордосу илимий-конструктордук лаборатория болуп эсептелет. Буларда кызматкерлер анчалык көп эмес. Венчур уюмунун *корпорация, өнөктүк* жана *жеке компаниялар* сыяктуу үч түрү болушу мүмкүн.

ВЕТО – ВЕТО (лат. veto – тыюу салуу) – кандайдыр бир чечимге кол коюу укугу берилген органда же адамдар тарабынан, ошол чечимдердин аткарылышына оозеки же жазуу жүзүндө тыюу салуусу.

ВЗАИМНЫЕ РАСЧЁТЫ – ӨЗ АРА ЭСЕПТЕШҮҮЛӨР – ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын ж.б.) ич ара жүргүзүлүүчү накта акчасыз эсептешүүлөрүнүн формасы (эгерде алардын өз ара төлөм-талап кагаздары болсо). Убакыт боюнча дал келүүчү өз ара талаптарды эске алууну алдын ала карайт.

ВЗАИМОДОПОЛНЯЮЩИЕ ТОВАРЫ – БИРИН-БИРИ ТОЛУКТООЧУ ТОВАРЛАР – тиешелүү товарлардын ичинен бирин колдонуу үчүн аны толуктоочу башка товарды дагы бир учурда пайдалануу талап кылышы. Мисалы, тиш щёткаларды пайдалануу үчүн паста алууга туура келет, ал эми тиш щёткаларды таза сактоого анын кутусу керектелиши мүмкүн. Товарлардын бирөөнө сурам өзгөрүлгөндө, башкасына болгон сурам да өзгөрүлүп турат. Бири-бирин толуктоочу товарлардын түрлөрүнүн жыйындысынын туруктуулугун калыптандыруу түздөн-түз жана шайкеш ийкемдүүлүк коэффициенти менен аныкталат. Товарлар керектелүүсү боюнча бири-бири менен тыгыз байланыштуу жана өз алдынча керектелүүчү болуп айырмаланышат.

ВЗАИМОЗАМЕНЯЮЩИЕ ТОВАРЫ – БИРИН-БИРИ АЛМАШТЫРУУЧУ ТОВАРЛАР – бир түркөй максатка керектелүүчү түрдүү товарлардын жыйындысы. Мында керектөөчүлөр үчүн тигил же бул товарлардын ортосундагы айырмачылык анчалык деле олуттуу маанига ээ болбойт.

ВКЛАДЫ – САЛЫМДАР – сактоо үчүн калктын, ишканалардын, уюмдардын кредиттик мекемелерге белгилүү бир пайыз менен салынган *баалуу кагаздары* жана акча каражаттары.

ВКЛАДЫ ДО ВОСТРЕБОВАНИЯ – ТАЛАП КЫЛГАНГА ЧЕЙИН САКТАЛУУЧУ САЛЫМДАР – банктарга, сактык кассаларга ж.б. кредиттик мекемелерге сактал-ыш мөөнөтүн көрсөтпөстөн салынган салымдар.

ВКЛАДЫ НА ПРЕДЪЯВИТЕЛЯ – КӨРСӨТҮП АЛМА САЛЫМДАР. Мында сактам кассаларына же башка кредиттик мекемелерге салынган акчалар көрсөтүүчүгө берилет деген документти ким тийиштүү жазуу менен толтуруп келсе, ал ошого берилет жана салым ээси катары эсептелет.

ВЛАДЕЛЕЦ АНАЛОГА СОБСТВЕННОРУЧНОЙ ПОДПИСИ – ӨЗДҮК КОЛ ТАМГА АНАЛОГУНУН ЭЭСИ – Электрондук цифралык кол тамга менен счётто турган акча каражаттарын тескөө боюнча өз укугун тастыктай алган жеке же юридикалык жак.

ВЛАДЕЛЕЦ ИНФОРМАЦИИ – МААЛЫМАТ ЭЭСИ – Маалымат системасына киргизилген маалыматтарды берүүгө жана аны пайдалануга укукту аныктаган инсан.

ВЛАДЕЛЕЦ СЧЁТА – СЧЁТТУН ЭЭСИ; ЭСЕП-ЧОТТУН ЭЭСИ – Эмитент менен келишим түзгөн жана ага ылайык *транзакциялар* жүргүзүлгөн шартта, карт-счёттогу өзүнүн акча каражаттарын тескей алган жеке же юридикалык жак. Карт-счёттон пайдалануу бир же бир нече карттарды колдонуу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

ВМЕНЕННЫЕ ИЗДЕРЖКИ – МИЛДЕТТЕНДИРИЛГЕН ЧЫГЫМДАР – зарыл ресурстарды алууга жана пайдалануга жумшалган чыгымдар ж.б. Ишкердик иш-аракеттерди иш жүзүнө ашырууга байланыштуу ишкердин өзүнүн сарптаган ички чыгымдары. Алар түшкөн пайданын бир бөлүгүн түзөт. Ал пайданы өзүнүн жеке чыгымдарын жабуу эсебинен ишкер өзү алышы мүмкүн. *Кара. Альтернативная стоимость – Альтернативдүү нарк.*

ВНЕОБОРОТНЫЕ АКТИВЫ – ЖҮГҮРТҮҮДӨН (АЙЛАНЫМДАН) ТЫШКАРЫ АКТИВДЕР – фирмалардын чарбачылык жүгүртүүдөн чыгарылган менчиктүү каражаттары. Бирок, булар бугалтердик баланстын эсебинде кала берет. Жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге: фирманын филиалдарына жана бөлүмчөлөрүнө өткөрүлүп берилген четтеген каражаттар, айланым каражаттарынын күндөлүк алынып коюлгандары, негизги каражаттар кирет.

ВОЗРАСТАНИЕ СТОИМОСТИ – НАРКТЫН ӨСҮШҮ. Өндүрүш процессинде нарктын кошумча нарк аркылуу өсүшү.

ВОССТАНОВИТЕЛЬНАЯ СТОИМОСТЬ – КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮЧҮ НАРК – тигил же бул объектинин натыйжалуулугун калыбына келтирүү үчүн зарыл болгон чыгымдардын көлөмү.

ВСТРЕЧНЫЕ ВЕКСЕЛЯ – ЫЙГАРМА ВЕКСЕЛДЕР – мында эки адам өз ара бири кредитор катары, экинчиси зайым алуучу (карыздар) катары бири-бирине вексель ыйгарып иш алып барат.

ВСТРЕЧНЫЕ ТРЕБОВАНИЯ – ТОСМО, УТУРЛАМА ТАЛАПТАР – карызкордун кредитчиге коюлган талабы. Мында алардын ортосундагы милдеттенмелерди чечүү боюнча коюлган бир талап, башкасы менен алмаштыруунун натыйжасында болуучу төлөмдөрдү, ошондой эле өлчөмдө чегерүү жолу менен чечилүүчү талаптар белгиленет.

ВТОРИЧНАЯ УСЛУГА – КОШУМЧА ТЕЙЛӨӨ – тейлөө тармагынын олуттуу бир бөлүгү. Базар мамилелеринин шартында экономиканын өнүгүшүнө тиешелүү өлчөмдө таасирин тийгизип турат.

ВЫИГРЫШНЫЕ ЗАЙМЫ – УТУШ ЗАЙЫМДАР. Бүт кирешеси же анын бир бөлүгү утуш катары төлөнүүчү зайымдар. Утуштун саны жана өлчөмү зайымдын белгиленген шарттарында толук каралат.

ВЫКУП ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫ САТЫП АЛУУ. Бул сатып алуу-сатуу түрүндө ишке ашырылуучу менчиктештирүүнүн формаларынын бири болуп саналат, тагыраак айтканда жалпы менчик менен жеке менчик ээсинин формаларынын алмашуусун камтыйт. Мамлекеттен эмгек жамаатынын же жеке адамдардын сатып алышы – ишканаңы сатып алуунун кеңири таралган түрүнө кирет. Мындай көрүнүш АКШ, Англия, Франция сыяктуу экономикасы дурус өнүккөн өлкөлөрдө, кийин Россия, Казакстан, Кыргызстан ж.б. мамлекеттерде кеңири таралды. Айрыкча АКШнын бул маселе боюнча тажрыйбасы өтө маанилүү. Буларда өндүрүш акцияларына ишканада иштеген жумушчулардын ээ болуу формасында жүргүзүлөт. Ал эми негизги капиталды сатып алууга банк кредитин кеңири пайдаланат да, акциялар убактылуу ишкананын карамагында калып, жумушчулардын жеке эсебине берилбейт. Бирок кредитти өтөгөнгө жараша акциялар жеке адамдын менчигине келип түшө баштайт. Ишканаңы сатып алуунун наркы базардык баа боюнча аныкталып коюлат. Капиталды баалаганда эрежеге ылайык төмөндөгүдөй факторлор эске алынат: тийиштүү өндүрүш тармактарынын экономикалык ээлеген орду, ишкананын кирешени көбөйтүү жана дивиденддерге төлөп берүү жөндөмдүүлүгү; ишкананын капиталынын базардык баасы. Бул төмөндөгүдөй эки формада жүргүзүлөт: мүлккө алдын ала баа коюп түздөн-түз сатып алуу (белгилүү мөөнөткө кредит алуу ж.б.) жана ижарага берүү (кийин эмгек жамааты сатып алышы мүмкүн). Сатуу *конкурстук, аукциондук* ж.б.

формада болушу мүмкүн. Ал эми объектинин белгиленген баасы мамлекеттик *салык* төлөнгөндөн кийин сатып алуу-сатуу актысы түзүлөт. Конкурс боюнча мамлекеттик мүлктү сатуу базардык баа аркылуу ишке ашырылат. Аукциондук сатууда инвентаризациялоо комиссиясы белгилеген баа баштапкысы катары пайдаланылат. Ишкананы сатып алууну камсыз кылуучу кредиторлор *коммерциялык банк* болуп саналат. Объектинин ишаракетинин натыйжалуулугу жана өзүн актай алуу төлөмү кредит берүү үчүн негиз болуп берет. Мына ушулар боюнча адатта кредит берүү мөөнөтү жана жылына төлөнүүчү карыз төлөмү белгиленет. Ишкананы сатып алган эмгек жамааты анын ээси катары продукция өндүрүүчү негизги жана айланым фондуларынын баарысы аларга тийиштүү болот. Мүлктүн толук укуктуу ээси болуу менен эмгек жамааты продукцияларды өндүрүү жана сатуу боюнча бардык маселелерди өз алдынча чечет. Ушундай жагдайда эмгек жамаатынын натыйжалуу иштөөсү жана пайда түшүрүүгө кызыкчылыгы кескин түрдө артылып, ошол эле учурда өндүрүштү билгичтикте уюштуруу, сапаттуу товар чыгаруу боюнча жоопкерчилиги кыйла күч алат.

ВЫПУСКНОЙ КУРС ОБЛИГАЦИИ – ОБЛИГАЦИЯНЫН ЧЫГАРЫЛЫШ КУРСУ. Биринчи сатып алуучуларга *эмитент* аркылуу (аларды чыгарган мамлекет же акционердик коом) сатылган облигациянын баасы. Бул көп учурда облигациянын номиналдык наркынан төмөн болуп калат. Экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө облигациялык зайымдар, адатта, эмитенттен чоң суммага сатып алуучу жана аларды акча базарлары акырындап сатуучу ири банктар жана банктык *консорциумдар* тарабынан жайгаштырылат. *Эмитент* зайымдын жайгаштырылышына умтулуу аркылуу, облигацияларды банктарга өз баасынан арзанираак сатат жана банктар облигациянын чыгарылышы менен базар курсунун айырмасынын өлчөмүндө утуш алып турат.

ВЫРАБОТКА – ӨНДҮРҮП ЧЫГАРУУ – орто эсеп менен алганда бир кызматкерге же жумушчуга эсептелген белгилүү убакыт ичинде иштелип чыгарылган продукциянын саны (өлчөмү) менен аныкталуучу *эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн көрсөткүчү*. Иштелген эмгек продукциянын көлөмүн эсептеген өлчөм бирдиги менен эле эсептелинет: эгерде продукция бир түрдүү болсо (көмүр, жыгач, электр энергиясы ж.б.) – натуралай бирдикте; ар кошкон болсо салыштырмалуу эмгек боюнча же нарк бирдиктеринде эсептелинет. *Кара. Методы измерения производительности труда – эмгек өндүрүмдүүлүгүн өлчөө методдору.*

ВЫРУЧКА – ТҮШКӨН АКЧА – ишкананын, фирманын, ишкердин товарларды сатуудан жана тейлөөдөн алган жана сатуудан келип түшкөн акча каражаттары.

ВЫРУЧКА ОТ РЕАЛИЗАЦИИ – САТУУДАН ТҮШКӨН АКЧА – көрсөтүлгөн тейлөөлөр, аткарылган иштер, продукцияларды сатуудан алынган акча каражаттары. Бул ишкананын өндүрүп чыгарууга кеткен чыгымдарынын ордун (сарпталган чийки заттардын наркын, материалдарды, отунду, энергияны, амортизацияны ж.б.) толтурууга жана эмгек акыны төлөөгө, бюджеттик эсептөөлөрдү жүргүзүүгө, акча топтоону калыптандырууга жардам берет. Ишкананын эсебине акчанын өз убагында түшүп турушу керектөөчүлөрдүн (сатып алуучулардын) финансылык абалына, келишимдик жана төлөм иш чаралардын так сакталып аткарылышына тыгыз байланыштуу болот.

ВЫЧЕТ – ЭСЕПТЕП ЧЫГАРУУ – бериле турган акчанын эсебинен чыгарылган же кармалган сумма.

Г

ГАВАНИ, НАЛОГОВЫЕ – САЛЫК ГАВАНИ – өзүнүн аймагында салык жана башка женилдиктерди берип, чет мамлекеттерден ссудалык капиталдарды тартуу саясатын жүргүзүүчү кичине мамлекет, аралдык аймактар.

ГАРАНТ – ГАРАНТ (фр. garant – кепил адам) – бир нерсеге кепил болуучу, кепилдикке алуучу инсан, мамлекет жана анын органдары, мекеме, ишкана, фирмалар. *Кара. Гарантия.*

ГАРАНТИЙНОЕ ОБЯЗАТЕЛЬСТВО – ГАРАНТИЯЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕ. *1)* белгилүү бир милдеттенмелердин аткарылышын гарантиялаган жазуу жүзүндө инсанга берилүүчү күбөлүк. Мисалы, бир инсандын экинчи инсанга берген гарантиялык катында ал өзүнө экинчи инсан жиберген товарды белгилүү мөөнөттө жана белгилүү суммада төлөө милдетин мойнуна алат. Гарантиялык милдеттенмени үчүнчү инсан да бере алат. Алсак, үчүнчү инсан экинчи инсанга, биринчи инсан экинчи инсандан карызга алган акчаны мөөнөтүндө кайтарып берет деген мазмундагы гарантиялык милдеттенмени бериши мүмкүн. Эгерде биринчи инсан экинчи инсанга акчасын кайтарып бербесе, анда биринчи инсан үчүн кепил болгон инсан – үчүнчү инсан карызды кайтарып берүүгө милдеттүү. *2)* Сатып алуу-сатуу, жеткирип-тапшыруу контракты жөнүндөгү келишимдин шарттарына жеткирилүүчү, сатылуучу товардын сапатынын ылайык келгендигин күбөлөн-

дүрүүчү (ырастоочу) документ. Гарантиялык милдеттенме машиналардын, жабдуулардын өзүлөрүнө тийиштүү пайдалануу-ларда ишенимдүү иштешин гарантиялоого тузурумдалган (белгиленген). *3)* Банктар тарабынан клиенттерге белгилүү бир комиссиялык сыйлыктар үчүн берилүүчү гарантиянын бир формасы. Гарантиялык милдеттенме сатуучуга кредит берген жеткирип-тапшырып туруучуну банк камсыздандыра тургандыгын билгизет. Төлөй турган карызын кечиктирип же өткөрүп жиберген учурда банк өзү төлөөгө милдеттүү. Тапшыруучу же таап келүүчү сатып алуучунун кредит жөндөмдүүлүгүнө ишене албаса гарантиялык милдеттенме талап кылат. Аны берип жатып банк клиенттен баалуу кагаз түрүндө камсыз кылууну талап кылат. Гарантиялык милдеттенме, эреже катары, *гарантиялык кат* формасында берилет.

ГАРАНТИЙНОЕ ПИСЬМО – ГАРАНТИЯЛЫК КАТ. *Кара.* ***Гарантийное обязательство – гарантиялык милдеттенме.***

ГАРАНТИЙНЫЙ КАПИТАЛ – ГАРАНТИЯЛЫК КАПИТАЛ. Акционердик компаниялардын болгон чыгымдарын жабыш же *артыкчылыгы бар акциялар* боюнча гарантияланган *дивиденддди* төлөп берүү үчүн акционердик компаниялардын балансында бөлүнүүчү резерв. Гарантиялуу капитал *дуң пайданын* эсебинен түзүлөт да, көп учурда *акционердик компаниянын* кызыкчылыгына пайдаланылат.

ГАРАНТИЙНЫЙ КРЕДИТ – ГАРАНТИЯЛЫК КРЕДИТ. Кандайдыр бир өнөр жай жана соода ишканалары (ошондой эле айрым инсандар) тарабынан экинчисине банктардын же өкмөттүк органдардын кепилдиги менен берилүүчү айрым өлкөлөрдөгү *кредиттин* түрү. Гарантиялык кредит берип жатып банк алардан тийиштүү камсыз кылууларды талап кылат да, кепилдик суммасынан белгилүү бир пайызын комиссиялык сыйлык иретиндеги акчаны кармап калат. Кепилдик, эреже катары, банктын гарантиялык каты менен түзүлөт.

ГАРАНТИРОВАННЫЕ ЦЕННЫЕ БУМАГИ – ГАРАНТИЯЛАНГАН БААЛУУ КАГАЗДАР. Бул облигациялар боюнча пайыздар жана акциялардын дивиденддери сыяктуу кирешелердин төлөнүшүн дайыма гарантиялаган *акционердик коомдордун акциялары* жана *облигациялары* болуп саналат. Мамлекеттик гарантиялар жергиликтүү, ошондой эле гарантияланган баалуу кагаздары бар чет өлкөлүк кармоочуларды да камтыйт. Мунун өзү белгилүү бир өлкөгө тиешелүү капиталды тартууга көмөк берет. Айрым учурларда мамлекет, ошондой эле гарантияланган баалуу кагаздарды жайгаштырууну өзүнө алат. Ушунун баары аларды жайгаштыруусу боюнча мамлекеттик баалуу кагаздарга жакындатат. Эгерде акционердик коомдо таза пайда түшпөй калган

учурларда бюджеттик каражаттардын эсебинен гарантияланган баалуу кагаздарды кармоочуларга шартталган пайызды же дивидендди төлөп берет да, натыйжада ошол акционердик коом мамлекетке карыз болот.

ГАРАНТИЯ – ГАРАНТИЯ (фр. garantia – камсыз кылуу, кепилдик) – мыйзам же келишим менен алдын ала каралган милдеттенме; ошол милдеттенме боюнча *юридикалык* же *жеке* тарап кредиторлордун алдында кепил катары толук же жарым-жартылай жооп берет. Кабылданган милдеттенменин ишке ашырылышына белгилүү бир гарантия берүүчү жана байкоо жүргүзүп туруучу жеке инсан, уюм, мамлекет же алардын тобу гарант болуп эсептелет. Гарантия берген жак эреже катары материалдык жактан же башка жагынан жоопкерчиликтүү болот да, кокус зыян тартса, аны толуктайт.

ГЕНЕРАЛЬНЫЙ МЕНЕДЖЕР – ГЕНЕРАЛДЫК МЕНЕДЖЕР – компанияны (ишканаы, фирманы) *пландоо*, *уюштуруу*, көзөмөлдүк кылуу жана *башкарууга* байланыштуу милдеттерди жана анын экономикалык саясатын калыптандырууга, маселени убагында, так чечүүгө жооп берүүчү (анын директор болгондугуна болбогондугуна көз каранды эмес) *менеджер* (башкарма). Айрым учурда "генералдык менеджмент", "эң жогорку жетекчи" же "эң жогорку администрация" терминдери да қолдонулат. Булар президент, директор, директор-тескөөчү же башкы башкарма, ошондой эле жогорку кызматтагы адам, мисалы финансы директору сыяктуу түшүнүктү берет. Генералдык менеджердин аткарган иш-кызматы адатта компаниянын көлөмүнө, анын чечүүчү маселелеринин татаалдыгына, табылгасына, сырткы чөйрөнүн тийиштүү таасирине жараша өзгөрүлүп турат. Көпчүлүк компаниялар жана фирмалар үчүн жалпысынан алганда алардын аткарган ишинин түпкү теги бирдей болот. Анын уюштуруу иш-аракеттеринин негизги өзөгүнө төмөндөгүлөр кирет: ар адис, жумушчу өзүнө бекитилип берилген милдеттерин мыкты аткарып, так жооп бергидей, компаниянын иш-аракеттеринин стратегиясына ылайык ийкемдүү структураны калыптандыруу, уюштуруу; ишканалардын иш-аракеттерине жетекчилик кылууну, ар кызматкердин өз жумуштарын сапаттуу аткарууга демилге берүүнү, ишканаы башкарууну уюштуруу структурасынын бардык элементтеринин жумушту жакшы аткарышына тийиштүү көзөмөлдүктү камсыз кылууну башкаруу; бюджетти сактоону, кеңешмени, чогулушту үзгүлтүксүз өткөрүп турууну, мыкты байланыш системасын пайдалануу ж.б. ургаалдуу жүргүзүү менен уюмдун ар бир ишинин бир бүтүндүгүн камсыз кылууну координациялоо.

ГЛАВНЫЙ КЛИРИНГОВЫЙ ЦЕНТР – БАШКЫ КЛИРИНГ БОРБОРУ – Төлөм жүгүртүүлөрү жөнүндөгү маалыматтарды топтоо

жана иштеп чыгууну ишке ашырган жана эсептешүүлөрдүн клиринг дик системасынын катышуучуларынын таза позициясын аныктаган клиринг дик палатанын функционалдык бөлүмү.

ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕГИСТРАЦИЯ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЯ БЕЗ ОБРАЗОВАНИЯ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА – ЮРИДИКАЛЫК ЖАК БОЛУП ТҮЗҮЛБӨГӨН ИШКЕРДИ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО. *Юридикалык жак болуп түзүлбөгөн ишкерлердин* өз ишаракеттерин жүзөгө ашыруу үчүн аларды мамлекеттик каттоо китебине жазуу. Ишкер катарында катталуу үчүн жаран тийиштүү кеңештин аткаруу комитетине (жашап т,рган жери боюнча) төмөндөгүлөрдү тапшырууга милдеттүү: ишке ашыруу үчүн пландалып жаткан иш-аракеттердин түрлөрүн көрсөтүү менен жазуу жүзүндө арыз; квалификацияны ырастаган документтер (эгерде иш-аракеттер адамдардын тиричилик-турмушуна жана ден соолугуна же айлана чөйрөгө коркунуч туудура турган болсо); *лицензия* (эгерде ушул иш-аракеттин түрү лицензияланууга тийиштүү болсо); каттоо үчүн төлөмдүн төлөнгөндүгү үчүн квитанция. Эгерде каттоо кабыл алынбаса, ишкер кабыл алынбагандыгын негизсиз деп эсептесе, ошондой эле каттоо белгиленген мөөнөттө аткарылбаса, анда жаран сотко кайрылса болот. Мамлекеттик каттоодон кийин ишкерге тийиштүү күбөлүк берилет. Ошонун негизинде ал өзүнүн иштерин жүргүзөт. *Кара. Предпринимательство – ишкердик.*

ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕГИСТРАЦИЯ ПРЕДПРИЯТИЙ – ИШКАНАЛАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО – жаңы түзүлгөн ишканалардын мамлекеттик каттоо китебине жазылышы. Каттоону алардын жайгашкан жериндеги райондук, шаардык, шаарлардагы райондор эл депутаттарынын кеңештеринин аткаруу комитеттери (акимиаты) ишаракеттеги мыйзамга ылайык ишке ашырышат. Тийиштүү эсепти камсыз кылуу максатында ишканаларды жана уюмдарды каттоо үчүн мамлекеттик жалпы-бир каттагыч түзүлөт. Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык ишканалар, өзүнүн иштерин жүзөгө ашырып жаткан *юридикалык* жак болуп түзүлбөгөн ишкерлер, ишканалардын жана уюмдардын бирикмелери, биргелешкен-орток жана чет элдик ишканалар, чет элдик фирмалардын өкүлдүктөрү мамлекеттик катталуудан өтөт. Каттоодон өтпөгөн (катталбаган) субъекттердин ишаракеттерин жүргүзүүгө тыюу салынат, андан түшкөн кирешелер сот аркылуу өндүрүлүп алынат да, бюджетке жөнөтүлөт. Каттоо үчүн төлөм алынат. Каттоого төмөндөгүдөй документтер талап кылынат: арыз; *ишкананын уставы*; ишкананы түзүү жөнүндөгү чечим; тийиштүү мамлекеттик органдын, жер эзсинин, жерди пайдалануучунун жазуу жүзүндөгү макулдугу; ишкананын өзүндө кооперативди түзүү жөнүндө

ошол ишкананын жазуу жүзүндөгү макулдугу; каттоо үчүн төлөмдүн төлөнгөндүгүн күбөлөндүрүүчү документ. *Жоопкерчилиги чектелген коом* үчүн кошумча түрдө *уставдык фондуга* ар бир катышуучунун өзүнүн үлүштөрүн салгандыгын ырастаган (күбөлөндүргөн) документ тапшырылат. Чет элдик инвестициянын негизинде түзүлгөн ишканалар эл депутаттарынын жергиликтүү кеңешинин уруксаты менен катталып, өкмөттүн тышкы экономикалык байланыштар боюнча органдарында дагы эсепке алынат. Ишкананы түзүүнүн жалпы тартиби төмөндөгүдөй: жергиликтүү кеңештин аткаруу комитетине (акимиатына) документтер тапшырылат да, анда алар текшерилет, андан кийин анын отурумуна кароого киргизилет, ал жерде ишкананы мамлекеттик каттоо жөнүндө биротоло бүткөрүлгөн чечими кабыл алынат; уюмдаштыруучуга уставдын дааналырына катталгандыгы жөнүндө мөөр басылган уюмдаштыруучулук документ жана аткаруу комитетинин отурумунун токтомунун көчүрмөсү берилет. Катталган ишкана ооандык (райондук) салык инспекциясында каттоодо турат; ишкана банк мекемесинде *эсептешүү эсеп-чотун* ачат; мөөр даярдалат.

ГОСУДАРСТВЕННОЕ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО – МАМЛЕКЕТТИК ИШКЕРДИК – улуттук экономиканы өнүктүрүү үчүн зарыл болгон товарларды өндүрүүчү жана тейлөөлөрдү көрсөтүүчү мамлекеттик ишканалардын иш-аракеттеринин жыйындысы.

ГОСУДАРСТВЕННОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ РЫНКА – БАЗАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛЫП ТУРУУ – субъектилердин базарда чарбакерчилик иштеринин жүрүшүн мамлекеттин жөнгө салып туруусу. Салык, бюджет, структуралык-инвестициялык, валюталык-финансылык, илимий-техникалык саясат аркылуу жеке менчиктин бардык формаларындагы коомдук өндүрүштүн келечекте өнүгүшүнө таасирин тийгизиши, эл аралык беделди жана тышкы-экономикалык байланыштарды бекемдөө максатында ишке ашырылат.

ГОСУДАРСТВЕННОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ ЭКОНОМИКИ – ЭКОНОМИКАНЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ. Мамлекеттин иш-аракеттеринде маселелерди максатка ылайык коюуну, тагыраак айтканда натыйжалуу принциптерин, коомдун социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн туруктуулугун ишке ашырууну туюнтат. Бул принциптерди ишке ашыруу дайыма өзгөрүлүп, жаңыланып туруучу технологиялык негизде товарлардын жана тейлөөлөрдүн улам көбөйүүчү санын өндүрүүгө шарт түзүүнү көздөйт. Чектелген өндүрүштүк (экономикалык) ресурстарды иштетүүдө чыгымдарды кыйла азайтуу дүйнөлүк базарда өз позицияларын бекемдөө, каалагандардын бардыгына жана ишке жарактууларга жумушчу орундарын түзүүгө умтулат. Экономи-

каны мамлекеттик жөнгө салууда базар механизми маанилүү орунду ээлейт. Базар мамилелери экономиканы олуттуу жогорулатып, бирок бир кыйла төмөндөп кетүүлөр күчөп, кризистердин болушу күтүлөт да, тиешелүү өлкө же регионду бир топ артка сүрүп жибериши мүмкүн. Ошондуктан, мамлекет базар мамилелерин божомолдоо жана программалоо механизмин иштеп чыкканга аракет жасоосу табигый көрүнүш. Себеби базардагы олку-солкулуктар экономиканы начарлатып жиберүүчү нукка алып келбеши керек. Экономиканы мамлекет жөнгө салып турууда анын аткарган функцияларынын өтө олуттуу мааниси бар. Алардын олуттууларына төмөнкүлөр кирет: экономиканын укуктук негиздерин иштеп чыгуу жана бекитүү; макроэкономикалык өнүгүүнүн приоритеттерин аныктоо, б.а. бүгүнкү күндө улуттун кызыкчылыгы үчүн эмне маанилүү; кайсыл жана канча ресурстарды талап кылат, алар канчалык убакытта натыйжасын берет; жасалган иш-аракеттер кандай нуктагы социалдык, экологиялык, дүйнөлүк чарбалык натыйжаларды бериши мүмкүн. Макроэкономикалык милдеттерди аныктоо мамлекеттин негизги максаты болуп саналат. Базар мамилелери ишканалардын жана фирмалардын иш-аракеттерин жөнгө салып, ал эми мамлекет болсо, анын өзүнүн мыйзамдарына таянып, базардын функцияланышын жөнгө салат. Бул болсо, мамлекеттин ишканалардын жана базардын иш-аракеттерине минимум кийлигишүүсүн билдирет. Анткени, мамлекет ыксыз терс көрүнүштөр белгиленген максаттардан олуттуу четтеген учурларда кийлигишет. Мындай кийлигишүү мамлекеттик жөнгө салуу механизми аркылуу гана ишке ашат. Бул мамлекеттик жөнгө салуу механизми мамлекеттин артыкчылыгына гана эмес, ошону менен бирге ишкана жана фирмалардын кызыкчылыктарына да жооп бериш керек. *Кара. **Основные инструменты государственного регулирования** – **мамлекеттик жөнгө салуунун негизги инструменттери**.*

ГОСУДАРСТВЕННЫЕ НАЛОГОВЫЕ ИНСПЕКЦИИ – МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК ИНСПЕКЦИЯСЫ – бюджетке салык ж.б. милдеттүү төлөмдөрдү жыйноо, бул төлөмдөрдүн тууралыгына жана салык мыйзамын сактоону көзөмөлдөө боюнча милдеттер жүктөлгөн уюм. Бул базар экономикасына өтүү, ишканалардын, уюмдардын жана жарандардын чарбалык өз алдынчалыгынын кеңейтилиши кирешелердин жана түшкөн пайдалардын калыптанышына, ошондой эле мамлекеттин кирешеси боюнча салыктарды ж.б. милдеттүү түрдөгү төлөмдөрдүн өз убагында эсептелип, туура төлөнүштөрүн мамлекеттик так көзөмөлдөө зарылчылыгынан келип чыккан. Мамлекеттик салык инспекциясы бардык ишканаларда жана уюмдарда алардын менчик жана баш ийүү формаларына карабастан, бардык жарандардын бугалтердик китепчелерин, эсеп-кысаптарын (отчёторун), пландарын, сметаларын жана салык эсептөөлөрүнө, төлөмдөрүнө байланыштуу бардык документтерди текшерүүгө, текшерүү убагында келип чыккан маселелер боюнча зарыл түшүнүктөрдү, маалымдамаларды, маалыматтарды алууга толук укуктуу. Алар банктарда ж.б. финансылык-кредиттик мекемелерде эсепкысап боюнча операцияларды токтотуп коё алат (эгерде алар бюджетке төлөнүүчү төлөмдөргө жана эсептелгенге байланыштуу материалдарды, документтерди бербеген болсо). Мындан сырткары финансылык санкцияларды колдонууга дагы укугу бар.

ГОСУДАРСТВЕННЫЕ ФИНАНСЫ – МАМЛЕКЕТТИК ФИНАНСЫ – мамлекеттик ишканалардын жалпы мамлекеттик, акимдик башкаруу бирдигин түзүү жана пайдалануу боюнча финансылык мамилелердин жыйындысы. Жалпы мамлекеттик финансыга төмөндөгүлөр кирет: *мамлекеттик бюджет, пенсиялык фонд,* социалдык жана медициналык камсыздандыруу фондулары, бюджеттен сырткаркы ар түрдүү фондулар ж.б. Мамлекеттик финансынын көпчүлүк бөлүгү салыктардын эсебинен түзүлөт да, ал улуттук кирешенин олуттуу бөлүгү катары кайрадан бөлүштүрүлүп турат. Бул жыл сайын кабыл алынуучу бюджет жөнүндө мыйзам, колдонуудагы башка мыйзамдар жана аткаруу бийлигинин мыйзамга негизделген актылары менен жөнгө салынат.

ГОСУДАРСТВЕННЫЕ ЦЕННЫЕ БУМАГИ – МАМЛЕКЕТТИК БААЛУУ КАГАЗДАР – зайымдарды жайгаштыруу жана акча ресурстарын жыйноо максатында өкмөт, бийликтин жергиликтүү органдары жана мамлекеттик ишканалар тарабынан чыгарылуучу *облигациялар, казыналык векселдер* жана башка мамлекеттик милдеттенмелер.

ГОСУДАРСТВЕННЫЙ БЮДЖЕТ – МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТ – мамлекеттик кирешелерди түзүү булактарын жана каражаттарды чыгымдоо каналдарынын багыттарын көрсөтүү менен түзүлгөн мамлекеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын белгилүү мезгилге, көбүнчө бир жылдык сметасы. Муну өкмөт түзүп, жогорку мыйзам чыгаруу органы тарабынан бекитилет жана кабыл алынат.

ГРАНТ – ГРАНТ (англ. grant – сый акты, макул болуу, уруксат берүү) – укук берүү жөнүндөгү документ; *дотация, субсидия.* Бул чет элдик кайрымдуулук уюмдарынын юридикалык же жеке жакка акчалай же натуралай түрүндө, илимий ж.б. изилдөөлөрдү, тажрыйбалык-конструктордук иштерди аткарууга, окутуу, дарылоо ж.б. төлөөсүз бекер берген максаттуу каражаттар. Мындай иштердин аткарылышы боюнча милдеттүү түрдө ар бирине өз алдынча тиешелүү эсеп берилет. Эсептин биринчи бөлүгүндө жасалган иштин жалпы жыйынтыгы, кийинки бөлүгүндө бөлүнгөн акча каражатынын жумшалышы боюнча

финансылык материалдары камтылат. Кыргызстанда азыр грантка байланыштуу бир топ иштер аткарылып жатат. Бир катар белдүү чет өлкөлүк мекемелер жигердүү иш алып барууда. Мисалы, ушул китеп Эл аралык "Евразия" фондусунун каражатына басылып чыгарылды.

ГРОССОВАЯ СИСТЕМА РАСЧЕТОВ – ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮН ГРОССТУК СИСТЕМАСЫ – Катышуучулардын ортосундагы эсептешүүлөр системанын эрежелерине жана жол-жоболоруна ылайык, ар бир төлөө документи боюнча өз алдынча жүргүзүлгөн жана алардын Улуттук банкта ачылган счётторунда түздөн-түз чагылдырылган система.

ГРОССОВАЯ СИСТЕМА РАСЧЕТОВ В РЕЖИМЕ РЕАЛЬНОГО ВРЕМЕНИ – РЕАЛДУУ УБАКЫТ ЫРГАГЫНДАГЫ ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮН ГРОССТУК СИСТЕМАСЫ – Эсептешүүлөрдүн автоматташтырылган гросстук системасы, анда төлөм документтерин иштеп чыгуу жана эсептешүүлөр реалдуу убакыт режиминде (үзгүлтүксүз шартта) ишке ашырылат.

ГУДВИЛЛ – ГУДВИЛЛ – компаниянын бүтүндөй сатууда (сатып алууда) эсепке алынуучу материалдык эмес активи; өзүнчө каралуучу компаниянын жыйынды активдеринин базар наркынын бааланышынан жеке базар баасынын өлчөмүнөн ушул эле активдердин ашып кетиши; компаниянын ыңгайлуу жерде орун алышы жана анын репутациясы, карым-катнашы үчүн төлөнүүчү баа; муну көбүнчө активдердин рентабелдүүлүгүнүн максималдуу потенциалы менен тыгыз байланыштырат; кырк жылдан ашпай турган мөөнөт ичинде амортизация кылынат.

Д

ДАВАЛЬЧЕСКИЙ ПРОДУКТ, ДАВАЛЬЧЕСКОЕ СЫРЬЁ – ИШТЕЛИП АЛМА ПРОДУКТУ, ИШТЕЛИП АЛМА ЧИЙКИ ЗАТ – продукциянын заказ берүүчүсү даяр продукцияга кайра иштетип даярдоо максатында даярдоочуга бере турган баштапкы, чийки зат түрүндөгү өз продуктусу; төлөм акысын мында заказчы төлөйт. Алсак, тегирменде ун салдыруу ишинин жүрүшү буга толук мисал болуп берет.

ДАВЛЕНИЕ НА КОНКУРЕНТА – АТААНДАШКА КЫСЫМ КӨРСӨТҮҮ – атаандашты базардан сүрүп чыгарууну же анын базар алкагындагы ээлеп турган сегментине кысым көрсөтүүнү көздөгөн мамлекеттин же бир фирманын (мүмкүн бир нече) иш чараларынын, аракетинин

жыйындысы. Атаандашка кысым көрсөтүүнүн базар экономикасынын шартында ар кандай жолдору бар. Бирок, мунун түбү барып эле товарынын сапатына келип такалат.

ДАВЛЕНИЕ НА КУРС ВАЛЮТЫ – ВАЛЮТАНЫН КУРСУНА КЫСЫМ КӨРСӨТҮҮ – олуттуу факторлордун, мисалы, борбордук (улуттук) банктын саясатынын валюталык курстун өйдө-төмөн болуп турушуна көрсөткөн таасири.

ДАВНОСТЬ ПРИОБРЕТАТЕЛЬНАЯ – ЭЭ БОЛУУНУН УЗАКТУУЛУГУ – узакка чейин мүлккө (адатта кыймылсыз мүлккө) ээлик кылуучулук. Мунун түбү келип белгилүү шарттардан улам мүлккө менчик укугун алууга негиз болуп берет.

ДАМНИФИКАЦИЯ – ДАМНИФИКАЦИЯ (лат. damnum – зыян тартуу жана facere – жасоо) – чыгашага учурап зыян тартып калуу.

"ДАУН-ТИК", МИНУС-ТИК – "ДАУН-ТИК", МИНУС-ТИК – баасы боюнча мурдагы бүтүмдөрдөн төмөн болгон бүтүмдөрдү белгилөө үчүн пайдаланылуучу термин.

ДВИЖЕНИЕ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ – АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖҮГҮРТҮЛҮШҮ – жеке жана юридикалык жактардын эсебиндеги акча каражаттарынын суммаларынын өзгөрүшү, акчанын колдон колго өтүшү.

ДВИЖИМОСТЬ – КЫЙМЫЛДУУ МҮЛК – мүлктүк баалуулуктардын бир түрү (буга карама-каршысы *кыймылсыз мүлк*). Буларга негизинен кыймылдуу, жылыштырууга мүмкүн болуучу буюмдар же өзүлөрү жылууга жөндөмдүүлөр (транспорт, мал) акча каражаттары, *баалуу кагаздар* кирет. Булардын жылышуулары алардын касиеттерине олуттуу өзгөрүүнү туудурбайт да, экономикалык процесстин жылышына түртүү берип турат.

ДВОЙНАЯ БУХГАЛТЕРСКАЯ ЗАПИСЬ – БУГАЛТЕРДИК КОШ ЖАЗУУ – *бугалтердик эсепти* жүргүзүүнүн кеңири колдонулуучу ыкмасы. Анын түпкү маңызы ар бир чарбалык, финансылык операциялар жөнүндө кош жазуу жасала тургандыгында болуп эсептелет. Тиешелүү эсеп-кысап операциялары ошол эле бирдей суммада бир эсептин *дебетинде* жана башка эсептин *кредитинде* жазылат. Мындай жазууда эсептердин өз ара байланышы, кирди-чыктысы келип чыгат да, алар корреспонденциялар деп аталат.

ДВОЙНОЕ НАЛОГООБЛОЖЕНИЕ – КОШ САЛЫК САЛУУ – *1)* кирешенин ошол эле бир суммасына ар кандай салыктар менен эки жолу салык салуу. Мисалы, эгерде, жумушчунун эмгек акысына кирешеге карай аныкталуучу салыктан башка ишкананын эмгек акы фондусуна салынуучу кошумча салыкка жумушчунун эмгек акысы кошо кирет да, эки жолу салык салууга алып келет; *2)* ошол бир эле кирешеге ар кандай өлкөлөрдө окшоштуктагы салык салуу. Алсак, чет өлкөдө

иштөөчү жарандар ошол иштеген жеринде, ошондой эле өз өлкөсүнүн жараны катары дагы салык төлөйт. Кош салык салуудан арылтуу үчүн мамлекет аралык келишимдер түзүлүп, нормативдүү актылар, мыйзамдар киргизилет.

ДВОЙНОЙ КУРС – КОШ КУРС – улуттук валютанын курсун кош баалоо (котировка) менен туюнтулган валюталык операцияларды мамлекеттик жөнгө салып туруу ыкмасы; финансылык жана коммерциялык операциялар боюнча ар кандай курстарды белгилөө. Турукташтыруу максатында коммерциялык курс бир кыйла маңыздуу түрдө белгиленет.

ДВУСТОРОННЯЯ БАНКОВСКАЯ СДЕЛКА – БАНКТЫК ЭКИ ТАРАПТУУ БҮТҮМ – эки банктын ортосундагы бүтүм.

ДЕБЕНТУРА – ДЕБЕНТУРА (лат. debere – карыз болуу) – бажы салыгын кайтарып алуу үчүн бажы күбөлүгү.

ДЕБЕТ – ДЕБЕТ (лат. debet – карыз) – *бухгалтердик эсептердин* сол бөлүгү (жагы). Алардын ар бири эки бөлүктөн – дебет (сол жагы) жана *кредиттен* (оң жагы) турат. Бухгалтердик эсептерде чарбалык операция кош жазуу ыкмасы менен каттоодон өткөрүлөт да, алардын ар биринин суммасы бир эле убакта эки эсепке – дебет боюнча бир жагына жана кредит боюнча башка жагына жазылат. Активдүү эсептерде дебет боюнча арбыганы, ал эми пассив боюнча объектинин эсебинин азайганы жазылат. Эсептөөлөрдө дебет боюнча башка ишканалардын карыздары жана ошол ишканаларга айрым адамдардын карыздары (*дебитордук карыздар* деп аталуучу) чагылдырылат. Дебиттик *сальдо* (калдык) активдүү жана активдүү-пассивдүү эсептерде болот.

ДЕБЕТОВАЯ КАРТА – ДЕБЕТТИК КАРТ – Карт боюнча операциялар кармап туруучулар тарабынан карт-счеттогу каражаттардын калдыгынын чегинде жүргүзүлгөн карт.

ДЕБИТ – ДЕБИТ (фр. debit – сатуу, чыгым) – убакыт бирдигинде табигый же жасалма булактардан (бургуланган кудуктардан, түтүктөрдөн ж.б.) келүүчү суюктуктун саны (мунай, суу). Адатта литр, куб метр же тонна (секунда, минута, саат, сутка) менен ченелет.

ДЕБИТОР – ДЕБИТОР (лат. debitor – бereселүү, карыздар) – белгилүү бир ишканага (уюмга, мекемеге, же жаранга) бereсеси бар *жеке же юридикалык жак* (уюм). Алар – жөнөтүлгөн материалдык баалуулуктар же аткарылган иштер үчүн бereсе болуп калган сатып алуучулар, аванс алышып товар жеткирип-тапшыруучулар жана жалданма кызматкерлер, коммуналдык тейлөөлөргө карыз жумушчулар жана кызматкерлер, коммерциялык кредит алган ишкана, товардык-материалдык баалуулуктарды өткөрүүдө кемип калууга жол берген материалдык жактан жооп берүүчү алган авансы боюнча эсеп-кысап берүүчү кызматкер болушу мүмкүн.

ДЕБИТОРСКАЯ ЗАДОЛЖЕННОСТЬ – ДЕБИТОРДУК КАРЫЗ – жеке же юридикалык жактын чарбалык иш-аракеттердин натыйжасында ишканага (уюмга, мекемеге) болгон карыздарынын суммасы. Дебитордук карыздагы каражаттар ишкананын чарбалык айланымына катышпайт. Ошондуктан анын финансылык абалына бир кыйла өлчөмдөгү карыздын болушу өзүнүн терс таасирин тийгизет. Карыздарды өндүрүп алуунун мөөнөтүн кыскартуу үчүн зарыл чараларды көрүү керек. Дебитордук карызды өз убагында төлөтүү ишкананын финансылык абалын кыйла жакшыртууга шарт түзүүнүн маанилүү каражаттарынын бири болуп саналат. Доо коюу убактысынын мөөнөтү өткөндөн кийин дебитордук карызды чыгашага киргизип эсепти жаап таштайт.

ДЕВАЛЬВАЦИЯ – ДЕВАЛЬВАЦИЯ (лат. de – төмөндөө жана valeo – мааниге ээ болуу, арзуу, татуу) – өтүмдүү валюталарга, эл аралык эсеп бирдигинде жана акча бирдигин кармап турган реалдуу алтындын азайышына карата өлкөнүн валюта курсунун төмөндөшү. Девальвация көпчүлүк учурда өлкөнүн өкмөтү тарабынан расмий түрдө мыйзамдык тартипте таанылышы мүмкүн. Мындай *ачык девальвацияда* өкмөт аны өзүнүн валютасын бекемдөө каражатына айландырат. Ал акчанын бөлүгүн жүгүртүүдөн алып таштоо же куну кеткен акчаларды алмашуу жолу менен ишке ашырылат. *Жашыруун девальвацияда* кагаз акчалардын куну кетип, алардын алтынга барабар үлүшү кыйла төмөндөйт. Бирок акча жүгүртүү нугунда кала берет.

ДЕВИЗНАЯ ПОЛИТИКА – ДЕВИЗДИК САЯСАТ. Чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу жолу менен улуттук валютанын курсун жөнгө салуу саясаты. *Эмиссиялык банктар* тарабынан колдонулат. Кандайдыр бир чет өлкө валютасын саткан учурда анын сунушу арбыйт да, ошонун натыйжасында анын курсу төмөндөйт, ал эми тескерисинче улуттук валютанын курсу жогорулайт. Чет өлкө валютасын сатып алууда анын курсу жогорулап, улуттук валютанын курсу болсо төмөндөйт. Девиздик саясат улуттук валютанын баасы өтө төмөндөп кетишине жол бербей, ага болгон ишенимди кармап туруу максатында ошол улуттук валютанын курсун колдоого багытталышы мүмкүн.

ДЕВИЗЫ – ДЕВИЗДЕР (фр. devices – девиздер) – төлөм каражаттары (көп учурда чет өлкө валютасында); алардын жардамы менен эл аралык эсептешүүлөр жүргүзүлөт. Девиздерге *которумдар, чектер, аккредитивдер, векселдер*, чет өлкөлүк *банкноттор* жана тыйындар кирет.

ДЕКЛАРАЦИЯ – ДЕКЛАРАЦИЯ (лат. declaratio – жарыялоо, салтанаттуу жарыялоо) – кандайдыр бир абалды же принципиалдуу нерсени расмий же салтанаттуу жарыялоо; белгилүү бир маалыматты камтыган кээ бир расмий документтердин аты. Декларациянын төмөндөгүдөй түрлөрү кездешет: саясий

декларация – тышкы жана ички саясаттын негизги принциптери, иш-аракеттердин негизги абалдары, укук ж.б. баяндалган мамлекеттин, өкмөттүн, уюмдун ж.б. структуралардын атынан жасалган расмий билдирүү, мисалы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү Декларация, адамдын укуктарынын жалпы декларациясы ж.б.; **бажылык декларация** – чек ара аркылуу баалуу нерселерди (акча ж.б.) же аты, саны, баасы, таңгактарынын түрү ж.б. көрсөтүлүп жазылган товарларды алып өтүүдө *бажыканага* көрсөтүүчү документ; **почталык декларация** – чет мамлекетке жөнөтүлүүчү акча жана баалуу пакеттер менен кошо тиркелип берилүүчү почта документи; анда баалуулуктарын көрсөтүү менен пакеттердегилер саналып келтирилет. **Салык декларациясы** – кирешесинин, мүлкүнүн ж.б. өлчөмдөрү жөнүндөгү салык төлөөгө тартылуучу адамдын билдирүүсү.

ДЕКЛАРАЦИЯ НАЛОГОВАЯ – САЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯСЫ – кире ше, мүлк ж.б. өлчөмдөрү жөнүндө коюлган колун күбөлөндүргөн жана маалыматтарды бурмалаган учурда юридикалык жана экономикалык жактан жооп берет турган *салык* төлөөгө тартылган адамдын жазуу жүзүндөгү документ түрүндө расмий билдирүүсү.

ДЕКЛАРАЦИЯ О ДОХОДАХ – КИРЕШЕЛЕР ЖӨНҮНДӨГҮ ДЕКЛАРАЦИЯ – кирешелердин өлчөмдөрү жана булактары жөнүндө кызматкерлердин же уюмдардын, жарандардын билдирүүсү, декларациясы. Жарандардын кээ бир категориялары (мисалы, киреше алуучулар жана ишкердик кылуучулар) жана юридикалык жактар (атап айтканда чет өлкөлүк) үчүн аны милдеттүү түрдө берүү керек. Кирешелер жөнүндөгү декларация жергиликтүү бийлик органдарынын чечимдери же прокурордун талабы боюнча берилиши мүмкүн. Декларация берүүдөн баш тарткан же тузурумдап коюп, өз убагында бере албаган жактар (адамдар, уюмдар) мыйзамда каралган жоопкерчиликке тартылат. Мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызматкери ишке койгондо мындай декларацияны жетекчилерге, ал эми жетекчилер болсо, өзүнүн кирешелери боюнча аларды дайындаган органга багыттоого тийиш экендиги белгилениши керек. Кирешелер жөнүндөгү декларация адатта өткөн календардык жылга жана үстүбүздөгү жылдын тийиштүү мезгилине, кызмат адамдарынын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрүнүн белгилүү суммага мүлктүк мүнөздөгү бүтүмдөрдү жасаганда (мисалы, *минималдуу эмгек акы* жүз эсе ашык болуучу), ошондой эле мамлекеттик мүлктү *менчиктештирүү* иретинде менчикке айландырып алганда [мамлекеттик же коомдук турак жай фондунун, алар жашаган квартиралардан (үйлөрдөн) тышкары] берилет. Декларация мамлекеттик салык инспекциясына

тапшырылат; салык инспекциясы алардагы баяндалгандардын аныктыгын текшерип, кызматчыга тийиштүү справканы берет. Декларацияда баяндалган маалыматтарды жарыялап жиберүүгө тыюу салынат. Алардын жайылып кетишине жоопкерчилик чаралар көрүлөт. Декларация берүүчү ишке коюлган кызматкерлердин тизмесин адатта министрликтер, мамлекеттик комитеттер, ведомстволор жана эл депутаттар кеңешинин жергиликтүү аткаруу комитеттери (ведомстволук ишканалардагы, мекемелердеги жана уюмдардагы кызмат орундарына) белгилеп бекитет.

ДЕКЛАРАЦИЯ ТАМОЖЕННАЯ – БАЖЫЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯ – өлкөдө иш-аракеттеги укук процедураларына ылайык бажылык бийликтер тарабынан бекитилген форма боюнча аткарылган чек ара аркылуу ташылып алынып келүүчү *товар* жөнүндөгү тышкы соода бүтүмдөрүнө (келишимин жасоого) катышуучунун расмий билдирүүсү (*декларациясы*). Ташылып келүүчү (ташылып чыгарылуучу) товарларга жасалуучу декларациянын тартиби тышкы экономикалык иш-аракеттерди мамлекеттик жөнгө салуунун улуттук өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен жана *бажылык төлөмдөрдү* (пошлиналарды), салыктарды жыйноо үчүн шарттарды камсыз кылуу менен белгиленет. Бажылык жүк декларациясы чек ара аркылуу жылыштырылган (алып өткөн) товардын ар бир тобуна тышкы соода операцияларына катышуучулар тарабынан толтурулат (алардын бажылык жеңилдиктерин пайдалангандыгына, юридикалык статусуна, туруктуу келген ордуна байланышсыз каралат). Бажылык жүк декларациясында операциялардын (*экспорт*, *импорт*) түрү, товардын аты, соодалоочу (сатуучу) өлкө, ташылып баруу үчүн белгиленген өлкө, *валюта* жана товардын иш жүзүндөгү жалпы наркы ж.б. көрсөтүлөт. Бажылык жүк декларациясы экспорт жана импорт салыгынын жана тышкы соода бүтүмдөрү жөнүндөгү контракттарга чет өлкөгө которулган акча каражаттарынын ылайык келишинин тууралыгын текшерүүнүн негизги документи болуп саналат.

ДЕКОРТ – ДЕКОРТ (нем. decort – жеңилдик, кемитүү) – мөөнөтүнөн мурда төлөгөндүгү же болбосо *бүтүм* шарттары боюнча сапаты бир кыйла төмөндүгү үчүн *товардын* баасынан кемитилиши (жеңилдетилиши).

ДЕЛЬКРЕДЕРЕ – ДЕЛЬКРЕДЕРЕ (ит. del credere – ишеним үчүн) – комиссионердин үчүнчү жак менен түзүлгөн келишимди аткаруу үчүн *комитентке комиссионердин* кепилдиги. Делькредере үчүн комиссионер өзгөчө эмгек акы алат.

ДЕМАРКЕТИНГ – ДЕМАРКЕТИНГ – товарга сурамдын өндүрүштүн кубаттуулук деңгээлинен ашык болгондугу жана товардык ресурстары ашыкча сурам менен пайдаланылып жаткан жагдайдагы маркетинг.

ДЕМЕРЕДЖ – ДЕМЕРЕДЖ (англ. demurrage – токтоп калуу үчүн

төлөм) – кемеге ээлик кылуучу менен кеме кирекечинин (жүктүн ээси) ортосунда түзүлгөн келишим боюнча кеме портто токтоп мөөнөттөн ашык туруп калганы үчүн төлөнүүчү айып төлөм.

ДЕМПИНГ – ДЕМПИНГ (англ. dumping – чыгаруу) – бир кыйла төмөндөтүлгөн (кээде алар "кемитилген баадагы товарлар" деп аталат) баада товарларды бир өлкөдөн экинчисине чыгарып соодалоо (*экспорттоо*); *ички базарга* караганда *тышкы базарда* товарларды кыйла төмөнкү бааларда сатуу. Демпинг мазмуну боюнча эки түргө ажыратылат: товардык демпинг – башка өлкөлөрдүн базарларында товарларды төмөндөтүлгөн баалар боюнча сатуу, б.а. адаттагы коммерциялык операцияларда колдонулуучу баада соодалоо; валюталык демпинг, төмөндөтүлгөн баалар боюнча товарлардын экспорту валюталар менен камсыз кылынган өлкөлөрдөн валюталары жетишерлик туруктуулукка ээ болгон өлкөлөргө чыгарылганда ишке ашырылат. Демпинг адатта төмөндөгүдөй формада болот: чаржайыттуу (стихиялуу) демпинг – чет өлкөлөрдөн алынып келинген товарларды сатуудан анын базарда мурдагыдан кыйла ашыкча болуп кетиши (мындай жагдай айрым учурда болуп туруучу көрүнүш); тоноочулук демпинг – сезип, билип туруп чет өлкөлөрдөгү товар жеткирип туруучулардын өз базарында алардын абалдарын начарлатуу максатында (мындай максатта жүргүзүлгөн акциялар тышкы базарда атаандаштыкты четке кагуу жана монополияны түптөө болуп саналат) чет өлкөлөргө ички базарга караганда бир кыйла төмөн (арзан) баалар боюнча товарларды чыгаруу; туруктуу демпинг – ички базарга салыштырганда, атап айтканда, баалар боюнча бир кыйла ийкемдүү саналган тышкы базарда атаандаштыкка жөндөмдүү позицияны жеңип алуу максатында демпинг саясатын ишке ашыруу боюнча узак убакытка созулган туруктуу аракет. Демпингди колдонууда фирманын кыска мөөнөттүк кызыкчылыгы көп убакта стратегиялык кызыкчылыкка зыян келтириши мүмкүн. Мында фирма кирешенин убактылуу кескин төмөндөшүнө кайыл болуп, ал тургай атаандаштарды жеңүү, үстөмдүк кылуу максатында зыян тартууга чейин барган учурлар кездешет. Акыры барып базарда монополиялык үстөмдүктү ээлеп алуу менен ал көбүрөөк киреше алууну камсыз кылат. Демпингдин кесепетинен келип чыккан фирманын жоготуулары турмушка жакыныраак жагдайда *банк кредиттеринин*, *мамлекеттик субсидиялардын* жана ошондой эле иш-аракеттердин башка чөйрөлөрдөн түшкөн кирешелердин же ошол эле товарларды *ички базарда* бир кыйла жогорулатылган баа менен сатуудан алынган пайданын эсебинен жабылышы мүмкүн. Демпинг сатуу базарына таймашуунун каражаты катары кызмат кылат да, аны болтурбай коюунун негизги чарасы

антидемпинг саясаты (бажы төлөмдөрүн жана башкаларды киргизүү) болуп эсептелет. Демпингдик товарлар адилеттүү атаандаштыктын эрежесин бузгандыктан жана жергиликтүү өндүрүп чыгаруучуларга зыян келтиргендиктен улам, демпинг практикасы эл аралык соодада жигердүү катышкан өлкөлөрдө ар тараптан айыптоого туш келип турат. Акыйкаттуу баалардан төмөн жана *импортчу-өлкөгө* (чет өлкөдөн товар жеткирүүчүгө) материалдык зыян тарткызуучу бааларда сатылуучу товарларга мамлекет демпингге каршы төлөмдөрдү (пошлиналарды) салууга мыйзамдуу укукка ээ болот.

ДЕМПИНГ ВАЛЮТНЫЙ – ВАЛЮТАЛЫК ДЕМПИНГ – улуттук валютанын курсунун өтө түшүп кетишинен улам өлкө ичинде анын сатып алуучулук жөндөмүнө караганда кыйла арзан сатуу. Экспортчулардын товарды ички арзан баа боюнча алуу менен аларды эл аралык базарларда кыйла туруктуу валютага демпингдик баада сатып, соңунан ал валютаны наркы түшкөн улуттук валютага алмашуу менен курстук пайда табышы.

ДЕМПИНГ ТОВАРНЫЙ – ТОВАРДЫК ДЕМПИНГ – төмөндөтүлгөн баа, тагыраак айтканда ички базардын баасынан төмөн баа боюнча товарларды экспорттоо. Сатык базары үчүн аракет кылуу каражаттарынын бири.

ДЕМПИНГОВАЯ ЦЕНА – ДЕМПИНГДИК БАА – кандайдыр бир товарга жасалма түрүндө төмөндөтүлгөн баа, чет өлкөлүк базарда үстөмдүк кылуу максатында тапшыруучунун ички базар баасынан же үчүнчү өлкөдөгү базар баасынан (кээде ал өндүрүш чыгымдарынан төмөн болушу мүмкүн) арзан өлчөмдө белгиленет.

ДЕНАЦИОНАЛИЗАЦИЯ – ДЕНАЦИОНАЛИЗАЦИЯ (фр. denationalisation – улуттук менчиктен ажыроо; мамлекеттештирилген менчикти мурдагы ээсине кайтарып берүү) – *мамлекеттештирүүнүн* натыйжасында келип чыккан же мамлекеттин өзү түзгөн мамлекеттик *менчикти* (өнөр жай ишканаларын, банктарды, жер участкаларын, транспортту, акцияларды ж.б.) жеке менчикке, жамааттык же коомдук уюмдардын менчигине берүү. Бул тарыхый доорго, кимден кимге жана ал кандай таптын кызыкчылыгы үчүн жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу ар кандай социалдык-экономикалык жана саясий мазмунга ээ болот. Базар экономикасынын өткөөл мезгилинде денационализация мамлекеттик менчикти монополизациялоону жок кылуу жана анын жекече формаларын өнүктүрүү, товар өндүрүп чыгаруучулардын өз алдынчалыгын бекемдөө, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында пайдаланылат. *Кара. Приватизация – менчиктештирүү.*

ДЕНЕЖНАЯ ЕДИНИЦА – АКЧА БИРДИГИ – мыйзамдык тартипте белгиленген жана бардык товарлардын баасын билдирип, өлчөй турган акча белгиси; Кыргыз

Республикасында азыркы акча бирдиги сом (1 сом – 100 тыйын) болуп эсептелет. Акча бирдиги коңшу өлкөлөрдө да өзгөрүлгөн. Мисалы, Казакстанда теңге, Өзбекстанда сум ж.б.

ДЕНЕЖНАЯ МАССА – АКЧА МАССАСЫ – белгилүү бир убакыт ичинде жүгүртүүдөгү акчанын саны. Базар экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө акча массасынын курамын аныктоо үчүн ар кандай ыкмалар колдонулат. Акча массасы төмөндөгү көрсөткүчтү камтыйт: калктын колундагы жана ишканалардын кассаларындагы накта акчалар, ишканалардын мөөнөттүү депозиттери, утуш зайымдын эркин жүгүртүлүүчү облигациялары; банк *депозиттери* (3 жылдан көбүрөөк салынган акча салымдар), камсыздандыруу полистери, банктардын резервдери; *акциялар, векселдер, облигациялар*; калкка, мекемелерге жана уюмдарга тийиштүү улуттук валютадагы каражаттар. Мындай көрсөткүч жеке адамдын, ошондой эле өндүрүштүк керектөөлөрдүн товарларга жана тейлөөлөргө максималдуу мүмкүн болгон жыйнакталган төлөөгө жөндөмдүү сурамдарын чагылдырат. Ошону менен бирге акча массасынын жогоруда келтирилген элементтеринин баарысы эле эсептөөлөрдө бирдей даражада пайдаланылбайт да, айрымдары жүгүртүүгө тез эле түшөт. Ал эми жүгүртүү жана төлөм каражаттары катарында акчага айлануу үчүн белгилүү шарттар жана убакыт талап кылынат. Эң чоң өтүмдүүлүккө (эсептөөлөргө даярдуулугу) калктын колдорундагы жана ишканалардын кассаларындагы накта акчалар ээ болот. Жогорку өтүмдүү катары калктын мөөнөттүү аманаттык кассага салган акчалары жана мамлекеттик ички утуш зайымдын облигациялары ж. б. эсептелет.

ДЕНЕЖНАЯ РЕФОРМА – АКЧА РЕФОРМАСЫ – акчанын жүгүртүлүшүнүн бузулушуна байланыштуу жана улуттук валютаны бекемдөө, акча бирдигин турукташтыруу максатында мамлекет тарабынан жүргүзүлүүчү өлкөнүн акча системасынын терең детилип кайра түзүлүшү. Акча реформаларынын негизги түрлөрү: акча беттерине жазылган наркын сактап калтыруу, алардын жаңы үлгүсүн чыгаруу менен *акча мыйзамдарын* толук же анча-мынча *алмаштыруу*, акча бирдиктерин ирилендирүү түрүндөгү *деноминация*; акчаларды алмаштыруу аркылуу же акча бирдигин өзгөртүү менен бир эле убакта акча белгилерин ирилендирүү формасындагы деноминация; өлкөнүн акча бирдигинин бир жолку *девальвациясы* (же *ревальвациясы*).

ДЕНЕЖНАЯ СИСТЕМА – АКЧА СИСТЕМАСЫ. Өлкөдө мыйзам менен бекемделген жана тарыхый жактан калыптанган акча жүгүртүүнү уюштуруунун формасы. Ал өз ичине: акча бирдигин, баалардын масштабын, мыйзамдуу төлөм күчүнө ээ болуучу акча түрлөрүн, *акча эмиссиясынын* тартибин жана алардын жүгүртүлүшүн ж. б. камтыйт.

ДЕНЕЖНЫЕ РАСХОДЫ НАСЕЛЕНИЯ – КАЛКТЫН АКЧАЛАЙ САРПТООЛОРУ – калктын акчалай кирешелерин жумшоонун формасы. Булар негизинен чекене соодада товарларды сатып алууну, коммуналдык, транспорт, оюн-шоок, тиричилик жактан тейлөөнү, уюмдардын, ишканалардын кызматына төлөөнү, салыктарды жана жыйымдарды, камсыздандыруу боюнча төлөмдү чегерүүгө, коомдук жана кооперативдик уюмдарга, турак-жай-курулуш кооперативдерине которууларды камтыйт.

ДЕНЕЖНЫЙ РЫНОК – АКЧА БАЗАРЫ. Борбордук (улуттук) банк, коммерциялык банктар жана финансылык институттар кыска мөөнөттүү кредиттөө боюнча операцияларды жасай турган улуттук кредиттик жана депозиттик базарлардын жыйындысы, биримдиги.

ДЕНЕЖНЫЙ ЧЕК – АКЧА ЧЕГИ. Тигил же бул мамлекетте банктан накта акча алуу үчүн колдонулган документ. Ал ишкана же чарбалык уюмдар тарабынан чекти көрсөтүүчү кишиге же кандайдыр бир башка адамдын атына жазылып берилет.

ДЕНОМИНАЦИЯ – ДЕНОМИНАЦИЯ (лат. denominatio – атын өзгөртүү) – *валюталарды* турукташтыруу жана эсеп-кысаптарды жөнөкөйлөштүрүү максатында акча белгилеринин сыртына жазылган наркынын өзгөрүшү. Мурда чыгарылгандардын акча белгилери жаңы бир кыйла ири акча бирдиктери менен алмашылат да, ушуга жараша *баалар* жана *тарифтер, эмгек акы* кайра эсептелет. Деноминацияда акча массасы азаят.

ДЕНОНСАЦИЯ – ДЕНОНСАЦИЯ – келишимден баш тартуу. Мында келишимден баш тартуу жөнүндө тиешелүү тараптардын биринен жазуу жүзүндө билдирүү жок болгон учурда анын колдонуу мөөнөтү бүткөнгө чейин келишим күчүндө калат.

ДЕНЬГИ – АКЧА – бардык товардын наркын туюнтуучу жана алардын баардыгы менен алмашуучу өзгөчө *товар*; товарлардын жалпы эквиваленти катары кызмат кылат, ар кандай нерселерди сатуучу өзүнүн товарлары жана тейлөөлөрү менен алмашып кабылдайт. Бир учурда алардын ролун ар кандай товарлар, мисалы, аң терилери, эгин (аштык), мал аткарып келишкен. Товардык өндүрүштүн өнүгүшү менен бүт жалпы эквиваленттин ролу асыл металлдар – алтын жана күмүш менен бекемделген. Кийин жүгүртүүгө акча белгилери – кагаз акчалар, жарым-жартылай баалуу монеталар ж. б. аралашкан.

ДЕНЬГИ МИРОВЫЕ – ДҮЙНӨЛҮК АКЧА. Жалпы төлөм каражаттары катарында эл аралык жүгүртүүдө керектелүүчү *акча. Кара. Конвертируемость валют – валюталардын өтүмдүүлүгү.*

ДЕПОЗИТАРИЙ – ДЕПОЗИТАРИЙ (фр. depositaire – сактоо үчүн адамга берилген буюм) – *депозиттер-*

ге ишеним көрсөтүлгөн *юридикалык же жеке жак*. Бул эң алды менен *банктар* ж. б. кредиттик-финансылык мекемелер болуп саналат. Алар мамлекет тарабынан уюштурулуп, *казыналын* пайдасына же менчик операциялары үчүн акча суммаларын кабылдайт. Мисалы, инвестициялык фондунун депозитарийи – бул *баалуу кагаздар*, анын ичинде менчиктештирүү чектери, ошондой эле фондуга тийиштүү акча каражаттары менен иш-аракеттерди ишке ашырган, фондунун бул мүлктөрүнүн кыймылына эсеп жүргүзгөн жана *инвестициялык фонду* менен депозитарийдин ортосунда түзүлгөн *депозиттик келишимге* ылайык башка функцияларды да аткарган банк же башка юридикалык жак болуп саналат. Мында фонд берет жана тапшырат, ал эми депозитарий болсо, фондунун буйруктары менен белгиленген чектерде, анын атынан жана эсеби үчүн кабылдоого жана ишке ашырууга, *баалуу кагаздар*, ошондой эле менчиктештирүү чектери, анын акча каражаттары менен иш жүргүзүүгө милдеттенет. Бул депозитарийлик келишимдин, фондунун уставынын, инвестициялык декларациянын, алмашуу үчүн алууга жана баалуу кагаздарды сатууга чек коюу талаптарын эсепке алуу менен фондунун баалуу кагаздары менен болгон операцияларды ишке ашырып жана көзөмөлгө алат. Депозитарийдин жана фондунун милдеттери жана укугу, инвестициялардын максаттары, инвестициялык иш-аракеттердин чектелиши, депозитарийге акы төлөө, тараптардын жоопкерчилиги келишимге ылайык аныкталып белгиленет. "Депозитарий" термини мамлекеттик же эл аралык көп тараптуу келишимдин түп нуска текстин сактоочу эл аралык уюм маанисинде пайдаланылат. Бул учурда депозитарий мамлекеттер – келишимге катышуучулар тарабынан белгиленет. Буга, ошондой эле, ратификациялык грамоталар, биригүү жөнүндөгү *декларация, денонсация* (бир мамлекеттин башка мамлекетке алардын ортосундагы түзүлгөн келишимдин токтотулгандыгы жөнүндөгү кабарлама) жана келишимге тийиштүү башка документтер берилет.

ДЕПОЗИТНЫЕ БАНКИ – ДЕПОЗИТТИК БАНКТАР. Көбүнчө ишке чегерилген депозиттердин эсебинен бир катар өнүккөн өлкөлөрдө кредиттик операцияларды жүргүзгөн банктар.

ДЕПОЗИТНЫЕ ОПЕРАЦИИ – ДЕПОЗИТТИК ОПЕРАЦИЯЛАР. Капиталды жүгүртүү учурунда бошой калган акча каражаттарын, ошондой эле пайыздардын эсебинен түшкөн акчанын жана калктын аманат кассаларындагы акчаларын жүгүртүүгө тартуучу *кредиттик мекемелердин пассивдик операцияларынын* негизги түрү.

ДЕПОЗИТНЫЙ СЕРТИФИКАТ – ДЕПОЗИТТИК СЕРТИФИКАТ. Коммерциялык банкка пайыз үчүн чукул салынган салым жөнүндөгү күбөлүк. Ушундай *депозит* боюнча басмага жарыяланган ставкалардын көлөмү салым боюнча каражаттарды банк кандай шартта аларын көрсөтөт.

ДЕПОЗИТОР – ДЕПОЗИТОР – (англ. depositor – салым ээси, салымчы) – *депозиттин ээси – жеке же юридикалык жактын* алуучу акчасынын *банк*, ишкана же мекеме тарабынан кан-дайдыр бир себеп менен белгилүү мөөнөткө төлөнбөй калышы.

ДЕПОЗИТЫ – ДЕПОЗИТТЕР – (лат. depositum – шертпул, төгүм, күрөө, сактоого коюлган буюм). Ишканаларга, уюмдарга, жарандарга тиешелүү *банктарда* ж. б. мекемелерде убактылуу сакталган акча каражаттары жана *баалуу кагаздар*. Депозиттердин негизги түрлөрүнө банктарга жана аманат кассаларына белгилүү бир мөөнөткө же талап кылганга чейин сакталуучу салымдар кирет. Мекемелердин, ишканалардын, жарандардын депозиттери банктардын акча ресурстарынын негизги булагы болуп саналат да, ошолордун эсебинен кардарларга ссудалар берилет. Депозиттер боюнча банктар салым салуучуларга тиешелүү өлчөмү боюнча пайыздарын төлөп берет. Алардын ченеми болсо депозиттер түзүлгөн мөөнөткө тыгыз байланыштуу болот. Депозиттер боюнча пайыздык ставкалар өлкөнүн мамлекеттик (улуттук) банкы тарабынан белгиленет.

ДЕПОНЕНТ – ДЕПОНЕНТ (лат. deponens – чогултуу, жыйнай берүү) – *кредит мекемелеринин депозитине* баалуу мүлктү (*акча, баалуу кагаздар* ж. б.) салган *жеке же юридикалык жак*. Баалуу мүлктү салуучулар өз убактысында эмгек акыларын ала албаган жумушчу-кызматкерлер, айрым ишканалар (мекемелер, уюмдар) жана инсан болушу ыктымал (инсандын пайдасы үчүн андан кармап калуу жүргүзүлөт). Депонент термини депозит түшүнүгүндө да колдонулат.

ДЕПОНИРОВАНИЕ – ДЕПОНИРЛӨӨ (лат. deponere – сактоого берүү) – сактоо үчүн кредиттик же мамлекеттик мекемеге (мисалы, *банкка* же *нотариалдык конторага*) *баалуу кагаздарды, акчаларды* ж. б. берүү; эл аралык келишимдин түп нуска текстин, ратификацияланган грамоталарды же *депозитарийдин* келишимине тийиштүү башка документтерди сактоого берүү.

ДЕПОРТ – ДЕПОРТ (фр. deport – чайкоочулук бүтүм) – курстук айырманы (*валюталык* жана *фондулук биржаларда* баалуу кагаздардын курсунун өзгөрүшүнө байланыштуу базарлардагы айырманы) алуу максатында *баалуу кагаздардын* курсунун төмөндөшүн эсепке алуу менен жасалган чайкоочулук биржа бүтүмү. Баанын андан ары карай төмөндөшүн күтүп жаткан учурда, ал баанын акырындап жогорулап кетиши чайкоочунун каалаганындай болбой калган учурда түзүлгөн келишимди токтотуп таштоодон арылуу үчүн дагы пайдаланылат.

Токтотуу мөөнөтүн узартуу контрагентке белгилүү сумманы төлөп берүү менен мөөнөттүк биржа бүтүмүн кайра түзүү аркылуу ишке ашырылат.

ДЕПРЕССИЯ – ДЕПРЕССИЯ (лат. depressio – басылуу, басмырлануу) – *1)* экономикадагы сенектик абал түшүнүгү. Ал өндүрүштүн жогорулашы байкалбай, иштиктүү активдүүлүктүн жоктугу, товарларга жана тейлөөлөргө сурамдын төмөндүгү, жумушсуздуктун күчөшү менен мүнөздөлөт. Көбүнчө депрессия экономикалык кризистен кийин жана анын кесепетинен улам пайда болот. Кризистен кийинки депрессия баскычы экономикалык кризистин аяктап калган фазасына өткөндүгүнө далил болот. Ушундан кийин экономика кайрадан жанданып, андан ары карай жогорулай баштаганын күтүүгө болот; *2)* бошондоо, солгун тартуу, басынуу.

ДЕРЖАТЕЛЬ КАРТЫ – КАРТ КАРМООЧУ – Транзакцияларды ишке ашырууга укуктуу жеке адам.

ДЕЦЕНТРАЛИЗАЦИЯ – БЕЙОРТОМДОШТУРУУ (ДЕЦЕНТРАЛИЗАЦИЯ) – башкаруу функциясынын борбордук органдардан жергиликтүү органдарга өткөрүлүп берилиши, тагыраак айтканда төмөнкү органдардын башкаруу өкүлчүлүк өрүшүнүн жогорку органдардын эсебинен кеңейтилиши; бугалтердик эсептин бир системасы. Мында эсеп иштеринин негизги бөлүгү ишканаын бөлүмдөрүндө жүргүзүлөт. Мындай бөлүмдөрдө түрдүү операциялардын көлөмү бир кыйла олуттуу болуп эсептелет.

ДЕФИЦИТ – ТАРТЫШ, ДЕФИЦИТ (лат. deficit – жетишсиз, бир нерсенин тартыштыгы) – кандайдыр бир ресурстун (ошонун катарында керектөөчүлөрдө) *микроэкономика* алкагындагы жетишсиздиги; кирешеден чыгашанын кыйла ашып кетиши. Мунун ичинде *валюталык, финансылык* жана товар-акчанын *макроэкономикалык* деңгээлдеги баланска кирбей калгандары дагы эсептелет. Чарба комплекстеринин деңгээлинде тартыштыктын бир топ түрлөрү бөлүнүп көрсөтүлөт. Бюджеттик тартыштык – мамлекеттик бюджеттин чыгымдалуу бөлүгү кирешелүү бөлүгүнөн ашып кетиши. Соода балансысынын тартыштыгы – *импорттун экспорттон* көп болушу. Төлөм балансысынын тартыштыгы – товардын жана акчанын бардык формаларынын мамлекет жана анын өнөктөштөрүнүн ортосундагы күндөлүк эсеп-кысаптар (*тышкы соода*, тейлөө көрсөтүү, *трансферттик төлөмдөр*), ошондой эле капиталдын жүгүртүлүшү боюнча жалпысынан балансталбай калышы. Товардык тартыштык – жыйынтыкталган сурам, төлөм жөндөмдүүлүгүнүн ошол өлкөдөгү товарларга болгон сунуштан жана тейлөөдөн ашыкча болуп кетиши. Колдогу валюталык, төлөм жана тышкы соода тартыштыгы – *базар экономикасынын* түпкү тегине ылайык келүүчү

көрүнүш. Ар кандай кырдаалдагы тартыштыкты көзөмөлдөө боюнча мамлекеттин жөнгө салып туруучу атайын иштелип чыккан каражаттары калыптанылат. Мисалы, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын калктын жана фирмалардын араларына *мамлекеттик милдеттенмелерди* чыгаруу жана пайдалануунун жардамы менен жөнгө салып турат. Ал эми соода жана төлөм балансы чет өлкөдөн алынган кредитти жана капиталды пайдалануу аркылуу нукка салынып турат. Мындай кырдаалда тартыштыкка туруштук берип, андан ары карай ийгиликтүү өнүгүү экономиканы билгичтикте, ойдогудай реформалоо аркылуу гана ишке ашырылышы мүмкүн; мында катаал кредиттик-акча саясатын, бааларды *либерализациялоону* жүргүзүп, *базар мамилелерине, менчиктештирүүгө,* чарбаны структуралык кайра түзүүгө өтүү зарыл. Мына ушундай актуалдуу маселелер аткарыла баштаганда өндүрүштүн илгерилешине кыйла өбөлгө болуп, тартыштык кыскарып, калктын турмуш-тиричилиги жакшыра баштайт.

ДЕФЛЯТОР ВАЛОВОГО НАЦИОНАЛЬНОГО ПРОДУКТА – УЛУТТУК ДҮҢ ПРОДУКТУНУН ДЕФЛЯТОРУ – инфляциянын темптеринин эң эле жалпы көрсөткүчү. Калк пайдалануучу жана өндүрүшкө керектелүүчү түрдүү товарлардын жыйнагын сатуу наркынын орточо өзгөрүүсү катары эсептелүүчү баалардын индекси.

ДЕФЛЯЦИЯ – ДЕФЛЯЦИЯ (лат. deflatio – жайылтуу, дем берүү). Инфляцияны токтотуу же басаңдатуу боюнча тиешелүү чаралардын жыйындысы катары түрдүү ашыкча колдогу кагаз акчанын жүгүртүүдөн, колдонуудан алынып таштылышы. Бул иш-чара, адатта, салыктарды жогорулатуу жана мамлекеттик, ошондой эле жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин көбөйтүү, бюджеттик чыгымдарды кыскартуунун мүмкүнчүлүктөрүн издөө, кредитке муктаждыктарды кыскартуу, борбордук банк аркылуу баалуу кагаздарды сатуу, кредиттөө лимиттерине көзөмөлдүк кылуу ж. б. жолдор менен жүргүзүлөт.

ДИВИДЕНДЫ – ДИВИДЕНДДЕР (лат. dividendus – бөлүштүрүүгө жатуучу) – акционерлердин өзүлөрүндөгү *акциялардын* өлчөмүнө жараша *акционердик коомдун* тапкан *таза пайдасынын* жалпы суммасынын бир бөлүгүн ич ара бөлүштүрүү. Алардын жалпы өлчөмү түшкөн пайдадан *салыктардын* суммасын эсептеп чыгарып, өндүрүштү кеңейтүүгө чегерип, *облигациялар* ж. б. боюнча пайыздарды төлөөнүн резервдерин толуктоого жумшалуучу акча каражатын бөлгөндөн кийинки калганы менен аныкталып белгиленет. *Артыкчылыгы бар акцияларды* кармоочу *дивиденддерди* алуучуларга *акционердик коомдун* пайдасынан, биринчи кезекте белгиленген пайыз боюнча жана пайданын кандай өлчөмдө түшкөнүнө карабастан төлөнүп берилет. Жөнөкөй акциялар

боюнча анын өлчөмү өткөн жылдагы акционердик коомдун алган пайдасына тыгыз байланыштуу болот. Анткени буларга артыкчылыгы бар акцияларга төлөнгөндөн кийинки калган пайданы бөлүштүрүү жүргүзүлөт.

ДИЗАЖИО – ДИЗАЖИО (ит. disaggio – төмөндөө). Азаюу, төмөндөө жагына бет алуу дегенди билдирет. *Акча бирдиктеринин* (белгилеринин), *баалуу кагаздардын, векселдердин* биржалык (базардык) курсунун өзүнүн *номинал баасына* салыштырганда төмөндөп кетиши. Башка өлкөлөрдүн валюталарына салыштырганда улуттук валютанын курсунун төмөндөшүн, ошондой эле *акциялардын* баасынын сатууда анын номиналдык наркынан төмөндөп, же мурда сатылгандардагыга караганда бир кыйла арзан баада сатуу дегенди билдирет. *Кара. Ажио, Лаж.*

ДИЛЕР – ДИЛЕР (англ. dealer – сатуучу, соодагер) – товарларды, *баалуу кагаздарды, валюталарды* сатып алуу жана сатуу бүтүмдөрүн жасаганда ортомчулук иштерди жүзөгө ашыруучу *юридикалык* жана *жеке жак. Брокерлерден* айырмасы, алар адатта өзүлөрүнүн атынан жана жеке эсебинен иш жүргүзөт. *Дилер брокердик фирмалардын, инвестициялык банктардын, камсыздандыруу компаниялардын* кызматкерлери болуп саналбайт. Алар атайын даярдыктардан, сыноолордон өтүп, ишке киришүү үчүн расмий *лицензия* алууга тийиш. Дилер өз-ара бири менен бири, *брокерлер,* кардарлар менен түздөн-түз бүтүмдөрдү түзөт жана алардын пайдасы сатуучу менен сатып алуучунун курстарындагы айырмачылыктардын эсебинен, ошондой эле *валюталардын* жана баалуу кагаздардын курсунун өзгөрүшүнөн түзүлөт.

ДИЛЕРСКИЕ ФИРМЫ – ДИЛЕРДИК ФИРМАЛАР – *баалуу кагаздарды, валюталарды* ж. б. баалуулуктарды сатып алуу жана сатуу менен иш жүргүзгөн ортомчулук үюмдар. Өз атынан жана жеке эсеби боюнча иш алып барат. *Кара. Дилер.*

ДИСКОНТ – ДИСКОНТ (англ. discount – жеңилдик, товардын баасын бир аз арзандатуу) – биржалык жана валюталык бүтүмдөрдө *товарлардын, валюталардын* бааларын арзандатып кемитүү; векселдерди эсептегенде банк тарабынан кармала турган *эсеп пайызы* (банк вексел кармоочулардан алардын төлөп берүү мөөнөтү келгенге чейин аларды сатып алышы).

ДИСКОНТИРОВАНИЕ (векселей) – векселдерди **ДИСКОНТТОО** – *векселди* дисконттоо мөөнөтү өткөнгө чейин банктын векселди анын ээлеринен сатып алышы. Векселдерди эсепке алуу. Мында алардын ээси аны күрөөгө коюу мөөнөтү келип калганга чейин банкка өткөрүп берет. Ал эми банк вексель боюнча милдеттенменин суммасын төлөп берет да пайызын кармап калат.

ДИСКОНТНАЯ ОБЛИГАЦИЯ – ДИСКОНТТУК ОБЛИГАЦИЯ. Дисконттук *облигация номиналдык*

баасы боюнча, эреже катары, капиталдардын ички базарында сатылат.

ДИСКОНТНАЯ (УЧЕТНАЯ) ПОЛИТИКА – ДИСКОНТТУК (ЭСЕП) САЯСАТ. Кредит үчүн ставкалардын пайыздарын өзгөртүү жолу менен валюталык курсту, капиталдын айланышын жана төлөө балансын жөнгө салып турууга багытталган валюталык саясаттын түрү.

ДИСКОНТНЫЕ (УЧЕТНЫЕ) ДОМА – ДИСКОНТТУК (ЭСЕП) ҮЙЛӨР. Казыналык жана жөнөкөй векселдерди *ички акча базарында* сатып алуу-сатуу операцияларын ишке ашыруучу финансылык мекемелер.

ДИСКРЕДИТАЦИЯ – ДИСКРЕДИТАЦИЯ (фр. discrediter – ишенимин жоготуу, беделин түшүрүү, кадырын кетирүү, жаман көрсөтүү). Экономикалык субъектти ишенимин ажыратууга, беделин, имиджин (жүзүн) кетирүүгө багытталган атайын жасалган иш-аракеттер.

ДИСЦИПЛИНА – ТАРТИП (лат. disciplina – токтоолук, сабырдуулук, туруктуу, катаалдык) – экономикалык иш-аракеттердин эрежелерин жана милдеттенмелерин, өз убагында жана тийиштүү деңгээлде так аткаруу, кабыл алынган мыйзамдарды жана нормативдик актгарды тута билүү, жетекчиликке алуу. Бул төмөндөгүлөргө ажыратылат: келишимдик тартип – келишимдер боюнча милдеттенмелерди так аткаруу; төлөм (финансылык) тартиби – төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү өз убагында жана толук иш жүзүнө ашыруу; эмгек тартиби – эмгек иш-аракеттеринин эрежелерин жана нормаларын сактап, тутунуу; технологиялык тартип – технологиялык документацияга шайкеш белгиленген технологиялык регламентти так сактоо.

ДИФФЕРЕНЦИРОВАНИЕ ЦЕН – БААЛАРДЫ ЖИКТӨӨ. Продукцияны өндүрүүгө жана сатууга, ошондой эле анын сапатын эске алуу менен, кеткен чыгымдардагы ишкана-даярдагычка байланышпаган экономикалык, табигаттык, аймактык ж. б. эсептердин негизинде бирдей продукцияга ар түрдүү деңгээлдеги бааларды коюу. Баалардын мындай жиктелиши ишканалардын деңгээлин теңдештирүүгө көмөк берет.

ДИФФЕРЕНЦИРОВАННЫЕ ВАЛЮТНЫЕ КОЭФФИЦИЕНТЫ – ЖИКТЕЛГЕН ВАЛЮТАЛЫК КОЭФФИЦИЕНТТЕР – контрактгык экспорттук-импорттук бааларды сомго эсептеш үчүн продукциянын топтору жана түрлөрү боюнча өнөр жай тармактары үчүн бекитилген нормативдик көрсөткүчтөр.

ДИСПАЧ – ДИСПАЧ (англ. dispatch – тездик, ыкчамдык) – кеме ээлеринин жүк ээлерине (кеме киречилерине) кемени тез жүктөгөнү (түшүргөнү) үчүн сыйлык берүү. Өлчөмү ташуу – чартер келишиминин шарттары боюнча белгиленет.

ДИСТРИБЬЮТОР – ДИСТРИБЬЮТОР (англ. distributor – бө-

лүштүргүч) – ар кандай фирмаларга, өнөр жай ишканаларына, кооперативдерге ж. б. кайра сатуу максатында продукцияларды дүңүнөн сатып алуу менен иш жүргүзгөн көз карандысыз далдалчы. Алардын жана заказ берүүчүнүн ортосундагы иштиктүү катыш келишимдин негизинде түзүлөт. Анда сатылуучу товардын баасына кошумчалануучу үстөгү жана дүң бааларга белгиленген жеңилдиктин өлчөмдөрү ачык көрсөтүлөт. Дистрибьютор өндүрүштүк керектөөлөр үчүн продукцияларды даярдоо, ошондой эле тейлөө иштерин дагы жүргүзүшү мүмкүн.

ДИСЦИПЛИНА ДОГОВОРНАЯ – КЕЛИШИМДИК ТАРТИП (лат. disciplina – тартип). Чарбалык келишимде алдын ала каралган милдеттенмелердин толук жана өз убагында аткарылышы. Келишимдик тартип келишимди түзгөн тараптардын (ишканалардын, уюмдардын, жеткирип-тапшыруучулардын жана керектөөчүлөрдүн, сатуучулардын жана сатып алуучулардын) ортосунда товарларды сатып алуу-сатуу, продукцияларды сатуу, иштерди аткаруу ж. б. процесстерди иш жүзүнө ашырууда, өз ара иштиктүү катыштарын жөнгө салып турууга жардам берет. Базар экономикасына өтүү, өндүрүштүн, ички жана тышкы өз ара байланыштарынын татаалдануусу келишимдик милдеттенмелерди аткаруу үчүн жоопкерчиликти жөнгө салуунун зарыл экендигин алдын ала белгилейт.

ДИСЦИПЛИНА КАССОВАЯ – КАССАЛЫК ТАРТИП – ишканалардын (фирмалардын, ишкерлердин ж. б.) накталай *акчаларын* кабылдоо, сактоо жана сарптоо эрежелерин так аткаруу тартиби. Анын негизги элементтери: түшкөн акчаны өз убагында *банкка* өткөрүп берүү, менчик кассадагы накталай колдогу акчанын калдыгынын белгиленген лимитин сактоо, белгиленген нормалардын чектеринде кассадан түшкөндөрдү өз алдынча чыгымдоо, банктан алган накталай акчаларды максаттуу пайдалануу жана пайдаланылбаган акчаны өз убагында банкка кайтаруу, колдогу накталай акча менен болгон эсептердин эрежелерин так сактоо.

ДИСЦИПЛИНА ФИНАНСОВАЯ – ФИНАНСЫЛЫК ТАРТИП – ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын ж. б.) финансылык-кредиттик ресурстарды пайдалануусунун тууралыгын так сактоосу. Бюджетке төлөмдөр *салык*, социалдык камсыздандыруу органдарына төлөмдөр боюнча милдеттенмелер ж. б. ишаракеттеги нормаларга ылайык белгиленген мөөнөттө толугу менен аткарылууга тийиш. Финансылык тартип ошондой эле, *банктардын кредиттеринин* өз убагында (мөөнөтүндө) кайтарылышы, алардын пайыздарынын төлөнүшүнүн, банктарда акча каражаттарынын сакталышынын, жеткирип-тапшыруучулардан алынган материалдык баалуулуктарды төлөп берүү, эмгекчилердин эмгек акысын төлөп берүү боюнча милдеттенмелердин так

аткарылышын билдирет. Финансылык тартиптин убагында аткарылышына ишкана жетекчилери жана башкы бугалтерлери толугу менен жооп берет.

ДИФФЕРЕНТ – ДИФФЕРЕНТ (лат. differens – айырма, өзгөчөлүк) – товарга заказ берүүдөгү жана аны алуудагы (соода операцияларында) баанын айырмасы.

ДОБАВЛЕННАЯ СТОИМОСТЬ – КОШУМЧАЛАНГАН НАРК – буюмдарды (материалдарды) жасап чыгаруу жана аларды өндүрүү үчүн сатылып алынган, жумшалган чыгымдарды эсептен чыгарып салгандан кийинки фирма тарабынан сатылган продукциянын наркы; пайдаланылган чийки заттын, материалдын, отундун жана энергиянын, жеткирип-тапшыруучулардан алган башка ресурстардын наркын эсептен чыгарып салгандан кийин ишкана өндүрүп чыгарган продукция көлөмүнүн базардык баасы. Эмгек акыны эсепке киргизүү менен амортизацияны, кредит үчүн пайызды, жарнаманы, ошондой эле пайданы камтыйт. Ишкананын кошумчаланган наркы – бул өндүрүлүп чыгарылган продукциянын наркына (соодалап сатуунун жана материалдарды, чийки затты, жартылай фабрикаттарды жана ресурстарды сатып алууга кеткен чыгымдардын ортосундагы айырма катарында) ишкананын кошумча кошкону эсептелет; ордун толтуруу катарында төлөнө тургандар (ишканаларда иштегендердин, ээлик кылуучу же өз капиталын ошол жерге салгандардын эмгек акысы, тапкан пайдасы жана пайыздары). Кошумчаланган нарк пайда (зыян тартуу) сыяктуу эле "таза" жана "дүң" болушу мүмкүн. Алардын айырмасы кошумчаланган нарктан финансылык чыгымдар чыгарылып ташталгандыгында болуп эсептелет. Алардын элементтеринин калыптанышын төмөндөгүдөй кароого болот: жумушчу күчүнө жумшалган чыгым + пайдаланылган капиталдын (амортизациянын) наркы + пайда (салыктарды төлөгөнгө чейинки) = таза кошумчаланган нарк + финансылык чыгымдар (кредиттер үчүн пайыздар ж.б.) = дүң кошумчаланган нарк. *Кара. **Налог на добавленную стоимость – кошумчаланган наркка салык, Продукция условно чистая – шарттуу таза продукция.***

ДОВЕРИТЕЛЬНЫЕ ОПЕРАЦИИ БАНКОВ – БАНКТАРДЫН ИШЕНИМ ОПЕРАЦИЯЛАРЫ – кардарлардын кызыкчылыгы жана тапшыруусу боюнча мүлктү башкаруу, ошондой эле башка кызматтарды аткаруу боюнча банктык операциялар.

ДОГМА – ДОГМА (гр. dogma – абал, пикир, чечим). Белгилүү бир нерсе боюнча өнүгүүнүн объективдүү жактарынын өзгөргөнүнө карабай, конкреттүү шарттарды толук эске албай эле ал туура же өзгөрбөйт деп ашкереленген жобо.

ДОГОВОР ДЕПОЗИТАРНЫЙ – ДЕПОЗИТАРИЙЛИК КЕЛИШИМ – инвестициялык фонду менен *депо-*

зитарийдин ортосунда түзүлүүчү келишим. Бул келишим эреже катарында каралуучу төмөндөгүдөй негизги жоболорду жөнгө салат: келишим предметин, тиешелүү жактардын укугун жана милдеттерин, инвестициялык декларацияны, жактардын жоопкерчилигин, депозитарийлердин төлөмдөрүн, дагы башка тапшырмаларды (доо-талаштарды, келишимдин шарттарындагы өзгөрүүлөрдү ж. б. чечүүнү).

ДОГОВОР О МАТЕРИАЛЬНОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ – МАТЕРИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК ЖӨНҮНДӨГҮ КЕЛИШИМ – мүлктүн сакталышын камсыз кылуу боюнча тараптардын милдеттерин аныктай турган ишканалар менен кызматкерлердин ортосундагы келишим. Жумушчулар жана кызматкерлер тарабынан келтирилген зыян, алардын мүлктү талапка ылайык жакшы сактабагандыгы үчүн толук же жарым-жартылай материалдык жоопкерчилиги жөнүндө кызматкерлер же жамаат менен келишим түзүлөт. Толук жоопкерчилик жөнүндөгү келишим сактоо, кайра иштетүү, сатуу, ташып жеткирүү, же аларга тапшырылган баалуулукту өндүрүш процессинде пайдалануу менен түздөн-түз байланыштуу иштерди аткарган же иш алып баруучу кызматкерлер менен түзүлүшү мүмкүн. Мындай кызмат аткаргандардын тизмелери, ошондой эле келишимдерди түзүүнүн формалары жана тартиптери Эмгек жөнүндөгү мыйзамдын тийиштүү жоболору жана статьялары менен жөнгө салынат.

ДОГОВОР ПОСТАВКИ – ЖЕТКИРИП-ТАПШЫРУУ КЕЛИШИМИ – чарбалык байланыштардын укуктук формасы жана продукцияларды жеткирип-тапшырып туруучулардын (ишканалардын-даярдоочулардын, арачылардын ж. б.) жана анын керектөөчүлөрүнүн өз ара милдеттенмелери. Бул материалдык-техникалык жактан камсыз кылууда колдонулуучу жана продукциянын тиги же бул түрлөрүн жеткирип-тапшыруу боюнча тараптардын укугун жана милдетин аныктоочу келишимдердин негизги түрү болуп саналат. Жеткирип-тапшыруу келишими боюнча белгиленген мөөнөттө керектөөчүлөргө тиешелүү продукцияны өткөрүп берет да, ал эми кабыл алгандар болсо учурунда төлөп бериши керек. Көпчүлүк учурда сатып алуучунун заказын жеткирип-тапшыруучу жазуу жүзүндө ырастоо менен эки тарап (жеткирип-тапшыруучу жана керектөөчү, сатуучу) келишим түзүшөт. Азыр мындай түрдүү келишимдер түзүүдө көбүнчө факс, интернет сыяктуу техникалык каражаттар керектелип жатат. Келишимде негизинен продукциянын аты, саны, ал эми зарыл болгон учурларда жеткирип-тапшырууга тийиштүү товарлардын ассортименти, сапаты, сорту, комплекттүүлүгү, жеткирип-тапшыруу мөөнөтү (мезгили), продукциялардын баасы, эсептешүү тартиби, эки тараптын тең почталык жана *төлөм реквизиттери*, сатып

алуучунун жөнөтүү реквизиттери (эгерде ал продукцияны сатып алуучу болуп саналса), башка милдеттенмелери жана кошумча шарттары (келишимге кошуу үчүн эки тарап тең зарыл деп эсептешсе) көрсөтүлөт. Мисалы, узак мөөнөттүү жеткирип-тапшыруу келишиминде продукциянын ассортиментин кенейтүү, анын сапатын же айрым техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүн жөнгө салуу, продукцияларды даярдоо жана сатуу процессинде жардам көрсөтүү сыяктуу иштердин аткарылышына эки тараптын милдеттенмелери каралышы мүмкүн.

ДОГОВОР СТРАХОВАНИЯ – КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМИ – камсыздандыруучу менен камсыздануучунун ортосундагы келишим; мында алардын ич-ара милдеттенмелери бышыкталат. Келишим жазуу жүзүндө гана түзүлөт да, бул жекече же жамааттык болушу мүмкүн.

ДОГОВОР ТРУДОВОЙ – ЭМГЕК КЕЛИШИМИ – кызматкер менен жалдоочунун ортосундагы келишим. Ал келишимге ылайык кызматкер белгилүү бир же бир нече кесип, адистик боюнча иштерди аткарууга, ошол ишкананын же мекеменин эмгек тартибине баш ийүүгө милдеттенсе, жалдоочу болсо жумушчуга (кызматкерге) акы төлөөгө жана иш жөнүндөгү мыйзамдар, жамааттык келишимдер жана эки жактын келишими боюнча көрсөтүлгөн эмгек шарттарын камсыз кылууга милдеттенет. Базар экономикасынын шартында бул учурда жалдоочу болуп *ишкана, коом, шериктештик, кооперативдер, ишкерлер*, жарандар болушу мүмкүн. Эмгек келишими көбүнчө белгилүү бир мөөнөткө же тиешелүү бир иш бүткөнгө чейинки жумушка түзүлөт. Өзүнүн унгусу боюнча калыптанган жумуштарды аткаруу үчүн мөөнөттүк келишим түзүүгө жол берилбейт (Кыргыз Республикасынын Эмгек жөнүндөгү мыйзамында каралгандан башкасы; ошондой эле жумушчу тарабынан мындай келишимди түзөм деген талап коюлбаса). Ишке алуу жалдоочунун буйругу менен тужурумдалып, анда ишке алынган кызматкердин кандай ишти аткара тургандыгы так көрсөтүлүүгө тийиш; бул көбүнчө тарифтик-квалификациялык маалымдамага же штаттык эрежеге ылайык келүүсү зарыл. Келишим кандай тартипте түзүлгөндүгүнө карабастан, калыптанган тажрыйбага ылайык келишим түзүлгөн күндөн тартып иш башталгандыгын билдирет. Эгерде түзүлгөн келишимдин мөөнөтү өтүп кетип жумуш улантыла берсе жана аларды жолдоочу ишти токтоткун деп эскертпесе, анда белгисиз мөөнөткө чейин иштөө улантылат деп эсептелет.

ДОГОВОР УЧРЕДИТЕЛЬНЫЙ – УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК КЕЛИШИМ – ишкана мүлкүнүн менчик ээси (анын өкүлдүк органы) менен анын органы катарында ишкананын өзүнүн ортосунда же ишкананы (коомду) түзүү үчүн өзүнүн мүлктөрүн кошуп бириктирүүчү бир нече

жеке менчик ээлеринин арасында түзүлүүчү келишим. *Коомдун* катышуучулары менен *жоопкерчиликтүүлүгү чектелген ишкана* ортосунда бул келишим милдеттүү түрдө түзүлөт. Анда келишим шарты боюнча аны түзүүчү тараптар мыйзамга каршы келбеген ар кандай шарттарды жана абалды киргизе алышат.

ДОГОВОР ХОЗЯЙСТВЕННЫЙ – ЧАРБАЛЫК КЕЛИШИМ – жеке менчикке ээ болуу, аны пайдалануу жана тескөө менен байланыштуу болгон чарбалык иш-аракеттер тармагында чарбалык (мүлктүк) укукту жана милдеттерди белгилөөгө же өзгөртүүгө багытталган өз ара мамилелерди (катыштарды) аныктоочу келишим. Бул белгилүү бир чарбалык максатты ишке ашыруу үчүн багытталган нормативдүү актылар менен жөнгө салынуучу, эки тарап үчүн милдеттүү болуп саналган же алардын ыктыярлары боюнча тапшырмаларга карата жана тапшырмаларды аткаруунун негизинде түзүлөт. Өндүрүп чыгаруу жана эл керектеген товарларды жеткирүү боюнча чарбалык келишим дүңүнөн сатуучу *жарманкелерде* түркүн нерселерди эркин сатуунун негизинде түзүлөт. Бул товарлардын түрлөрүн *(ассортиментти)* пландоо, алардын сапатын жана көрсөткүчтөрүн жогорулатуу үчүн база болуп, ишкананын өндүрүштүк жана социалдык өнүгүшүн аныктайт. Иштеп чыгуунун (ошонун ичинде илимий-изилдөө, өндүрүштүк, конструктордук жана технологиялык иштердин аткарылышына), өндүрүүнүн, сатуунун, ташуунун, сактоонун жана продукцияны пайдалануунун катышуучуларынын ортосундагы чарбалык келишимдин милдеттүү түрдөгү шарты, товарлардын сапатына болгон талаптарды аныктап билүү болуп саналат. Чарбалык келишим жазуу жүзүндө бирден-бир документ катары азыркы техникалык каражаттар (факс, интернет ж. б.) аркылуу пикир алышып, кол коюу менен түзүлөт. *Кара. Договор поставки – жеткирип-тапшыруу келишими.*

ДОЛГ – КАРЫЗ – карызга (мөөнөткө же белгилүү бир шарттар менен) алган акча суммасы.

ДОЛГ, ВНУТРЕННИЙ – ИЧКИ КАРЫЗ – ар бир өлкөнүн ичинде түзүлүүчү карыз. Бул экономика секторлорундагы өз ара карыздарынын жыйындысы болуп эсептелет. Мунун өзүнчө структурасы болот да, төмөндөгүдөй элементтерден куралат: мамлекеттик ички карыз; корпоративдик сектордун карызы жана элдин карыздары.

ДОЛГ, ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ВНЕШНИЙ – МАМЛЕКЕТТИК ТЫШКЫ КАРЫЗ – тындым кылып жабыла элек тышкы зайымдар жана ага төлөнбөгөн пайыздар боюнча мамлекеттин карызы. Бул ушул мамлекеттин эл аралык, мамлекеттик банктарга, өкмөттөргө, чет өлкө менчик банктарына ж.б. карыздарынан топтолот. Мамлекеттик тышкы карыз ич ара учурдагы (төлөө мөөнөтү учурдагы же жакынкы мезгилдеги бюджеттик жылдагы)

жана капиталдык (төлөө мөөнөтү али келе элек карыз) болуп экиге ажырайт.

ДОЛЛАР – ДОЛЛАР (англ. dollar – акча бирдиги). АКШнын, ошондой эле Канада, Австралия, Либерия, Эфиопия сыяктуу бир катар өлкөлөрдүн акча бирдиги. Азыркы кезде булардын ичинен АКШнын долларынын кадыр-баркы ашып-ташып дүйнөнүн көп мамлекеттеринде колдонулуп жатат. Бир доллар 100 центке бөлүнөт.

ДОМОХОЗЯЙСТВО, ДОМАШНЕЕ ХОЗЯЙСТВО – ҮЙ ЧАРБАЧЫЛЫГЫ, ҮЙ ЧАРБАСЫ – экономиканы ресурстар менен камтыган жана алар үчүн алган акчаны адамдын материалдык керектөөлөрүн канааттандыруучу *товарларды* жана *тейлөөлөрдү* алуу үчүн пайдаланган бир же бир нече адамдардан турган чарбакер субъект. Үй чарбачылыгынын кирешелеринин калыптанышынын негизги булактары катары *эмгек акы, жер рентасы,* үнөмдөлгөн акча каражаттарынын же *капиталдын* пайыздары, *пайдалар* ж.б. эсептелет. Эгерде ал туруктуу көлөмдө иштиктүү иш-аракеттерин жүргүзүп жүргөн болсо, анда ишкердиктин гана кирешесин ала алат. Карылар жана үй бүлөнүн эмгекке жараксыз мүчөлөрү пенсия, студенттер – стипендия алышат. Кирешени пайдалануунун багыттары: жеке керектөөлөр үчүн чыгымдар, мисалы, тамак-аш продуктусу жана кийим-кече, өргүүлөр, кыска жана узак убакыт пайдаланууга товарларды алуу; үнөмдөлгөн аманат акчалар (*банктагы* салымдар, камсыздандыруу *полиси, облигациялар, акциялар* жана башка активдер); салыктар. Үй чарбачылыгынын карамагындагы негизги ресурстар – жумушчу күчү; кирешелердин негизги булактары – эмгек акы. Эркин ишкердик үй чарбачылыгындагы менчиктин өндүрүш факторлору менен чектелет да, аларды өзүлөрү пайдалануулары мүмкүн же *ижарага* беришет. Мында өзүлөрү жеке жүргүзгөн *бизнес* арзырлык иш деп эсептелет. Бирок жалдап иштетүүгө караганда кирешелери аз болот. Үй чарбачылыгынын үнөмдөлгөн аманат акча каражаттары анын менчигинде калат, бирок финансылык институттардын (*банктардын, акционердик коомдордун*, фондулардын ж.б.) карамагында болот.

ДОПОЛНИТЕЛЬНАЯ КАРТА – КОШУМЧА КАРТ – Счёттун ээсинин берген ишеним катынын негизинде жана алар тарабынан белгиленген чыгаша лимитинин чегинде, счёттун ээсинин акча каражаттарын тескөөгө картты кармап туруучуга мүмкүндүк берген карт.

ДОРОГИЕ ДЕНЬГИ – КУНДУУ АКЧА – тигил же бул өлкөнүн борбордук банктарынын экономикалык өсүштү кармап турууга, инфляцияны жөнгө салууга жана төлөмдүк баланстын тартыштыгын азайтууга карата жүргүзгөн иш-чараларынан улам кредиттин кунунун өсүшү;

сатып алуучулук жөндөмү жогорулаган акча.

ДОРОЖНЫЙ ЧЕК – ЖОЛ ЧЕГИ – негизинен эл аралык туризмде кеңири пайдаланылуучу төлөм каражаты; кадимки чектен айырмаланып, банктан кардарлар сатып алып, банктын агенти-эмитенти болгон каалаган мекемеде накталай акчага алмаштырууга мүмкүнчүлүк алат. Чекке биринчи жолу сатып алууда жана кайрадан нактайлай акча алууда анын ээси кол коёт, ар кыл номиналдарда жана түрдүү валютада чыгарылат, кээде эсеп-чоту боюнча төлөөгө кабыл алынат.

ДОСТУПНОСТЬ – МААЛЫМАТТАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮ – Талап кылынган мөөнөттөрдүн чегинде тиешелүү маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгү.

ДОТАЦИЯ – ДОТАЦИЯ (лат. dotatio – сый, тартуу). Ишканаларда жана мекемелерде чыгашаларды жабуу же башка максаттар үчүн бюджеттен кошумча төлөнө турган мамлекеттин акча каражаттары.

ДОТАЦИЯ, ЭКПОРТНАЯ – ЭКСПОРТТУК ДОТАЦИЯ – товарларды алып чыгарууга колдоо көрсөтүү максатында экспорттоочуларга мамлекеттик бюджеттен бөлүнүүчү атайын каражат.

ДОХОД – КИРЕШЕ – кеңири колдонулуп, эң эле укмуштуудай өрүшү кенен жана ошол эле убакта ар кандай мааниде пайдаланылуучу түшүнүк. Муну кеңири мааниде алганда ал кез келген акча каражаттарынын агылышын же акча наркына ээ болгон материалдык баалуулуктарды алууну билдирет. Компаниянын кирешесин анын активдеринин көбөйүшү же менчик капиталын көбөйтүүгө алып келүүчү милдеттенмелердин азайышы катарында мүнөздөөгө болот. "Кирешe" түшүнүгү бүтүндөй мамлекетке (улуттук кирешe), ишканага, фирмага (ишкананын дүң кирешеси, таза кирешеси), айрым инсандарга (калктын акча кирешелери, жарандардын анык кирешелери, жеке кирешe) колдонууга жатат. Ишкананын *дүң кирешесине* түшкөн акчаны, товарларды сатуудан жана тейлөөлөрдү көрсөтүүдөн, жумуштарды аткаруудан, мүлктүк баалуулуктарды сатуудан акчалай келип түшкөндөрдү, акчаларды кредитке берүүнүн эсебинен алынган пайыздарды ж.б. акчалай, материалдык келип түшүүлөрдү киргизүү кабыл алынган. *Мамлекеттин кирешесин* негизинен казынага келип түшкөн салыктар, төлөмдөр, чегерүүлөр, рента түзөт. *Жарандардын кирешеси* эмгек акынын, пенсиялардын, стипендиялардын, дивиденддердин, үй чарбасындагы продуктуларды сатуудан келип түшкөн кирешелердин эсебинен калыптанат. Жалпы, дүң кирешe менен материалдык ресурстардын сарпталышынын ортосундагы айырма болуп саналган "таза кирешe" деген сөз айкалышы көп колдонулат. Мындан да кыйла бир жактуу мааниде алып караганда кирешe пайда менен топтолот. "Кирешe" сөзүнүн кандай мааниде колдонулгандыгын түшүнүү үчүн аны жанындагы

жандама *эпитет* менен же болбосо ага кошоктолуп кошулган түшүндүрмө сөздөр менен бирдикте караш керек. *Кара. Валовый доход – дүн киреше. Валовый национальный доход – улуттук дүн киреше. Доходы конечные – акыркы киреше. Чистый доход – таза киреше.*

ДОХОД ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКИЙ – ИШКЕРДИК КИРЕШЕСИ – тиешелүү салыктарды төлөгөндөн кийин ишкердин энчисинде калган пайданын бөлүгү.

ДОХОДЫ НАСЕЛЕНИЯ – КАЛКТЫН КИРЕШЕЛЕРИ – жеке керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн калктын чөнтөгүнө түшкөн каражаттар. Калктын кирешелеринин негизги булактарына төмөндөгүлөр кирет: жумушчулардын жана кызматкерлердин *эмгек акысы,* кооператив мүчөлөрүнүн эмгек акысын акчалай төлөө, коомдук, жеке чарбалардан түшкөн акчалай жана натуралай кирешелер, мамлекеттик коомдук фондуларынан төлөмдөр (пенсия, жөлөк пул, стипендия, ар кандай женилдиктер), зайым, лотерея утуштары, аманат кассасына салынган акча (салымдар) боюнча кирешелер ж.б. Калктын кирешелери ич ара жыйынды, анык, реалдуу кирешелерге ажырайт. Мында калктын ишканалардагы иштеген жумуштары үчүн алгандарынын (кооперативдер кошо), көмөкчү жеке чарбаларынан түшкөндөрүнүн жана жекече ишаракеттеринин башка түрлөрүнөн түшкөндөрдүн, ошондой эле акчалай утуштардын жана керектөөнүн коомдук фондуларынан ыйгарылган женилдиктердин жалпы суммасы жыйынтыкталган кирешенин өзөгүн түзөт. Үй бүлөнүн жыйынды кирешелеринен тейлөө төлөмдөрүн чыгарып салгандан кийинки айырма анык кирешe, ал эми бул түшкөн кирешeден алынган, төлөнүүчү жана акысыз тейлөөлөрдү пайдалануу учурундагы материалдык байлыктардын саны реалдуу киреше болуп эсептелет.

ДОЧЕРНЕЕ ПРЕДПРИЯТИЕ, ОБЩЕСТВО – ТУУНДУ ИШКАНА, КООМ – негизги ишканадан бөлүнүп чыккан, юридикалык жактан өз алдынча ишкана. Мында негизги ишкана өз мүлкүнүн бөлүгүн ага бөлүп берет да, анын уюмдаштыруучусу болуп эсептелет. Көбүнчө ал башкы фирма уюштурган филиалы катарында болот. Туунду ишкананын уюмдаштыруучусу анын уставын бекитип, соңунан аны башкарууга байланышкан, анын ичинде көзөмөлдөө иштерин жүргүзөт.

ДРАФТ – ДРАФТ (англ. draft – чек) – *трассанттын* контрагентке – *трассатка тратта* аркылуу үчүнчү тарапка белгилүү акча суммасын бөлүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү буйругу. *Кара. Тратта.*

ДРУЖЕСКИЕ ВЕКСЕЛЯ – МАМИЛЕ ВЕКСЕЛДЕРИ. Коммерциялык бүтүмгө байланышпаган өз ара мамиле, тосмо *векселдерг;* Мамиле векселдердин бири кредитордо, экинчиси карызкордо (төлөмөр) болот. Ишкерлер ушул вексель аркылуу, банктан аны эсепке алуу менен акча алуу максатында бири-бирине жазып беришет.

Е

ЕВРОВАЛЮТЫ – ЕВРОВАЛЮТАЛАР (англ. Eurocurrencies). – Бул коммерциялык банктардын акча которуу аркылуу ошол *валюталарды* чыгарган мамлекеттерден тышкаркы жерлерде депозиттик-ссудалык операцияларды ишке ашырууну жүргүзгөн чет өлкө валюталары. Мисалы, АКШнын доллары Улуу Британиянын же Германиянын банктарынын эсебиндеги *евродолларлар*. Евровалютанын пайда болушунун экономикалык шартталышы өнүккөн чарбанын айрыкча зор монополиялардын эл аралык кредиттик акчаларга муктаждыктары менен тыгыз байланышкан. Экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөр валюталардын ич ара жүгүртүлүшүн киргизишип, акчаны жүгүртүү жана кредитти жөнгө салуу үчүн валюталык жана кредиттик финансылык чектөөнү активдүү пайдалана баштаган 20-кылымдын экинчи жарымындагы мезгил евровалюталардын чыгышына объективдүү өбөлгө болуп берген. Бул өз кезегинде төлөө балансынын абалынын жакшырышына олуттуу көмөк көрсөткөн. Мына ушундай шарттарда чет мамлекеттеги банктарга акча каражаттарын жайгаштыруу өнүккөн өлкөлөр үчүн кыйла пайдалуу болгон. Алгач мындай көрүнүш АКШнын долларына көбүрөөк тиешелүү болгон. АКШнын төлөм балансысынын өнөкөткө айланган тартыштыгы доллардын Батыш Европа өлкөлөрүнө агылышына түрткү берген да, алар жергиликтүү банктарда жайгаштырылып, евродолларлары деген атка ээ болушкан. Кийинчерек бул термин Европа аймагынан тышкаркы – Канадада, Японияда, Ливанда, Сингапурда ж.б. чет өлкөлүк банктарда *депозитке* өткөн *долларга* карата да колдонулган. Евровалюта – жалпы акча бирдиги катары 2001-жылдан тартып Европанын көпчүлүк мамлекеттеринде киргизилген. Буларга карата азыр *азиядолларлары, арабдолларлары* түшүнүктөрү да колдонулат.

ЕВРОДОЛЛАРЫ – ЕВРОДОЛЛАРЛАР (англ. Eurodollars). Бул *евровалюталар* сыяктуу эле ссудалык капиталдын эл аралык базарында депозит-ссудалык операциялар үчүн пайдалануучу жана чет өлкөлүк банк эсебиндеги долларлар – евродоллары катары эсептелет. АКШнын төлөм балансынын жетишсиздигин жабуу үчүн резервдик валюта катары доллар менен удаалай эле, батыш-европалык өлкөлөрдүн долларды толук пайдалангандыгы евродолларлардын келип чыгышына себепкер болгон. Адегенде евродолларларга чет өлкөлүктөргө тийешелүү жана АКШдан сырткары банктарда, депозитке чыккан долларлар жаткан. Кийин карыздарлар, сонунан кредиторлор катары валюталык базарларда америкалык банктардын жана монополиялардын активдешкенине байланыштуу евродолларлар түшүнүгү кеңейген. Жыйырманчы кылымдын сексенинчи жылдары америкалык банктар евродолларлар базарында нетто-кредитор катары чыгышып, жыйынтыгында алардын кыйла кеңейишине көмөк болгон.

ЕВРОКРЕДИТЫ – ЕВРОКРЕДИТТЕР. Евровалюталык базардын ресурстарынын эсебинен өнүккөн өлкөлөрдүн коммерциялык ири банктары тарабынан берилген эл аралык зайымдар. Мындай зайымдар, эреже катары, жылып туруучу ставкалары менен 2 жылдан 10 жылга чейинки мөөнөткө *банктардын консорциумун* уюштурат. Еврокредиттердин көлөмү карыз алуучунун (зайымчиктин) финансылык репутациясына байланыштуу болот да 20–30 млн доллардан 1–2 млн долларга чейинки чекте болуп турат. Банктардын евровалюта менен болгон операциялары банк-кредитор өлкөнүн иштерди жүргүзүү укугуна туура келбейт жана ошол өлкөдө колдонулуучу акча-кредиттик нормалар менен чектөөлөр аларга таралбайт. Ошондуктан еврокредиттер боюнча кредиттик келишимдер кредитордун жана карызкордун укугу менен милдеттерин аныктоочу бир катар өзгөчө шарттар менен айырмаланат.

ЕВРОПЕЙСКИЙ БАНК РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ – РЕКОНСТРУКЦИЯЛООНУН ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЕВРОПАЛЫК БАНКЫ – Борбордук жана Чыгыш Европанын узак мөөнөттүү кредит берүү боюнча региондук мамлекеттер аралык банкы. 1990-ж. түзүлгөн. Жайгашкан жери Лондон. Мунун мүчөлөрү болуп, 50 өлкө, анын ичинде КМШ мамлекеттери, ошондой эле Европалык инвестиция банкы жана Европа коомдоштугу эсептелет. Банктын максаты – базар экономикасына өтүүдө Борбордук жана Чыгыш Европа, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнө кредиттик жана финансылык көмөк көрсөтүү.

ЕВРОПЕЙСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ СОЮЗ, "ОБЩИЙ РЫНОК" – ЕВРОПАЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК СОЮЗ, "ЖАЛПЫ БАЗАР" – курамына мыкты өнүккөн европа өлкөлөрү (Франция, Германия, Италия, Бельгия, Нидерландия, Люксембург, Улуу Британия, Дания, Ирландия, Греция, Испания, Португалия, Австрия, Швеция, Финляндия) кирген мамлекеттик-монополиялык уюм. Мунун башкы максаты төмөндөгүлөрдү камтыйт: уюмга катышкан өлкөлөрдүн ортосундагы соода-сатыкта бардык чектөөлөрдү барабара жок кылуу; үчүнчү бир өлкө менен соода-сатыкта бажылык жалпы тарифтерди киргизүү; транспорт жана айыл чарба тармагында жалпы саясатты иш жүзүнө ашыруу; валюталык союзду өркүндөтүү; салык системасын бир түргө келтирүү; экономикалык саясаттын макулдашылган башкы принциптери. Европалык экономикалык союздун жетекчи органдары (Европалык Комиссия

жана Министрлер Совети) Брюсселде (Бельгия) жайгашкан. "Жалпы базар" Римде кол коюлган келишимге ылайык 1957-жылы түзүлгөн.

ЕВРОПЕЙСКОЕ СООБЩЕСТВО – ЕВРОПАЛЫК КООМДОШТУК – Европанын 12 мамлекетин (Бельгия, Улуу Британия, Греция, Дания, Ирландия, Италия, Испания, Люксембург, Нидерландия, Португалия, Франция, Германия) камтыган интеграциялык топ. Бул 50-жылдары түзүлгөн. 1967-жылдан баштап жалпы жетекчи органы жана бюджети бар төмөндөгүдөй үч коомдоштуктан түзүлгөн: Европа экономикалык коомдоштугу; Атом энергиясы боюнча европалык коомдоштугу (Евратом); Көмүр жана болот Европа бирикмеси.

ЕВРОРЫНОК – ЕВРОБАЗАР – операциялар евровалютаны керектөөнүн негизинде жүргүзүлүүчү эл аралык кредиттик базар. Бул евроакча базарын, еврокредит базарын, еврооблигация базарын камтыйт. Негизги финансылык борборлордо ири коммерциялык банктар түрүндө болот.

ЕВРОЧЕК – ЕВРОЧЕК – чектин жана чектин кепилдик карточкасынын стандарттык эл аралык формасы. Ал азыр 40 тан ашык өлкөдө накталай эмес төлөмдөр жана 200 миңден ашык банк мекемелеринин накталай акча алуусу үчүн пайдаланылат.

ЕДИНИЦА ИЗМЕРЕНИЯ ПРОДУКЦИИ – ПРОДУКЦИЯЛАРДЫН ӨЛЧӨМ БИРДИГИ – керектелген же чыгарылган продукциянын көлөмүн туюнткан өлчөм. Продукциянын тигил же бул түрүнүн натуралай туюнтулган санын (ишти, тейлөөнү) көрсөтүүчү натуралай өлчөгүчтөр (даана, килограмм, метр ж.б.) жана акчалай наркын көрсөтүүчү, кээде шарттуу өлчөгүчтөр дагы колдонулат.

ЁМКОСТЬ РЫНКА – БАЗАРДЫН СЫЙЫМДУУЛУГУ – товардык сунуштарды (базардын сыйымдуулугун), сурамдын төлөм жөндөмдүүлүгүн, баанын ошол деңгээлиндеги белгилүү убакыт мезгилинде товарларды сатуунун мүмкүн болгон көлөмүн ашкерелөөчү көрсөткүч. Базардын сыйымдуулугун изилдөө жана моделдөө өндүрүштү божомолдоонун жана товардын айлантылышынын товарларга коюлган баалардын деңгээлинин жана катыштарынын маанилүү шарты болуп саналат. *Кара. Прогнозирование товарного рынка – товардык базарды божомолдоо.*

ЁМКОСТЬ ПОТРЕБИТЕЛЬСКОГО РЫНКА – КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨР БАЗАРЫНЫН СЫЙЫМДУУЛУГУ. Убактылуу чекте эсепке алынган белгилүү бир ассортименттеги товарларды сатуу жана калктын төлөмгө жөндөмдүү сурамы менен аныкталган жөндөмдүүлүк; эмгек каражаттары менен буюмдарына чарба тармактарынын сурамдары жана сунуштары менен аныкталат; керектөөчүлөрдүн түрдүү топторунун кирешелеринин көлөмдөрүнө жараша ага көз каранды болуп, баа чыгаруу жана социалдык-экономикалык, демографиялык жактан структуралык жылыштарына тыгыз байланыштуу келет.

ЕСТЕСТВЕННАЯ МОНОПОЛИЯ – ТАБИГЫЙ МОНОПОЛИЯ – товарларды өндүрүп чыгаруу, сатуу жана тейлөөлөрдө расмий таанылган шексиз болуучу монополия; ага колдонулуучу монополизм монополчунун табигый укуктары же бүткүл мамлекет жана калк үчүн экономикалык пайда келтирүү менен шартталган.

Ж

ЖЕЛЕЗНОДОРОЖНЫЙ ИСКЛЮЧИТЕЛЬНЫЙ ТАРИФ – ТЕМИР ЖОЛ ӨЗГӨЧӨ ТАРИФИ – жүргүнчүлөрдү, жүктөрдү темир жол транспорту менен ташууну ургаалдаштырууда төмөндөтүлгөн темир жол тарифи. Европа өлкөлөрүндө кеңири колдонулат.

ЖЕНЕВСКИЕ КОНВЕНЦИИ – ЖЕНЕВА КОНВЕНЦИЯЛАРЫ. 1930–1931-жылдары Женевада өткөн конференцияда төлөм каражаттарында *векселдер* менен *чектерди* колдонуунун тартибин жөнгө салуучу (векселдик жана чектик) ар тараптуу түзүлгөн эл аралык келишимдер. Женева конвенцияларынын негизги максаты векселдик жана чектик мыйзамдарды унификациялоо, ошондой эле айрым мамлекеттерде кабыл алынган укуктук нормалардын ар түрдүүлүгүнөн келип чыккан векселдер менен чектердин эл аралык жүгүртүлүшүнүн тоскоолдуктарын жоюу болуп эсептелет. Мында негизинен төмөндөгү үч документ аныкталган: *1)* котормо жана жөнөкөй вексель жөнүндөгү бир түрдүү мыйзам жөнүндөгү конвенция; *2)* котормо жана жөнөкөй векселдер жөнүндөгү айрым ар түрдүү мыйзамдарды чечүү жөнүндө конвенция; *3)* котормо жана жөнөкөй векселдерден герб жыйымы жөнүндө конвенция. Ушуга 1936-жылы мурдагы СССР кошулган болчу.

ЖЕСТИКУЛЯЦИИ БРОКЕРА НА БИРЖЕ – БИРЖАДА БРОКЕРДИН ЖАНДООЛОРУ – колдору жана манжалары менен белги берип, бүтүм түзүү ыкмасы. Мында *брокердин* колунун кыймыл-аракетинин абалы сатууну же сатып алууну билдирет: эгерде ага карата алаканы ачылган болсо – сатып алат, андан өзүнө каратылса – сатат дегенди туюнтат. Колдорун жана манжаларын түз абалда кармоо менен, брокер манжалары менен өзүнүн абалынын биржалык таблодогу акыркы котировкалануучу баадан канчалык жогору же төмөн экендигин көрсө-

төт. Манжаларын тикелей көтөрүп берген белги (сигнал) сунуш кылынган баа боюнча товарларды сатып алууга же сатууга түзүлө турган контракттардын санына анын даяр экендигин билдирет. Бүтүмдөрдү түзүүнүн мындай системасы брокерлер бирин-бири начар угушуп, залда бир кыйла ызы-чуу болгон учурда өтө оңтойлуу болот.

ЖИЗНЕННЫЙ ЦИКЛ ПРОДУКЦИИ – ПРОДУКЦИЯНЫН УЗАКТЫК ЦИКЛИ – өндүрүп чыгарууга мүмкүн экендигинен тартып, керектелишинин соңуна чейинки белгилүү бир продукцияны (товарды) изилдөө, өндүрүп чыгаруу жана керектөө процесстеринин жыйындысы. Продукциянын узактык цикли – продукцияны алдын ала изилдептекшерүүнү жана долбоорлоону, аны даярдоону, айландырууну, керектөөнү жана таштандыны иштетүүнү камтыйт. Базар мамилелеринин шартында "товардын базардагы узактык цикли" терминин белгилүү бир убакыт аралыгында товар (продукт) *сурамга* ылайык пайдаланылган мезгилге, сатып алуучулар жана сатуучулар үчүн ыңгайлуу баа боюнча сатылууга (базарда сурамдын пайда болушунан тартып, төмөндөп кетишине чейин) жана өзүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн сактай алышына пайдаланылат. Товардын базардагы узактык цикли негизинен төмөндөгүдөй түргө ажырайт: салттуу өсүш (кыйла кеңири таралганы); дүркүрөп өсүш (мында сурам тез өскөн учуру жана узакка чейин жогорку деңгээлде сакталып турушу көрсөтүлөт); сурамдын ылдам өсүшү жана төмөндөшү; узакка чейин сурамдын жогорку деңгээлде сакталып турушу; жыл мезгили боюнча (мезгилдүүлүккө, модага байланыштуу) сурамдын сакталышынын ритмдүүлүгү (ыргактуулугу – гр. rhythmikos – белгилүү бир ырааттуулукта); сурамдын тез төмөндөп кетиши жана токтоп калышы. Салттуу түрү төмөндөгүдөй баскычтарды камтыйт: товардын базарга киргизилиши (анын өздөштүрүлүшү), сатуунун өсүшү, калыптандыруу (өз кемелине келгендик), чыңдалуу жана кулдуйлап түшүү. Булардын ар бири *маркетингдин* максатына жана тактикасына ылайык келип, анын канча убакытка созулушу товардын абалына жана базардын жагдайына тыгыз байланыштуу болот.

ЖИРАНТ – ЖИРАНТ (ит. gronte, girare (une Soma) – суммага айландыруу) – *индоссант* дегенди билдирет.

ЖИРАТ – ЖИРАТ (ит. girate) – *вексель* которулуучу тарап. *Кара. Индоссат.*

ЖИРО – ЖИРО (ит. giro – жүгүртүү, айлануу) – чек менен которуп жазып берүү (*индоссамент* дегендин өзү); эсептешүү чектери аркылуу нактасыз эсептешүүлөрдүн түрү. Өз ара талаптардын жана милдеттенмелердин негизиндеги нактасыз эсептешүү түрүндө ишке ашырылат. Эсептешүү бирдиги катарында жирочек – деп аталган – *жироэсептешүүнүн* улуттук тутумундагы эсептен акчанын которулгандыгы жөнүндөгү документ.

ЖИРОРАСЧЕТЫ – ЖИРОЭСЕПТЕШҮҮЛӨР. Экономикасы өнүккөн өлкөлөрдүн банктары жана аманат кассалары аркылуу жүргүзүлүүчү нактасыз эсептешүүлөрдүн түрдүүлүгү. Жироэсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн аманат салымдар боюнча эсептерден өзгөчө төлөм эсептөө ачылат. Жироэсептешүүдөгү суммалар кадимки эсептөөлөрдөн айырмаланып накталай акчаларга айланылбайт. Жироэсептешүүлөргө, ошондой эле жүгүртүүнүн кредиттик аспаптарынын (векселдер, чектер) жардамы менен ишке ашуучу эсептешүүлөр да кирет [эгерде банктагы өз ара талап кагаздарынын ордуна эсеп кылуу (зачету) акыркы операция боло алса]. Жироэсептешүү термини ошондой эле кеңири мааниде – бардык нактасыз эсептешүүлөрдүн системасын билдирүү үчүн колдонулат.

З

ЗАДАНИЕ НА ПРОЕКТИРОВАНИЕ – ДОЛБООРЛОО ТАПШЫРМАСЫ – долбоорду түзүү (иштеп чыгуу) үчүн документ (негиз). Заказчы тарабынан берилет. Өнөр жай ишканасын долбоорлоо тапшырмасында төмөндөгүдөй негизги маалыматтар камтылат: объектинин аталышы, курула турган жери, долбоорлоонун негиздери; продукциянын негизги түрлөрүн чыгаруу боюнча кубаттуулугу же өндүрүмдүүлүгү; келечектеги объектинин адистештирилүүсү, өндүрүштүк жана чарбалык кооперативдештирүү; чийки заттарды жана материалдарды, энергияны, отунду, сууну алуунун негизги булактары жана аларга болгон керектөөлөр; айлана чөйрөнү коргоо боюнча шарттар; объектини кенейтүүгө белгиленген негизги технологиялык процесстер жана жабдуулар, капиталдык салымдардын багыттал-ган өлчөмдөрү. Транспорттук курулуштарды долбоорлоодо ташуунун өлчөмү, жолдордун багыты жана кыймылдын уюштурулушу көрсөтүлөт; калк жашай турган кыштакты долбоорлоодо жашоочу калктын саны, турак жайдын өлчөм-чени, үйлөрдүн бийиктиги, маданий-тиричилик объектилердин (мектеп, ооруканалар ж.б.) тейлөө жөндөмдүүлүгү жана курамы толук эске алынат. Курулуштун мөөнөттөрүн жана көлөмдөрүн кыскартуу, капиталдык салымдардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында типтүү долбоорлорду пайдалануу кеңири каралат. *Кара. Проектирование — долбоорлоо.*

ЗАДАТОК – ШЕРТПУЛ – *келишимдин* бир тарабынын экинчи тарабына төлөмдөрдүн эсебинен жана

бардык милдеттенменин аткарылышын камсыз кылуу үчүн алдын-ала берилүүчү акча суммасы же баалуу мүлк. Шертпул берүүчүнүн күнөөсүнөн келишим аткарылбай калган учурда, ал тиешелүү шертпулдан ажырайт. Келишимди аткарбай койгон тарап шертпулду ээсине кайра кайтарат, болгондо да, келишимде алдын ала каралып көбөйтүлгөн өлчөмдө төлөп берет. Ошону менен бирге күнөөлүү тарапка башка тараптын шертпул менен толуктай албай калган зыяндын ордун толуктоо милдеттендирилет (эгерде ал келишимде башкача каралбаган болсо).

ЗАЁМ – КАРЫЗ – алдын ала макулдашылган шартта карызга акча (мүлк) алуудагы жүргүзүлгөн финансылык операция; жарандык-укуктук келишимдин негизинде бир тарап (карыз берүүчү) экинчи тараптын (карыз алуучу) менчигине (пайдалануга) акча же белгилүү бир белгилери (сандык, салмактык, өлчөм ж. б.) бар мүлктү берет. Ал эми карыз алуучу өз кезегинде аларды макулдашуу аркылуу (ушундай эле суммадагы акчаны же ошондой эле түрдөгү, сандагы жана сапаттагы буюмду) кайтарууга милдеттенет. Келишим пайызсыз болушу да ыктымал; пайызын төлөтүп алуу мыйзамда каралган учурларда гана ишке ашырылат. Мисалы, кредиттик мекемелер, шаардык *ломбард* ж. б. менен карызга берүү операцияларында ишке ашырылышы мүмкүн. Келишим белгилүү бир мезгилге же белгисиз убакытка оозеки же (көбүнчө) жазуу түрүндө түзүлөт. *Кара. Кредит, ссуда.*

ЗАЁМ БАНКОВСКИЙ – БАНКТЫК КАРЫЗ – нормативдик актыларда каралган тартипте ишканаларды (уюмдарды, мекемелерди), жарандарды кредиттөө процессинде банктар берүүчү акча каражаттары. Кредиттик-финансылык мекеме (банк) менен карыз алуучунун ортосундагы өз ара катнаштар келишим аркылуу бышыкталат да, ошол келишимге ылайык бир тарап (банк мекемеси) экинчи тарапка белгилүү өлчөмдөгү акча суммасын берүүгө милдеттенет. Ал эми карыз алуучу аны арналышы боюнча максаттуу жумшап, аны пайдалангандыгы үчүн пайызын төлөп берүү милдетин мойнуна алат. Карызды өз убагында төлөп бере албагандыгы үчүн карызкордон [лат. cliens (clientis) – муктажкер] жогорулатылган өлчөмдө пайыз кармалат (жогорулатылган пайыз боюнча кошумчалап эсепке киргизүүдөн жасалган сумма); бул келишимдин аткарылбагандыгы үчүн айып төлөмдүн бир түрү катары каралат. Эгерде карыз алуучу кредиттөөнүн шарттарын бузса, банк ага *санкция* – кредиттик иш-аракет чараларын колдонот (мисалы, кредиттөөнү бүт бойдон же анча-мынча токтотуп коёт да, карыз алган сумманы мөөнөтүнөн мурда төлөтүп алат. *Кара. Кредит; Ссуды банка — банк ссудалары.*

ЗАЁМНЫЕ СРЕДСТВА – КАРЫЗ КАРАЖАТТАРЫ. Карыздык каражаттар – коммерциялык же адистештирилген банктагы ишкананын, мекеменин убактылуу пайдаланышы үчүн акча каражаттары. Кыска мөөнөттүк банк *кредити* катарында ишканалар алган айланым каражаттарынын бир бөлүгү. Алардын зарыл түрдө болушу төмөндөгү менен шарталат: менчик айланым каражаттары ишкананын иш-аракеттеринин нормалдуу ишке ашырылышы үчүн анын керектөөсүн минималдуу түрдө гана жаба алат (албетте алардын жетишпей тургандыгы, мисалы *инфляциянын* шарттарында айдан ачык). Өндүрүш планынын ашык аткарылышына, даяр продукциялардын жөнөтүлүшүнүн кечиктирилишине, өндүрүштүн жүрүшүнүн же чийки затты жеткирүүнүн кылкасыздыгы, ошондой эле башка факторлорго байланыштуу келип чыккан кошумча керектөөлөр убактылуу маанайда болуп, банктын кыска мөөнөттүк кредиттери менен жабылышы мүмкүн. *Кара. Кредитование кредиттөө.*

ЗАКАЗЫ – ЗАКАЗДАР. Ишканалар менен фирмалардын ишкердигин жүзөгө ашыруунун жана жөнгө салып туруунун экономикалык жана укуктук формасы. Продукцияны өндүрүүгө жана берип турууга мамлекеттик заказ анын маанилүү формасы болуп эсептелет.

ЗАКЛЮЧИТЕЛЬНЫЙ БАЛАНС – ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ БАЛАНС. Жыл аяктаганда түзүлүүчү баланс.

ЗАКОН ПРЕДЛОЖЕНИЯ – СУНУШ МЫЙЗАМЫ – сатуу үчүн сунуш кылынышы мүмкүн болгон товардын баасы менен анын санынын ортосундагы түз ара байланышты аныктоочу мыйзам.

ЗАКОН СПРОСА – СУРАМ МЫЙЗАМЫ – товардын баасы менен анын керектөөчүлүк тандоо ыктымалдыгынын ортосундагы өз ара кайтарымдуу байланышы. Тагыраак айтканда, товардын сурамынын өлчөмү баанын өсүшүнө жараша төмөндөп, ал эми баа төмөндөгөндө өсөт.

ЗАКОН СТОИМОСТИ – НАРК МЫЙЗАМЫ. Товар өндүрүүчүлөрдүн ортосундагы байланышты жөнгө салып туруучу объективдүү мыйзам. Товардык өндүрүштүн шарттарында коомдук эмгекти бөлүштүрүү жана кызыктыруу, товарды өндүрүү жана алмаштыруу алардын наркынын көлөмүнүн негизинде жүзөгө ашырылат. Ал эми нарктын өлчөмү болсо коомдук зарыл болгон эмгек чыгымдары менен өлчөнөт.

ЗАКУПОЧНЫЕ ЦЕНЫ – ДҮҢҮНӨН САТЫП АЛУУ БААСЫ. Айыл чарба продукцияларын дүңүнөн сатып алуудагы баалар. Азыр даярдоочу уюмдар, жеке коомдор ж. б. фермер, дыйкан чарбаларынан, кооперативдерден, калктан ушундай сатып алуу баасынын негизинде продукцияларды алышат. Сатып алуу баасы боюнча фермерлер, кооперативдер ж. б. айыл чарба ишканалары, уюмдар өзүлөрү иштеп чыгарып даярдаган айыл чарба продукцияларын мамлекетке дагы өткөрүшөт. Сатып алуу баасын, ошондой эле айыл чарба продукциялары үчүн мамлекеттик сатып алуучулар, арендаторлор жана дыйкан чарбаларынын ортосундагы эсептешүүлөрдө пайдаланышат. Сатып алуу баасы структурасы боюнча ишкананын дүң

баасынын структурасына жакындашат да, продукцияны өндүрүп чыгарууга жумшалган чыгымды жана нормативдүү пайданы камтыйт. Баалардын деңгээлине өнөр жай продукцияларынын (техника, жер семирткич, өсүмдүктөрдү коргоонун химиялык каражаттары, электр энергиясы, күйүүчү-майлоочу материалдар ж. б.) дүң баасы таасир этет; ошол баалар боюнча бул продукциялар фермерлерге, кооперативдерге сатылып турат. Сатып алуу баасы айыл чарба чийки заттарынан иштелүүчү жеңил жана тамак өнөр жайларынын продукцияларынын чекене баалары менен тыгыз байланыштуу болот. Базар мамилесине өтүү мезгилинде сатып алуу баасы аштыктын негизги түрлөрүнө, пахтага, кант кызылчасына, күн карамага, чайга, малга, сүткө, жүнгө, тамекиге жагдайга карата ылайыкталып түзүлөт. Айыл чарба продукцияларынын калган бөлүгү *келишимдик баада* же мамлекеттик деңгээлдеги баа боюнча сатылат. Статистикалык органдар жыл сайын өнөр жай продукцияларынын жана айыл чарбасын тейлөө жумуштарынын кымбаттоо өлчөмдөрүн аныктап белгилешип, ошолордун негизинде сатып алуу бааларына өзгөрүүлөр киргизилиши мүмкүн.

ЗАЛОГ – КҮРӨӨ – тиешелүү милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуунун ыкмасы. Бирөөдөн кандайдыр бир мөөнөткө пайдалануу үчүн *сом, доллар* же башка *баалуу кагаздарды* алгандан кийин аларды кайтарып бергенге чейин акчасын алган кишиге өткөрүп койгон буюм, мүлк. Эгерде карызкор адам алган милдеттенмесин аткарбай койгон учурда *кредитчи* күрөөгө коюлган мүлктүн наркынан пайдалана берүүгө акылуу. Ал түзүлгөн келишимдин же мыйзамдын негизинде ишке ашат. Күрөөнүн келишим боюнча берилүүчү түрү кыйла кеңири таралган. Мында карызкор адам (же үчүнчү тарап) өз эркин менен мүлкүн күрөөгө коёт да, бул жөнүндө кредитор менен келишим түзөт. Күрөө тактап айтканда карыз боюнча түзүлгөн келишимдин, ошонун ичинде банк ссудасы сатып алуу-сатуу, жеткирип-тапшыруу ж. б. түзүлгөн келишимдердин негизинде келип чыккан талаптарды гана камсыз кылат. Келишим менен катар күрөө жөнүндө дайыма дагы бир башка келишим түзүлүүгө тийиш. Анын аткарылышы уятсыз карызкор адамдардан кредиторлордун кызыкчылыгын сактап калууга багытталат. Мындай карызкордун кимдир бирөө менен күрөө жөнүндө макулдашып келишим түзүшүнө мыйзам жол бербейт. Эгерде андайга кичине эле мүмкүнчүлүк түзүлсө, өзүнүн күрөөгө койгон мүлкүн башка кредиторлордун талабы боюнча төлөмдөрдөн чыгарып кетүүгө мүмкүнчүлүк алат. Күрөөнү камсыз кылуучу милдеттенме келишими башка кредиторлордун талаптарына ылайык келбей, жалган түзүлүп калбашы керек. Талап кылуу өлчөмдөрүн коюлган күрөө камсыз кыла ала тургандыгы тараптар жагынан макулдашылган шарттардын негизинде белгиленет. Мисалы, белгилүү бир мүлктү сатып алууга-сатууга

келишим түзүлсө, ал мүлк сатып алуучуга дароо берилет да, ал эми акчасын кайтарып берүү, айталы бир жылдан кийин жүргүзүлөт. Бул учурда талап жөнүндө төлөө маселеси бир жылдан кийин гана келип чыгат, бирок бул талапты камсыз кылуучу күрөө жөнүндөгү келишимди ошол замат түзүш керек. Милдеттенмелерди аткарбай койгондуктан же тийиштүү даражада аткарбагандыктан келип чыккан зыяндар жөнүндөгү талаптарды да күрөө камсыз кылышы мүмкүн. Күрөөнүн түпкү уңгусу ар кандай мүлк болуп саналат, ал мүлк мыйзамга ылайык күрөөгө коюучу тараптын, мисалы, буюмдарга, *баалуу кагаздарга,* башка мүлктөргө ээлик кылуудан жана мүлк укугунан ажыратылышы мүмкүн. Күрөөгө коюучу коюлуучу мүлктүн менчик ээси болууга тийиш, мисалы, эгерде бул ишкана болсо, анда ал чарбаны толук жүргүзүүгө укуктуу болушу зарыл. Келишим боюнча милдеттенме толук аткарылар замат жана документтер менен (мисалы, өткөрүп берүү-кабылдоо актысы, кредитордук тил каты, жеткирип-тапшырылган жана башка документтер менен) ыраасталгандан кийин күрөө күчүн жоготуп, анын укугу токтотулат. Эгерде карызкор өзүнүн милдеттенмесин мөөнөтүндө аткарбай койсо, мындай учурда кредитор күрөөгө коюлган мүлктөн төлөтүп алууга укуктуу; бул үчүн соттун же башка органдын (арбитраждын ж. б.) чечими негиз болуп берет. Кредиторго берүүнүн формасы боюнча күрөө – *мүлктү күрөөгө коюу* жана *ипотека салуу* (кепилдик коюу) болуп бөлүнөт. *Кара. Депозиты – депозиттер, Кредит ипотечный – ипотекалык кредит.*

ЗАНЯТОСТЬ – ЖУМУШТУУЛУК – иш-аракеттердин бардык түрлөрүнө калктын катышуусуна байланыштуу экономикалык катыштардын жыйындысы. Бул мамлекеттик ишканалардын, уюмдардын жумушчуларынын жана кызматкерлеринин, коомдук өндүрүштө иштегендердин, жеке менчик көмөкчү чарбаларда, кооперативдерде иш алып баргандардын, индивидуалдык эмгек аракеттери менен илешкендердин, фермер-дыйкандардын, окугандардын, аскердик кызмат өтөп жүргөндөрдүн ж. б. сандары боюнча аныкталат. Жумуштуулук ич ара төмөндөгүдөй экиге ажыратылат: негизги жумуштуулук (негизги жумуш оруну боюнча иш-аракеттери); кошумча жумуштуулук (негизги иш убакытынан арткан бош убактылар). Өлкөнүн эмгекке жөндөмдүү калкынын ишке илешип жүргөндөрүнүн үлүшү жана эмгек ресурстарынын жалпы саны эмгек потенциалын пайдалануунун ченемин аныктайт. Көп өлкөлөрдө азыр эмгегине акы алуу үчүн кандайдыр бир ишти аткарып жүргөн инсандардын же кирешенин башка түрлөрүн алуу максатында эмгектенип жүргөндөрдүн санын жумуштуулук деп эсептешет. БУУнун сунуштарына ылайык "жумуштуулукка" ушул учурда жалданып иштеген же өзүнчө иштөөчү болуп саналган жумушка жөндөмдүү инсандар кирет. Жалданып иштөөчү-

лөргө эмгектин эл аралык уюму (ЭЭУ) иштеп жүргөн жана өзүнүн милдетин аткарган инсандарды, ошондой эле эгерде алар жумушчулардын тизиминде катталып, бирок каттоо мезгилинде убактылуу жок болуп калган инсандар да жумуштуулукка киргизилет. Ал эми өз алдынча иш жүргүзгөн чакан ишкерлер жана жумушчу күчүн жалдабоочу фермерлер, зэн-эркин кесипчиликти аркалаган инсандар, майда кол өнөрчүлөр, ошондой эле үй-бүлөөсүнө жардам берүүчүлөр, үй жумушун аткаруучулар дагы жумуштуулук тобуна кошулат.

ЗАПАС СТРАХОВОЙ – КАМСЫЗДАНДЫРУУЧУ КОР. Башында каралганга салыштырмалуу тапшыруу, төгүү азайып кеткен учурда өндүрүштү үзгүлтүксүз жабдууга керектөө үчүн атайын сакталган ресурстардын кору.

ЗАПАСЫ ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ – ӨНДҮРҮШТҮК КОР. Ишканалардын өндүрүш чөйрөсүндөгү айланма каражаттарынын бир бөлүгү.

ЗАПРОС – СУРАМ – сатып алуучулар жөндөмдүүлүгү менен бекемделген керектөөлөр; кандайдыр бир иш боюнча расмий түшүнүк талап кылуу (мисалы, депутаттын сурооталабы).

ЗАТРАТЫ – САРПТООЛОР – материалдык, табигат ж. б. ресурстарынын чыгымдалышы.

ЗАТРАТЫ НА ПРОИЗВОДСТВЕ — ӨНДҮРҮШ ЧЫГЫМДАРЫ — ишканалардын (фирмалардын ж. б.) өндүрүштүк иш-аракеттери менен байланыштуу чыгымдар. Бул натуралай жана акчалай туюнтулуп эсептелинет. Чыгымдарга чийки заттар жана материалдар, сатып алынуучу буюмдар жана жартылай фабрикаттар менен энергиянын бардык түрлөрү, акчалай туюнтулган негизги өндүрүштүк фондуларды пайдалануу (амортизациялык чегерүү), ошондой эле эмгекке төлөөгө жумшалган чыгымдар (натуралай туюнтулуп өлчөнүүчү жумушчу-сааттар же норма-сааттар, акча менен туюнтканда – эмгек акынын өлчөмү) кирет. Өндүрүш чыгымдары акчалай туюнтулганда өндүрүшкө чыгымдалуучу сметада чагылдырылат. Алардын структурасы өнөр жай жана өндүрүш тармактары болуп айырмаланышат. Мисалы, материалдык чыгымдар басымдуулук кылган жайларда, өндүрүш материал-сыйымдуулук, эмгек акы – эмгек сыйымдуу, энергия-ресурстарына карата чыгымдар – энергия сыйымдуу, амортизациялык чегерүүлөр – фонд сыйымдуу болуп саналат. *Кара. **Себестоимость продукции – продукциялардын өздүк наркы, Издержки производства – өндүрүш чыгымдары.***

ЗАТРАТЫ ПО ЛИКВИДАЦИИ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУНУ ЖОЮУ БОЮНЧА ЧЫГЫМДАР – жиктеп ажыратуу, демонтаждоо, ташуу ж.б. операциялар менен тыгыз байланыштуу негизги фондуларды жоюу боюнча чыгымдар.

ЗОЛОТАЯ ОГОВОРКА – АЛТЫН ШАРТ, АЛТЫН ЭСКЕРТМЕ. Алтындын салмактык санына келишимде шартталган төлөө учуруна ылайык товар үчүн төлөө же кредитти жабуу жөнүндө соода келишимдериндеги, кредиттик жана төлөм келишимдериндеги шарт. Алтын шарт милдеттенмелерде көрсөтүлгөн валюталардын кандайдыр бир жагдай менен арзандап кетүүсүнөн *кредиторлор* менен сатуучуларды коргойт.

ЗОНЫ СВОБОДНОГО (СОВМЕСТНОГО) ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА – ЭРКИН (ОРТОК) ИШКЕРДИК ТИЛКЕСИ – белгилүү бир өлкөнүн тигил же бул бөлүгүндө жергиликтүү жана чет элдик ишкерлерге өндүрүштү тез өнүктүрүү, аны туура билгичтикте уюштуруу, мол киреше алууга кызыктыруу үчүн тиешелүү жеңилдиктер берилген аймак. Мындай тилкелерде чет элдик капиталды тартуу, жаңы техниканы жана технологияны ылдам өздөштүрүү, экспорттук потенциалды күчөтүү ж.б. түрткү болгудай (жеңилдетилген) бажы салыгы, визит ж.б. режимдери киргизилет. Булардын көп түрдүүлүгүнө (эркин соода зонасы, биргелешкен орток ишкердик өзгөчө экономикалык, экспорттук-өндүрүштүк ж.б.) карабастан, алардын негизги түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот: үлгүлүү бажылык салыгына жана жөнөкөйлөтүлгөн бажылык көзөмөлүнө ыктаган тышкы-экономикалык иш-аракеттерине байланыштуу тилкелер; функционалдык тилкелер (мисалы, технологиялык парктар, технополюстар, эркн менен камсыздандыруу ж.б.); тышкы-экономикалык иш-аракеттерден жана ошол тиешелүү аймактын экономикасын өнүктүрүүнү ылдамдатуунун эсебинен пайданы көбөйтүү максатында бир топ жеңилдиктерди пайдалануу аркылуу иш жүргүзүүчү комплекстүү тилкелер. Алар ич ара туюкталган (жалаң гана экспорт жасоого жана валюталык запасты арбытууну) жана интеграцияланган (тышкы базарга, ошондой эле өндүрүштү өркүндөтүүгө, *инфраструктуранын* өнүгүшүнө жана региондун социалдык чөйрөсүн жакшыртууга багытталган) болуп экиге ажырайт. Бул багыт боюнча азыр дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө топтолгон бай тажрыйба эң эле арбын. Учурунда Кыргызстандын аймагында дагы бир катар ишкердик эркин соода тилкелери уюштурулган. Булардын ичинен Бишкек Эркин Экономикалык тилкесинин иши дурус жолго коюлуп, эл аралык нуктагы талапка ылайык иш жүргүзүүгө, кирешени билгичтикте арбытуу боюнча аракет кылынып жатат.

ЗОНА СВОБОДНОЙ ТОРГОВЛИ ПРОМЫШЛЕННЫМИ ТОВАРАМИ – ӨНӨР ЖАЙ ТОВАРЛАРЫН ЭРКИН САТУУ ТИЛКЕСИ. Европадагы соода жүргүзүү тилкеси. Мунун чегинде өнөр жай товарларын сатууга бажы тартиби жана сан жагынан эч чектөө коюлбастан жүргүзүлө берет. Жыл өткөн сайын бул сыяктуу соода тилкелери зарыл экендиги ашкерленип, ийгиликтүү өнүгүп жатат.

И

ИДЕНТИФИКАЦИЯ – ИДЕНТИФИКАЦИЯ – Пайдалануучунун ким экендиги көрсөтүлгөн адамдын атына жана анын ыйгарым укуктарына ылайык келүүсүн текшерүү процедурасы.

ИЗДЕЛИЕ ГОТОВОЕ – ДАЯР БУЮМ – андан ары карай иштетүүгө, кайра сатууга чегерилбестен акырына чейин пайдалануу максатында сатылып алынган түрдүү нерселер, буюмдар. *Кара. Продукция готовая – даяр продукциялар.*

ИЗДЕЛИЯ КОМПЛЕКТУЮЩИЕ – КОМПЛЕКТТЕЛҮҮЧҮ БУЮМДАР – белгилүү бир ишканада даярдалып, кандайдыр бир башка *продукциянын* курамында керектелүүчү буюмдар.

ИЗДЕРЖКИ ВНЕШНИЕ – ТЫШКЫ ЧЫГЫМДАР – ишканалардын башка уюмдарга (фирмаларга, ишканаларга) же бүтүндөй өлкө, региондун мойнуна жүктөлүүчү *өндүрүштүк* же дагы бир башка пайда болуучу *чыгымдар.* Бул табигатка, калктын ден соолугуна ж.б. келтирилген зыяндарын, ошондой эле сапаттуу жумушчуларды, адистерди даярдоо, фундаменталдуу изилдөөлөрдү ж.б. жүргүзүү (мамлекет өз мойнуна алууга муктаж болгон же өз мойнуна алган) боюнча жумшалуучу каражаттарды жабууга байланыштуу келип чыккан чыгымдар.

ИЗДЕРЖКИ ВНУТРЕННИЕ – ИЧКИ ЧЫГЫМДАР – ишкана же мекеменин жумуштарын каржылоого кеткен *өндүрүш чыгымдары.* Аларга чарба жүргүзүүчү субъекттин түздөн-түз чыгымдары дагы толук эсепке алынат.

ИЗДЕРЖКИ ПЕРЕМЕННЫЕ – ӨЗГӨРҮЛМӨ ЧЫГЫМДАР – өндүрүш өлчөмүнө жараша түз шайкештикте өзгөрүүчү сарптоолор; мындай сарптоолордун мисалы катары өндүрүшкө сарпталуучу чийки зат, технологиялык муктаждыктар үчүн жылытуунун, жарыктандыруунун жана электр энергиянын наркы эсептелет.

ИЗДЕРЖКИ ПОСТОЯННЫЕ – ТУРАКТУУ ЧЫГЫМДАР – өндүрүштүн көлөмүнүн өзгөрүшүнө көз карандысыз өндүрүштүк сарптоолор. Буларга, эреже катары, тейлөөгө жана башкарууга жумшалган сарптоолор кирет.

ИЗДЕРЖКИ ПРЕДЕЛЬНЫЕ – ЧЕКТЕЛГЕН ЧЫГЫМДАР – *1)* продукциялардын кошумча бирдигин чыгаруу үчүн зарыл болгон өндүрүштүн кошумча чыгымдары. *2)* өндүрүп чыгаруу көлөмүнүн бир бирдигине көбөйүшү менен келип чыккан жыйнакталган чыгымдардын өсүү ченеми.

ИЗДЕРЖКИ ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ – ӨНДҮРҮШ ЧЫГЫМДАРЫ – ишкананын продукцияны өндүрүп чыгарууга жана аны сатууга, керектелүүчү материалдык каражаттарына (*чийки зат, материал, отун, энергия, жабдуу* ж.б.), зарыл болуучу эмгекке жумшалуучу (товарды чыгаруу үчүн керектелген эмгек) акча каражатынын жыйындысы. Акчалай туюнтулганда алар *продукциянын* өздүк наркын, ишкананын күнүмдүк жумшалган чыгымдарын түзөт. Алардын өлчөмдөрүнүн негизинде, ошол эле убакта максималдуу сурамга жараша товардын минималдуу баасы дагы белгиленет. Ишкана (компания, фирма) товардын *баасын,* аны өндүрүп чыгаруу, бөлүштүрүү жана сатуу боюнча жумшалган каражат жана тобокелдик кылуу үчүн пайданын накай нормасын киргизүү менен бардык чыгымдарды толук жапкандай кылууга аракет жасайт. Ишкананын чыгымдары туруктуу жана өзгөрүлмөлүү болуп эки түргө ажырайт. Мында туруктуу чыгым *(кошумча чыгашалар)* негизинен өзгөрүүсүз кала берет да, өндүрүштүн көлөмүнө байланышпастан ишке ашырылат. Өзгөрүлмөлүү чыгым ага түздөн-түз байланыштуу болот. Продукция бирдигине карата эсептегенде алар адатта өзгөрүүсүз калат. Ал эми мунун өзгөрүлмөлүү болушунун себеби, алардын жалпы суммасы товардын өндүрүштүк бирдигинин санына (көлөмүнө) жараша өзгөрүлүп турат. Туруктуу жана өзгөрүлмөлүү чыгымдардын өлчөмү өндүрүштүн ар бир конкреттүү жагдайында дүң чыгым болуп эсептелет. Айлана чөйрөнүн тиешелүү факторлорунун тийгизген катышына жараша *өндүрүш чыгымы ички* жана *тышкы* болуп бөлүнөт. *Кара. Издержки внешние – тышкы чыгым, Издержки внутренние – ички чыгым.*

ИЗДЕРЖКИ ТОРГОВЫЕ – СООДА ЧЫГЫМДАРЫ – товарларды же тейлөөлөрдү сатуу менен шартталган чыгымдар. Буларга жарнамага жумшалган каражаттар жана сатуудан кийинки тейлөөсүн кызыктырууга жана товарларды көргөзмөгө алууга кеткен чыгымдар, ошондой эле соода кызматкерлери үчүн комиссиялык төлөмдөр, эмгек акылары кирет.

ИЗДЕРЖКИ ТРАНСПОРТНЫЕ – ТРАНСПОРТТУК ЧЫГЫМДАР – транспорттун бардык түрлөрүнүн ишканалары тарабынан жүргүнчүлөрдү, жүктөрдү ташуу жумуштарына кеткен чыгымдар.

ИЗДЕРЖКИ ХРАНЕНИЯ – САКТОО ЧЫГЫМДАРЫ – сатып алуучуларга (керектөөчүлөргө) жеткиргенге чейин кампаларда, базаларда ж.б. жайларда сакталган товарга (продукцияга, буюмга) жумшалуучу чыгымдар.

ИЗДЕРЖКИ ЯВНЫЕ – АЙКЫН ЧЫГЫМДАР – зарыл болгон ресурстарды тыштан сатып алууга кеткен ишкананын чыгымдары; түздөн-түз өндүрүшкө жана сатууга байланышы жок, жаап-жашырылган чыгашаларды алып салгандан кийинки ишкананын чыгымдары.

ИМИДЖ – ИМИДЖ (англ. image – образ, форма, икона, көркөм элестетүү) – товарды даярдоочунун же сатуучунун кызматы, товары тууралуу жакшы пикирди такай сактоого жана күчөтүүгө жасаган аракети. Товардын, кызмат көрсөтүүнүн, ишкананын аброюн көтөрүү базар алкагында дурус абалды сактоосуна олуттуу өбөлгө түзөт. Аны ушундай деңгээлге көтөрүүдө реклама кызматын билгичтикте пайдалануу олуттуу маселе болуп саналат. Экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдө натыйжалуу имиджди түзүү боюнча иш-аракеттердин жыйындысын *паблик релейшинз* деп аташат. Адатта ага фирманын керектөөчүлөр үчүн продукциянын коопсуздугун жогорулатуу, экологиялык таза технологияны киргизүү, жумушчу-кызматкерлердин социалдык-экономикалык бакубаттуулугу жөнүндө кам көрүү, кайрымдуулук акцияларын өткөрүү ж.б. боюнча иш-аракеттери кошулат.

ИММОБИЛИЗАЦИЯ ОБОРОТНЫХ СРЕДСТВ – АЙЛАНЫМ КАРАЖАТТАРДЫН ИММОБИЛИЗАЦИЯЛАНЫШЫ (лат. immobilis – кыймылсыз) – айланым каражаттарын чарбалык айланымдан которуу, максаттуу нукта пайдаланбоо. Бул көбүнчө фирманын финансылык-чарбалык тартибинин солгундашынын кесепетинен келип чыгышы мүмкүн. Мындай көрүнүш ишканалардын иш-аракеттеринин өзгөчөлүктөрү менен шартталышы *айланым каражаттарынын* айланымдуулугун басаңдатууга алып келет, бул өз кезегинде нормадан жогору жана товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча топтолушуна байланыштуу болот да, айланым каражаттарын *дебитордук карызга* ж.б. иштерге чегерип, максаттуу тикелей арналышына (мисалы, *капиталдык курулушка*) көңүл бурулбай калат. Айланым каражаттарынын иммобилизацияланышы ишканалардын төлөм жөндөмдүүлүгүн начарлатат, анын суммасы *бухгалтердик баланс* боюнча эсептелет.

ИМПОРТ – ИМПОРТ (англ. import – тартып киргизүү, четтен келтирүү) – өлкөнүн ички базарында сатуу (пайдалануу) үчүн *товарларды, тейлөөлөрдү, баалуу кагаздарды* ж.б. материалдык баалуулуктарды чет өлкөлөрдөн ташып келүү; ошол өлкөнүн товарларды жана тейлөөлөрдү алуу боюнча башка өлкөлөрдө жүргүзүлгөн *жеке* жана *юридикалык жактардын* чыгымдары. Анын структурасы ар кандай өлкөлөрдүн табигат шарттарынын өзгөчөлүктөрүнө экономикасынын өнүгүшү жана эмгектин эл аралык бөлүнүшүндөгү ролу менен аныкталат. Тигил же бул өлкө табигат шартынын өзгөчөлүгүнө карата аймагында жок кен байлыкты (мунай, газ, темир, көмүр ж.б.), айыл чарбалык чийки заттарды жана азык-түлүктүн айрым түрлөрүн импорттойт. Эл аралык калыптанган тажрыйбага ылайык өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдүн көпчүлүгү мыкты чыгарылган машиналарды жана жабдууларды алуу жагынан импорт үлүшүн бир азга көбөйтүшсө, өнүгүп келе жаткан

өлкөлөрдүн басымдуусу үчүн машиналарды жана жабдууларды ташып келүүсү менен экономикасында өнөр жай тармактарынын үлүшүн арбытуу олуттуу болуп саналат, ошол эле учурда айыл чарбасынын артта калышынын кесепетинен бир топ азык-түлүк товарлары ташылып келинип ишканалардын технологиялык процесстерин жаңылоого муктаждыгы күчөйт.

ИМПРИНТЕР – ИМПРИНТЕР – кагаздык алып жүрүүчүдө түзүлгөн карттын рельефтик реквизиттерин слипке (карт-счетко) көчүрүү жолу менен транзакцияларды каттоо үчүн механикалык түзүлүш.

ИМУЩЕСТВО – МҮЛК – кандайдыр бир *юридикалык* же *жеке жактын* эзелигиндеги буюмдардын жана материалдык баалуулуктардын жыйындысы. Жарандык укуктардын (эң алды менен менчик укугу) материалдык негизи болуп саналат. Мүлк ичара *кыймылдуу* жана *кыймылсыз мүлк* болуп бөлүнөт. Кыймылсыз мүлк – адатта бир орундан экинчи орунга жылдырылбайт (имараттар турган жер участкасы, курулуштар жана кээ бир башка объектилер), ал эми кыймылдуу мүлк – бир жерден экинчи жерге которулуп, жылдырыла берет.

ИМУЩЕСТВО ПРЕДПРИЯТИЙ – ИШКАНАНЫН МҮЛКҮ – ишкананын өз алдынча балансында (*бухгалтердик баланста*) *негизги каражаттар* жана айланымдан тышкары активдер, *корлор* жана *чыгымдар*, наркы чагылдырылган башка баалуулуктар. Иш-аракеттеги мыйзамга жана *ишкананын уставына* ылайык мүлккө иш-аракеттеги мыйзам актыларынын жана белгиленген менчик ээсинин же ага өкүлдүк органдын белгилеген чектеринде ишкана ээлик кылууга, пайдаланууга, иш жүргүзүүгө акылуу. Мүлктүн негизги өзөгү төмөндөгүлөрдөн калыптанат: уюмдаштыруучулардын (учредителдердин) акчалай жана материалдык төлөмдөрү; продукцияны сатуудан (иштер, тейлөөлөр) жана чарбалык иш-аракеттердин башка түрлөрүнөн түшкөн кирешелер; *баалуу кагаздардан* алынган кирешелер, банктардын ж.б. кредитчилердин кредиттери; капиталдык салымдар жана бюджеттен бөлүнгөн дотация; төлөөсүз же кайрымдуулук төлөмдөр, уюмдардын, ишканалардын жана жарандардын кайрып албай турган кылып берүүлөрү; дагы ушулар сыяктуу башка булактар. Өндүрүштү кенейтүү жана өркүндөтүү, эмгек жамааттарын социалдык жактан колдоо, продукциялардын жаңы түрлөрүн, машиналарды, аспаптарды, эл керектеген товарларды өндүрүп чыгарууну уюштуруу максатында кошумча акча каражаттарын тартуу үчүн ишкана баалуу кагаздарды чыгарууга жана пайдалануу укугу бар. Алардын түрлөрү жана кармоочулардын укугу, чыгаруу тартиби, жайгаштыруу жана сатуу тийиштүү мыйзамдык актылар менен бышыкталат. Эл депутаттарынын жергиликтүү Кенештеринин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (муниципалитеттик, коммуналдык) ишканаларынын мүл-

кү, алардын аралаш формадагы менчикти уюштуруудагы салымдары негизинен тийиштүү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан бөлүүнүн ж.б. муниципалдык (коммуналдык) ишканалардын салымдарынын, башка мыйзамдуу булактардан алынган кирешелердин эсебинен түзүлөт да, административдик-аймактык түзүлүштөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кирген райондун, шаардын менчигинде болот. Жекече (жеке менчик, үй-бүлөлүк) ишкананын чектелген жоопкерчиликтүү толук жана аралаш (*жабык типтеги акционердик коомдун*) мүлкү катышуучулардын (жарандардын, үй-бүлөнүн) салымдарынан, алынган кирешелерден, башка мыйзамдуу булактардан куралып, жалпы үлүштүк менчиктин катышуучуларына тийиштүү болот (эгерде алардын ортосунда түзүлгөн келишимде же мыйзамдуу актыларда башкача каралбаса). Ачык типтеги акционердик коомдун мүлкү ачык жазылуу формасындагы акцияларды сатуудан, кирешелерди алуудан ж.б. мыйзамдуу булактардан пайда болот. *Ижаралык ишканаларда, ижара* жөнүндө келишимге ылайык, өндүрүлгөн продукция, алынган кирешелер жана ижарачынын (шериктештиктин) каражаттарынын эсебинен алынган мүлк, *ижаралык төлөмдү* ж.б. милдеттендирилген төлөмдөрдү чыгарып салгандан кийинки мүлк алардын менчиги болуп саналат. Ишканага тийиштүү имарат, курулуш, жабдуу, транспорттук каражаттар, шаймандар, чийки зат ж.б. материалдык баалуулуктарды, ишкана башка жакка (уюмдарга, мекемелерге) берүүгө, алмашууга, ижарага берүүгө, акысыз убактылуу пайдалануу же болбосо карызга берип каралашып турууга, аларды баланстан чыгарып жаап салууга укуктуу. Ишкана, ошондой эле төмөндөгүлөрдү ишке ашырууга укуктуу: *өндүрүш каражаттарын* ж.б. материалдык баалуулуктарды сатууга (эгерде уставда башкача каралбаса), ижарага берүүгө (иш-аракеттеги мыйзам боюнча анын менчигине же пайдалануга жатпагандан башкасына) акылуу. Ишкананын материалдык баалуулуктарды жарандарга акысыз бериши (мыйзам тарабынан тыюу салынбаган учурда) менчиктин ээсинин же өкүлчүлүк органдын уруксаты менен ишке ашырылат. Мамлекет ишкананын мүлктүк укугун коргоону гарантиялайт.

ИНВЕНТАРИЗАЦИЯ – МҮЛК КАТТОО (англ. inventory – тактал-ган ведомость) – *бугалтердик эсепте* берилген чарбалык каражаттардын иш жүзүндө колдо болгондорунун тууралыгын мезгилдик текшерүүнүн ыкмасы. Менчиктин сакталышы, финансылык-эсептин тартибинин туура жүргүзүлүшү үчүн көзөмөлгө алуунун маанилүү каражаты болуп саналат. Бул белгиленген мөөнөттө жүргүзүлүп, мындан тышкары, материалдык жооптуу кызматкер оошкондо (алмаштырылганда), табигый кырсыктан кийин, тергөө органдарынын талабы боюнча ж.б. учурларда жүргүзүлөт. Текшерүүгө төмөндөгүлөр камтылат: *негизги каражаттар*, товардык-материалдык баалуулуктар; *бүтүрүлө элек өндүрүш* жана жеке иштетилүүчү жартылай фабрикаттар; *бүтө элек капиталдык курулуш* жана курулуш-монтаждык иштердин али бүтпөгөн өндүрүшү; *алдыдагы кездешүүчү чыгымдары*; акчалай каражаттар жана эсептеги каражаттар. Мүлк каттоого ошол ишканага таандык эмес баалуулуктар, айталык, ижарага берилген негизги каражаттар, сактоо жоопкерчилигине же кайра иштетүүгө ыйгарылган баалуулуктар кирет. Мүлк каттоону туура жана өз убагында жүргүзүү жоопкерчилиги ишкананын жетекчисине жана башкы бугалтерге жүктөлөт. Кем чыккан баалуулуктарды күнөөлүү адамга төлөттүрүү мыйзамда белгиленген тартипте жүргүзүлөт. Эсепте болгондору менен иш жүзүндө колдо болгон мүлктөрдүн мүлктү каттоо жана башка текшерүүлөрдүн убагында байкалган айырмачылыктары төмөндөгүдөй тартипте жөнгө салынат: негизги каражаттар, материалдык баалуулуктар, акча каражаттары ж.б. артып калган мүлктү кирешелөө жана артып калуунун келип чыгуу себептери жана күнөөлүү адам аныкталгандан кийин эсепке алынат; белгиленген тартипте бекитилген нормалардын чектеринде баалуулуктардын кемиши ишкананын жетекчисинин буйругу боюнча өндүрүштүн айланым чыгымдарына же каржылоонун азайышына (кем чыгуунун нормасы болбосо, нормадан ашыгы кем чыгуу катарында каралат) ылайык эсептен жаап чыгарылып таштайт; материалдык баалуулуктардын, акча каражаттарынын ж.б. мүлктүн кем чыгышы, ошондой эле бузулуп кетиши табигый кемүү нормасынан ашык болсо, күнөөлүү адамдарга жүктөлөт.

ИНВЕСТИЦИИ – ИНВЕСТИЦИЯЛАР (лат. investire – салуу, кийиндирүү) – *өндүрүштү, ишкердикти* өнүктүрүү, *пайданы* же башка жыйынтыктуу натыйжаларды (мисалы, табигатты коргоо, социалдык ж.б.) алуу максатында бир өлкөнүн ичинде же бир нече өлкөнүн чегинде ар кандай тармактарга (ишканалар, программалар, айрым иш-чаралар ж.б.) каражаттарды (акчалай, материалдай), интеллектуалдык баалуулуктарды узак мөөнөткө чегерүү. Бул келечекте көбүрөөк колдонуш үчүн эртеңки күнгө "чогултулуп жыйналгандын" өзү болуп саналат. Алардын бир бөлүгү күндөлүк иште пайдаланылбай, чогултулуп жыйналган запастарды (көбөйтүү үчүн инвестициялар) керектөө бакубаттуулугу болуп саналат. Ал эми экинчи бөлүгү болсо өндүрүштү кеңейтүүгө (имаратка, машиналарга, жабдууга салынган салым) багытталган ресурстар. Көп өлкөлөрдүн инвестиция боюнча жүргүзгөн статистикасына ылайык жалаң материалдык чыгымдарды гана кошуп, бирок билимге, илимий-изилдөөлөргө карата салымды эсепке алышпайт. Ошондуктан алардын көлөмү анчалык так болбойт. Коомдун чыныгы топтолгон *капиталы,* башкача айтканда өндүрүштүк системаны жаңыртууга (модернизациялоого) же кеңейтүүгө ба-

гытталган экономикалык ресурстардын бир бөлүгү инвестициянын өзөгүн түзөт. Мында экономиканын өндүрүштүк потенциалынын үнгусу "адам капиталы" дагы толук эске алынат. Инвестициялардын түрлөрү акча каражаттары, *акциялар* ж.б. *баалуу кагаздар*, пайлык төгүмдөр (*жарнак төлөмдөр*), *кыймылдуу* жана *кыймылсыз мүлк, авторлук укук, "ноу-хау"* ж.б. болушу мүмкүн. Салым кошкондор, жеке менчик ишкерлери, уюмдар же инвестицияларды ишке ашыруучу мамлекет *инвесторлор* болуп эсептелет. Экономикалык адабиятта кээде "инвестициялар" терминин шайкеш котормосу *"капиталдык салым"* термини катары дагы берип жүрүшөт. Чындыгында капиталдык салым инвестициянын кеңири мааниде алынган формасын түшүндүрөт. Ал эми бир жактуу мааниде алганда инвестициялоо *узак мөөнөттүк капиталдык салым* түшүнүгүн берет. Негизги инвестициялар төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт: финансылык – *баалуу кагаздар* салымдары, *банктарга* салынган капитал (*баалуу кагаздар салымы* портфелдик инвестициялар деп да аталат); чыныгы – узак мөөнөттүк каражаттарды (капиталды) түздөн-түз *өндүрүш каражаттарына* жана *керектөө перселерине* салган салым (мында займдык капитал, анын ичинде *банк кредити* пайдаланылышы мүмкүн жана бул учурда банк ошондой эле *инвестор* болуп калат да, анык инвестициялоо ишке ашырылат. Анык инвестиция кээде түз инвестиция деп аталат. Бирок, америкалык аныктоо боюнча түз инвестицияга тигил же бул фирманын капиталынын 25% дан ашыгыраагын калыптандырган инвестицияны киргизишет. Кийинки мезгилде интеллектуалдык инвестициялар кеңири таралып, алар *патенттерди, лицензияларды, "ноу-хау"* сатып алууну, адистерди даярдоону, илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерге кошкон салымдарды камтыйт. Инвестиция – негизги капиталдын өлчөмүн көбөйтүүчү таза (жаңы) инвестициянын суммасы катары дүң инвестицияларга жана капиталдын тозуу ордун толтырууга багытталган модернизациялоо инвестицияларына ажыратылат. Корпоративдүү экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө практика жүзүндө узак мөөнөттүк салымдардын баарысы *баалуу кагаздар*, биринчи кезекте *акциялар* аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Ошондуктан аныктоо инвестициялар *коммерциялык банктардын* иш-аракеттери үчүн негизги чөйрө болуп саналат. Мына ушундай "инвестициялар" термини кээде "баалуу кагаздар салымы" түшүнүгүнүн синоними катарында колдонулат. Мисалы, баалуу кагаздар базарында *дилерлер* инвестициялык дилерлер деп аталып; буга *инвестициялык банктар*, соода компаниялары, фондулук үйлөр ж.б. кирет. Мамлекет, ошондой эле жеке менчик ишкерлери *инвесторлор* болушу мүмкүн. Мамлекеттик инвестициялар бюджеттик бөлүнгөндөрдүн (*салыктардын, займдардын*, мамлекеттик

кирешелердин) эсебинен ишке ашырылса, жеке менчик инвестициялары болсо, кредиттерди ж.б. каражаттарды алышкан инвесторлордун менчик каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Жеке менчик инвестицияларын, ошондой эле акционердик жана камсыздандыруу компаниялары, коммерциялык банктар, пенсиялык ж.б. фондулар, айрым ишкерлер ж.б. да ишке ашыра алат.

ИНВЕСТИЦИОННАЯ КОМПАНИЯ – ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КОМПАНИЯ – *Кара. **Инвестиционный институт – инвестициялык институт.***

ИНВЕСТИЦИОННАЯ ПОЛИТИКА – ИНВЕСТИЦИЯЛЫК САЯСАТ – ички чарбалык объектилерде (ишканалар, фирмалар, компаниялар ж.б.), региондо, өлкөдө, ошондой эле андан тышкаркы жерлерде *өндүрүштү, ишкердикти* өнүктүрүү, пайданы же жыйынтыкталган натыйжаларды алуу максатында узак мөөнөттүк салымдардын (инвестициялардын) көлөмүн, структурасын жана багытын аныктоочу чарбалык чечимдердин тутуму. Инвестициялык саясат аркылуу көп маселелер ишке ашырылат. Мисалы, өндүрүштүн структурасын өркүндөтүү жана анын өнүгүү темпин тездетүү, экономиканын тармактарынын балансыланышы жана натыйжалуулугу, продукциянын жана кирешенин (пайданын) ж.б. олуттуу жыйынтыгын алуу. Коомдун чыгармачылык потенциалынын өсүшүн камсыз кылуучу жумушчулардын (кызматкерлердин) квалификациясын, алардын билимдерин жана тажрыйбасын жогорулатууда социалдык, табигатты коргоо ж.б. иш чаралардагы салымдар өзгөчө мааниге ээ болот. Башкаруунун экономикалык ыкмаларын кеңири колдонуу, кризистик жагдайдан чыгуу жана базар мамилерине өтүү шарттарында инвестициялык саясаттын келечегин илимий нукка негизделгендигин камсыз кылып, инвестицияларды пландоонун (божомолдоонун) практикасын жаңы чарбалык механизм менен байланыштырып, узак мөөнөттүк салымдарды пайдалануну ар тараптан жакшыртууну, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүн андан ары тездетүү, алардын натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылуу зарылчылыгы келип чыгат. Иш-аракеттеги ишканаларды (өндүрүштөрдү) техникалык кайра жабдууга жана реконструкциялоого узак мөөнөттүк салымдардын үлүшүн көбөйтүү жана ошого ылайык эскилеринин үлүшүн төмөндөтүп, жаңы нуктагы түптөлүүгө (курулушка) бет алуу инвестициялык саясаттын азыркы шарттардагы өзгөчөлүгү болуп саналат; инвестициялар көбүнчө машина куруунун олуттуу тармактарына, айыл чарбасына багытталат; ресурстарды өндүрүүчүлөр менен кайра иштеп чыгаруучулардын жана керектөөчү тармактардын капиталдык салымдарынын ортосундагы катыштарды (акыркысынын пайдасына) жакшыртуу; *негизги фондулардын активдик бөлүгүндө* узак мөөнөттүү салымдардын үлүшүн көбөйтүү болуп

эсептелет. Инвестициялык иш-аракеттерди мамлекеттик жөнгө салып туруу салык төлөмдөрү, амортизациялык саясат, инвестицияларды финансылоого бюджеттик каражаттарды бөлүү механизми аркылуу экономикалык ыкмалар менен ишке ашырылат.

ИНВЕСТИЦИОННЫЕ ИНСТИТУТЫ – ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИНСТИТУТТАР – инвестициялоо иштерин жүргүзгөн уюмдар (компаниялар, фондулар, корпорациялар ж.б.). Алардын ичинен ачык-айкын үч топту айырмалап бөлүшөт: холдингдер (*холдинг компаниялары*), финансылык топтор жана финансылык компаниялар. Булардын бардыгы тең ишканалардын чектелүү чөйрөлөрүн түздөн-түз инвестициялоону ишке ашырат. Холдингден финансылык топтун айырмасы, көпчүлүк учурларда алардын башкы уюму жок, ал эми финансылык компаниянын ал финансылаган корпорациялардын *акцияларынын көзөмөлдөөчү пакеттери* болбойт. Белгиленип алдын ала тандалган инвестициялануучу объектилердин жыйнагын тутпаган инвестициялык институттар дагы кездешет. Аларга инвестициялык компаниялар жана фондулар (камсыздандыруу, пенсиялык ж.б.) кирет да, булар өзүлөрүнүн капиталын инвесторлордун салымдарынан калыптандырып түзүшөт. Инвестициялык компаниялар *баалуу кагаздарды* чыгарууну жана үчүнчү инсандын пайдасына аларды жайгаштыруу боюнча кепилдик берүүнү, ошондой эле өзүнүн атынан жана өзүнүн эсебинен баалуу кагаздарды сатып алуу-сатууну, ошону менен бирге *котировка* аркылуу (айрым баалуу кагаздарга "сатуучунун баасы", "сатып алуучунун баасы" жана ошолор боюнча алар сатууга жана сатып алууга милдеттенген жарыя) таратып берүүнү уюштурууну ишке ашырат. Инвестициялык компаниялар өзүнүн ресурсун менчик каражаттарынын (уюмдаштыруучулардын каражаттарынын) жана юридикалык жактарга сатылуучу менчик баалуу кагаздарынын эмиссияларынын эсебинен гана түзөт. Инвестициялык фондулар *акцияларды инвесторлордун* акча каражаттарын чегерүү жана аларды фондунун атынан баалуу кагазга, ошондой эле банк эсебине салууга жана банкта сактоо максатында чыгарат. Мындай салымдар менен байланыштуу бардык тобокелдик кылуу, бардык киреше-лер жана мындай салымдардын бааларынын базардык өзгөрүүлөрдөн келип чыккан зыян тартуулар толук көлөмдө бул фондунун ээлик кылуучуларынын мойнуна жүктөлөт. Инвестициялык фондулар калктын каражаттары менен иштеши мүмкүн жана *акционердик коом* формасында пайда болот. Анын уставында төмөндөгүдөй мазмундагы материалдар болууга тийиш: фондунун операцияларды жүргүзүү тартиби, алар чегерген каражат салымдарынын конкреттүү багыттары, банктар менен өз ара иштери, уюмдаштыруучулардын жана башкаруучулардын фондунун акционерине жоопкерчилиги, активдердин бир жолку чыгарылган акцияга тийиштүү наркын эсептеп чыгаруунун эрежеси, акционерлер үчүн маанилүү ж.б. маселелер. Инвестициялык институттар өзүнүн иш-аракеттерин баалуу кагаздар базарында төмөндөгүлөр катарында ишке ашырышы мүмкүн: далдалчылык (*финансылык брокердин*) – мында баалуу кагаздарды сатуудасатып алууда кардардын эсебинен жана кардардын тапшыруусу боюнча далдалчылык иш-кызматын аткаруу; ишти *комиссия* келишиминин же тапшырманын негизинде жүргүзүү; инвестициялык консультант жүргүзгөн иштер баалуу кагаздарды чыгаруу жана айланымдары жөнүндө консультациялык тейлөө көрсөтүү менен байланыштуу болуу; инвестициялык институттар өзүлөрүнүн иш-аракеттерин баалуу кагаздар базарында ага атайын *лицензияны* алгандан кийин гана баштоого укуктуу, ошондой эле эгерде төмөндөгүдөй квалификациялык талаптар аныкталып белгиленсе жана алар штаттагы адистердин болушуна туура келип, квалификациялык аттестаты бар болсо; инвесторлордун алдында материалдык жоопкерчиликти алып жүрүү үчүн зарыл минималдуу менчик капиталы болууга тийиш; баалуу кагаздар менен жүргүзүлгөн операцияларды так жана толук чагылдыруучу отчёттуулуктун жана эсеп системасынын уюштурулушу. Ар бир инвестициялык институттун минималдык зарыл *уставдык фондусу* болуу керек. Эгерде институт төлөм жөндөмдүүлүгү жок деп жарыяланган учурда, анда иштеген адистердин баарысы баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүү укугунун квалификациялык аттестатынан токтоосуз түрдө ажыратылат жана ар кандай башка инвестициялык институттарда ушундай иш алып баруу үчүн кайтадан атайын аттестат алгандан кийин гана кириши мүмкүн.

ИНВЕСТИЦИОННЫЙ БАНК – ИНВЕСТИЦИЯЛЫК БАНК – узак мөөнөттүү салымдарды финансылоо боюнча иш алып баруучу *банктар*. Алар чарбанын ар кандай тармактарындагы (өнөр жайы, айыл чарбасы, курулуш ж.б.) ишканаларды узак мөөнөттүү кредиттөөнү жана финансылоону ишке ашыруу, акча каражаттарын тартуу максатында *баалуу кагаздары* менен операцияларды аткарууга адистештирилет. Алардын ресурстарынын булагы катары бюджеттик каражаттар, зайымдар, акцияларды чыгаруу ж.б. эсептелет. Мындай банктар адатта узак мөөнөттүү *кредиттерди* берип, тармактарды өнүктүрүү үчүн *коммерциялык банктарды* кредиттер менен кайрадан финансылап, кайрадан *инвестициялайт* (б.а. ошол тармакка, регионго каражаттарды кайталап же кошумча салууну ишке ашырат), башкаруучулук, консультациялык ж.б. тейлөөлөрдү көрсөтөт.

ИНВЕСТИЦИОННЫЙ ФОНД – ИНВЕСТИЦИЯ ФОНДУСУ. *Кара.* ***Инвестиционный институт – инвестиция институту.***

ИНВЕСТОР – ИНВЕСТОР (англ. investor – акча салуучу) – баалуу кагаздарды өзүнүн атынан жана эсебинен алууга укуктуу *жеке* жана *юридикалык жак*; *инвестицияларды* ишке ашыруучу жак, уюм же мамлекет. Менчик формасына карабастан инвесторлордун баарысы инвестициялардын багыттарын, алардын көлөмдөрүн жана натыйжалуулугун аныктоодо тең укукту жана өз алдынчалыкты алуусу олуттуу болуп эсептелет.

ИНДЕКСАЦИЯ – ИНДЕКСАЦИЯ – инфляциянын деңгээлине байланыштуу акча кирешелерин (*эмгек акыны, баалуу кагаздарды,* салымдарды, башка топтолууларды) түзөтүү. Товарларга, тейлөөлөргө *баалардын өсүшүнүн* жана товардык камсыз кылуу акча бирдиктеринин төмөндөшүнүн негизинде *калктын кирешелерине* кайта эсептөөнү жүргүзүү – анын түпкү маңызы болуп саналат. Адатта кирешелердин номиналдуу чондуктарын (салымдын ж.б.) инфляциянын *индексине* көбөйтүү менен ишке ашырылат. Ал ретроспективдүү (өткөн мезгилге карай багытталган) болушу ыктымал. Мында өткөн мезгилде баалардын өсүшү менен келип чыккан жоготуулар күндөлүк агымдагы менен калыбына келтирилет, күтүлүүчү индексация (алдын ала эскертүүчү), эгерде жоготуулар баалардын күтүлүүчү өсүшү менен байланыштуу жабыла турган болсо. Калктын кирешелеринин ордунун толтурулушу толук эмес, алынуучу кирешелердин өлчөмдөрүнө байланыштуу анча-мынчалап ишке ашырылышы ыктымал. Мисалы, *"минималдуу эмгек акынын"* алгачкы өлчөмү толук индексацияланат да, кийинкиси жартылай өлчөмдө жүргүзүлөт. Бул учурда индексациянын өлчөмдөрүн дифференциялоодо иштегендердин, негизинен кыйла квалификациялуу бөлүгүнүн кирешелеринин белгилүү бөлүгү (кимдин эмгек акысынын өлчөмү жогору болсо) эсепке алынбай чыгарылып ташталат. Бирок, калктын кирешелери бир кыйла төмөн бөлүгүн, баарынан мурда пенсионерлерди, студенттерди коргоого мүмкүндүк берет.

ИНДЕКСАЦИЯ ДОХОДОВ НАСЕЛЕНИЯ – КАЛК КИРЕШЕЛЕРИН ИНДЕКСАЦИЯЛОО. Бул баалардын көтөрүлүп кетишинен улам келип чыккан калктын акча жоготууларын калыбына келтирүүнүн бир түрү; пенсияларды, стипендияларды, жөлөк пулдарды калктын фиксацияланган (топтолгон) башка кирешелерин, ошону менен бирге айлыктарды жана тарифтик ставкаларды чекене баалардын индексине (алардын салыштырмалуу өзгөрүүлөрүнө) карата кайра эсептөө. Баалардын индекси минималдык керектөө бюджетин же жашоо минимумун аныктап белгилей турган товарлардын жана тейлөөлөрдүн жыйындысы менен белгиленет. Калк кирешелерин индексациялоо ар кандай өлкөлөрдө түрдүүчө колдонулат жана ар башка мааниде бааланат. Мисалы, Францияда жана Германияда экономика үчүн анын таасири оң натыйжа берүүнүн ордуна терс натыйжа берүүгө

алып келет деп эсептешип, бир учурда калк кирешелерин индексациялоодон баш тартышкан. Бирок белгилүү бир убакыт аралыгында чекене баалардын бир кыйла өсүшүнөн улам калк кирешелерин индексациялоо сөзсүз керектиги аныктолгон. Индексациялоо жалаң гана кызмат акыга, пенсияга, стипендияга тийиштүү болбостон, ошону менен бирге аманат банкындагы салымдарга, мамлекеттик казналык милдеттенмелерине, облигацияларга, камсыздандыруу полистерине да тийиштүү болот.

ИНДЕКС ДОУ ДЖОНСА – ДОУ ЖОНСТУН ИНДЕКСИ. Доу Жонстун фирмасы тарабынан жарыяланган АКШнын эң ири компанияларынын топторунун акция курстарынын орточо көрсөткүчү.

ИНДИВИДУАЛЬНАЯ ТРУДОВАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ – ЖЕКЕ ЭМГЕК ИШКЕРДҮҮЛҮГҮ – мамлекеттик, кооперативдик ж.б. уюмдардын (ишканалардын) жана жарандардын келишим-шарттарына байланышсыз эле, товарларды өндүрүп чыгаруу жана төлөнө турган тейлөөлөрдү көрсөтүү боюнча жарандардын коомдук пайдалуу эмгеги. Өз алдынча жумуш иштөө, чарба жүргүзүү. Жеке ишкердүүлүк иш-аракеттеги мыйзам менен жөнгө салынып турат. Эмгектин мындай формасы ар бир жарандын коом үчүн эмгектенүүсүнө шарт түзүп, көп киреше алууга өбөлгө түзөт.

ИНДОССАМЕНТ – ИНДОССАМЕНТ (нем. indossament, фр. endossement, лат. indorsum – арка). Вексел-

дин же кишинин аты жазылган *баалуу кагаздын* арткы бетине башка адамга (*индоссатка*) өткөзүп берүү учурунда жүргүзүлүүчү өткөрүп берме жазуу. Индоссаментти жасап жаткан киши *индоссант* деп аталат да, *вексель* боюнча бирдей жоопкерчиликти алат. Индоссаменттин векселинде көп адамдардын колу болсо, анын ишенимдүүлүгү артат жана векселдик айланууга (жүгүртүүгө) көмөк көрсөтөт. Индоссаменти менен берилген вексель жана башка баалуу кагаздарды алган адам *индоссант* деп аталат. Индоссанттын колунан башка, ошондой эле анын аты да көрсөтүлгөн кезде индоссамент ысымдуу, башкача айтканда аты жазылган болуп эсептелет, же болбосо индосанттын бланкада колу гана болгон кезде, башкача айтканда баалуу кагаздардын мурунку ээсинин колу болгондо бланкалуу индоссамент деп да эсептелет. Бланкада колу болгон кезде векселдин, *чектин* же башка баалуу кагаздын андан аркы өткөрүлүп берилиши өткөрүп берүү жазууларысыз эле жүргүзүлөт да, бул баалуу кагазды ким алып келип көрсөтсө дагы, ал анын мыйзамдуу ээси катары каралат. Аты жазылган ысымдуу индоссаментте индоссант баалуу кагазды андан ары берүүгө дегеле эч укугу болбойт же өзүнүн өткөрүп берүү жөнүндөгү жазуусу менен башкага ыйгарып берүү укугу сакталат. Адегенде төлөм ушул "индоссантка гана" берилиши керек деп индоссаменте жазылат, ал эми кийинкисинде төлөм алуучуга же ал "кимге буюрса"

ошого жүргүзүлөт. Кийинки түрдөгү ысымдуу индоссамент *ордердик* деп аталат. *Кара. Индоссант, Алонж, Жиро.*

ИНДОССАНТ – ИНДОССАНТ (нем. indossant) – *чек (вексель)* кармоочу; аны башка адамга (индоссатка) өткөрүп берүү жазуусу (*индоссамент*) аркылуу өткөрүп берет; чектин (векселдин) ж.б. артына берүү жазууну жасаган жак; *жирант* дегендин өзү.

ИНДОССАТ – ИНДОССАТ (нем. indossat) – чек кармоочудан (*индоссанттан*) берүү жазуусу (*индоссамент*) аркылуу чек (вексель) бериле турган жак. *Кара. Ремитент.*

ИНЖИНИРИНГ – ИНЖИНИРИНГ – өндүрүш процесстерин даярдоо жана камсыз кылуу, продукцияларды сатуу, курулушту тейлөө жана өнөр жай, инфраструктура, айыл чарба объектилерин ишке кийирүү боюнча коммерциялык нуктагы инженердик-консультациялык тейлөө. Инжиниринг тейлөө негизинен өндүрүш процесстерин даярдоо боюнча тейлөөлөр жана өндүрүштүн нормалдуу жүрүшүн жана продукциялардын сатылышын камсыз кылуу боюнча тейлөөлөр болуп эки топко бөлүнөт. Инжиниринг тейлөөлөрдү көрсөтүүгө адистештирилген фирмалар – формалдуу көз каранды эмес, б.а. кандайдыр бир өнөр жай, соода же курулуш фирмаларына баш ийбеген статусту пайдаланышат. Алар долбоорлоо алдындагы иштерди, объектилерди курууну башкарууну, кадрларды даярдоону, машиналарды жана технологиялык жабдууларды ж.б. жеткирип турууну ишке ашырат.

ИНКАССАТОР – ИНКАССАТОР (ит. incassare – жащикке салуу) – *банкка* өткөрүү үчүн уюмдардан акчаларды кабыл алууну жүргүзүүчү кызматчы.

ИНКАССО – ИНКАССО – (ит. incasso – түшкөн акча, жыйым) – *банк операциясынын* бир түрү; ошол операция аркылуу банк өзүнүн кардарынын тапшыруусу боюнча эсептик документтердин негизинде анын адресине жөнөтүлгөн товардык-материалдык баалуулуктар (көрсөткөн тейлөөлөр) үчүн ага тийиштүү төлөөчүнүн акча каражаттарын алат жана аларды кардардын эсебине киргизет. Инкассо *эсептөөлөрү акцепттик формасында* колдонулат да, анын негизи төмөндөгүдөй: алуучунун каражаттарын тейлөөчү банк мекемеси андан эсеп документерин (төлөмталаптарды, инкассолук тапшырмаларды) кабыл алып, алардын түзүлгөнүнүн тууралыгын текшерет жана төлөөчүнү тейлөөчү банк мекемесине жөнөтөт. Банк мекемеси аларды карыздардын эсеп-чотунан (күндөлүк же ссудалык) накта төлөп берүүнү көрсөтөт. Төлөтүп алынган акчалар алуучуга которулат да, банктагы анын эсебине киргизилип эсептелинет. Инкассолоо – банктан акчаны вексель (чек ж.б.) боюнча накта алуу, инкассо операциясын жүргүзүү – банк менен анын кардарларынын ортосунда бүтүмдү түзүү; ошол жасалган бүтүм боюнча банк кардардын ар кандай документтер боюнча жана

анын эсебинен ал үчүн акча алуу жөнүндө тапшырмаларынын аткарылышын өз мойнуна алат.

ИННОВАЦИОННЫЕ БАНКИ – ИННОВАЦИЯЛЫК БАНКТАР – ойлоп чыгаруучулукка жана илимий-техникалык иштеп чыгууларды кеңири колдонууга жардам көрсөтүү үчүн коммерциялык негизде түзүлгөн банктар. Техниканын жаңы түрлөрүн жана технологияны жана башка технологиялык жаңылыктарды түзүү жана пайдалануу боюнча айрым авторлорду, убактылуу чыгармачылык жамааттарды, ишканаларды жана уюмдарды келишимдин негизинде кредиттөөнү ишке ашыруучу чарбалык эсептеги мекемелер болуп саналат. Инновациялык банктар биргелешкен орток өндүрүштөрдү түзүүдө жана ойлоп чыгарууларды уюштуруу жана пайдалануу боюнча иш чараларда үлүштүк катышта иштеши мүмкүн. Инновациялык банктар өзүлөрүнүн кредиттик операциялары үчүн ишканалардын, уюмдардын, кооперативдердин жана айрым жарандардын бош каражаттарын, башка банктардын каражаттарын келишимдик негизде чегере алат. Башка банктарга салыштырганда, алардын өзгөчөлүгү – кредиттеринин кайтымдуулугуна тобокелдиктин жогорулугу, ссудалардын мөөнөттөрүндөгү, ошондой эле көлөмдөрүндөгү олуттуу айырмачылык, акча салуучулардын каражаттарынын сакталышын камсыз кылуучу кошумча кепилдиктин зарылдыгы болуп саналат.

ИНСАЙДЕР – ИНСАЙДЕР (лат. insider – ички) – фирманын (ишкана, мекеме ж.б.) иш-аракеттери жөнүндө жарыялоого жатпай турган маалыматка ээ болуучу инсандар. Алар директор-менеджерлер, бугалтерлер жана башка кызматкерлер болуп саналат.

ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНАЯ СОБСТВЕННОСТЬ – ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК (лат. intellectus – акыл) – жеке адам же жамаат эмгегинин үзүрүнөн түзүлгөн атайын өзгөчө менчик, анын объектиси катары ойлоп табуулар, ачылуулар, адабият жана искусство чыгармалары ж.б. саналат. Чарба бүтүмдөрүнүн предмети катарында менчик укугу ж.б. мыйзамдар менен жөнгө салынып турат. Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун уюшулгандыгы жөнүндө Эл аралык конвенция 1967-жылы кол койгон, 1974-жылдан тартып Бүткүл дүйнөлүк улуттар уюмунун адистештирилген мекемеси болуп саналат. Азыр анын мүчөлөрү 130 мамлекетке жеткен. Катташуу ордосу Женевада жайгашкан.

ИНТЕРВЕНЦИЯ ВАЛЮТНАЯ – ВАЛЮТАЛЫК ИНТЕРВЕНЦИЯ – валюта курсун кармап туруу үчүн өз өлкөсүндө *валюталарды* сатып алуу жана сатуу боюнча улуттук (Борбордук) банктын жүргүзгөн операциялары. Бул улуттук валютанын белгилүү чектерде жогорулоо жана төмөндөө курсунун динамикасын чектөө үчүн чет өлкөлүк валюталар-

ды сатып алуу, сатуу боюнча максаттуу операциялардын дал өзү.

ИНФЛЯЦИЯ, СИСТЕМА АНТИИНФЛЯЦИОННЫХ МЕР – ИНФЛЯЦИЯ, ИНФЛЯЦИЯГА КАРШЫ ЧАРАЛАРДЫН ТУТУМУ – колдонуп жаткан кагаз акчалардын ыксыз көбөйүп, товардын абдан кымбаттап, акчанын баркынын кетиши. Бул өзүнүн социалдык-экономикалык терс таасир калтыруусу боюнча эң эле оор экономикалык көрүнүштөрдүн бири болуп саналат. Мунун түбү келип экономикалык кризиске кептейт да, чарба тармактарына кан жүгүрүүсүн буулт. Инфляция термини алгач Түндүк Африкада 1861–1865-жылдары жарандык согуш мезгилинде кагаз акча жүгүртүүнүн молоюп кеткендигин белгилеш үчүн колдонулган. Инфляция баалардын өсүшүндө байкалган сурам жана сунуш тендемдин бузулушу деп түшүндүрүлөт да, бул товарларга, тейлөөлөргө, өндүрүштүн факторлоруна болгон баалардын жалпы деңгээлинин (ачык-айкын же жашыруун) өсүшүн тастыктайт. Мында, мисалы, нанга, машинага, жерге, электр энергиясына баалардын өсүшү, эмгек акынын көбөйүшү кирет. Бирок инфляция бардык баалардын бирдей шайкештикте жана бир эле учурда көтөрүлүшү дегендикти билдирбейт, андыктан баанын индекси менен ченелген баалардын деңгээли өсөт. Бул инфляциянын болуп жаткандыгынын же жоголгондугунун даана айкындоочу эң эле көрүнүктүү көрсөткүчү. Баалардын деңгээлиндеги өзгөрүү, керектөө баалардын индексинин жардамы менен ченелет. Бул үчүн өлкөнүн жараны орточо алган "товарлардын себети" деп аталган керектөө товарлардын тизмеси салыштырылат да, баалар суммаланат. Бир айда, чейректе, жарым жана бир жылда баалар канчалык өзгөрүлгөндүгүн аныкташ үчүн керектүү мезгилдин башталышына жана бүтүшүнө болгон бааларды эсептеп, алынган жыйынтыгын салыштыруу менен баалардын инфляциялык кошумча өсүшүн же инфляциялык деңгээлин аныктайт. Инфляция баалардын индекси менен ченелет. Баалардын индекси деп, товарга жана тейлөөгө баалардын деңгээлинин өсүшүнүн суммаланган, орточо таразаланган көрсөткүчү аталат. Бул көрсөткүч *макроэкономикада* маанилүү ролду аткарат. Мында кесиптик бирликтер (профсоюздук) уюмдарынын жумушу да маанилүү, себеби ага эмгек акынын деңгээли тыгыз байланыштуу болот. Бул жашоонун минималдык деңгээлин эсептөөдө пайдаланылат же "кедейликтин чеги" деген, башка сөз менен айтканда өлкөдөгү жашоо стандарттары мына ошого негизделет. Кандай товарлар "себетке" киргизилгендигин белгилөө өтө маанилүү болуп саналат. Эгерде, "себетке", мисалы, аскердин кийим-кечектери, өтүктөр, автоматтар импорттук буюм катары киргизилсе, анда инфляциянын эсептелген деңгээли азыраак болот, себеби баалары өзгөрүлбөгөн өтүктөрдүн олуттуу саны инфляциянын анык деңгээлин туура эмес көрсөтөт. Инфляциянын түрүн аныктаганда баалардын өсүү темпи (баалардын индекси) 3 критерийдин биринчиси болот. Экинчи критерийи ар кандай товарларга, топторго баалардын мындай өсүшүнүн айырмачылыгынын даражасы (ар кандай товардык топтор боюнча баалардын өсүшүнүн салыштырмалуулугу). Үчүнчү критерий инфляцияны күтө билүү жана алдын ала айта билүү. Баалардын өсүү темпинин жагдайы боюнча алып караганда инфляциянын түрлөрү – жай жылуу инфляция (баалар жылына 10 % азыраак өсөт); – секирик түрдүү инфляция (жылына баалар 20–200% өсөт); – гиперинфляция (баалар астрономиялык түрдө өсөт, баалар менен эмгек акынын айырмасы кыйроого жакындай баштайт, коомдогу эң камсыз болгон катмарлардын жашоо тиричилигине доо кете баштайт). Дүйнөдөгү көпчүлүк өлкөлөр жай жылуу инфляцияга жакыныраак. Экинчи критерий боюнча караганда – ар кандай товардык топтор боюнча, б.а. баалардын өсүшүнүн балансыланган даражасы боюнча баалардын өсүшүнүн салыштырмалуулугу балансталган, балансталынбаган инфляция болуп айырмаланат. Балансталган инфляция боюнча ар кандай товарлардын жана тейлөөлөрдүн баалары бири-бирине салыштырмалуу өзгөрүлбөйт. Ал эми балансталынбаган инфляцияда ар кандай товарлардын жана тейлөөлөрдүн баалары бири-бирине карата туруктуу өзгөрүлүп, болгондо дагы ар кыл шайкештикте жүрөт. Үчүнчү критерий боюнча алганда күтүлүүчү жана алдын ала болжоп билүүчү инфляция дагы күтүлүп жаткан жана күтүлбөгөн инфляцияга ажырайт. Күтүлүп жаткан инфляцияны алдын ала айтууга болот жана мурдатан эле баамдалат, күтүлбөгөн инфляция болсо тескерисинче болот. Инфляциянын себептери жана булактары кагаз акчалардын эмиссиясына, тышкы соодага, өндүрүштүк эмес чыгашалардын өсүшүнө, мамлекеттик монополияга байланыштуу келет. Эмгек акынын деңгээлин жана өлчөмүн мурда эле аныктаган профсоюздук монополия. Баалардын жана өз чыгымдарын аныкташ үчүн фирмалардын монополиялары. Негизги себеп – сурам жана сунуштун тең салмактуулугунун бузулушу. Инфляцияга каршы (антиинфляциялык) чаралардын системасы. Экономикалык саясат боюнча алып караганда инфляцияны радикалдуу чаралар менен жоюу же ага ыңгайлаштыруу керек. Ар кандай өлкөлөр бул маселени өз алдынча билгениндей чечет, мындай чаралар менен кирешелердин индексациясы, баалардын өсүшүнө көзөмөл кылуу, эмгек акынын өсүшүн инфляциянын өсүшүнө жараша коюу, бааларды жана эмгек акыны белгилеп коюу, монополияга каршы чараларды күчөтүү жана бааларды чектөө, баалар менен айлыктардын катышына көзөмөл кылуу ж.б. менен жолго салынат.

ИНФОРМАЦИОННАЯ СИСТЕМА – МААЛЫМАТ СИСТЕМАСЫ – Электрондук маалыматтарды ча-

гылдыруунун, иштеп чыгуунун, берүүнүн жана сактоонун автоматташтырылган системасы. Маалымат системасына электрондук маалыматтарды кагазга түшүрүп басуу функциясы да кирет.

ИНФОРМАЦИОННЫЙ ТЕРМИНАЛ – МААЛЫМАТТЫК ТЕРМИНАЛ – Счёттун жана утурумдук төлөмдөрдүн абалына көз жүгүртүү, өз компетенциясынын чегинде счёттор боюнча көчүрмөлөрдү алууну, кардардын счётуна каражаттарды чегерүү боюнча документтердин электрондук көчүрмөсүн банктан алууну караган терминал.

ИНФРАСТРУКТУРА – ИНФРАСТРУКТУРА (лат. infra – төмөн, астында жана structura – түзүлүш, жайгашуу) – тигил же бул бир өлкөнүн же региондун тиричилик шарттарын камсыз кылуучу жана өндүрүштү тейлөөчү чарба комплекстеринин олуттуу бир тармагы. Экономика тармактарын өнүктүрүүдө инфраструктуранын олуттуу мааниси бар. Анткени ишканалардын, мекемелердин, фермерлердин, жарандардын инфраструктура жагынан пайдаланууусун адатта негизинен мамлекет камсыз кылып турат: автомагистралдар, көпүрөлөр, шаардык транспорт тутумдары, суу түтүктөрү жана канализация, аэропорттор, спорттук курулуштар, жашылдандыруу, калкты тейлөөчү ишканалар, байланыш, кампа чарбалары ж.б. Айталык, фирмалар (компания, ишкана) үчүн мындай тейлөө иштерине байланышкан чарбачылыкты жүргүзүү өтө кымбатка турар эле, ошондуктан мамлекет же айрым бир адистешкен фирмалар тарабынан (суу менен камсыз кылуу, электр энергиясы, өндүрүш калдыктарын ташып чыгаруу, жүктөрдү ташуу, илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструкторлук жумуштар, финансылык-банктык тейлөөлөр) тейленип турат. Инфраструктура чөйрөсү мааниси, түпкү керектелиши жагынан ичара *өндүрүштүк* жана *социалдык* (өндүрүштүк эмес) болуп эки топко ажырайт. Өндүрүштүк инфраструктура транспортко тиешелүү курулуштарды, жасалгаларды (мисалы, жолдор) жана өндүрүш чөйрөсүн тейлөө боюнча байланышты, кампа чарбачылыгын материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну, ошондой эле инженердик тармактардын тутумун, электрондук эсептөөчү борборлорду, башкаруунун автоматташтырылган тутумдарын, мунай-куурларын ж.б. камтыйт; социалдык (өндүрүштүк эмес) инфраструктура болсо, саламаттыкты сактоо, билим берүү, турак-жай-коммуналдык чарба, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө, жүк ташуучу транспорт, илимий-изилдөө жана аны тейлөө, спорт, социалдык жактан камсыз кылуу ж.б. камтыйт. Инфраструктура экономика тармактарынын дурус өнүгүшүнө жана анын натыйжалуулугун жогорулатууга, социалдык маселелердин туура чечилишине түздөн-түз таасирин тийгизет.

ИНФРАСТРУКТУРА РЫНОЧНАЯ – БАЗАРДЫК ИНФРАСТРУКТУРА – базардагы *товарлардын* кыймылын жана тейлөө ишин камсыз кылуучу уюмдардын жана мекемелердин тутуму. Булардын курамына төмөндөгүлөр кирет: уюштуруу базасы – *биржалар,* камсыз кылуучу-сатуучу, брокерлик ж.б. арачы, ортомчу уюмдар, коммерциялык фирмалар ж.б.; материалдык – транспорт каражаттары, кампа чарбачылыгы, маалымат тутуму ж.б., кредиттик-эсептөө – *банктар,* башка кредиттик-финансылык мекемелери.

ИНФРАСТРУКТУРА УПРАВЛЕНЧЕСКАЯ – БАШКАРУУ ИНФРАСТРУКТУРАСЫ – *башкаруу* процессин камсыз кылып турган уюмдардын жана мекемелердин, алардын бөлүмчөлөрүнүн тутуму. Башкаруу чөйрөсүн кадрлар, илимий жана практикалык иштеп чыгуулар, башкаруунун жаңы формаларын жана ыкмаларын өздөштүрүүнү камсыз кылуучу түрдүү институттарды, консультациялык фирмаларды, бизнес борборлорун, башкаруу маселелери боюнча мекемелерди, ишкерлер ассоциацияларын камтыйт.

ИПОТЕКА – ИПОТЕКА (гр. hupoteke – күрөө) – акчалай ссуда алуу максатында *кыймылсыз мүлктү* (жерди, ишкананы, курулушту, имаратты, жер менен түздөн-түз байланыштуу башка объекттерди) күрөөгө коюу. Экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдө ипотека азыр айыл чарба тармактарында кеңири таралган. Булар негизинен ипотекалык банктарда – кредиттик мекемелеринде топтоштурулуп, алар кыймылсыз мүлктү *күрөөгө* койгондорго узак мөөнөттүү акча ссудаларын берет, ошондой эле күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктү камсыздоочу баракчаларды чыгарышат. Ипотека жерге менчиктүүлүктүн бышыкталышына жана айыл чарба өндүрүшүн ийгиликтүү өнүктүрүүгө кыйла өбөк болот. Мурда Кыргыз Республикасында *жеке менчиктүүлүк* укугу жана жерге ээлик кылуу укугу жок болгондуктан, күрөөнүн бул түрүн колдонуу мүмкүн эмес эле. Азыр абал кыйла өзгөрүлүп ипотека милдеттенмелери, өзгөчө узак мөөнөттүү *инвестициялар* менен байланыштууларын камсыз кылуунун өтө маанилүү ыкмаларынын бирине айланып отурат. Мында, тийиштүү келишими бар ипотеканын негизги предмети мамлекеттик (муниципалдык) ишкана эсептелиши мүмкүн. Ишкана ипотекасы анын бүт мүлкүн, балансындагы бардык активин (эгерде келишимде күрөө жөнүндө чектөөлөр жок болсо) камтыйт. "Ипотека" термини азыр бүт дүйнөгө кеңири белгилүү. Базар мамилелеринин шарттарында ал республиканын ар бир үй-бүлөсүнө, кооперативге, ишканага терең сиңип калды. Албетте мындай жигердүү жагдай ипотеканын иш-аракетте болгонунун келечектүүлүгүн билдирет. Күрөөгө, мисалы, эски батирди коюп, анын ордуна жаңы батирге кредит алууга же жер сатып алууга болот. Сатып алган жерди күрөөгө коюп, үйдүн пайдубалын тургузуу үчүн кредит алууга толук мүмкүнчүлүк түзүлөт. Күрөө коюп, үйдү, дүкөндү, фирманы, стадионду толук курууга кредит

алууга болот. Ипотеканын мына ушундай бир топ артыкчылыктары бар. Ипотека өз кезегинде кредиттерди төлөп жабуунун, карыздарды кайтаруунун зарылдыгын алдын ала карайт.

ИПОТЕКА "МЛАДШАЯ" – "КЕНЖЕ" ИПОТЕКА – укуктары боюнча "ага" ипотекадан кийинки орунда турган ипотека. Анын пайыздык чени бир кыйла жогору болот.

ИПОТЕЧНАЯ ССУДА – ИПОТЕКАЛЫК ССУДА – кыймылсыз мүлктү күрөөгө алып, узак мөөнөттүү ссуда берүү. 19-кылымдын орто ченинен тартып жерди, өндүрүштүк курулуштарды, турак жайларды күрөөгө коюп, банктык кредит формасына ээ болгон. *Кара.* ***Ипотечный кредит – Ипотекалык кредит.***

ИПОТЕЧНЫЙ БАНК (БАНК ИПОТЕЧНЫЙ) – ИПОТЕКА БАНКЫ – ипотекалык кредиттерди берүү менен иштешкен, кыймылсыз мүлктү күрөөгө алып, кредит берүү же болбосо, кыймылсыз мүлктү алууга кредиттерди берүү менен иш алып баруучу адистештирилген коммерциялык банк. Ипотека банкынын кредиттери узак мөөнөттүү камтыйт.

ИПОТЕЧНЫЙ КРЕДИТ – ИПОТЕКАЛЫК КРЕДИТ – *кыймылсыз мүлктү* – жерди, өндүрүштүк жана турак-жай имараттарды, ар кандай курулуштарды күрөөгө коюп алган узак мөөнөттүү ссудалар. *Кара.* ***Кредит ипотечный – ипотекалык кредит.***

К

КАДАСТР – КАДАСТР (фр. cadastre); *1)* объекттердин бааланышы жана орточо кирешелүүлүгү жөнүндө маалымат берүүчү тизме; *2)* жан башына салык салынуучу адамдардын тизмеси; *3)* тигил же бул кубулуштар, ресурстар жөнүндө негизги маалыматтардын иретке келтирилген жыйнагы: шамал кадастры, суу кадастры, жер кадастры, күн кадастры.

КАДРЫ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНА КАДРЛАРЫ – ишкананын ар кандай өндүрүш-чарбалык, башкаруу ж.б. иш милдетин аткаруучу кызматкерлери. Алардын санын жана кыймылын эсепке алуу, ишке ашыруу (*эмгек келишимдеринин,* контракттардын), ишке которуу жана андан бошотуу жөнүндөгү буйруктардын негизинде жүзөгө ашырылат да, аны ишкананын кадрлар бөлүмү тузурумдайт. Кесипчилиги, квалификациясы, билимдери боюнча маалымат булактары катары кадрлардын эсеби жөнүндөгү жеке карточкалары, ж.б. саналат.

КАЗНА – КАЗЫНА (түрк. – казына – акча сакталчу жай) – *1)* мамлекеттин финансылык ресурстары, финансынын борборлоштурулган мамлекеттик булактары; *2)* кандардын, падышалардын, монастырлардын, башкаруучулардын эзелтен берки акча, түрдүү баалуулуктарды (алтын, күмүш ж.б.) сактоочу жайы.

КАЗНАЧЕЙ – КАЗЫНАЧЫ – *1)* акча жана баалуулуктарды сактоочу инсан, кассир; *2)* мамлекеттик кирешелердин келип түшүүсүн, бюджеттен төлөнүүчү төлөмдөрдү уюштуруучу жана бул операцияларды алып баруу менен алардын жүрүшүн көзөмөлдөп туруучу кызмат адамы.

КАЗНАЧЕЙСКАЯ ЭМИССИЯ – КАЗЫНАЛЫК ЭМИССИЯ – казыналык же башка мамлекеттик финансы органдарынын жүгүртүүгө *казыналык билеттерди* жана *мамлекеттик баалуу кагаздарды* чыгаруусу. Негизинен мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын жабуу үчүн ишке ашырылат.

КАЗНАЧЕЙСКИЕ БИЛЕТЫ – КАЗЫНА БИЛЕТТЕРИ – адатта бюджет тартыштыгын жабуу үчүн *казына* (мамлекет) тарабынан чыгарылуучу кагаз *акчалар.* Эгемендүүлүктү алгандан бери карай Кыргыз Республикасынын акчасы *сом* жүгүртүүгө киргизилип, ал 1, 5, 10, 20, 50, 100, 200, 500, 1000 белгиси түрүндө чыгарылып тиешелүү деңгээлде колдонулуп жатат.

КАЗНАЧЕЙСКИЕ БОНЫ – КАЗЫНАЛЫК БОНА (убактылуу кагаз акча) – орто жана узак мөөнөттү камтыган мамлекеттик милдеттенмелер. Адатта, бул көрсөтүүчүгө 5 жылдан 25 жылга чейинки мөөнөт менен чыгарылат да, базардык мамлекеттик баалуу кагаз катары эсептелет.

КАЗНАЧЕЙСКИЕ ОБЯЗАТЕЛЬСТВА – КАЗЫНАЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР; *1)* Кармоочулар тарабынан бюджетке акча каражаттарын бергендигин күбөлөндүрүүчү жана казыналык милдеттенмеге ээ болгон тиешелүү мөөнөттүн ичинде белгиленген кирешени алууга укук берүүчү мамлекеттик баалуу кагаз; *2)* бюджеттик каражаттарды аныктаруучуларына финансы министрлиги (казыналык) тарабынан, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын жабуу үчүн төлөнүүчү эмиттелген финансы министрлигинин милдеттенмеси. Чынында ал вексель болуп саналат.

КАЗНАЧЕЙСКИЙ ВЕКСЕЛЬ – КАЗЫНАЛЫК ВЕКСЕЛЬ (кыска мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаз); *1)* өзүнүн чыгымдарын жабуу үчүн мамлекет тарабынан чыгарылуучу вексель; *2)* АКШда – федералдык өкмөттүн кыска мөөнөттүү милдеттенмеси. Алар 91 күндүк жана 182 күндүк мөөнөткө ортомчулук атаандаштык сатуулар аркылуу казыначылык тарабынан жума сайын таратылып турат. Мындан башка 9 айга жана бир жылга мезгил-мезгили менен вексель чыгарылып турат. Алардын баасы 10 миңден 1 млн.

долларга чейин өөдө-ылдый оошуп турат.

КАЗНАЧЕЙСТВО – КАЗЫНАЧЫЛЫК – адатта өлкөнүн финансы министрлигине караштуу же анын курамындагы атайын мамлекеттик финансылык орган. Казыначылыктын иш милдетине мамлекеттик бюджеттин долборун түзүү жана анын аткарылышын башкаруу, ошондой эле мамлекеттик карыздарды башкаруу жана мамлекеттик *баалуу кагаздарды* чыгаруу кирет. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө казыналык салыктар жыйымын, бажы салыктарын ж.б. бюджетке келип түшүүлөрдү көзөмөлдөп, бюджеттик кредиттерди ачат жана бекитилген бөлүнгөн каражаттарга (ассигнованиелерге) ылайык бюджеттик каражаттарды сунуш кылат.

КАЛЬКУЛЯЦИЯ – КАЛЬКУЛЯЦИЯ (лат. calculatio – эсептегич, эсептеп чыгаруу) – продукцияны чыгаруу жана сатуу үчүн чыгымдарды эсептөө. Ал документ калькуляциялык баракча катары түзүлөт да, анда чыгымдар статьяларда белгиленген багыттар боюнча көрсөтүлөт. Калькуляция ишкана (фирма, уюм, бригада ж.б.) тарабынан даярдалган (аткарылган, көрсөтүлгөн иш–чаралар), продукциялардын айрым түрлөрүнүн (жумуштар, тейлөөлөр) өздүк наркынын бирдигин аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Аны түзүү (статьялар боюнча чыгымдарды эсептеп чыгуу) *продукциянын өздүк наркын* талдоого (анализ жасоого), *бааларын* белгилеп коюуга, *рентабелдүүлүгүн*, зыян тартууну жана түшкөн пайданы эсептеп чыгарууга толук шарт түзүлөт. Калькуляциялык статьялар боюнча чыгымдарды топтоо өндүрүш процессиндеги алардын ролуна байланыштуу ишке ашырылат. Булар ресурстарды өндүрүштүк керектөөнүн негизинде келип чыккан чыгымдар жана уюштуруу, тейлөө, башкаруу, сатуу менен байланышкан чыгымдар. Өнөр жай ишканалары үчүн калькуляциянын статьялары боюнча төмөндөгүдөй топтоо сунуш кылынат: чийки зат жана материалдар; сатып алынуучу комплектелүүчү буюмдар, жартылай фабрикаттар жана өндүрүштүк нуктагы тейлөөлөр; кайта кайтарылуучу калдыктар (эсептен чыгарып ташталгандар); технологиялык максаттар үчүн отун жана энергия; өндүрүш жумушчуларынын негизги жана кошумча эмгек акылары; эмгек акы төлөмдөрүнүн каражаттарынан бюджетке жана бюджеттен тышкаркы фондуларга чегерүүнү жүргүзүү; максаттуу арналыштагы шаймандардын жана жабдуулардын тозушу ж.б. атайын чыгымдар; өндүрүштүк жалпы чыгымдар; чарбалык чыгымдар, брак чыгуудан улам жоготуулар; коммерциялык чыгымдар.

КАМБИСТ – КАМБИСТ – векселдик операциялар менен иштөөчү жана чет өлкөлүк монеталар менен соода кылуучу адам.

КАМПАНИЯ – КАМПАНИЯ (фр. campagne – кампания) – *1*) белгилүү мезгил ичинде тиешелүү бир ишти муктаждыгына карата ургаалдаштырып жүргүзүү, чукулунан келип чыккан маселелерди, жыл мезгилинин өзгөчөлүктөрүнө, тигил же бул жердеги жагдайдын кыйла өзгөрүшүнөн улам пайда болуучу иш чараларды бүткөрүүнү кескин түрдө активдештирүү. Мисалы, эгин эгүүнү уюштуруу кампаниясы; *2*) агрегаттардын, техникалык курулуштардын үзгүлтүксүз, узакка иштөө убакты, мисалы, домна мешинин кампаниясы.

КАПИТАЛ – КАПИТАЛ (нем. kapital, лат. capitalis – башкы, башкы мүлк) – *товарларды өндүрүп чыгаруу* жана *тейлөөгө* пайдаланылуучу калктын жыйган ресурстары; калктын бакубаттуулугу үчүн топтолгон материалдык мүлк. Капитал ич ара төмөндөгүлөргө бөлүнөт: туруктуу капитал – *өндүрүш каражаттарын* сатып алууга арналган акча каражаттары жана өзгөрүлмө капитал – жумушчу күчүн пайдаланууга жумшалган акча каражаттары; негизги капитал – *негизги фондуларга* жана *айланма капиталга* чегерилген салымдар; өнөр жай өндүрүшүнө чегерилген салым өнөр жайлык нукта ишке ашырылат жана анын ажырагыс бөлүгү катары соода капиталы болуп саналат да, мунун башкы милдети товарды сатуу процессин жана *ссудалык капиталды* тейлөөнү камтыйт. Туруктуу жана өзгөрүлмө капиталдын чогундусу авансаланган капитал болот, б.а. өндүрүш каражаттарын сатып алуу жана жумушчу күчүн калыптандыруу үчүн багытталган капитал болуп эсептелет. Ошондой эле бул *акционер, венчур* (тобокелге коюлган капитал), *резерв, фиктив, кепил, номинал* капиталдары болуп ажыратылат. *Кара. Уставный капитал – уставдык капитал.*

КАПИТАЛ АКЦИОНЕРНЫЙ – АКЦИОНЕРДИК КАПИТАЛ – акционердик компания тарабынан чыгарууга макулдашылган же иш жүзүндө чыгарылган *акциялардын* жалпы суммасы. Анын пайда болушунун эки ыкмасы болушу мүмкүн: акцияга жалпы элдин жазылуусу (ачык типтеги *акционердик коом*) жана уюмдаштыруучулардын арасында эле акцияларды бөлүштүрүү (жабык типтеги коом). Акционерлерге тийиштүү акция бааларынын номиналдык суммасынын *уставдык капиталынын* өлчөмүнө карата катышы акционердик коомдогу алардын ар биринин үлүштүк катышы менен аныкталат.

КАПИТАЛ ВЕНЧУРНЫЙ – ВЕНЧУРДУК КАПИТАЛ – аябай эле тобокелчиликке бел байлап объектилерге (долборлорго) салынган капитал (мисалы илимди арбын талап кылуучу тармактардагы жаңы компанияларга), ошондой эле жаңы акциялардын *эмиссиялар* формасындагы *инвестициялар* болуп саналат. Анын өзгөчөлүктөрү жөнөкөй кредиттерге таандык болуучу милдеттүү түрдө кайра кайрып берүү шартынын жоктугу, ошондой эле мындай капиталды материалдык жактан камсыз кылуунун жоктугу болуп саналат.

КАПИТАЛ ОБОРОТНЫЙ – АЙЛАНМА КАПИТАЛ – ишканалардын (фирмалардын, компаниялардын) накталай акчага салыштырмалуу, оной өзгөртүлүүчү каражаты (фондусу). Айланма капитал ишкана-

лардын банк ж.б. кредиттик мекемелердеги, кассадагы акча каражаттарынан, ошондой эле оңой сатылуучу *баалуу кагаздардан, дебитордук карыздардан, өндүрүш запастарынан, даяр продукциялардан, али бүтө элек өндүрүштөн,* материалдардан, алды-да кездешүүчү чыгымдардан түзүлөт. Каражаттарды жайгаштыруунун иреттүүлүгүнүн негизине адатта *өтүмдүүлүк критерийлери,* тагыраак айтканда ишкана каражаттарынын накталай акчага айлануу жөндөмдүүлүгү кабыл алынат да бул фирмалардын (ишканалардын) финансылык абалын баалоого мүмкүндүк берүүчү иш-аракеттеринин баалуу көрсөткүчү болуп саналат.

КАПИТАЛ РЕЗЕРВНЫЙ – РЕЗЕРВДИК КАПИТАЛ – тапкан *пайдасынан* чегерүүнүн эсебинен түзүлгөн ишканалардын (фирмалардын, компаниялардын) *капиталынын* бир бөлүгү. Негизги капиталды толуктоонун же зыян тартууну жабуунун булагы.

КАПИТАЛОЕМКИЙ ТЕХНИЧЕСКИЙ ПРОГРЕСС – КАПИТАЛ СЫЙЫМДУУ ТЕХНИКАЛЫК ПРОГРЕСС – арбын *капиталды* колдонууну талап кылуучу техниканы жана технологияны ыкчам өнүктүрүү. Арбын капиталды өндүрүүгө же ушундай эле өлчөмдөгү продукцияны анын аз өлчөмү менен өндүрүп чыгарууга мүмкүндүк берүүчү техниканы же технологияны өркүндөтүүнү капиталды үнөмдөөнү техникалык прогресс катары, ал эми өндүрүүгө салыштырмалуу көп капитал жумшалуучу продукту (товар, буюм) капитал сыйымдуу товар катары эсептелет. *Кара. Ресурсосберегающая технология – ресурсүнөмдөө технологиясы. Капиталоемкость – капитал сыйымдуулук.*

КАПИТАЛОЕМКОСТЬ – КАПИТАЛ СЫЙЫМДУУЛУК – белгилүү мезгилдин ичинде өндүрүлгөн продукцияга же анын бөлүгүнө (мисалы, таза кирешеге, *пайдага*) *негизги капиталдын (өндүрүштүк негизги фондунун)* катышуусу менен аныкталып белгиленүүчү көрсөткүч. Капитал кайрымынын кайра кайтуу өлчөмү – *капиталдык салымдарды (инвестицияларды)* пайдалануунун натыйжалуулугун бышыктоочу көрсөткүч болуп саналат.

КАПИТАЛЬНОЕ ВЛОЖЕНИЕ – КАПИТАЛДЫК САЛЫМ – *негизги* жана *айланма фондуларынын* көлөмүн көбөйтүү жана структураларын жакшыртууга сарпталган бир жолку чыгымдардын өлчөмү. Алардын бир кыйла бөлүгү өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес пайдалануунун иш-аракеттеги негизги фондуларын кеңейтүүгө, жаңыларын түзүүгө, кайра курууга (реконструкциялоого) жана техникалык кайра жабдууга багытталат. Капиталдык салымдын негизги арналышы жаңы объектилерди ишке киргизүү жана иш-аракеттеги *өндүрүштүк кубаттуулуктарды* колдоо, эмгек шарттарын жакшыртуу жана *эмгек өндүрүмдүүлүгүн* жогорулатуу, айлана чөйрөнү коргоо жана табигат ресурстарын

сарамжалдуу пайдалануу, продукциянын жаңы түрлөрүн өздөштүрүү жана анын сапатын жогорулатуу болуп саналат. Алар курулуш-монтаждык иштердин бардык түрлөрүнүн чыгымдарын, ар кандай жабдууларды, аспаптарды жана курал-шаймандарды ж.б. сатып алуу чыгымдарын (долбордук-изилдөө, геологиялык-чалгындоо ж.б. жумуштардын, кадрларды даярдоо, ишканаларды ж.б. куруу ишин жүргүзгөн дирекцияны кармап туруу чыгымдарын) камтыйт. Капиталдык салым төмөндөгүдөй түрлөргө ажырайт: жалпы – алардын жалпы суммасы берилген объектке чегерилгендер; жаңы – иш-аракеттеги өндүрүш фондуларын пайдалануу эсепке алынбаган салымдар; кошумча – чарбалык маселелерди эки вариантта чечүү боюнча (мисалы, жаңы техниканы, ишканаларды реконструкциялоо варианттарын тандоодо ж.б.) жалпы капиталдык салымдардын айырмасы менен аныкталуучу кошумча салымдар; байланыштуу болгон – б.а. аралаш тармактарда кубаттуулук резервдери жок болгон учурда көбөйтүлө турган салымдар; эрчиме – керектөөчүлөрдүн эмгек каражаттарынын кадимкидей иштеши үчүн (мисалы, жаңы техниканын иштеши, ремонт базаларын кеңейтүү ж.б. үчүн имараттарды салууга жана курулуштарды курууга жумшалуучу чыгымдар) зарыл чыгымдар болушу мүмкүн. Капиталдык салымдарга талап дайыма жогору болот да, аларды каржылоонун булактары – *кредит, мамлекеттик бюджеттин каражаттары,* ишкананын тапкан *пайдасы, амортизация* ж.б. чектелүү келет. Ошондуктан аларды сарамжалдуу пайдалануу талап кылынат; ар бир чыгымдалган сомго максималдуу натыйжа алуу өтө олуттуу болуп эсептелет. *Кара. Инвестиции – Инвестициялар.*

КАПИТАЛЬНЫЕ ВЛОЖЕНИЯ ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЕ – КОШУМЧА КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР – өндүрүштүн көлөмү боюнча салыштырылуучу чарбалык милдеттер (жаңы техниканы өндүрүшкө киргизүү, ишканаларды реконструкциялоо ж.б.) эки вариант боюнча чечилүүчү *жалпы капиталдык салымдардын* айырмасы. Бул төмөндөгү көрсөткүчтөрдү камтыйт: долборлонуучу вариантка сомго (жаңы техниканын варианты) *капиталдык* кошумча салымдар; өндүрүштүн көлөмүнө, сомго салыштырмалуу *долборлонуучу* жана *базалык* вариантка ылайык жалпы *капиталдык салым;* ушул эле варианттар боюнча, сомго өздүк (салыштырмалуу) капиталдык салым; натуралай бирдиктердин варианттары боюнча *продукциянын* (жумуштардын) жылдык көлөмү же техниканын жылдык өндүрүмдүүлүгү.

КАПИТАЛЬНЫЕ ВЛОЖЕНИЯ НОВЫЕ – ЖАҢЫ КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР – жаңы техника боюнча иш-чараларды (ишканаларды реконструкциялоо ж.б.) ишке ашыруу үчүн зарыл болуучу бир жолку чыгымдар. Мында иш-аракеттеги *өндүрүштүк фонду-*

лардын пайдаланылышы эсепке алынбайт. Жаңы курулушта алардын суммасы менен *жалпы капиталдык салымдардын* суммасы барабар болот.

КАПИТАЛЬНЫЕ ВЛОЖЕНИЯ ОБЩИЕ – ЖАЛПЫ КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР – өндүрүштүк фондулардын көлөмүн көбөйтүү жана структурасын жакшыртуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууга жумшалуучу бир жолку чыгымдардын жалпы суммасы. Анык варианттарында (иштеп жаткан өндүрүштөрдө) ишканалардын иш жүзүндөгү маалыматтары боюнча кабылданат да, долборлонуучу варианттардын негизинде эсептелип чыгарылат. Капиталдык салымдардын жалпы көлөмүндө алардын натыйжалуулугун эсептөө үчүн – жаңыларды түзүүгө, реконструкциялоого жана өндүрүштүк, өндүрүштүк эмес нукка багытталган негизги фондуларды кеңейтүүгө пайдаланылуучу финансылоонун бардык булактары боюнча чыгымдар. Булар ошону менен бирге курулуш-монтаждык иштердин чыгымдарын, жабдууларды, транспорттук каражаттарды жана курал-шаймандарды сатып алууга жумшалуучу чыгымдарды долборлоо-изилдөө иштерине, курулушка байланыштуу ж.б. даярдык иштеринин түрлөрүнө сарпталуучу чыгымдарды камтыйт; булардын жыйынтыгы (мисалы, салынуучу ишканалар үчүн кадрларды максаттуу даярдоо боюнча чыгымдар), ошондой эле айланма каражаттарынын калыптанышынын чыгымдары же алардын өлчөмдөрүнүн азайышы, аралаш тармактарга байланыштуу болуучу капиталдык салымдары (мисалы, курулуш, энергетикалык жана чийки затты өндүрүүчү базалардын өнүгүшүнө жумшалуучу чыгымдар, суу менен камсыз кылууга, курулуштагы жоготуулардын ордун толтырууга, айлана чөйрөнү коргоого кетүүчү чыгымдар) негизги фондуларда ишке ашырылбай калышы мүмкүн.

КАРТ – КАРТ (англ. cart) – маалыматты алып жүрүүчү схема (микропроцессор).

КАРТ-БЛАНШ – КАРТ-БЛАНШ (фр. carte blanche) – бир адам кол коюп, башка бирөөгө аны жазып толтурууга укук берилүүчү таза бланк. Бул терминдин түпкү маанисинде карт-бланшты берүү – кимдир бирөөгө чексиз өкүлдүктү (укукту) ыйгаруу, ээн эркин жүргүзүү дегенди туюндурат.

КАРТ-СЧЁТ – КАРТ-СЧЁТ – Карт боюнча акча каражаттарынын жана транзакциялардын жылышы үчүн ачылган счёт.

КАРТЕЛЬ – КАРТЕЛЬ (фр. cartel – көрнөк, асып коймо такта, мандайча жазуу) – экономикасы өнүккөн өлкөлөрдөгү монополия формаларынын бири. Мында ишкерлердин бирикмесинин катышуучулары өндүрүштүн көлөмүн, продукцияларды базарда сатуу шарттарын, жумушчуларды жалдоону жөнгө салуу жөнүндө (кээде документ катарында жазуу жүзүндө тузурумдалган)

келишим-шартын түзөт. Мында товарларга баа коюу, жеке фирмалардын өндүрүш көлөмү продукцияны базарда сатууну географиялык нуктан бөлүштүрүү жөнүндө фирмалардын (ишканалардын) ортосундагы формалдуу (жазуу жүзүндөгү же оозеки) келишим-шарт болушу ыктымал. Келишим-шарттын катышуучулары өндүрүштүк жана коммерциялык өз алдынчалыгын сактайт да, алардын ишаракеттеринин эркиндиги келишим-шартта белгиленген иш чөлкөмү менен гана чектелет. Картелдик келишим-шарты көбүнчө саналуу эле *концерндердин* (*тресттердин*) ортосунда түзүлөт да, өндүрүштү адистештирүү, заказдарды кабыл алуу жана бөлүштүрүү, өндүрүштүк объекттерди биргелешип куруу жагын көбүрөөк камтыйт. *Өндүрүштүк* жана *коммерциялык* маалыматтар менен өз ара алмашуу, базар конъюнктурасын ж.б. биргелешип изилдөө келишим-шартында көрсөтүлгөн макулдашуу боюнча жүргүзүлөт. Мындай келишим бир өлкөнүн монополиясына гана айланбастан, бир нече өлкөнү камтышы мүмкүн. "Картель" термини кээде продукцияларды чыгарууну кыскартуу, өз ара атаандаштыкты жөнгө салуу аркылуу ар бир катышуучу арбын *пайда* алууну жана керектөөчүлөр үчүн жогорку *баа* гарантияланган компаниялардын ортосундагы мыйзамсыз келишим-шартты аныктоо үчүн пайдаланылат. Көпчүлүк убакта "картель" катары фирмалардын ассоциациясы эсептелет. Ал эми бул *ассоциация* болсо, продукцияларды чыгарууга (демек бааларды да) жана маркетинг ишкызматтарынын борбордук органга берилишине көзөмөлдүк жасайт; ушундан улам бул экономиканын ийгиликтүү өнүгүшүнө өбөлгө түзөт деп эсептелинет, анткени фирмаларга тийиштүү киреше алууну, керектөөчүлөрдү үзгүлтүксүз камсыз кылууну, жогорку сапаттуулукту сактап турууну камсыз кылат.

КАССА – КАССА (ит. cassa – сыйымдуу идиш, жашик) – ишкананын (фирмалардын, уюмдардын) колдогу накталай акчасы; акча каражаттарынын кыймылын чагылдырган бугалтердик эсептин *счету*; накталай акчалар ж.б. баалуулуктар менен операцияларды ишке ашыруучу банктардын, ишканалардын жана уюмдардын бөлүмчөлөрү; акчаны кабыл алуу, сактоо жана берүү үчүн атайын жай.

КАССОВАЯ КНИГА – КАССА КИТЕБИ – ишкананын колдогу накталай акчаларынын кыймыл эсеби үчүн регистрдин бекитилген формасы. Анда киреше жана чыгашанын ар бир операциясы боюнча кассалык ордердин номери, акчанын кимден алынгандыгы же кимге берилгендиги, алардын саны жазылат. Касса китепчеси номерленип, жип өткөрүп бекитилип жана мөөр басылып, барактарынын саны жетекчинин жана башкы бугалтердин колу менен күбөлөндүрүлөт. Кассир тарабынан эки даанада (көчүрмө кагаз аркылуу) толтурулат да, биринчиси китепте

калып, экинчиси айрылып алынат. Кассир күн сайын касса китеби боюнча киреше жана чыгашанын бир күнкү жыйынтыгын эсептеп, келерки күнгө кассадагы алардын калдыктарын чыгарып, киреше жана чыгаша документтери менен бирге жыртып алма кагазын эсеп-кысап катарында бугалтерияга берет.

КАССОВЫЕ ОПЕРАЦИИ – КАССАЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР – ишкана кассасындагы *акчаны* кабыл алуу жана берүү боюнча операциялары. Ишкананын жетекчиси жана башкы бугалтердин (ага бугалтердин) колу коюлуп, киреше жана чыгаша ордерлери, төлөм ведомосттору ж.б. документтери менен тузурумдалат.

КАССОВЫЕ ОРДЕРА – КАССАЛЫК ОРДЕРЛЕР – ишкананын кассасына акчанын келип түшкөнүн же алардын максаттык арналышы боюнча берилишин ырастоочу документтер. Кассалык ордерлерде эмне үчүн түзүлгөндүгүнүн негиздери көрсөтүлүп, сунуш кылынуучу документтер саналып келтирилет, ондоолорго жана өчүрүп-тазалоого жол берилбейт. Акчанын келип түшкөндүгү киреше ордери менен тузурумдалып, анда акчанын саны жана кимден алынгандыгы ж.б. маалыматтар көрсөтүлөт; акчаны берүү чыгашалык ордерлер менен тузурумдалат. Кассалык ордерлерге *кассир* кол коёт, жыл бою тиешелүү ырааттуулукта (киреше жана чыгаша) ар бири өзүнчө номерленет. Кассалык ордерлердин жана тиркелген документтердин негизинде кассалык китепте жазуулар жүргүзүлөт. Кассага өткөрүп берүүгө чейин ордерлердин баарысы бугалтерияда атайын журналда катталат.

КАССОВЫЙ ТЕРМИНАЛ – КАССАЛЫК ТЕРМИНАЛ – Карттын жардамы менен карт-счёттон накталай акча каражаттарын алуу үчүн каралган түзүлүш.

КВАЛИФИКАЦИЯ РАБОТНИКА – КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫ – белгилүү бир ишти (жумушту) аткаруу үчүн зарыл билимдин, тажрыйбанын тиешелүү өлчөмдөгү чогундусу. Бул аттестациялоонун негизинде жана кызматкерге квалификациялык классты (мастерлик классты) ыйгаруу аркылуу, ошондой эле бир ишти аягына чейин жеткирүүчү кесиптеги (усталар, санитардык техник ж.б.) кызматкерлерге тарифтик-квалификациялык маалымдамаларга ылайык белгилүү квалификациялык разряддар берилет. Кызматкерлерди аттестациялоо көпчүлүк учурда ар бир кесипке туура келгидей атайын чыгарылган квалификациялык эрежеге ылайык жүргүзүлүп, анда аттестациялануучу кызматкерге берилүүчү кесипке туура келүүчү талаптар баяндалат.

КВОТА – КВОТА (лат. guota – ар бирине туура келүүчү бөлүк, guot – канча) – ар бирине туура келүүчү үлүш, бөлүк, норма. Терминдин бир нече мааниси бар. Бул улуттук (мамлекет ичиндеги), эл аралык келишимшарттын (*картелдин* ж.б.) же эл аралык бирикмелердин (мисалы, таш көмүрдүн жана болоттун ж.б. Европалык бирикмесинин) катышуучуларынын ар бири үчүн белгиленүүчү өндүрүшкө, сатууга, *экспортко*, же *импортко* катышуу үлүшү; өлкөнүн *уставдык фондуга* төлөй турган төгүмү же эл аралык экономикалык же валюта-финансылык уюмдун (мисалы, *Эл аралык валюта фондусу* же экономикалык кызматташуунун эл аралык банкы) капиталы; салымдын белгилүү бирдиктеринен (мисалы, киреше, мурас ж.б.) кармалуучу *салыктын* ставкасы (абсолюттук мааниде же үлүш түрүндө); шайлоо квотасы – белгилүү бир шайлоо округунда депутатты шайлоо үчүн зарыл болгон добуштардын саны (өкүлдүктүн шайкештүү тутуму колдонулат). Бул менчиктештирүү процессинде жарандарга бекер берилүүчү мамлекеттик мүлктүн үлүшү да болушу мүмкүн. Мисалы, ар бир жаранга төлөөсүз берилүүчү мамлекеттик менчиктин бир бөлүгү эки квота боюнча аныкталат (турак жай жана мамлекеттик ишканалардын мүлкү).

КВОТА ИМПОРТНАЯ – ИМПОРТТУК КВОТА – белгилүү бир өлкөнүн чарба комплекси, анын айрым тармактары, фирмалар жана ишканалар, эл аралык уюмдардын катышуучулары үчүн продукциялардын ар кандай түрлөрүн (ресурстарын, капиталды, финансылык фондуларды ж.б.) өндүрүүнүн жалпы көлөмүндөгү *импорттун* маанисин айкындоочу сандык көрсөткүч; натуралай түрдө же наркы туюнтулган товарларды алып келүү көлөмүн белгилүү бир мөөнөткө чектеп белгилөө менен, импорттук операцияларды жөнгө салып туруунун ыкмасы; импорттук квота адатта пайыз менен эсептелинет. Импорттук квота натуралай түрүндө же наркы менен туюнтулган импорттун көлөмүнүн катышынын ошол учурдагы жергиликтүү (өлкө ичиндеги) өндүрүштүн жана тиешелүү продукциялардын импортунун суммасы катары саналуучу ички керектөөлөрдүн көлөмүнүн катышына карай пайыз менен эсептелинет.

КВОТА ЭКСПОРТНАЯ – ЭКСПОРТТУК КВОТА – белгилүү бир өлкөнүн чарбасы, айрым өндүрүшү жана продукциялардын ар кандай түрлөрү боюнча тиешелүү тармактар үчүн экспорттун маанилүүлүгүн айкындоочу сандык көрсөткүч. Экспорттук квота экспорт көлөмүнүн катышынын берилген мезгилдеги натуралай түрдөгү же наркы менен туюнтулган ошол эле мезгилдеги тиешелүү продукцияга туура келүүчү ички өндүрүш көлөмүнө болгон катышына карай пайыз менен эсептелип чыгарылат. Экспорттук квота экспортту сандык жактан чектөөнүн аспабы катары да колдонулат. Ал өтө катуу лицензиялоону талап кылуучу эл керектеген товарларды четке чыгарууну чектөөчү ыкма катарында да пайдаланылат.

КЛАССИФИКАЦИЯ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫ КЛАССИФИКАЦИЯЛОО (ЖИКТӨӨ) – өндүрүштүк негизги фондуларды чарба тармактары жана иш-аракеттеринин түрлөрү, тармактардагы арналышы жана

натуралай-заттык белгилери (түрлөрү) боюнча чектөө. Тармактык белгиси жагынан *негизги фондулар* чарба комплекси өнөр жай, курулуш, айыл чарба, транспорт, байланыш сыяктуу топторго ажырайт. Ал эми өнөр жайы ич ара тармактары (машинакуруу, жеңил, тамак аш, курулуш материалдарын чыгаруучу ж.б.) боюнча жиктелет. Негизги фондулар төмөндөгүлөргө ажыратылат: бир ишканага же башка чарбалык органга тиешелүү менчиктер жана аларды убактылуу *ижара* укугунда пайдалануага ижарага берилген менчиктер. Өнөр жай тармактарынын, ишканалардын негизги өндүрүштүк фондулары болсо төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт: имараттар – өндүрүш үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуучу жана машиналар менен жабдууларды жакшы сактоого керектүү архитектуралык-курулуш объектилери. Аларга негизинен ар кандай цехтер, устаканалар, гараждар, өндүрүштүккө керектүү орнотмолор жайгашкан имараттар жана жабдуулар кирет. Бул топко көпчүлүк учурда административдик-чарбалык, жабдуучу жана ишканалардын сатык ишин (кеңселер, кампалар ж.б.) аткаруу үчүн зарыл түрдүү курулуштар да кошулат. Мындан тышкары имараттарга жанаша салынган курулуштардын баардыгы, ошону менен бирге жылуулук, жарык, суу, газ ж.б. тутуму дагы кирет. Курулуштар – өндүрүшкө зарыл техникалык функциялар үчүн жана эмгек предметинин өзгөрүүлөрүнө байланышсыз инженердик-техникалык объекттер. Булар негизинен көпүрөлөр, эстакадалар, жолдор, тоннелдер, сактагычтар, имараттардан обочо жайгашган суукуур мунаралары, гидромелиоративдик курулуштар, дамбалар ж.б. болуп саналат. Өткөрүп берип турма жасалгалар – энергияны, суюк жана газ абалындагы заттарды берип туруу үчүн багытталган жасалгалар (электр тогун берип турма жана байланыш линиялары, мунай газ түтүктөрү, суукуур жана канализациялык курулуштар ж.б.). Машиналар жана жабдуулар, ошону менен бирге энергетика машиналары жана жабдуулар – энергияны иштеп чыгаруу жана кайра түзүү (генераторлор, кыймылдаткычтар, энергетика трансформаторлору ж.б.) үчүн арналган каражаттар; жумушчу машиналар жана жабдуулар – продукцияларды даярдоодо (тейлөө көрсөтүү) же ага которгондо (станоктор, конвейерлер, крандар ж.б.), эмгек предметине (затына) түздөн түз таасир кылуу үчүн пайдаланылуучу жумушчу машиналарды, агрегаттардын жана жабдуулардын бардык түрлөрү; чеңөөчү жана жөндөп туруучу аспаптар (приборлор) жана жасалгалар, лабораториялык жабдуулар – басымды, кубаттуулукту ж.б. чондуктарды өлчөө үчүн өз алдынча мааниге ээ болуучу ж.б. шаймандардын курамдык бөлүгүнө кирбей турган аспаптар; эсептөө техникасы – ар кандай ЭЭМ, башкаруучу сыяктуу түрдүү машиналар; калган машиналардын түрлөрү жана жабдуулар; жогоруда белгиленип өткөн топторго

кирбеген (автоматтык телефон станцияларынын жабдуулары, өрт өчүргүч ж.б. машиналар) машиналар, аппараттар жана жабдуулар. Транспорттук каражаттар – жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн ар кандай каражаттар (өндүрүш жабдуусунун курамына киргизилүүчү транспортерлордон ж.б. каражаттардан тышкары транспорттун бардык түрлөрүнүн курамы). Аспаптардын болгон түрлөрү – (кыскычтар, кыпчыгычтар, алкактар, курбулар ж.б.); өндүрүш шаймандары жана керек жарактары – өндүрүштүк операцияларды аткарууну (столдор, верстактар), эмгек коргоону (тосуп курчоо, желдеткичтер) жана эмгек буюмдарын сактоону (бир нече кабат текчелер, тара ж.б.) женилдетүү үчүн ар кандай буюмдар. Чарбалык шаймандар – гардеробдор, столдор, жазгыч машинкалар, көчүрмө жасалгалар ж.б. Унаалык жана кунарлуу малдар – жылкы, өгүз, уй, топоз ж.б. Көп жылдык бак-даракtар – мөмө-жемиштүү, жашылдандыруучу ж.б. түрлөрү. Жерди жакшыртуу боюнча капиталдык чыгымдар – жер аянттарын жакшыртуу, балыр, чөп-чардан арылтуу, көлмөлөрдү тазалоо ж.б. Калган башка негизги фондулар – китепкана фондулары, музей экспонаттары, ижарага берилген негизги фондулардын чыгымдары ж.б.

КЛАССИФИКАЦИЯ ПОКАЗАТЕЛЕЙ КАЧЕСТВА ПРОДУКЦИИ – ПРОДУКЦИЯЛАРДЫН САПАТЫН КЛАССИФИКАЦИЯЛООНУН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ – классификациялык белгилерин эсепке алуу менен белгилүү топтор боюнча продукциялардын сапаттарынын көрсөткүчтөрүн бөлүштүрүү. Көрсөткүчтөр төмөндөгүлөр боюнча ажыратылат: мүнөздүү касиеттери боюнча – арналышы, чийки заттын (материалдардын, отундун жана энергиянын) үнөмдүү пайдаланылышы, бышыктыгы (бузулбай тургандыгы, узакка иштеши, ремонтко-жарамдуулугу, сакталымдуулугу), эргономикалык, эстетикалык, технологиялуулугу, транспортабелдүүлүгү, стандартизациялуугу жана унификациялуулугу, патенттик-укуктук, экологиялык жагы жана коопсуздугу; туюнтулушыкмасы боюнча – нарктык (сом, доллар, теңге ж.б.) жана натуралай (кг, м, балл, өлчөсүз ж.б.) бирдиктерде; касиеттерин айкындоочу саны боюнча жекече, комплекстүү (топтуу, жалпыланган жана интегралдык); маанилеринаныктоо стадиялары божомолдук, долбордук, өндүрүштүк, эксплуатациялык.

КЛЕЙМС – КЛЕЙМС (англ. claims – талап, укук) – келип түшкөн товарлардын абалынын канааттандырарлык эместигине жана сапатынын тиешелүү талаптан төмөндүгүнө байланыштуу сатып алуучунун сатуучуга койгон доо-талабы.

КЛИЕНТ – КЛИЕНТ, КАРДАР (лат. cliens, ит. cliente – заказчы, заказ берүүчү) – дайыма сатып алуучу же заказ берүүчү; кредиттик мекеменин, адвокаттын тейлөө иштерин пайдалануучу инсан.

КЛИРИНГ – КЛИРИНГ (англ. clearing – эсептешүү) – тараптардын талаптарды жана милдеттенмелерди өз ара чегеримге (зачетко) негиздеп накталай акчасыз эсептешүү тутуму. Көп өлкөлөрдүн ички айланымында (кээде тышкы, мисалы КМШ өлкөлөрү менен), айрым ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын ж.б.) жана *банктардын* ортосундагы *товарлар, тейлөөлөр, баалуу кагаздар* үчүн эсептешүүлөргө байланыштуу, коомдук чыгымдарды үнөмдөө каражаты катары пайдаланылат. Өлкө ичинде банк аралык клиринг иштейт. Мында эсептешүүлөр чектерди банкка өткөрүү менен ишке ашырылат да, андан кийин эсептен чыгарылып же каражаттарды клиенттердин тиешелүү эсебине которот. Кошумча талаптардын чегерими атайын банкаралык уюмдардын – клиринг үйлөрүнүн же эсептешүү палаталарынын түзүлүшүнө алып келет. Алардын иш-аракеттери банктарга төлөп берүү үчүн өлкөнүн кез келген банктарына же анын бөлүмдөрүнө жазган чектерди чектелбеген өлчөмдө кабыл алууга мүмкүндүк берет. Чектер банктар боюнча эсептешүү палаталарында үзгүлтүксүз сорттолуп турат, төлөмдөрдүн жана талаптардын өз ара эсептешүүсү бир күндө бир нече жолу ишке ашырылат. Банктардын ортосундагы күн сайын жүргүзүлүүчү акыркы эсептешүү борбордук банктагы алардын эсептегичи боюнча каражаттардын кыймылы аркылуу ишке ашырылат. Мындай система акчанын жүгүртүлүшүн, анын техникалык айланымын жана накталай акчалардын айланымы менен салыштырмалуу арзандатууну жогорку ылдамдыкта ишке ашырууга шарт түзөт. ЭЭМдин (электрондук эсептөө машиналарынын) колдонулушу (акчаларды электрондук которуу) эсептөөлөрдү бир кыйла ылдамдатат. Эсептөөлөрдүн клирингдик системасы товардык жана фондулук биржалардын мүчөлөрүнүн ортосунда да колдонулат. Эл аралык эсептешүүлөрдө да *валюталык клиринг* бар; *валюталык клиринг валюталардын* өз ара *конверсияланууу* (*конвертируемость валют*) негизи катарында алтын стандарты жоюлгандан кийин келип чыккан. Азыркы учурда эл аралык клиринг эркин конверсияланууучу валюталары (СКВ) жана алтын кору чектелген, улуттук валюталары конверсияланбай турган (алмашылбоочу) өлкөлөрдө иштеп жатат.

КЛИРИНГ ВАЛЮТНЫЙ – ВАЛЮТАЛЫК КЛИРИНГ – товардык тейлөө наркынын барабар тендештигинин негизинде келип чыгуучу кошумча талаптардын жана милдеттенмелердин өз ара чегерими жөнүндөгү өкмөт-аралык келишим-шарт. Бул төмөндөгүдөй милдеттүү элементтер жыйнагын камтыйт: өкүлдүк банктардагы клирингдик эсеп тутумун; *клирингдин* көлөмүн (товар-айланым же анын бөлүгү боюнча бардык төлөмдөрдү), *валютага* макулдашылган эсептешүүлөрдү; техникалык кредиттин көлөмүн – эсептешүүлөрдүн үзгүлтүксүздүгүн аныктоого (адатта жеткирип-тапшыруу көлөмүнөн пайыз боюнча же абсолюттук чоңдук түрүндө аныкталуучу) чегине жеткириле жол берилүүчү карыз *сальдосун*, төлөмдөрдү тендештирүү тутумун (клиринг эсеби боюнча карыз сальдону төлөм документинен жабуу ыкмасынын нугунда валюталык клиринг төмөндөгүчө ажыратылат: *конверсиялоого* укугунун жоктугу, б.а. валюталарды алмашуу чектелген түрдө жүргүзүлгөн же конверсияланууусун толук токтотуп коюуну), мамлекет-аралык келишимшартынын мөөнөтүнүн өтүшү боюнча сальдону биротоло төлөм документинен жаап тындыруу камтыйт.

КЛИРИНГОВАЯ ПАЛАТА – КЛИРИНГ ПАЛАТАСЫ – Төлөмдөрдүн клиринг системасынын катышуучуларынын ортосундагы накталай эмес эсептешүүлөрдү өткөрүү үчүн ортомчулук кызматын көрсөткөн уюм. Клиринг палатасынын функционалдык бөлүмдөрү тарабынан төлөм документтери менен алмашуу, топтоо жана төлөмдөр, төлөм жүгүртүүлөрү жөнүндө маалыматтарды иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгилеген эрежелерге жана процедураларга ылайык, клиринг системанын катышуучуларынын өз ара коюлган талаптарды чегеришүү жолу менен таза позицияларын аныктоо ишке ашырылат.

КЛИРИНГОВАЯ (РАСЧЕТНАЯ) ПАЛАТА – КЛИРИНГДИК (ЭСЕПТЕШҮҮ) ПАЛАТА. *1*) өз ара талаптарын чегерим жолу менен чек ж.б. төлөм документтери боюнча накталай эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүүчү атайын банк аралык уюм; *2*) товардык жана фондулук биржалардын мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара чегеримдерди жүргүзүү механизми.

КЛИРИНГОВАЯ СЕССИЯ – КЛИРИНГДИК СЕССИЯ – Клиринг палатасында катышуучулардын ортосунда иштелип бүткөн акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзбөстөн, клиринг системасынын катышуучуларынын төлөм документтерин топтоо жана иргөө иши жүзөгө ашырылуучу белгиленген мезгил аралыгы.

КЛИРИНГОВАЯ СИСТЕМА ПЛАТЕЖЕЙ – ТӨЛӨМДӨРДҮН КЛИРИНГ СИСТЕМАСЫ – Клиринг системасынын катышуучулары анын жардамы менен клиринг палатасы аркылуу башка катышуучулар менен өз төлөмдөрүнө же баалуу кагаздарды которууга тиешелүү маалыматтарды же документтерди бере алган же алмаша алган эрежелердин жана иш-чаралардын жыйындысы. Иш-чараларда катышуучулардын эки тараптуу же көп тараптуу таза позицияларын аныктоо үчүн механизмдер камтылат.

КЛИРИНГОВЫЙ БАНК – КЛИРИНГДИК БАНК. Эсептешүүлөрдү эсептөө (клирингдик) палатасы аркылуу жүргүзүүчү *депозиттик банк*.

КОД БУХГАЛТЕРСКОГО СЧЕТА – БУГАЛТЕРДИК ЭСЕП-ЧОТТУН КОДУ – бугалтердик эсеп-чоттун шарттуу сандык белгиленип туюнтулушу. Бугалтердик жазууларды оңойлотуп жеңилдетүү үчүн пайдаланылат. Бугалтердик эсеп-чотунун

планында синтетикалык эсебинин 0,1 ден 99 га чейин жеткен эки маанилүү цифра менен коддоштуруунун сериялык ыкмалары орун алат. Ал эми субэсеп-чотто үч маанилүү цифралар болот да, алардын биринчи эки цифрасы синтетикалык эсеп-чоттун кодун (номерин) белгилеп туюнтат, үчүнчү цифрасы болсо субэсеп-чоттун номерин белгилеп көрсөтөт.

КОЛЛЕДЖ – КОЛЛЕДЖ (англ. college). Англия, АКШ сыяктуу кээ бир өлкөлөрдөгү (жогорку, орто) окуу жайы. Айрым учурда университеттин курамында дагы болот.

КОЛЛЕЖ – КОЛЛЕЖ (фр. college). Франция, Бельгия, Швейцария ж.б. өлкөлөрдөгү орто окуу жайлары. Азыр мындай окуу жайлары Кыргызстанда дагы бар.

КОЛЛЕКТИВНОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ – ЖАМААТТЫК ИШКАНА. Бул ишканада эмгек жамааты өндүрүш каражаттарды ижарага албастан, ага толугу менен ээлик кылат жана башкарат. Жамааттык ишкана мамлекеттик ишканаы жумушчулардын жамаатынын менчигине өткөзүү маалында пайда болушу мүмкүн (мурда ижарага же башка ыкмалар менен алынган мүлктү сатып алышы ыктымал). Мында жамааттык ишкананын мүчөсү өзүнүн тиешелүү салымына ээ болот да, ишкананын иштешинен улам түшкөн кирешенин белгилүү бөлүгүн алууга укуктуу. Кыскасы жамааттык ишканаы ойдогудай уюштуруп, мыкты иштетсе, сапаттуу товарларды чыгарып, ишкердүүлүк менен мамиле кылса, анын мүчөлөрү көбүрөөк киреше алуусуна шарт түзүлөт. Ошондуктан жумушчу ишканадан кетсе же ишкана жоюлса да, тиешелүү үлүшү мыйзам чегинде төлөнүп берилет. Ал эми жумушчу кокус каза болуп калса тиешелүү үлүш акчасы анын мураскоруна ыйгарылат.

КОЛЛЕКТИВНЫЙ ПОДРЯД – ЖАМААТТЫК МАРДИКЕРЛИК – жеке жоопкерчиликтин жоктугун, тендемечиликти жоюу, жумуштун жыйынтыгы боюнча эмгек акы төлөөнү камсыз кылууга өбөлгө түзүүчү жамааттык эмгекти уюштуруунун жана ургалдаштыруунун бир түрү. Мардикерликтин шартында тигил же бул жамаат өз эркн менен уюшулуп калыптанат да, продукцияны өндүрүү боюнча ишти толугу менен же бир кыйла бөлүгүн аткарат. Ошол жасаган жумуштарды акы төлөөгө негиз кылынып алынган жамааттын эмгегинин санынын жана сапатынын өлчөм чеиеми болуп калат. Жамааттык мардикерлик ишкана же мекемеде бардык иштер келишимдин негизинде аткарылат. Өз ара милдеттенмени жөнгө салуучу келишимде продукциянын көлөмү, тизмеси, даярдоо мөөнөтү, сапаты жана өздүк наркы (иштер, тейлөөлөр), эмгек акы төлөө шарттары, материалдык-техникалык камсыз кылуунун уюштурулушу ж.б. толук көрсөтүлөт. Жамааттык мардикерлик жамааттын иштеринин үзүрлүү жыйынтыгын чагылдыруучу нормативдерди жана көрсөткүчтөрдү аныктап так белгилөөнү, жамаатка эмгекти уюштуруунун конкреттүү

формаларын тандоодо, аларга бекитилип берилген жабдууларды пайдалануда, жамааттык эмгек акыны бөлүштүрүүдө өз алдынчалыкты берүүнү, эмгек акынын нормативдүү өлчөмүн жамаатка төлөп берүүнү камсыз кылуучу жумушка акы төлөө шарттарын жана иш жүзүндө жумшалган эмгекке байланышсыз белгиленген тапшырманын аткарылышы үчүн сый акы жана жумушчулардын санын аныктайт. Мында ошондой эле келишимде аныкталып белгиленүүчү жамаат менен заказчы администрациясы мардикерликтин шарттарынын аткарылышы үчүн өз ара жоопкерчиликти дагы алдын ала карайт.

КОМАНДИТНОЕ ТОВАРИЩЕСТВО – КОМАНДИТТИК ШЕРИКТЕШТИК – *Кара. Товарищество хозяйственное – чарбалык шериктештик.*

КОМАНДНАЯ ЭКОНОМИКА – КОМАНДАЛЫК ЭКОНОМИКА – бүтүндөй материалдык ресурстар мамлекет энчисинде болуп, экономикалык иш-аракеттер жана аны координациялоо борборлоштурулган пландоонун үнүсүндө ишке ашырылуучу экономикалык тутумдун бир ыкмасы. Учурунда дүйнөлүк деңгээлде калыптанган мындай тутум андан ары карай өнүгө албай, заман талабына шайкеш келбей жок болуп кеткен.

КОМИССИОНЕР – КОМИССИОНЕР (фр. commissionnate, лат. commissio – тапшырма) – макулдашып, бүтүм жасоодогу арачы; белгилүү бир өлчөмдөгү акы алуу үчүн *комитенттин* эсебине жана анын пайдасына, өзүнүн атынан келишимди ишке ашыруучу юридикалык же жеке жак.

КОМИССИОННАЯ ТОРГОВЛЯ – КОМИССИЯЛЫК СООДА – соода ишканалары менен айрым жарандардын ортосундагы комиссия келишиминин негизинде түзүлгөн сооданын бир түрү. Анын объектилери болуп, азык-түлүк продукциялары, ага кирбеген товар түрлөрү (мунун ичинде жекече иш-аракеттер аркылуу даярдалган продукциялар) негизги объектиси болуп саналат. Мында товарларды саткандыгы үчүн комиссиялык соода ишканалары, жеке ишкерлер тиешелүү өлчөмдө комиссиялык жыйымды кошот.

КОМИССИОННЫЕ ПРЕДПРИЯТИЯ – КОМИССИЯЛЫК ИШКАНАЛАР – иш тапшыруучунун тапшырмасы боюнча жана анын эсебинен белгилүү бир эмгек акы үчүн товарларды сатууну жана сатып алууну жүргүзгөн соода уюмдары.

КОМИССИЯ – КОМИССИЯ (лат. commissio – тапшырма) – макулдашылган бүтүмдү ишке ашыруу боюнча *келишим.* Бул келишимдин негизинде бир тарап (*комиссионер*) экинчи тараптын (*комитенттин*) тапшырмасы боюнча өз атынан, бирок комитенттин эсебинен жана анын кызыкчылыгы үчүн үчүнчү тарап менен келишим жасоого милдеттенет. Атайын дүкөндөр аркылуу жеке инсандарга керектүү буюмдарды

(турмуш-тиричилик буюмдарын, кийим-кечелерди, мебелдерди, шаймандарды ж.б.) сатууда көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдүн (ортомчулуктун) түрү катары дагы эсептелет. *Кредитти,* макулдашылган бүтүмдөрдү ж.б. уюштургандыгы үчүн ортомчуга төлөп берилүүчү жумуштар дагы ушул келишимге тиешелүү болуп саналат. Айрым бир тапшырманы аткаруу же маселени чечүү үчүн убактылуу же туруктуу түзүлүүчү белгилүү топ.

КОМИТЕНТ – КОМИТЕНТ (лат. committens, commitentis – тапшырма берүүчү) – экинчи тарапка *(комиссионерге) товарларды, векселдерди, валюталарды, акцияларды, облигацияларды* ж.б. сатып алууга же сатуу боюнча макулдашылган келишимге ылайык бүтүм жасоого тапшырма берүүчү инсан же бир нече бүтүмдөрдү *комиссионердин* атынан, бирок *комитенттин* эсебинен түзүүчү тарап.

КОММЕРСАНТ – КОММЕРСАНТ (фр. commercant, исп. commerciante – соодагер, сатуучу) – жеке менчик соода-сатык, *коммерция* менен кесип кылган инсан; соодагер.

КОММЕРЦИЯ – КОММЕРЦИЯ (лат. commercium – соода, соодагерчилик) – соода, соода операциялары; пайда табууга багытталган иш-аракеттер.

КОММЕРЧЕСКАЯ ТАЙНА – КОММЕРЦИЯЛЫК ЖАШЫРУУН СЫР. Фирмалардын, ишканалардын иш–аракеттери, келечеги жөнүндөгү жашыруун маалыматтары. Алардын таралып кетиши, билинип калышы ишканалардын, фирмалардын кызыкчылыгына түрдүү өлчөмдөгү зыян келтирип коюшу мүмкүн. Базар алкагында аракет кылып, иш жүргүзүп жаткан фирмалар өзүлөрүнүн өндүрүштүк, финансылык, соода жана иш-аракеттеринин башка түрлөрүнүн кээ бир жагдайларын жашырууга аргасыз болушат жана укуктуу. Керектөөчүлөр үчүн атаандаштык шарттарында коомчулукка өзүлөрүнүн ишенимдерин бекемдөө максатында фирмалар көп убакта коммерциялык жашыруун сырды чектешип, өздөрүнүн иш-аракеттеринин жыйынтыгы жөнүндөгү ар жылдык отчётторун басма сөзгө ачык жарыялаган учурлар арбын кездешет. Фирмалар милдеттүү түрдө жана өз эркы менен чейрек, жыл сайын салык жана статистика органдарына тиешелүү финансылык, экономикалык маалымат берип турат.

КОММЕРЧЕСКИЕ БАНКИ – КОММЕРЦИЯЛЫК БАНКТАР – билгичтикте, түрдүү ыкмалар менен акча каражаттарын тартуу, топтоо, аларды кайтарылуу шартына ынгайлаштырып жүгүртүү, алардын төлөмдүүлүгү жана мөөнөттүүлүгү боюнча коммерциялык ар кандай чөйрөдө операцияларды ишке ашыруучу *кредиттик мекемелер.* Алар келишимдик шарттарда *юридикалык жактарды, ишкерлерди,* жарандарды, кредиттик-эсептик ж.б. тейлөөнү ишке ашырышат; акча каражаттарын тартуу жана пайдалануу тартибин, банктык башка операцияларды аткаруу, пайыз ставкаларынын өлчөмүн,

комиссиялык акы төлөөнүн өлчөмү өзүнчө аныкталат. Коммерциялык банктар өзүлөрүнүн иш-аракеттерин Борбордук (улуттук) банктан алынуучу банк операцияларын аткаруучу лицензиянын негизинде ишке ашырышат. Алардын уюмдаштыруучулары *ассоциациялар,* башка *банктар, бирикмелер,* ишканалар (уюмдар, мекемелер), *кооперативдер* ж.б. болушу ыктымал. Уюмдаштыруучулар банктын уставын, алдыга коюлган максаттарын жана милдеттерин таануу, анын түзүлүшүнө, уставдык ж.б. фондуларынын калыптанышына катышууга, тиешелүү документтерде алдын ала каралган тартипте, өлчөмдө жана ыкмалар менен салымдарды (акцияларды төлөө) кошууга, банктын жашыруун сырын камтыган маалыматтарды жарыялабоого милдеттүү. Коммерциялык банктар уставдык капиталынын тиешелүүлүгүнө жана анын калыптануу ыкмасы боюнча *акционердик коом* жана *жоопкерчилиги чектелген коом,* чет элдик капиталдын тартылышы, мамлекеттик (мисалы, аманат банктар) түрлөрүнө ажыратылат. Сактоо операцияларынын түрү боюнча универсалдуу жана адистештирилген, мисалы *инвестициялык, депозиттик, инновациялык, консорциумдук* банктар, аймактык иш аракеттеги республикалык, регионалдык, эл аралык, ошондой эле тармактык нуктагы – белгилүү тармактын ишканаларын-жана уюмдарын (мисалы өнөр жайлык, агрардык банктар ж.б.) тейлөөчү банктар. Коммерциялык банктар банктын күндөлүк иш-аракеттерине байланыштуу чечимдерди кабыл алууда мамлекеттик бийликтин жана башкармачылыктардын аткаруучулук жана башкаруучулук органдарына көз карандысыз болушат да, өзүлөрүнүн милдеттенмелери боюнча тиешелүү мүлктөрүнө жана акча каражаттарына жооп беришет. Алар мамлекеттин жана өзүлөрүнүн кардарларынын милдеттенмелери боюнча жооп беришпейт жана чарбалык-коммерциялык эсептешүүнүн принцибинде иштешет, демек материалдык жактан – акча каражаттарын эң натыйжалуу пайдалануу, кардарларды тейлөөнү жакшыртуу, эсептешүүлөрдү ылдамдатуу мүдөсүн көздөйт. Базар мамилелери алардын системасынын келечекте андан ары өнүгүшүнө жана өркүндөшүнө өбөлгө түзөт.

КОММЕРЧЕСКИЙ ВЕКСЕЛЬ – КОММЕРЦИЯЛЫК ВЕКСЕЛЬ. Эреже катары атайын камсыздоосу жок, бирок пайдаланылбай турган банктын *кредиттик* линиялары менен бышыкталган жана кыска мөөнөттүк кредиттөөгө колдонулуучу компаниянын, өкмөттүк агенттик же банктык *холдинг-компаниянын жөнөкөй* же *которулуучу вексели.*

КОММЕРЧЕСКИЙ ДИРЕКТОР – КОММЕРЦИЯЛЫК МҮДҮР – жабдуу, *маркетинг, сатуу,* финансылык-чарбалык иш-аракеттер ж.б. маселелер боюнча кызмат өтөөчү ишкананын (фирмалардын, компаниялардын ж.б.) мүдүрүнүн орун басары.

КОММЕРЧЕСКИЙ РАСЧЕТ – КОММЕРЦИЯЛЫК ЭСЕП – чарбакер субъектинин иш-аракеттеринин чыгымдарын, натыйжаларын акчалай түрүндө өлчөөгө негизделген чарбада иш алып баруу ыкмасы. Анын негизги максаты эң аз чыгым менен арбын пайда алуу болуп саналат. *Чарбалык эсептеп* айырмаланып милдеттүү түрдө өндүрүштүк-чарбанын иш-аракеттеринен пайда табуу жана рентабелдүүлүккө жетишүүнү божомолдоо болуп саналат. Директивдүү пландоонун шарттарында кандайча жана ким үчүн өндүрүлөрү өтө маанилүү болуп келсе, азыркы чарба жүргүзүүнүн базар экономика шартына өтүүдө сурам жана сунушка болуучу көрсөткүч менен алмашылат. Коммерциялык эсеп *ишканалардын финансылык* жактан калыптанышына бир кыйла таасир этип, алардын төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрүнө өбөлгө түзөт: чарбаны башкарган субъектилер өз алдынчалыкка толук ээлик кылышат (мисалы, продукцияны сатуудан түшкөн акчаны бөлүштүрүүгө, пайданы тескөөгө, өндүрүштүк фондуларды өзыйгарымы боюнча калыптандырууга жана пайдаланууга укуктуу болушат); өндүрүштү кенейтүү булактары боюнча өз алдынча иликтөө (*акцияларды, облигацияларды* чыгарууну ж.б. кошо алганда) жүргүзүшөт; финансылык жактан тиешелүү субъектилер иш-аракеттеринен алынуучу натыйжалары боюнча жана жеткирип-тапшыруучулар, керектөөчүлөр, мамлекет, *банктар* менен карым-катышын жакшыртып, алган милдеттенмелерди аткаруу үчүн экономикалык жактан толук жоопкерчиликтүү болуп саналат; ишканалардын финансылык катыштарына, иш-аракеттерине мамлекет кийлигишпейт да алар өз ара мамилелерин, тийгизүүчү таасирин административдик ыкмада эмес, экономикалык рычагдар аркылуу, тагыраак айтканда тиешелүү *салык, финансы-кредит, экспорт-импорт* сыяктуу саясаттарды жүргүзүү менен жөнгө салып турат.

КОМПАНИЯ – КОМПАНИЯ (фр. compagnie) – соода, өнөр жай, транспорт, камсыздандыруу, *юридикалык* же *жеке жактардын* (*ишкерлер*) бирикмеси. Бул ишкерлердин экономикалык (өндүрүштүк, соода, ортомчулук, финансылык, камсыздандыруу ж.б.) иш-аракеттерин жүргүзүшү үчүн юридикалык жана жеке жактары болуп эсептелет. Бирикмелерди, шериктештикти, чарбалык коомду, фирмаларды, *корпорацияларды*, б.а. ар кандай уюштуруу-укук формаларындагы (уюштуруу иш-аракеттери, ишкердүүлүгү түрдүүчө) ишканалар компания түшүнүгүн чагылдырат. Компания юридикалык жактын статусуна ээ болот.

КОМПАНИЯ АФФИЛИРОВАННАЯ – АФФИЛИРЛЕНГЕН (БИРИККЕН) КОМПАНИЯ – көзөмөлдүүлүктөн аз (50 %дан төмөнү) акция пакетине ээлик кылган *компания*.

КОМПАНИЯ ВЕНЧУРНАЯ – ТОБОКЕЛЧИЛ (ВЕНЧУРДУК) КОМПАНИЯ – илимий изилдөөлөр, инженердик иштеп чыгуулар жана

аларды кредиттөө менен иш алып баруучу майда же орто *инвестициялык компания*. Жаңы идеяларды баалоо жана финансылоо (каржылоо) менен, ал илимий-техникалык прогресстин эң жаңы багыттарын иштеп чыгуу үчүн ири компанияларга жардам берет.

КОМПАНИЯ ДОЧЕРНЯЯ – ТУУНДУ КОМПАНИЯ – *Кара. Дочернее предприятие – туунду ишкана.*

КОМПАНИЯ ЕДИНОЛИЧНАЯ – ЖЕКЕ КОМПАНИЯ – *акияларынын пакети* бир гана инсанга тиешелүү болгон *компания*.

КОМПАНИЯ ИНЖИНИРИНГОВАЯ – ИНЖИНИРИНГДИК КОМПАНИЯ – инжинирингдик тейлөө көрсөтүүгө арналып адистештирилген (мисалы, өндүрүштүк процессти даярдоого байланыштуу) *компания*. Бул компания кандайдыр бир өнөр жай, соода же курулуш фирмасына баш ийбей турган, тиешелүү статусту пайдаланат. Инжиниринг компаниясы, адатта бир эле учурда бир нече чөйрөнү тейлеш үчүн жеткирип-тапшыруучуларга жана мардикерлик фирмаларга иштерди бүтүрүп алуу үчүн аларды чегерүүгө жөндөмдүү болушат. Адистештирилген фирмалардын базасында уюштурулган *экспорттук инжиниринг* экономикалык жактан бир кыйла пайдалуу болуп эсептелинет; бул кошумча *валютанын* түшүүсүн камсыз кылууга, ал эмес даяр продукцияны *экспорттоого* өлкөнүн ресурстары жок болуп турган учурда дагы илимий-техникалык тажрыйбаларды пайдаланууга мүмкүндүк берет.

КОМПАНИЯ ЛИЗИНГОВАЯ – ЛИЗИНГАЛЫК КОМПАНИЯ – курал шаймандарды *ижарага (арендага)* берүүчү *компания*.

КОМПАНИЯ МАТЕРИНСКАЯ – БАШКЫ КОМПАНИЯ – *Кара. Головное предприятие – башкы ишкана.*

КОМПАНИЯ ОФФШОРНАЯ – ОФФШОРДУК КОМПАНИЯ – белгиленген тартипте катталган чет элдик компания (анын ээлери жана кирешенин булактары чет мамлекетке тиешелүү болот). Ал түшкөн пайдадан алынуучу *салыктан* бошотулуп, адатта шарттуу *уставдык фондусу* бар жана офис, байланыш каражаттары, кызмат орундарынын болушу милдеттүү түрдө эмес, *жоопкерчиликтүүлүгү чектелген коом* катарында түзүлөт. Иш жүзүндө мындай компания төмөндөгүдөй документтердин тобун (пакетин) сунуштайт: *ишкананын уставына* функционалдуу ылайык келүүчү документ; уюмдаштыруучулук келишимге туура келүүчү документ; компанияны түзүү жөнүндөгү жана *ээ болуу укугун* берүү жөнүндө мүдүрлөрдүн жыйналыштарынын токтомдору; компаниянын акциялары, анын мөөрү жана катталуу жөнүндөгү документи. Буларга *инвестиция, холдинг, соода, кыймылсыз мүлк башкармачылыгы* ж.б. компаниялар кирет.

КОМПАНИЯ ПРИВИЛЕГИРОВАННАЯ – АРТЫКЧЫЛЫКТУУ

КОМПАНИЯ – өкмөт *концессиясынын* негизинде уюштурулган компания.

КОМПАНИЯ ТРАСТОВАЯ – ТРАСТТЫК КОМПАНИЯ – менчиктик катыштардын негизинде уюшулган компания. Ээлик кылуучу *мүлкүн* жана мүлктүк укугун ишеним көрсөтүүчү башкарууну башка инсанына (ишеним көрсөтүүчү ээлик кылуучуга) ишеним көрсөтүүчү дайындаган тараптын пайдасын көздөп өткөрүп берүү мунун түпкү маңызын ээлейт. Трастык компаниялар ишканалардын мүлкүн жана жарандардын *кыймылсыз мүлкүн* башкарууну, клиенттердин инвестициялык портфелдерин калыптандырууну, ишканалардын карыздарын тейлөөнү, камкорчулукту ишке ашырып, ж.б. түрдүү тейлөөлөрдү көрсөтөт. Алардын негиздөөчүсү – менчик мүлкүн башкаруу үчүн компанияга өткөрүп берүүчү *юридикалык* же *жеке жактар* болуп эсептелет. Мында алар өзүнүн мүлкүнө ээлик кылуучу болуп эсептелет да, ал эми трасттык компания болсо, анын башкаруу ролун аткарып, иш-аракеттерин келишимде көрсөтүлгөн жактын мүдөсүн жана пайдасын көздөп ишке ашырат, бардык учурда ишке толук жооп берет. Кокус анын кызматкерлери иштин жөнүн жакшы билбей, кайдыгердик мамиле кылуунун кесепетинен улам мүлккө ээлик кылуучу зыян тартса же жоготууларга учураса, анда компания толук жооп берет. Мындай *компаниялар баалуу кагаздардын* ээлеринин кызыкчылыктарын, *камсыздандыруу полистерин,* иш-аракети натыйжасыз жарандардын (кылган ишине юридикалык жактан жооптуу болууга жөндөмсүз инсандардын) мүлктүк мүдөлөрүн коргоо, ар кандай фондулардын иш-аракеттерин башкаруу жана көзөмөлдөө үчүн кеңири пайдаланылат. *Кара. Траст.*

КОМПЕНСАЦИОННЫЕ СОГЛАШЕНИЯ – КОМПЕНСАЦИЯЛЫК КЕЛИШИМ-ШАРТТАР – белгилүү бир шартта жана аныкталган мөөнөттө кредитти жана *тейлөө ишин* жүзөгө ашырууга байланыштуу тышкы соода келишим-шарттардын (бүтүмдөр) формасы. *Юридикалык жактын* укуктарын пайдалануучу чет өлкөлүк соода же өнөр жай ишканалары (*фирмалар, компаниялар*), ошондой эле башка уюмдук структуралар менен түзүлөт. Чет элдик өнөктөш бул өлкөгө кредит берип жана анын эсебинен *лицензияларды,* жабдууларды, курал-шаймандарды, машиналарды ж.б. мисалы, өнөр жай курулуштары ж.б. объектилер үчүн жеткирип-тапшырууну ишке ашырат. Соңунан (ошол объект пайдалануунга берилгенден кийин) – ыйгарылган кредиттин жана кошулган пайыздын өлчөмүн толук жабыш үчүн ушул объектиден өндүрүп чыгарган продукциянын бир бөлүгүн сатып алат. Бул өнөр жайлык компенсациялык келишим-шарттын өзөгүн түзөт. Компенсациялык объектинин менчик ээси ошол аймакта объект жайгаша турган заказчы өлкө болуп эсептелет. Компенсациялык келишим-шарты

айрым учурда коммерциялык ыкмада жүргүзүлөт да, мында тиешелүү тараптар товарларды жеткирип-тапшыруу, алардын сапаты, саны жана баалары (*бартердик бүтүмдөрдүн* түрү) жөнүндө өз ара макулдашат. Товар алмашуу (бартердик) *бүтүмүнөн* компенсациялык келишим-шарттын айырмасы, адатта башкы келишим-шарты менен бышыкталып, анын алкагында келишимдердин комплекси, атап айтканда ишканалар үчүн кредитке жабдууларды жеткирип берүү, ишкана пайдаланууга берилгенден кийинки сатылуучу продукцияларды же башка товарларды, "*ноу-хауну*" эсепке алуу менен бүтүм түзүлөт. Азыр шериктештиктеги айрым мамлекеттердин аймагында компенсациялык объектилер өнөр жайдын химия, металлургия, таш көмүр, токой ж.б. тармактарында түзүлгөн. Ушундай шартта батыштагы өнөктөштөр жабдууларга, материалдарга ири заказдарды алып, даяр продукцияларды ташып жеткирип берип туруу гарантиясына ээ болот. Ал эми шериктештер болсо өз *капиталдык салымы* болбостон эле, өндүрүш кубаттуулугун түзүп, чийки заттын жаңы райондорун тез өздөштүрүүгө, мыкты технологияны ишке киргизүүгө толук мүмкүнчүлүк алат. Бирок, компенсациялык келишим-шартында чийки зат ресурстарын экспорттоого басым жасоо менен өзүлөрүнүн өнөр жай продукцияларынын атаандаштыкка туруштук бербестигин, акчанын кадырынын кыйла төмөндөшүнө алып келиши мүмкүндүгүн аныктоо зарыл. Анын үстүнө макулдашылган бүтүмдөрдүн олуттуу өлчөмүн ишке ашырууга гана эмес, кредиттин ордун толтуруу (даяр продукцияларды жеткирип-тапшыруу) үчүн да узак убакытты талап кылат. Мунун өзү жабдуулардын эскиришине жана жаңы чыгымдарды талап кылуучу башка терс көрүнүштөргө алып келет.

КОНВЕРСИЯ – КОНВЕРСИЯ (лат. conversio – айландыруу, өзгөрүлүшү) – алмаштыруу, айландыруу, кайра эсептөө. Бул, ич ара төмөндөгүлөргө ажырайт: валюталар конверсиясы – бир валютаны экинчисине тиешелүү *валюта курсу* боюнча алмаштыруу. Займ конверсиясы – мамлекеттик зайымдын мурда чыгарылган *облигацияларын* – анын шарттарын өзгөртүү, көбүнчө зайымдын пайызынын деңгээлин төмөндөтүү максатында же иш-аракеттеги мөөнөтүн узартуу үчүн жаңысына алмаштыруу. Конверсия термини ошондой эле өнөр жайды жана экономиканын башка тармактарын калкка керектүү продукция чыгарууудан армияга жумшалуучу продукцияны чыгарууга которууну белгилөө (жана тескерисинче) үчүн колдонулат.

КОНВЕРТИРУЕМОСТЬ ВАЛЮТ – ВАЛЮТАЛАРДЫН КОНВЕРСИЯЛУУЛУГУ – бир өлкөнүн акча бирдигин башка өлкөлөрдүн *валюталарына* алмашуу мүмкүндүгү. Валюталардын конверсиялуулугу тийиштүү мыйзам актыларын басып чыгаргандан кийин тиешелүү мамлекет аркылуу жарыяланат (мисалы,

чет өлкөлүк кайсыл валюталар улуттук валюталар менен алмаштырылары, валюталык базарларда ал сатып алуу жана сатууга мүмкүн экендиги, кандай *юридикалык* жана *жеке жакка* иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берилери ж.б.). Кыргыз Республикасынын сому чет өлкөлүк валюталар менен белгилүү өлчөмдө эркин алмаштырылат. Жүгүртүүгө чегерилген валюта операцияларынын жана колдонуу чөйрөсүнүн кеңдигине жараша анын конверсиялуулугу толук өлчөмдө болушу ыктымал. Мында өлкөнүн акча бирдиги эл аралык бүтүмдөрдүн бардык түрлөрү боюнча башка валюталар менен чек коюлбай алмашылат. Эгерде конверсиялуулугу чет элдик валюталардын жана бүтүмдөрдүн белгилүү түрлөрү менен болсо, анда ал белгилүү өлчөмдө гана алмаштырылат. Улуттук валютанын конверсиялуулугу тышкы жана ички болуп ажыратылат. Тышкы конверсиялуулугу – чет элдик *юридикалык жактарга* жана жарандарга өзүлөрүнүн валюталарын ошол өлкөнүн акча бирдигине эркин алмашуу укугун берүүгө байланыштуу болот. Валютанын тышкы конверсиялануусу базар катыштары жетишерлик өнүккөндө жетишүүсү, ошону менен бирге конверсиялануучу валютага товарларды эркин сатып алуу-сатуу ишке ашканда жүргүзүлөт. Валютанын ички конверсиялуулугу – чет өлкөдөн товарларды сатып алуу жана тейлөө үчүн юридикалык жактардын жана жарандардын берилген валютаны (мисалы, сом, теңге) чет элдик валютага алмашуу мүмкүнчүлүгүн билдирет. Ички конверсиялануу баарыдан мурда эркин конверсиялануучу валютанын келип түшкөн санына, *товар экспортуна* жана тейлөө ишине байланыштуу болот. Эгерде *банк* алмашууларынын ар кандай валюталык операцияларын ишке ашыргандыгына карабастан, мамлекет анын эркин алмашылышына тыюу салган болсо, анда мындай валюта конверсияланбоочу валютага кирет. Валюталардын конверсиялануу даражасы ошол мамлекеттин экономикалык потенциалына, анын тышкы экономикалык иш-аракеттеринин көлөмүнө, ички акча алмашуунун туруктуулугуна, улуттук базарлардын өнүгүү даражасына ж.б. факторлорго тыгыз байланыштуу болот. Валюталардын конверсиялануу даражасы өлкөнүн *борбордук банкынан* өзүлөрүнүн валютасынын курсунун белгилүү деңгээлде кармалып турууга дайыма изденүүнү, тиешелүү чара көрүүнү талап кылат.

КОНГЛОМЕРАТНОЕ ОБЪЕДИНЕНИЕ – КОНГЛОМЕРАТТЫК БИРИКМЕ (лат. conglomeratus – топтолуп чогулган, жыйналган) – өндүрүштүк кооперациялар менен түздөн-түз байланыштуу эмес, экономиканын ар кандай тармактарына тийиштүү *ишкана бирикмелеринин* формасы. 20-кылымдын орто ченинде пайда болгон. Конгломераттык бирикменин пайда болушу көбүнчө өндүрүштүк жалпылыгы жок *фирмалардын* (ишканалардын) *инвестициялык кошулуштары*, ошондой эле

өндүрүш процесстеринде өз ара байланыштагы фирмалар (функционалдык конгломераттык бирикме) аркылуу ишке ашат. Бул адатта ар кандай иш-аракеттеги чөйрөлөр менен иш алып баруучу *компаниялардан* турган *ири корпорация*, мисалы бир кыйла көлөмдөгү негизги продукцияны чыгаруу боюнча, ошондой эле конок үйлөрү, камсыздандыруу ж.б. агенттиктери бар компания. Конгломераттык бирикме үчүн төмөндөгүлөр таандык: өндүрүштүк байланыштары болбогон кеңири чөйрөдөгү фирмалардын бирикмеси, борбордоштурулбаган башкаруунун жогорку деңгээлдүүлүгү, капиталынын ылдамдап өсүшү, бирикме банктын катышуусу менен (түздөн-түз же кыйыр түрдө) ишке ашырылат. Конгломераттык бирикменин түзүлүшүнө, ага кирген ишканалардын (фирмалардын) *акцияларынын* курсунун жогорулашы негизги стимул болушу ыктымал. Анткени алардын иш-аракеттеринин диверсификациясы конъюнктуралык олку-солкулуктардан келип чыккан тобокелдик зыян тартууларды бир кыйла азайтууга мүмкүндүк берет. Конгломераттык бирикменин пайда болушу атаандаштыктын деңгээлин төмөндөтүүгө алып келбейт, анткени анын катышуучуларында кандайдыр бир өндүрүштүк байланыштар болбойт.

КОНДОМИНИУМ, КОНДОМИНАТ – КОНДОМИНИУМ, КОНДОМИНАТ (лат. condominium, con – бирге жана dominium – ээ болуу) – *1*) Батирге кирген тепкичтерди, лифттерди, коридорлорду, чатырларды, техникалык подвалдарды, батирден тышкаркы инженердик жабдууларды, үй айланасындагы аянттарды жана жалпы пайдалануга ылайыкталган башка жайларын биргелешип ээ болуу жана пайдалануу шарттарын аныктап белгилөө менен түзүлгөн көп батирлүү турак үйлөр менчиктүүлөрдүн шериктештиги. *2*) Бирден бир объектини, көбүнчө үйгө, кыймылсыз мүлккө биргелешип ээлик кылуу, карамагына алуу. *3*) Бир эле аймакты бир нече мамлекеттердин биргелешип орток башкаруусу.

КОНКУРЕНТОСПОСОБНОСТЬ ТОВАРА – ТОВАРДЫН АТААНДАШТЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮ, ЖАРАМДУУЛУГУ, ТЕҢ ТАЙЛАШУУГА МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ. Товарлардын өзүнүн өтүмдүүлүгү, сатылып кетүү, элдин талабына жооп берчү мүмкүнчүлүктөрү боюнча атаандаш, өндүрүүчүлөрдүн ушундай товарларынан дурус абалда болуп, соода базарында өтүмдүү болуу касиети.

КОНКУРЕНЦИЯ – АТААНДАШТЫК (лат. concurentia – түртүшүп кагылышуу, мелдешке түшүү) – товар өндүрүп чыгаруучулардын ортосундагы өзүнүн кызыкчылыктарын канааттандыруу, өндүрүүнүн пайдалуу шарттары жана товарларды сатуу, бир кыйла жогорку пайда алуу үчүн экономикалык атаандаштык. Бул ошондой эле ар кандай продукцияларды (*товарды, буюмдарды*, жумуштарды, тейлөөлөрдү) өндүрүү шайкештигин жөнгө салуу, анын сапаттарын жакшыртуу механизми

болуп да саналат; *базардын* иштешинин анык шарттарынын бири болуу менен бирге эле анда өз алдынча көптөгөн сатып алуучулар менен сатуучулардын пайда болушуна өбөлгө түзөт. Атаандаштык *товар өндүрүүнүн* жана учур талабына ылайык келүүчү базардын өнүгүшүнүн бардык баскычтарына тиешелүү объективдүү мыйзам ченемдүүлүк болуп саналат; *эмгек өндүрүмдүүлүгүн* жогорулатууга, *өндүрүш чыгымдарын* төмөндөтүүгө, топтолуунун өлчөмдөрүн көбөйтүүгө, илимий-техникалык прогрессти, экономикадагы уюштуруучулук жана структуралык өзгөрүүлөрдү ылдамдатууга, ишканаларга жана жарандардын аракеттенүүсүнө олуттуу көмөк көрсөтүүчү күч катарында таасирин тийгизет. Ошону менен бирге атаандаштык даяр продукцияларды сатуу базарларын, чийки зат булактарын, *кредитти* алуунун ыңгайлуу шарттарын, жаңы техниканы жана технологияны өнүктүрүүдө жетишүүлөрдү, квалификациялуу кадрларды пайдаланууга үстөмдүк кылуу ж.б. үчүн катышат. Атаандаштык мамилелердин өзгөчө формасы болуп саналуучу менчиктердин ар кандай түрлөрүнө жана чарбакерлик формаларына өтүү шарттарында калыптанат; административдик-ведомстволук башкаруу системасынан арылуу шарттарында, белгилүү өлчөмдөгү инфляция учурунда, базардын жалпы товаракча менен балансыланышы камсыз кылынбаган учурда келип чыгат. Атаандаштыктын төмөндөгүдөй түрлөрү кездешет: эркин (таза, өркүндөтүлгөн), олигополиялык, буюмдук (фирма-аралык) жана функционалдуу (тармак-аралык), баалык жана баалык эмес ж.б. Эркин атаандаштыкты базар алкагындагы өндүрүүчүлөр менен кандайдыр бир товарды керектөөчүлөрдүн (сатып алуучулар менен сатуучулар) олуттуу саны иш-аракетте болуп, алар жетишерлик базар маалыматтары менен кыйла кабардар болушат. Ошондуктан алардын баардыгы сурамга, базарды товар менен жабдып турууга же анын баасына олуттуу таасир көрсөтө алышпайт. Олигополиялык атаандаштыкта бул базардын бир кыйла бөлүгүн бир нече ири ишканалар (бирикмелер, компаниялар) көзөмөлдөп туруучу эрегишүү күч алат. Буюмдук (түр боюнча) атаандаштык – окшош (бир максат үчүн арналган), бирок кандайдыр бир олуттуу көрсөткүчтөрү (мисалы, фотообъективи ар кандай жөндөмдүүлүктөгү бир класстагы фотоаппараттардын ортосундагы) менен айырмалануучу товарларды өндүрүүчүлөрдүн ич ара атаандаштыгы; функционалдуу атаандаштыкта керектөөнү ар кандай ыкмалар менен канааттандыра ала турган товарларды өндүрүүчүлөрдүн ортосундагы атаандаштык (мындай товарларга, мисалы спорт, туризм жана эс алуу үчүн кеңири керектелүүчү товарлар кошулат). Баалык атаандаштыкта белгилүү бир фирма өз атаандаштарына караганда товарларды бир кыйла төмөнкү баа боюнча сатууну алдын-ала карайт; баалык эмес атаандаштыкта болсо, базардагы

өндүрүүчүлөрдүн ортосундагы атаандаштыкка аралашуу ыкмасы күчөп, мында алдыңкы планга продукциялардын сапаттык көрсөткүчтөрү чыгат (ишенимдүүлүгү, узакка чыдамдуулугу, энергияны аз керектөөсү, көркүүлүгү, көзгө токтомдуулугу, сатылгандан кийинки тейлөө мүмкүнчүлүгү башкы орунга чыгат ж.б.).

КОНОСАМЕНТ – КОНОСАМЕНТ (фр. connaissement) – жүктү деңиз менен жеткирүү келишиминин шарттарын камтыган документ; жүк ташуучу жүктү деңиз транспорту менен жеткизүүгө кабылдаганын ырастоо үчүн жүк жиберүүчүгө берилүүчү тил кат.

КОНСАЛТИНГ – КОНСАЛТИНГ (англ. consult – кеңешүү, кеңеш берүү, түшүнүшүү) – ишканалардын экономикалык иш-аракеттеринин маселелери (мисалы, базарды изилдөө жана божомолдоо, өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттердин анализи, техникалык долборлорду баалоо ж.б.) боюнча өндүрүүчүлөргө, сатуучуларга жана сатып алуучуларга консультация берүү. Маркетинг боюнча консалтингге көз карандысыз *юридикалык* же *жеке жактардын* акылуу көрсөткөн тейлөөлөрү кирет, мында алардын негизги максаты өндүрүштү башкаруу же аны уюштуруу маселелерин чечүүдө жардам көрсөтүү болуп саналат.

КОНСИГНАНТ – КОНСИГНАНТ (англ. consignor – жүк жөнөтүүчү) – товардын ээси (менчик ээси); товарды *арачыга* (консигнанторго) өзүнүн атынан сатууга тапшыруучу товардын ээси. Консигнант товарды сатуу үчүн өз убагында макулдашылган түрлөрүн жана тиешелүү санын жеткирип турууга жана ага минималдуу бааны белгилөөгө, сатуу боюнча чыгымдарды төлөп берүүгө милдеттүү. Ал (консигнант) *консигнация* келишими боюнча (товар сатылганга же сатып алууга каражаттар түшкөнгө чейинки мөөнөттө) ушул товардын менчик ээси болуп саналат. *Кара. **Оптовые посредники – дүң соода боюнча арачы*** (ортомчу, далдалчы).

КОНСИГНАТОР – КОНСИГНАТОР (англ. consign – алуу) – соода боюнча арачы (ортомчу, далдалчы). *Консигнация* шарттарында товарды сатуу боюнча менчик ээсинин (*консигнанттын*) тапшыруусун аткарууга өзүнө милдеттенме алуучу коммерциялык арачы (ортомчу). Соода-сатыкты уюштуруу үчүн имаратты даярдоо, иштей турган кишилерди жалдоо, товардын сакталышына жоопкерчилик, аны камсыздандырууну жана сатууну уюштуруу ж. б. анын башкы милдетине кирет. Акы төлөө *консигнация* келишими менен сатылган товардын наркынан белгилүү бир пайыз түрүндө же минималдуу (келишимде көрсөтүлгөн) баа менен иш жүзүндөгү баанын ортосундагы айырма түрүндө аныкталып төлөнөт.

КОНСИГНАЦИЯ – КОНСИГНАЦИЯ (лат. consignatio – жазуу жүзүндөгү далил, документ) – товарларды сатуунун комиссиялык формасы; мында товарлардын ээси (*консиг-*

нант) комиссионерге (*консигнаторго*) товарды сатуу үчүн кампадан өткөрүп берет. Консигнация келишими боюнча өндүрүүчүлөр же *дилер агентке* эң жакшы баада сатуу үчүн товарларды жөнөтүшөт, бирок мында алар консигнанттын менчиги болуп кала берет. Консигнациянын калыптанган шарттарына ылайык *консигнатордун* кампасында товарды 1 жылдан 1,5 жылга чейин сактоого болот. Эгерде ушул мезгил аралыгында товар сатылбаса, анда консигнантка (анын эсебинен) товарды кайра кайтарат. Консигнация азыр тышкы соодада кыйла кеңири таралган.

КОНСОРЦИАЛЬНЫЕ ОПЕРАЦИИ – КОНСОРЦИАЛДЫК ОПЕРАЦИЯЛАР – кардарларды биргелешип тейлөө максатында кредитчилердин консорциумун түзүү боюнча далдалчылык кылуу операциялары.

КОНСОРЦИУМ – КОНСОРЦИУМ (лат. consortium – катышуу, шериктеш-өнөктөштүк, биргелешкен орток коом) – өзүнчө финансылык, коммерциялык операцияларды, олуттуу максаттык программаларды жана долборлорду биргелешип, ортоктоштукта ишке ашыруу үчүн бир нече банктын же ири ишканалардын убактылуу келишим шарты. Тиешелүү коюлган максат ишке ашкандан кийин консорциум өз ишкердигин токтотуп же келишимдик биригүүнүн башка түрүнө өтүшү мүмкүн. Бул ири максаттуу программаларды, пландолборлорду, анын ичинде илимий-техникалык жумуштарды, укук коргоо ж.б. конкреттүү маселелерди чечүү үчүн убактылуу, ыктыяры менен түзүлгөн ишканалардын бирикмеси. Консорциум менчиктин ар кандай түрүндөгү ишканалар тобунун биргелешүүсү менен мамлекеттик программаны ишке ашыруу үчүн дагы түзүлүшү мүмкүн. Дүйнөлүк практикада консорциумдардын иш-аракеттеринин финансылык нугу башка мааниге өтөт. Бул көбүнчө финансылык ресурстарды кармоочулардын (мамлекет, *банктар*, *ишканалар*, жарандар) ортосундагы убактылуу келишим, ал зайымдарды жайгаштыруу, финансылык план, чоң өлчөмдөгү коммерциялык операцияларды жасоо, ири өндүрүштүк же башка курулуш иштерин жүргүзүү, продукциялардын чыгарылышын көбөйтүү үчүн түзүлөт. Консорциумдар ири финансылык операцияларды өзүнүн катышуучуларынын финансылык ресурстарынын бирикмелери менен бирге өткөзөт. Аны далдалчылыктан пайда түшүрүү үчүн келип чыгуучу жоготуулардын өлчөмүн чектөө максатында ишке ашырат. Банк, өнөр жай ж.б. бирикмелердин ар кандай формалары консорциумдардын конкреттүү формалары болуп эсептелет.

КОНСОРЦИУМНЫЙ БАНК – КОНСОРЦИУМДУК БАНК (лат. consortium – катышуу, шериктеш-өнөктөштүк) – Көбүнчө ири масштабдуу финансылык операцияларды жүргүзүү үчүн башка бир нече банк *акционер* болуп эсептелген адистештирилген банк.

КОНСЮМЕРИЗМ – КОНСЮМЕРИЗМ. Сатуучуларга карата жарандардын жана мамлекеттик органдардын укугун жана сатып алуучулардын таасирин кеңейтүү үчүн уюшулган кыймыл.

КОНТИНГЕНТИРОВАННЫЕ ЭМИССИИ – КОНТИНГЕНТТЕЛИНГЕН ЭМИССИЯЛАР (лат. contingentis – тийишишкен). Жөнгө салуу максатында банкнот эмиссиясын мыйзамдуу жол менен чектөө.

КОНТО – КОНТО (ит. conto – эсеп-чот) – эсеп-кысапты белгилөөчү термин. Мисалы, *конто-мио* – менин эсеп-чотум; *конто-ностро* – сиздин эсеп-чотуңуз; *конто-лоро* – алардын эсеп-чоту; *конто-корент* – күндөлүк эсеп-чоту; *конто-мета* – жалпы эсеп-чоту.

КОНТОКОРРЕНТНЫЙ КРЕДИТ – КОНТОКОРРЕНТТИК КРЕДИТ. Өзүнүн туруктуу клиентине банктагы эсеп-чотунун эсебинен банк берүүчү кредит.

КОНТОКОРРЕНТНЫЙ СЧЕТ – КОНТОКОРРЕНТТИК ЭСЕП-ЧОТУ (ит. conto corrente – учурдагы эсеп). Кардарга банк тарабынан ачылуучу бирден-бир күндөлүк (күнүнкү) жана ссудалык эсеп-чоту; каражаттарды сактоо жана эсептешүүлөрдү ишке ашыруу үчүн кызмат кылат. Ссудалар сыяктуу эле клиенттерден банкка түшүүчү салымдар түрүндөгү каражаттар, кайткан ссудалар ж.б. контокоррент боюнча өтөт.

КОНТРАБАНДА – КОНТРАБАНДА (ит. contrabando, contra – каршы + bando – өкмөт указы – өкмөт указына каршы дегенди туюнтат) – бажылык мыйзамдарды бузуу менен мамлекеттик чек ара аркылуу *товарларды, валюталарды,* баңгилик заттарды ж.б. баалуулуктарды жашырын ташып алып өтүү; чек ара аркылуу мыйзамсыз алып келген товардын жыйындысы; жашырын иштелгендердин, тыюу салынгандардын, уурдалып ташылып келгендердин баарысы контрабанда катары эсептелет. Мындай товарларды бажыкана аркылуу алып өтүүгө аракет жасагандардын кармалган тиешелүү буюмдары конфискацияланып, жарандык же кылмыш иши козголушу мүмкүн.

КОНТРАГЕНТ – КОНТРАГЕНТ (лат. contrahens, contra hens – макулдашып келишүүчүлөр, келишим түзүүчү жактар) – *келишимдеги* бири-бирине катышы боюнча болуучу ар бир тарап; келишим боюнча өзүнө белгилүү бир милдеттенмени алган *юридикалык же жеке жак*.

КОНТРАКТ – КОНТРАКТ (лат. contractus, англ. contract – келишим, милдеттенме) – эки тараптын өз ара макулдашылган милдеттенмелеринин негизинде түзүлгөн *келишим* (көбүнчө жазуу жүзүндө). Төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт: продукцияларды жеткирип-тапшыруу боюнча – *экспорттук, импорттук, ички, бартердик* жана макулдашылган бүтүмдөр; иштерди аткаруу жана тейлөөлөрдү көрсөтүү – инженердик-консультациялык, өндүрүштүк, туристик, жүктөрдү ташуу, жүктөө жана түшүрүү, *камсыздан-*

руу боюнча, *банктык* жана эсептешүү операциялары, *жарманкелерди, көргөзмөлөрдү, аукциондорду* ж.б. тейлөөлөрдү уюштуруу; чыгармачылык иштердин натыйжалары боюнча – *лицензияларды* жана *патенттерди*, автордук укуктун объектилерин, илимий-изилдөөлөрдүн жана тажрыйбалык-конструктордук иш-аракеттердин натыйжаларын соодалоо келишими; эмгек боюнча – жумушчуларды, кызматкерлерди ж.б. жалдоо жана эмгек акы төлөөнүн контракттык формасы. Контракт адатта бир нече төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат: тараптарды аныктоо, келишим предмети, баа жана келишимдин жалпы наркы, мөөнөттөрү жана жеткирип-тапшыруу оруну, продукциялардын сапаттарын аныктоо ыкмалары, төлөө шарттары (*чектер, банктык которуулар, аккредитив, инкассо* ж.б.); таңылчактоо жана тамга салуу, штрафтык санкциялар, камсыздандыруу, белгисиз күч кырдаалдары (согуш, өрт, суу ташкыны ж.б.), *арбитраж*, тараптардын адреси, коюлган колдору. Базар экономикасынын нугундагы өлкөлөрдө контракт келишимдин кыйла кеңири таралган формаларынын бири болуп саналат да, тышкы соода иш-аракеттеринде кеңири пайдаланылат. Биздин республикада дагы кызматкерлерди жалдоо жана эмгек акы төлөөнүн контракт тутуму барган сайын көбүрөөк жайылып бара жатат. Тараптардын бирөө (*контрагент*) чет элдик *юридикалык жак* болуп саналып жана тышкы экономикалык иш-аракеттер нугунда белгилүү бир укуктары менен милдеттери белгиленген келишимди тышкы соода контракты, ал эми келечекте товарды жеткирип-тапшыруу жөнүндөгү келишим болсо фьючердик контракт деп аталат.

КОНТРАКТ ТРУДОВОЙ – ЭМГЕК КОНТРАГЫ (КЕЛИШИМИ) – *эмгек келишимининн* өзгөчө бир түрү, кызматкерлерди жалдоонун жана аларга эмгек акы төлөөнүн формасы. Кызматкердин эмгек ишмердүүлүгүнө жекече жагдайды белгилөөгө, тараптардын милдеттерин аткарбагандыгы үчүн кошумча жоопкерчиликти аныктоого мүмкүнчүлүк берет, эмгек потенциалын, жеке жөндөмдүүлүктөрүн жана иштеп жаткандардын кесиптик машыгууларын натыйжалуу пайдалануу камсыз кылат. Жалдоонун келишим формасы ишканалардын (уюмдардын, мекемелердин) жана анын структуралык бөлүмчөлөрүнүн жетекчилери үчүн сунуш кылынат. Менчиктери ар кандай формадагы ишканаларда өзүлөрүнүн айрым өзгөчөлүктөрү дагы болот. Мисалы, мамлекеттик, муниципалдык, ошондой эле мүлктөрүндө мамлекеттин же жергиликтүү кеңештин салымы 50% дан жогорку ишканаларда эмгек келишимин түзүү үчүн эмгек жамаатынын чечими зарыл болот. Мамлекеттин менчиги болуп саналбаган ишканаларда жетекчи менен түзүлгөн эмгек контрагы эмгек келишиминин бир түрү катарында каралат жана менчик ээсинин кароосу боюнча колдонулат. Эмгек контрагын мамлекеттик ишканалардын башка категорияларындагы кызматкерлери менен түзүүдө атайын белгиленген нормативдик актылар боюнча алар менен контракт түзүү мүмкүн болбой тургандыгын эске алуу керек. Атап айтканда, алар азыр аскер кызматынын кээ бир бөлүктөрү, билим берүү, саламаттыкты сактоо кызматкерлери ж.б. үчүн колдонулат. Эмгек контрагынын өзүнө таандык өзгөчөлүгү анын мөөнөттүүлүгү (адатта үч жылга чейин, ал эми жетекчилер – беш жылга чейин) болуп саналат да, эмгек мамилелерин бир кыйла ийкемдүү уюштурууга мүмкүндүк берет. Мөөнөтү өткөндөн кийин эмгек контрагы жараксыз болуп же тиешелүү тараптардын макулдашуусуна ылайык, ошол эле же башка шарттар менен узартылышы мүмкүн. Ошону менен бирге контракт иш жүзүндө бир кыйла кыска мөөнөткө (бир, эки жылга чейин) түзүлөрүн, айрым жетекчилер кызматкерди иштен кыскартып салууга умтуларын эске алуу керек. Адаттагы эмгек келишиминен мунун айырмасы жазуу түрүндө болот. Анын төмөндөгүдөй структурасы калыптанган: жалпы жобосу (контракт ким менен түзүлөөрү, анын иш-аракеттеги мөөнөтү); кызматкердин милдети (негизинен бул контрактта көрсөтүлгөн кесиби, адистиги, квалификациясы ж.б.); кызматкердин үзүрлүү эмгек иш-аракеттеринин шарттарын түзүү боюнча ишканалардын милдеттери, анын эмгегине акы төлөө, иш убактысынын режими, эс алуу убактысы, жеңилдиктер жана мыйзамга каршы келбеген дагы бир башка жоболор. Акы төлөө эмгектин татаалдыгын жана жоопкерчилигин, кызматкерлердин квалификациялык деңгээлин жана ишкердик сапаттарын эске алуу менен белгиленет.

КОНТРАФАКЦИЯ – КОНТРАФАКЦИЯ (фр. contrefaction – жасалма, жалгама, жалган документ жасоо, лат. contra – каршы, жана facere – жасоо) – өндүрүштөн киреше алуу жана белгилүү фирмалардын товарларына окшош товарларды сатуу максатында базарда белгилүү *товар белгилерин* мыйзамсыз пайдалануу; башка бирөөнүн чыгармасын кайта басып чыгаруу менен автордук укукту бузуу. Мындай ишке баргандар тиешелүү мыйзам боюнча жоопко тартылат.

КОНТРБРОКЕР – КОНТРБРОКЕР – *биржалык бүтүмдү* башка *брокер* менен түзгөн брокер.

КОНТРИБУЦИЯ – КОНТРИБУЦИЯ (лат. contributio) – мажбурлап төлөм төлөтүү же согушта жеңилген мамлекеттин мүлктөрүн тартып алуу.

КОНТРОЛЬНЫЙ ПАКЕТ АКЦИЙ – АКЦИЯЛАРДЫН КӨЗӨМӨЛ (КОНТРОЛДУК) ПАКЕТИ – чыгарылган акциялардын жалпы суммасынын (алардын капиталынын суммасы) бир колдо *акция* кармап туруучуга тийиштүү болгон жана ага ационердик коомдун жыйналышында чечүүчү добушка укук берүүчү үлүшү. Ал формалдуу түрдө 51% дан ашык болууга тийиш, бирок майда акцияларды кеңири таратууда –

коомдун иш-аракеттерин толук көзөмөлдөө үчүн акциялардын жалпы санынын 20–30 % на (кээде мындан азыраак) ээ болуу жетиштүү. Колунда көзөмөл пакеттин болушу иш жүзүндө акционердик коомдун кожоюну болууга жана анын калган катышуучуларынын капиталын (каражаттарын) башкарууга мүмкүндүк берет.

КОНЦЕПЦИЯ МАРКЕТИНГА – МАРКЕТИНГ КОНЦЕПЦИЯСЫ – базар экономикасына багытталган шарттагы ишканалардын, коммерциялык уюмдардын өндүрүштүк-сатуу жана соода иш-аракеттерин башкаруу жөнүндөгү илимий негизделген принциптердин (түшүнүктөр, көз караштар, ыкмалар) тутуму. Маркетинг концепциясы илимдердин ар тармактарындагы, тагыраак айтканда экономика теориясы, *менеджмент, социология, эконометрия, психология* ж.б. бир катар фундаменталдуу жана колдонулма изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына негизделет. Маркетинг концепциясы бул илимдер менен өз алдынча илим тармагы катары тыгыз байланышта калыптанып, базардагы алмашуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн, ошондой эле дайыма өзгөрүлүп туруучу экономика шарттарындагы өзгөчөлөнгөн товар-өндүрүүчүлөрдүн калыптануу принциптерин жана ыкмаларын изилдейт. *Маркетинг менен башкаруу* мазмуну боюнча ар кандай концепциялардын нугунда ишке ашырылышы мүмкүн. Мисалы, өндүрүштү өркүндөтүү концепциясы керектөөчүлөр *товарлардын* арбын болушун жана баасынын арзандыгын көбүрөөк ырастайт, демек жетекчилердин милдети өзүлөрүнүн болгон мүмкүнчүлүгүн өндүрүштү өркүндөтүүгө, анын натыйжалуулугун жогорулатуу багытында башкы маселе болуп саналат. Бул төмөндөгүдөй эки жагдайда ишке ашуусу мүмкүн: биринчисинде товарга (продукцияга, буюмдарга, тейлөөлөргө) болуучу *сурам сунуштан* ашып кетсе, анда жетекчилик аны өндүрүүнү көбөйтүүнүн жолун табышы керек; экинчисинде *продукциянын өздүк наркы* өтө эле жогору болуп, аны төмөндөтүү зарыл болсо, анда өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу талап кылынат. Мындай концепцияларды билгичтикте колдонуу менен медициналык жана стоматологиялык көптөгөн мекемелер конвейер сымал принцибинде *биржалар* тибиндеги кээ бир ишканалар сыяктуу эле уюштурулат. Булар ар саат сайын (смена ичинде) келип көрүнө тургандардын кыйласын тейлегиндигине карабастан, алардын адресине керектөөчүлөргө карата жеке жоопкерчиликтин жоктугуна жана кош көңүлдүүлүккө доо матын айтышат. Товарды өркүндөтүп жеткилең түргө келтирүү концепциясында керектөөчүлөр жогорку сапаттагы товарга таңсыктыгын көрсөтөөрүн, демек ишкана дайыма аны өркүндөтүп турууга көбүрөөк көңүл бөлөт. Бул концепция сатууга демилге жасоо боюнча анчалык деле арбын күч жумшоону талап кылбайт да, акырындап мындай жагдай кээде "тумшугунан аркы-

ны көрбөй калууга" алып келиши мүмкүн. Мисалы, логарифм сызгычтарын даярдоодо ал сызгычтарды эсептөөлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө эмес, инженерлерге эле керектүү аспап катары эсептешип, калькулятор тарабынан болуучу кооптуулукту эстен чыгарып коюшкан; ал эми темир жол жетекчилиги учурундагы керектөөчүлөргө транспорт каражаты эмес поезд керек деген ой жоруп, атаандаштыктын авиация, автотранспорт жагынан гана эмес, ошону менен бирге тепловоз жагынан да болушун эске алышкан эмес; же болбосо колледждер орто мектептин бүтүрүүчүлөрү жалпы гуманитардык билим алууга кызыгышат деген тыянакка келишип, кесиптик даярдоо жагына артыкчылыкты берүү зарылчылыгын эстен чыгарып коюшкан. Коммерциялык аракеттерди интенсивдештирүү концепциясы болсо төмөндөгүлөргө негизделет: берилген уюмдун товарларын – эгерде тиешелүү мекеме товарларын өткөрүүгө *сатуу* жана кызыктыруу чөйрөсүндө кыйла аракет кылбаса, анда айыгышкан атаандаштык шартында аларды керектөөчүлөр жетишерлик санда сатып алышпай коюшу мүмкүн. Мындай мамиле жасоону көптөгөн товар чыгаруучулар алдын ала баамдашып жана анчалык өтүмдүү эмес *сурамдагы* товарларга, б.а. кардар адатта сатып алам деп ойлобогон товарларга гана эмес, ошону менен бирге өтүмдүү товарларга, мисалы автомобилдерге (көргөзмө залда сатып алуучуга психологиялык жактан ийге келтирүү ишин жүргүзө башташат, анын түпкү максаты "кардарды көндүрүп" сатып алууга өбөлгө түзүү болуп саналат) да кеңири колдонулат. Мында эң башкысы товар алуучунун башын айлантып, тажатып жибербей, ошол эле учурда ыргылжың болуп турган товар жагдайын баамдап тезинен сатуу болуп эсептелет. Маркетинг концепциясы дааналап аныктоонун негизинде да ишке ашырылышы мүмкүн. Мында тиешелүү фирма базардагы товарларды керектөөлөрдү атайын изилдөөнүн жардамы менен сурамдарын так аныктап, кардарлардын купулуна толгудай, товарлар менен камсыз кылуу ишке ашырылат. Коммерциялык аракеттерди интенсивдештирүү концепциясы менен *маркетингди* көпчүлүк учурда бири-бири менен чаташтырган учурлар дагы кездешет. Бирок, сатуу боюнча коммерциялык аракеттери товарды акчага айландыруу боюнча сатуучунун керектөөлөрүнө кам көрүү экендигин, ал эми *маркетинг* – болсо кардардын товарга карата муктаждыктарын бир катар факторлор аркылуу чечүү, тактап айтканда, жеткирип-тапшыруу жана акыр аягында ал продукцияны (товарды) керегине жаратууга чейинки иш чараны камтый тургандыгын ажыратуу зарыл. Коммерциялык аракеттерди интенсивдештирүүнүн түпкү максаты сатуунун көлөмүн арбытуунун эсебинен *пайда* алуу, ал эми маркетингдики болсо керектөөчүлөрдүн мүдөсүн камсыз кылуунун эсебинен пайда алуу болуп эсептелет.

Социалдык-этика маркетинг концепциясы керектөөчүлөрдүн жана бүтүндөй коомдун бакубаттуулугун бир убакта кыскартуу же бекемдөө ыкмалары менен иш жүргүзгөн атаандаштарына караганда фирманын керек-жарак мүдөлөрүн бир кыйла узурлуу камсыз кылуу жөндөмдүүлүгүн жана анын көздөгөн максатына жетишүүсүн күрөө катары ишке ашырат. Азыркы шарттагы таза маркетинг концепциясына туура келе тургандарга салыштырмалуу алып караганда мындай концепция айлана чөйрөнүн сапатынын начарлашы, табигат ресурстарынын жетишсиздиги, *инфляция* жана социалдык тейлөө чөйрөлөрүнүн кароосуз калуучулугу менен кошо келип чыгат деген сыяктуу шектенүүлөр менен каралган. Тигил же бул фирма кардарлардын керектөөлөрүн тейлөөгө жана канааттандырууга катышуу менен керектөөчүлөрдүн узакка чейинки бакубаттуулугун дайым эле эске алып иштей бербеген учурлар дагы кездешет. Көпчүлүк инсандар маркетингдин маанилүү максаттарынын бири турмуш-тиричиликтин сапатын жогорулатуу, ал эми анын ийгиликтеринин каражаты болсо социалдык-этикалык маркетинг концепциясын колдонуу болууга тийиш деп эсептешет. Бул концепцияны колдоочулар өзүлөрүнүн чечимдерин керектөөчүлөр үчүн болгон бакубатчылык жана пайда менен салыштырып, ишкананын иш-аракеттерин табигат ресурстары жетишсиз болгондо айлана чөйрөгө, экологиялык кырдаалды жакшыртууга, *инфляциялык процесстердин* өсүшүнө көрсөткөн таасири менен кошумча түрдө текшеришет. Концепция фирмалардын пайдасынын, сатып алуучулардын керектөөлөрүнүн жана коомдун кызыкчылыктарынын теңделишине (балансталышына) базар нугундагы ишкерлеринин жетишүүсүн талап кылат. Көздөгөн тендемечиликке (баланска) жетишүү үчүн макулдашууга барууга туура келери мыйзам ченемдүү иш катары саналат. Бирок карама-каршы келүүчү талаптарды эсепке алуунун зарылдыгы алгылыктуу чечимдерди издөөгө мажбурлайт. Социалдык-этика маркетинги адатта каражатты арбын талап кылат, бирок бул жумшоолор фирманын коомдук абройунун өсүшү менен кайтарылып турат. Демек бүт коом үчүн пайдалуу иш болуп саналарын айтпаганда да анын продукцияларына керектөөчүлөрдүн кызыгуусунун жогорулашын ашкерелейт.

КОНЦЕРН – КОНЦЕРН (англ. concern – иш, ишкана) – илимий-техникалык жана өндүрүштүк өнүгүү, *инвестициялык, финансылык,* тышкы -экономикалык ж.б. иш-аракеттерди, ишканаларды чарбалык-эсеп менен тейлөө функцияларын эркн менен борборлоштуруунун негизиндеги биргелешкен иш-аракеттерин жүзөгө ашыруучу *ишканалардын ири бирикмеси. Азыркы базар экономикасынын шартында чарбаны жүргүзүүдө көбүнчө алар мурдагы иш-аракеттеги министрликтерди жана ведомстволорду алмаштыруу аркылуу пайда болушууда.* Концерндин структурасы *ассоциация* менен салыштырганда бир кыйла борборлоштурулган жана ишканалардын өз алдынчалыгын сактоо менен ички фирмалык финансылык катуу көзөмөлдүктү айкалыштыруучу бирдиктүү чарбалык комплекс болуп саналат. Концернге төмөндөгүлөр көбүрөөк тиешелүү болуп саналат: курамына кирген субъектилер менен борборлоштурулган башкаруу системасы, алардын кызыкчылыктарын борбордук ведомстволордон жана министрликтерден, башка мекемелерден жана уюмдардан коргоо, өндүрүштүк жана *илимий-техникалык өнүгүүнү, инвестициялык, финансылык* жана тышкы-экономикалык иш-аракеттерди борборлоштуруу, структуралык бирдиктерди, чарбалык тейлөөнү уюштуруу ж.б. Концерн *юридикалык жактык* укукка ээ болот да, тармактык жана тармак-аралык болушу ыктымал. Концерндин башкаруу функциялары өзгөчөлөнгөн башкаруу аппаратына же башкы уюмга жүктөлүшү мүмкүн. Катышуучулардын ички карым-катнаштары, өз ара келишимдердин негизинде түзүлөт, ошондуктан алар *экономикалык* жана *юридикалык* өз алдынчалыкты сактайт. Ишканалар концернге киргенде ведомстволук тиешелүүлүгүнөн ажырап калышат. Бирок анын катышуучуларынын биргелешкен чечими боюнча ал (концерн) тийиштүү министрликтин (ведомствонун) системасына киргизилиши мүмкүн. Бул учурда алардын жана министрликтин (ведомствонун) ортосундагы карым-катнаштар келишимдик негизде түзүлөт. Ишкана бир гана концерндин карамагында болушу мүмкүн жана өзүнүн фирмалык аталышында ага тиешелүү экендигин көрсөтүүгө милдеттүү болот. Катышуучуларга коммерциялык, илимий-изилдөө, долборлук, маалыматтык ж.б. тейлөөлөрдү (кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, алардын укугун жана милдеттерин, иштей турган иштеринин шарттарын кошо алганда) аткаруу боюнча концерн борборлоштурулган фондуларды, жалпы чарбалык уюмдарды (мекемелерди, фирмаларды, борборлорду, кызмат-жай ж.б.) уюштура алат.

КОНЦЕССИОНЕР – КОНЦЕССИОНЕР – *концессияны* алган *юридикалык* же *жеке жак* (мисалы, фирма, компания, ишкана).

КОНЦЕССИЯ – КОНЦЕССИЯ (лат. concessio – уруксат, чечүү, кайрылышуу, макул болуу) – жеке менчиктүү ишкерлерге, чет элдик фирмага же башка өнөр жай ишканаларынын *юридикалык тарабына* улуттук экономиканы өнүктүрүү же калыбына келтирүү, табигат байлыктарын өздөштүрүү максаттарында пайдалуу кендерди казып алуу, ар кандай курулуштарды куруу укугу менен мамлекеттин жер аянтын берүү келишими, ушундай келишимдин негизинде уюшулган ишкана. Концессияда *ижаралык төлөмдүн* өлчөмү же эмгек акы тартиби, айлана чөйрөнү коргоо жана калыбына келтирүү боюнча *концессионердин* милдеттенмеси,

жумушчуларды жалдоо тартиби ж.б. шарттар алдын ала каралат.

КОНЪЮНКТУРА – КОНЪЮНКТУРА (лат. conjunctura – байлаштыруу, кошуу) – өз ара катыштагы шарттардын жыйындысы, түзүлгөн кырдаал, коомдук турмуш-тиричиликтин кандайдыр бир тармактарындагы зат-нерселердин абалы; белгилүү бир мезгилде экономиканын күндөлүк абалын мүнөздөй турган белгилердин жыйындысы. *Кара. **Конъюнктура экономическая – экономикалык конъюнктура.***

КОНЪЮНКТУРА МИРОВОГО РЫНКА – ДҮЙНӨЛҮК БАЗАРДЫН КОНЪЮНКТУРАСЫ. Дүйнөлүк товар базарларындагы соода шарттары. Конъюнктуранын божомолдонушу жана бааланышы кандай гана болбосун тышкы соода келишимди түзүү боюнча иштин негизги курамдык бөлүгү болуп эсептелет. Анткени ошол конъюнктураны баалоого контрагенттер талап кылган шарттуу соодалар – бүтүмдөр байланыштуу болот.

КОНЪЮНКТУРА РЫНКА И НЕОБХОДИМОСТЬ ОБНОВЛЕНИЯ – БАЗАР КОНЪЮНКТУРАСЫ ЖАНА ЖАҢЫЛОО ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ. Базар алкагындагы товарды өткөрүү процессинде пайда болчу экономикалык шарттардын жыйындысы; кандайдыр бир түзүлгөн жагдай. Конъюнктура жалпы тармак боюнча же айрым товарга өзүнчө болушу мүмкүн. Азыркы базар экономикасынын шартында ишканалардын чарбалык иш-аракетине байланыштуу маселелер боюнча кыйла өзгөрүүлөр болуп жатат, Эгерде, учурундагы командалык экономика маалында үстүртүдөн түзүлгөн план негизги өзөгү болуп келсе, эми ишкананын бардык иши базар конъюнктурасына ыктап жатат. Конъюнктура адатта базарда түзүлгөн экономикалык жагдайды мүнөздөйт. Ал *сурам* жана *сунуштун* катышы, баалардын деңгээли, товардык запастар ж.б. экономикалык көрсөткүчтөр менен аныкталат. Базардагы жагдай дайыма өзгөрүлүп турат, ошондуктан ар кандай келип чыккан маселени өз учурунда иликтеп жана айрым тобокелчиликке барууга туура келет. Товар өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөр базар мамилелерине улам сүңгүп кирип азыркы эл аралык байланыш тутумуна ар тараптан аралашып жатат. Фирмалар өзүнүн өнүгүшүндө туруктуулукка, ийгиликке жетишүү үчүн чарбалык иш аракетинде ар тараптан аяр мамиле жасоо талап кылынат. Алдыга коюлган максатты ишке ашыруу, ийгиликке жетишүү үчүн бир топ кыйынчылыктар келип чыгат, алардын баарын убагында чечүү, ийгилик жаратуу ал фирманын иш билги адистерине тыгыз байланыштуу. Ошондуктан мыкты сапаттагы продукция чыгаруу үчүн ишкананын финансылык абалын, технологиялык өнүгүү деңгээлин, башкаруу структурасын, адистердин сапатын ар тараптан анализ жасоо, соңунан башкаруунун стратегиясын иштеп чыгуу зарыл. Өзгөчө маанини ишкананын экономикалык-чарбалык иш-

аракетине берүү башкы маселеге айланат, себеби алардын ээлеген орду улам барган сайын олуттуу болууда. Мында ишкананын калыптануу шартында бир катар жаңы кызмат орундарын калыптандыруу маселеси келип чыгат да, анын ичинде *маркетингдин* мааниси кыйла артат. Мында бардык деңгээлде кадрлардын экономикалык ой жүгүртүүсүн өзгөртүү, сапатын бышыктоо эң башкы маселеге айланып олтурат. Бул фирманын сакталып калышы жана андан ары карай өнүгүшү ички факторлорго гана эмес, ошону менен бирге сырткы факторлорго жана келечекте таасирин тийгизүүчү шарттарга да тиешелүү өлчөмдө көз каранды болот. Ошондуктан дайыма жаңылануу, өзгөртүүлөр толук иликтенип, такталып турууга тийиш. Үзгүлтүксүз жаңылануунун нугунда гана ишкана (фирма) иштей алат да, тышкы, ошондой эле ички базарда өз жагдайын бекемдей алат. Мындай ыкманы кеңири жайылтпай туруп ишканалар базар экономикасынын шартында туруктуу иштеп, тиешелүү позицияларын сактоо кыйын. Эгерде жаңылануу жөндөмдүүлүгү болбосо, пайда табып, ишин андан ары карай улоосу кыйындап калышы мүмкүн. Кирешенин туруктуу өсүшү менен ишкана (фирма) өзүнүн эле эмес, ошондой эле коомдун кызыкчылыктарын да эске алуу жана өзүнүн чарбалык иш-аракеттеринин көрсөткүчтөрүн үзгүлтүксүз жаңылап туруу шартында гана камсыз болот. *Кирешени* кыйла арбытуунун башкы факторлору базар нугундагы илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин, керектөөчүлүк конъюнктураны эсептөө, өнүгүүнүн ички булактарын бардык жактан пайдалануу, керектөөчүгө кошумча айрым жеңилдиктерди берүү болуп эсептелет. Япониянын мыкты *менеджерлеринин* бири мындай деп айткан жери бар: "Ар бир компаниянын өзүнүн чоң же кичинесине карабастан, пайданы табуу боюнча алдыга койгон эң мыкты максаттары болуу керек; ал максаттар биздин арабызда жашоону аныктап, негиздеп жатат."

КОНЪЮНКТУРА ЭКОНОМИЧЕСКАЯ – ЭКОНОМИКАЛЫК КОНЪЮНКТУРА – конкреттүү тарыхый шарттагы кайталанма өндүрүш процессинин жалпы жыйындысы жана базар алкагындагы көрүнүшү; товарларга (*продукцияга, буюмга, тейлөөлөргө* ж.б. баалуулуктарга) *сурам* жана *сунуштун* белгилүү катыштары, *баалардын* деңгээли, инвестициялык жана ишкердиктин активдүүлүгү, *баалуу кагаздардын курстары* жана *депозиттер* боюнча *пайыздык ставкалар* жана *кредиттер*, товардык запастардын болушу, башка көрсөткүчтөр менен мүнөздөлүүчү ар бир жагдайда базар алкагында пайда болгон экономикалык кырдаал. Ал экономикалык факторлордун тигил же бул өлчөмдөгү тийгизген таасирин гана чагылдырбастан, саясий, социалдык, техникалык, экологиялык ж.б. жактарын да толук камтыйт. Аларды ийне-жибине чейин так анализдөө экономикалык конъюнк-

тураны жакшыртууга терс таасирин тийгизүүчү тенденцияларды өз убагында табууга, себептерин иликтеп ачууга жана зарыл чараларды көрүүгө мүмкүндүк берет. Базар экономикасынын шартына эрте аралашкан Батыш өлкөлөрүнүн көп жылдык тажрыйбасына ылайык конъюнктурага таасир этүүнүн ыкмалары жана каражаттардын бүтүндөй бир тутуму иштелип чыккан. Алар, мисалы өндүрүштүн динамикасын, ички жана тышкы соода-сатыкты, товардык запастарды жана керектөөлөрдү, *капиталдык салымдарды,* бааларды жана пайыздык ставкаларды, *баалуу кагаздардын* курстарын, өндүрүштүк кубаттуулукту толук чегерүү, *өндүрүш чыгымдары,* жумуштуулуктун жана жумушсуздуктун саны ж.б. камтыйт.

КОНЪЮНКТУРНЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ – КОНЪЮНКТУРАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР. Өндүрүштүн, керектөөнүн, эл аралык соода жүргүзүүдөгү базар мамилелеринин фирмалык деңгээлдеги структурасынын эң маанилүү өзгөрүүлөрүн эсепке алуу жана талдоо.

КООПЕРАТИВ – КООПЕРАТИВ (лат. cooperatio – эмгектештик) – жамааттык менчиктин, өзүн-өзү финансылоонун, өз алдынчалыгынын жана өзүн-өзү башкаруунун, материалдык кызыкчылыктын негизинде иш-аракеттердин түрдүү багыттарында жалпы максаттарга жетүү үчүн жарандардын (жумушчулардын, кызматкерлердин, майда өндүрүүчүлөрдүн ж.б.) уюшуп тузурумдалган *эрктүү бирикмеси.* Алардын мүчөлөрүнүн өз эмгеги аркылуу катышуусунун, *менчик* же *ижарага* алынган мүлктү пайдалануунун негизинде түзүлөт. Мамлекет кооперативди көп учурда бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп өнүгүшүнө түрткү берет; адатта бүт мүчөлөрүнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоону камсыз кылып аларга менчиктүүлүктүн түрүнө карабастан, чарбаны жүргүзүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга, ошондой эле жамааттын социалдык тиричилик шарттарын жакшыртууга өндүрүштүн көлөмүн, товарды бөлүштүрүүнү жана сатууну, тиешелүү жумуштарды аткарууну, тейлөө көрсөтүүнү өз алдынча иштеп чыгуунун негизинде болгон мүмкүнчүлүктөрдү жана бирдей материалдык кызыкчылыкты камсыз кылат. Кооперативдин иш-аракеттери *эмгек өндүрүмдүүлүгүн* жогорулатууга жана анын акы төлөө системасы (тутуму) мелдешүү, атаандаштык менен экономикалык өнүгүүнү күчөтүүгө, чарбаны жүргүзүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга жөндөмдүү кылууга багытталат. Кооператив айыл чарбасында, өнөр жайда, курулушта, транспортто, соода-сатыкта жана тамактануу жайларында, тейлөө чөйрөлөрүндө, өндүрүштүн башка тармактарында социалдык-маданий турмуш-тиричилик нугунда уюштурулуп жана иш жүргүзүлөт. Алар өндүрүштүк, керек-жарак, арачылык кесип ж.б. түрүндө болушу ыктымал. Өндүрүштүк кооператив товарларды (продукцияларды) өндүрүүнү ишке ашырып, ишканаларга жана жарандарга материалдык тейлөөлөрдү көрсөтөт. Керектөө кооперативи – өзүлөрүнүн мүчөлөрүнүн ж.б. жарандардын турак-жайга, дачаларга, жемиш-бак участкаларына, гараждарга, социалдык-маданий жана башка тейлөөлөргө болгон керектөөлөрүн канааттандырат. Керектөө кооперациясы болсо төмөндөгүлөрдүн ишке ашырылышын камсыз кылуучу керектөөчүлөрдү бириктирет: өзүнүн мүчөлөрүн товарлар, тейлөөлөр жана жумуштар менен, ошондой эле шаар жана айыл калкын тейлөөнү, мисалы айылда сооданы (кооперативдик соода-сатыкты), айыл чарба чийки заттарын жана продуктуларды топтоп даярдоону, эл керектеген кээ бир товарларды чыгарууну (бул учурда кооператив аралаш типтуу болот) ишке ашырат. Арачылык (ортомчулук) кооператив негизинен айланым, алмашуу уюму, материалдык бакубаттуулукту бөлүштүрүү жана керектөө (мисалы соода-сатыкта, коомдук азык тамак-ашта, жабдууларда ж.б.) чөйрөлөрдө иш алып барып, ошондой эле ортомчулук (келишүү, тараптардын ортосунда макулдашып бүтүм түзүү) иш жүргүзөт. Кесиптик кооператив товарларды биргелешип өндүрүү жана тейлөө көрсөтүү үчүн майда өндүрүүчүлөрдү (чакан кол өнөрчүлөрдү, жабдык-шайман жасоочуларды, тикмечи-өтүкчүлөрдү) бириктирет. Кооперативдин иш-аракеттери эркн менен болуу (эркн менен кирүү, кетем десе токтоосуз чыгуу), өзүнүн жеке, жамааттык жана мамлекеттик кызыкчылыгын айкалыштыруу, чарбалык өз алдынчалык, материалдык кызыкчылык жана социалдык акыйкаттык, бардык мүчөлөрү иш башкарууга катышуу принциптерине негизделет. Алардын жогорку башкаруу органы катары жалпы жыйналыш болуп саналат. Анда уставды кабыл алып, тераганы шайлайт (ири кооперативдерде жана башкармада), кирешелердин пайда болушун (түзүлүшүн) жана бөлүштүрүлүшүн бекитет. Базар экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө кооперативдик ишканалар бир катар өзгөчөлүктөргө ээ болот. Мисалы, Англияда *акциялардын* максималдуу саны белгиленет, алар фондулук биржаларга котировка үчүн берилбейт, сатылышы мүмкүн эмес. Эгерде тигил же бул мүчөсү кооперативден чыкса, анын акциялары номиналдык баасы боюнча кайтарылып берилет да, коомдун *капиталы* мезгил мезгили менен өзгөрүлүп турат. Пайда алынган товарлардын наркына карата катышуучулардын жана катышпагандардын (контрагенттердин) ортосунда *дивиденддер* аркылуу бөлүштүрүлөт. Бул наркы жарыяланып, накта төлөнүүчү *кагаз маркалар* түрүндө ишке ашырылат. Демек, сатуучулар кооперативден товарларды канчалык көп алса, анын *дивиденддери* ошончолук арбын болот. Жалпысынан алганда бул ишканалар мисалы, Англиядагы чекене соода-сатык жасоочу ишканалар

тобунун өтө ириси болуп эсептелет да, алардын үлүшүнө чекене соодanын 10 % га жакыны туура келет. Кыргызстандагы экономикалык реформаны ишке ашыруунун тажрыйбасына ылайык базар мамилелеринин шартында кооперацияны кеңири уюштуруу кыйла үзүрлүү, келечектүү экендиги толук ашкереленди. *Кара. **Розничные кооперативы – чекене соода кооперативдери.***

КООПЕРАЦИЯ – КООПЕРАЦИЯ (лат. cooperatio – эмгектештик) – *1)* жамааттык ишкердик үчүн өз ыктыяры менен мүчө болуунун негизиндеги жеке тараптардын бирикмеси; *2)* эки же бир нече өлкөлөрдүн чет элдик өнөктөштөрүнүн катышуусу менен өндүрүш продукцияларын бөлүштүрүүгө, коммерциялык иш жасоого, тобокелчиликти өз ара бышыктоого, инвестицияларды жана өнөр жайдын жашырын сырларын жалпы коргоого негизделген биргелешкен же өз ара макулдашылган өндүрүш уюмунун түрү.

КООПЕРАЦИЯ ТРУДА – ЭМГЕК КООПЕРАЦИЯСЫ – белгилүү бир эмгек процесстерине адамдардын биргелешип катышуусу. Эмгек кооперациясы өндүрүштүн белгиленген максатына жетишүү үчүн *өндүрүштүк* айрым *операцияларды* биримдүүлүктүү бир нукка кошуп, иштей тургандарды өндүрүштүк жамаатка бириктирип, жекече адистештирилген эмгекти жыйнакталуучу процесске айландыруу зарылчылыгы менен шартталат. Ишканалардагы эмгек кооперациясынын түрлөрү өндүрүштүн жагдайына жана адистештирилишине, анын техникалык жактан камсыз болуу деңгээлине, өндүрүш процесстерин ж.б. уюштуруу ыкмаларына тыгыз байланыштуу болот. Анын бир түрү *эмгекти уюштуруунун жамааттык формасы* болуп саналат. Мында эмгек процессинин предметтеринин жана эмгек каражаттарынын жалпылыгы менен өз ара байланыштуулугу анын айрым элементтеринин жумушчу-кызматкерлер жамааты аркылуу аткарылышы алдын ала каралат. Эмгекти уюштуруунун жамааттык формасы өндүрүш бригадасын түзүүгө негизделет.

КООПЕРИРОВАНИЕ ПРОМЫШЛЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА – ӨНӨР ЖАЙЛЫК ӨНДҮРҮШТҮҮ КООПЕРАЦИЯЛОО – белгилүү бир продукцияларды даярдоого (ремонттоого) катышуу үчүн тармактар, ишканалар жана алардын бөлүмчөлөрүнүн ортосундагы өндүрүштүк байланыштардын аныкталып белгилениши. Кооперациялоо тартибинде тутумдаш–ишканалар керектөөчүгө (башкы ишканага) продукцияларды чыгаруу үчүн зарыл *буюмдарды* же жартылай-фабрикаттарды (сомдомолорду, *орогучтарды* ж.б.) жеткиришет. Өнөр жай өндүрүшүн кооперациялоо эки багыт боюнча ишке ашырылат: түздөн-түз ишканалардын (тармактардын) ортосунда тыгыз байланышты белгилөө аркылуу; *өндүрүштүк кубаттуулукту* бир кыйла толук пайдалануу максаты менен адистештирилген ишканалардын ортосунда байланыштарды уюштуруу аркылуу. Өнөр жай өндүрүшүн кооперациялоо төмөндөгүдөй түрлөргө ажыратылат: предметтик (же агрегаттык), мында тутумдаш ишканалар башкы ишканага даяр буюмдарды (мисалы, автомобиль же трактор үчүн кыймылдаткычтарды), толук комплектөө үчүн белгилүү бир агрегаттарды (предметтерди) жеткирип тапшырышат; тетиктер боюнча – тутумдаш ишканаларга тетиктерди (мисалы, трактор же автомобиль ишканаларынын продукциялары үчүн поршендик шакектерди) тапшыруу; технологиялык, мында адистештирилген ишканалар башка ишканаларга жартылай-фабрикаттарды (орогучтарды, штамповкаларды ж.б.) жеткирип-тапшырат же алар үчүн технологиялык операцияларды аткарат. Өнөр жай өндүрүшүн кооперациялоонун деңгээли төмөндөгүчө аныкталат: ишкана өндүрүп чыгарган даяр продукциянын өздүк наркындагы жартылай-фабрикаттардын жана сатылып алынган буюмдардын өздүк салмагы аркылуу; кооперациялоо тартибинде ошол керектөөчүгө буюмдарды жана жартылай-фабрикаттарды жеткирип-тапшыруучу ишканалардын саны боюнча; *өнөр жай өндүрүшүн адистештирүүнүн* көрсөткүчтөрү ж.б. аркылуу.

КОРНЕР – КОРНЕР (англ. corner – бурч, бурчка такоо, туюкка камалуу, сатып алуу) – кайра сатуу (көбүнчө кызыл кулактык) максатында кандайдыр бир *товарды* сатып алуу үчүн *юридикалык* жана *жеке жактардын* биригүүлөрүнүн эң жөнөкөй формасы. *Акцияларды* жана *контракттарды* сатып алуу, кандайдыр бир компаниянын (*акционердик коомдун*) акцияларынын көзөмөл пакетин алуу же кайра сатуу үчүн *фондулук биржада* да түзүлүшү мүмкүн.

КОРПОРАТИВНЫЙ – КОРПОРАТИВДИК – *корпорацияга* (бирикмеге, союзга, коомго, инсан тобуна) таандык өзгөчөлөнгөн бир жактуу топ, мисалы, корпоративдик кызыкчылык.

КОРПОРАТИВНЫЙ КАРТ – КОРПОРАТИВДИК КАРТ – Картты пайдалануу, картты кармап туруучулардын ыйгарым укуктуу юридикалык жакка, ошол юридикалык жактын счётундагы акча каражаттары белгиленген чыгаша лимитинин чегинде тескөөгө мүмкүндүк берген карт.

КОРПОРАЦИЯ – КОРПОРАЦИЯ (лат. corporatio – бирикме, биргелештик, союз) – менчикке (капиталга) жамааттык түрдө ээ болуучу менчиктүүлүктүн *акционердик формасы.* Мында *ишканаларды башкаруу* иши дасыккан мыкты *менеджерлердин* жогорку звенолорунун колунда топтолот; мыйзамга каршы келбегидей кандайдыр максатка жетүү үчүн кесиптик же дагы бир башка кызыкчылыктарынын тегерегине бириктирилүүчү топ, союз, коом. *Юридикалык жактын* статусуна ээ болушу корпорациянын эң маанилүү белгилери катары саналат. Эгерде *банкрот* же *төлөм-жөндөмдүүлүгү* жок болуп калган учурда ал милдеттенмеси

боюнча өзүнүн гана мүлкүнө (корпорация мүлкүнө гана) жооп берип, калган ээлик кылуучулардын, акционерлердин мүлкүнө жооп бербей тургандыгы мунун олуттуу өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Алардын түпкү максаты пайда алуу.

КОРРЕЛЯЦИЯ – КОРРЕЛЯЦИЯ (лат. correlatio – катнаш) – *1)* илим менен техниканын түрдүү тармактарында түшүнүктөрдүн, предметтердин, функциялардын өз ара катнашын, туура келүүчүлүгүн, көз карандылыгын белгилөө үчүн колдонулуучу термин. *2)* Экономикалык статистикада: кубулуштар, процесстер ортосунда байланыштардын бар экендигин чагылдыруучу жана алардын чондуктарын мүнөздөөчү түшүнүк.

КОРРЕСПОНДЕНТ – КОРРЕСПОНДЕНТ (фр. correspondant, лат. correspondere – жооп берүү, кабардар кылуу) – башка тарап же мекеме (мекеменин эсебинен) үчүн финансылык, коммерциялык тапшырмаларды аткаруучу *юридикалык* же *жеке жак* (*фирма, банк*). Кандайдыр бир банктын *контрагенти* болуп саналып, келишимде өндүрүш боюнча өз ара тапшырмаларды аткаруусу жана бул боюнча төлөмдөрдүн алынышын жана эсептешүүлөрдүн тартибинин аткарылышы алдын ала каралган банкты банк корреспонденти деп аташат. Бул термин аркылуу массалык маалымат органдарынын кызматкерин, кимдир бирөө менен көпкө чейин кат жазышып жүргөн адамды, ошондой эле мекеменин же ишкананын иштери жөнүндө катка газ жазышып туруучу кызматкерди да атайт.

КОРРЕСПОНДЕНЦИЯ СЧЕТОВ – ЭСЕП-ЧОТТОРДУН КОРРЕСПОНДЕНЦИЯЛАРЫ – эки жакка жазуу ыкмасы менен чарбалык операцияларды каттоодо (регистрациялоодо) эсеп-чотко алуу менен *бугалтердик эсептин* ортосундагы өз ара байланыш. Берилген операциянын кандай эсеп-чотторго жана кайсыл өлчөмдө жазыла тургандыгы *дебит* жана *кредит* боюнча көрсөтүлүүчү бугалтердик жөндөөлөр аркылуу ишке ашырылат.

КОРРУПЦИЯ – КОРРУПЦИЯ (лат. corruptio – сатып алуу) – кызматкердин аткарган жумушуна байланыштуу укугун жеке кызыкчылыгына пайдаланууcу; пара алышы, парага сатылып кетиши.

КОТИРОВКА – КОТИРОВКА (англ. quotation – бир нерсеге кандайдыр бир өлчөмдөгү бааны белгилеп коюу) – чет өлкөлүк *валютанын, баалуу кагаздардын курсун* же товарлардын биржалык баасын аныктоо. *Баалуу кагаздардын* котировкасы фондулук биржада өтөт да, биржалык бюллетендерде ошол күнгө карата максималдуу жана орточо курсу басылып турат. Валюталык эркин операция шартында валюталардын котировкасы да биржада өтөт. Ал эми валюталык чектелүүлөр болгон кезде валюталардын курсу тийиштүү өкмөттүк органдар тарабынан аныкталат. Чет өлкөлүк валюталарды котировкалоонун негизинен

түз жана кыйыр жолу бар. Өтө кеңири тараган түз котировка учурунда чет өлкөлүк валюта бирдиги улуттук валютада, кыйыр котировкалоодо болсо (бул көбүнчө Англияда) улуттук валютанын бирдиги чет өлкөлүк валютада берилет. Күнүмдүк басма сөз беттеринде чыгуучу өлкө валюталарынын расмий котировкасы белгилүү бир датага карата берүүчү маалымат катары пайдаланылат. Коммерциялык банктардын базардык валюталык котировкаларында ар кандай шарт жана түрдүү мөөнөттөр менен сатуу боюнча сатып алуучу менен сатуучунун кадыресе курсу көрсөтүлөт. Базардык котировка бир топ динамикалуу болуп, курстук айырмалардын бир кыйла дифференцияланышына көмөктөшөт. 1991-жылдын 1-январынан тартып, КМШдагы эгемендүү өлкөлөрдүн эсептешүүлөрү конверсияланган валютада жүргүзүлүп жатат.

КОТИРОВКА АКЦИЙ – АКЦИЯЛАРДЫН КОТИРОВКАСЫ. Фондулук биржадагы *акциялардын* базардык баасы *сурам* менен сунуштун өз ара катышы аркылуу, ошондой эле көптөгөн факторлордон, биринчи кезекте, *дивиденддердин* көлөмүнөн, фирманын абройунун туруктуулугунан, тийиштүү товардык базардагы конъюнктурадан аныкталат.

КОЭФФИЦИЕНТ ТЕКУЩЕЙ ЛИКВИДНОСТИ – КҮНДӨЛҮК ӨТҮМДҮҮЛҮК КОЭФФИЦИЕНТИ – чарбалык иш-аракеттерди жүргүзүү жана мөөнөтү белгиленген милдеттенмелерди өз убагында тындырып жабуу үчүн ишкананын (уюштуруучулук-укуктук формасына жана менчик түрүнө, *айланым каражаттарына* көз карандысыз) жалпы камсыздалышын бышыктоочу бугалтердик баланс структурасынын канааттандырарлыгын баалоонун чен-өлчөмүнүн бири. Күндөлүк өтүмдүүлүк коэффициенти – *өндүрүштүк* жана *даяр продукция* запасы түрүндөгү накталай каражаттардын иш жүзүндөгү наркынын, акча каражаттарынын, *дебитордук карыздардын* ж.б. айланым активдеринин банктык кыска мөөнөттүү кредиттер, *кыска мөөнөттүү зайымдар* жана ар кандай *кредиторлук карыздар* түрүндөгү ишкананын кыйла шашылыш милдеттенмелерине карата катыштары менен аныкталат. Баланс структурасын канааттандырарлык эмес, ишканаңы төлөм жөндөмсүз катары эсептөө үчүн *менчик каражаттары* менен *камсыз кылуу коэффициенти* 0,3 төн (норматив) кем эмес болбой турган шартта күндөлүк өтүмдүүлүк коэффициенти эсеп-кысап мезгилинин аягында өлчөмү 1,7 ден (норматив) кемирээк болуп чыкканда, ошондой эле ишкана өзүнүн төлөм жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүгү такыр жок болуп калса жана бул жагдай төлөм жөндөмдүүлүгүн (чыгашаларды) калыбына келтирүү коэффициентин анализ жасоонун негизинде айкындалышы негиз болуп саналат. Эгерде ишкананын төлөм жөндөмдүүлүгү мамлекеттин карызына түздөн-түз байланышпаса, алардын алдында жогоруда көрсөтүлгөн кырдаал мыйзамга ылайык төмөндө-

гүдөй чараларды колдонууга толук негиз болуп саналат. Эгерде, ишканаларга жана мүлккө мамлекеттик менчиктин үлүшү туура келсе, анда жетекчиликти алмаштыруу, биринчи кезектеги менчиктештирүү же банкротко учуроо жөнүндөгү маселе боюнча кылмыш ишин козгоп, чарбалык сотко арыз түшүрүү жагы каралат. Төлөмгө жөндөмсүздүк ишканага мамлекеттин карызы менен байланыштуу экендиги белгиленсе, анда ушунун негизинде жетекчиликке карата колдонуу үчүн алдын ала көрүлүүчү жоопкерчилик чаралары алынып ташталат.

КРЕДИТ – КРЕДИТ (лат. credit – ал ишенет) – *бугалтердик эсептин эсеп-чотунун* оң бөлүгү (жагы). Кредит боюнча *активдик эсеп-чоттордо* бул эсеп-чот боюнча бардык чыгымдар жазылат, пассивдүүдө болсо бул эсеп-чот аркылуу келип түшкөн бардык каражаттар топтоштурулат (эсебинин объектисинин чоюлушу). *Кредиттик сальдо* пассивдик жана актив-пассивдик эсеп-чоттордо болот. *Кара. Дебет.*

КРЕДИТ – КРЕДИТ (лат. crediruv – ссуда, үлүш) акчалай же натуралай *юридикалык* же *жеке жак* – кредитор карыз алуучуга (кардарга) берүүчү *ссуда*. Бул базар экономикасынын эң маанилүү элементинин бири болуп эсептелет. Белгилүү өлчөмдөгү пайызын төлөө аркылуу белгиленген мөөнөттөн калтырбай кайтарып берүү шартында акча алууну айкындоочу экономикалык өнөктөрдүн ортосунда жасалуучу бүтүм. Кредит төлөмдөрдү узартуу түрүндө жана карыздык милдеттенмелерди сатып алуу үчүн берилет. Кредиттин мүмкүндүгү жана зарылдыгы коомдук өндүрүш процессинде капиталдын кылкасыз айланып турушу менен шартталат. Бош акча ресурстары фондулардын айланым процессинде, финансылык ресурстардын кыймылынан же калктын акча каражаттарынын топтолушунан (айлануудан убактылуу бошой калган) пайда болот. Ушул эле убакта башка бир топтордун (юридикалык, жана жеке жактардын) акчага кошумча керектөөчүлүгү келип чыгат, мисалы, жаңы курулуш, өндүрүштү реконструкциялоо же модернизациялоо, товарларга (чийки зат, отун, комплекттелүүчү буюмдар ж.б.) төлөө. Акча каражаттарын берүү максатына жана мөөнөтүнө байланыштуу кредит төмөндөгүчө бөлүнөт: **узак мөөнөттүү** (3 жылдан жогору) **кредит**, бул адатта техникалык кайра куруу, реконструкциялоо жана ишке чегерилген кубаттуулуктарды кеңейтүү максаттар үчүн жумшалат. **Орточо мөөнөттүү** (1 жылдан 3 жылга чейин) **кредит**; **кыска мөөнөттүү кредит** – мында көбүнчө айланым каражаттарды убактылуу толтуруу ж.б. максаттар үчүн бир жылга чейинки мөөнөт менен берилет. Кийинки кайта кайтарып алуу шарттарында акча ресурстарын бөлүштүрүү кредиттин эң башкы функциясы болуп саналат. Акча каражаттарынын басымдуусу *банктарда* сакталып, кредитке берүү адатта алар аркылуу ишке ашырылат. Базар экономикасынын шарттарында кредиттик карым-катнаштар *кредиторлордун* материалдык кызыкчылыктарына ылайык түзүлөт, демек *ссудалар* кредитти пайдалангандыгы үчүн ссудалык пайызды көбүрөөк төлөгөн жана карызды кайтарып берүүнү өз убагында камсыз кылган кардарларга (карыз алуучуларга) берилет. Ишканалардын жана калктын *депозиттери* боюнча, *кредиттик ресурстардын* негизги булагы болуп саналган кирешелер да көбөйүп, узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү кредиттөөнүн катыштары өзгөрүлүп турат (депозиттер боюнча пайыздык ставкалар кредиттикине караганда төмөн болот). *Банк кредитинин* айрым түрлөрү адистештирилген мекемелер аркылуу берилиши мүмкүн, мисалы соода-сатык жана тышкы экономикалык бүтүм жасоо – *коммерциялык банктар*, жер участкалары менен операция жасоо боюнча – *ипотекалык банктар*; негизги капиталды кеңейтүүгө – *инвестициялык банктар* тарабынан берилет. Кредитор ролунда кимдин чыгышына байланыштуу кредиттер төмөндөгүлөргө ажыратылат: **эл аралык** жана **регионалдык** валюта-кредиттик жана финансылык уюмдары; **өкмөттүк**; **жеке менчиктүү** – фирмаларга, банктарга, арачыларга берилүүчү кредит; **аралаш кредит** (жеке менчик уюмдардын, компаниялардын жана мамлекеттин катышуусунда). Өзүнүн максаттык арналышы боюнча кредиттер карыз алуучу өлкөнү же регионду экономикалык жактан өнүктүрүүгө (мисалы, өнөр жай жабдууларын, материалдарды, "*ноу-хау*" сатып алууга, өндүрүштүк тейлөөлөргө, чарбалык башка керектөөлөргө төлөөгө) багытталган **өндүрүүчү кредиттерге** жана өкмөт аппаратын, армияны кармап турууга, мурда алган кредиттер ж.б. боюнча тышкы карыздарды төлөп жабууга байланыштуу **өндүрүүчү эмес кредиттерге** бөлүнөт.

КРЕДИТ АКЦЕПТНЫЙ – АКЦЕПТИК КРЕДИТ – *кредиттин* бир түрү; банк өзүнүн кардарларынын атына жазылган *векселди* төлөп берүү үчүн кабыл алган учур. Банк *кредиторго дисконтту* чыгарып салып, векселдин наркын төлөп берет да мөөнөтү өткөндөн кийин анын ордун толтуруу үчүн карыздардан бул сумманы төлөттүрүп алат.

КРЕДИТ БАНКОВСКИЙ – БАНК КРЕДИТИ – акча каражаттары банк тарабынан берилүүчү *кредиттин* бир формасы; мында банк *арачынын* ролун аткарат да, банк капиталын *топтогуч* жана *кредитор* болуп эсептелет. Банк капиталы аманат кассасындагы салымдардын жана кредиттердин пайыздарынын айырмасынын эсебинен пайда болуучу *банктын менчик каражаттарынан* (мында *дебиторлордон* ссудаларды бергенде аманат кассага акча салуучуларга салыштырганда бир кыйла жогорку пайыз кармалат) жана *юридикалык, жеке жактардын* жана жарандардын убактылуу бошоп калган каражаттарынан, аманат кассага салынган салымдардан калыптануучу карыздык (зайымдык) каражаттардан куралат. Эгерде

ишкер банктан кредит алса, анда ал пайда табууну көздөйт да, тапкан пайдасынын бир бөлүгүн *ссудалык капиталдын* ээсине, анын акчаларын убактылуу пайдалангандыгы үчүн берет. Пайданын бул бөлүгү пайыз болуп саналат, ал эми пайызды өндүрүп алуунун булагы катары ишкерлердин пайдасы эсептелет. Пайданын калган бөлүгү анда киреше формасында калат. Норманын көрсөткүчү же пайыз ставкасы болуп, пайданын суммасынын ссудалык капиталдын өлчөмүнө болгон катышы эсептелет. Пайыз нормасынын көрсөткүчүнүн өлчөмү *базардагы ссудалык капиталдын сурамына* жана сунушуна байланыштуу. Банк кредити бир катар белгилери боюнча төмөндөгүдөй классификацияга ажырайт: камсыз кылууга байланыштуулугу боюнча, мында камсыз кылынбаган (бланкалык) жана камсыз кылынуучу ссудалар камтылып, камсыз кылынуучу ссудалар өз кезегинде сатып алууга *вексель* формасында же күрөөгө коюу менен берилүүчү *векселдик*, товардык жана фондулук (*баалуу кагаздар*) болуп бөлүнөт; ордун толтуруп жабуу мөөнөттөрү боюнча – *онколдук кредиттер*, кыска мөөнөттүү (1 жылга чейинки), орточо мөөнөттүү (1 жылдан 5 жылга чейинки) жана узак мөөнөттүү (5 жылдан жогору) кредиттер; ордун толтуруп жабуу жагдайы боюнча – бардыгын бир убакта жана мөөнөтүн созуп төлөп тындым жасалчу; пайызды кармоо ыкмасы боюнча – тиешелүү пайыз кредит бергенде эле (мисалы, *векселди* эсепке алганда, керектөө ссудаларын бергенде) дароо же анын ордун толтуруп жабуу маалында, болбосо кредиттөөнүн бүт мөөнөтүндө төлөмдөр бир келки төлөнүп турганда кармалышы ыктымал; кредиттин экономикалык маңызын жана максатын чагылдыруучу карыз алуучулардын категориялары боюнча, *коммерциялык кредит* жана камсыз кылуучу максаты менен *баалуу кагаздар* берилүүчү жана биржалык сатып алып, кайра сатуу үчүн пайдаланылуучу *фондулук биржалардын* арачылар ссудалары; айыл чарба кредиттери, буга ипотекалык ж.б. кредиттер камтылат; ошондой эле турак-жай курулуштарын күрөөгө коюп, ишке ашырылуучу керектөө буюм-шаймандарын кредиттөө, керек-жарак товарларын сатып алууну кредиттөө кирет (кредиттен кутулуу мөөнөтүн узартып бөлүп төлөө жана ссудаларды бир эле мертебе төлөө менен жүргүзүлөт). Товардык-материалдык баалуулуктар коюлган банк кредити баалуулуктарды күрөөгө коюу же чыгарылышы боюнча продукциялар менен камсыз кылынат. Кредиттөөнүн объектиси экспорттук жана импорттук товарлар, тышкы-экономикалык иш-аракеттер, башталып аяктай элек курулуштар, илимий-изилдөө ж.б. жумуштарды аткарууга жумшалган чыгымдар, жекече эмгек иш-аракеттери, кооперативдер, ж.б. уюмдар менен иш алып баруучу жарандар алган чийки зат, материалдар, шаймандар сыяктуу мүлктөр болушу ыктымал. Ишканалар (уюмдар) банкка *бугалтердик баланстарды* жана кредиттелүүчү товардык-материалдык баалуулуктардын накталай болгондору жөнүндөгү маалыматтарды ж.б. зарыл документтерди берүүгө милдеттүү.

КРЕДИТ ВАЛЮТНЫЙ – ВАЛЮТАЛЫК КРЕДИТ – белгилүү бир *валютада* (валюталарда) берилүүчү *кредит*. Адатта тышкы карыздарды тындыруу, улуттук акча бирдигинин *валюталык курсун* кармап туруу, валюталык резервдерди толуктоо үчүн арналат.

КРЕДИТ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ – МАМЛЕКЕТТИК КРЕДИТ – *кредиттин* бир түрү; мында карыз алуучу (кардар) болуп, мамлекет эсептелип, ишкана же калк (облигациялардын, мамлекеттик зайымдардын ээлери, банкка акча салуучулар) болсо *кредиторлор* болуп эсептелишет. Эл аралык мамилелерде мамлекет бир эле убакта кредитор жана кардар да болушу мүмкүн. *Кара. Кредит международный – эл аралык кредит.*

КРЕДИТ ИПОТЕЧНЫЙ – ИПОТЕКАЛЫК КРЕДИТ – ипотекалык, коммерциялык *банктардын*, камсыздандыруучу ж.б. кредиттик-финансылык мекемелердин кыймылсыз мүлктү (жерди, курулуштарды ж.б.) күрөөгө алып, кредит бериши. Айрым учурларда машиналарды жана жабдууларды күрөөгө алып, кредит берилиши мүмкүн. Ири капиталдык чыгымдарды жабыш үчүн пайдаланылат, мисалы, ирригациялык курулуштарды куруу, ошондой эле убактылуу пайдалануага кыска мөөнөттүү ссудаларды финансылоо (мисалы, үрөн сатып алууга – адатта түшүмдү сатууда төлөнүп жабылуучу). Карызды алуучу *кредиторго* мөөнөтүндө төлөй албаса (кредитти өз убагында кайтарып бербөө), анда кардар күрөөгө койгон мүлкүнөн ажырап калат да, ал башка бир менчик ээсине берилиши же болбосо аны сатып, түшкөн каражат менен кредиттин ордун толтуруп алышы ыктымал. Момуну эске алуу өтө зарыл: ипотекалык кредит күрөөгө коюлган бир эле мүлк үчүн эки жолу берилиши мүмкүн, б.а. күрөөгө койгонду дагы күрөөгө алып берилет, тагыраак айтканда бу банк же башка мекеменин карыз алуучуга берүүчү кыймылсыз күрөө жөнүндөгү карыздык милдеттенмеси болуп эсептелет. Күрөө тийиштүү мекемелерде катталуудан өтөт. Кожоюн (мүлктүн ээси) өзүнүн кыймылсыз мүлкүн күрөөгө бергенден кийин иш жүзүндө анын ээси эмес, ижарачы катары эсептелип калат.

КРЕДИТ КОММЕРЧЕСКИЙ – КОММЕРЦИЯЛЫК КРЕДИТ – кайра өндүрүү процессинде келип чыккан айланым капиталдын убактылуу жетишсиздигин толуктоо жана негизги капиталга болгон салым, өндүрүштү кеңейтүү, ишканалардын сатып алуулары үчүн сатып алуучуларга берилүүчү, ошондой эле өндүрүүчүлөрдүн (сатуучулардын) керектөөчүлөргө (сатып алуучуларга) сатылган товарларга, аткарылган жумуштарга же тейлөөлөргө төлөө мөөнөтүн узартуу түрүндө берилүүчү *кредит*. Төлөө мөөнөтүн узартуу (же аны бир нече мөөнөткө бөлүп төлөө) товарды сатууну тездетүүгө мүмкүндүк берет. Ошондуктан сатуучулардын да, сатып алуучулардын да,

кызыкчылыктарына жооп берип, бирок төлөө мөөнөтүн узартууда сатып алуучунун төлөм жөндөмдүү экендиги, анын финансылык жагы оң болушу алдын ала болжолдонот. Мындай кредит, адатта шартталган бүтүм менен сатып алуучунун акчасын (мисалы вексель менен) төлөп берүү милдетин күбөлөндүргөн атайын документ менен бышыкталат. Төлөмдүн мөөнөтүн узартууну алгандан кийин сатып алуучу сатуучу сыяктуу эле товарга төлөө кармалып калганда жана менчик каражаттары жок болгондо банк ссудасын пайдаланса болот. Бул учурда банк *күрөөгө векселдерди* коюп, ссуда берип же аларды төлөө мөөнөтү келгенге чейин сатып алат (б.а. векселдерди эсепке алуу түрүндө). Коммерциялык кредит бир нече башка формада болушу мүмкүн: керектөөчү өзүнүн каражаттарынын (ресурстарынын) бир бөлүгүн жеткирип-тапшырууга, тиешелүү заказды ыкчам жана сапаттуу аткаруу үчүн (аларды кийин алынуучу продукцияга төлөөдө эсеп кылуу менен) берет. Коммерциялык кредит, адатта күндөлүк эсептик операциялар үчүн, көбүнчө жөнөтүлгөн товарларга же башка долборлорду жана чараларды ишке ашыруу үчүн *зайымдык каражаттар* катарында пайдаланылат. Ишканалардын коммерциялык кредит бергендиги үчүн алган акыларынын өлчөмү чечилбеген операцияларды ишке киргизүүдөн түшкөн кирешелердин курамына киргизилет. Аларды пайдалангандыгы үчүн пайыз төлөө карыз алуучунун карамагына тиешелүү пайда эсебинен ишке ашырылат.

КРЕДИТ МЕЖДУНАРОДНЫЙ – ЭЛ АРАЛЫК КРЕДИТ – мөөнөттүү, кайта кайтарып берүү жана пайыз төлөө шарттарында эл аралык экономикалык шериктештик нуктагы мамлекеттер, эл аралык *банктар*, финансы уюмдары, жеке менчик банктары жана фирмалар, башка *юридикалык* жана *жеке жактар* аркылуу берилүүчү *кредиттин* түрү. Эл аралык экономикалык мамилелердин, ар кандай өлкөлөрдүн ортосундагы байланыштардын өнүгүү шартынын маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналат. Эл аралык кредитте *кредиторлор* жана карыз алуучулар катарында эл аралык уюмдар, валюталык-кредиттик мекемелер, регионалдык интеграция бирикмелери, товарларды өндүрүүчүлөр жана экспортточулардын ассоциациялары ж.б. да чыгышы мүмкүн. Эл аралык экономикалык мамилелерде узак мөөнөттүү жагдайга ээ болгон акча түрүндөгү кредит тышкы карыздар (зайымдар) аталыштан белгилүү. Эл аралык кредиттер адатта кредитчи жашаган өлкөнүн *валютасында* берилип, бирок карыз алуучунун же үчүнчү өлкөнүн валютасында да берилиши ыктымал. Эл аралык практикада *банк кредиттери фирмалык кредиттерден* артыкчылык кылып, товарларды сатып алуу үчүн каражаттарды пайдаланууга кредит алуучуга чоң эркиндикти берет да, аны контракттарды түзүүдө жеткирип-тапшыруучудан кредит суроодон куткарат, бирок ал үчүн башка позициялар (баасы, мөөнөттөрү, жеткирип-

тапшыруу шарттары ж.б.) боюнча макул болууга туура келет. Эл аралык банк кредити *экспорттук кредит, финансылык* жана *валюталык кредит* формасында чыгышы мүмкүн. Мамлекет-аралык узак мөөнөттүү кредиттин маанилүү формасы мамлекеттик кредит болуп саналат; ал негизинен мамлекет-аралык зайымдар түрүндө иш-аракетте болот.

КРЕДИТ ОНКОЛЬНЫЙ – ОНКОЛДУК КРЕДИТ – *кредитордун* адеп талап кылуусу боюнча карыз алуучу төлөп берип кутулуучу кыска мөөнөттүү *коммерциялык кредит*: сурап алма *ссуда*. Адатта *товарларды* жана *баалуу кагаздарды күрөөгө* коюп берилет. Кадимки ссудалардан ал төмөндөгүчө айырмаланат: карыз алуучу банкта ага ачылган мөөнөтү чектелбеген кредитти акырындык менен пайдаланууга укук алып, карыздын суммасы жана камсыз кылынышы күндөлүк жагдайга жараша болот да, тиги же бул тараптын талабы боюнча капысынан токтотулушу мүмкүн. Банк акчаны карыз алуучуга коюлган лимиттин чегинде акырындык менен берет да, тиешелүү пайызды ал ошол алган суммасына жараша төлөйт.

КРЕДИТ ПОТРЕБИТЕЛЬСКИЙ КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨР КРЕДИТИ – товарларды сатканда жана тейлөө ишиндеги төлөмдүн мөөнөтүн узартуу үчүн керектөөчүлөргө берилүүчү *кредит*. Бул товарларды мөөнөтүн узартып сатууга негизделет. Соода жана өнөр жай ишканалары, банктар, финансылык-кредиттик түрдүү мекемелер карыз алуучунун түшө турган кирешесинин эсебинен акчалай же товар түрүндө берет. *Кара. Кредит банковский – банк кредити.*

КРЕДИТ "СТЕНД-БАЙ" (резервный кредит) – **РЕЗЕРВДИК КРЕДИТ. КРЕДИТ "СТЕНД-БАЙ"**. Зарылчылык туулган учурда акча каражаттарынын кандайдыр бир суммасы сүйлөшүлгөн убакыт ичинде колго тиери жөнүндө кредитор менен түзүлгөн келишим.

КРЕДИТ ФИРМЕННЫЙ – ФИРМАЛЫК КРЕДИТ – эл аралык *коммерциялык кредит*. Мында бир өлкөнүн фирма-экспортчусу башка өлкөнүн импортчусуна товарларды сатууга (тейлөөдө) төлөм мөөнөтүн узартат. Мындай кредиттердин мөөнөтү бир кыйла узак (7 жылга чейин) созулат да, бул дүйнөлүк базар конъюнктура шарттары, товарлардын жана тейлөөнүн түрлөрү менен, жеткирип-тапшыруучунун тышкы-экономикалык байланыштардын сакталышына, экспортко жөнөтүүнүн көлөмүнүн кеңейишине кызыккандыгы ж.б. факторлор менен аныкталат.

КРЕДИТ ЭКСПОРТНЫЙ – ЭКСПОРТТУК КРЕДИТ – товарларды (машиналарды, жабдууларды, чийки заттарды, материалдарды ж.б.) кредиттөө үчүн экспортчунун банкынын импортчунун банкына берилүүчү *кредити*. Бул көбүнчө "байлама нукта" ишке ашырылат, ошондуктан муну "байланымдуу" түшүнүгүндө талдоо ылайыктуу. "Байланымдуу кредит" – кредиттин келишим шартына ылайык карыз алуучу каражатты тиешелүү максатта пайдаланууга милдеттүү. Мисалы, кредитчинин

өлкөсүндө өндүрүлгөн товарларды гана алуу мүмкүнчүлүгү. *Кара. Кредит международный – Эл аралык кредит.*

КРЕДИТНАЯ КАРТОЧКА – КРЕДИТТИК КАРТОЧКА (англ. credit cart) – товар (тейлөөгө) алууга накта акчасын төлөө, накта акчаны эсеп-чоттон алуу үчүн акча салуучу клиенттерине (кардарларына) тиешелүү *банк* тарабынан берилүүчү төлөм-эсептик документ. Кредиттик карточка адатта пластикалык же башка микропроцессор менен ныгырылып даярдалат да, анда анын ээсинин аты жөнү, ага тийиштүү кылып берилген шифр, коюлган колунун үлгүсү, кредиттик карточканын мөөнөтү ж.б. жөнүндөгү маалымат камтылат. Анын ээси товарды алып (мүмкүн накта акчаны), карточкасын эсепке алуучу дүкөндөгү (банктагы) компьютердик жайга берет, ал эми компьютердик жай болсо тийиштүү финансылык операцияга каттоо сонунан, борбордук компьютерге төлөм (акчаны берүү) жөнүндө команда берет. Накта акчасыз эсептешүүлөрдүн мындай формасы өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдө кеңири таралган, анда буга окшогон карточкалар анын ээлеринин бардык финансылык операцияларын (алардын банктагы эсептешүүлөрүндөгү бардык өзгөрүүлөрдү) гана каттоого албастан, ошону менен бирге алардын ден-соолугунун абалы, канынын группасы ж.б. жөнүндөгү маалыматтарды камтышы мүмкүн.

КРЕДИТНАЯ ЛИНИЯ – КРЕДИТ БАГЫТЫ. Белгиленген кандайдыр бир убакыттын ичинде жана макулдашылган лимит чегинде адеп эле талап кылганда кредит берүү жөнүндөгү банк менен түзүлгөн юридикалык келишимдүүлүк, келишүүчүлүк.

КРЕДИТНАЯ РЕСТРИКЦИЯ – КРЕДИТТИК ЧЕКТӨӨ. Кредит көлөмүнүн чектелиши жана кыскартылышы. Кредиттик чектөөнү жүргүзүүнүн ыкмасы катары, эсептик - ссудалык операциялар боюнча пайыз өлчөмүнүн жогорулашы жана кредит көлөмүнүн кыскартылышы кызмат кылат.

КРЕДИТНАЯ СИСТЕМА – КРЕДИТ ТУТУМУ. Кредит тутуму акча – кредиттик мекемелерден куралып, алар акча каражаттарын түзүп жана топтоштурат. Кредит тутумунун структурасы түрдүү мекемелер менен мүнөздөлөт. Алар шарттуу түрдө төмөндөгүдөй үч топко ажырайт: *борбордук улуттук банк*, *коммерциялык банктар* жана *аманат банктары*. Көп сандаган атайын мекемелер, тагыраак айтканда *инвестициялык* жана *камсыздандыруу компаниялар, фондулук биржалар* ар кандай көмөкчү функцияларды аткарат. Мында өзгөчө орунду *фондулук биржа* ээлейт да, анын негизги максаты *баалуу кагаздарды* сатуу жана сатып алуу үчүн натыйжалуу базарды камсыз кылуу болуп саналат. Улуттук кредиттик мекемелерден тышкары, мамлекет аралык мекемелер дагы болот. Буларга эң алды менен *эл аралык валюталык фонду* (ЭВФ), реконструкциялоонун жана өнүгүүнүн эл аралык банкы, *эл аралык эсеп-кысап банкы* ж.б. эл аралык валюталык- кредиттик уюмдарды кошууга болот.

КРЕДИТНЫЕ РЕСУРСЫ – КРЕДИТ РЕСУРСТАРЫ – менчиктеринин жана тартылган булактардын эсебинен ар кандай банк *кредиттерди* берүү, салымдарды жайгаштыруу, *баалуу кагаздарды* сатып алуу ж.б. *банк операцияларын* ишке ашыруу үчүн калыптандыруучу каражаттар. Алардын булактары: уставдык, резервдик (өзүлөрүнүн эсеп-чотторунда сакталуучу каражаттарынан коммерциялык банктын милдеттүү түрдө чегерүүлөрү) каражаттар ж.б. атайын фондулар; аманат банк тарабынан тартылган калктын акча каражаттарынын бир бөлүгү; *бюджеттен* убактылуу бошогон каражаттар ж.б. Кредит ресурстарынын негизги бөлүгү бюджеттик чыгымдарды, *бюджет тартыштыгын* жабууга, коммерциялык банктарга кредит берүүгө, өзүлөрүнүн кызматкерлерине багытталат; *депозиттерге, баалуу кагаздарды* сатып алууга ылайыкталышы мүмкүн.

КРЕДИТНЫЙ ДОГОВОР – КРЕДИТТИК КЕЛИШИМ. Кредитти алууда карыз алуучу (кардар) менен кредитордун ортосунда түзүлүүчү келишим. Кредиттик келишимдин тараптары катары өкмөт, эл аралык уюмдар, банктардын тобу, айрым кредиттик жана финансылык мекемелер, фирмалар жана ишканалар болушу мүмкүн.

КРЕДИТНЫЙ КАРТ – КРЕДИТТИК КАРТ – Товарларды жана тейлөөлөрдү, ошондой эле банктык кредиттин эсебинен карт-счёттон накталай акча каражаттарын алуу үчүн багытталуучу эмитент тарабынан сунуш кылынган карт.

КРЕДИТНЫЙ РИСК – КРЕДИТТИК ТОБОКЕЛДИК – Алгылыксыз жагдайдын келип чыгышынын ыктымалдыгы, анын кесепетинен төлөм системасынын катышуучуларынын бир тарабы ошол учурга же келечекте кандайдыр бир учурга карата өзүнүн финансылык милдеттенмесин толук аткара албай калуусу.

КРЕДИТОР – КРЕДИТОР (лат. creditor – карызга берүүчү) – акча каражаттарын, товарларды ж.б. баалуулуктарды карызга (кредитке, карызга) берүүчү *жеке* жана *юридикалык жак; бугалтердик эсеп пугунан алганда* бул ишкана (мүмкүн жаран) акча каражаттарын карызга берген жеке же юридикалык жак. Булар негизинен материалдык баалуулуктарды алып келгендиги, аткарылган иштер жана тейлөөлөр үчүн акча алган жеткирип-тапшыруучулар, мардикерлер жана алардан аванс алган заказчылар, алынган *векселдер* боюнча вексель-кармагычтар, *коммерциялык нуктан кредит* берүүчү ишканалар, эмгек акыны өз убагында төлөбөгөн *депоненттер* ж.б. болушу мүмкүн. Кредитордун насыялары *кредиторлук карызды* түзөт.

КРЕДИТОРСКАЯ ЗАДОЛЖЕННОСТЬ – КРЕДИТОРДУК КАРЫЗ – бир ишкананын (фирманын, уюмдун, мекеменин) тиешелүү жеке же юридикалык жакка төлөп берүүчү акча каражаттары (ошол ишкананын башка ишканага же айрым инсан-

дарга карызы). Кредитордук карыз төмөндөгүлөргө ажыратылат: нормалдуу кредиторлук карыз, буга мөөнөттөрү боюнча тиешелүү документтер (актылар, келишимдер ж.б.) менен бышыкталган кредиторлук карыз кирет; мөөнөтүнөн өткөрүлүп жиберилген кредиторлук карыз – бул сатып алуучулар менен жеткирип-тапшыруучулардын ортосундагы иш-аракет эрежелеринин жеткилең болбогондугунун кесепетинен же ишканалардын өз төлөм милдеттенмелерин убагында аткарбагандыктан келип чыгышы мүмкүн. Кредиттик карыз ишканалардын убактылуу карызга алган каражат булактарынын бири болуп саналат. Доо коюу эскирип, мөөнөтү өтүп кетсе, ал бюджеттин кирешесине чегерилип калат.

КРИВАЯ СБЫТА – САТУУНУН ИЙРЕГИ. Баалардын деңгээли менен товардын көлөмүнүн ортосундагы математикалык көз карандылыктын графикалык чиймеси. Бул ийректин жардамы менен товарга туура келүүчү бааны тагыраак ылайыктап тандап алууга жана фирманын коммерциялык саясатын кыйла жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

КРИЗИС ФИНАНСОВЫЙ – ФИНАНСЫЛЫК КРИЗИС. Белгилүү бир өлкөнүн финансылык-кредиттик тутумунун олуттуу ыдырашы. Ал негизинен бюджеттин адатка айланып калган жетишсиздигинен, инфляциянын күчөшүнөн пайда болот.

КРИТЕРИЙ – КРИТЕРИЙ (англ. criterion – ойлонуунун негизи) – Кандайдыр бир нерсени классификациялоого негиз кылып алынуучу белги; ошол белгинин негизинде баалоо, тигил же бул кубулушту, буюмзатты аныктап белгилөө жүргүзүлөт; талкуулап-ойлонууну баалоо үчүн өлчөм болуп саналат. Оптималдуулук критерийи – мүмкүн болуучу альтернативаларды салыштырмалуу баалоо жана эң мыктысын тандап алуу үчүн кабыл алынуучу чечимдин, экономикалык натыйжанын жеткен чегин туюнтуучу сандык же катардык көрсөткүч. Экономикада, мисалы оптималдуулуктун критерийи эң арбын пайда, эң аз эмгек сарптоо, максатка жетүү убактылары ж.б. болушу мүмкүн. *Базардын* тигил же бул жиктелишин фирмалар (ишканалар, ишкерлер) үчүн тандап баалоо – жиктөө критерийинин өзөгүн түзөт. Ошону менен бирге мында критерий катарында жиктөөнүн сандык параметрлери, анын базар үчүн маанилүүлүгү жана колдон келерлиги, пайда алынышына, атаандаштыктан корголушуна ж.б. пайдаланылышы мүмкүн.

КРОСС-КУРС – КРОСС-КУРС – эки валютанын (тикелей жүргүзүлгөндөн айырмаланып) үчүнчү бир валюта аркылуу ишке ашырылуучу эсептешүү *курсу*. Бул валюта операция ишинде кеңири пайдаланылат жана экономикасы эң мыкты өнүккөн өлкөлөрдүн гана эмес, ошону менен бирге көз карандысыз шериктештиктеги мамлекеттердин да улуттук валюталарынын курстарындагы айырмалар менен байланыштуу болот.

КРОСС-ОПЕРАЦИЯ – КРОСС ОПЕРАЦИЯ – адатта кошумча ортомчунун, үчүнчү *контрагенттин* катышуусу менен кызыл кулактык *бүтүм* жасоо. Мындай операциялар, мисалы көз карандысыз мамлекеттер шериктештигиндеги өлкөлөрдүн валюталары менен жүргүзүлүп, алардын курстарынын долларга болгон катышынын айырмасына негизделет. Мисал катары төмөндөгүдөй схеманы келтирүүгө болот. Айталык Кыргыз Республикасынан сому кандайдыр бир башка өлкөгө которулат да, аларга жергиликтүү банктарда улуттук валюта сатылып алынат, ал өз кезегинде долларга айландырылып, соңунан аларды Кыргыз Республикасына которуп, ал долларлар көбүрөөк сомго сатыла баштайт.

КУПОН – КУПОН (фр. coupon - кесилме талон) – пайыз же *дивиденд* алууда баалуу кагаздардан кесилип алынып, тил кат (ишеним кат) ордуна бериле турган *баалуу кагаздардын* (облигациялардын, акциялардын) бир бөлүгү; ээсине кандайдыр бир товарды сатып алуу укугун берүүчү кесилме талон.

КУПЮРА – КУПЮРА (фр. couper деген сөздөн coupure – кесүү, чорт кесүү) – кагаз акчаларда, *банкноттордо, облигацияларда* ж.б. *баалуу кагаздарда* кунун билгизүүчү белги, бетине жазылуучу өздүк наркы, ошондой эле ушундай наркка ээ болгон акча белгиси (мисалы он сомдук купюра). Акчанын же баалуу кагаздын ар бир даанасынын жалпы аты.

КУРС ОБЛИГАЦИЙ – ОБЛИГАЦИЯЛАР КУРСУ. Мамлекеттик займдардын облигацияларын сатуу жана сатып алуу боюнча баа. Мамлекеттик зайымды чыгарып жаткан кезде өкмөт тарабынан убактылуу пайдаланылуучу белгилүү капиталды билдирүүчү облигацияларды күбөлөндүргөн облигациялардын номиналдык баасы аныкталып белгиленет. Бул сумма мамлекеттик карызга киргизилет да, төлөө учурунда облигацияларды кармагандарга төлөнүп берилет. Мамлекет, ошондой эле, банктарга жана анын бирикмелерине (чындыгында бардык учурда эмиссиялык баа номиналдыктан төмөн) облигация сатылган баа боюнча эмиссиялык курсту белгилейт; жыйынтыгында мамлекеттик зайымдарды жайгаштырган кезде мамлекет номиналдуу өлчөмүнөн азыраак сумманы алат.

"КУРС ФОРВАРД" – "ФОРВАРД КУРСУ". Төлөөнүн белгилүү бир мөөнөтү менен *форварддык* операция жүргүзүлүүчү курс.

КУРС ЦЕННЫХ БУМАГ – БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН КУРСУ – *баалуу кагаздарды* сатуудагы жана сатып алуудагы баа. Аларды алып-сатуу ошол кагаздар аркылуу келүүчү кирешени алуу укугунда сатуу маанисин билгизет. Ошондуктан баалуу кагаздардын курсу кирешенин көлөмүнө түздөн-түз байланыштуу болот. Баалуу кагаздардын курсун аныктоочу фактору катары, ошондой эле, ссудалык пайыздын деңгээли эсептелет.

КУРСОВАЯ ПОТЕРЯ – КУРСТУК ЖОГОТУУ (ЗЫЯНДАР). *Экспортчулар* менен *импортчулар*, чет өлкөдөгү капиталдын *инвестор-*

лорунда, сырткы экономикалык байланыштардын башка катышуучуларында пайда болгон *валюталык курстун* ыңгайсыз кыймылы менен байланышкан чыгашалар.

КУРСОВАЯ РАЗНИЦА – КУРСТУК АЙЫРМА – *улуттук валютанын* чет мамлекеттик валютага карата курсу өзгөргөндөгү айырманы түзүүчү сумма. Бул келишимди түзгөн учурдан баштап, ал боюнча төлөмдөрдү төлөгөнгө чейин пайда болоберет. Валюталык курстун өзгөрүүсү менен байланыштуу *экспортчуларда* жана *импортчуларда*, *чет элдик инвесторлордо* жана тышкы экономикалык иш-аракеттердин башка катышуучуларында келип чыккан зыян тартуулар курстук жоготуулардын негизин түзөт.

КУРСОВАЯ ЦЕНА – КУРСТУК БАА. Баалуу кагаздар же чет өлкө валютасы менен жасалган бүтүмдөр, соода баасы. *Баалуу кагаздардын* курстук баасы капиталдаштырылган кирешени билдирет, башкача айтканда ссудага берген кезде баалуу кагаз боюнча кирешесине барабар киреше алып келчү акчанын суммасына туура келет. Ошол өлкөнүн валютасы катары жүгүргөн чет өлкө валютасынын курстук баасы алтын барабардыгынын негизинде аныкталат. Инфляция болгон учурда валютанын баасы көбүнчө алтынга карата кагаз акчалардын баасынын түшүп кетүү даражасынан жана өлкөнүн инфляциялык валютасы менен төлөм балансынын абалынан болот.

КУРСОВОЙ БЮЛЛЕТЕНЬ ИНОСТРАННЫХ ТАБЛИЦ – ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ТАБЛИЦАЛАРДЫН КУРСТУК БЮЛЛЕТЕНИ. Тиешелүү күнгө же белгилүү бир убак үчүн (мисалы, ай) чет өлкөлүк валюталардын таблицасы. Азыркы учурда тигил же бул валюталардын курстары жөнүндө маалымат "Эркин тоо" "Слово Кыргызстана" ж.б. газеталарда басылып турат. Алар улуттук банк тарабынан даярдалат.

КУРТАЖ – КУРТАЖ (фр. courtage – кол кесер). Биржада өткөрүлгөн соода-сатыкта ортомчул, далдалчы болгон маклердин (брокердин) тапкан пайдасы, сыйлыгы, "кол кесери". Адатта бул түзүлгөн бүтүмдүн суммасына карата *промиллерлер* менен эсептелип, *маклерге* сатуучу да, сатып алуучу да өзүнчө төлөп берет. Куртаждын ставкалары баалуу кагаздардын жана товарлардын, ошондой эле куртаждык келишим-бүтүмдөрдүн категориясына жараша болот. Куртаждын өлчөмдөрү биржалардын уставдары тарабынан же болбосо биржалык бүтүм – соодага катышуучулардын жана маклерлердин ортосундагы келишим боюнча аныкталат.

КУРТЬЕ – КУРТЬЕ (фр. courtier) – маклер, агент, ортомчу; брокер синоними.

КУСТАРНОЕПРОИЗВОДСТВО – КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК – кол эмгегине негизделген жеке жана чакан өндүрүш.

КЭШ – КЭШ (англ. cash) – накта акча, банкнот жана монеталар түрүндөгү төлөмдөрдүн мыйзамдуу каражаты.

Л

ЛАГ – ЛАГ (англ. lag – кечигүү) – эки кубулуштун же себеп-натыйжа байланыш процессинин ортосундагы убакыт жагынан (убак лагы) үзүлүш. Бул бир кубулуштун башка кубулушка убакыт боюнча салыштырганда артта калышын же алдыга озуп кетишин көрсөткүч катары чагылдырат. Мисалы, каражаттарды тигил же бул ишке чегергенден тартып, алардын пайданы кайтарып алганга чейинки убакыт, капиталдык чыгым менен тиешелүү объектини ишке киргизүүнүн, илимий ачылыш менен аны жыйынтыгын практика жүзүндө пайдалануунун ортосундагы иш-аракетти убакыт боюнча анализдөө. *Кара. **Фактор времени – убакыт фактору.***

ЛАЖ – ЛАЖ (ит. aggio – көбөйүү, чоңоюу) – *ажио* терминининтүгөйү.

ЛЕССИ – ЛЕССИ. *Лизинг* боюнча мүлктү пайдаланууга кабыл алуучу, ишкер адам.

ЛЕССОР – ЛЕССОР. *Лизинг* учурунда пайдаланууга мүлкүн, буюмун берген адам, мекеме.

ЛИБЕРАЛИЗАЦИЯ ЦЕН – БААЛАРДЫ ЭРКИН КОЕ БЕРҮҮ. Жаңы баа саясатына, баа реформасына байланыштуу аларды ээн-эркин кое берүү, эркин бааны киргизүү.

ЛИДЕРСТВО – ЖОЛ БАШЧЫ (англ. leader – башчы, жетекчи), башкаруу максаттарына жетишүү үчүн айрым инсандарга же топторго таасир этүү жөндөмдүүлүгү, жетекчилик кылуу. Азыркы базар экономикасынын шартында өз ишинин устаты катары тиешелүү жетекчилик болбосо, анда *башкаруу функцияларын* ийкемдүү аткаруу мүмкүн эмес. Эгерде жетекчиликти акыл-калчап, рухий нукта жүргүзүүнүн натыйжасында кол алдында иштегендер тапшырылган ар кыл тапшырмаларды ак нээти менен аткарышып, тиешелүү маселелерди билгичтикте, сапаттуу чечишсе, анда мекеме же ишкананын иши илгерлеп бул өзүнчө процесске айланып, жыйынтыгында келип жетектеген инсандын башкаруучулук аброю жогорулайт. Башкаруучу өзүнө берилген укуктарынын жана милдеттеринин нугунда иш жүргүзүп уюмдун (ишкана, фирма ж.б.) башында турат. Жетекчилик кылуу элди өзүнө тарта билип иш жүргүзүү тажрыйбасы, мүмкүнчүлүгү болсо да, көбүнчө уюмдун тиешелүү аткара турган жумуштары ойдогудай ишке ашыруу кыйындап баратса, анда жетекчиге берилген укуктарды бир аз күчөтүүгө туура келиши мүмкүн. Жамаат мүчөлөрү көпчүлүк учурда өзүлөрүнүн *жетекчиси* ким

экендигин, эмнеге жөндөмдүү экендигин толук билишет, бирок аларга кимдин таасир көрсөтүп жаткандыгын дайыма эле жеткиликтүү андай бербейт. Мындан сырткары жетекчилердин иш-аракеттери кандайдыр бир калыпка салып койгондой укуктар, жоопкерчиликтер менен чектелбейт. Көп учурда жетекчи өзүнүн билим, иш тажрыйбасын кеңири пайдаланып, жамааттын өзгөчөлүгүн эске алуу менен башкарат. Жетекчи башкаруу ишинде түрдүү ыкмаларды, болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланат. Буларга өтүнүү, кеңешүүдөн тартып кызыктыруу, кээде опузалоого чейинки ыкмаларды кошууга болот. Өз жетекчилигинин аброюн калыптандыруу жана кыйла таасирдүүлүгүнө жетишүү үчүн жетекчи жол башчылык өнөрдү үзгүлтүксүз өздөштүрүп, иш жүзүндө бийлик нугунда пайдалануу зарылчылыгы келип чыгат. Далайдан бери *менеджмент* ишин өнүктүрүү боюнча иштеп жаткан, экономикасы мыкты өнүккөн чет өлкөнүн адистери (мисалы, М. Мескон, М. Альберт, Ф. Хадуори) жетекчиликтин маңызын үч негизги бөлүккө ажыратып карашат: инсандын жеке сапаттары; жүрүм-туруму; жагдайлуулугу (ситуациялык). Жол башчылыктын инсандык теориясына ылайык (аны кээде улуу адамдардын теориясы деп аташат) жетекчилердин ичинен эң мыктылары жеке инсандык сапаты аркылуу белгилүү бир жалпыланган жыйындыга ээ болушат. Буларга эң алды менен алардын мырзалык көрөңгөсү, билим деңгээли, адамдык жүзү, адилдиги, акыйкатчылыгы, ак ниеттүүлүгү, демилгелүүлүгү, жоопкерчиликтүүлүгү, ишкердик шыгы, тажрыйбасы, өзүнө ишенимдүүлүгүнүн артылышы сыяктуу сапаттарды кошууга болот. Эгерде бул саналып өткөн сапаттар бирине экинчиси шайкеш келип, адамдар аларды үйрөнүп өзүлөрүн тарбияласа, талыкпай аракет кылса, анда алардын көпчүлүгү эң сонун жетекчи болуп чыкмак. Ушундай жеке инсандык касиеттердин бир катар үлгүлөрүнө ээ болуу менен эле тигил же бул инсан телегейи-тегиз жетекчи боло албайт. Бирок мындай инсандык сапат жыйындысы бардык эле иштеп жаткан жетекчилерде боло бербейт. Көпчүлүк убакта алардын иштеринин натыйжалуулугу жагдайлуулук (ситуациялык) нукка ыктайт, анткени ар кандай жагдайда түрдүүчө жөндөмдүүлүк жана сапат талап кылынат. Жүрүм-турум мамилеси нугунан алып караганда жетекчиликтин натыйжалуулугу жеке сапаттарынан эле эмес, эң алды менен карамагындагыларга жасаган анын чыгармачылык ыкмасы, б.а. *жетекчилик стили* жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Бирок жеке инсандык касиеттери да, жүрүм-турум мамилеси да жетекчинин инсандык жеке касиеттери менен жүрүм-турумдарынын логикалык катыштарын (бул биринчи жактан) жана анын ишинин үзүрлүүлүгүн (бул экинчи жактан)

ача албайт. Чындыгында мындай касиеттер жетекчилик үчүн анчалык маанилүү эмес дегендикке жатпайт, тескерисинче, ийгиликтин олуттуу бөлүгү болуп саналат. Ошону менен бирге жетекчи ар кандай жагдайда өзүн алып жүрүүнү, ийкемдүүлүктүн зарылчылыгын сезе билүүсү олуттуу маселе болуп эсептелет.

ЛИЗИНГ – ЛИЗИНГ (англ. leasing – ижарага алуу) – *юридикалык же жеке жактын* түрдүү эмгек каражаттарын өзүнүн менчигине алып пайдалануусу; узак убакыт пайдалануу үчүн товарларды кредиттөөнүн бир түрү. Иш жүзүндө ал пайда алуу үчүн менчигинде машиналардын, жабдуулардын ж.б. мүлктүн болушу милдеттүү түрдө эместигин, эң ириде аларды билгичтикте пайдалануу аркылуу кирешени мол алуу укугуна ээ болуу экендигин ырастайт. Анын ижарадан негизги айырмачылыгына төмөндөгүлөр таандык: анын иш-аракетин үч тарап, тагыраак айтканда лизингге мүлктү берүүнү лизинг берүүчү эмес, атайын *лизинг компаниясы* ишке ашырат, тиешелүү тараптардын өз ара катыштары сатып алуу-сатуу келишимдин шарттарында атайын жайда машиналарды жана жабдууларды техникалык тейлөөнү жана капиталдык ремонтту кардар (лизинг алуучу) өзүнүн менчик каражаттарынын эсебинен жүргүзөрү сүйлөшүлөт; келишимде ошондой эле лизинг алуучу ижараланууучу каражаттарды сатып алуу үчүн лизинг-алуучунун тандоосу алдын ала каралат. Лизингдин *оперативдүү* (кыска мөөнөттүү), *финансылык* (узак мөөнөттүү), *кыймылсыз мүлктөр, эл аралык* ж.б. сыяктуу бир нече түрү бар. Лизинг башка бир катар белгилери, мисалы, менчик катыштарынын (топтук, жеке менчик ж.б.) жагдайы лизинг операциясы ишке ашырылуучу базар (түздөнтүз жана кыйыр, транзиттик, экспорттук ж.б.) боюнча классификацияланат.

ЛИЗИНГ МЕЖДУНАРОДНЫЙ – ЭЛ АРАЛЫК ЛИЗИНГ – ар кандай өлкөлөрдө жайгашкан тигил же бул тараптардын лизинг келишими же алар бир өлкөдө эле болушса, бирок башка өлкөнүн материалдык байлыктарын пайдаланышкан учурдагы тараптардын ортосунда түзүлгөн келишим. Узак мөөнөткө пайдалануу үчүн товарларды *экспорттоону* кредиттөөнүн бир түрү. Машиналарды жана жабдууларды, курал-шаймандарды, транспорттук ж.б. каражаттарды экспорт (*импорт*) жасоонун ижаралык формасы. Мында эки тарап тең экономикалык жактан утушка ээ болот. Мында лизинг-алуучу, бир кыйла баштапкы салым жумшабай эле кымбат, өзүнө керектүү каражаттарды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн алат да *ижарага* төлөмдөрдү аларды ишке чегерүүдөн түшкөн пайданын эсебинен шашпай төлөөгө мүмкүнчүлүк алат, ал эми лицензия берүүчү (ижарага берүүчү) болсо заказчынын төлөм жөндөмсүздүгүнө байланыштуу тобокелчиликти

салыштырмалуу төмөндөтүү менен сатууну кеңейтүүгө шарт түзөт. Эл аралык лизинг илимий-техникалык, инвестициялык жана техниканы ишке киргизүү, аны кеңири жайылтуу иш-аракеттеринин чөйрөсүндө кеңири өнүгүп жатат.

ЛИЗИНГ НЕДВИЖИМОСТИ – КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛК ЛИЗИНГИ – бүтүндөй объектилерди (имараттар, жасалгалар ж.б.) ижарага берүүгө ылайыктуу болуучу *лизинг*. Булар адатта узак мезгилге (15–20 жылга) берилип, убактысы бүткөндөн кийин, алар лизинг-алуучуларга өткөрүлүп берилет же макулдашылган келишим аркылуу сатылышы да мүмкүн.

ЛИЗИНГ ОПЕРАТИВНЫЙ – ОПЕРАТИВДҮҮ ЛИЗИНГ – мөөнөттүү ижаралык келишим. Мындай учурда *менчик* укугу ижарага берүүчүдө калат. Ошентип келишимдин шарттары ижарага алгандардын жекече талаптарын канааттандыруу үчүн түзүлөт да, алар тейлөөнү, камсыздандырууну, ошондой эле башка тейлөөлөрдү, анын ичинде жабдууларды алмаштырууну кошушу мүмкүн. *Лизинг* келишиминин мөөнөтү толук амортизациялануучу убактысынан кыскараак болот да, *мүлктү* сатып алуу каралбайт. Андыктан мөөнөтү бүткөндөн кийин лизинг берүүчүгө мүлк кайтарылып берилет, соңунан аны башка кардарга кайрадан лизингге бериши же сатып жибериши ыктымал. Күндөлүк нуктагы ижара машиналардын мыкты технологиялык паркын пайдаланууда кыйла ыңгайлуу болот. Мында анын амортизацияланган бөлүктөрүн чегерүү боюнча чыгымдарын ижарага алуучу өзүнүн эсебинен чыгарып салат.

ЛИЗИНГ ФИНАНСОВЫЙ – ФИНАНСЫЛЫК ЛИЗИНГ – *ижара* тиби жөнүндөгү келишим. Бул келишимге ылайык лизинг алуучу лизинг компаниясына келишимдин иш-аракеттеги убакыт мезгилинде амортизациянын толук наркына барабар сумманы жана жабдууларды пайдалануудан түшкөн пайданын тийиштүү үлүштөрүн төлөп берет да, келишимдин иш-аракети бүткөндөн кийинки калган наркы боюнча сатып алуу, кайтарып берүү же келишимди узартуу укугуна ээ болот. *Лизингдин* бул формасында мүлктү пайдаланууга берүү амортизациялоонун толук же ошого жакыныраак мөөнөтүнөн кийин сатып алуу жолу менен ишке ашырылат да, ээлик кылууну иш жүзүндө (ремонт, тейлөө, камсыздандыруу ж.б.) ижарачы аркылуу жүргүзүшөт. Лизинг боюнча чыгымдарга жабдуулардын наркынын бир бөлүгү (амортизацияга), *кредит* үчүн пайыздар, камсыздандыруу жана лизинг берүүчүнүн товардын өздүк наркына чегерилүүчү башка чыгымдары кирет. Мында төлөп кайта алуу наркы (калдыктык, ж.б.) өздүк наркка кирбейт. Бул учурда амортизация лизинг-алуучунун чыгымдарына кошулат. Ижаранын шартында анын баштапкы мөөнөтүн так көрсөтүү олуттуу мааниге ээ болот. Анткени ошол өткөөл мөөнөт аралыгында сатып алуу баасынын бир кыйла бөлүгү төлөнүп калат (мисалы, 90 %) жана ижаралык төлөмдөрдүн элементтери, тагыраак айтканда капиталдык чыгымдар (амортизациялык чегерүүлөр) жана пайыздар так аныкталышы керек. Ошол тиешелүү учуру өткөндөн кийин алардагы төлөмдөрдү бир кыйла төмөндөтүү, ижарачыга болсо мүлктү сатып алууга мүмкүндүк берүү сыяктуу иштер жасалат.

ЛИКВИДАЦИОННАЯ СТОИМОСТЬ – ЖОЮУ НАРКЫ – *негизги фондулардын* объектилери *жоюлгандан* кийин калган жарактуу курулуш материалдарын, айрым тетиктерди, металл калдыктарын ж.б. сатуудан түшкөн акча каражаты.

ЛИКВИДАЦИОННЫЙ БАЛАНС – ЖОЮЛУУЧУ БАЛАНС. *Юридикалык жак* катары иштеши токтотулган учурга карата жоюлуучу ишкананын мүлк абалын айгинелөөчү отчеттук баланс. Жоюлуу убактысы аяктагандан кийин, ал ишкананын көлөм, каражат булактары жана эсеп-кысабынын абалы толук көрсөтүлөт. Жоюу убагында анын *дебитордук карызы* төлөтүлөт жана өзүнүн *кредиторлор* менен *банктарга* тиешелүү карыздарын төлөшү керек.

ЛИКВИДАЦИЯ – ЖОЮЛУУ, ЖОК КЫЛУУ (фр. liquidation) – ишканалардын (мекемелердин, фирмалардын ж.б.) иш-аракеттеринин токтотулушу; кандайдыр бир нерсени, мисалы *негизги фондуларды* жок кылуу; кандайдыр бир бүтүмгө биротоло жасалуучу эсеп-кысап, мурда сатылып алынган биржалык *контракты* сатуу.

ЛИКВИДАЦИЯ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУНУ ЖОК КЫЛУУ – эскирип-тозушуна жана белгиленген иштетүү мөөнөтүнүн аяктагандыгына, андан ары пайдалануунун жараксыз болуп калгандыгына байланыштуу *ишкананын (бирикме, фирма, компания* ж.б.) *балансынан негизги фондуларды* алып таштап эсептен чыгарып жабып салуу. *Бухгалтердик баланстагы* турган негизги фондуну эсептен чыгарууга түрдүү кырсыктардын (өрт, суу ташкыны ж.б.) кесепетинен улам жок кылууга дуушар болгон, моралдык эскирген жана конструкциялык жагынан жеткилең эмес машиналар жана жабдуулар, эгерде аларды жумушка чегерүү жөндөмдүүлүгүн жоготкон болсо, иштетүүгө жана калыбына келтирүүгө техникалык жактан мүмкүн болбой калган же экономикалык жактан көздөгөн максатты актабаган, ошондой эле эскирип-чалдыбары чыккан имараттар, курулуштар же курулуп жаткан учурда кайрадан бузууга туура келүүчү объектилер кирет. Буларды жок кылуу жана эсептен чыгаруу иш-аракетинин тартиби атайын даярдалган жоболордун жана *инструкциялардын (нускамалар-*

дын) негизинде ишке ашырылат. Негизги фондуларды жок кылуудан түшүүчү финансылык натыйжалар алардын калдык наркынын суммасы жана сатылуучу материалдардын (метал калдыгы, запас бөлүктөрү ж.б.) наркын эсептен чыгаруу менен демонтаж (бөлүктөргө ажыратып бузуу), бөлчөктөп ажыратуу боюнча чыгымдардын суммасы аркылуу белгиленет.

ЛИКВИДНОСТЬ – ӨТҮМДҮҮЛҮК (лат. liquidus – суюк, агуучу) – *пассив* боюнча милдеттенмени төлөө үчүн *активдин (банктын,* ишкананын *бугалтердик балансынын* ж.б.) статьяларын акчага айландыруу мүмкүнчүлүгү. Бул өткөрүүнүн, сатуунун, материалдык баалуулуктардын накта акчага айландыруунун оңтойлуулукмасы. Бул ишкананын жана кредиттик мекемелердин финансылык абалынын маанилүү көрсөткүчү катары кызмат кылат. Анын көрсөткүчтөрүнүн бири катары акча каражаттарынын жана тез өтүп кетүүчү активдердин жана милдеттенмелердин суммасына карата катышы болуп саналат. *Дебитордук карыздын* болушу, финансы-чарбалык иш-аракеттердин натыйжалуулугунун төмөндүгү, клиенттерге (кардарларга) карата милдеттенмелердин ыдырашы, *айланым каражаттардын айланымдуулугунун* жайлап калышы, сатылуучу товарлардын запастарынын топтолушу өтүмдүүлүктүн камсыз кылынбашынын башкы себептерин түзөт. Базар экономикасынын шартында коммерциялык банктардын жана финансылык-кредиттик мекемелердин өтүмдүүлүгү өзгөчө мааниге ээ болот. Өтүмдүүлүктүн кыймылына накта акчанын агылып келиши жана аларды төлөө, кандай убакта болбосун накта акча каражаттарынын болуп турушу кирет. Ишкананын базардагы, тышкы-экономикалык ж.б. иш-аракеттеринин чечүүчү абалы колдогу накта акчалардын жүгүртүлүшүнүн көрсөткүчү боюнча аныкталат. Эгерде колдогу акча кыймылынын көрсөткүчү чийки заттын жана материалдын тийиштүү запастарын, запастык бөлүктөрдү жана даяр буюмдарды сатып алууга жана кармап турууга өзүнүн кредиттик мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүүгө шарты жок болсо, финансылык кыйынчылыктын айынан өнүгүү программасын ишке ашыруу колунан келбей калса, анда ал ишкананын пайда үлүшү болор-болбос эле болуп калат. Мындай учурда ишкана банкротко дуушар болушу мүмкүн. Ошондуктан *өтүмдүү каражаттар* нугунда туруктуу абалды бекемдөө үчүн келечектеги чарбалык иш-аракеттерди өркүндөтүү зарылчылыгы келип чыгат.

ЛИКВИДНЫЕ СРЕДСТВА – ӨТҮМДҮҮ КАРАЖАТТАР – карыздык милдеттенмелерди төлөп жабуу үчүн пайдалануга мүмкүн болуучу акча каражаттары, ж.б. *активдер.* Алардын тиешелүүлүгүнө карата *банктын,* фирманын (ишкананын ж.б.) жана мамлекеттик

өтүмдүүлүк каражаттарына ажыратылат.

ЛИКВИДНЫЙ РЫНОК – ӨТҮМДҮҮ БАЗАР. Эч кандай чек коюусуз соода-сатык жүргүзүлгөн базар.

ЛИМИТ – ЛИМИТ (лат. limes дегенинен, фр. limite – чек ара, чек) – кандай гана болбосун бир нерсенин чегине жеткен саны, нормасы. Мисалы, ресурстардын конкреттүү түрүнүн чыгымдалуу нормасынын чеги. Базар мамилелери мыкты өнүккөн чет элдик тажрыйбада бул термин *жоопкерчилиги чектелген чарбалык шериктештикти* белгилөө үчүн да пайдаланылат.

ЛИНИЯ БЮДЖЕТНЫХ ОГРАНИЧЕНИЙ – БЮДЖЕТТИК ЧЕКТӨӨЛӨР СЫЗЫГЫ – керектөөчүлүк тандоо теориясында керектөөчүнүн эки товардан тигинисин же мунусун алууга артыкчылыкты жана мүмкүнчүлүктү сүрөттөөчү графиктеги сызык. Ушул сызыктагы чекит сатып алуучунун акча каражаттарынын чектелгендиги менен шартталган чектик мүмкүнчүлүктү мүнөздөйт.

ЛИСТИНГ – ЛИСТИНГ (англ. list – тизме) – *фондулук биржага* соодалоо үчүн *баалуу кагаздарды* чыгаруунун эрежеси; электрондук эсептөө машинасынан алынган программаларды иштетүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү тамга шифрлик информация. Листинг катары ошондой эле программанын кагазга басылган текстин жана аны басып чыгарууну дагы атайт.

ЛИЦЕНЗИАР – ЛИЦЕНЗИАР (лат. licentiar, англ. licensee – *лицензия, патент* алуучу инсан) – *лицензиялык келишим* тараптарынын бири; лицензиянын, ойлоп чыгаруунун, патенттин, өндүрүштүк билимдин, тажрыйбанын ж.б. менчик ээси (*жеке* же *юридикалык жак*); өзүнүн *контрагентине* пайдалануга белгилүү чектерде укук берип пайдалангандыгы үчүн акы алуучу жеке же юридикалык жак.

ЛИЦЕНЗИАТ – ЛИЦЕНЗИАТ (лат. licentiot, англ. licentiate – *лицензия, патент* алуучу тарап) – *лицензиялык келишим* тараптарынын бири, лицензияны сатып алуучу катарында чыгуучу *жеке* же *юридикалык жак,* тагыраак айтканда белгилүү бир өлчөмдөгү төлөм аркылуу белгилүү мөөнөткө өнөр жайлык жана коммерциялык ойлоп чыгарууну, өндүрүштүк билим *("ноу-хау")* ж.б. патентти пайдалануга укук алуучулар.

ЛИЦЕНЗИОННАЯ ТОРГОВЛЯ – ЛИЦЕНЗИЯЛЫК СООДА – ойлоп чыгарууга, *"ноу-хау"* ж.б. патенттери, *лицензиялары* бар тышкы-экономикалык *бүтүмдөрдү* камтуучу технология менен эл аралык соода жасоонун бир түрү. Патентти, лицензияны "ноу-хау" ж.б. белгилүү өлчөмдөгү акысын алып, тиешелүү чекте пайдалануу укугун берүү. *Лицензиялык келишим* менен тузурумдалат. Буга окшогон бүтүмдөр сатуучу (лицензиар),

ошондой эле сатып алуучу (лицензиат) үчүн да ыңгайлуу болушу мүмкүн. Мисалы, сатып алуучу товардын бул түрүн даярдоо үчүн зарыл тетиктерди (запас бөлүктөрүн ж.б.) сатуучудан гана алууга милдеттенме алат. Ушундай шартта сатып алуучу да лицензия алып белгилүү бир пайда табат, башкача айтканда көп учурларда лицензияны сатып алуу менчик илимий же тажрыйба-конструктордук иштеп чыгууларына караганда арзаныраак болот. Анын үстүнө убакыт да бир кыйла үнөмдөлөт, бул өз кезегинде *атаандаштыкта* оңой-олтоң иш болуп саналбайт. Ошону менен бирге лицензияны сатууда чекаралары гана эмес, пайдалануу көлөмү да чектелет. Ал эми сатып алуучу, адатта лицензия боюнча чыгарылуучу продукциянын сапатына жоопкерчиликтүү болуп, көпчүлүк учурларда сатуучуга төлөнүүчү төлөмдү, түрдүү нерселерди керектөөдөн түшкөн пайдага (чыгашага) карабай, мурда макулдашылган өлчөмдө төлөп берет. *Кара. **Лицензия внешнеэкономическая – тышкы-экономикалык лицензия.***

ЛИЦЕНЗИОННОЕ СОГЛАШЕНИЕ – ЛИЦЕНЗИЯЛЫК КЕЛИШИМ-ШАРТ – лицензияны, *"ноу-хау", товардык белгини*, илимий-техникалык билимди жана технологияны белгилүү чектердин деңгээлдеринде пайдалануу укугун берүү жөнүндөгү *келишим*. Анда сатуучу ойлоп чыгарууларды (*патентти* ж.б.) толук, мыкты түрүндө же жөнөкөй лицензияны пайдалануу укугун башка тарапка (*сатып алуучуга*) берүүгө милдеттенет, ал эми *сатып алуучу* болсо өз кезегинде бул жаңылыкты пайдалануга жана сатуучуга келишим шартына ылайык төлөмдөрдү төлөө милдетин өзүнө алат. Келишимде сатып алуучу ойлоп чыгарууларды, ошонун ичинде "ноу-хау" пайдалануусуна байланыштуу иштерди аткаруу жана тейлөө көрсөтүү боюнча сатуучунун тиешелүү милдети алдын ала каралышы мүмкүн. Ошондой эле сатып алуучунун комплектөөчү тетиктерди, чийки затты, жабдууну сатуучудан алуу милдеттенмеси, өндүрүш продукцияларына баанын өлчөмүн белгилөө сыяктуу шарттары камтылат. Лицензиялык келишим боюнча төлөмдүн өлчөмү коммерциялык объектини пайдалануу келишиминин жыйынтыгына карата белгиленет же мурдатан макулдашылган ченем боюнча төлөнөт. Мында биринчи жагдайда продукциялардын сатылган суммасынан, өндүрүүнүн көлөмүнөн, же дагы бир башка өлчөмдөрдөн алынуучу мезгилдүү пайыз же күндөлүк чегерүү болушу мүмкүн. Ал эми экинчи жагдайда болсо бир жолу же бөлүп-бөлүп төлөнүүчү *сыйакы өлчөмү* белгиленет. Келишимде адатта сатуучунун жаңылык, натыйжалуулук жана келишимдегилерди каалашынча пайдалануу мүмкүнчүлүгү боюнча жоопкерчилиги алдын ала каралат да, *сатып алуучу* болсо, анын пайдаланылышын

камсыз кылууга тийиштүү стандарттарды сактоого, сатуучуга өзгөрүүлөр, андан аркы өркүндөтүүлөр жөнүндө акы албай (төлөмсүз) маалымат берип турууга милдеттенет.

ЛИЦЕНЗИЯ – ЛИЦЕНЗИЯ (лат. licentia, англ. licence – укук, уруксат берүү) – соода-сатык иш-аракеттерин белгилүү бир чөйрөдө, көлөмдө жана мөөнөттө ишке ашырууга мамлекеттик органдардын уруксаты, *юридикалык* же *жеке жактын* тейлөө кызматына төлөп берген акысы үчүн башка юридикалык же жеке жакка патент аркылуу корголгон ойлоп чыгарууну, ошондой эле технологияны, техникалык билимди, тажрыйбаны, өндүрүштүк жашырын сырларды, соода маркаларын ж.б. пайдалануу берген уруксаты (келишими). Жогоруда белгиленгендердин кийинкисинде лицензия предметтерин берүүсү *лицензиялык келишим* менен тузурумдалып, лицензиарга эч кандай кошумча чыгымсыз эле киреше алып келет жана илимий-техникалык иликтөө жумуштарына кеткен чыгымдар төлөнөт. *Лицензиат* үчүн лицензияны алуу буга тийешелүү жумуштарды өзүлөрүнүн күчтөрү жана каражаттары менен аткарууга караганда бир кыйла арзан болушу ыктымал. Лицензия төмөндөгүдөй үч түргө ажырайт: **жөнөкөй лицензия**, мында ойлоп чыгарууларды, техникалык билимди ж.б. пайдалануга лицензиардын өзүнө укук берилет, же ушуга окшогон лицензияларды башка кызыккан инсандарга берүүгө укуктуу болот; **өзгөчө лицензия**, мында белгилүү бир аймакта технологияны (ойлоп чыгаруу ж.б.) пайдалануга лицензиатка монополиялык укук берүү алдын ала каралат, ошону менен бирге лицензиар лицензияны өз алдынча пайдалануудан жана аны тиешелүү аймакта сатуудан баш тартат (кээде лицензиар лицензиатка өткөрүп бербей калган лицензияны пайдалануу укугун өзүнө ыйгарып калышы ыктымал); **толук лицензия**, мында болсо лицензиялык келишим иш-аракетинин бүт мөөнөтүндөгү лицензия предметинин нугунан келип чыгуучу мүлктүк бардык укук лицензиатка өтөт. Өзгөчө лицензия лицензиаттын укугун чектөө менен жүргүзүлсө, анда муну **чектелген өзгөчө лицензия** деп аташат. "Ноу-хау" катышпастан эле тиешелүү патентти берүүгө болуучу лицензия **патенттик лицензия**, ал эми ойлоп чыгарууга патенти жок "ноу-хау"ну пайдалануга кеңири таралган лицензияны **патентсиз лицензия** деп аташат. Алардын саны адатта инвестициялык шериктештикте жана жаңы техниканын, технологиянын долборлорун сатууда өсөт. Лицензия термини кандайдыр бир иш-аракеттерге киришүүгө (имарат курууга, пайдалуу кендерди өздөштүрүүгө ж.б.), аңчылык кылууга уруксат берүүчү документ катары да колдонулат.

ЛИЦЕНЗИЯ ВНЕШНЕЭКОНОМИЧЕСКАЯ – ТЫШКЫ-

ЭКОНОМИКАЛЫК ЛИЦЕНЗИЯ – эркин ташып чыгууга, ташып келүүгө жана транзитке жол берилбеген товарлардын белгилүү өлчөмүн чет өлкөгө ташып чыгууга, чет өлкөдөн ташып келүүгө же транзит жасоого мамлекеттик органдан алынуучу атайын уруксат. Бул мамлекеттик компетенттүү органдар тарабынан берилет жана товардын экспорт, импорт жасалышын, чет өлкөлүк валюталардын сарпталышын мамлекеттик көзөмөлдөөнүн бир түрү болуп саналат. Тышкы-экономикалык лицензиянын курамдык элементи катары алдын ала каралган мезгил ичиндеги убакыт аралыгында белгилүү сандагы жана нарктык *квота* чегинде бир катар товарды четтен ташып келүүгө жана четке ташып чыгууга борбордоштурулган көзөмөлчүлүктү белгилөөнү камтыйт. Тышкы-экономикалык лицензия ич ара төмөндөгүдөй экиге ажырайт: **генералдык**, адатта товарларды экспорт жана импорт жасоого бир жылга чейинки мөөнөткө берилүүчү уруксат, **бир жолку**, мында болсо тышкы-экономикалык байланыштардын катышуучуларына ар бир операция боюнча экспорт жана импорт жасоого зарыл мөөнөткө өзүнчө бөлөк (бир жылдан ашык эмес) уруксат берүү. Билдирүү жасаган инсандын келтирген далили боюнча тышкы-экономикалык лицензиянын мөөнөтү узартылышы мүмкүн. **Лицензиялоо жөнүндөгү талаптар** – расмий мекемелер тарабынан *юридикалык* же *жеке жактын* өтүнүчү боюнча товарды четтен ташып алып келүү же четке ташып чыгарууга берилүүчү уруксат – тышкы-экономикалык иштерге катышуучулардын бардыгы үчүн милдеттүү түрдө керек болуп эсептелет. Лицензиялоо бардык товарга же кээ бир товарга белгиленип жана ал бардык же айрым өлкөлөр менен болуучу соода-сатыкка жайылтылышы мүмкүн.

ЛИЧНЫЕ ПОТРЕБИТЕЛЬСКИЕ РАСХОДЫ – ЖЕКЕЧЕ КЕРЕКТӨӨ ЧЫГЫМДАРЫ – узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү пайдалануучу товарларды жана тейлөөлөрдү керектөөгө кеткен үй чарбасынын чыгымдары.

ЛИЧНЫЙ ДОХОД – ЖЕКЕ КИРЕШЕ – жеке адамдар тарабынан алынуучу каражаттардын жана материалдык байлыктардын жыйындысы. Буга жеке адамдар тарабынан негизги, ошондой эле кошумча жумуштарда иштеп тапкан бардык каражаттар, ишкердиктен түшкөн киреше, баалуу кагаз салымдар, депозиттер ж.б. боюнча табылган кирешелер кирет.

ЛИЧНЫЙ РАСПОЛАГАЕМЫЙ ДОХОД – ЖЕКЕ КОЛДОГУ КИРЕШЕ – салыктарды эсептен чыгыргандан кийинки кызматкерлердин колунда калган жеке кирешенин бөлүгү.

ЛИЧНЫЙ СЕКРЕТНЫЙ КЛЮЧ – ӨЗДҮК ЖАШЫРУУН АЧКЫЧ – Бул сандардын жана

белгилердин ырааттуулугу, анын жардамы менен белгилүү бир адамдын электрондук цифралык кол тамгасын түзүү иш-чаралары жүргүзүлөт. Өздүк жашыруун ачкыч *смарт-карттын* сезиминде купуя сакталат жана аны окууга мүмкүн эмес.

ЛОГОТИП – ЛОГОТИП (грек. logos – сөз жана typos – наар, эн, түшүрүлгөн з) –фирманын же уюмдун өзүнүн *товарын* (продукцияларын, буюмдарын) белгилөө үчүн пайдалануучу товардык белгиси. Логотип товар өндүрүүчүнүн кызыкчылыгын так жана айкын чагылдырууга тийиш.

ЛОКО – ЛОКО (ит. loco – бүтүм шарты) – сатуучу товар үчүн белгилеген баага, товардын андан аркы ташылышына байланыштуу эсептөөлөр кошулбайт деген шарттуу бүтүмдү билдирүүчү коммерциялык термин; чет элдик валюталарды же баалуу кагаздарды сатып алуу-сатуу бүтүмү. Мында бүтүм кайсы *биржада* түзүлсө эсептешүү ошол жерде накталай акча менен жүргүзүлөт.

ЛОМБАРД – КҮРӨӨКАНА (ЛОМБАРД) – кыймылдуу мүлктү күрөөгө койдуруп *ссудаларды* берүү менен иш алып баруучу кредиттик мекеме. Күрөөгө коюлуп, оңой сатылуучу кыймылдуу мүлктүн кыска мөөнөттүү кредити ломбарддык кредит деп аталат. Эгерде кредит мөөнөтүндө төлөнүп жабылбаса менчиктик укук кредитчиге өтөт да, ал мүлктү соодалап, түшкөн акчадан берген карызын пайызы менен бирге кармап калат. Күрөөгө көбүнчө *биржада* белгиленүүчү баалуу кагаздар кабыл алынат. Мүлктү, баалуу кагаздарды, товарларды күрөөгө коюп, ссуда алуу ломбард операциясынын өзөгүн түзөт. Кредиттин өлчөмү адатта күрөөгө коюлуучу баалуулуктардын наркынан азыраак болот. Буюмдар сакталуучу жай (имараты) да ломбард деп аталат.

ЛОМБАРДНЫЕ ОПЕРАЦИИ – КҮРӨӨКАНАЛЫК (ЛОМБАРДДЫК) ОПЕРАЦИЯЛАР – кыймылдуу мүлктү күрөөгө коюунун негизинде ссуда (карыз) берүүдө келип чыгуучу операциялар.

ЛОРО – ЛОРО (ит. Loro Conto – алардын эсеп-чоту) – банктын өзүнүн банк корреспондентине ачуучу эсеп-чоту. Мында бул банктын тапшырмасы боюнча жүргүзүлүүчү операциялар толугу менен чагылдырылат.

ЛОТ – ЛОТ (англ. lot – чүчү кулак, үлүш, масса) – мурда макулдашылган саны жана сапаты боюнча *товардын тобу, биржадагы келишим*, бир бүтүн нерсе катары сатууга сунуш кылынуучу товарлардын ар кандай тобу; кемеден суунун терендигин ченөө үчүн аспап; келишим боюнча сатылуучу же жеткирилип-тапшыруучу товардын тобу, анын жалпы санынын белгилүү үлүшү. Аукциондук соодада сатууга сунуш кылынуучу товар сапаты боюнча бир же бир нече жыйнактардан турган лоталарга бө-

лүнөт. Аукциондук лотага адатта белгилүү катар номер коюлат да, ар бир лотага сооданын жүрүшүндөгү өзүнүн аукциондук баасы белгиленет. Толук лот товардын, баалуу кагаздардын тобунун саны боюнча аныкталат. Мисалы 100 акция. Ал эми толук эмес лот толук лотадан бирдик саны боюнча айырмаланган топ болуп эсептелет.

М

МАГНИТНАЯ КАРТА – МАГНИТТИК КАРТ – Маалыматты алып жүрүүчү болуп, магниттик тилке саналган карт.

МАКЛЕР – МАКЛЕР (нем. Macler – далдалчы) – *товарларды, баалуу кагаздарды, камсыздандыруучу* ж.б. сатып алуу-сатуу чөйрөсүндө ортомчулук менен кесип кылган инсан; контрактарды өзүнүн эсебинен сатып алуучу жана сатуучу биржалык *ортомчу* (кадимки брокерден айырмаланып кардарлар үчүн бүтүм түзөт). *Биржа* кызматкерлерин, ошондой эле товардык жайларда соода-сатыкты алып баруучу жана бүтүмдөрдү түзүүгө карай брокерлердин оозеки макулдашып-келишүүлөрүн жөнгө салып туруучулар биржалык маклер деп аталат. *Кара. Дилер, Джоббер.*

МАКЛЕР ВЕКСЕЛЬНЫЙ – ВЕКСЕЛЬ МАКЛЕРИ (ДАЛДАЛЧЫСЫ) – эсеп-кысап мекемелери ишке ашыруучу операцияларына окшош операцияларды жүргүзүү, тагыраак айтканда котормо векселдерди сатып алуу жана сатуу. Мындай маклер ошондой эле ортомчу катарында аракет жасашы да мүмкүн.

МАКРОМАРКЕТИНГ – МАКРОМАРКЕТИНГ – жалпысынан алганда *базар* процесстерин изилдөөгө негизделген *маркетинг* нугунда уюштуруунун жана башкаруунун комплекстүү тутуму. *Кара. Микромаркетинг.*

МАКРОСРЕДА – МАКРОЧӨЙРӨ – уюмдардын (ишкананын, фирманын, компаниянын) иш-аракеттерине бир кыйла таасир көрсөтүүчү демографиялык, экономикалык, табигый, экологиялык, илимий- техникалык, маданий ж.б. факторлордун жыйындысы.

МАКРОЭКОНОМИКА – МАКРОЭКОНОМИКА (гр. macros – чоң жана экономика) –экономиканы бүтүндөй камтыган, ошондой эле чарбасына, бизнесине ж.б. тиешелүү ири масштабдуу экономикалык кубулуштарды жана процесстерди иликтөөчү экономика илимдеринин олуттуу бөлүгү. Макроэкономиканын обьектиси катары улуттук

байлык, улуттук дүң жана ички дүң продукту, улуттук киреше, жалпы мамлекеттик жана жеке менчиктүү инвестициялары, жүгүртүлүүдөгү акчалардын жалпы саны сыяктуу жыйнакталган жалпылоочу көрсөткүчтөр болуп саналат. Ошону менен бирге макроэкономика өлкө боюнча орточо экономикалык көрсөткүчтөрдү, тагыраак айтканда орточо киреше, орточо эмгек акы, ишке чегеримдүүлүк, инфляция деңгээли, жумушсуздук, жумуштуулук, эмгек өндүрүмдүүлүгү сыяктуу көрсөткүчтөрдү изилдейт. Ошол эле убакта макроэкономиканын предмети катары өлкөнүн экономикасын жана андагы жүрүп жаткан экономикалык процесстерди, структуралык шайкештиктерди айкындоочу өсүштү жалпылоочу көрсөткүчтөрү, көлөмдүн көбөйүү же кичирейүү темптери болуп саналат. Эң башкысы эмне үчүн бир өлкөнүн калкы жакшы жашайт да, дагы бир өлкөнүкү жаман жашайт, эмнеге айрым мамлекеттердин экономикасы тез өнүгүп, ал эми далайы али начар өнүккөн сыяктуу суроолорго жооп алууга макроэкономика кыйла мүмкүндүк берет. Макроэкономиканын алдына коюлган максаттар негизинен төмөндөгүлөрдү камтыйт: *1)* Өндүрүштүн улуттук көлөмүнүн туруктуу өсүшү, тактап айтканда жыл сайын анын чыгарылышы бир топ пайызга көбөйүп, эч токтоосуз жана өзгөрүүсүз ишке ашаары божомолдонот. *2)* Баанын туруктуу деңгээли. Баа эркин базардык атаандаштыгынын негизинде түптөлүп ыкчам темпте көтөрүлүп кетпей тургандыгын божомолдойт. *3)* Жумуштуулуктун жогорку деңгээли. Ар ким каалаган кесипчилигин алууга жана тандаган адистиги боюнча иш таап алууга толук мүмкүнчүлүк түзүлөт. *4)* Тышкы соода балансынын тең салмактуулугун кармап туруу. Мында *импорт* менен *экспорттун* салыштырмалуу тең салмактуулугу божомолдонот. Бул болсо өз учурунда чет өлкөлүк товарларды ички базарда эркин сатуунун жана жергиликтүү товарлардын башка өлкөлөрдүн базарларында эркин сатылуунун негизинде түзүлөт да, улуттук валютанын башка өлкөлөрдүн валютасына алмаштыруу курсу туруктуу болушуна көмөктөшөт.

МАКРОЭКОНОМИЧЕСКАЯ ПОЛИТИКА – МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТ – зарыл болуучу абалды кармап туруу, экономикалык функциялардын ийгиликтүү аткарылып турушун камсыз кылуу максатында бүтүндөй экономиканы жөндөп турууга багытталган мамлекеттин иш-аракеттери.

МАКРОЭКОНОМИЧЕСКИЕ МОДЕЛИ – МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК МОДЕЛДЕР – бүтүндөй экономиканын жана анын өтө маанилүү бөлүктөрүнүн (тармактарынын) өнүгүшүн математикалык нуктан баяндоочу экономикалык-математикалык моделдер. Мындай моделдердин колдонула турган

үнгусу *макроэкономикалык көрсөткүчтөр* болуп саналат.

МАКРОЭКОНОМИЧЕСКИЕ ПОКАЗАТЕЛИ – МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР – өндүрүштүн жана керектөөлөрдүн, кирешелердин жана чыгымдардын, структуралардын, натыйжалуулуктун, бакубаттуулуктун деңгээлинин, экспорттун жана импорттун, экономикалык өсүүнүн темптеринин ж.б. көлөмдөрүнүн бүтүндөй экономика боюнча жыйынтыкталган, жалпылоочу көрсөткүчтөрү.

МАКРОЭКОНОМИЧЕСКОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ – МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ – тигил же бул өлкөнүн экономикалык тутумун туруктуу кылып жана туура багыттап өнүктүрүү максаттарында *сурам* жана *сунуштарга* мамлекеттин таасиринин жардамы менен жөнгө салып туруу. Мунун негизги обьектилерине экономикалык процесстердин бардык комплекси – жалпы өндүрүү, жумуш менен камсыздоо, *баанын жалпы деңгээли, инфляция*, мамлекеттик секторду финансылоо ж.б. кирет. Аны ишке ашыруунун негизги аспабы катары төмөндөгүдөй саясатка тыгыз байланыштуу: мамлекеттик казынага тиешелүү чыгымдарды лимиттөө, жыйымдардын тутумдары *салыктардын* жардамы менен жөнгө салынып туруучу фискалдык саясат; девиздерди жөнгө салуу – чет элдик валютадагы төлөм каражаттары жана *дисконтту* жөнгө салуучу монетардык саясат; тышкы экономикалык саясат – *бажы салыгынын* жардамы менен тышкы-экономикалык иш-аракеттерди жөнгө салып туруу, башка факторлор.

МАКСИМИЗАЦИЯ ТЕКУЩЕЙ ПРИБЫЛИ – КҮНДӨЛҮК ПАЙДАНЫ МАКСИМАЛДАШТЫРУУ (ЖОГОРКУ ДЕҢГЭЭЛГЕ КӨТӨРҮҮ) – Кеткен чыгымдардын ордун колдон келишинче толтуруу жана кезектеги пайданын жана накта акчанын түшүшүн камсыз кылуу максатында тигил же бул фирма тарабынан товарга карата ыңгайлуу бааны тандап алуу. Мындай бааны тандап алуу,ал баанын деңгээлине төп келген сурамды жана чыгымды кылдат, ар тараптан баалоодон кийин жүргүзүлөт.

МАЛОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ, ФИРМА – ЧАКАН ИШКАНА, ФИРМА – менчиктин ар кандай формасындагы кичине ишкана. Мындай ишканалар үчүн профилдүү болуп саналуучу иш-аракеттердин тигил же бул өлкө, регион боюнча өтө аз үлүшүн ээлегендиги жана жумушчу-кызматкерлеринин санынын чектелгендиги менен (бир нече жүздөн ашык эмес) олуттуу айырмаланат. Ушул үлүшү жөнүндө түзүлө турган жана сатылуучу продукциянын наркы боюнча бир катар маселелер бар. Анткени чоң өлкөлөрдө бирдей профилдеги чакан ишканалар жүздөп, миңдеп

саналат. Мындай бир ишканага өндүрүштүн жалпы көлөмүнүн анча мынча гана пайыздык үлүшү туура келет. Бирок бүт баары – чогулай алганда алар тигил же бул өлкөнүн бүт өндүргөн продукциясынын жарымына чейинкисин даярдашат. Кыргызстанда 2001-жылы 7,6 миң чакан ишкана болгон. Кичине ишканаларга өндүрүштүк, коммерциялык, консалтинг фирмаларынан башка, дагы көптөгөн чекене соода ишканалары, тейлөө чөйрөлөрү кирет. Көпчүлүк өлкөлөрдө чакан ишканаларга мамлекеттик жардам көрсөтүлөт. Чакан ишканалардын башкы милдети эл керектөөчү товарларды чыгаруу, жергиликтүү ресурстарды, өндүрүш калдыктарын пайдалануу болуп саналат. Аларга анчалык көп эмес капитал жумшалып, сарпталган акча каражаты өзүн-өзү тез арада актайт да, эмгектин жогорку өндүрүмдүүлүгү камсыз кылынат. Базар мамилелерине өтүү мезгилинде Кыргызстандын аймагында чакан ишканалар кеңири таралууда.

МАЛОЦЕННЫЕ И БЫСТРОИЗНАШИВАЮЩИЕ ПРЕДМЕТЫ – АРЗАН БААЛУУ ЖАНА ТЕЗ ИШТЕН ЧЫГУУЧУ БУЮМДАР – бугалтердик эсепте эсепке алынып нормалануучу айланма каражаттардын бир түрү. Булар сактала турган орду жана түрү боюнча, материалдык жоопкерчиликтеги адамдар тарабынан дайыма эсепке алынып турат. Эреже катарында аларга тиешелүү буюмдар салыштырмалуу төмөнкү наркты-луулугу менен өзгөчөлөнөт да, чакан (бир жылдан аз) мөөнөткө пайдаланышы менен айырмаланат. Аларга, шаймандар, убактылуу керектелүүчү имараттар жана жасалгалар, аспаптар, санитардык атайын кийимдер, ашкана идиштери сыяктуулар кирет.Мындай арзан баалуу жана тез иштен чыгуучу буюмдар пайдалануу берилгенде , алардын алгачкы наркына 50% дык өлчөмдөгү иштен чыгуу үлүшүн кошуп эсептөө жүргүзүлөт.

МАЛЫЙ БИЗНЕС – ЧАКАН БИЗНЕС – жеке менчик нугундагы ишкердиктин бир түрү. Бул кичине фирмалар, чакан ишканалар бизнес иш-аракеттерине таянган формада ишке ашырылат. Чакан бизнес өндүрүштүн, сооданын, тейлөө чөйрөсүнүн кээ бир түрлөрү үчүн көбүрөөк мүнөздүү болот.

МАНКО – МАНКО (ит. manco – жетишсиз, кемчил) – товарды кем тартуу; жазуулардагы каталардын же кассирдин эсептен жаңылыштыгынан кеткен кассалык суммалардагы кем чыгуу.

МАРЖА – МАРЖА (фр. marge – беттин талаасы, чети) – сатып алуу жана сатуу баасынын ортосундагы айырма (дүң пайда) менен аныкталып белгиленүүчү ортомчунун кирешеси; конкреттүү карыз алуучу төлөгөн *кредиттин* жалпы кабыл алынган (белгиленген) наркына үстөк. Бул термин менен белгилүү эки көрсөткүчтүн ортосундагы айырманы туюнтуучу чоңдук аталат, мисалы,

кагазды сатып алууда – сатып алуучу менен сатуучунун бааларынын ортосундагы айырма.

МАРКА – МАРКА (нем. marke – почта маркасы, тамга, белги) – бир сатуучунун *товарын* атаандаштардын ошого тектеш товарынан ажырата билүү үчүн сатып алуучуга мүмкүндүк берүүчү аты, эни, символу, термини, белгиси, сүрөтү же алардын айкалышуусу. Эгерде белгилүү бир марка (тамга) *базарда* бекем, туруктуу орунду ээлеп турса, анда ал товардын ажарын ачып, ага сатып алуучулардын ишенимин арттырат. Ал негизинен төмөндөгүдөй түшүнүктөрдү камтыйт: коомдук имидж (айрым товарлардын өзүнө таандык белгилерин ажыратууга түрткү берүүчү ассоциациялар комплекси, таасир калтыруулар, пикирлер), бул марка менен товардын пайдалануу көлөмү жана иш тажрыйбасы камтылат. Маркалык белгилөө жана аттары (ойлоп табылган, баяндап жазуулар ж.б.) товардын сапатын далилдеп, алар сатып алуучунун эмнени күтө тургандыгын ырастайт. Эгерде керектөөчүлөрдүн алдында баасы жана сапаты чамалаш болгон бир нече окшош товарлар жайылып турганда, жайып көрсөткөндө, өзгөчө мааниге ээ болот. Мындай учурда керектөөчү товардын өзүн сатып алууга караганда, анын имиджин көбүрөөк акмалайт. Мында узак убакка чейин жетишилген ийгиликти товардын жана алардын маркаларынын кээ бирлери гана сактай аларын эске алуу керек. Товар базарынын бай тажрыйбасы көрсөткөндөй алардын далайы базар алкагында көпкө кармала алышпайт. Тоскоолдукту жеңип, чыйыр салуу үчүн товардын жаңы маркасы, тагыраак айтканда аны түзүү үчүн кыйла каражат сарптоо талап кылынат, сунуш кылынган тиешелүү товар чындыгында эң мыкты болушу зарыл жана башкалардан өзгөчө айырмаланып турууга тийиш, мындан сырткары жаңы товар сатып алуучунун мурдагы товарга берилген, көнүп калган дилин өзгөртүүгө дагы бир кыйла убакыт кетет. *Кара. **Товарный знак – товардык белги.***

МАРКЕТИНГ – МАРКЕТИНГ (англ. marketing, market – *базар, сатуу, соода-сатык* дегенди билдирет; мисалы акчалык, дүйнөлүк базар – money, world market, базар баасы – market price) – керектөө жана өндүрүштүк нуктагы *продукцияларга* (товар, тейлөөлөр) *сурамдын* максатка ылайык калыптанышын камсыз кылуучу *базардын* абалын жана өнүгүү келечегин изилдөөгө негизделген ишкананын (фирмалардын, бирикмелердин ж.б.) чарбалык иш-аракеттерин уюштуруунун жана башкаруунун комплекстүү тутуму. Бул керектөөчүгө товарларды жеткирүүгө жигердүү көмөк көрсөтүүчү сурамды, бааны, жарнамаларды пайдалануну, өндүрүштү стимулдаштырууну бардык тараптан изилдөө, сактоонун жана ташуунун, тейлөөнүн техникалык ж.б. түрлөрүн колдонуунун негизинде жаңы

продукцияны иштеп чыгуу, өндүрүү жана сатуу боюнча ишкананын уюштуруу-техникалык, финансылык, коммерциялык ж.б. функцияларынын жыйындысы. Маркетинг *ишкананы башкаруунун* бирден бир негизги ыкмасы болуп саналат. Мында ар бир чечим продукцияны керектей тургандарга тийгизүүчү таасирди толук эсепке алуу менен чечим кабыл алынат; маркетинг ошондой эле керектөөчүлөрдүн талаптарын толук канааттандырууга, пайданын өсүшүнө багытталган ишкананын бүтүндөй иш-аракеттерин пландаштыруу, башкаруу, координациялоо болуп да саналат. Маркетинг функцияларынын өзөгүн базарды изилдөө жана өнүктүрүүнү божомолдоо, товарды өндүрүүнү (тейлөөнү), бааны, сатууну, сервистик тейлөөнү, көзөмөлдөө жана алынган натыйжаны анализдөөнү пландаштырууну камтыган иш-аракеттердин түрлөрүн ээлейт. Маркетинг эң алды менен базардагы сурамга төп келип, дайыма пайдалануу үчүн керектөөчүлөргө зарыл сандагы сапаттуу продукция чыгаруу үчүн өндүрүүчүгө багыт берет. Бул базарды изилдөө жана өндүрүлгөн товарларды өткөрүү аймагын кеңейтүү максатында кардарлардын талабына жигердүү таасир тийгизүү жагын дагы акмалайт. Маркетинг базар мамилелеринин бардык чарбалык иш-аракетин, маселелерин үзүрлүү чечүүгө карата аракет кылуунун эң негизин камтыйт. Тиешелүү маселе чечилгендиги, тагыраак айканда продукцияны сатуу көлөмү кеңейсе, демек, керектөөчүлөрдүн сурамы, каалоо-тилеги, толук эсепке алынгандыгын бышыктайт. Маркетингдин маңызы: базарда кандай товарлар токтоосуз сатылып кетсе, анда ошол товарларды чыгарууга өндүрүштү багыттоого туура келет. Азыркы шартта маркетинг ыкмалары жалпы чарбалык жана экономикалык өнүгүүнүн ажыратылгыс бөлүгү жана талапка ылайык келүүчү ээлик кылуучулуктун олуттуу белгиси катары эсептелет. Ар кандай системанын шартында маркетинг мазмунун даана туюнтуучу бир катар төмөнкүдөй жагдайларды дагы камтыйт: биринчиден, ал тиешелүү продукцияны сатууну уюштуруу боюнча ишкананын негизги функцияларын камтыса, экинчиден, сатып алуучулар менен болуучу өз ара мамилелер аркылуу базар мамилелеринин шартындагы ишкананын абалын аныктоо, базарга активдүү таасир этүүчү чаралардын тутумун иштеп чыгууну көздөйт, үчүнчүдөн, ал атаандаштыктын бир формасы катары эсептелет. Маркетинг базардагы керектөөчүлөрдүн талаптарын так билүүгө толук мүмкүндүк берип, керектүү продукцияны өндүрүүнү уюштуруп, товарды керектөөчүгө токтоосуз жеткирип турууну камсыз кылууга жана пайданы арбын алууга ишкананын кирешесинин туруктуу жогорулашына олуттуу көмөк көрсөтөт. Соода-сатык базарларына, өндүрүлгөн продукцияларга байланыштуу маркетинг ички жана эл аралык маркетинге ажырайт. Ал

эми маркетинг системасы төмөндөгүдөй үч негизги мезгилди камтыйт: соода-сатык базарларын изилдеп билүү; ишканалардын иш-аракетин анализдөө; маркетингдин саясатын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу. Соода-сатык базарларын изилдеп билүү үчүн эң алды менен базардын коньюнктурасын, керектөөчүлөрдүн талабын, атаандаштыктын шарттарын ж.б. текшерип өздөштүрүү талап кылынат. Керектөөчүнү ар тараптан билүү, аны менен түздөн-түз катнаш жасоо ишкананын ийгилигинин эң башкы шарты болуп саналат. Сурамды иликтөөдө базарды жиктөө аркылуу жүргүзүлөт, б.а., керектөөчүлөрдүн сурамдарынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык алардын ар кандай топторун издеп табышат. Базарды жиктөө ар кандай критерийлердин нугунда аныкталат: географиялык өзгөчөлүктөрүн, улутун, адисин, жынысын, жашын, эсепке алуу ж.б. Мисалы, белгилүү бир регионго алып келинүүчү продукцияны өндүрүү үчүн ал жердин тарыхый, жаратылыш-климаттык ж.б. өзгөчөлүктөрүн толук эске алуу зарыл. Базардын жеткиликтүү жиктелиши потенциалдуу сатып алуучуларды жана сурамдын структурасын так аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Бирок, товар керектөөчүгө жеткиликтүү таасир этүү үчүн ал сатылган продукцияга карата сурамынын себебин так билип аныктоо зарыл. Ушундай иштерди жүргүзүүнүн негизинде өндүрүштүн көлөмүн, бааны так аныктоого болот. Адатта базарга продукциянын тигил же бул түрүн бир эле ишкана чыгарбайт, андыктан керектөөчү үчүн башка ишканалар дагы колдон келген аракетин кылат. Ошондуктан атаандаштардын иш-аракеттерин ийне-жибине чейин дайыма иликтеп туруу керек. Бул үчүн эң алды менен чыныгы атаандаштардын базар алкагындагы алардын үлүшүн, канчалык жеткиликтүү жана керектөөлөрдүн кандай бөлүгүн алар көбүрөөк канаатандырарын билүү олуттуу иштердин бирине кирет. Атаандаштардын алдыга койгон максатын жана стратегиясын, алардын келип чыгуучу өзгөрүүлөрүн туура, так баалоо өтө маанилүү. Ушундай бир катар иштерди жасоо аркылуу атаандаштардын чарбалык иш-аракеттеринин ар кыл чөйрөдөгү бышык жана бошоң жактарын билүүгө, андан кийин ушуга ылайык базар жагдайындагы оптималдуу моделди иштеп чыгууга толук шарт түзөт. Базарда продукцияны билгичтикте өткөрүү үчүн сурамды жана атаандаштыктын механизмин гана билбестен, базардагы жалпы жагдайды, келип чыгуучу структуралык жылыштарды, тигил же бул тармактагы алдыда болуучу өзгөрүүлөрдү жана аны менен шайкеш тармактарды дагы изилдеп билүү олуттуу орунду ээлейт. Базарды изилдеп билүү, келип чыгуучу багыттарды жана келечекти айкындоо, ишкананын тынымсыз иш-аракеттеринин анализи менен толукталат, бул өз кезегинде мүмкүнчүлүктөрдү ачууга шарт түзөт.

Мындай ийгиликке жетишүү үчүн эң алды менен өндүрүштүн жана сатуучулардын тигил же бул багытты сактап калуу, андан ары карай өнүктүрүү канчалык пайдалуу, натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн кандай өзгөрүүлөрдү киргизүү керектиги боюнча ишкананын иш-аракеттеринин натыйжалуулугун тактоо талап кылынат. Азыркы шартта ишкананы алдыга алып чыгуу, өндүрүшүн өркүндөтүү үчүн жаңылыктарды убагында киргизүү (жаңы технологияларды) өзгөчө мааниге ээ болот. Албетте, өндүрүшкө жаңы табылгаларды киргизүү иш процессинде финансылоо механизмине, жумушчулардын жүйөөсүнө тиешелүү көп өзгөрүүлөрдү, жаңылануну талап кылат. Жаңы табылгаларды киргизүү жалаң эле технологиялык процесстер менен чектелбестен, эң алды менен бардык жаңы нерселерге умтулуу, башкаруу чөйрөсүндө өндүрүштү уюштуруу, продукцияны сатуу, клиенттер менен иштөөдө болсун жаңы ой толгоолорду бышыктоо, ишке ашыруу өзгөчө орунду ээлейт. Мындай жаңы киргизүүлөрдү жетиштүү өлчөмдө, өз убагында ишке ашырып турбаса ишкана оор абалга кептелип калышы мүмкүн. Жаңы киргизүүлөрдү билгичтикте киргизүү түбү келип өндүрүш чыгымдарын азайтууга, продукциянын сапатын жакшыртууга алып келет. Ал эми ишкананын мыкты жактарын андан ары бышыктап, күчөтүп, бошоң жактары болсо ондоону ылдамдатуу аркылуу анын иши ар тараптан алдыга жылууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Базарды изилдөө жана ишкананын иш-аракеттерин иликтөө маркетинг саясатын иштеп чыгууга жана аны жүзөгө ашырууга негиз болуп саналат. Базарда маркетинг саясатын туура жүргүзүү аркылуу кирешенин туруктуу өсүшүн колдон келишинче кармап туруу ишкананын негизги маселеси болуп эсептелет. Кирешенин туруктуу өсүшү сатуунун көлөмүн базардагы үлүштү жогорулатуу, сатуу операцияларынын пайдалуулугун көбөйтүү аркылуу камсыз кылынат. Ал эми сатуунун көлөмүнүн көбөйүшү ар кандай параметрлердин нугунда түрдүү варианттын даярдалышына шарт түзөт. Андыктан маркетинг базардагы башкаруу тутуму катарында, дегеле татаал тутум катары ал базарды үзгүлтүксүз изилдеп туруучу, өндүрүшкө жана сатуу ишине карата уюштуруучулукка чыгармачыл ыкманы колдоону зарыл. Маркетингдин олуттуу курамдык бөлүгү катары жарнама эсептелет да, ал керектөөчүлөрдүн сурамынын, каалоо-тилектеринин калыптанышына олуттуу таасирин тийгизет. Дегеле, жарнама азыр ар кыл чаралардын тутуму катары калыптанууда; ал товарлар, тейлөөлөр же ишкана жөнүндө потенциалдуу сатып алуучуга кыскача, так жана жарашыктуу маалыматты тужурумдоого багытталат. Жарнаманын төмөндөгүдөй бир нече максаты бар: ишкананын аныктайкелин түзүү (узак убакытка чейинки таасири), учурдагы болуп

жаткан соода- сатык ишин арбытуу (кыска убакытка чейинки таасири), сатып алуучулардын туура чечим кабыл алышына жардам берүү, эмнени сатып алуу керектигин аларга аярлап түшүндүрүү, эмне үчүн ушуну сатып алыш керек экендигин жеткиликтүү баяндап берүү. Эң акырында маркетинг сатуунун көлөмүн жана баага байланыштуу баамдоону аныктаганга мүмкүндүк берет. Баа түзүү саясаты продукциянын базардагы өтүмдүүлүгүнө олуттуу таасирин тийгизет да, ал болсо өз кезегинде өндүрүштүн чыгымдары, товардын керектөөчүлөр үчүн пайдалуулугунун деңгээли, атаандаштык кудурети жана чабалдыгы, баа түзүлүшүнүн түпкү максаты ж.б. сыяктуу факторлордун таасиринен улам калыптанат. Мисалы, эгерде ишкана (фирма) жалпы керектөөчүлөр үчүн белгилүү бир продукция чыгарса, анда бааны тиешелүү өлчөмдө төмөндөтүү ыкмасы аркылуу сатууну кеңейтет. Кокус, ишкана(фирма) чыгарган товарын арбын төлөөчүлөрдүн тобуна ылайыктаса, анда бааны төмөндөтүү терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Баанын деңгээлине адатта ал ишкананын өнүгүү динамикасы, структурасы жана өндүрүштүк чыгымдарынын өлчөмү олуттуу таасирин тийгизет, себеби пайда түшүрүү үчүн ишкана чыгымдарды жапкыдай баа коюушу талап кылынат. Чыгашалардын структурасында чыгымдардын кандай түрлөрү көбүрөөк болсо, тагыраак айтканда туруктуубу же өзгөрүлмөбү, ошого карата баа саясаты калыптандырылат. Эгерде ишканада чыгым басымдуу болсо, анда сатуу үлүшү азайып, баа боюнча бир топ маселелер келип чыгат. Бирок, өндүрүүчү сатуунун жана өндүрүштүн көлөмүн өстүрүү боюнча аракет кылса, анда чыгымдардын азайышы келип чыгат да, баштапкы баа чыгымдардан төмөн болушу мүмкүн. Ал эми өндүрүлгөн продукциянын сапаты мыкты, керектөө пайдалуулугу мол болсо ал фирмадан сатып алуучулардын саны арбып, кызыгуу артылса анда ушулардын жыйындысы келип жогорку бааны пайда кылат.

МАРКЕТИНГ ПРАКТИЧЕСКИЙ – ПРАКТИКАЛЫК МАРКЕТИНГ – башкаруу рычагдарынын, ыкмаларынын жана башкаруунун өзгөчө чөлкөмүн – маркетингдик менеджментти түзүүчү продукцияларды сатуу, өндүрүү жана иштеп чыгуу боюнча негизги чарбалык функцияларды бир бүтүн кылып бириктирүүчү катыштардын жыйындысы. Аны ишкананын (фирманын, концерндин) өндүрүп-сатуу иш-аракеттерин уюштурууга программалык-максаттык мамилени колдонуунун атайын формасы катарында белгилөөгө болот. Бул учурда *максат* – коммерциялык тобокелдикти колдон келишинче төмөндөтүп, көп пайда табуу, ал эми программа болсо – ишкананын иш-аракеттеринин бүт баарысын максималдуу оңтойлоштуруу боюнча жана чыгарылуучу же чыгарууга пландаштырылуучу

продукцияларды конкреттүү керектөөчүлөрдүн талаптарына ыңгайлаштыруу боюнча иш-чаралардын комплекси болуп саналат. Практика жүзүндөгү маркетингдин жардамы менен төмөндөгүдөй *маселелерди* чечүүгө мүмкүн болот: иш-аракеттеги же потенциалдуу сурамды айкындап таап чыгуу менен ар кандай продукцияларды өндүрүүнүн негизделген максатка ылайыктуулугу; керектөөчүлөрдүн тиешелүү сурамдарына ылайык келүүчү продукцияларды даярдоо жана чыгаруу боюнча илимий изилдөө иштерин жана ОКРди уюштуруу; ишкананын өндүрүштүк, соода-сатык жана финансылык иш-аракеттерин координациялоо жана пландаштыруу; продукцияларды сатуунун тутумун, ыкмаларын уюштуруу жана өркүндөтүү; ишкананын бүтүндөй иш-аракеттерин жөнгө салуу жана багыттоо [өндүрүш жана сатуу боюнча белгиленген максаттарга жетишүү үчүн өндүрүүнү, ташууну, техникалык жана сервистик тейлөөлөрдү, күндөлүк пландаштырууну (жетекчиликти) кошо алганда]. Практикалык маркетингдин *башкы* маселелеринин бири катары ар кандай башкаруу нугундагы түрдүү чечимдерди кабыл алууда бүдөмүүлүктү жана тобокелдикке салууну колдон келишинче төмөндөтүү; өз иш-аракеттерин программалоо менен ишкер ошол келип чыккан жагдайда *базарга* чыгуу максатка ылайыктуу келеби же чыгуунун кереги жокпу, эгер чыгууга туура келсе, анда ошол учурдагы түзүлгөн кырдаалдын өтүшү менен чечимдин түрдүү варианттарында тобокелдикке салуу кандай болуу керек сыяктуу суроолорго жооп алууга туура келет. Мисалы, продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн көтөрүү үчүн анын баасын (товар, тейлөөлөр) төмөндөтүү керекпи, эгерде төмөндөтүү зарыл болсо, анда кандай деңгээлге чейин төмөндөтүү керек жана бул иш-аракеттердин жыйынтыгында кандайча чагылдырылат. Ушул сыяктуу жана башка маселелерди чечүү үчүн адатта башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн жыйынтыктоолорду этабы боюнча даярдоо ыкмасы колдонулат. Ал эми мунун *өзгөчөлүгүнүн өзөгүн* – талдоо жасоонун жана пландаштыруунун процессинде кетирүүгө мүмкүн болуучу жаңылыш эсептөөлөрдү жана каталарды түшүнүү мүмкүндүгүнө негизделген көп варианттуулук эсептейт. Эгерде кабыл алынган иш-аракеттердин жыйынтыгында алгачкы маселе толук чечилбей калса, ал эми тандалып алынган *стратегия* күткөн натыйжаны бербей турган болсо, анда бүт циклды кайрадан кайталоого туура келет да, ылайыктуу чечим иштелип чыкканга чейин кайталана бериши мүмкүн. Мындай чыгармачылык процесс демилгелүүлүктү жана билгичтикти эле талап кылбастан, ошону менен бирге кесиптик мыкты даярдыкты да талап

кылат, эң башкысы ишкананын маркетингдик кызмат аткаруучуларын талап кылат.

МАРКЕТИНГОВАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ – МАРКЕТИНГДИК ИШ-АРАКЕТ – өндүрүштү ургаалдаштырууну, *жарнамаларды* пайдалануну, *сурамды*, бааны, сактоонун, ташуунун, техниканын, керектөөчүлөргө товарды жеткирүүгө активдүү таасир этүүчү ж.б. тейлөө түрлөрүнүн учур талабына ылайык келүүчү ыкмаларын бардык жагынан изилдөөгө байланыштуу ишканалардын (фирмалардын, ишкерлердин ж.б.) иш-аракети. Анын негизги элементтерине төмөндөгүлөр кирет: берилген продукцияга карата сурамды жана алардын сатылышын, ошондой эле сатып алуучулардын курамын, аны өндүрүү кимдердин сурамына ылайыкталышын айкындоо максатында *базарды* комплекстүү изилдөө; керектөөчүлөрдүн ар кандай топторуна карай саны жана сапаты боюнча ылайыктап продукцияларды даярдоону уюштуруу; товарды чыгарууну жана сатууну ургаалдаштыруучу бааларды иштеп чыгуу, тийиштүү жарнамаларды уюштуруу жана сурамды калыптандыруу боюнча иш-чаралар; керектөөчүгө товарды жеткирүүдө ортомчуну тандоо; материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу. Продукциянын конкреттүү түрүнө жана керектөөчүлөрдүн контингентине ылайыкталган ишкана өзүнүн негизги багытын анын белгилүү бир элементине ыкташтырат. Мисалы, керектөө товарлары үчүн массалык маалымат аркылуу берилүүчү жарнаманын өтө олуттуу мааниси бар. Ал эми өндүрүштүк продукциялар үчүн ремонттук тейлөө, запастык бөлүктөр менен камсыз кылуу дагы кыйла орчундуу. *Кара. **Маркетинг, Маркетинг практический – практикалык маркетинг, Планирование маркетинга – маркетингди пландаштыруу, Управление маркетингом – маркетингди башкаруу.***

МАРКЕТИНГОВАЯ СРЕДА ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН МАРКЕТИНГДИК ЧӨЙРӨСҮ – ишкананын ичинде жана андан тышкары иш-аракеттеги маркетинг кызматы аркылуу башкаруунун мүмкүндүгүнө таасир этүүчү жана клиенттер (кардарлар) менен иштиктүү эмгектештикти түзүү, аны андан ары карай улоону камсыз кылуучу активдүү субъектилердин, факторлордун жыйындысы. Келечектеги өзгөрүлмөлөр жана чектөөлөр, белгисиз жагдайлар ар бир ишкананын (фирмалардын, компаниялардын ж.б.) иш-аракетине олуттуу таасирин тийгизет. Ошондуктан ишканалар мындай маселени туура чечүү үчүн маркетингдик изилдөөлөрдү жана өзүлөрүндөгү болгон маркетинг нугундагы маалыматтарды билгичтикте пайдаланып, айланадагы бардык өзгөрүүлөрдү ар тараптан иликтеп турушу талап кылынат. Ишкананын маркетинг чөйрөсү

микро- жана макро-чөйрөгө ажырайт. Микрочөйрө ишкананын өзүнө жана клиенттерди (кардарларды) тейлөө боюнча анын мүмкүнчүлүктөрүнө түздөн-түз катыштагы субъектилердин жана факторлордун жыйындысын, тагыраак айтканда ишкананын өзүн, анын жеткирип-тапшыруучуларын, маркетингдик ортомчуларын, атаандаштарды ж.б. камтыйт. Микрочөйрө нугундагы иш-аракеттеги негизги факторлордун катарына, фирманын өзү, анын бөлүмчөлөрү жана маркетинг ишин тейлеген жетекчисинин чечимдерди кабыл алышына таасир көрсөтүүчү башкаруу органдары кирет. Фирмалардын кандай түрү, менчиктүүлүгүнө карабастан алардын негизги максаты пайда табуу болуп эсептелет. Ал эми *маркетинг менен башкаруу* системасынын түпкү максаты *тиешелүү базарлардын* кызыгуусун туудургандай, атаандаштыкка жарагыдай товарларды өндүрүүнү камсыз кылуу. Бирок, маркетинг кызматынын ийгиликтери башка функционалдуу бөлүмчөлөрдүн иш-аракеттерине, алар менен өз-ара байланыштарга көбүрөөк байланыштуу болот. Маркетинг ишин башкарган адис, ал фирманын жетекчиси (генералдык башкаруучу, аткаруу комитетинин мүчөлөрү, директорлор кеңеши ж.б.), ошондой эле анын башка бөлүмчөлөрү менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт. Мисалы, фирманын финансылык кызматын, маркетинг пландарын ишке ашыруу үчүн зарыл каражаттардын болушу жана пайдаланылуу маселеси көбүрөөк тынчсыздандырат. Илимий-изилдөө-тажрыйба-конструктордук иш кызматы техникалык маселелер, продукцияларды конструкциялоо, аны өндүрүүнүн натыйжалуу ыкмаларын иштеп чыгуу боюнча иш алып барат. Ал эми материалдык-техникалык жабдуу бөлүмү берилген продукцияны өндүрүп чыгаруу үчүн материалдык ресурстардын жетиштүү санда болушу жөнүндө кам көрсө, өндүрүш бөлүмү продукциянын керектүү санда чыгарылышына жоопкерчилик милдетин мойнуна алып, бугалтерия болсо киреше менен чыгымга көз салып, пайданын жана зыян тартуунун өлчөмүн аныктайт. Мындан тышкары ишканага зарыл товарларды өндүрүүчү жана тейлөө иштерин жүргүзүүчү фирмалар, айрым инсандар, биринчи кезекте анын жабдып туруучулары дагы олуттуу орунду ээлейт. Тигил же бул материалдык ресурстардын жетишсиздиги продукцияларды үзгүлтүксүз чыгарууну жана жеткирүүнү (жөнөтүүнү) ишке ашырууга жолтоо болуп, ушунун кесепетинен улам ыңгайлуу сатуу мүмкүнчүлүктөрүн колдон чыгарып жибериши кардарлардын фирмага карата ыктоосунун токтоп калуусу, түбү келип терс жыйынтык алып келиши мүмкүн. Маркетингдик ортомчулар, б.а. товарларын кардарларга жайылтуу, сатуу жана өткөрүү үчүн ишканага көмөк көрсөтүүчү фирмалар олуттуу фактор катары тааси-

рин тийгизет. Буларга соода-сатык ортомчулары, кредиттик-финансылык мекемелер, ар кандай агенттиктер кирет. Микрочөйрө үчүн клиенттер базары (керектөөчүлөр, өндүрүүчүлөр, сатуучулар, мамлекеттик мекемелер ж.б.), фирма туш келүүчү ар кандай атаандаштар, ошондой эле карым-катнаш жайлары (мисалы, иштиктүү чөйрөлөр, массалык-маалымат каражаттары, калктын орчундуу тобу) ж.б. дагы кыйла олуттуу мааниси бар. Демографиялык, экономикалык, табигатты коргоо, илимий-техникалык, саясый жана социалдык-маданий сыяктуу микрочөйрөгө таасир этүүчү бир топ факторлор макрочөйрөнүн негизин түзөт. Демографиялык чөйрөгө төрөлгөн балдардын төмөндөшү (көбөйүшү), улгайган адамдардын арбышы, алардын тигил же бул жакка оошу, билим деңгээлинин жогорулашы ж.б. көбүрөөк таандык. Экономикалык чөйрөгө өндүрүштүн төмөндөшү (жогорулашы) сатып алууга бир кыйла билгичтикте мамиле кылуу, жумушсуздуктун деңгээлинин жана *эсеп-кысаптын пайызынын* өлчөмүнүн жогорулугу (төмөндүгү), сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн күндөлүк кирешеге, баага, аманат салымдарга, кредитти алуу мүмкүнчүлүгүнө, инфляция деңгээлине ж.б. байланыштуу төмөндөшү (жогорулашы) таандык. Табигатты коргоо чөйрөсү болсо чийки зат жана энергетика ресурстарынын айрым түрлөрүнүн тартыштыгы (ашыктыгы), алардын баасынын деңгээли, айлана чөйрөнүн булгануусунун күчөшү жана табигат ресурстарын кайра калыбына келтирүү, колдон келсе арбытуу жана сарамжалдуу пайдалануунун жүрүшүндө мамлекеттин кийлигишүүсүнүн күч алышын камтыйт; илимий-техникалык чөйрөсүнө – илимий-техникалык прогресстин тез өнүгүшүнө өбөлгө болууну, илимди өнүктүрүүгө каражаттын көлөмү жана конструктордук иштеп чыгуулар ж.б. кирет. Саясый чөйрөгө ишкердик иш-аракеттерди мыйзам ченемде жөнгө салып туруу, мамлекеттик мекемелердин жөнгө салуу, көзөмөлдөө иш-аракеттери ж.б. мүнөздүү болот, социалдык-маданий чөйрөгө калкты маданий-социалдык тейлөөнүн деңгээли, аны каржылоо, калктын ар кандай катмарынын арасында саны жана сапаты боюнча бөлүштүрүү сыяктуулар таандык.

МАРКЕТИНГОВЫЙ КОНТРОЛЬ – МАРКЕТИНГДИК КӨЗӨМӨЛ – *маркетинг* планын жүзөгө ашырууну текшерүүнүн жыйынтыгын байкоо максатында *эсепке* алуу жана *анализ* жасоо. Бул ишканалардын (фирмалардын ж.б.) иш-аракеттерин баалоонун ынгайлуу ыкмаларынын бири болуп саналат. Маркетингдик көзөмөл төмөндөгүдөй үчкө бөлүнөт: фирманын планынын аткарылышын көзөмөлгө алуу. Бул көздөгөнгө жетүүгө ишенүү жардамын берүүчү сатуу мүмкүнчүлүктөрүн, *базардын* үлүшүн, маркетинг ишине жумшалган чыгым менен сатуунун ортосундагы катыштарды, ошондой эле дагы башка багыттарды анализдөөнү камтыйт; пайдалуулукту көзөмөлдөөдө кантип, канча пайда алынгандыгын аныктоого мүмкүндүк түзүүчү товарлар (продукциянын түрлөрү), сатуу аймактары, *базар жиктөөлөрү*, соода-сатык каналдары, заказ көлөмү ж.б. объектилер боюнча дифференциялоо аркылуу *рентабелдүүлүктү* анализдөө каралат; стратегиялык көзөмөлдөөдө болсо, маркетинг текшерүүсүнүн өзөгүн түзөт да, ал төмөндөгүлөрдү: *ишкананын маркетинг чөйрөсүн* (базарларды, керектөөчүлөрдү, атаандаштарды, жеткирип-тапшыруучуларды бөлүштүрүү тутумун, ошондой эле экологиялык, табигаттык, экономикалык, саясый жана социалдык факторлорду) анализдөөнү, *маркетинг стратегиясын* жана анын ишинин уюштурулушун, пландаштырууну, маалымат, жаңы продукцияларды (товарларды, тейлөөлөрдү) иштеп чыгуу тутумун, маркетингдин функционалдуулугун түзүүчүлөрдү (*бааларды*, жарнамаларды, бөлүштүрүүнү, сатууну стимулдаштырууну ж.б.) анализдөөнү, ошондой эле чыныгы жагдайдагы (иш жүзүндө) ишкананын мүмкүн болуучу жолдордун мыктыларын колдонгондугун жана алардын канчалык натыйжалуу экендигин айкындап белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү анализдин башка түрлөрүн камтыйт.

МАСШТАБ ЦЕН – БААЛАРДЫН МАСШТАБЫ (көлөмү, өлчөмү, акча бирдигиндеги алтындын үлүшү) – *1)* Тигил же бул өлкөдө акча бирдигине алынган алтындын же күмүштүн өлчөмү жана анын калдыксыз ыйгарылуучу бөлүгү. *2)* Акча бирдигинде наркы көрсөтүлгөн каражат.

МАТЕРИАЛОЕМКОСТЬ ПРОДУКЦИИ – ПРОДУКЦИЯНЫН МАТЕРИАЛ СЫЙЫМДУУЛУГУ – кандайдыр бир продукцияны өндүрүп чыгаруу (даярдоо) үчүн материалдык ресурстардын сарпталышынын көрсөткүчү. Продукциянын материал сыйымдуулук бирдигин даярдоо үчүн зарыл *чийки заттын, материалдын, отундун* жана энергиянын сарпталуусу натуралай өлчөмдөгүчтөрдө же анын өздүк наркынын структурасындагы алардын наркынын салыштырмалуу салмагы (пайыздар) менен туюнтулат. Курулуш өндүрүшүнүн чыгымдарындагы материалдык сарптоонун, салыштырмалуу салмагынын көрсөткүчү адатта 1 куб. метр аянтка, имараттын же курулуштун көлөмүнө карата эсептелинет. Бул ошондой эле курулушмонтаждоо жумуштарынын бирдиги боюнча дагы, мисалы үйдүн чатырынын, пайдубалынын ж.б. 1 чарчы метри аркылуу эсептөө жүргүзүлөт. Конкреттүү ишканаларда продукциянын материал сыйымдуулугу кескин айырмаланып, ал ишкананын профилине, чыгаруучу продукциянын түрүнө, ошондой

эле башка факторлорго көбүрөөк байланыштуу болот. Мында төмөндөгүлөрдү эске алуу талап кылынат: убакыт боюнча салыштыруу ресурстардын айрым түрлөрүнүн баасынын, ошондой эле ресурстардын структурасынын өзгөрүшүнө байланыштууларды. Материалдык-заттык өлчөмүнүн чыгымдалышы өндүрүштүн мүнөзүнө, колдонулуучу технологиянын жана жабдуулардын прогрессивдүүлүгүнө байланыштуу ар түрдүү болушу ыктымал. Мында бир жагынан чийки зат жана материалдар, экинчи жагынан отун жана энергия, үчүнчү жагынан жартылай фабрикаттар басымдуулук кылат. Материалдык чыгымдарды мүмкүн болушунча азайтуу продукциянын өздүк наркын төмөндөтүп, ишкананын пайда табуусун жогорулатат.

МАТЕРИАЛЬНО ОТВЕТСТВЕННОЕ ЛИЦО – МАТЕРИАЛДЫК ЖАКТАН ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ ИНСАН – ишеним көрсөтүлүп, мүлктүк баалуулукка жоопкерчилик жүктөлгөн кызматкер (кампа башчысы, алардын орун басарлары, агенттер, кассирлер ж. б.). Алар менен материалдык толук жоопкерчилик тууралуу келишим түзүлөт. Эгер келишим түзүүдөн кызматкер баш тартса, анда ишкананын жетекчиси ага башка ишке которулууга сунуш кылууга акылуу. Ал эми башка ишке которулууга ал макул болбосо, аны жумуштан бошонгондон кийин алуучу жөлөкпулсуз иштен чыгарып жиберсе болот. Эгерде келишим кандайдыр бир себептер менен түзүлбөсө, анда материалдык жоопкерчиликтүү инсан келтирилген зыян боюнча материалдык жоопкерчиликтен четтеп кетиши мүмкүн. Объектини (кампаны, кассаны) тейлөөдө материалдык жоопкерчилик бир нече инсан менен иш алып барууга туура келсе, анда келишим жалпы жоопкерчиликте түзүлөт.

МАТЕРИАЛЬНО-ТЕХНИЧЕСКОЕ ОБЕСПЕЧЕНИЕ – МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗ КЫЛУУ – *материалдык өндүрүш* жана өндүрүштүк эмес чөйрөлөрдө пайдалануу үчүн ишканалардын (фирмалардын, бирикмелердин, уюмдардын, ишкерлердин ж. б.) керектөөлөрүн *каражаттар* жана *эмгек жабдуулары* менен камсыз кылуу процесси. Бул төмөндөгүлөрдү камтыйт: *материалдык ресурстарга* болуучу керектөөлөрдү аныктоону, алардын (көбүнчө борборлоштурулган, мисалы, *мамлекеттик заказ* аркылуу) пландуу же *базар* аркылуу бөлүштүрүшүн, аларды түздөн-түз керектеген жерине жеткирип-тапшырууну уюштырууну, ошондой эле жеткирип-тапшыруучулар менен керектөөчүлөрдүн ортосунда чарбалык байланыштарды калыптандырууну. Ресурстарга зарыл керектөөлөр чыгарылган продукциялардын (аткарылган иштердин, көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн) көлөмүнүн, *чийки заттардын* жана

материалдардын (отундун, энергиянын, сатылып алынуучу жартылай-фабрикаттардын, даяр буюмдардын ж. б.) сарпталуу өлчөмдөрүнүн, запастарынын негизинде аныкталат. Жеткирип-тапшыруучулар менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы чарбалык байланыштар өндүрүштү, ташууну жана продукцияны керектөөнү толук эсепке алуу менен уюштурулат. Чарбалык байланыштар төмөндөгүчө ажыратылат: **түздөн-түз чарбалык байланыш**. Мында жеткирип-тапшыруунун бардык шарттары даярдоочулар жана керектөөчүлөр тарабынан аныкталып, макулдашылат; **арачылыкка алынган чарбалык байланыш**. Мында болсо жеткирип-тапшыруу шарттары жабдуу органдарынын ж. б. ортомчулук уюмдардын катышуусу менен аныкталат. Жеткирүүчүлөр *чарбалык келишим* менен тузурумдалат жана транзит менен же жабдуунун кампа формасында (мисалы, жабдуу-сатуу кампалары же башка ортомчулук уюмдар аркылуу) ишке ашырылат. Базар шартын камсыз кылуу үчүн төмөндөгүдөй маанилүү белгилер болууга тийиш: өндүрүүчү менен керектөөчүнүн (ортомчунун) ортосундагы коммерциялык жана чарбалык байланыш боюнча тиешелүү өнөктү тандап алуу мүмкүнчүлүгү, жеткирип-тапшыруучулардын (өндүрүүчүлөрдүн) экономикалык атаандаштыгы.

МАТЕРИАЛЫ – МАТЕРИАЛДАР – продукцияны даярдоо жана өндүрүштү тейлөө үчүн эмгек предмети катарында пайдаланылуучу ар кандай заттык-буюмдук элементтер. Материалдар негизинен төмөндөгүлөргө бөлүнөт: түздөн-түз продукция даярдалуучу **негизги материалдар** (натуралай түрүндөгү материалдар ж.б.); ишканалардын өндүрүштүк-эксплуатациялык керектөөлөрүнө пайдаланылуучу жана даярдалуучу продукциянын заттык өзөгүн эзлебей турган **көмөкчү материалдар** (майлоочу, сүртүп-тазалоочу материалдар). Бир эле материал пайдаланышына карата негизги жана көмөкчү материал болушу ыктымал. Пландаштыруу, эсеп жана отчеттуулук ишинде "материалдар" термини алардын негизги арналышын (ондоочулук, курулуштук, бекиткич ж.б.) аныктоочу сөз менен айкалышууда кеңири колдонулат. Алардын тутумдаштырылган тизмеси **номенклатура** деп аталат. Материалдар ар бир *өндүрүштүк циклде* толук пайдаланылат да, өз наркы даяр продукцияга өткөрүлөт, ошондуктан айланма каражаттарга киргизилет. Өнөр жайдын иштетүүчү тармактарында алардын *продукцияларынын өздүк наркында* салыштырма салмагы кыйла арбын болот. Ушунун өзү алардын ыргактуу түрдө (продукциянын бирдигине, анын жалпы массасына, ж. б. салыштырмалуу салмагын төмөндөтүү) үнөмдөөнү, ар кандай ашыкча сарптоону жана жоготууларды четтеткен илимий негизделген нормалоону сарамжалдуу пайдалануну,

так эсептөөнү жана сарптоолорду көзөмөлдөп турууну талап кылат. Материалдарды пайдалануу деңгээлин баалоо үчүн *буюмдун өздүк материал-сыйымдуулугунун көрсөткүчтөрүн*, материалдарды пайдалануу жана колдонуу коэффициентин ж.б. керектешет. Материалдарга отун жана электр энергия дагы кирет. Бирок пландоо жана эсептөө практикасында алар өзүнчө бөлүп каралат.

МАТЕРИАЛЫ КОНСТРУКЦИОННЫЕ – КОНСТРУКЦИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАР – негизги күчтүк жүккө туруштук берүүчү жана жетишерлик бекемдүүлүккө ээ болгон ар кандай конструкцияларды, машиналарды жана жабдууларды даярдоо үчүн колдонулуучу материалдар.

МАТЕРИАЛЫ НОВЫЕ – ЖАҢЫ МАТЕРИАЛДАР – өнөр жайында алгач ирет өздөштүргөн же мурда чыгарылып, бирок сапаттык жактан жаңыланган материалдар. Жаңы материалдар колдогу материалдарды өркүндөтүү жана табигат чийки заттарынын тартыш түрлөрүн алмаштыруу жолу менен даярдалат; принципиалдуу жаңы структурага жана жаңы касиеттерге ээ болгон заттар. Жаңы материалдарды даярдоо илимий-техникалык прогресстин маанилүү өзгөчөлүгү катары эсептелет. Буларды колдонуу даярдалуучу продукциялардын сапаттарынын жакшыртылышына, табигатта кездешкен тартыш чийки заттарды үнөмдөөгө жана чийки зат базаларынын кеңейишине, өндүрүштүн жаңы тармактарынын өнүгүшүнө өбөк болот.

МАФИЯ – МАФИЯ (ит. maf(f)ia – Сицилиядагы бандиттердин жашыруун уюму) – Римде белгилүү саясий чөйрөлөр, сот иштерин алып баруучу чиновниктер, полиция менен байланыштагы зордук-зомбулук, террор, шантаж, киши өлтүрүүнү колдонуучу, 18-кылымда Сицилия аралында (Италияда) пайда болгон жашыруун кылмыштык уюм. "Мафия" термини алдыга койгон максаттарына (саясый, экономикалык ж. б.) жетүү үчүн жана көпчүлүк убакта "көмүскө" *базар* кызыкчылыгын көздөп айрым инсандарга жана уюмдарга (фирмалар ж. б.) багытталган мыйзамсыз кылмыштык кысым көрсөтүү ыкмаларын белгилөө үчүн пайдалануучу жалпы түшүнүк. *Кара. Экономика теневая – көмүскө экономика.*

МЕДИО – МЕДИО (лат. medius – ортосу) – айдын ортосуна (15-күнүнө) туура келүүчү биржалык соода-бүтүмдүн аткарылуучу мөөнөтү. Медио менен бирге *биржада* бүтүмдөр боюнча айдын аягына келүүчү башка да эсептөө мөөнөтү пайдаланылат (*"ультимону"* караңыз). Бүтүмдүн мөөнөтү ага катышкандардын макулдашуулары боюнча үчүнчү *репорта* жана *депорта бүтүмдөрүн* түзүү менен узартылышы мүмкүн.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ВАЛЮТНЫЙ ФОНД – ЭЛ АРАЛЫК ВАЛЮТА ФОНДУ (International Monetary fund) – валюталык курстарды жөндөө нормаларын жана аларды сактоо үчүн көзөмөлдүк кылуу жолу менен эл аралык сооданы жана валюталык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү үчүн түзүлгөн эл аралык валюталык-кредиттик уюм. Бул уюм 1944-жылы АКШда Бреттон-Будседеги конференциянын чечимине ылайык уюштурулган. Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген мекеме статусу бар. Фонду кыска жана узак мөөнөттүү *кредитти* берет; анын активи мамлекеттердин-катышуучулардын мүчөлүк акы төлөмүнүн эсебинен топтолот.

МЕМОРИАЛЬНЫЙ ОРДЕР – МЕМОРИАЛДЫК ОРДЕР. Бугалтердик эсеп счетторунун корреспонденциясын көрсөтүүчү эсептик документ. Ага анын жагдайына ылайык ошол операция жасалышы керек.

МЕНЕДЖЕР – МЕНЕДЖЕР (англ. manager – башкарма) – жогорку деңгээлдеги кесиптик даярдыгы бар жана аракетчил мүмкүнчүлүгү арбын келишим менен же жалданып башкаруу нугунда иштөөчү адис. Мында жетекчи, коммерциялык нуктагы ишкер ж. б. менеджер болушу ыктымал. Бул – атайын даярдыгы, иш-аракетинин шарттары, башкаруу системасынын өзгөчөлүктөрү, жекече сапаттары ж. б. артыкчылыктары менен айырмаланат. Менеджер үчүн эң алды менен төмөндөгүдөй жагдайлар таандык: экономикалык ой жүгүртүү жана көз карашынын кеңдиги; чарбалык жактан үнөмчүлдүгү; жагдайды таасын баалай билүүгө машыгуу жана социалдык-экономикалык маселелерди чече билиши; демилгечилдиги жана уюштуруучулугу; ишке чыгармачылык, изилдөөчүлүк менен мамиле кылышы, жаңылык киргизүүчүлүк жөндөмдүүлүгү; демилгелүүлүгү жана социалдык активдүүлүгү. Азыркы убактагы башкаруу тутумундагы бардык эле жетекчи (адис) менеджер болуп саналбайт. Анткени биринчиден, алардын көпчүлүгү менен контрактылар түзүлбөйт, экинчиден, алар көбүнчө аткаруучу катары эсептелип, демилгелүүлүгүнүн чектелиши, өз алдынча чечим кабыл алууга жөндөмдүүлүгүнүн жетишсиздиги, өндүрүштү өнүктүрүү маселелерин жеткиликтүү түшүнүшпөстүгү, үчүнчүдөн, формалдуу жетекчи болуп эсептелген адистер жана жоопкерчиликтүү кызматкерлер, анткени булар өзүнүн иш-аракеттеринин нугу боюнча "менеджер" түшүнүгүнө жакын келет. Менеджер үчүн эң башкысы өзүнүн башкаруу ишин профессионалдык деңгээлде аңдоо, башкаруунун бул түрүнө түздөн түз тийиштүү болуучу билим жыйындысын өздөштүрүү, кээ бир стандарттарды тутунуу, ал тургай жүрүм-турумдун кайсы бир тышкы атрибуттарынын мүнөздүү касиеттерин сактоону өздөштүрүү болуп саналат. Базар экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө чыгаан менеджер болуш үчүн, мисалы, өзүнүн иш-

аракеттерин кандай гана өлкөдө ишке ашырбасын, англис тилин билүү керек деп эсептешет. Ошондой болсо да, менеджердин башкы стандартынын өзөгүн өз ишин билиши, башкара билүүгө жетишүү, алдыга коюлган максаттарга жетүү болуп саналат. Менеджер туруктуу кызмат аткарып, анын карамагында адатта тиешелүү адамдар болот. Мына ушунун өзү анын *бизнесменден* негизги айырмачылыгын ашкерелеп турат. Менеджер менен ишкердиктин ич ара белгилүү бир айырмачылыктары бар. Эгерде менеджер жетекчиликтин бюрократтык стилине көбүрөөк ыктаса ал үчүн мына булар мүнөздүү – анда тиешелүү милдеттерди адистештирип бөлүштүрүү, так башкаруу *иерархиясы*, эрежеси жана стандарттары, кызматкерлердин жөндөмдүүлүгүнө негизделүүчү жумуштарды баалоо көрсөткүчтөрү бир кыйла үстөмдүк кылышы ыктымал. Ал эми белгилүү бир даражада ишкердиктин башкаруу стилин тута билсе, ал айырмачылыктар жоюлуп кетиши мүмкүн. Демилгечил жетекчи менеджер катары түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү издейт жана өз ишканасына өзгөрүүлөрдү жана өркүндөтүүлөрдү киргизүү менен алдын ала ойлонуштурулган маселелер боюнча тобокелдикке барат.

МЕНЕДЖМЕНТ – МЕНЕДЖМЕНТ (англ. management – башкаруу, жетекчилик кылуу, уюм) – *өндүрүштү, ишканаңы башкаруу*; өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана арбыныраак пайда табууга карата иштелип чыккан ишканаңы, өндүрүштү *башкаруу* принциптеринин, методдорунун, каражаттарынын жана формаларынын жыйындысы. Менеджмент базар экономикасынын шартындагы ишканаларды башкаруунун олуттуу формасы болуп саналат. Өндүрүштө материалдык жана руханий жактан эң жогорку натыйжалуулукка жетишүү жана продукция сапатын жогорулатып, тейлөөнү жакшыртуу, алардын түрлөрүн дайыма кеңейтүү жана жаңылоо менен ийгиликке жетишүү менеджменттин түпкү максаты болуп эсептелет. Менеджмент принцибинин негизин төмөндөгүлөр ээлейт: фирманын ачык-айкын стратегиясынын болушу жана анын алкагында эркин изденүүлөр; жеке кызыкчылыктын жана максаттын шайкештиги; адистештирилген маалыматтардын, тышкы байланыштардын жыйындысынын, фирма ичинде жана фирмалардын ортосунда кадрларды алмашуунун, жаңы идеяларды активдүү изденүүлөрдүн белгилүү тутумдарын түзүү; жаңы идея тутумдарын калыптандыруу; эмгекке канааттануунун негизиндеги жүйөлүү тутуму, анын жеке кызыкчылыкка жана коомдук баа берүүгө ылайык келиши, жыйынтыкталган натыйжаларга байланыштуу материалдык кызыктыруу. Менеджмент адистештирилген илимдердин чордонуна негизделип түзүлөт. Менеджмент иш чаралардын негизги төмөндөгүдөй алты комплексин камтыйт: максатын жана милдеттерин белгилөө; максатка жетүүнүн ыкмаларын белгилөө; кадрларды окутуу, үйрөтүү жана даярдоо; башкаруу чечимдерин ишке ашыруу; алардын аткарылышын текшерүү; башкаруучулук таасирин өзгөртүү. Менеджмент баарыдан мурда объектинин функцияларын башкаруунун конкреттүү шарттарын, долбоордук иштеп чыгууларды жана жаңыларды киргизүүнү, өнүгүү стратегиясын бүт бардык тараптан анализ жасоону талап кылат. Менеджмент бюрократтык жана административдик ыкмада иш жүргүзбөөгө тийиш. Бардык учурда башкаруунун практикалык өзөгүн ача билүүгө жөндөмдүү болуп, билим комплексин калыптандырып, башкаруу ишинде конкреттүү дагдыланууларды жана өндүрүштүн өнүгүшүнө байланыштуу керектөөлөрүнө жооп берүүчү жаңы тутумду долбоорлой билүүгө жөндөмдүү болушу зарыл.

МЕТА – МЕТА (ит. meta – жартылай) – *бүтүм* шартын белгилөөчү коммерциялык термин; бүтүмдүн катышуучулары пайданы жана зыян тартууну тең бөлүшөт.

МЕТОДЫ ОПРЕДЕЛЕНИЯ СЕБЕСТОИМОСТИ ПРОДУКЦИИ – ПРОДУКЦИЯНЫН ӨЗДҮК НАРКЫН АНЫКТОО МЕТОДУ – продукциянын айрым түрлөрүн (буюм, товар, жумуш, тейлөө) өндүрүп чыгарууга жана сатууга сарпталган чыгымдарды топторго бөлүүнү жана эсептөөнү (калькуляциясын түзүү) жүргүзүүнүн ыкмасы. Көбүнчө тетиктер боюнча, тетик-операциялык, заказдык, бөлүктөр жана нормативдик методдор пайдаланылат. **Тетиктер боюнча** – бул метод ишканаларда массалык жана ири сериялуу *нукта өндүрүүдө* колдонулат; ошол эле тиешелүү тетиктер андан ары түрдүү буюмдарды жыйноо үчүн пайдаланылган учурларда керектелет. Анын айырмалануучу өзгөчөлүгү – өндүрүп чыгарууга сарпталган чыгымдар тетиктерди даярдоонун айрым аталыштары боюнча эсепке алынат, ал эми буюмдардын өздүк наркы анын тетиктерин түзүүчү өздүк наркты жана буюмду бүтүндөй жыйноого жумшалган чыгымдарды тактоо менен аныкталат. **Тетик-операциялык** метод продукцияны узакка созулуучу цикл менен даярдоочу ишканаларда колдонулат, калькуляция түзүү объектиси тетик эмес, тетик-операциясы болуп саналат. Анын милдеттүү шарты – тетиктердин жылышынын оперативдүү эсебин айрым баскычтар же операциялар боюнча уюштуруу болуп эсептелет. **Заказдык ыкма** жекелик жана майда сериялык өндүрүштөрдө, чакан партияларды же атайын заказдарды даярдоодо пайдаланылат. Мында жумушчулардын эмгек акысы, материалдарга ж. б. кеткен чыгымдары боюнча бардык документтерде коюлуучу заказ номери продукциянын ар бир түрүнө берилет. Калькуляциянын статьялары боюнча бугалтерия ар бир заказдын чыгымдарын өз алдынча жыйнайт. Иш жүзүндө заказды даярдоонун өздүк наркы анын аткарылышы

боюнча аныкталат. Узак мөөнөттүү технологиялык процесс өндүрүштөрүндө заказды буюмдун бүт түрүнө ачпастан, анын айрым бөлүктөрүнө (агрегат, түйүн ж. б.) эле ачышы мүмкүн. **Бөлүк (стадиялык) ыкмасы** – баштапкы материалды жана массалык продукцияны иштетүү мүнөзү боюнча жана өндүрүштө эмгек предметтеринин ырааттуулугу боюнча (мисалы, металлургиялык заводдордо, токума фабрикаларда, химиялык өнөр жай ишканаларында ж. б.) бирдей кайталанып туруучу өндүрүштө пайдаланылат. Калькуляциялык бирдиктин сапаты катарында чийки зат жана материалдардын бирдейлик принциби жана иштетүүнүн татаалдыгы боюнча буюмдардын топтору кабыл алынышы мүмкүн. Пландоо жана чыгымдарды эсепке алуу өндүрүш бөлүктөрү (стадиялар) боюнча өз алдынча жүргүзүлөт. Бул ыкманын өзгөчөлүгү кыйыр чыгымдарды шайкештүү бөлүштүрүүгө болуучу тикеден тике түз чыгымдын жоктугу болуп саналат. Ошондуктан продукциялардын ар түрү боюнча өздүк наркы өз алдынча аныкталат. Мисалы, мунай иштетүүчү жана мунай химиялык өнөр жайларында **салмактык ыкма** колдонулат. Мында ишкананын бардык чыгымдары даярдалуучу продукциянын түрлөрүнүн ортосундагы алардын массасына шайкеш келгидей же алардын жылуулук берүү жөндөмдүүлүгүнө карата бөлүштүрүлөт. Өнөр жайлардын кээ бир тармактарында **чыгымдарды чыгарып таштоо ыкмасы** дагы пайдаланылат, б. а. адегенде керектелип жаткан баалар боюнча кошумча продуктулардын наркы аныкталып, чыгымдардын жалпы суммасынын эсебинен чыгарылып салынат да, калдык негизги продуктунун санына бөлүнөт, жыйынтыгында натыйжа анын бирдигинин өздүк наркы катары кабыл алынат. Бир түрдөгү чийки заттан продукциянын бир нече түрлөрү алынуучу түстүү металлургияда чыгымдарды иштетилүүчү чийки заттагы металлдардын (материалдардын) наркына шайкеш келгидей бөлүштүрүлөт. Комплекстүү өндүрүштөрдө айкалыштырылган ыкма колдонулушу мүмкүн. Каралган жогорудагы ыкмалар бардык жактан телегейи тегиз деп кароого болбойт. Анткени булардын бир катар жетишсиз жактары дагы бар. Мисалы, эмгекти арбын талап кылуусу, так эместик жактары. Бир кыйла прогрессивдүүсү **нормативдүү ыкма** болуп эсептелет. Мунун түпкү маңызы иш жүзүндөгү чыгымдар продукция бирдигинин нормативдүү наркына шайкеш келгидей бөлүштүрүүнү камтыйт. Мында алдын ала даярдалган технологиялык процесстин карталарынын жана чийки заттын, материалдардын, эмгек акынын сарпталышынын иш-аракеттеги нормаларынын негизинде продукциянын нормативдүү өздүк наркынын калькуляциясы иштелип чыгат. Материалдардын, эмгек акынын ж. б. чыгымдалышынын иш-аракеттеги нормаларынан четтеген иш жүзүндөгү чыгымдар өндүрүштүн жүрүшүндө айкындалат. Мындай учурда четтөөлөрдүн себептерин жана күнөөлүүлөрдү милдеттүү түрдө көрсөтүү менен атайын документте жазылат. Андан кийин жыйынтыкталган көрсөткүчтөрдү жана продукциянын айрым түрлөрү боюнча маалыматтарды алуу максатында документтер тиешелүү топко бөлүнөт. Керектелген материалдардын, отундун, энергиянын, ошондой эле жалпы өндүрүштүк жана чарбалык чыгымдардын, эмгек акынын пландык баалардан четтеп кетиши аныкталат. Калькуляциянын ар бир статьясы боюнча нормада каралгандарга иш-аракеттеги нормалардан жана алардын өзгөрүүлөрүнөн четтөөлөрдү кошуу жолу менен иш жүзүндөгү өздүк нарк аныкталат. Бул ыкма продукциянын өздүк наркына калькуляция түзүүгө карата убакытты бир топ кыскартып жана тапшырмаларды аткаруунун жүрүшүндө аны азайтуу боюнча кыйла оперативдүү көзөмөлдү камсыз кылат.

МЕТОДЫ УПРАВЛЕНИЯ ЭКОНОМИЧЕСКИЕ – БАШКАРУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК ЫКМАЛАРЫ – объективдүү экономикалык мыйзамдарды жана категорияларды билгичтикте пайдалануу жана кызматкерлердин материалдык кызыкчылыктарына таасир тийгизүүгө негизделген *башкаруу ыкмаларынын* тобу. Бул төмөндөгү ыкмаларды камтыйт: **экономикалык ургаалдаштыруу (стимулдаштыруу) ыкмасы** ар бир жумушчу орунунда өндүрүштүн жана эмгектин натыйжалуулугун ургаалдаштыруу, баалоонун принциптерин жана ыкмаларын, анын акы төлөө тутумун, материалдык кызыктыруучу, пайданы бөлүштүрүүнү ж. б. пайдалануга негизделет; **өзүн актоочулук ыкмасында** ишкана чыгымдарын өзүнүн тапкан кирешелери менен жабып, рентабелдүү иштөөгө жетишүү керектиги тууралуу түшүнүктү камтыйт; **баа чыгаруу ыкмасы** бааны иштеп чыгарууну жана белгилөөнү камтыйт. Ал эми баа болсо чарбалык иш-аракеттердин жыйындысын, чыгымдардын натыйжалуулугун, *сурам* жана *сунуштарды* (бааның чыгарылышы илимий негизделген салык системасы менен өз ара байланышта болууга тийиш) өлчөмдөгүч болууга тийиш; **финансылоо ыкмасы** жеткирип-тапшыруучулар жана керектөөчүлөр, финансылык, банк органдары менен эсептешүүлөрдү уюштурууну алдын ала карайт; **кредиттөө ыкмасы** ишканаларды *кредитти* сарамжалдуу пайдалануга умтултуучу шарттарды түзүүнү алдын ала иликтейт да, *банк, бюджет* жана *жеткирип-тапшыруучулар* менен эсептешүүлөрдү өз убактысында жана толук жүргүзүүнү көзөмөлгө алат. Экономикалык ыкмалардын маани маңызын бүтүндөй алганда экономикалык кызыктырууну пайдалануу менен ар бир кызматкердин иш аракеттерин

керектүү багытка активдештирүүдөн жана ошол эле убакта ишканалардын (фирмалардын, жамааттын ж.б.) экономикалык потенциалынын күч алышына түрткү берүүгө келип такалат. Азыркы этапта алардын өнүгүшүнүн айырмалануучу белгилери болуп, базар механизми менен байланышта болушу саналат. Базар экономикасынын өзүнө таандык элементтери менен өндүрүп чыгаруучулардын жекече чыгымдарын төмөндөтүүнү стимулдаштырууга, продукциянын сапатын жогорулатууга, ресурстарды үнөмдүү сарптоого түрткү берүүчү жүйөлөрдү күчөтүүгө жана илимий-техникалык прогресстин натыйжаларын пайдаланууга, өндүрүш чыгымдарын төмөндөтүүгө жана сатып алуучулардын төлөмдүк сурамдарын канааттандырууга тийиш. Менчиктин жаңы формаларынын пайда болушу, өндүрүш катыштарынын өркүндөтүлүшү кызматкерди *өндүрүш каражаттарынан* ажырап калууну четтетип, ушунун негизинде мамлекеттик органдарды, ошондой эле эмгек жамааттарын, ар бир кызматкерди эң аз чыгым жумшап, жогорку көрсөткүчтөргө жетишүүгө кызыктырат. Өндүрүүчүлөрдүн *атаандаштыгы, базар мамилелери* менен шартталган алардын экономикалык атаандаштыгы башкаруунун экономикалык ыкмалардын курамдык элементтерин пайдалануу жана калыпка салуунун олуттуу фактору катары кызмат кылат. Мамлекет базардын өнүгүшүнө түрткү берүү менен экономикалык рычагдардын жана стимулдаштыруунун жардамы менен аны жөнгө салып турат. Буларга төмөндөгүлөрдү кошууга болот: *ссудалар, баалуу кагаздар* боюнча пайыздар, *баалар, салыктар*, салык жеңилдиктери жана экономикалык *санкциялар, максаттык дотациялар* жана *субсидиялар, валюталык курс*, социалдык, экономикалык ж. б. нормалар жана нормативдер. Башкаруунун экономикалык ыкмаларын билгичтикте пайдалануу менен ишканаларды башкарууда экономикалык волюнтаризмди болтурбоого, тагыраак айтканда илимий негизделген ыкмаларга, реалдуу шарттарга жана мүмкүнчүлүктөргө таянбастан, экономикалык маселелерди чечүүгө өз бети менен кандай болсо ошондой, негизсиз иш жүргүзүүгө жол бербөө зарыл. Волюнтаризмдин, жоопкерчиликсиздиктин жана ишке жөндөмсүздүктүн келип чыгуу мүмкүнчүлүгү *башкаруучулук чечимдерди* кабыл алууда, кадрларды тандоодо жана аларды жайгаштырууда көпчүлүк учурда белгилүү бир баш аламандыкты туудурат. *Экономикалык волюнтаризмди* болтурбоо профессионализмди жана жетекчилердин жоопкерчилигин жогорулатууга, кабыл алуучу чечимдерди экономикалык критерийлердин негизинде баалоого негизделет. Мына ушундай касиетке ээ болгон жетекчи чарбанын иштерин жакшы жүргүзө алат. Башкаруунун экономикалык ыкмалары базар мамилелеринин шартында башкы маанигеэ

болот. Анткени ал бүтүндөй коомдун базисин түзүүчү мыйзамдардын талабын, экономикадагы кайталануучу өз ара байланыштарды, өндүрүш боюнча адамдардын катнаштарын, материалдык байлыкты бөлүштүрүүнү, алмашууну жана керектөөнү так чагылдырат.

МИКРОМАРКЕТИНГ – МИКРОМАРКЕТИНГ (англ. micromarketing) – сатып алуучулардын керектөөлөрүн канааттандыруучу базар нугуна ыктаган өндүрүштү уюштурууну жана товарларды сатууга, тейлөө иштерин уюштурууга багытталган ишканалардын иш-аракеттерин уюштуруунун комплекстүү тутуму; *маркетингдин* ишкананын деңгээлиндеги чагылдырылышы. *Кара. **Маркетинговая среда предприятия – ишкананын маркетинг чөйрөсү.***

МИКРОСРЕДА – МИКРОЧӨЙРӨ – кардарларды (жеткирип-тапшыруучуларды жана керектөөчүлөрдү), атаандаштарды, ошондой эле тыгыз байланыштагы аудиторияларды, б.а. ишкана кызыкчылыгын жактаган же алдыга коюлган максаттарга жетишүүгө, анын жөндөмдүүлүгүнө таасир көрсөтүүчү топторду тейлөө боюнча ишканага (фирмага) жана анын мүмкүнчүлүктөрүнө карата катышы бар элементтердин жыйындысы.

МИКРОЭКОНОМИКА – МИКРОЭКОНОМИКА – ишкана (фирма), тармактар, үй-чарбачылыгы, ошондой эле айрым базарлар, баа, товар жана тейлөө сыяктуу экономикалык олуттуу бирдиктерди изилдөөчү экономика илиминин бир бөлүгү. *Кара. Макроэкономика.*

МИНИМАЛЬНАЯ ЗАРАБОТНАЯ ПЛАТА – МИНИМАЛДУУ ЭМГЕК АКЫ – жалдап жумуш иштетүүчү тараптын тигил же бул кызматкерге аткара турган иши үчүн акчалай же натуралай түрүндө төлөмдүн минималдуу өлчөмүн аныктоочу ченем. Анын өлчөмү негизинен *минималдуу керектелүүчү* бюджеттин негизинде аныкталат да, белгиленген тартипте бекитилет. *Жамааттык келишимдерде*, эмгек келишим шартта эмгек акынын бир кыйла жогорку өлчөмү каралышы мүмкүн. Минималдуу жалийна, эмгек акы, пенсия, стипендия, жөлөк пул ж.б. социалдык төлөмдөрдү берүүнүн республикалык тарифтеринин өлчөмдөрүн аныктап белгилөө үчүн негиз болуп саналат. Кийинки убакта ал ар кандай жаза пул *санкцияларды* кошуп эсептөө үчүн негиз болуп калды.

МОДЕЛЬ ЭКОНОМИЧЕСКОГО РОСТА – ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШТҮН МОДЕЛИ – Р. Харрод (Англия) менен Е. Домардын (АКШ) түзгөн модели. Бул төмөндөгүдөй эки шартка негизделген: *1)* Улуттук кирешенин өсүшү капиталдын топтолушунун негизги үңгусун түзүп, ал эми өсүүгө таасир тийгизүүчү калган факторлордун бардыгы капитал кайтарымы болуп саналат. *2)* Капитал сыйымдуулук өндүрүштүк факторлордун өз ара катыш баасына көз каранды болбойт

да, ал өндүрүштүн техникалык шарттары менен гана аныкталат.

МОНЕТАРИЗМ – МОНЕТАРИЗМ – *1)* Сунуш теориясы менен катар өткөн кылымдын 70-жылдары калыптанган азыркы кездеги неоконсерватизмдин негизги агымынын бири. Азыркы кездеги базар чарбасынын негизги маселелери акча жүгүртүү аркылуу каралышы монетаризмдин негизги өзгөчөлүгү болуп саналат; *2)* Бир жактуу мааниде алганда бул экономикалык теория болуп саналат, ага ылайык жүгүртүүдөгү акчанын өлчөмү чарбалык коньюнктураны калыптандырууну аныктоочу фактор болуп саналат да, жүгүртүүдөгү акча массасынын өзгөрүлүшү менен улуттук дүң продуктунун чондугунун ортосунда түз байланыштын бар экендигин көрсөтөт.

МОНИТОРИНГ – МОНИТОРИНГ – айлана чөйрөдө адамдын иш аракети менен пайда болуучу өзгөрүүлөрдү, түрдүү оош-кыйыштыктарды аныктоо үчүн байкоо жана изилдөө жүргүзүлүүчү иштердин комплекси. Мониторингдин жыйынтыгын билгичтикте пайдалануу ишкердикти өнүктүрүүгө кыйла үзүрлүү таасирин тийгизет.

МОНОПОЛИЯ – МОНОПОЛИЯ (грек. monos – бир, бирден-бир жана poleo – сатамын) – бир нерсеге карата өзгөчө укук, б.а. өндүрүшкө, соодага, жаратылыш байлыктарын пайдаланууга жеке адамга же кишилердин тобуна, мамлекетке тийиштүү укук; тигил же бул товарды өндүрүүдө өзгөчө орунду ээлеген фирма, ишкана; *сунуштун* жалпы көлөмүнө, товардын баасына же тейлөөгө аз өлчөмдө болсо да, сатуучулардын ар бири таасир көрсөтүүгө жөндөмдүү базар, чакан фирмалар өндүрүштү бүтүндөй же анын олуттуу бөлүгүн көзөмөлдөп турган ири тармак же бирикмелер (**концерндер, консорциумдар, конгломераттар** ж. б.). Булар кандайдыр бир товарды өндүрүп чыгарууну же сатууну өзүнө топтоп, өндүрүштү, *капиталды* концентрациялоонун нугунда пайда болот. Улуттук экономикадагы маанилүү объект катары монополиянын өзү же анын базардагы басымдуулук кылуучу абалы эмес, монополизмдин үстөмдүгү болуп саналат, тагыраак айтканда *чарбалык субъект* контрагентке өзү үчүн пайдалуу шартты эске алуу менен чечим кабыл алууну сунуш кылат да, базардагы *сурамдарды* дайыма өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланат. Монополизмдин пайда болуу формаларына товарды өтө кымбаттатып, бааны ыгы жок көтөрүү, өндүрүүнү кыскартуу, *инфляция*, эмгек акынын өсүшү, *маркетингди, жарнамаларды, аташдаштын* продукцияларынын сапатын ж.б. толук баалабоо сыяктуулар кирет. Өндүрүүнүн көлөмүн төмөндөтүү менен бааны көтөрүүгө умтулуу ресурстарды толук пайдаланбагандыгын эле ашкерелебестен, ошону менен бирге керектөөчүлөрдүн (сатып алуучулардын) кыйла бөлүгү үчүн продукцияны алуу мүмкүн

болбой калгандыгын дагы билдирет. Бирок, монополизм шартында илимий-техникалык прогресстин натыйжаларын ишке киргизүү үчүн кыйла резервдеринин болушу мүмкүн. Булар негизинен пайда боло калган атаандаштарды сүрүп таштап, алдыга чыгуу зарылдыгы келип чыкканда жана пайдасын көбөйтүүнү камсыз кылып, базардын жаңы бөлүктөрүнө ээ болуу үчүн керектелет. Алар, адатта, продукцияларды өтө ири өлчөмдөрдө чыгаруунун, кыйла кубаттуу жана өндүрүмдүү эмгек каражаттарын, дасыккан жумушчу күчтөрүн ж.б. пайдаланууну эсебинен өндүрүш чыгымдарын кыйла төмөндөтүү мүмкүнчүлүктөрүнө да ээ болушат. Мында сенектикке айлануу коркунучу да келип чыгат. Монополизмдин базардагы артыкчылыгын ишке ашыруунун атайын экономикалык формасы монополисттик ашык пайда алуу деп аталат. Ал улуттук экономиканын субъектилеринин кеңири алкагынын кызыкчылыгына таасир этип, экономикалык бийликти кармап туруучу дагы болуп саналат. Продукту баасында пайда канчалык көп болсо, монополиялык бийлик ошончолук күчтүү болот. *Кара. Конкуренция – атаандаштык.*

МОРАЛЬНЫЙ ИЗНОС – МОРАЛДЫК ТОЗУУ – *эмгек каражаттарынын* бара-бара өзүлөрүнүн баштапкы наркын толук эскиришине чейин акырындык менен жоготушу (алардын керектелүү наркын жоготуу деңгээлине байланышсыз). Моралдык тозуу эки формада билинет. Мунун биринчисинде *эмгек каражаттарынын* ушул берилген түрүнүн өндүрүш натыйжалуулугунун жогорулашынан улам алардын арзандагандыгына, тагыраак айтканда машиналар, аспаптар, орнотмолор ж.б. ушуга окшогон өндүрүлгөндөрдүн арзандашына тыгыз байланыштуу болот. Бирок, мында окшош машиналар бирдей наркка ээ болушу керек. Анткени алардын чыныгы коомдук наркы баштапкы чыгымдар менен (баштапкы наркы) аныкталбастан учурундагы каражаттардын коомго өндүрүп бергендери канчага турары (калыбына келтирүү наркы) менен аныкталат. Мына ушуга ылайык иш-аракеттеги *негизги фондулардын* наркы продукцияны даярдоого мурдагыга (баштапкы наркына) караганда, албетте инфляцияны эсепке албаганда, аз өлчөмдө которулат. Экинчисинде болсо, сапаттуулук жактан кыйла жеткилең жана жаңы натыйжалуу негизги фондулардын керектелишине байланыштуу болот. Аларды билгичтикте пайдалануу өндүрүп чыгарылуучу продукцияны арзандатып же аны базар алкагынан сүрүп чыгарат. Иш-аракеттеги фондулардын техникалык касиеттери мунун натыйжасында өзгөрбөйт да, алардын турум абалы жакшы болушу мүмкүн. Бирок, алар жаңы фондуларга салыштырганда керектөөчүлүк наркын жоготуп, ошондон улам мурдагы (иш-аракеттеги) баасы төмөндөйт. Ошондуктан, бир

жагынан алып караганда, ишкана жоготууга кептелсе, экинчи жагынан, жалпысынан, коом утат. Анткени эски фондулардын нарктык жоготуулары жаңыларды пайдалануудан үнөмдүү нуктан алганда кыйла тез акталат. Моралдык тозуунун биринчи формасынын таасири калыбына келтирүү наркы боюнча негизги фондуларды кайра баалоодо эсепке алынат; экинчисинин терс таасирлери машиналарды жана жабдууларды долборлоодо жана өндүрүп чыгарууда эскирүү мөөнөтүн *амортизациялык мезгилге* жакын, моралдык эскирген эмгек каражаттарын жаңылары, кыйла натыйжалуулары менен же аларды реконструкциялоо, модернизациялоо жолу аркылуу четтетилет. *Кара. **Оценка основных фондов – негизги фондуларды баалоо.***

Н

НАКЛАДНЫЕ РАСХОДЫ – КОШУМЧА ЧЫГЫМДАР – өндүрүштү уюштурууга, башкарууга жана тейлөөгө байланыштуу чыгымдар. Булар продукция иштеп чыгарууга жумшалган чыгымдар менен бирге өздүк наркка кошулат. Кошумча чыгымдарга негизинен административдик-башкаруучу кызматкерлерге жумшалуучу чыгымдар (алардын кызмат акылары, почта, телеграф, телефон, радио, басма сөздөрдү төлөөлөр), продукция сатууга байланыштуу ар кандай чыгымдар, салыктар, ички чарбалык эсепти киргизүүгө байланыштуу болгон чыгымдар кирет. Кошумча чыгымдардын өлчөмүнө өндүрүштү уюштуруунун формалары жана аларды башкаруунун тутумдары, ошондой эле өндүрүштү ирилештирүүнүн жүрүшү таасирин тийгизет. Азыркы шартта майда өндүрүшкө караганда ири өндүрүштү уюштурууга, жүргүзүүгө кошумча чыгымдар кыйла аз жумшалат.

НАКОПЛЕНИЕ – ТОПТОМ. Кошумча продуктунун бир бөлүгүн өндүрүштүн кошумча каражатына, жаңыдан өндүрүшкө тартылган жумушчулардын керектөөсү үчүн кошумча каражатка айландыруу жана ошонун негизинде продукцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү көбөйтүү. Топтом өндүрүштүн үстөмдүк кылган ыкмасы, өндүрүшкө болгон менчиктин формасы менен аныкталат.

НАЛОГ ЗА ПОЛЬЗОВАНИЕ ПРИРОДНЫМИ РЕСУРСАМИ, ЭКОЛОГИЧЕСКИЙ НАЛОГ – ТАБИГАТ РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ҮЧҮН САЛЫК, ЭКОЛОГИЯЛЫК САЛЫК – табигат ресурстарын пайдалангандыгы жана белгиленген лимит чектеринде булганган заттарды айлана чөйрөгө чыгарып таштоолору, ошондой эле табигат ресурстарын ашыкча сарптоолору жана булганган заттарды айлана чөйрөгө тиешелүү лимиттен ашыкча таштоолору үчүн *юридикалык* жана *жеке жактардын* бюджетке төлөмдөрү. Табигат ресурстарын өндүрүп алуу жана айлана чөйрөгө ташталган акыр-чикирлердин көлөмүнүн (бекитилген лимиттердин чегинде) жана белгиленген тийиштүү ченемдердин негизинде ай сайын чегерилип турат. Табигат ресурстарын өндүрүп чыгаруу белгиленген өлчөмдөн ашып кетсе, ал үчүн салык жогорулатылган ченемде алынат, ал эми булганган заттар айлана чөйрөгө белгиленген лимиттерден ашык ташталса – бир нече эсе арбын салык салынат. Бул төлөмдөр ишкананын карамагындагы пайданын эсебинен төлөнөт.

НАЛОГ ЗЕМЕЛЬНЫЙ – ЖЕР САЛЫГЫ – *ээлик кылууга* пайдаланууга же менчик кылып берилген жерге *юридикалык* жана *жеке тараптардын* ар гектар жер аянты үчүн жылына төлөнүүчү, такталып белгиленген милдеттүү түрдөгү төлөмдөр. Мунун түпкү максаты экономикалык ыкмалар аркылуу жерди сарамжалдуу пайдалануунu камсыз кылуу, жерге орноштуруу (долборлоп-иликтөө, сүрөткө түшүрүү жана изилдеп-текшерүү иштери), жердин сапатын жогорулатуу жана аны коргоо, ошондой эле аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшү боюнча иш чараларды жүзөгө ашыруу үчүн каражаттарды калыптандыруу болуп саналат. Жерге салык төлөө бардык жер ээлери, жер пайдалануучулар, ошону менен бирге ижарачылар жана жерди менчик кылып алгандар үчүн милдеттүү болуп саналат. Тийиштүү мыйзамда алдын ала каралып жер салыгынан куткарылгандардан башкалар милдеттүү түрдө төлөйт. Жерге төлөнө турган жер салыгынын өлчөмү жер бөлүкчөсүнүн сапатына жана анын орун алышына тыгыз байланыштуу жана салык же ижара төлөмү түрүндө жыл сайын кармалып алынат. Жер салыгы жердин өзгөчөлүгүнө карата ылайыкталып салынат. Булар төмөндөгүдөй: айыл чарбасына арналган жер; калк жашаган жерлер (шаарлар, шаарчалар жана айылдар); өнөр жай, транспорт, байланыш, калк жашаган жерлерден четкери жайгашкан жер; жарандарга көмөкчү чарбаларын уюштуруу, курулуш жана турак жайларды тейлөө, мөмө-жемиш багын өстүрүү, мал чарбачылык, чөп чабык жана жайыт, дачага ылайыкталган курулуштар, нукура элдик кол өнөр кесиби жана мураска калган турак жерлери; жер жана суу фондусу. Мында эсеп төлөмүн салык инспекциясы жүргүзөт. Ишканаларда болсо бул продукциянын өздүк наркына киргизилет.

НАЛОГ НА ДОБАВЛЕННУЮ СТОИМОСТЬ (НДС) – КОШУМЧАЛАНГАН НАРККА САЛЫК – товарларды өндүрүү, жумуштун жана тейлөөнүн жүрүшүндөгү бардык баскычында түзүлүүчү нарктын өсүшүнүн бир бөлүгүн бюджетке чегерүү формасы; товарлардын сатылышына жараша бюджетке которулат. Салык төлөөчүлөргө өлкөнүн аймагында өндүрүштүк жана коммерциялык иш-аракеттерди жүргүзүүчү юридикалык (чет элдиктерди кошо алганда) тараптар кирет. Мында кандай түрдөгү менчиктүүлүгү жана баш ийүүчүлүк формалары эске алынбайт. Салык салуунун объектиси катары тейлөө көрсөтүүдө, жумуштарды аткарууда, продукцияларды, товарларды сатууда жана өндүрүүдө чийки заттын, материалдын же товардын наркына ишкананын (өндүрүш, ошондой эле айлануу чөйрөсүндө) кошкон наркы эсептелет. Кошумчаланган наркка салык төмөндөгүдөй учурларда салынат: *юридикалык бир тараптын* даярдаган бардык товарларын, издештирип тапкан же өндүрүп чыгарган продукцияларын башка *юридикалык* же *жеке тараптардын* алып саткан учурларында; ишкананын ичинде өзүлөрүнүн жеке керектөөлөрү, ошондой эле өзүнүн кызматкерлери үчүн өндүрүш иш-аракеттерине байланышсыз максаттагы товарларды жана тейлөөлөрдү саткан кезде. *Мамлекеттик бюджетке акциздер* менен төлөнгөн товарларды сатуу боюнча айланымдарга адатта салык салынбайт. Салык салынуучу кошумчаланган нарк товарды өндүрүүдөгү материалдык чыгымдарды чыгарып салгандан кийинки товардан (жумуштар, тейлөөлөр) алынган сумманын негизинде эсептелинет. Негизги фондулардын амортизациялары материалдык чыгымдардын курамына кошулбайт. Негизги фондулардын курулуштагы жана ремонттогу салык айланымы болуп, материалдык чыгымдарды чыгарып салгандан кийинки курулуш-монтаждык жана ремонттук иштердин наркы саналат. Бул салыктын суммасы товардын сатылуучу (жумуштар, тейлөөлөр) баасына кошулат. Сооданын жана дүң сооданын жеңилдиктеринин (товардын баасын бир аз арзандатуу), соода үстөктөрүнүн, бааны көтөрүүнүн (кошумча баага үстөк) белгиленген өлчөмдөрү кошумчаланган наркка салыкты эсепке алуу менен бааларга колдонулат. Базар экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө кошумчаланган наркка салык адатта эки бөлүктөн турат: сатууга жана сатып алууга салык. Товарларды сатуучу жана тейлөө көрсөтүүчү фирма кошумчаланган наркка салык төлөөчү катарында катталууга милдеттүү, эгерде анын саткандарынын наркы жылдык белгиленген суммадан ашыктык кылса, жеткирип-тапшырып туруу салыгынын (сатуу салыгы) баарысына кошумча төлөөнү өзүлөрүнүн кардарларынан кармап калуу керек. Сатууга салык жеткирип-тапшыруучулар тарабынан өзүнчө бөлөк эсепке алынып, өкмөткө өткөрүлүп берилет (сатып алууга салыксыз, анткени ал сатуучу тарабынан өзүнүн жеткирип-тапшыруучусуна төлөйт). Фирма өкмөткө төгүп бере турган салыктын суммасы (жеткирип-тапшыруучуларга төлөнгөн сумма чыгарып салынат) кардарлардан чогултулган жыйым болуп саналат.

НАЛОГ НА ДОХОД – КИРЕШЕГЕ САЛЫК – ишкананын (анын филиалдарынын, бөлүмдөрүнүн, өкүлчүлүктөрүнүн ж.б.) кирешесинин бөлүгүн бюджетке алуу формасы; мында кирешеге салык кармоо ишкананын уюштуруу түзүмүнүн, баш ийүүчүлүк жана менчик формаларына байланышсыз жүргүзүлө берет; кирешеге салык аларга тиешелүү *акциялардан, облигациялардан* ж.б. *баалуу кагаздардан* алынуучу кирешеден, биргелешкен орток ишканалардагы үлүштүк катышуудан, видеокөрсөтүүдөн, массалык концерттик-оюн тамаша иш-чараларынан, акча утуштары ыйгарылуучу оюн автоматтарын керектөөдөн, байгелүү оюн аттракциондордон, лотерея өткөрүүлөрдөн түшкөн кирешелерден кармалат. Кирешеге салык салуунун объектиси жогоруда саналган иш-чаралардан түшкөн акчалар болуп саналат. Мында киреше алууга байланыштуу материалдык чыгымдар, ошондой эле амортизациялык чегерүүлөр, жарнамага сарптоолор ж.б. жыйынтыкталып эсептен чыгарылат. Салык ченеми иш-чаралардын түрү боюнча жиктелет. Мисалы, чоң утуштагы лотереяларды өткөрүүдөн түшкөн кирешеге белгиленген. *Кара. Налог на прибыль – пайдага салык.*

НАЛОГ НА НЕДВИЖИМОСТЬ – КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛККӨ САЛЫК – бюджетке милдеттүү түрдө жыл сайын кыймылсыз мүлк үчүн чегерилүүчү төлөмдөр. Анын төлөөчүлөрү катары менчигинин формаларына көз карандысыз *юридикалык тарап*, алардын филиалдары, бөлүмдөрү, өкүлдүгү жана өзүнчө жиктелген бөлүмчөлөрү, ошондой эле *жеке тарап*. Салык төмөндөгүлөргө салынат: юридикалык тараптын менчиги болуп саналуучу негизги өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес фондулардын жаңы жана аягына чейин курулуп бүтө элек объекттердин наркына, ошондой эле жеке жактарга тийиштүү имараттарынын наркына.

НАЛОГ НА ПРИБЫЛЬ – ПАЙДАГА САЛЫК – ишканалардын таза кирешесинин бөлүгүн бюджетке алуу жолу. Салык ишканалардын (компаниялардын, фирмалардын, уюмдардын ж.б) сатуудан дүңүнөн түшкөн акчаларына тең пайдалардан кармалат. Мында өндүрүштүк жана коммерциялык (айлык, банк кредити боюнча пайыздарды, жарнамага жумшалган чыгымдарды) чыгымдар чыгарылып таштагандан кийин эсептелинет, ошондой эле тиешелүү мыйзамга

ылайык айрым чыгымдар анчамынча же толугу менен салыктан бошотулат. Булар илим изилдөө, техникалык жетишкендиктерди киргизүүгө жумшалган чыгымдар, кайрымдуулук фондусуна кошкон төлөмдөр сыяктуулар болушу ыктымал. *Юридикалык тараптын* тапкан пайдаларына салынуучу салыктын ставкалары бирдей болуп белгиленет да, ал эми *акциялардан, облигациялардан,* ж.б. *баалуу кагаздардан,* ортомчулуктан түшкөн кирешелерге коюлган салык ставкалары бир кыйла жогору болот. Анткени аны алуучулар, адатта, материалдык чыгымдарга кептелбейт.

НАЛОГ НА ТОПЛИВО – ОТУНГА САЛЫК – автомобилдик отунду (бензинди, дизотунду, кысылган жана суюлтулган газды) пайдалангандыгы үчүн каражаттарды бюджетке алуу жолу. Салыкты төлөөчүлөргө күйүүчү отунду *юридикалык тараптарга* жана жарандарга сатууну ишке ашыруучу ишканалар, уюмдар жана ишкерлер кирет. Салык өлчөмү керектөөчүлөргө берилген күйүүчү отундун наркы боюнча пайыздар менен белгиленет.

НАЛОГ НА ЭКСПОРТ И ИМПОРТ – ЭКСПОРТКО ЖАНА ИМПОРТКО САЛЫК – тышкы сооданын жана өлкөнүн ички баалардын деңгээлдериндеги айырмалардан улам пайда болуучу таза кирешени мамлекет кирешесине алуу жолу. Бул өлкөнүн ички базарын экономикалык жактан коргоонун максаттарынын бири болуп эсептелет. Салык төлөөчүлөргө мыйзам менен бышыкталган тартипте тышкы-экономикалык байланыштардын катышуучусу катары каттоодон өткөн бардык юридикалык жак жана өзүнүн ишаракети боюнча юридикалык тарап катары эсептелбеген ишкерлер кирет. Салык салуунун объектиси – тышка чыгарылуучу жана ал жактан алып келинүүчү товарлардын контракттык наркы эсептелет. Салыкты ошол өлкөнүн аймагындагы жүгүртүүдөгү акча бирдиктеринде же эркин конверсияланууучу *валютада* түздөн-түз салык төлөөчү товардын контракттык наркына карай пайыз аркылуу төлөйт. Төлөөгө чейин же бажыкана көзөмөлүнө көрсөтүү менен бир убакта төлөнөт. Салык дарылоо мекемелери үчүн алынган импорттук жабдууларга, дарыдармектерге, биргелешкен орток ишкананын *уставдык фондусундагы* чет элдик өнөктөрдүн салган акчасынын (салымынын) эсебинен алып келген жабдуу, материалдар жана мүлктөргө, дагы ушул сыяктуу башка товарларга салынбайт.

НАЛОГ ПОДОХОДНЫЙ С ГРАЖДАН – ЖАРАНДАРДАН АЛЫНУУЧУ КИРЕШЕ САЛЫК – салык төлөмүнүн бир түрү. Мамлекеттик, кооперативдик, коомдук ишканалардан, уюмдардан алынган *эмгек акы* ж.б. төлөмдөр салык салуунун негизги объектиси болуп саналат. Кирешe салыгы белгиленген прогрессивдүү ставкалар, дифференцияланган салык төлөөчүлөрдүн

топтору жана кирешенин өлчөмү боюнча эсептелинет. Салык салуудан бошотулган (салык салынбай турган минимум – минималдуу эмгек акы), белгилүү бир суммадан баштап, кирешенин өсүшү тиешелүү бөлүктөргө бөлүнөт да, алардын ар биринин кийинкилеринен бир кыйла жогорку ставкада салык алынат. Кирешенин кээ бир түрлөрү салыктан бошотулуп, ал эми калктын айрым бөлүгүнө салык төлөөнүн ставкасын төмөндөтүү түрүндө жеңилдик берилет, мүмкүн толук бошотулат. Мисалы, Улуу Ата-мекендик согуштун катышуучулары.

НАЛОГ С ОБОРОТА – АЙЛАНЫМ САЛЫГЫ – продукцияларды сатуудан түздөн-түз мамлекеттик бюджетке түшө турган коомдун накта кирешеси. Бул товардын дүң баасына кошулат. Айланым салыгын чарбалык эсептин негизинде иштешкен жана банктарда өзүнчө балансылары, ошондой эле эсептешүүчү счеттору бар мамлекеттик ишканалар, уюмдар, өндүрүштүк бирикмелер (компаниялар, комбинаттар), коомдук ишканалар, чарба аралык кооперативдештирилген уюмдар төлөшөт. Айланым салыгы товарларды сатууда, ошондой эле ал товарларды чекене же дүң баалар боюнча ишканаларга же өндүрүштүк мекемелерге саткан кезде да төлөнөт. *Кара. **Налог на добавленную стоимость (НДС) – Кошумчаланган наркка салык.***

НАЛОГ СОЦИАЛЬНЫЙ – СОЦИАЛДЫК САЛЫК – калктын социалдык жана маданий-турмуштук керектөөлөрүн канааттандырууга *юридикалык тараптардан* кармалып алынуучу милдеттүү төлөмдөр. Анын каражаттары бюджетке аралаштырылбай, атайын фонддуларда топтолот жана ишканалардын (мекемелердин, уюмдардын) карамагында калуучу пайдалардын өлчөмүнө таасир көрсөтпөйт. *Кара. **Фонд пенсионный – пенсиялык фонд. Фонд социальной защиты населения – калкты социалдык жактан коргоо фонду.***

НАЛОГ ТРАНЗИТНЫЙ – ТРАНЗИТТИК САЛЫК – калыптанган салык тутумунун бир түрү. Анын төлөөчүлөрү *юридикалык* жана *жеке тараптар,* тагыраак айтканда ушул өлкөнүн аймагынан тышкары жашап, аны (өлкөнүн аба мейкиндигин да) транспортту, жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү транзиттик нуктан пайдалануучу транспорт түрлөрүнүн ээлери жана аларды пайдалануучулар болуп саналат. Салыктын өлчөмү транспорттун түрүнө, анын жүк көтөрүмдүүлүгүнө жана сыйымдуулугуна, ташылуучу жүктөрдүн классына тыгыз байланыштуу болот. Ал эми өткөргүч түтүктөр, темир жол, аба жана суу транспорту үчүн салык өлчөмү өкмөт аралык келишимдердин негизинде белгиленет. Туруктуу рейстерди жана жүктөрдү ташууну ишке ашыруучу транспорттун бул түрлөрүнүн ишкана-

лары салыкты накталай эмес тартипте төлөшөт; транспорт каражаттарынын башка эзлери тигил же бул өлкөнүн аймагына ар бир басып өткөнү үчүн акча каражатын накталай эмес которуп же акчалай эсептешет. Кайрымдуулук кылуу жана гуманитардык жардам ж.б. нуктагы жүктөрдү алып өтүүдө салыктан бошотулат.

НАЛОГИ – САЛЫКТАР – *юридикалык* жана *жеке жактардан* бюджетке жана бюджеттик эмес фондуларга алынуучу милдеттүү түрдөгү төлөмдөрдүн тутуму. Алардын өлчөмү жана мөөнөтү мыйзам чегинде бышыкталат. Бул мамлекетке салык төлөөчүлөрдөн жыйналган (түшкөн) акча катыштарын туюнтат. Салык төмөндөгүдөй негизги эки функцияны аткарат: биринчиси, салык салуунун максатына байланыштуу ишканалар жана жарандар (ошонун ичинде чет элдиктер) менен өз ара карымкатнаштарын жөнгө салып туруучу экономикалык рычагы, экинчиси, бюджеттин киреше бөлүгүн калыптандыруучу жана толуктоочу негизги булагы. Салык ич ара төмөндөгүдөй ажырайт: түз салыктар – булар кирешеге жана мүлккө (мисалы, *кыймылсыз мүлккө салык, жер салыгы, табигат ресурстарын пайдалангандыгына салык, пайдага салык* ж.б.) салынат; кыйыр салыктар – бул жасалган жумуштар, тейлөөлөр үчүн сатып алуучулар төлөөчү үстөк түрүндө товарлардын баасына кошулган салык (*акциздер, кошумчаланган наркка салык, күйүүчү отунга салык),* ошондой эле айыл чарба продуктуларын өндүрүүчүлөргө көмөк көрсөтүү үчүн мамлекеттин бюджеттик эмес фондуга жана ведомстволук турак-жай фондусун кармап туруу боюнча чыгымдарды каржылоо (финансылоо) үчүн бюджеттик эмес фондуга чегерүү. Салыктардын жана чегерүүлөрдүн өзгөчө тобун төлөмдөр түзөт да, аларды алуунун объектиси катары эмгек акы фондусу саналат (*чукул салык,* мектепке чейинки балдар мекемелерин кармап турууга чегерүү, калкты социалдык жактан коргоо фондусуна жана жумуш орундары менен камсыз кылуу фондусуна чегерүүлөр). Салыктардын, чегерүүлөрдүн жана жыймдардын (салык формасына ээ болгондордун) баарысы үч топко бөлүнөт: продукцияларды сатуудан (жумуштар, тейлөөлөр) түшкөн акчанын эсебинен төлөнүүчү төлөмдөр; продукциянын өздүк наркына кошулуучу төлөмдөр (жумуштар, тейлөөлөр) жана баланстык пайдалардан төлөнүүчү төлөмдөр (кыймылсыз мүлккө салык, товар айланымынан түшкөн пайдага салык, кирешелерге салык). Продукциянын өздүк наркына кошулуучу төлөмдөр өз кезегинде төмөндөгүдөй топчолорго бөлүнөт: эмгек акы фондусунан кармалуучу салыктар жана чегерүүлөр – чукул салык, калкты социалдык жактан коргоо фондусуна чегерүүлөр ж.б.; жол фондусуна чегерүүлөр – *транзиттик салык,*

автожолду жана автотранспортту пайдалануу боюнча кирешелерден түшкөн каражаттарды жол фондусуна чегерүүлөр; калган дагы башка салыктар жана чегерүүлөр – жерге салык, табигат ресурстарын пайдалангандыгына салык, мамлекеттик өрт өчүрүү мекемелерин кармап турууга жыйым; ведомстволук фондуларга чегерүү – борборлоштурулган инвестициялык фонду, илимий-изилдөө, тажрыйба-конструктордук иш, тармактык жана тармак аралык фондулары жана илимди арбын талап кылуучу продукциялардын жаңы түрлөрүн өздөштүрүү фондуларына. Өзүнүн ишин юридикалык тарапсыз эле ишке ашырып жүргөн жеке ишкерлер бардык салыктар жана чегерүүлөрдүн ичинен төмөндөгүлөргө төлөйт: *акциздерге, кошумчаланган наркка, отунга, кыймылсыз мүлккө, эмгек акыга* (жеке инсандардын айлыгына) салык, *экологиялык, транзиттик салык, мамлекеттик бажылык акы* (төлөм), *жерге төлөмдөр,* калкты социалдык жактан коргоо фондусуна жана жумуш оруну менен камсыз кылуу фондусуна чегерүүлөр. Тийиштүү бир эле мезгилде бир объектиге салынган салыктын бир эле түрүнөн бир гана жолу алынары иш-аракеттеги мыйзамда алдын ала каралган. Ошону менен бирге бир эле объектке ар кандай салыктар жана жыймдар салынышы мүмкүн. Мисалы, эмгек акы фондусу – ишканалар үчүн үч төлөмдүн (мектепке чейинки мекемелерди кармап турууга, социалдык жактан коргоо жана жумушчу орунун камсыз кылуу фондуларына) объектиси болуп саналат. Социалдык жактан коргоо жана жумушчу орунун камсыз кылуу фондусуна чегерүүлөрдүн өлчөмү салыктык төлөмдөрдүн ар кандай түрү катары саналуу менен бирге, өз кезегинде кошумчаланган нарктын курамына киргизилет да, дагы бир жолу салык кармалат. Иш-аракеттеги салык тутуму али тиешелүү туруктуулукка жете элек. Андыктан анын функцияларын жөнгө салуу жана ургаалдаштыруу багытында бир катар өркүндөтүүнү талап кылуучу иштер али арбын.

НАЛОГОВАЯ БАЗА – САЛЫК БАЗАСЫ – киреше же активдердин наркы. Мына ушулардын негизинде салыктар эсептелип чыгарылат.

НАЛОГОВАЯ ДЕКЛАРАЦИЯ – САЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯСЫ – салык төлөөчү өткөн мезгил боюнча алынган кирешеси жөнүндө салык инспекциясына берген расмий маалымат жана анын салыкты кемитүүсүнө, ага жеңилдик берүүсүнө жайылтышы.

НАЛОГОВАЯ СИСТЕМА – САЛЫК СИСТЕМАСЫ – тигил же бул өлкөдө алынуучу салыктын жыйындысы, ошондой эле аларды түзүүнүн түрлөрү жана ыкмалары. Бул түз жана кыйыр салыктарды толугу менен ичине камтыйт.

НАЛОГОВОЕ ПЛАТЕЖНОЕ ПОРУЧЕНИЕ – САЛЫКТЫК

ТӨЛӨМ ТАПШЫРГЫ – Утурумдук салык төлөө (бардык жыйымдарды, мамлекеттик бажы алымдарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү кошо алганда), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бюджетине айып төлөмдөрдү төлөө үчүн колдонулуучу төлөм документи.

НАЛОГОВОЕ ПЛАТЕЖНОЕ ТРЕБОВАНИЕ – САЛЫК ТӨЛӨМ ТАЛАБЫ – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бюджетине мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр боюнча салык төлөөчүлөр менен эсептешүүдө пайдаланылган төлөө документи, ал счеттун ээси болгон төлөөчүнүн акцепти же соттун чечими боюнча жүзөгө ашырылат.

НАЛОГОВОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ – САЛЫКТЫ ЖӨНГӨ САЛУУ. Мамлекеттик таасир кылуунун түрлөрү. Мунун түпкү максаты салык салуунун жалпы деңгээлин жогорулатуу же төмөндөтүү, ошондой эле ишканалардын капиталынын ыкчамдатылган амортизациясын кийирүү, инвестицияга салыктык жеңилдик жасоо, түрдүү атайын жеңилдиктерди киргизүү болуп эсептелет. Булар айрым тигил же бул региондордо иштиктүү активдүүлүктү колдойт.

НАЛОГОВЫЕ КАНИКУЛЫ – САЛЫК КАНИКУЛУ. Мыйзам чегинде аныкталуучу мөөнөт. Мында ишканалардын, фирмалардын кээ бир топтору белгилүү бир учурдан баштап, тиешелүү мөөнөт ичинде тигил же бул салыктын түрүнөн бошотулат.

НАЛОГОВЫЙ ТАРИФ – САЛЫК ТАРИФИ – белгиленген ченемде же пайызда көрсөтүлгөн салык өлчөмдөрүнүн тартипке келтирилген тизмеси. Бул тариф боюнча ар кандай товарларга салык салынат. Салык өлчөмүнүн эң эле типтүүсү болуп бажы тарифы эсептелет.

НАЛОГООБЛОЖЕНИЕ – САЛЫК САЛУУ – Ар бир мамлекетке өз функцияларын аткаруу үчүн акча каражаттарынын фондусу зарыл. Бул финансылык ресурстардын булагы өкмөт калктан (*жеке* жана *юридикалык жактардан*) жыйнай турган каражаттар экендиги белгилүү. Бул мамлекеттик мыйзам чыгаруунун негизинде өкмөт тарабынан сөзсүз ишке ашырылуучу жыйым *салыктар* болуп эсептелет. Ошондуктан, салык киреше алуучу бардык *юридикалык* жана *жеке жактарды* мамлекеттик финансы ресурстарынын калыптанышына катышуучу милдеттенме катары туюнтат. Ушундан улам салык мамлекеттин финансы саясатынын негизги мууну катары эсептелет. Салык ставкалары *туруктуу, шайкештүү, прогрессивдүү* жана *регрессивдүү* болуп айырмаланат: *1)* Туруктуу ставкалар кирешенин өлчөмүнө карабастан салык салуунун бирдигине абсолюттук өлчөмдө коюлат (мисалы, көмүрдүн жана мунайдын тоннасына). *2)* Шайкештүү (пропорционалдуу) салыктын өлчөмүнүн жиктелишин эсепке албай, салыктын көлөмүнө бирдей пайыздык катышта иш-аракетке келтирилет (мисалы, эмгек акыга салык). *3)* Прогрессивдүү салыктын орточо ставкасы кирешенин өсүшүнө карай жогорулайт. *4)* Регрессивдүү салыктын орточо ставкасы кирешенин өсүшүнө карай төмөндөйт. Төлөө жөндөмдүүлүгү боюнча салыктар түз, кыйыр болуп классификацияланышат. Түз салыктар салык субъектисинен алынат (кирешеге жараша калктан салык, социалдык камсыздандыруу фондусуна салыктар ж.б.). Кыйыр салыктар болсо тиешелүү товарларга жана тейлөөлөргө карата алынган салыктар болуп эсептелет. Кыйыр салыктар баага кошулуучу кошумча аркылуу алынат (мисалы, акциздер). *Акциздер* тиешелүү товарларга жайылтылган кыйыр салыктардын түрү (сигареттер, ичимдиктер, тейлөөлөр, оюн-шоок билеттерге ж.б.). Кошумчаланган наркка салык алгач 1954-жылы Францияда киргизилген. *Кошумчаланган наркка салык* "жиберилген" баа менен товарларды өндүрүүгө кеткен чыгымдардын ортосундагы айырмачылыктан алынат.

НАЛОГООБЛОЖЕНИЕ ДВОЙНОЕ – КОШ САЛЫК САЛУУ – биргелешкен ишканалардын чет өлкөлүк катышуучуларынын тапкан пайдасына аны чет өлкөгө которууда жана ушул эле пайдага чет элдик катышуучунун өлкөсүндө салынган салык. Башка өлкөдө төлөнгөн салыкты бир өлкөдө эсепке алуу же болбосо бир өлкөдө ошол салыктан бошотуу булагын, башка өлкөдө эсепке алуу менен кош салыктан бошонууга мүмкүн. Кош салыкты болтурбоо үчүн көпчүлүк мамлекет тарабынан эки жактуу келишимдер түзүлөт да, алар биргелешкен ишканалардын катышуучуларынан салыкты алуунун тартибин аныктап белгилешет.

НАРИЦАТЕЛЬНАЯ ЦЕНА – СЫРТЫНА ЖАЗЫЛГАН БАА. *Баалуу кагаздагы* (*акциядагы, облигациядагы* ж.б. *банкноттордо*) белгиленген баа. Кадыресе ал тигил же бул баалуу кагазга болгон сурам, сунуштардын таасиринен улам келип чыккан курстук, базардык баадан айырмаланат. Баалуу кагаздын сыртына жазылган баасы номиналдык баа же номинал деп аталат. *Кара. **Номинальная стоимость** – **номиналдык нарк**.*

НАЦИОНАЛЬНОЕ БОГАТСТВО – УЛУТТУК БАЙЛЫК – тигил же бул өлкөнүн аймагындагы болгон табигый ресурстарды кайталап өндүрүү ишине чегерилген, эзелтен берки муундардын эмгектеринин нугунда түптөлгөн материалдык байлыктардын жыйындысы; тиешелүү бир өлкөнүн экономикалык потенциалын жалпылай чагылдыруучу олуттуу көрсөткүч.

НАЦИОНАЛЬНЫЙ ДОХОД – УЛУТТУК КИРЕШЕ – өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүн

жалпылоочу көрсөткүч. Бул натуралай жана нарк түрүндө көрсөтүлөт. Натуралай формасы калктын жеке керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн керектөө предметтерин жана кайра өндүрүүнү кеңейтүүнү камсыз кылуучу өндүрүш каражаттарын камтыйт. Анын белгилүү бөлүгү керектөө предметтеринин резервдерин жана өндүрүш каражаттарын толуктоо үчүн арналат. Жаңы түзүлгөн нарк катары эки бөлүктөн: кызматкерге эмгеги боюнча төлөм түрүндө келип түшүүчү жана коомдук керектөө фондуларынан төлөнүүчү, жеңилдик берилүүчү зарыл продуктудан, өндүрүштү кеңейтүү, өндүрүштүк эмес чөйрөнү кармап туруу үчүн пайдаланылуучу кошумча нарктан турат. Практикада көлөмү боюнча материалдык өндүрүштүн бардык тармактарында түзүлгөн таза продуктунун өлчөмүнө барабар өндүрүлгөн улуттук кирешеге жана пайдаланылуучу улуттук кирешеге (*керектөө* жана *топтоо фондуларынын* суммасы) ажырайт. Базар экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө улуттук кирешени эсептөөнүн кээ бир өзгөчөлүктөрү дагы кездешет.

НЕИСКЛЮЧИТЕЛЬНАЯ (ПРОСТАЯ) ЛИЦЕНЗИЯ – ЖӨНӨКӨЙ ЛИЦЕНЗИЯ. *Лицензиатка* "сатып алуучуга" тийиштүү продукцияны чыгарууга, пайдалануга жана сатууга укуктарды берүү, ошол эле мезгилде сатуучуга ошондой эле укуктарды калтыруу. Жөнөкөй лицензиялык келишимдерди түзүү лицензияга башка кызыккан фирмаларга бир нече жөнөкөй лицензияларды сатууга мүмкүндүк берет. Анткени, бул учурда *лицензиарлар лицензиянын* предметин (товарды) пайдалануу үчүн өзүнө укук калтырат.

НЕТТО – НЕТТО (ит. netto – таза) – белгилүү жеңилдиктерди эсептен чыгарып салгандан кийинки товардын баасы (таза баа); товардын таңгаксыз массасы (таза салмагы); кирешеден жоготууларды, чыгымдарды, чегерүүлөрдү ж.б. алып таштагандан кийинки өлчөмү; мисалы, таза улуттук продукт, таза киреше. *Кара. Брутто.*

НЕУСТОЙКА – АЙЫП ТӨЛӨМ – келишим шарттарын аткарбагандыгы үчүн төлөнүүчү айып, **БЫШМАНА** – чарбалык келишимди бүт же анын бөлүктөрүн аткарбагандыгы үчүн айыптуу тараптын финансылык жоопкерчилик формасы; милдеттенмени аткарбаган же сапатсыз аткарган учурда карызкор *кредиторго* төлөп берүүгө милдеттүү сумма. *Жеткирип-тапшыруу келишимине* баш тартканда же келишимде белгиленген өлчөмдөгү продукцияны толук эмес жеткирген убакта жеткирип-тапшыруучудан төлөтүлөт. Айып төлөм милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуу ыкмаларынын бири катарында пайдаланылат жана мыйзам же келишим менен аныкталып белгиленет. Анын түрлөрү – *туум, өсүм, жазапул.* Пайдаланылбай калган милдеттенменин өлчөмүнө карата пайыздар менен такталган

суммалар түрүндө же жогорулатылган тариф формасында белгиленет (кошумча төлөм). Юридикалык жактан камсыз кылынуу формасына байланыштуу айып төлөм келишимдик жана мыйзамдык болуп бөлүнөт. Келишимдик айып төлөө – келишим түзгөндө тиешелүү тараптардын макулдашуусу менен аныкталып белгиленет; мыйзамдык айып төлөө – келишим түзгөн тараптардын макулдашуусуз эле мыйзам аркылуу чечилет. Айып төлөм *кредитордун* пайдасына эмес, мамлекеттин пайдасына өндүрүлүшү мүмкүн болгон учурлар мыйзамда каралган.

НИЖНИЙ ПРЕДЕЛ ЦЕНЫ – БААНЫН ТӨМӨНКҮ ЧЕГИ – жаңы продукцияга коюлган баанын теориялык (эсептик) мааниси. Бул даярдоочуга жаңы продукцияны өндүрүүдө жана алмаштырылуучу (базалык) продукцияда пайдасы бирдей болот.

НОВАТОР – ЖАҢЫЧЫЛ (лат. novator – жаңыландыруучу, жаңылык киргизүүчү) — кандайдыр бир өндүрүш тармагына жаңылануну, прогрессивдүү принциптерди, идеяны, ыкмаларды сунуш кылып, ишке ашыруучу инсан.

НОВАЦИЯ ВЕКСЕЛЯ – ВЕКСЕЛДИ ЖАҢЫРТУУ. Мурда берилген милдеттенменин ордуна жаңы вексель берүү.

НОВОВВЕДЕНИЕ – ЖАҢЫЛЫК КИРГИЗҮҮ – өндүрүшкө жаңы продукцияны чыгарууну киргизүү, жаңы өндүрүш процессин өздөштүрүү же бизнес ишин уюштуруунун жаңы формасын колдонуу.

НОМИНАЛ – НОМИНАЛ (лат. nominalis – аты аталган же жазылган ысым) – баалуу кагаздардын, кагаз акчалардын, банкноттун, монеталардын ж.б. өз куну.

НОМИНАЛЬНАЯ СТОИМОСТЬ – НОМИНАЛДЫК НАРК – баалуу кагаздарда, кагаз акчаларда, банкноттордо, монеталарда көрсөтүлгөн наркы; көрсөтүлгөн (номиналдык) баа – товардын прейскуранттарда (сатылуучу товардын аты, баасы көрсөтүлгөн тизме) же товардын өзүндө көрсөтүлгөн баасы.

НОРМА – ЧЕНЕМ, НОРМА (лат. norma – жетектөөнүн негизи, эреже, үлгү) – белгилүү мезгил ичинде, конкреттүү шарттарда сапаты аныкталып белгиленген белгилүү бир продукция бирдигин өндүрүп-чыгарууга (аткарылган жумуштар) конкреттүү ресурстардын (эмгек, материалдык, табигат ж.б.) абсолюттук чыгымдалышынын жол берилүүчү максималдуу чоңдугу (белгиленген өлчөм, сан). Мисалы, *убакыт нормасы, чийки заттын* жана *материалдардын сарпталуу нормасы, башкаруучулук нормасы. Кара. Нормативы – нормативдер.*

НОРМА АМОРТИЗАЦИИ – АМОРТИЗАЦИЯЛОО НОРМАСЫ – өндүрүштүк негизги фондуларды пайдалануу процессиндеги заттык жешилүүнүн, эскирип,

алгачкы касиетин жоготуунун жылдык өлчөмү амортизациялоо нормасы болуп саналат. Бул норма өндүрүштүк фондулардын (машиналардын, курал-жабдыктардын, курулуштардын, имараттардын ж.б.) алгач сатып алынган баасынын белгилүү пайыздык өлчөмүн түзөт. Мына ушундай жол менен көрсөтүлгөн фондуларды сатып алуу үчүн сарп кылынган акчанын орду бастырылат.

НОРМА ВРЕМЕНИ – УБАКЫТ НОРМАСЫ – продукциялардын бирдигин иштеп чыгаруу же белгилүү өндүрүштүк операцияларды аткаруу үчүн белгиленген убакыт (саат, минут, секунд). Техниканын, технологиянын, эмгекти жана өндүрүштү уюштурууну өркүндөтүү иштелип чыгарылуучу продукциялардын бирдигине сарп кылынуучу убакытты азайтып, бул өз кезегинде эмгекти үнөмдөөнүн жана анын өндүрүмдүүлүгүн жогору көтөрүүнүн маанилүү булактарынын бири болуп кызмат кылат.

НОРМА ВЫВОЗА И ВВОЗА НАЛИЧНОЙ НАЦИОНАЛЬНОЙ ВАЛЮТЫ – УЛУТТУК НАКТАЛАЙ ВАЛЮТАНЫ ТЫШКА ЧЫГАРУУ ЖАНА ТЫШТАН КЕЛТИРҮҮ НОРМАЛАРЫ. Улуттук валютаны мамлекет тарабынан белгиленген суммада тышка чыгаруу жана тыштан келтирүү эрежеси. Бул улуттук экономиканы өнүктүрүүдө олутуу орунду ээлейт.

НОРМА ВЫРАБОТКИ – ИШТЕП ЧЫГАРУУ НОРМАСЫ – жумушчунун (бригаданын) белгилүү бир убакыттын (сааттын, сменанын, айдын) ичинде иштеп чыгарууга тийиштүү болгон продукцияларынын же операцияларынын саны. Иштеп чыгаруунун нормасы объектин өндүрүмдүүлүгүн, техникалардын, технологиянын, өндүрүштү жана эмгекти уюштуруунун, жумушчулардын квалификациясынын деңгээлине жараша болот. Иштеп чыгаруунун прогрессивдүү нормасы өндүрүштүн алдыңкы тажрыйбасын, илим менен техниканын жаңы жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүүнү талап кылат. Иштеп чыгаруу нормасы убакыттын фондусун убакыт нормасына бөлүү жолу менен аныкталат. Убакыт нормасы канчалык чоң болсо, иштеп чыгаруунун сменалык нормасы ошончолук аз болот да, тескерисинче, убакыт нормасы канчалык аз болсо, иштеп чыгаруунун нормасы ошончолук арбын болот; тейлөө нормасы – бир сменада жумушчунун канча сандагы жабдууларды же канча жумушчу орундарын тейлей тургандыгын көрсөтөт. Илимий жактан негизделген убакыт нормасы, иштеп чыгаруунун саны жана тейлөө нормасы эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун, адам эмгегин үнөмдөөнүн чечүүчү факторлорунун бири болуп саналат.

НОРМА ПРИБЫЛИ – ПАЙДА НОРМАСЫ – *пайданын* пайыз менен туюнтулган бүт авансаланган *капиталга* катышы; *коммерциялык*

рентабелдүүлүк. Мындайча айтканда, жылдык пайданын аны алуу үчүн авансаланган капиталга (пайданын нормасынын активдерине, инвестицияларга) катышы болуп саналат. Чарбаны жүргүзүүнүн натыйжалуулугунун критерийи ишкерлердин колдогу өндүрүш ресурстарын бир кыйла сарамжалдуу пайдалануу билүү катарында пайдаланылат. Пайданын нормасы канчалык жогору болсо, капиталдын өсүмү ошончолук жогору болот, демек, аны пайдалануунун натыйжалуулугу да жогору болуп, ишканын (фирмалардын) кирешелүүлүгү кыйла арбыйт. Пайда нормасы авансаланган капиталдын чондугуна гана байланыштуу болбостон, ошону менен бирге анын түзүлүшүнө да байланыштуу болот. Бардык авансаланган өзгөрүлмө капиталдын өздүк (салыштырмалуу) салмагы жогору болгон жерде пайданын нормасы дагы жогору болот. Ошондуктан, ишкана (фирма, ишкерлер) жаңы машиналарды жана жабдууларды ишке киргизүүдөн баш тартышпайт, бирок мында дайыма туруктуу капиталды үнөмдөөгө аракет жасалат. Пайданын нормасына *капиталдын айланымынын* ылдамдыгы да олуттуу таасир тийгизет. Жыл ичинде капитал айланымды канчалык көп жасаса, ошончолук пайданын нормасы жогору болот. Пайданын нормасы (рентабелдүүлүгү) 15 %дан 50 % га чейин болсо, канааттандырарлык-алгылыктуу, ал эми 100 %дан жогору болсо, ашык пайда катары эсептөө кабыл алынган. Мында авансаланган капиталдын бир топ жылга чейин пайда келтирүүгө жөндөмдүү боло тургандыгын эске алуу керек.

НОРМАЛЬНАЯ ПРИБЫЛЬ – НОРМАЛДУУ ПАЙДА – ишкердик жөндөмдүүлүгүн ээлеп туруу жана минималдуу төлөм өлчөмүн сактап калуу үчүн фирма жасай турган ишкердик кирешесинин, төлөмүнүн бир бөлүгү; фирманын ишкердик иш аракетинде аларды колдонууну кызыктыруу үчүн ишкердик жөндөмдүүлүккө төлөнүүгө тийиштүү минималдуу акы.

НОРМИРОВАНИЕ ТРУДА – ЭМГЕКТИ НОРМАЛОО – белгилүү бир продукцияны иштеп чыгарууга жумшалуучу убактыны эреже боюнча жумушчу күндүн ичинде аныктоо. Эмгекти нормалоо төмөнкүдөй учурларда жүргүзүлөт: адистештирилген эмгектин айрым түрлөрүнүн ортосундагы сандык шайкештикти (пропорцияны) аныктоо; мындай аныктоону жүргүзгөндө кызматкерлердин кесипчилиги менен квалификацияларына ылайык аларды өтө сарамжалдуу пайдалануу максатында эмгектин сапаттык көрсөткүчтөрү да эске алынат; техникалык жактан жабдуу, эмгекти жана өндүрүштү уюштуруунун түрдүү баскычында ишкананын, цехтин жана участканын өндүрүштүк кубаттуулуктарын аныктоо; жаңы техникаларды өндүрүшкө киргизүүнүн экономикалык натыйжалуулугун баалоо, өндүрүштүк маселелерди туура

чечүү; иштин ыңгайлуу жагдайын, эмгектин, эс алуунун тиешелүү режимин аныктоо; ар кызматкердин, жамааттын жалпы ишке катышуу үлүшүн, жумшалган эмгегине ылайык кошумча акы алууга укуктуулугун аныктоо; фермер менен дыйкан чарбаларынын өз ара карым-катыштарын айкындоо. Эмгекти нормалоо эмгекти жана өндүрүштү сарамжалдуу уюштуруунун, ошондой эле эмгекти пландоонун жана кызмат акыны аныктоонун негизи болуп эсептелет. Эмгекти нормалоо процессинде эмгекти үнөмдөөнүн жана жабдууларды пайдалануунун жакшыртуунун жолдору бышыкталат.

НОСТРО – НОСТРО (ит. nostro conto – биздин эсеп) – банктын өзүнүн корреспондентинде ага түшкөн сумманы эсепке алып туруучу эсеби. Мында банк эсеп ээсинин тапшырмасы боюнча ошол эсептен төлөмдөр жүргүзүлөт. Банк корреспондентинин эсеби, тагыраак айтканда банктардын корреспондентиндеги кредиттик мекеменин эсеби. Мындай эсептерде өз ара төлөмдөр чагылдырылат. *Кара. Лора.*

НОТАРИАЛЬНЫЕ СБОРЫ – НОТАРИАЛДЫК ЖЫЙЫМДАР – мамлекеттик төлөмдүн бир түрү. Мекемелер, уюмдар жана айрым инсандар тарабынан нотариалдык тейлөөлөр үчүн төлөнөт. Буларга мүлктүн сатылгандыгы тууралуу келишимдердин күбөлүгү; келишимдердин долборлору; ишеним каттар, мурас кагаздар, арыздар, мурас күбөлүктөрү, коюлган колдордун аныктыгы ж.б. кирет. Нотариалдык жыймдар көбүнчө марка түрүндө төлөнөт да, нотариалдык реестрге жабыштырылат же накта акчалай берилет.

НОТИФИКАЦИЯ – НОТА ЖИБЕРҮҮ (лат.notifico –кабарлайбыруу) – вексель кармоочулар тарабынан *индоссантты* кабарлоо, төлөп кутулуу мүмкүн болбогон *векселдер* жөнүндө вексель берүүчүлөрдү же авалистерди кабарлоо.

"НОУ-ХАУ" – "НОУ-ХАУ" (англ. know-how – "кандай экенин билем") – коммерциялык баалуулукка ээ болуучу техникалык, коммерциялык, башкаруучулук, финансылык ж.б. нуктагы практикалык тажрыйбанын жана техникалык билимдердин жыйындысы. Бул термин лицензиялык келишимдерде (*лицензия* терминин караңыз), *патенттер*, калк жана улуттук мыйзамдар менен бышыкталбаган коммерциялык жана өнөр жайлык, технологиялык баалуулугу бар өндүрүштүн конструктивдүү, технологиялык жашыруун сырларды белгилөө үчүн техникалык кызматташтыкты белгилөө жөнүндөгү келишимдерде колдонулуучу термин. Буларга технологиялык *режимдер*, тажрыйбалар, ыкмалар жана продукцияны даярдоонун жолдору жана *конструкциялоо* өзгөчөлүктөрү кирет; мындай жагдайды билбей туруп көпчүлүк учурларда жаңы техникаларды, технологияларды жана үлгүлөрдү, патенттик сүрөттөп жазууларды

жана басма сөздө чагылдырылган маалыматтар боюнча буюмдарды чыгарууга мүмкүн болбойт: өнүккөн өлкөлөрдө кез келген фирмалар үчүн жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөр жана өндүрүш тармактарында "ноу-хауну" аныктап белгилөө мүнөздүү болуп саналат. Ойлоп чыгаруунун, коммерциялык жашырын сырдын же "ноу-хаунун" өзөгүн түзүүчү техникалык чечимдерди изденүүлөр өндүрүштү иштеп чыгуунун, өздөштүрүүнүн, эксплуатациялоонун, тейлөөнүн бардык баскычында жана жаңы техниканы, технологияны өздөштүрүүдө, продукцияларды чыгарууда ишке ашырылат. Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин пайдалануунун коммерциялык маанилүү учуру "ноу-хауну" сатуу болуп саналат. "Ноу-хау" өтө эле кеңири түшүнүк болгондуктан, анын формасы да көп түрдүү болот. Аны коммерциялык негизде берүү, анын таралышы эң мурда *лицензиялык келишим* түзүү аркылуу ишке ашырылат. Келишим-шартка адатта "ноу-хауну" ачыкка чыгарып жайып жибербөө шартынын иш-аракеттеги мезгилинде, ошондой эле ал бүткөндөн кийин да, сатып алуучу ал сырды таратып жибербөөнү кепилдөө киргизилет. Айрым учурда "ноу-хауну" атайын келишим боюнча алышат. "Ноу-хау" тибиндеги маалымат төмөндөгүдөй формада ишке ашырылат. Долборлор, чиймелер, схемалар, техникалык-экономикалык негиздөөлөр, методикалар, эсептөөлөр, формулалар, оозеки маалыматтар жана көрсөтүүлөр; мына ушулардын процессинде техникалык маалыматтар билдирилет, иштин жөн-жайы, техникалык ыкмалары өткөрүлүп берилет; булар менен таанышуунун натыйжасында алардагы камтылган конструктивдүү чечимдерди кабыл алууга болот.

НУВОРИШ – НУВОРИШ (франц. nouveau riche – сөзмө сөз которгондо жаңы бай) – тез байып кеткен киши, коомдун эң жогорку катмарына аралашып кеткен, чыга калган бай адам.

НУЛЛИФИКАЦИЯ – НУЛЛИФИКАЦИЯ (лат. nullificatio – жоюу, жок кылуу) – баасы төмөндөп, кунсуз болуп калган акча белгилерин жараксыз деп мамлекеттин жарыялашы. Адатта акчанын сатып алууга жөндөмдүүлүгү инфляциянын кесепетинен улам кескин төмөн түшүп кеткендиктен ишке ашырылып, кээде иш жүзүндө *девальвация* менен дагы туш келип калышы мүмкүн.

НЬЮС-МЕЙКЕРЫ – НЬЮС-МЕЙКЕРЛЕР (англ. news-makers – жаңылык жасоочулар) – коомдук саясий окуялардын жүрүшүндө олуттуу таасир этүүчү илим, экономика, ишкердик ж.б. чөйрөлөрдөгү ишкер инсандар.

НЬЮС-РЕЛИЗ – НЬЮС-РЕЛИЗ (англ. news release) – баяндап жазуу, аналитикалык обзор (жалпы жонунан анализдөө) түрүндөгү жана келишим түзүүдө пайдаланылуучу товар же компания жөнүндөгү маалыматтар.

О

ОБЕСПЕЧЕНИЕ ССУДЫ – ССУДАНЫН КАМСЫЗДАЛЫШЫ. Товардык-материалдык баалуулуктардын белгилүү бир санына ылайык банктан ссуда берилет да, анын кайтарымдуулугун камсыз кылуунун бирден бир шарты катары кызмат кылат.

ОБЕСЦЕНИВАНИЕ ДЕНЕГ – АКЧА НАРКЫНЫН ТҮШҮҮСҮ – акча наркынын төмөн түшүп кетиши. Бул эки жагдайда байкалат: акчанын ички наркынын, тагыраак айтканда ички базарда акчанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү. Мисалы, үстүбүздөгү жылы белгилүү бир товарды сатып алуу 1000 сом болсо, ошол эле товар былтыркы жылы 800 сомго сатып алынса, анда сомдун наркы 20 % га төмөндөп кеткендигин билдирет; акчанын тышкы наркынын төмөндөшү болсо улуттук *валютаны* башка өлкөлөрдүн валюталарына которуп салыштырууда наркынын төмөндөшүн айкындайт.

ОБЛИГАЦИОННЫЙ КОНТРАКТ – ОБЛИГАЦИЯЛЫК КОНТРАКТ. Облигациянын тигил же бул милдеттерин жана анын ээсинин укуктарын аныктоочу расмий документ.

ОБЛИГАЦИЯ – ОБЛИГАЦИЯ (лат. obligatio – милдеттенме) – ички зайымдарды чыгарууда карыздык милдеттенме катары мамлекет жана акционердик компаниялар тарабынан чыгарылуучу баалуу кагаздардын ар кандай түрү. Мамлекет тарабынан чыгарылуучу облигациялар боюнча киреше утуштар түрүндө төлөнүп берилет. Акционердик компаниялар чыгаруучу облигацияларга киреше облигациянын жалпы наркынын негизинде белгиленген пайыз түрүндө төлөнөт. Акциялардан облигациялардын айырмасы анын ээси акционердик коомго мүчө эмес, добуш берүүгө да укугу болбойт. Облигацияларга болгон сурам жана сунуштардан, алардан түшкөн кирешеден жана ссудалык пайыздан келип чыккан курс боюнча биржада сатылат жана сатып алынат. Мамлекеттик зайым боюнча облигацияларды сатуу – мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын толтуруучу маанилүү булак болуп эсептелет.

ОБЛИГО – ОБЛИГО (ит. obligo – карыз, милдет, милдеттенме) – *1*) векселдер боюнча жалпы карыздын суммасы; *2*) эсепке алынган векселдер боюнча милдеттүү тараптын банкка карызы жазылуучу же банк менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча *кардардын* (клиенттин) бүт карыздары чагылдырылуучу китепче.

ОБМЕН – АЛМАШУУ – продукцияны (товарды, тейлөөлөрдү ж.б.) өндүрүү процессин бөлүштүрүү жана керектөөлөр менен байланыштыруучу коомдук өндүрүштүн баскычы; кандайдыр бир объектиден бир нерсеге алмашуу сунушу менен алынган натыйжа иш-аракеттери. Алмашуунун зарылдыгы эмгектин коомдук бөлүштүрүлүшүнөн келип чыгат да, алмашуунун жагдайы жана формасы өндүрүш ыкмалары менен аныкталып белгиленет. Ал эми жасалган иш-аракеттер болсо түздөн-түз продуктулар, товарлар ж.б. менен алмашууну туюнтат. Өндүрүүчү өзү жакшы өздөштүргөн продукцияны чыгарууга бардык күчүн жумшайт жана андан кийин башкалар даярдаган өзүнө керектүү товарларга алмашууга аракет жасайт. Ушундан улам коомдо товарларды жыйнактап өндүрүү күчөйт да, ошонун натыйжасында өзүнө керектүүлөрдүн ар бирин өзүнчө чыгаруунун зарылдыгы жок болуп калат. Бул өзүнүн негизги продукциясынын өндүрүшүн кеңейтүүдө олуттуу мааниси бар. Ал эми эркн менен алмашууну ишке ашыруу үчүн экиден кем эмес тараптын болушу зарыл. Алардын ар биринде төмөндөгүлөр болууга тийиш: башкалар үчүн баалуулук катары саналган бирдемелери (ордун толуктоого тигил же бул каражат, мисалы, акча, товар же кандайдыр бир тейлөө иштери) болушу; коммуникацияны (байланыш, аракеттер, катышуу) жана өз товарын жеткирип турууну ишке ашырууга жөндөмдүүлүгү; башка тараптын сунуштарын кабыл алууда же четке кагууда ээн эркин болушу, ошондой эле аны менен иштешүү кыйла ишенимдүү болушу. Ушундай шарттар алмашуунун тиешелүү мүмкүнчүлүктөрүн түзөт. Алмашуунун ишке ашуусу же ашпай калышы тиешелүү тараптардын келишүүлөрүнө тыгыз байланыштуу болот. Эгерде ал ишке аша турган болсо, анда ага катышкандар белгилүү бир өлчөмдө пайда табуулары керек же эң болбогондо зыян тартпоого тийиш. Анткени алардын ар бири тиешелүү сунушту четке кагуу же кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө толук ээ болушат. *Ишкердүүлүк иш-аракеттеринин* бардык түрлөрү түбү келип тигил же бул алмашууну камтыйт. Мисалы, өндүрүүчүлөр товарды даярдап, аны соода-сатык ортомчусуна белгилүү бир баа боюнча сатат. Ортомчу өз кезегинде бул товарды керектөөчүгө кандайдыр бир баа боюнча өткөрөт, жумушчу өзүнүн жумушчу күчүн эмгек акыга алмашат, *акционер* капиталды *дивиденддерге* алмашуу үчүн инвестициялайт, банкир акчасын пайыз алуу максатында ссудага берет. Өз ара пайда табуу максатында сатып алуу-сатуу *бүтүм* тараптардын ортосундагы алмашуу идеясы *ишкердикте* негизги иш чордону болуп саналат. *Бизнестин* бул же тигил түрүндө тиешелүү маселе келип чыкканда ал олуттуу орунду ээлейт. Бул көбүнчө иш

жүзүнөн алганда, мисалы, бүтүмдүн бир же башка тарабынын алмашууга канааттанбагандыгынын негизинде келип чыгат; анткени тараптардын бири пайда алалбай калдым деп эсептеши мүмкүн. Мисалы, жалданып иштеген кызматкер өзүнүн жумушун эмгек акыга жана тийиштүү эмгек шартына айрыбаштайт. Эгерде, ал канааттанбаса, башка жакшыраак шарттар болсо, алар жумуш ордун алмаштырышы мүмкүн. Өз кезегинде жумуш берүүчү жумушчу жалдап алууга же жумуш күчү бар шартта аны мыйзам негизинде жумуштан бошотууга эзнеркин болот. Инвестициялык капиталдан түшкөн кирешеге канааттанбай кыйла тобокелдикке бел байлаган банкир, акционер тийиштүү мүмкүнчүлүктөргө жана мыйзамга таянып, өз акчаларын экономиканын башка түрүнө салууга толук эркүү жана укуктуу болот. *Кара. Сделка – бүтүм.*

ОБМЕН БЕЗВАЛЮТНЫЙ – ВАЛЮТАСЫЗ АЛМАШУУ – мамлекеттер ортосунда чет элдик же улуттук *валюталарды* колдонбостон, товарды товарга (тейлөөлөр ж.б.) алмашуу. Кара. ***Сделка бартерная – бартердик бүтүм.***

ОБМЕННЫЙ КУРС – АЛМАШУУ КУРСУ – ар кандай өлкөлөрдүн *валюталарын* алмашуунун шайкештиги, бир өлкөнүн акча бирдигинин башкасынын акча бирдигинде туюнтулган баасы. *Кара. **Валютный курс – валюта курсу.***

ОБОРАЧИВАЕМОСТЬ ОБОРОТНЫХ СРЕДСТВ – АЙЛАНЫМ КАРАЖАТТАРДЫН АЙЛАНЫМДУУЛУГУ – коомдук продуктуну жана пайданы түзүү үчүн авансаланган *айланым каражаттардын* кайтышы; айланым каражаттарды пайдалануу натыйжалуулугун айкындоочу экономикалык көрсөткүч; ишканалардын айланым каражаттарынын кайталанма өндүрүш процессинин бир стадиясынан башка стадиясына өтүп турушу. Бул өндүрүш ишканаларынын ишинин бирден-бир маанилүү сапаттык көрсөткүчү катары эсептелет да, айланым каражаттардын айланымдуулугунун өлчөмү менен өндүрүш көлөмүнүн жана аны өндүрүү кыска же узак мөөнөткө созулуунун ортосундагы өз ара байланышын бышыктайт. Ал айланым ылдамдыгын көрсөтөт.

ОБОРОТ КАПИТАЛА – КАПИТАЛДЫН АЙЛАНЫМЫ – жекече акт катары эмес, *авансаланган капиталдын* мезгил-мезгили менен кайталануучу жана жаңырып туруучу процесс катары капиталдын иреттүү айланымы. Капитал бир айланышында акча формасынан өндүргүч формасына (өндүрүш каражаттары жана жумушчу күчү түрүндө), өндүргүч формасынан товар формасына, андан кайра акча формасына өтөт. Капиталдын айланым убакыты өндүрүш менен жүгүртүү убактысына тыгыз байланыштуу. Мезгил-мезгили менен кайталануучу процесс катары караганда, ал капиталдын ар бир бөлүгү түрдүүчө убакытта айланып бүтөт. Курулуш, имарат, машина, жабдууларга жумшалган капитал (негизги капитал) акырындап калыбына келсе, чийки зат, кошумча материал ж.б. сатып алууга чыгымдалган капитал (айланым капитал) кыйла тез толукталат. Капиталдын айланымынын чен бирдиги жыл менен аныкталат. Капиталдын айланым ылдамдыгы пайда нормасына олуттуу таасирин тийгизет. Капитал канчалык тез айлантылса, анын айрым айланышын авансалоо ошончолук азаят да, бирдей эле шартта пайда нормасы арбын болот.

ОБОРОТНЫЕ СРЕДСТВА – АЙЛАНЫМ КАРАЖАТТАРЫ – ишканалардын өндүрүштүк айланым жана *жүгүртүү* фондуларынын акчалай жыйындысы. Булардын бир бөлүгү өндүрүш процессинде, экинчиси жүгүртүү чөйрөсүндө пайдаланылат. Өнөр жайында айланым өндүрүштүк фондуларга орто эсеп менен жалпы айланым каражаттарынын 70-75% туура келип, жүгүртүү фондулары болсо 20-25% ды түзөт. Буларды түзүү булагы боюнча айланым каражаттары менчик жана карызга берилүүчү болуп экиге ажырайт. Айланым каражаттары тынымсыз кыймылда болуп, алар дайым өндүрүш стадиясынан айланым чөйрөсүнө өтүп, бул жолду улам кайталап, фирманын бир калыпта иштешин камсыз кылат. Айланым каражаттарын сарамжалдуу колдонуунун маанилүү шарты катары үнөм режими жана чарба эсеби болуп эсептелет.

ОБОРОТНЫЕ ФОНДЫ – АЙЛАНЫМ ФОНДУЛАРЫ – өндүрүштүк фондунун бир бөлүгү. Ал натуралай түрүндө өндүрүш процессинде алгач ирет катышып, өзүнүн баштапкы касиетин өзгөртөт да, (мисалы, кен металлга, пахта жипке, металл тетикке ж.б. айланат, отун күйүп, электр кубаты сарпталат), анын наркы жаңы буюмга өтөт. Айланым фондуларынын басымдуу бөлүгүн эмгек продуктусу (чийки зат, материал, отун, электр кубаты ж.б.) түзөт. Айланым фондуларына мындан башка кыска мөөнөткө колдонулуучу эмгек каражаттары кирет. Айланым фондулары өндүрүштүк мааниси боюнча экиге бөлүнөт: *1*) өндүрүш запастары (чийки зат жана негизги материал, ремонтко керектелүүчү тетиктер, сатылып алынган жартылай фабрикаттар), көмөкчү материал (отун, тара жана тара материалдары, атайын кийим, арзан баалуу жана тез эскирүүчү буюмдар); *2*) аяктай элек продукция жана ишкананын өзүнүн жартылай фабрикаттарына жаңы продукция алууга багытталган сарптоолор. Булардын салыштырма салмагы чарба комплексинин ар тармагында түрдүүчө болот. Айланым фондуларынын структурасы бир эле тармактагы ишканаларда бирдей эмес. Андай болушуна ишкананын адистештирилиши, кооперацияланышы, өндүрүштүн уюштурулушу, географиялык жайгаштырылышы,

жабдылуу шарты ж.б. таасир тийгизет. Өндүрүш өскөн сайын айланма фондулардын натуралай буюм каражатты талап кылышы да өсө баштайт. Бирок илимий жактан негизделген нормаларды белгилеп, өндүрүштүк процессти интенсификациялап, өндүрүштүк циклди кыскартуу, прогрессивдүү жаңы технологияны колдонуу, өндүрүштү жана эмгекти уюштурууну жакшыртуу менен продукциянын бирдигине айланым фондуларды керектөөнү азайтууга болот.

ОБОРОТНЫЕ ФОНДЫ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА – АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН АЙЛАНЫМ ФОНДУСУ – айыл чарба ишканаларынын өндүрүштүк фондуларынын бир бөлүгү; бул фондулар ар бир өндүрүштүк циклде толук пайдалануу менен алгачкы формасын жоготушат. Айланым фондуларына өндүрүштүк запастар: үрөндөр, көчөттөр, тоюттар, күйүүчү майлар, отундар, минералдык жер семирткичтер, химиялык заттар, запастык бөлүктөр, ремонтко керектүү материалдар, кайрадан иштетилүүчү чийки зат, арзан баалуу жана тез жешилип иштен чыгуучу курал-жабдуулар, малдын төлү, борго байланган малдар, дыйканчылыктагы жана мал чарбасындагы ишке киргизилбеген өндүрүштүк объектилер, майда жабдыктар жана баасы 50 сомдон төмөнкү шаймандар кирет. Айланым фондуларынын жетиштүү өлчөмдө болушу айыл чарба өндүрүшүнүн ийгиликтүү иштешин камсыз кылуу менен анын натыйжалуулугун жогорулатат.

ОБРАЩЕНИЕ ЦЕННЫХ БУМАГ – БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН ЖҮГҮРТҮЛҮШҮ – инвесторлордун ортосунда, ошону менен бирге *инвестициялык институттардын* ортомчулугунда баалуу кагаздарды сатып алуу-сатуу. Базар баасынын нугунда ишке ашырылат. Баалуу кагаздар менен бүтүм жасоо аларды белгиленген тартипте тузурумдагандан кийин бүттү деп эсептелинет. *Акциялардын* жана чыгарылган баалуу кагаздардын баасы сом, тыйын наркы менен белгиленет; облигациялар жана *мамлекеттик карыз милдеттенмелер* – алардын номиналдык (жеке коюлган) наркына карата пайыздар менен төлөнөт. *Эмитент* же инвестициялык институт *баалуу кагаздарды* башка тараптагы инвесторго сатуу менен баалуу кагаз жөнүндө объективдүү толук маалымат берүүгө милдеттүү. Маалыматта төмөндөгүлөр камтылууга тийиш: аны акча төлөп алуу менен катар, ага байланыштуу болуучу тобокелге бел байлоолор, анын кирешелүүлүгү, кирешени алуунун тартиби жана мөөнөтү, салык төлөө тартиби жөнүндө кабарландырат. Баалуу кагаздар менен *бүтүмдү* конфиденциалдык (жарыялабай турган) маалыматты пайдалануу менен ишке ашырууга тыюу салынат.

ОБЩЕСТВО С ОГРАНИЧЕННОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТЬЮ – ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЧЕКТЕЛГЕН КООМ. Юридикалык жактар же жеке инсандар тарабынан салымдарды бириктирүү аркылуу түзүлгөн, тиешелүү милдеттенмелерине ылайык өзүлөрүнө гана таандык мүлктүн чегинде жоопкерчиликти алып жүрүүчү бирикме, коом. Жоопкерчилиги чектелген коомдун катышуучулары анын милдеттенмелери боюнча жооп беришпейт жана коомдун иш-аракетине байланыштуу өздөрү кошкон салымдарынын чегинде чыгашалардын тобокелин көтөрөт. Салымдарын толугу менен кошпогон коомдун катышуучулары анын милдеттенмелери боюнча ар бир катышуучунун салымдарынын төлөнбөгөн наркынын чектеринде тилектештик жоопкерчилигин көтөрөт. Жоопкерчилиги чектелген коомдун фирмалык аталышы коомдун аталышын, ошондой эле "жоопкерчилиги чектелген" деген сөздөрдү камтууга тийиш. Жоопкерчилиги чектелген коомдун жана анын катышуучуларынын укуктары менен милдеттери "жоопкерчилиги чектелген коомдун кодекси" жана чарбалык коомдор жана шериктештиктер жөнүндөгү мыйзамдар менен аныкталат. Жоопкерчилиги чектелген коомдун катышуучуларынын саны отуздан ашпоого тийиш. Ага карама-каршы болгондо ал бир жылдын ичинде акционердик коомго кайра түзүлүүгө тийиш, ал эми бул белгиленген чекке жеткирилбесе, сот тарабынан жоюлууга тийиш. Жоопкерчилиги чектелген коом анын катышуучуларынын бир добуштан кабыл алынган чечим боюнча ыктыярдуу түрдө кайра уюштурулушу же жоюлушу мүмкүн (кодекс жана мыйзамдардын негизинде). Жоопкерчилиги чектелген коом акционердик коомго же өндүрүштүк кооперативге кайра уюштурулууга укуктуу.

ОБЩЕСТВО ХОЗЯЙСТВЕННОЕ – ЧАРБАЛЫК КООМ – чарбалык иш-аракеттерин ишке ашыруу максатында мүлктөрүн бириктирүү аркылуу *юридикалык* жана *жеке жактардын* келишими боюнча түзүлгөн юридикалык жак. Бул *акционердик коом, жоопкерчилиги чектелген коом* же *кошумча жоопкерчиликтеги коом* болушу мүмкүн. Алардын укуктук жана экономикалык түзүлүшү, иш-аракеттери, кайтадан уюштурулушу жана жоюу, катышуучулардын укугу жана милдеттери иш-аракеттеги мыйзам менен аныкталат. Алардын ар биринин түрүн көрсөтүү менен аталышы (ошону менен бирге кыскартылган түрдө да) жана анын жайгашкан орду болууга тийиш. Алар *коомдун уставында* каралган максаттарына жоп берүүчү жана мыйзам актыларында тыюу салынбаган чарбалык иш-аракеттердин кез-келгенин ишке ашыра алат; айрым түрлөрүн болсо *лицензиянын* негизинде гана жүргүзө

алат. Чарбалык коом экиден кем эмес катышуучуну камтып, тигил же бул өлкөнүн аймагында жана анын чектеринен тышкары жерлерде ишканаларды уюштурууга укуктуу. Ал ишканага юридикалык жак катары укук жана өзүнүн мүлкүнүн бөлүгүн ээлик кылууга, пайдалануга карамагына берет да, мында коом мыйзам тарабынан белгиленген чектерде уюштурулуп жүргүзүлөт. Коомду жоюуда анын ишканалары дагы жоюлуп же сатууга коюлат. Коом милдеттенмелери боюнча өзүнө тийиштүү мүлктүн кандай гана түрү болбосун жоопкерчиликтүү болот; ага катышуучулардын алган милдеттенмелерине жоопкерчиликтүүлүктөн четтетилет да, коомдун милдеттенмелери боюнча мыйзам менен каралгандардан тышкаркыга жоопкерчиликте болушпайт. Чарбалык коом мамлекеттик каттоодон өткөндөн баштап юридикалык жактын укугуна ээ болот. Коомдун катышуучулары төмөндөгүлөр боюнча: башкарууга, катышууга, өзүлөрүнө тиешелүү акцияларды тескөөгө, коомдун иш-аракеттеринен түшкөн пайдалардын бөлүгүн өздөштүрүүгө жана аны жок кылууда мүлктүн бөлүгүн алууга укуктуу; ошол эле учурда төмөндөгүлөрдү ишке ашырууга милдеттүү: уставдын талаптарын сактоого жана жогорку органдын (мисалы, коомдун катышуучуларынын жыйналышынын) чечимдерин аткарууга, уюмдаштыруучулук документтерде алдын ала каралган ыкма, өлчөм жана тартипте салым кошууга. Коом төмөндөгүлөрдүн менчик ээси болуп саналат: катышуучулар берген мүлктөр жана акчалай төгүм акыларына; чарбалык иш-аракеттердин натыйжасында алынган продукцияларга; түшкөн кирешелерге, ошондой эле мыйзам тарабынан жол берилүүчү башка нуктан алынган мүлктөргө. *Кара. Органы управления обществом – коомду башкаруу органдары, Товарищество хозяйственное – чарбалык шериктештик, Государственная регистрация предприятий – ишканаларды мамлекеттик каттоо.*

ОБЩИЙ РЫНОК – ЖАЛПЫ БАЗАР. *Кара. Европейское экономическое сообщество – Европалык экономикалык союз.*

ОБЪЕДИНЕНИЕ ПРЕДПРИЯТИЙ – ИШКАНАЛАРДЫН БИРИКМЕСИ – иш-аракеттерди координациялоону, укукту коргоону камсыз кылуу, тийиштүү мамлекеттик ж.б. органдарда, ошондой эле эл аралык уюмдарда жалпы кызыкчылыкты калыптандыруу максатында түзүлүүчү *ишканалардын* комплекси. Мындай бирикмелердин уюштурулушу, тийиштүү мыйзам менен белгиленген антимонополиялык талаптарды эсепке алуу менен, өз ыктыярдуулуктун негизинде ишке ашырылууга тийиш. Алардын курамына кирүүчү субъекттер, адатта өз алдынчалуулукту, *юридикалык жактык* укукту сактайт да, ошол эле убакта

бирикменин башкаруучу органдары катары ишканаларга карата бөлүштүрүү бийлигине ээ боло албайт жана өзүнүн функцияларын ишканалар менен түзүлгөн келишимдин негизинде аткарат. Ишканалардын бирикмелерине *ассоциациялар, концерндер, консорциумдар,* тармак ортосундагы жана региондук бирикмелер кирет.

ОВЕРБОТ – ОВЕРБОТ (англ. overbought – бааны ашыкча суроо) – белгилүү бир товарды сатып алуу көлөмүнүн кыйла арбышынан улам анын баасынын тез көтөрүлүп кетиши.

ОВЕРДРАФТ – ОВЕРДРАФТ (англ.overdraft пландан ашык) – Финансы-кредиттик мекемелердин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган счетундагы дебеттик сальдо, ал ушул счетто мурда болгон кредиттик сальдодон артып турган суммада каражаттарды алып салуу боюнча төлөмдү жүргүзүүдөн улам келип чыккан.

ОВЕРСОЛД – ОВЕРСОЛД (англ. oversold – ашыкча сатуу) – товардын базарга кыйла көп түшүүсүнүн натыйжасында анын баасынын төмөн түшүшү. *Кара. Овербот.*

ОКОНЧАТЕЛЬНЫЙ РАСЧЕТ – ЖЫЙЫНТЫКТАП ЭСЕПТЕШҮҮ – финансы-кредиттик мекемелердин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган счеттору боюнча жүргүзүлгөн эсептешүүлөр. Жыйынтыктап эсептешүү сөзсүз кабыл алынууга жана кайталап эсептөөгө жатпайт.

ОКУПАЕМОСТЬ ЗАТРАТ – ЧЫГЫМДАРДЫН АКТАЛЫШЫ. Капиталдык салымдардын экономикалык натыйжалуулугунун көрсөткүчү. Ал капиталдык салымдар менен камсыз кылган экономикалык натыйжалуулуктун катышы менен аныкталат.

ОЛИГОПОЛИСТИЧЕСКИЙ РЫНОК – ОЛИГОПОЛИЯЛЫК БАЗАР – баа чыгаруу саясаты жана маркетинг стратегиясынын нугунда бири бирине өтө сезимталдуу келген бир аз сатуучулар көп сандагы сатып алуучулар менен соода жүргүзүүчү базар.

ОЛИГОПОЛИЯ – ОЛИГОПОЛИЯ (гр. oligos – анча-мынча жана polio – сатуу) – өндүрүш жана базар алкактарында бир аз сандагы ири фирмалардын, компаниялардын үстөмдүгү; ар бир чарба тармагында бир эле фирма үстөмдүк кылбастан бир нече ири фирмалар үстөмдүк кылышына негизделген азыркы монополиянын түпкү унгусун чагылдыруучу экономикалык теория.

ОЛИГОПСОНИЯ – ОЛИГОПСОНИЯ (гр. oligos-бир аз жана polio-сатамын, соодалашуу) – базарда бир нече гана сатып алуучулар тургандыктан жана ушуга байланыштуу базар бааларынын өзгөрүлүшүнө алардын ар биринин үлүшү ушунчалык чоң таасир тийгизиши мүмкүн болгон базардагы абал.

ОМБУДСМЕН – АКЫЙКАТЧЫ, ОМБУДСМЕН (швед. ombudsmen – кимдир бирөөнүн кызыкчылыктарын жактаган өкүл) – көп өлкөлөрдө конституциялык өкүлчүлүгү же атайын мыйзам менен өкмөттөрдүн, мекемелердин, министрликтердин жана ведомстволордун иш-аракеттерин көзөмөлдөп туруучу кызмат киши си. Биринчи ирет акыйкатчы кызмат оруну Швециянын конституциясы тарабынан каралган. Мындай мамлекеттик көзөмөлдөөнүн атайын кызмат аты ар кандай болот: мисалы, Францияда ортомчу, Улуу Британияда, Жаңы Зеландияда, Индияда парламенттик комиссионер (өкүлчүлүк). Кээ бир өлкөлөрдө бир канча акыйкатчы болот, алардын ар бирине башкаруунун белгилүү бир чөйрөсү бекитилип берилет (Швецияда, мисалы жарандык акыйкатчы, аскер ишинин акыйкатчысы жана керектөөчүлөрдүн иш-аракеттери боюнча акыйкатчы). Акыйкатчы парламент тарабынан шайланат же мамлекет башчысы тарабынан дайындалат. Мамлекеттик аппараттын кызматкишисинин иш-аракеттерин текшерүү менен акыйкатчы чечимдерди жокко чыгарууга же токтотуп коюуга укугу жок, бирок тийиштүү сунуштарды, кеңештерди, баа ларды, мүнөздөмөлөрдү бере алат. Кыргыз Республикасында акыйкатчылык 2003-жылы парламент тарабынан уюштурулду. Биринчи акыйкатчы кызмат оруну Турсунбай Бакир уулуна ыйгарылды.

ОНКОЛЬНЫЕ ССУДЫ – ОНКОЛДУК ССУДАЛАР. Кайсы убакта болбосун керек кылуу үчүн алууга мүмкүн боло турган банктардын ссудалары. Ушундан улам өтүмдүүлүгү боюнча булар биринчи класстагы активдер болуп эсептелет. Мындай ссудалар *векселдерге, товарларга* жана *баалуу кагаздарга* берилет. Онколдук ссудаларга көп учурда карыз алуучулар (заемщиктер) кыска мөөнөткө акча капиталына муктаждык келип чыкканда кайрылат; алар үчүн ссуда алуу жеңилге турат да, пайдалуу, антпесе тез, чукул ссудага караганда пайыздык ставкалары төмөн болот. Ошондон улам онколдук ссудалар биржада жогору турган баалуу кагаздарга көбүрөөк тарайт. Баалуу кагаздардын курсунун жогорулашынан улам биржадагылар онколдук ссудаларды алып, соңунан ошол эле каражатка кайра баалуу кагаздарды сатып алышат. Түпкүлүгү келип онколдук ссудалар биржалык кызыл кулактыктын күчөшүнө көмөк көрсөтөт.

ОНКОЛЬНЫЙ КРЕДИТ – ОНКОЛДУК КРЕДИТ (англ. lone on call – талап кылма ссуда) – Кредитордун биринчи эле талабы боюнча карыздар тарабынан төлөнө турган кыска мөөнөттүк коммерциялык кредиттин бир түрү.

ОН-ЛАЙН – ОН-ЛАЙН – реалдуу убакыт ичинде иштөө ыргагы: транзакцияларды жүзөгө ашыруу учурунда эмитенттин (төлөө системасынын) маалымат базасынан пайдалануу камсыз кылган терминалдын же банктык автоматтын реалдуу убакыт режиминдеги иши.

ОПЕРАЦИИ НА ОТКРЫТОМ РЫНКЕ – АЧЫК БАЗАРДАГЫ ОПЕРАЦИЯЛАР. Өнүккөн өлкөлөрдүн эмиссиялык банктары тарабынан баалуу кагаздарды, негизинен – мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуусу жана сатуусу. Булар банктар тарабынан белгилүү бир кредиттик саясат жана акча базарына таасир берүү үчүн пайдаланылат. Кредиттин кеңейүүсүнө кызыккан учурда эмиссиялык банктар мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алат да, ошонусу менен акча базарынын ресурсун көбөйтөт, ал эми кредитти кысуу, тарытууга умтулган кезде, ал кагаздарды сатып, акча базарынын ресурстарынын бир бөлүгүн алып таштайт.

ОПЕРАЦИОННЫЙ РИСК – ОПЕРАЦИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИК – Техникалык жактан кемчиликтер (жабдуулардын, программалык камсыздоолордун, электр менен камсыз кылуунун, байланыш каналдарынын иштебей калуусу), персоналдардын операция учурунда кетирген каталыктары, төлөө инструменттерин мыйзамсыз пайдалануунун мүмкүндүгү жана кредиттик жана ликвиддүүлүк тобокелдиктеринин келип чыгуусуна алып келген же аларды тереңдетип күчөткөн жагдайдын келип чыгуу ыктымалдыгы.

ОПТОВАЯ ТОРГОВЛЯ – ДҮҢ СООДА – продукцияны (товарды, буюмду) дүңүнөн, тагыраак айтканда көп санда, ири өлчөмдө сатуу ыкмасы. Бул көбүнчө өндүрүштүк керектөөлөр үчүн же кийин кайра сатуу максатында ишке ашырылат. Мында биринчи учурда өндүрүштүк-техникалык нуктагы продукцияны, адатта даярдоочу ишканалар өзүлөрүнүн соода түйүндөрү аркылуу түздөн-түз байланышта өткөрсө, экинчи учурда болсо товарларды түздөн-түз керектөөчүлөргө же чекене соода-сатык кылуучу соодагерлерге сата турган дүңүнөн алуучу ортомчулар катары чыгуучу жеке жана юридикалык жактар аркылуу сатылат. Дүң соода төмөндөгүдөй функцияларды аткарат: сатуу боюнча иш-аракеттерди стимулдаштырууну, дүңүнөн сатып алууну, ассортиментти калыптандырууну, ири партияларды майдалай бөлүштүрүүнү, кампаларга жайгаштырууну, ташууну, каржылоону, тобокелге салууну, базарлар жөнүндө маалымат берүүнү ж.б.; өндүрүүчүлөргө товарды көптөгөн өнөр жай керектөөчүлөрүнө, чекене соода ишканаларына үзүрлүү сатууга жардам берет. Дүң соода-сатыктын катышуучулары өзүлөрүнүн жасаган жумуштарын максаттуу керектөөчүлөрдүн конкреттүү сурамдарына дайыма ынгайлаштырып, иш-аракеттерин жүргүзүп, чыгымдарды кыскартуу жолдорун жана ыкма-

ларын издештирип туруусу талап кылынат.

ОПЦИОН – ОПЦИОН (нем. option, лат. optio, optios – тандоо, каалоо) – альтернативдүү милдеттенмени (экинин бирин же бир нечесин) аткаруу ыкмасын тандоо мүмкүнчүлүгү; келечектеги *келишимди* түзүү жөнүндөгү алдын ала макулдашып келишүү (мөөнөттөрү тиешелүү тараптар менен макулдашылган); *баалуу кагаздарды* сатып алуу же сатуу укугун күбөлөндүрүүчү документ.

ОПЦИОННЫЙ ЗАЕМ – ОПЦИОНДУК ЗАЙЫМ – опциону бар зайым; зайымдын же карыз милдеттенменин формасы, кредиторго белгилүү бир чекте зайымды төлөө шарттарын тандап алууга укук берилет.

ОРГАНИЗАЦИЯ ТРУДА – ЭМГЕКТИ УЮШТУРУУ – жумушчу күчүн сарамжалдуу пайдалануну камсыз кылуучу иш-чаралар тутуму. Мында өндүрүш процессинде адамдарды тийиштүү орундарга жайгаштыруу, эмгекти бөлүштүрүү жана кооперациялоо ыкмалары, нормалдаштыруу жана стимулдаштыруу, жумуш орундарын уюштуруу, аларды тейлөө жана эмгектин зарыл шарттарын түзүү олуттуу орунду ээлейт. Эмгекти уюштуруу белгилүү өлчөмдөгү натыйжалуулугу жана илимий негизделгендиги менен бышыкталат. Ич ара байланыштуу төмөндөгүдөй топтордун милдеттерин камсыз кылууга багытталат: экономикалык, психологиялык-физиологиялык жана социалдык. Экономикалык – эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, өндүрүш каражаттарын толук пайдалануу, өздүк наркты төмөндөтүүгө жана продукциянын сапатын жакшыртууга багытталган; психологиялык-физиологиялык – коомдун негизги өндүргүч күчү болуп эсептелген адамдын ден соолугун сактоону жана жумушка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну камсыз кылуучу ыңгайлуу өндүрүш шарттарын түзүү; социалдык – эмгектенүү аркылуу материалдык жана рухий жактан канааттандыруу, жумушсуз калуудан арылтуу, иштеп жаткандардын социалдык башка керектөөлөрүн канааттандыруу. Эмгекти уюштуруунун милдеттерин чечүүгө ыктаган, иштин негизги мазмуну төмөндөгүдөй багыттар боюнча иш-чаралар комплексин долборлоо жана ишке киргизүү болуп саналат: жумушчу ордун адистештирүү, кызматкерлердин курамын билгичтикте тандоо, иштин түрлөрү жана квалификациялары боюнча алардын эмгегин ажыратуунун негизинде эмгекти бөлүштүрүү жана кооперациялоо формаларын өркүндөтүү; сарамжалдуу пландоо, үзгүлтүксүз жана өндүрүмдүү мыкты иштерди аткаруу үчүн бардык зарыл болгондорду камсыз кылуу аркылуу жумушчу орундарын уюштуруунун

жана тейлөөнүн үзүрлүү формаларын ишке киргизүү; эмгек процессин изилдөөнү, тандоону, өркүндөтүүнү жана эмгектин алдынкы ыкмаларын ишке киргизүүнү камтыган эмгек ыкмаларын кеңири керектөө; эмгек шарттарын жакшыртуу – санитардык-гигиеналык, психологиялык-физиологиялык жана эстетикалык эмгек жана эс алуу режимдери; эмгекти нормалоону жана эмгек акы төлөөнү өркүндөтүү – эмгекти нормалоонун деңгээлин жогору көтөрүү жана анын чөйрөсүн кеңейтүү, техникалык жактан негизделген нормалардын салыштырма өлчөмүн көбөйтүү жана аларды аткаруу үчүн ынтайлуу шарттарды түзүү, материалдык стимулдаштыруунун илимий негизделген тутумун колдонуу; кадрларды даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу – техникалык прогресстин жана педагогикалык илимдердин талаптарына жооп берүүчү формаларды жана ыкмаларды тандоо. Эмгекти уюштуруунун бардык багыттары негизги жана көмөкчү жумушчуларга, адистерге жана кызматкерлерге бирдей өлчөмдө маанилүү жана бирдей даражада тиешелүү болуп саналат. Аларды комплекстүү аткаруу (ишке киргизүү) илимдин жана техниканын жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаны, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүн, өндүрүштүн экономикалык натыйжасын кыйла толук пайдалануну камсыз кылат.

ОРГАНИЗАЦИЯ ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОТРУДНИЧЕСТВА И РАЗВИТИЯ – ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ УЮМУ (англ. Organization for Economic Cooperation and Development – OECD) – катышуучу өлкөлөрдүн экономикалык жактан туруктуу жана тез өнүгүшүнө өбөк болуу жана дүйнөлүк деңгээлдеги соода-сатыкты кеңейтүү максатында 1961-жылы түзүлгөн уюм. Бул 1948-жылы түзүлгөн Европалык экономикалык кызматташтык уюмдун ишин улантуучу болуп саналат. Уюмдун курамына АКШ, Канада, Япония, Австралия, Испания, Түркия, Жаңы Зеландия, *Европадагы биргелештиктеги өлкөлөр* жана Исландия кирет. Бардыгы 24 өлкө. Уюм ар бир өлкөнүн экономикалык, социалдык өнүгүүсүн, келечектеги жетишилүүчү ийгиликтери жөнүндө маалыматтарды жарыялап басып чыгарып турат. Штаб-квартирасы Парижде жайгашкан.

ОРГАНЫ УПРАВЛЕНИЯ ОБЩЕСТВАМИ – КООМДОРДУ БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ – Бул коомдун катышуучуларынын (*акционердик коом, жоопкерчилиги чектелген коом, кошумча жоопкерчиликтеги коом*) жыйналышы жана анын дирекциясы, ошондой эле башкармачылык ж.б., (эгерде учурунда мыйзамда же *коомдун уставында* алдын ала каралган болсо).

Коомдорду башкаруунун жогорку органы катары алардын катышуучуларынын жыйналышы болуп саналат. Анын компетенциясына төмөндөгүлөр кирет: *уставды, уставдык фондуну* өзгөртүү жана толуктоолор, коомдун уюштуруу структурасын жана атайын эрежелерин аныктап белгилөө, шайлоо жана анын шайланган органдарын чакырып алуу; иш-аракеттеринин негизги багыттарын аныктап белгилөө, пландарды жана отчетторду (ошону менен бирге көзөмөлдөө органдарынын, пайданы бөлүштүрүү тартибин, зыян тартууларды) бекитүү, коом тарабынан чыгарылган баалуу кагаздарды алуу жөнүндө маселелерди чечүү; юридикалык жактан укуктуулукка ээ ишканаларды уюштуруу, кайра түзүү жана жоюу, кызмат аткарган инсандардын эмгек акысынын шарттарын аныктап белгилөө, кайрымдуулук иш-аракеттери боюнча жардам көрсөтүү ж.б. Кезектеги жалпы жыйналышы жылына эң кеминде бир жолу өткөрүлөт да, ал жыйналыш шайлоо органдарын башкарууга укуктуу болот. Тиешелүү чечимдер жыйналышта катышкан алардын өкүлдөрүнүн добуштары менен кабыл алынат. Жыйналыштан жыйналышка чейинки убакыттын ичинде коомдун иш-аракеттерине жетекчиликти башкармалык ишке ашыра берет (башкармалык коомдун катышуучуларынан жана алардын өкүлдөрүнөн уставда белгиленген мөөнөткө жана тартипте шайланат). Коомдун башкармалыгы жыйналыштын чечимдеринин аткарылышын уюштуруп, келишимдерди бекитип, директордун иш-аракеттерин көзөмөлдөөнү ишке ашырып, коомдун иш-аракеттерин текшерүү үчүн аудиторлорду чегерип, уставда белгиленген башка дагы өкүлдүк иштерди аткарат. **Коомдун директору**: коомдун иш-аракеттерине күндөлүк жетекчиликти жүргүзүп, коомдун катышуучуларынын жыйналыштарынын, башкармалык ж.б. органдарынын чечимдерин аткарууну камсыз кылып, коомдун иш-аракеттерине жооп берет; коомдун атынан ишеним катсыз эле ишти жүргүзүп, анын кызыкчылыгын өзүнө берилген укуктун чегинде ишке ашырып, коомдун мүлкүнө болсо анын уставына ылайык тейлеп, келишимдерди түзөт, ишеним кат берет, банктарда эсеп-чотторду ачат, каражаттарды башкаруу укугун пайдаланат, коомдун аткаруучулук аппаратынын иш орундарын бекитет, кызматкерлерди ишке алат жана иштен бошотот, демилге берип кызыктыруу чараларын колдонот жана тартипке чакырат, буйрук чыгарат жана кол алдындагы бардык кызматкерлер аткаруу үчүн милдеттүү болгон тигил же бул көрсөтмөлөрдү берет; коомдун иш-аракеттерине байланыштуу башка маселелерди дагы чечет. Директор

түзүлгөн контракттын негизинде иш алып барат жана жыйналышка же ага өкүлдүк органга эсеп-чот берет. Коомдун жана анын ишканаларынын, филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн, ошондой эле директорлордун жана коомдук кызматтагы инсандардын чарбалык иш-аракеттерин көзөмөл жасоону жыйналыш тарабынан шайланган **ревизиялык комиссия**, жыйналышка эсеп берүүгө милдеттүү башка инсандар ишке ашырышат.

ОСНОВНОЙ КАПИТАЛ – НЕГИЗГИ КАПИТАЛ – *1)* Товарды өндүрүүгө толук жана көп жолу катышуу менен бир топ жыл ичинде өзүнүн наркын аз-аздан жаңы продукция (товар) чыгарууга которуучу өндүрүмдүү капиталдын бир бөлүгү. *2)* амортизация мөөнөтү бир жылдан ашык болгон өндүрүштүк иш-аракетти жүзөго ашыруу үчүн компанияга керектүү негизги каражаттар.

ОСНОВНЫЕ СРЕДСТВА – НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР. *Кара. **Основные фонды – негизги фондулар.***

ОСНОВНЫЕ ФОНДЫ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР – коомдук эмгек өндүргөн, узак убакытка пайдаланылуучу каражат, байлык жыйындысы. Негизги фондуга өндүрүш имараты, курулуш, машина, аппарат, транспорт каражаты, аспап, өндүрүш жана чарба мүлкү, унаа мал ж.б. кирет. Материалдык өндүрүштө пайдаланылуучу негизги фондулар *негизги өндүрүш фондусу* деп аталат. Өндүрүш процессине кыйыр катышкан негизги фондулар *өндүрүштүк эмес негизги фондуларды* түзөт. Буларга турак жайлар, клубдар, эс алуучу жайлар ж.б. кирет. Чарба комплекстериндеги негизги фондулар улуттук байлыктын эң маанилүү жана тез арбуучу бөлүгү катары эсептелет. Анын өсүшү жана өркүндөшү тигил же бул өлкөнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоонун, элдин бакубаттуулугун жогорулатуунун негизги булагы болуп саналат. Негизги фондулар акчалай эсептегенде негизги фондунун балансында көрсөтүлүп **негизги каражаттар** деп аталат. "Негизги каражаттар" термини көбүнчө *бугалтердик эсепте*, ошондой эле башка учурларда "Негизги фондулар" термини колдонулат. *Кара. **Оценка основных фондов – Негизги фондуларды баалоо.***

ОСНОВНЫЕ ФОНДЫ НЕПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ – ӨНДҮРҮШТҮК ЭМЕС НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР – өндүрүштүк эмес (өндүрүштөн тышкары) нукта пайдалануу үчүн ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын, мекемелердин) мүлкү. Бул баланста катталуучу турак жайлар, балдар бакчалары, мектептер, клубдар, бейтапканалар (ооруканалар) жана ден соолукту сактоонун башка жайлары, илим жана билим берүү,

маданий-турмуштук арналыштагылар, ошондой эле өндүрүштүк эмес максатта пайдаланылган жабдуулар, машиналар, аппараттар, транспорттук каражаттар, аспаптар ж.б. буюмдар болуп саналат. *Кара. **Сфера производственная – өндүрүштүк чөйрө, Фонды непроизводственного назначения – өндүрүштүк эмес арналыштагы фондулар.***

ОСНОВНЫЕ ФОНДЫ ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ – ӨНДҮРҮШТҮК НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР – натуралдык-зат формасында *өндүрүш процессине* катышкан жана өзүнүн наркын бир нече *өндүрүштүк циклде* даяр продукцияга өткөргөн *өндүрүш каражаттары. Кара. **Классификация основных фондов – негизги фондулардын классификацияланышы, Основные фонды – негизги фондулар.***

ОСТАТОЧНЫЙ СРОК СЛУЖБЫ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН ИШТИ ӨТӨӨ МӨӨНӨТҮНҮН КАЛДЫГЫ – *негизги фондулардын* белгилүү бир учурда иш мөөнөтүн өтөгөндөн кийинки жумушка чегерилген мөөнөтү. Негизги фондулардын берилген ошол түрүнүн (объектинин) иштетүүдөн тозуусун эсепке алуу менен *амортизациялык мезгилин* чагылдырат. Булар негизинен төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрдү камтыйт: негизги фондулардын берилген түрүнүн ишти өтөө мөөнөтүнүн калдыгы; негизги фондулардын ишти өтөөнүн нормативдик мөөнөтү (амортизациялык мезгили); иштетүүдөн тозуу коэффициенти жана *реновация* тартибинде ордун толуктоочу негизги фондулардын берилген түрүнүн наркынын бөлүктөрүндөгү иштетүүдөн тозуу (пайыз менен).

ОТЗЫВНОЙ КРЕДИТ – КАЙТАРЫП АЛЫНУУЧУ КРЕДИТ. Алдын ала айтпай эле кайсы учурда болсо кайтарып алынууга ылайыкталган *котормолуу вексель*, кредит.

ОТКРЫТЫЕ ТОРГИ – АЧЫК ДҮҢ СООДА – Катышууга бардык калоолочу фирмалар жана уюмдар чакырылган эл аралык дүң соода.

ОТКУП – САТЫП АЛУУ – *1)* Кандайдыр бир өлчөмдөгү киреше алуу же кандайдыр бир товарды сатуу, ошондой эле бир нерсени пайдалануу үчүн казынага төлөнгөн акчага мамлекет тарабынан берилген айрыкча укук. *2)* Кандайдыр бир нерсенин, айталык товардын акчасын төлөп кайта алуу. *3)* Кайрадан сатып алуу жолу менен Фьючерстик келишим аркылуу мурда сатылган боюнча тиешелүү милдеттенменин токтотулушу.

"ОТМЫВАНИЕ" ДЕНЕГ – АКЧАНЫН "ИЗИН ЖАШЫРУУ" – мыйзамсыз жол менен табылган акча жана ал мыйзам нугунда пайда болду деген ойду жаратуу үчүн жүргүзүлгөн акча операциясы.

ОТЧИСЛЕНИЕ ОТ ПРИБЫЛЕЙ – ПАЙДАДАН ЧЕГЕРҮҮ – ишканалардын (фирманын) накта пайдасынан белгилүү бир үлүшүн мамлекеттик бюджетке которуу.

ОТПУСК – ӨРГҮҮ – жумушчу оруну (аткарган кызматы) жана орточо айлыгы сакталуу менен жумушчуларга жана кызматкерлерге жылына берилүүчү өргүү. Мунун узактыгы адатта 15 күндөн кем болбойт. Ал эми 18 жашка чейинки жумушчуларга же кызматкерлерге, ошондой эле майыптарга, бир айдан кем эмес өргүү берилет. Кызматкерлердин кээ бир категорияларына, тагыраак айтканда, эмгек шарттары зыяндуу жумуштарда иштегендерге, ошондой эле чарба комплексинин айрым тармактарында эмгектенгендерге, жумуш күнү нормаланбаган ишканада эмгеги сиңгендерге жылына берилүүчү кошумча өргүү белгиленет. Ошондой эле убактылуу жумушка жараксыз болуп калгандарга, кош бойлууларга, төрөгөндөргө, окуу менен удаалай эле иштегендерге төлөнүүчү өргүү берилет. Айрым учурда жүйөлүү себептерге байланыштуу айлыксыз өргүү берилиши мүмкүн. Дем алыштарды (өргүүлөрдү) берүүнүн тартиби жана алардын кезектүүлүгү, узактыгы ж.б. маселелер мыйзам же *жамааттык келишим* боюнча аныкталат. Базар экономикасынын шартында өргүү берүүнүн айрым жагдайлары тигил же бул шартка ылайык өзгөрүлүп турушу да мүмкүн.

ОФЕРТА – ОФЕРТА (лат. offero – сунуш кылам) – зарыл болуучу бардык шарттар камтылган инсандык-укук келишимин түзүүнү сунуш кылуу. Офертага товарды, анын санын жана ташуу-тапшыруу мөөнөтүн, базистик шартын, *бааны* же *баанын прейскурантын, бүтүм жасоонун* көлөмүнө байланыштуу *женилдиктердин, кредиттин* шарттары жана төлөмдөрдүн тартиби, сунуштары ж.б. шарттарды аныктоо киргизилет. Мындай сунуштарды жасаган фирма тарап *оферент* деп аталат. Ич ара бекемделген жана эркин оферта болуп айырмаланат. Бекемделген оферта сунуштун иш-аракеттеги мөөнөтүн көрсөтүү менен сатып алуучуга гана багытталат, ошол убакыттын ичинде сатуучу тиешелүү шартты өзгөртпөйт жана башка тарапка (фирмаларга) сунуш кыла албайт. Белгиленген убакыт аралыгында сатып алуучудан жооп албаса, ал анын макул болбой калгандыгына барабар болот да, сатуучу бышыкталган сунуштан бошойт, тагыраак айтканда ал жоопкерчиликтен арылып, эркин болуп калат. Оферта менен макулдашып келишкен учурда келишимге кол коюлушу мүмкүн. Эркин же демилгелүү оферта сатуучу тарабынан жасалат. Мындай учурда эч кандай милдеттенме алынбайт да, бир эле мезгилде далай адреске багытталып, иш-

аракет мөөнөтү көрсөтүлбөйт жана офертаны өзүнүн сунушу менен байланыштырбайт. Ага көбүнчө жарнамалык-маалыматтык материалдар (баракчалар, каталогдор ж.б.) тиркелет. Офертанын шарттары менен сатып алуучунун макулдугу келишимдин түзүлгөндүгүн али бышыктабайт. Калыптанган өнөктөр менен жасалган бүтүмдөрдө көбүнчө бекемделген оферта пайдаланылат. Оферталык мындай сунуш азыр интернеттин жардамы менен дүйнөлүк деңгээлде өтө ыкчам өнүгүп жатат.

ОФИЦИАЛЬНАЯ УЧЕТНАЯ СТАВКА – РАСМИЙ ЭСЕПТИК СТАВКА. Экономикасы өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктарынын коммерциялык банктар ж.б. кредиттик институттар менен мамлекеттик кыска мөөнөттүк коммерциялык милдеттенмелерди (казыналык *векселдерди*) сатып алууда жана жеке коммерциялык векселдердин эсебин алууда колдонулуучу пайыздык ставка. Мамлекеттик кыска мөөнөттүү *баалуу кагаздарды* мөөнөтүнөн мурда сатып алуу жолу менен борбордук банк *коммерциялык банктардын* карамагында болгон өтүмдүү ресурстардын көлөмүн, алардын *кредиттик операцияларынын* мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтөт.

ОФФ-ЛАЙН – ОФФ-ЛАЙН (англ. off-line – сызыктан тышкары) – автономдук режимде иштөө: транзакцияларды өткөрүү үчүн эмитент / төлөм системасынын маалымат базасына кайрылбастан, терминалдын же банктык автоматтын иштөө ыргагы.

ОФФШОРНАЯ КОМПАНИЯ – ОФФШОРДУК КОМПАНИЯ – тигил же бул өлкөдө белгилүү бир коммерциялык структуралар үчүн олуттуу жеңилдиктер (алардын коммерциялык иш-аракеттеринен иш жүзүндө салык алынбайт), ошондой эле бугалтердик эсеп жана эсеп берүү милдеттүүлүгүн минимумга жеткирүү мыйзам менен алдын ала каралып түзүлгөн компания. Мындай түзүүлөргө практика жүзүндө өзүнүн каражаттарын алардын катышуучулары, ошондой эле компаниялардын жеке кызыкчылыктары үчүн жумшоого толук эркиндик берилет. Алар ар кандай соода-сатык операцияларын кезкелген өлкөдө иш жүзүнө ашыра алышат. Оффшордук компанияларды уюштурууга мыйзам тарабынан уруксат берилген негизги мамлекеттерге Либерия, Ирландия, Швейцария, Антильски, Виргински (Британия) аралдары, Панама, Лихтенштейн, Делавэр (АКШ), Гонконг ж.б. кирет.

ОЦЕНКА ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫ БААЛОО – *негизги фондулардын* наркын аныктап белгилөө ыкмасы. Негизги фондулардын динамикасынын жана чоңдугунун, структурасынын жана курамынын,

тозушунун эсеби үчүн пайдаланылат. Бул *амортизацияны, продукциянын өздүк наркын* (жумуштар, тейлөөлөр) жана рентабелдүүлүктү эсептеп чыгаруу үчүн зарыл болот. Эсеп жана анализ практикасында негизги фондуларды баалоонун бир нече түрлөрү пайдаланылат. *Бугалтердик эсепте* жана эсеп берүүдө негизги фондулар балансалык (алгачкы же калыбына келтирилген) наркы боюнча чагылдырылат. Алгачкы наркы — негизги фондуларды даярдоого (курулуш) же алууга иш жүзүндө жумшалган чыгымдарды, аларды ташуу (ташуу тарифин, жүктөөтүшүрүү жумуштарын колго алганда), курулуш-монтаждоо жана аларды ишке киргизүү менен байланыштуу жумуштарды камтыйт. Түрдүү убакта түзүлгөн (даярдалган, курулган) жана алгачкы наркы боюнча бааланган негизги фондулар салыштырылышы мүмкүн эмес, анткени алардын өндүрүлүшү жана керектелиши ар кандай шарттарда ишке ашырылат. Бул факторду четтетүү үчүн мезгилмезгили менен негизги фондуларга жаңы баалоо жүргүзүлүп турат. Калыбына келтирилүүчү балансалык наркы – өндүргөн шарттардагы алардын наркы жана ошол мезгилдеги баалар боюнча алынат. Калыбына келтирүүчү балансалык наркы ишаракеттеги негизги фондуларды жаңы баалоо жолу менен аныкталып, мында алардын табигый абалы жана моралдык тозушу эсепке алынат. Эксплуатациялоо процессинде негизги фондулар бара-бара жешилип тозот. Бул факторду эсепке алуу үчүн калдык нарк көрсөткүчү пайдаланылат – калдык нарк көрсөткүчү толук калыбына келтирүү амортизация нормаларынын негизинде эсептөө жасалган негизги фондулардын тозушунун суммасы менен балансалык (алгачкы же калыбына келтирилген) нарктын ортосундагы айырма менен аныкталат. Калдык наркы эксплуатациялоонун белгилүү мөөнөтүнүн өтүшү боюнча негизги фондулардын сакталып калган наркын чагылдырат жана алардын амортизациялана элек бөлүгүн тактап белгилейт – продукциянын өздүк наркына али чегерилбеген бөлүгүн аныктайт.

П

ПАБЛИК РЕЛЕЙШНЗ – ПАБЛИК РЕЛЕЙШНЗ (англ. public – көпчүлүк, коомдук; relation – катнашы) – фирма (компаниялар, уюмдар) менен коомчулуктун ортосундагы өз ара карым-катнаштарды түзүү жана бекемдөө үчүн алдын ала ойлонуштурулган, пландаштырылган жана дайыма аракеттүүлүктөгү байланыштар боюнча институт. Бул түшүнүк адатта *маркетингге* караганда кыйла кеңири туюнтулат да, төмөндөгүлөрдү камтыйт: коом менен корпорациялык жана финансылык байланыштар; алар фирманын имиджин (*беделин*) көтөрүп, анын *базардагы* абалынын күч алышына көмөктөшөт; айлана чөйрөнү коргоо маселелери боюнча (мисалы, калдыктарды жок кылуу, жерди иштетүү, жаңы курулуш ж.б. Булар коомдун фирмага жана анын товарына карата катышты өз ара аракетке келтирет) муниципалитеттик мамилелер; өндүрүштүк карым-катнаштар (алар жөнүндө маалымат жасоо буюмдардын сапатына жана жеткирип-тапшыруу, жабдып туруу катнаштарына таасирин тийгизиши мүмкүн); коомдук пикирге таасирин тийгизүүчү лидерлер менен мамилелер (саясатчылар, журналисттер, ар кандай адистештирилген уюмдардын ж.б. топтордун жетекчилери менен карым-катнаштар компаниялар менен болгон түркүн иштерге таасирин тийгизет). Бул байланыштарды кээде "акысыз жарнама" деп жаңылыш атап жүрүшөт. Чындыгында алар үчүн жарнама катары эч нерсе төлөнбөйт, бирок таасирдүү инсандар жана уюмдар менен тийиштүү коомдук пикирлерди түзгөндүгү жана чыгып сүйлөө үчүн тексттерди даярдагандыгы, маалымдагандыгы үчүн бир кыйла чыгымдарды талап кылышы ыктымал.

ПАБЛИСИТИ – ПАБЛИСИТИ (англ. publicity – жарнама, кабардар кылуу, жалпыга белгилүү кылуу) – бул термин ар кандай коммерциялык билдирүүнү, бет ачарлыкты же *товарлар, тейлөөлөр, фирмалар* жөнүндөгү материалдарды берүүчү маалымат каражаттарын камтыйт да, мында кызыкчылыгы бар тараптар акы төлөшпөйт.

ПАЙ – ҮЛҮШТҮК САЛЫМ, ПАЙ – үлүш эзелеринин – пайчылардын жалпы жыйналышына катышууга, *дивиденддди* жана фирманы жок кылуу маалында мүлкүнүн бөлүгүн алууга укук берүүчү фирма (компания) капиталынын үлүшү. Тиешелүү документте – үлүштүк салым күбөлүгүндө дивиденддди алууга *купондор* белгиленип жазылат. Бирок

анын акциядан айырмасы, ал баалуу кагаз болуп саналбайт жана, сатып алуу-сатуу предмети болуп эсептелбейт. Кооперативдин мүчөлөрүнүн (мисалы, турак жай, дача, курулуш ж.б. боюнча) төлөй турган төгүмдөрдүн суммасы да үлүштүк салым деп аталат. Үлүш алуу укугуна кооперативдин мүчөсүнүн мүлктүк укугу таандык. Ал мыйзамда белгиленген тартипте сыйга берүү, бөлүштүрүү же мурас кылуу предмети болушу ыктымал.

ПАРАМЕТР – ПАРАМЕТР (гр. parametron – өлчөөчү, өлчөмдөөчү) – *1*) экономикалык процесске олуттуу таасир тийгизүүчү чондук көрсөткүч; *2*) чечилүүчү маселелердин чегинде каралуучу байланыштуулукта мааниси туруктуу болуп кала берүүчү чондук көрсөткүч.

ПАРИТЕТ – ПАРИТЕТ (лат. paritas – теңдештик, теңдик) – *1*) эки же бир нече максаттын, фактордун, каражаттын, укуктун жана милдеттин, төлөмдүн, түрдүү экономикалык субъектердин базарда ээлеген абалынын теңдештиги; *2*) колдогу алтын же сатып алуучулук жөндөмдүүлүгү боюнча белгиленүүчү түрдүү өлкөлөрдүн акча бирдиктеринин ич ара катышы. Акыркы учурунда паритет көбүнчө валютанын товардык курсун же сатып алуучулук жөндөмдүүлүгүн туюнтууда. Мисалы, Кыргыз Республикасында бензиндин литри 46 сом, ал эми АКШда 1,5 доллар турса, анда доллардын жана сомдун паритети бул товардын маалыматы боюнча15:1,5 же бир долларга кырк алты сомду түзүшү мүмкүн.

ПАРТНЁРСТВО – ӨНӨКТӨШТҮК (фр. partenaire – өнөк) – пайда табуу максатында эки же андан көбүрөөк инсандын биргелешип ишкердик менен иштеш болуудан улам жеке ишкерлердин күч кубаты менен каражаттарынын бириктирилиши. Мында башкаруу боюнча чечимдерди алар биргелеше кабыл алат да, чыгашаны ар өнөк бирдей көтөрүп, тапкан пайда болсо алардын ортосунда бирдей бөлүштүрүлөт. Азыр адвокаттардын, медиктердин, бугалтерлердин ж.б. арасында өнөктөштүк келишими көп учурайт. Базар экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө бир кыйла кеңири жайылган, мисалы Улуу Британияда өнөктөштүк тийиштүү мыйзам менен бышыкталат да, пайда жана чыгаша ошого ылайык тепетең бөлүштүрүлөт. Бирок өнөктөр ич ара макулдашып башкача келишүүлөрү ажеп эмес. Мисалы, алардын ичинен капиталдын көбүрөөк үлүшүн кошкону пайданын арбын үлүшүн алышы мүмкүн. Өнөктөштүктүн негизги артыкчылыгы катары ар инсан кошумча *капиталды* кошкондугу болуп саналат. Мына ушунун өзү өндүрүштүн көлөмүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берип, жаңы күчтөр арбып, прогрессивдүү ой толгоолор пайда болот (булар эски катышуучулардын тажрыйбасы менен тең

салмактанып турат). Ошондой эле ишкердик иш-аракеттеринин багыттары боюнча өнөктөрдүн адистештирилиши, жоопкерчиликти бөлүштүрүү (мында ар бир катышуучуга тийиштүү психологиялык калпыстык азыраак болот), үзгүлтүксүздүк, өнөктөрдөн бирөө кетсе, анын үлүшүн негизги катышуучулар сатып алышы дагы негизги артыкчылык катары эсептелет. Кем-карч жактарына болсо өнөктөштүктүн карыздарына жеке жоопкерчиликтин чектелбегендиги, өнөктөштүктүн бардык катышуучуларынын чечимдерди кабыл алууда оперативдүүлүгүнүн жогору эместиги кирет.

ПАССИВ – ПАССИВ (лат. passivus – пассивдүү, жигерсиз) – бугалтердик баланстын бир тарабы. Анда ишканалар менен уюмдардын каражат топтоо булактары көрсөтүлөт. Бул төмөндөгүдөй беш негизги бөлүмдөн турат: "А" – ишкананын өз жана ага барабар каражат булагы; "Б" – нормалануучу айланым каражаттары үчүн банк кредити; "В" – түрдүү банк кредити, эсептешүү сыяктуу; "Г" – капиталдык курулуш каражатынын булагы; "Д" – малдын санын толуктоо каражаты.

ПАССИВНАЯ ЧАСТЬ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН ПАССИВДҮҮ БӨЛҮГҮ – өндүрүшкө түздөн-түз катышпай, бирок эмгек процесси жана *негизги фондулардын активдүү бөлүгүнүн* нормалдуу иштешине шарт түзгөн, адамды жана өндүрүш каражаттарын тышкы чөйрөнүн таасиринен сактоочу *өндүрүштүк негизги фондулар*. Буларга имараттар, курулуштар, ар кандай түзүлүштөр, чарбалык курал-шаймандар ж.б. кирет. *Фондунун пайдаланууу* көрсөткүчүн жогорулатуу максатында өндүрүштүк негизги фондулардын жалпы суммасында негизги фондулардын пассивдүү бөлүгүнүн салыштырмалуу салмагын төмөндөтүү олуттуу орунду ээлейт.

ПАССИВНЫЕ СЧЕТА – ПАССИВДҮҮ ЭСЕПТЕР (эсептегичтер) – ишкананын каражаттарынын булактарын, алардын өзгөрүүлөрүн эсепке алуу үчүн абалын көзөмөлдөөгө (мисалы, *"Уставдык фондунун", "Кредиторлордун"* ж.б.) арналган бугалтердик эсеп-чоту. Алардын *кредити* боюнча калдык (*сальдо*) белгилүү убакыттагы ошол каражаттардын булактарынын абалын чагылдырат жана *бугалтердик балансанын* пассивинде көрсөтүлөт.

ПАТЕНТ – ПАТЕНТ (лат. patens, patentis – ачуу) – тийиштүү мамлекеттик орган тарабынан ойлоп табууга берилүүчү жана ойлоп табууга карата өзгөчө укугун, авторлугун күбөлөндүргөн документ. Патенттин ээси ойлоп табууларын пайдалануууга же ал патентин толугу менен башка бирөөгө (лицензия) бере алат.

ПАТЕНТ НА ИНДИВИДУАЛЬНУЮ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ – ЖЕКЕ ИШКЕРДИККЕ БЕРИЛҮҮЧҮ ПАТЕНТ. Өз алдынча, жекече кандайдыр бир буюмдарды өндүрүүгө укук берүүчү документ.

ПАТЕНТ ТОРГОВЫЙ – СООДА ПАТЕНТИ. Белгилүү бир өндүрүш товарларын, буюмдарын же товар сатуу ишин жүргүзүүгө укук берген жана ушул товарларды, буюмдарды же продукцияларды сатууга бөтөнчө укук берүүчү документ.

ПАТЕНТНОЕ СОГЛАШЕНИЕ – ПАТЕНТТИК КЕЛИШИМ-ШАРТ. Ойлоп табууларга карата укуктарды өз ара коргоо жөнүндө мамлекеттер ортосундагы келишимдер; ойлоп табууларга патенттери бар ишканалардын ортосундагы, ошолорду өз ара пайдалануу жөнүндөгү келишим-шарттар.

ПАУШАЛЬНЫЙ ПЛАТЁЖ – ПАУШАЛДЫК ТӨЛӨМ (нем. pauschail – бүтүн бойдон алынган, бүтүндөй) – курамдык бөлүктөргө жиктелбеген, *товардын* партиясына (тигил же бул тейлөөлөр ж.б.) төлөнүүчү жалпы сумма. Паушалдык төлөм тобокелге салуу даражасын азайтып, төлөнө турган сумманы тез алууга мүмкүндүк түзөт. Муну бир эле убакта бүтүндөй же бөлүп төлөөгө да болот.

ПЕНСИОННЫЙ ФОНД – ПЕНСИЯ ФОНДУСУ – улгайгандыгына байланыштуу камсыздандыруу үчүн түзүлгөн мамлекеттик же ага кирбеген камсыздандыруу фондусу.

ПЕНЯ – ТУУМ, ӨСҮМ, ФИНАНСЫЛЫК ЖАЗАПУЛ (лат. poena – жаза) – белгилүү бир милдеттенмени орундабагандыгы, мөөнөтү өтүп кеткендиги үчүн мыйзам же келишим менен белгиленүүчү, өндүрүлүүчү акчалай сумма. Ал мөөнөтүнөн өткөн төлөнүүчү сумманын белгилүү бир пайызы катарында эсептелинет.

ПЕРВИЧНЫЙ ПЛАТЕЖНЫЙ ДОКУМЕНТ – БИРИНЧИ ТӨЛӨМ ДОКУМЕНТИ – төлөмдүн ишке ашырылгандыгын тастыктаган, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нормативдик документтеринин негизинде тузурумдалган кагаз жүзүндөгү төлөм документи.

ПЕРВОНАЧАЛЬНАЯ СТОИМОСТЬ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН БАШТАПКЫ НАРКЫ. *Кара.* ***Оценка основных фондов – негизги фондуларды баалоо.***

ПЕРСОНАЛЬНЫЙ ИДЕНТИФИКАЦИОННЫЙ НОМЕР (ПИН-код) – ЖЕКЕ ИДЕНТИФИКАЦИЯЛЫК НОМЕР (ЖИН-код) – Транзакцияны ишке ашыруу-га мүмкүндүк берүүчү картты пайдалануу паролу.

ПЕРСОНАЛЬНЫЙ КАРТ – ПЕРСОНАЛДЫК КАРТ – Эмитенттин ээси менен түзүлгөн келишимге ылайык, счеттун ээсине эмитент тарабынан берилген карт.

ПЕРСОНИФИКАЦИЯ – ПЕРСОНИФИКАЦИЯ – Картка карты кармап туруучу жөнүндө маалыматты каттоо (эмбоссирлөө, магнит тилкесинин же интегралдык схеманын кодун түзүү).

ПЛАН И РЫНОК – ПЛАН ЖАНА БАЗАР – жеке менчиктин тең укуктуулугунун нугунда жөнгө салынуучу экономиканын иштешин камсыз кылуучу пландуу көрсөткүчтөр менен базар мамилелеринин өз ара аракетинин тутуму.

ПЛАНИРОВАНИЕ МАРКЕТИНГА – МАРКЕТИНГДИ ПЛАНДОО – ишкананын (фирманын) *маркетингдик иш-аракеттеринин* бардык багыттары боюнча ийне-жибине чейин бышыкталган пландарды иштеп чыгуу. Мындай маркетинг-пландардын структурасы төмөндөгүлөрдү камтыйт: негизги көрсөткүчтөрдүн тизмеси; *базарларды*, алардын негизги сегменттерин, керектөөчүлөрдү (сатып алуучуларды), атаандаштарды баяндап жазуу; *атаандаштыктын* күчөшүнөн улам келип чыгуучу чиелешкен маселелерди анализдөө жана фирманын аларды четтетүү тууралуу иш-аракеттери (конкреттүү артыкчылык); фирма ишке ашырууга мүмкүн болуучу пландоо учурундагы тиешелүү максаттардын тузурумдалышы; *маркетинг стратегиясын* – анын бүт бардык багыттары боюнча иш-аракеттеринин программасын, максаттуу базарларды, чыгымдардын өлчөмүн, анын ар бир позициясы боюнча конкреттүү иш-аракеттерди иштеп чыгуу; түшүүчү пайданын эсеби; пландын аткарылышынын жүрүшүн көзөмөлдөөнү белгилөө. Кокус фирма продукциялардын (товарлардын) бир нече түрүн, ассортимент топторун чыгарып, ар кандай базарларда иштеген учурлары болсо, анда ар бир позиция боюнча өзүнчө маркетинг-план түзүлөт. *Кара. Маркетинговый контроль – маркетингдик контроль.*

ПЛАНИРОВАНИЕ НА ПРЕДПРИЯТИИ – ИШКАНАДА ПЛАНДОО – ишканалардын тутумун жана алардын өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттеринин көрсөткүчтөрүн, анын структуралык бөлүмчөлөрүн *пландоо*. Бул баарыдан мурда техникалык-экономикалык эсептөөлөрдүн аткарылышын, зарыл *нормативдерин* иштеп чыгууну жана негиздөөнү, бүт ишкана жана анын структуралык бөлүмчөлөрү боюнча да көрсөткүчтөрдү, ошондой эле чарбалык иш-аракеттерге ыкчам жетекчиликти жана көзөмөлдүктү, өндүрүштүк ички резервдерди ачуу жана пайдалануунуу камтыйт. Ишкана ачык система болуп санала тургандыгы белгилүү. Бул ишкананын иш-аракеттери олуттуу түрдө анын уюштурулушуна, калыптанышына жана өнүгүшүнө таасир этүүчү ички факторлорго гана эмес, ошондой эле башка факторлорго да байланыштуу экендигин алдын ала карайт. Базарда ийгиликтүү ишке ашуу үчүн пландоодо бир катар кырдаал эске алынат. Буга баарыдан мурда *сурам* жана *сунуш*, базардын анын товарына ийкемдүүлүгү (баасынын өзгөрүшүнө байланыштуу ошол продукцияга сурамдын көз карандылыгы), *өндүрүштүн күндөлүк чыгымдары*, *пайда* жана *рентабелдүүлүк* чеги (кирешелүүлүгү), *атаандаштык*, *негизги фондуларга баалар*, чийки зат жана материалдар кирет. Ошентип, ишкананын өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттерине *микроэкономикалык* чөйрө гана таасир этпестен, ошону менен бирге *макроэкономикалык* чөйрө да таасир көрсөтөт. Эгерде *микроэкономика*, мисалы, конкреттүү базарларда (машиналар, карагай-материалдар ж.б. базарларында) баанын түзүлүшүн, ишканалардын аларда иш алып барууларын изилдей турган болсо, *макроэкономика* экономиканын бир кыйла стратегиялык маселелерин (мисалы, салык, кредиттик-финансылык саясатын ж.б.) изилдөөнү ишке ашырат. Мына ошондуктан, менчиктин кандай гана формасына негизделген ишканалар болбосун, белгилүү мезгилдеги өзүлөрүнүн өндүрүштүк-чарбалык жана социалдык иш-аракеттеринин абалын аныктап белгилөөгө, оперативдүү пландарын иштеп чыгууга тийиш. Демек, бул базар шарттарында *күндөлүк* жана оперативдүү-өндүрүштүк пландоонун жок болуп бара жаткан эмес, тескерисинче бүт башкаруу структурасына терең кирип, *башкаруучулук чечимдердин*, кандайынын гана болбосун кабыл алынышына өбөк болот дегенди туюнтат. Ишканалардын пландары базардын талаптарын, атаандаштыкты эске алып, анын экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн туруктуулугун алдын ала кароого багыттап, кирешени арбын алууга жөндөмдүү кылуусу зарыл. Бул үчүн эң алды менен *маркетингдик пландоону* ишке ашыруу талап кылынат. Ишканада пландоо бир катар функцияларды аткарууга ыңгайлаштырылган, алардын негизгилерине төмөндөгүлөр кирет: ишканага, анын бөлүмчөлөрүнө жана эмгек кызматына болгон керектөөлөрдү тактап аныктоо, продукцияларды (жумуштарды, тейлөөлөрдү) өндүрүү үчүн зарыл болгон материалдык жана акча ресурстарына карата талаптарды белгилөө; ишкана жамаатынын алдына белгилүү убакыт ичинде конкреттүү өндүрүш маселелерин (милдеттерин) коюу жана аларды чечүүнүн жолун издештирип табуу; бөлүмчөлөрдүн жана ишкананын иш долборлорунун өз ара так байланышын түзүү, анын сандык көрсөткүчтөр жана убакыт мезгили менен шайкештүүлүгү, ошондой эле ишкананын иш-аракеттеринин жеткирип-тапшыруучулар менен керектөөчүлөрдүн иш-аракеттерине болгон келишүүчүлүк; жогорку пайда табууну жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жигердүү өсүшүн, өндүрүш факторлорун максималдуу пайдаланууну жана техникалык прогрессти дайыма камсыз кылуу. Ишканада пландоо күндөлүк жана оперативдүү пландоого ажырайт: эгерде күндөлүк пландоодо өндү-

рүштү өнүктүрүүнүн бардык жагынан толук камтып жана ошол продукцияга сурамды жана сунушту айкындоо үчүн негиз болуп кызмат аткарып, белгилүү убакыт ичинде (жыл, чейрек, апта) ишканалардын ресурстарга реалдуу керектөөлөрүн камсыз кылуу эсепке алынса, оперативдүү пландоодо болсо, кыйла кыска мөөнөткө (ай, сутка, смена) түзүлөт. Оперативдүү пландоо тиешелүү маселени коюлган максатка багытталгандыгына жана аларды чечүүнүн ыкмаларына тыгыз байланыштуу төмөндөгүдөй эки баскычка бөлүнөт: *календардык пландоо*, мында продукциялардын (тейлөө, жумуштар) көлөмдөрү өндүрүштүк бөлүмчөлөр жана убакыттын календардык бөлүктөрү, ошондой эле тиешелүү убакыттагы өндүрүш процесстеринин элементтеринин өтө так ыкташуулары боюнча бөлүштүрүлөт; жана өндүрүштү башкарууну борбордоштуруу, бул баскычта өндүрүштүн жүрүшүн жөнгө салып туруу жана чыгарылган продукцияга оперативдүү көзөмөл жасоо, эсепке алып туруу максаты башкы орунду ээлейт. Ишканаларда пландоо тутуму борборлоштуруу жана өз алдынчалык элементтерин бир кыйла оптималдуу айкалыштырууга тийиш. Ал эми борборлоштурууну кыскартуу тутумунда пландоонун бир топ маселелери айрым бөлүмчөлөрдө берилет. Бирок мындай учурда бирдиктүү ыкмага жана жалпы коюлган максатка доо кетиши да мүмкүн. Анткени негизги стратегиялык маселелердин чечилиши айрым бөлүмчөлөрдүн (цехтердин, участкалардын) чечимдеринин чогундусуна айланат. Башкаруу сыяктуу эле пландоону борборлоштуруунун ашыктыгы чектелген аракет үчүн бул багыттуу жетекчиликте калтырылат да, алар ички резервдерди акмалоого жана пайдаланууга анчалык кызыгышпайт. Ушунун кесепетинен өндүрүштүн конкреттүү шарттарын жакшы билгендер, бөлүмчөлөрдү же бүт ишканаңы башкарып жетекчилик кылып жүргөндөр жасаган аракеттерин жана ийгиликти камсыз кылуучу иш чараларды иштеп чыгууга катышпай калат. Базар экономикасына өтүү, ишканалардын чарбалык өз алдынчалыгынын кеңейиши борборлоштуруу ыкмасында пландоонун нугун жана ички өндүрүштүк башкарууну түп тамырынан бери өзгөртөт. Ал эми *мамлекеттик заказга* негизделген пландык сектордун жана *маркетинг* принциптериндеги базардык сектордун удаалай болушу ишканалардын пландарын өркүндөтүүнү, алардын иштелип чыгышынын жана мазмунунун ырааттуулугунун зарыл экендигин алдын ала карайт. *Кара. Методы прогнозирования и планирования – Божомолдоо жана пландоо методдору.*

ПЛАНИРОВАНИЕ ОПЕРАТИВНО-ПРОИЗВОДСТВЕННОЕ – ОПЕРАТИВДҮҮ-ӨНДҮРҮШТҮК ПЛАНДОО – ыргактуу иштөө жана ишкананын башкы

маселелерин ийгиликтүү аткаруу, тагыраак айтканда *пайданы* кыйла арбытууну ар бир кызматкердин жашоо-тиричилигинин жакшырышы менен айкалыштыруу максатында өндүрүштүн жүрүшүн жөнгө салуу боюнча эсептөөлөрдүн тутуму. Ал ички-өндүрүштүк пландоонун уландысы жана бир эле убакта аяктоочу баскычы болуп саналат да, ишкананын пландык көрсөткүчтөрүн (мамлекеттик заказды) кыйла бышыктайт. Анын негизги милдети төмөндөгүлөрдү камтыйт: ишкананын өндүрүштүк программасын айлар, он күндүк, бир күндүк жана смена боюнча жабдуулар, өндүрүштүк аянттар, жумушчу күчтөрү, бардык бөлүмчөлөр тиешелүү жумуштар менен бирдей жүктөлгөндөй, белгиленген планда (мамлекеттик заказда) продукцияларды ырааттуу чыгаруу жана *чарбалык келишимдерде* каралган мөөнөттөрдө продукцияларды даярдоо жана сатуу үзүрлүү максатка ылайыктуу камсыз кылынгандай эсеп менен бышыктоо жана бөлүштүрүү; кыйла конкреттештирүү жана тапшырмаларды цехтерге, участкаларга, бригадаларга жумушчу орундарына учурунда кулагдар кылуу; өндүрүштү азыркы кездеги техникалык даярдык менен камсыздоо, жумушчу орундарын чийки зат, материалдар, тетиктер, жартылай-фабрикаттар ж.б. менен жабдуу; өндүрүш процессинде катышуучу бардык мүүндарынын иш-аракеттерин координациялоо, өз ара байланыштыруу жана планды аткаруу процессинде өндүрүштүн жүрүшүн оперативдүү жөнгө салуу. Оперативдүү пландоо өндүрүштү техникалык жактан даярдоо, анын материалдык-техникалык жана эмгек менен камсыз кылынышы ж.б. элементтери менен тыгыз байланыштуу болот. Оперативдүү пландоо системасы *календардык пландоону* жана *өндүрүштү бир борбордон башкарууну* (диспетчеризациялоону) бириктирет.

ПЛАНИРОВАНИЕ СТРАТЕГИЧЕСКОЕ – СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДОО – ишкананын (фирманын) максаттарынын, милдеттеринин жана потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы туура келүүнү камсыз кылуучу процесс. Ал ишканалардын иш-аракеттеринин багытындагы негизделүүнү, анын милдеттерин, өндүрүш бөлүмчөлөрүнүн (цехтердин, участкалардын, филиалдардын ж.б.) структуралык максаттарын жана функционалдуулугун (бөлүмдөрдү, кызматтарды ж.б.) координациялоону, атаандаштык жөндөмдүүлүктү баалоону, ресурстарды сарамжалдуу бөлүштүрүүнү, альтернативдүү иш-аракеттерди жана анын жыйынтыктарына баа берүү жолдорун тандоону камсыз кылат. Стратегиялык пландоо адатта бир нече баскычта ишке ашырылат. Биринчи баскычта ишкананын программасы аныкталып белгиленет (жалпы максаттары конкреттештирилип, алардын ар бири жаңы

продукцияны чыгарууга жараша же алмаштырылууга, сатуу базарларынын кеңейтилишине ылайык өзгөрүшү мүмкүн); экинчи баскычында программа майда-чүйдөсүнө чейин аныкталып, ишканалардын бардык бөлүмчөлөрү үчүн максатынын такталган тизмеси жана милдеттери белгиленет (максаттар конкреттүү жана өзгөрүүгө ийкемдүү болууга тийиш); үчүнчү баскычында тиешелүү максаттын жана милдеттердин негизинде ишкананын өндүрүштүк-чарбалык пландары иштелип чыгат; төртүнчү баскычында ишкананын иш-аракетке келтирилген өндүрүштөрүн баалоо базасында алардын кайсынысын келечекте өнүктүрүү керектүүлүгү, күчтү кайсы жагына (багыттоо тууралуу) чечим кабыл алынат жана алардын милдеттери белгиленет. Эгерде өзүнүн милдеттери жөнүндө фирманын так түшүнүктөрү жок болсо, максаттарынын кандай болушу жөнүндө кабары болбосо, ишкана кандай түргө келишине аракеттенбесе, анда узак келечектүү *стратегияны* иштеп чыгуу мүмкүн эмес. Бир катар өнүккөн өлкөлөрдүн экономистеринин бир катар изилдөөлөрүндө, адатта ишкананын (компаниялардын, фирмалардын) келечектеги өнүгүү стратегиясынын чегинде төмөндөгүдөй төрт негизги багыты бөлүп көрсөтөт: базарды көздөй мындан ары жылышуу – чыгарылган продукцияны сатууну (ал үчүн иш-аракеттеги базарларда) көбөйтүү; продукциялардын жаңы түрлөрүн иштеп чыгаруу – ишканалар үчүн иш-аракеттеги базарларда жаңы товарларды сатуу, өндүрүү жана иштеп чыгуу; сатуу базарларын кеңейтүү – фирма иштеп чыгарган товарларды жаңы базарларда сатуу; өндүрүштүк-сатуу иш-аракеттерин жиктөө – жаңы базарларда товарларды сатуу үчүн аларды иштеп чыгуу жана өндүрүү. Бул багыттар ишканалардын өндүрүш пландарына көчүрүлө турган болгондуктан, баарыдан мурда алардын алдына коюлган милдеттерине жана анын ресурстарына, тышкы чөйрөнүн абалына, келечектеги багыттарынын өзгөрүү тенденцияларына байланыштуу болот. Мисалы, эгерде фирма өзүнүн алдына келечекте өсүү милдетин койсо, ал эми анын чыгарган продукциясы керектөөчүлөр арасында өзүн жакшы көрсөтө алса жана сурамдар менен жетишерлик ийкемдүү пайдаланса, анда ал өзү үчүн базарга андан ары аралашууну кеңейтүү *стратегия* катары жана бааны арзандатууну *тактика* катары тандап алышы мүмкүн. Ишкананын андан ары өнүгүшү стратегия катары жетекчилик (директор, кеңеш, президент ж.б.) тарабынан жактырылса, ал ар бир бөлүмчөлөр үчүн конкреттүү ыкчам аракеттүү пландарга киргизилүүгө тийиш. *Кара. **Прогнозирование деятельности предприятия – ишкананын иш-аракеттерин божомолдоо. Планирование на предприятии – ишканада пландоо.***

ПЛАНИРОВАНИЕ ЦЕНЫ ТОВАРА – ТОВАРДЫН БААСЫН ПЛАНДОО – товарга (продукцияга, буюмдарга, тейлөөлөргө) бааны божомолдоо жасоого жана белгилөөгө мүмкүндүк түзүүчү процесс. Сурамдын жагдайын жана көлөмүн, атаандаштын курчтугун, продукциянын тиричилик баскычын, тейлөө дэнгээлин (сатуунун алдындагы, кепилдик ж.б.), *өндүрүш чыгымдарын* жана *айланымдарын*, мамлекет тарабынан жөнгө салынуучу иш-чараларды эске алуу менен жүзөгө ашырылат. Келечектүү бааны тандоону бир нече баскычта аткарууга болот. Эң алды менен бааны чыгаруунун максаттарын аныктап белгилешет. Аларды, адатта, ишкананын жалпы максаттары менен байланыштырышат. Бул базарга стратегиянын жардамы менен кирген, баалардын төмөндөшүнө негизделген жана кыйла кеңири базарды камтууну камсыз кылуучу сатуунун көлөмүнүн көбөйүшүнө багыт алуу максаты болушу мүмкүн. Базардын белгилүү бир бөлүгүнө багытталып коюлган жогорку бааның эсебинен түшкөн пайданын өлчөмүн арбытууга ыктаган максаттар болушу ыктымал. Ал эми сурамга өбөк болуу жана сырткы факторлордун таасир кылуусун төмөндөтүүгө ыктаган бааны түзүү стратегиясын пайдалануу аркылуу иш-аракеттеги туруктуу абалды сактоону камсыз кылуучу максаттар дагы белгиленет. Ал эми мунун кийинки баскычында баа түзүүнүн жалпы саясаты иштелип чыгылат да, баа боюнча алынуучу чечимдер болсо, фирма ыктаган базар жана *маркетинг* структурасы менен байланыштырылат. Соңунан өндүрүш чыгымдарын жана айланымдарын, *кошумча чыгымдарды*, тейлөөгө жумшалган чыгымды, керектөөчүлөрдүн талабын изилдөөнүн негизинде бышыкталган пайданы эсепке алуу менен тиешелүү өлчөмдөрү белгиленген, конкреттүү баа аныкталып коюлат (баа максаттуу базар үчүн алгылыктуу болуп жана атаандаштардын иш-аракеттерине байланыштуу базар деңгээлинен төмөн же жогору болуп, мүмкүн ага туура келиши да ыктымал). Аягында болсо баа саясатынын ишке ашырылышы бардык факторлорду (ички жана тышкы) эсепке алып, ар бир товарга (продукцияга ж.б.) конкреттүү баа белгиленет. Ал эми баа чыгарууга дайыма сурамдын өзгөрүшүнө, атаандаштыкка, чыгымдарга ж.б. факторлорго байланыштуу өзгөртүүлөр киргизилип турат.

ПЛАТЕЖ – ТӨЛӨМ – накталай акча каражаттарын колдонуу менен же аларды колдонбостон, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында белгиленген формада накталай эмес акча каражаттарын төлөөчүнүн которушу менен акча милдеттенмесин аткаруу.

ПЛАТЕЖЕСПОСОБНОСТЬ – ТӨЛӨМ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮ – төлөнүүчү төлөмдөрдү өз убагында

жана толук төлөөгө шарт түзүүчү жана өзүнүн финансылык милдеттенмеси боюнча алардын келип түшүүсүнө жараша аткарууну камсыз кылуучу *жеке* же *юридикалык жактардын* финансылык абалы.

ПЛАТЕЖНАЯ СИСТЕМА – ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ – төлөм системасынын катышуучусу болуп эсептелген финансы-кредиттик мекемелердин ортосунда накталай эмес эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырууга багытталган технологиялардын, жол-жоболордун жана төлөө шаймандарынын өз ара байланышуу системасы. Төлөм системасынын иштеп туруусу жана анын катышуучуларынын ортосундагы мамиле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нормативдик актылары жана тиешелүү эки тараптуу келишимдер менен жөнгө салынат.

ПЛАТЕЖНОЕ ПОРУЧЕНИЕ – ТӨЛӨМ ТЕСКӨӨЧ – алуучунун эсебине төлөөчүнүн эсебинен *каражаттарды* которгондугу жөнүндө *банкка* төлөөчүнүн буйругун ырастоочу эсеп документи. Бул *товар* жана тейлөө көрсөтүү үчүн бир мекеме менен экинчи мекеменин ич ара *накталай эмес эсептешүүлөрдө* кеңири колдонулат, өндүрүштүк пландык төлөмдөр, кредитордук карыздарды жабуу, капиталдык ремонтко каражат төлөмдөрү, *бюджетке* төлөөлөр үчүн жана товардык операциялар боюнча которуулардын башка түрлөрүндө колдонулат.

ПЛАТЕЖНОЕ ПОРУЧЕНИЕ ПО СТРАХОВЫМ ВЗНОСАМ – КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТӨЛӨМДӨРҮ БОЮНЧА ТӨЛӨӨ ТАПШЫРЫГЫ – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна күндөлүк төлөөлөр боюнча камсыздандыруу салымдарын төлөө үчүн колдонулган төлөө документи.

ПЛАТЕЖНОЕ СОГЛАШЕНИЕ – ТӨЛӨМ КЕЛИШИМ-ШАРТЫ – эки же бир нече өлкөлөрдүн ортосунда өз ара эсептешүүлөрдү жана төлөмдөрдү уюштуруунуу аныктап белгилөөчү, жөнгө салып туруучу укук актысы. *Кредиттерди* берүү жана жабуу шарттары, эсептешүүлөрдүн тартиби, укук нормалары жөнүндөгү бул өлкөлөрдүн банк аралык келишим-шарттарын түзүү үчүн негиз болуп кызмат кылат.

ПЛАТЕЖНОЕ ТРЕБОВАНИЕ – ТӨЛӨМТАЛАП – аткарылган жумуштар, көрсөтүлгөн тейлөөлөр, жөнөтүлгөн товарлар үчүн төлөөчүнүн эсебинен тийиштүү сумманы ага которууга жеткирип-тапшыруучунун буйругун ырастоочу эсепкысаптык документ. Бул көбүнчө бир жерден экинчи бир жерге тиешелүү жүктөрдү жеткирип-тапшырып туруу үчүн *эсептешүүлөрдүн акцепттик* формасында колдонулат. Көпчүлүк учурда төлөмталап фактура эсебине төлөмдүн талабынын жагдайын жана суммасын айкындаш үчүн тиркелет. Жеткирип-тапшырып туруучунун жумуштарын жеңилдетүү үчүн төлөм

талапты фактура эсеби менен бириктирүүчү төлөм-эсеп талабы колдонулат. Төлөө накталай эмес эсептешүүлөрдүн эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.

ПЛАТЕЖНОЕ ТРЕБОВАНИЕ ПО СТРАХОВЫМ ВЗНОСАМ – КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТӨЛӨМДӨРҮ БОЮНЧА ТӨЛӨӨ ТАЛАБЫ – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна мөөнөтүндө төлөбөгөн камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөчүлөр менен эсептешүүнү жүргүзүүдө пайдаланылган төлөм документи, ал счеттун ээси болгон төлөөчүнүн акцепти же соттун чечими боюнча жүзөгө ашырылат.

ПЛАТЕЖНЫЕ УСЛУГИ – ТӨЛӨМ ТЕЙЛӨӨЛӨРҮ – төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу боюнча тейлөөлөр – чектерди инкассациялоо, төлөм документтерин иштеп чыгуу, банктарда счетторду жүргүзүү, каражаттарды дароо которуу ж.б.у.с.

ПЛАТЕЖНЫЙ ДОКУМЕНТ – ТӨЛӨӨ ДОКУМЕНТИ – Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына ылайык юридикалык жак же жеке адам тарабынан тариздделген жана анын негизинде төлөө жүргүзүлгөн белгиленген формадагы документ.

ПЛАТЕЖНЫЙ ИНСТРУМЕНТ –ТӨЛӨМ ШАЙМАНЫ – төлөө жөнүндө маалыматтарды берүү үчүн колдонулуучу инструмент. Төлөө инструменттерине төлөө документтеринин ар кандай түрлөрү (Кыргыз Республикасынын мыйзам актылары тарабынан белгиленген төлөм тапшырмасы, талап ж.б.) жана банктын төлөө карттары кирет.

ПОЛНОМОЧИЯ – ЫЙГАРЫМ УКУК – юридикалык же жеке жактын чарбалык операцияларды, ошондой эле мыйзамдуу же нотариалдык бекитилген өкүлчүлүк иштерди аткаруу укугу.

ПОЛЬЗОВАТЕЛЬ ПЛАТЕЖНЫХ УСЛУГ – ТӨЛӨМ ТЕЙЛӨӨЛӨРҮН ПАЙДАЛАНУУЧУ – өзүнүн чарба ишин жүзөгө ашыруу учурунда эсептешүүлөрдү жүргүзүүдө керектөөлөрүн канаттандыруу үчүн төлөм тейлөөлөрүн пайдаланган юридикалык же жеке жак.

ПОРТФЕЛЬ ЗАКАЗОВ – ЗАКАЗДАР ПОРТФЕЛИ – белгилүү күнгө же тиешелүү мезгилге тигил же бул фирма тарабынан чогултулган заказдар жыйындысы. Дүйнөлүк базар коньюнктурасында ылайыктуу товарларды талдоодогу критерийлерди түзүүчү заказдар портфели.

ПОРЯДОК СОЗДАНИЯ ПРЕДПРИЯТИЯ (ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕГИСТРАЦИЯ ПРЕДПРИЯТИЙ) – ИШКАНАЛАРДЫ ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ (ИШКАНАЛАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО) – жаңы түзүлгөн ишканаларды мамлекеттик каттоо китепчесине жазуу. Алардын жайгашкан жеринде иш-

аракеттеги мыйзамга ылайык эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаарлардагы райондук кеңештеринин аткаруу комитеттери тарабынан ишке ашырылат. Тийиштүү эсепти камсыз кылуу максаттарында *ишканалардын* жана *уюмдардын* Бирдиктүү мамлекеттик регистри түзүлөт. Көз каранды эмес эгемендүү укуктук-демократиялык Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык ишканалар каттоодон өткөрүлөт. Аларга төмөндөгүлөр кирет: өзүнүн иш-аракеттерин юридикалык жаксыз эле ишке ашырып жүргөн ишкерлер жана ишкана бирикмелери, уюмдар, биргелешкен орток жана чет элдик ишканалар, чет элдик фирмалардын өкүлчүлүктөрү. Каттоодон өтпөгөн субъектердин чарбакерчилик иш-аракетине тыюу салынат, андан түшкөн кирешелер сот аркылуу өндүрүлүп алынып бюджетке төгүлөт. Каттоодон өтүү үчүн тиешелүү төлөм алынат. Каттодон өтүүдө төмөндөгүдөй документтер керек: арыз; ишкананын уставы; ишкананы түзүү жөнүндө чечим; тийиштүү мамлекеттик органдын, жер ээсинин, жерди пайдалануучунун жазуу жүзүндөгү келишүүсү; ишкананын анын алдында кооперативди түзүүгө жазуу жүзүндөгү макулдугу; каттоодон өтүү үчүн төлөмдү төлөөнү күбөлөндүрүүчү документ. Жоопкерчилиги чектелген коом үчүн *уставдык фондуга* ар бир катышуучулардын өз үлүштөрүн төлөгөндүгүн күбөлөндүргөн документтер кошумча берилет. Чет элдик инвестициялар нугунда уюшулган ишканалар жергиликтүү эл депутаттар кеңешинин уруксаты болгондо тышкы-экономикалык байланыштар боюнча мамлекеттик комитетинде каттоодон өтөт. Ишкананы түзүүнүн жалпы тартиби төмөндөгүлөрдөн турат: жергиликтүү Кеңештин аткаруу комитетине документтер тапшырылат да, анда алар текшерилет, андан кийин жыйында кароого сунуш кылынат. Ал эми ошол жыйында ишкананы мамлекеттик каттоо жөнүндө тиешелүү чечим кабыл алынат; уюмдаштыруучуга уставдын дааналарына штамп басылган документ жана аткаруу комитеттин жыйынынын токтомунун көчүрмөсү берилет, катталган ишкана райондук салык инспекциясынын эсебинде болот; ишкана банк мекемесинде эсеп-чотун ачат, мөөр даярдалат.

ПОСРЕДНИКИ – ОРТОМЧУЛАР – даярдоочу-ишканалардын продукцияларын (товарларын) дүңүнөн сатып алууну жана керектөөчүлөргө сатууну ишке ашыруучу юридикалык (дүң жана чекене фирмалар, ишканалар, акционердик компаниялар, дүкөндөр, конторалар ж.б.) жана жеке (*брокерлер, соода агенттери, комиссионерлер, коммивояжерлер* ж.б.) жактар. Ортомчулар сатып алуучулар менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы келишимдик байланыштарда белгиленген продукциялардын тез өтүп кетишине да көп аракет жасайт. Жүгүртүү чөйрөсүндө товарларды

өткөрүүнү ылдамдатуу максатында өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосунда иштиктүү байланышты түзүүгө багытталган ишкердик иш-аракеттери ортомчулук (арачылык, далдалчылык), ал эми ортомчулук ишиндеги тейлөө ортомчулук тейлөөлөр (далдалчылык) деп аталат.

ПОТРЕБИТЕЛЬ – КЕРЕКТӨӨЧҮ – кандайдыр бир товарды (продукцияны, буюмду, тейлөөлөрдү) сатып алуучу фирма (уюм) же жеке адам. Керектөөчүлөрдү адатта баанын деңгээлине карата мамилелерине байланыштуу төмөндөгүдөй топторго бөлүшөт: экономикалык топ, мында баага карата сезимталдуулугу кыйла жогору болот; селекеттөндүрүлгөн топ, мында товардын баасына караганда анын беделдүүлүгүнө, сапатына көп көңүл бурулат; этикалык топ, көбүнчө жүрүм турум нормаларынын белгилүү бир жыйнагына, кандайдыр коомдук топтун моралына, кесипке өбөк болуу максатында бааны төмөн түшүрүүгө даяр тургандар; аппатикалык топ – товардын баасына эмес, негизинен анын ыңгайлуулугуна көңүл буруучулар.

ПОТРЕБИТЕЛЬНАЯ СТОИМОСТЬ – КЕРЕКТӨӨ НАРКЫ – адам баласынын инсандык кандайдыр бир керектөөсүн канааттандыруучу буюмдун пайдалуулугу. Товардын сапатынын көрсөткүчтөрүнүн керектөөчүнүн талаптарына туура келүүсү товардын керектөө баалуулугун айкындайт.

ПОТРЕБИТЕЛЬСКАЯ КОРЗИНА – КЕРЕКТӨӨ СЕБЕТИ – тигил же бул өлкөдө түзүлгөн конкреттүү шарттардын жана өзгөчөлүктөрдүн негизинде белгилүү убакыт ичинде адамдын керектөөлөрүн канааттандыруучу товарлардын жана тейлөөлөрдүн илимий жактан негизделип балансыланган жыйнагы. Керектөө себети жеке адамдын же үй-бүлөнүн төмөндөгүлөргө чыгымдалган негизги түрлөрү боюнча калыптанат: азык, нан жана анын продуктулары, эт жана анын продуктулары, сүт жана анын продуктулары, жумуртка, май, балык жана анын продуктулары, картөшкө, жашылча, жемиш, мөмө-жемиш, өсүмдүк майы, маргарин, кант, кондитердик татымдар ж.б. продуктулар; кийим-кечектер, бут кийимдер; дары-дармектер, санитардык жана гигиеналык нерселер; мебель, маданий-тиричилик жана чарбалык арналыштагы нерселер; турак-жай жана коммуналдык тейлөөлөр; маданий-агартуу ишчаралары жана дем алыш; турмуштиричилик тейлөөлөр, транспорт, байланыш; мектепке чейинки мекемелерде балдарды тарбиялоо. Керектөө себетинин структурасы жана курамы социалдык-экономикалык өнүгүүнү жана керектөө нормасындагы өзгөрүүнү эсепке алуу менен беш жылда бир жолу (андан сейрек эмес) кайра каралып турат. *Кара. **Минимальный потребительский бюджет – минималдуу керектөө бюджети.***

ПОШЛИНА – БАЖЫ САЛЫГЫ, АЛЫМ (фр. de douane, нем. zoll, англ. duty, tax – карыз, салык, тариф) – белгилүү бир тейлөөлөр үчүн инсандардан, ишканалардан, мекемелерден жана уюмдардан мамлекеттик органдардын салык катары алуучу акча жыймы. Бир кыйла кеңири жайылганы бажы салыгы (*бажылык төлөмдөр*) жана мамлекет ичиндеги (*мамлекеттик*) алым болуп саналат.

ПОШЛИНА АНТИДЕМПИНГОВАЯ – АНТИДЕМПИНГ БАЖЫ САЛЫГЫ, АЛЫМЫ – дүйнөлүк же ички базардан төмөн баалар менен экспорттолуучу товарларга коюлган кошумча импортук *бажы салыгы*. Аны өндүрүп алуу жөнүндөгү чечимди адатта соттор (андидемпингдик трибуналдар) чыгарат да, алар баалардын нормалдуу деңгээлин, *демпинг* фактысын белгилешет, ушуга окшогон товарларды чыгарган улуттук өндүрүүчүлөрдүн тарткан зыяндарын баалап, бажылык салымдын өлчөмүн коюп, аны төлөөнүн тартибин такташат.

ПОШЛИНА ТАМОЖЕННАЯ – БАЖЫЛЫК САЛЫК, АЛЫМ – бир өлкөнүн чек арасынан алып өткөн товарлардан жана мүлктөрдөн *бажыканын* бажылык салык катары алган акча жыймы. Экономикалык тутулушуна жана башка шарттарга байланыштуу аларды төмөндөгүдөй түрлөргө ажыратуу кабыл алынган: фискалдык – бул түр мамлекеттик бюджеттин (казынанын) булактарын көбөйтүү үчүн киргизилет да, көбүнчө салык өлкөдө өндүрүлүп чыгарылуучу жана алмаштырылуучулары жок керектөө товарларынан алынат; протекционизмдик – негизинен ата мекендик өнөр жайларды чет элдик товарлардын агылып келишинен коргоо үчүн белгиленет (бир топ учурларда фискалдык максаттарды куугунтукка алышат, ал эми өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө өнүккөн өлкөлөрдүн атаандаштыгынан улуттук өнөр жайларды коргоо үчүн колдонулат); преференциалдык (артыкчылык кылынган, жеңилдетилген) – бир же бир нече өлкөлөр үчүн *импортту* тартуу максатында белгилүү товарларга төмөндөтүлгөн өлчөмдөрдү киргизүү; дискриминациялык – импортту чектөө максатында кандайдыр бир өлкө (товар) үчүн жогорулатылган өлчөмдөрдү белгилөө; теңдештирүүчү – импорттук товарлардын бааларын ата мекендик өндүрүлүп чыгарылган товарлардын баалары-на теңештирүү үчүн импорттолуучу товарлардан негизги салыкка кошумча салык алынат (адатта мындай төлөм ошол өлкөнүн товарынын баасына кошулган салыктын суммасына барабар болот); компенсациялык – өндүрүп чыгарууда *субсидия* (дотация) колдонулган товарларды өлкөгө четтен ташып келген учурда пайдаланылат, мунун өзү улуттук экономиканын айрым тармактарына терс таасирин тийгизиши мүмкүн; антидемпингдик – мамлекет экспорттук сыйлык

берүүнүн эсебинен товардык *демпинг* (ички базардагы адаттагы коммерциялык операцияларга караганда товарлардын кыйла партиясын көлөмү боюнча олуттуу түрдө төмөн болгон баа менен сатуу) ишке ашырылган өлкөлөрдөн экспорттун тездетилишине каршы иш-аракет максатында пайдалануу. Бажылык салыктын өлчөмү *бажылык тарифтерде* алдын ала каралат. Бажыкана органдарынын бажы салыгынан ашык кошумча түрдө салган салыгын (төлөөнү) бажы салыгынын жыймы деп аташат. Аларга төмөндөгүдөй жыймдар тиешелүү: статистикалык, бул жыйым экспорттук жана импорттук товарлардын эсеби боюнча чыгымдар менен тыгыз байланыштуу болот; Гербдик (маркалык), товарды четтен ташып келүү жана четке чыгарууга бажылык декларацияны кабылдаганда жана ар кандай квитанцияларды бергенде алынуучу жыйым; лицензиялык – товарды ташып четке чыгаруу же четтен ташып алып келүүгө лицензия (уруксат) берүү; санитардык – продукцияны санитардык көзөмөлдөөнү ишке ашыргандыгы үчүн жыйым; товарды бажыкананын кампасынан чыгаруу жана аны кампада сактоо укугу. Бажылык салым объектиси боюнча алып караганда ич ара четке чыгарылуучу, четтен алып келинүүчү жана транзиттик болуп ажырайт.

ПРАВО СОБСТВЕННОСТИ – МЕНЧИК УКУГУ – өз мүлкүнө ээ болуу, аны пайдалануу жана башкаруу укугу. Жеке менчик ээси өзүнүн кароосу боюнча ага тиешелүү мүлкө карата ар кандай аракеттерди жасоого укуктуу, башкача айтканда бөлөк адамдардын укуктарын жана кызыкчылыгын сактоочу мыйзамды бузбагандай, мыйзамга жана башка укуктук актыларга карама каршы болбогондой кылып, анын ичинде өз мүлкүн ээликтен ажыратуунун негизинде башка адамдардын менчигине берүү жана ушул аркылуу жеке менчик ээси болуп калуу, мүлктү башкаруу жана пайдалануу, күрөөгө мүлктү берүү, аны башка жолдор менен өз ишине жумшоо, аларды башкача башкаруу укугуна ээ.

ПРАВОВОЙ РИСК – УКУКТУК ТОБОКЕЛДИК – мыйзам актыларынын талаптарын сактабай коюу же мыйзам актыларын бузуу, колдонуудагы мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү, банктын ишинин тигил же бул маселелерин жөнгө салуу жана кредиттик же өтүмдүүлүк тобокелдикке алып келген же аларды күчөткөн мыйзамдык нормалардын жоктугу менен байланыштуу кооптуу жагдайлардын келип чыгуу ыктымалдыгы.

ПРЕДЛОЖЕНИЕ – СУНУШ – базардагы болгон товарлардын жыйындысы же өндүрүлүүгө тийиш болуучу товарлар жана аны өндүрүүчүнү канааттандырган баа менен товарлардын сатыкка чыгарылышы. Базардык тең салмактуулук нугунда өндүрүлүүчү жана сатууга сунуш кылынуучу продукциянын

(товардын) базар баасы менен алардын санынын ортосунда мыйзамдуу өз ара байланышы болот. Базар шартында кез-келген товарды өндүрүү көлөмүнүн өсүшүнө же төмөндөшүнө баанын деңгээли олуттуу таасирин тийгизет. Эгерде чыгарылуучу продукциялардын баасы өсө турган болсо, анда калктын басымдуу бөлүгү дал ушул түрүнө муктаж экендигин билдирет. Ал эми баанын мындай деңгээли товар өндүрүүчүнүн чыгымдарынын ордун басып тиешелүү киреше түшө турган болсо, анда бул абал продукцияны өндүрүүнүн максатка ылайыктуу экендигин толук ырастай алат. Сунуш эң алды менен өндүрүш чыгымы (өздүк наркы) болуп саналат. Мындан башка мунун туунду факторлору сунуштун абалына таасирин тийгизип төмөндөгүдөй натыйжа алып келиши мүмкүн: продукцияны (жумуштар, тейлөөлөр) өндүрүүнүн өздүк наркын төмөндөтүп баарыдан мурда сунушту өзгөртүп, жаңы товарды киргизүүгө түрткү берет; өндүрүштүн ар кандай деңгээлинде баанын өзгөрүшүндө байкалуучу базар монополиясынын деңгээлин белгилейт; башкалардын, ошонун ичинде өз ара бирин бири алмаштыруучу товарлардын баасынын динамикасына олуттуу таасирин тийгизет. *Кара. Спрос – сурам.*

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬ – ИШКЕР. Демилгелүү иш-аракеттери менен айырмалануучу жана ишкананы уюштуруу үчүн каражаттарды издештирип табуучу, ошол каражаттар менен ишкердик тобокелин жана мүлктүк жоопкерчиликти өз мойнуна алган, мамлекеттик каттоодон өткөн жана катталгандыгы жөнүндө күбөлүк алган жак (инсан). Көз карандысыз эгемендүү укуктуу демократиялык Кыргыз Республикасы ишкерлердин укуктарын коргоо, алардын иш-аракеттерине бардык жактан колдоо көрсөтүү менен, дайыма алар жөнүндө кам көрүп, ишкердигин уюштурууга көмөк көрсөтүп жатат. 2001-жылдын 9-февралында "Эркин тоо" гезитинде "Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы жарыяланган. *Кара. Предпринимательство или предпринимательская деятельность – ишкердик же ишкерлердин иш-аракеттери, Государственная регистрация предпринимателя – ишкерлерди мамлекеттик каттоо, Предпринимательская способность – ишкердүүлүк жөндөмдүүлүгү.*

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬ, ИНДИВИДУАЛЬНЫЙ – ЖЕКЕЧЕ ИШКЕР – юридикалык жакка ээ болбой туруп, өз алдынча ишкердик кылган адам.

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКАЯ СПОСОБНОСТЬ – ИШКЕРДИК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК – инсандын белгилүү бир товарды өндүрүү үчүн ресурстарды билгичтикте айкалыштыра пайдалануу, ыраатту чечимдерди кабыл алуу, жаңылыкты табуу жана тобокелдикке баруу жөндөмдүүлүгү. *Ишкер* бул жаңы уюмду түзүүдө же ой толгоолорду, продуктуну, тейлөөлөрдү ишке ашырууда тобокелге баруучу адам. *Кара. Предпринимательство – ишкердик.*

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКИЙ ДОХОД – ИШКЕРДҮҮЛҮК КИРЕШЕСИ. Тынымсыз иш-аракеттеринен түшкөн жана ишкерлердин өзүлөрүнө ыйгарылуучу пайданын бөлүгү.

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО ГОСУДАРСТВЕННОЕ – МАМЛЕКЕТТИК ИШКЕРДИК – улуттук экономиканын өнүгүшү үчүн зарыл, керектүү товарларды жана тейлөөлөрдү иштеп чыгаруучу мамлекеттик ишканалардын же жеке ишканалар менен биргелеше жүргүзгөн иш-аракеттери.

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО ИЛИ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ – ИШКЕРДИК ЖЕ ИШКЕРДИК ИШ-АРАКЕТТЕРИ – инсандардын жана алардын бирикмелеринин пайда табууга умтулган өз алдынча иш-аракеттери. Аны белгиленген уюштуруу-укук формасынын чектеринде тобокелге баруунун жана юридикалык жактын (ишкананын) жоопкерчилигинин негизинде инсандар өз атынан ишке ашырат. Мында жалданма эмгексиз ишке ашырылуучу ишкердик эмгек иш-аракеттери катарында катталса болот. Ал эми жалданма эмгекке ыктаса, анда ишкана катары катталат. Ишкердик эң алды менен *бизнестин* жеке жагдайы болуп эсептелет. Иш-аракеттердин мындай түрү олуттуу өлчөмдө адамдын инсандык – ишкердик сапатына тыгыз байланыштуу болот. Анткени ал тигил же бул жаңы ишти ойлоп таап, сонунан аны ишке ашырып, көптөгөн алгылыктуу жаңылыктарды өндүрүшкө киргизип, өздүк менчик каражаттарын жаңы ишканага чегерип жекече тобокелдикке баруу жоопкерчилигин өз мойнуна алат. Ишкердин статусу мамлекеттик каттоого алынат. Ансыз тиешелүү иш аракеттерди жасоого толук тыюу салынат. Ишкердик менен аралашкан ар бир субъект төмөндөгүлөргө укуктуу: өз иштерин уюшулгандан же ишкана кайра түзүлгөндөн кийин баштоого жана жүргүзүүгө, ошондой эле ишкананын мүлк ээси менен келишим түзүүгө; келишимдик негизде финансылык каражаттарды, *интеллектуалдык менчиктик объекттерди*, мүлктү жана инсандардын айрым мүлктүк укугун жана юридикалык тараптарды тартуу жана пайдалануу укугуна ээ; өндүрүштүк программаны өз алдынча калыптандырууга, өзүнүн продукциясынын жеткирип-тапшыруучуларын жана керектөөчүлөрүн тандоого, иш-аракеттеги мыйзам жана келишимдер менен белгиленген чектерде ага баа белгилеп коюуга; ишкананы башкаруу боюнча тышкы-экономикалык, административдик-башкаруу иш-аракеттерин ишке ашырууга; иш-аракеттеги мыйзамга жана ишкананын уставына ылайык ишкананын же жеке өзүнүн атынан жумушчуларды (кызматкерлерди) жалдоого жана жумуштан бошо-

тууга; мамлекеттик социалдык камсыздандыруу тейлөөлөрүн пайдалануу-га; ишкерлердин союздарын, ассоциацияларын ж.б. бирикмелерин түзүүгө; сотто (арбитражда) инсандардын, юридикалык тараптардын, мамлекеттик башкаруу органдарынын иш-аракеттеринин таламын белгиленген тартипте талашууга укугу бар. Ишкер төмөндөгүлөргө *жоопкерчиликтүү* болуп саналат: түзүлгөн келишимдердин тийиштүү деңгээлде аткарылбагандыгына, башка субъекттердин менчик укуктарынын бузулушуна, айлана чөйрөнүн булганышына, монополияга каршы мыйзамдын бузулушуна, эмгектин коопсуздук шарттарынын сакталбагандыгына, ден соолукка зыян келтирүүчү продукцияларды керектөөчүлөргө сатууга; ишкананын мүлк менчик ээсинин алдында келишимде (контракта) каралган милдеттенменин аткарылбагандыгына жана кредиторлордун алдында ишкананын уюштуруучулук-укук формасына ылайык келишимдеги милдеттенменин аткарылбагандыгына жоопкерчиликтүү болот. Ишкананын тапкан пайдасы салыктар, башка милдеттүү төлөмдөр, дивиденддер төлөнгөндөн кийин ээлик кылуучу ишкердин карамагына келип түшөт да, алар өз алдынча пайдаланылат (эгерде уставда башкалар каралбаган болсо). Келишим (контракт) боюнча иштөөчү ишкер акысын айлык түрүндө жана ишкананын тапкан пайдасына ылайык алат. Анын эмгегине төлөө формалары, тартиби жана шарттары келишим менен белгиленет да, жеке тапкан кирешелерден салык алынат. Ишкердикке чарбалык иш-аракеттердин бардык түрлөрү кирет (эгерде алар мыйзам актысы менен тыюу салынбаса, мисалы, коммерциялык ортомчулук, соода-сатык, инновациялык, консультациялык иш-аракеттер ж.б., ошондой эле баалуу кагаздар менен жүргүзүлүүчү операциялар жана тышкы экономикалык байланыштар). Толук баалуу ишкердик иш-аракеттери базар системасында жана менчиктин бардык түрлөрүндө, мамлекеттик иште да болушуыктымал. Ишкердиктин өнүгүшү ал үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөн экономикалык процесстер менен тыгыз байланыштуу болот. Эң башкысы билгичтикте *менчикти мамлекеттен ажыратуу* (жеке менчикке өтүү) жана ишканаларды менчиктештирүү, атаандаштыкты колдоо ж.б. Совет өлкөсүндө социализм коому үстөмдүк кылып турганда ишкердикти тиешелүү өлчөмдө өнүктүрүүгө көңүл бөлүнгөн эмес. Ишкерди эпчил, өзү үчүн кам көргөн адам менен окшоштурган. Азыркы анын статусу, иш-аракеттери мыйзам тарабынан кепилденип белгиленген. *Кара. **Государственная регистрация предпринимателя без образования юридического лица – юридикалык жакты түзбостон эле ишкерди мамлекеттик каттоо, Государственная регистрация предприятии – ишканаларды мамлекеттик каттоо.***

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО СОВМЕСТНОЕ – БИРГЕЛЕШКЕН ОРТОК ИШКЕРДИК – бир же бир нече өлкөнүн өнөктөштөрүнүн өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттеринин кеңири таралган бир түрү. Буларды иштиктүү, кирешелүү абалды сактоонун түпкү өзөгү өндүрүш жана тейлөө тармагындагы, илимий-техникалык, инвестициялык жана сервистик тармактагы кооперация болуп саналат.

ПРЕДПРИЯТИЕ – ИШКАНА – эмгекти коомдук бөлүштүрүү тутумундагы өндүрүштүк-чарбанын өз алдынча обочолонгон биримдүүлүгү (чарбакер субъект); азыркы кездеги базар экономикасында өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттерди уюштуруунун негизги формасы. Ишкана продукцияларды өндүрүү жана сатуу, иштерди аткаруу, коомдук керектөөлөрдү канааттандыруу жана *пайда* алуу максаттарында тейлөөлөрдү көрсөтүү үчүн түзүлөт. Ал өндүрүш каражаттарына, мүлккө болгон *менчиктин* формаларына карабастан *юридикалык жак* укугуна ээ болот да, *чарбалык эсептин* принциптеринде иш жүргүзөт жана курамында башка юридикалык жактар болбойт. Ишкана (фирма) иштерин өз алдынча жүргүзүп, өндүрүлгөн продукциядан түшкөн пайда салыкты ж.б. милдеттүү төлөмдөрдү төлөгөндөн кийин карамагында калган үлүшкө өзү ээлик кылат. Анын негизги максаты: коомдук керектөөлөрдү продукциялар (жумуштар, тейлөөлөр) менен канааттандыруу; түшкөн пайданын негизинде эмгек жамаатынын жана мүлктүн менчик ээлеринин экономикалык жана социалдык кызыкчылыктарын ишке ашыруу. Ишкананын максаттуу функцияларына болсо киреше алууну колдон келишинче арбытуу анын узак мөөнөттүү максаты болуп саналат. Ошондуктан айрым учурларда кыска убакытка өндүрүштү кеңейтүү үчүн кандайдыр бир базардык тактикага басым кылууга аракет жасалат, же реконструкциялык программаны ишке ашыруу ж.б. үчүн өндүрүштү убактылуу кыскартып коюуга барат. Ишкана адатта, жайгашкан жеринде эл депутаттарынын тийиштүү Кеңешинин аткаруу комитети тарабынан ишке ашырылуучу (эгерде иш-аракеттеги мыйзамда башкалар каралбаган болсо) мамлекеттик каттоодон өткөн күндөн тартып ишкана түзүлдү жана юридикалык жактан укуктуу деп эсептелет. Каттоо үчүн *уюмдаштыруучу* ишканаңы түзүү жөнүндөгү чечимди же уюмдаштыруучунун келишимин, *ишкананын уставын* ж.б. зарыл документтерди даярдайт. Менчик ээсинин же ага өкүлчүлүк органдын макулдугу боюнча ишкана өзүнүн мүлкүнүн бөлүгүн *ээлик кылууга, пайдалануугa* жана *карамагына берүү аркылуу* чарба жүргүзүүчү юридикалык укуктуу тууңду субъектилерди түзүүгө акылуу, ошондой эле *банкта эсеп-чотун* ачууга укук берүү менен филиалдарды, өкүлчүлүктөрдү, бөлүмдөрдү

туура; мамлекеттик социалдык камсыздандыруу тейлөөлөрүн пайдалануу; ишкерлердин союздарын, ассоциацияларын ж.б. бирикмелерин түзүүгө; сотто (арбитражда) инсандардын, юридикалык тараптардын, мамлекеттик башкаруу органдарынын иш-аракеттеринин таламын белгиленген тартипте талашууга укугу бар. Ишкер төмөндөгүлөргө жоопкерчиликтүү болуп саналат: түзүлгөн келишимдердин тийиштүү деңгээлде аткарылбагандыгына, башка субъекттердин менчик укуктарынын бузулушуна, айлана чөйрөнүн булганышына, монополияга каршы мыйзамдын бузулушуна, эмгектин коопсуздук шарттарынын сакталбагандыгына, ден соолукка зыян келтирүүчү продукцияларды керектөөчүлөргө сатууга; ишкананын мүлк менчик ээсинин алдында келишимде (контракта) каралган милдеттенменин аткарылбагандыгына жана кредиторлордун алдында ишкананын уюштуруучулукукук формасына ылайык келишимдеги милдеттенменин аткарылбагандыгына жоопкерчиликтүү болот. Ишкананын тапкан пайдасы салыктар, башка милдеттүү төлөмдөр, дивиденддер төлөнгөндөн кийин ээлик кылуучу ишкердин карамагына келип түшөт да, алар өз алдынча пайдаланылат (эгерде уставда башкалар каралбаган болсо). Келишим (контракт) боюнча иштөөчү ишкер акысын айлык түрүндө жана ишкананын тапкан пайдасына ылайык алат. Анын эмгегине төлөө формалары, тартиби жана шарттары келишим менен белгиленет да, жеке тапкан кирешелерден салык алынат. Ишкердикке чарбалык иш-аракеттердин бардык түрлөрү кирет (эгерде алар мыйзам актысы менен тыюу салынбаса, мисалы, коммерциялык ортомчулук, соода-сатык, инновациялык, консультациялык иш-аракеттер ж.б., ошондой эле баалуу кагаздар менен жүргүзүлүүчү операциялар жана тышкы экономикалык байланыштар). Толук баалуу ишкердик иш-аракеттери базар системасында жана менчиктин бардык түрлөрүндө, мамлекеттик иште да болушу ыктымал. Ишкердиктин өнүгүшү ал үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөн экономикалык процесстер менен тыгыз байланыштуу болот. Эң башкысы билгичтикте *менчикти мамлекеттен ажыратуу* (жеке менчикке өтүү) жана ишканаларды менчиктештирүү, атаандаштыкты колдоо ж.б. Совет өлкөсүндө социализм коому үстөмдүк кылып турганда ишкердикти тиешелүү өлчөмдө өнүктүрүүгө көңүл бөлүнгөн эмес. Ишкерди эпчил, өзү үчүн кам көргөн адам менен окшоштурган. Азыркы анын статусу, иш-аракеттери мыйзам тарабынан кепилденип белгиленген. *Кара. **Государственная регистрация предпринимателя без образования юридического лица – юридикалык жакты түзбостон эле ишкерди мамлекеттик каттоо, Государственная регистрация предприятии – ишканаларды мамлекеттик каттоо.***

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО СОВМЕСТНОЕ – БИРГЕЛЕШКЕН ОРТОК ИШКЕРДИК – бир же бир нече өлкөнүн өнөктөштөрүнүн өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттеринин кеңири таралган бир түрү. Буларды иштиктүү, кирешелүү абалды сактоонун түпкү өзөгү өндүрүш жана тейлөө тармагындагы, илимий-техникалык, инвестициялык жана сервистик тармактагы кооперация болуп саналат.

ПРЕДПРИЯТИЕ – ИШКАНА – эмгекти коомдук бөлүштүрүү тутумундагы өндүрүштүк-чарбанын өз алдынча обочолонгон биримдүүлүгү (чарбакер субъект); азыркы кездеги базар экономикасында өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттерди уюштуруунун негизги формасы. Ишкана продукцияларды өндүрүү жана сатуу, иштерди аткаруу, коомдук керектөөлөрдү канааттандыруу жана *пайда* алуу максаттарында тейлөөлөрдү көрсөтүү үчүн түзүлөт. Ал өндүрүш каражаттарына, мүлккө болгон *менчиктин* формаларына карабастан *юридикалык жак* укугуна ээ болот да, *чарбалык эсептин* принциптеринде иш жүргүзөт жана курамында башка юридикалык жактар болбойт. Ишкана (фирма) иштерин өз алдынча жүргүзүп, өндүрүлгөн продукциядан түшкөн пайда салыкты ж.б. милдеттүү төлөмдөрдү төлөгөндөн кийин карамагында калган үлүшкө өзү ээлик кылат. Анын негизги максаты: коомдук керектөөлөрдү продукциялар (жумуштар, тейлөөлөр) менен канааттандыруу; түшкөн пайданын негизинде эмгек жамаатынын жана мүлктүн менчик ээлеринин экономикалык жана социалдык кызыкчылыктарын ишке ашыруу. Ишкананын максаттуу функцияларына болсо киреше алууну колдон келишинче арбытуу анын узак мөөнөттүү максаты болуп саналат. Ошондуктан айрым учурларда кыска убакытка өндүрүштү кеңейтүү үчүн кандайдыр бир базардык тактикага басым кылууга аракет жасалат, же реконструкциялык программаны ишке ашыруу ж.б. үчүн өндүрүштү убактылуу кыскартып коюуга барат. Ишкана адатта, жайгашкан жеринде эл депутаттарынын тийиштүү Кеңешинин аткаруу комитети тарабынан ишке ашырылуучу (эгерде иш-аракеттеги мыйзамда башкалар каралбаган болсо) мамлекеттик каттоодон өткөн күндөн тартып ишкана түзүлдү жана юридикалык жактан укуктуу деп эсептелет. Каттоо үчүн *уюмдаштыруучу* ишкананы түзүү жөнүндөгү чечимди же уюмдаштыруучунун келишимин, *ишкананын уставын* ж.б. зарыл документтерди даярдайт. Менчик ээсинин же ага өкүлчүлүк органдын макулдугу боюнча ишкана өзүнүн мүлкүнүн бөлүгүн *ээлик кылууга, пайдалануу*га жана *карамагына берүү аркылуу* чарба жүргүзүүчү юридикалык укуктуу туунду субъектилерди түзүүгө акылуу, ошондой эле *банкта эсеп-чотун* ачууга укук берүү менен филиалдарды, өкүлчүлүктөрдү, бөлүмдөрдү

жана бөлүмчөлөрдү уюштура алышат. Ишкананын түзүүчүлөрү мамлекеттин тийиштүү органы, эл депутаттарынын Кеңеши, эмгек жамааты, *жеке* жана *юридикалык жак*, ошону менен бирге чет элдиктер болушу мүмкүн. Менчиктин формаларына ылайык жеке менчиктик, мамлекеттик, жамааттык же аралаш менчиктик, ошондой эле коомдук уюмдардын менчигиндеги ишканалар уюштурулушу жана иш жүргүзүшү мүмкүн. Алардын төмөндөгүдөй да классификациясы пайдаланылат; жеке менчик, жеке дыйкан (жеке чарба), өнөктүк (пай-үлүштүк шериктештик), *акционердик коомдор (корпорациялар)*, мамлекеттик ж.б. Мамлекеттик ишканалар бюджеттен бөлүнгөн каражаттын (ассигнованиенин) жана (же) башка мамлекеттик мекемелердин кирешелеринен, түрдүү булактардан түшкөн салымдарынын эсебинен түзүлөт. Алар *юридикалык жак* болуп эсептелинип, уюштуруу-укук формалары керсөтүлгөн менчик аталыштары болот. Мындай ишкананын милдеттенмесине ылайык мамлекет жана анын органдары жооптуу болбойт жана тескерисинче ишкана мамлекеттин жана анын органдарынын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт. Эл депутаттарынын жергиликтүү Кеңеши коммуналдык (муниципалдык) ишканаларды түзө алышат. Алардын мүлкү тиешелүү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан бөлүнгөндөн же коммуналдык (муниципалдык) ишканалардын тапкан кирешелеринен, башка мыйзамдуу булактардан түшкөн салымдарынын эсебинен түзүлөт да, өз алдынча өзүн өзү башкаруу органдарынын, административдик-аймактык бирикмелердин курамына кирген райондун, шаардын менчигинде болот. Мүлккө укуктуу инсанга же жалпы үлүштүк катышууга укугу бар үй-бүлөгө тийиштүү ишкана (эгерде келишимде алардын ортосунда башкача каралганы болбосо) жеке менчик деп аталат. Бул ишкана инсандын (үй-бүлөнүн) алган кирешесинен жана мыйзамдуу башка булактарынан алынган мүлктөрүнөн калыптанат же болбосо инсандын мамлекеттик же коммуналдык ишкананы алуусуна байланыштуу пайда болот. Жеке менчик ишкана жекече аталып, анда уюштуруу-укук формасы жана анын мүлкүнүн менчик ээсинин аты жөнү көрсөтүлөт. Ишаракеттеги ишканаларда өз алдынчалыкты кеңейтүү менен бирге, базарга өтүү шарттарында экономикалык интеграциянын жаңы формаларын тагыраак айтканда *шериктештик, ассоциация, биргелешкен орток* жана *чакан ишканалар, концерндер, консорциумдар, биржалар, коммерциялык банктар* ж.б. түзүү максатка шайкеш келип отурат. *Кара. Государственная регистрация предприятий – ишканаларды мамлекеттик каттоо.*

ПРЕДПРИЯТИЕ АРЕНДНОЕ – ИЖАРАЛЫК ИШКАНА – ишкердик иш-аракеттердеги мүлктүк комплексти ижарага алуунун негизинде ишке ашырылуучу чарба бирдиги. Ижаралык ишкана мамлекеттик ишкананын же бирикмелердин структуралык бирдигинин эмгек жамаатынын жалпы жыйналышынын чечимдери боюнча ижарачылар уюмунун пайда болушунан түптөлүп, өзүнчө *юридикалык* жак катары таанылат. Ижарачылар уюму уюмдаштыруучулук келишимди түзүп, *ижаралык келишимдин* долборун иштеп чыгат да, аны *мүлктү* ижарага берүүгө укуктуу менчик ээсине (мамлекеттик органга) багыттайт. Менчик ээсинин макулдугу менен келишим түзүлүп, ижарачылардын уюмунун жалпы жыйналышында ижаралык ишкананын уставы бекитилет жана белгиленген тартипте мүлк кабылданат. Ижаралык ишкана катталган күндөн тартып, ал юридикалык жактык укукка ээ болот. Ижаралык ишкана ижара берүүчүгө ижаралык мүлктүн наркынан эсептелинген пайыз түрүндө же так белгиленген өлчөмдө ижаралык төлөмдү төлөйт. Чарбалык иш-аракеттерден түшкөн пайданы салык төлөгөндөн кийин өз алдынча жумшайт. Салымдардын жана салымдар боюнча ижаралык ишкананын тапкан таза пайдасынан пайыз түрүндөгү берилүүчү *дивиденддердин* өлчөмдөрү, башкаруу маселелери, жоюлушу же анын мүчөлөрүнүн андан чыгышы, *ишкананын жамааты* тарабынан чечилет. Ижаралык ишкана ижаралык мүлктүн менчик ээси болуп саналбайт. Анткени ижаралык ишкананын мүлк ээси болушу үчүн сатып алуу келишиминде каралган ижара берүүчү баалаган мүлк наркын жана ижаралык төлөмдү ижарачы төлөөгө тийиш. Мына ушундан кийин гана мүлк ээси болуп калат.

ПРЕДПРИЯТИЕ ДОЧЕРНЕЕ – ТУУНДУ ИШКАНА – башка ишканага тиешелүү *акциялардын* көзөмөл (контролдук) пакети же *уставдык фондусу* бар юридикалык жактык укуктуу *фирма (ишкана)*.

ПРЕДПРИЯТИЕ ИНОСТРАННОЕ – ЧЕТ ЭЛДИК ИШКАНА – уставдык фондусу толугу менен чет элдик инвестициядан түптөлгөн ишкана (уюм).

ПРЕДПРИЯТИЕ КОЛЛЕКТИВНОЕ – ЖАМААТТЫК ИШКАНА – эмгек жамаатынын мамлекеттик ишкананы сатып алуудан же мыйзамдуу жол менен мүлктү карамагына алуудан пайда болуучу чарбалык биримдүүлүк. Анын өзгөчөлүгү катары менчиктин жамааттык жагдайы жана мүлктү кызматкерлердин кошкон салымына карата бөлүштүрүү болуп эсептелет. Жамааттык ишкананын *ижаралык ишканадан* айырмасы – ал мүлктүн менчик ээси болуп саналат, ал эми ижаралык ишкана болсо, менчик ээси болуп саналбайт. Ижаралык ишкана ижарага алган мүлктү сатып алгандан кийин гана мүлк ээси болуп эсептелет. Жамааттык ишкананын мүчөлөрүнүн салымдары коомдун жана *шериктештик* чарбанын катышуучуларынын үлүшү-

жана бөлүмчөлөрдү уюштура алышат. Ишкананын түзүүчүлөрү мамлекеттин тийиштүү органы, эл депутаттарынын Кеңеши, эмгек жамааты, *жеке* жана *юридикалык жак*, ошону менен бирге чет элдиктер болушу мүмкүн. Менчиктин формаларына ылайык жеке менчиктик, мамлекеттик, жамааттык же аралаш менчиктик, ошондой эле коомдук уюмдардын менчигиндеги ишканалар уюштурулушу жана иш жүргүзүшү мүмкүн. Алардын төмөндөгүдөй да классификациясы пайдаланылат; жеке менчик, жеке дыйкан (жеке чарба), өнөктүк (пай-үлүштүк шериктештик), *акционердик коомдор (корпорациялар)*, мамлекеттик ж.б. Мамлекеттик ишканалар бюджеттен бөлүнгөн каражаттын (ассигнованиенин) жана (же) башка мамлекеттик мекемелердин кирешелеринен, түрдүү булактардан түшкөн салымдарынын эсебинен түзүлөт. Алар *юридикалык жак* болуп эсептелинип, уюштуруу-укук формалары керсөтүлгөн менчик аталыштары болот. Мындай ишкананын милдеттенмесине ылайык мамлекет жана анын органдары жооптуу болбойт жана тескерисинче ишкана мамлекеттин жана анын органдарынын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт. Эл депутаттарынын жергиликтүү Кеңеши коммуналдык (муниципалдык) ишканаларды түзө алышат. Алардын мүлкү тиешелүү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан бөлүнгөндөн же коммуналдык (муниципалдык) ишканалардын тапкан кирешелеринен, башка мыйзамдуу булактардан түшкөн салымдарынын эсебинен түзүлөт да, өз алдынча өзүн өзү башкаруу органдарынын, административдик-аймактык бирикмелердин курамына кирген райондун, шаардын менчигинде болот. Мүлккө укуктуу инсанга же жалпы үлүштүк катышууга укугу бар үй-бүлөгө тийиштүү ишкана (эгерде келишимде алардын ортосунда башкача каралганы болбосо) жеке менчик деп аталат. Бул ишкана инсандын (үй-бүлөнүн) алган кирешесинен жана мыйзамдуу башка булактарынан алынган мүлктөрүнөн калыптанат же болбосо инсандын мамлекеттик же коммуналдык ишкананы алуусуна байланыштуу пайда болот. Жеке менчик ишкана жекече аталып, анда уюштуруу-укук формасы жана анын мүлкүнүн менчик ээсинин аты жөнү көрсөтүлөт. Ишаракеттеги ишканаларда өз алдынчалыкты кеңейтүү менен бирге, базарга өтүү шарттарында экономикалык интеграциянын жаңы формаларын тагыраак айтканда *шериктештик, ассоциация, биргелешкен орток* жана *чакан ишканалар, концерндер, консорциумдар, биржалар, коммерциялык банктар* ж.б. түзүү максатка шайкеш келип отурат. *Кара. Государственная регистрация предприятий – ишканаларды мамлекеттик каттоо.*

ПРЕДПРИЯТИЕ АРЕНДНОЕ – ИЖАРАЛЫК ИШКАНА – ишкердик иш-аракеттердеги мүлктүк комплексти ижарага алуунун негизинде ишке ашырылуучу чарба бирдиги. Ижаралык ишкана мамлекеттик ишкананын же бирикмелердин структуралык бирдигинин эмгек жамаатынын жалпы жыйналышынын чечимдери боюнча ижарачылар уюмунун пайда болушунан түптөлүп, өзүнчө *юридикалык* жак катары таанылат. Ижарачылар уюму уюмдаштыруучулук келишимди түзүп, *ижаралык келишимдин* долборун иштеп чыгат да, аны *мүлктү* ижарага берүүгө укуктуу менчик ээсине (мамлекеттик органга) багыттайт. Менчик ээсинин макулдугу менен келишим түзүлүп, ижарачылардын уюмунун жалпы жыйналышында ижаралык ишкананын уставы бекитилет жана белгиленген тартипте мүлк кабылданат. Ижаралык ишкана катталган күндөн тартып, ал юридикалык жактык укукка ээ болот. Ижаралык ишкана ижара берүүчүгө ижаралык мүлктүн наркынан эсептелинген пайыз түрүндө же так белгиленген өлчөмдө ижаралык төлөмдү төлөйт. Чарбалык иш-аракеттерден түшкөн пайданы салык төлөгөндөн кийин өз алдынча жумшайт. Салымдардын жана салымдар боюнча ижаралык ишкананын тапкан таза пайдасынан пайыз түрүндөгү берилүүчү *дивиденддердин* өлчөмдөрү, башкаруу маселелери, жоюлушу же анын мүчөлөрүнүн андан чыгышы, *ишкананын жамааты* тарабынан чечилет. Ижаралык ишкана ижаралык мүлктүн менчик ээси болуп саналбайт. Анткени ижаралык ишкананын мүлк ээси болушу үчүн сатып алуу келишиминде каралган ижара берүүчү баалаган мүлк наркын жана ижаралык төлөмдү ижарачы төлөөгө тийиш. Мына ушундан кийин гана мүлк ээси болуп калат.

ПРЕДПРИЯТИЕ ДОЧЕРНЕЕ – ТУУНДУ ИШКАНА – башка ишканага тиешелүү *акциялардын* көзөмөл (контролдук) пакети же *уставдык фондусу* бар юридикалык жактык укуктуу *фирма (ишкана)*.

ПРЕДПРИЯТИЕ ИНОСТРАННОЕ – ЧЕТ ЭЛДИК ИШКАНА – уставдык фондусу толугу менен чет элдик инвестициядан түптөлгөн ишкана (уюм).

ПРЕДПРИЯТИЕ КОЛЛЕКТИВНОЕ – ЖАМААТТЫК ИШКАНА – эмгек жамаатынын мамлекеттик ишкананы сатып алуудан же мыйзамдуу жол менен мүлктү карамагына алуудан пайда болуучу чарбалык биримдүүлүк. Анын өзгөчөлүгү катары менчиктин жамааттык жагдайы жана мүлктү кызматкерлердин кошкон салымына карата бөлүштүрүү болуп эсептелет. Жамааттык ишкананын *ижаралык ишканадан* айырмасы – ал мүлктүн менчик ээси болуп саналат, ал эми ижаралык ишкана болсо, менчик ээси болуп саналбайт. Ижаралык ишкана ижарага алган мүлктү сатып алгандан кийин гана мүлк ээси болуп эсептелет. Жамааттык ишкананын мүчөлөрүнүн салымдары коомдун жана *шериктештик* чарбанын катышуучуларынын үлүшү-

нө окшош болушат. Кызматкерлердин салымынын курамына алар мамлекеттик мүлккө же ижаралык ишкана мүлкүнө кошкон сумма жана иш-аракети башталгандан кийинки мүлктүн өсүшүндөгү анын үлүшү киргизилет. Ишкана баш ийген орган менен эмгек жамаатынын ортосундагы келишимде белгиленүүчү өлчөмгө ылайык, салымга кошуп эсептөө жана пайызды төлөө иштердин натыйжаларынын негизинде жүргүзүлөт. *Чектелген жоопкерчиликтеги коомдон* (бул коомдон чыгып кеткенде коомдук мүлктөгү үлүшүнүн бөлүгү анын кошкон салымына шайкештүү төлөнөт) айырмаланып, жамааттык ишканада салым жана кирешеден тийиштүү бөлүгү натуралай эмес, акчалай түрдө гана кайтарылышы мүмкүн. Кызматкерлердин бир кыйла бөлүгү ишканадан чыгып кете турган учурлар болуп, өзүлөрүнө тийиштүү каражаттарды бөлүп берүүнү талап кылса, ал ишканага экономикалык жактан төлөп бере албай турган шартка алып келип такалган учурлар дагы кездешет. Жамааттык ишканаңы башкарууну уставга ылайык жогорку орган – эмгек жамаатынын жыйналышы ишке ашырат. Мындай ишкана жоюлганда кызматкерге *бюджет, банктар* ж.б. *кредиторлор* менен болгон эсептешүүлөрдөн калган мүлктөн анын үлүшү (салымынын наркы жана кирешенин бөлүгү) төлөнүп берилет. *Кара. **Предприятие арендное – ижаралык ишкана.***

ПРЕДПРИЯТИЕ КОММЕРЧЕСКОЕ – КОММЕРЦИЯЛЫК ИШКАНА – максималдуу пайдаларды алууну өзүнө максат кылып койгон жана өзүн-өзү финансылоо шарттарында *коммерциялык* иш менен аракеттенген, *юридикалык жактык* укуктуу, обочолонгон өз алдынча чарбалык биримдүүлүк.

ПРЕДПРИЯТИЕ КРУПНОЕ – ИРИ ИШКАНА – өндүрүш тармагынын көлөмүнүн олуттуу үлүшүн өндүрүүчү же өлчөмү боюнча чоң болуп эсептелинген (*акцияларды* кармоочулары же иштеген кызматкерлеринин саны, сатуу көлөмү, *активдеринин* же *пайдасынын* өлчөмү боюнча) же өзүнүн белгилери экөөнү тең камтыган фирма (компания). *Кара. **Предприятие малое – чакан ишкана.***

ПРЕДПРИЯТИЕ МАЛОЕ – ЧАКАН ИШКАНА – жаңы түзүлгөн же чарбалык айланым көлөмү (өнөр жайындагы продукциянын, соода-сатыктагы товар айланымы) жана иштегендеринин саны белгилүү бир сандык өлчөм менен чектелген иш-аракеттеги ишкана. Атап айтканда, буга өнөр жайында жана курулушта кызматкерлердин максималдуу саны 200 гө чейинки, илимде жана илимий-тейлөөлөрдө 100 гө чейинки, өндүрүш чөйрөсүнүн башка тармактарында 25 ке чейинки, чекене соода-сатыкта 15 ке чейинки адам иштеген ишканалар кирет. Чарбалык айланым көлөмүнүн чондугу мамлекеттик органдар тарабынан белгиленет; алар зарыл

болгон учурларда иштегендердин санын чектелген санда белгилеши дагы ыктымал. Чакан ишкана мамлекеттик жана ижаралык ишканалардын ортосундагы – экөөнүн тең артыкчылыктарын камтыган ишканын жаңы түрү деген жаңылыш пикир кеңири орун алып жүрөт. Бирок, ишкананын статусу анын мүлкүнө болгон менчиктин, мисалы, *мамлекеттик, кооперативдик, ижаралык, жеке менчик, акционердик* формасы менен белгиленет; өлчөмүн гана аныктоочу "чакан" деген түшүнүк менен эмес, менчик формасы аркылуу аныкталат. Чакан ишкана милдеттүү түрдө мамлекеттик же ижаралык, жеке менчиктик же менчиктин кандайдыр бир формасынын негизинде иштеген ишкана болуп саналат. Анын иш-аракети уюмдаштыруучу тарабынан бекитилген уставдын нугунда жөнгө салынып турат. Чакан ишкана өзүнүн чарбалык иш-аракеттерин ишке ашырууда өз алдынчалыкка ээ болот да, өндүрүлүп чыгарылуучу продукцияларга салыкты ж.б. милдеттүү төлөмдөрдү бюджетке чегергенден кийинки калган *пайдага* өзү кожоюндук кылат, эмгек акы төлөөнүн формасын, системасын жана өлчөмүн өз алдынча белгилеп чечет. Мындай ишкана иштеп жаткандардын демилгеси боюнча жана мүлктүк менчик ээсинин макулдугу менен мурдагы иш-аракеттеги ишкананын курамындагы бир же бир нече структуралык бөлүмчөлөрдүн (цех, участка) курамынан бөлүнүп чыгышы, ошондой эле жаңыдан түзүлүшү ыктымал. Андай ишканага салык салуу ж.б. боюнча белгилүү жеңилдиктер берилет. Зарыл болгон өндүрүш каражаттары менен жабдылган мындай чакан ишканалар жогорку ийкемдүүлүккө жана техникалык, технологиялык жаңылыктарды тез өздөштүрүүгө жөндөмдүү болууга, тез өзгөрүлүп турган сурамдын шарттарына ылдам ыкташып кетүүгө тийиш. Чакан ишканаларды ирилери менен билгичтикте айкалыштыруу айрым чөлкөмдөрдүн (облустардын) продукциянын ар кандай түрлөрүнө керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн, экономикалык ж.б. талаптарын толук эсепке алууга мүмкүндүк түзөт. Чакан ишканалар тармагын өнүктүрүү, өлкөнүн чарба комплексин жиктөө илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүүнү тездетүүгө багытталып, базардын товар-акчалык балансылашына шарт түзүүгө жана өндүрүштү социалдык жактан көз салууну ыкчам жүргүзүүгө өбөлгө түзөт. Чакан ишканалар негизинен мамлекеттик органдар, мүлктү башкаруучу өкүлчүлүктөр, юридикалык жактар, ошондой эле инсандар, алардын үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрү жана чарбалык иш-аракеттерди биргелешип жүргүзүүчүлөр тарабынан түзүлүшү мүмкүн. *Кара. **Бизнес малый – чакан бизнес.***

ПРЕДПРИЯТИЕ С ИНОСТРАННЫМИ ИНВЕСТИЦИЯМИ – ЧЕТ ЭЛДИК ИНВЕСТИЦИЯ

НУГУНДАГЫ ИШКАНА – Уставдык фондусунда чет элдик капиталдын олуттуу үлүшүн же аны толугу менен пайдаланган ишкана. Чет элдик капитал бир аз пайдаланылган ишкана *биргелешкен орток ишкана* болуп саналат да, ал эми чет элдик капитал толук пайдаланганда ал толугу менен чет элдик ишкана болуп эсептелет. Мындай ишканалар юридикалык жактар болуп саналат. Тигил же бул өлкөнүн мыйзамы тарабынан тыюу салынбаган өзүлөрүнүн максаттарына ылайык келген иш-аракеттердин ар кандай түрлөрүн ишке ашырууга алар укуктуу болушат. Лицензиялоого тийиштүү иш-аракеттерге лицензия алынууга тийиш. Кыргызстандын шартында аларга банктарда *валютага* жана *сомго* эсеп-чотун ачууга укук берилет (бирок, сом түрүндө чет элге которууга укугу жок). Сомдук каражаттарды (сомду) алар чийки заттарды, *товарларды* жана тейлөөлөрдү сатып алуу үчүн пайдаланышы мүмкүн, андан кийин аларды белгиленген тартипте экспортто, менчиктештирүү максатында пайдаланышы ыктымал (бирок алар чарбалык-коммерциялык иш-аракеттерди жүзөгө ашыруудан алынган учурларда гана). Чет элдик инвестициялардын негизиндеги ишкананын каражаттары *банктарга, камсыздандыруу компанияларына*, ж.б. кредиттик финансылык мекемелерине салынышы мүмкүн, бирок мында чет элдин инвестордун үлүшү уставдык капиталдын жартысынан ашып кетпөөгө тийиш. Ишкананын уставдык фондусун калыптандыруу үчүн өлкөнүн аймагына ташылып жеткирилген мүлк, чийки зат жана материалдар *бажы салыгынан* жана *импорт салыгынан* куткарылат. Чет элдик инвестициянын негизиндеги ишкананын мүлкүн алар милдеттенмелердин бардык түрлөрү боюнча (зайымдык каражаттарды тартууну кошо алганда) күрөө катары пайдалана алышат.

ПРЕДПРИЯТИЕ СОВМЕСТНОЕ – БИРГЕЛЕШКЕН ОРТОК ИШКАНА – эки же андан ашык өлкөлөрдүн *юридикалык жактык* укуктарды пайдалануучу уюмдаштыруучуларынын (фирмалардын, компаниялардын ж.б.) мүлктөрүн бириктирүүнүн негизинде түзүлгөн *ишкана*. Алардын конкреттүү формаларына өндүрүштүк ишканалар, соода фирмалары, ишке киргизүүчү сервистик ж.б. уюмдар таандык. Түзүүнүн негизги максаттары: продукциялардын белгилүү бир түрүнө, чийки заттарга жана азыктүлүк ресурстарына болгон керектөөлөрдү бир кыйла толук калыптандыруу, *базарды* элдин керектөө товарлары менен камтуу, чет элдик алдыңкы техниканы жана технологияны, кошумча материалдык, финансылык ресурстарды башкаруучулук тажрыйбаны тартуу, ошондой эле экспорттун структурасын өркүндөтүү, рационалдуу эмес импорт үлүшүн кыскартуу. Эмгектештиктин мындай формасы өлкөнүн экономика тармактарына чет элдик капиталды тартууга, колдогу резервдерди тезирээк пайдалануу-

га, керектүү продукцияларды чыгаруу-ну кенейтүүгө жана аны даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет да, билим жана эмгекти уюштуруу жана өндүрүш тажрыйбасын, башкаруу стилин жана ыкмаларын алмашууга, базар мамилелерин, тышкы базарды өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт. Биргелешкен орток ишканалардын катышуучуларына ата мекендик тараптан *ишканалар бирикмеси, ишканалар, өндүрүштүк* кооперативдер, *коомдук уюмдар*, ал эми зарыл учурларда мамлекеттик башкаруу органдары; чет элдик тараптан ал мамлекеттердин мыйзам боюнча катталган өз алдынча юридикалык тарабы (фирмалар, компаниялар, ж.б. инсандарды кошуу менен) болушу ыктымал. Аларды түзүү принциптеринин бири – валюталык өзүн-өзү жабуусу (өзүнүн чыгымдарын валюта түрүндө жабууну туюнтат) жана келип түшкөн валюталардын эсебинен чет элдик өнөккө пайданы которуу болуп саналат. Биргелешкен орток ишкана каттоодон кийин юридикалык жактык укукка ээ болот. Анын уставдык фонду өнөктөштөрдүн салымдарынын эсебинен калыптанып жана чарбалык иш-аракеттеринен түшкөн пайдалардан толукталышы мүмкүн. Ал эми зарыл болуп калган учурларда кошумча төлөмдөрдөн же зайымдык каражаттардан түзүлүшү ыктымал. Пайдадан резервдик-фондулар да түзүлөт, анын өлчөмү уставдык фондунун төрттөн бирине жетет. Биргелешкен орток ишкананын генеральный директору (башкарманын төрагасы ж.б.) мамлекеттин уюмдаштыруучусунун инсаны да жана ошондой эле чет элдик инсан да болушу ыктымал. Кызматкерлерди жалдоо, иштен бошотуу, эмгек акы төлөө маселелерин ишкананын өзү чечет. Биргелешкен орток ишкананын администрациясы *кесиптик бирлик* менен жамааттык келишим түзүүгө милдеттүү. Биргелешкен орток ишкана жоюлганда (уюмдаштыруучулук документтерде алдын ала каралган тартипте же иш-аракеттеги мыйзам менен) же андан чыкканда чет элдик катышуучу милдеттенмелеринен кутулгандан кийин, өзүнүн кошкон салымын акчалай же товар түрүндө кайтарып алууга укуктуу болот. Биргелешкен орток ишкананы түзүү тартиби менен ишке ашырылууга тийиш: тышкы базарда атаандаштыкка жөндөмдүү товарды тандоо, техникалык ж.б. зарыл деңгээлде аны өндүрүүнүн чындыкка жакындыгын негиздөө, зарыл *рентабелдүүлүктү* камсыз кылуучу баа боюнча аны сатуунун мүмкүнчүлүгү; чет элдик өнөктү издештирүү жана кызматташуу жөнүндө анын макулдугун алуу; техникалык-экономикалык негизделген долборду иштеп чыгуу жана келишимди даярдоо (каалоолору жөнүндөгү токтом); уюмдаштыруучулук документтерди-келишимди жана уставды даярдоо; биргелешкен орток ишкананы мамлекеттин өкүлчүлүк органында (ведомствосунда) каттоодон өткөрүү.

ПРЕДПРИЯТИЕ ЧАСТНОЕ – ЖЕКЕЧЕ ИШКАНА – жаран жана ошону менен бирге чет элдик же жарандык эмес тарап түзгөн *ишкана*. Жеке менчиктүү ишкердиктен *юридикалык жактык* белгилери менен айырмаланат. Менчик ээси максатка ылайыктуулукту жана уставдык фондунун өлчөмүн, анын акчалай нукта калыптанышын же ишканага мүлктү же мүлктүк укукту берүүнү (мисалы, ижарага берүү укугун) өз алдынча аныктап белгилейт. Мындай ишкананы башкаруу менчик ээси же ал өкүлчүлүк кылган органдар тарабынан ишке ашырылат. Алсак, менчик ээси бир эле убакта ишкананын жетекчиси болуунга укуктуу же жетекчилик кылуу үчүн башка тарапты коюуга, аны келишим боюнча жалдоого укуктуу. Мында менчик ээсинин жана ишкананы башкаруу аппаратынын укуктарынын чектелишине өзгөчө көңүл буруу зарыл (мисалы, негизги фондулар менен операция кылуу, белгилүү суммага бүтүм жасоо боюнча аппараттын компетенциясын чектөө). Уставдык фондуну түзүү менен менчик ээси мүлкүн же акча каражаттарын ишкананын менчигине өткөрүп берип, анын башкаруу органдарынын чектелген өкүлчүлүктөрүнүн аларды пайдалануусун көзөмөлгө алат. Жекече ишкана өз чарбалык иш-аракеттерин өз алдынча ишке ашырууда мүлктү менчик ээси каалагандай пайдаланып, ээлик кылат жана башкарат; менчик ээси таза пайдадан өзүнө ыйгарып чегерүү (дивиденддерди) өлчөмдөрүн өз алдынча белгилей алат.

ПРЕЗЕНТ – ПРЕЗЕНТ (фр. present) – белек, тартуу, сый.

ПРЕЗЕНТАЦИЯ – ПРЕЗЕНТАЦИЯ (лат. presentatio – алып келип тааныштыруу, көрсөтүү) – котормо *векселди* тарапка көрсөтүү; прогрессивдүү методдорду колдонуу тажрыйбасын алмашуу; дүйнөлүк базардын конъюнктурасын эсепке алуучу, талапкерлердин, талабы күчтүү керектөөчүлөрдүн талабына, табитине жооп берүүчү товарларды экспорттоо; презентация өлкөлөр ортосунда, эл аралык базарда жана *биргелешкен орток ишканалар* арасында ишке ашырылат.

ПРЕЙСКУРАНТЫ – ПРЕЙСКУРАНТТАР (нем. Preiskurant, фр. Prix – баа, courant – күндөлүк) – товарлардын (тейлөөлөрдүн) белгилүү топторунун же бир түрдүү *продукциянын* (жумуштардын, тейлөөлөрдүн) *бааларын* жана *тарифтерин* камтыган атайын жыйнактар. Алар продукциялардын арналышы, баалардын түрлөрү, *франкоөоо* ж.б. белгилери боюнча айырмаланат. Ар бир прейскурантта продукциянын (товардын) баасы менен мүнөздөмөсүнөн тышкары, номери жана арналышы, бекитилген жана иш-аракетке киргизилген датасы, ким тарабынан бекитилгени көрсөтүлөт.

ПРЕФЕРЕНЦИЯ – ПРЕФЕРЕНЦИЯ (лат. pralferre – артыксынтуу) – ар кандай жеңилдиктерди, артыкчылыкты берүү. Мисалы, өлкөлөрдүн ортосундагы соода-сатыктарды кеңейтүү максатында эл аралык келишим боюнча берилүүчү

соода-сатык жеңилдиктери (*жеңилдетилген кредиттөө* жана *камсыздандыруу, жеңилдетилген баалар*, транспорттук тарифтерден кемитүү); айрым өлкөлөрдүн бардык же кээ бир товарлары ж.б. өлкөлөрдүн таратыла элек товарлары үчүн мамлекет тарабынан белгиленүүчү бажылык жеңилдетилген төлөм. Бул термин мамлекет кээ бир ишканаларга айрым жеңилдиктерди жана артыкчылыктарды (мисалы, жеңилдетилген салыктар, *кредиттер*, ыкчамдалган амортизация нормасы) берген учурларда да колдонулат.

ПРИБЫЛЬ – ПАЙДА – келип түшкөн *киреше* – жумшалган *чыгымдан* түшкөн кирешенин молдугун акчалай түрүндө көрсөтүлүшү. Ишкана ишкерлеринин иш-аракеттеринин финансылык жыйынтыгы, натыйжасы; акча топтомдорунун, фондуларды түзүүнүн, негизги жана айланым каражаттарды, капиталдык салымдарды ж.б. чыгымдарды финансылоонун негизги булагы. Пайда фирманын жалпы кирешесинин жана жалпы чыгашасынын ортосундагы айырма аркылуу келип чыгат. Пайданы эсептөөдө фирманын тапкан жалпы акча каражаты алынат да, андан кийин бардык тиешелүү чыгымдар чыгарылып салынат (эмгек акыны, ижаралык төлөмдү, материал, отун, ссудалар пайызын, салык, резерв). Калганы пайдага кошулат. Тагыраак айтканда пайда бул *таза киреше* болуп саналат.

ПРИБЫЛЬ БАЛАНСОВАЯ – БАЛАНСТЫК ПАЙДА – ишкананын балансындагы *кирешени* жана чыгымды чагылдыруучу бугалтердик пайда. Балансылык пайда төмөндөгүлөрдү камтыйт: продукцияны (жумуш,тейлөө) сатуудан түшкөн пайда, башка материалдык баалуулуктар (негизги фондуларды кошо алганда), сатуудан башка операциялардан түшкөн кирешелер, ага жумшалган чыгымдын өлчөмүн азайтуу. Продукцияны сатуудан түшкөн пайда, бул продукцияны сатуудан түшкөн акча менен *өндүрүш чыгымдарынын* жана *айланымдардын, акциздердин, кошумчаланган наркка салыктын*, ведомстволук турак-жай фондусун ж.б. кармап туруу үчүн бюджеттик эмес чегерүүлөрдүн ортосундагы сумманын айырмасы болуп саналат. Сатуудан башка операциялардан түшкөн кирешелердин курамына: *акциялар* боюнча *дивиденддер, облигациялар* боюнча кирешелер жана биргелешкен орток ишканаларга катышуудан кошкон каражаттардын суммасы боюнча ишкананын эсеп-чотторундагы пайыз түрүндөгү кошуп эсептөөлөр, материалдык баалуулуктардын артыкбаштарын ж.б. активдерди сатуудан түшкөн акча, кайтарылып берилбей турган финансылык жардам түрүндө алынган акча каражаттары ж.б. ишкананын менчигине келип түшкөн, өндүрүшкө жана продукцияны сатууга түздөн-түз байланышы жок операциялардан топтолгон кирешелер кирет. Бул кирешелерге бюджетке которулуучу *ижаралык төлөмдүн* суммасы, ошондой эле жогорку органдардын

(министрликтердин, ведомстволордун) борборлоштурулган фондуларынан жана максаттуу арналыштагы бюджеттен келип түшкөн каражаттар дагы кошулбайт.

ПРИБЫЛЬ БИРЖЕВАЯ – БИРЖАЛЫК ПАЙДА – биржада *баалуу кагаздар, валюта, мүлк (товар, буюмдар* ж.б.) менен соода-сатык жасоодон түшкөн пайда. Биржалык курс боюнча сатуудан алынган сумма менен жана сатуу обьектисине салынган чыныгы (реалдуу) капиталдын наркынын ортосундагы айырма катарында эсептелинет.

ПРИБЫЛЬ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНА ПАЙДАСЫ – продукцияны (жумуштарды, тейлөөлөрдү) сатуудан түшкөн акча менен жалпы чыгымдардын ортосундагы айырма. Пайда *балансылык пайда, дүң пайда,* салыктан алынуучу пайда, таза пайда ж.б. түрлөргө ажыратылат. Коммерциялык эсептешүү шартында ишкана пайдасы ишкананын финансылык-чарбалык иш-аракеттеринин башкы натыйжалары (негизги көрсөткүчү) катарында гана болбостон, ошону менен бирге анын өнүгүшүнүн булагы, *инновациялык* жана *инвестициялык* долборлорду финансылоо, башка керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн кызмат кылат; бул эмгек жамаатынын мүчөлөрүн жана менчик ээсин, ошондой эле бүт коомду материалдык жактан камсыз кылууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан аны бөлүштүрүү системасында башкысы – чарбакер субъектилердин, бүт коомдун жана конкреттүү кызматкерлердин кызыкчылыгын айкалыштыруу зарылчылыгы келип чыгат. Бул талапты ишке ашыруу аны бөлүштүрүүнүн төмөнкүдөй негизги принциптерин шарттайт: коомдун (мамлекет) алдында финансылык милдеттенмени толугу менен биринчи кезекте аткаруу; пайданын эсебинен кеңейтилген өндүрүштүн керектөөлөрүн максималдуу камсыз кылуу; аны иштеп жаткандарды материалдык жактан стимулдаштырууга пайдалануу; өндүрүштүк эмес чөйрөлөрдүн өнүгүшүнө багыттоо. Салыктарды ошондой эле башка милдеттүү түрдөгү төлөмдөрдү төлөгөндөн кийинки салык салынуучу пайдадан калганы *таза пайданы* түзөт. Таза пайда ишкананын карамагына келип түшүп, финансылык резервди (тобокелдик фондуну), *топтоо* жана *керектөө, дивиденд фондуларын* калыптандыруу үчүн пайдаланылат, ошондой эле эмгек жамаатынын мүчөлөрүнүн менчигине берилиши мүмкүн (ишкананын уставында каралган болсо). Эгерде кызматкерге тийиштүү пайданын суммасы өндүрүштү өнүктүрүү үчүн салым катарында багытталса, анда анын суммасына ишкана *дивиденддерди* чегерет.

ПРИБЫЛЬ УЧРЕДИТЕЛЬСКАЯ – УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК ПАЙДА – *акционердик коомдун* уюмдаштыруучуларынын сатуу курсу боюнча өткөргөн *акциялардын* бааларынын суммасы менен алардын номиналдык наркынын, б.а. *акционердик ишканада* инвестицияланган иш жүзүндөгү капиталдын ортосундагы айырма түрүндө алган кирешеси. Бул киреше акциялардын номиналдык наркын жана алардын курстук наркын жогорулатуунун негизинде түзүлөт жана акционердик коомдун уюмдаштыруучулары өздөштүрөт. Алар акцияларды баалуу кагаздар базарында, фондулук биржада сатат да, ошол жерде акча капиталын жумшоо жана аларды бөлүштүрүү ишке ашырылат.

ПРИВАТИЗАЦИЯ – МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ (лат. privatus – жеке менчик, өзүмдүк) – мамлекетке тийиштүү объектилерди жеке же юридикалык жактардын менчикке алуу укугуна ээ болуу процесси. Мамлекеттик менчикти төлөмсүз бекер берүү же сатуу аркылуу ишке ашырылат. Менчиктештирүүнүн натыйжасында мамлекет *ээлик кылуу, пайдалануу* жана бул *менчикти тескөө,* ал эми мамлекеттик органдар аны түздөн-түз башкаруу укугунан толугу менен же жарым-жартылай ажырайт. Менчиктештирүү объектисине төмөндөгүлөр кирет: турак-жайлар, ишканалар жана алардын бөлүмчөлөрү (өз алдынча биримдүүлүктөр), жабдуулар, имараттар жана курулуштар, *лицензиялар, патенттер,* дагы башка материалдык жана *материалдык эмес активдер, акционердик коомдордун (шериктештиктердин)* капиталындагы мамлекеттин жана административдик-аймактык бирикмелердин үлүштөрү (пай, акциялар); менчиктештирилүүчү ишканаларга, ошондой эле *ассоциацияларга,* концерндерге, бирикмелерге жана ишканаларга тийиштүү *акционердик коомдордун* (шериктештиктериндеги) капиталындагы үлүштөрү. Менчиктештирүүнүн субъектилери төмөндөгүлөр болушу ыктымал: иш аракеттери мамлекеттик эмес менчик формасында түзүлгөн, ошол мамлекеттин жараны, юридикалык жак, ижарачылар уюмун же чарбалык коом же шериктештик болуп түзүлгөн өз алдынча юридикалык жак катарындагы мамлекеттик ишканалардын эмгек жамааттары. Менчиктештирүүнүн негизги принциптери: төлөө жана төлөбөө ыкмаларын айкалыштыруу; ар бир инсандын мамлекет менчигин төлөмсүз бекер берүүсүнө катышуу укугу; менчиктештирүүнүн методдорун, формаларын жана жөн-жайын жиктөө; башкаруунун ар кандай деңгээлдери менен мамлекеттик органдардын ортосундагы аны ишке ашыруу боюнча компетенцияны чектөө; эмгек жамаатынын мүчөлөрүнө белгилүү социалдык кепилдиктерди берүү; менчиктештирүүнү кеңири айкындоону камсыз кылуу; менчиктештирүүгө көзөмөлдүүлүктү, бара-бара жүргүзүүнү жана ырааттуулукту, мыйзамдуулукту колго алуу. Менчиктештирүүнүн укуктук негиздери, натыйжалуу социалдык багыттагы базар экономикасынын өнүгүшү үчүн шарттарды түзүүгө, менчиктин формаларынын чыныгы көп түрдүүлүгүн камсыз кылууга жана мамлекеттик антимонополиялык саясатты ишке ашырууга багытталган анын негизги жоболору, негизги прин-

циптери жана органдары, мамлекеттик менчиктин бөлүгүн акысыз берүү, жүргүзүү тартиби жана уюштурулушу, кепилдик жана жоопкерчиликтүүлүк тийиштүү мыйзам менен бышыкталат. *Кара. Денационализация, Разгосударствление – мамлекеттен ажыратуу.*

ПРИВИЛЕГИРОВАННЫЕ АКЦИИ – АРТЫКЧЫЛЫКТУУ АКЦИЯЛАР. Булар анын ээлерине акционердик коомдун кирешесинен айырмаланып белгиленген ставка боюнча алгачкы дивидендди алууга укук берет. Артыкчылыктуу акциялардын ээсинин өзгөчөлүгү түшкөн пайдадан белгилүү бир киреше алууга анын алгачкы иреттеги укугунда экенинде болуп эсептелет. Бирок ал, эреже катары, ишкананын кирешесинин өсүшү менен утпайт. Ошондуктан иш жүзүндө артыкчылык берилген жагдайда, көп учурда кадимки жөнөкөй акциялардын ээлери болуп калышат. Анткени акционердик коомдун кирешесинин көбөйүшүнө карата алардын дивиденди өсөт. Мына ушуга байланыштуу акционердик компаниялардын уюмдаштыруучулары жана директорлору көбүнчө өзүлөрүндө жөнөкөй акцияларды калтырышат да, артыкчылыктуу акцияларын катардагы кармоочуларга сатышат. Артыкчылыктуу акциялар, эреже катары, добуш укугун бербейт, бирок ошол жылы дивиденддерди төлөш үчүн кирешеси жетишпесе да артыкчылыктуу акциялардын төлөөгө узартылбаган убакка добуш берүү укугун алат. Кээде артыкчылыктуу акциялар термини бир нече добушка укук берүүчү акцияларга карата да колдонулат, б.а. артыкчылык ушул учурда дивиденд алууда эмес, добуш укугун алууда турат. Артыкчылыктуу акциялар акционердик коомду *санациялоодо* жана жаңы акцияларды сатып алууда артыкчылык бериши мүмкүн.

ПРИВЛЕЧЕННЫЕ СРЕДСТВА – ТАРТЫЛГАН КАРАЖАТТАР – ишканага тийиштүү эмес, бирок анын карамагында убактылуу турган акча каражаттары. Аларга төмөндөгүлөр кирет: кредитордук карыздардын бардык түрлөрү (төлөнүүчү мөөнөтү али эрте акцептелген эсептик документтер боюнча жеткирип-тапшыруучулардагы карыздар; эсептик документтер жана фактураланбаган жеткирип-тапшыруучулар боюнча мөөнөтүндө төлөбөгөн жеткирүүчүлөрдөгү карыздар; берилген векселдер жана алынган авансалар; бюджет менен жасалуучу эсептөө боюнча, эмгек акыга төлөө боюнча ж.б. карыздар). Жөнөкөйлөштүрүп, жалпылай айтканда тартылган каражаттар мааниси жагынан төмөндөгүчө туюнтулат: бул көбүнчө ишкананын карамагында эмес башкалар алган айланым каражаты, бирок алар кайтарылгыча айланым каражаттарынын булагы катары чарбалык айланымга катыша берет. Базар экономикасынын шарттарында бул негизинен кредиттик каражаттар болуп саналат.

ПРИГРАНИЧНАЯ ТОРГОВЛЯ – ЧЕК АРАЛЫК СООДА. Чектеш райондордогу соода уюмдары жана фирмалардын жүргүзгөн эл аралык товар алмашууларынын бир түрү. Ал соода, төлөөлөр жөнүндөгү макулдашуунун ар жылдык токтомдордун негизинде жүзөгө ашырылат.

ПРИМА – ПРИМА (лат. prima – биринчи) – векселдик айланым практикасында – котормо векселдин (тратта) биринчи даанасы. Эл аралык соодада котормо векселдер кээде алардын жоголуп кетүү коркунучунан жана анын айланымын тездетүү үчүн эки же андан көп даанада жазылат: векселдин бир даанасы акцепт үчүн төлөөчүгө жиберилиши, экинчиси болсо бир эле убакта товардын же кызмат көрсөтүүнүн төлөмүнө берилиши мүмкүн. Ар бир даананын жазуусунда ал эсеби боюнча кайсы даана: биринчи (прима), экинчи (секунда) же үчүнчү (терция) экендиги көрсөтүлүшү керек. Примада төмөндөгүдөй эскертүүлөр жазылат: "Эгер экинчи же үчүнчү даана боюнча төлөнбөгөн болсо, анда ушул биринчи боюнча төлөгүлө". Тийиштүү эскертүүлөр адатта экинчи жана үчүнчү даанасына киргизилет. Бардык дааналар бир векселди түзөт, ошондуктан акцепт бир эле даанада жасалат, анын кайсынысынын болбосун төлөмү калгандары боюнча төлөнөт.

ПРИНУДИТЕЛЬНАЯ НАДПИСЬ – АРГАСЫЗ ЖАЗУУ. Сот мекемелери тарабынан жүргүзүлгөн векселдеги нааразылык жазуусу; ал аткаруучу баракты күчүнө ээ жана вексель кармоочуга ал боюнча милдеткер адамды жазалоого укук берет.

ПРИНЦИПАЛ – ПРИНЦИПАЛ (лат. pricipalis – башкы) – *1)* агент катары аракет кылууга бирөөгө өкүлчүлүк берген адам; *2)* пайыз кошулуп турчу карыздын негизги суммасы; *3)* өз эсеп-чотунун эсебинен бүтүмгө катышкан адам.

ПРИНЦИПЫ КРЕДИТОВАНИЯ – КРЕДИТТӨӨНҮН ПРИНЦИПТЕРИ – кредиттөөнүн негизги жоболору, эрежелери; кредиттөө төмөнкүлөрдүн негизинде ишке ашырылат: *ссудалардын камсыздандырылгандыгы, кредиттин тикелей* жана *максаттык негизи*, анын мөөнөттүүлүгү, төлөнө тургандыгы жана кайтарылып берилери. Камсыздандырылышы, мында кредит ишканадагы болгон материалдык баалуулук күрөө коюлуп берилет же анык чыгымдарга эсептелип берилет. Камсыздандыруучу *банк* ссудалардын кайтарыларына кепилдик жасайт. *Кредиттин максаттык жагдайы* бардык кредиттердин ишканаларга кредиттик планга ылайык өтө такталган белгилүү максаттар үчүн берилгендиги менен белгиленет. Кредиттин мөөнөттүүлүгү жана кайтарымдуулугу – ссуда белгилүү бир мөөнөт менен берилерин, ал мөөнөт өткөндөн кийин банкка кайтарылып берилүүгө тийиш экендигин алдын ала карайт.

Кредиттин төлөнө тургандык принцибине ылайык ссуданы пайдалангандыгы үчүн пайыз төлөөнү талап кылат. Кредит берүүнүн шартын сактабаган ишканаларга, тийиштүү чаралар колдонулат (мисалы кредитти өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн жогорулатылган пайыз төлөөгө мажбур болушат). Ссудаларды мөөнөтүндө төлөөнү дайыма аткарбаган ишкана жаңы кредит алуу укугунан айрылып калат, ошондой эле ишкана кредитти натыйжалуу пайдалануугa жоопкерчиликтүү болот.

ПРИНЦИПЫ ОРГАНИЗАЦИИ БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА – БУГАЛТЕРДИК ЭСЕПТИ УЮШТУРУУ ПРИНЦИПТЕРИ – *бугалтердик эсепти* уюштуруунун негизги жоболору, эрежелери. Ишканаларда (фирмаларда, компанияларда ж.б.) азыркы кездеги бугалтердик эсепти уюштуруу базар экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө (мисалы, АКШда, Англия ж.б.) калыптанып жалпы кабыл алынган практикага туура келет. Бул төмөндөгүдөй негизги тогуз принципке негизделет: Эки жактуулук ишкана каражаттарынын анын *кредиторлордон* жана *инвесторлордон* алган суммасына, ошондой эле үзүрлүү иш-аракеттеринин натыйжасында чогултулуп бөлүштүрүлбөгөн пайдага барабар экендигин (б.а. кийинки жылдардагы иштердин гана эмес ал ишкана, фирма уюшулгандан тартып топтолгон *капиталдын* бөлүгүнө барабар экендигин) туюнтат; акчалай өлчөө – акчалай туюнтулуп колдогу болгондоруна (көрсөткүчтөр, ресурстар, каражаттар ж.б.) карата жасалган бугалтердик эсеп; өз алдынчалуулук – ишканаларда бугалтердик эсеп-чоту анын ээлеринин жана *кызматкерлердин (менчик формасына* же ишкананын уюштуруукук формасына байланышсыз) эсеп-чотунан өз алдынчалыгы жагынан айырмаланат (мисалы, АКШда булардын үчөө: корпорация; шериктештик, анда көбүнчө эки же андан көбүрөөк өнөктөр болот жана жекече, мында ишкана толугу менен бир эле кожоюнга тиешелүү болот); үзгүлтүксүздүк – мында болсо ишкана белгисиз убакытка чейин иштейт, эгерде тескери таасирин тийгизбөөчү факторлор кездешпесе (мисалы, ээлери аны сатууну каалабаса); өздүк наркы мында эсеп ошол мезгилдеги базар баасы менен эмес, каражаттардын өздүк наркынан (же ал ээ болуучу баадан) алдыда жүрөт; Консерватизм – капитал өлчөмүнүн көбөйүшү иштин илгерлешине тыгыз байланыштуу (тагыраак айтканда каражаттардын көбөйүшү тигил же бул бүтүмдүн белгилүү бир жыйынтыктоочу учуру болуп калмайынча эсептелбейт, мисалы, продукция керектөөчүгө жеткирилип берилмейинче); материалдуулук, мында майдачүйдө нерселерге алаксыбай, жалаң олуттууларына көңүл бурууну туюнтат, тагыраак айтканда олуттуу факторлор гана эсепке алынууга тийиш (олуттуу же олуттуу эмес факторго кайсыларын киргизүү керектиги боюнча атайын эрежелер каралган эмес, мисалы ишкана күн сайын сарптай турган карандаш, кагаз ж.б. сыяктуу майда-баратты эсепке алуунун зарылчылыгы жок; ишке ашыруу, мында киреше продукция жеткирилип берилгенден кийин, ал эми тейлөөдө болсо, керектөөчүлөргө тигил же бул тейлөө көрсөтүү сонунан эсептелинет; туура келүү – тиешелүү мезгилдин чыгымдары (бул чарбанын иш-аракеттерин ишке ашыруунун өздүк наркы, анын жыйынтыгында ошол мезгилдин кирешеси пайда болот).

ПРОГНОЗ – БОЖОМОЛ (грек. prognosis – алдын ала көрө билүү, алдын ала айтуу) – өнүгүүнүн же белгилүү бир маалыматтардын негизинде конкреттүү кубулушту алдын ала айтуу; *башкаруу* процессинин алдыдагы плandык-аналитикалык баскычы. Алар божомолдоо мезгилинин узактыгы боюнча айырмаланып бөлүнөт; анда түзүүнүн мезгилдүүлүгү, толук камтылуу даражасы жана божомолдоо объектилери ж.б. белгилери боюнча иштелет. Божомолдоо мезгилинин узактыгына байланыштуу кыска мөөнөттүү, орточо мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү божомолдоо болуп ажыратылат. Объектке божомол түзүүчү убакытты анын горизонту деп аташат (мисалы, базар конъюнктурасын божомолдоо горизонту 1–2 жылдан ашпоого тийиш, анткени базар кыймылы жогору болгондуктан, бир кыйла узак божомол аныктыгы кемирээк болот). Божомолду түзүү мезгилдүүлүгү боюнча туруктуу түзүлө турган мезгилдүү божомолго жана ар кандай мезгилдүү божомолго ажыратышат. Иштелүү толуктугунун даражасы боюнча божомол чектелген көлөмдө белгиленүүчү алдын ала даярдык жана божомолдоонун баштапкы стадиясында пайдалана турган жана бардык тактоолор жана ондоолордон кийин колдонулуучу биротоло бүткөн болушу ыктымал. Божомолдоо иштеп чыгуу объектиси боюнча да классификацияланат: экономикалык – бул болсо, конкреттүү ишкана (фирма, компания) үчүн экономикасынын жалпы абалын же болбосо конкреттүү товар (продукция, жумуштар, тейлөөлөр) боюнча сатылуу көлөмүн алдын ала айтуу үчүн пайдаланылат; техниканын жана технологиянын өнүгүшү – мында жаңы техниканын жана технологиянын иштелип чыгышы, аларды пайдалануунун экономикалык пайдалуулугу божомолдонот; атаандаштын өнүгүшү, бул жерде атаандаштардын стратегиясы жана тактикасы алдын ала баяндалат; демографиялык, бул болсо, эмгек ресурстарын плandоодо жана демографиялык саясат чараларын негиздөөдө пайдаланылат; социалдык – коомдо жана эмгек жамаатында социалдык процесстердин өнүгүү келечегин илимий негизделген түрдө алдын ала көрө билүү үчүн; табигат ресурстарын ж.б. колдо болгондорун пайдалануну божомолдоо. Татаал жагдайларда эмне болорун алдын ала

айтууга мүмкүнчүлүк берүүчү сурап-билүүнүн жана изилдөөлөрдүн негизинде түзүлгөн божомолдоолор; бул максат үчүн билимдин көп тармагын пайдаланышат, келечек автомобилдер базарын мисалга алса болот, аларды экономикадагы, саясаттагы, технологиядагы, стандартташтыруудагы, керектөөчүлөрдүн (сатып алуучунун) керектөөлөрүндөгү өзгөрүүлөрдү эске алуу менен баалоого болот.

ПРОГНОЗИРОВАНИЕ – БОЖОМОЛДОО (грек. prognosis – алдын ала көрө билүү, боолголоп айтуу). Экономикалык, социалдык жана техникалык тармактардагы абалды талдоого жана өнүгүү процессинин келечегине баа берүүгө байланыштуу экономикалык иш-аракеттин түрү. Мында ошондой эле өнүгүүнүн мүмкүн болуучу келечеги дагы божомолдонот.

ПРОГНОЗИРОВАНИЕ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН ИШ-АРАКЕТТЕРИН БОЖОМОЛДОО – ишкананын (фирмалардын, компаниялардын) өнүгүү келечегинин мүмкүн болуучу жолдорун жана максаттарын ыктымалдуу баалоо тутумунун нугунда аныктоо. Божомолдоодо ишкананын узак мөөнөттүү өнүгүшү, ошондой эле аны аткаруу үчүн зарыл болгон каражаттар жана ресурстар чагылдырылат. Божомолдоо ишкананын тышкы шарттарынын жана потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде ошол учур үчүн анын өнүгүшүнүн жаңы ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрүн, аларды ишке ашыруу үчүн шарттарды аныктоону, жаңы техниканы жана технологияны пайдалануу өтүү, продукциянын (жумуштардын, тейлөөлөрдүн) сапатын жогорулатуу, башкаруу системасын, чарбалык бүт иш-аракет саясатын ишке ашыруу боюнча чараларды алдын ала айтуу зарыл болуп саналат. Ишкананын экономикалык иш-аракеттеринин жетишкендиктери биринчи кезекте, анын белгилүү бир өндүрүштүк, финансылык ж.б. шарттарда кандайча өнүгөрүн канчалык жетиштүү билгендигине байланыштуу болот. Мындайча айтканда ишкананын өнүгүшүн илимий жактан негизделген жана чындыкка жакын божомол зарыл болуп саналат. Административдик системанын түздөн-түз кийлигишүүсүз ыңгайлуу байланыштардын негизинде продукцияны өндүрүүнүн көлөмү калыптанып жаткан базар мамилелеринин шартында экономикалык жана социалдык процесстерди божомолдоо өзгөчө мааниге ээ болот. Божомолдоо андан ары өнүктүрүүгө тийиш жигердүү процесстер, кубулуштар жана келечектеги тенденциялар катарында болуу менен бирге, ошондой эле тескерисинче, аларды жеңип чыгуу боюнча чараларды талап кылуучу катарында да болушу ыктымал. Ишкананын иш аракеттеринин тыкандык менен иштелип чыккан божомолдоосу ишкананын илимий-техникалык өнүгүшүнүн, социалдык, тышкы-экономикалык ж.б. иш-аракеттеринин калыптанышы үчүн белгилүү

бир шарттарда "эмне жана кандайча" негиз болушуна жеткиликтүү түшүнүк берүүгө тийиш. Ишкананын иш-аракеттерин божомолдоонун милдеттери катары ишкананы базар жагдайында мүмкүн болуучу өзгөрүүгө, базар экономикасынын кокустан болгон факторлорунун ыңгайсыз шарттарына туруштук берүүгө даярдоо. Божомолдоолор талаш-тартышсыз, өзгөрүүлөр далилсиз таанылган чындык болбой тургандыгы табигый иш, тескерисинче, алар мүмкүн болгон өзгөрүүлөргө тез ылайыкташылган каражат болууга тийиш. Ишкананын келечектеги өнүгүү багытын белгилөөдөгү ийкемдүүлүгү иш-аракеттердин аткарылуу тартибине караганда божомолдоо бир кыйла маанилүү болуп саналат. Ишканалардын иш-аракеттеринин божомолдоолорун иштеп чыгуу жана ишке ашыруу бир катар түзүүчү төмөндөгүдөй элементтерди камтыйт: тышкы чөйрөнүн өнүгүшүнүн келечектүү тенденцияларын (базарды, илимий-техникалык прогрессти, жалпы экономикалык ситуацияны ж.б.) баалоо, анын өнүгүшүндө ыңгайлуу жана терс тенденцияларды айкын кылуу; ишкананын өнүгүшүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн жана бир кыйла келечектүү багыттарын аныктоо, анын узак мөөнөттүү милдеттерин иштеп чыгуу; аны ишке ашыруу үчүн иш-аракеттердин программасын жана каражаттарды аныктоо, жагдайларды талдоо жана алдыга коюлган милдеттерге, чечимдерге жана иш-аракеттерге өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн кайталануучу байланышты камсыз кылуу. Ошентип, ишкананын иш-аракеттерин божомолдоо ички, ошондой эле тышкы шарттарга дайыма иликтөө жүргүзүүнү жана алардын өзгөрүүлөрүнө көзөмөл болууну алдын ала божомолдоп карайт. Ишкананын ички абалына, анын кубаттуу жана чабал жактарына баа берүү, колдогу мүмкүнчүлүктөрдү максималдуу пайдалануу шарт түзүүчү тенденцияларды айкындоо, келечекте коркунуч туудуруга ыктымал болгон терс жагдайлардан сак болуу зарыл болуп эсептелет. Ар кандай божомолдоо бул келечектин багыты гана эмес, бул азыркынын келечеги. Ошондуктан ал *ишкананы* күндөлүк жана оперативдүү *пландоо* менен тыгыз байланыштуу болот; белгиленген иш-чараларды ишке ашыруунун конкреттүү методдорун сунуш кылат; ишкананын кирешелүүлүгүн жогорулатуучу бардык факторлорун тартат. Базар шарттарында, анын жалпы коньюнктурасынын туруксуз болуп турган учурунда божомолдоо ишкананын иш-аракеттеринин туруктуулугунун жөндөмдүү болушуна түртку берет. Ишкананын кирешесинин туруктуулугу, рентабелдүүлүгүнүн жогорулашы божомолдоонун сапатына тыгыз байланыштуу болот. *Кара. Прогнозирование экономическое – экономикалык божомолдоо.*

ПРОГНОЗИРОВАНИЕ ТОВАРНОГО РЫНКА – ТОВАРДЫК БАЗАРДЫ БОЖОМОЛ-

ДОО – *маркетингдик чөйрөнүн* өзгөрүшүн, *базардагы экономикалык коньюнктуранын* өнүгүү келечегин алдын ала көрүү (алдын ала айтуу). Божомолдоодо төмөндөгүдөй факторлордун өнүгүү тенденциялары камтылат: жалпы чарбалык коньюнктура; экономикадагы структуралык жылыштар; керектөөчүлөрдүн жана жеткирип-тапшыруучулардын инвестициялык активдүүлүгү; аларда илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү; жаңы товарлык базарлардын пайда болушу, ал эми иш-аракеттеги базарларда – жаңы товарлар-алмаштыруучулар, баалардын деңгээлдеринин өзгөрүшү, кредиттик-финансылык өз ара катыштар ж.б.

ПРОГНОЗИРОВАНИЕ ЭКОНОМИЧЕСКОЕ – ЭКОНОМИКАЛЫК БОЖОМОЛДОО – себепнатыйжа байланыштардын жана мыйзам ченемдүүлүктөрдүн тутумунда белгиленип негизделген экономиканын (өлкөнүн, же анын чарбасынын айрым тармактарынын, чөйрөлөрүнүн, факторлорунун жана натыйжаларынын ж.б.) өзгөрүүлөрү жөнүндөгү узак келечектүү илимий негизделген ой жорууларды иштеп чыгуу процесси. Андагы келечекти алдын ала айтуулар топтолгон тажрыйбага жана экономикалык кубулуштардын же процесстердин өнүгүү жолдоруна жана келечектүү абалына карата күндөлүк ой жорууларга таянат. Экономикалык кубулуштарды жана процесстерди божомолдоо өнүгүүнүн сапаттык жагдайларын иштеп чыгууну, ошондой эле бул маанилерге жетишүү божомолдонгон көрсөткүчтөргө баа берүүнү камтыйт. Экономикалык божомолдоонун сандык методдору (мисалы, *моделдөө*, убактылуу катарларды *анализдөө, корреляция* ж.б.) өткөндөгү иш-аракеттер белгилүү бир тенденцияга ээ болуп, аларды келечекте улантууга болот деп эсептөөгө негиз болгондо жана статистикалык жеткиликтүү тенденцияларды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү аткаруу үчүн колдо маалымат болгондо гана пайдаланылат. Сандык маалыматтар жетишсиз болгондо же эгерде сандык модель чектен тыш, өтө эле кымбат болуп саналса, анда экономикалык божомолдоонун сапаттык методдору пайдаланылат (мисалы, эксперттик баалоо методу). Экономиканын келечекте функцияланышынын жана өнүгүшүнүн параметрлерине сандык бааларды берүүчү божомолдоолорду иштеп чыгуу азыр өтө татаал, бирок толук чечилүүчү маселе катары эсептелет. Экономика нугундагы процесстер өтө так *детерминизмделген* (мыйзам ченемдүү) болуп саналбайт, көпчүлүк учурларда ыктымалдуулук жагдайда болушат. Экономикалык илимий божомолдоо методдорунун арасында оптималдуу башкаруу теориясы менен катар математикалык *статистиканын* жана ыктымалдуулук теориясынын көп методдору пайдаланылат. Статистика экономикалык божомолдоонун алмаштырылгыс шайманы (инструменти) болуп

саналат; өзгөчө белгисиздик шарттарда оптималдуулуктун критерийин калыптандырууда өзгөчө мааниүү ролду аткарат. Экономикалык божомолдоо, адатта *планды* иштеп чыгуу процессине чейин болот да, ал үчүн база болуп саналат. Экономикалык божомолдоо *пландоо* менен бирге жалпы милдеттерди чечүүгө – мына ушул процесстин же кубулуштун бир кыйла натыйжалуу өнүгүү жолдорун аныктоого багытталган. *Базар экономикасынын шарттарында* – товарларга (*продукция*, жумуштар, *тейлөөлөр*) болгон сурамдын жана сунуштун, аларды сатуунун көлөмүнүн жана шартынын (баалары, сапаттары ж.б.), *атаандаштардын* ж.б. бүт тиричилик циклинде керектелип жаткандардын баарысынын катыштарын алдын ала көрө билүү зарылчылыгы болуп турган убакта экономикалык божомолдоонун мааниси өзгөчө өсүп жатат.

ПРОГРАММИРОВАНИЕ – ПРОГРАММАЛОО. *1*) Экономикалык объектинин өнүгүшүнүн максатын аныктоо, ич арадагы тиешелүү милдеттенмелерди, багыттарды, алдыга коюлган максатка жетишүүнүн ыкмалары менен мөөнөттөрүн программалоо, ошондой эле зарыл ресурстардын чыгымдарына баа берүү; *2*) ЭЭМде маселелерди чечүү үчүн программаларды түзүү.

ПРОЕКТНО-СМЕТНАЯ ДОКУМЕНТАЦИЯ – ДОЛБОРЛОО-СМЕТАЛЫК ДОКУМЕНТ. Белгилүү бир курулуш объектисин реконструкциялоо, кеңейтүү, экономикалык зарылчылыгын жана техникалык мүмкүнчүлүгүн аныктоочу материалдардын жыйындысы.

ПРОЖИТОЧНЫЙ МИНИМУМ – ТИРИЧИЛИК МИНИМУМУ. Адамдын жашоо тиричилигин колдоо жана анын акыл, кара күчүн калыбына келтирүү үчүн зарыл турмуштук каражаттардын минимуму. Муну аныктоо методикасы минималдуу керектөө бюджетин түзүүгө негизделет (турмуштиричилик минимумунун бюджети), бул өз кезегинде үй-бүлөнүн белгилүү бир өлчөмдөгү же бир кызматкердин орточо чыгымы менен кирешесинин балансын көрсөтөт.

ПРОЛОНГАЦИЯ ВЕКСЕЛЯ – ВЕКСЕЛДИН УЗАРТЫЛЫШЫ, ВЕКСЕЛДИН АРАКЕТИНИН, МӨӨНӨТҮНҮН УЗАРТЫЛЫШЫ (фр. prolongation, лат. prolongare – узартуу). Вексель боюнча төлөм мөөнөтүнүн узартылышы мыйзам боюнча ишке ашырылат же вексель кармоочу менен төлөй турган кишинин ортосунда келишүүнүн (векселдин келишимдик пролонгациясынын) негизинде жүргүзүлөт. Мыйзам боюнча пролонгация векселди төлөөгө же баш тартууга карата көрсөтүүгө объективдүү тоскоолдук кылуучу милдеттенмелердин чыгышы учурунда пайда болот. Кыска мөөнөттүк, бирок кезеккезеги менен узартылуучу векселдерди берүү *банктардагы эсепти*

жана андагы күрөөнү жеңилдетет, адатта алар узак мөөнөткө жазылган векселдер менен иштөөнү анчалык каалашпайт.

ПРОМЕССА – ПРОМЕССА (фр. promesse – убада, сөз берүү). Утуш, ута турган зайымдын же лотереялык билеттин ээси кандайдыр бир үстүнө кошуп төлөгөнү үчүн башка кишиге жакынкы тиражда ута турганына милдетин алып туруп берген документ. Эгер ал зайым же билет утпай калса, сатып алуучунун бардык укугу токтотулат.

ПРОСТОЙ ВЕКСЕЛЬ – ЖӨНӨКӨЙ ВЕКСЕЛЬ. Жөнөкөй вексель убактылуу товардык бүтүмдөрдө атайын камсыз кылуусуз коммерциялык кагаздар түрүндө, ошондой эле тике зайымда колдонулат.

ПРОТЕКЦИОНИЗМ – ПРОТЕКЦИОНИЗМ (фр. protectionnisme, лат. protecto – далда, коргооч, бөлүк, жактоо, колдоо) – чет элдик атаандаштыктан коргоо аркылуу улуттук экономиканын өнүгүшүнө түрткү берүүчү мамлекеттин экономикалык саясаты. Өлкөгө ташылып алып келинген товарларга *бажы салыгын* киргизүү, белгилүү бир товарларды ташып келүүнү чектөө же толук тыюу салуу, улуттук өнөр жайын *субсидиялоо*, *товарларды экспорттоону* колдоо ж.б. бир катар чаралар менен ишке ашырылат. Мамлекет айрым учурда ташылып келинген товарларга бажы салыгын жогору коюп белгилөө менен чет элдик продукциянын келишин чектейт да, ушунун өзү ички базарда баанын бир кыйла жогору болушун камсыз кылууга өбөлгө түзөт. Экспорттун үлүшүн көбөйтүү жана тышкы базарда атаандаштарга туруштук берүү үчүн мамлекеттик жардам катары берилүүчү акча каражатын берүү жана экспортчуларды кредиттөө, чыгарган товары экспортко багытталган өндүрүш тармактарын, *демпингди* финансылоо ишин күчөтүү пайдаланылат. Практика жүзүндө мамлекеттер ортосунда азыр тарифке кирбей турган тоскоолдуктардын ролу кыйла өсүп жатат. Мисалы, чет элдик товарлардын жергиликтүү техникалык стандарттарга туура келүү талаптары, мамлекеттик сатып алууларга карата дискриминациялык саясат, *валюталык курстарды* жана эсептик ставкаларды манипуляциялоо ж.б. Интеграциялык процесстердин өнүгүшү жамааттык протекционизмдин пайда болушун шарттайт да, улуттук кызыкчылыктарын ишке ашыруу максатында мамлекет тигил же бул топторунун макулдашып келишкен экономикалык саясатын бышыктайт. "Протекционизм" термини ошондой эле *протекция* тутумун дагы билдирет.

ПРОТЕКЦИЯ – ПРОТЕКЦИЯ (лат. protecto – жактоо, колдоо) – беделдүү инсандын кандайдыр бир ишти жайгаштырууга көрсөткөн колдоосу. Мисалы, иш боюнча, кредитти алууга ж.б.

ПРОТЕСТ ВЕКСЕЛЯ – ВЕКСЕЛЬ КАРШЫЛЫГЫ. Мөөнөтүндө векселди төлөбөгөндүгү жөнүндөгү же аны акцептөөдөн баш тарткандыгы тууралуу нотариалдык күбөлөндүргөн акт.

ПРОЦЕНТ ЗА КРЕДИТ – КРЕДИТ ҮЧҮН ПАЙЫЗ – карызга алган каражаттарды пайдалануу үчүн карыз алуучу кредит берүүчүгө төлөөчү төлөм; ал пайыздык чен же кредиттин негизинде аныкталат. Пайыз ич ара узак, орто жана кыска мөөнөттүү, ошондой эле белгиленген жана оома болуп бөлүнөт.

ПРОЦЕНТНО-ВЫИГРЫШНЫЕ ЗАЙМЫ – ПАЙЫЗДЫК-УТУШ ЗАЙЫМДАРЫ. Бул зайымдар боюнча ээсине, *облигацияларды* кармоочуларга киреше пайыз түрүндө, ошондой эле утуш түрүндө берилет. Пайыздар болсо облигациялар менен кошо *купондор* боюнча төлөнөт да, утуштар болсо тиражда жүргүзүлүп, утуучу облигациялардын ээсине берилет. Купондорду төлөө мөөнөтү жана утуш тиражын өткөрүү зайымдын шарты менен аныкталат.

ПРОЦЕНТНОЕ ЧИСЛО – ПАЙЫЗДЫК САН. Белгилүү бир мезгил үчүн жеке эсеп боюнча каражаттардын жыйынтыкталган калдыгы, ага белгиленген ставка боюнча банк пайыздарды которуу жүргүзөт. Пайыздык сан тийиштүү жеке эсеп боюнча күнүмдүк калдыктар арифметикалык эсеп менен ишке ашырылат да, пайызды эсептегенде белгилүү санга жеткенге чейин толукталат. Эгер жеке эсептин калдыгы бир нече күн өзгөрүлбөсө, анда ошол мезгил үчүн пайыздык сан мурунку калдыкты өзгөрүлбөй жаткан күндөрдүн санына көбөйтүү жолу менен аныкталат. Ар бир күндүн калдыгын эсептөө ар айдын экинчи күнүнө карата башталат да, кийинки айдын биринчи күнү менен аяктайт.

ПРОЦЕНТНЫЙ ПАРИТЕТ – ПАЙЫЗДЫК ПАРИТЕТ. Пайыздык ставкалардагы айырма *дисконтун* же *валютанын форварддык* курсунун ченеминде түздөн-түз чагылдырылган учурдагы эки валютанын ортосундагы катыш.

ПРОЦЕССИНГ–ПРОЦЕССИНГ – эмитентке, эквайерге жана эсептешүү агентине транзакцияларды өткөрүү боюнча маалыматты топтоону, кайра иштеп чыгууну жана таратууну камтыган иш чөйрө.

ПРОЦЕССИНГОВЫЙ ЦЕНТР – ПРОЦЕССИНГДИК БОРБОР – процессингди жүзөгө ашырган юридикалык жак же анын структуралык бөлүмү.

ПРЯМОЕ ИНВЕСТИРОВАНИЕ – ТИКЕЛЕЙ ИНВЕСТИЦИЯЛОО – башка бир өлкөдө менчиктүү ишкананы, өндүрүштү уюштуруу аркылуу чет өлкөгө капитал салуу.

ПРЯМОЙ ВНЕШНЕТОРГОВЫЙ ОБОРОТ – ТЫШКЫ СООДАНЫН ТҮЗ АЙЛАНЫМЫ – бир өлкөнүн экинчи өлкө менен болгон экономикалык байланыштарын сандык жагынан бышыктоочу чарба комплекстеринин балансынын жыйынтыкталган көрсөткүчтөрүнүн бири.

ПРЯМОЙ МАРКЕТИНГ – ТИКЕЛЕЙ МАРКЕТИНГ – тикелей соода бүтүмүн түзүүгө багытталган, конкреттүү чекене соода түйүнүндө дүңүнөн сатып алууну ишке ашырылышын көздөгөн жарнамалык иш-аракеттердин процессинин аяктаган фазасы. Келечектеги дүңүнөн сатып алуулар үчүн керектөөчүлүк сурамдарын стимулдаштыруу боюнча иш-аракеттерди камтыбайт.

ПРЯМЫЕ НАЛОГИ – ТИКЕЛЕЙ САЛЫКТАР – салык төлөөчүлөрдүн кирешелеринен жана мүлкүнөн түздөн-түз кармалуучу салыктар. Мындай салыктарга жеке кирешеден, пайдадан алынуучу салык, ошондой эле мүлккө салынган салык кирет.

ПРЯМЫЕ РАСХОДЫ – ТИКЕЛЕЙ ЧЫГЫМДАР – продукциянын өздүк наркына, өндүрүштүн тикелей чыгымдарына кошулуучу, продукцияны өндүрүп чыгарууга, жумуштарга, тейлөөлөргө, өндүрүш чыгымдарына түздөн-түз байланыштуу чыгымдар, сарптоолор.

ПРЯМЫЕ ХОЗЯЙСТВЕННЫЕ СВЯЗИ – ЧАРБАЛЫК ТҮЗ БАЙЛАНЫШТАР – ишканалардын ортосундагы түздөн-түз ич ара түзүлгөн чарбалык келишимге негизделген катыштары. Продукциянын чыгарылышы жана керектелиши туруктуу шарттарда аныкталып белгиленет.

ПУБЛИЧНЫЙ КЛЮЧ – АЙКЫН КИЛИТ – сандардын жана белгилердин ырааттуулугу, анын жардамы менен белгилүү бир адамдын электрондук цифралык колтамгасын текшерүү жүргөзүлөт. Аны ачык эле колдонууга болот.

ПУЛ – ПУЛ – экономикалык бирикмелердин бир формасы. Бул убактылуу мүнөздөгү маанайда болот да, соода, биржа, патент жана башка түрдөгү пулдарга ажырайт. Мында адегенде жалпы чыгашаны жана пайданы бөлүштүрүү эрежеси бышыкталат да, алар мурда жалпы фондуга түшүп, андан кийин мурунтан аныкталган жагдайга жараша бөлүштүрүлөт.

ПУНКТ – ПУНКТ – акциялардын, облигациялардын бааларындагы, валюталардын курстарындагы, пайыздык чендеги өзгөрүүлөрдү белгилөө үчүн пайдалануучу термин.

ПУТ – ПУТ (англ. put) – баалуу кагаздарды сатууга *опцион*.

ПЯТЬ ФУНДАМЕНТАЛЬНЫХ ЭКОНОМИЧЕСКИХ ВОПРОСОВ – БЕШ НЕГИЗГИ ЭКОНОМИКАЛЫК МАСЕЛЕ – экономикалык илим жооп берүүгө тийиш болгон негизги маселелер: "эмнени чыгаруу керек", "кандайча чыгаруу керек", "өндүрүлгөн продукциянын жалпы көлөмүн кандайча бөлүштүрүү керек", "жетиштүү жумуштуулукту кандайча колдоо керек", "экономикалык системанын ийкемдүүлүгүн кандайча камсыз кылуу керек". Негизги маселелер жалпысынан жөнөкөйлөтүп, жыйнактап алганда төмөндөгүдөй үч маселе менен тузурумдалат: "эмнени өндүрүп чыгаруу керек", "кандайча чыгаруу керек", "кимдер үчүн чыгаруу керек".

Р

РАВНОВЕСИЕ РЫНКА – БАЗАРДЫН ТЕҢ САЛМАКТЫГЫ – ашык сурам, ошондой эле ашкере талабы жок базар жагдайы, тиешелүү базар баасы боюнча сатып алуучулар керектөөлөрүн сатып алууга жана сатуучулар өндүргөн бардык товарларды сатууга мүмкүн болгон базар жагдайы.

РАВНОВЕСНАЯ ВЕЛИЧИНА – ТЕҢ САЛМАКТУУ ЧОҢДУК – атаандаштык базарда баа тең салмактуулук учурундагы *сурам* жана *сунуш* чоңдугу. *Кара. Равновесная цена – тең салмактуу баа, теңдеш баа.*

РАВНОВЕСНАЯ ЦЕНА – ТЕҢДЕШ БАА – *сурам* жана сунуш чоңдуктары барабар болуп турган баа. Мында товарга жана тейлөөгө тартыштык да, ошондой эле артыкбаштык да болбойт; баанын өсүү жана төмөндөө тенденциясы байкалбайт. Баанын тең салмактуулук деңгээли – бул баанын (чыныгы улуттук продуктунун) деңгээли болуп саналат; мында жалпы *сурамдын* ийри сызыгы жалпы *сунуштун* (алардын кесилишкен нокоту) ийри сызыгын кесип өтөт. Базар системасын бүтүн алып, ошондой эле продукциялардын тең салмактуулук бааларынын, көлөмдөрүнүн жана бардык базарлардагы жумуштуулук деңгээлинин ортосундагы өз ара катышты изилдөө жалпы тең салмактуулукту анализ жасоо предметин түзөт.

РАЗГОСУДАРСТВЛЕНИЕ – МАМЛЕКЕТТЕН АЖЫРАТУУ – чарбаны жүргүзүүчү субъектилерди түздөн-түз башкаруу функцияларын мамлекеттен *жеке* же *юридикалык жактарга* жарым-жартылай же толугу менен өткөрүп берүү. Административдик башкаруу системасынан базар экономикасына өтүүнүн, товар өндүрүүчүлөрдүн өз алдынчалыгын бекемдөөнүн, базарды товар (тейлөө) менен камтуунун, алардын сапатын жогорулатуунун, мамлекеттик ишканалардын үстөмдүгүн жоюунун маанилүү багыты катарында каралат. Бул жалпысынан өлкөнүн экономикасынын натыйжалуулугун жана калктын турмуш-тиричилик деңгээлин жогорулатууга багытталат. Мамлекеттен ажыратуунун азыр *аукцион, конкурстук ылгоо* (тандоо), *акцияларды* ишканаларга өткөрүп берүү, *купондук механизм* сыяктуу ар кандай формалары кездешет.

РАМБУРС – РАМБУРС (фр. rembouser – кайтарып берүү, ордун толтуруу, карызды төлөө). Сатып алынган товарга (эл аралык соодада) банк аркылуу төлөө.

РАМБУРСИРОВАТЬ – РАМБУРСТОО (фр. rembourser) – *1*) карыздарды, чыгым-каражаттарды төлөө, кайтарып берүү; *2*) вексель бергендиги үчүн төлөө; *3*) үчүнчү киши же тарап аркылуу бересесин жабуу.

РАНТЬЕ – РАНТЬЕ (фр. rentier, renta – кайра кайтарып берүү) – *капиталды ссудага* берип, пайыз алып же *баалуу кагаздардын* кирешелеринен күн көргөн инсан (тарап).

РАСХОДЫ КОММЕРЧЕСКИЕ – КОММЕРЦИЯЛЫК ЧЫГЫМДАР – продукцияны (товарды), буюмдарды сатууга байланыштуу чыгымдар. Аларга төмөндөгүлөр кирет: сатууну уюштуруу боюнча чыгымдар (*маркетингдик операциялар*) – *маркетинг* боюнча тараптык уюмдардын тейлөөлөрүн төлөө (сатуу базарларын, чыгарылуучу продукциялардын ж.б. атаандаштык жөндөмдүүлүгүн изилдөө), сатуу боюнча операцияларга байланыштуу банктардын кыска мөөнөттүү *ссудалары* боюнча пайыздарды төлөө, ошондой эле жарнамага болгон чыгымдар (аны иштеп чыгуу, басып чыгаруу ж.б.); транспорттук-экспедициялык чыгымдар – тара жана даяр продукциялар кампаларындагы буюмдарды таңылчактоо, ташуу убагында жүктөрдү сактоону (материалдардын наркы, эмгекке төлөө ж.б.) камсыз кылуучу башка операциялар чыгымы, продукцияны жүктөө жана ташуу, сатуу боюнча башка чыгымдар. Мында маркетинг боюнча чыгымдар коммерциялык чыгымдардын курамында каралат (эгерде алар чыгарылуучу продукциялар үчүн сатуу базарларын издештирүү максатында аткарылган болсо). Эгерде бул чыгымдар бир кыйла көлөмдөрдү түзүп, келечек үчүн сатуу базарларын изилдөө максатында ишке ашырылса, анда алар *материалдык эмес активге* киргизилет да, изилдөөнү аткаруу мөөнөтү боюнча материалдык эмес активдердин тозушу түрүндө *жалпы чарбалык чыгымдардын* курамында продукциянын өздүк наркына кошулат.

РАСЦЕНКА – БАА КОЮУ – эмгек бирдиги (продукция, жумуш, тейлөө, буюм ж.б.) үчүн белгиленген төлөм өлчөмү. *Кара. Единичная расценка – Жеке баа коюу бирдиги. Расценка сдельная – Ишине карата баа коюу.*

РАСЦЕНКА СДЕЛЬНАЯ – ИШИНЕ КАРАТА БАА КОЮУ – продукция же иш бирдигине тариф (тарифтик ставка) боюнча эмгек акынын өлчөмүн белгилөөчү *ишине карата төлөө* системасынын элементи. Түздөн-түз жекелей баалап иштөө тутумунда ишине карата баа коюу жеке түрүндө эсептелинет.

РАСЧЕТ – ЭСЕП, ЭСЕПТЕШҮҮ – сунуш кылынган төлөм документтерине ылайык, акча каражаттарын төлөөчүнүн эсеп-чотунан алып салуу жана алуучунун эсеп-чотуна чегерүү. Эсептешүү төлөмдүн бүтүшү болуп саналат.

РАСЧЕТНАЯ ЦЕНА – ЭСЕПТЕШҮҮ БААСЫ – ар бир фьючерстик нук боюнча белгилүү күнгө карата

бирдиктүү баа. Адатта сооданын аяк чегинде көбүнчө ишке ашырылган бүтүмдүк баанын негизинде эсептөө палатасы аныктап белгилейт. Аныктоо товарларды жеткирген учурларда Фьючерстик келишимди жоюу боюнча бааны аныктоо үчүн жана депозиттерди, маржиларды эсептөө үчүн колдонулат.

РАСЧЕТНЫЕ ДОКУМЕНТЫ – ЭСЕПТЕШҮҮ ДОКУМЕНТТЕРИ – сатылган товарлар, аткарылган иштер жана кызмат көрсөтүүлөр, ошондой эле башка төлөмдөр үчүн бирикмелердин, ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин акчасыз эсептешүүлөрү боюнча акча каражаттарынын которулушуна жазуу түрүндө толтурулуучу төлөм тапшырманы бышыктап жыйынтыктоо. Негизги эсептешүү документтерине төлөм тапшырмасы жана эсептешүү чеги кирет.

РАСЧЕТНЫЙ КРЕДИТ – ЭСЕПТЕШҮҮ КРЕДИТИ – материалдык баалуулук, иштер жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн акчасыз эсептешүүлөр боюнча башка жактан тартылган каражаттарды керектөөнү жабуу үчүн берилген кредит.

РАСЧЕТНЫЙ СЧЕТ – ЭСЕП-ЧОТУ – акча каражаттарын сактоо жана эсептешүү, кредиттик жана кассалык операцияларды ишке ашыруу үчүн ишканалардын банктагы эсеби. Калыптанган тажрыйбага ылайык ишкана бир эле эсеп-чотуна ээ болууга укуктуу. Аны (эсеп-чотту) ачуу үчүн банк мекемесине төмөндөгүдөй документтер берилет: жетекчиси жана башкы бугалтеринин колу коюлган эсеп-чотту ачуу жөнүндөгү арыз; ишкананын түзүлүшү жана анын катталышы жөнүндөгү чечим; бекитилген уставдын көчүрмөсү; кредитти бөлүштүрүүчүлөрдүн коюлган колдорунун үлгүсү (жетекчинин жана башкы бугалтердин), ишкананын мөөрү басылган тамгасы бар баракча. Эгерде жетекчи менен башкы бугалтерден тышкары ага баш ийген кызматкерлер – эсеп-чотко кол коюуга укугу бар болсо, мындай өкүлчүлүктөр жетекчинин буйругу менен даярдалат, ал эми алардын кол койгон үлгүлөрүнө да баракча толтурулат. Экинчи кол коюучу (башкы бугалтер жана анын орунбасары) тарап биринчинин (жетекчинин жана анын орунбасарынын) ордуна колун коюуга укугу жок. Эсеп-чотто ишкана кассасынан сатылган продукциялар (аткарылган иштер, көрсөтүлгөн тейлөөлөр) үчүн сатып алуучулардан жана заказчылардан келип түшкөн акча каражаттары, *кыска мөөнөттүү ссудалар, дебитордук* ар кандай карыздар жана негизги иш-аракеттерге байланыштуу башка келип түшкөн акчалар эсепке алынат. Жеткирип-тапшыруучуларга, *мардикерликке*, мамлекеттик бюджетке, социалдык камсыздандыруу органдарына, башка ишканаларга жана уюмдарга акча каражаттарын которуу белгиленген тартипте ишкана (эсеп-чотунун ээси) тарабынан жазылган төлөм тескөөчү боюнча жүргүзүлөт. *Банк* эсеп-чоттун ээсине (анын жетекчиси жана башкы бугалтердин же өкүлчүлүк кылган тараптын колу коюлган, белгиленген үлгүлөрдөгү чек боюнча) жумушчу-

ларга жана кызматкерлерге жалыйна төлөөгө, эсеп-кысап берме тарапты чарбалык майда чыгымдар үчүн авансалоо жана иш сапарына, өргүүгө чыгуу ж.б. акчаларын берет. Ишканага (уюмга) негизги эсеп-чоту менен катар, айрым учурларда өзгөчө эсеп-чоту (мисалы, капиталдык курулуш, ремонт боюнча) же болбосо эсептешүү субсчеттору (эсептешүү субсчетторуна чарбалык эсептеги эмес бөлүмчөлөрдөн – филиалдардан, кампалардан ж.б. акча каражаттары жыйналат да, соңунан негизги эсеп-чотуна которулат) ачылышы мүмкүн. Акча каражаттары жетишсиз болуп турганда эсептик акча документтери боюнча төлөөнүн тартиби ишкананын эсеп-чотуна акчанын календарлык келип түшүү ырааттуулугу менен белгиленет.

РАСЧЕТНЫЙ (ТОРГОВЫЙ, POS-) ТЕРМИНАЛ – ЭСЕПТЕШҮҮ (СООДА, POS-) ТЕРМИНАЛЫ – төлөө картынан маалыматты окуган жана каражаттардын электрондук жол менен которулушун билдирген, накталай эмес операцияларды жүргүзүү үчүн багытталган терминал.

РАСЧЕТНЫЙ ЧЕК – ЭСЕПТИК ЧЕК. Бул – көрсөтүлгөн сумманы анын эсебинен башка *юридикалык жактын* эсебине накталай эмес которуу жөнүндө банктын төлөөчүсүнүн буйругу көрсөтүлгөн чек. Эсептик чек накта акча менен төлөөгө кирбейт, ошондой эле акча чектеринен айырмаланып, көрсөтүүчү катары да боло албайт. Анын сырткы бетинде "эсептик" деген жазуу болот.

РЕАЛЬНАЯ ЗАРАБОТНАЯ ПЛАТА – АНЫК ЭМГЕК АКЫ – номиналдык эмгек акысынын товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин индексине карата салыктардын суммасын чыгарып салгандан кийинки катышы менен аныкталуучу эмгек акы.

РЕАЛЬНЫЕ ДОХОДЫ НАСЕЛЕНИЯ – КАЛКТЫН АНЫК КИРЕШЕСИ – коомдук керектөө фондуларынан алынган акысыз төлөмдөр жана жеңилдиктер, эмгек акы боюнча төлөмдөрдүн эсебинен калк эө болгон тейлөөлөр жана материалдык үлүш. Калктын турмуш-тиричилик деңгээлинин маанилүү көрсөткүчү. Алардын чондугу алган жалыйнасынын өлчөмү жана коомдук керектөө фондуларынан алган жеңилдиктер менен гана эмес, ошону менен бирге керектөө буюмдарынын, азык продуктуларынын бааларынын, тейлөө тарифтеринин, батир акы суммасынын жана алынган салыктын деңгээлдери менен аныкталат. *Кара. Уровень жизни – турмуш-тиричилик деңгээли.*

РЕВАЛЬВАЦИЯ – РЕВАЛЬВАЦИЯ (фр. revalution – баалоо) – мамлекет тарабынан ишке ашырылуучу башка өлкөлөрдүн *валюталары* боюнча *улуттук валютанын* курсун расмий түрдө жогорулатуу (девальвациянын карама-каршысы).

РЕВЕРС – РЕВЕРС (лат. reversus – кайта кайтаруу, кайрып берүү) – бир тараптын (инсандын) экинчи тарапка жазуу жүзүндө берген милдеттенмеси; мында бир нерсени күбөлөндүрүп, кандайдыр бир кепилдик берет. Мисалы, *векселди* ж.б. *күрөөгө* коюп,

берилген нерсени сатып алуу милдеттенмеси.

РЕГРЕСС – РЕГРЕСС (лат. regressus – кайра кайтуу, кайтуу, артка жылуу) – өнүгүүнүн түрү, өнүгүү тиби – буга бир кыйла жогорку формалардан төмөнкү, начар формаларга өтүү таандык; *деградация процесси*, уюштуруу деңгээлинин төмөндөп кетиши, тигил же бул тиешелүү функцияны аткаруу жөндөмдүүлүгүнөн ажырашы. Ошондой эле сенек болуу учурун, жоюлууга беттеген эски нукка жана структурага карата чегинүүнү камтыйт. Регресс прогресске дайыма карама каршы процесс катары эсептелет.

РЕГУЛИРУЕМАЯ РЫНОЧНАЯ ЭКОНОМИКА – ЖӨНГӨ САЛЫНУУЧУ БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ. Өндүрүштү керектөөчүгө ылайыкташтыруунун ийкемдүү тутуму. Ал базар мамилелеринин шартындагы атаандаштыктын принциптерин сактоо жана калкты социалдык жактан коргоону камсыз кылуу менен ишканалардын иш жүзүндө өз алдынчалуулугунун жана экономикалык жоопкерчилигинин негизинде иштейт.

РЕЕСТР – РЕЕСТР (лат. regestrum – тизме, мүлктүн эсебин алуу үчүн каттоо) – жазуу жүзүндөгү тизме, каттоо; иш, документ, мүлк ж.б. каттала турган китеп.

РЕЖИМ НАИБОЛЬШЕГО БЛАГОПРИЯТСТВОВАНИЯ – ӨТӨ ЫҢГАЙЛУУ ЭРЕЖЕ – сүйлөшүп келишкен мамлекеттер тарабынан ич ара пайдаланып жаткан же пайдалануу тиешелүү укук, артыкчылык жана жеңилдиктерди берүүчү эл аралык соода келишимдериндеги жобо. Өлкөлөр ортосундагы бири-бирине артыкчылыктарды, жеңилдиктерди, бажы алымын, салыктарды, жыйымды төмөндөтүү, чектөөлөрдү, тыюу салууларды алып таштоо түрүндө мүмкүнчүлүктөрдү берүүчү, мамлекеттик дүң сооданы жүргүзүүнү ишке ашыруучу экономикалык жана соода карым-катнаш шарты.

РЕЗЕРВНЫЙ ФОНД – РЕЗЕРВДИК ФОНД – акча системасынын жана кредиттик мамилелердин туруктуулугун камсыз кылуу үчүн керектелүүчү алтын монеталардын мамлекеттик кору, асыл металл куймалары, кымбат баалуу таштар ж.б.

РЕИМПОРТ – РЕИМПОРТ (лат. re – сөздүн уңгусунун алдына жалгануучу мүчө, жаңылануу же кыймылдын кайталанышын билдирет, re .... + англ. import – кайра ташып келүү) – чет өлкөлөрдөн анда иштетүүгө дуушар болбогон ата мекендик товарларды сатып алуу жана кайра ташып келүү. Буларга аукциондордо сатылбай калган, консигнациялык кампалардан кайтарылган, жараксыз деп табылган ж.б. товарлар кирет. Чет өлкөлөрдөгү көргөзмөгө, жарманкеге ж.б. убактылуу ташылып чыгарылып кайрадан алынып келинген ата-мекендик товарлар реимпортко кошулбайт.

РЕИНВЕСТИРОВАНИЕ ДИВИДЕНДОВ – ДИВИДЕНДДЕРДИ

РЕИНВЕСТИЦИЯЛООО. *Дивиденд* түрүндө алынган *акционердик коомдун* анын капиталын толтуруу үчүн түшкөн кирешесинин бир бөлүгүн пайдалануу; кирешени капиталдаштыруунун негизги формаларынын бири. *Банк мекемелери*, *ишканалар*, *камсыздандыруу*, *транспорттук*, *инвестициялык* ж.б. *компаниялар* тарабынан, ошондой эле өсүүнү камсыз кылуу, капиталдын ордун толтуруу же жаңыртуу жана инвестицияга максималдуу киреше алуу үчүн пайдаланылат. Ишканалардын балансылары боюнча жеке өзүлөрүнүн жана зайымдык катышынын терс көрүнүштөрүн оңдоо методдорунун бири болуп кызмат кылат.

РЕИНВЕСТИЦИИ – РЕИНВЕСТИЦИЯЛАР – кайрадан, кайталап инвестициялоо. Инвестициялык операциялардан киреше түрүндө алынган кошумча кайталанып салынган каражат. Реинвестициялардын ишаракети деле кадимки эле инвестициялардыкындай жүргүзүлөт. Ишкерлердин киреше, пайыз же капиталды салган бир объектиге топтоштуруунун негизинде дивиденд алуу реинвестициянын негизги максаты болуп эсептелет.

РЕЙТИНГ – РЕЙТИНГ (англ. raiting – баалоо, тигил же бул класска, разрядга киргизүү) – класска, разрядга же категорияга ажыратуу, баа. *Коммерция* жана *банк мекемелери компаниялардын* абалын иликтеп, кредиттик жөндөмдүүлүгүн чагылдыруучу алардын *кредиттик* рейтингин аныктайт. Рейтинг көбүнчө *баалуу кагаздарга*, негизинен *облигацияларга* карата колдонулат. Рейтингди аныктоодо көп сандаган көрсөткүчтөр жана башка маалыматтар, анын ичинде экономикалык эмес жагдайдагы маалыматтар пайдаланылат.

РЕКАМБИО – РЕКАМБИО, РЕТРАТТА, КАЙРА КЕЛҮҮЧҮ ВЕКСЕЛЬ (ит. recambio – кайра кайтарылчу вексель): – *1*) каршылык боюнча пайыздарды, өсүм айыптарын жана чыгашаларды төлөө, кошкон суммасын ага кайрып же ордун толтуруп берүү жөнүндө каршылык кылынган векселди төлөгөн жактын вексель боюнча милдеткер болгондордун бирөөнө коюлган талап; *2*) векселдин инкассосуна кабыл алынган каршылыкка байланышкан чыгымдарды жабууга кардарга (клиентке) берген банктын эсеп-чоту.

РЕКВИЗИТЫ – РЕКВИЗИТТЕР (лат. requisitum – зарыл, керек) – документтердеги (келишимдеги, коштомо кагаздагы, эсеп-чоттогу ж.б.) милдеттүү түрдө болуучу маалыматтардын жыйындысы. Бул маалыматтарсыз тиешелүү документтер юридикалык күчкө ээ болбойт. Реквизит негизинен документтин аталышын жана түзүлгөн ай-күнүн, ишкананын же келишим түзгөндөрдүн атын жана адресин, жасалуучу иштин нугун, өлчөм бирдиктерин, жооптуу тараптардын коюлган колдорун ж.б. камтыйт. Бир же бир нече реквизит жетишсиз болгон учурларда мыйзамда каралган тартипте документ жараксыз болуп эсептелет. Бугалтерлик жана банк документтери үчүн

бир кыйла катаал талаптар белгиленген.

РЕКВИЗИЦИЯ – РЕКВИЗИЦИЯ (лат. requisitio – талап кылуу) – кооперативдик жана башка коомдук уюмдардын же жеке инсандын менчик мүлкүн пайдалануу үчүн мамлекеттин күч менен (бирок акысын төлөп) алышы. Реквизицияны ишке ашырууга өтө чукул шашылыш, аргасыз жагдайда (согуш, табигый кырсык, эпидемия ж.б.) гана жол берилет. Мажбурлап алынган мүлктүн тиешелүү акысы мамлекеттик баа боюнча реквизицияланган соң бир айдын ичинде төлөнүп берилет. Кээ бир капысынан келип чыккан жагдайларда буюмдар (мүлк) убактылуу реквизицияланат (мисалы, жер титиреген кийин керектелүүчү боз үйлөр); андай жагдайлар жоюлган соң буюм ээсине кайрадан кайтарылып берилет.

РЕКЛАМА – ЖАРНАМА (лат. reclamo – жар салам, жарыя) – сатуу жана кардар табуу максатында товарлардын саны, сапаты, сатуу жолжобосу тууралуу жарыялануучу маалымат. Инсан, уюм, адабият жана искусство чыгармалары жөнүндөгү маалыматтар аркылуу алардын беделин көтөрүү үчүн эл арасында жайылтуу. Азыр жарнама каражаттарына басма сөз, радио, теле-көрсөтүү, ошондой эле көрнөк, жарык жарлыгы, товар таңгагы, фирмалык белги сыяктуулар кирет. Жарнама өнөрү тиешелүү маанайда болуп, базар шарттарына ылайык, анда өнөр жай графикасы, көркөмдөө өнөрү, архитектуранын чакан үлгүлөрү эриш-аркак пайдаланылат. Базар экономикасынын багыттарына ылайык жарнаманын милдети базар алкагын товар менен жабдуу, аларга болгон *сурам*, *сунушту* камсыз кылуу, тиешелүү *пайда табуу*, элдин муктаждыгын камсыздоо болуп саналат. Базар экономикасынын шартында бул төмөндөгүлөрдү камтыйт: *1*) сатып алуучуларга, керектөөчүлөргө кабарлоо максатында товарлар, кызмат көрсөтүүнүн ар кандай түрлөрү жөнүндө жеткиликтүү маалымат берүү; *2*) кимдир бирөөлөрдүн же дагы башка нерселердин атын чыгаруу максатында тиешелүү маалыматтарды таратуу. Жарнама *маркетингдин* ажырагыс курамдык бөлүгү болуп эсептелет, ал керектөөчүлөрдүн сурамына, каалоолорунун калыптанышына таасирин тийгизет. Ал товар, тейлөө же ишкана жөнүндө потенциалдуу сатып алуучуга кыскача жана жеткиликтүү маалыматты таратууга багытталган. Жарнаманы ийгиликтүү өнүктүрүүдө олуттуу орунду азыр техникалык каражаттар, айрыкча интернеттин таасири өтө күчтүү болууда. Жарнама төмөндөгүдөй максаттарды көздөйт: ишкананын образын түзүү (узак убактагы таасири), учурдагы болуп жаткан сатуу иштерин көбөйтүү (кыска убактагы таасири), сатып алуучулардын чечиминин кабыл алынышына жардам берүү, эмнени сатып алуу керектигин аларга жеткиликтүү түшүндүрүү, көмөктөшүү, эмне үчүн сатып алуу керектигин кеңири баяндап берүү.

РЕКЛАМАЦИЯ – РЕКЛАМАЦИЯ (лат. reclamatio – каршы болуу, жактырбоо) – бир тараптын – сатып алуучунун (заказ берүүчүнүн, керектөөчүнүн) башка тарапка – сатуучуга (жеткирип-тапшыруучуга, мардикерчиге, даярдоочуга) товардын (продукциянын, буюмдун) тийиштүү сапаты боюнча келтирилген зыянды төлөп берүү талабы коюлган (кемчиликтерди жоюу, баасын төмөндөтүү, зыян тартуунун ордун толтуруу) доо коюшу (арызы, даттануусу, каршылык көрсөтүүсү). Рекламациянын тузурумдалышы жана берилиши нускоолордо жана жоболордо белгиленген. Доо коюу – бул *кредитчинин* карыздарга (бересечиге) карызды төлөө, зыян тартуунун ордун толтуруу, айыпты төлөө, жеткирилген продукциянын, сатылган буюмдардын же аткарылган иштердин (тейлөөлөрдүн) кемчиликтерин четтетүү жөнүндө коюлган талабы.

РЕКРЕДИТИВ – РЕКРЕДИТИВ (лат. re ... + лат. creditum – ишеним) – банктын өзүнүн корреспондентине аккредитивди жоюу же мөөнөтүнөн мурун чакырып алуу жөнүндө буйругу.

РЕКТА-ВЕКСЕЛЬ – РЕКТА-ВЕКСЕЛЬ – тексте "Буйрук боюнча" эскертүү жазуусу бар *вексель*. Мындай вексель берүүчү тарабынан үчүнчү бир жакка (кишиге) берүүгө тыюу салынат. Вексель берилген кишинин (жактын) милдеттенмелерин аткаруунун кепили болуп кызмат кылат. Милдеттенмелер аткарылгандан кийин ректа-вексель вексель берүүчүгө кайтарылып берилүүгө тийиш; милдеттенме аткарылбай калганда ректа-вексель кармоочу тарабынан төлөөгө берилет.

РЕМИЗ – РЕМИЗ (фр. remise – сыйлык акы) – *Маклер* менен баалуу кагаздарды сатып алуучунун ортосунда ортомчу болуп иштеген кишиге биржалык маклер тарабынан төлөнүүчү комиссиялык акы (сыйлык).

РЕМИССИЯ – РЕМИССИЯ (лат. remissio – кичирейүү, начар тартуу) – кичирейүү (төмөндөө) нугундагы эсеп-чоту боюнча төлөмдүн жыйынтыктоо суммасы. Бул термин медициналык практикада убактылуу начарлоо же дарттын билиниши жок болуп (толук) кетиши катарында кеңири пайдаланылат.

РЕМИТЕНТ – РЕМИТЕНТ (лат. remittens –жиберүү, жөнөтүү) – *которулма вексель* жазылып берилген адам, ага ошол боюнча төлөп берүү жүргүзүлөт. Ремитент катары үчүнчү жак (киши) ошондой эле *трассанттын* өзү да чыгышы мүмкүн. Ремитенттин көрсөтмөсү Женевалык бир түрдүү векселдик мыйзам боюнча векселдин милдеттүү түрдөгү *реквизити* болуп эсептелет.

РЕМИТИРОВАНИЕ – РЕМИТТӨӨ (лат. remittere – жөнөтүү, салып жиберүү) – *ремесстин* жардамы менен чет элдик валютага карата карыздарды төлөп жабуунун ыкмасы.

РЕНОВАЦИЯ – РЕНОВАЦИЯ (лат. renovatio – жаңылоо, кайрадан жаңыртуу) – физикалык жана моралдык тозуунун таасиринен иштен чыккан *өндүрүштүк негизги фондуларды* жаңылары менен алмаштыруунун экономикалык процесси. Реновация үчүн *инвестициянын* булагы катары *амортизациялык фондусу* кызмат кылат.

РЕНОВАЦИЯ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫ ЖАҢЫЛОО – негизги өндүрүштүк фондулардын иштетилип эскиришинен улам аларды кайрадан жаңылоонун экономикалык процесси, башкача айтканда коомдук өндүрүштүн дайыма жаңыланып турушу.

РЕНТА – РЕНТА (нем. rente, лат. reddita – кайта кайтарылып берилген) – *1*) Капиталдан, мүлктөн, жерден дайыма алынып туруучу киреше. Ал киреше эсинен ишкердикти талап кылбайт. *2*) Өнүккөн өлкөлөрдө мамлекеттик зайымдардын *облигацияларынын* боюнча анын эсинин алган кирешеси. Бул базар экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдө кеңири таралган.

РЕНТА, ЧИСТАЯ ЭКОНОМИЧЕСКАЯ–ЭКОНОМИКАЛЫК ТАЗА РЕНТА – капиталдан, мүлктөн же жерден алынуучу экономикалык таза киреше.

РЕНТАБЕЛЬНОСТЬ–РЕНТАБЕЛДҮҮЛҮК – өндүрүш процессинде жана продукцияны сатууда кеткен чыгымдарды кайтаруу деңгээлин жана пайдалануу өлчөмүн аныктоочу ишканалардагы, бирикмелердеги, бүтүндөй тармактагы өндүрүштүн натыйжалуулугунун бирден бир негизги нарктык сапаттык көрсөткүчү.

РЕНТИНГ – РЕНТИНГ. Ижарачы кийин өзүнө менчик кылып алалбай турган ижарачы тарабынан кыска мөөнөткө ижарага алынган машиналар менен жабдуулар-шаймандар. Рентинг боюнча *ижаралык төлөм* лизингге караганда жогору болот.

РЕПОРТ – РЕПОРТ (фр. report) – репорттук бүтүм; *баалуу кагаздарды* сатуу үчүн бир эле убакта аларды кайра жогорураак курс менен сатып алуу үчүн бүтүм, сүйлөшүү, соодалашуу. Сатуучу репортко бүтүм жасап жаткан кезде сатып алып жаткан баалуу кагаздын курсу көтөрүлбөстөн, көтөрүлсө да, анчалык жогорулабаган учурда жүргүзүлөт. Ал кийин курс которулат деген ишенимде болот. Репортко караганда курсту төмөндөтүүгө багытталган кызылкулактык бүтүм *депорт* деп аталат.

РЕПРЕЗЕНТАНТ – РЕПРЕЗЕНТАНТ (фр. representant – өкүл) – финансылык фирманын же кредиттик мекеменин соода өкүлү; бүтүм түзгөн кезде алардын өкүлү катары иштейт.

РЕСТРИКАЦИЯ – РЕСТРИКАЦИЯ (лат. restricatio – чектөө) – продукция өндүрүүнү, сатууну жана экспортту чектөө. Бул товарлардын (тейлөөлөрдүн) бааларын жогорулатуу жана жогорку *пайда* алуу максаттарында ишке ашырылат. *Борбордук* (*улуттук*) *банк* тарабынан

РЕКЛАМАЦИЯ – РЕКЛАМАЦИЯ (лат. reclamatio – каршы болуу, жактырбоо) – бир тараптын – сатып алуучунун (заказ берүүчүнүн, керектөөчүнүн) башка тарапка – сатуучуга (жеткирип-тапшыруучуга, мардикерчиге, даярдоочуга) товардын (продукциянын, буюмдун) тийиштүү сапаты боюнча келтирилген зыянды төлөп берүү талабы коюлган (кемчиликтерди жоюу, баасын төмөндөтүү, зыян тартуунун ордун толтуруу) доо коюшу (арызы, даттануусу, каршылык көрсөтүүсү). Рекламациянын тузурумдалышы жана берилиши нускоолордо жана жоболордо белгиленген. Доо коюу – бул *кредитчинин* карыздарга (бересечиге) карызды төлөө, зыян тартуунун ордун толтуруу, айыпты төлөө, жеткирилген продукциянын, сатылган буюмдардын же аткарылган иштердин (тейлөөлөрдүн) кемчиликтерин четтетүү жөнүндө коюлган талабы.

РЕКРЕДИТИВ – РЕКРЕДИТИВ (лат. re ... + лат. creditum – ишеним) – банктын өзүнүн корреспондентине аккредитивди жоюу же мөөнөтүнөн мурун чакырып алуу жөнүндө буйругу.

РЕКТА-ВЕКСЕЛЬ – РЕКТА-ВЕКСЕЛЬ – тексте "Буйрук боюнча" эскертүү жазуусу бар *вексель*. Мындай вексель берүүчү тарабынан үчүнчү бир жакка (кишиге) берүүгө тыюу салынат. Вексель берилген кишинин (жактын) милдеттенмелерин аткаруунун кепили болуп кызмат кылат. Милдеттенмелер аткарылгандан кийин ректа-вексель вексель берүүчүгө кайтарылып берилүүгө тийиш; милдеттенме аткарылбай калганда ректа-вексель кармоочу тарабынан төлөөгө берилет.

РЕМИЗ – РЕМИЗ (фр. remise – сыйлык акы) – *Маклер* менен баалуу кагаздарды сатып алуучунун ортосунда ортомчу болуп иштеген кишиге биржалык маклер тарабынан төлөнүүчү комиссиялык акы (сыйлык).

РЕМИССИЯ – РЕМИССИЯ (лат. remissio – кичирейүү, начар тартуу) – кичирейүү (төмөндөө) нугундагы эсеп-чоту боюнча төлөмдүн жыйынтыктоо суммасы. Бул термин медициналык практикада убактылуу начарлоо же дарттын билиниши жок болуп (толук) кетиши катарында кеңири пайдаланылат.

РЕМИТЕНТ – РЕМИТЕНТ (лат. remittens –жиберүү, жөнөтүү) – *которулма вексель* жазылып берилген адам, ага ошол боюнча төлөп берүү жүргүзүлөт. Ремитент катары үчүнчү жак (киши) ошондой эле *трассанттын* өзү да чыгышы мүмкүн. Ремитенттин көрсөтмөсү Женевалык бир түрдүү векселдик мыйзам боюнча векселдин милдеттүү түрдөгү *реквизити* болуп эсептелет.

РЕМИТИРОВАНИЕ – РЕМИТТӨӨ (лат. remittere – жөнөтүү, салып жиберүү) – *ремесстин* жардамы менен чет элдик валютага карата карыздарды төлөп жабуунун ыкмасы.

РЕНОВАЦИЯ – РЕНОВАЦИЯ (лат. renovatio – жаңылоо, кайрадан жаңыртуу) – физикалык жана моралдык тозуунун таасиринен иштен чыккан *өндүрүштүк негизги фондуларды* жаңылары менен алмаштыруунун экономикалык процесси. Реновация үчүн *инвестицияның* булагы катары *амортизациялык фондусу* кызмат кылат.

РЕНОВАЦИЯ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫ ЖАҢЫЛОО – негизги өндүрүштүк фондулардын иштетилип эскиришинен улам аларды кайрадан жаңылоонун экономикалык процесси, башкача айтканда коомдук өндүрүштүн дайыма жаңыланып турушу.

РЕНТА – РЕНТА (нем. rente, лат. reddita – кайта кайтарылып берилген) – *1*) Капиталдан, мүлктөн, жерден дайыма алынып туруучу киреше. Ал киреше эзсинен ишкердикти талап кылбайт. *2*) Өнүккөн өлкөлөрдө мамлекеттик зайымдардын *облигацияларына* боюнча анын эзсинин алган кирешеси. Бул базар экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдө кеңири таралган.

РЕНТА, ЧИСТАЯ ЭКОНОМИЧЕСКАЯ–ЭКОНОМИКАЛЫК ТАЗА РЕНТА – капиталдан, мүлктөн же жерден алынуучу экономикалык таза киреше.

РЕНТАБЕЛЬНОСТЬ–РЕНТАБЕЛДҮҮЛҮК – өндүрүш процессинде жана продукцияны сатууда кеткен чыгымдарды кайтаруу деңгээлин жана пайдалануу өлчөмүн аныктоочу ишканалардагы, бирикмелердеги, бүтүндөй тармактагы өндүрүштүн натыйжалуулугунун бирден бир негизги нарктык сапаттык көрсөткүчү.

РЕНТИНГ – РЕНТИНГ. Ижарачы кийин өзүнө менчик кылып алалбай турган ижарачы тарабынан кыска мөөнөткө ижарага алынган машиналар менен жабдуулар-шаймандар. Рентинг боюнча *ижаралык төлөм* лизингге караганда жогору болот.

РЕПОРТ – РЕПОРТ (фр. report) – репорттук бүтүм; *баалуу кагаздарды* сатуу үчүн бир эле убакта аларды кайра жогорураак курс менен сатып алуу үчүн бүтүм, сүйлөшүү, соодалашуу. Сатуучу репортко бүтүм жасап жаткан кезде сатып алып жаткан баалуу кагаздын курсу көтөрүлбөстөн, көтөрүлсө да, анчалык жогорулабаган учурда жүргүзүлөт. Ал кийин курс которулат деген ишенимде болот. Репортко караганда курсту төмөндөтүүгө багытталган кызылкулактык бүтүм *депорт* деп аталат.

РЕПРЕЗЕНТАНТ – РЕПРЕЗЕНТАНТ (фр. representant – өкүл) – финансылык фирманын же кредиттик мекеменин соода өкүлү; бүтүм түзгөн кезде алардын өкүлү катары иштейт.

РЕСТРИКАЦИЯ – РЕСТРИКАЦИЯ (лат. restricatio – чектөө) – продукция өндүрүүнү, сатууну жана экспортту чектөө. Бул товарлардын (тейлөөлөрдүн) бааларын жогорулатуу жана жогорку *пайда* алуу максаттарында ишке ашырылат. *Борбордук* (*улуттук*) *банк* тарабынан

берилүүчү *кредиттердин* өлчөмүн чектөө – мына ушунун өзү кредиттин ишканаларга (өнөр жайлык жана соода-сатык) берилишин кыскартууга, өндүрүштүн көлөмүн же өсүү темптерин төмөндөтүүгө алып келет.

РЕСТРУКТУРИЗАЦИЯ ДОЛГА – КАРЫЗДЫН ТҮЗҮМҮН ӨЗГӨРТҮҮ – карыз алган келишимдин шарттарына өзгөртүү киргизүү жана ушуга ылайык кредитор төлөмдөргө кандайдыр-бир жеңилдик бериши. Мисалы, төлөө мөөнөтүн узартууга, кезектеги айрым төлөмдөрдү убактылуу кийинкиге калтырууга же болгон төлөмдөн азыраак төлөм алууга макулдук бериши мүмкүн.

РЕТОРСИИ – РЕТОРСИЯЛАР (лат. retorsio – тескери иш-аракет) – эл аралык укукта бул бир мамлекет тарабынан экинчи бир мамлекеттин жасаган чараларына жараша жооп кайтаруу боюнча чектелген чаралар. Реторсиялар – бир мамлекеттин жөндүү иш аракетинин башка мамлекеттин кызыкчылыгына же беделине зыян келтирүүчү жообу.

РЕФАКЦИЯ – РЕФАКЦИЯ (лат. refaction – арзандатуу, жеңилдетүү) – азык-түлүк товарларынын сарыгып же кургап азаюусуна же бузулуп кетишине байланыштуу сатуучу тарабынан жүргүзүлүүчү соода-сатык бүтүмүндө ал товардын баасын же салмагын кемитүү: көп өлчөмдөгү жүк болуп калганда аны жөнөтүүчүгө берилүүчү тарифтен кемитүү.

РЕФЕРЕНЦИЯ – РЕФЕРЕНЦИЯ (лат. referre – баяндоо, билдирүү) – кадыр-баркка жана ишенимге ээ болгон *бизнесмен*, *ишкана*, *банк* ж.б. тарабынан *жеке* же *юридикалык жакка* берилүүчү иштиктүү мүнөздөмө.

РЕФИНАНСИРОВАНИЕ – РЕФИНАНСЫЛОО (англ. refunding – жабуу, тындыруу) – милдеттенмелерди жабуу үчүн жаңы булактан түшкөн акча каражаттарды пайдалануу.

РЕЦЕПИССА – РЕЦЕПИССА (лат. recepisse – алуу) – жүктү алууда алдын ала берилүүчү тилкат. Көбүнчө деңиз транспортунун мекемелеринде пайдаланылат. *Кара. Коносамент.*

РЕЦЕССИЯ – РЕЦЕССИЯ (лат. recessus – чегинүү, төмөндөө, солгундоо) – өндүрүштүн төмөндөшү, өсүү темптеринин солгундашы (басаңдашы). Рецессияга көбүнчө алты ай жана андан ашык убакыт бою улуттук продуктунун кыскарышы таандык.

РЕЭКСПОРТ – РЕЭКСПОРТ (кара ре ... + экспорт, англ. export, лат. exportare – кайра тышка ташып чыгаруу) – мурда башка өлкөлөрдөн импорттолгон, адатта кайрадан иштетилбеген *товарларды* (көбүнчө чийки заттар) кайра сатуу. Реэкспорт ич ара төмөндөгүчө ажыратылат: өлкөгө ташылып келинген (түздөн-түз реэкспорт) жана ташылып келинбеген (кыйыр реэкспорт), б.а. өлкөнүн тышкы соода уюмдары (ишканалары, ортомчулары ж.б.) тарабынан чет өлкөлөрдөн сатып алынган товарлар түздөн-түз үчүнчү

өлкөгө жөнөтүлөт. Чет өлкөлөргө убактылуу алынып барган товарлар, (мисалы, *жарманкеге*, көргөзмөлөргө ж.б.) жана андан кийин үчүнчү өлкөгө сатылган товарлар – реэкспортко киргизилбейт.

РИМЕССА – РИМЕССА (ит. rimessa – акча берүү, тапшыруу, акча которуу) – карыздар инсан улуттук валюта үчүн үчүнчү тараптан алып, аны өзүнүн чет өлкөлүк кредиторуна, анын карызын төлөп жабуу (тындыруу) үчүн жөнөтүлө турган эл аралык эсеп-кысаптагы чет өлкө *валютасы* менен жүргүзүлүүчү төлөм документи (*тратта*, *чек*, *акча которуу*). *Кара. Ремитирование – ремитирлөө.*

РИСК – ТОБОКЕЛДИК – субъект үчүн ыңгайсыз жагдайлардын келип чыгышы, анын кесепетинен ал чыгым тартууларга дуушар болушу ыктымал.

РИСК ЛИКВИДНОСТИ – ӨТҮМДҮҮЛҮККӨ (ЛИКВИДИТТҮҮЛҮККӨ) ТОБОКЕЛ КЫЛУУ – алгылыксыз жагдайдын келип чыгуу кесепетинен төлөм системасынын катышуучуларынын биринин, төлөө мөөнөтү келип жеткенде финансылык милдеттенмесин толук өлчөмдө аткаруу үчүн жетиштүү каражатынын болбой калышы жана аны келечекте аткаруу ыктымалдуулугу.

РИСКОВЫЙ КАПИТАЛ – ТОБОКЕЛДИК КАПИТАЛ – бул термин тобокелдик капитал салымын белгилөө үчүн колдонулат. Тобокелдикке бел байлап *финансылоо* экономиканын техникалык финансылоо тармактарына таандык.

РОЗНИЧНЫЕ КООПЕРАТИВЫ – ЧЕКЕНЕ КООПЕРАТИВДЕР – биргелешкен соода-сатык иш-аракеттери, *жарнамаларды* уюштуруу, жергиликтүү сатып алуучу жана транспорттук кызматтарды, сервистик тейлөөлөрдү түзүү ж.б. максаттар үчүн көз карандысыз чекене соода *ортомчулардын* өз эркү менен түзүлгөн бирикмеси; керектөөчүлөрдүн керектөө кооперациясынын карамагындагы чекене соода дүкөндөрү жана башка соода-сатык ишканалары. Дүкөндүн менчик ээлери болуп саналуучу чекене соода кооперативдеринин мүчөлөрү адатта жалпы *уставдык фондуга* өзүлөрүнүн *пайын* кошуп, биргелешип ээлик кылууга *сертификат* алып, соода-сатык иш-аракеттерин башкарууга, түшкөн пайданы бөлүштүрүүгө катышышат.

РОЗНИЧНЫЕ ПОСРЕДНИКИ – ЧЕКЕНЕ ОРТОМЧУЛАР – товарларды (продукцияларды, буюмдарды) керектөөчүлөргө сатууну ишке ашыруучу *чекене соода* системасынын *жеке* жана *юридикалык жактары.* Булар негизинен төмөндөгүдөй иштерди аткарат: ишканалардан-даярдоочулардан жана дүнүнөн соодалоочулардан товарды сатып алуу, соода *бүтүмүн* ишке ашыруу, продукцияларды жарнамалоо, маркетингдик изилдөөлөрдү аткаруу боюнча сатуу процессинин башка катышуучуларына жана товарды жеткирүү боюнча сатып алуучуларга тейлөөлөрдү көрсөтүү, аны саткандан кийинки тейлөөлөр, кадрларды даярдоо, даярдоочуларга, дүнүнөн

соодалоочуларга, сатып алуучуларга *коммерциялык кредиттерди* берүү. *Кара. Оптовые посредники – дүң соода ортомчулары.*

РОЛЛОВЕР КРЕДИТ – РОЛЛОВЕР КРЕДИТ. Мезгил-мезгили менен пайыздык ставка нугунда каралып кайра калыбына келтирилүүчү кредит.

РОЛЬ ПРОФСОЮЗОВ В ТРУДОВЫХ ОТНОШЕНИЯХ – ЭМГЕК МАМИЛЕЛЕРИНДЕГИ КЕСИПТИК БИРЛИКТЕРДИН МААНИСИ. Жумушсуздарга социалдык кепилдик, иштеп жаткандарга эмгек шарттарын жакшыртуу жана эмгек акыны жогорулатуунун мүмкүнчүлүгү, тагыраак айтканда көпчүлүк өлкөлөрдөгү эмгек мамилелеринин өнүгүүсүнүн негизги маселелери. Бул жерде алдыңкы өлкөлөрдүн тажрыйбасы өтө маанилүү болуп саналат. П.Самуэльсон жазгандай, "эмгек базарынын эң маанилүү аспектиси эң акырында экономика чөйрөсүндө иштеп жана соода кылып жаткандардын жыргалчылыгы үчүн түзүлөт, аны эсепке алыш керек". Экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдөгү эмгек акы жана жумушчуларга кошумча женилдиктер, алар кесиптик бирликте болсо, эмгек акынын өлчөмдөрүнүн ж.б. жогорулашына алып келген жамааттык келишим менен аныкталат. Кээ бир учурларда кесиптик бирликтер уюму бардык ишкерлерди эмгек акынын деңгээлин мамлекеттин экономикалык деңгээлине байланыштуу стандарттык минималдуу өлчөмдөрдөн кем кылбоого макул болууга мажбурлайт.

РОЯЛТИ – РОЯЛТИ (англ. royalty – акы, төлөм) – *лицензиаттын* (сатып алуучу) *лицензиялык келишимдин* предметин пайдалануу укугу үчүн сатуучуга (*лицензиарга*) үзгүлтүксүз төлөнүүчү төлөмү (сыйлык). Макулдашып келишкен убакыт аралыгындагы иш аракеттеги лицензиялык келишим аркылуу лицензиат тарабынан төлөнүүчү өлчөм менен белгиленет. Алардын өлчөмү лицензиялык продукциялардын же анын бирдигине келтирип эсептегендеги пайдадан, нарктан түшкөн пайызы менен аныкталат. "Роялти" термини табигат ресурстарын иштеп чыгуу укугу үчүн акы катары пайдаланылат. Мындай акы төлөө адатта чийки заттын наркына кошулуп, анын өлчөмү өндүрүлгөн же сатылган кендин наркынан белгилүү бир пайыз түрүндө которулат.

РЫНОК – БАЗАР – өндүрүүчүлөр (сатуучулар) менен керектөөчүлөрдүн (сатып алуучулардын) ортосундагы экономикалык тыгыз мамилелер (катыштар) тутумун туюнткан жана өзүнчө товар-акча алмашуу чөйрөсү болуп эсептелинген товардык чарбанын категориясы. Бул мамилелердин (катыштардын) негизги элементтери – *нарк, баа, атаандаштык, сурам* жана *сунуш*. Базардын иштеши товар өндүрүүчүлөрдүн ортосундагы байланыштарды жөнгө салып туруучу мыйзамга, адамдардын ич ара экономикалык мамилелери товарларды сатуу – сатып алуу

аркылуу айкындалып, түбү келип товардык өндүрүш шарттарында коомдук эмгекти бөлүштүрүүгө жана стимулдаштырууга ыктайт. Бул мыйзамды ишке ашыруу формасын сурам жана сунуш мыйзамы аткарып, мунун иш-аракети алмашуунун жөндөмдүүлүгүн, акча жана товар агымдарынын катышын, санын, сапатын, ассортиментин эсепке алуу менен сунуш кылынган товарлардын төлөм жөндөмдүү сурамын аныктап белгилейт. Базар бардык катышуучуларды товарлар менен тейлөөлөрдүн жогорку сапаттуулугуна, өндүрүш чыгымдарынын төмөндүгүнө, керектөөчүлөрдү жеткиликтүү канааттандыра тургандыгына багыттайт; бир жагынан алып караганда *атаандаштык, банкроттуулук* ж.б. менен шартталган экономикалык мажбурлоону, экинчи жагынан болсо материалдык кызыкчылыкты (пайданын көбөйүшүн) көздөйт. Базарга товар өндүрүүчүлөрдүн көз карандысыздыгы, алардын толук өз алдынчалыгы, товарлардын олуттуу чөйрөсү боюнча эркин баа коюу, жеткирип-тапшыруучуларды жана керектөөчүлөрдү эркин тандоо, товар өндүрүүчүлөрдүн, сатуучулардын сатуу базары үчүн атаандаштык таандык. Атап айтканда калыптанган атаандаштык базар шартындагы ишкана ээлерин техникалык жаңылыктар боюнча баамдагыч кылып, баанын өсүшүн тигил же бул өлчөмдө басандатып жана өндүрүштү болсо, керектөөчүлөрдү (сатып алуучуларды) дурус канааттандырууга багыттайт. Мына ошондуктан базар мамилеси ой келди өнүгүүгө тийиш эмес. Ушундан улам аны мамлекеттин көзөмөлдүүлүгүндө жөнгө салып туруу зарылдыгы келип чыгат, б.а. базар мамилелерин тартипке келтирүү, чарба жүргүзүүнүн базар формаларынын тийгизген айрым терс көрүнүштөрүнөн арылуу, калктын айрым топторун социалдык жактан коргоо сыяктуу маселелер боюнча мамлекет тарабынан ишке ашырылуучу комплекстүү иш чараларды иштеп чыгуу жана пайдалануу эң башкы планда болууга тийиш. Мындай жөнгө салуунун формалары эң эле түрдүүчө болот. Бул эң алды менен базардын иштөө эрежесин белгилөөчү мыйзам актылары жана башка нормативдүү актылар, ага таандык структуралар (*биржалар, жарманкелер, жарнамалык* жана башка *агентство)* болуп эсептелет. Укуктук жөнгө салуунун түпкү максаты базардык мамилелерди тартипке келтирүү, базарга ийкемдүү форманы киргизүү, кыянаттуулук менен пайдалануунга жол бербөө, аны алдын ала эскертүү, керектөөчүлөрдүн жана коомдун кызыкчылыгын коргоо (мисалы, продукциянын көлөмү, касиеттери жана параметрлери боюнча) болуп саналат. Антимонополиялык мыйзамда *жеке* жана *юридикалык жактардын* кыянаттык менен пайдалануларына, мүмкүн болуучу үстөмдүктү алдын ала эскертүүгө, осол, адилетсиз ыкмалар менен атаандаштарды басмырлоого каршы багытталган нормативдүү актылардын системасына бир кыйла орун берилген; финансылык

-экономикалык жактан болсо, бир түрлөрдүн иш-аракеттерин ургаалдаштыруучу, башкаларын *басаңдатуучу жеңилдиктер* жана *санкциялар, инвестициялар, дотациялар* жана *кредиттер*, иштиктүү салык системасын иштеп чыгуу каралган; коомдогу приоритеттүү программалар ишке ашырылуучу финансылоонун жеңилдик шарттарын фирмаларга (компанияларга, ишканаларга) берүү, эсептик пайыздардын өлчөмдөрүн жагдайга карата өзгөртүү. Базардын иш-аракеттеринин ишке ашырылышына мамлекеттик жөнгө салуу, туруктуу бааларды белгилөө же товарлардын айрым түрлөрүнө жана тейлөөлөргө жеңилдик берүү (өзгөчө социалдык багыттарда) олуттуу таасир көрсөтөт. Мисалы, базар экономикасы өнүккөн бир катар өлкөлөрдө эркин баалар менен катар айрым товарларга, нанга, сүткө, этке туруктуу баалар белгиленген, дагы бир башка мамлекеттерде болсо данга, көмүргө жеңилдик берүү колдонулат. Базарды социалдык жактан жөнгө салуу калктын белгилүү бир топторун социалдык жактан коргоону, минималдуу эмгек акыны жана пенсияны кепилдикке алууну, жумушсуздуктун арбып кетишине жол бербөөнү алдын ала эскертүү же аны колдон келишинче төмөндөтүүнү камсыз кылууга аракет жасалууга тийиш. Иш жүзүндө базар тутумунун өзөгү товар базарында түздөн-түз товар айлануу чөйрөсү, акчаны товарга алмашуу жана товарды акчага алмашуу болуп саналат. Бирок муну үзүрлүү ишке ашыруу үчүн ал башка базарлар – *капитал, маалымат, баалуу кагаздар, эмгек, тейлөөлөр* ж.б. базарлары менен өз ара тыгыз байланышта болууга тийиш. Булардын баарысы өз ара байланышта болушат да, алардын жалпы белгилери окшош келет. Бирок алардын ар биринин өзүнүн өзгөчөлүктөрү, уюштуруу формалары, коммерциялык жана ортомчулдук бөтөнчөлүктөрү дагы болот.

РЫНОК БАНКОВСКИХ АКЦЕПТОВ – БАНК АКЦЕПТЕРИНИН БАЗАРЫ. Банктык акцепти бар векселдердин жана башка төлөм документтердин капитал базарынын бир бөлүгү. Банктык акцептердин базарында банктар тарабынан акцептелген кыска мөөнөттүү, көбүнчө, үч жана алты айлык котормо *векселдер* (*тратталар*) жүгүрөт.

РЫНОК ВАЛЮТНЫЙ – ВАЛЮТАЛЫК БАЗАР – чет элдик валюталарды жана төлөм документтерин (*чектерди, векселдерди, акча которууларды, аккредитивдерди* чет элдик валютага) сатып алуу-сатуу менен байланыштуу болгон базар мамилелеринин тутуму. Валюталык базар операциясы төмөндөгүчө бөлүнөт: накта же "*спот*" (фьючерстик бүтүмдөрдөн айырмасы дароо төлөө сунуш кылынат); мөөнөттүү же *форварддык бүтүмдөр*, "*своп*" – "*спот*" шарттарына форварддык шарттар айкалышкан валюталык операциялардын бир түрү; арбитраждык, мында бүтүмдүн катышуучуларынын бири пайда алууда ар башка базардык валюталарга сүйлөшүлгөн мезгил үчүн *валюта курстарынын* жана пайыздык ставкалардын айырмасын пайдаланат.

РЫНОК В ЖИЗНИ ОБЩЕСТВА – КООМ ТИРИЧИЛИГИНДЕГИ БАЗАР. Базар мамилелери өтө татаал жана көп жактуу көрүнүш. Базар мамилелери ар кандай өлкөлөрдө өнүгүү даражасы, калыптануу өзгөчөлүгү боюнча, өнүгүп жетилүү деңгээли, тарыхый, социалдык ж.б. белгилери жагынан айырмаланат. Базардын эң жөнөкөй аныктамасы – бул сурам жана сунуштун ар тараптан шайкеш келиши базар деп аталат. *Сурам, сунуштарсыз* базар жөнүндө айтуу негизсиз болуп саналат. Англиялык экономист А.Маршалл мындай деп жазган: "Эгер керек болсо, тоту кушту да билимдүү экономист кылып үйрөтсө болот. Бул үчүн ага сурам жана сунуш деген эки сөздү гана билүү жетишерлик". Базар жөнүндө анын турмуштагы экономикалык ролун бир кыйла тагыраак чагылдыруучу башка аныктамаларды келтирүүгө болот. Базар – бул товарды өз ара сатуу жана сатып алуудан турган, адамдардын ортосундагы коомдук байланыштын формасы. Сурам менен сунуштардын биримдиги ушул берилген аныктамада шайкештикте тузурумдалгандыктан, базарды экономикалык мамилелердин чөйрөсү катары кароого шарт түзөт. Демек, *базар – бул өндүрүштүн экономикалык мамилелеринин жыйындысы, акчанын жардамы менен товарды алмаштыруу, экономикалык маселелерди натыйжалуу чечүүнү камсыз кылуучу чарбаны уюштуруунун формасы болуп саналат.* Талапкерлер (керектөөчүлөр) жана өндүрүүчүлөр өзүлөрүнүн жеке кызыкчылыгын көздөп, ачык жана атаандаштык базарда экономикалык ресурстарын улуттук экономикага эң үзүрлүү пайдаланат. Бул фактыны экономикалык көз караштардын белгилүү бир системасында биринчи караган адам шотланд философу *Адам Смит* болуп эсептелет. Анын 1876-жылы басылып чыккан "Жаратылыш жана эл байлыгынын себептерин изилдөө" деген белгилүү китеби аны алгачкы мыкты классикалык экономист катары таанытkан. Смит алгачкылардан болуп базар системасына негизделип түзүлгөн экономика өндүрүштүк натыйжалуулукка жана жеке эркиндикке, адамдардын эмгекчил же жалкоолугуна карабастан эле түрткү берерин айкындаган. Базар экономикасынын шартында өндүрүлүп жаткан материалдык товарларды жана тейленген кызматтарды колдонгусу келген ар инсан жетишерлик өлчөмдө тыным албастан эмгектенип, акча каражаттарын сарамжалдуу пайдаланып, өндүрүшкө аралашып, соода-сатык кылууга укуктуу. Абдан жетишкен ишканалар сапаттуу продукция чыгарып, аны базар баасында сатып, жумушчуларга тиешелүү эмгек акысын берип, өзүнүн талапкерине жакшы мамиле кылуусу менен айырмаланат. Адамдардын жүрүм-турумундагы ушундай өзгөрүүлөрдүн эң негизги себеби атаандаштык болуп

эсептелет. Смиттин аныктамасы боюнча, базар экономикасынын мындай өзгөчөлүгү "кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн кол" адамдардын жүрүм-турумуна, тартибине тиешелүү багыт берип, ресурстарды натыйжалуу колдонууга, б.а. коомго, адамдарга керектүү сапаты дурус товарларды, буюмдарды өндүрүү жана алар төлөөгө мүмкүндүгү бар, даяр экендигин билгизет. Базар экономикасынын иш-аракети негизинен базар мамилелери аркылуу ишке ашырылат. Базар мамилеси ич ара эркин жана атаандаштуу болуп бөлүнөт. Бир эле убакта тиешелүү товарга белгилүү баа өзгөрүлбөстөн коюлса, анда *ал базар эркин* деп эсептелинет. Ал үчүн төмөнкүдөй шарттар зарыл: – жетиштүү өлчөмдөгү жана туруктуу кайталанып туруучу сурам; – чарба жүргүзүү иштерине катышуучуларынын чектелбеген саны; – өндүрүштүк-уюштуруу факторлорунун абсолюттуу ийкемдүүлүгү; – сатып алуучулар менен сатуучулардын ортосундагы эркин атаандаштыктын калыптанышы; – атаандаштыкка катышуучулардын бардык көлөмдөгү маалыматтары. Базар мамилелери кыйла алгылыктуу жана татаал структурасы менен айырмаланат. **Базардын жүрөгү** – базар механизми. Базар механизми потенциалдык башаламандыкты эң биринчи баа аркылуу бардыгын тартипке салып турат. Баа өз кезегинде базардагы шарттар, тиешелүү абал жөнүндөгү маалыматтарды берүүчү белги катары кызмат кылып, талапкерлердин жана өндүрүүчүлөрдүн ойлонуп иш кылышына түрткү берип турат. Өзүмдүк кызыкчылыкты көздөгөн чарбалык субъектилер өз тандоолорун "түздөп", баа деңгээлин маяк катары пайдаланат. Кыйла чексиз жекече, экономикалык, уюштуруу чечимдери баанын деңгээли аркылуу жыйынтыкталып жана таразаланып турат.

РЫНОК ЗАЕМНЫХ СРЕДСТВ – ЗАЙЫМ КАРАЖАТТАРЫНЫН БАЗАРЫ. Бул аркылуу көбүнчө орточо жана узак мөөнөттөгү финансылоо операциялары жүргүзүлөт; акча базары менен тыгыз байланыштуу.

РЫНОК И ГОСУДАРСТВО – БАЗАР ЖАНА МАМЛЕКЕТ. Экономиканын өнүгүшүндө мамлекет олуттуу ролду ойнойт. Адамзат басып өткөн тарых баракчарында да мамлекет коомдун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кыйла таасирин тийгизип келгендиги белгилүү. 1929–1933-жж. дүйнөлүк деңгээлдеги эң чоң кризис батыш өлкөлөрүнүн экономикалык өзөгүн кыйла эле бошоңдоткон. Ушундан улам мамлекетте экономикалык туруктуулукту камсыз кылуу жана ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн базар мамилелеринин механизмин мамлекеттик жөнгө салуу чаралары менен толуктоо зарыл экендиги толук ашкереленген. Базар мамилелеринин шартында экономиканы мамлекеттик жөнгө салуунун түпкү максаты эмнеде деген мыйзам ченемдүү суроо келип чыгат. Тигил же бул өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө калктын жыргалчылыгы, улуттун тагдыры, бүтүндөй мамлекеттин келечеги да тыгыз байланыштуу болот. Экономикалык ийгиликтин ченеми ал өлкө дүйнөлүк базар алкагында өзүнүн ээлеген ордун табып, аны кыйла бышыктоо аркылуу калктын турмуш тиричилигин жогорулата алабы же тескерисинче андан бетер артта кала береби, ал мына ушуларды акмалайт жана аныктайт. Экономикага түздөн-түз тиешелүү маселелерден башка ар бир коомдун алкагында социалдык нуктагы олуттуу маселелер келип чыгат. Тагыраак айтканда кедейлерге, майыптарга кандай жана канчалык өлчөмдө жардам бериш керек, социалдык гармония жана стабилдүүлүк үчүн эмнелер керектигин тактоо зарыл. Дүйнөлүк алкактан алганда бардык эл же мамлекет эзелтен бери эле бири экинчиси менен карым-катнашта болуп келсе, улуттук экономиканын ич ара көз карандылыгы азыр улам күчөп, олуттуу маселелер келип чыгууда, тышкы соода байланыштарды, чек арадан түрдүү ресурстарды ташып өтүү, *бажылык төлөм* жана *валюта курстарын* бир беткей кылуу зарыл болуп жатат. Эгерде мамлекет экономикалык жактан жетишилген ийгиликтерге жигердүүлүк менен аракет кылып, андан ары карай өнүктүрсө анда тиешелүү маселелердин баарын ийгиликтүү чечүүгө болот. Жыйынтыктап айтканда, мамлекеттин экономикалык иш-аракеттерин максаттуу нукка которуу натыйжалуулук принциптерин, теңдикти жана коомдун социалдык, экономикалык өнүгүшүнүн туруктуулугун ишке ашырууга өбөлгө түзөт. Бул принциптерди акырындап ишке ашыруу дайыма өзгөрүлүп турган техникалык, технологиялык негизде товарлардын жана тейлөөлөрдүн улам арбышына, өндүрүштү жакшыртууга шарт түзүүнү көздөйт да, экономикалык чектелүү ресурстарды иштетүүдө чыгымды колдон келишинче төмөндөтүү аркылуу дүйнөлүк базарда өз ордун табуу жана бышыктоо, каалагандардын бардыгына жана ишсиз калгандарга жумушчу орундарды калыптандырууга умтултат. Базар мамилелеринин жигердүү маанисинен алып караганда **социалдык түрдүү системадай эле, абсолюттуу деңгээлдеги телегейи тегиз калыптанган механизми болбойт. Андыктан анын күңгөй жана тескей жактары да болот.** Базарда сатуучулар жана сатып алуучулар эриш-аркактуу тең мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп, бирок алардын ээлеген орду жана тапкан кирешелери, чыгашалары жагынан олуттуу айырмаланат. *Атаандаштык*, ошондой эле, тигил же бул өндүрүүчү базарда өзүнүн туруктуулугун бекемдөөгө, үстөмдүгүн күчөтүүгө умтулуусун, объективдүү түрдө аныктайт. Базар мамилелеринин механизмин билгичтикте иштетүү, тартипти бышыктоо экономиканын олуттуу жогорулашына алып келет, бирок ойдогудай иш жүргүзүлбөсө, анда бир кыйла төмөн түшүүлөр, кризистер болуп, алар коомдун өнүгүшүн бир далай артка тартып жибериши мүмкүн. Ошондуктан мамлекет базарды тигил же бул өлчөмдө божо-

молдоо жана программалоо механизмин иштеп чыкканга аракет жасашы табигый нерсе. Себеби базардагы өйдө-төмөн болуп туруу процесси экономиканын уңгусун начарлатып жиберүүгө көмөктөшүүчү терс көрүнүштөрдүн алдын алуу зарыл. Базар мамилелеринин шартында мамлекет тарабынан кедейлерге, майыптарга, карыларга, жумушсуздарга, көп балалуу үй-бүлөлөргө жана калктын башка катмарларына социалдык жардам бөлүп туруу да абдан маанилүү, анткени бирөөлөр өтө бай турмушта, башкалар уламдан-улам кедейлене берүүдөн улам коомчулукта нааразычылык күчөп кетиши да мүмкүн.

РЫНОК КАПИТАЛА – КАПИТАЛ БАЗАРЫ. *Баалуу кагаздардын, акциялардын* ж.б. акча документтеринин ортосундагы коомдук мамилелердин жыйындысы, алар ошолордун кызыкчылыгы үчүн жүгүртүлөт. Капитал базары материалдык ресурстардын (өндүрүш каражаттары жана эмгек куралдары) наркын билдирген жүгүртүлүүдөгү акцияларды жана баалуу кагаздарды түзүп, базар экономикасынын маанилүү элементи болуп эсептелет.

РЫНОК КРЕДИТНЫЙ – КРЕДИТТИК БАЗАР – бул ар кандай төлөм каражаттарына *сурам* жана *сунуш* болуп турган базарлардын жалпы белгилениши; *ссудалык капитал базарынын* бөлүгү. *Кредит* белгилүү бир мөөнөттүн өтүшүндө белгилүү акча каражатын тескөөнү билдирет. Мында кимдин кассада ашыкча акчасы болсо, алар акчага муктаж инсандарга кредит бериши мүмкүн. Кредит түздөн-түз *кредитордон* кардарга багытталышы ыктымал; мисалы, соода-сатык ишканаларынан жеке инсан бир нерсени кредитке алган учурда пайдаланылат. Бирок, адатта кредит бүтүмдөрү кредит институттарынын – банктардын ж.б. мекемелердин ортомчулугунда жүргүзүлөт; алар акчаны карызга алып жана карызга берет, же болбосо бул *баалуу кагаздардын өзгөчө базарында* сатылуучу жана сатып алуучу ар кандай карыздык милдеттенме болуп эсептелет. Ошентип, капитал базары эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгү менчик капиталдар базары, б.а. ишкананы иштетүүгө катышкан менчик үлүшүн сатуучу жана сатып алуучу базар. Бул акция базары. Экинчи бөлүгү кредит базары, тагыраак айтканда карыз алатурган капитал базары. Акыркысы өз кезегинде кыска мөөнөттүү каражаттар базарына – акча базары жана узак мөөнөттүү каражаттар базары – облигациялар базарына бөлүнөт. Атап айтканда, ишканалардын, фермерлердин карамагына *инвестициялар* үчүн каражаттарды дал ушул кредиттик базары берет; жана кредиттик базар аркылуу экономика тармактарынан акчаларды ооштуруу (ашык болгондордон ага муктаждарга) ишке ашырылат. Фермерлер өзүлөрүнүн кирешесинин бир бөлүгүн акчалай түрүндө банкка (жыйган-тергенин сактоонун эсебинен) салуу менен топтойт; мамлекет

төлөм балансынын тартыштыгына учурап калса, аны чет элдик займдардын эсебинен жабат; айрым ишканалардын жана мамлекеттик сектордун бөлүктөрүнүн да кредитке бере турган каражаттары болот. Ушулардын бардыгы төлөм каражаттарынын кредиттик базарда жүгүртүлүп турарын билдирет. Ошону менен бирге кредит кимге керек болсо, ошол тараптын сурамы кредиттик базарга багытталат. Бул көбүнчө инвестициялар үчүн карыз алуучу ишканаларга, тартыштыкка кабылган мамлекеттик секторго, дачаларды, тураккайларды куруу, ар кандай товарларды сатып алуу ж.б. үчүн инсандарга тиешелүү. Кредиттер чет элден да берилиши мүмкүн. Кредиттик базардын арналышы – кредитор менен карыз алуучулардын ортосундагы ортомчулук.

РЫНОК ПОКУПАТЕЛЯ – САТЫП АЛУУЧУНУН БАЗАРЫ – *сунуш сурамдан* ашык болуп турган кездеги *базардын* абалы. Сатып алуучунун базары даярдоочулардын жетишерлик өлчөмдө чыгарган продукцияларынын (*товарлардын, буюмдардын, тейлөөлөрдүн*) кыйла *ассортименттери* менен бөтөнчөлөнөт; алар (даярдоочулар) сурамдын өзгөрүшүн так баамдап турат, ал эми керектөөчүлөр үчүн болсо, сатып алууга мүмкүн болгон баада жана керектөө мүнөздөмөлөрүн канааттандыруучу товарларды тандоого мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт.

РЫНОК ПОСРЕДНИЧЕСКИЙ – ОРТОМЧУЛУК БАЗАРЫ – товар алмашууну пайдалануу формалары жана объектилери орун алган *базар.* Бул – *товардык биржалар, аукциондор, дүң соодалар;* буларда белгилүү бир мүнөздөмөлөргө жана касиеттерге ээ болушкан товарларды *сатып алуу – сатуу бүтүмдөрү* ишке ашырылат.

РЫНОК ПОТРЕБИТЕЛЬСКИЙ – КЕРЕКТӨӨ БАЗАРЫ – айрым инсандар же үй чарбасы керектөө товарларын жана тейлөөнү (адамдын керектөөлөрүн түздөн-түз канааттандырган) сатышкан жана сатып алышкан базар.

РЫНОК ПРОДАВЦА – САТУУЧУНУН БАЗАРЫ – *сурам сунуштан* олуттуу түрдө ашык болуп турган убактагы базардын абалы. Ал сунуш кылган продукциясынын (товарлардын, буюмдардын, тейлөөлөрдүн) бир аз, анча-мынча ассортименти, өндүрүүчүнүн үстөмдүгү жана атаандаштыктын толук жоктугу менен (сатуучулар, даярдоочулар, жеткирип-тапшыруучулар монополисттер болуп саналгандыгы) айкындалат, бул убакта сатып алуучу базарда эмне түшсө, ошонун баарысын сатып алууга муктаж болот. Сатуучу базарында эң башкысы товардын, продукциянын, тейлөөлөрдүн болушу, же болбосо сатып алуучунун талаптарына жана суроолоруна жооп береби же жокпу, ага карабастан алардын ар бири тез сатылып кетет. Мындай базар продукцияларды даярдоочулардын анда приоритеттүү абалда болушуна ыкталган жана *сатып алуучулар базарына* таптакыр карама- каршы болуп саналат.

РЫНОК ССУДНЫХ КАПИТАЛОВ – ССУДАЛЫК КАПИТАЛДАР БАЗАРЫ – убактылуу бошогон акча каражаттарынын аккумуляцияланышын жана ар кандай *кардарлардын* ортосунда алардын бөлүштүрүлүшүн камсыз кылуучу базар мамилелеринин тутуму; *ссудалык капиталга сурамдын* жана *сунуштун* калыптануу чөйрөсү. Сатуучулар катары, мында кредиттик-финансылык мекемелер, *фондулук биржалар, камсыздандыруу компаниялары, пенсиялык фондулар* ж.б. мекемелер (уюмдар) болуп эсептелет; сатып алуучулар катары болсо мамлекет, өнөр жайынын жана соода-сатык фирмалары, башка *юридикалык* жана *жеке жактар* болушат. Ссудалык капитал базарынын жардамы менен убактылуу бошогон акча каражаттары ссудалык капиталга айландырылып, үзгүлтүксүз кайра өндүрүүнү камсыз кылуу менен капиталдын жүгүртүлүшүнө кайрадан чегерилет. Ссудалык капиталдар базары көбүнчө айлануу капиталын жана капитал базарын тейлөөчү ачалай (кыска мөөнөттүү) болуп бөлүнөт; анда орто жана узак мөөнөттүү кредиттерге сурам жана сунуш калыптанат. Бирок иш жүзүндө аларды чектөө кыйын, анткени алар тыгыз байланышта болуп, такталган анык чеги болбойт. Ссудалык капитал базарынын зарылдыгы төмөндөгүчө шартталат: капиталдын кыймылынын жүрүшүндө дайыма, бир жагынан ал бошоп турса, экинчи жагынан ага кошумча түрдө керектөө талабы келип чыгат. Капиталдын бошошу негизги капиталдын (*амортизациянын* топтолушунун) тозушунун жана айлануу капиталынын бөлүгүн чогултуунун, эмгек акы фондусун калыптандыруу, *пайданы* топтоонун натыйжасында келип чыгат. Кошумча капиталга керектөө талабы, мисалы, чийки затты жана материалдарды сатып алуу, *запастарды* түзүү, продукцияларды сатууга чейин эмгек акыны төлөө, реконструкциялоо же модернизациялоо, *аккредитивдерди* коюу, карыздарды төлөп жабуу (тындыруу) жана башкалардын зарылчылыгынан келип чыгышы ыктымал. Акча ресурстарына болгон кошумча талаптарга жана капиталдын бошошуна байланыштуу келип чыккан маселелерди жөнгө салуу кредиттик мамилелер аркылуу ишке ашырылат, мунун өзү сурамды жана сунушту теңештирүүгө мүмкүндүк берет. Кредиттик мамилелер (кредитор менен кардардын), адатта, жазуу жүзүндө ишке ашырылып, ал кредиттик документ болуп саналат да, карыздардын өзгөчө милдеттенмени бериши менен жүргүзүлөт. Ссудалык капиталдын базары *баалуу кагаздар* жана *ипотека* базарын ичине камтыйт.

РЫНОК СТРАХОВОЙ – КАМСЫЗДАНДЫРУУ БАЗАРЫ – сатып алуу жана сатуу объектиси болуп, атайын тейлөө – камсыздандырууну коргоо деп саналган, ага *сурам* жана *сунуш* калыптанган акча катыштарынын өзгөчө чөйрөсү. Анын субъектилери – кандайдыр бир даражада камсыздандыруу тейлөөлөрүн көрсөтүүгө катышкан камсыздандыруу

уюмдары (камсыздандыруучулар), камсыздануучулар жана камсыздандырылгандар. Ошентип, анын атрибуттары – сатуучу, сатып алуучу, товар (же тейлөөлөр) жана товарды (тейлөөлөрдү) тандоодогу сатып алуучунун реалдуу (аныктыгы) эркиндиги болуп саналат. Камсыздандыруу тейлөөлөрүнүн, ар кандай товар сыяктуу эле керектелүүчү жана алмашылуучу наркы болот. Керектелүүчү наркы – камсыздандырууну коргоону камсыз кылуу; алмашылуучу наркы – камсыздандыруу тарифинде туюнтулган камсыздандыруу тейлөөлөрүнүн баасы. Сатып алуу-сатуу камсыздандыруу тейлөөлөрү камсыздандыруу келишимин түзүү менен тужурумдалат да, аны ырастоо үчүн камсыздануучуга камсыздандыруу күбөлүгү – камсыздандыруу фактысын күбөлөндүрүүчү документ берилет. Камсыздандыруу базары адатта, камсыздандыруу тейлөөлөрүнүн төмөндөгүдөй сатуучулар категорияларын камтыйт: түздөн-түз камсыздандыруу келишимин түзүүчү камсыздандыруучулар; "камсыздандыруучулар камсыздандыруучулар үчүн" деп аталган тийиштүү акы алуу үчүн зор тобокелдиктин бөлүгүн өзүнө алып, кайра камсыздандыруучу уюмдар; камсыздандыруучулар менен камсыздануучулардын ортосундагы ортомчулар; конкреттүү максаттар (мисалы, маалымат алмашуу, келечектүү программаларды иштеп чыгуу, камсыздандыруу шарттарын координациялоо ж.б.) менен түзүлүүчү камсыздандыруучулардын ар кандай бирикмелери. Сатуучулардын ар бир категориясы менчиктин ар кандай формаларында – мамлекеттик, акционердик, кооперативдүү, жеке менчик түрүндө болушу мүмкүн. Камсыздандырууну жүргүзүүдө ортомчулар катары брокерлер (брокердик фирмалар) жана камсыздандыруу агенттери эсептелет. Камсыздандыруу тейлөөлөрүнүн сатып алуучулары – кезкелген *юридикалык* жана *жеке жактар* болот (эгерде бул ушул камсыздандыруунун ушу түрүнүн шарттарына кайчы келбесе). Камсыздандыруу базары коомдук чарбалык уюмдун формасы катарында негизинен төмөндөгүдөй багыттарда болуучу камсыздандыруучулардын ортосунда атаандашуунун анык шарттарынын болушун талап кылат: жаңы керектөөлөрдүн негизиндеги камсыздандыруунун жаңы түрлөрүнүн сунушу; ар кандай тобокелдик комбинациялары болгон камсыздандыруу келишимдеринин иштелип чыгышы (камсыздануучу алардын бирин өзүнө тийиштүү объектини камсыздандыруу үчүн тандап алышы мүмкүн болгондой кылып); тобокелдик жыйнагы жана жоопкерчилиги, ошондой эле башка камсыздандыруучунун сунуш кылгандарына салыштырганда төмөндөтүлгөн камсыздандыруу тарифи; келишимдин формаларынын бир кыйла ыңгайлуу жана камсыздандыруу тейлөөлөрүнүн бир топ жогорку сапатта болушу. Камсыздандыруу базарынын калыптанышы, баарынан мурда, камсыздануучулардын кызыкчы-

лыктарын коргоого таанылган камсыздандыруунун атайын мыйзамына негизделүүгө тийиш.

РЫНОК ТОВАРНЫЙ – ТОВАР БАЗАРЫ – *өндүрүш каражаттары* же керектөө *товарлары* сунуш кылынган *базар*. Мындай базарлар өндүрүштүк мүнөздөгү белгилүү белгилери менен өз ара байланыштуу болгон конкреттүү товарды же анын тобун, болбосо ошол эле бир керектөөнү канааттандыруу үчүн арналган товарларды камтыйт, мисалы, мунай, компьютерлер, кездемелер, курулуш материалдары жана башкалар базары. Алар аныкталып белгиленүүчү товардын тармактык тиешелүүлүк принциби боюнча бөлүнөт, мисалы, машина куруу, кагаз, айыл чарба жана башка продукциялар базары.

РЫНОК ТРУДА – ЭМГЕК БАЗАРЫ – жумушчу күчү керектелүүчү, бөлүштүрүлүүчү жердеги *базар*. Анда жумушчулар, кызматкерлер акы алуу үчүн өзүнүн акыл эмгегин, кара күчүн сунуштайт, ал эми жумуш берүүчүлөр жумушка жана акыга (төлөмгө) сурамды сунуш кылат. Андыктан, эмгек базарында да, башка базардагы көрүнүштөр сыяктуу эле жумушсуздук менен жумуштуулуктун ортосундагы катыштар менен аныкталуучу эмгек акы *нутунда чыгуучу сунуштар, сурам* жана *баа* маанилүү орунду ээлейт. Жумушчу күчтөрүнүн сунушу эмгек акынын деңгээли, маданият, салык системасы, бала-бакыра жөнүндө кам көрүү, профсоюздардын ролу ж.б. бир катар факторлор менен аныкталат. Өз эмгегин сунуштагандар жумушчу күчтөрүн сунуш кылышат, алардын масштабы жана курамы өзгөрүлүп (өйдө-ылдый болуп) турат. Жумушчу күчүнө болгон сурамдар жумушка адамдарды жалдоодо жумуш берүүчүлөрдүн керектөөлөрү менен аныкталат жана экономиканын абалына, өндүрүштүн техникалык жабдылышына ж.б. факторлорго байланыштуу болот. Эмгек базарынын функциясы жана жумушсуздуктун түрдүү теориялары бар. Алардан жумушсуздуктун феноменин түшүндүрүүдө үч негизги багытты бөлүп көрсөтүүгө болот: кээ бирөөлөрү аны эмгек акынын өтө эле жогору болушуна, экинчилери сурамдын өтө төмөн болушуна, ал эми үчүнчүлөрү болсо эмгек базары ийкемдүү эмес жана сурам менен сунуштун катышын белгилөөнү кыйындата тургандыгы менен байланыштырат. *Кара. Биржа труда – эмгек биржасы.*

РЫНОК ФИНАНСОВЫЙ – ФИНАНСЫ БАЗАРЫ – акча операцияларынын атайын чөйрөсүн түзгөн базар катыштарынын системасы; мында бүтүм жасоонун объектиси болуп калктын, чарбакер субъекттердин жана мамлекеттик структуралардын пайдалануучуларга баалуу кагаздар же ссудалар түрүндө берүүчү акча каражаттары болуп саналат. Ошондуктан ал *баалуу кагаздар базары* түрүндө да жана ссудалык капиталдар базары катарында да функция аткарат. Анын ишке ашырылуу шарты финансылык ресурстарда бул же тигил субъекттин керектөөлөрү аны канааттандыруучу булактардын болушу менен туура келбегендиги болуп саналат. Финансы базары убактылуу бош акча каражаттарын аккумуляциялоо жана аларды натыйжалуу пайдалануу көздөйт. Анын функционалдуу арналышы – акча ээлеринин акча каражаттарын пайдалануучуларга берүүгө ортомчулук кылууну ишке ашырат. Акча сактоочулар болуп, өзүндө акча каражаттарын топтогон *юридикалык* жана *жеке жактар* (жеке тарап, пенсиялык фондулар, финансылык-банктык мекемелер, камсыздандыруу компаниялары, фондулук биржалар ж.б.) эсептелет. Пайдалануучулар – чарбакер субъекттер жана акча каражаттарын кандайдыр бир ишчараларга, ишке салуучу (өндүрүштү кеңейтүү жана тейлөөлөрдү көрсөтүү, мамлекеттик чыгымдарды жабуу ж.б.) мамлекеттик бийликтин органдары болуп саналат. Финансы базары төмөндөгүлөргө бөлүнөт: баштапкы, мында жаңы баалуу кагаздарды чыгаруу менен иштешкендер; кийинки, мында болсо мурда чыгарылган баалуу кагаздарды кайрадан (бөлүштүрүп) сатууну ишке ашыруу. Финансы базарынын функцияланышы экономикада менчик ээлеринин болгонуна жараша алдын ала белгиленет. Буларды түзүү алардын иш-аракеттерин жана катышуучу контрагенттерди тартипке келтирүүчү нормативдүү акттарды иштеп чыгууга негизделет.

РЫНОК ЦЕННЫХ БУМАГ – БААЛУУ КАГАЗДАР БАЗАРЫ – *баалуу кагаздарга сурам* жана *сунуш* калыптана турган ссудалык капиталдар базарынын бөлүгү. Мындай базар өзүнүн институттары – *банктар*, атайын кредиттик мекемелер, *фондулук биржалар* аркылуу ишканалардын, банктардын, мамлекеттин, жеке инсандардын акча топтоолорун аккумуляциялап жана аларды, адатта узак мөөнөттүү инвестициялоого багыттайт. Баалуу кагаздар базары төмөндөгүдөй болуп ажыратылат: биржадан тышкары баалуу кагаздар базары – бул баалуу кагаздардын жаңы чыгарылгандарын жана соода-өнөр жайынын облигацияларын жайгаштырууну гана камтыйт; фондулук, мында *акциялардын* жана облигациялардын мурда чыгарылгандарын сатып алуу-сатуу жүргүзүлөт. Сатып алуу-сатуу, чет элдик валюталарга алмашуу жана чет элдик акча бирдиктери менен туюнтулган төлөм документтери боюнча операцияларды ишке ашыруучу базар – валюталык базар деп аталат. Уюштуруу жагынан алып караганда, ал эл аралык эсептешүүлөрдү жана валюталык операцияларды ишке ашыруучу валюталык биржаларды, банктарды өз ара байланыштыруучу телеграфтык, телекстик, электрондук ж.б. маалыматтарды берүү системаларынын жыйындысы болуп эсептелет.

РЫНОК ЦЕННЫХ БУМАГ, ПЕРВИЧНЫЙ – БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН БАЗАРЫ (АЛГАЧКЫ) – баалуу кагаздарды тикеден-тике алардын эмитенттерине же эмитенттер тарабынан уруксат берилгендерге сатуу.

РЫНОЧНАЯ ИНФОРМАЦИЯ – БАЗАР МААЛЫМАТЫ – базарды таануу, белгилүү бир башкаруучулук чечимдерин кабыл алуу үчүн зарыл болгон базар мамилелеринин бардык жактарын (*сурамды* жана *сунушту, конъюнктураны, атаандаштыкты,* бааларды ж.б.) чагылдыруучу иш абалы жөнүндөгү маалыматтар, билдирүүлөр. Базар маалыматтары экономикалык, социалдык, демографиялык жана башка *маалымат* түрүндө болот. Алардын ар бири көптөгөн касиеттерге ээ болушат жана ар тараптан мүнөздөлүшү мүмкүн. Ошондуктан керектүү маалыматтарды тандоо эрежесин сактоо өтө маанилүү болуп саналат. Ар бир конкреттүү маалымат боюнча алганда, анын кимге керек экендигин, эмне үчүн зарыл, качан талап кылынарын белгилөө өтө маанилүү. Ар кандай түрдөгү маалыматтын касиети: көлөмү, мазмунунун баалуулугу, жеткиликтүүлүгү, толуктугу жана үзгүлтүксүздүгү, тактыгы жана өз учурунда болуусу, ишенимдүүлүгү жана далилдүүлүгү, жаңылыгы, натыйжалуулугу жана оптималдуулугу, оперативдүүлүгү жана бекемдүүлүгү, угумдуулугу. *Продукциянын тиричилик циклинин* мезгилинде базар мамилелеринде колдонулуучу материалдар жыйнагы, сакталышы, топтолушу жана берилиши маалыматтык система деп аталат. Базар маалыматы баштапкы болушу мүмкүн – бул айкын изилденүүчү маселени (практикада, мисалы, *маркетингде* мындай маалыматты жыйноонун төмөндөгүдөй методу: суроо, байкоо, эксперимент, эмитация пайдаланылат) чечүү үчүн оперативдүү алынган маалыматтар; кийинкилик – изилденүүчү маселени чечүүгө байланыштуу болгондордон кескин түрдө айырмаланган максаттар үчүн жыйналган маалыматтар. Кийинкилик маалыматтын негизги эки түрү бар: ички, фирманын, ишкананын деңгээлинде болуучу (бул *бюджеттер, сатуу, пайда* жана *зыян тартуулар,* запастар, өндүрүштүн чыгымдары, *кардарлардын эсептоттору, ресурстар* ж.б.), тышкы – өкмөттүк тышкы (мисалы баанын түзүлүшү, *кредиттер,* сатуу кепилдиги, *мамлекеттик заказдар, салыктар* ж.б.) жана өкмөттүк эмес булактардан (мезгилдүү басылмалар, китептер, коммерциялык изилдөөлөр ж.б.) алынган маалыматтар. Продукциянын керектөө курамы жана саны, сатуу жана бөлүштүрүү каналы, жарнамалардын абалы жана башкалар жөнүндөгү маалыматтар базарды ар тараптуу изилдөөдөн жана атайын байкоолордон алынат.

РЫНОЧНАЯ НИША – БАЗАР БОШТУГУ – айрым ишкерлер али өздөштүрө элек *базар* сегменти. Эртедир-кеч аны толуктоо, атаандаш *бизнесмендердин* башкы максаттарынын бири.

РЫНОЧНАЯ СИСТЕМА – БАЗАР ТУТУМУ – *1)* товар жана тейлөө базарларынын жыйындысы; *2)* чарбалык карым-катнаштардын тутуму

(мунун негизинде алмашуу катыштары жатат). Продукциялар жана ресурстар базарларынын жалпы түзүлүүчү экономикасын, булардын ортосундагы иш-аракеттеги байланыштарын аныктап белгилөөчү кеңири маанидеги термин. Бул – базарларда түзүлгөн *баалар* боюнча дайыма тартыштыктагы экономикалык ресурстарды – *жердин, капиталдын, эмгектин* жана *ишкердик* жөндөмдүүлүгүнүн чектелүүлүгүн – адамзаттын чектелбеген материалдык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн бөлүштүрүүгө, ошондой эле керектөөчүлөрдүн, фирмалардын жана бул ресурстарды жеткирип-тапшыруучулардын кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматты камсыз кылууга, ал чечимдерди макулдашууга жардам берип мүмкүндүк түзүүчү уюштуруучулук структураларынын жана чарба жүргүзүүнүн конкреттүү формаларынын, башкаруу ыкмаларынын жана укук нормаларынын жыйындысы.

РЫНОЧНАЯ СТОИМОСТЬ – БАЗАР НАРКЫ – базардагы ар бир айкын учурда сурам жана сунуштун негизинде аныкталуучу товарлардын, тейлөөлөрдүн, анын ичинде биржалык товарлардын, фондулук баалуулуктардын жана валюталардын күндөлүк наркы.

РЫНОЧНАЯ СТРАТЕГИЯ – БАЗАР СТРАТЕГИЯСЫ – базар шартындагы аракетке байланыштуу ишканалардын, фирмалардын, корпорациялардын узак мөөнөттүү максаттарынын жана аракеттеринин жыйнагы.

РЫНОЧНАЯ ЭКОНОМИКА – БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ – товар - акча мамилелеринин, көп формадагы менчиктүүлүк, өзүнүн жумушчу күчүнө менчиктүү болуп эсептелүү менен өндүрүүчүлөрдүн жана жарандардын эркин атаандаштыгынын негизинде түзүлгөн улуттук экономиканын уюштуруу системасы. Анын чегинде төмөндөгүдөй негизги базарлар аракетте болот: *1)* товарлар жана тейлөөлөр; *2)* эмгек; *3)* финансылык ресурстар; *4)* жерди пайдалануу.

РЫНОЧНЫЙ МЕХАНИЗМ – БАЗАР МЕХАНИЗМИ. Товар – акча карым-катнашынын механизми. Ал *товар,* кызмат, *финансы* жана *баалуу кагаздардын* эквиваленттик алмашуусун камсыз кылат.

РЫНОЧНЫЙ ПОТЕНЦИАЛ – БАЗАР ПОТЕНЦИАЛЫ – базардын тигил же бул сегменти тарабынан белгилүү бир убакыт ичинде сатып алынууга же керектелүүгө мүмкүн болгон товарлардын абсолюттуу же салыштырмалуу өлчөмү.

РЫНОЧНЫЙ ФОНД – БАЗАР ФОНДУСУ – өздүк керектөө үчүн ички базарда калкка сунуш кылынган товарлардын жыйындысы.

С

САЛЬДО – САЛЬДО (ит. saldo – эсептөө, акы төлөө, калдык, жыйынтык) – белгилүү убакыт ичинде келип түшкөн жана чыгымдалган акча же материалдык каражаттардын ортосундагы айырма. *Бугалтердик эсепте* бул *счеттордун дебети* жана *кредити* боюнча жазуунун жыйынтыктарынын ортосундагы айырма. Дебеттик сальдо (дебет кредиттен көп) белгилүү бир учурдагы чарбалык каражаттардын берилген түрүнүн абалын чагылдырат да, *бугалтердик баланстын* активинде көрсөтүлөт; кредиттик сальдо (кредит дебеттен көп) – чарбалык каражаттардын булактарынын абалында жана пассивде көрсөтүлөт. Актив-пассивдик счеттордо сальдо дебеттик же кредиттик же бир эле убакта дебеттик жана кредиттик болушу мүмкүн. Аналитикалык эсептин счетторунда сальдо натуралай жана акча түрүндө болушу ыктымал. Сальдо адатта ар бир отчет берүүнүн (кварталдын, жылдын) биринчи числосунда аныкталат. Отчеттун башталышында аны баштапкы сальдо, отчеттун аягындагыны – акыркы сальдо деп аташат. Акыркы сальдону чегерүү жасоо үчүн *активдүү счеттордогу* дебеттик баштапкы сальдого дебетти кошумчалайт да, кредиттик айланымды чыгарып таштайт; *пассивдүү счеттордо* – баштапкы кредиттик сальдого кредиттикти кошуп, дебеттик айланымды эсептен чыгарат. Актив-пассив счетторунда дебеттик жана кредиттик сальдо аналитикалык эсептин маалыматы боюнча аныкталат. Тышкы соода мамилелеринде (катыштарында) сальдо *экспорт* менен *импорттун* суммасынын ортосундагы айырманы (соода балансынын сальдосун) белгилейт же анын чет элдик төлөмдөрү менен келип түшкөн акчалардын ортосундагы айырманы (төлөм балансынын сальдосун) туюнтат. Тышка чыгарылган товардын көлөмү тыштан алып келген товардан жана тейлөөдөн ашыктык кылса, анда активдүү сальдону, тескерисинче тыштан келген тышка чыгарылгандан көптүк кылса – пассивдүү сальдону айгинелейт.

САЛЬДО ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ – ТЫШКЫ СООДА САЛЬДОСУ. Белгилүү бир убакыт ичиндеги товарлардын импорту менен экспортунун ортосундагы өз ара катышы.

САЛЬДОВЫЙ СЕРТИФИКАТ – САЛЬДО СЕРТИФИКАТЫ. Акционердик сертификаттын ордуна андагы көрсөтүлгөн *акцияларды* саткан учурда акционерге *сальдо сертификаты* берилет.

САМООКУПАЕМОСТЬ – ӨЗҮН ӨЗҮ АКТООЧУЛУК – ишканалардын (уюмдардын, бирикмелердин) чыгымдарын алынган кирешелер менен жабууну камтый турган чарба жүргүзүүнүн негизги принциби. Чыгымды киреше менен жаап туруу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн кезде продукцияны сатуудан ж.б. булактардан түшкөн акча каражаттарынын эсебинен (акча каражаттарынын ар бир жүгүртүлүшүнөн кийин) иштелип чыгарылуучу продукцияларга чегерилүүчү *негизги фондулардын*, ошондой эле керектелген материалдык ресурстардын жана эмгекке акы төлөө боюнча жумшалган сарп кылуулардын наркы милдеттүү түрдө жабылып турат. Эгерде чыгымдар бул каражаттардан ашып кете турган болсо, ишкана, анын продукциясынын айрым түрлөрү жумуштар, тейлөөлөр, өзүн өзү өтөбөй тургандар болуп саналат. Өзүн өзү өтөбөй турган иш-аракеттер узак убакытка созулуп, рентабелдүүлүктү камсыз кылуу боюнча иш чаралар эч кандай натыйжаларды бербесе, ишкананын иш-аракеттери токтотулуп, ишкана *банкротко* учурагандыгы тууралуу жарыялашы мүмкүн.

САМОФИНАНСИРОВАНИЕ – ӨЗҮН ӨЗҮ КАРЖЫЛОО – ишкананын (*фирманын, компаниянын, бирикменин* ж.б.) чарбаны жүргүзүү системасы; мында ишкана күндөлүк чыгымдарды эле эмес, ошону менен бирге өзүндө калган пайданын эсебинен негизги фондуларды кайрадан жаңылап турууга кеткен чыгымдарды жаап турат. Өзүн өзү каржылоо шарттарында ишкананын техникалык жактан өнүгүшү, анын эмгек жамаатынын материалдык стимулдаштырылышы жана социалдык жактан өнүгүшү алардын иштеп тапкан каражаттарынын, банк *кредиттеринин* эсебинен ишке ашырылат. Өзүн өзү каржылоо шартында ишкананын иш-аракеттерин баалоочу негизги көрсөткүчү *пайда* болуп эсептелет. Ал өндүрүштүк жана социалдык өнүгүүнүн чыгымдарын финансылоонун бирден-бир булагы. Мындай каржылоо ишкананын кирешеси, стимулдаштыруунун бардык формалары, жумушчу-кызматкерлердин социалдык керектөөлөрүн канааттандыруу даражасы ишкананын жумуштарынын натыйжаларына бүтүндөй байланыштуу болгондуктан, өзүн өзү каржылоого (базар мамилелерине) өтүү менен ар бир жумушчунун аларды жакшыртууга кызыкчылыгы жогорулайт, техниканы үзгүлтүксүз жаңылап туруу жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн ыңгайлуу шарттар жана өбөлгөлөр түзүлөт.

САНАЦИЯ – САНАЦИЯ (лат. sanatio – дарылоо, айыктыруу, бутуна тургузуу) – мамлекет же башка менчик ээлери тарабынан – ишканалардын финансылык абалын жакшыртуу боюнча, банктарды *банкротко* учуратпоону алдын ала алуу же атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (өзгөчө экономикалык кризистер мезгилинде) боюнча жүргүзүлүүчү иш-чаралардын системасы (*ссудаларды, субсидияларды, жеңилдетилген кредиттерди* берүү, жеңилдетилген салык, бир аз же толук бойдон мамлекеттин менчигине айландыруу).

САНКЦИЯ – САНКЦИЯ (лат. sanctio – аябай катуу токтом) – келишим-шартты, келишимдик же башка милдеттенмени, нормаларды, эрежелерди бузуучуларга каршы укук нормаларынын чегинде колдонулуучу чаралар; укук нормаларынын бөлүгү; укуктук (юридикалык) күч (мисалы, тинтүүгө, камакка алууга ж.б.) берүүчү кандайдыр бир документ (акт, иш-аракетти), уруксат берүү, жактыруу. Санкциялар ич ара төмөндөгүдөй ажыратылат: социалдык нормалардан четтөөлөргө каршы багытталган негативдүү санкция жана коом, жамаат тарабынан нормадан чыгууну жактыруу-ну стимулдаштыруучу позитивдик санкция. Формалдуу санкция расмий коомдук же мамлекеттик органдар тарабынан берилет; формалдуу эмес санкция – жамаат мүчөлөрүнүн (адамдардын топтору), жолдош-жоролордун ж.б. кабылдоосу. Эл аралык санкциялар – өзүлөрүнүн эл аралык милдеттенмелерин же алардын укук нормаларын бузууда мамлекетке колдонулуучу таасир этүү чаралары. Алар статусуна ылайык эл аралык уюмдар (мисалы, Бириккен улуттар уюмунун Коопсуздук Советинин) тарабынан ишке ашырылуучу жамааттык жана зыян тарткан тараптын тартип бузуучу мамлекетке анын мыйзамдуу талабын аткарбагандыгына колдонулуучу жана экономикалык келишимдерди токтотуу менен туюнтулган жекелей санкция болушу ыктымал. Өзүнүн кардарларына белгилүү иш тартибин бузгандыгы үчүн банк тарабынан колдонулуучу экономикалык жана башка таасир этүү чаралары кредиттик санкция деп аталат. *Чарбалык келишимдерди* (продукцияларды жеткирүүчүлөр ж.б.) бузгандыгы үчүн таасир тийгизүүчү чаралары (айып, бышмана, кошуп төлөнүүчү айып, өсүм), тийиштүү жоболор жана ташып жеткирүүнүн өзгөчө шарттары, эрежелер жана уставдар менен шартталат. Мисалы, айып санкциялар – продукцияларды жеткирип-тапшыруу учурларында ассортименттин өзгөрүшүнө жана сапатынын бузулушуна, мөөнөттөрүнүн өз учурунда ишке ашырылбагандыгына карата каралган иш-чара болуп саналат.

СБЫТ – САТУУ – продукцияны (товарды, тейлөөлөрдү) сатууну жана ага менчик укугун даярдоочудан керектөөчүгө өткөрүп берүүнү камсыз кылуучу иш-аракеттер. Даярдоочулар тарабынан *дүкүнөн* же *чекене соода ортомчулары* менен ишке ашырылат. Ишканалар-даярдоочулар сатуу иш-аракеттери менен иш жүргүзүшү мүмкүн, мисалы, керектөөчүлөр тарабынан заказдардын көлөмдөрү өтө чоң болгон учурларда жана алардын географиялык топтоштурулушуна жараша, ортомчулар жок болгондо жана башка жагдайларда (өзүлөрүнүн сатуу конторалары, сатуу агенттери аркылуу), *атаандаштык* шарттарында соода-сатыкты жүргүзүү ишканага, ошондой эле анын продукциясын керектөөчүлөргө да пайдалуу болушу мүмкүн. Мында даярдоочу өзүнүн продукциялары-

нын ири партияларын кепилденген сатуу мүмкүнчүлүгүн алат, продукцияга болгон сурамды оперативдүү изилдөөгө жана керектөөчүлөр талап кылган конструкциялык, технологиялык өзгөрүүлөрдүн өз убагында өндүрүшкө киргизилишине жагдай туулат. Керектөөчүлөр продукцияларга керектүү ассортиментте заказ берүүгө, кепилденген сапаттагы, керектөөгө максималдуу даяр жана керектүү мөөнөттө алууга шарт түзүлөт. Сатуу агенттерине фирмалар-даярдоочулар төмөндөгүдөй учурларда кайрылышат: сатуу функцияларын аткаруу аларга экономикалык жактан оңтойсуз (пайдасыз) болгондо же атайын окутуп даярдалган адистин жоктугунан ишти аткарууга даяр эмес учурларда, зарыл болгон кампага ылайыкталган имараттардын, транспорт каражаттарынын, керектөөлөр менен коммуникациялар жок болгон жагдайда. Сатуу агенти, адатта сатуу конторасынын эсинен жана бир нече кызматкеринен турат. Сатуу агенттерин чектелген санда атайын тандап алгандары аркылуу (кардарларына, сервистик тейлөөлөргө, кадрлардын деңгээлине ж.б. шарттарга байланыштуу) фирма-даярдоочулардын товарларды сатышы – тандап алып сатууну жана ириктеп сатууну пайдалануу мүмкүндүк түзөт. Сатуунун мындай формасы атайын тейлөөнү, запастык бөлүктөрдүн, ремонттук устаканалардын болушун, эмгек персоналынын даярдыгын талап кылуучу буюмдарды сатуу же кымбат жана беделдүү товарларды сатуу үчүн максатка ылайыктуу деп эсептелет.

СВИНГ – СВИНГ (англ. swing – ритм). *1)* Клиринг дик эсептешүүнү эки жактын өз-ара кредиттөө чеги. *2)* Биржада курстун өйдө-ылдый болуп турушу.

СВИТЧ – СВИТЧ (англ. switch – өткөөл, өтүү) – *1) бир баалуу кагаздар* же *валюталар* менен милдеттенмелерди жок кылуу жана башкалар боюнча келишим түзүү; *2) клиринг дик* же башка эки тараптык эсепти официалдуу өлчөмгө салыштырмалуу арзандатуу (скидка) менен курс боюнча калдыгын үчүнчү өлкөгө кайрадан берүү; *3)* токтотулуп коюлган эсепти пайдалануу боюнча операциялар.

СВОБОДНАЯ ЗОНА, ВНЕШНЕТОРГОВАЯ ЗОНА – ЭРКИН ТИЛКЕ, ТЫШКЫ СООДА ТИЛКЕСИ. Чет өлкө товарларын эркин жана бажы акысыз алып кирүү үчүн өлкөнүн бажылык аймагынан бөлүнүп берилген ири деңиз портунун, темир жол байланышынын, аэропорттун (же ага жакын жаткан сооданын) өзгөчө аймагы.

СВОБОДНЫЕ ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ЗОНЫ – ЭРКИН ЭКОНОМИКАЛЫК ТИЛКЕЛЕР – экономикалык жеңилдик шарттары берилген улуттук жана чет элдик ишкерлер үчүн чектелген аймактар. Экономикалык, социалдык, илимий-техникалык жана башка маселелерди чечүү үчүн түзүлөт. Иш жүзүндө – чет элдик инвестицияларды өзүнө тартууга катышкан өлкөлөрдүн атаандаштык

тирешинин бир формасы. Эркин экономикалык тилкеси өлкөнүн негизги аймагына караганда өзгөчө юридикалык статуска ээ болот. Жергиликтүү бийлик экономикалык, ал эми кээде саясий чечимдерди кабыл алууда борбордук өкмөттөн салыштырмалуу эркин болушат. Эркин экономикалык тилкенин аймагында ишкерлердин иш-аракеттери үчүн чет өлкөлүк, ошондой эле улуттук капитал каралып, жеңилдиктердин бир катар түрү алдын ала эсепке алынат: валюталык өзгөчө режим, салыктык жеңилдетүүлөр, эң төмөнкү бажылык ставкалар ж.б. Эркин экономикалык тилкени түзүү төмөндөгүдөй максаттарды көздөйт: керектүү адистерди окутуп-үйрөтүү, *ноу-хаунуп* негизин берүү жана башкаруучулук тажрыйба аркылуу чет өлкөлүк үлгүлүү технологияларды тартуу; чет өлкөлүк валюталарды көбүрөөк тартуу; артта калган региондорду өнүктүрүү; эркин экономикалык тилкени атайын жай катарында чарбаны жүргүзүүнүн жаңы формаларын сынап көрүү үчүн пайдалануу. Эркин экономикалык тилкеге каражаттарын кошуп, *инвесторлор* ошол аймакта *экспорттук нуктагы өндүрүштү* уюштурууга аракеттенишет, эң алды менен анда жумушчу күчү, чийки зат арзан, өндүрүштүн салык-финансылык шарттары жеңилдетилген жагдай түзүү эң негизгиси болуп эсептелет. Мында бажылык режими да жеңилдетилет. Алардын түрлөрү: *эркин соода тилкелери,* эркин порттор, транзиттик тилкелер, бажылык акысыз кампалар, бажылык салыктар жана ал тилкеге келүүчү, андан реэкспорттолуучу товарларга экспорттук-импорттук көзөмөл алынып салынган же төмөндөтүлгөн шартка негизделген айрым ишканалардагы бажы тилкелери; биргелешкен орток ишкердик тилкелери – чет элдик инвестициялар жана биргелешкен орток ишкердикти ишке ашыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүчү өзгөчө (бажылык, ижаралык, салык, валюталык, визалык, эмгек ж.б.) жеңилдик режимдер киргизилген (анын чегинен тышкары жерде бажылык аймактын болушу катарында каралуучу) ошол өлкөнүн аймагынын атайын ыйгарылган бөлүгү; технологиялык тилкелер – (технологиялык парктар, технополистер), бул тилкелер – улуттук жана ошондой эле чет элдик фирмалардын (ишканалардын) жардамы менен азыркы кездеги технологияны иштеп чыгууну жана ишке киргизүүнү ар кандай жеңилдиктердин негизинде камсыз кылат; банк жана камсыздандыруу тилкелери – бул түрдүү өндүрүштүк, сатуу операцияларын жеңилдик режими менен ишке ашыруу; комплекстүү тилкелер (өзгөчө шаарлар жана ооландар) – бул тилкелердин ар кандай түрлөрүнүн элементтерин пайдалануу маселелерин чечүүчү тилкелер. Бажылык мыйзамдын (жөнгө салуунун) нугунан алып караганда, экономикалык эркин тилке – товар ташылып келинген жер, бажылык аймактан тышкары жайгашкандай каралган аймактык *анклав* болуп эсептелет. (Анклав – бул французча enclave – бардык тарабынан башка мамлекеттин аймагы менен курчалган бир мамлекеттин аймагы же аймагынын бөлүгү, ошондуктан бул тилкелерди ошого салыштырып түшүнсө болот). Мына ушуга байланыштуу экономикалык эркин тилке негизги үч түргө ажырайт: биринчиси – облустун, шаардын чектеринде улуттук жана чет элдик субъектилер үчүн чарбаны жүргүзүүнүн жеңилдик режимин камсыз кылуучу атайын мыйзамдуу белгилүү бир аймакка киргизүүнү карайт; экинчиси – эл аралык стандарт боюнча зарыл инфраструктураларды чакан аймакта түзүүнү алдын ала карайт; үчүнчүсү – али аз өздөштүрүлгөн аймакты *ижарага* же *концессияга* берүүнү алдын ала карайт.

СВОП – СВОП (англ. swap – алмашуу) – *улуттук валюталарды* чет элдик валюталарга белгилүү бир мөөнөттөн кийин кайра алмаштыруу милдеттенмеси менен жүргүзүлүүчү *валюта алмашуу* операциялары. Бул *валюта операциясынын* бир түрү болуп саналат. Мында *форвард* жана *спот бүтүмү* айкалышат. Свопто колдогу накта валютаны сатуу, аны мөөнөткө сатып алуу менен бир убакта жүргүзүлөт же тескерисинче, ошонун өзү кошумча экономикалык пайда алуу мүмкүнчүлүгүн түзөт же валюталык жоготууларга байланыштуу болот.

СВОТ – СВОТ (англ. strength – күч, кубат, weak – бошоңдук, солгун тартуу, opportunity – мүмкүнчүлүк жана threat – коркунуч) – кыскартылган татаал сөз, СВОТ – анализ деген-ди билдирет. Бул термин *компания (фирма) менеджери* тарабынан экономикалык кырдаалды анализ жасоо үчүн пайдаланылат; мында ал (компания) өзүнүн иш-аракеттери, ошондой эле колдогу (же мүмкүн болуучу) ресурстарды ишке ашырат. Англис сөзүнүн "кубат", "бошоң", "мүмкүнчүлүк" жана "коркунуч" баштапкы ариптеринен (тышкы чөйрө боюнча алып караганда) түзүлгөн. Бул факторлорду эсепке алуу менен фирманын абалы аныкталып белгиленет да, андан кийин тиешелүү милдеттер коюлуп, кубаттуулукту өстүрүү жана бошоңдукту жоюу, ошону менен мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу жана алдыда кездешүүчү коркунучтун алдын алуу боюнча план түзүлөт. Мында муну эске алуу өтө зарыл болуп саналат – ишкананын тышкы чөйрө менен байланышы динамикалуу болуп, эч качан статикалык болбойт. Ошондуктан күн сайын анын ресурстары табылгалуу жана табылгасыз келишимдерге, жумуш иштөөчүлөрдүн санына, жаңы продукцияларды иштеп чыгуу жана өндүрүп чыгарууга (жаңы жумуштардын, тейлөөлөрдүн аткарылышына), *инвестицияларга* байланыштуу өзгөрүп турат. Алардын негизгилеринин бири (фирмага карата катышы боюнча алып караганда): экономикалык чөйрө (*инфляция, салыктар, пайыздык ставкалардын* ченеми ж.б.), саясый кырдаал (өкмөттүн алмашуусу, саясый туруксуздук ж.б.), укуктук чөйрө (ишкананын иш-аракеттерине тиешелүү мыйзамдык өзгөрүүлөр *ишкердиктин* бул же тигил багытта-

рын демилге аркылуу өнүктүрүп же тескерисинче жабыркатып, кызматкерлерди жумуштан чыгарууну таатаалдантып же жөнөкөйлөтүп жибериши мүмкүн), технологиялык чөйрө (жаңы технология, эгерде аны иштетүүдө атаандаш ийгиликке жетишкен болсо, атаандаш жөндөмдүүлүктү жогорулатууга же аны төмөндөтүүгө алып келиши ыктымал), социалдык-маданий чөйрө (жаңы социалдык идея, модалар жана фасондор), табигый-климаттык кырдаал жана демографиялык жагдай.

СГОВОР – СӨЗ БАЙЛАШУУ – натуралдык *монополияга* жакын жагдайга алып келип такоочу *базар* жана бааларды бөлүштүрүү жөнүндө бир нече фирмалардын пикир алышууларынан улам түзүлгөн келишим-шарт. Сөз байлашуу төмөндөгүдөй түрлөргө ажыратылат: азыркы убакта көпчүлүк өлкөлөрдө мыйзамдуу эмес болуп саналуучу ачык сөз байлашуу жана жашыруун сөз байлашуу (же ичте сактоо), мында *атаандаштык* тосмолор менен корголгон бир нече ири компаниялар жолугушуп, сүйлөшүүлөрдү уюштурбай эле, бааларды белгилүү бир деңгээлине басым жасоо аркылуу ишке ашырылат.

СДЕЛКА – БҮТҮМ – мүлктүк жана аны менен байланыштуу мүлктүк эмес жеке карым-катыштарды (инсандардын өз ара, инсан менен уюмдардын, уюмдардын өз ара мамилелерин) жөнгө салып туруучу жаран укуктарынын жана милдеттенмелеринин токтотулушун же өзгөрүшүн белгилөөгө багытталган *жеке* же *юридикалык жактардын* иш-аракеттери; эки тараптын ортосундагы баалуулуктарды коммерциялык алмашуу. Бүтүм шарттарын, адатта мыйзам колдойт жана сактайт. Чыныгы иш жүзүндөгү бүтүм анын тараптарынын ишке ашырган эркин туюнтуш керек. Ал өзүнүн мазмуну боюнча мыйзамдуу болууга тийиш, б.а. мыйзам менен тыюу салынбаган натыйжаларга жетишүүгө багытталып, өзүнүн иш-аракеттерин толук таанып, аны жетекчиликке алып, жөндөмдүү инсан тарабынан ишке ашырылышы зарыл. Мыйзамдын талаптарына жооп бербеген бүтүм жараксыз деп эсептелинет, мисалы, анын мазмунунун мыйзам ченемдүү эместиги; коюлган максаты мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыктарына кайчы келиши же алдоо, күч көрсөтүү, коркунуч, же багып асыроочунун, ата-эненин макулдугусуз сыяктуу бир катар жагдайлар. Бүтүм эки жактуу жана көп жактуу (эгерде эки же андан көбүрөөк тараптардын эркн туюнтулган болсо, мисалы, келишимде) болушу мүмкүн жана бир жактуу – мында бир тараптын (инсандын) эркин туюнтат, мисалы, мурас калтыруулар; тынышма бүтүм – мында тараптардын ар бири тосмо шарт коёт (сатуу-сатып алуу, жеткирип-тапшыруу ж.б.) жана өтөлгөсүз бүтүм – эгерде бир тарап мүлкүн экинчи тарапка тосмо эч нерсе албай бере турган учурлар (мисалы, белек кылып берүү келишими); концессуалдык бүтүм – муну түзүү үчүн бардык

негизги шарттар боюнча тараптардын макулдашуусу зарыл болгон учурлар; аныктүтүм – муну түзүү үчүн жалаң келишим-шарт гана эмес, ошону менен бирге буюмдарды өткөрүп берүү да керек (зайым, белек келишими). Бул бүтүм оозеки же жазуу түрүндө (жөнөкөй же нотариалдык күбөлөндүрүлгөн түрдө) түзүлүшү мүмкүн. Бүтүмдүн формаларынын бири жөнөкөй өткөрүп берүү болуп саналат. Мында бир тарап экинчи тарапка ордуна эчтеме албастан, белгилүү бир объектини өткөрүп берет. Бул, мисалы, белектерге, *субсидияларга, кайрымдуулук* ж.б. акцияларга тиешелүү болот. Бирок, мында төмөндөгүнү эске алуу керек: өткөрүп берүүчү, айталы, белекти кандайдыр бир пайдага карата берет, мисалы, өзүн аттуу-баштуу абалда коюу, айыптуумун деген сезимден арылуу же өзүнүн милдетин башка абалга коюуну каалайт. Мындай өткөрүп берүүлөрдү ишке ашырууда анын койгон сунушуна башка тараптын кайтарган иш-аракети күтүлөт. Бул иш-аракет "сатып алууга" же "коммерциялык алмашууга" мамилелеш болгону менен, бүтүм катарында кандайдыр бир объектиге, тейлөөлөргө же идеяларга максаттык аудиториянын жооп кайтарган иш-аракетинин каалаган формасына жетишүү максатындагы иш-аракеттеринен келип чыгат. *Кара. Внешнеторговая сделка – тышкы соодалык бүтүм, Сделка бартерная – бартердик бүтүм, Сделка форвардная – форварддык бүтүм, Сделка фьючерская – фьючерстик бүтүм.*

СДЕЛКА БАРТЕРНАЯ – БАРТЕРДИК БҮТҮМ (англ. barter – товар алмашуу) – тикелей товар алмашуу (товарды товарга алмашуу); *товарлардын* (тейлөөлөрдүн) *алмашылуу* наркына карай баланстылышы (эквиваленти) боюнча жүргүзүлгөн операция. Термин тышкы соодада, ошондой эле мамлекеттердин, ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын ж.б.) ортосундагы ички өз ара катыштарда колдонулат. Эл аралык жана ички, негизинен улуттук валюталар туруксуз болуп турган шарттарда, дүң соода-сатыкта таралат. Бартердик бүтүмдө акчалай төлөө көбүнчө жок болот, бирок товар жеткирүүнү баалоо жана алардын эсеби акчалай формада жүргүзүлөт. Товарларды баалоо дүйнөлүк келишимдик баа же башка баалар боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн. *Конверсиялануучу валюталардын* жоктугу, анын төлөм каражаттары катары туруксуздугу, товарлардын ар кандай түрлөрүнүн (өнөр жайлык, азык-түлүктүк, чийки заттык ресурстардын) тартыштыгы жана тейлөөлөр – *бүтүмдүн* мындай түрүнүн кеңири таралышынын негизги себептери болуп саналат. Мисалы, товардык тартыштын жана акчанын наркынын кетишинин кескин күч алышынан, кийинки жылдарда товар алмашуу операциялары жакынкы чыгыш чет өлкөлөрүндө (көз каранды эмес мамлекеттер шериктештиги), ошондой эле ар бир мамлекеттин ичиндеги ишканалардын (фирмалардын) ортосунда да кеңири жайылган. Бартердик бүтүмдүн бир түрү – компенса-

циялык негиздеги мамлекет аралык келишим-шарт болуп саналат. *Кара. **Компенсационное соглашение – компенсациялык келишим-шарт.***

СДЕЛКА КАФ – КАФ БҮТҮМҮ – бул сатуучу товарды ташууну уюштурууга жана аны керектеле турган жерине чейинкисин төлөөгө, товарды кеменин бортуна жайгаштырууга, *экспорттук лицензияны* алууга жана *экспорттук төлөмдү* төлөөгө, сатып алуучуга эсепти жана *коносаментти* берүүгө, товарды кемеге жүктөө боюнча чыгымдарды төлөөгө милдеттүү *бүтүм* (анткени алар фрахтка киргизилген эмес) болуп саналат. Сатып алуучу төмөндөгүлөрдү аткарууга милдеттүү: жеткирилген товарды кабылдап алууга, эсепти жана *коносаментти* алган убакта фрахтка киргизилбеген чыгымдарды төлөөгө.

СДЕЛКА КОМПЕНСАЦИОННАЯ – КОМПЕНСАЦИЯЛЫК БҮТҮМ – *бүтүмдүн* бир түрү – мында жеткирилген товарга (продукцияга, машиналарга, жабдууларга ж.б.), ошондой эле көрсөтүлгөн тейлөөлөргө (аны менен бирге кредиттик), кийинки кезмет сооданы (наркы бирдей өлчөмдөгү товарларды бири-бирине жеткирип турууну) эсепке алуу менен төлөө алдын ала каралат. Компенсациялык бүтүм *контрагенттердин* зарыл төлөм каражаттары (*алмашылуучу валюта* менен) колдо жок учурларда кеңири пайдаланылат; көбүнчө өнөр жайлык объектилер курулушунда, анда кийин чыгарылуучу продукциялар менен төлөнөт. Мындай бүтүмдүн негизиндеги *компенсациялык келишим-шарт (контракт)* анча мынча акчалай ордун толтуруну алдын ала карашы мүмкүн; мына ушунун өзү аны товар алмашуунун *бартердик бүтүмүнөн* айырмалайт.

СДЕЛКА ОНКОЛЬНАЯ – ОНКОЛДУК БҮТҮМ (англ. on call – белгиленгенге чейин) – мында баанын белгиленүү шарттары жана аныктоо ыкмасы көрсөтүлүү менен контрактты аткаруу процессинде баа аныкталып белгиленген бүтүм. Сатып алуучуга баанын белгиленүү мезгилин тандоо укугу берилет. Бирок контрактта баа жөнүндө маалымат булагы каралат, б.а. баанын дареги аныкталат.

СДЕЛКА РЕПОРТНАЯ – РЕПОРТТУК БҮТҮМ (фр. report – мөөнөттүү) – белгилүү бир мөөнөт өткөндөн кийин жогорулатылган наркы (курсу) боюнча кайра сатып алуу шарты менен иш-аракеттеги курсу боюнча банкка *баалуу кагаздарды* сатуу. Анын максаты – курстун айырмасы түрүндөгү пайданы алуу. *Кара. **Репорт.***

СДЕЛКА СИФ – СИФ БҮТҮМҮ (англ. cif, кыс. < cost – нарк, insurance – камсыздандыруу, freigt – *фрахт*) – *бүтүмдүн* түрү, мында сатуучу транспортту уюштурууга жана *фрахтты* портко чейинки аралыкты төлөөгө, *товарды* кеменин бортуна жайгаштырып коюуга, экспорттук лицензия алууга жана *бажы алымын* төлөөгө, жеткирүү убагына товарды камсыздандыруу, сатып алуучуга счётту, *коносаментти* жана *камсыздандыруу полисин* берүүгө, эгерде фрахтка киргизилген болсо, товарды жүктөө жана түшүрүү боюнча чыгымдарды төлөөгө милдеттүү. Сатып алуучу жеткирилген товарды кабылдайт, эгерде счётту, *камсыздандыруу полисин* жана коносаментти алган болсо, анда товарды түшүрүү боюнча чыгымдарын төлөйт (эгерде алар фрахтка киргизилбеген болсо). СИФ шарттары боюнча камсыздандыруу сатуучунун минималдуу жоопкерчилик принцибине негизделет: *камсыздандыруу коому товар* анчамынча бузулган жана олуттуу жоготууга дуушар болгон учурда зыян тартуунун ордун толтурбайт.

СДЕЛКА СПОТ – СПОТТУК БҮТҮМ – тез жеткирип берүү шартында, товарды сатуу накта эсептешүү менен ишке ашырылуучу *бүтүм*. Бул учурда сатуучунун колунда товарлар накта болуш керек. *Кара. **СПОТ.***

СДЕЛКА ФАС – ФАС БҮТҮМҮ (фр. face – бойлото) – *бүтүмдүн* бир түрү – мында сатуучу товарды пристанга жеткирип коюуга, аны кемени бойлото жайгаштырууга (*франко*-кеменин бортун бойлото), экспедитордон документтерди алууга милдеттүү. Сатып алуучу: экспедиторду же кемени дайындоого, кемени жалдоого же жеткирип-тапшырууну башка жолдор менен уюштырууга жана *фрахтты* төлөөгө, *экспорттук лицензияны* алууга жана бажылык алымдарды төлөөгө милдеттүү. *Кара. **ФАС.***

СДЕЛКА ФОБ – ФОБ БҮТҮМҮ (англ. fob – кыск. free on board – бортто бош деген сөздөн) – бүтүмдүн түрү; мында сатуучу товарды кеменин бортуна (*франко*-кеменин борту) жеткирип жайгаштырганда экспорт үчүн лицензияны көрсөтүп, бардык *жыйымдарды* жана *бажылык төлөмдөрдү* төлөйт, товарды кеменин бортуна жүктөгөндүгү боюнча чыгымдарды *коносамент* алат. Сатып алуучунун милдети: кемени белгиленген мөөнөттө жеткирип коюу, аны *жалдоо, фрахт* төлөө жана товарды түшүрүү боюнча бардык чыгымдарды төлөө.

СДЕЛКА ФОРВАРДНАЯ – ФОРВАРДДЫК БҮТҮМ – накта эсептешүүгө жасалган *товар-фондулук мөөнөттүү бүтүм*, мунун маңызы мына мында: макулдашкан келишим боюнча *товар* дароо, ошол замат жеткирилбестен, кийинирек жеткирилет. Бирок акысын (төлөмдү) мурда алдын ала төлөйт жана ар бир контрактты түзүү процессинде бардык шарттары аныкталат. Мындай бүтүм көбүнчө али өндүрүлүп чыгарылбаган товарларга (мисалы, келерки түшүм үчүн) түзүлүп, аларга коюлуучу баа (*валюта* курсу ж.б.) бүтүмдү түзгөн убакта белгиленет. Тараптардын макулдашып келишүүлөрү боюнча жеткирип берүү мөөнөттөрү келгиче баа кез келген маалда аныкталып белгилениши мүмкүн (баанын кийинки белгиленүү бүтүмү). Бул, *банктар* жана *компаниялар* (мисалы, телефон, телекс боюнча) ишке ашыруучу макулдашып келишилген негизде

келечекте валюталарды жеткирип берүү шарттарында түзүлгөн биржадан тышкаркы мөөнөттүү валюта бүтүмү болушу ыктымал.

СДЕЛКА ФЬЮЧЕРСКАЯ – ФЬЮЧЕРСДИК БҮТҮМ – мөөнөттүү *бүтүм;* келишимде көрсөтүлгөн баа боюнча, бүтүмдү түзгөндөн кийин белгилүү бир убакыт өткөн соң төлөө шартында *товарды (тейлөөнү), баалуу кагаздарды* сатып алуу же сатуу боюнча биржалык бүтүмү. Анын максаты – бүтүмдүн мөөнөтүнүн аяктаганына чейин келип чыккан баалардагы же *акциялардын* курстарындагы (баалардын айырмасына карата) айырманы алуу. Фьючерсдик бүтүм боюнча дээрлик бардык учурларда милдеттенме аныкк товарды жеткирип берүү менен эмес, төлөө же баасына карата айырманы алуу жолу менен аткарылат. Мындай бүтүм базарларда баанын бир кыйла өзгөрүүлөрү жана сатылышы жетишерлик көп көлөмдөгү товарлар үчүн кеңири пайдаланылат. Бул, адатта, айыл чарба жана чийки зат товарлары, *валюта, акциялар, облигациялар,* банктык салымдар, *ипотека,* ж.б. болот. Фьючерсдик бүтүм баалардын кескин түрдө жана бир кыйла өйдөлдый болуп турушу менен байланыштуу тобокелдикке салууну азайтууга жана чарбалык иш-аракеттерди кыйла боолголоно тургандай кылууга, *кредитти* арзандатууга мүмкүндүк түзөт. Мындай бүтүмдөрдө сатуучулар баанын төмөндөшүнө (курстун), ал эми сатып алуучулар болсо баанын көтөрүлүшүнө ынтызар болот. *Жөнөкөй фьючерсдик бүтүмдө* милдеттенмелерди белгилүү мөөнөттө – бүтүмдү түзгөн учурда белгиленген курстар жана баалар боюнча аткарууну макулдашып келишишет; *сыйлыктуу фьючерсдик бүтүмдө* – бүтүмдөн баш тартууга же аны баштапкы шарттарда кайра кароого укук алуу үчүн сыйлык алдын ала каралат.

СДЕЛКА ЭКСПОРТНАЯ – ЭКСПОРТТУК БҮТҮМ – тараптардын бири чет элдик мамлекет же анын өкүлү (ишкана, фирма, жеке жак) болуп саналган *бүтүм.* Экспорттук бүтүм, адатта, өлкөдө чет элдик валютанын көбөйүшүнө өбөлгө түзөт.

СЕБЕСТОИМОСТЬ ПРОДУКЦИИ – ПРОДУКЦИЯНЫН ӨЗДҮК НАРКЫ – *продукцияларды (буюмдарды,* жумуштарды, *тейлөөлөрдү), табигый ресурстарды, чийки затты, материалдарды, отундарды,* энергияны, *негизги фондуларды,* эмгек ресурстарын өндүрүү процессинде пайдаланыла тургандардын, аны даярдоо жана сатууга жумшалган башка каражаттардын акчалай туюнтулушу. Базар мамилелеринин шарттарында, ар кандай тармак, ар бир ишкана (фирма, бригада ж.б.) менчик формаларына карабастан, зыян тартып калбагандай болуп иштөөгө тийиш. Продукциянын өздүк наркы экономикалык көрсөткүчтөрдүн өтө маанилүүлөрүнүн бири болуп саналат. Бул экономикалык категориянын маңызы – материалдык чыгымдарды (негизги фондулардын амортизациясын, эмгек пред-

меттеринин керектөө наркын), эмгек акыны, таза кирешенин бир бөлүгүн (мисалы, социалдык керектөөлөргө чегерүүлөр түрүндө), продукцияны даярдоо жана сатуу, өндүрүштү башкаруу жана тейлөө боюнча (жалпы чарбалык, заводдук чыгымдарды) башка чыгымдарды гана эске албастан, ошону менен бирге өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттердин бардык тараптарын, экономиканы башкаруунун ар кандай деңгээлдериндеги жумуштардын натыйжалуулугун бышыктоодон турат. Бул көрсөткүчтүн мааниси *баанын, пайданын* жана *рентабелдүүлүктүн* деңгээлинин калыптанышында өзгөчө маанилүү. Продукциянын өздүк наркы продукциянын наркынан сандык жана сапаттык жактан айырмаланат. Эгерде буюмдун (продукциянын, товардын, жумуштардын, тейлөөлөрдүн) наркы өндүрүшкө керектелген каражаттардын, ошондой эле зарыл кошумча эмгек менен түзүлгөн продукциянын наркынан турса, продукциянын өздүк наркы болсо биринчи эки бөлүктү толук бойдон, ал эми кийинки бөлүгүн – социалдык керектөөгө чегерилген өлчөмдө жана керектелген эмгек предметинин (чийки заттар, негизги жана кошумча материалдар, отун, энергия ж.б.) баасындагы пайданы анча-мынча камтыйт. Ал эми сапаттык айырмачылыгы болсо продукциянын наркы *сурам* жана сунуш менен аныкталып белгиленет, ал эми *продукциянын өздүк наркы* болсо, техниканын жана технологиянын, *эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн* жана баанын, өндүрүшкө жумушчу күчтөрүнүн сарпталууларынын, табигый ресурстарын, эмгек каражаттарын жана предметтерин пайдалануу деңгээлинин жетишилген шартындагы *өндүрүштүн күндөлүк чыгымдары* (продукцияны даярдоо процессиндеги аныкк жана затка айланган эмгек чыгымдардын жыйындысы) менен белгиленет. Продукциянын өздүк наркынын иш-аракеттеги пландоо практикасы жана эсеби өндүрүштүк (*коммерциялык чыгымдарсыз*) жана толук өздүк наркты, б.а. коммерциялык (өндүрүштүк эмес) чыгымдарды эсепке алуу менен алдын ала карайт. Жаңы техниканын экономикалык натыйжалуулугуна баа берүү жана конкреттүү техникалык маселелерди чечүү үчүн көп убакта буюмдун *технологиялык өздүк наркы* деп аталганга таянышат. Продукциянын, жумуштардын, тейлөөлөрдүн же бир түрдүү продуктулардын топторунун айрым түрлөрүнүн өздүк наркына (калькуляциясына) кошуунун ыкмасына байланышууу чыгымдар түз жана кыйыр чыгымдарга бөлүнөт. Түз чыгымдарга буюмдун конкреттүү түрүн же продукциянын бир нече түрлөрүн өндүрүп чыгарууга байланыштуу чыгымдар кирет, бирок, түз байланыш принциби (мисалы, чийки зат жана материалдар, отун, энергия ж.б.) ар бир түрдү даярдоо жана бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгү боюнча жумуштардын көлөмү менен шайкештиктеги байланышы болуш керек. Кыйыр чыгымдарга продукциянын айрым түрлөрү менен түздөн-

түз шайкештиктеги байланышы жок чыгымдар тиешелүү жана атайын ыкмалардын (мисалы, *жалпы өндүрүштүк* жана *чарбалык чыгымдар* ж.б.) жардамы менен өздүк наркка кошулат. **Ишканалардын эл аралык стандартка жана эсептөөнүн дүйнөлүк практикасына өтүшү** чыгымдардын бөлүнүшүн төмөндөгүчө кароону божомолдойт: шарттуу өзгөрүлмөлүү (өндүрүштүк) жана шарттуу-туруктуу (мезгилдүү) чыгымдар, өндүрүштүк өздүк наркты (анчамынча) кыскартып эсептөө жана шарттуу туруктуу чыгымдарды өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттердин натыйжаларына киргизүү. Кээ бир шарттуу үлүштөрү бар мезгилдүү чыгымдарга туура келген калькуляциялык топтоштурулган чыгымдарды жалпы чарбалык жана коммерциялык чыгымдарга, калгандары толугу менен калькуляция статьясына – өндүрүштүк (шарттуу-өзгөрмөлүү) чыгымдарга кошууга болот. Продукциянын өндүрүштүк өздүк наркы шарттуу-өзгөрмө чыгымдардын чектеринде аныкталат. Ал бүтө элек өндүрүштү, өзүнчө даярдалган жартылай-фабрикаттарды, даяр продукцияны баалоого мүмкүндүк берет. Продукциянын өздүк наркынын калькуляциясын түзүүдө чыгымдар, ошондой эле экономикалык бир түрдүүлүк даражасы боюнча төмөндөгүчө топтолуп ажыратылат: жөнөкөй – бир элементтен туруучу (бир элементтүү) чыгымдар, мисалы, эмгек акы жана комплекстүү – түрдүү чыгымдардын бир нече элементтерин (түрлөрүн) камтуучу чыгымдар, мисалы, жалпы өндүрүштүк жана чарбалык чыгымдар ж.б.; өндүрүштүк процесске катышуусуна жараша – негизги – товардын керектөөсүн жана касиеттеринин калыптанышын аныктоочу жана технология менен байланыштуу чыгымдарга жана *кошумча чыгымдарга* бөлүнөт; сарптоонун максаттуулук даражасы боюнча – өндүрүмдүү чыгымдарга – бул сапаттуу продукцияны өндүрүү, жаңы буюмдарды өздөштүрүү менен байланыштуу чыгымдар, жана өндүрүмсүз чыгымдарга – брактан, бош туруп, кем чыгып калуудан, айып тартуудан келип чыккан түрдүү чыгымдарга ажыратылат.

СЕГМЕНТ РЫНКА – БАЗАР СЕГМЕНТИ – *сурам* жана *сунуштун* айырмалуу структурасы менен жана сатып алуучулардын (керектөөлөрдүн) топторунун экономикалык жагдайы боюнча өзүлөрүнүн бир түрдүүлүгүн айкындай турган базар бөлүгү. Базардын натыйжалуу бөлүнүшүнүн (базарды бир түрдүү секторлорго, керектөөчүлөрдүн сегменттерине бөлүү процесси) үч негизги шартын бөлүп көрсөтөт – өлчөнүүчүлүгү, анчалык көтөрүңкү эместиги, пайдалуулугу. Сегменттөө толуктала элек мейкиндикти табууга, *маркетингдин* пайдалуу бюджетин түзүү үчүн айрым секторлордун билим-тажрыйбасын пайдаланууга, базардын иш-аракеттерин жакшыраак түшүнүүгө шарт түзөт. Сегменттөөнүн төмөндөгүдөй түрлөрү бар: географиялык – региондор жана климаттык зоналар, шаарлар жана кыштактар, айыл чарбалык жана өнөр жай оодандары, облустар, өлкөлөр боюнча ж.б.; демографиялык – үй-бүлөнүн курак өзгөчөлүгү, ченемдери, кирешелери, кесиптери, билимдери, дини, улуту ж.б. белгилери; товардын пайдалуулугу – товарга белгилүү бир талаптарды (сапаты, арналышы ж.б.) коюучу керектөөчүлөргө көз карандылыгы; сатуу факторлору – баанын деңгээли, *жарнамалардын* таасиринин даражасы ж.б. факторлор. Сегменттөөгө негиз болуп, ар кандай өзгөрмөлүү көрсөткүчтөрү, ошондой эле айкалыштыруу кызмат кылат. Мисалы, кеңири керектелүүчү товарлар базарын сегменттештирүүдө көбүнчө географиялык, демографиялык ж.б. параметрлерди, ишканалардын базарларын – көп убакта кошумча көрсөткүчтөрдү, керектөөнүн интенсивдүүлүгү сыяктуу, товарды аныктоочу керектөөчүлөрдүн түрдүүлүгүн ж.б. пайдаланышат. Келип чыгуучу мүмкүнчүлүктүн жетиштүү өлчөмдөгү натыйжалуулугуна жетишүү үчүн *компания* (*фирма, ишкана* ж.б.) берилген продукцияга (*товарга, тейлөөлөргө*) күндөлүк жана кийинки сурамга баа берүүнү этияттык менен өтө так жүргүзүү талап кылынат, бир же бир нече базар сегментин тейлөөнү тандоо зарыл (алардын ар биринде кандай жагдайды ээлеш керек экендигин). Компания атаандаштардын товарларын изилдеши керек, товарлардын мүмкүн болуучу касиеттерин айкалыштырууга сурамдын көлөмүн баалап, эмнени өндүрүп чыгаруу керек экендигин чечүүгө тийиш. Базарда белгилүү орунду ээлөө жөнүндө чечимди кабыл алуу аркылуу, фирма аны кармап туруу үчүн маркетинг комплексинин *товар, баа, таратуу* жана *стимулдаштыруу сыяктуу төрт ыкмаларын* айкалыштырууну иштеп чыгат. Ошону менен катар маркетингге каржы бөлүүнүн жалпы суммасы жөнүндөгү маселени чечет. Жаңы базар алкагына чыгууда көпчүлүк фирмалар, адатта, тейлөөнү белгилүү бир сегменттен баштайт (эгерде баштапкысы ийгиликтүү болуп чыкса, анда башкаларын дагы өздөштүрүшү мүмкүн). Өздөштүрүүнүн кезектүүлүгү бардык жагынан алдын ала бааланат. Базарга чыгууну тыкандык менен пландоонун жана анда колдон келген ыңгайлуу абалды ээлеп туруунун мисалы катары япон фирмаларынын иш-аракеттери толук ашкерелейт. Алар базардын өтө олуттуу сегментине мүмкүн болушунча тереңдеп кирип, сатып алуучулардын сурамын канааттандыра турган кадырга ээ болуп, ушундан кийин гана өзүнүн иш-аракеттерин башка сегменттерге оодара баштайт. *Маркетингдин* ушундай ыкмасын жигердүү пайдалануу менен алар автомобиль, фотокамера, саат, турмуш-тиричилик жактан тейлөөнү камсыз кылуучу электроника ж.б. товарлар дүйнөлүк базардын кыйла үлүшүн ээлөөгө мүмкүндүк түзгөн. Ири компаниялар натыйжада базарды толугу менен камтып ээлөөгө аракет кылып, алардын мыктылары, адатта, сунуш-талабы ар кандай болгон түрдүү базар сегментине кайрылат. Эгер ишти мындайча баштабай турган болсо,

анда айрым сегментти атаандаштар эзлеп калышы мүмкүн деп тобокелге бел байлайт.

СЕГМЕНТАЦИЯ РЫНКА – БАЗАРДЫ СЕГМЕНТТӨӨ – кандайдыр бир белгилери боюнча (валютанын, өлкөнүн, региондун, тармактын ж. б. типтери) базарды айрым бөлүктөргө ажыратуу.

СЕГРЕГАЦИЯ (РАЗДЕЛЕНИЕ) ПОЛНОМОЧИЙ – ЫЙГАРЫМ УКУКТАРДЫ БӨЛҮШТҮРҮҮ – бир адамдын ыйгарым укуктарынын кооптуу комбинациясынан четтөө максатында маселелерди жана белгилүү бир жактардын ишин бөлүштүрүү принциби.

СЕКВЕСТР – СЕКВЕСТР (лат. sequestro – тышка коём, ажыратуу, бөлүү) – кандайдыр бир мүлктү (каражаттарды) *пайдалануугa* жана *тескөөгө* мамлекеттик бийлик тарабынан коюлган тыюу салуу же чектөө. Мисалы, секвестр механизми – бюджеттерди (мамлекеттик, жергиликтүү) аткаруу процессинде алардын *тартыштыгы* чектелген деңгээлден ашкан болсо киргизилет, мына ушунун өзү финансылык жылдын калган мезгилине бюджеттин бардык статьялары боюнча ай сайын чыгымдарды тийиштүү түрдө төмөндөтүү зарылдыгын билдирет. Секвестр чыгымдардын статьясына жатпайт, анын курамы *мамлекеттик бюджетте* өлкөнүн мыйзам чыгаруу органдары, *жергиликтүү бюджетте* – тийиштүү эл депутаттар Кеңеши тарабынан аныкталып белгиленет.

СЕРВИС – СЕРВИС (англ. service – кызмат көрсөтүү) – товарларды (буюмдарды) сатууга жана ишке чегерүүгө байланыштуу тейлөө комплекстерин пайдаланууну камсыз кылуучу *маркетинг функциясы*. Сервистик тейлөөнүн сапаты *продукциянын (товардын) атаандаш жөндөмдүүлүгүнө* таасир этип, *сурамды* жогорулатат, фирманын беделин, кадыр-баркын көтөрөт. Сервис – сатууга чейинки жана сатуудан кийинки сервис болуп бөлүнөт (кепилдүү жана кепилден кийинки). Сатууга чейинки сервиске товарларды ташуу маалында келип чыккан оош-кыйыштыктарды четтетүүнү, аны иштиктүү абалга келтирүү жана текшерип сынап көрүү талап кылынат. Сатуудан кийинки кепилдик сервиске – пайдалануу ыкмаларын сатып алуучуга (керектөөчүгө) үйрөтүүнү кошо камтып, буюмдун үзгүлтүксүз ишке чегерилишин камсыз кылуу боюнча бардык жумуштарды акысыз аткарууну жүзөгө ашырат. Кепилдик мезгилде сервис кызматынын адистери сатып алуучуларга үзгүлтүксүз түрдө барып турат да, буюмдун иштешинин тууралыгын көзөмөлгө алып, тиешелүү жумуштарды аткарат, буларга түйүндөрдү жана агрегаттарды жөндөө, майын жана жешилген (керектөөчүнүн күнөөсүнөн эмес сынгандарын) тетиктерин алмаштыруу сыяктуу иштер кирет. Кепилдиктен кийинки сервисте пландык-эскертүүчү, күндөлүк жана ремонттун башка түрлөрү, объектини (буюмду) сарамжалдуу ишке чегерүү боюнча кеңеш берүү иштери аткарылат.

Кепилдиктен кийинки сервис, адатта, белгилүү бир төлөм үчүн *келишим* боюнча ишке ашырылат. Бул сервис даярдоочунун өзүлөрү тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн; ортомчу-жеткирүүчүлөр, атайын адистешкен сервис фирмалары, товар сатуучу агенттер, фирма-сатып алуучулардын адистери тарабынан жүргүзүлүшү ыктымал. Мындай шартта продукциянын сапатына жоопкерчилик сатуучунун мойнуна жүктөлөт.

СЕРТИФИКАТ – СЕРТИФИКАТ (фр. certificat, лат. certum + facere – жасоо). Негизи – туура жасоо деген сөз. Товарлардын экспертизасынын негизинде компетенттүү органдар (инспекциялар, өкүлдүк уюмдар) тарабынан берилүүчү, товардын сапатын күбөлөндүрүүчү документ; атайын мамлекеттик зайымдардын облигацияларынын аты; тигил же бул фактыны күбөлөндүрүүчү документ.

СЕРТИФИКАТ ДЕНЕЖНОГО РЫНКА – АКЧА БАЗАРЫНЫН СЕРТИФИКАТЫ. Жыйнаган акчаларды алуу, иштетүү үчүн банктардын чыгарган кыска мөөнөттүү депозиттик сертификаттарынын бир түрү. Алар боюнча пайыздар, адатта депозиттик сертификаттардын башка түрлөрүнө караганда жогору, 6 айлык *казыналык векселдер* үчүн орточо эсептик (дисконттук) ставкага жетиши мүмкүн.

СЕРТИФИКАТ СБЕРЕГАТЕЛЬНЫЙ – АМАНАТ СЕРТИФИКАТЫ. Акчалай каражаттарды депозиттөө жөнүндөгү жана кредиттик мекемелердин жазуу түрүндөгү күбөлүгү. Ал белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин акча салуучунун депонентти жана ал боюнча пайыз алуу укугун күбөлөндүрөт.

СЕРТИФИКАЦИЯ – СЕРТИФИКАЦИЯЛОО. Сертификаттын же төп келүү белгисинин жардамы менен буюм стандарттын же техникалык шарттардын талабына жооп бергендигин ырастоочу акт.

СИНДИКАТ – СИНДИКАТ (лат. syndicatus – биригүү, кошулуу) – эки жана андан ашык менчик ээлеринин же фирмалардын белгилүү бир (бир жактуу) максатка жетишүү үчүн уюштурулган бирикмеси, монополия формаларынын бири; курамына кирген ишканалардын өндүрүштүк жана юридикалык (бирок коммерциялык укугун жоготуу менен) өз алдынчалыгын сактап калуу менен, бүт коммерциялык иштерди (бааны аныктоо, продукцияны сатууну ж.б.) ишке ашырууну камтыган ишкерлердин бирикмеси. Анын максаты тигил же бул маселени чечүү үчүн бир банктын, ал тургай ири *банктын* каражаттары жетпеген, кандайдыр бир улуттар аралык же улуттук ири долборлорду иш жүзүнө ашыруу үчүн *зайым (карыз)* берүү болушу мүмкүн. Кыйрап калган СССРде (НЭП мезгилинде) синдикат – чийки затты сатып алууну жана өндүрүш продукциясын сатууну ишке ашыруучу өнөр жайынын кандайдыр бир *треттеринин* бирикмеси; Францияда жана башка өлкөлөрдө – кесипчилер бирликтеринин атын билдирет.

СИСТЕМА БАНКОВСКИХ ПЛАТЕЖНЫХ КАРТ – БАНКТЫН ТӨЛӨМ КАРТТАРЫНЫН СИСТЕМАСЫ –карттарды колдонуу менен накталай эмес эсептешүүлөрдү уюштуруу үчүн нормалардын, тартиптин, мекемелер жана программдык-техникалык каражаттардын жыйындысы.

СИСТЕМА МАРКЕТИНГОВОЙ ИНФОРМАЦИИ – МАРКЕТИНГ МААЛЫМАТЫНЫН ТУТУМУ – *маркетингдик иш-чараларды* аткаруу үчүн өзөмөлгө алуу жана ишке ашыруу, пландоону өркүндөтүү максатында *маркетинг чөйрөсүн* башкаруучулары пайдаланылуучу азыркы кездеги так жана актуалдуу маалыматтардын таралышы, бааланышы, анализ жасалышы, классификацияланышы жана жыйналышы үчүн арналган адамдардын, жабдуулардын жана методикалык ыкмалардын өз ара катыштарынын туруктуу иш-аракеттеги системасы. *Маркетингди башкаруу* боюнча өзүнүн милдеттерин аткаруу процессинде жетекчилер эбегейсиз көп сандагы маалыматка муктаж болот. Аларга зарыл маалыматтар көп убакта жетишпейт, өтө кеч келет же ишенимди актабайт. Фирмалардын көпчүлүгү маалыматты камсыз кылуунун жетишсиздигин сезип жана аны өркүндөтүү боюнча иш чаралар көрүлөт. Ар тараптан иликтелип пландалган маркетинг маалымат тутумунун курамы, адатта, анын тутумун түзүүчү төмөндөгүдөй төрт бөлүктөн турат: Биринчиси – ички отчеттуулук тутуму, бул күндөлүк сатууну, чыгымдардын өлчөмүн, материалдык запастардын көлөмүн, накта колдогу акчалардын жүгүртүлүшүн, *дебитордук* жана *кредиттордук карыздарды* чагылдырат. Эң мыкты электрондук техникалык каражаттарды колдонуу фирмаларга кыйла кыска мөөнөт ичинде эң мыкты маалыматтарды камсыз кылууга жөндөмдүү ички отчеттуулуктун жетилген системасын түзүүгө жардам берет. Экинчиси – тышкы маалыматты жыйноо тутуму – бул маалымат булактарынын жана методикалык ыкмалардын жыйнагы болуп эсептелет. Ушулар аркылуу фирма жетекчилери коммерциялык чөйрөдө болуп жаткан окуялар жөнүндө күн сайын маалымат алып турат. Мындай маалыматтын сапатын жакшыртууга мыкты окутуп-үйрөтүлгөн сатуучулар, маалыматтын жыйналышына жооп берүүчү атайын кызматкерлер, борбордоштурулган жеткирип-тапшыруучулар маалыматтарды алуу (сатып алуу жөнүндө), маалымат жыйноочу мекеме олуттуу түрткү берет. Үчүнчүсү – маркетинг изилдөөлөрүнүн тутуму, ишкананын (фирманын, компаниянын) алдында келип чыккан маркетинг жагдайы, маалыматтарды жыйноо, анализ жасоо жана натыйжалар жөнүндөгү отчет менен байланышта зарыл маалыматтар алкагын ыраатуу түрдө аныктоону камтыйт. Маркетингди изилдөөчүлөр тарабынан чечилүүчү тиешелүү маселелерге базар жагдайын, анын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөнү, фирмалардын (ишканалардын

ж.б.) ортосундагы базар үлүштөрүн бөлүштүрүүнү, сатууну анализдөөнү, атаандаштардын товарларын изилдеп көрүүнү, кыска жана узак мөөнөттүү божомолдоону, жаңы товарга карата көз караш, баа саясатын изилдөөнү ж.б. кошууга болот. Төртүнчү – маркетингдик маалыматтарды анализдөөнүн тутуму, мында маркетингдик чечимдерди кабыл алуу процессинде базар ишкерлери пайдалануучу маалыматтарды жана моделдерди статистикалык нуктан иштеп чыгуунун азыркы кездеги методикасы пайдаланылат. Ар кандай системаны мындай анализдөөнүн негизин төмөндөгүлөр түзөт: статистикалык банк – маалыматтарды өз алдынча топко бөлүштүрүп ылгоо алкагында өз ара байланыштуулугун толук ачууга жана алардын ишенимдүүлүк даражасын белгилөөгө мүмкүндүк түзүүчү маалыматтарды статистикалык нуктан иштетүүнүн азыркы кездеги ыкмаларынын жыйындысы; моделдер банкы – базар ишкерлери тарабынан бир кыйла оптималдуу маркетинг чечимдерин кабыл алууга өбөлгө түзүүчү математикалык моделдердин жыйнагы.

СИСТЕМА НАЦИОНАЛЬНЫХ СЧЕТОВ – УЛУТТУК ЭСЕП-ЧОТ СИСТЕМАСЫ – берилген статистикалык байкоолору туташ жана тандап алып бир нукка салуу, жалпылоо боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун эл аралык сунушу. Бул өз ара байланышкан баланстык таблицалардын тутумун камтыйт да, анын көрсөткүчтөрү кирешенин, керектөөнүн, жыйымдын жана капиталдык чыгымдардын чондугун аныктоо үчүн керектелет.

СИСТЕМА ПОСТАВКИ ПРОТИВ ПЛАТЕЖА – ТӨЛӨМ УТУРЛАП БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ – бир активди жыйынтыктап которуу, башка бир активди жыйынтыктап которуу ишке ашырылгандан кийин гана жүрө тургандыгын гарантиялоочу эсептешүүлөр системасындагы механизм. Активдер чет өлкө валютасы, баалуу кагаздар жана башка финансы инструменттери түрүндө болушу мүмкүн.

СИСТЕМНЫЙ РИСК – ТУТУМ ТОБОКЕЛДИГИ – төлөм тутумуна катышуучулардын бири тарабынан төлөөлөр боюнча өз милдеттенмелерин аткара албай калуусуна, төлөө мөөнөтү келип жеткенде башка катышуучулардын өз милдеттенмелерин аткаруу үчүн мүмкүнчүлүгүнүн жоктугуна алып келген оңтойсуз жагдайдын келип чыгышы. Аткарылбай калган мындай милдеттенмелер бүтүндөй төлөм тутумунун туруктуулугуна коркунуч туудурушу мүмкүн.

СИФ – СИФ (англ. CIF, Cost – нарк, insurance – камсыздандыруу, freight – фрахт; chargedin full – толук төлөм, чыгымдын баасы) – тышкы соода-сатыктагы *сатып алуу-сатуу келишиминин* (шартнаманын) түрү; *товарларды* жеткирип тапшырууда СИФ шарттарында контрактта көрсөтүлгөн анын сатылуучу баасына товардын наркы, камсыздандырууга

кеткен жана портко чейинки транспорт чыгымдары кирет. *Кара. ФОБ, ФАС.*

СКИДКИ ЦЕН – БААНЫ ЖЕҢИЛДЕТҮҮ, АРЗАНДАТЫП БЕРҮҮ. Эркин баа коюу учурундагы ишкананын коммерциялык стратегиясынын куралы. Дүйнөлүк коммерциялык практика сатып алынган буюмга төлөөнүн ылдамдыгы (накталай төлөөлөр), партиянын өлчөмү, жыл ичиндеги сатып жиберүүнүн көлөмү сыяктуу фактыларды билет. Арзандатуунун түрлөрү жана өлчөмү фирманын коммерциялык купуя сыры болуп эсептелет.

СКОЛЬЗЯЩАЯ ЦЕНА – ЖЫЛМА БАА – узак мөөнөт менен жасалуучу буюмдарга коюлуучу баа; бул буюмдарды жасоо үчүн керектүү убакыттын ичинде аларды өндүрүүдө жумшалган чыгымдардын өзгөрүшүн эсепке алууга мүмкүнчүлүк берүүчү жылма принцибинин нугундагы эсептөөлөр. Мында өндүрүш чыгымдары чийки затка, материалдарга, күйүүчү майларга баанын, ошондой эле эмгек акынын ж.б. өзгөрүшүнөн улам өзгөрүлүп турат.

СЛИП (КАРТ-ЧЕК) – СЛИП (КАРТ-ЧЕК) – транзакцияларды жүзөгө ашырууда алар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн негизи болгон жана анын ишке ашырылгандыгын тастыктаган терминал, банкомат же башка кагаз жүзүндөгү документ.

СМАРТ-КАРТА – СМАРТ-КАРТА – маалыматты алып жүрүүчү интегралдык схема (микропроцессор) болуп саналган карт. Электрондук төлөмдөрдү жүргүзүүдө смарт-картада өздүк жашыруун килит сакталат жана электрондук цифралык кол тамга түзүү иши жүргүзүлөт.

СМЕТА ЗАТРАТ – ЧЫГЫМДАРДЫН СМЕТАСЫ. Чыгымдардын экономикалык элементтери боюнча түзүлүүчү белгилүү календардык мөөнөттүн ичинде продукцияны өндүрүүгө жана сатууга кеткен ишкананын чыгымдарынын толук тизмеси.

СМЕШАННАЯ ЭКОНОМИКА – АРАЛАШ ЭКОНОМИКА – жеке менчикке негизделген базар механизми менен башкарылуучу жана базар механизмине таянган коомдук институттар, өкмөт салык саясаты аркылуу таасир этүүчү белгилүү бир экономикалык структуранын шайкеш келиши.

СМЕШАННЫЕ АКЦИОНЕРНЫЕ ОБЩЕСТВА – АРАЛАШ АКЦИОНЕРДИК КООМДОР. Биргелешип өндүрүү, сатуу же финансылык, камсыздандыруучу, транспорттук жана башка операцияларды жүргүзүү максатында түзүлүүчү ишканалар.

СМИТ (SMITH), АДАМ (1723–1790) – англиялык экономист, классикалык экономиканын негиздөөчүлөрүнүн бири. 1766-ж. – "Табигатты жана калк байлыктарынын себептерин изилдөө жөнүндө" деген өзүнүн тиричилигиндеги башкы чыгармасын жараткан; ал экономикалык илимде биринчи жолку, толук баалуу эмгек

болуп саналып, илимдин жалпы негизи – өндүрүш жана бөлүштүрүү теориясы, бул абстрактуу принциптердин тарыхый материалдарда алардын иш-аракеттерин талдоо (анализдөө) жана экономикалык саясатта алардын колдонулуштарынын бир катар мисалдары баяндалып жазылган. Смиттин бул эмгеги дүйнөдөгү бүт кийинки убактагы экономикалык ой-пикирлердин өнүгүшүнө жана көптөгөн мамлекеттердин саясатына чоң таасир көрсөткөн. "Табигат жөнүндө изилдөөлөр ..." эмгегиндеги башкы ой-пикир – бул "көзгө көрүнбөгөн колдордун" иш-аракеттери: биз өзүбүздүн наныбызды набайчынын ырайымдуулук кылганынан албастан, анын керт башынын камын ойлогон кызыкчылыгынан алабыз. Смит менчик кызыкчылыктары белгилүү бир коомдук шарттарда анын кызыкчылыгы менен бардык жагынан айкалышуусу мүмкүн болгон керектөөлөрдү максималдуу канааттандыруу доктринасын сунуш кылган. Ал эмгектин бөлүштүрүлүшү эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып, байлыктын өсүшүн ылдамдатат жана адамзаттын бүт тарыхынын эң маанилүү фактору болуп саналарын айкын белгилеген. Смит меркантилисттердин акчага бирден-бир байлык катары көз карашын туура эмес деп эсептеген, кала берсе, ал күмүш менен алтынды кагаз акчалар менен алмаштыруу максатка ыңгайлуу деп жарыялаган. Муну менен катар, ал металл акчалардан айырмасы кагаз акчалар кайрылуу каналдарын толтуруп жиберип, кунсуз болуп калышы ыктымал экендигин көрө билген, ошондуктан кагаз акчаларды банк чектелген сандарда чыгарууга тийиш деген. Смит кредиттик акчаларды бөлүп көрсөтүп, банкноттордун эмиссиясы өндүрүштүн өсүшүнө таасир кыларын тааныган. Смит нарк теориясынын өнүгүшүнө бир кыйла салым киргизген. Ал товарды өндүрүп чыгарууга сарпталган эмгекти жана товарларды алмаштырууну аларда туюнтулган эмгектин өлчөмү менен байланыштырып наркты аныктап белгилеген. Смит товардын табигый жана базардык баасын чектеп бөлгөн. Табигый баа деп, ал нарктын акчалай туюнтулушун түшүнгөн, бул болсо, "борбордук баа болуп эсептелип, ага дайыма бардык товарлардын баалары тартылат", б.а. товарлардын атаандаштар тарабынан аныкталып белгиленүүчү орточо баасы келип кошулат. Пайданын жана пайыздын нормасынын төмөндөш деңгээлин Смит экономикалык жогорку өнүгүүнүн жана "насилдин тазалыгынын" көрсөткүчү катарында мүнөздөгөн, бирок пайданын нормасынын төмөндөөгө карата келип чыккан жагдайын түшүндүрө алган эмес. Ал биринчи ирет негизги жана айланым капиталынын терминин киргизген жана кандай тармакта колдонулганына карабастан (айланышсыз), негизги жана айланым капиталынын категориясын бардык иш-аракеттеги (функция аткарган) капиталга колдонгон. Смит мамлекеттин финансылык иш-аракеттерине өзгөчө маани берген. Ал салык сая-

сатынын теориялык негизин түптөп, салыктар "жарандардын күчүнө жана жөндөмдүүлүгүнө" шайкеш келүүгө тийиш деп баса белгилеген.

СОБСТВЕННОСТЬ – МЕНЧИК. Өндүрүштүк каражаттардын жана алардын жардамы менен даярдалган материалдык байлыктарды өзүнө ыйгаруу үчүн адамдардын бири-бирине жасаган мамилеси. Менчик экономикалык категория катары өндүрүштүн (өзүмдүк кылуунун) тигил же бул формасын аныктаган өндүрүштүк карым-катнашты, мамилени туюндурат. Ал менчик мамилелеринин эки тибинде болот: жеке менчик жана коомдук менчик түрүндө калыптанган. Жеке менчик инсандын социалдык же башка топтордун кызыкчылыктары бүтүндөй башка кызыкчылыктардан өйдө көрсөтүүчү өзүмдүк кылуунун (өндүрүштүн коомдук формасы) түрүн айкындайт. Коомдук менчик кызыкчылыктарын ишке ашыруу өз ара макулдашуунун негизинде ыңгайлаштырылган өзүмдүк кылуунун түпкү тегин айкындайт. Мындай макулдашып келишүү коомдун жалпы кызыкчылыгын сактоо жана ар бир инсандын эртеңкиси үчүн негизги шарты болуп эсептелет. Базар мамилелеринин шартында менчиктүүлүктүн калыптанган мамилелери коомдун тарыхый, маданий, улуттук, геосаясат, демографиялык ж.б. өзгөчөлүктөрүнө тыгыз байланыштуу келип, анын экономикалык тутумунун өзөгүн түзөт. Азыркы базар экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө менчиктин бардык формалары мамлекеттик жана жеке менчик болуп эки чоң топко ажырайт. Акыркысына мамлекеттик менчиктен сырткары менчиктин бардык түрлөрү дагы кирет. Менчиктин жеке формасынын чегинде булар жекече, акционердик ж.б. формаларына ажырайт. Кыргыз Республикасынын экономикасынын алкагында менчиктин төмөндөгүдөй формалары калыптанууда. *1)* **Жарандардын менчиги:** түрдүүчө пайдаланууга ылайыкталган курулуштар, транспорттук каражаттар, өндүрүш куралдары; жекече керектөөнүн предметтери; акча каражаттары, *акциялар* ж.б. *баалуу кагаздар*; өзүмдүк өндүрүштүн продукциясы; өнөрканалар, *чакан ишканалар*; дыйкандардын жана жеке көмөкчү чарбанын менчиги. *2)* **Жамааттык менчик:** *ижаралык ишканалар; жарандык ишканалар; кооперативдер; акционердик коомдор; чарбалык шериктештик* жана *ассоциациялар*; коомдук жана диний уюмдар. *3)* **Мамлекеттик менчик** ич ара федералдык жана муниципалдык (коммуналдык) болуп ажырайт. *4)* **Биргелешкен орток ишканалардын, чет өлкөлүк жарандардын, уюмдардын жана мамлекеттин менчиги.**

СОБСТВЕННОСТЬ ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНАЯ – ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК – адабий, көркөм жана илимий чыгармаларына, адамдын бүтүндөй иш-аракеттери менен ойлоп табууларга, илимий ачылыштарга, өнөр жайлык менчиктин айрым түрлөрүнө, ошондой эле эл аралык келишимдерде адилетсиз

атаандаштыктан сактоочу укугуна тиешелүү укуктар.

СОВМЕСТНЫЕ ПРЕДПРИЯТИЯ – БИРГЕЛЕШКЕН ОРТОК ИШКАНАЛАР. Тигил же бул өлкөлөрдүн аймагында чет өлкөлүк компаниялардын катышуусу менен түзүлүүчү ишканалар. Менчик жөнүндөгү мыйзамга ылайык чет өлкөлүк компаниялар Кыргыз Республикасынын аймагында өз менчигине, ошону менен бирге өнөр жай ишканаларынын жана чарбалык иш-аракетти жүргүзүүгө зарыл мүлктөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн алышкан. Эгерде тиешелүү ишти жүргүзүү үчүн жетиштүү шарттар түзүлүп берилсе жана салык салууда орточо өлчөмдөр коюлса, анда чет өлкөлүк компаниялар базарды жогорку сапаттагы товарлар менен камтууга мүмкүндүк түзө алышат. Биргелешкен орток ишканалар кыйла пайдалуу, себеби алар тыштан алдыңкы технология үлгүлөрүн тартууга, башкаруу тажрыйбасын алууга жана базарды товар менен камсыз кылууга маанилүү өлчөмдө жардам берет.

СОВОКУПНОЕ ПРЕДЛОЖЕНИЕ – ЖЫЙЫНТЫКТАЛГАН СУНУШ – өлкө ичинде өндүрүлүүчү товарларга жана тейлөөлөргө, ошондой эле аларды импорттоого сурамды канааттандыруу үчүн макроэкономикалык деңгээлдеги товарларга жана тейлөөлөргө болгон сунуш. Муну улуттук продуктунун синоними катарында кароого да болот. Жыйынтыкталган сунуш чыгымдардын өлчөмдөрүнө, эмгек базарынын, капиталдын, жер жана башка табигый ресурстардын, технологиянын жана ошого ылайык өндүрүмдүүлүктүн өзгөрүлүшүнө байланыштуу болот.

СОВОКУПНЫЙ СПРОС – ЖЫЙЫНТЫКТАЛГАН СУРАМ – *1)* Операциялык система менен өндүрүлүүчү бардык товарларга жана тейлөөлөргө жыйынтыкталган сурам. Буюмдардын бир нече түрлөрүн өндүрүп чыгаруучу ишкана үчүн өткөн же учурдагы айга карата жалпы сурамын өлчөөгө мүмкүн, мисалы, киши-саат түрүндөгү эмгек чыгымдары же жабдуулардын иштетилген сааттары боюнча. *2)* Жалпы эле экономика боюнча, тагыраак айтканда, бүтүндөй чыгарылган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө жумшалган чыгымдар баанын деңгээлине, калктын киреше өлчөмүнө, келечекке карай умтулууларга, салыктарга, өкмөттүк чыгымдарга жана акчага болгон сунуштарга тыгыз байланыштуу болот.

СОИЗМЕРЯТЬ ИЗДЕРЖКИ И ПРИБЫЛЬ – ЧЫГЫМДЫ ЖАНА ПАЙДАНЫ САЛЫШТЫРУУ. Эгерде ишкерлер ишкананын (фирманын) натыйжалуу иштешине умтулса, анда алар бүгүнкү күндүн өлчөмүндө аракет кылбастан, ириде келечекке, *ишкананын, компаниянын* эртеңки өсүшүнө багыт жасоосу зарыл. *Базардык атаандаштыктын* жетиштүү өлчөмдө калыптанышы үчүн ишкана кирешесинин туруктуулугун камсыз кылуу, эң алды менен өнүгүүнүн өзүнө ылайыктуу стратегиясы болушу зарыл. Анткени ал өз продукциясын

сатуу базарында гана эмес, бардык базардык мамилелердин тутумунда да, айыгышкан атаандаштыкка дуушар болот. Ошондуктан товар сатуунун көлөмүн гана эске алуу, аныктоо маанилүү болбостон, өндүрүшкө эң аз чыгым жумшоону, сапатын эсепке алуу, жакшыртууну камсыз кылуу керек. Ишин ийгиликтүү жүргүзгөн ишканалар товардын, буюмдардын жаңы түрлөрүн иштеп чыгып, өзүнүн продукциясынын сапатын такай жакшыртып, кеткен чыгымын төмөндөтөт. Керектөөчү болсо дайыма сапаттуу, бышык товарларды сатып алгысы келет. Андыктан сапатка карата аракет кылуу ички жана тышкы базарда, атаандаштыктын стратегиясынын эң негизги маанилүү көрсөткүчү болуп эсептелет. Пайда алуу максатында базарды изилдөө, ага сатып алуучунун талаптарына ылайыктуу продукцияны жеткирүү дайыма зарыл болуп турат. Ишкер кайсыл гана ишти баштабасын ал дайыма "экономиканын алтын эрежесин" эстен чыгарбашы зарыл. Эгерде түшүүчү кирешелер чыгашадан арбын болоорун билсе, анда артка кылчактабай түз эле ишти баштай бергени туура болот. Бирок, алдыга улам илгерилөө менен катар бардык варианттарды салмактап, он жана терс жактарын бышыктап көрүү керек. *Чыгашаны* жана продукцияга (товарга) карата *сурамды* аныктап, өндүрүш көлөмүн жана пайданын өлчөмүн белгилеп, базардын үстөмдүк даражасы, өндүрүштүн факторлору ж.б. баанын өзгөрүлүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталат. Эгерде конъюнктура чын эле болсо анда, бардык чыгарылган продукция кыйла ийгиликтүү сатылат. Бирок, акыры келип эле баанын, чыгашанын жана жалпы өндүрүштүн көлөмүнүн негизинде келип канчалык пайда түшөрүн алдын ала билүү базар экономикасынын шартында өтө маанилүү болуп саналат.

СОЛО-ВЕКСЕЛЬ – СОЛО-ВЕКСЕЛЬ (ит. solo – бир, бирден бир, жалгыз). Бул жерде *жөнөкөй вексель* маанисин билдирип жатат. Бул төлөмдү ишке ашыра турган бир гана кишинин коюлган колу бар вексель.

СОПОСТАВИМАЯ ЦЕНА – САЛЫШТЫРЫЛУУЧУ БАА – айрым мезгилдерде өндүрүш көлөмүнүн, товар айлануунун, ошондой эле экономикалык башка көрсөткүчтөр нарк менен чагылдырып салыштырууда шарттуу түрдө колдонулуучу кандайдыр бир тиешелүү жылдагы же күндөгү баа.

СОЦИАЛЬНАЯ АССОЦИАЦИЯ – СОЦИАЛДЫК АССОЦИАЦИЯ (союздар, фондулар, федерациялар). Муну ишканалардын, мекемелердин жана жарандардын бирикмеси катары эсептесе болот. Өзгөчө шарттарда буга мамлекеттик институттар да кирип, алар коомдун өнүгүшүндөгү кандайдыр бир чөйрөсүндөгү социалдык катмарларды же жарандарды коргоо максатында кызматташууга багытталган. Мындай ассоциациялардын курамында көп убакта негизги орунду кайрымдуулук фондулары ээлейт.

СОЦИАЛЬНАЯ ЗАЩИЩЕННОСТЬ НАСЕЛЕНИЯ – КАЛКТЫН СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН КОРГОЛУШУ. Жумушсуздук, кембагалдык, инфляция сыяктуу олку-солку кылуучу факторлорго каршы иштөөчү мыйзам менен бекемделген (экономикалык, укуктук, социалдык) кепилдиктин тутуму.

СПОНСОР – ДЕМӨӨРЧҮ (англ. sponsor) – кандайдыр бир ишти уюштурууга жардам берүүчү, демилгечи, каражат бөлүүчү, акча кайрылуучу инсан, мекеме, уюм. *1)* Кепил болуучу, кепилдикке алуучу, *гарант*; *2)* экономикалык (долборду), социалдык иш-чараларды жүргүзүүнү финансылаган (каржылаган) *жеке* же *юридикалык жак*; *3)* түрдүү иш-чараларды уюштуруучу, чечүүчү, сүрөөчү.

СПОНТО – СПОНТО. Бул термин эл аралык соода практикасында колдонулуусу менен алып-сатуу келишиминде каралган товардын базистик баасынан жасалган жеңилдетүүнү билдирет.

СПОТ – СПОТ (англ. spot – накта, токтоосуз төлөнө тургандар). *1) Товарларды* же *валютаны* токтоосуз же өтө тез алып келип сатуу жүргүзгөндөгү баа; *2)* накта товар же валюта үчүн жеткирип-тапшыруу жана токтоосуз төлөөгө түзүлгөн *бүтүмдүн* бир түрү. Мисалы, спот шарттарындагы валюталык бүтүм үчүн жеткирип-тапшыруу бир сутка же эки жумушчу күнүнүн ичинде жүргүзүлөт.

СПРОС – СУРАМ – товардык чарбага жана алмашууга, соода чөйрөсүнө кеңири таандык экономикалык категория. Сурам ар кандай товарларга көп түрдүүлүгү жана туруктуу алмашып турушу менен айырмалануучу көп сандаган керектөөчүлөрдүн ар кыл талаптары менен топтолгон коомдук керектөөсүн көрсөтөт. Сурамдын көлөмү жана структурасы түрдүү фактордун санына жана таасирине байланыштуу болот. Сурам сунуш менен дайыма өз ара тыгыз аракетте болуп турат. Булардын базардагы мындай өз ара катышы товардык чарбачылыктын бирден бир негизги экономикалык мыйзамдарын түзөт.

СПРОС И ПРЕДЛОЖЕНИЕ – СУРАМ ЖАНА СУНУШ. Сурам – бул базарда тийиштүү акча каражаттары менен камсыз кылынган керектөөлөрдү туюнткан форма. Сурам төлөө жөндөмдүүлүгү бар керектөө катары болот. Демек, тигил же бул товарларды же тейлөөлөрдү сатып алуу үчүн акчалай каражаттары бар сатып алуучунун керектөөлөрү түрүндө болот. Сунуш – бул базарда болгон товарлардын жыйындысы, алардын өндүрүлүүгө жана товар өндүрүүчүлөрдү канааттандырган баалар менен сатылууга жөндөмдүүлүгү болуп эсептелет. Бир эле убакыттын ичинде товардын базардык баасынын жана ага болгон сурамдын акчалай көрүнүштөрүнүн ортосунда белгилүү бир өлчөмдө катыш пайда болот. Ушундай жагдайда сурамдын экономикалык мыйзамы өзүнүн иш-аракетин көрсөтөт. Эгерде товарларга карата баалар өссө (башка шарт-

тар бирдей болсо), анда сурам азаят. Кокус өндүрүш сатылууга көбүрөөк товарларды чыгарса, сунуш кылынса, анда алардын арбып кеткен саны төмөндөтүлгөн баалар менен гана сатылат. Демек, товардын базардык баасы менен сатып алуучулук көлөмүнө (санына) коюлган сурам дайыма белгилүү катышта болуп турат. Баанын жана товардын сатылып алынуучу санынын ортосундагы өз ара байланышты шарттуу сан түрүндө мисал катары көрсөтүүгө болот.

Базар алкагында сатылуучу товарлардын санынын жана баасынын катышы

Сатылып жаткан товарлардын түрдүүлүгү	Акчалай түрүндөгү товарлардын 1 бирдигинин баасы	Сурам, б.а., сатылуучу товарлардын саны
А	50	10
Б	40	30
В	30	50
Г	20	75
Д	10	90

Мындай катыш сурамдын динамикасын, өзүнчө алынган бирдик убакыттагы баанын деңгээлине карата товардын сатылуу санынын өзгөрүшүн көрсөтөт. Товар баасынын көтөрүлүшү, ар кыл шарттын өзгөрүлбөшүнүн негизинде сурам төмөндөйт. Сатылуучу мындай товардын саны да азаят, акырындап төмөндөйт. Белгилүү товар базарынын кеңейиши, б.а. анын санынын сатык үлүшүнүн өсүшү ошол товардын баасын төмөндөтүү зарылчылыгын көрсөтөт. Ушундай шартта бааны билгичтикте учурунда төмөндөтпөсө, ал товар жакшы өтпөй же такыр сатылбай калышы мүмкүн. Сурамга негизинен төмөнкү факторлор таасирин тийгизет: *1*) Фирмадагы кирешенин деңгээли. *2*) Белгилүү бир товардын базардык чени жана анын сатыктагы саны. *3*) Бири-бири менен байланышкан товарлардын болушу. *4*) Сатып алуучунун товарга карата субъективдүү көз карашы жана психологиялык жактан калыптанышы. Бардык товарлардын өндүрүү көлөмүнүн өсүшү же төмөндөшү базар экономикасынын шартындагы баанын калыптанышына, анын өзгөрүшүнө тыгыз байланыштуу. Мында сунушка кандай факторлор таасир тийгизе тургандыгы олуттуу орунду ээлейт. Товар өндүрүүчүлөр өндүрүмдүү экономикалык жана чарбалык иш-аракетти адатта каалоолору боюнча эмес, жагдайга карата, кирешe (пайда) алуу үчүн алек болушат. Эгерде чыгарылып жаткан продукцияга баа өссө, демек, коомго мындай товар зарыл, товар өндүрүүчүлөр бул жөнүндө ушундай товарлардын белгиленген баасы аркылуу кабардар болуп турат. Эгерде баанын ушундай деңгээли товар өндүрүүчүлөрдүн тарткан чыгымдарын толуктай берсе жана каалаган пайданы алууга ишенимин арттырса, анда бул өндүрүштүн туура жолго коюлгандыгын жана сурам ага ыкталышканынын эң туура *критерийи* болуп

кызмат кылат. Базардагы товардын сунуш көлөмүнө баа эле эмес дагы башка факторлор да таасирин тийгизет. Аларга төмөндөгүлөрдү кошууга болот: *1*) Өндүрүш технологиясы (эң жаңы, сапаттуу технология колдонулса, анда өндүрүштүн солгундап калуусун арылтуу менен бирге продукция көп өндүрүлүп, сапаты кыйла жакшыра баштайт жана сунуш арбыйт. *2*) Экономикалык ресурстарга карата баа (ресурстарга карата баанын төмөндөшү сунуш кылынган товардын санынын арбышына алып келет). *3*) Товар өндүрүүчүлөрдүн саны (алардын саны канчалык көп болсо, сунуш кылынган товардын саны ошончолук арбын болот). *4*) *Салыктар* жана *субсидиялар* (салыктын жогорулашы сунуштун төмөндөшүнө алып келип, ал эми субсидия болсо өндүрүштүн кеңейишине шарт түзөт). Баанын өзгөрүлүп турушу товарга карата сурамдын жана сунуштун өйдө-төмөн болуусун көрсөтөт. Баанын көрсөтүлүшү болсо сунуш кылган продукциянын жана товар өндүрүүчүлөрдүн ортосундагы атаандаштыкты алгач билдирет. Экономикалык теорияда мындайча туюнтулат: *товар* дайыма жетишпейт, анткени ар бир инсанга каалаган товарын алууга толук мүмкүнчүлүгү болбойт. Жетишпеген ресурстарды өндүрүүдө жана керектөөдө баа өзү ийкемдүү каражат катары эсептелинет. Ашыкча керектөөлөрдү токтотуп, өндүрүштү кеңейтүү үчүн баа өсөт. Керектөөнү стимулдаштыруу, өндүрүштү кыскартуу үчүн жана ашыкча запастарды топтоону токтотуу үчүн баа төмөндөйт.

СПРОС ПЛАТЕЖЕСПОСОБНЫЙ – ТӨЛӨӨГӨ ЖӨНДӨМДҮҮ СУРАМ. Акча түрүндө берилген коомдук талап, төлөө каражаттары менен камсыз болот.

СПРЭД – СПРЭД (англ. spread) – *Баанын, курстун, ставканын* ортосундагы айырма.

СРОЧНЫЕ ВКЛАДЫ – МӨӨНӨТТҮҮ САЛЫМДАР – бир жылдан кем эмес мөөнөткө банк мекемелери тарабынан кабыл алынуучу сактам.

ССУДА – ССУДА – *жеке* же *юридикалык* жакка берилүүчү *займ*. Бир тараптын (инсандын) акча же материалдык баалуулуктарды башка тарапка (инсанга) белгилүү мөөнөткө пайдалангандыгы үчүн ссудалык пайызы менен кошо төлөп берүү шартында берилген карыз. Термин займдын синоними катарында, ошондой эле *кредиттөө операцияларын* белгилөө үчүн пайдаланылат. *Кара. Кредит.*

ССУДНЫЙ КАПИТАЛ – ССУДА КАПИТАЛЫ – кайтарып берүү жана *ссудалык пайыз* түрүндө төлөө шарттары менен *юридикалык* жана *жеке жактарга* акча каражаты түрүндө берилүүчү *капитал*. Убактылуу бош акча капиталынын пайда болушу жана алардын ссудалык капиталга айланышы капиталдын жүгүртүлүшүнүн негизинде түзүлүп, анын жүгүртүлүшү болсо өндүрүш жана анын үч функционалдуу (*акча, өндү-*

(пул, товар) формаларынын жана стандарттарынын биринчи болуп саналган айлануу чөйрөсүндө ишке ашырылып турат. *Ссуда капиталы* менен *кардарлык* (карыз алуучунун) ортосунда ортомчулукту *банктар, фондулук биржалар* жана бир кыйла суммалагы бош акча каражаттарын топтоп, *кредитке берүүчү* башка мекемелер аткарат. Түшкөн кирешелер жана карандардын аманат салымдары дагы анын булагы болуп саналат. Ссуда капиталынын негизги формалары – *банктык кредит* жана *коммерциялык кредит*. Булар пайыз алып келип, натыйжада ссуда капиталынын наркы өсөт.

ССУДНЫЙ ПРОЦЕНТ – ССУДАЛЫК ПАЙЫЗ – акча каражаттарын белгилүү бир мезгил аралыгында пайдалангандыгы үчүн кардардан (карызкордон) *кредитордун* ала турган төлөмү (акча *ссудасын* пайдалангандыгы үчүн баасы). Ал кредитор менен кардардын – ссуда алуучунун ортосундагы мамилени туюнтат. Ссуда пайызынын нормасын *сурам жана сунуш*, ошондой эле экономика нугунда калыптануучу орточо *пайданын* нормасы белгилейт. Пайданын орточо нормасына ишкердик кирешеси кошулган нормасына барабар болот. Мындан ишкер жалпы өзүнүн менчик капиталы менен операция жасай турган болсо да, ал төмөндөгүдөй эки тараптуу сунуш кылат: капиталдын менчик эсеби (ссудалык пайыз нормаларынын чегиндеги пайданы алууга талаптануу менен) жана өзүнүн жасаган аракеттерин ишке ашыруудан киреше алуучу ишкер катары. Эгерде ссудалык пайыздын нормасы пайданын орточо нормасынан же белгилүү бир инвестициялануучу долбор боюнча алына турган рентабелдүүлүк нормасынан көп же ага барабар болсо, анда *инвестор* (*ишкер*) бул долборду ишке ашырбай тура турууну көздөйт. *Кара. Процентная ставка – пайыздык чен.*

ССУДЫ БАНКА – БАНК ССУДАСЫ – пайызын төлөтүп алуу менен *кредитке* берилүүчү *банктын* акча каражаттары. Мөөнөттөрү боюнча – кыска, орто жана узак мөөнөттүү болуп ажыратылат.

СТАВКА ПРОЦЕНТА – ПАЙЫЗ ӨЛЧӨМҮ. Ссудаланып жаткан акча же материалдык каражаттар үчүн төлөөлөрдүн чондугу, аны ссуда алуучу төлөп берет.

СТАГНАЦИЯ – СТАГНАЦИЯ (лат. stagnum – акпаган суу; stagno – кыймылсыз кыламын) өндүрүштө, соодада ж.б. туруп калуу, токтоп калуу, сенек болуу.

СТАГФЛЯЦИЯ – СТАГФЛЯЦИЯ (лат. stagno – кыймылсыз кылам жана inflatio – көбүү) – инфляциялык процесстердин күчөшү менен бирге, өндүрүштө, соодада жана экономиканын башка тармактарында өспөй туруп калууну айкындоочу тигил же бул мамлекеттин экономикалык абалы.

СТАНДАРТ МЕЖДУНАРОДНЫЙ – ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТ – товардын сапаттуулугун аныктоочу жана дүйнөлүк өлкөлөрдүн өз ара соода байланышында колдонулуучу документтер. Стандартташтыруу боюнча эл аралык уюм тарабынан иштелип чыккан стандарттар бардыгына бирдей болуп саналат. Продукциянын сапатын башкаруу боюнча сериясы 9000 Эл аралык стандарттар Европа өлкөлөрү тарабынан улуттук катары кабыл алынган. Эл аралык стандарт концепциясы төмөндөгүлөрдү кылдат карайт: продукциялар жана тейлөөлөр белгилүү керектөөлөргө, колдонуу же арналуу чөйрөсүнө жооп беришин; керектөөчүлөрдүн талаптарын канааттандырууну; стандарттарга жана техникалык шарттарга ылайык келишин; колдонулуп жаткан мыйзамдарга жана башка нормативдик документтерге (экология, коопсуздук, энергияны жана материалдык ресурстарды үнөмдөө ж.б.) жооп беришин; атаандаштык туура келүүчү баалар боюнча керектөөчүлөргө сунуштоону; пайда алууга шарт түзүүнү.

СТАНДАРТНАЯ СИСТЕМА ПОКАЗАТЕЛЕЙ КАЧЕСТВА – САПАТТЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮН СТАНДАРТТЫК СИСТЕМАСЫ – белгиленген келишим боюнча жеткирилүүчү тиешелүү товарлардын сапат көрсөткүчтөрүнүн жыйындысы. Көпчүлүк келишимдерде товардын сапатын аныктоочу кабыл алынган өлчөмү каралат да, ошонун негизинде жеткирилген товарга же тейлөө ишине сыйлык берүү же айып төлөтүү ыкмасы пайдаланылат.

СТАТИСТИКА – СТАТИСТИКА (нем. statistic, лат. status – иштин абалы) – бир кыйла мүнөздүү массалык экономикалык процесстерди жана алардын убакытка жараша өзгөрүүсүнүн (көрсөткүчтөрдүн динамикалык катарлары деп аталганды) көрсөткүчтөрүн бекемдеп, системалаштырып жана изилдеп эсепке алуучу, талдоочу илим тармагы.

СТАТИСТИКА БАНКОВ–БАНКТАРДЫН СТАТИСТИКАСЫ – мамлекеттик жана мамлекеттик эмес (коммерциялык) кредиттик ишканалардын накталай акча айланымы, кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү кредиттөө, жумуштар жана тейлөө, инвестициялык долборлорду финансылоо, бюджеттерди кассалык аткаруу, валюталык операциялар ж.б. тармагындагы иш-аракеттерди изилдөөчү социалдык-экономикалык статистиканын тармагы. Коммерциялык банктардын иш-аракеттерин изилдөөдө бардык тармактардын ишканалары үчүн негизинен, акча капиталдарынын жана салымдар түрүндө үнөмдөлүп топтолгон аманат акчалардын эсебинен универсалдуу банктык операцияларды иш жүзүнө ашырууга өзгөчө көңүл бурулат.

СТАТИСТИКА БИРЖИ – БИРЖА СТАТИСТИКАСЫ – статистикалык маалыматтардын жардамы менен товардык, фондулук жана валюталык биржалардын иш-аракеттерин айгинелөөчү социалдык-экономикалык статистиканын тармагы: белгилүү бир көрсөткүчтөрү бар бир түрдүү товарларды (товардык биржа), баалуу кагаздарды (фондулук биржа) сатып алуу-сатуу; валюта

курсун белгилөө. Биржа статистикасы бул маалыматтардын баарысын жалпылайт, талдайт жана жыйынтык жасайт.

СТАТИСТИКА БЮДЖЕТНАЯ – БЮДЖЕТТИК СТАТИСТИКА. *1)* Мамлекеттик бюджеттин статистикасы – финансылык статистиканын өтө маанилүү бөлүмү; *2)* Үй-бү-лө бюджеттеринин статистикасы – социалдык статистиканын курамдык бөлүгү.

СТАТИСТИКА ДОМАШНИХ ХОЗЯЙСТВ – ҮЙ ЧАРБА СТАТИСТИКАСЫ – микроденгээлде калктын турмуш-тиричилигинин абалын изилдөө үчүн негизги маалымат базасы болуп саналат. Үй чарба статистикасы – өлкөнүн калкынын турмуш-тиричилигинин деңгээлин, негизинен анын материалдык абалын изилдей турган социалдык-экономикалык статистиканын тармактарынын бири. Үй чарбаларын изилдептекшерүүнүн материалдары кирешелердин, чыгымдардын, жеке керектөөлөрдүн деңгээлдерин айкындайт. Үй чарба статистикасынын маалыматтары дүң ички продуктунун экономикалык эсептөөлөрүндө, улуттук счетторду (эсептегичтерди) иштеп чыгууда, керектөө бааларынын индексин эсептеп чыгарууда, калктын реалдуу кирешелерин тактап эсептөөдө, өндүрүштүн балансын түзүүдө жана айыл-чарба продуктуларын пайдаланууда өтө кеңири колдонулат. Үй чарба бюджеттерин изилдептекшерүүнү уюштуруу жана өткөрүү жергиликтүү жерде мамлекеттик статистиканын аймактык органдарына жүктөлөт.

СТАТИСТИКА ЖИВОТНОВОДСТВА – МАЛ ЧАРБА СТАТИСТИКАСЫ – мал чарбачылыгынын абалынын көрсөткүчтөрүн изилдөөчү айыл чарба статистикасынын бөлүгү.

СТАТИСТИКА ЭКОНОМИЧЕСКАЯ – ЭКОНОМИКАЛЫК СТАТИСТИКА – шайкештиктерди, тенденцияларды жана экономиканын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн айкындоо максатында материалдык өндүрүштү изилдей турган статистика тармагы.

СТАТИСТИЧЕСКАЯ ОТЧЕТНОСТЬ – СТАТИСТИКАЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК – компаниялардын, ишканалардын, уюмдардын белгиленген мөөнөттө регионалдык статистикалык органга тапшырууга милдеттүү болгон, бекитилген формалар боюнча түзүлгөн отчеттордун жыйындысы.

СТАТИСТИЧЕСКИЕ ПОШЛИНЫ – СТАТИСТИКАЛЫК АЛЫМ – тышкы соода операциялары боюнча тийиштүү административдик чыгымдарды толуктоо үчүн чек ара аркылуу товарларды ташып өтүүдө алына турган бажы салыгы.

СТАТУС – СТАТУС (лат. status – иш жагдайларынын абалы) – *инсандардын, юридикалык жактын,* мамлекеттик органдын, эл аралык уюмдун укуктук абалын айкындай турган укук жана милдет жыйындысы.

СТАТУТ – СТАТУТ (лат. statuo – коёмун) – эл аралык жана ички мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын өкүлдүктөрүн, иш-аракеттерин жана уюштуруу тартиптерин белгилөөчү жобо, устав. Кээ бир өлкөлөрдө (АКШ, Улуу Британия ж.б.) бул термин менен жалпы норматив нугундагы (статуттук укук) мыйзам актыларын, ошондой эле кандайдыр бир орден жөнүндөгү уставды, жобону атайт.

СТЕЛЛАЖ – СТЕЛЛАЖ (нем. stellage – кош опцион). *Баалуу кагаздарды сатып алуу-сатуу* менен болгон чукул бүтүмдүн бир формасы, ошол учурда эки тараптын бирөө (стеллажды сатып алуучу) бүтүмдүн мөөнөтү келип калган кезде сатуучу же сатып алуучу ролун тандоону ишке ашырууга укук алат. Стеллаж, негизинен, курстун кыйла чайпалып, ылдыйтөмөн болуп турган кезинде колдонулат.

СТОП-ЛИСТ – СТОП БАРАКЧА. Эмитент тарабынан тейлөөгө тыюу салынган же аларды тейлөөдө эмитент тарабынан киргизилген кошумча чектөөлөрү бар карттардын тизмеси.

СТРАТЕГИЧЕСКИЕ ТОВАРЫ – СТРАТЕГИЯЛЫК ТОВАРЛАР. Экспорттоого тыюу салынган товарлар (жабдуулар, технология, "ноу-хау"). Буларга кээде тиешелүү чек коюлат же дайыма көзөмөлгө алынып турат да, товар ээсинин, улуттук коопсуздуктун кызыкчылыгы сакталат.

СТРАТЕГИЯ – СТРАТЕГИЯ (греч. strategia – кошуун алып жүрүү) – коомдун өнүгүү баскычындагы конкреттүү шарттардан келип чыгуучу мамлекеттик, саясый күрөштү жетектөө чеберчилиги, аны жүргүзүүнүн жалпы планы. Стратегия узак мезгилдеги ишкананын (*фирманын, компаниянын,* партиянын ж.б.) алдына коюлган милдеттерди чечүүнү максат кылган ири масштабдуу, узак мөөнөттүү пландоону камтыйт. Стратегияны көбүнчө с а я с а т нугунан көбүрөөк карайт да, көбүнчө саясат менен бир деп эсептешет. Чындыгында бул түшүнүктөрдү ажыратып чектөө өтө кыйын болсо да, алардын ортосунда олуттуу айырма бар. Саясат ишкананын иш-аракеттеринин багытын жана ыкмаларын, анын жалпы абалын белгилейт. Коммерциялык ишкананын түпкү саясаты, мисалы, кыйла жогору эмгек акы төлөө, продукциянын өтө сапаттуу болушун колдоо, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу болуп эсептелет. *Кара. Тактика.*

СТРАТЕГИЯ МАРКЕТИНГА – МАРКЕТИНГ СТРАТЕГИЯСЫ – фирманын (ишкананын) өндүрүштүксатуу иш-аракеттеринин келечектеги максаттарын, белгиленген иш-чаралардын келечектеги кыйла натыйжалуулугуна (максималдуу *пайда* алуу, базардагы *сурамды* канааттандыруу ж. б.) жетишүүгө ылайыкталып каралган атаандаштыктын *маркетинг концепциясынын* ылайыктуу формаларын тандоо. Маркетинг стратегиясы – *базар*

колтугун (ниша) жана конкреттүү керектөөчүнү издөөнү, базардын тиешелүү сегментин (*продукциянын тиричилик циклиндеги*), ишкананын иш-аракеттеринин башталуу жана аяктоо мөөнөттөрүн аныктап белгилөөнү, продукциянын түрлөрүн (*товарды, тейлөөлөрдү*), анын *ассортиментин*, көлөмүн, сапатын, өздүк наркын жана *баасын, жарнаманы* эсепке алуучу атаандаштык-жөндөмдүүлүк жана пайдалуулук факторлорун айкындоону камтыйт. *Кара. Маркетинг.*

СТРАТЕГИЯ УПРАВЛЕНИЯ – БАШКАРУУНУН СТРАТЕГИЯСЫ. Базар экономикасынын шартындагы, анын жалпы конъюнктурасынын туруксуз болуп турган учурундагы башкаруу стратегиясынын ишкананын өндүрүш-чарбалык иш-аракетинин турукташына жана андан ары карай ийгиликтүү өнүгүшүнө жардам берүү ыкмаларынын бири. Ишкананын кирешесинин туруктуулугу башкаруу ишинин сапатына дагы байланыштуу. Базар мамилесинин нугунда жеткиликтүү ойлонулуп иштелген стратегиянын зарылчылыгы төмөндөгүдөй бир катар себептер менен аныкталат: экономикадагы, инфляциядагы, атаандаштыктагы түзүмдүк өзгөрүүлөр, экономика тармактарына мамлекеттик деңгээлде таасир этүү, фирмада жаңылануунун масштабынын өсүшү, продукциянын жаңы түрлөрүн өздөштүрүүгө капиталдык чыгымдар ж.б. Бул көрүнүштөр социалдык-экономикалык шарттардын кыйла өзгөрүшүнө алып келип, тобокелдикке салуу даражасы жогорулайт, акырындап ишкананын (фирманын) болгон иш-аракеттеринин келечегине түздөн-түз олуттуу таасирин тийгизет. Мына ушунун өзү өнүгүүнүн келечегин мүмкүн болушунча тагыраак божомолдоо зарылчылыгын аныктайт. Өзгөрүлүп жаткан шартты иликтөө жана келечектеги өнүгүүнүн башкы багытын тандоо базар шарттарындагы башкаруунун эң маанилүү маселеси болуп эсептелет. Ишкананын башкаруу стратегиясы өнүгүүнүн узак мөөнөттүү максаттарын жана кирешелүүлүктүн жогорулашынын факторлорун базардагы мүмкүн болуучу өзгөчөлүктөрдү эске алып аныктоого толук мүмкүнчүлүк түзөт. Башкаруу стратегиясында ишкананын өнүгүшүнүн узак мөөнөттүү маселелери чагылдырылып, ошону менен бирге аларды ишке ашырууга зарыл болгон каражаттар жана ресурстар айкын көрсөтүлөт. Демек, ишкананын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн жана тышкы шарттарын талдоонун негизинде өнүгүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө, жаңы продукцияга, технологияга өтүүдөгү чараларды, башкаруу системасы, чарбалык саясат жалпысынан кандай болоорун ойлонуу талап кылынат. Башкаруунун стратегиялык милдеттери катары ишкананы базардык жагдайынын өзгөрүшүнө даярдоо, терс факторлордун таасирине туруштук берүү саналат. Бирок, стратегия догма болбошу керек, аны болочок өзгөрүүлөргө ийкемдүүлүк ыкмасы катары үзүрлүү пайдалануу керек. Башкаруунун стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке жигердүү ашыруу бир катар төмөндөгүдөй иштиктүү маселелерден турат: – тышкы чөйрөнүн базар алкагынын өнүгүү келечегинин негизги багыттарын баамдоо, ошондой эле илимий-техникалык прогрестин жетишкендиктерин, жалпы экономикалык жагдайды, атаандаштыкты ж.б. баалай билүү; – тышкы чөйрөнүн өнүгүүсүндөгү жагымдуу жана терс багыттарды тагыраак билип аныктоо; – ишкананын (фирманын) потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана келечектүү багыттарын бышыктоо; – ишкананын өнүгүшүнүн узак мөөнөттүү маселелерин иштеп чыгуу; – иш-аракеттин жана аны жүзөгө ашыруунун программасын даярдоо; – жагдайды ар тараптуу байкоо жана алдыга коюлган маселелердин айрымдарын өзгөртүү үчүн кайрадан такталган байланышты камсыз кылуу. Жалпылай алып караганда башкаруу стратегиясы тышкы жана ички шарттарды үзгүлтүксүз анализдөө, алардын өзгөрүүлөрүнө, тийгизген таасирине көзөмөлдүк кылуу дегендерди билдирет. Ишкананын ички абалын баамдап, анын мыкты жана чабал жактарын билип, багыттарын аныктап, болгон мүмкүнчүлүктөрдү максималдуу пайдалануу терс жагдайдан, болочоктогу келип чыгуучу опурталдуулуктан арылуунун жолдорун жеткиликтүү баалоо үчүн өтө зарыл болот. Башкаруу стратегиясы ишкананын чарбалык бүт тутумунда сапаттуу өзгөрүүлөргө негиз түзөт. Эгерде узак убакыттын ичинде калыптанып калган ыкмалар менен чечиле турган болсо, жөнөкөй эле маселелер тигил же бул ишкана үчүн кыйла оор болушу мүмкүн. Анткени базар экономикасына толук өтүү жогорку адистикти, ишкердикти, жаңылануу рухун, башкарууга толук ыңгайлашкан мамилелерди талап кылат. Ошондуктан, ээлик кылуучулук маселесинде жалаң эле экономикалык же технологиялык нуктан карабастан, ошондой эле тарых, маданият, рухий байлык, психологиялык жактарын дагы толук эске алуу зарыл. Башкаруу стратегиясы – жөн эле болочоктук сценарий эмес, эң алды менен азыркы учурдун келечеги. Тагыраак айтканда, ал ишке ашыруунун аныкталган ыкмаларын билип, аларды конкреттүү формаларга айландырат. Башкаруу стратегиясы ишкананын кирешелүүлүгүн жогорулатууга үлүш кошуучу бардык факторлорду чегерүү үчүн уюштурулган. Тигил же бул ишкананын кирешелүүлүгүн жогорулатууга таасир тийгизүүчү факторлорго төмөндөгүлөрдү кошууга болот: – маркетингдик изилдөөнү бышыктоо жана олуттуу, керектүү жактарын ишке киргизүү; – продукциянын жаңы түрлөрүн иштеп чыгуу жана анын сапатын жогорулатуу; – илимий-изилдөө иштерин, тажрыйбалык-конструктордук мыкты табылгаларды өнүктүрүү; – ишкананын башкаруу системасын өркүндөтүү; – кадр саясатына өзгөчө көңүл бөлүү; – ишкананын финансылык-экономикалык саясатын бышыктоону үзбөй улантуу. Жогоруда көрсөтүлгөн багыттарды башкаруунун страте-

гиялык маселелерин жүзөгө ашыруу ишти чыгууда толук эсепке алуу зарыл. Базар шарттарында ишкана кирешенин туруктуу өсүшүн менеджмент, маркетинг нугунан изилдеп-билүүнү билгичтикте колдонбосо ийгиликтин болушу мүмкүн эмес. Менеджменттеги эң негизги маселе бул ишкананын бардык чарбалык иш-аракеттеринин базар койгон талапка ийгиликтүү жетишүү үчүн максаттуу багыт алуу болуп саналат.

СТРУКТУРНАЯ ПОЛИТИКА – СТРУКТУРАЛЫК САЯСАТ. Бул жалпы мамлекеттик, ички жана тармак аралык, ошондой эле аймактык зарыл болуучу шайкештиктерди калыптандырууга жардам берүүчү чаралардын тутуму. Структуралык саясат чарба комплексинин жана анын тамактарынын бир калыпта, ыңгайына карата өнүгүшүн, экономиканы интенсивдештирүү жана анын натыйжалуулугун жогорулатууну, илим менен техниканын жетишкендиктерин билгичтикте кеңири пайдаланып, өндүрүштүн өзөгүн техникалык жактан өркүндөтүүнү, букара элдин жашоо-тиричилигин жогорулатуу чечимдерин камсыз кылууга үндөлөт. Бул эң алды менен *инвестициялык саясат* менен тыгыз байланыштуу жана ишкананын, региондун же өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Азыркы кезде ишке ашырылып жаткан базар мамилесине өтүү шартында экономиканын структурасын олуттуу түрдө кайра курууну талап кылат. Бул процесстин түпкү маңызы келип төмөндөгүлөргө такалат: биринчи кезекте мүмкүн болуучу түрдүү товардын арбын санын чыгарып, калк үчүн түркүн тейлөөлөрдү көрсөтүп жаткан тармактарды ыкчамдатып тез өнүктүрүү менен чарба комплексинин кубаттуу керектөө секторун түзүү. Структуралык саясаттын экинчи бир багыты – чарба комплексинин жана өнөр жайынын бардык тармактарын техникалык жактан өркүндөтүү, ресурстук салымдарга багыт жасап, ички жана тармак-аралык шайкештиктерди тартипке салуу, чийки заттарды (сырьёлорду), күйүүчү майларды, энергияларды ж.б. ресурстарды пайдалануууда ысырапкерчиликке жол бербөө жана чарбасыздыкка бөгөт коюу эң негизгиси болуп саналат.

СУБАГЕНТСКАЯ СЕТЬ – СУБАГЕНТТИК ТАРМАК. Негизги *агенттик фирманын* карамагында же көзөмөлүндөгү соода тармагы.

СУБАРЕНДА – СУБИЖАРА (лат. sub – алдында жана пол. arenda). Мүлктүн жана негизги фондунун бир бөлүгүн ижарага үчүнчү жакка (кишиге) берүү; бул учурда ижарачы ижара берүүчүнүн ролунда болот.

СУБВЕНЦИЯ – СУБВЕНЦИЯ (лат. subvenire – жардамга келүү) – жергиликтүү бийлик органдарына же чарба комплекстеринин айрым тармактарына, чарбалык иш-аракеттеринин башка субъектилерине берилүүчү мамлекеттик финансылык жөлөк пулдун түрү. Мунун дотациядан айырмасы белгилүү бир максаттар үчүн берилет.

СУБСИДИЯ – СУБСИДИЯ (лат. subsidium – жардам берүү, көмөк көрсөтүү) – мамлекет же кандайдыр бир мекеме тарабынан *юридикалык* же *жеке жакка*, көбүнчө акча түрүндө берилген жөлөк пулдун түрү. Субсидия төмөндөгүдөй болуп ажырайт: түз субсидия – мында мамлекет каражаттардын топтолушун стимулдаштырып, белгилүү бир деңгээлде *капиталдык салымдардын* кармалып турушуна умтулат (түз инвестициялык субсидиялар учурда өнүктүрүү өтө зарыл болуп турган экономиканын тигил же бул тиешелүү тармактарына багытталат, мисалы, фундаменталдуу илимдер, илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштерди, кадрларды кайра даярдоону, алардын квалификациясын жогорулатууну финансылоо); кыйыр субсидия (жеңилдетилген салык өлчөмүнүн тутуму, *ыкчамдалган амортизация* ж.б.), мында болсо жеңилдетилген шарттардагы кредиттөө аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Чет элдик субсидия – чет өлкөлөрдөн, эл аралык мекемелерден, уюмдардан келип түшкөн, кайта кайтарылып берилбей турган акча каражаттары болуп эсептелет. Алар мамлекеттик органдардын же эл аралык мекемелердин *депозиттеринен* чет элдик же улуттук валюта түрүндө алынышы мүмкүн.

СЧЕТ ОНКОЛЬНЫЙ – ОНКОЛДУК ЭСЕП – пайыздык кагаздарды *күрөөгө* коюп ачылуучу күндөлүк банк эсеби.

СЧЕТА БАНКОВСКИЕ – БАНК ЭСЕБИ – регистрлер (эсептик документтер), анда *банктар* өзүнүн кардарларынын акча каражаттарынын кыймылын жана колдогу накта акчаларды эсепке алат. Банк эсеби *расчеттук* жана *күндөлүк агымдагы эсеп, контокорренттик*, ошондой эле *корреспонденттик, валюталык, ссудалык* ж.б. ажыратылат.

СЧЕТА БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА – БУГАЛТЕРДИК ЭСЕПТИН СЧЕТУ (ЭСЕП-ЧОТУ) – материалдык жана акча каражаттарынын, алардын булактарынын жана эсеп-кысаптык өз ара карым-катыштардын кыймылдарынын эсеби үчүн арналган системалуу регистрлер (журналдар, таблицалар ж.б.). Счеттордун саны жана аталышы бугалтердик эсептин счетторунун планы менен аныкталып белгиленет. Алардын түзүлүшү жана сырткы түрү объектилерге, формаларына жана эсептин уюштурулушуна тыгыз байланыштуу болот. *Бугалтердик баланска* карата активдик жана пассивдик болуп бөлүнөт; каражаттардын жана алардын булактарынын эсебин жалпылоо даражасы боюнча – аналитикалык жана синтетикалык болуп ажыратылат. Ар бир счет эки жактуу таблица түрүндө берилип, анын сол бөлүгү *дебет*, оң бөлүгү болсо *кредит* болуп саналат. Алар баланстын белгилүү бир статьясын жиктөө үчүн ачылат, ошондуктан, аларга жазылган биринчи сумма – баштапкы калдык же сальдо – бул статья боюнча баш-

тапкы баланстын суммасына туура келет. Активдик жана пассивдик счеттордо *дебет* жана *кредит* бирдей маанига ээ болбойт: активдик счеттордун дебетинде каражаттардын өсүшү (көбөйүшү), ал эми кредитте болсо, азайышы (кичирейиши) эске алынат; пассивде – тескерисинче: *дебетте* – каражаттардын азайышы, *кредитте* – алардын өсүшү белгиленет. Активдик счетто акыркы сальдо, баштапкыдагы сыяктуу эле, дебеттик, ал эми пассивде кредиттик болушу мүмкүн. Активдик-пассивдик да счеттор бар. Буларда чарбалык иш-аракеттердин натыйжаларына байланыштуу *сальдо дебеттик* же *кредиттик* болушу ыктымал (мисалы *"Пайда", "Негизги өндүрүш"* счету ж.б.). Бир түрдүү чарба каражаттарынын жалпыланган эсеби үчүн арналган счет синтетикалык деп аталат да, мында эсеп синтетикалык аркылуу ишке ашырылат. Аларга, мисалы "Негизги каражаттар", "Чийки зат жана материалдар", "Кредиторлор" ж. б. бугалтердик эсебинин счеттору тиешелүү. Бирок, чарбанын иш-аракеттерине оперативдүү жетекчилик кылуу жана көзөмөлдөө үчүн жалпыланган эсеп жеткиликсиз болуп саналат. Мисалы, өндүрүштү материалдар менен үзгүлтүксүз камсыз кылып туруу жана кампаларга зарыл запасты топтоо үчүн ишканадагы алардын наркынын жалпы суммасын гана эмес, ошону менен бирге, кампада канча жана кандай материалдар жаткандыгын ачык айкын билүү керек, б.а. ар бир түрдүн кыймылын өзүнчө көзөмөлдөө зарыл. Ушул максатта синтетикалык счеттордо топтолгон каражаттарды жана алардын булактарын жиктөөчү аналитикалык счет ачылат. Каражаттардын айрым түрлөрүнүн аналитикалык эсеби жеткиликтүү жиктөө даражасына жетет. Мисалы, "Материалдардын" счету "Темирдин", "Болоттун", "Карагай" ж.б. аналитикалык счетуна ажыратылышы мүмкүн, эмгек акы боюнча чыгымдардын эсеби ар бир жумушчу жана кызматкер менен болгон эсеп-кысапты чагылдырат. Ушуга окшогон абал – жеткирүүчүлөр жана *мардикерлер, сатып алуучулар* жана *заказчылар,* жумшалганына *отчет берип туруучулар* менен болгон эсеп-кысаптык өз ара карым-катыштардагы эсепте болот. Синтетикалык счеттор боюнча калдыктарды аналитикалык счеттор боюнча болгон калдыктар менен салыштырышып, отчеттук мезгилдин биринчи числосуна карата бугалтердик баланстын белгилүү статьясынын жыйынтык суммасын түзөт. Счеттордун планында каралган синтетикалык эсептин счеттору башкы счеттор (биринчи катардагы счеттор) деп аталат. Ал эми конкреттүү синтетикалык счеттун чектериндеги аналитикалык эсептин маалыматтарын кошумча топтоштурууга колдонулгандар болсо экинчи катардагы счеттор деп аталат. Буларга *субсчет* тиешелүү. Мисалы, "Материалдардын" биринчи катардагы счетунун бир нече субсчету болот ("Чийки зат жана материалдар", "Сатылып алынуучу жартылай фабрикаттар" ж.б.). Аналитикалык эсебинин көрсөткүчтөрүнүн тууралыгын мезгил-мезгили менен жүргүзүлүүчү *инвентаризация* жолу аркылуу текшерип турат.

СЧЕТОВОД – ЭСЕПЧИ – акча салымдарынын колдо болгонун жана кыймылын аныктоочу бугалтердик эсепти, операцияларды ж.б. жүргүзүү боюнча адис.

СЫРЬЁ – ЧИЙКИ ЗАТ – өндүрүү үчүн эмгек сарпталган (өндүрүлгөн кен, даярдалган карагай) *эмгек предметинин* баштапкы формасы. Табигаттын эмгек предметтери (жер алдындагы кен, токойдогу дарак ж.б.) жумшалган эмгектин таасири астында түздөн-түз өзүнүн түрүн жана үңгусун (казылып алынган кен, тилинген карагай) өзгөртүп чийки затка айланат. Өнөр жайлык иштетүү процессинде чийки зат материал түрүнө өтөт. Өнөр жайда иштетилүүчү чийки зат алынуу ыкмалары боюнча өнөр жайлык – жерден казылып өндүрүлүүчү же өнөр жайлык жол менен өндүрүлүүчү жана айыл чарбалык – айыл чарбасынын ар кандай тармактарынан алынуучу болуп ажыратылат. Өнөр жайлык чийки зат – *табигат-минералдык* (кен, көмүр, мунай) жана *жасалма* (синтетикалык күйүүчү майлар, жасалма жана синтетикалык булалар, пластмасса), ар кандай полимерлер; айыл чарбалык чийки заттар – өсүмдүктөр чийки затына (дан, кант кызылчасы, мөмө-жемиштер, кофе, ж.б.), малдын чийки затына (мал териси, жүн, аң териси, сүт ж.б.) ажыратылат. Минералдык чийки зат экономикалык багытталышы жана колдонулушу боюнча энергетикалык (таш көмүр, мунай, жыгач), металлургиялык (ар түркүн рудалар), химиялык (калий туздары ж.б.) жана курулуш чийки заттары (таш, кум, чопо) болуп бөлүнөт. Өнөр жайынын айрым тармактарында чийки зат – жаңы даярдалуучу продуктунун материалдык өзөгүн түзүүчү негизги жана эмгек процессинин өзүнө өбөк болуучу же белгилүү бир касиеттерди берүү үчүн олуттуу материалдарга кошулуучу көмөкчү чийки заттарга жана ошондой эле баштапкы (минералдык) жана кошумча (калдыктар, темир таштандылар, кырындылар, иштетилген майлар ж.б.) чийки заттарга ажыратылат. Заказчыга тиешелүү болгон жана түзүлгөн келишим боюнча андан продукцияны өндүрүп чыгаруу үчүн өнөр жайлык иштетүүгө башка ишканага өткөрүп берилген чийки затты ыйгарымдуу чийки зат деп аташат. Чийки заттын базасын өнүктүрүүнүн төмөндөгүдөй негизги жолдору бар: өндүрүп чыгаруучу тармактарды өнүктүрүү жана геологиялык-чалгындоо жумуштарын кенейтүү; жасалма жана синтетикалык материалдарды чыгаруу боюнча тармактарды түзүү жана өнүктүрүү; айыл чарбасын эң жогорку деңгээлге жеткирүү; чийки заттын өздүк (салыштырмалуу) чыгымдалышын азайтуу, анын жеткиликтүү жана комплекстүү иштетилишин камсыз кылуу, калдыктарды пайдалануусун кенейтүү. *Кара.* ***Вторичные материальные ресурсы – Кошумча материалдык ресурстар.***

Т

ТАБЕЛЬ – ТАБЕЛЬ (лат. tabula – такта, таблица) – *1)* белгилүү бир тартипте түзүлгөн объектилердин жана инсандардын иреттүү тизмеси; *2)* жумушчу-кызматкерлердин ишке келген жана кайра кеткени, жалпы иштелген убакытты эсепке алуучу документ.

ТАБЛИЦА ОБМЕНА ВАЛЮТ – ВАЛЮТАЛАРДЫ АЛМАШУУ ТАБЛИЦАСЫ – бир валюта бирдигин башка валюта бирдигине алмашуу катышын *борбордук банк* белгилей турган расмий таблица.

ТАБЛИЦА ОБМЕННЫХ КУРСОВ – АЛМАШУУ КУРСТАРЫНЫН ТАБЛИЦАСЫ – *жеке* жана *юридикалык жактар* үчүн *коммерциялык банк* тарабынан *конверсияланууучу валюталардын* алмашуу курсу тууралуу маалыматтарды камтыган таблица, ведомость.

ТАБЛИЦА ПРИБЫЛЕЙ – ПАЙДАЛАРДЫН ТАБЛИЦАСЫ – белгилүү убакыт аралыгында компаниялардын иш-аракеттерин, *биржалык операциялардын, опциондук бүтүмдөрдүн* натыйжаларын чагылдыруучу таблица түрүндөгү маалымат.

ТАБЛО – ТАБЛО (фр. tableaum – картина) – адамдын кабылдоосу үчүн ыңгайлуу формада маалыматты чагылдыруучу каражат, такта экран.

ТАКСА – ТАКСА (нем. taxe, лат. taxare – баалоо) – тарифтердин, баалардын, төлөмдөрдүн так белгиленген деңгээли (өлчөмү).

ТАКТИКА – ТАКТИКА (грек. taktika – аскердин, кошуундун сапка тизилип турушу, tasso – сапка тизилемин) – алдыга коюлган максаттарга жетишүү үчүн экономикалык (мисалы, кредиттик-финансылык, атаандаштык), ошондой эле социалдык, коомдук иштерде пайдаланылуучу каражаттар жана ыкмалар. Тактика белгилүү бир чектелген мезгил ичинде (адатта, бир жылдан аз) конкреттүү жагдайдын өнүгүшүн бир кыйла такташтырып, атайын пландоо дегенди билдирет. Мисалы, базарга жаңы продукцияларды ж.б. чыгаруу максатында жарнамалык компаниялардын бир нече ай бою жүргүзүлүүчү коммерциялык алдын ала ишке ашырылуучу сунуштары. Бул термин аскердик искусствонун курамдык бөлүгү катары аскер ишинде кеңири колдонулат.

ТАМОЖЕННАЯ ДЕКЛАРАЦИЯ – БАЖЫЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯ. Чек ара аркылуу өткөрүлүп жаткан жүк жөнүндө зарыл маалыматтарды камтыган улуттук мыйзам талаптарына ылайык түзүлгөн документ.

ТАМОЖЕННАЯ КОНВЕНЦИЯ – БАЖЫ КОНВЕНЦИЯСЫ – бажы

маселелери боюнча эл аралык келишим. Бул мамлекеттер ортосундагы экономикалык өз ара мамилелердин белгилүү тартибин ишке ашырат.

ТАМОЖЕННАЯ ОЦЕНКА ТОВАРА – ТОВАРДЫ БАЖЫЛЫК БААЛОО – товарга *салык* салуу максатында четтен алып келинүүчү *товарлардын* бажылык наркын аныктап белгилөө. Адатта аны аныктоо үчүн товардын сатып алынган баасын маалымдаган далил катары жеткирүүчүнүн фактура-счетун карап чыгуу жетиштүү болот. Эгер фактура-счету жок болсо же анын анык экендиги шектүү болгондо ошол өлкөдө өндүрүлүп чыгарылган тектеш үлгүгө салыштырылып, товардын компонентин алдын ала баалап жана өндүрүлгөн наркынын негизинде товардын акыркы наркы аныкталат. Өлкөгө алып келинүүчү товарлардын наркын аныктоонун төмөндөгүдөй бир нече ыкмалары бар. Т ү з, мында таңгактоо боюнча чыгымдарды эсепке алуу менен сатып алынган товардын анык баасы, сатып алуу жана сатуу боюнча комиссиялык чегерүүлөр, ошондой эле сатып алуучу тарабынан чыгарылган жана сатуу баасына киргизилбеген айрым чыгымдар эске алынат; к ы й ы р, мында *коммерциялык бүтүмдүн* жыйынтыгы боюнча ишке ашырылып, анын үңгусу болуп, ошол эле экспортчу өлкөдөн алынып келинген бип-бирдей, же ошого тектеш товар эсептелет; к а л ь к у л я ц и я л ы к, мында *өндүрүш чыгымынын, пайданын, кыйыр чыгымдын* негизинде аныкталат.

ТАМОЖЕННАЯ ПОЛИТИКА – БАЖЫЛЫК САЯСАТ. Чек ара аркылуу алып кирүү жана алып чыгууда *алым* менен *жыйымдарды* аныктоо саясаты.

ТАМОЖЕННАЯ ПОШЛИНА – БАЖЫЛЫК АЛЫМ. Мамлекеттин *бажыканалык* органдары тарабынан өлкөгө киргизилип жаткан товарлардан алынуучу акчалай жыйым.

ТАМОЖЕННО-ТАРИФНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ – БАЖЫЛЫК-ТАРИФТИК ЖӨНГӨ САЛУУ. Тышкы сооданы жөнгө салуунун улуттук товардык-саясый аспаптары катары пайдаланылуучу бажылык-тарифтик чаралардын жыйындысы.

ТАМОЖЕННЫЕ ЛЬГОТЫ – БАЖЫ ЖЕҢИЛДИКТЕРИ – товарларды, ар түрдүү баалуулуктарды, өзүмдүк буюмдарды жана башка нерселерди алып келүүдө, алып чыгууда жеке же юридикалык жактарга берилүүчү тиешелүү жеңилдик.

ТАМОЖЕННЫЕ ТАРИФЫ – БАЖЫЛЫК ТАРИФТЕР. Чек арадан өтүп баратканда алым алынуучу товарлардын тутумдаштырылган тизмеси.

ТАМОЖЕННЫЙ СБОР – БАЖЫ ЖЫЙЫМЫ – бажы документтери жана чаралары менен жүргүзүлүүчү иштерге, бажы салыгынан тышкары кошумча алынуучу акча каражаттары; бажы декларациясын алуу үчүн маркалык жыйым, бажы квитанция-

сын бергени үчүн төлөм алуу, почта документтерин даярдоо, товарларды сактагандыгы жана иреттеп бергендиги, ички кампаларга бажыканадан товарларды жөнөтүүдө бышыктап берүүгө, бажы тарабынан текшерилген салып жиберүүлүчү нерселерге белги коюу, санитардык көзөмөлдөөнү ишке ашырууда санитардык жыйымдар.

ТАМОЖЕННЫЙ СОЮЗ – БАЖЫ БИРИМДИГИ – эки же бир нече мамлекеттин чек араларында бажыкананы жоюу жана бирдиктүү бажы тарифи белгиленген аймакты түзүү жөнүндөгү келишим. Бажы биримдигине кирген ар бир мамлекеттин товарлары бажы биримдигине кирген башка өлкөлөрдүн аймагына бажы салыксыз өткөрүлөт.

ТАМОЖНЯ – БАЖЫКАНА (түрк. тамга – tamoja) – чек ара аркылуу жүктү, инсандарды өткөрүүдө эсеп жана көзөмөл жүргүзүп туруучу мамлекеттик мекеме. Бажыкана, адатта, чек ара пункттарында, аэропорттордо, темир жол, деңиз жана дарыя вокзалдарында жайгаштырылат да, ошолор аркылуу товарды жана мүлктү алып өтүп, ошондой эле бир өлкөдөн экинчисине каттаган инсандар жана чет өлкөдөн келгендер ошолор аркылуу өткөрүлөт. Бажыкананын функцияларына төмөндөгүлөр кирет: бажылык көзөмөлдөөнү ишке ашыруу, белгиленген бажылык *алымдарды* жана *жыйымдарды* кошуп эсептөө жана алуу болуп саналат. Аларга чек ара аркылуу өткөн жүктөрдү, жеке инсандарды текшерип кароо милдети тапшырылат. Белгилүү бир өлкөдөн экинчисине алып бара жаткан маданий жана тарыхый баалуулуктарга, түрдүү жасалгаларга, буюмдарга, картиналарга көзөмөлдүк кылат. Бажылык мыйзамдын талаптарын бузуучуларга каршы күрөшүү – бажыкананын башкы милдети болуп саналат.

ТАНТЬЕМА – ТАНТЬЕМА (фр. tantiema – үлүш, бөлүк) – таза пайдадан өнөр жай, соода, банк ишканаларынын (*акционердик коомдордун, фирмалардын* ж.б.), алардын башкармалыгынын мүчөлөрүнө, директорлоруна ж.б. кызматкерлерине төлөнүүчү кошумча сыйлык.

ТАРГЕТИРОВАНИЕ – ТАРГЕТИРЛӨӨ. Акча каражатынын жүгүртүүдөгү өсүшүн жана *кредитти* жөнгө салуудагы *борбордук банктын* акча каражатын максаттуу чектөөнү аныктап белгилеши. *Инфляция* менен күрөшүү ыкмаларынын бири болуп саналат.

ТАРИФ – ТАРИФ (белгиленген өлчөм, ченем, баа, норма, нарк көрсөткүч) – бирикмелерге, ишканаларга, мекемелерге жана калкка ар кандай өндүрүштук жана өндүрүштүк эмес тейлөөлөр үчүн чегерилүүчү төлөм өлчөмүнүн системасы; эмгек акы төлөө ставкасынын системасы.

ТАРИФИКАЦИЯ – ТАРИФТӨӨ – *тарифтик разряддарды* белгилөө (өздөштүрүү). Бул тарифтик квалификациялык маалымдамалардын негизинде жүргүзүлөт. Тарифтөө төмөндөгүлөргө ажыратылат: жумуштарды тарифтөө – таалдыгы боюнча ар кандай жумуштарды *тарифтик сетканын* белгилүү бир разряддарына киргизүү, жумушчуларды тарифтөө – *квалификациясына* (билим деңгээлине, тажрыйбасына) жана *кесипине* жараша жумушчуларга тарифтик разряддарды ыйгаруу.

ТАРИФНАЯ СЕТКА – ТАРИФТИК СЕТКА – квалификациялык (тарифтик) разряддардын жана аларга туура келүүчү жумушчулардын категориялары, аткарган кызматы боюнча тарифтик коэффициенттеринин жыйынды шкаласы. Аны түзүүнүн натыйжалуулугу төмөндөгүлөргө байланыштуу: разряддардын ортосундагы санга жана ошол өндүрүшкө байланышкан жумуштарга (иш-аракеттердин түрлөрүнө ж.б.) туура келиши менен аныкталат – разряддар санынын азайышы тарифтик сетканы кыйла бир түргө келтирип, *тарифтөөнү* жеңилдетет. Бирок азыраак жана кыйла квалификациялуу эмгекке акы төлөөнүн айырмачылыгы төмөндөйт; тарифтик сетканын сарамжалдуу арымы – арымдын кыскарышы ар кандай деңгээлдиктеги эмгекке акы төлөөдө тендемечиликти түзүп, жумушчуларга аз жана жогору акы төлөө категорияларынын ортосундагы айырмачылыктарды кыскартат. Тарифтик сетканын артыкчылыгы кыйла жогору разряддарга өткөндө тарифтик коэффициенттердин өсүүчү айырмачылыгы менен аныкталат – төмөнкү разряддан бир кыйла жогорку разрядка өтүүдө коэффициенттердин бир калыпта өсүшү жумушчулардын (кызматкерлердин) ар кандай категорияларына эмгек акы төлөөнү туура жиктөөгө түртүү берип, квалификацияларын жогорулатууда материалдык ынтызардыкты, аябай кызыгууну туудурат. Тарифтик сетканын негизинде ишкананын (цехтин, участоктун ж.б.) жумушчуларынын квалификациясынын деңгээлин айкындай турган жана аткарылуучу жумуштарга жумушчулардын тарификациясынын туура келүү даражасын белгилөөчү *орточо тарифтик коэффициентти* жана орточо тарифтик разрядды аныктайт. Алар квалификациясы боюнча жумушчуларды туура жайгаштыруу жөнүндө түшүнүк берет. Конкреттүү жумушчу орундарында эмгек шарттарын, жеке жана жамааттык эмгектин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн эсепке алуу эмгек акы төлөөнү уюштуруунун башка элементтери аркылуу ишке ашырылат.

ТАРИФНАЯ СИСТЕМА – ТАРИФТИК СИСТЕМА – нормативдердин жыйындысы, ошолордун жардамы менен жумушчулардын эмгек акысы квалификациясына, эмгек шарттарына жана ургаалдуулугуна, ага акы төлөө формасына жараша жиктелет. Тарифтик система эмгек акы төлөөдө башкы звено болуп саналат. Ал биринчи разряддагы *тарифтик ставканы, тарифтик сетканы* жана тарифтик-квалификациялык маалымдаманы камтыйт.

ТАРИФНАЯ СТАВКА – ТАРИФТИК СТАВКА – тарифтик сетканын

разряддарына ылайык (квалификацияларга байланыштуу эмгекке акы төлөөнүн шкалалары) белгилүү бир убакыт (саат, жумушчу күн) үчүн жумушчуларга төлөнүүчү эмгек акынын көлөмү. Адатта тарифтик ставка биринчи разряд үчүн гана белгиленет. Ал эми бул белгиленген тарифтик ставкалар тийиштүү коэффициентке көбөйтүлүү менен калган разряддар үчүн тарифтик ставкалар аныкталат.

ТАРИФНЫЙ БАРЬЕР – ТАРИФТИК ЧЕКТӨӨ (БАРЬЕР). Өлкөгө бажылык салыктын жогорку өлчөмүн колдонуу жолу менен товарларды импорттоонун көлөмүн чектөө.

ТАРИФНЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ – ТАРИФТИК КОЭФФИЦИЕНТ – биринчи разряддагы тарифтик ставканын жана андан кийинкилердин ортосундагы катышты айкындай турган бирдиктүү *тарифтик сетканын* элементи. Тарифтик коэффициент тиешелүү коэффициенти бирдик катары алынган биринчи разряддагы ставкадан берилген разряддын тарифтик ставкасынын канча эсе көп экендигин аныктайт. Четки разряддардын коэффициенттеринин ортосундагы катыш *тарифтик сетканын диапазону* деп аталат. *Кара. Средний тарифный коэффициент – орточо тарифтик коэффициент.*

ТАРИФНЫЙ РАЗРЯД – ТАРИФТИК РАЗРЯД – *тарифтик сетканын* бир элементи. Бул жумушчунун квалификациясынын деңгээлин аныктайт. Тагыраак айтканда квалификация канча жогору болсо, сетканын разряды да ошончолук өйдө болот. Тарифтик разряд жана *тарифтик коэффициенттер* (ставкалар, айлыктар) төмөндөгүдөй функцияларды аткарууга тузурумдалган: зарыл болгон өлчөмдөгү тийиштүү квалификацияга ээ жумушчу күчтөрүн кайрадан даярдап турууну камсыз кылуу; жумушчулардын квалификациясынын деңгээлине, алар аткаруучу жумуштардын же функциялардын татаалдыгына, жоопкерчиликтүүлүгүнө байланыштуу *эмгек акыдагы* негизделген айырмачылыкты (белгиленген катыштарды эсепке алуу менен) аныктап белгилөө ж.б. Базар мамилелеринин шартында разрядды аныктоодо жумушчунун билим деңгээли эмес, тийиштүү квалификацияны талап кыла турган аткарылуучу жумуштун татаалдыгы эске алынат. *Кара. Средний тарифный разряд – орточо тарифтик разряд.*

ТАРИФЫ – ТАРИФТЕР (фр. tariff – чен системасы) – ар кандай *кызмат көрсөтүүгө* төлөмдөрдүн өлчөмүн аныктап белгилөөчү ставкалардын системасы; *тейлөө иштерине* коюлуучу баа. Транспорттун бардык түрлөрү менен жүктү, жүргүнчүнү жана алардын буюмдарын ташууга *транспорттук атайын тарифтер* белгиленип коюлат. Байланыш тейлөөлөрү – почта байланыштары, телеграф, телефон, радио ж.б. каражаттарды пайдалангандыгы үчүн; коммуналдык – сууну, электр кубатын, газды пайдалангандыгы, батир төлөмдөрү үчүн; товарды мамлекеттин чек арасы аркылуу ташып өткөрүү үчүн бажылык тарифтер белгиленет.

ТАРИФЫ ТАМОЖЕННЫЕ – БАЖЫЛЫК ТАРИФТЕР – бир өлкөнүн чек арасы аркылуу ташып келинген товарларга *бажылык салыктардын* мыйзам чегинде белгиленип коюлуучу ставкаларынын тутуму. Структуралык жактан алар жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Жөнөкөй тарифтер ар бир товарга колдонулуучу бирден бир тутум боюнча аныкталып белгиленет. Татаал тарифтер ставкалардын төмөндөгүдөй бир нече тилкелерин (колонкаларын) камтыйт: максималдуу – адатта соода-сатык катыштары жок өлкөлөр үчүн; минималдуу – товардык катыштагы соода-сатыкка ыңгайлуу жагдай берилген өлкөлөр үчүн; жеңилдик берилгендер – белгилүү бир товарларды ташып келүүнү же берилген товарларды тигил же бул өлкөлөрдөн ташып чыгаруруну ургаалдаштыруу үчүн. *Бажы салыктарын* салуунун ыкмасы боюнча бажылык тарифтер: адвалордук тарифтер – товардын баасына пайыз менен чегерүү жасалуучулар; спецификалык тарифтер – салмак, көлөм же товардын башка бирдиги; комбинацияланган тарифтер – бажылык салыктардын эки түрүн тең айкалыштыруучу болуп бөлүнөт.

ТАРИФЫ ТРАНСПОРТНЫЕ – ТРАНСПОРТТУК ТАРИФТЕР – ташыгандыгы үчүн алынуучу ставкалардын тутуму. Жүк ташуучу транспортунун жана жүргүнчүлөр транспортунун тарифтери болуп бөлүнөт. Биринчиси – дүн баалардын бир түрү; экинчиси (жүргүнчүлөрдүкү) – чекене баалардын түрү. Алардын негизи кылып, ташуулардын өздүк наркы, транспорттук уюмдарды (мекемелерди) белгилүү бир киреше менен камсыз кылып туруучу *салыктар* жана *пайда* кабыл алынат. Тарифтер транспорттун түрү боюнча жиктелет. Темир жол транспортунда жүктүн түрлөрү жана өлчөмдөрү, аралыктары жана ташуунун ылдамдыктары боюнча бирден бир тарифтер иш-аракетте болушат; сууда болсо тарифтер дарыя, деңиз алабы боюнча жиктелет; автомобиль транспортунда – тарифтер, ошондой эле жүктүн түрлөрү жана өлчөм-ченемдери боюнча болот; аба транспортунда – ачык тилке боюнча белгиленет.

ТЕЗЕРВАЦИЯ – ТЕЗЕРВАЦИЯ (гр. trēsauros – казына) – *1*) казына катарында кымбат баалуу металлдарды топтоо; *2*) калктын айлануудан алып, кредиттик акчаларды уюшулбаган түрдө топтошу. Тезервация кеңири маанисинде өлкөнүн борбордук банктарынын, казыналык жана атайын фондуларынын (корлорунун) алтын запасын түзүшүн да камтыйт.

ТЕЙЛОР (Taylor), Фредерик Уинслоу (1856–1915) – эмгектин интенсивдүүлүгүн (ургаалдуулугун) максималдуу жогорулатуу жолу менен пайданы алуу максатында өндүрүштү уюштуруу системасын сунуш кылган америкалык инженер. Эмгекти терендете бөлүштүрүүгө,

эмгек кыймылдарын ургаалдаштырууга негизделген. Тейлордун системасы эмгекти тереңдеп бөлүштүрүүгө, эмгек кыймылдарын ургаалдаштырууга негизделгендиги менен бөтөнчөлөнөт. Тейлор оригиналдуу ыкманы иштеп чыккан; ал ыкма боюнча жумуштун ар түрү үчүн, хронометраждын жардамы менен ар бир операция жана жумушчу кыймылын тыкандык менен изилдөө үчүн берилген жумушту аткаруунун өтө ургаалдуу ыкмасы аныкталып белгиленген. Тапшырманын жалпы көлөмү өтө майда операцияларга бөлүштүрүлүп, алардын ар бирин мүмкүн болушунча ар кайсы адам аткарууга тийиш болгон. Мында каталыктардын, жайыраактардын, пайдасыз кыймылдардын баарысы четтетилген, бир кыйла ылдамыраактары, өркүндөтүлгөндөрү (жеткилеңдери) тандалып алынган. Операциялардын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн чыгаан күчтүүлөрү, ыкчамдуулары, шамдагайлары жана уздар, чебер жумушчулар дайындалган. Алардын иштеп чыккандарынын, хронометражда элементке ажыратып, аныкталып белгиленгендеринин көрсөткүчтөрү, кийин бүт бардык жумушчулар үчүн милдеттүү түрдө норма катары белгиленген. Ошондой эле шексиз болчу өндүрүш чыгымдары, өргүүлөр үчүн зарыл болгон минималдуу убакыт да эсептелип чыгарылган. Бул цех деңгээлинде уюштыруучулук структураны түзүүнүн функционалдуу тажрыйбасы деп аталгандын эң алгачкысы болгон.

ТЕЙЛОРИЗМ – ТЕЙЛОРИЗМ – машиналардын жумушун жана жумушчулардын эмгегин хронометраждык жол менен нормалоо, иштөөнүн катаал конвейер түрүндөгү нормасын, функциялары боюнча башкаруу иш-аракеттеринин (өндүрүштөргө) бөлүштүрүлүшүн белгилөө методун иштеп чыгып, негиздеген Ф. Тейлордун ысмы менен аталган эмгекти уюштуруунун америкалык методу.

ТЕКУЩИЙ СЧЕТ – КҮНДӨЛҮК ЭСЕП-ЧОТ – ар кандай эсептешүүлөрдү ишке ашыруу, акча каражаттарын сактоо үчүн *кредит мекемелеринде* уюмдарга жана кардарларга ачылуучу эсеп-чот. Негизинен эмгек акы төлөө жана административдик-чарбалык эсеп-кысап менен байланыштуу чектелген эсептешүү операцияларын жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Анын негизги арналышы – кийин негизги *эсептешүү счётторуна* өткөрүү үчүн ишкана бөлүмдөрүнөн түшкөн акчаларды аккумуляциялоо болуп саналат. Мындай счёттун ээлерине адатта *кредиттер* берилбейт. Күндөлүк агымдагы эсепте турган каражаттарга пайыздар чегерилет жана төлөнөт. Аны, мисалы, *юридикалык жактын* укугу жок уюмдарга жана мекемелерге (филиалдарга, өкүлдүктөргө, бөлүмдөргө жана ишканалардын обочолонгон бөлүмчөлөрүнүн жана кооперативдердин өкүлдүктөрүнө) ачат; юридикалык консультанттарга жана кесиптик бирлик комитеттерге, аймактык коомдук өзүн өзү башкаруу органдарына ж.б. дагы ачат.

ТЕНДЕР – ТЕНДЕР (англ. tender – акчаны сунуш кылуу, тейлөө, сунушту жиберүү, мардикерлик бааларга заказ билдирме) – *соодалап сатуу*, дүңүнөн сатып алуунун формасы. Мында сатып алуучу белгилүү техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү менен товарга (объектиге, долборго, буюмга ж.б.) конкурс жарыялайт; *инжирингди* кошо алуу менен комплекстүү курулуштар ж.б. жумуштарды аткаруу үчүн жабдууларды дүңүнөн сатып алууга же *мардикерчилерди* тартууга заказды жайгаштыруунун конкурстук формасы; жазуу жүзүндөгү сунуш, заявка (табыштама), *оферта*, ошондой эле *фьючерстик* биржага мөөнөттүү контракт боюнча товар жеткирип берүүгө ниет кылуу жөнүндөгү билдирме; *баалуу кагаздарга* жазылуу жөнүндө арыз же дүңүнөн сатып алуу тууралуу билдирүү жасоо, *облигациялар* же *казыналык векселдер базарындагы сунуш* каражаттары; товарга болгон жеке чыгымдардын же *сурамдын* чоңдуктарына эмес, баарыдан мурда атаандаштардын бааларынан келип чыккан мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде ишканалар сунуш кылып белгилеген *баа*.

ТЕНЕВАЯ ЭКОНОМИКА – КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКА. Бул – эсепке алынбаган, катталбаган, ошондой эле *товарды өндүрүп чыгаруу* жана *тейлөө* боюнча иш-аракеттердин мыйзамга каршы келүүчү түрлөрү. Батыштын мыкты экономисттери көмүскө экономикага, адатта, төмөндөгүлөрдү киргизет: расмий статистика тарабынан эсепке алынбаган экономиканын сектору; ал сектор салыктардан баш тартып, тыюу салынган товарларды өндүрүп чыгарып, тейлөөлөрдү жүргүзүп, нормативдүү документтерде жана чарбаны жүргүзүү эрежелеринде көрсөтүлгөн талаптарды аткарышпайт. Натыйжалуу салык механизмин, бааны чыгаруунун жаңы тутумун түзүү менен, базарга өтүү мезгилинде көмүскө экономика бөлүгүн ишке ашыруу жана анын ишкерлердин нормалдуу иш-аракеттерине айланышы боло турган иш катары саналат. Мында укук коргоо органдары көмүскө экономикага жана мамлекетке коркунуч келтирүүчү, зыяндуу иштерге (наркобизнес, пара алуучулук, уурдоо) каршы катуу күрөш жүргүзүп, аларды болтурбоого бардык күчүн жумшайт.

ТЕОРИЯ ИЗДЕРЖКИ – ЧЫГЫМДАР ТЕОРИЯСЫ. Ар кайсы өндүрүштүк бирдик (фирма, ишкана) өзүнүн иш-аракеттеринен мүмкүн болушунча көбүрөөк *пайда* алууга умтулат. Түрдүү ишкана (фирма) өзүнүн товарын эң олжолуу жогорку баа менен гана сатууга тырышпастан, өндүрүшкө жана продукцияны сатууга кеткен чыгашаларды да азайтууга умтулат. Эгерде ишкананын (фирманын) кирешесин көбөйтүүгө болгон биринчи булак ишкананын (фирманын) иш-аракеттеринин тышкы шарттарына көп учурда көз каранды болсо, анда экинчиси – практикалык түрдө ишкананын (фирма-

нын) так өзүнө, тагыраак айтканда, өндүрүш процессин уюштуруу натыйжасынын даражасына жана андан кийин өндүрүлгөн товарлардын сатылышына тыгыз байланыштуу болот. Чыгымдар теориясы өндүрүш чыгымдары жана жүгүртүү чыгымдары сыяктуу эки принципиалдуу категорияларга негизделет. Өндүрүш чыгымдарына эмгек акыга, чийки заттарга, материалдарга (буга эмгек каражаттарынын амортизациясы дагы кошулат) ж.б. кеткен чыгымдар кирет. Өндүрүш чыгымдары өндүрүшкө жумшалган чыгымдардын чогундусунан түзүлөт, алар ишканаларды товарды өндүрүү жана андан кийин пайда алуу максатында алып барат. Товардын бирдик наркынын өндүрүш чыгымдары анын эки бөлүгүнүн бирин түзөт. Өндүрүш чыгымдары түшкөн *пайданын* өлчөмүнө караганда товардын наркынан азыраак болот. Жүгүртүү чыгымдары товарды сатуу процесси менен тыгыз байланыштуу. Ал таза жана кошумча чыгымдарга бөлүнөт. Жүгүртүүнүн кошумча чыгымдарына сорттогонго, ташыганга, орогонго жана товарларды сактаганга кеткен чыгымдар кирет. Жүгүртүү чыгымдарынын бул түрү өндүрүш чыгымдарына жакыныраак жана товардын наркына кирет. *Кошумча чыгымдар* товар сатылгандан кийин түшкөн, сатуудан топтолгон акчанын санынан толукталат. *Жүгүртүүнүн таза чыгымдары* – соодага жумшаган чыгымдар (сатуучулардын эмгек акысы ж.б.), *маркетинг* (керектөө, сурамды изилдөө), жарнамага, кызматкерлердин офисине кеткен төлөөлөр ж.б. Таза чыгымдар товардын наркын көбөйтпөйт да, товар өндүрүү процессинде жана сатуулардан түшкөн пайдадан өзүнүн өлчөмүнө жараша толукталат. Андан башка чыгымдар чыгарылып жаткан продукциянын көлөмүнө тиешелүү жана тиешелүү эмес болуп бөлүнөт. Туруктуу чыгымдар – өндүрүштүн өлчөмүнө анчалык тиешелүү эмес. Булар фирманын (ишкананын) жабдууларынын наркы, ишкананын мурунку милдеттенмелери (зайымдар боюнча пайыздар ж.б.), *салыктар, амортизациялык чегерүүлөр,* күзөтчүлөрдүн эмгек акысы, *ижаралык төлөөлөр,* өндүрүштүн өлчөмү өтө төмөн болсо деле жабдууларды тейлөөгө кеткен чыгымдар, башкаруу кызматкерлеринин эмгек акысы ж.б. *Өзгөрүлмө чыгымдар* өндүрүлгөн продукциянын өлчөмүнө тиешелүү келип, ал чийки затка, материалдарга, жумушчулардын эмгек акысына ж.б. *жумшалган чыгымдардан* турат. Туруктуу жана өзгөрүлмө чыгымдардын суммасы *дүң чыгымдарды* – продукциянын белгилүү көлөмүн өндүрүү үчүн жумшалган акчалай чыгымдардын суммасын түзөт. Продукциянын бирдигин өндүрүү чыгымдарын өзгөртүү үчүн орто, туруктуу орто, өзгөрүлмө орто чыгымдардын категорияларын колдонот. Орто чыгымдар дүң чыгымдарды өндүрүлгөн продукциянын санына бөлгөндөн келип чыгат. Туруктуу орто чыгымдар туруктуу чыгымдарды өндүрүлгөн продукциянын санына бөлгөндөн аныкталат. Өзгөрүлмө

орто чыгымдар өзгөрүлмө чыгымдарды өндүрүлгөн продукциянын санына бөлгөндөн пайда болот. Максималдуу пайдага жетишүү үчүн продукцияны чыгаруунун керектүү өлчөмүн аныктоо керек. Экономикалык иликтөөнүн аспабы болуп, чектелген чыгымдардын категориясы кызмат кылат. Чектелген чыгымдар өндүрүүнүн берилген көлөмү менен салыштырганда продукциянын ар бир кошумча бирдигин өндүрүүгө кеткен кошумча чыгымдарды көрсөтөт. Алар дүң чыгымдардын жанындагы сандык маанисин кемитүүдөн эсептелип чыгарылат. Практика жүзүндө ишканалардын (фирмалардын) иш-аракетин анализдөө үчүн "өздүк нарк" категориясы пайдаланылат да, ал өндүрүшкө жана продукцияны сатууга кеткен тиешелүү чыгымдарды көрсөтүп турат. Өздүк наркты экономикалык элементтерди кошуудан же болбосо калькуляциянын статьяларын жыйынтыктоо жолу менен аныктаса болот. Өздүк наркка калькуляция жүргүзүү үчүн түз жана кыйыр чыгашаларды классификациялоо колдонулат. Түз сарптоолор товардын бирдигин түзүү менен байланыштуу сарпталуулар болуп эсептелет. Кыйыр сарп кылынуулар ишкананын продукциясынын берилген түрүн өндүрүүнүн жалпы ишке ашырылышы үчүн зарыл. Ар бир товар өндүрүүчү өндүрүштүк чыгымдарын азайтууга, продукциянын *өздүк наркын* төмөндетүүгө умтулат. Продукцияны сатууга болгон туруктуу баалардын негизинде жана бирдей шарттарда өндүрүштүн чыгымдарын азайтуу продукциянын бирдигине келип түшкөн пайданын көбөйүшүнө алып келет. Чыгымдардын төмөндөшүнө илимий-техникалык прогресстин мыкты жетишкендиктерин билгичтикте, кеңири колдонуу олуттуу таасирин тийгизет. Жаңы техника жана технология эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашына, өндүрүштүн артыкбаш чыгашаларынын үнөмдөлүшүнө алып келет.

ТЕРМИНАЛ – ТЕРМИНАЛ – башкы компьютер менен байланыш түзүүнү, банктын төлөм тутумунун түйүнүнө билдирүүнүн жөнөтүлүшүн жана андан келип түшкөн билдирүүнү кабыл алууну камсыз кылган аппараттык-программалык комплекс.

ТЕРМИНЫ – ТЕРМИНДЕР – сөз же анын айкалышуусу – илимдин, техниканын, искусствонун атайын тармагынын кандайдыр белгилүү бир түшүнүгүнүн аталышы.

ТЕРЦИЯ – ТЕРЦИЯ (лат. tertia – үчүнчү) – *которулуучу векселдин* үчүнчү даанасы.

ТЕСТ – ТЕСТ (англ. test – сыноо, изилдөө) – сынакка катышуучулардын билим деңгээлин текшерүү үчүн конкреттүү психологиялык же социологиялык изилдөөлөрдө пайдаланылуучу кеңири таралган материал катарындагы суроолор тизмеги.

ТЕСТ ПСИХОЛОГИЧЕСКИЙ – ПСИХОЛОГИЯЛЫК ТЕСТ – талантын аныктоо, эң мыкты пайдалануу жана конкреттүү иштерди атка-

рууга жарактуулугун аныктоо максатында инсандын жеке артыкчылыгын жана жөндөмдүүлүгүн баалоо үчүн жүргүзүлүүчү тест.

ТЕСТ-РЫНОК, СИМУЛИРОВАННЫЙ – СИМУЛДАШТЫРЫЛГАН БАЗАР-ТЕСТИ – соода борборундагы же сатып алуучулар үйүндөгү маек-дүкөндөн башталуучу *маркетингдик* изилдөөлөрдүн бир түрү. Керектөөчүлөр менен аңгемелешүү убагында жаңы товарларды көрсөтүп жана ага тиешелүү баасын берүүнү өтүнөт. Андан кийин симулдаштырылган дүкөндөгү тигил же бул товарды сатып алууга мүмкүндүк берет (көбүнчө төмөндөтүлгөн баада). Тесттен өткөрүлгөн товарды албай калган учурда аны белек катары да бериши мүмкүн. Белгилүү убакыт өткөндөн кийин ал товарларды изилдөөчүлөр жүргүзүлгөн эксперимент катышуучулары менен товарга карата мамилелерин айкындоо максатында алар товарды кайра дагы сатып алышабы же жокпу билүү үчүн телефон, интернет ж.б. менен байланыш жасайт. Мындан кийин маалыматтын баарысы компьютерге салынып, ал болсо, товарды дүңүнөн сатып алуучулардын санын тест-базардагы товардын үлүшүн божомолдоо үчүн тендемени түзөт.

ТЕСТИРОВАНИЕ – ТЕСТТЕН ӨТКӨРҮҮ – белгилүү билимдер шкаласына ээ болгон стандартташтыруучу суроолорду жана маселелерди пайдалануучу психологиялык жана кесиптик диагностика ыкмасы.

ТЕХНИКА – ТЕХНИКА (грек. technike – уз, чебер, уста) – өндүрүш процесстерин ишке ашыруу жана коомдун өндүрүштүк эмес керектөөлөрүн тейлөө үчүн түзүлгөн иш-аракет каражаттарынын жыйындысы; кандайдыр бир иш-аракеттердин, чеберчиликтин жана ыкмаларынын тобу.

ТЕХНИКА АБСТРАКТНАЯ – АБСТРАКТТЫК ТЕХНИКА – өндүрүштүк функцияларды сүрөттөп баяндоочу, өндүрүш процессинин мүнөздөмөлөрүнүн системасы.

ТЕХНИКА БАНКОВСКОГО ДЕЛА – БАНК ИШИНИН ТЕХНИКАСЫ. Банктын тактикалык багытын ийгиликтүү ишке ашыруунун негизги аспабы. Атайын калыптанган аспапты максатка ылайыктап колдонуу.

ТЕХНИКА УПРАВЛЕНИЯ – БАШКАРУУ ТЕХНИКАСЫ – *башкаруу функцияларын* ишке ашыруу процессинде колдонулуучу техникалык каражаттар. Башкаруучулук процесси маалымат катары да чыгып жаткандыктан, башкаруу техникасы көбүнчө маалыматты иштеп чыгуу үчүн ылайыкталып, ал башкаруучулук иш аракеттеринин чегинен тышкары да, пайдаланылгандыгына байланыштуу, аны белгилөө үчүн же анын кандайдыр бөлүгүнө маалыматты иштеп чыгуу боюнча оргтехника, техника, эсеп-чоту, кеңселик сыяктуу ж.б. түшүнүктөрдү колдонот. Башкы каражат катары эң мыкты техникалык каражаттар пайдаланылат жана баарынан мурда жеке компьютерлер колдонулат. Техникалык башкарууга маалымат алуунун жана

маалымат эсебинин каражаттары, аны жыйноо жана иштеп чыгуу, берүү жана сактоо ж.б. тиешелүү.

ТЕХНОЛОГИЯ, ИНФОРМАЦИОННАЯ – МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯ – маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн пайдаланыла турган процесстердин, элементтердин, түзүлүштөрдүн жана ыкмалардын жыйындысы.

ТЕХНОЛОГИЯ, НОВАЯ – ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯ – илимдин жана техниканын эң мыкты жетишкендиктеринин негизинде иштелип чыккан жана алгач ирет иш жүзүндө колдонулуучу технологиялык процесс.

ТЕХНОЛОГИЯ УПРАВЛЕНИЯ – БАШКАРУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ – башкаруу чечимдерин кабыл алуу, бышыктоо жана жүзөгө ашыруу максатында башкаруучулук маалыматты иштеп чыгуу боюнча ыкмалардын жыйындысы.

ТЕХНОПОЛИС – ТЕХНОПОЛИС (гр. te'chne – искусство жана polis – шаар) – эң мыкты техникалык деңгээлдеги продукцияны иштеп чыгуу жана өндүрүшкө киргизүү боюнча регионалдык борборлордун жардамы менен инновациялык процессти ыкчамдатуу маселелерине багытталган эркин экономикалык тилке түрлөрүнүн бири. Технополистин көп профилдүү иш-аракеттери фундаменталдуу жана колдонулма изилдөөлөрдүн долборлоруна мамлекеттердин катышуусу менен калыптанууга жана ишке ашырылууга негизделет. Алар кийин илимий-өнөр жай нугундагы паркта пайдалануу менен өнөр жайда иштетилет.

ТЕЧЕНИЕ – АГЫМ – *1*) кандайдыр бир тармактын нугундагы иш-аракеттердин багыты; *2*) кыймыл, убакыттын өтүшү, абал.

ТИК – ТИК (фр. tic) – *1*) булчундардын эркке баш ийбей кайталай жыйрылышы (көбүнчө бет, баш, моюн булчундары); адатта нерв системасынын дартка чалдыгышынын кесепетинен улам пайда болот. *2*) биржанын эрежелери менен аныкталып белгиленүүчү курстун минималдуу өйдө-ылдый кыймылы.

ТИКЕР – ТИКЕР (англ. ticker – саат, tick – эсеп-чот, кредит, карыздарды китепке киргизүү) – *1*) күндөлүк агымдагы финансылык маалыматты кагаз тасмага оперативдүү берип туруучу телеграфтык аппарат; *2*) биржадагы акыркы *бүтүмдөрдүн* курстарын белгилөөчү жана аларды маалыматтык *таблого* жылып туруучу саптар түрүндө берип туруучу электрондук система.

ТИП – ТИП (греч. typos – наар, из, тамга, форма, үлгү) – *1*) кандайдыр бир нерсенин үлгүсү, формасы; *2*) тигил же бул нерсенин кандайдыр бир белгилеринин, түпкү тектеринин жалпылыгы.

ТИП КАНАЛОВ СБЫТА – САТУУ КАНАЛДАРЫНЫН ТИБИ – сатуу каналдарынын ортомчулардын (далдалчылардын) санына байланыштуу классификацияланышы (топторго бөлүнүшү). Сатуу каналы даярдоочулардан керектөөчүлөргө то-

варлардын жылдырылышына жараша аларды сатып алууга жана сатууга катышуучу фирмалардын тизмегин билгизет. Тизмек дүңүнөн жана чекене сатуучулар түрүндө өндүрүүчүнү, керектөөчүнү жана ортомчуларды камтыйт. Ортомчулары сатуучулар жана агенттер болуп саналбайт. Мисалы, товарды жүктөп жеткирүүнү гана камсыз кылуу, сатуу каналынын бөлүгү болуп саналбайт. Эгерде өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосунда ортомчулар жок болсо, анда мындай канал нөл деңгээлиндеги канал деп аталат. Эгерде алардын ортосунда бир далдалчы болсо, мисалы дүңүнөн сатуучу аралашса, анда бул бир деңгээлдүү канал болуп эсептелет. Дүңүнөн жана чекене сатып алуучу болсо, анда ал эки деңгээлдүү канал деп аталат. Ошону менен бирге, көп убакта сатуунун бир канча вариантары пайдаланылат. Мисалы, бир жана эки деңгээлдүү каналдар.

ТИП ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА – ИШКЕРДИКТИН ТИБИ – менчиктин формаларына жана чарба жүргүзүүнүн ыкмаларына байланыштуу ишкердикти уюштуруунун формалары. Мисалы, өндүрүш каражаттары жеке менчиктүү же аларды ижарага алган *чакан бизнес*, биргелешкен орток ишкердик, акционердик капиталдын негизиндеги корпоративдүү ишкердик.

ТИП ТОВАРОВ – ТОВАРЛАРДЫН ТИБИ – сатып алуучулардын тиби жана товарды аларга жеткирип берүү жолдору боюнча продуктулардын классификациясын белгилөөчү термин. Бул эки негизги типке бөлүнөт: керектөөчүлүк жана өнөр жай товарлары. Керектөөчүлүк товарлары узак жана кыска мөөнөт пайдаланылуучу товарларды, ошондой эле тейлөөлөрдү камтыйт. Сатып алуунун ыкмасы боюнча алар *күндөлүк сурам товарларына* жана *алдын ала тандалып алынуучу товарларга* жана *эң жогорку сурам товарларына* бөлүнөт. Өнөр жай товарлары *негизги каражаттардан* жана *сарпталуучу товарлардан* (айлануу каражаттарынан) турат.

ТОВАР – ТОВАР (түрк-кыргыз, казак – сатып алуу – сатуу буюму) – сатып алуу, пайдалануу же керектөө максатында базарга сунуш кылынуучу материалдык буюмдар.

ТОВАР, АУКЦИОННЫЙ – АУКЦИОНДУК ТОВАРЛАР – аукциондор аркылуу сатылуучу товарлар. Товарлар *лотторго* (бөлүктөргө) ылайыкташтырып сорттолуп, сапаттары боюнча тектеш лоттор кыйла ири партияларга – *стрингге* топтоштурулат. Соңунан ар бир лоттон жана стрингден үлгүлөрү алынат. Ар бир лотко жана стрингге өз номери берилип, алар аукциондор басып чыгаруучу каталогдордо көрсөтүлөт. Адатта, бул товарлардын жекече сапат үлгүсү, белгилери болот. Мисалы, асыл тукумдуу мал, кымбат баалуу тери, чай, *антиквариат*, кымбат баалуулуктар ж.б.

ТОВАР, БИРЖЕВОЙ – БИРЖАЛЫК ТОВАР – толугу менен же бир бөлүгү биржа аркылуу сатылуучу товар. Азыркы базар мамилелеринин шартындагы өнүккөн өлкөлөрдө биржалык товарга көпчүлүк учурда түстүү металлдар, чийки зат жана айыл чарбасы өндүрүп чыгарган азык-түлүк товарлары (таза жибек, кендир, пахта, таза каучук, дан, кант, кофе) кирет. Азыркы кезде адистештирилген дүйнөлүк маанидеги эң ири биржаларга төмөндөгүлөрдү кошууга болот: түстүү металлдар – Лондондогу, Нью-Йорктогу; таза каучук – Лондондогу, Нью-Йорктогу, Амстердамдагы, Сингапурдагы, Куала-Лумпурдагы; пахта – Нью-Йорктогу, Нью-Орлеандагы, Чикагодогу, Ливерпулдагы, Бомбейдеги, Александриядагы; дан – Виннипегдеги, Ливерпулдагы, Роттердамдагы, Лондондогу, Антверпендеги, Миландагы; кант – Лондондогу, Нью-Йорктогу, Ливерпулдагы, Амстердамдагы, Роттердамдагы, Гамбургдагы биржалар.

ТОВАР БОНДОВЫЙ – БОНДУК ТОВАР – бажыкана кампасында сакталып жаткан жана бажылык эрежелерге ылайык тужурумдалбаган товар. Бардык бажылык формалдуулуктарды аткарып, бажылык салыктарды жана жыйымдарды төлөгөндөн кийин гана ташып чыгып, өлкөнүн аймагында эркин өткөрүүгө уруксат берилиши мүмкүн.

ТОВАР ВЗАИМОДОПОЛНЯЮЩИЙ – БИРИН-БИРИ ТОЛУКТООЧУ ТОВАР – товарлардын биринин колдонулушу бир эле убакта башка товардын пайдаланылышын талап кылып, биринчисин толуктап туруучу товар. Мисалы, тиш пастасын толуктоочу товар катары, тиш щёткасы эсептелет, ал эми тиш щёткасына – толуктоочу товар болуп кутусу саналат. Мындай товарлардын бирине *сурам* өзгөргөндө башка товарга болгон *сурам* ушуга окшоп өзгөрөт. Өз ара бирин-бири толуктоочу товарлардын ассортименттик жыйнагынын тыңгылыктуу тужурумдалуу деңгээли түз жана айкалышкан ийкемдүүлүк коэффициенти менен аныкталат. Товарлардын керектелиши өз ара байланыштуу товарларга жана өз алдынча пайдалануучу товарга ажыратылат.

ТОВАР, ВЗАИМОЗАМЕНЯЕМЫЙ – БИРИН-БИРИ АЛМАШТЫРА АЛУУЧУ ТОВАРЛАР – бир түрдүү максат үчүн пайдаланылуучу жана алардын ортосундагы айырма керектөөчүлөргө жана белгилүү жагдайда олуттуу мааниге ээ болбой турган товар.

ТОВАР ВИДИМЫЙ–КӨРҮНӨӨ ТОВАР – өлкөнүн территориясына ташылып жеткирилүүчү жана өлкөнүн территориясынан ташылып кетүүчү жана бажылык иштетүүдөн өткөрүлүүгө тийиштүү товар.

ТОВАР ГИФФЕНА – ГИФФЕН ТОВАРЫ – белгилүү бир кырдаалда товарлардын баасы өскөн учурда, аларга *сурам* көбөйгөн (адатта куну төмөн) товар (мында товардын баасы күткөндөгүдөй төмөндөбөйт). Англиялык экономист Р. Гиффендин ысмы боюнча аталган.

ТОВАРИЩ, ПОЛНЫЙ – ТОЛУК ШЕРИК – ишкердик иш-аракет-

терин *шериктештик* атынан ишке ашыруучу жана өзүнүн мүлкү менен шериктештик милдеттенмеси боюнча жооп берүүчү ишеним көрсөткөн шериктештиктин катышуучусу. Эгерде ишеним көрсөтүлгөн шериктештиктин формасынын аталышына анын ысымы кошулса, анда мүлкүн кошуучу толук шерик болуп калат.

ТОВАРИЩЕСТВО – ШЕРИКТЕШТИК – биргелешкен экономикалык иш-аракеттер үчүн жеке же юридикалык жактардын бирикмеси. Шериктештик – *толук шериктештик* жана *аралаш шериктештик* болуп ажыратылат.

ТОВАРИЩЕСТВО С НЕОГРАНИЧЕННОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТЬЮ – ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЧЕКТЕЛИНБЕГЕН ШЕРИКТЕШТИК – пайда табуу максатында ишкердик иш-аракеттерин жүзөгө ашыруу үчүн тараптардын биригиши (бирикмеси). Жеке менчиктин мындай формасында ишкананын милдеттенмеси боюнча анын катышуучулары салган капиталына гана жоопкерчиликтүү болбостон, өзүнүн бардык мүлкүнө толук биримдикте жоопкерчиликтүү болушат. Чыгымдар жана пайдалар катышуучулардын ортосунда шериктештиктеги мүлккө алардын ар биринин кошкон үлүшүнө шайкеш бөлүштүрүлөт. Өзүнүн үлүшүн башка адамга сатуу шериктештиктин бардык мүчөлөрүнүн макулдугу менен гана жүргүзүлөт.

ТОВАРИЩЕСТВО С ОГРАНИЧЕННОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТЬЮ, ОБЩЕСТВО – ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЧЕКТЕЛИНГЕН ШЕРИКТЕШТИК, КООМ – кредиторлордун алдында өзүнүн жарыя кылган капиталы менен гана жооп берүүчү коом. Коомдун капиталы пайга бөлүнөт, пайды төлөгөндө коомдун мүчөсүнө пайлык күбөлүк берилет. Ал баалуу кагаз болуп эсептелбейт жана коомдун уруксатысыз башка инсанга сатылышы мүмкүн эмес.

ТОВАРИЩЕСТВО ХОЗЯЙСТВЕННОЕ – ЧАРБАЛЫК ШЕРИКТЕШТИК – жалпы коммерциялык максатка жетишүү үчүн *юридикалык* жана *укуктуу жеке жактардын* бирикмеси. Анын иш-аракеттерине, адатта, алардын ар биринин катышуусу алдын ала каралган. Алар кандайдыр долборду – милдеттерди, планды – иш жүзүнө ашыруу үчүн бир жактын же уюмдун (ишкананын) катышуусу жетишсиз болгон шартта уюштурулат; мына ошонун өзү аларды биригүүгө түрткү берет. Чарбалык шериктештиктин бир нече түрү бар, алардын ичинен мына буларды атап көрсөтүүгө болот: жөнөкөй шериктештик, толук шериктештик жана аралаш шериктештик. Жөнөкөй шериктештик коммерциялык максатка жетишүү үчүн мүлктөрдү бириктирүү жана жеке катышуулары жөнүндө жөнөкөй макулдашып келишүүнүн натыйжасында юридикалык жаксыз эле түзүлөт. Бул иш жүзүндө – алынган кирешени (пайдаларды) катышуучулардын ортосунда бөлүштүрүү менен жүргүзүлгөн биргелешкен орток иш-аракеттер жөнүндөгү

кадимки эле *келишимдин* өзү болушы ыктымал. Мындай шериктештиктин мүчөлөрү карыздар боюнча бири-бирине жооп беришпейт, бирок, шериктештиктин карыздары боюнча ага тийиштүү болгон бардык мүлк боюнча биргелешкен орток жоопкерчиликте болот. Толук шериктештикте анын катышуучулары ишкердик иш-аракеттерди бүтүндөй шериктештиктин атынан ишке ашырышат жана жалпы карыздар боюнча *чектелинбеген* жоопкерчиликте болот. Шериктештиктин мүлкү жетиштүү эмес болуп, аны төлөө туура келген учурда, анын катышуучулары аларга тийиштүү болгон бардык мүлктүк милдеттенме боюнча биргелешип орток жооп берет. Толук шериктештикте башкаруунун атайын органы түзүлбөйт, анткени анын ар бир катышуучусу бүт шериктештиктин атынан иш алып барат. Анда өзү иштөөгө милдеттүү, мына ошондуктан башкалардын ишине катышууга укугу жок болот. Мындай шериктештиктин мүчөлөрүнүн жалпы келишимшарты боюнча жалпы башкаруу иши алардын бирине жүктөлүшү мүмкүн. Аралаш шериктештик же командиттик (ишенимге негизделген шериктештик) деп, жарандардын же юридикалык жактардын (булардын ортосундагы) ишкердик иш-аракеттерин жүзөгө ашыруу үчүн жана аныктамучөлөрүн жана салымдарга ээ мүчөлөрүн кошуучу алардын ортосундагы келишимдин негизинде түзүлгөн жарандардын жана юридикалык жактардын бирикмесин аташат. Мындай шериктештиктин аныктамучөлөрү анын милдеттенмеси боюнча өзүнүн бүт мүлкүнө биргелешкен орток жоопкерчиликте болот, ал эми салым-ээ мүчөлөрү өзүнүн салымдарына гана жоопкерчиликте болот жана башкарууга катышышпайт, ал эми алардын пайдалардагы үлүшү болсо, чарбалык шериктештиктеги капиталга кошкон мүчөлүк акысына шайкештикте аныкталып белгиленет. Мындай уюм каражаттарды аккумуляциялоо үчүн пайдаланылат – бир жагынан алып караганда иштиктүү долборду иш жүзүнө ашырууну каалоочулар, бирок бул үчүн жетишерлик каражаты жок айрым жарандар; экинчи жагынан алып караганда – каражаттары бар, бирок каражаттарын кайда салууга боло турган долборлору жок ар кандай ишканалар (фирмалар, компаниялар). Коммандитор-ишкана өзүнүн капиталдары менен *бизнес* ишине катышып жана кез-келген учурда иштиктүү биргелешип эмгектенишүүдөн өзүнүн пайы менен чыгып кетүүгө болот. Коммандиттик чарбалык шериктештик каражаттарды топтоо жагынан өзүнүн артыкчылыгы менен гана кеңири таркалбастан, ошону менен бирге мамлекеттик ишканалардын (өзгөчө акционердик коммандиттик шериктештиктерди түзүүдө) ресурстарын ыгын таап жумшоо ашыкча мүмкүнчүлүгү менен да, өзгөчөлөнүп кеңири жайылууга ээ болуп жатат. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө мындай шериктештиктердин аталышына "компаниясы" деген сөзгө бир же эки аныктамучөсүнүн аты кошулат. *Кара. Об-*

щество хозяйственное – чарбалык коом.

ТОВАРНЫЙ ЗНАК – ТОВАРДЫК БЕЛГИ. Тийиштүү мамлекеттик мекемеде катталып, товарга же анын таңгагына коюлуучу белги. Ал бир тектүү товарларды жекелештирүү же өндүрүүчүлөрдү билдирүү үчүн кызмат кылат.

ТОВАРООБОРОТ – ТОВАР АЙЛАНЫМЫ – товарларды өндүрүп чыгаруучулардан керектөөчүлөргө чейин жеткирип өткөрүү процесси; өндүрүш каражаттарынын жана керектөө буюмдарынын сатылуу жыйынды наркын чагылдыруучу экономикалык көрсөткүч. Товарга дүңүнөн жана чекене соода жүргүзүлөт.

ТОРГИ – СООДАЛОО – бир кыйла ынгайлуу шарттарды сунуш кылуучу кез келген тарап (инсан) менен юридикалык жак бүтүм жасап, соода жүргүзүүнүн калыптанып калган түрү. Сатып алуучу белгилүү техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү бар товарга сатуучулар үчүн конкурс жарыялап, товарды дүңүнөн соодалайт. Калк жыйналган жердеги соодалашууга жана биржага продукцияны коюуга, негизинен мамлекеттик жана коомдук мекемелер катышат. Жалпысынан алганда соодалап дүңүнөн сатуу өндүрүп чыгарууда жана продукциянын кез келген түрүн өткөрүп берүүдө конкурстук негиздеги принциптерди ишке ашырат. Соодалап дүңүнөн сатууда *атаандаштык механизмин* пайдалануу менен продукциянын баасын жана тейлөөлөрдү жөнгө салып турууга болот, ошондой эле келишим-шартынын негизинде сапатка кепилдик боюнча бир кыйла жоопкерчиликтүү талапты жана өзүлөрүнүн милдеттенмелерин тийиштүү деңгээлде аткарууну коюшу мүмкүн. Соодалап дүңүнөн сатууга финансылык жөнгө салып туруунун ар кандай ыкмасы сунуш кылынышы мүмкүн. Баага сунуш кылып соодалоо, баасын төмөндөтүү (кемитүү, арзандатуу) менен соодалашуу, мында баа сооданын баасы жөнүндө жарыялоодо аныкталып, ал эми *оферентер* өзүнүн кемитүү баасын сунуш кылат. Соодалоодо жумуштарды *кредиттөө* шарттары, продукцияга төлөөнүн ар кандай формалары сунуш кылынышы ыктымал. Мында накталай жана накталай эмес төлөө, сом, анча мынча *валюта* менен төлөө иштелип чыккан *товар* айланымынын негизинде ишке ашырылат. Өткөрүлүү формасы боюнча соодалоо *башкы, жабык соода, ачык эмес* болуп ажыратылат. Продукцияларды сатуу жана тейлөө ортомчулугунун техникасы жана уюштурулуу теориясынын негизинде алып караганда соодалоо оферент жана *акцепт механизмин* пайдалануу менен болгон *бүтүмдөрдүн* ар кандай түрүнүн бири болуп саналат. Соодалап сатуунун методикасында төрт баскычты ажыратып белгилейт: *1*) заказ берүүчү *талапкерлерге* бүтүм жасоого ниеттенгендиги жөнүндө кабарлайт – баштапкы документ жана өзүнүн берген баасы (кээде муну соодалап сатууга ж.б. чакыруу,

тендердик документ деп аташат) сунуш кылынат; *2*) талапкерлер тендерлик сунуштарын (офертаны же тендерди) берет; *3*) соодалап сатуунун жеңгендери аныкталат (бирок бул заказ берүүчү менен оферентгин ортосунда бүтүм түзүүгө алып келбейт); *4*) сүйлөшүп келишүүлөр жүргүзүлүп, контракт же келишим-шарты түзүлөт. Соодалоого катышууга максатка ылайык келүүчүлүгү жөнүндө потенциалдуу талапкер менен чечим кабыл алууга таасир этүүчү негизги факторлор: заказ көлөмү; продукцияга жана тейлөөгө заказ көлөмүнүн катышы; заказдарды аткаруу мөөнөттөрү; тендердик сунуштарды даярдоо наркы; мүмкүн болгон атаандаштардын даражасы; божомолдоонуучу пайда; башка заказ берүүчүлөргө продукцияны өткөрүп берүүнүн келечеги; продукцияны өнүктүрүү жана модификацияларды түзүү келечеги; заказдын наркы; илимий маанилүүлүгү; илимий көрөңгө түзүү мүмкүнчүлүгү; жаңы жабдууларды же технологияларды алуу мүмкүндүгү; ушуга окшош продукцияга келерки заказдарды алуу келечеги.

ТОРГИ, АУКЦИОННЫЕ – АУКЦИОНДУК СООДАЛОО – эл жыйналган жерде товарды соодалап сатуу; ал жерде сатылуучу буюм – ага эң жогорку бааны сунуш кылган сатып алуучунун менчигине берилет. Аукциондук соодалоо, адатта, атайын ушул үчүн түзүлгөн уюмдун сатуучусуна тапшырылат. Бирок сатып алуу – сатуу боюнча катыштарда комиссионер катарында чыгат. Ишин аткара албаган карызкор (бересе) адамдын мүлкүн соттун токтому боюнча мажбурлап аукциондук сатуу ушундай механизмге ээ болот.

ТОРГОВАЯ НАДБАВКА – СООДА ҮСТӨГҮ – калкка *товарды* (продукцияны) сатууда соода же башка ишканалардын аныктап белгилөөчү үстөк баасы. Товарларды сатуу жана бул операциялардан *пайда* алууга байланышкан соода ж.б. ишканалардын чыгымдарын жабуу үчүн керектелет. Анын ченеми өкмөттүн же баа чыгаруу (түзүү) органдарынын чечими боюнча чектелген болушу мүмкүн. *Кара. **Оптовая цена – дүң баа, Цена – Баа.***

ТОРГОВАЯ СКИДКА – СООДА ЖЕҢИЛДИГИ – соода баасын арзандатуу, соода-сатык баасын кемитүү – айлануу чыгымдарын жабуу жана *пайданын* калыптанышы үчүн соода уюмдарынын жана ишканалардын карамагында кала турган товардын *чекене баасынын* бөлүгү. Чекене баанын жана *дүң* баанын ортосундагы айырма, товарлар ошол боюнча соода-сатыкка келип түшөт. Кээде бул дүң баага соода-сатыкты көтөрүү (үстөк) болушу мүмкүн. *Кара. **Торговая надбавка – соода үстөгү.***

ТОРГОВАЯ ТОЧКА – СООДА ТҮЙҮНҮ – сунуш кылган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн эсептешүү картын кабыл алуу боюнча эквайер менен келишим түзгөн соода ишканасы же тейлөө чөйрөлөрү.

ТОРГОВЛЯ, БАРТЕРНАЯ – БАРТЕРДИК СООДА – бартердик бү-

түмдөрдүн негизинде ишке ашырылган соода-сатык.

ТОРГОВЛЯ, БИРЖЕВАЯ – БИРЖАЛЫК СООДА – биржалардын ортомчулугу менен *товарлар* жана *баалуу кагаздар* менен соода жүргүзүү.

ТОРГОВО-ПОСРЕДНИЧЕСКИЕ ОПЕРАЦИИ – СООДАЛЫК-ОРТОМЧУЛУК ОПЕРАЦИЯЛАР. *Экспортчунун* же *импортчунун* тапшырмасы боюнча түзүлгөн келишимдин же болбосо бир жолку тапшырманын нугунда аларга баш ийбеген фирмалар-ортомчулар менен жүргүзүлгөн аракеттер, иш-чаралар.

ТОРГОВЫЙ БАЛАНС – СООДА БАЛАНСЫ – ар кыл мамлекеттер ортосундагы экспорттолуучу жана импорттолуучу товарлардын агымын чагылдыруучу документ. Соода балансы негизинен бир айга, кварталга, жылга түзүлөт. Түрдүү мамлекеттер ортосундагы товарлардын оошуусу боюнча накта төлөмдөрдү чагылдырат да, ошондой эле "көрүнүп турууч" операциялар боюнча "Соода балансы" аталышын камтыйт.

ТОРГОВЫЙ ДОМ – СООДА ҮЙҮ. Өз эркн, каалоосу боюнча ишканаларды бириктирүүчү ассоциациянын укугунда иштеген фирма; соода-кызмат көрсөтүүчү фирма соода айланымына чет өлкөлүк *валютаны* тартып, өлкөнүн ички базарын пайдаланса, чет өлкөдө иштеп жүргөн өлкөнүн жарандарына ошол барган жеринде же бул жерде товар сатып алууга кызмат көрсөтө алат.

ТОРГОВЫЙ ЗНАК – СООДА-САТЫК БЕЛГИСИ – *Кара. Товарный знак – товардык белги.*

ТОРГОВЫЙ ПОСРЕДНИК – СООДА ОРТОМЧУСУ – товарлардын чыгарылган жеринен керектелүүчү, сатылуучу жерине чейин жетишин, кыймылын камсыз кылуучу адис. Чет өлкөлүк тажрыйба өнөр жай жана соода фирмалары ортомчулардын кызматынан өтө кеңири пайдаланат. Соода ортомчуларынын ичинен айрыкча белгилүүлөрү *агенттер, брокерлер, коммивояжерлер, консигнаторлор* болуп эсептелет.

ТРАНЗАКЦИЯ – ТРАНЗАКЦИЯ – картты пайдалануу менен товарларды, тейлөөлөрдү сатып алуу, акча алмаштыруу же накталай акча каражаттарын алуу боюнча жүргүзүлгөн операция; анын жыйынтыгында карттын ээсинин счету жүзөгө ашырылган операциянын суммасына өзгөрөт.

ТРАНЗИТ – ТРАНЗИТ – ар кыл жүктү бир өлкөдөн экинчисине ортодогу өлкө аркылуу жеткирүү. Транзит мүмкүнчүлүгүн туура пайдалануу тигил же бул өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет.

ТРАНСАКЦИОННЫЕ ИЗДЕРЖКИ – ТРАНСАКЦИОНДУК (АРАДАГЫ) ЧЫГЫМДАР – өндүрүшкө байланышпаган, бирок ага чегерилүүчү чыгымдар: баа жөнүндө маалыматтарды издөө, чарбачылык бүтүмдүн контрагенти жөнүндөгү чыгымдар; чарбачылык келишимди түзүү

жана анын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү ж.б. чыгымдар.

ТРАНСНАЦИОНАЛЬНАЯ КОРПОРАЦИЯ – УЛУТ АРАЛЫК КОРПОРАЦИЯ – чет өлкөлөрдө тигил же бул өлчөмдөгү активи бар ири корпорация. Мунун уюштуруучулук структурасы, катышуу системасынын жардамы менен өзүнчө юридикалык статусу болгон бардык структуралык бөлүмдөрү менен ага киргендерди башкы компания тарабынан көзөмөлдөөдөн түзүлөт.

ТРАНСФЕРТ – ТРАНСФЕРТ (фр. transfert, лат. transferre – өткөрүү, которуу) – чет элдик *валютаны* же алтынды бир өлкөдөн башка өлкөгө которуу; ысмы жазылган *баалуу кагаздарды* башка инсанга ээ болуу укугун берүү. Ири фирмалардын, өзгөчө транс-улуттук, б.а. бир канча өлкөлөрдө жайгашкан финансылык жактан өз алдынча иш жүргүзүүчү бөлүмчөлөрүнүн ортосунда эсептешүү жүргүзүлө турган баалар трансферттик деп аталат. Аларда баалардын адаттагы функциялары менен катар дагы бир өзгөчө – алардын өзүнө гана таандык милдети бар – алар *пайдаларды* бир өлкөдөн башка өлкөгө которуп өткөрүү үчүн (ошону менен бирге аны салык салуудан жабуу максатында) пайдаланылат. Мындай баалар, ошондой эле фирманын эң мыкты финансылык натыйжаларга, бүтүндөй алганда *бажылык* деңгээлдердеги айырмачылыктарды, экономикалык нормативдерди ж.б. факторлорду билгичтик менен пайдалануунун эсебинен жетишүүсүнө жардам берет. Мисалы, *пайдага салынган салык* өтө эле жогору болгон өлкөлөрдөн фирманын жергиликтүү филиалынын продукциясы анын башка ишканаларына төмөнүрөөк баада пайдаланышы үчүн ташып жеткирет. Бул учурда пайданын болгон өлчөмү анын кичине эле бөлүгү салыктарга кете турган жерде соодаланат. *Фирма-экспортчунун* мында жетишерлик өлчөмдө финансылык ийгиликке жете албай калышы, өзгөчө бир маселе болуп саналбайт. Аны дайыма борбордук башкармалык чет өлкөдөн *дотациянын* же *инвестициянын* жардамы менен колдоо көрсөтүп турат, анын үстүнө жеңилдик берилген пайдалануу режимин алышы да мүмкүн. **Трансферттик төлөм**, бул мамлекет же фирма *чарбасына* же компанияга төлөй турган акча (же товарды жана тейлөө ишин өткөрүп берүү). Мында төлөөчү түздөн-түз алардын ордуна товарларды же тейлөөлөрдү албайт. Трансферттик төлөмдөр төмөндөгүчө болуп ажыратылат: **мамлекеттик трансферттик төлөмдөр** – социалдык камсыздандыруу боюнча төлөм жана жумушсуздарга берилүүчү жөлөк пул жана ардагерлерге, башка карыларга пенсиялар (бул төлөмдөр жана аларды алуучулар өндүрүштүн күндөлүк агымдагы көлөмүн түзүүгө кандайдыр бир салым кошпой тургандыгы алардын өзгөчөлүгү болуп эсептелет). **Жеке менчиктүү төлөмдөр** – мисалы, студенттердин ата-энелеринен ж.б. туугандарынан ай сайын алынуучу *субсидиялары*, түрдүү белектер ж.б. (б.а. өндүрүш натыйжасы

эмес каражаттарды бир ээлик кылуучудан башкага өткөрүп берүү актысы болуп саналат). Товардын жана тейлөөнүн кайтарым-кыймылысыз акча каражаттарынын бир жактуу болушу жана кайтарып албай бекер берүү – күндөлүк агымдагы трансферттик төлөмдөр деп аталат. Буларга мисал катары керектөө максатында берилүүчү төлөөсүз жардам эсептелет (күндөлүк агымдагы трансферттик төлөмдөргө, ошондой эле *салыктарды, айыптарды, өсүмдөрдү* төлөө тиешелүү). Капиталдык трансферттик төлөмдөр – *капиталды* бир институциондук бирдиктен (мисалы, товар чыгаруучу ишканадан) башкасына (керектөөчү мекемеге) *активдерди* алууга төлөөсүз өткөрүп берүү. Капиталдын трансферти улуттук чарбанын резиденттеринин ортолорундагы сыяктуу, ошондой эле резиденттердин жана резидент эместердин ортосундагы орунду ээлеши ыктымал. Алардын биринчилери ички экономиканын бирдиктерин өткөрүп берүүчү жана кабыл алуучу капитал менен болгон операциялардын эсеп-чотунда чагылдырылат; экинчисинде – башка өлкөлөр (тышкы экономикалык иш-аракеттерге катышуучулар) менен болгон капитал аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын эсеп-чотуна катталат.

ТРАССАНТ – ТРАССАНТ (нем. trassant, ит. trassente) – которулуучу *вексель – тратта* берүүчү тарап (инсан). Которулма вексель (тратта) кармоочу адам. *Акцепт* үчүн жана ал боюнча төлөөгө жооп берет.

ТРАССАТ – ТРАССАТ (нем. trassat, trassere – вексель боюнча өткөрүп берүү) – которулма *вексель – тратта* боюнча төлөп берүүгө милдеттүү адам (карызкор).

ТРАСТ – ТРАСТ (англ. trast – ишеним, тапшырма) – кардарлардын кызыкчылыктары боюнча жана чарбалык иш-аракеттер, ошондой эле башка чөйрөлөрдөгү тейлөөлөрдү көрсөтүү боюнча *банктардын* ишеним операциялары. Банк иштеринде "траст операция", адатта, *коммерциялык банктар* тарабынан ишке ашырылат. Жеке адамдар үчүн банктар төмөндөгүдөй ишеним операцияларын аткарышы мүмкүн: мындай тиешелүү укуктан ажыраган (жашы жетпегендер, өзүнүн иш-аракеттерине өзү жооп бере албагандар) инсандардын мүлкүн убактылуу башкаруу, кайтыш болгондордун мүлкүн мураскордун кызыкчылыгында башкаруу, баалуулуктарды сактоо, *акцияларга* жана *кыймылсыз мүлккө* акча салуу, карыздарды төлөө, тил кат боюнча мүлктү башкаруу, консультациялар ж.б. Ишканалар үчүн – төлөм функцияларын аткаруу, төлөм, зайым боюнча гарант, базарда акцияларды таратуучу агент, фондулар, мүлктү башкаруучу, *баалуу кагаздарды*, мүлктөрдү сактоочу ж.б. болуп чыга алат. Термин бирикмени, фондуну белгилөө үчүн да пайдаланылат. Мисалы, трасттар төмөндөгүдөй түрлөргө ажырайт: ишке байланыштуу – жоопкерчилиги чектелинген коммерциялык форма; көпчүлүк элдик – мейримдүүлүк,

кайрымдуулук максаттарына жеке адамдардын кайыр-садагаларынан түзүлүүчү траст; пенсиялык – кызматкерлерге пенсия төлөнүүчү компаниялардын фондуларын башкаруу үчүн уюштурулуучу траст; жалпы инвестициялык – майда ээлик кылуучулардын ишенимдик негизде бириктиришкен капиталынын нугунда түзүлгөн инвестициялоо үчүн траст. Трасттардын арасында маанилүү орунду треттер ээлейт. Бул бириктирилген ишканалардын формасы болуп саналат да, мында алар өзүлөрүнүн юридикалык жана чарбалык өз алдынчалыгын жоготуп, башкаруу иши болсо, ошол башкармачылыктын колуна же башкы ишкана офисине топтолот. Алар башкаруунун ийкемдүү, мыкты борборлоштурулушу менен гана эмес, ошону менен бирге иш-аракеттеринин кыйла *тарамдалышы жагынан* да айырмаланат.

ТРАСТ, АКТИВНЫЙ – АКТИВДҮҮ ТРАСТ – активдүү траст менчиги ошол траст боюнча ишеним көрсөтүүчүнүн кошумча макулдугусуз эле сатылууга, карыз берилүүгө, күрөөгө коюлууга мүмкүн болгон, башкача айтканда, түрү өзгөрүлүүгө ыктымал (мисалы, акча алтынга, *баалуу кагаздарга* айланат) траст.

ТРАСТ, БЕЗОТЗЫВНЫЙ – КАЙТАРЫЛБАЙ ТУРГАН ТРАСТ – *бенефициардын* макулдугусуз уюмдаштыруучу өзгөртүүгө мүмкүн болбогон траст.

ТРАТТА – ТРАТТА (ит. tratta) – которулуучу *вексель*, акча документи, ошого ылайык сатып алуучу сатуучуга (*ремитентке*, көрсөтүүчүгө) *банк* аркылуу (же карыз суроочуга) белгилүү бир сумманы төлөп берүүнү кепилдейт; мында тараптар белгилеген мөөнөттөргө кандайдыр бир шарттар коюлбайт. Банк векселдерди эске алуу менен, алардын ээлерине кайтарып бергенге чейинки мөөнөткө карыз берип, ал эми берилген каражат үчүн төлөм катарында вексель боюнча *дисконт* (пайыз) кармалып алынат. Которулма вексель тышкы соода-сатык төлөмдөрдө бир кыйла арбын колдонулат.

ТРАТТА АКЦЕПТОВАННАЯ – АКЦЕПТЕЛГЕН ТРАТТА – *банк* тарабынан акцептелген *тратта*. *Импортчуга банк кредитин* берүү формаларынын бири. *Аккредитивди* ачуу менен *тышкы соода* ишинде жүргүзүлөт.

ТРАТТА БАНКОВСКАЯ – БАНКТЫК ТРАТТА – көрсөтүү боюнча төлөнүүчү которулма вексель; *банк* өзү же анын атынан коюучу *тратта*. Накта акча каражаттарына тенештирилет жана төлөмсүз кайтарылып берилиши мүмкүн эмес. Көбүнчө ***тышкы соодада*** айдаланылат.

ТРЕЙДЕР – ТРЕЙДЕР (англ. trader – соодагер) – ишти өзүнүн эсебинен жана жоопкерчилиги менен жүргүзгөн, чечимдерди өз алдынча кабылдап, бизнести жеке өзү башкарган ишкер. Анын тапкан эмгек акысы (сыйлыгы) иш-аракеттердин

жыйынтыгынан келип түшкөн *пайда* болуп саналат. Ал эркин ишкердик алкагында өз ишин жасап, кирешечыгашасына толугу менен өзү орток болот. Бирок ал ишканасы *банкротко* учурап калганда (мисалы, фирмалардын ээси, чач тарачтын ээси, автомобилдерди ремонттоо боюнча устаканаларынын, турмуш-тиричилик жеке менчиктүү иш ээлери) жоготууга болгон бүт бардык тобокелди өз мойнуна алат. Мында "индивидуалдуу ишкердик" деген түшүнүк бир гана инсанды милдеттүү түрдө карабастан, бир нече адамдын эмгеги колдонулушу мүмкүн (эгерде коммерциялык ишкана бир инсандын жеке менчиги болуп саналса). Трейдердин артыкчылык жактарына: көбүнчө *контрагенттер* анын жеке өзүнө белгилүү болот, демек, ал алардын керектөөлөрүн жана ниеттенүүлөрүн тез эске алат. Ага ыйкемдүүлүк, чечимдерди оперативдүү кабыл алуу мүмкүнчүлүгү таандык болот. Жетишпеген жактары: финансылык ресурстардын чектелгендигинен улам *капиталдын* чегинде *бизнес*көлөмүнүн чектелүүчүлүгү, атаандаш жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү, өндүрүштүн ири көлөмүнө жетишүү келечегинин жоктугу ж.б. Адам жөндөмдүүлүктөрүнүн айрым учурдагы чектелгендиги да, кыйла маанеге ээ болот. Трейдердин ишкердик демилгечи даражасына карабастан, кээ бир билим деңгээлинин (мисалы, салык салуу, финансы ж.б.) жана тажрыйбанын жетишпөөсү мүмкүн жана дем алыш күндөрүн, өргүүнү, ооругандыгы жөнүндө кагазды пайдалануу маселеси менен дайыма келишүүгө, чечүүгө туура келет. Ал эми бизнес иши бир адам аркылуу ишке ашырыла турган болсо, анын негизги функциясы – *финансыны, маркетингди,* материалдык-техникалык камсыз кылууну башкаруу жана кошумча жумушчу күчүн жалдаган учурда кадрлар маселелерин – ал өзү чечип аткарууга туура келет. Мында эң башкысы аткарган милдеттеринин кыйла көптүгүнөн, кээ бир жумуштарын аткарууда билим, тажрыйбанын жетишсиздигинен бир адамга оорлук келип калышы ыктымал. Бирок, бул маселелерди убагында туура чечүү үчүн кошумча *субконтракттарды* түзүү, башка компаниялар менен алака жасоо, адистерди (мисалы, бугалтерлерди, турмуш-тиричилик жактан тейлөө боюнча агенттерди ж.б.) тартуу аркылуу, өнөктүк келишимдерди түзүү менен туура чечилиши мүмкүн. Ошондой болсо да, жеке ишкерлердин ролу улуттук экономикада олуттуу болушу ыктымал.

ТРЕСТ – ТРЕСТ (англ. trust – ишеним) – *Кара. Траст.*

ТРЕТЕЙСКИЙ СУД – БЕЙТАРАП СОТУ – эки тараптын ич ара кандайдыр бир талашты чечүү үчүн талашуучулар тараптан шайлануучу сот; эки тараптын чатагын текшерүү үчүн ортодон калыс шайланган сот. Бейтарап соттун иштери тиешелүү тараптардын макулдашуусуна ылайык жүргүзүлөт. Бейтарап соттун төмөндөгүдөй эки: институционалдык (даймага иштөөчү) жана обочолонгон (конкреттүү иштер боюнча талаштарды кароо үчүн атайын түзүлүүчү) тиби бар. Бейтарап сотко берүү жөнүндөгү шарты келишимдин курамына киргизилет да "арбитраждык эскертме" деп аталат.

ТРУДОВОЙ КОЛЛЕКТИВ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН ЭМГЕК ЖАМААТЫ – кызматкерлеринин ишкана менен эмгек карымкатнаштарын жөнгө салып туруучу эмгек келишиминин, ошондой эле башка формаларынын негизинде *ишкананын* иш-аракеттерине өз эмгеги менен катышуучу жарандардын чогундусу. Ишкананын эмгек жамааты төмөндөгүдөй маселелерди чечет: ишкана мүлкүн сатып алууга байланыштуу маселелерди; администрация менен *жамааттык келишимди* түзүүнү; анын долборун карайт жана профсоюздук органдарга жамааттын атынан кол коюу өкүлдүгүнө ишеним билдирет, өкүлдөрдү ишкананын кеңешине шайлоону (чакыртып алууну), алардын иш-аракеттери жөнүндөгү баяндамаларды, башкаларды *ишкананын уставына* ылайык угат. Ишкананын эмгек жамаатынын өкүлдүк бийликтерин ишке ашыруунун негизги формасы катары, жалпы жыйналыш болуп эсептелет.

ТРУДОВЫЕ ДОХОДЫ РАБОТНИКА ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНА КЫЗМАТКЕРИНИН ЭМГЕК КИРЕШЕЛЕРИ – иш-аракеттеринин жыйынтыгын эсепке алуу менен анын кошкон жекече эмгек салымы менен аныкталып белгиленүүчү ишкананын ар бир кызматкеринин кирешелери. *Салыктар* аркылуу жөнгө салынып жана максималдуу өлчөм менен чектелбейт. Ишканалардын бардык түрлөрүнүн кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөнүн минималдуу өлчөмү мыйзам актылары менен белгиленет. *Эмгек акы төлөөнүн* формалары, тутумдары жана өлчөмдөрү, ошондой эле кызматкерлердин кирешелеринин башка түрлөрү ишкана тарабынан өз алдынча белгиленет. Ишкана мамлекеттик *тарифтик ставканы*, айлыкты – кызматкердин аткарган иштеринин татаалдыгына, башка шартына, квалификациясына, кесибине байланыштуу эмгек акыны төлөөнү жиктөө үчүн ориентир катары пайдаланышы мүмкүн. *Кара. **Единая тарифная сетка – Бирдиктүү тариф сеткасы. Минимальная заработная плата – Минималдык эмгек акы.***

ТУГРИК — ТУГРИК. Монголиянын 100 мунгуга барабар акча бирдиги. 1925-жылы киргизилген.

ТУМАН – ТУМАН – эсептик акча бирдиги, ошондой эле 18-кылымдын аягынан тартып, Персиянын (Ирандын) алтын жана күмүш тыйындары, 10 риалдан турат.

ТУННЕЛЬ, АРБИТРАЖНЫЙ – АРБИТРАЖДЫК ТУННЕЛЬ – арбитраждык операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү финансылык аспаптардын бааларынын ортосундагы айырма.

У

УБЕЖИЩА, НАЛОГОВЫЕ – САЛЫКТЫК СЫЙЫНТТАР (баш калка). *Кара. Гавани, налоговые – Салык гавани.*

УБЫЛЬ – КЕМҮҮ, АЗАЮУ – бирдеменин сан, өлчөм, деңгээли жагынан кемиши же азайышы; сандын кемиши.

УБЫЛЬ ЕСТЕСТВЕННАЯ – ТАБИГЫЙ КЕМҮҮ – сактоо убагында соолуп же кургап калуунун, бууланууж.б. ушул сыяктуу көрүнүштөрдүн таасиринен товардык-материалдык баалуулуктардын өлчөмүнүн (салмагынын, көлөмүнүн) азайышы. Товардык-материалдык түрдүү баалуулуктардын табигый кемиши алардын атайын эсеп-чотун алууда аныкталып белгиленет (бул көбүнчө кем чыгуу байкалган учурларда гана жүргүзүлөт). Табигый кемүү белгиленген нормалар боюнча аныкталат. Бирок ал иш жүзүндө айкындалган кем чыгуудан ашпоого тийиш.

УБЫТКИ – ЗЫЯН ТАРТУУ (чыгашага учурап калуу) – кирешеге караганда чыгашасы арбын болгон же ишкананын *пайдасынын* төмөндөп кетишинин кесепетинен улам келип чыккан жоготуулардын акча менен туюнтулушу. Зыян тартуу өндүрүп чыгаруу жана сатуу учурундагы чыгаша продукциянын сатылуучу баасынан ашып кеткендиктен жана ишкананын тышкы соода-сатык иш-аракеттеринен, тагыраак айтканда, айыптарды, түрдүү өсүмдөрдү төлөөлөрдөн, ишенимсиз карыздарды эсептен чыгарып салуудан, табигый кырсыктардан, материалдык мүлктөрдөн жана даяр продукциялардын табигый нормасынан кем чыгышынан (эгерде күнөөлүүлөр белгиленбеген болсо) ж.б. келип чыгат. Бугалтердик эсепте зыян тартуу *"Пайда жана зыян тартуу" дебет* эсеп-чотунда чагылдырылат; алар ишкананын жалпы финансылык натыйжаларынан эсептен чыгарылып салынат, бул болсо, ишкананын баланстык пайдасын азайтат. Зыян тартуунун айрымдары: айлана-чөйрөнү булгануулардан коргоо боюнча талаптарды аткарбаганга салынган айыптык санкциялар, табигат ресурстарын белгиленген лимиттерден ашыкча пайдалануу, санитардык нормаларды жана эрежелерди сактабоо, продукциялардын ашык коюлган баалары-нан түшкөн негизсиз пайдалар, пайданы же башка объектилерге салынган салыкты төмөндөтүү жана башка бюджетке түшүүгө тийиштүү айыптык санкциялардын түрлөрү – мына ушулардын чогундусу ишкананын карамагында калган пайданын эсебинен жабылат. Жылдын аягында ишкананын чарбалык иш-аракеттеринин жыйынтыкталган финансылык

натыйжалары чыгарылат да, жалпы зыянды же түшкөн пайданы жалпы жонунан аныктап белгилешет. Базар мамилелеринин шартында зыян тартпай турган ишти жана пайда табууну камсыз кыла албаган ишканалардын көпчүлүгү банкрот болууга аргасыз болот.

УБЫТКИ, БУМАЖНЫЕ – КАГАЗДЫК ЗЫЯН ТАРТУУ – бир кыйла төмөн баанын негизинде *активдерди* же бир кыйла жогору баа боюнча *пассивдерди* кайра баалоонун кесепетинен келип чыккан чыгашалар.

УБЫТКИ В СТРАХОВАНИИ, ПРЯМЫЕ – КАМСЫЗДАНДЫРУУДАГЫ ТҮЗ ЗЫЯН ТАРТУУ – камсыздандырылган мүлктүн өлчөмүнүн азайышы (кемиши) же, материалдык-буюмдук форманы сактоодо камсыздандыруу учуру келген убакта пайда болгон анын наркынын төмөндөшү.

УБЫТКИ, КАПИТАЛЬНЫЕ – КАПИТАЛДЫК ЗЫЯН ТАРТУУ – *1)* кандайдыр бир активдерди аларды сатып алуу бааларынан төмөн сатуунун кесепетинен келип чыккан зыян тартуу; *2)* активдердин базардык наркынын төмөндөшүнөн келип чыккан жоготуулар.

УБЫТКИ ПО КРЕДИТАМ – КРЕДИТ БОЮНЧА ЗЫЯН ТАРТУУ – *кредиторлун-дебиторлун* кредит-жөндөмдүүлүгүнөн ажырашынын кесепетинен (мисалы, банкротко учуроо) улам тарткан зыяндары.

УБЫТКИ ПО КУРСУ – КУРСУ БОЮНЧА ЗЫЯН ТАРТУУ – акцияны же валютаны өткөрүүдө анын биржалык курсу төмөн түшүп кеткенден улам чыгашалар.

УБЫТКИ ПО ЦЕННОЙ БУМАГЕ – БААЛУУ КАГАЗДАР БОЮНЧА ЗЫЯН ТАРТУУ – баалуу кагаздардын позициясы сатып алууга же сатууга жабылып калган учурда ээсинин колунда сатылбай кармалып калган баалуу кагаздан чыгашалар.

УБЫТКИ ПРЯМЫЕ – ТҮЗ ЗЫЯН ТАРТУУ – келишим шартынын бузулушунан келип чыккан кайтарып төлөп берүүгө тийиштүү чыгашалар.

УБЫТОЧНОСТЬ – ЗЫЯНДУУЛУК, ЗЫЯН ТАРТУУЧУЛУК, ӨЗҮН-ӨЗҮ АКТАЙ АЛБООЧУЛУК – тийиштүү бир базалык чоңдукка карата зыян тартуу өлчөмүнүн катышын айкындоочу экономикалык олуттуу көрсөткүч.

УБЫТОЧНОСТЬ ПРЕДПРИЯТИЯ, ФИРМЫ – ИШКАНА, ФИРМА ЧЫГАШАЛУУЛУГУ – белгилүү убакыт аралыгында акчанын келип түшүүсү кеткен чыгымын жабалбай *пайда* үлүшү төмөндөп, карыз көбөйө бергендигин айкындаган ишкананын чарбалык иш-аракеттеринин финансылык жагдайы.

УВЕДОМЛЕНИЕ – КАБАРЛАМА – бир нерсе жөнүндө жазуу жүзүндө же оозеки кабарлама (билдирүү, кабарлоо).

УВЕДОМЛЕНИЕ БРОКЕРСКОЙ ФИРМЫ – БРОКЕРДИК ФИРМАНЫН КАБАРЛАМАСЫ – брокердик фирманын кардарына ага

брокердин маржалык счетунун карыз-акча каражатынын өлчөмү белгиленген белгилүү чектен төмөн экендиги жөнүндө кабарлоо.

УДОСТОВЕРЕНИЕ ПОДЛИННОСТИ ДОКУМЕНТА (АУТЕНТИФИКАЦИЯ) – ДОКУМЕНТТИН АНЫКТЫГЫН ТАСТЫКТОО (АУТЕНТИФИКАЦИЯ) – Төлөм документинин аныктыгын текшерүү иши; ага документтин ээсинин көрсөтүлгөн же билдирилген ысымга ылайык келүүсүн текшерүү камтылат.

УЗАНС – УЗАНС (фр. usance, лат. usus – адат, салт, каада) – *Кара. Узанция.*

УЗАНЦИЯ – УЗАНЦИЯ – *1)* кээ бир учурларда келишимдин шартын толуктоочу соода-сатык эрежеси; *2)* айрым чет элдик векселдерди төлөө үчүн соода эрежеси боюнча аныкталып коюлуучу мөөнөт.

УЗЕЛ, ВНЕШНИЙ ТРАНСПОРТНЫЙ – ТРАНСПОРТТУК ТЫШКЫ ТҮЙҮН – эң кеминде үч жолдун кесилишкен түйүнү.

УЗО-ТАРА – УЗО-ТАРА (ит. uso – эреже) – салмагын таразага тартпай эле соода-сатык эрежесинин негизинде (мисалы, белгилүү ченемдеги товарды таңылчактоо үчүн адатта пайдаланылуучу таңык материалынын санынын негизинде) белгиленүүчү тара.

УЗУКАПИЯ – УЗУКАПИЯ – иш жүзүндө узак убакыт ээлик кылуунун негизинде жеке менчиктүүлүк укугун алуу.

УЗУРА – ПАРА, УЗУРА.

УЗУРПАТОР – УЗУРПАТОР (лат. usurpator) – бийликти өз колуна мыйзамсыз эле, күч менен тартып алган же жөнү жок эле башкалардын укугун өзүнө менчиктеп алган инсан.

УЛЬТИМО – УЛЬТИМО (ит. ultimo – акыркы, аяк) – *1)* бүтүмдү аткаруу мөөнөтү катарында белгиленип, бүтүмдүн шарттарында алдын ала каралган белгилүү мезгилдин аяк күнү; *2)* *банк* практикасында тигил же бул айдын, кварталдын, жылдын акыркы күнү; *3)* иштиктүү корреспонденция нугунда кандайдыр бир өткөн мезгилди, көбүнчө айды белгилөө.

УНИВЕРСАЛ – УНИВЕРСАЛ (лат. universalis – жалпы, бүт текши) – *1)* өзүнүн кесибинде бүт бардык адистиктерди билүүчү жумушчу-кызматчы; *2)* ар түркүн милдетти аткарууга жөндөмдүү машина, жумушчу механизм, түзүлүш.

УНИЯ, ТАМОЖЕННАЯ – БАЖЫЛЫК УНИЯ (лат. unio – биримдүүлүк, бирикме) – *1)* бирден бир тышкы бажылык тарифи бар жалпы бажылык аймак; бажы кеңешинин мүчөлөрү тарабынан бирикме ичиндеги тоскоолдуктарды жоюу жана жамаattык *протекционизм* саясатын жүргүзүү үчүн түзүлөт; *2)* бажылык кеңеш.

УНЦИЯ – УНЦИЯ (лат. uncia) – *1)* салмак бирдиги (27 г) жана рим монетасы. Орто кылымда – 20 динарды туюнткан акча бирдиги. *2)* Тройск унциясы – алтындын ж.б. баалуу металлдардын 31,1 г. барабар болгон азыркы кездеги салмактык бирдик.

УПРАВЛЕНИЕ – БАШКАРУУ – *1)* башкаруу, тигил же бул иш-аракеттин багыты; *2)* мекеменин (фирманын) белгилүү бир көздөгөн максатын ишке ашыруу үчүн пландаштыруу, уюштуруу, ынандыруу жана көзөмөлдөө процесси. Белгиленген максат менен шартталып, белгилүү бир тартипте жайгаштырылган элементтери бар структурага ээ болгон система (ишкана, фирма, машиналар ж.б.). Башкаруу иши төмөндөгүдөй ажыратылат: технологиялык процесстерди буюмдар менен башкаруу, адамдар менен башкаруу – өндүрүштү башкаруу ж.б. Башкаруу процесси тигил же бул максатка иштиктүү багыттоону жана жамааттын (машинанын) иштеринин эп келүүчүлүктөрүн камсыз кылуу зарылчылыгынан келип чыккан адам баласынын иш-аракеттеринин өзгөчө түрү болуп саналат. Максаттуу башкаруу белгилүү *принциптер* жана *ыкмалар тутумдарын* пайдалануунун негизинде *башкаруу функцияларын* аткаруунун натыйжасында жетишилүүчү анын максаттары менен аныкталып белгиленет. Башкаруунун материалдык өзөгүн органдар (аппараттын болушу), кадрлар (*жетекчилер, адистер,* аткаруучулар) тутуму, *башкаруу техникалары* (жыйноо каражаттары, маалыматты берүү жана иштеп чыгуу) ээлейт. Башкаруу процесстери, ошондой эле белгилүү бир санда кармап туруу, уюштуруу, технология менен дагы айкындалат жана ал башкаруу объектисине тыгыз байланыштуу болот. *Кара.* ***Менеджмент, Управление маркетингом – маркетинг башкаруусу, Управление предприятием – ишкананы башкаруу.***

УПРАВЛЕНИЕ МАРКЕТИНГОМ – МАРКЕТИНГ БАШКАРУУСУ – алдыда белгиленген максаттарга жетишүү аракетинде (мисалы, пайда алуу, сатуунун көлөмүнүн өсүшү, базар үлүшүнүн көбөйүшү ж.б.) сурамды аныктап белгилөө жана анын үзүрлүү болушуна өбөк болуу жаатында эсептелинген иликтөөнүн, пландоонун, иш чараларды жүзөгө ашыруу жана көзөмөлдөө жардамы менен максаттуу нукта иш жүргүзүү. Маркетинг башкаруусу, төмөндөгүлөрдү камтыйт: ишкана чөйрөсүн, *базарды, керектөөчүлөрдү, ассортименттерди, товарлардын сапатын* жана *тейлөөлөрдү, сатууну, товарларды өткөрүүнү, бааны, жарнаманы, маркетингдик изилдөөлөрдү (базар тармактарын, сурамды* жана *атаандаштыкты,* сатуу жана бөлүштүрүүнү, жарнамаларды, *фирманын тактикасын* жана *стратегиясын* ж.б.). Башкаруунун максаты фирма алдыга койгон максаттарга жетишүүдө ага жардам бергидей (уюмдар, *компаниялар*) кылып, сурамдын деңгээлине, убакытка жана жагдайына таасир этүү болуп саналат. Тагыраак айтканда, маркетинг башкаруусу бул сурам нугунда комплекстүү иш жүргүзүү болуп эсептелет. Маркетинг аркылуу иш кылуучулар сурамдын деңгээлине, убакытка жана жагдайына таасир этүүнү билиши өтө зарыл, анткени иш-аракеттеги сурам фирманын өзү каалаган сурамга туура келбеши мүмкүн. Маркетинг боюнча башкармачылык – бул фирманын маркетингдик жагдайын, белгиленген пландарды жүзөгө ашы-

рүү же көзөмөлдөө функцияларын ишке ашыруу менен алек болуучу кызматкерлердин белгилүү тобу. Аларга сатуу кызматындагы, жарнама бөлүмүнө жетекчилик кылуучу кызматкерлер, сатууну ургаалдаштыруучу адистер, маркетингди изилдөөчүлөр, товарлар боюнча башкаруучулар жана бааны чыгаруу боюнча адистер кирет. *Кара. **Концепция маркетинга – маркетинг концепциясы.***

УРОВЕНЬ ЖИЗНИ НАСЕЛЕНИЯ – КАЛКТЫН ЖАШОО ДЕҢГЭЭЛИ. Бул адамдардын экономикалык, руханий жана социалдык талаптарын канааттандырууну, керектөө деңгээлин камсыз кылууну киши башына туура келүүчү материалдык жыргалчылыктардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өлчөмүн, азык түлүк продукцияларынын, ошондой эле башка товарлардын көлөмүн, сандык жана сапаттык көрсөткүчүн чагылдыруучу тутумду камтыйт.

УРОВЕНЬ ЦЕН, СОВОКУПНЫЙ – БААЛАРДЫН ЖАЛПЫ ДЭҢГЭЭЛИ – улуттук дүң продуктунун курамына киргизилген баа индекси формасында туюнтулган бардык товарлар менен тейлөөлөрдүн орточо баасы.

УСЛОВИЯ КОНТРАКТА – КОНТРАКТТЫН ШАРТТАРЫ – келишимде тараптар белгилеген шарттар, келишимдин шарттары анын мазмунуна карай аталат. Бул шарттар маанилүү, кадимки жана кокусунан болгон шарттар болуп айырмаланат. Маанилүү шарт болуп, мыйзам боюнча ушундайча таанылган же ушул түрдөгү келишимдер үчүн зарыл болгон шарттар, ошондой эле тараптардын биринин билдирүүсүнө карата макулдашууга жетишүүгө тийиш болгон пункттар эсептелет. Келишимдик практикада маанилүү шарттарга төмөнкүлөр кирет: келишимдин аталышы, анын аткарылуу орду жана күнү, тараптардын аталышы жана алардын реквизиттери, контрактын предмети жана объекти, келишимдин колдонулуу мөөнөтү, продукцияны берүүнүн жана кабыл алуунун мөөнөтү жана тартиби; өз ара эсептешүү тартиби, таңгактоо, ташуу, камсыздандыруу; келишим объектисин пайдалануу жана жайылтуу боюнча тараптардын укуктары; тараптардын жоопкерчиликтери жана колдонуучу укуктары ж.б.

УСЛОВИЯ ПЛАТЕЖА – ТӨЛӨМ ШАРТЫ – контрактын келишимдик-укуктук реквизиттери. Алар товар накталай төлөм шарттарында сатыларын же кредитке берилерин аныктап белгилейт жана башка элементтер менен бирдикте контрактын финансылык шарттарынын негизин түзөт.

УСЛОВИЯ ПОСТАВОК, ОБЩИЕ – ЖЕТКИРИП-ТАПШЫРУУНУН ЖАЛПЫ ШАРТТАРЫ – тышкы соодада жеткирип-тапшыруу боюнча ар башка мамлекеттердин уюмдарынын ортосундагы карымкатнашты жөнгө салып туруучу эрежелер.

УСЛОВИЯ ТОРГОВЛИ – СООДА ШАРТТАРЫ – соода операцияларын жүргүзүү шарттарынын жыйындысы. Бул сооданын ар кандай түрлөрүнө колдонулат. Соода шарттары тигил же бул чектөөлөрдүн болушу, базардагы атаандаштыктын өнүккөндүгү, маалыматтык жана башкалардын ачыктыгы менен мүнөздөлөт.

УСЛОВИЯ ТРУДА – ЭМГЕК ШАРТТАРЫ – өндүрүштүк иш-аракет процессинде адамдын ишке жөндөмдүүлүгүнө жана ден-соолугуна таасир этүүчү факторлордун жыйындысы. Аларга төмөнкүлөр кирет: *1)* өндүрүш технологиясын өркүндөтүүгө багытталган өндүрүштүк-техникалык факторлору; *2)* өндүрүштө микроклиматты камсыз кылуучу санитардык-гигиеналык факторлор; *3)* тиричиликти тейлөөнү камтуучу жалпы эмгек шарттары.

УСЛУГИ НЕРЫНОЧНЫЕ – БАЗАРДЫК ЭМЕС ТЕЙЛӨӨЛӨР – Мындай тейлөөлөр жумшалган чыгымдар толугу менен же олуттуу бөлүгү мамлекеттик бюджеттин, өз эркү менен жыйналган чакан чарбалардын пайдаларынан (төлөмдөрүнөн) же жеке менчиктен түшкөн кирешелердин эсебинен жабылат. Коомду бүтүндөй же чарбалардын белгилүү бир топторун акысыз же чекене төлөм үчүн коомдун жааматтык керектөөсүн канааттандыруучу тейлөөлөрдү камтыйт. Бул, мисалы, мамлекеттик башкаруу органдарын, коомдук уюмдарды, милдеттүү түрдөгү социалдык камсыздандырууну, калкка көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдү камтыйт.

УСЛУГИ РЫНОЧНЫЕ – БАЗАРДЫК ТЕЙЛӨӨЛӨР – сатып алуу жана сатуу объектиси болуп саналуучу тейлөөлөр; товар чыгаруучулардын чыгымдары алардын сатуудан түшкөн каражаттын эсебинен толугу менен же бир кыйла өлчөмдө жабылат. Аларга төмөндөгүлөр кирет: чекене жана дүңүнөн соода кылуу тейлөөлөрү жана коомдук тамактануу ишканаларын, транспорттордун бардык түрлөрүн тейлөө, жүктөө-түшүрүү, транспорттук-экспедициялык, кампаларды жана сактоолорду тейлөө, ондоочу жайларды (автомобилдерди, бут кийимдерди, сааттарды ж.б.) тейлөөлөрү, турак жайларды колдонууга чегерүү, камсыздандыруу (милдеттүү түрдөгү социалдык камсыздандыруудан тышкары), финансылык мекемелердин (валюталарды алмашуу, эсептөөлөрдү жүргүзүү) тейлөөлөрү, ден соолукту сактоо, дене тарбия, билим берүү тейлөөлөрү, маалыматтык-эсептөө тейлөөлөрү, адвокаттардын укуктук жактан кеңештери, нотариалдык кеңселердин тейлөөлөрү ж.б. Базарда иш-жүзүндө жүзөгө ашырылган тейлөөлөрдөн тышкары, базардык-тейлөөлөргө жумушчу-кызматкерлерге эмгек акы натура түрүндө төлөнгөн тейлөөлөр жана турак жайлардын ээлик кылуучуларынын өзүлөрү үчүн өндүрүп чыгаргандагы тейлөөлөрү дагы кирет.

УСТАВ БАНКА – БАНКТЫН УСТАВЫ – банктын иш-аракеттеринин эрежесин толугу менен чагылдыруучу документ. Мисалы, коммерциялык банктын уставы төмөндөгүлөрдү камтыйт: банктын аталышын, орун алган жайын, анын аткарган операцияларынын тизмесин, укуктук абалынын көрсөтмөсүн (юридикалык

жактыгын жана чарбалык коммерциялык эсеп-кысаптын негизинде иш жүргүзөрүн), уставдык жана банк түзүүчү башка фондулардын өлчөмдөрүн, мүлктүн пайда болуу тартибин, көзөмөлдөө органдарын жана алардын иштиктүүлүгүн аныктап белгилөөнү, банкты уюштуруу шарттарын жана анын иш-аракеттерин токтотууну камтыйт. Банктын уставына ошондой эле бул мекеменин иш-аракеттеринин өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу кошумча жоболор киргизилиши мүмкүн. Ал (банк) уставка киргизиле турган бардык өзгөрүүлөр жөнүндө борбордук (улуттук) банкка кабарландырып (билдирип) турууга милдеттүү болот.

УСТАВ ОБЩЕСТВА – КООМДУН УСТАВЫ – коомдун уюмдаштырылуу документтеринин (акционердик чектелүү менен же кошумча жоопкерчилик менен) бири. Ушунун негизинде коом түзүлүп жана иш-аракеттерин жүргүзөт. Бул төмөндөгүдөй маалыматтарды камтыйт: коомдун түрүн; анын иш-аракеттеринин максаттарын; аталышын жана орун алган жайын; *чектелүү жоопкерчиликтүү* жана *толук жоопкерчиликтүү коомдун* катышуучуларынын курамын, *уставдык фондунун* ченемин, мүлктүн пайда болуу тартибин жана *пайданын* бөлүштүрүлүшүн, башкаруу органдарынын структурасын, иштиктүүлүгүн жана коомду көзөмөлдөөнү, катышуучулардын укугун жана милдеттерин, чечимдерди, ошону менен бирге бир добуштан же *көпчүлүк добуш* менен маселелердин тизмесин кабыл алуу тартибин, коомду жоюу жана кайра түзүүнү. Анын курамына чыгарылуучу *акциялардын* түрлөрү жана категориялары жөнүндөгү маалыматтарды, алардын санын жана чекене наркын, ар кандай түрдөгү жана категориядагы акциялардын катышын, *жабык акционердик коом* үчүн акциялардын жылышуусунун чектелүүлөрүнүн толук тизмесин киргизет. *Чектелүү жоопкерчиликтүү коомдун уставы* катышуучулардын ар биринин үлүшүнүн өлчөмү, курамы, алардын салымдарды кошуу тартиби жөнүндөгү маалыматтарды камтып, ал эми *кошумча жоопкерчиликтүү коом* болсо, – анын мүчөлөрүнүн *кошумча жоопкерчиликтүүлүгүн* камсыз кылуунун тартибин өзүнө камтышы керек. Уставка акционердик коомдун катышуучуларынын тизмеси тиркелет. Коомдун уставына иш-аракеттеги мыйзамга каршы келбеген башка да жоболор киргизилиши мүмкүн. Эгерде уставда коомдун иш-аракеттеринин мөөнөтү көрсөтүлбөгөн болсо, ал белгисиз убакыт үчүн түзүлгөн деп эсептелинет.

УСТАВ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН УСТАВЫ – *ишкананын* милдеттерин, эрежесин жана иш-аракеттеринин өрүшүн; чарбалык органдардын системасындагы анын абалын аныктап белгилөөчү документ. Ал менчик ээси же ага өкүлдүк орган тарабынан бекитилет. Менчик ээсинин көрсөтмөсүн, ишкананын аталышын жана түрүн, анын орун алган жайын, иш-аракеттеринин максаттарын, башкаруу органдарынын тизмесин жана алардын иштиктүүлүгүн, *уставдык фондунун* өлчөмүн, мүлктүн пайда болуу тартибин жана аларды тескөө шарттарын, *пайданы* бөлүштүрүү тартибин, ишкананы кайра уюштуруу жана жоюуну камтыйт. Ага ишкананын иш-аракеттеринин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мыйзамга каршы келбеген башка да жоболор киргизилиши ыктымал.

УСТАВНОЙ КАПИТАЛ – УСТАВДЫК КАПИТАЛ – ишкананын (фирманын, уюмдун) уставы менен аныкталып белгиленген жана негизинен *акцияларды* сатуудан түшкөн акчадан калыптанган *капиталдын* баштапкы акча каражаты. *Кара. **Уставной фонд – устав фондусу**.*

УСТАВНОЙ ФОНД – УСТАВДЫК ФОНД – *ишкананын негизги фондуларынын* жана *айлануу каражаттарынын*, менчик ээлеринин же *акционердик коомдордун* катышуучуларынын кошкон салымдарынын (акча каражаттарынын), алардын уставында көрсөтүлгөн жана дайыма пайдалануда жана тескөөдө болгон суммасы. Өндүрүш-чарбалык процессте ж.б. иш-аракеттерде анын өлчөмү дайыма өзгөрүп турат. Устав фондусун көбөйтүүнүн негизги багыттарын төмөндөгүлөр эсептейт: *капиталдык курулуш* объектилерин ишке киргизүү, негизги каражаттарды ж.б. *материалдык баалуулуктарды* акысыз (төлөөсүз) алуу жана башка материалдык баалуулуктар, уставдык фондуга өткөн жылда түшкөн *пайда* үлүшүнүн кошулушу, айлануу каражаттарын финансылоо ж.б. Ал эми муну азайтуу жагына болсо тозуу, *негизги фондуларды* акысыз бекер берүү жана жок кылуу, пайданы колдонуудан чыгаруу, өткөн мезгил үчүн чыгымдарды (чыгашаларды) эсептеп чыгарып салуу ж.б. кирет. Акционердик коомдун жөнөкөй жана *артыкчылык берилген акция* салымдары боюнча жиктелген уставдык фондусу уюмдаштыруучулук документтер менен аныкталып белгиленет. Аны өзгөртүүгө *ишканалардын мамлекеттик каттоо* реестрине маалыматтарды киргизгенден кийин жол берилет жана акциялардын номиналдуу (чекене) наркынын, коомдун катышуучуларынын кошумча салымдарынын көбөйүшү (же азайышы) менен шартталышы мүмкүн. Ижаралык ишканаларда анын өлчөмү *ижарага* алынган негизги (калдык наркы боюнча) жана жүгүртүлүүчү каражаттарынын суммасы менен белгиленет. Анын өзгөрүшү кошумча ижарага алуунун натыйжасы катары же ижарага алынган каражаттарды кайтаруудан, ошондой эле ижарачынын жеке менчигинен топтолуунун эсебинен да келип чыгат. Фондунун өзгөрүүлөрүнүн баарысы *бугалтердик эсептин эсептегичтеринде* эске алынат, ал эми жалпы суммасы болсо, *бугалтердик баланста* "Уставдык фонду" статьясы боюнча чагылдырылып, ал белгилүү учурга карай болгон анын өлчөмүн аныктап белгилейт.

УСТОЙЧИВЫЕ ПАССИВЫ – ТУРУКТУУ ПАССИВДЕР – *Кара. **Оборотные средства – айланым каражаттары**.*

УТИЛИЗАЦИЯ – ТАШТАНДЫНЫ ИШТЕТҮҮ – белгилүү өлчөмдө пайда алуу үчүн керектөө. Мисалы, калдыктарды керекке жаратуу.

УЧАСТНИК МЕЖБАНКОВСКИХ ЭЛЕКТРОННЫХ ПЛАТЕЖЕЙ – БАНК АРАЛЫК ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМДӨРДҮН КАТЫШУУЧУСУ – Кыргыз Республикасынын аймагында белгиленген тартипте каттоодон өткөн жана электрондук төлөмдөргө катышуучу башка банктар менен электрондук төлөм документтерин алмашуу боюнча келишим түзгөн банк. Электрондук төлөмгө катышуучу банк электрондук төлөм документтерин жөнөтүүчү же кабыл алуучу боло алат.

УЧАСТНИК ПЛАТЕЖНОЙ СИСТЕМЫ – ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫНЫН КАТЫШУУЧУСУ – Кыргыз Республикасынын аймагында төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу боюнча кызматтарды сунуш кылган финансы-кредиттик же ортомчу мекеме.

УЧАСТНИК ЭЛЕКТРОННЫХ ПЛАТЕЖЕЙ – ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМДӨРДҮН КАТЫШУУЧУСУ – электрондук төлөмдөр боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланган же сунуш кылган жеке же юридикалык жак.

УЧЕТ АНАЛИТИЧЕСКИЙ – АНАЛИТИКАЛЫК ЭСЕП – чарбалык операциялардын, ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын аналитикалык эсептегичтердин жардамы менен жүргүзүлүп кыйла такташтырылган бугалтердик эсеби. *Кара. Учет бухгалтерский – бугалтердик эсеп.*

УЧЕТ БУХГАЛТЕРСКИЙ – БУГАЛТЕРДИК ЭСЕП – *чарбалык эсептин* жыйынтыкталган тутуму. Бугалтердик эсеп алгачкы маалыматтарды алууну, аларды текшерүүнү жана иштеп чыгууну, тутумдаштырууну, операцияларды тийиштүү эсептик *регистрлерде* (карточкаларда, китептерде, журналдарда) көрсөтүүнү камтыйт. Ишкананын бардык каражаттарын жана иш жүзүнө ашырылуучу чарбалык операцияларды баалоону, өндүрүш процессинин бардык стадияларындагы товардык-материалдык баалуулуктардын, акча каражаттарынын жылышуусунун эсебин, *продукциянын* аныктын (жумуштардын, тейлөөлөрдүн) *өздүк наркын* калькуляциялоону, чарбалык иш-аракеттердин жыйынтыкталган көрсөткүчтөрүн (*пайданы* жана *чыгашаны* айкындоо менен) түзүүнү жана аларды ишкананын отчеттуулугуна тужурумдап коюуну ишке ашырууга жардам берет. Баш ийишине жана формаларына карабастан, *юридикалык жак* болуп саналуучу (чет өлкөлүк инвестициялар менен иш кылган ишканаларды кошо алганда), ошондой эле бюджеттен финансыланууучу фирмалар (*ишканалар, компаниялар* ж.б.) үчүн бугалтердик эсептин жана отчеттуулуктун бирден бир методологиялык негиздери аныкталып белгиленген. Алардын баарысы өзүлөрүнүн мүлкүн, милдеттенмелерин жана чарбалык операцияларын туташ үзгүлтүксүз документалдуу жана алар өз ара тутумдашып чагылдырылган акчалай туюнтулган натуралдуу чөнөөлөрдүн негизинде эсеп жүргүзүүгө милдеттүү. Бугалтердик эсептин негизги милдеттерине төмөндөгүлөр кирет: оперативдүү жетекчилик кылуу жана башкаруу, *инвесторлор*, сатып алуучулар, *кредиттчилер, салыктык, финансылык, банктык* ж.б. мекемелердин, тиешелүү тараптардын пайдалануусу үчүн зарыл ишканалардын иш-аракеттеринин чарбалык операциялары, натыйжалары жөнүндөгү толук жана аныктын маалыматтарды тужурумдоо; колдогу мүлккө жана анын жылышына, бекитилген нормалар, нормативдер жана сметаларга ылайык материалдык, эмгек, финансы ресурстарын пайдалануга көзөмөлдүктү камсыз кылуу; чарбалык-финансылык иш-аракеттерде терс көрүнүштөрдү өз убагында алдын ала эскертүү, ички чарбалык резервдерди ачуу жана колдонуу. Ишкана бугалтердик эсепти иш жүзүнө ашыруу менен бугалтердик иштердин уюштурулуу формасын өз алдынча ишкананын түрүнүн жана чарбаны жүргүзүүнүн конкреттүү шарттарынын негизинде белгилейт, эсептөө формасын жана ыкмасын, көзөмөлдүүлүктүү жана экономикалык анализди аныктап, чарбалык операцияларды документтештирүүнүн ички эрежесин, документ айланымдарды белгилеп, эсептин регистрлерин жүргүзүүнү, инвентаризациялоону өткөрүүнү ж.б. белгилеп аныктайт. Алар өзүлөрүнүн өндүрүшүн жана чарбасын, филиалдарын, бөлүмчөлөрүн ж.б. айрым *баланска* бөлүшү мүмкүн. Бугалтердик эсептин өзгөчөлүгү мүлктү эсепке алуу, милдеттенмелерди жана чарбалык операцияларды эки жактуу жазуу ыкмасы менен жүргүзүү болуп эсептелет. Маалыматтарды бугалтердик эсептин регистрлерине жазуу үчүн негиз болуп, чарбалык операциялардын өткөрүлгөндүгүнүн фактысын аныктоочу баштапкы документтер же баштапкылардын негизинде түзүлүп жыйнакталган документтер болуп саналат. Мындай документтер, ошонун ичинде техникалык каражаттардын жардамы менен басылгандар, төмөндөгүдөй милдеттүү түрдөгү *реквизиттерди* камтууга тийиш: аталышы, документтин номери, датасы жана анын түзүлгөн орду, мазмуну, чарбалык операциянын ишке ашырылуу негизи, анын көрсөткүчтөрү (сандык жана наркгык); кызмат аткаруучу тараптардын аты, чарбалык операциялардын тужурумдалышынын ишке ашырылышына жана тууралыгына жоопкерчиликтүү инсандар, бул адамдардын койгон колдору жана алардын чечмелөөсү. Баштапкы документтер операция ишке ашырылган учурдан баштап түзүлүүгө тийиш, ал эми буга мүмкүнчүлүк болбой калса, түздөн-түз анын бүтөрү менен эле түзүлүшү керек. Документтерди өз убагында жана сапаттуу тужурумдоо, бугалтердик эсепте чагылдыруу, аларды белгиленген мөөнөттө өткөрүп берүү үчүн, алардагы камтылган маалыматтардын түшүнүктүүлүгүнө жоопкерчилик аларды түзгөн жана кол койгон инсандарга жүктөлөт. Эсептик документтердеги маалымат топтоло бе-

рип, эсептик регистрлерде иретке келтирилет да, андан кийин топтоштурулган түрүндө бугалтердик отчеттуулукка которулат. Мындай регистрлер кол жазма түрүндө тузурумдалышы (оформить этилиши), компьютерде басылышы; дискеттерге, магниттик тасмаларга жазылышы мүмкүн. Баштапкы документтерде жана эсептик регистрлерде жазууларды өчүрүүгө жана эскертилбеген оңдоолорго жол берилбейт. Каталарды оңдоо документке кол койгон же эсептик регистрди түзүүчү (учурун көрсөтүү менен) инсандын койгон колу менен ырасталууга тийиш. Кассалык жана банктык документтерде оңдоого жол берилбейт. Маалыматтардын ырастыгын текшерүү максаттарында ишкана мүлккө, финансылык милдеттенмелерге *инвентаризация-ревизия* жүргүзөт. Келечегинде туташ, тутумдаш жана үзгүлтүксүз болуп чыккан бугалтердик эсеп ишкананын мүлкүнүн сакталышын камсыз кылган маанилүү каражат болуп саналат. Анын милдеттүү түрдө болуучу (эч нерсе менен алмаштырылгысыз) шарттарына толуктук, тактык, ырастык жана өз убактысында болуучулук жөнөкөй жана ачыктык кирет. Ал үчүн ар бир операцияны документалдуу түрдө: *наряддар, төлөм-талап кагазы, кириш, чыгыш ордерлери* ж.б. документтер менен ырастоо милдеттүү. Операциялар жөнүндөгү маалыматтар түрдүү топко бөлүштүрүлүп, *бугалтердик эсептин счетторунда* жалпыланат: аларда маалыматтардын ар бири эки жолу (эки жактуу жазуу), тагыраак айтканда *дебетте* бирөөсү жана *кредитте* башкасы жазылат. Мына ушунун өзү каражаттардын курамындагы жана алардын булактарындагы өзгөрүүлөр менен өз ара шартталганын билдирет. Бугалтердик счеттордо регистрациялануучу чарбалык операциялар жалпыланган түрдө *бугалтердик баланска* көчүрүлөт. Бугалтердик эсепти уюштуруу жоопкерчилиги ишканада анын жетекчисине жүктөлөт. Ал эсепти туура жүргүзүү, документтерди жана маалыматтарды тузурумдоо жана өз убагында берип туруу тартиби боюнча башкы бугалтердин талаптарын аткаруу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү. Башкы бугалтерге мыйзамга каршы келүүчү жана келишимдик, *финансылык* тартипти бузуучу операциялар боюнча документтерди тузурумдоо жана аткарууга, кабыл алууга тыюу салынат. Мындай документтер жөнүндө жазуу жүзүндө ишкананын жетекчисине билдирилип, андан жазуу жүзүндө тескөөнү алгандан кийин аны аткарууга киришет. Бул учурда мыйзамсыз ишке ашырылган операциялар үчүн жоопкерчилик толугу менен жетекчиге жүктөлөт.

УЧЕТ ВЕКСЕЛЯ, ДИСКОНТ ВЕКСЕЛЯ – ВЕКСЕЛЬ ЭСЕБИ, ВЕКСЕЛЬ ДИСКОНТУ – *1)* номиналдык баадан төмөн баа боюнча векселди иш-аракеттеги мөөнөтү бүткөнгө чейинки учурда сатып алуу; *2)* банк практикасында – векселдерди сатып алууда банк тарабынан кармалуучу эсептик пайыз.

УЧЕТНЫЙ КРЕДИТ – ЭСЕП КРЕДИТИ – сатып алган күндөн вексель боюнча төлөмдү аткарган күнгө чейин эсептөө банктын тиешелүү пайызын кармоо менен векселди сатып алуу нугунда жүргүзүлүүчү кредит.

УЧЕТНЫЙ ПРОЦЕНТ – ЭСЕП ПАЙЫЗЫ – *1)* векселдерди, баалуу кагаздарды, купондорду, акцияларды жана башка карыздык милдеттенмелерди алар боюнча төлөө мөөнөтү келгенге чейин сатып алуу жолу менен акчаны авансылоо үчүн банк тарабынан алынуучу төлөм; *2)* банктар аралык кредит үчүн борбордук банк алуучу ссудалык пайыз.

УЧРЕДИТЕЛИ – УЮМДАШТЫРУУЧУЛАР – акционердик коомду, фондуларды, бирикмелерди, биржаларды ж.б. негиздөөчүлөр.

УЧРЕДИТЕЛЬНАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ ОТКРЫТОГО АКЦИОНЕРНОГО ОБЩЕСТВА – АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМДУН УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК КОНФЕРЕНЦИЯСЫ – *акцияларга ачык жазылуу* аркылуу *акционердик коомду* түзүүдө уюштурулуучу жыйналыш. Жазылуусу бүткөндөн кийин бир айдан кечикпей чогулушат. Эгерде анда *жөнөкөй акцияларга* жазылуу боюнча таратылгандардын 70% дан жогору жазылышкан инсандар (же алардын өкүлдөрү) катышса, ал укуктуу деп таанылат. Кокус жазылуучулардын тиешелүү санда катыша албай калгандыгынан улам конференция болбой калса, же укуктуу эмес деп таанылса, анда үч жумадан ашык эмес мөөнөттө ал чогулуш экинчи жолу кайта чакырылууга тийиш. Экинчи жолу жыйналган конференция укукту ала албай калган учурда коом түзүлбөй калды деп эсептелинет да, пайлар жазылуучуларга кайтарылып берилет. Уюмдаштыруучулар (учредителдер) келишимде каралган мөөнөттө жана формада жазылуучуларга конференциянын өткөрүү күнүн жана жайын билдирүүгө, аларга *коомдун уставынын* долборун ж.б. документтерди берүүгө тийиш. Конференция чечимдерди көпчүлүк добуш менен кабыл алып, бир жөнөкөй акцияга жазылуу бир добушка укук берет. Артыкчылыгы бар акцияларга жазылуучулар уюмдаштыруучулук конференцияга кеңеш берүү добушу менен катышууга укуктуу.

УЧРЕДИТЕЛЬНЫЕ АКЦИИ – УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК АКЦИЯЛАР. *Акционердик ишканалардын* уюмдаштыруучулары тарабынан алынуучу жана аларга айрым артыкчылык укуктарды берүүчү *акциялар* (акционерлердин жалпы чогулуштарындагы кошумча добуштардын саны). Андан башка уюмдаштыруучулук акцияларды кармоочу аларды кошумча чыгарган кезде акцияларды алууга алгачкы укуктан пайдаланат.

УЧРЕДИТЕЛЬСКАЯ ПРИБЫЛЬ – УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК ПАЙДА. Акцияларды сатуудан түшкөн жана акционердик ишканага аныксалынган капиталдын ортосундагы айырма түрүндө уюмдаштыруучулук акционер компаниясы алган пайда. Акциянын курстук наркы, кадыресе,

алар ойлогон анык капиталдын өлчөмүн бир топ жогорулатуудан пайда болот. Ошонун негизинде *акция* ээлери *дивиденддди*, тагыраак айтканда, акциялар боюнча бөлүнгөн ишканалардын кирешесин алат. Ал эми акциялардын курсу пайыздын орточо өлчөмүнөн капиталдаштырылган *дивидендге* теңештирилет. ("*Баалуу кагаздардын курсун*" караңыз). Бирок дивиденд ссудалык пайыздан алда канча жогору болгондуктан, акциялардын курсу өзүлөрү көрсөткөн анык капиталды кыйла көтөрөт. Анткени акционердик уюмдаштыруучулар *акционердик ишканага* салынган капиталды чыгарышат. Ушул учурда акциялар алардын *номиналдык баасы* боюнча сатылса анда уюмдаштыруучулук киреше төмөн алынып калышы мүмкүн. Анын булагы катары, ар бир акционердик ишканада түзүлгөн кошумча нарк эмес, эң алды менен жумушчулар тарабынан түптөлүп жана жыйналып акча капиталына айланган каражат эсептелет. Мындай капиталдар катардагы акционерлерден алардын акцияларын сатып алуу учурунда уюмдаштыруучуларга өтөт.

УЩЕРБ ИМУЩЕСТВЕННЫЙ – МҮЛКТҮК ЗЫЯН – *жеке* (укукка ээ жана милдеткер адам) же *юридикалык жактын* мүлкүнө зыян кылуу же келишимдин шарттарын аткарбоонун кесепетинен улам келип чыккан мүлктүк зыян тартуу.

УЩЕРБ МОРАЛЬНЫЙ – МОРАЛДЫК ЗЫЯН. *Кара.* ***Ущерб неимущественный – мүлктүк эмес зыян.***

УЩЕРБ НЕИМУЩЕСТВЕННЫЙ – МҮЛКТҮК ЭМЕС ЗЫЯН – укукка каршы иш-аракеттердин жыйынтыгынан келип чыккан моралдык маанайдагы зыянга дуушар болуу. Мисалы, жеке инсандык касиетин кемитүү, адеп-ахлактык жактан сындыруу, кайгы-капа тартууга дуушар кылуу, беделин түшүрүү ж.б. менен туюнтулат. Дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндөгү мыйзамдарга ылайык мүлктүк эмес зыян өлчөмү сот тарабынан белгиленүүчү мүлк түрүндө кайтарууга дагы жол берилет.

УЩЕРБ ПОБОЧНЫЙ – КОШУМЧА ЗЫЯН – белгилүү бир чарбанын иш-аракеттеринин башкаларга келтирген зыяны. Мисалы, химиялык ишканалардын айдоо аянттарына жакын же токой тилкелеринде жайгашып зыян келтириши.

УЩЕРБ РЕАЛЬНЫЙ – АНЫК ЗЫЯН – укуктун бузулушун калыбына келтирүү үчүн *жеке* же *юридикалык жактын* тарткан чыгымдары.

УЩЕРБ СТРАХОВОЙ – КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЗЫЯНЫ – түрдүү себептер менен камсыздандыруунун негизинде камсыздандыруучуга төлөнгөн материалдык зыян тартуу.

УЩЕРБ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ – ЭКОНОМИКАЛЫК ЗЫЯН – бүтүндөй мамлекетке, чарбалык объектиге, айрым инсанга, ошондой эле табигатка чарбалык иш-аракеттеги кетирилген оош-кыйыштыктардын, каталыктардын айынан келтирилген нарк менен туюнтулуучу зыян.

Ф

ФАБРИКАНТ – ФАБРИКАНТ – *1)* фабриканын ээси; *2)* тигил же бул нерсени көп өндүрүп чыгартуучу инсан.

ФАБРИКАТ – ФАБРИКАТ (лат. fabricatus – даярдалган) – өнөр жай тармактарында чыгарылган даяр товар, продукт; фабрикада даярдалган буюм.

ФАБРИКАЦИЯ – ФАБРИКАЦИЯ (лат. fabricatio – даярдоо) – бир нерсени сомдоп жасап чыгаруу.

ФАЗА – ФАЗА (грек. phasis – пайда болуу) – бир нерсенин өнүгүү жана өзгөрүлүү жолундагы учуру, айрым стадиясы, ошондой эле бул учурдун абалы.

ФАЗЫ ЭКОНОМИЧЕСКОГО ЦИКЛА – ЭКОНОМИКАЛЫК ЦИКЛДИН ФАЗАЛАРЫ – төрт фазага ажыроочу узак убакытка карата болгон тенденциянын экономикалык өйдө-ылдый болуп өзгөрүлүп турушу: 1-фаза – туу чокусу, тигил же бул товарды чыгаруунун эң жогорку чегине жеткен учуру; 2-фаза – төмөндөөсү, товарды өндүрүп чыгаруу көлөмүнүн төмөндөй баштагандыгынын даана байкала баштаган мезгили; 3-фаза – өтө төмөндөп кетиши, өндүрүп чыгарылган товардын санынын кескин азайып калышы; 4-фаза – көтөрүлө башташы, белгилүү бир убакыт аралыгында өндүрүп чыгарылган товардын санынын өсүшү байкала баштаган мезгили. Өндүрүлгөн товардын кыйла төмөндөп кетиши алты айдан ары карай узарып кетсе, анда буга карата өтө төмөндөп кетүү же рецессия (лат. recessus – артка чегинүү) термини колдонула баштайт. Депрессия (лат. depressio – басмырдануу) термини узакка чейин тынбай төмөндөөгө карата пайдаланылат. Буга 1929–1933-жылдардагы дүйнөлүк деңгээлдеги *Улуу депрессиянын* болуп өтүшү өрнөктүү мисал болот.

ФАЙЛ – ФАЙЛ – бир бүтүн катары каралуучу бири экинчисине байланыштуу жазуулардын жыйындысы. Мисалы, кадр анкетасынын бир сабы элемент катары каралып, ал эми бул анкета – толугу менен файл катары эсептелет.

ФАЙОЛЬ (FAYOL), АНРИ (1861–1925) – француз тоо инженери, тоокенин өндүрүүчү жана металлургиялык ири компаниялардын 30 жыл бою генералдык директору болуп иштеген. Файоль өзүнүн ишканаларды башкаруу тажрыйбасын 1916-ж. чыккан "Жалпы жана өнөр жайлык башкаруу" аттуу китебинде жалпылап, корутундулап көрсөткөн. Башкаруу Файольдун ой толгоосу, көп жылдык тажрыйбасына ылайык төмөндөгүнү билдирет: "*1)* алдын ала көрө билүү – келечекти изилдеп үйрөнүү

жана иш-аракеттердин программасын тактап белгилөө; *2)* уюштуруу – ишкананын кош организмин куруу: материалдык жана социалдык жактарын түзүү; *3)* башкаруу, тескөө – ишкананын персоналын иш-аракетке келтирүү; *4)* макулдашуу – бардык иш-аракеттерди жана күч-кубатты байланыштыруу жана бириктирүү; *5)* көзөмөлдүккө алуу – бардыгынын аныкталып белгиленген эрежелерге жана берилген тапшырмаларга маш келип ишке ашырылышына байкоо жүргүзүү." Бул жоболор, башкалары менен бирге алганда түрдүү ишканаларга туура келет. Бул классификация ушул күнгө чейин башкаруу илимининин негизин түзөт.

ФАЙОЛИЗМ – ФАЙОЛИЗМ – 20-чы кылымдын баш ченинде Анри Файоль баяндап жазган бир катар макалаларындагы ишканаларды уюштуруу, башкаруу принциптеринин жана эрежелеринин жыйындысы. Файолдун теориясы Тейлордукуна салыштырмалуу оригиналдуулугу жагынан төмөндөгүчө айырмаланат: Тейлор сыяктуу эле, ал жалпы башкаруу уюмун жана контордун ролун негиз кылып алып, алар сунуш кылган уюм америкалык мектептикине караганда кыйла иерархиялык жана азыраак функционалдуу болот; анын баяндаган теориясы өзгөчө маанилүүлүгү менен айырмаланат, анткени Файоль ага адамзаттын фактору деп маани бергендигинде болуп эсептелет (жүрүм-турум, жөндөмдүүлүк, психология ишкананын социологиясы). Ишкананы тийиштүү деңгээлде башкаруу төмөндөгүлөр менен камтылат: жетекчинин авторитети; буйруктун принциби; иерархия принцибинин тактыгы; натыйжаларды борборлоштуруу жана көзөмөлдөө; тиешелүү тартип; акыйкаттуулук принциби; персоналдын стабилдүүлүгү; демилгелүүлүк жана жоопкерчилик принциби.

ФАК – ФАК – курамына кирген товардын номенклатурасына байланышсыз ирилештирилген жүк бирдиги үчүн транспорт тарифинин негизги ставкасы.

ФАКСИМИЛЕ – ФАКСИМИЛЕ (лат. fac simile – окшоштуруп жаса) – кимдир бирөөнүн (инсандын) коюлган колунун көчүрмөсүн басып чыгара турган мөөр. Жыйынтыгында факсимиле басылган документ официалдуу болуп саналып жана юридикалык күчкө ээ болот.

ФАКТ – ФАКТ (лат. factum – жасалган, ишке ашырылган) – *1)* чындык, болгон окуя, кубулуш; кандайдыр корутундуга, жыйынтык чыгарууга кызмат кылуучу, кандайдыр бир божомолдоону ырастап далилдей турган тажрыйбада такталып, аныкталган маалымат. *2)* Объективдүү чындык, аныктуулук.

ФАКТ, МАТЕРИАЛЬНЫЙ – МАТЕРИАЛДЫК ФАКТ – тобокелчиликти кабыл алуу шарттарын аныктап белгилөөдө *андеррайтердин*[1] *эсеп-кысабына* таасир этүүчү кырдаалды билдирүүчү термини.

[1] Андеррайтер – англ. underwriter – жазылуу.

ФАКТОР – ФАКТОР (лат. factor – жасоочу, өндүрүүчү) – кандайдыр бир процесстеги (кубулуштагы) кыймылдаткыч күч, себеп, олуттуу кырдаал, жагдайын же белгилүү бир белгилерин аныктап бышыктай турган анын зарыл шарттарынын бири. Статистикада фактор – бул натыйжа менен белгилүү бир логикалык байланыштагы болгон себеп. Мисалы, экономикалык статистикада техникалык прогресс *эмгек өндүрүмдүүлүгүн* жогорулатуунун, *продукциянын өздүк наркын* төмөндөтүүнүн өтө маанилүү фактору катарында каралат. Фактор башка көрсөткүчтөр (фактордук белги, чондук) менен сандык жактан белгилүү бир өз ара байланыштагы сандык көрсөткүч да болушу ыктымал.

ФАКТОР БАНК – ФАКТОР БАНК – иш-аракеттеринде *факторинг* камтылган банк: ишкана өзүнүн өнөктөшүнүн карызын фактор-банкка өткөрүп берип, акыркысы (фактор-банк) 2–3 күндүн ичинде кардарына анын карызкорго карата талабынын суммасынын 70–90% төлөп берет; кардар банк мекемеси менен андан алган каражатты банк пайызын кошуп, өнөктөшүнөн бүтүмдүн бардык суммасын алары менен өтө так белгиленген мөөнөттө эсептешип кутулат.

ФАКТОР ВНЕШНЕГО ОКРУЖЕНИЯ – ТЫШКЫ ЧӨЙРӨ ФАКТОРУ. Тигил же бул ишкананын коммерциялык иш-аракетине олуттуу таасирин тийгизүүчү түрдүү факторлордун тобу. Буларга негизинен саясат, илимий-техникалык прогресс, демография, экология сыяктуу факторлор кирет да фирманын көзөмөлүнө баш ийбейт.

ФАКТОР ВРЕМЕНИ В ФИНАНСОВЫХ РАСЧЕТАХ – ФИНАНСЫЛЫК ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДӨГҮ УБАКЫТ ФАКТОРУ – белгилүү бир инвестицияланган акчанын келечекте *инвесторго* үстөгү кошулуп арбыган өлчөмдө кайра кайтарылышында өткөн убакытка байланыштуу акчанын бирдей эмес баалуулук фактору. Тагыраак айтканда, акчанын белгилүү өлчөмүнүн тиешелүү убакыт сонунан кийин алган акча тез арада кайтарылганга караганда инвестор үчүн кыйла төмөн баалуу болуп калышы мүмкүн. Убакыт факторунун таасири инфляциялык процесстер менен коштолот да, ал финансылык операция планын түзүүдө кошумча эсеп-кысапты талап кылат. Белгилүү бир бүтүмдүн натыйжалуулугун аныктоодо ар кандай убакыт мезгилдеринде акча чондуктарын жөнөкөй эле суммалоого жол берилбейт.

ФАКТОР, ИНСТИТУЦИОННЫЙ – ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ФАКТОР – мамлекеттин, профсоюздардын, бирикмелердин коомчулуктун экономикалык-социалдык абалына тийгизген таасири.

ФАКТОР-КОМПАНИЯ – *Кара. Фактор-фирма.*

ФАКТОР МАРКЕТИНГА, ПОБУДИТЕЛЬНЫЙ – МАРКЕТИНГДИН ТҮРТКҮ БЕРҮҮЧҮ ФАКТОРУ – маркетинг изилдөөлөрүн жүргүзүүнүн пайдалуулугун жана мүмкүн-

чүлүгүн аныктап белгилөөчү фактор. Бул колдогу накта товар, ага баанын белгиленип коюлушу, товарды таратуу жана сатууну ургаалдаштыруу ыкмалары сыяктуу элементтерди камтыйт.

ФАКТОР, НЕКОНТРОЛИРУЕМЫЙ – КӨЗӨМӨЛДӨӨГӨ МҮМКҮН ЭМЕС ФАКТОР – уюмдардын (фирмалардын) иш-аракеттерине тигил же бул өлчөмдө таасир этүүчү фактор. Муну уюмдар (фирмалар) жана алардын иши аркылуу башкаруу мүмкүн эмес.

ФАКТОР ПОВЫШЕНИЯ ЦЕНЫ – БААНЫН ЖОГОРУЛАШЫНЫН ФАКТОРУ – белгилүү бир атаандаштык базар алкагында *сурамдын* жогорулашынын же тең салмактагы баага сунуштун кыскарышынын, ошондой эле өндүрүштүк, транспорттук ж.б. чыгымдардын өсүшүнүн факторлорунун тийгизген таасири.

ФАКТОР ПРЕДЛОЖЕНИЯ – СУНУШ ФАКТОРУ – колдо болгон ресурстун өлчөмүнүн көбөйүшү, анын сапатынын жогорулашы же техникалык билимдердин кеңейиши. Мына ушундай көрсөткүчтөр ири өлчөмдөгү *товарларды* чыгарууга жана *тейлөөлөрдү* көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө шарт түзөт.

ФАКТОР ПРЕДЛОЖЕНИЯ НЕЦЕНЕВОЙ – БААГА ТИЙЕШЕСИЗ СУНУШ ФАКТОРУ – товарларга болгон сунуштардын же тейлөөлөрдүн баадан тышкары сандык параметрлерин аныктай турган фактор.

ФАКТОР ПРОИЗВОДСТВА – ӨНДҮРҮШ ФАКТОРУ – *товарларды* чыгаруу жана *тейлөөлөрдү* көрсөтүү үчүн зарыл болгон элементтер. Калыптанган классификацияга ылайык өндүрүш факторлору төмөндөгүдөй бөлүнөт: өндүрүш каражаттары (машина, аспап, имарат, жер), материалдар (чийки зат, көмөкчү жана өндүрүш материалдары), белгилүү бир максатка багытталган иш-аракеттер нугундагы эмгек. Бул өндүрүш факторлору баштапкы деп аталып, аларды продукцияны өндүрүп чыгаруу үчүн айкалыштыруу *менеджменттин* негизги функцияларынын бири болуп саналат. Эл аралык деңгээлдеги калыптанган маалыматка ылайык менеджмент мааниси жагынан өндүрүштүн төртүнчү фактору катары эсептелип жүрөт. Экономика боюнча билим алкагынан алып караганда ишкана "өндүрүш факторунун негизинде карым-катнаш түзүү" маанисинде тужурумдалып, мында изилдөө борборунда өндүрүш факторлорун билгичтикте айкалыштыруу орун алган. "Ресурстар" деп сандык жактан туюнтулган өндүрүш факторлорун кабылдоого болот, тагыраак айтканда ишканадагы кадр потенциалы фирманын максаттарын ишке ашыруу үчүн буюмдук жана финансылык каражаттарды кеңири керектейт. Ресурстарды бөлүштүрүү экономикалык иш-аракеттердин чөйрөсүндө эң негизги маселелердин бири болуп эсептелинет. Бул ресурстардын чектелүү шартында аларды пайдалануунун ар кайсы вариант-

тарынын ичинен ылайыктуусун бөлүү зарылдыгына байланыштуу болот.

ФАКТОР РАСПРЕДЕЛЕНИЯ – БӨЛҮШТҮРҮҮ ФАКТОРУ – сунуш фактору кандай мүмкүнчүлүктү, зарылчылыкты пайда кылса, ошого жараша чарба комплексин же белгилүү бир фирманы өнүктүрүү максатында тиешелүү болгон ресурстарды экономикалык нуктан кайра бөлүштүрүү зарылчылыгынын келип чыгышы.

ФАКТОР РЫНОЧНЫЙ – БАЗАР ФАКТОРУ – зарыл болгон маалымат тармактары боюнча, тагыраак айтканда, базарды изилдөөнүн негизги багыттары боюнча бөлүштүрүлгөн конкреттүү жагдайлар жана тенденциялар.

ФАКТОР СНИЖЕНИЯ ЦЕНЫ – БААНЫН ТӨМӨНДӨШҮНҮН ФАКТОРУ – тигил же бул базарда *сурамдын* төмөндөшүнө же сунуштун көбөйүшүнө, ошондой эле өндүрүш, транспорт ж.б. чыгымдарынын төмөндөөгө таасирин тийгизген факторлорунун тең салмактуулугунун баага карата чагылдырылышы.

ФАКТОР СПРОСА – СУРАМ ФАКТОРУ – мүмкүндүгү экономиканын өндүрүмдүү потенциалынын көбөйүшүн түзгөн, экономикалык өсүүнү шарттоочу жыйнакталган *сурамдын* деңгээлинин жогорулашы.

ФАКТОР СПРОСА, НЕЦЕНЕВОЙ – БААЛЫК ЭМЕС СУРАМ ФАКТОРУ – товарга жана тейлөөгө карата сурамдын баадан тышкаркы сандык көрсөткүчтөрүн аныктоочу фактор.

ФАКТОР УСПЕХА, КЛЮЧЕВОЙ – ИЙГИЛИКТИН ТҮЙҮНДҮҮ ФАКТОРУ – тигил же бул фирмага атаандаштарына карата кыйла артыкчылык бере ала турган базар талаптарынан келип чыгуучу фактор.

ФАКТОР ФИНАНСОВЫЙ – ФИНАНСЫЛЫК ФАКТОР – өзүнүн кардарлары үчүн ар кайсы жактан келип түшүүчү финансылык каражаттарды жана кредиттерди жыйноо менен иш алып баруучу соода-сатык ортомчусу (финансы адиси).

ФАКТОР ФИРМА – ФИРМА ФАКТОРУ – *факторинг* иш-аракеттери менен кызматташа турган фирма. Өз кардарларынын акча талабын алардын өнөктөрү үчүн сатып алат да, өзүнүн менчиктүү каражаттарынын эсебинен же банк фактору аркылуу эсеп-кысапты ишке ашырат. Фирма фактору өзүнүн кардарларынын дебитордук эсебин жүргүзүп, ишканалардын, ошону менен бирге чет өлкөлүк фирмалардын да финансылык абалы, келечеги жөнүндө да маалымат жыйнап, калктын турмуштиричилик статистикасы менен иш алып барат.

ФАКТОР ЭКОНОМИИ, ВНЕШНИЙ – ҮНӨМДӨӨНҮН ТЫШКЫ ФАКТОРУ – фирмага тиешелүү бардык тармактарды (өндүрүштүн көлөмүн же фирмалардын санын) кеңейтүүнүн негизинде продукцияны арбын өндүрүп сатуу аркылуу фирма чыгымдарын кыскартуу.

ФАКТОР ЭКОНОМИИ, ВНУТРЕННИЙ – ҮНӨМДӨӨНҮН ИЧКИ ФАКТОРУ – фирма тарабынан өндүрүшкө жана продукцияны сатууга жумшалган чыгымдарынын өндүрүш көлөмүн көбөйтүүнүн эсебинен кыскартуу.

ФАКТОРИНГ – ФАКТОРИНГ (англ. factor – фактор, соода ортомчусу, далдалчы, маклер, комиссионер, агент) – жеткирип-тапшыруучу ишкананын айланым капиталын башка инсанга (факторго) кайрылышып туруу максатында төлөөчү (сатып алуучу) төлөнө элек карыздык талаптарды (жеткирилген товарлар, аткарылган иштер, көрсөтүлгөн тейлөөлөр) жана алар боюнча факторго төлөмдү ала турган укукту өткөрүп берүү менен кредиттөө. Факторлордун ролунда *банктар, банктык операциялар* менен иш алып баруучу кредиттик, финансылык ж. б. мекемелер чыгат. Факторинг иштери менен илешүү үчүн фактор жазуу жүзүндө борбордук (Улуттук) банкка кайрылып, анын макулдугун алууга тийиш. Факторингдин негизги принциби – фактор жеткирип-тапшыруучуга төлөөчүлөрдүн карыздык талабы боюнча төлөмдүн өлчөмүнүн бөлүгүн кайтарып бериши керек. Жеткирилип-тапшырылган товар үчүн төлөмдүн калган бөлүгүн которуу фактор тарабынан төлөөчүдөн келип түшкөндөн кийин ишке ашырылат. Бирок, жеткирип-тапшыруучуга карыздын толук өлчөмү (комиссиялык акыны жана *кредиттин* пайыздарын чегерип алгандан кийин) токтоосуз кайтарылып берилиши да мүмкүн. Факторингдик тейлөөгө төмөнкүлөр тиешелүү: зыян тартып калып иштөөчүлөр жана төлөм-жөндөмсүз деп жарыялангандар, ошондой эле бюджеттик мекемелер (уюмдар); өзүнүн продукциясын *бартердик бүтүм* шартында сатуучулар; өзүнүн кардарлары менен узак мөөнөттүү келишим түзүүчүлөр жана жумуштардын белгилүү баскычтары аяктагандан кийин же жеткирип-тапшыруу ишке ашырылганга чейин счетту берүүчүлөр буга кирбейт. Факторингдик операциялары бир нече белгилери менен классификацияланат: келишимди түзүү формасы боюнча – ачык, мында эгер фактор бүтүмүнө катыша тургандыгы жөнүндө карызкорго кабарланган болсо; жабык факторингдик операциялары; төлөөнүн шарттары боюнча – регресстик укугу жок факторингдик операция, өзүнүн карыздарын сатып алуучулардын төлөп бергенине байланышсыз фактор жеткирип-тапшыруучунун карыздык талабын (чыгымдарды киргизбей) төлөп берген учурдагы операция жана регресстик укугу бар факторингдик операция – эгерде баштапкы *кредит берүүчү* карызкор үчүн жаңы кредит берүүчүнүн алдында өзүнө кепилдикти алса (карыздык талап жараксыз деп таанылган учурларда, мисалы эгерде жеткирип-тапшыруучу сатып алуучуга заказ кылынбаган товарды жүктөп жөнөтүп жиберген болсо, анда фактор жеткирип-тапшыруучуга регресстик укуктуу болуп саналат) белгилүү бир мөөнөттүн ичинде

төлөнбөгөн карыздык талапты фактор жеткирип-тапшыруучуга кайтарып берүү укугуна ээ болгон учурдагы жүргүзүлгөн иштер; тейлөөлөрдүн көлөмү боюнча – фактор тарабынан көрсөтүлүүчү – толук факторлук тейлөө факторингдик операциясы – фактор бүт бардык төлөөчүлөр боюнча жеткирип-тапшыруучунун *дебитордук карыздарын* инкассалайт жана эсебин жүргүзөт. Алдын ала төлөө формасында кредиттеп же белгилүү учурга коюлган жеткирип-тапшыруучунун карыздык талабына каралашып кайрымдуулук жасалган сумманы төлөп берүүнү жүргүзүп, башка тейлөөлөрдү да аткарат жана анча-мынча факторинг – жеткирип-тапшыруучу факторго келишимге ылайык айрым операцияларды жүргүзүү укугун берүүгө макул болот. Факторингдик операциялар келишимдик негизде гана ишке ашырылат. Келишимде ар бир тараптын укугу жана милдеттери, жеткирип-тапшыруучунун сатып алуучуларга коюлган счетторунун төлөм өлчөмдөрү, аларды төлөө тартиби, комиссиондук эмгек акы, кредитти берүү жана кайтаруу эсептоттон жаап тындыруу, *регресс укугу* жана кайрымдуулукка байланыштуу факторго талап коюу укугу ж.б. зарыл шарттар алдын ала каралат. Фактор жеткирип-тапшыруучу менен төлөөчүнүн ортосунда товарларды жеткирип-тапшыруу боюнча (жумуштарды аткаруу, тейлөөлөрдү көрсөтүү) түзүлүүчү келишимдин шарттарынын аткарылбагандыгы үчүн жоопкерчиликти мойнуна албайт. Бул операцияларды жүргүзүүдө тобокелдикти эске алуу менен ал (регресстик укугу менен факторингдик тейлөөдө) жеткирип-тапшыруучудан аларга койгон күрөөлүк милдеттенменин ырастыгын күбөлөндүргөн документтерди жана ошондой эле жеткирип-тапшыруучунун финансылык абалын айкындай турган *балансты* ж.б. зарыл маалыматтарды берүүнү талап кылууга укуктуу. Ачык факторингде фактор төлөөчүдөн анын *төлөөгө кудуреттүүлүгү* жөнүндө маалыматтарды бергин деп талап коюшу мүмкүн. Жабык факторингде фактор тарабынан сатуунун кредиттелиши жөнүндө төлөөчүлөргө билдирилбейт. Банктарда факторингдик операциялардын жүргүзүлүү тартиби жана эсепке алынышы *Борбордук (Улуттук) банк* тарабынан тартипке келтирилет.

ФАКТОРЫ ПРОИЗВОДСТВА – ӨНДҮРҮШ ФАКТОРЛОРУ – продукцияны (жумуштарды, тейлөөлөр) өндүрүү процессинде пайдаланыла турган негизги компоненттер. Бул эмгек – акыл жана кара жумуш формасында түздөн-түз сарптоого жумшалган адамдардын жасаган өндүрүш процессиндеги салымы; жер – айыл чарба продукциясын өндүрүү, үйлөрдү, шаарларды жана кыштактарды, темир жолдорду, ишканаларды ж.б. куруу үчүн пайдаланылуучу ресурстар; табигат ресурстары (ага капитал менен эмгек иш-аракеттеринин айкалыштырылышы таандык); капитал (эмгек каражаты).

ФАС – ФАС (англ. FAS, Free Alongside Ship – кемени бойлото эркин) – товарды жеткирип-тапшыруу жана товарга төлөөнүн тартиптерин аныктап белгилөөчү эл аралык соодадагы калыптанган шарт. Сатып алуу-сатуу ФАС шартында сатуучунун жүктү өзүнүн каражаттарынын эсебинен кеменин бортуна чейин жеткирүү милдетин билдирет. Сатып алуучу өз кезегинде кемени убагында жалдоого милдеттүү. Ал товарды кемеге жүктөө боюнча бүт чыгымдарды өзүнө алат. Жүктүн кокустан бузулушу же талкаланып калуу тобокелчилиги сатуучудан аны иш жүзүндө кеме токтоочу жерге чейин жеткирген учурдан тартып сатып алуучуга өтөт. ФАС шартында жеткирип-тапшырууларда сатуу баасына түздөн-түз товардын баасы, ошондой эле, аны кеменин жанына (жүктөө кирбейт) жеткирүү учуруна чейинки транспорттук ж. б. чыгымдар – ФАС баа кошулат. *Кара. СИФ, ФОБ.*

ФЕРМЕРСКОЕ (КРЕСТЬЯНСКОЕ) ХОЗЯЙСТВО – ФЕРМЕРДИК (ДЫЙКАН) ЧАРБА – менчиктик, ижаралык же өмүр бою укумдан тукумга берилүүчү жерге ээ болууга алып келүүчү ишкердик тибиндеги товардык айыл чарба ишканасы. Чарбаны жеке жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн эмгеги, ошондой эле эгинди орупжыюу, кысталыш жумуштардын убагында колдонулуучу жалданма эмгек менен жүргүзсө болот. Эмгекти уюштуруу жана пайдалануу формалары, жерди пайдалануу жагдайы, механикалаштыруу деңгээли жана чарбанын товардуулугу базардык байланыштардын өнүгүү даражасы менен шартталат. Фермердик нуктагы чарбанын өнүгүшү аркылуу дыйканчылыктын жакшырылышы, анын эмгектеринин социалдык аброю жогорулап, азык-түлүк ресурстары артылат. Фермердик (дыйкан) чарба агрардык өндүрүш секторунун негизги өзөгүн түзөт. Анда *мамлекеттик, кооперативдик* жана чарба жүргүзүүнүн башка формалары менен катар өндүрүш каражаттары менчиктин жекече формасына негизделген ишканалар иш жүргүзөт. Фермердик (дыйкан) чарбанын Кыргызстандагы өнүгүшү атайын мыйзам менен бекемделген. Фермердик чарбаларда материалдык-техникалык базаны уюштуруу, анын тиешелүү маселелерин билгичтикте чечүү көп эмгекти талап кылат. Өлкөбүздө колдонулуп жаткан мыйзамдуулукка ылайык фермердик (дыйкан) чарбасынын мүчөлөрү өз калыптануунун биринчи эки жылында киреше салыктан бошотулат. Дыйкан чарбасын жүргүзгөн жарандар жыл ичинде бюджетке авансылык салык төлөмүн өткөн айында тапкан акчасынын 10% өлчөмүндө төгүп берет. Жылдын аягында болсо чарбанын таза кирешесин тактап белгилөө жана аны мүчөлөргө бөлүштүргөндө салыкты биротоло кайра эсептөөнү жүргүзүшөт. Фермердик (дыйкан) чарбанын мүчөлөрүнөн киреше салыгы жумушчу менен кызматкерлердики кандай кармалса, ошондой өлчөмдө эсептелет.

ФИДУЦИАРНАЯ ЭМИССИЯ – ФИДУЦИАРДЫК ЭМИССИЯ – эмиссиялык банк тарабынан кымбат баалуу металлдардын (биринчи кезекте – алтын) кору менен камсыз кылынбаган акча белгилеринин банкнотторунун эмиссиясы. Банкноттордун тарыхый эмиссиясы колдо накта алтын кору болгондо гана чыгарылчу, бирок бара-бара бул эрежеден баш тартышкан. Азыркы кезде фидуциардык эмиссия басымдуу болуп саналат.

ФИЗИЧЕСКИЙ ИЗНОС ОСНОВНЫХ ФОНДОВ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН ЗАТТЫК ЭСКИРИШИ – негизги өндүрүштүк фондулардын алгачкы наркын жана касиетин жоготушу. Негизги фондуларды өндүрүштө пайдаланууну, ошондой эле фондулардын пайдаланылбай турушунун натыйжасында (дат басуунун) алардын айрым тетиктеринин жана бөлүктөрүнүн жешилип тиешелүү касиетин жоготушу. Продукция чыгарууга кошулуучу негизги фондулардын алгачкы касиетин жоготуу наркы амортизациялык чегерүүнүн формасына айланат да, түбү барып товардын өздүк наркына кошулат. Негизги фондуларды кор тутуу жана тийиштүү шарттарды түзбөө, түрдүү имараттарды, жабдууларды, шаймандарды пайдалануунун эрежесин бузуу, алардын эртерээк эскирип иштен чыгышына алып келет. Ошондуктан чарбалардагы негизги фондуларды туура иштетүү, сактоо, өз убагында ремонттоо[2] жана аларды пайдалануунун эң мыкты формаларын колдонуу зор мааниге ээ. *Кара. Оценка основных фондов – Негизги фондуларды баалоо.*

ФИЗИЧЕСКОЕ ЛИЦО – ЖЕКЕ ЖАК – укук мамилелерине катышуучу катарында жаранды белгилөө үчүн колдонулуучу термин.

ФИКСИНГ – ФИКСИНГ (англ. fixing – бекемдөө, белгилөө) – *1)* Берилген убакыттын белгилүү бир учурунда товардын биржада коюлган баасы. *2)* Ар бир валюта боюнча сурамдарды жана сунуштарды ыраатуу түзүү жолу менен биржалар аралык курсту аныктоодон жана каттоодон туруучу валюталарды баалоо тартиби.

ФИНАНСИРОВАНИЕ – КАРЖЫЛОО – конкреттүү иш-чараларды же жумуштарды (мисалы, капиталдык курулушка, ремонтко, жабдууну алууга, жаңы техниканы чыгарууга, илим изилдөө жана тажрыйбалык жана конструктордук иштерге ж.б.) аткарууга акча каражаттарын чогултуу жана сарптоо процесси.

ФИНАНСИРОВАНИЕ, БЮДЖЕТНОЕ – БЮДЖЕТТИК ФИНАНСЫЛОО (КАРЖЫЛОО) – мамлекеттик бюджеттен кайра кайтарылбай турган тартипте, тигил же бул чыгымдарын толук же анча-мынча жабуу үчүн бюджетте турган ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга каражаттарды берүү.

ФИНАНСИРОВАНИЕ ВЕНЧУРНОЕ – ВЕНЧУРДУК КАР-

[2] Ремонт (фр. remonte – ондоо) – буюмду, турак-жайды, нерсени ондолгон абалга келтирүү.

ЖЫЛОО – айрым учурда арбын жоготууга кайыл болуп, тобокелдикке бел байлоонун негизинде тигил же бул ишти каржылоо. Бул айрым учурда жогорулатылган норма менен *пайда* табуу максатында дагы каржыланат. Венчурдук каржылоо тиешелүү уюмдарга адистештирилген венчурдук капиталдын же өзүнүн иш-аракеттерин шайкештөөчү ири *банк мекемелеринин* венчурдук фондуларынын жардамы менен ишке ашырылат.

ФИНАНСИРОВАНИЕ ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ – ТЫШКЫ СООДАНЫ КАРЖЫЛОО – Бул тышкы соода ишин кредиттөө менен тыгыз байланыштуу. Муну адатта, эки же үч жана андан ашык өлкөлөрдүн өнөктөштөрүнүн катышуусу менен ири объекттерди курууну, техникалык жактан татаал жабдууларды, түрдүү товарларды *импорттоону* жана *экспорттоону кредиттөө* үчүн тышкы каражат булактарды тартуу катарында түшүндүрүлөт. *Валюта* түрүндөгү акча каражаттары чет өлкөлүк заказчылардын авансыларын, ар кандай финансылык базардын *зайымдарын* алуу, *облигацияларды* жана *акцияларды* сатуу ж.б. менен тартылат.

ФИНАНСИРОВАНИЕ, ДЕФИЦИТНОЕ – ТАРТЫШТЫКТЫ КАРЖЫЛОО – мамлекеттик чыгымдарды кирешени алдын ала ойлонуштуруп арбытуу аркылуу жабуу менен экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу ыкмасы. Мунун түпкү максаты бюджеттин тартыштыгын билгичтикте кыскартуу болуп эсептелет.

ФИНАНСИРОВАНИЕ, ЗАБАЛАНСОВОЕ – БАЛАНСТАН ТЫШКАРКЫ КАРЖЫЛОО – компаниянын балансындагы акча булактары милдеттенме катары чагылдырылбаган каржылоо.

ФИНАНСИРОВАНИЕ ЗА СЧЕТ АКЦИОНЕРНОГО КАПИТАЛА – АКЦИОНЕРДИК КАПИТАЛДЫН ЭСЕБИНЕН КАРЖЫЛОО – компаниялардын капиталын *акцияларды* чыгаруу (сатуу) жолу менен тартуу.

ФИНАНСИРОВАНИЕ ЗА СЧЕТ ЗАЕМНЫХ СРЕДСТВ – ЗАЙЫМДЫК КАРАЖАТТАРДЫН ЭСЕБИНЕН КАРЖЫЛОО – *капиталды облигацияларды* чыгаруу же *зайымдарды* алуу жолу менен тартуу.

ФИНАНСИРОВАНИЕ, КАПИТАЛЬНОЕ – КАПИТАЛДЫК КАРЖЫЛОО – *1)* негизги капиталга салынган салымдар катарында финансылык ресурстарды пайдалануу; *2)* менчиктик үлүшүнө катышуу укугун берип, фирма инвестициялык каражаттарды ала турган ар кандай келишим-шарт.

ФИНАНСИРОВАНИЕ, СМЕТНОЕ – СМЕТАЛЫК КАРЖЫЛОО – кандайдыр бир нерсени бекитилген сметага ылайык каржылоо.

ФИНАНСИРОВАНИЕ, ЦЕЛЕВОЕ – МАКСАТТУУ КАРЖЫЛОО – финансылык акча каражаттарын белгилүү бир максатка жетишүү, социалдык-экономикалык маселелерди чечүү, белгилүү бир объектини түзүү каражаттары катарында пайдалануу үчүн максаттык арналышка бөлүү.

ФИНАНСИСТ – ФИНАНСИСТ – *1)* финансылык операцияларды иш жүзүнө ашыруучу адам; *2)* финансылык операциялар боюнча адис.

ФИНАНСОВАЯ КОМПАНИЯ – ФИНАНСЫЛЫК КОМПАНИЯ *Кара. Инвестиционный институт – инвестициялык институт.*

ФИНАНСОВАЯ СИСТЕМА – ФИНАНСЫЛЫК СИСТЕМА – чөйрөлөрдүн *(ишканалардын камсыздандыруу финансысы* жана *мамлекеттик финансысы)* жана *звенолордун* (финансылык мекемелердин, *салык системасынын* структуралык бөлүмчөлөрү ж.б.) өз ара тыгыз байланышкан жыйындысы. Ири чөйрөлөрдүн ар биринин ичинде тиешелүү звенолоруна ажырайт да, мында финансылык катыштарды топтоо субъектинин иш-аракеттеринин жагдайына байланыштуу ишке ашырылат. Мисалы, ишканалардын (мекемелердин, уюмдардын) финансы чөйрөсүндө төмөндөгүдөй звенолорго бөлүнөт: *коммерциялык* негиздерде функция аткаруучу финансылар жана *коммерциялык эмес иш-аракеттерди* жүзөгө ашыруучу ишканалардын финансылары, ошондой эле коомдук уюмдардын финансылары; камсыздандыруу чөйрөсүндө – социалдык камсыздандыруу, жеке менчиктик, мүлктүк жана жоопкерчиликтүү камсыздандыруу, ишкердик тобокелдиктерди камсыздандыруу финансылары; мамлекеттик финансы чөйрөсүндө – өзүнө ылайыктуу *мамлекеттик бюджет, бюджеттик эмес фондулар* жана мамлекеттик *кредит* звенолоруна бөлүнөт. Финансылык системанын ар бир звеносу бөлүмчөлөргө же системанын башка элементтерине бөлүнүшү мүмкүн. Мисалы, коммерциялык негиздерде функция аткаруучу ишканалардын финансылары тармактык багыттары жана менчиктин формалары боюнча классификацияланышы мүмкүн.

ФИНАНСОВЫЕ ОБЯЗАТЕЛЬСТВА ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАЛАРДЫН ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕСИ – көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде кайра кайтаруу шарттарында иш-аракеттерин (операцияларды) каржылоо үчүн ишканага (*компанияга*, фирмага ж.б.) берилген кредиттер. Кредиттерди узак мөөнөттүү (кайра кайтаруу мөөнөтү менен, мисалы бир жылдан ашык) жана кыска мөөнөттүү (бир жылга чейинки мезгилге) алышы мүмкүн.

ФИНАНСОВЫЕ РЕСУРСЫ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРЫ – чарба жүргүзүүчү субъекттин тескөө сүндө болгон жана финансылык милдеттенмелерди аткаруу, кеңири кайра өндүрүүнү, экономикалык ургаалдаштырууну, иштеп жаткандардын социалдык ж.б. керектөөлөрүн ишке ашыруу үчүн арналган акчалай кирешелер, топтомдор жана келип түшүүлөр. Алардын калыптанышы өзүлөрүнүн менчигиндеги, аларга тартылган жана теңештирил-

ген каражаттардын эсебинен, финансылык базарда ресурстарды жана кайра бөлүштүрүү тартибиндеги *финансылык банк системасынан* акча каражаттарынын келип түшүүлөрүн мобилизациялоо менен ишке ашырылат. Ресурстардын баштапкы пайда болушу *уставдык фонду* бекитилген убакта, тагыраак айтканда ишкана уюштурулгандан тартып эсептелет. Ишкананын финансылык ресурстарынын булактары: *акционердик капитал,* кооперативдердин мүчөлөрүнүн пай мүчөлүк акылары, тармактык финансылык ресурстары (тармактык структуралар сакталганда), узак мөөнөттүү *кредит*, бюджеттик каражаттар. *Кара. Финансы предприятия – ишкана финансысы.*

ФИНАНСОВЫЙ ЛИЗИНГ – ФИНАНСЫЛЫК ЛИЗИНГ – *1)* ижарага берүүчүнүн капиталдык салымын толук чегерүүгө жана ага белгилүү өлчөмдөгү пайданы камсыз кылууга жеткидей каражатты белгиленген мөөнөттөн кечиктирбей төлөп берүүнү кароочу лизинг келишими. *2)* тигил же бул мүлктү убактылуу пайдалануу берилүүчү мөөнөт менен мүнөздөлүүчү, аны пайдалануу жана мүлктүн болгон наркынын амортизация мөөнөтүнө узактыгы боюнча жакындап келаткан лизинг.

ФИНАНСОВЫЙ ОТЧЕТ, ОСНОВНОЙ – НЕГИЗГИ ФИНАНСЫЛЫК ЭСЕП-КЫСАП – бугалтердик маалыматты, документтик билдирүү жана аны пайдалануучуларга берүү ыкмасы; негизги финансылык эсеп-кысаптар балансы, пайда жөнүндө эсеп-кысапты, бөлүштүрүлбөгөн пайда тууралуу эсеп-кысапты, акча каражаттарынын жүгүртүлүшү жөнүндө эсеп-кысапты, өздүк капиталдын эсептериндеги өзгөрүүлөр тууралуу эсеп-кысапты камтыйт.

ФИНАНСОВЫЙ РЕЗЕРВ – ФИНАНСЫЛЫК РЕЗЕРВ. Ишканалардын, уюмдардын, бирикмелердин карамагында турган акчалай каражаттар. Бул каражаттар көбүнчө убактылуу финансылык кыйынчылыктарды четтетүүгө күтүлбөгөн чыгымдардын ордун толуктоого жумшалат.

ФИНАНСОВЫЙ РЫНОК – ФИНАНСЫЛЫК БАЗАР. Бул – базар экономикасынын калыптанып калган олуттуу элементи; мамлекетти, ишканаларды жана акционердик коомдорду камсыз кылуу максаты менен финансылык ресурстарды жумшоо үчүн түзүлөт; финансылык базардын экономикалык негизи ишкерлердин кошумча финансылык ресурстарга жана аларды берүү мүмкүнчүлүгүнө муктаждыгына келип такалат.

ФИНАНСЫ – ФИНАНСЫ (фр. finance, лат. financia – накта колдо болуу, киреше) – акча каражаттарынын фондуларын түзүү жана пайдалануу процессиндеги экономикалык карым-катыштарды чагылдыруучу экономикалык категория; акча каражаттарынын калыптануу, бөлүштүрүү жана пайдалануу процессиндеги экономикалык өз ара катыштардын системасы. Чарбалык иштерге таасирин тийгизүүчү элементи, ишканалардын (фирмалардын, бирикмелердин, тармактардын, региондордун) экономикалык кызыкчылыктарынын каражаты катары кызмат кылат. Акча каражаттарынын жүгүртүлүшү менен байланыштуу мамлекеттин, ишканалардын жана уюмдардын (мекемелердин), тармактардын, региондордун жана айрым жарандардын ортосунда келип чыгуучу экономикалык катыштардын жыйындысы финансылык катыштарды жаратат. Ошондуктан акча каражаттарынын бардыгы эле (финансылык болуп саналбайт, буга акча каражаттарынын фондуларынын план ченемдүү пайда болушу, бөлүштүрүлүшү жана пайдаланылышы менен байланыштуу болгон алардын бөлүгү гана финансылык катыштарга жатат (мисалы, жеке керектөөнү жана алмашууну тейлөөчү акча каражаттары – чекене товар алмашуу, транспорттук, турмуш-тиричиликтик, коммуналдык, оюн-шоок көрүнүшү ж.б. тейлөөлөр, ошондой эле коомдун айрым мүчөлөрүнүн ортосундагы сатып алуу-сатуу процесстери кошулбайт). Финансы коомдук *өндүрүштү башкаруу* ыкмалары менен тыгыз байланыштуу жана алардын курамына кирип, экономиканы башкаруунун бардык тараптарына таасир этет. Мамлекет менен ишкананын ортосунда (фирмалардын ж.б.) финансылык катыштар маанилүү орунду ээлейт. Биринчи кезекте алар мамлекеттик бюджетке төлөмдөр системасын, тармактык мекемелердеги жана аймактык деңгээлдеги ар кандай фондуларына чегерүүнү камтыйт; экинчи кезекте болсо өндүрүш ишканаларынын, ошондой эле материалдык-техникалык жабдуу мекемелеринин, чекене соода-сатыктардын жана тейлөө чөйрөлөрүнүн (алардын ортосундагы түзүлгөн келишимдер, жеткирүүчүлөр жана сатып алуучулардын төлөмдүк милдеттенмелерин, келишимдик макулдашууларын аткарбагандыгы үчүн *айып* жана *үстөк айып* системасын, ошондой эле заказчынын өзгөчө талаптарынын аткарылышына материалдык акы төлөөнү тактап турат) ортосундагы өз ара байланыштарды камтыйт. *Ишканалар* менен *банктардын* ортосундагы, ишканалардын ичиндеги байланыштары финансынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Ал эми ар кандай башкаруу деңгээлдериндеги мамлекеттик органдардын ортосундагы, ошондой эле мамлекет менен кооперативдик (мындай алганда салык салуу) уюмдардын, калктын ортосундагы (коомдук керектөө фондулардан төлөөлөрдү алуу жана жеңилдиктер боюнча) карым-катнаштар дагы олуттуу болуп саналат.

«ФИНАНСЫ ВЫСОКИЕ» – «ҮЛКӨН ФИНАНСЫ» – *1)* Ири масштабдуу финансылык операциялар; *2)* таасири күчтүү финансы мыкчегерлери.

ФИНАНСЫ, ГОСУДАРСТВЕННЫЕ – МАМЛЕКЕТТИК ФИНАНСЫ – жалпы мамлекеттик, административдик-башкаруучулук бирдиктерин, мамлекеттик (казыналык) ишканаларды калыптандыруу жана пайдалануу боюнча финан-

сылык катыштардын жыйындысы. Жалпы мамлекеттик финансыга төмөндөгүлөр тиешелүү: *мамлекеттик бюджет, пенсиялык фонду, социалдык* жана *медициналык камсыздандыруу фондусу*, ар кандай *бюджеттен тышкаркы фондулар* ж.б. Мамлекеттик финансынын олуттуу бөлүгү *салыктардан* калыптанып түзүлөт. Мамлекеттик финансы аркылуу улуттук кирешенин бир кыйла бөлүгү кайра бөлүштүрүлөт. Мамлекеттик финансы жыл сайын кабыл алынуучу *бюджет* жөнүндөгү мыйзам менен ж.б. иш-аракеттеги мыйзам жана мыйзам актылары аркылуу аткаруу бийлиги тарабынан жөнгө салынып турат.

"ФИНАНСЫ, ЗДОРОВЫЕ" – "ДЕНИ ТАЗА ФИНАНСЫ" – киреше менен чыгашанын балансыланышы аркылуу бышыкталуучу операциялар.

ФИНАНСЫ, КОРПОРАТИВНЫЕ – КОРПОРАТИВДИК ФИНАНСЫ – финансылык ресурстарды тартуу жана аларды натыйжалуу пайдалануу боюнча (финансылоо ыкмаларын кошо алганда) ишканалар тарабынан жүргүзүлө турган жана инвестициялык долборлорду ишке ашыруу, өтүмдүүлүктү башкаруу, тобокелчиликти коргоо ж.б. финансылык операциялардын жыйындысын айкындоочу термин.

ФИО – ФИО (англ. FIO – жүктөө-түшүрүү шарты) – жүктөө-түшүрүү жумуштарынын наркы кемени жалдоочунун эмес, жүк жөнөтүүчүнүн же кеменин ээсинин эсебине киргизиле турган шарты.

ФИРМА – ФИРМА (ит. firma – кол коюу) – пайда алуу максатында *товарларды* же *тейлөөлөрдү* өндүрүү үчүн ресурстарды пайдалануучу, бир же бир нече ишканаларды (ээлик кылуучуларды) башкаруучу жана ээлик кылуучу уюм; *юридикалык жактын* укуктарын пайдалануучу чарбалык, өнөр жайлык же соодалык *ишкана*; бир түрдүү же аралаш ишканалардын бирикмеси; белгилүү бир коюлган аты же аталышы аркылуу жамааттык же жеке ишкер иш жүргүзөт. Фирма термини ар кандай компанияны белгилөө үчүн кеңири пайдаланылат. Фирмага болгон укук коммерсанттын айрыкча мүлктүк укугу болуп саналат да, ал укуктук же административдик нукта корголот.

ФИРМА АУДИТОРСКАЯ – АУДИТОРДУК ФИРМА – *1*) чарбалык-финансылык текшерүү жүргүзүүдө *бугалтердик учет* жана финансылык иш-аракеттерди көзөмөлдөө боюнча консультация берүүнү ишке ашыруучу *фирма*; эсеп системасы аркылуу башкаруу; *2*) корпорациянын финансылык баяндамасынын тууралыгы жана андагы эсептин абалы жөнүндө текшерүүнүн негизинде официалдуу корутунду берүүчү фирма. Мындай фирманын финансы базарын калыптандырууда жана өнүктүрүүдө олуттуу мааниси бар.

ФИРМА БИРЖЕВАЯ – БИРЖАЛЫК ФИРМА – биржада орунду сатып алуучу брокердик мекеме.

ФИРМА БРОКЕРСКАЯ – БРОКЕРДИК ФИРМА – соода-сатык биржалык операцияларды жүргүзүүдө ортомчулук тейлөөлөрдү биргелешип көрсөтүү үчүн түзүлгөн бир нече *брокердин, биржанын* же банктын брокердик өкүлчүлүгүнүн, *брокердик ассоциациянын* официалдуу бирикмеси.

ФИРМА ВЕНЧУРНАЯ – ВЕНЧУРДУК ФИРМА (венчур – англ. venture – тобокелчил ишкана) – илимий изилдөөлөр, инженердик иштеп чыгуулар жана аларды кредиттөө менен иш алып бара турган майда же орточо *инвестициялык фирма*. Жаңы идеяларга кулагдар болуу жана аларды каржылоо менен венчурдук фирма ири компанияларга илимий-техникалык прогресстин эң жаңы багыттарын иштеп чыгууга жардам берет. Ал төмөндөгүлөргө ажыратылат: и ч к и "венчурлар" новацияны (жаңыны) түзүү жана өздөштүрүү мезгилинде (адатта 2 жыл) корпорациялардын структураларынан бөлүнүп чыгып, тигил же бул жаңылыкты өндүрүшкө киргизүүчү чакан фирмалар; тышкы "венчурлар" – ири корпорациялардын иш-аракеттеринин чөйрөсүнө кошулуп, аларга финансылык каражаттарды, консультацияларды, эксперименттик базаны ж.б. берүү жолу менен алдынкы технологиянын өнүгүшү менен иш алып баруучу чакан өз алдынча ишке киргизүүчү фирмалар. Мындай фирмалар тарабынан жүргүзүлүүчү операциялар – венчурдук операциялар олуттуу тобокелге салуу менен айкындалат.

ФИРМА, ВНЕДРЕНЧЕСКАЯ – ИШКЕ КИРГИЗҮҮЧҮ ФИРМА – өндүрүшкө жана башкарууга жаңы техниканы, технологияны жайылтууга адистештирилген мекеме.

ФИРМА, ВНЕШНЕТОРГОВАЯ – ТЫШКЫ СООДА ФИРМАСЫ – *уставында* туюнтулган экспорттук-импорттук операцияларды продукциялардын жана тейлөөлөрдүн ж.б. тышкы аракеттердин бышыктаган эрежесине ылайык ишке ашыруучу уюмдун өндүрүш бирикмесинин структуралык тышкы экономикалык бөлүгү. Айрым учурларда *юридикалык жак* болуп саналышы мүмкүн.

ФИРМА ВО ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛЕ, РОЗНИЧНАЯ – ТЫШКЫ СООДА-САТЫК ЧЕКЕНЕ ФИРМАСЫ – түркүн экспорттук-импорттук операцияларды өз алдынча иш жүзүнө ашыруучу жана чет өлкөлөрдө филиалдары, *туунду компаниялары* жана дүңүнөн сатып ала турган мекемелери бар фирма.

ФИРМА, ИНЖЕНЕРНО-КОНСУЛЬТАЦИОННАЯ – ИНЖЕНЕРДИК-КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК ФИРМА – ички жана эл аралык базарларда инженердик-консультациялык тейлөөлөрдү берүүчү адистештирилген фирма.

ФИРМА, КОНСУЛЬТАЦИОННАЯ – КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК ФИРМА – негизги милдети илимий-техникалык жана уюштуруу-экономикалык нуктагы жаңылыктарга, аны пайдалануу жана андан ары карай

өнүктүрүүгө иликтөө жүргүзүүчү *юридикалык* жана *жеке жактардын* заказы боюнча иштерди аткаруучу уюм. Консультациялык фирманын иш-аракеттери эң эле түрдүүчө болот. Ал эми консультация берүүнүн негизги багыттарына төмөндөгүлөр кирет: ишкананы диагностикалоо, начар жактарын айкындоо жана анын өнүгүшүнүн артыкчылык кылуучу багыттарын (өнүгүү стратегиясын) белгилөө; белгилүү бир башкаруучулук иштерди (бугалтердик жана укуктук экспертиза; баяндамаларды түзүү; тематикалык анализдерди өткөрүү ж.б.) жүргүзүү. Заказчы менен жүргүзүлүүчү иш келишим түрүндө болот. Фирма рекомендация үчүн *юридикалык* жана *финансылык жоопкерчиликти* мойнуна албайт. Келишимди аткарууга алар көз карандысыз адистерди тартат. Фирма иштеринин үзүрү заказчынын коммерциялык жашырын сыры болуп саналат.

ФИРМА ЛИЗИНГОВАЯ – ЛИЗИНГ ФИРМАСЫ – машиналарды жана жабдуулардын бир түрүн же кеңири номенклатураларын ижарага берүүгө адистештирилген фирма. Булар машиналарды жана жабдууларды өндүрүп чыгаруучулардан сатып алып, өз атынан ижарага берип, техникалык тейлөөнү иш жүзүнө ашырып, жабдууну тейлей турган персонал да берет. Адатта лизинг фирма ири өнөр жай же соода фирмаларынын туунду компаниялары болуп саналат. Аларды түзүүгө көбүнчө өзүнүн лизинг фирмаларынын тармагын түзүүчү банктар активдүү катышат.

ФИРМА ОПТОВАЯ – ДҮҢ СООДА ФИРМА – өзүнүн эсеп-кысабынан продукцияны ири өлчөмдө сатып алуучу жана аны ички, ошондой эле тышкы базарга сатуучу соода ишканасы. Дүңүнөн сатып алуучу фирманын жеткирип-тапшыруучулары болуп улуттук ишканалар жана экспортчулар саналат. Дүйнөлүк бай тажрыйбага ылайык дүң соода фирманын көбүнүн өндүрүшү жана менчиктүү чекене тармак ээлиги болот.

ФИРМА ОПТОВО-ПОСРЕДНИЧЕСКАЯ – ДҮҢ СООДА ОРТОМЧУЛ ФИРМА – кошумча материалдык ресурстарды жана тараларды пайдалануу боюнча, ошондой эле жабдууларды, материалдарды жана буюмдарды кураштыруу боюнча, өндүрүштүк-техникалык нуктагы продукциянын тиешелүү түрлөрү менен соода жүргүзүүчү фирма.

ФИРМА, ПОСРЕДНИЧЕСКАЯ – ОРТОМЧУЛ ФИРМА – коммерциялык уюмдун өзгөчө бир түрү. Анын башкы милдети өнөктөштөр, материалдык-техникалык жабдуу уюмдары менен байланыш түзүү, аныктап белгилөө, материалдык-техникалык жабдууну жана даяр продукцияны сатуу, *финансылык-кредиттик* тейлөөлөрдү көрсөтүү ж.б. боюнча ишканалардын заказдарын аткаруу болуп саналат.

ФИРМА "ПРАЙС-ТЕЙКЕР" – "ПРАЙС-ТЕЙКЕР" ФИРМА – өзүнүн продукциясын базарда калыптанган баа боюнча сата турган фирманы белгилөө. Мындай шартта фирма базар баасын сөзсүз кабыл алат жана өз алдынча баа саясатын жүргүзбөйт. Бул сыяктуу фирмаларга жеткилең атаандаштык жагдайы таандык, анткени бааны аныктап белгилөөчү катары, сурам жана сунуш катыштары эсептелет.

ФИРМА ПРОМЫШЛЕННАЯ – ӨНӨР ЖАЙ ФИРМАСЫ – өзүнүн иш-аракеттеринин негизинде товардын тигил же бул түрүн өндүрүүчү фирма. Мында өнөр жай продукциясын өндүрүүгө фирманын жүгүртүлүп жаткан акча каражаттарынын жарымынан көбү туура келиш керек.

ФИРМА "РИСКОВАЯ" – "ТОБОКЕЛЧИЛ" ФИРМА. ***Кара. Фирма, венчурная – Венчурдук фирма.***

ФИРМА-СТОКИСТ – ФИРМА-СТОКИСТ – *экспорттук-импорттук* операцияларды тейлөөчү фирма. Импортчунун өлкөсүндө операциялар *консигнациялык кампа* жөнүндөгү негизги келишимге комиссиялар тарабынан кошумча түзүлүүчү келишимдин негизинде ишке ашырылат. Фирма-стокисттин менчиктүү кампалары жана ташымалдоо жайлары болот. Операцияларды өз атынан жана өзүнүн эсебинен жүргүзөт, б.а. дүң соодага жакын функцияны ишке ашырып турат.

ФИРМА, ТОРГОВАЯ – СООДА ФИРМАСЫ – *1*) өзүнүн эсеп-кысабынан өз атынан соода-ортомчулук иш аракетин жүзөгө ашыруучу фирма. Адатта туруктуу жеткирип-тапшыруучулар менен булар узак убакытка чейин иштешет. Жүргүзүлүүчү операцияларынын түпкү уңгусу боюнча соода фирмасы төмөндөгүлөргө ажырайт: соода үйү, дүң жана чекене соода фирмалары, *экспорттук, импорттук фирмалар, дистрибьюторлор, стокисттер* (фирманын бир түрү). *2*) Соода укугунун нугунда өзүнүн атынан жекече-коммерсант же жамааттык (соода шериктик) болуп иш-аракеттерин жүргүзөт. Соода фирмасынын арналышы – коммерсантты бышыктоо, анын иш-аракеттерин жекеликке айландыруу болуп саналат. Соода фирмасын ишкананын аталышынан ажырата билүү зарыл, анткени ишкананын аты коммерсанттыкына туура келбей калышы мүмкүн.

ФИРМА, ЭКСПОРТНАЯ – ЭКСПОРТТУК ФИРМА – товарларды ички базардан өзүнүн эсебинен сатып алуучу жана аны өзүнүн атынан чет өлкөлөргө кайра сатуучу фирма. Универсалдуу жана адистештирилген экспорттук фирмалар болуп ажыратылат.

ФИРМЕННЫЕ КРЕДИТЫ – ФИРМАЛЫК КРЕДИТТЕР. Бир өлкөнүн импортчулары тарабынан башка өлкөлөрдүн импортчуларына берилүүчү товар түрүндөгү *кредиттер*; соода-сатык базары үчүн таймашуунун бирден-бир каражаты болуп эсептелет. Кредиттер ачык

эсептеги жана *векселге* берчү кредиттер болуп айырмаланат. Ачык эсеп боюнча кредит бергенде *экспортчу импортчуга* товарларды жиберет да, анын эсебине андан алынуучу сумманы жазып коёт. Импортчу болсо, ал бересени көрсөтүлгөн мөөнөттө төлөөгө милдеттенет. Экспортчу менен импортчунун ортосунда түзүлгөн келишимдер товардын айрым партиясына же көбүнчө үзгүлтүксүз жеткирип-тапшырууларга тийиштүү болушу да мүмкүн. Биринчи айтылган боюнча төлөм белгилүү бир мөөнөт өткөндө (бир нече күндөн бир айга чейин), товарларды жөнөткөндөн кийин же импортчу аларды кабыл алгандан соң төлөнөт. Экинчи айтылган боюнча узак убакыттан бери соода байланыштары бар ири экспортчул жана импортчул фирмалардын ортосунда түзүлөт. Бул учурда үзгүлтүксүз төлөөнү айдын ортосуна же аягына коюшат.

ФИСК – ФИСК (лат. fiscus – казына) – мамлекеттик казына.

ФИСКАЛЬНАЯ ПОЛИТИКА – ФИСКАЛДЫК САЯСАТ – бул өкмөттүк чыгашалардын жана салыктардын алкагындагы экономикалык саясат. Өкмөттүк чыгымдар аркылуу мамлекеттик секторду, социалдык камсыздоо системасын каржылоо эле жүргүзүлбөстөн, базарда ресурстарды, товарларды жана тейлөө ишин сатып алуу да жүргүзүлөт. Өкмөттүк чыгашалар калктын бардык катмарынан жамааттык пайдалануга келип түшкөн ички дүң продуктунун бөлүгүн көрсөтөт да, алар анын динамикасына олуттуу таасирин тийгизет. Салыктар экономика нугунда эки жактуу ролду ойнойт. Алар бир жагынан мамлекеттин кирешелерин калыптандырса, экинчи жагынан болсо керектөөчүлөргө жана өндүрүүчүлөргө демилге берет. Ири салыктар базардагы сурамдын жыйындысын кыйла төмөндөтүп, ошол эле убакта салыктардын төмөндүгү мамлекет кирешелерин азайтат. Ошондуктан конкреттүү шарттарга колдонулуучу салык өлчөмдөрүн дайыма билгичтикте, жагдайга карата так аныктоо маселеси орчундуу болуп саналат.

ФИСКАЛЬНЫЙ – ФИСКАЛДЫК, КАЗЫНАЛЫК (лат. fiscalis – казыналык) – финансылык, салыктык; мамлекеттик кирешелерди (казынаны) аккумуляциялоого болгон карым-катыштар; мисалы, фискалдык агент, *фискалдык саясат* ж.б.

ФИФО – ФИФО (англ. FIFO – first-in first-out – биринчи келген, биринчи тейленген) – *товардык-материалдык запастардын* алгач келип түшүүчү же даярдалган партиянын баасы боюнча *бугалтердик эсептин ыкмасы*. Аны колдонуу белгилүү мезгилдин аягындагы запастарды алардын иш жүзүндөгү *өздүк наркы* менен баалоого алып келет, ал эми сатылган продукциянын өздүк наркында бир кыйла эртерээк сатып алгандардын баасы алынат. Баанын өсүү шартында ишкананын *таза пайдасы* жогорулайт.

ФОБ ФРАНКО-БОРТ – ФОБ ФРАНКО-БОРТ (англ. FOB, Free on Board – бортко жол ачык) – эл аралык соодада товардын жеткирилип-тапшырылуу жана төлөмүнүн тартибин, анын баасындагы ташуу, жүктөө-түшүрүү операцияларынын чыгымдарынын эсебин аныктап белгилөөчү шартнама; жөнөтүү үчүн жүктөлгөн жана даяр түрдөгү *экспорттук товардын* баасы, б.а. товардын баасына кемеге аны жеткирүү боюнча транспорттук ж.б. чыгымдар кошулат. ФОБ шартнамасына ылайык сатуучунун кемеге жеткирүүгө чейинки товардын сакталуу сапатына, анын бузулуп кетишине, жоголушуна карата жоопкерчилигин алдын ала карайт. Ушунун баарысы башка тараптын сатуучусу ала турган документте – *таза коносаментте* (жүктү деңиз менен ташуунун келишим шарттары камтылган документ) ачык жана так жазылат. Бул учурда сатып алуучунун милдеттенмесине кемени жалдоо, анда жүк үчүн керектүү орунду камсыз кылуу, сатуучуга кеменин келүү мөөнөтү жана порту, сатуучу берген эсептерге жана коносаментке карата сүйлөшүлгөн формадагы төлөмдөр жөнүндө сатуучуга өз убагында кабар берүү кошулат. Сатып алуучу товар кемеге жеткирилгенден кийин капысынан товардын жарабай калышына, бузулушуна карата жоопкерчиликти толук өзүнө алып, тийиштүү чыгымдарды тартуу менен жүктөрдү сактоону жана тиешелүү жерине жеткирүүнү камсыз кылат. Товарды темир жол транспорту менен жеткирүү ФОБ ФРАНКО-ВАГОН шартына туура келет. *Кара. СИФ, ФАС.*

ФОЛИО – ФОЛИО (лат. in folio – баракты ичинде) – бугалтердик эсептик китептердеги бир эле катар номерге ээ эки (сол жана оң) бет.

ФОНД – ФОНД (фр. fond, лат. fundus – негиз) – *1*) Запас, кор, акча капиталы. *2*) Белгилүү бир максат үчүн топтолгон же сакталган акча, материалдык каражаттар.

ФОНД, АМОРТИЗАЦИОННЫЙ – АМОРТИЗАЦИЯЛЫК ФОНД – *негизги фондуларды* жөнөкөй жана кеңири кайра өндүрүп чыгаруу үчүн арналган акча каражаттары; бул экономикалык жактан алганда эки жактуу касиетке ээ болот, б.а. бир эле убакта негизги фондулардын эскиришинин ордун толтурууну жана аларды кеңири түрдө кайра өндүрүүнү тейлейт. Адатта амортизациялык чегерүүлөрдүн эсебинен топтолот.

ФОНД ВРЕМЕНИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ОБОРУДОВАНИЯ – ЖАБДУУЛАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН УБАКЫТ ФОНДУСУ – белгилүү бир мезгилде жабдууларды пайдалануунун убакыт ресурсу. Ал ич ара календардык, режимдик, күтүлүүчү убакыт фондусуна жана ошондой эле өндүрүштө курал-шаймандарды иш жүзүндө пайдалануу убактысына ажыратылат. Календардык фонд – жабдууларды пайдалануунун бир кыйла мүмкүн болуучу убакыты болуп саналат. Бул убакыт фондусунун

башка түрлөрүн эсептөө жана жыл ичиндеги календардык күндөрдүн санын сутка ичиндеги сааттын санына көбөйтүү аркылуу аныктоо үчүн (жабдуулардын ар бирдигине) база болуп эсептелет. Режимдик жабдууларды пайдалануу убактысынын режимдик фондусу – бул белгиленген жумуш режимин эсепке алуу менен берилген мезгилдин ичинде жабдууларды пайдаланууга максималдуу мүмкүн болуучу убакыт.

ФОНД ЗАРАБОТНОЙ ПЛАТЫ – ЭМГЕК АКЫ ФОНДУСУ – белгилүү календардык мезгилде (кызмат акынын айлык, жылдык фондусу) бардык категориядагы кызматкерлердин эмгегине *акы төлөө* үчүн арналган акча каражаттарынын жалпы өлчөмү. Эмгек акынын пландаштырылган фондусу өндүрүштүк программанын негизинде аныкталат. Бул мамлекеттик, жергиликтүү органдар тарабынан бекитилүүчү маанилүү пландык көрсөткүчтөрдүн бири. Ишканалар боюнча эмгек акы фондусу цехтер жана өндүрүштүк участкалар боюнча пландаштырылат. Кызмат акынын фондусуна жумушчулар жана кызматкерлер (туруктуу, убактылуу, мезгилдүү) аркылуу аткарылган жумуштар үчүн ишканалар, мекемелер, уюмдар тарабынан эсептелип төлөнүүгө тийиштүү болгон акча каражаттары толук кошулат. Мындан тышкары кызмат акынын фондусуна колдонуп жаткан мыйзамга ылайык иштеле элек убакыт үчүн жумушчулар менен кызматкерлерге төлөнүүчү акча өлчөмү да кошулат. Ар бир ишканада эмгек акы фондуларын туура жана үнөмдүү пайдалануунун өтө олуттуу мааниси бар.

ФОНД МАТЕРИАЛЬНОГО ПООЩРЕНИЯ – МАТЕРИАЛДЫК ЖАКТАН КЫЗЫКТЫРУУ ФОНДУСУ – заводдордун, фабрикалардын, *фермер-дыйкан чарбаларынын*, ар кандай *ишканалардын, компаниялардын, биргелешкен чарбалардын пайдасынан* түшкөн ички фондусу. Ал сатылуучу өнүмдөрдүн көлөмүнүн же алынган пайданын өсүшүнө, рентабелдүүлүктүн деңгээлине жана эмгек өндүрүмдүүлүктүн өсүшүнө, белгиленген иштерди аткарууга жараша алынган пайдадан белгилүү нормативдер боюнча чегерип алуунун натыйжасында түзүлөт. Бул фондунун эсебинен ишканалардын кызматкерлерин кызыктыруу иретинде кошумча төлөөлөр жүргүзүлүп, сыйлыктар берилет. Үзгүлтүксүз эмгек стажын, тартипти, иштин сапатын эске алып, жыл аягында же квартал сайын кошумча төлөөлөрдү берүү эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, жалданып иштегендердин жана жалпы эле кызматкерлердин жумуштан чыгып кетишин кыскартууга жана эмгек тартибин жакшыртууга жардам берет.

ФОНД МЕЖДУНАРОДНЫЙ – ЭЛ АРАЛЫК ФОНД – өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн мамлекет аралык келишимдеринин негизинде түзүлгөн акча каражаттарынын максаттуу фондусу. Азыр Кыргызстанда "Евразия", "Сорос-Кыргызстан", "Хевитас", сыяктуу эл аралык ири фондулар олуттуу иштерди жүргүзүп жатат.

ФОНД НАКОПЛЕНИЯ – ТОПТОО ФОНДУ – өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес *негизги фондулардын* өсүшүнө, ошондой эле камсыздандыруу, резервдердин түзүлүшү үчүн пайдаланылуучу *улуттук кирешенин* бир бөлүгү. Мунун эсебинен өндүрүштүн туруктуу өсүшү жана өркүндөшү, чарба комплекстеринин фондуларынын материалдык запастарынын көбөйүшү, ошондой эле зарыл материалдык резервдерди түзүү иш жүзүнө ашырылат. Топтоо фондусунун бир бөлүгү резервдик же камсыздандыруу фондусун түзүп, өндүрүш процессинин тынымсыз иштешин камсыз кылат. Ал эми улуттук кирешенин белгилүү бир бөлүгү эгемендүү укуктук-демократиялык Кыргыз Республикабыздын коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоого жана элдин турмуш деңгээлин жакшыртууга (турак жайларды, мектептерди, ооруканаларды жана социалдык инфраструктуралардын башка объектилерин курууга) ж.б. жумшалат. Базар мамилелеринин шарттарында жакынкы жана узак келечектүү *инвестициялык саясатты* аныктап белгилөөдө илимий жактан негиздөөнү камсыз кылуу зарыл; инвестицияны пландоо практикасын, чарбалык жаңы механизм менен тыгыз байланыштырып, капиталдык салымдарды пайдалануу орду түбү менен жакшыртуу жана социалдык-экономикалык маселелердин эң маанилүү шарттары катары алардын натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылуу олуттуу орунду ээлейт.

ФОНД ОБРАЩЕНИЯ – АЙЛАНЫМ ФОНДУСУ – айланым чөйрөсүндө колдонулуучу жана алмашуу процессин тейлөөчү материалдык жана акча ресурстарынын жыйындысы.

ФОНД ПЕНСИОННЫЙ – ПЕНСИЯЛЫК ФОНД – мамлекеттин белгилүү бир аймагында пенсия менен камсыз кылуу финансысын башкарууну ишке ашыруучу өз алдынча финансылык-банк системасы. Пенсиялык фонд негизинен төмөндөгүлөрдүн эсебинен түзүлөт: *ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, кооперативдердин,* индивидуалдык эмгек ишмердүүлүктөрү менен, ошонун ичинде жеке (топтошкон) *ижаралык шарттарда* же *дыйкан чарбаларында* иштеген инсандардын камсыздандыруу мүчөлүк төлөмдөрүнөн; *эмгек акысынын* белгилүү пайыздык өлчөмүндө белгиленген жарандардын милдеттүү түрдөгү камсыздандыруу мүчөлүк төлөмдөрүнөн; аскер кызматын өтөгөндөргө пенсия, балдар үчүн жөлөк пул, пенсия менен камсыз кылуучу ж.б. чаралар үчүн төлөнүүгө арналган республикалык бюджет каражаттарынан; *юридикалык жактын* жана *жеке инсандардын* өз эркин менен берген мүчөлүк пайларынын эсебинен ж.б. Социалдык мүчөлүк төлөм (эң алды менен *социалдык салык*)

жалаң эле пенсия менен камсыз кылууга болгон чыгымдарды гана эмес, ошону менен бирге убактылуу эмгекке жарамсыздарды да жөлөк пул менен камсыз кылынуучу чыгымдарды эске алынуучу өлчөмүндө аныкталып белгиленет. Пенсиялык фондунун каражаттары төмөндөгүлөргө багытталат: кары-картаңдарга, майыптарга, багуусунан ажырап калгандарга, эмгек жылына төлөнүүчү жана социалдык пенсияларды төлөөгө; жаш баласын багып үйдө отургандар үчүн жөлөк пулга; *турмуш-тиричилик деңгээлинин индексинин* өзгөрүшүнө жана эмгек акынын өсүшүнө байланыштуу пенсияны жогорулатууга; пенсиядагыларды, майыптарды, балдарды жана калктын дагы ушул сыяктуу топторун социалдык жактан колдоо боюнча программаларды ишке ашырууга катышкандыгына. *Кара. Фонд социальной защиты населения – Калкты социалдык жактан коргоо фонду.*

ФОНД ПОТРЕБЛЕНИЯ ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН КЕРЕКТӨӨ ФОНДУСУ – уюштурулуу-укук жана менчик түрлөрүнө байланышсыз, ишканалардын (фирмалардын, мекемелердин жана уюмдардын) жумушчуларга, кызматкерлерге түздөн-түз жана кыйыр төлөөлөрүнүн жыйындысы. Ага негизинен төмөндөгүлөр кошулат: ишканалардын бардык жумушчу-кызматкерлерине төлөө үчүн эсепке киргизилгендердин акча каражаты (*эмгек акы төлөө фондусу*); *эмгек жамаатынын акциялары* жана ишканалардын мүлкүнө кошкон алардын салымдары боюнча кирешелер (*дивиденддер, пайыздар*); ишканаларга берилген эмгектик жана социалдык жеңилдиктердин суммасы (материалдык жардамды кошо алганда). Жумушчу-кызматкерлердин эмгек жана социалдык жеңилдиктерине болсо төмөндөгүлөр кирет: *жамааттык келишим* боюнча кошумча түрдө эс алууларга берилүүчү төлөөлөр; пенсияларга кошумча төлөө жана пенсияга чыгуучу эмгек ардагерлерине бир мертебе берилүүчү *жөлөк пул*; ишканалардын каражаттарынын эсебинен төлөнүүчү стипендиялар; ашканаларда, буфеттерде, профилакторияларда (жеңилдетилген баа боюнча же бекер) тамактын баасынын жана ошондой эле мектепке чейинки балдар мекемелериндеги, ден соолукту чыңдоочу лагерлердеги балдарга керектелүүчү нарктын кымбатташынын ордун жабууга; жумушчу-кызматкерлерге жана алардын балдарын дарылоого, эс алуусуна, экскурсияларына жана саякаттарына берилүүчү путевкаларга төлөөлөр; кирешелерди индексациялоонун өлчөмдөрүнөн ашыкча өндүрүлүп чыгарылгандардын бааларынын жогорулашына байланыштуу компенсациялык төлөмдөр; жумушчу-кызматкерлерге берилген материалдык жардам жана *ссудаларды* төлөөгө кеткен чыгымдар; багбанчылык (мөмө-жемиш багын өстүрүүчүлүк) өнөктөштүгүн өркүндөтүү боюнча чыгымдар; бейтапканадагы тейлөөлөр, ишканалардын жумушчу-кызматкерлерине продукциянын (жумуштар, тейлөөлөр) баасынын айырмаларын төлөп ордун толтуруу боюнча төлөнүүчү чыгымдар; жумушка, үйүнө барууга кире акы төлөө ж.б. Ишкананын керектөө фондусуна багытталуучу каражаттарга төмөндөгүлөр кошулбайт: социалдык камсыздандыруу (убактылуу ишке жарамсыздар, кош бойлуулар жана төрөттөн кийинки баланы багуу ж.б.) боюнча жөлөк пул, иштеп жүргөн пенсионерлерге төлөнүүчү каражаттар, пенсиялык фондунун ж.б. бюджеттик эмес фондулардын эсебинен төлөнүүчү төлөмдөр; жумуштун жагдайына карата бекер берилүүчү атайын кийимдердин, сүттүн жана дарылоо-профилактикалык тамак-аштын наркы; окуу, маданий-массалык ж.б. иш чаралар үчүн имараттарды ижарага алуу; оюн-шоок кечелерин, дискотекаларды, концерттерди, лекцияларды ж.б. өткөрүү; медициналык жайларды, профилакторияларды, санаторияларды, эс алуу үйлөрүн ж.б. ишканалардын балансында турган ден соолукту чыңдоочу мекемелерди кармап туруу үчүн чыгымдар; дарылоо-профилактикалык мекемелер үчүн дары-дармектерди алууга, ийримдердин студияларын ж.б. уюштурууга жумшалуучу чыгымдар.

ФОНД ЭКОЛОГИЧЕСКИЙ – ЭКОЛОГИЯЛЫК ФОНДУ – табигатты коргоо маселелерин кечиктирүүгө болбой турган чукулунан кабыл алынган чечимдерин ишке ашыруу, жоготууларды калыбына келтирүү, келтирилген зыяндарды толуктоо ж.б. үчүн түзүлгөн бюджеттен тышкаркы фонду. Фонд ишканалардан, мекемелерден, уюмдардан келип түшкөн каражаттардан, ошондой эле чет элдик *юридикалык* жана *жеке жактардан* төлөм формасында курчап турган табигат чөйрөсүнө зыяндуу заттарды чыгаргандыгы, таштандыларды жана булганыч нерселердин башка түрлөрүн жайгаштыргандыгы үчүн алынган каражаттардын эсебинен чогулат. Буга ошондой эле табигатты коргоо боюнча доодон алынган акча каражаттары, айыптар, браконьерлердин[3] конфискацияланган курал-жабдыктарын жана продукцияларын сатуудан түшкөн каражаттар; банкка салган салымдар, банктык депозиттер боюнча пайыздар ж.б. кирет. Экологиялык фондудагы каражаттар курчап турган табигат чөйрөсүн жакшыртууга, иш чараларды жүргүзүүгө жана айлана чөйрөнү коргоо боюнча программаларды ишке ашырууга, табигат ресурстарын калыбына келтирип, кайра өндүрүүгө, илимий изилдөөлөргө, экологиялык жактан таза технологияларды өздөштүрүүгө, тазалоочу комплекстерди курууга зыян келтиргендерди калыбына келтирүү иштерине төлөөгө сарпталат.

[3] Браконьер (фр. brakonnier) – белгиленген тыюу салууну бузуу менен анчылык, балык уулоо, токой кыюу; башка тармакка эзелтеден тийиштүү соода аймагына мыйзамсыз баса көктөп кирүү.

ФОНДОВАЯ БИРЖА – ФОНДУЛУК БИРЖА – *фирмалардын баалуу кагаздары (акциялар, облигациялар),* ошондой эле мамлекеттик казыналык милдеттенмелер сатылчу базар; фирма кандай шарттарда өзүнүн кошумча чыгарган акцияларын канчалык оңой-олтоң жайгаштыра ала тургандыгы, фондулук биржадагы фирманын акцияларынын котировкасына (бааланышына) жараша болот. Бул коммерциялык банктардан зайымдарды алуу шартына да таасир берет. Фондулук биржа эң алды менен баалуу кагаздарды сатуучу менен сатып алуучу бирин-бири табышуучу жай катары эсептелет.

ФОНДОВООРУЖЕННОСТЬ ТРУДА – ЭМГЕКТИН ФОНДУЛУК ЖАБДЫЛЫШЫ – эмгекти *өндүрүштүк негизги фондулар* менен жабдуунун көрсөткүчү; фермердик-дыйкан чарбаларынын, ар кандай өнөктөш бирикмелердин ар бир иштей турган жумушчу кызматкерлерине туура келүүчү өндүрүштүк негизги фондулардын көлөмү болуп саналат. Азыркы учурда эмгектин фондулук жабдылышын жакшыртуу эмгек өндүрүмдүүлүгүн кескин жогорулатат. Мына ушул себептүү фондулай жабдуунун негизги максаты өндүрүштүн натыйжалуулугун арттыруу болуп саналат.

ФОНДОВЫЕ ОПЕРАЦИИ – ФОНДУЛУК ОПЕРАЦИЯЛАР. *Баалуу кагаздар* менен (*акциялар жана облигациялар*) болуучу операциялар. Алардын төмөндөгүдөй түрлөрү бар: өзүнүн эсебинен *банктардын* баалуу кагаздарды сатуусу жана сатып алуусу; баалуу кагаздарга *ссуда берүү*; тапшырма боюнча жана кардардын эсебинен баалуу кагаздарды сатып алуу жана сатуу; баалуу кагаздарды сактоо жана аларды башкаруу.

ФОНДОВЫЙ АРБИТРАЖ – ФОНДУЛУК АРБИТРАЖ – курстук айырма алуу максатында *баалуу кагаздарды (акцияларды, облигацияларды)* сатып алуу-сатуу боюнча операциялар. Арбитражчы базардан баалуу кагаздарды курсу төмөн жеринен сатып алат да, ошол эле убакта ошол базардагы курсу жогору жеринен сатып жиберет.

ФОНДОЁМКОСТЬ – ФОНДУ СЫЙЫМДУУЛУГУ – сарпталуучу фондунун көлөмү – ишгелип чыгарылган тигил же бул продукциянын экономикалык көрсөткүчтөрү болуп саналат; ал өндүрүштүк фондулардын сарпталган көлөмүнүн дүң продукцияга катышын көрсөтөт. Сарпталган фондулардын көлөмү өндүрүштүк фондулар менен чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун маанилүү көрсөткүчү. Бул көрсөткүч *капиталдык салымдарды* пландоодо, *фирмалар, уюмдар* жана башкалардын өндүрүштүк иштерин талдоодо продукцияга туура бааны коюуда пайдаланылат.

ФОНДООТДАЧА – ФОНД КАЙТАРЫМЫ – *өндүрүштүк негизги фондулардын* ар бир сомуна ишгелип чыгарылган продукциялардын саны. *Өндүрүштүк негизги фондулардын* бардыгын чогуу пайдалануунун жалпыланма көрсөткүчү. Алардын байланышы чыгарылган продукциялар менен туюнтулат. Ишгелип чыгарылган продукцияларды өндүрүштүк негизги фондулардын орточо жылдык баасына бөлүү менен фонд кайтарымын аныктайт. Фонд кайтарымынын өсүшү өндүрүштүк негизги фондуларды өтө сарамжалдуу пайдалануу, коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорку деңгээлде көтөрүлүшүн далилдейт. Чарба комплексинде ишгеп жаткан бардык ишканаларында, фермер дыйкан чарбаларында фонд кайтарымын арттыруу менен иш алып баруу алдын ала каралат. Фонд кайтарымынын деңгээли курулуштарды долборлоонун сапатына жана анын баасына, өндүрүштүк объектилерди реконструкциялоого жана модернизациялоого, жаңы прогрессивдүү техниканы техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүнө карата аларды тез, толук өздөштүрүүгө тыгыз байланыштуу болот.

ФОНДЫ – ФОНДУЛАР (фр. fond, лат. fondus – негиз) – *капиталды,* запасты, топтомду туюнтуучу көп пландуу термин, мисалы, *чарба комплексинин фондусу, жер, үрөн фонду*; конкреттүү арналыштагы белгилүү бир максаттар үчүн белгиленген акча же материалдык каражаттар, *топтом, керектөө, эмгек акы төлөө, уставдык* ж.б. *фондулары*; чыгармачыл ж.б. кызматкерлерге (мисалы, көркөм фонду) материалдык жардам көрсөтүү, пенсия берүү (*пенсиялык фонду*) ж.б. үчүн түзүлгөн уюмдар, мекемелер; тигил же бул *ассоциациялардын, бирикмелердин, ишканалардын, уюмдардын, мамлекеттик институттардын,* чет өлкөлүк же жергиликтүү жарандардын карамагындагы жана атайын максаттуу иштетүү үчүн бөлүнгөн акчалай же башка ресурстарынын жыйындысы. Фондулардын акчалай каражаттары банктардын атайын эсебинде топтолуп, мунун өзү аларга статистикалык байкоо жүргүзүү үчүн мүмкүнчүлүк түзөт. Мындай фондуларды *консорциумдар, концерндер,* тармактар ортосундагы мамлекеттик бирикмелер, *акционердик коомдор, ассоциациялар, союздар, федерациялар, коммерциялык уюмдар,* кээде жеке адамдардын өзүнчө тобу, жеке жарандар (конкреттүү жаранга жардам, мисалы, дарылануу үчүн ж.б.) дагы пайдаланышы мүмкүн. Бирикмелердин, ишканалардын, уюмдардын, жарандардын фондуларынын пайда болуу булактары *салыктар* жана *жыйноолор, субсидиялар, зайымдар,* милдеттүү жана эркин түрдөгү төлөөлөр сыяктуу төрт топко бөлүнөт. Фондуларды башкаруу тигил же бул уюмдардын (концерндер, ассоциациялар ж.б.) субъектилери же конкреттүү жаран же жарандардын тобу иш жүзүнө ашырат. Көбүнчө ири фондулардын негизги башкаруу органы катары жалпы чогулуш же конференция, курултай, сессия, конгресс эсептелет. Фондулар өзүнүн иш-аракеттерин *Уставды* жетекчиликке алып жүргүзөт. Мисалы, уюштурулган экономикалык же социалдык реформалардын фондусунун түзүүчүсү катары өндүрүштүк би-

рикмелер жана ишканалар, союздар, *кооперативдер, ижарачылар,* чыгармачыл кызматкерлер, диний ишмерлер эсептелинет. Ошентип, чыныгы экономикалык эркиндик (мамлекеттик ишканалардын, бирикмелердин өз алдынчалуулугу), жеке менчик ээлеринин кеңири демилгеси, ижаралык, акционердик жана биргелешкен орток ишканалардын, кооперативдердин, чарбалык коомдордун, шериктештиктердин жана ассоциациялардын (бирикмелердин) түзүлүшү жумушка карата кызыгууну, демилгени күчөтүүнү, иштен натыйжа чыгарууну, жаңы технологияны жана илимий-техникалык жетишкендиктерди өздөштүрүүнү стимулдаштырууга кыйла мүмкүнчүлүктөр түзөт.

ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ – НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР – узак убакыт бир нече мертебе же туруктуу өзгөрүлбөгөн натуралдуу-зат формасында экономикада пайдаланылган жана өзүнүн наркын бара-бара иштеп чыгарылган өнүмдөргө жана тейлөөлөргө чегерүүчү менчиктин түрдүү формаларында болуучу коомдук эмгек менен түзүлгөн улуттук мүлктүн бөлүгү. Бул эгемендүү укуктук-демократиялык Кыргыз Республикабыздын улуттук байлыгынын олуттуу курамдык бөлүгү болуп саналат. Негизги фондуларга өндүрүштүк имараттар, курулуштар, машиналар менен жабдуулар, аспаптар, курал-жабдыктар, транспорттук машиналар, өндүрүштүк жана чарбалык курал-шаймандар, жумушчу-унаа жана продукция алынуучу малдар ж.б. кирет. Ушулардын баарысы материалдык-өндүрүштүн иштеп чыгаруу процесстерине чегерилет да, өндүрүштүк негизги фондуга кирет. Өндүрүштүк процесстерге түздөн-түз катышпаган турак-жайлар, имараттар, эс алуу жайлары ж.б. өндүрүштүк эмес негизги фондулар да кирет.

ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ МАТЕРИАЛЬНЫЕ – МАТЕРИАЛДЫК НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР – материалдык негизги фондуларга имарат, курулуштар, машиналар, жабдуулар, ченөөчү жана жөнгө салып туруучу аспаптар, түзүлүштөр, түрдүү турак-жай, эсептөө техникасы жана оргтехника, транспорттук каражаттар, инструмент (аспап, шаймандар), өндүрүштүк жана чарбалык курал-шаймандар, өнүмдүү жана асыл тукумдуу малдар, көп жылдык тигилген бак-даракталар, материалдык негизги фондулар ж.б. түрлөрү кирет.

ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ НЕМАТЕРИАЛЬНЫЕ – МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР – материалдык эмес негизги фондуларга компьютердик программаны камсыз кылуу, маалымат базалары, кызыктуу жанрдагы оригиналдуу чыгармалар, адабияттар, искусство, илим сыйымдуу нуктагы өнөр жайлык технологиялар ж. б. материалдык эмес негизги фондулар кирет. Булар интеллектуалдык менчиктин объектилери болуп саналат да, аларды пайдалануу булар үчүн белгиленген ээлик кылуу укуктары менен чектелет.

ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ НЕПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ – ӨНДҮРҮШТҮК ЭМЕС НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР – материалдык эмес тейлөөлөрдү көрсөтүү үчүн пайдалануучу *негизги фондулар.*

ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ – ӨНДҮРҮШТҮК НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР – продуктуларды өндүрүп чыгаруу же материалдык тейлөөлөрдү (транспорт, байланыш, соода ж.б. ушул сыяктуу тейлөөлөр) көрсөтүү үчүн пайдаланылуучу *негизги фондулар.*

ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ СТРОИТЕЛЬНОГО НАЗНАЧЕНИЯ – КУРУЛУШКА АРНАЛГАН НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР – имараттарды, курулуштарды, машиналарды жана жабдууларды, шаймандарды, коммуникацияларды ж.б. куруу өндүрүшүнө жумшалуучу эмгек каражаттарынын жыйындысы.

ФОНДЫ ЭКОНОМИЧЕСКОГО СТИМУЛИРОВАНИЯ – ЭКОНОМИКАЛЫК СТИМУЛДАШТЫРУУ ФОНДУЛАРЫ – ишти пландоонун жана экономикалык стимулдаштыруунун жаңы системасы боюнча иштеп жатышкан ишканалар тарабынан түзүлүүчү жана алар менен кызматкерлердин демилгелерин жогорку баскычка көтөрүү максатын көздөгөн фонду. Чарба жүргүзүүнүн жаңы шарттарында иштеп жаткан ишканаларда экономикалык стимулдаштыруунун төмөндөгүдөй үч түрдүү фондусу түзүлөт: материалдык жактан кызыктыруу фондусу – сатылуучу продукциялардын жана алынган *пайданын* көлөмүнүн өсүшүнө, тапшыруу пландарынын аткарылышына жараша түшкөн пайдалардын белгилүү норматив боюнча чегерип алуу жолу аркылуу түзүлөт; социалдык-маданий, турак-жай курулушунун фондусу – ишканалардын алган пайдасынан бекитилген норматив боюнча чегерип алуунун негизинде түзүлөт да, ишканалардын кызматкерлеринин маданий жана медициналык жактан тейлөөнүн, алардын эс алууларын жакшыртуу боюнча жүргүзүлүүчү иштерге, турак-жай, маданий-тиричилик нугундагы курулуш ишине жумшалат; өндүрүштү өнүктүрүү фондусу – бекитилген нормативдердин негизинде ишканалардын алган пайдаларынан чегерип туруу аркылуу түзүлөт да, ишканалардын кызматкерлеринин маданий-тиричилик деңгээлин жакшыртууга жана медициналык тейлөөгө, алардын эс алууларын уюштурууга, турак-жай, маданий-тиричилик курулуштарына пайдаланылат.

“ФОР ФРАНКО-ВАГОН” – **“ФОР ФРАНКО-ВАГОН”** – темир жол станциясына чейин товарларды жеткирүүгө жумшалган чыгымдарды товардын наркына киргизүүнү караоочу товарларды жүктөө шарты.

ФОРВАРД – ФОРВАРД – эки жумуш күндөн ашуун тиешелүү бүтүм түзүлгөндөн кийин валюталык же башка бүтүм боюнча эсептешүү.

ФОРМАН – ФОРМАН – чет элдик порттордо кемеге жүктүн жүктөлүшүнүн жүрүшүн, алардын ыгы

менен туура салынышын жана жыйылышын байкап туруучу жүктөгүч адис.

ФОРМЫ ВЕДЕНИЯ БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА – БУГАЛТЕРДИК ЭСЕПТИ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ФОРМАЛАРЫ – бугалтердик маалыматты жана аны пайдалануунун эрежелерин өз ара байланышта алып жүрүү комплекси. Мемориалдуу-ордердик, журнал-ордердик жана жөнөкөйлөтүлгөн формаларга ажыратылат. Мемориалдуу-ордердик формада *башкы эсептик регистрлер* катары мемориалдуу-ордерлер саналат. Булар операциялардын өлчөмү жана алардын келип чыгуучу счеттордун корреспонденциясынын мазмуну (счеттордун аттары же шифрлары, алардын ар бири боюнча суммалары, растоочу документке шилтеме) көрсөтүлөт. Мемориалдык ордерлер катталуучу журналда түзүлгөн тартибинде (хронологиялык учеттук регистрде) регистрацияланат. Анын төмөндөгүдөй үч графасы болот: катар номери, ордерлердин датасы жана суммасы. Системалуу регистрлер болуп, башкы китептин счету, картотекалар жана аналитикалык эсептери бар китептер саналат. Башкы китепте ар бир синтетикалык эсепти вертикалы боюнча экиге бөлүнгөн арасы ачылган бир баракка жайгаштырышат. Анын сол жагы дебеттик жазууларды жайгаштыруу үчүн, оң жагы – кредит үчүн бөлүнүп коюлат. Чарбалык операциялар тиешелүү мемориалдык ордерлердин негизинде эки бетке жазуу ыкмасы менен чагылдырылат. *Кассалык операциялардын* аналитикалык эсеби кассалык китепте жүргүзүлөт. Айдын аягында жазылгандарды эсептин түрлөрү боюнча салыштырып текшерүү үчүн айланым ведомосту түзүлөт. Бугалтердик эсептин бул формасынын кемчилиги мына мындан турат: бир эле эсептик маалыматтарды – хронологиялык,систематикалык, ошонун ичинде аналитикалык (дебет жана кредит эсептери боюнча бөлөк-бөлөк) жана синтетикалык (бул да дебет жана кредит боюнча) ар башка регистрлерде көп жолу жазылат. Отчеттуулук үчүн цифралык материалды ылгап алууга, топтоштурууга жана кайрадан жаңы эсептөөгө туура келет. Анткени эсептик регистрлердин түзүлүшү көбүнчө бугалтердик эсептин маалыматтарынан отчеттук көрсөткүчтөрдү алууну камсыз кыла албайт. Ошондуктан эсепти жүргүзүүнүн бул формасы азыркы убакта эскирип калган деп эсептелинет. Журнал-ордердик форма кредиттик принцип боюнча курулган журналдык-ордердин башкы эсеп регистрлерин, б.а. негизги эсебинин кредитинен жүргүзүлө турган ар бир операция боюнча жазуулардын бардыгын камтыйт, ал үчүн журнал-ордер ачылат; корреспонденцияларында дебеттелүүчү эсептөөлөрү болот, алардын аттары журнал-ордерде көрсөтүлөт. Ошентип, аларда хронологиялык жана синтетикалык регистрлердин функциялары, адатта синтетикалык жана аналитикалык эсеп жайгаштырылат. Журнал-ордер

–шахматтык форма боюнча курулган эсептик таблица болуп саналат. Анда бир жолку ыкма (бир эле жолу жазуу) менен эске алынуучу операцияны же алардын бир түрдүү тобун түз эле эки эсепте – дебеттелүүчү жана кредиттелүүчү эсепте чагылдырууга болот. Ар бир эсептин дебеттик айланымдарынын жалпы суммасы журнал-ордерлерде көрсөтүлөт да, ал журнал-ордерлер кредит боюнча эсептегичтер менен корреспонденцияланып, жыйынтыкталган түрүндө башкы китепке жазылат. Журнал-ордерлерде жана аларга тиркемелерде бугалтердик отчеттуулук үчүн даяр маалыматтар камтылат. Башкы китеп бир жылга ачылып жана чарбалык операциялардын дебеттик белгиси аркылуу синтетикалык счёттор боюнча жүргүзүлөт. Анда ар бир эсептөө боюнча баштапкы сальдо, корреспонденциялоочу эсептөөлөрдүн негизинде эсепке алынган ай үчүн дебеттик, кредиттик айланымдар – бир жолу жазуу менен (жалпы суммасы боюнча) аяккы сальдо келтирилет. Бул китеп боюнча эсептөөлөрдөгү жазууларды өз ара салыштырып текшерүү жүргүзүлөт. *Дебеттик* жана *кредиттик сальдонун* (баштапкы жана аяккы) суммасы, ошондой эле дебеттик жана кредиттик айланымдардын суммалары башкы китептин эсептери боюнча барабар болууга тийиш. *Бугалтердик эсептин жөнөкөйлөтүлгөн формасы чакан ишканалар* үчүн колдонулат да, мында сандары кыскартылган счеттордун жумушчу планы пайдаланылып, бардык операциялар чарбалык операциялар эсебинин китеби жана эмгек акы эсебинин ведомосту боюнча жүргүзүлөт. Мүлктүн эсебинин регистрлерин пайдалануунда төмөндөгүдөй ведомостторду пайдаланышат: негизги каражаттардын жана амортизациялык чегерүүлөрдүн эсеби; өндүрүштүк запастардын жана даяр продукциялардын эсеби; эсептешүүлөрдүн эсеби; сатуунун эсеби; жеткирүүчүлөр менен болгон эсептешүүлөрдүн эсеби; акча каражаттарынын эсеби; өндүрүп чыгаруу үчүн сарпталгандардын эсеби жана эмгек акы эсеби. Иш аракеттердин жыйынтыгы ай сайын *шахматке* дегенде жалпыланат да, анын негизинде *бугалтердик баланста* түзүү үчүн негиз болуп саналган айланым ведомосту түзүлөт.

ФРАНКО – ФРАНКО (ит. franko – бирдемеден бош, эркин) – *товарды сатып алуу-сатуу бүтүмдөрүндө* келишимде көрсөтүлгөн жайга чейинки транспорттук чыгымдарды сатуучу менен сатып алуучунун ортосунда бөлүштүрүүнү белгилөөчү коммерциялык термин. Франкодо көрсөтүлгөн жайга чейинки чыгымдарды жеткирүүчү мойнуна алып, калгандарын сатып алуучу төлөйт. Товарды жеткирүү боюнча жайын аныктоо жана милдеттенмелерин аткаруу жолун аныктап белгилөө үчүн жана жеткирүүчү менен керектөөчүнүн ортосундагы транспорттук (товарларды ташуу, жүктөө жана түшүрүү боюнча) каражаттарды бөлүштүрүү үчүн колдонулат. Франко чыгарып жөнөтүү баалары төмөндөгү-

дөй түрлөргө ажыратылат (жеткирип-тапшыруучудан керектөөчүлөргө чейин товарларды ташууга жана аларды жүктөөгө байланыштуу чыгымдарды төлөп ордун толтуруу эсепке алынуучу дүң баалардын түрү): жеткирип-тапшыруучунун франко-кампасы, бул учурда жеткирүүчүлөрдүн кампасына продукцияны ташуу жана жеткирүүгө байланыштуу чыгымдардын баарысын керектөөчү мойнуна алат; франко-вагон (баржа, кеменин борту) – жөнөтүү станциясы (порт, пристань) жеткирип-тапшыруучунун продукцияны вагонго (баржага, кемеге) жүктөгөнгө чейинки транспорттук бардык чыгымдарды камтыйт да, аны андан аркы ташууну сатып алуучу төлөйт; франко-вагон-станция арналышы – жеткирип-тапшыруучунун бардык транспорттук чыгымдарды станцияга чейинки арналышын төлөй тургандыгын көрсөтөт, ал эми вагондон жүктү түшүрүү боюнча чыгымдарды жана андан аркы ташып жеткирүүнү керектөөчү өз мойнуна алат ж.б.

ФРАНЧАЙЗЕР – ФРАНЧАЙЗЕР – белгилүү шарттарда ысымын, укуктарын жана маркаларын башка фирманын пайдалануусуна мүмкүндүк берүүчү соода маркасынын, соода ысымынын же автордук укуктардын менчик ээси. Мындай менчик ээси адатта ири *корпорациялар* эсептелет. Өзүнүн соода ысымын же маркасын башка компаниялардын пайдалануусу үчүн беришинин артыкчылыгына төмөндөгүлөр кирет: *франчайзиден* келип түшкөн төлөмдөрдүн, ошондой эле ал тарабынан операциялык чыгымдардын ага жүктөө эсебинен менчик *капиталдын* өсүшү; өндүрүш көлөмүнүн арбышы аркылуу үнөмдөө (франчайзер капиталды ачык филиалдарына салуу зарылдыгы келип чыкпагандыктан, өндүрүштү кеңейтүү мүмкүнчүлүгүнө аракет кылат); менчиктүү филиалдардын жана иштин абалына жоопкерчиликтүү жумушчулар менен болгон ынандыруунун *франчайзинде* көбөйүшү; иштеги келишпөөчүлүктөрдүн аздыгы. Мунун кемчиликтерине төмөндөгүлөрдү кошууга болот: *франчайзиге* кредит берүү зарылдыгы, бул өз кезегинде менчиктүү капиталдын көбөйүү мүмкүнчүлүгүн төмөндөтүп жибериши мүмкүн, *франчайзини* окутуунун жана текшерүүчүлөрдү кармап туруунун эсебинен чыгымдарды өстүрүп жиберет.

ФРАНЧАЙЗИ – ФРАНЧАЙЗИ – өзүнүн жеке менчиктүү иштерин жүргүзүү үчүн башка бирөөнүн соода маркасын, ысмын, автордук укугун белгилүү бир шарттарда пайдалануучу жеке менчик ээси. Бул, адатта кичирээк келген шериктеш *менчиктүү* же жеке менчиктүү ишканалар болуп саналат. Башка бирөөнүн соода атын же соода маркасын пайдалануунун артыкчылыктарына *башкарууга* жардам берүү, даяр *маркетинг* ыкмаларын пайдалануу (*базарды* изилдөө, жаңы продуктуларды ж.б.), финансылык жардам берүү (салыктык чыгымдарды каржылоо, кыска мөөнөттүү *кредиттерди* берүү) кирет.

Кемчиликтерине болсо *франчайзерге* түшкөн *пайданын* бир бөлүгүн берүү зарылдыгы (мисалы, төлөм формасында же сатылгандын пайызын төлөө) белгилүү бир өлчөмдө көз карандысыздыгын жоготот (адатта франчайзер стандартты так сактоого көп мажбурлайт да, операцияларды жөнөкөйлөтүүнүн эсебинен чыгымдардын кыскарышын анчалык жактырбайт), ошондой эле франчайзер менен келип чыгуучу пикир келишпөөчүлүктөр (мисалы, келишимдердин жаңыртылбагандыгы сыяктуу маселелерге байланыштуу чырчатактар).

ФРАНЧАЙЗИНГ – ФРАНЧАЙЗИНГ – *1)* Бир фирманын экинчи фирмага өзүнүн белгилүү товардык белгисин, технологиясын, ноу-хаусун базарда эскертилген чектерди пайдалануга укугун өткөрүп берүүнү болжолдоочу эки фирманын ортосундагы көп жылдык макулдашуу. *2)* Өкмөттүн же жергиликтүү бийликтердин атайын артыкчылыгы, ал фирмага белгилүү кызмат көрсөтүүгө, мисалы, кыштакты суу, электр менен камсыз кылууга, ооданичинде жүргүнчүлөрдү ташууга өзгөчө укук берүүнү камтыйт.

ФУНКЦИИ БИЗНЕСА – БИЗНЕС ФУНКЦИЯЛАРЫ – ишкерлер жана чарба чөйрөсүнүн башка элементтеринин ортосундагы өндүрүш жана алмашуу операциялары боюнча иш-аракеттерди жүргүзүү, ишке ашыруу. Алардан төмөндөгүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: финансы ишин жана эсепти жүргүзүү – *инвестчилер* жана *кредитчилер* эсебинен *капиталды* жумшоо, сатуудан киреше топтоо, финансыны башкаруу ж.б.; кадрдык иш-аракеттер – кызматкерлерди тандоо, аларды ишке алуу жана *бизнес* керектөөлөрүнө ылайык ишке орноштуруу, аларды пайдалануу боюнча бардык маселелерди чечүү; материалдык-техникалык камсыз кылуу – чарбалык иш-аракеттер үчүн зарыл чийки заттарды жана материалдарды, машиналарды, курал-шаймандарды, башка *каражаттарды* камдоо; өндүрүштүк иш-аракеттер – чийки заттар, материалдар ж.б. эмгек предметтерин ишканалардын кардарларына сатуу үчүн жарактуу продукцияга (*товар, буюмдар* ж.б.) айландыруу; *маркетинг – базар* кардарларынын муктаждыгын аныктоо жана ишкана менен *контрагенттин* ортосундагы алмашуу процессин башкаруу. Белгиленген функцияларга төмөндөгүлөрдү кошууга болот: ишкердикти колдоо – ишкердик ойтолгоолорду, демилгелерди жана башкаруу тажрыйбаларын жайылтуу *менеджменттин* функциялары болуп саналат; илим-изилдөө жана долбоорлоо иштери – жаңы технологиялык процесстерди, продукцияларды иштеп чыгуу жана сатуу боюнча иш-аракеттер; коомчулук менен байланыштар – ишкана менен коомчулуктун ортосундагы мамилелерди башкаруу же массалык маалымат аркылуу иш жүзүнө ашыруу.

ФУНКЦИИ РЫНКА – БАЗАР ФУНКЦИЯЛАРЫ. Чарба комплекс-

теринин, ишканалардын, уюмдардын өнүгүшүнө базардын таасир тийгизүү багыттары жана формалары базар функцияларынын өзөгү болуп саналат. Базар өндүрүштүн керектөөлөр менен болгон өз ара байланышын камсыз кылат да, мында товарга *сурамдарды* жана *тейлөөлөрдү* канааттандыруу, товарды сатуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү жана өндүрүштү материалдык-техникалык ресурстар жана жумушчу күчү менен камсыз кылуу сыяктуу маселелерди чечет. *Сурамды* канааттандыруу өндүрүштү кеңейтүүнү, ошондой эле баанын өсүү эсебинен жетишилет. Баа жөнгө салынбай эркин болуп турганда сурам менен тең салмактуулукка кыйла тез жетишет. Ал эми сатуу ишин ала турган болсок, базар алкагында сатууга кепилдик болбойт да, продукцияны сатууга толук мүмкүнчүлүктү гана түзөт. Мындай мүмкүнчүлүктү пайдалануу продукциянын сапатына, атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө, анын баа деңгээлине, маркетинг ишинин уюштурулушуна жана тейлөөнү жакшыртуу ж.б. тыгыз байланыштуу болот. *Атаандаштык механизми, сурам* менен *сунуштун* ортосундагы катыштын өзгөрүшү аркылуу базар өндүрүштүн өсүшүн, продукциялардын сапатын жана тейлөөлөрдү жакшыртууну, өндүрүш чыгымдарын төмөндөтүүнү кызыктырат. Базар коомдун өндүрүш пропорцияларына (шайкештигине) белгилүү деңгээлде таасирин тийгизип турат. Сурамдын өзгөрүү таасири астында ресурстардын (финансылык, материалдык, эмгек) бир тармактан экинчи бир тармакка, бир региондон экинчи бир регионго оошушу болуп турат. Мурдагы көлөмүн сактап турганда же ал көлөмү төмөндөп кеткенде да өндүрүштүн кээ бир тармактары тез өнүгөт. Базар экономикасы ишканалардын иш-аракеттеринин жыйынтыгын жана алардын продукцияларынын жана тейлөөлөрдүн жогорку сапаттуулугун камсыз кылуусун, сатып алуучуларды продукцияларды алуу боюнча канааттандырган шарттарды түзүү жөндөмдүүлүгүн объективдүү баалайт. Базар дайыма кеңири маалыматтык мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп турат. Көбүнчө *биржаларда, жарманкелерде, коммерциялык борборлордо* жана *соода үйлөрүндө товарлар* жөнүндөгү сурам, *баалар, акциялардын курстары* ж.б. тууралуу түрдүү жана бай маалыматтар топтолот. Бул маалыматтарды жалпылоо, талдоо жана пайдалануу түздөн түз базар мамилесине аралашкандарга, ошондой эле мамлекеттин экономикалык саясатына чоң пайда алып келет.

ФУНКЦИЯ ПОТРЕБЛЕНИЯ – КЕРЕКТӨӨ ФУНКЦИЯСЫ – жалпысынан реалдуу керектөө кирешелеринин же реалдуу накталай кирешенин эсебинен айрым жыргалчылыктарды пайдалануу деңгээлинин жалпысынан керектөөчүлөрдүн тобуна же жан башына карата орточо кирешенин өлчөмү боюнча айырмалануучу айрым үй-бүлөөлөр тобуна болгон көз карандылыкты белгилөөчү катыш.

ФУНКЦИЯ СБЕРЕЖЕНИЯ – САКТАМ ФУНКЦИЯСЫ – сактамдардын жалпы деңгээлинин калктын реалдуу кирешелерине көз карандылыгын белгилөөчү катыш.

ФУНКЦИЯ СПРОСА – СУРАМ ФУНКЦИЯСЫ – сурам көлөмүнүн, ага таасир тийгизүүчү факторлор тутумунан айрым товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө болгон көз карандылыгын чагылдыруучу функция. Мындай көз карандылык сурамдын жана керектөөнүн аналитикалык моделдеринде колдонулат жана калк кирешелеринин структурасы, товарларга баалар ж.б. факторлор жөнүндөгү маалыматтардын негизинде математикалык статистика ыкмаларын пайдалануу менен түзүлөт.

ФУНТ СТЕРЛИНГОВ – ФУНТ СТЕРЛИНГ – Улуу Британиянын акча бирдиги (Англияда 10-кылымдан, Шотландияда 1707-жылдан, Ирландияда 1825-жылдан тартып 1928-жыл аралыгында колдонулган), күмүш тыйын формаларына 10–19-кылымдан, алтын монетага 14-кылымдан тартып айландырылган, ал эми банкноттор 1694-жылдан тартып чыгарыла баштаган. Азыр дүйнөдөгү эң кадыр-барктуу акчанын бири болуп эсептелет. Ар фунт стерлинг 100 пенстерге бөлүнөт.

ФУРНИТУРА – ФУРНИТУРА (фр. fournir дегенден fourniture – жабдуу, жеткирүү) – өндүрүштүн кээ бир түрлөрүндө колдонулуучу көмөкчү (майда-чүйдө) материалдар; мисалы, саат фурнитурасы (айнектери, жебелери, дөңгөлөкчөлөрү ж.б. жабдуулары), өтүк фурнитурасы (мыктын, жиптин түрлөрү ж.б.).

ФУТУРОЛОГИЯ – ФУТУРОЛОГИЯ (лат. futurum – келечектеги, + ...гр. logos – түшүнүк, окуу, сөз) бүтүндөй адамзаттын жана коом турмушунун айрым чөйрөлөрүнүн келечектеги өнүгүшүн алдын ала көрө билүүнү максат кылуучу коомдук жана табигый илимдерге негизделген комплекстүү илим.

ФЬЮЧЕРС – ФЬЮЧЕРС (англ. futures, лат. futurum – келечек). *Кара. Фьючерс бүтүмү.*

ФЬЮЧЕРСКАЯ СДЕЛКА – ФЬЮЧЕРС БҮТҮМҮ. Товар же фонду биржасында бүтүмдөрдүн, соода келишимдердин бир түрү. Товарларды сатуу жөнүндөгү келишим келечекте ишке аша турганды-гын бышыктоочу сүйлөшүүлөр.

ФЬЮЧЕРСНЫЙ КОНТРАКТ – ФЬЮЧЕРСТИК КОНТРАКТ – товарды жеткирүү, сатуу же жеткирилген товарды кабыл алуу (келишимде көрсөтүлгөн шартка ылайык белгиленген мөөнөттө сүйлөшүлгөн баа боюнча товарды тиешелүү санда сатып алуу) келишим-шарты. Фьючерстик контракттар базарларда *баалуу кагаздар* катары сатылат жана сатып алынат.

ФЫНЬ – ФЫНЬ – Кытай Эл Республикасынын юанынын жүздөн бир бөлүгүнө жана дзяонун ондон бир бөлүгүнө барабар келген майда тыйыны.

Х

ХАЙРИНГ – ХАЙРИНГ (англ. hiring – ижарага берүү, жалга күчүн пайдаланууга берүү) – мүлктү (машиналарды жана курал-шайман жабдууларды ж.б.) орто мөөнөттүк *ижарага* берүү; экспортту кредиттөө формаларынын бир түрү, мында ижарачыга товарга менчиктик укук берилбейт. Кыска мөөнөткө берилүүчү ижара *рентинг*, узак мөөнөттүк ижара – *лизинг* деп аталат.

ХЕДЖ – ХЕДЖ (англ. hedge – жандуу кашаа) – келечекте баанын күтүүсүздөн өзгөрүү коопсуздуулугун камсыздандыруу. Бул мындай күмөн саноону арылтууга аракет кылынган нуктагы келишим; баанын шалк этип төмөн түшүп кетишин алдын алуу үчүн көрө билип алдын ала белгилүү мөөнөткө түзүлгөн *бүтүм*.

ХЕДЖЕВЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ – ХЕДЖ КОЭФФИЦИЕНТИ. Оптималдуу хеджерлөөнү камсыз кылуучу *фьючерс* менен *накта позицияларынын* ортосундагы карым-катыш.

ХЕДЖЕР – ХЕДЖЕР (англ. hedger – колдоочу, камкорчу) – фьючерстик биржада *хеджерлөө* (камсыздандыруу) операцияларын ишке ашыруучу кез-келген ишкана (фирма, банк, фермер, ишкер же башка чарба жүргүзүүчү субъект). Ага, адатта, салыктык жеңилдик режими, ошондой эле фьючерстик келишимдерде кепилденген *депозиттер* жана *маржа* менен жабуу ыйгарылат. Сатып алуу менен хеджерлөөнү ким ишке ашыра турган болсо, адатта, ал муну товарды же башка баалуулукту келечекте алуу менен жасайт. Ал эми кимде-ким сатуу менен хеджерлөөнү ишке ашыра турган болсо – базардагы аныктоварды сатууну бышыктап же запаста кармап турат. Ошондуктан биржада келечекте баанын төмөндөп кетүү оош-кыйыштыгынан камсыздандыруу менен соодасын жүргүзөт.

ХЕДЖИРОВАНИЕ – ХЕДЖЕРЛӨӨ (англ. hedging – колдоо) – *камсыздандыруунун бир түрү*, кампаларга жайгаштыруудан келип чыккан жоготууларды жана *пайданын* келечекте баанын түрдүү өзгөрүлүп өйдө-төмөн түшүүсүнүн кесепетинен болуучу кемишин келишим түзүү менен минимумга келтирүү, биргелешип калыбында кармоого аракет кылуу. Бирок мында мөөнөттүү жана накта эсептешүүлөр операцияларында бир катар ача пикирлер келип чыгышы мүмкүн. Ал өнөр жай жана соода фирмаларынын адаттагы *коммерциялык* иш-аракеттерине же *банктардын, камсыздандыруу компаниялардын, пенсиялык фондулардын* ж.б. финансылык операцияларына кошумча түрүндө ишке ашырылат жана *фьючерстик контракттарды* сатып

алуу же сатуу менен аякталат. Ошентип, баанын өзгөрүүлөрүнөн зыян тартуу *фьючерстер* боюнча компенсацияланып, мына ушунун жыйынтыгынан улам бүтүм жасагандардын тобокелге салуу өлчөмүнүн азайышына шарт түзүлүп, коммерциялык операциялардын натыйжалуулугун жогорулатат.

ХОЗЯИН – КОЖОЮН – *1*) ээлөөчү, ээлик кылуучу; *2*) жеке жалдоочу; *3*) чарбалык ишти жүргүзүүчү инсан (чарбакер); *4*) бийлик башындагы бөлүштүргүч.

ХОЗЯЙСТВЕННАЯ АССОЦИАЦИЯ – ЧАРБАЛЫК АССОЦИАЦИЯ. Өндүрүштүк жумуштарды биргелешип аткаруу максаты менен түзүлүүчү келишимдик негиздеги ишканалардын бирикмеси; мында *концери* сыяктуу ишканаларга анчалык олуттуу чектөөлөр коюлбайт да, чарбалык ассоциациянын мүчөлөрү бирөөлөрдүн макулдугусуз эле башка келишимдик бирикмелердин курамына кире алат.

ХОЗЯЙСТВЕННЫЙ РАСЧЕТ – ЧАРБАЛЫК ЭСЕП – чыгымдарды жана чарбалык иш-аракеттердин жыйынтыгын акчалай өлчөмдөөгө негизделген, чыгымдарды менчик кирешелери менен кайырган чарбалык ыкма. Аны уюштуруу төмөндөгүдөй принциптерге негизделет: оперативдүү-чарбалык өз алдынчалуулук, ишкананын чыгымын, башка жактан жардам албастан өз тапкан пайдасы менен жабуу жана рентабелдүүлүккө жетишүү, өзүн-өзү финансылоо, *материалдык кызыктыруу* жана жоопкерчиликтүүлүктү сактоо, сомду көзөмөлдөө. Оперативдүү-чарбалык өз алдынчалык чарбалык уюмдардын (фирмалардын, ишканалардын ж.б.) салыштырмалуу мүлктүк обочолонгондугу менен шартталат. Мында чарбалык эсептеги ишкана негизги жана айланым каражаттары бөлүнгөн, өз алдынча чарбалык бирдик катары чыгып, өндүрүш процессин материалдык ресурстар менен жабдууну, продукцияны сатууну өз алдынча уюштуруп, банкта өзүнүн эсепкысабы жана *юридикалык* жак катары тиешелүү укуктарына ээ болот. Өзүнүн жумшаган чыгымын өзү актоо жана рентабелдүүлүккө жетишүү өндүрүш чыгымдарын менчиктүү каражаттардын эсебинен төлөп ордун толтуруу жана зарыл өлчөмдөрдөгү *пайда* алууну туюнтат. Өзүн өзү финансылоо – ишкана жөнөкөй жана кенейтилген кайра өндүрүп чыгарууга жумшалган чыгымдардын баарысын өзүнө тиешелүү менчик каражаттарынын эсебинен жапкандыгын билгизет. Материалдык кызыктыруучулук чарбалык иш-аракеттердин натыйжаларын экономикалык жана материалдык жактан стимулдаштырууну божомолдоп карайт. Ишкана өзүнүн иш-аракеттеринин жыйынтыгы үчүн, жеткирип-тапшыруучулардын, керектөөчүлөрдүн, кредиттик-финансылык уюмдардын, мамлекеттин (бюджет) алдында милдеттенмелердин аткарылышы үчүн материалдык жоопкерчиликтүү болуп эсептелет. Милдеттенме-

лердин аткарылбагандыгы санкциялар жана зыяндар милдеттүү түрдө түздөн-түз чарбалык иш-аракеттердин негизинде алынган натыйжага киргизилип, түшкөн пайданын эсебинен төлөнөт да, бул өз кезегинде ишкананын финансылык иш-аракеттеринин натыйжасына олуттуу таасирин тийгизет. **Системалуу акча көзөмөлү** (сомду көзөмөлдөө) жогорку деңгээлдеги башкаруу уюмдары, кредиттик-финансы жана салык органдары тарабынан ишке ашырылат. Базар мамилелеринин шартында чарбалык эсеп толук чарбалык өз алдынчалыкты камтыган жана өндүрүштүк программа түздөн-түз базардык *сурамдын* таасири менен калыптанган чарбалык эсепти, көбүнчө *коммерциялык эсептин* өзөгүн түзөт. Мына ушунун өзү экономикалык (ошонун ичинде материалдык да) жоопкерчилик, чарбалык тобокелдик, өндүрүлүүчү продукцияларга чарбаны жүргүзүү субъектисинин ээлик кылуучулугу, өндүрүш каражаттарына ээ болуу ж.б. болуп саналат. Эгерде материалдык жоопкерчиликтүүлүк түз зыяндарды өнөктөргө кирешенин же пайданын, калдыктардын эсебинен төлөп ордун толтурууну камтыса, анда экономикалык жактан жалаң гана акча каражаттары эмес, ошону менен бирге менчигиндеги түрдүү мүлктөрү менен да төлөп кутулууга туура келет да, ушундай жагдай *банкрот* болууга кыйла көмөктөшөт. Экономикалык жоопкерчиликтүүлүк социалдык жагдай менен толукталып турат; ал ишкананын аброюн арттырып же тескерисинче аны төмөндөтүп, же жоготуп коюшу да мүмкүн.

ХОЗЯЙСТВО – ЧАРБА – чарба ишин, жашоо-тиричиликти камсыз кылуу шартын жана каражаттарын калыптандыруу, колдоо, жакшыртуу үчүн адамзат тарабынан пайдаланылуучу табигат ресурстары жана адам эмгеги менен жасалган каражаттарынын жыйындысы; *1*) өндүрүштүк бирдик; *2*) өндүрүш, экономика; *3*) өндүрүш жабдуулары.

ХОЗЯЙСТВО, БУХГАЛТЕРСКОЕ – БУГАЛТЕРДИК ЧАРБА – регистрация каражаттары жана бугалтердик маалыматтарды сактоо; бугалтердик эсеп-чот процесси.

ХОЗЯЙСТВО, НАРОДНОЕ – ЭЛ ЧАРБАСЫ – тигил же бул өлкөнүн экономика тармактарынын жана чөйрөлөрүнүн коомдук эмгектин бөлүнүштөрү менен тыгыз байланыштагы жыйындысы. Базар экономикасынын шартында бул терминдин түпкү мааниси бир топ өзгөрүлүп кетти. Анткени, талкаланып жок болгон СССРдин экономикасынын негизи элдик байлык, улуттук потенциал катары эсептелип келген. Ошондуктан бул терминди Кыргызстандын азыркы шартында "Эл чарбасы" эмес "Чарба комплекси" деп алуу менчиктүүлүктүн уңгусун туура аныктоого толук мүмкүнчүлүк түзөт. Анткени мүлктүн көбү "элдик" эмес жеке менчикке өтүп кеткендиги анык.

ХОЗЯЙСТВУЮЩИЙ СУБЪЕКТ – ЧАРБА ЖҮРГҮЗҮҮЧҮ (ЧАРБАКЕР) СУБЪЕКТ – чарбалык

иш-аракеттер менен кесип кылган *юридикалык* же *жеке жак*. Бул *товарларды* сатууну же алууну, тейлөө көрсөтүүнү жана жеке менчиктүү, мамлекеттик ж.б. ишканалардын, ошондой эле алардын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн, *акционердик коомдордун* ж.б. *шериктештиктердин, союздардын, ассоциациялардын, концерндердин*, ишканалардын тармак-аралык, регионалдык ж.б. бирикмелеринин, уюмдардын жана мекемелердин, *банктардын, товардык* жана *фондулук биржалардын, инвестициялык, пенсиялык фондулардын* ж.б. бирикмелердин, өз алдынча *ишкердик* менен иш алып баруучу жарандардын иштеринин аткарылышын иш жүзөгө ашыруучу өндүрүш. Ошондуктан чарба жүргүзүүчү субъект (чарбакер) индивидуум же алардын тобу (ассоциация) катары чыга алат. Биринчи кезекте ал өзүн жеке эмгек нугундагы иш-аракеттери, өзүмдүк фирмалардын иштеши аркылуу чарбачылык деңгээлинде көрсөтөт. Ал эми экинчи кезекке орток иш-аракеттер, өнөктүк, ишкердик ж.б. структуралар аркылуу көрсөтөт. Ал структуралар адамдын экономикалык жагынан активдүүлүгүнүн минимум катары эки чөйрөсүн, тагыраак айтканда жыйынтыкталган продуктуларды керектөөнү жана тейлөөнү, материалдык өндүрүштү чагылдырат. Экономикалык кызыкчылыктан тышкары чарба жүргүзүүчү субъект укук, адеп-ахлак жана этикалык баалоо нормаларына, карым-катнаш жасоого жана иштиктүү активдүүлүккө ээ болушу керек.

ХОЛДИНГ – ХОЛДИНГ (англ. holding – ишканага катышуудан келип чыккан ижараланган участок, *актив*, укук) – көзөмөлдүк кылууну орнотуу максаттарында ар кандай компаниялардын (фирмалардын, ишканалардын ж.б.) акцияларынын көзөмөлдүк пакеттерин алуудан турган ишкердиктин иш-аракеттеринин бир түрү. Бул көбүнчө ири *инвестицияны* талап кылат да, бир нече *юридикалык* жана *жеке жактардын* каражаттарын (капиталын) бириктирүүнүн негизинде ишке ашырылат. Мунун концерндерден айырмачылыгы – холдинг мүчөлөрүнүн ортосунда дайыма *атаандаштык* болуп турат.

ХОЛДИНГОВАЯ КОМПАНИЯ – – ХОЛДИНГ КОМПАНИЯСЫ – өзүнүн капиталын башка компаниялардын жана фирмалардын *акцияларынын көзөмөлдүк пакеттерин* алуу үчүн пайдаланган *акционердик компания*; анын негизги максаты алардын юридикалык жана оперативдүү экономикалык өз алдынчалуулугун сактоо менен аларга (компанияларга, фирмаларга) көзөмөлдүк, финансылык-кредиттик ж.б. функцияларды белгилөө болуп саналат. Адатта, ал туунду ишканалардын акцияларынын көзөмөлдүк пакетине ээ болуучу жана башкарууга адистештирилиши жактан кандайдыр бир орчундуу финансылык топтошуунун, монополиянын башкы компаниясы болуп эсептелет. Албетте холдинг өзүнүн монополиясынын келечектүү узак мөөнөттүү абалын бекемдеп мыкты-

лоо максатында инвестициялоону ишке ашыра тургандыгы табигый көрүнүш, ал эмес кээде абалын бекемдеп жакшыртуу үчүн бир далай пайданы алуудан баш тарткан учурлары да болот. Мындай компаниялардын пайда болушу биринчи кезекте менчиктин акционердик формасынын өнүгүшүнүн жогорку деңгээлде болушу менен байланыштуу; мыкты өнүккөн менчиктин акционердик формасы компаниялардын (кошкон салымдары боюнча ар кандай) капиталдарын кошуп бириктирбей туруп эле, алардын функционалдык өз ара аракеттерин түздөн түз ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Холдинг тутуму бирдиктүү бирден бир борбордун жетекчилиги менен иш-аракеттеринин кызыкчылыгы жана чөйрөсү боюнча бир кыйла айырмаланган стратегиялык чечимдерди кабыл алууга бириктирүүгө мүмкүндүк берет. Мында холдинг компаниясы түздөн-түз өндүрүштө иш жүргүзбөй жана продукцияны (*товарлар, жумуштар, тейлөөлөр*) сатуу иштерине катышпай туруп эле, экономиканын ар кандай тармактарына тиешелүү жана түздөн-түз *өндүрүштүк корпорация* менен байланышсыз ишканаларды бириктирет. Компаниянын максаты бардык тутумдун жана ар бир звенону өзүнчө бөлөк иш-аракеттерин багыттоо, көзөмөлгө алуу, мына ошону менен алардын пайдасын шайкеш келтирүүгө жетишүү болуп саналат. Биринчи кезекте экономикалык жактан ийгиликке жетишүүгө жана жетиштүү өлчөмдөгү натыйжа алууга ылайыкташтырылган мындай уюм структураны бардык деңгээлдерде – *ишкана, фирма, корпорация, концерн* ж.б. өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет. Холдинг компаниясынын өзүнчө бөлөк звено үчүн жетишүү өтө кыйын болуучу максатты ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү болот. Буларга негизинен холдинг фирмалар жана компаниялар аркылуу өз ара байланыштагы бир кыйла сарамжалдуу өндүрүштүк структураларды түзүү, келечектүү технология үлгүлөрүн ишке киргизүү жана колдонуу, ойдогудай калыптануучу *базар конъюнктураларын* (структуранын ар кандай учурунда калыптануучу экономикалык шарттардын жана факторлордун жыйындысын, товардын *сурам* жана *сунуш* экономикасын) оперативдүү пайдалануу, *капиталдык салымдарды* бир кыйла көлөмдөрдө ишке ашыруу, жаңы тышкы экономикалык байланыштарды уюштуруу, кредиттөөнүн алгылыктуу режимин камсыз кылуу ж.б. кошууга болот. Холдинг компаниясы *орток өндүрүштүк кооперациялар*, маркетинг, техникалык изилдөөлөр ж.б. менен өз ара байланыштуу *орток ишканаларды* түзүүдө өзгөчө ролду аткарат. Холдинг компаниясы ар кандай уюштуруу формаларына, тагыраак айтканда *жоопкерчиликтүүлүгү чектелинген коомго*, жеке менчиктүү жана мамлекеттик компанияларга ээ боло алат. *Акционердик коом* катары уюштурулган холдинг бир кыйла кеңири жайылган түрү болуп эсептелет. Мамлекеттик холдинг компанияларынын, мисалы акционердик коомго кайра түзүлгөн

ишканалардын (*фирмалардын, компаниялардын*) акцияларынын бөлүгүйгарыла турган тармактык министрликтердин негизинде пайда болушу базардык чыныгы институттарын салыштырмалуу тез калыптандырып, *акционердик капиталдын* жүгүртүлүшүн ылдамдата алат. Холдинг компанияларынын функцияларын менчиктештирилген ишканалардын акцияларын алуучу жана аларга көзөмөлдүк, финансы-кредиттик ж.б. функцияларды белгилеп жүргүзүүчү кээ бир биржалар, брокерлик компаниялар да аткарышат.

" ХРОМАЯ УТКА" – "АКСАК ӨРДӨК" – *1)* Оор финансылык абалдагы жана мамлекеттин колдоосуна муктаж болуучу компания. *2)* Түзүлгөн бүтүм боюнча милдеттенмени аткарууга жөндөмсүз фирма же жеке тарап.

Ц

ЦЕДЕНТ – ЦЕДЕНТ (лат. cedere – жол берүү, көнүү) – *1) вексель* же башка милдеттенме боюнча үчүнчү инсанга акчаны алууга укук берүүчү адам; *2)* тобокел кылууну кайрадан жайгаштырууну ишке ашыра турган камсыздандыруучу; б.а. тобокелдикти кайрадан камсыздандырууга берүүчү инсан.

ЦЕЛЕНАПРАВЛЕННОСТЬ – МАКСАТТУУЛУК – ачык-айкын так коюлган максат.

ЦЕЛЕНАПРАВЛЕННОСТЬ КРЕДИТОВАНИЯ – КРЕДИТТӨӨНҮН МАКСАТТУУЛУГУ – кредиттин максаттуу колдонулушун жана үнөмдүү пайдаланылышын кредитчи менен макулдашууну туюнтуучу кредит берүү принциби.

ЦЕЛОСТНОСТЬ ДОКУМЕНТА – ДОКУМЕНТТИН БҮТҮНДҮГҮ – төлөм документин автордун урукатысыз же күтүүсүз өзгөртүүнүн мүмкүн эместиги.

ЦЕЛЬ ИНВЕСТОРОВ – ИНВЕСТОРЛОРДУН МАКСАТЫ – инвесторлор өзүнүн *баалуу кагаздарын* сактоого жайгаштырып, төмөндөгү максаттарды көздөйт: салган салымдарынын коопсуздугуна, киреше-лүүлүгүнө, өсүшүнө, өтүмдүүлүгүнө жетишүү.

ЦЕНА – БАА – товардын (продукциянын, буюмдун, ж.б) наркынын акчалай туюнтулушу. Баа *өндүрүш чыгымдарынан* жана авансыланган капиталдан түшкөн орточо пайда өлчөмү. Бул *сурамга* жана *сунушка*, ошондой эле башка факторлорго байланыштуу калыптанат. Алардын негизги түрлөрүнө *сатылар баа, чекене баа* жана *дүңүнөн сатып алуу баасы* кирет. Баа эркин болушу мүмкүн, өндүрүштүн чыгымдарынын жа-

на *сурам* жана *сунуштардын, дүң* жана *соода үстөктөрүнүн, жеткирип-тапшыруу* шарттарынын, базар төлөмдөрүнүн, *конъюнктураларынын*, сезондук сурам ж.б. факторлордун негизинде ишкана же башка *чарба жүргүзүүчү субъект* тарабынан калыптанат; белгиленген баа (жөнгө салынып турууучу баа) – *баа чыгаруу* органдары тарабынан белгиленет (жөнгө салып туруу, мисалы баанын жогорку деңгээлин белгилеп коюу же алардан тиешелүү четтөөлөрдү белгилөө жолу менен ишке ашырылышы ыктымал, ал эми эл керектөөчү товарлардын баасы *рентабелдүүлүктүн* нормативин, соода үстөктөрүнүн ставкаларын ж.б. белгилөө жолу менен аныкталып коюлат); келишимдик баа (эркин баанын ар кандай түрү) – сатып алуучу менен сатуучунун ортосундагы келишимде белгиленет. Ошондой эле *прейскуранттык баалар* болуп да ажыратылат (алар белгиленип коюлат); прейскуранттык баалар баа чыгаруу органдар, алардын тийиштүү өкүлдүктөрү тарабынан белгиленип, атайын жыйнактарга – прейскуранттарга киргизилет; прейскуранттар баанын деңгээлин жана алардын колдонулуу шарттарын ырастаган официалдуу документ болуп саналат; товардын номиналдык баалары – прейскурантта же товардын өзүндө көрсөтүлгөн баалар; сатып алуучунун (же сатуучунун) койгон баасы – сатып алуу-сатуу бүтүмдөрү ишке ашырылуучу базарда товарды дүңүнөн сатып алуунун (сатуунун) иш жүзүндөгү акчалай суммасы; өзгөрүлмөлүү баа – сурам жана сунуштун катыштарына жана базардын тийиштүү товар менен камтылышына байланыштуу бара-бара төмөндөшү же жогорулашы белгиленүүчү баа; узак убакыттык баа – узак мезгил бою өзгөрүүлөргө анчамынча гана дуушар болуп, негизинен туруктуу абалды сактап турган баалар; ийкемдүү баалар – базарда сурам жана сунуштун катыштарынын өзгөрүүлөрүн (төмөндөө жана ошондой эле жогору көтөрүлүү жагын) тез кабылдай турган баалар ж.б. көптөгөн түрлөрү болот. Конкреттүү товарга болгон баанын чеңеми базардын мүмкүнчүлүктөрүнө, анын түрүнө, сыйымдуулугуна, башка факторлорго жана максаттарга байланыштуу болот. Практика жүзүндө *баа чыгарууда* аны калыптандыруунун төмөндөгүдөй максаттарын ажыратып көрсөтүүгө болот: сатууга багыттоо, мында өндүрүп чыгаруучу (даярдоочу, сатуучу) базарда үлүшүн кыйла арбытууга, сатуу көлөмүнүн өсүшүнө ынтызар болот; пайда табууга багыт алуу, б.а. аны эң арбын алуу; тиешелүү жагдайга багыттоо, мында өндүрүп чыгарууга таасирин тийгизүүчү сырткы чөйрөнүн (мисалы, *атаандаштардын, салык салуунун* ж.б.) тийгизген терс таасирлеринен түрдүү ыкма менен кутулууга умтулат. *Кара. Цена биржевая – Биржалык баа, Цена контрактная – контрактык баа.*

ЦЕНА БАЗИСНАЯ – БАЗИСТИК БАА – товардын сапат көрсөткүчтөрү менен белгиленген *баасы* (*контракттык, прейскуранттык* ж.б.). Базалык товарлардан параметрлери менен айырмаланган товарды жеткирип-тапшырууда баанын деңгээли базистик баага карата товардын сапатындагы өзгөрүүлөр эсепке алынуучу кошумча-үстөктүн жана арзандатуу жардамы менен аныкталып белгиленет. Бул термин менен салыштыруу базасы үчүн кабыл алынган термин да аталат (мисалы, чарбалык иш-аракеттерди, рентабелдүүлүк деңгээлин анализдөөдө, индекстерди эсептөөдө ж.б. учурларда).

ЦЕНА БИРЖЕВАЯ – БИРЖАЛЫК БАА – *биржадагы* (биржалык сооданын жүрүшүндө) *сурам* жана *сунуштун* катыштарынын негизинде сатылуучу товарларга жана тейлөөлөргө коюлган баа. Сунуштун жана сатып алуунун баасы болушу да ыктымал. Биржанын бюллетендерине, адатта сунуштардын баасы жана сатып алуу же сатылуучу орточо баасы басылып чыгарылат.

ЦЕНА ЗАКУПОЧНАЯ – ДҮҢ БАА – мамлекет ички базардан айыл чарба продукцияларын дүңүнөн сатып алууда колдонулуучу дүң баанын түрү. Дүңүнөн сатып алуу баасы продукциянын сапаттарына байланыштуу жана базардын географиялык сегментацияланышын эсепке алуу менен жиктелет.

ЦЕНА ЗЕМЕЛЬНОГО УЧАСТКА – ЖЕР БӨЛҮГҮНҮН БААСЫ – мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктар үчүн тигил же бул жер бөлүгүнөн алынуучу акы. Сатып алуучу бааны аныктоодо ага тиешелүү жер бөлүгүнөн жана ал аянтта жайгашкан кыймылсыз мүлктүн базардык наркы, ошондой эле ошол жер бөлүгүнөн алынган жер эсинин үчүнчү жакка карата өзүнүн милдеттенмелеринин мөөнөтүнөн мурда токтотулганына байланыштуу тартkan зыянды, анын ичинде алынбай калган пайданы камтуу менен бардык зыяндар кошулат.

ЦЕНА КАФ – КАФ БААСЫ – *товарды* ташуу боюнча чыгымдарды толугу менен камтыган баа. Мында камсыздандыруу боюнча чыгымдар эсепке кошулбайт.

ЦЕНА КОНТРАКТНАЯ – КЕЛИШИМДИК БАА – товарды сатып алуу-сатуу боюнча *бүтүмдө* такталып белгиленүүчү баа. Келишимдин шарттарына байланыштуу келишимдик баа туруктуу болушу ыктымал, б.а. келишимге кол коюу маалында белгилүү бир деңгээлде бышыкталган болушу мүмкүн; кийин белгиленип коюлуучу баа да болот, анда макулдашылган тараптар келишимдеги мөөнөттөрдө ишке ашырып жана ымыралашып келишимге келишкен белгилүү бир булактардын негизине таянат; өзгөрүлмөлүү баа – контрактын иш-аракетинин, баалардын өзгөрүлүү формуласы менен макулдашылган тараптарга ылайык, мезгил боюнча өзгөрүшү.

ЦЕНА ЛИЦЕНЗИИ – ЛИЦЕНЗИЯ БААСЫ – азыркы базар экономикасынын дүйнөлүк чарба шартында технологиянын пайдалуулугунун же керектөөчүгө лицензия боюнча берилүүчү технологиялык билимдин

жалпылоочу көрсөткүчү. Лицензия баасынын өзөгүн заказчы лицензия предметин өндүрүштө пайдалануу мезгилинде алууга мүмкүн болгон кошумча кирешенин өлчөмү түзөт.

ЦЕНА ЛЬГОТНАЯ – ЖЕҢИЛДЕТИЛГЕН БАА – продукциянын айрым түрлөрүнүн керектелишин стимулдаштыруу максатында же керектөөчүлөрдүн айрым топтору үчүн төмөн деңгээлде белгиленип коюлуучу *баа*.

ЦЕНА ЛЮБИТЕЛЬСКАЯ – "СҮЙМӨНЧҮКТҮҮ" БАА – сатып алуучу өзгөчө ынталуулугу үчүн белгиленип коюлуучу баа (мисалы, коллекционер үчүн өзгөчө баалуу болуп эсептелинген коллекциялык буюмдардын баасы, почта маркаларынын баасы ж.б.).

ЦЕНА МИНИМАЛЬНАЯ – МИНИМАЛДУУ БАА – белгилүү бир базарда тийиштүү товарга белгиленип коюлган баанын төмөн деңгээли.

ЦЕНА МИРОВОГО РЫНКА – ДҮЙНӨЛҮК БАЗАР БААСЫ – үзгүлтүксүз мүнөзгө ээ болгон жана эркин алмашылуучу валютада төлөмдөрдү алдын ала кароочу ири экономикалык экспорттук же импорттук өзүнчө бөлөк операцияларды ишке ашыруучу баалар.

ЦЕНА НАЧАЛЬНАЯ – БАШТАПКЫ БАА. Товар эсинин сатууга аукционго сунуш кылынган товар партиясына белгиленип коюлган минималдуу же максималдуу баа. Баштапкы бааны сооданын башталышында аукциончу жарыялайт.

ЦЕНА "НОУ-ХАУ" – "НОУ-ХАУ" БААСЫ – *"ноу-хаунун"* пайдалуулугунун жалпылоочу көрсөткүчү. Өзүнүн төлөм негизи жана формасы боюнча лицензия баасына окшош болот. Ноу-хауну өндүрүштө пайдалануунун натыйжасында сатып алуучу алган кошумча пайданын бөлүгүн сатуучуга берүүнүн эсебинен калыптанат. Ноу-хаунун иш жүзүндөгү баасы *паушалдык төлөм* түрүндө же болбосо ноу-хауну берүү жөнүндөгү келишим иш-аракетте болуп тургандагы мезгил үчүн сатып алуучуга төлөнүүчү *роялтиниң* сумасы түрүндө туюнтулат.

ЦЕНА ОБЩАЯ – ЖАЛПЫ БАА – *1*) ар кандай компоненттерден, материалдардан түрдүү сорттогу, өлчөмдөрдөгү предметтерден туруучу сатылып алынган товардын чогундусунун баасы. *2*) бардык чыгымдарды камтыган баа.

ЦЕНА ОПТОВАЯ – ДҮҢ БАА – ири партиялар менен (дүңүнөн) сатылуучу товарга белгиленип коюлуучу *баа*. Адатта товардын чоң партиясынын баасы майдаларга караганда төмөн жана чекене баалардан алда кайда төмөн болот.

ЦЕНА ОТПУСКНАЯ – ӨТКӨРҮҮ БААСЫ – *1*) ишкана (бирикме) же сатуучу уюм продукцияны керектөөчүгө сата турган *баа*; *2*) айрым даярдоочу уюмдар өткөрүп бере турган продукциянын баасы. Тараптардын макулдашып келишүүсү боюнча аныкталып белгиленет же бул бааларды регистрациялоочу *баа чыгаруу* органдары тарабынан декларацияланат. Даярдоочулар (сатуучулар) ошол эле бир продукциянын (товар) баасынын ар кандай деңгээлин сатып алуучу менен макулдашып келишүү аркылуу белгилешет, мында алар товарды жеткирип-тапшыруу шарттарына, төлөмдөргө, *базардын конъюнктураларына*, мезгилдик сурамдарга негизделет.

ЦЕНА ПАУШАЛЬНАЯ – ПАУШАЛДЫК БАА – сортуна, сапатына байланышы болбогон товардын бардык санынын баасы.

ЦЕНА ПОТРЕБЛЕНИЯ – КЕРЕКТӨӨ БААСЫ – тигил же бул керектөөчүнүн базарда белгилүү товар же кызмат көрсөтүү үчүн төлөөгө даяр болуп калган баасы.

ЦЕНА ПРЕЙСКУРАНТНАЯ – ПРЕЙСКУРАНТТЫК БАА – *1*) Көпчүлүк учурларда номиналдык же мурда түзүлгөн бүтүмдөрдүн иш жүзүндөгү баасынын деңгээлин чагылдыруу менен фирманын прейскурантына камтылуучу товардын баасы. Бул келишимдик бааны аныктоодо баштапкы чеги катары сатуучу жана сатып алуучу үчүн колдонулат. *2*) Баа түзүүчү мамлекеттик орган же ишкана, бирикме, *концерн* ж.б. тарабынан аныкталуучу белгиленген баа. Эгер прейскуранттык бааны мамлекеттик орган белгилесе, анда жөнгө салынуучу баалар категориясына кирет жана төмөнкү учурларда пайдаланылат: *1*) Өндүрүүчү базарда монополиялык абалды ээлегенде; *2*) Продукция (ресурстар) экономика үчүн олуттуу мааниге ээ болгондо; *3*) Продукция социалдык мааниге ээ товарлардын категориясына кирген учурда. Прейскуранттык баа атайын жыйынтыктарга кошулат да, анда баанын деңгээли жана аларды колдонуу шарттары көрсөтүлөт.

ЦЕНА РАСЧЕТНАЯ ВНУТРИФИРМЕННАЯ – ФИРМАЛЫК ИЧКИ ЭСЕПТИК БАА – ишканалардын, ошону менен бирге ар кандай өлкөлөрдө жайгашкан ишканалардын бөлүмдөрүнүн ортосундагы товар алмашууда пайдаланылуучу *баа*. Мындай баалар адатта базарда түзүлүүчү баалардан байкаларлыктай айырмаланып жана конфиденциалдуу (жарыяланбайт, элге жайылтып, таратып жиберилбейт) деп эсептелинет. Көпчүлүк учурда алар пайданы манипуляциялоо жана аны салык мыйзамдары бир кыйла жеңил болгон өлкөгө которуу максаттарында пайдаланылат. Мындай баалар, адатта, улуттук фирмалардын ошого окшогон продукциясынынкына караганда төмөн болот. Мына ушунун өзү салык салуунун көлөмүн төмөндөтүп, көбүнчө ири компаниялар тарабынан пайдаланылат жана базардык бааларга салыштыруу жолу менен салык кызматкерлери тарабынан айкындалып, техникалык татаал буюмдарга, тейлөөлөргө жана финансылык операцияларга жайылтылат. *Кара. Цены трансфертные – трансферттик баалар.*

ЦЕНА РОЗНИЧНАЯ – ЧЕКЕНЕ БАА – белгиленип коюлган же эркин *баа*, ошол баа боюнча товар сатылат. Белгиленген бааны – баа чыгаруу органдары белгилеп коёт, ал эми эркин баа болсо, соода ишканалары тарабынан калыптандырылат.

ЦЕНА "УСПОКАИВАЮЩАЯ" – "ТЫНЧТАНДЫРУУЧУ" БАА – сатуучу тарабынан, адаттагы базар алкагындагы калыптанган баадан атайлап эле анча-мынча төмөндөтүлүп коюлуучу баа (мисалы, 3,0 миндин ордуна 2950 сом); товар сатып алуучуларды, жалпы эле кардарларды кылдат тартуу максатында, көбүнчө чекене соодада пайдаланылуучу психологиялык ыкма.

ЦЕНА ФАКТИЧЕСКАЯ – АНЫК БАА – *бүтүм* иш жүзүнө ашырыла турган баа. *Базарда* сатып алуучу жана сатуучу бир пикирге келип, толук аныкталып, такталган баа.

ЦЕНА ФАКТИЧЕСКИХ СДЕЛОК – АНЫК БҮТҮМ БААСЫ – келишимде тиешелүү тараптар белгилеп такталган продукцияны сатып алуу-сатуу *баасынын* ар кыл түрүнүн бири. Иш жүзүндөгү бүтүм баасы товарды сатуунун конкреттүү шарттарын чагылдырат да, бул баа накта *коммерциялык операциялардын* баасы болгондуктан, тышкы экономикалык иш-аракеттердин субъектилери үчүн кыйла ишенимдүү маалымат болуп саналат.

ЦЕНА ФАКТУРНАЯ – ФАКТУРАЛЫК БАА – жеткирилген товарга фактура эсеби көрсөтүлүүчү *баа*.

ЦЕНА ФАС – ФАС БАА – ФАСтын ("бортту бойлото эркин") жеткирип-тапшыруу базистик шарттарын камтыган *баа*, б.а. сатуучу белгиленген мөөнөттө товарды кемеге жеткирүүгө тийиш. *Франконун* бул түрү төмөндөгүлөрдү алдын ала карайт: сатуучу өзүнүн эсебинен документтери тиркелген жүктү жеткирүүгө, аны таңгактоого жана кеме токтоочу жерге иреттеп жайгаштырууга милдеттүү. Ушунун соңунан сатып алуучуга жүктүн жайгаштырылышы жөнүндө билдирип жана ага товарды порттун кабыл алгандыгы жөнүндөгү тил катты бериши зарыл. Импортчуга керектүү зарыл кошумча документтерди бүткөрүү сатып алуучунун эсебинен жүргүзүлөт. *Кара. Сделка ФАС – ФАС бүтүмү.*

ЦЕНА ФОБ-АЭРОПОРТ – ФОБ-АЭРОПОРТ БААСЫ – ФОБту ("аэропортко эркин") жеткирип тапшыруу базистик шартын камтыган *баа*, б.а. сатуучу товарды жеткирүүгө жана аны сатып алуучу көрсөткөн аэропортто андан ары ташып өткөрүп берүүгө анын атынан келишим түзөт. Сатып алуучу товардын жеткирилип берилишине төлөп, аны кабылдоого милдеттүү. *Кара. Сделка ФОБ – ФОБ бүтүмү.*

ЦЕНА ФОБ-СУДНО – ФОБ-КЕМЕ БААСЫ – ФОБтун "кемеге эркин" жеткирип-тапшыруу базистик шартын камтыган *баа*, б.а. сатуучу өзүнүн эсебинен товарды жүктөөгө макулдашылган кемеге жеткирип-тапшырууга жана сатып алуучуга *коносаментти* берүүгө милдеттүү. Сатып алуучу кемени жалдап, кире акысын төлөйт да, сатуучуларга жүктү түшүрүү жайы жана анын шарттары жөнүндө билдирет. Бул учурда товардын жоголушуна, бузулушуна болгон кооптонуу маселеси товарды (жүктү) кемеге жүктөгөндөн тартып сатып алуучуга өтөт. *Кара. Сделка ФОБ – ФОБ бүтүмү.*

ЦЕНА ФОР – ФОР БААСЫ – ФОРдун ("рельстерде эркин" же жөнөтүү франко-станция) жеткирип-тапшыруу базистик шарттарын камтыган *баа*, б.а. сатуучу өзүнүн эсебинен товарды ташып, вагонго жүктөп же тиешелүү кампага тапшырып, сатып алуучуга *транспорттук* ж.б. *коммерциялык документтерди* берет. Сатып алуучу товарды ташуу үчүн төлөп, бардык бажылык документтерди тузурумдайт, товардын бузулуп кемип калуу боюнча кооптуутобокелдиктин жоопкерчилигин товардын транспорттук уюмга өткөрүлгөндөн тартып өз мойнуна алат. *Кара. Цены франко – Франко баасы.*

ЦЕННОСТИ – КУНДУУ МҮЛК, БААЛУУЛУК, АСЫЛ МҮЛК – көбүнчө өндүрүш же керектөө максаттарына пайдаланылбаган жана кор каражаты катары узакка чейин сакталуучу кыйла нарктуу товарлар. Алардын келтире турган экономикалык пайдалуулугу *баанын* жалпы деңгээлине салыштырмалуу төмөндөбөй тургандыгында болуп эсептелет. Аларга кымбат баалуу металлдар, асыл таштар, зергерлик буюмдар кирет.

ЦЕННЫЕ БУМАГИ – БААЛУУ КАГАЗДАР – кандайдыр бир мүлктүк укукту камтыган документтер. Буларды (*акция, пай, облигация, вексель, акцептер, чектер, депозиттик* жана *инвестициялык сертификаттар, сактык корунун бонддору*, коммерциялык ж.б. кагаздар) өткөрүү же сатуу тиешелүү шарттарда гана ишке ашырылышы мүмкүн. Товар өндүрүү принциптерине негизделүүчү экономиканын акча чөйрөсүнүн маанилүү элементи болуп саналат. Ал эми муну куушураак маанисинде алып караганда, баалуу кагаздарга сатып алуу-сатуунун объектиси болууга туура келгендери, ошондой эле бир жолку же туруктуу киреше булагы боло тургандары киргизилет. Бир типтүү баалуу кагаздарды сатып алуу-сатуу боюнча үзгүлтүксүз операциялар тиешелүү базар алкагын түзөт, мисалы, *акциялар, облигациялар базары* ж.б. Ар бир базардын өзүнө таандык өзгөчөлүгү, катышуучулары болот да, тиешелүү структуралык түзүлүштөрү менен тейленет. Мисалы, акциялар, көбүнчө *биржада* жүгүртүлөт, ал эми облигация болсо биржада анча-мынча гана сатылат да, көпчүлүк бөлүгү *банк системасы* аркылуу сатылат. Баалуу кагаздардын негизги түрлөрүнө ишкананын акциялары жана облигациялары, мамлекеттик облигациялар, *эмитенттер* тарабынан чыгарылган *депозиттик сертификаттар*, коммуналдык ж.б. зайымдар, ипотекалык банктардын күрөөгө коюлган баракталары кирет. Баалуу кагаздар көбүнчө көрсөтүүчүгө чыгарылат да, алар колдон колго өткөрүп берүүчү жазуусуз эле эркин өтө берет. Акцияларды кармаган ким болсо да тиешелүү ишкананын энчилеши болуп эсептелет. Анткени акция ошол акционердик ишкананын капиталынын бир бөлүгүнө күбөлүк катары эсептелинет. Облигациялардын ээси акционердик коомдун же мамлекеттин кредитору катары саналат да, мында облигация ага белгилүү бир

пайыз түрүндө туруктуу жылдык киреше алууга укук берет. Ал эми зайымдын мөөнөтү өткөндө облигацияларды сатып алууга укук берилет. Жаңы уюштурулуучу *акционердик компаниялардын* акцияларын чыгарганда уюмдаштыруучулары алардын курамына кирген ишканалар жана ири банктар менен катар уюмдаштыруучулук пайданы алат. Андан аркы *акциялардын эмиссияларында*, ошондой эле облигацияларды чыгарууда аларды жайгаштырууну колго алышкан банктар *эмиссиялык пайданы* алат.

ЦЕННЫЕ БУМАГИ, "АГРЕССИВНЫЕ" – "АГРЕССИВДҮҮ" БААЛУУ КАГАЗДАР – капиталдын тез өсүшүн камсыз кылуучу баалуу кагаздар.

ЦЕННЫЕ БУМАГИ, БЕССРОЧНЫЕ – МӨӨНӨТСҮЗ (МӨӨНӨТҮ КӨРСӨТҮЛБӨГӨН) БААЛУУ КАГАЗДАР – кээ бир өкмөт облигациялары жана карыздык милдеттенмелер; аларда адатта төлөп тындыруу мөөнөттөрү көрсөтүлбөйт.

ЦЕНОВАЯ ПОДДЕРЖКА – ӨБӨК БАА – көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдүн өкмөтү фермерлерге же башка өндүрүүчүлөргө кепилдик берүүчү минималдуу баа. Эгерде базардагы баа ушул деңгээлден төмөн түшүп кетсе, анда өкмөт тиешелүү айырманы кайтарып берет.

ЦЕНОВАЯ ПОЛИТИКА – БАА САЯСАТЫ. Баа саясаты продукциянын базардагы өтүмдүүлүгүнө олуттуу таасирин тийгизип, ал болсо өз кезегинде өндүрүштүн чыгымдары, товарды керектөөчүлөр үчүн пайдалуулугунун деңгээли, атаандаштык күчү жана чабал жагы, баа түзүүнүн максаты, ж.б. факторлордун таасири астында калыптанат. Мисалы, эгерде ишкана (фирма) көпчүлүккө керектөөнүн тигил же бул продукциянын түрүн чыгарса, анда бааны төмөндөтүү сатууну кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Эгерде, ишкана (фирма) товар чыгарууну колунда бар, дурус жашагандардын катмарларына багыштаса, анда баанын төмөндөшү терс жыйынтык бериши мүмкүн. Баанын деңгээлине адатта ишкананын өнүгүшү, структурасы жана өндүрүштүк чыгымдарынын өлчөмү таасир кылат. Себеби пайда алуу үчүн ишканалар (фирмалар) товарларын чыгымдан өйдөкү баага сатууга аргасыз болушат. Чыгашанын структурасында чыгымдын кандай түрлөрү көбүрөөк болсо (туруктуу же өзгөрүлмө) ошого карата баа саясаты түрдүүчө түзүлөт. Эгерде ишканада (фирмада) чыгым басымдуу болсо, анда товар аз сатылып жана баасы төмөн болуп, бир топ маселе келип чыгат. Бирок, товар өндүрүүчү сатууну арбытып жана өндүрүштүн көлөмүн көбөйтсө, анда чыгымдардын азайышы келип чыгат да, натыйжада баштапкы баа чыгымдан төмөн болушу мүмкүн. Өндүрүлгөн продукцияга жогорку баанын коюлушу, сапаты дурус, керектөөчү үчүн ынгайлуулугунун негизинде аныкталып, тиешелүү кардарлар ошол фирмадан сатып алууга көбүрөөк умтулушат. Ушундай экендигин эл аралык деңгээлдеги бай тажрыйба да толук ырастайт. Албетте, ар кандай баа саясаты атаандаштардын жагдайын, алардын көз карашын эске алат. Мына ошентип, ишкананын кирешесинин туруктуулугуна түрдүү факторлор олуттуу таасирин тийгизет. Аларды *макроэкономика* жана *микроэкономика* деңгээлинде ийкемдүү жөнгө салуунун өтө олуттуу мааниси бар. Анткени бардык факторлор бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, өз ара бири-бирине тиешелүү өлчөмдө таасир берет. Бирок, ишкананын (фирманын) кирешелүүлүгүнүн жогорулашынын негизги өзөгү *базардагы сурамга*, сатып алуучунун кызыкчылыгын канааттандырууга барып такалат. Ошондуктан, ишкана (фирма) базардагы өзүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу менен гана бул эң башкы маселени чече алат.

ЦЕНООБРАЗОВАНИЕ – БАА ТҮЗҮҮ – *баанын* жана анын структурасынын, деңгээлинин, катышынын калыптануу жана өзгөрүү процесси. Базар экономикасынын шартында башкаруунун маанилүү аспаптарынын бири. Азыркы эл аралык бай тажрыйбага ылайык *чыгымдарга*, *сурам* жана *атаандаштыкка* багыт алуу менен баанын калыптанышынын төмөндөгүдөй үч негизги ыкмасын бөлүп көрсөтүүгө болот: чыгымдоого багыт алуу ыкмасы; сурамга багыт алуу ыкмасы; атаандаштыкка багыт алуу ыкмасы. Эркин базар экономикасында баа чыгаруу баш аламан жүргүзүлүп, баа атаандаштык шартындагы сурам жана сунуштардын таасири менен түзүлөт.

ЦЕНТРАЛЬНЫЙ БАНК – БОРБОРДУК БАНК – өзгөчө функцияны аткарууга негизделген, атап айтканда, акча белгилеринин *эмиссиялык укутуна ээ болгон*, коммерциялык банктардын иш-аракеттерин жөнгө салып турган мамлекеттик башкы банк. Борбордук банк "банктардын банкы" болуп саналат. Мамлекетке, өкмөткө акча айланымын жөнгө салып, бюджетти башкарып турууга жардам берүүчү орган болуп эсептелет. Негизги функциялары – *акча эмиссиясы*, мамлекеттин *алтын-валюта резервдерин* сактоо, коммерциялык банктарды, мамлекетти кредиттөө жана эсептөөлөрдү жүргүзүү, акча айланымын жөнгө салып туруу, кредиттик мекемелердин иш-аракеттерин көзөмөлдөө болуп саналат. (Борбордук банк улуттук акча системасын жөнгө салууну ишке ашырат, кредиттик системаны, коммерциялык банктардын ишмердигин жана акча бирдиктерин чыгарууну көзөмөлдөйт, өлкөнүн валюталык кассасын тейлейт.)

ЦЕНТРАЛЬНЫЙ ВАЛЮТНЫЙ КУРС – БОРБОРДУК ВАЛЮТАЛЫК КУРС. Валюталар ортосундагы официалдуу жазылып калуучу өз ара катышы – анын тегерегинде макулдашылган чектерде базардык валюталык курстар өйдө-төмөн болуп өзгөрүлөт. Алтын стандартына ылайык валюталардын официалдуу катышы акча бирдиктеринин алтын өлчөмү боюнча белгиленген, валю-

талык курс алтын чекиттеринин чегинде өйдө-төмөн болуп турат; Бреттонвуддук валюталык системанын шартында алтын паритет да, ошондой эле валюталык курстарды калыптандырууга учурунда негиз болгон. Борбордук валюталык курска муктаждык экономикасы өнүккөн өлкөлөрдүн валюталык тутумдун алтындан ажырагандыгына, анын туруксуздугунун күчөшүнө байланыштуу келип чыккан. Биринчи жолу борбордук валюталык курс түшүнүгү туруктуу валюталык паритеттер менен эркин өйдө-төмөн болуп туруучу валюта курстарынын ортосундагы оош-кыйыштыктарды бир нукка салып компромисттик чечүү үчүн 1971-жылдагы *Смитсоновдук келишим* кабыл алынган. Европалык валюталык системанын шарттарында катышуучу мүчө-өлкөлөрдө улуттук валюталардын бири-бирине жана европалык валюталык бирдикке карата валюталык курсу белгиленет.

ЦЕНЫ КОНТРАКТА – КЕЛИШИМДИК БАА – *келишимде товарларга, баалуу кагаздарга* макулдашылып ыкка келишип, белгиленип коюлган *баалар*. Алар төмөндөгүдөй түрлөргө ажырайт: *өтүмдүү, кыймылдуу* жана *өзгөрүлмөлүү*.

ЦЕНЫ НЕИЗМЕННЫЕ – ӨЗГӨРҮЛБӨӨЧҮ БААЛАР – наркты туюнтууда продукциянын (товардын, буюмдардын) көлөмүн эсептөө үчүн колдонулуучу туруктуу *баалар*. Ар кандай учурда өндүрүлүп чыгарылган продукциянын көлөмүнүн өзгөрүшүн бүгүнкү күндөгү иш-аракеттеги баалардын өзгөрүүлөрүнө байланышсыз, б.а. тийиштүү мезгилде иш-аракеттеги баанын өзгөрүшүнө карабастан аныктоого мүмкүнчүлүк берет. *Кара. Цены сопоставимые – Салыштырмалуу баалар*.

ЦЕНЫ СМЕТНЫЕ – СМЕТАЛЫК БААЛАР – долбордун негизинде түзүлгөн *смета* менен аныкталып белгиленүүчү курулуш ишине коюлган *баалар*. Курулуш ишинде айрым имараттар жана комплекстер үчүн баанын тийиштүү тартипте атайын бекитилген курулуш жана монтаждык жумуштардын сметалык наркы даярдалат. Сметалык нарк анын айрым элементтеринин иш-аракеттеги нормалардын жана нормативдердин, тагыраак айтканда эмгекти сарптоо сметалык нормаларынын, материалдык каражаттардын, механикалаштыруу каражаттарынын машина убактысын керектөөнүн; *тарифтик системанын элементтеринин*; өнөр жай товарларынын *дүң бааларынын*, ошону менен бирге курулуш материалдарынын, тетиктердин жана буюмдардын дүң бааларынын; жүк ташуунун жана электр энергиясы *тарифтеринин*; жабдып туруучу жана сатуучу уюмдардын бааны көтөрүшүнүн, даярдоо кампалык чыгымдардын (курулушту материалдык-техникалык камсыз кылуу менен байланыштуу болгон) нормаларынын, кошумча чыгымдардын жана пландуу топтолуунун негизинде нормалоо менен аныкталат. *Сметалык нормалар, ставкалар, баалар* жана *тарифтер* жумуштардын айрым түрлөрүнүн жана конструктивдик элементтердин

жекече бааланышын аныктоого жардам берет. Мына ошолор боюнча иштин жүргүзүлгөн жеринде түздөн-түз чыгымдардын өлчөмү эсепке алынат. Курулуш материалдарынын, буюмдардын жана конструкциялардын сметалык баалары, аларды алууга жана тиешелүү кампаларга жеткирүүгө кеткен чыгымдардын нормативдик өлчөмдөрүн аныктайт жана буга дүң бааларды, ташууга, жүктөө-түшүрүү жумуштарына ж.б. кеткен чыгымдар кошулат.

ЦЕНЫ СОПОСТАВИМЫЕ – САЛЫШТЫРМАЛУУ БАА – белгилүү бир мезгил ичинде продукциянын көлөмүнүн өзгөрүүлөрүн ж.б. көрсөткүчтөрдү аныктоо үчүн колдонулуучу салыштырмалуу баа. Ал тиешелүү өткөн мезгилдин ичиндеги баасы гана эмес, ошону менен бирге ошол учурдагы баасы да болушу мүмкүн. Бул учурда өткөн жылдардын баасы кайрадан эсептелинет (салыштырмалуу түргө келтирилет). *Кара. Цена неизменные – өзгөрүлбөөчү баалар*.

ЦЕНЫ ТРАНСФЕРТНЫЕ – ТРАНСФЕРТТИК БААЛАР – эл аралык жана *улуттук ири корпорациялардын* чектеринде, ошонун ичинде ар кандай өлкөлөрдө жайгаштырылган алардын структуралык бөлүмдөрүнүн ортосундагы товар (тейлөө) баасы. Мунун түпкү чордону коммерциялык жашыруун сыр болуп саналат да, комплекттелүүчү буюмдарды, агрегаттарды, түйүндөрдү, тетиктерди, технологиялык жана конструктордук иштеп чыгууларды фирма-аралык жеткирип-тапшырып турууда керектелет.

ЦЕНЫ ФАКТУРНЫЕ – ФАКТУРАЛЫК БААЛАР – жеткирилип-тапшырылган товардын эсебинде көрсөтүлүүчү баалар. *Жеткирип-тапшыруу базисине* байланыштуу алар *товарды ташуу, жүктөө-түшүрүү жумуштары, камсыздандыруу, экспорттук бажы салыгынын төлөмү, ар кандай жыйымдар* боюнча чыгымдарды камтышы мүмкүн.

ЦЕНЫ "ФРАНКО" – "ФРАНКО" БААЛАР – продукцияны заказчыга жеткирип-тапшыруу боюнча транспорттук чыгымдардын ордун толтуруу тартиби эске алынып белгиленип коюлган дүң баалар. Термин продукцияны тиешелүү жерине жеткирип-тапшырууну туюнтуу менен кошо сатып алуучу ушул жерге чейинки ташымалдоо боюнча чыгымдардан бош дегенди билдирет да, бул чыгымдарды жеткирип-тапшыруучу мойнуна алат. Тиешелүү жер катары вагон, склад, кеме борту, темир жол станциясы, мамлекеттик чек ара, калк жашаган конкреттүү аттары аталган аймак саналышы мүмкүн. *Тышкы соода бүтүмдөрүндө транспорттук чыгымдарга камсыздандыруута сарпталган чыгымдар* ж.б. кошулат. *Кара. Франко – франко, Франко-предприятие – франко-ишкана, Франко-перевозчик – франко-ташымалдоочу*.

ЦЕССИОНАРИЙ – ЦЕССИОНАРИЙ (фр. cessionnaire) – талап кылуу укугу ага берилгендигине байланыштуу *кредитчи* болгон инсан; бүтүм жасоодо укук жана менчик берилүүчү инсан.

ЦЕССИЯ – ЦЕССИЯ (лат. cessio – өткөрүп берүү) – милдеттенмедеги талаптарды башка инсанга берүү; кимдир бирөөгө өзүнүн укуктарын эмнегедир бир нерсеге берүү, мисалы, кредитчинин акча, буюм талап кылуу укугун башка бирөөгө бериши. Талап кылуу укугун алган инсанга милдеттенмени аткарууну камсыз кылуу укугу да (күрөө, кепилдик ж.б.) өтөт. Цессия келишими карыздардын макулдугун талап кылбастан, ага кабарлабай туруп эле түзүлүшү мүмкүн.

ЦИВИЛИСТИКА – ЦИВИЛИСТИКА (лат. civilis – инсандык) – жарандык укук илими.

ЦИКЛ – ЦИКЛ (гр. kyklos – тегерек) – кандайдыр бир убакыт аралыгында өнүгүүнүн бүткөн (аяктаган) айланымын түзүүчү кубулуштардын, процесстердин, иштердин өз ара байланыштуу жыйындысы.

ЦИКЛ "БАЗИСНЫЙ" – "БАЗИСТИК" ЦИКЛ – "базистик" күндүн негизинде аныктала турган ар кандай экономикалык көрсөткүчтөрдүн динамикасындагы цикл.

ЦИКЛ ДЕЛОВОЙ АКТИВНОСТИ – ИШТИКТҮҮ АКТИВДҮҮЛҮК ЦИКЛ. Базар конъюнктурасы чарбанын абалынын барометри катары иштиктүү активдүүлүктүн кеңейиши же тарышы менен аныкталат. Иштиктүү активдүүлүктүн кеңейиши жаңы келишимдерди түзүү, керектөөчүлөрдүн сурамынын жогорулашы менен башталат да, ушунун натыйжасында товарларды өндүрүп чыгаруу жана тейлөө көлөмү көбөйөт. Экономиканын өнүгүшүнүн белгилүү бир баскычында иштиктүү активдүүлүк тартылып, *соода бүтүмдөрү* сейрек түзүлүп, *кредитке*, ошондой эле накта эсепте ишке ашырылуучу соода операцияларынын көлөмү азаят. Ушундан улам товарларды өндүрүп-чыгаруу жана тейлөөлөр кыскара баштайт. Өндүрүп чыгаруу көлөмүнүн төмөндөө учурунан кийин узакка созулган сенектик мезгил келет. Эң мурда товарларды өндүрүп-чыгаруу жана тейлөө көлөмүнүн көбөйүшү болуп, андан кийин төмөндөө, *депрессия* жана акыры келип анын өсүшү байкалган убакыт аралыгы базар экономикасынын өнүгүү циклин камтыйт. Башкача айтканда иштиктүү циклдерде базардык чарбанын өнүгүшүнүн эки баскычы – экономиканын жогорулашы жана өндүрүп чыгаруунун базардык көлөмүнүн ыкчам төмөндөшүнө шексиз алып келе турган кризис, ошондой эле аралык эки фазасы – ыкчамдап төмөндөө жана жандануу байкалат. Бул терминдин түгөйү – экономикалык цикл деп аталат.

ЦИКЛ, ЭКОНОМИЧЕСКИЙ – ЭКОНОМИКАЛЫК ЦИКЛ. *Кара. **Цикл деловой активности – иштиктүү активдүүлүк цикли.***

ЦИСТЕРНА – ЦИСТЕРНА (лат. cisterna – көлмө, суу сактагыч) – суюктуктарды сактоо же ташуу үчүн сыйымдуулук.

ЦОЛФЕРЕЙН – ЦОЛФЕРЕЙН – жалпы бажылык тутумду кабыл алган жана бажылык жалпы мекемелери бар бир топ мамлекеттердин алака түзүп макулдашкан келишимшарты.

Ч

ЧАРТЕР – ЧАРТЕР (англ. charter – кемени жалдоо, кеменин ээси менен товарды жөнөтүүчүнүн ортосундагы келишим) – транспорттук каражаттын ээси менен транспорттук каражатты (мисалы, кемени) же анын бөлүгүн тиешелүү рейске (же мөөнөткө) *ижарага жалдоочунун* (кемени жалдоочунун, товарды жөнөтүүчүнүн) ортосунда түзүлгөн *келишим.* Чартердик келишимде тиешелүү тараптардын аталыштары, транспорттук каражат (кеме), *фрахт* (кеме киресинин) өлчөмү жөнүндөгү маалыматтар, жүктү жүктөө жана түшүрүү орунун көрсөтүү, *сталия убакыт* – турган убактысы (белгилүү убакыт ичинде жүктү жүктөө же андан түшүрүү мөөнөтү), *диспачтын* (жүк мөөнөтүнөн мурда жүктөлгөндүгү) жана *демередждин* (кеменин ашык бош туруп калышы) өлчөмү жөнүндөгү маалыматтар камтылат. Эгерде *коносаментте* чартер шарттарына шилтеме жасалган болсо, анда алар жүк алуучу үчүн да милдеттүү түрдө болуп калат.

ЧАРТЕР БАНКОВСКИЙ – БАНКТЫК ЧАРТЕР – банк операцияларын жүргүзүү укугуна ээ болгон документ.

ЧАСТНАЯ СОБСТВЕННОСТЬ – ЖЕКЕ МЕНЧИКТҮҮЛҮК – *жеке менчик ээсиннин* жана *фирмалардын жерди, капиталды* ж.б. *активдерди* алуу, ээ болуу, көзөмөлдөө жана мурас кылып калтыруу укугу.

ЧАСТНИК – ЖЕКЕ ИШКЕР – тигил же бул кесипчиликти аркалап жекелей иштеген адам. Мисалы, өтүкчү, ашпозчу, айдоочу ж.б.

ЧАСТНОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ – ЖЕКЕ МЕНЧИК ИШКАНА. Бул жеке менчиктүүлүк укугунун негизинде иш алып баруучу ишкана. Жеке менчик ишкана жарандын *мүлкүнөн, тапкан кирешелеринен, кредиттерден* ж.б. мыйзамдуу булактардан түзүлөт. Мындай ишкана жарандын *менчиктештирүү* убагында же жаңы чарбалык бирдикти түзгөндө мамлекеттик ишкананы энчилешинен улам пайда болушу мүмкүн. Жеке менчик ишкананын ээси кабыл алган *уставынын* чегинде *ишкананын* милдеттенмеси боюнча жоопкерчиликтүү болот. Жеке менчик ишкананы башкаруу жеке менчиктин ээси же *ишкананын уставына* ылайык өкүлдүк орган тарабынан ишке ашырылат. Базар экономикасынын шарттарында мамлекет жеке менчиктүү ишкана менен болгон өзүнүн мамилесин иш-аракеттеги мыйзамдардын чегиндеги экономикалык рычагдардын жана стимулдардын негизинде түзөт: салыктарды жана салыктык женилдиктерди, *максаттуу дотацияларды* жана *субсидияларды, амортизациялык чегерүүлөрдүн* нормаларын, *валюталык курсту,*

экономикалык нормативдерди белгилейт, антимонополиялык саясатты жүргүзүп, калкты социалдык жактан коргоого, минималдуу өлчөмдө эмгек акыны берүүнү белгилөө аркылуу камсыз кылат. Мамлекет, ошондой эле менчиктин бардык түрүндөгү ишканалар үчүн чарба жүргүзүүнүн укуктук теңдик принцибин жана социалдык шарттарын так сактоого мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз Республикасында жеке менчик ишканалардын иш-аракеттери менчик жөнүндөгү, ишкердик жөнүндөгү мыйзамдар менен жөнгө салынып турат. 2001-жылдын 1-февралында "Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынында кабыл алынган.

ЧАСТЬ ПРОМЫШЛЕННО-ПРОИЗВОДСТВЕННЫХ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ, АКТИВНАЯ – ӨНӨР ЖАЙ-ӨНДҮРҮШТҮК НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРЫНЫН АКТИВДҮҮ БӨЛҮГҮ – эмгек каражаттарынын түздөн-түз эмгек предметине таасир тийгизүүчү жана өндүрүш процессин энергиянын зарыл түрлөрү, өлчөмү менен камсыз кылуучу жыйындысы. Булардын курамына кошулуучу эмгек каражаттарынын түрлөрү өнөр жайдын ар бир тармактарынын технологиялык процесстерине таандык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аныкталып, анын жалпы көлөмү акчалай туюнтулуп берилет.

ЧЕК – ЧЕК (англ. cheque, амер. check – акча документи) – өтө так формада белгиленген баалуу кагаздын түрү, акча документи; ал көрсөтүлгөн сумманы белгилүү бир инсанга же көрсөтүүчүгө төлөө жөнүндө *кредиттик мекемедеги* (чек берүүчүнүн) эсеп эсинин буйругун камтыйт. Адатта чек боюнча төлөп берүүчү катары *банк* саналат. Бирок банк чек боюнча төлөөгө дайыма эле милдеттүү эмес (мисалы, эгерде чекте коюлган кол так эмес болсо же чек камтамасыз этилбеген банк эсебине жазылган болсо). Чек аты аталып жазылган (белгилүү инсанга жазылган), *ордердик* (белгилүү бир инсандын пайдасына) жана көрсөтүлүүчү (көрсөтүүчүгө) болушу ыктымал. Чек адатта белгилүү бир мөөнөткө (мисалы 10 күн) чейин жарактуу болот.

ЧЕК, ОРДЕРНЫЙ – ОРДЕРДИК ЧЕК – белгилүү бир инсандын пайдасына жазылып берилүүчү *чек. Индоссамент*, б.а. арткы жагында коюлган колу болгондо, жаңы ээлик кылуучуга берилиши мүмкүн. Чектин оңтойлуу жана кеңири таралган түрү болуп саналат, аты жазылган чекке караганда бир кыйла жөнөкөй ыкма менен берилет. Ошол эле убакта пайдалануунун ишенимдүүлүгүнүн (кокусунан башка адамдардын пайдаланышынан) кепилдигин камсыз кылат.

ЧЕК РАСЧЕТНЫЙ – ЭСЕПТЕШҮҮЧҮ ЧЕК – *эсептешүү* же *күндөлүк эсеп-кысаптын* ээсинин (чек берүүчүнүн) банкка белгилүү суммадагы акчаны чек кармоочуга (*чек* кимге жазылган болсо ошого) колмокол акчасыз эсептешүү үчүн төлөө жөнүндө жазуу жүзүндөгү буйругу. Эсептешүүчү чектин бардык түрү өтө так отчеттуулук документтери болуп

саналуучу банктардын катышуусу менен даярдалган чек китепчесинде көктөлгөн атайын бланкаларда жазылат. Бланктардын баарында китепти берген кредиттик мекеме, чек берүүчү жана чектерге төлөнө турган анын эсептешүү номери көрсөтүлөт, бланкалар ондоолору жок, таза толтурулат. Эсептешүүчү чек банк тарабынан акцептелбеген жана акцептелген (бул учурда банк чектин суммасын чек берүүчүнүн эсебинен чыгарат жана инсанга төлөөнү камсыз кылуу үчүн өзгөчө эсепте депозиттелет), лимиттелген (каражаттардын белгилүү суммасын көрсөтүү менен) жана лимиттелбеген (каражаттар лимитсиз) болуп ажырайт. Лимиттелген чек китепчесин берүүдө банк айрым ар бир чекти эмес, белгилүү суммадагы бүт китепчени акцептеп, анын ээси болсо ошонун тегерегинде чекти жазып бере алат. Чек китепчелеринин пайдаланылышынын тууралыгын, лимиттерди көзөмөлгө алууну ишкананын бугалтериясы үзгүлтүксүз текшерип, чектерди тузурумдап жазууну жана пайдалануу банк көзөмөлдөп турат.

ЧЕКОВАЯ КНИЖКА – ЧЕК КИТЕПЧЕСИ – *күндөлүк тиричиликтин эсеп-кысабын* жүргүзүү үчүн банк тарабынан берилүүчү *чектердин* көктөлгөн бланкалары. Чектерди пайдалануу менен банк кардары эсептен керектүү акча суммасын алып (накталай алса да болот) же үчүнчү адамга түздөн-түз чек менен төлөп бериши ыктымал. Эсеп менен тескөө аспабы болуп саналат.

ЧЕКОВЫЙ ДЕПОЗИТ – ЧЕК ДЕПОЗИТИ – милдеттүү түрдө төлөөгө зарыл болгон чектин ээсине жазып берүүгө укук берүүчү эсеп-чоту.

"ЧИСТАЯ" ПОЗИЦИЯ – "ТАЗА" ПОЗИЦИЯ – белгилүү убакытка чейин бардык башка катышуучулар тарабынан жөнөтүлгөн сумманын, бардык которууларды эсептен алып салуу менен бардык башка катышуучулар тарабынан белгилүү бир мөөнөткө чейин алынган эсептешүүнүн клиринг системасынын катышуучусунун бардык которууларынын суммасы. Эгерде айырмачылык оң болсо, катышуучу таза кредиттик позиция абалында болот; эгерде, айырмачылык терс болсо таза дебеттик позицияда болот. Таза кредиттик же таза дебеттик позиция белгилүү убакытта жыйынтыктоочу таза позиция деп аталат.

ЧИСТАЯ ПРИБЫЛЬ – ТАЗА ПАЙДА – *салыктарды* жана башка төлөмдөрдү төлөгөндөн кийин *ишканада* (*фирмаларда* ж.б.) калуучу *пайда*. Бул ишкананын карамагына толук келип түшөт да, аны андан ары пайдалануу жагын (эгерде *ишкананын уставында* башкача каралбаса) ар бир ишкана өзү чечет. Таза пайданы пайдалануу багыттарына мамлекеттик таасир этүү *салыктар, салык жеңилдиктери* жана *экономикалык санкциялар* аркылуу ишке ашырылат. Мыйзам актылары же *ишкананын уставы* менен алдын ала каралган учурларда таза пайданын бөлүгү

ишкананын эмгек жамаатынын мүчөлөрүнүн менчигине берилиши мүмкүн. Пайданын бул бөлүгүнүн өлчөмү менчик ээси же ага өкүлчүлүк кылган орган тарабынан белгиленет да, аны бөлүштүрүү тартиби эмгек жамаатынын жыйналышы (конференциясы) тарабынан белгиленип аныкталат. Эмгек жамаатынын мүчөлөрүнө таандык пайданын өлчөмү анын үлүштүк салымын түзөт. Үлүштүк салымдын суммасына *акциялар* берилиши мүмкүн; ал акциялар боюнча *пайыздарды* (*дивиденддерди*) төлөшөт. *Кара. Прибыль балансовая – баланстык пайда. Прибыль предприятия – ишкана пайдасы.*

ЧИСТОЕ ЭКОНОМИЧЕСКОЕ БЛАГОСОСТОЯНИЕ – АНЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ЖЫРГАЛЧЫЛЫК – улуттук дүң продуктудан олуттуу айырмалануучу экономикалык жыргалчылыктын жалпылоочу көрсөткүчү (муну америкалык экономисттер Ж. Тобир жана Нурдхауз иштеп чыгышкан). Андан экологиялык ыпластоого байланышкан сарптоолор алып салынат. Нарк формасына жумушчуну кыскартуудан жана бош убакытты көбөйтүүдөн алынган "пайда" кошулат. Иш-аракеттердин айрым түрлөрүнүн жыйынтыгы да кошумча эске алынат.

ЧИСТЫЕ ИЗДЕРЖКИ ОБРАЩЕНИЯ – ЖҮГҮРТҮҮНҮН ТАЗА ЧЫГЫМДАРЫ – товарды сатуу – сатып алуу процесси менен түздөн-түз байланышын сарптоолор. Бул төмөндөгүлөрдү камтыйт: жүктөөгө, сактоого ж.б. транспорттук сарптоолор.

"ЧИСТЫЙ" – "ТАЗА" – термин катары улуттук эсептөө тутумунда төмөндөгүдөй эки негизги мааниге ээ болот: *1*) негизги капиталдын керектелүү ченемин камтыбайт, мисалы, *таза киреше, экономиканын таза пайдасы*; *2*) салдолук болуп саналат, башкача айтканда андан карама-каршы экономикалык маанидеги сумманы эсептен чыгарып салуу жолу менен аныкталат, мисалы таза салыктар (субсидиялар эсептен чыгарып салынган салыктар), таза экспорт (импортту эсептен чыгарып салгандан кийинкиси).

ЧИСТЫЙ ДОХОД ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН ТАЗА КИРЕШЕСИ – коомдун таза *кирешесинин* бөлүгү (материалдык өндүрүштө кошумча эмгек менен түзүлүүчү коомдук продуктунун жыйнакталган наркы). Бул сатуу баасы боюнча продукциянын наркынын жана анын өздүк наркынын ортосундагы айырма болуп эсептелет; *эмгек акыны төлөө фондусу* калыптангандан кийинки калган *ишкананын дүң кирешесинин* бөлүгү, ишкананын (фирманын, бирикменин) акча топтоолорунун жана *мамлекеттик бюджеттин* кирешелеринин булагы болуп саналат.

ЧИСТЫЙ НАЦИОНАЛЬНЫЙ ПРОДУКТ – УЛУТТУК НАКТА ПРОДУКТУ – экономика тармактарындагы анык жыйынтыкталган товарлардын жана тейлөөлөрдүн бөлүгү; бул улуттук дүң продукт менен капиталды пайдалануунун чегерүүлөрдүн (амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасынын) ортосундагы айырма.

ЧИСТЫЙ ЭКСПОРТ – НАКТА ЭКСПОРТ – экспорттолуучу товарлардын экспорту менен импортунун ортосундагы айырма.

ЧЛЕН – МҮЧӨ – *1*) инсан (тарап, жак), ошондой эле кандайдыр бир союздун, *бирикменин*, топтордун курамына кирүүчү өлкө, уюм. *2*) кандайдыр бир бүтүндүн курамдык бөлүгү.

ЧЛЕН БИРЖИ – БИРЖАНЫН МҮЧӨСҮ – *биржанын уставдык капиталынын* калыптанышына катышкан, мүчөлүк, башка максаттуу мүчөлүк акыларды биржанын мүлкүнө кошкон же аны уюмдаштыруучулук документтерде алдын ала кароо тартибинде биржага мүчө болгон *юридикалык* жана *жеке тарап.* Биржага мүчө болуу биржанын уюмдаштыруучулук документтери белгилеген тартипте ишке ашырылат жана биржа берүүчү тийиштүү күбөлүк менен күбөлөндүрүп бекитилет.

ЧЛЕН-ВКЛАДЧИК СМЕШАННОГО ТОВАРИЩЕСТВА – АРАЛАШ ШЕРИКТЕШТИКТИН САЛЫМЧЫ МҮЧӨСҮ – шериктештиктин *юридикалык же жеке тарабы*, алар шериктештиктин милдеттенмелери боюнча анын мүлкүнө кошкон салымдарынын чегинде жоопкерчиликти мойнуна алат.

ЧЛЕН КООПЕРАТИВА – КООПЕРАТИВ МҮЧӨСҮ – кооператив мыйзамын жана талаптарын канаттандыруучу, *кооператив уставы* менен белгиленген өлчөмдө жана тартипте пай-мүчөлүк акысын төлөп кошкон жана кооперативге добуш берүү укугу менен кабылданган *жеке же юридикалык* тарап.

ЧЛЕН КООПЕРАТИВА, АССОЦИИРОВАННЫЙ – АССОЦИАЦИЯЛАНГАН КООПЕРАТИВ МҮЧӨСҮ – *пай-мүчөлүк акысын* төлөп, ошол боюнча *дивиденддерди* алуучу, бирок добуш берүү укугуна ээлиги жок жеке же юридикалык тарап.

ЧЛЕН ТОВАРИЩЕСТВА – ШЕРИКТЕШТИК МҮЧӨСҮ – келишим боюнча же ансыз эле милдеттенмени, ошонун ичинде, мүлктүк милдеттенмесин өзүнө кабыл алган жана ушунун таасиринен улам тиешелүү укукка ээ болуучу шериктештикке катышуучу.

Ш

ШАБЛОН – ШАБЛОН (нем. schablone – үлгү) – шаблон, үлгү, нуска – окшоштуруп жасалган жалпыга белгилүү үлгү.

ШАГ АУКЦИОНА – АУКЦИОН КАДАМЫ – сатылуучу объектинин баасынын соодалашууну алып баруучу аукциончу улам жарыялаган сайын жогорулай турган аралыгы. Аукцион кадамы соодалашуунун башталар алдында кыскача мүнөздөмөсүн жана бул объекттин баштап-

кы баасын айтуу менен кошо жарыялanат. Бул сатып алуучулардын баамдап кабардар болушуна мүмкүндүк берет, тагыраак айтканда аукциончунун жарыялаган баасын угушуп, алар келерки баанын кандай болушун өзүлөрү эле божомолдоп аныктай алат.

ШАНС – ШАНС (фр. chanse) – шанс, мүмкүндүк, шарт – ийгиликке алып бара алуучу шарт; бир нерсени ишке ашыруунун ыктымалдуулугу, ийгиликтин мүмкүндүгү, жол болуу.

ШАНТАЖ – ШАНТАЖ (фр. chantage) – опузалоо, шантаж, кыянат – кандайдыр бир пайдага (ыңгайлуулукка) жетүү максаты менен маскаралоочу (уятка калтыруучу) маалыматтардын бетин ачуу, элге таратып жиберүү менен коркутууну камтыган кыянаттык.

ШАХМАТНАЯ ОБОРОТНАЯ ВЕДОМОСТЬ – ШАХМАТТЫК АЙЛАНЫМ ВЕДОМОСТУ – *корреспонденциялоочу* (чарбалык операциялардын экономикалык маңызы менен шартталган өз ара байланыштагы) *эсептөө* боюнча бугалтердик жазууларды чагылдыруу жана мезгил-мезгили менен жалпылоо формасы. Шахмат тактасынын принциби боюнча даярдалган таблица, анын саптары дебеттелүүчү эсеби боюнча жазуулар үчүн бөлүнүп коюлат. Ал эми мамычасы кредиттелүүчү эсеби боюнча жазуулар үчүн арналат. Мамычалардын жана саптардын кесилиши эсептөөлөр боюнча бардык операциялардын жыйынтык суммасын көрсөтөт. Ошентип, бир эле жазуу менен бугалтердик операциялар эки жолу чагылдырылат. Айланым ведомостунан (мында үч жуп колонкалар болот да, аларда *сальдо, дебет* жана *кредит* боюнча айланымдар көрсөтүлөт) айырмачылыгы шахматтык айланым ведомостунун формасы ар бир счеттун айланымдарынын суммасын гана эмес, ошону менен бирге алардын кошулган санын да камтыйт. Мына ушунун өзү бугалтердик эсептин эсептөөлөрү боюнча жазуулардын толуктугун жана тууралыгын текшерүүгө, операциялардын экономикалык маңызын көрүүгө, эсептөөлөрдүн корреспонденцияларынын каталарын айкындоого мүмкүндүк түзөт.

ШАХМАТНЫЙ БАЛАНС – ШАХМАТТЫК БАЛАНС – айланымдардан тышкары *бугалтердик эсептин* синтетикалык эсептөөлөрү боюнча калдыктарды да камтыган *шахматтык айланым ведомосту*.

ШЕФ – ШЕФ (фр. chef – башчы) – ишкананын, мекеменин башчысы, начальниги, камкоруна алган уюм.

ШЕФМОНТАЖ – ШЕФМОНТАЖ – инжинирингдик тейлөөлөрдүн негизи. Түрдүү өлкөлөрдүн келишимдик практикасында бул термин бирдиктүү чечмелөөгө али келе элек. Бир жактуу маанисинде шефмонтаж – заказ берүүчүнүн адистери тарабынан монтаждоо иштерин аткарууда жеткирип-тапшыруучулардын адистеринин техникалык колдонмосу. Кеңири маанисинде алганда – жабдууларды пайдаланууга бергенге жана гарантиялык көрсөткүчтөргө жетишкенге чейин таңгагынан ажыратуу боюнча иштерди заказ берүүчүнүн

адистеринин аткаруулары үчүн жеткирип-тапшыруучунун адистери тарабынан колдонулуучу уюштуруу-техникалык колдонмо жана көзөмөл; заказ берүүчүнүн адистерге кеп-кеңеш берип жана окутуу маселесин чечүү.

ШИКАНЕР – ШИКАНЕР – абийирсиз (уятсыз) сатуучу, соодагер, шылуун.

ШИПЧАНДЛЕР – ШИПЧАНДЛЕР – кемелерге азык-түлүк жана техникалык жабдууларды жеткирип-тапшырып туруучу уюм жана фирма.

ШИРОТА ТОВАРНОЙ НОМЕНКЛАТУРЫ КОРПОРАЦИИ – КОРПОРАЦИЯНЫН ТОВАРДЫК НОМЕНКЛАТУРАСЫНЫН КЕҢДИГИ – фирма өндүрүп чыгаруучу ассортименттик топтордун, товарлардын жалпы саны.

ШИФР – ШИФР (фр. chiffre – ар. цифра) – *1*) жашыруун билдирүүлөр үчүн белгилердин системасы. *2*) документтердеги регистрациялык шарттуу белги.

ШИФР АВАРИЙНЫЙ – АВАРИЯЛЫК ШИФР – негизги шифрди пайдалануга мүмкүн болбой калганда колдонулуучу гамма менен эстелүүчү шифр.

ШИФР ДОКУМЕНТА – ДОКУМЕНТ ШИФРИ – *1*) жашыруун кат үчүн шарттуу белгилер; *2*) китепканаларда, архивтерде, сактоодо жайгашкан орундары аныкталып белгиленүүчү китептердин, кол жазмалардын жана башкалардын регистрациялык шарттуу белгиси.

ШИФР ПЕРЕВОДНЫЙ – КОТОРУУ ШИФРИ – которууда каталашууларды жана кыянат кылууларды болтурбас үчүн банктарда колдонула турган шарттуу белгилердин системасы.

ШИФРОВАНИЕ – ШИФРДӨӨ – жашыруун жазууларды, билдирүүлөрдү шифрдин – тамгалардын, цифралардын, шарттуу белгилердин жардамы менен жашыруун жазуу. Шифрлөөнүн математикалык теориясын жана практикасын иштеп чыгуучу илимди *криптография* деп аташат.

ШКАЛА ДОХОДНОСТИ – КИРЕШЕЛҮҮЛҮКТҮН ШКАЛАСЫ – *банкка салган салымдарга, депозиттерге, баалуу кагаздарга* коюлуучу пайыздык ставкалардын системасы. Мисалы, *аманат банктарында* киреше-лүүлүктүн шкаласы сактоого кабыл алынуучу ар кандай салымдар, депозиттер боюнча иштелип чыгат.

ШКАЛА КАЧЕСТВА – САПАТ ШКАЛАСЫ – белгилүү келишим боюнча жеткирип-тапшырылуучу товардын сапатынын көрсөткүчтөрүнүн стандарттык системасы; сыйлыктарды жана үстөк айып (келишим шарттарын аткарбагандыгы үчүн) төлөөдө сапат шкаласы эске алынат.

ШКАЛА ОБЩЕСТВЕННЫХ ПРЕДПОЧТЕНИЙ – КООМДУК АРТЫК КӨРҮҮ ШКАЛАСЫ – оптималдуу экономикалык системанын критерийлери катарында керектөө функциясын чагылдыруучу шкала.

ШКАЛИРОВАНИЕ – ШКАЛАГА САЛУУ – шкалалардын сандык системаларынын жардамы менен

реалдуу экономикалык процесстерди моделдештирүүнүн методу.

ШКОЛЫ МАРКЕТИНГА – МАРКЕТИНГ МЕКТЕПТЕРИ – XX-кылымдын орто ченинен тартып өзүнчө айрым багыттары боюнча калыптана баштап, 20–25 жыл соңунан өз алдынча мектептерге калыптанышкан маркетинг теориясынын олуттуу көрөңгөлөрү. Бул мектептердин ичинен макромаркетинг мектебинин келип чыгышы бүтүндөй коомдун кызыкчылыктарын камсыз кылуу нугунан алып караганда ишкердиктеги бизнестин ролун баалоо аракеттери менен тыгыз байланыштуу. Фирманын базар алкагындагы ишаракеттеринин жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрүн баалоого, тагыраак айтканда түшүүчү пайданы кыйла арбытууга болгон ишенбөөчүлүк алгач ирет төгүндөлгөн. Атап айтканда *макромаркетинг* мектептеринин өкүлдөрү ар кандай фирмалардын базардык операцияларынын узак жана кыска убактагы натыйжаларын кароо менен биринчинин экинчиден артыкчылыгы жөнүндөгү корутундуга келишкен. Мына ушунун негизинде коомдук кызыкчылыкты ишкердиктин негизи катары кароо зарыл экендиги келип чыгат. Маркетинг маселеси боюнча системалуу иш жүргүзүүнүн натыйжасында атайын мектептеринин пайда болушу маркетингге базар алкагындагы кубулуштарды сандык нуктан иликтөө ыкмаларын пайдаланууга умтулуу көбүрөөк таралып, тиешелүү жыйынтыктар келип чыккан болот. Негизинен мында сурам менен сунуштардын өз ара байланыштуулугун анализдөөгө көбүнчө иммитациялык моделдөө ыкмасы пайдаланылган. 1975–1985-жылдардын аралыгында маркетингдик изилдөөлөр кыйла күчөп, натыйжада бул мектептин өкүлдөрү өзүнүн моделдеринин негизи катары үйбүлөлүк бюджетти алып же сатып алуучунун ар кандай жагдайдагы окшоштук жүрүм-турумуна көбүрөөк көңүл бөлгөн. Маркетингдик изилдөөлөрдүн кыйла кеңири жайылган түрү болуп сатып алуучулардын жүрүм-турум теориясы эсептелет. Маркетинг нугундагы ой-пикирдеги бул агымдын жактоочуларынын илимий изилдөөлөрүнүн негизги маселелери катары сатып алуучулардын соода маркаларына же фирмалык белгилерге дитин коюп ынтызар болушу, сатып алуучулардын сонуркашын туудурууга таасир этүүчү факторлор жана товарды алуу жөнүндөгү чечимдерди кабыл алуу, сатып алуучулардын көз караштарындагы өзгөрүүлөрдүн себептери жана улуттук айырмачылыктар, ошондой эле алардын жүрүм-туруму жөнүндөгү маалыматты иштеп чыгуу болуп саналат. Ошондой эле айрым керектөөчүлөрдүн эмес, мында бүтүндөй уюмдардын жүрүм-турумун баамдоочу маркетингдик ой-пикир багыты олуттуу орунду ээлейт. Адатта уюмдардын базар алкагындагы жүрүм-турумунун ар кандай түрлөрү бул багыттын жактоочулары менен товарларды бөлүштүрүү каналдары аркылуу байланышат. Алар ар бир өлкөдөгү бөлүштүрүү системасын практика жүзүндө толук өзгөртө

албайт. Ошондуктан өзүнүн товарлары үчүн жаңы базарларды иликтөө жүргүзгөн уюмдар бул же тигил бөлүштүрүү нугуна ыңгайлашуу зарылчылыгы келип чыгат.

ШОК ПРЕДЛОЖЕНИЯ – КАТААЛ СУНУШ – өндүрүштүн кандайдыр бир факторуна баанын кескин өсүшүнүн натыйжасында бүт экономикада чыгымдын кыйла өсүшүнө алып келүүчү жагдай.

ШОМАЖ – ШОМАЖ – өндүрүштүн үзгүлтүккө учурашынан жана иштеп-иштебей калышынан келип чыккан себептерден улам түшкөн пайданын азайышын же жок болушун, финансылык зыян тартууларды камсыздандыруу, мисалы, катуу бороондордон, суу ташкындарынан, жер көчкүлөрүнөн ж.б. табигат кубулуштарынын кесепетинен улам жоготуулар.

ШОП – ШОП – *1*) фондулук брокердик же дилердик офис; *2*) дүкөн; *3*) өндүрүш имараты.

ШОП-ТУР – ШОП-ТУР – тигил же бул өлкөгө, мүмкүн бир нече өлкөгө алдын ала белгиленген атайын маршрут боюнча баруу. Мунун негизги максаты кеңири керектелүүчү товарларды арзаныраак алып келип кайрадан кымбатыраак сатуу болуп эсептелет.

ШОУ, РЕКЛАМНОЕ – ЖАРНАМАЛЫК ШОУ – белгилүү актёрлордун, спортсмендердин ж.б. катышуусу менен сахналык кооз жасалгаланган жайда кандайдыр бир нерсе жөнүндө маалыматтарды жеткиликтүү таратуу, пикир түзүү максатында уюштурулган атайын жыйын.

ШПИОНАЖ, ПРОМЫШЛЕННЫЙ – ӨНӨР ЖАЙЛЫК ШПИОНАЖ – кара ниеттүүлүк менен өндүрүштүн жашыруун сырларын алуу максаттарында атаандаштар жөнүндөгү маалыматтарды көмүскө жол менен жыйноо.

ШТАБ-КВАРТИРА – ШТАБ-КВАРТИРА – *уюмдун, концерндин, компаниянын* башкы борбордук имаратынын жайгашкан жери.

ШТАТЫ – ШТАТТАР (лат. status – абал, күй) – *ишканын* (*фирманын, уюмдун, бирикменин* же *мекеменин*) кызматкерлеринин аныктап белгиленген, тиешелүү тартипте бекитилген кызмат орундарынын жыйындысы. Бул штаттык тизим түрүндө тузурумдалат; ал *башкармалык аппаратынын* структурасын, кызмат орундарынын аталышын, ар бир кызмат орду боюнча кызматкерлеринин санын (штаттык бирдиктерди), кызмат айлыктарын жана *айлыкка* кошулуп берилүүчү үстөктөрдү камтыйт. Штаттар ишкананын жетекчиси тарабынан бекитилет.

ШТРАФ – АЙЫП ПУЛ (нем. strafe – айып, жаза) – белгилүү бир эрежелерди бузууда айыптуу *юридикалык* же *жеке жакка* акча төлөтүү, материалдык таасир этүү чарасы. Айып кээ бир учурларда мыйзам менен белгиленген тартипте салынат. Жарандык укукта *үстөк айыптын* (келишим шарттарын аткарбагандыгына, ошондой эле келишимдегинин үстүнө кошуп төлөөчү айып) бир түрү; милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн *санкция* катары да, колдонулат. Айыптык санкция–

келишимдерди бузгандыгы үчүн айыптуу тараптан өндүрүлүп алынуучу төлөмдөрдүн түрү. Аларга туум, өсүм айыбы таандык. Мында товарлардын тиешелүү сапатына ылайык келбей калганда, ыңгайсыз таңгакталганда маркировкалоодон ката кетип калса, жеткирип-тапшыруунун мөөнөттөрүнүн шарттарын бузганда, комплекттөө толук болбосо ж.б. учурларда айып салынат. Аларга техникалык документтердин, *аккредитивдердин* өз убагында берилбей кармалып калганда, төлөмдөрдү тийиштүү мөөнөттө төлөбөөлөр ж.б. кирет. Сот айыпты учурларда жана мыйзам менен белгиленген өлчөмдөрдө салышы мүмкүн. Административдик тартип бузуулар үчүн айып салууну атайын уюштурулган комиссия, ички иштер органдары, мамлекеттик инспекциялар ж.б. органдар ишке ашырат. Айыптан түшүүчү каражаттардын өз убагында которулушун көзөмөлдөп туруучу финансы органдары мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдөрдү сөзсүз өндүрүүгө укуктуу. Ишканалар төлөгөн айыптар *өндүрүмсүз чыгымдарга* кошулат.

ШТРЕЙКБРЕХЕР – ШТРЕЙКБРЕХЕР (нем. streikbrecher, streik – иш таштоо, + brechen – сындыруу, үзгүлтүккө учуратуу) – жумушчулардын иш таштоо убагында алардын мүдөөсүнө чыккынчылык кылып, ишкана ээлеринин чакырыгы боюнча жумушка келүүчү киши. Иш таштоого катышуудан баш тарткан инсан.

ШУЛЕР – ШУЛЕР (польск. szuler – шылуун) – айлакер, митаам, алдамчы-кесипкер.

ШУМПЕТЕР (Schumpeter), **ЙОЗЕФ АЛОИЗ** (1883–1950) – австралиялык экономист. Шумпетердин теориялык мурасын үч багытка бөлүүгө болот: биринчиси – экономикалык анализдин методологиясы жана тарыхы. Бул багытка фундаменталдуу эмгек "Экономикалык анализдин тарыхы" (1954) кирет. Экинчиси – экономикалык динамиканын теориясы – "Экономикалык циклдер" (1939) эмгегинде чагылдырылган. Үчүнчүсү – коомдук өнүгүүнүн концепциясы – "Капитализм, социализм жана демократия" деп аталган белгилүү иште баяндалган (1942). Классиктерден, *Маркстан* жана *маржиналисттерден* айырмасы, Шумпетер өзүнүн теориялык системасынын уңгусуна функциясы капиталисттин да, ошондой эле жумушчунун да ролунан айырмаланган ишкердин тулкусун экономикалык субъект катары көргөзгөн. Кредит катары мындай институт аркылуу ал өндүрүш факторлорун чегерип, аларды карамагына алуу менен *инновациялык иш-аракеттерди* жүзөгө ашырат, техникалык прогрессти реализациялайт, жаңы керектөөнү, сатуу базарын, эмгекти уюштуруу формаларын ж.б. табат. Көрсөткөн демилгелеринин натыйжасында ишкер *пайда* менен сыйланат, ал эми чарба комплексин бүтүндөй алганда, өнүгүүгө демөөр алат. Ишкердиктин концепциясы өнүккөн өлкөлөрдүн башаты катары Шумпетер сунуш кылган *капитал, пайда, пайыз* жана *акча* түшүнүктөрүнүн негизинен орун алат.

Щ

"ЩЕЛЬ НАЛОГОВАЯ" – "САЛЫКТЫК ЖЫЛЧЫК" – мыйзамдын негизинде салык салуудан качып кутулууга же салык салуунун өлчөмүн азайтууга мүмкүндүк түзүүнүн кутулуу жолу.

"ЩИТ, НАЛОГОВЫЙ" – "САЛЫК КАЛКАНЫ" – бул АКШнын практикасында компаниянын салык милдеттенмелеринин өлчөмүн төмөндөтүү, тагыраак айтканда түшкөн кирешеден чыгарып салынуучу чыгымдардын (адатта амортизациялык чегерүүлөр жана пайыздык төлөмдөр) көбөйүшүнөн келип чыгат; "салык калканынын" өлчөмү салык ставкасынын мындай чыгымдардын өсүшүнө көбөйтүлгөнүнө барабар болот.

Э

ЭВАЛЬВАЦИЯ – ЭВАЛЬВАЦИЯ, БААЛОО (фр. evaluation – баалоо) – бааны, наркты аныктап белгилөө; санын, сапатын, жарамдуулугун ж.б. аныктоо, келип чыккан кырдаалды анализдөө.

"ЭВЕРДЬЮПОЙС" – "ЭВЕРДЬЮПОЙС" – Англияда жана Америкада пайдаланылуучу таразалардын системасы, ал өз ичине ошону менен бирге *унцияны, фунтту, кварттты, центнерди* жана *тоннаны* камтыйт.

ЭВРИСТИКА – ЭВРИСТИКА (гр. heurisko – табуу, издөө) – тапкычтуулуктун, жигердүүлүктүн өнүгүшүнө өбөлгө болууну окутуу ыкмасы.

ЭКАУТАНТ – ЭКАУТАНТ (англ. accountant – бугалтер, эсеп жүргүзүүчү, эсептөөчү) – финансы жана бугалтерия тармагындагы адис (финансист-бугалтер). Фирманын финансы-чарбалык иш-аракеттерин анализдөө менен иш алып барат. Көп убакта аудитор-көзөмөлдөөчүнүн функциясын аткарат.

ЭКАУТИНГ – ЭКАУТИНГ (англ. accounting – эсептөө, эсеп-кысаптоо, фактура, отчет, доклад, маани, маанилүү) – ар кандай финансылык маалыматтарды жыйноо, иштеп чыгуу, классификациялоо, анализдөө жана тужурумдоо менен байланыштуу *бизнестин* функционалдуу чөйрөсү.

ЭКВАЙР – ЭКВАЙР – карттардын эквайрингин жүзөгө ашырган финансы-кредиттик мекеме.

ЭКВАЙРИНГ – ЭКВАЙРИНГ – сатылуучу товарларды, жумуштарды, системанын карттарын эсептөө инструменти катары тейлөөлөрдү пайдалануу шарты боюнча товардык точкалар менен келишимдик мамилелерди камтыган, товардык точкалар менен эсептешүүлөрдү жана (же) картты кармап туруучуларга накталай акча каражаттарын берүүнү камсыз кылуучу финансы-кредиттик мекеменин иши.

ЭКВИВАЛЕНТ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ – АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЭКВИВАЛЕНТИ – бул термин кыска мөөнөттүү өтүмдүүлүгү жогору инвестицияларды белгилөө үчүн акча каражаттарынын жүгүртүлүшү жөнүндө отчетту түзүүдө пайдаланылат.

ЭКЗЕМПЛЯР – ЭКЗЕМПЛЯР (лат. exemplar – үлгү) – бир катар окшош буюмдардын (нерселердин) бир даанасы; мисалы нускасы ар кандай сандагы китептин бир даанасы.

ЭКОЛОГИЗАЦИЯ – ЭКОЛОГИЯЛАШТЫРУУ – табигат чөйрөсүнүн (же жалпы эле жашоо-тиричилик чөйрөсүнүн) сапатын чакан жана ири масштабдагы деңгээлде жакшыртуу же эң кур дегенде башталган калыбын сактап калуу менен катар, табигый ресурстарын жана шарттарын пайдаланууну натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзүүчү технологиялык тутумдардын жетишкендиктерин ж.б. чечимдерди билгичтикте, тең салмактап, акырындык менен ишке киргизүү процесси.

ЭКОЛОГИЧЕСКИЙ НАЛОГ – ЭКОЛОГИЯЛЫК САЛЫК. *Кара.* ***Налог за пользование природными ресурсами – табигат ресурстарын пайдалангандыгы үчүн салык.***

ЭКОЛОГИЯ – ЭКОЛОГИЯ (гр. oikoc – үй, мекен + ... логия) – адам менен курчап турган чөйрөнүн өз ара карым-катыш маселелерин ар тараптан иликтей турган келечектүү илимдин бир тармагы.

ЭКОНОМ – ЭКОНОМ (гр. oikonomos – үй башкармасы) – чарба башкаруучу инсан – *1*) үнөмчүл, чарбакер (чарбачыл) адам; *2*) чарба башчысы.

ЭКОНОМЕТРИКА, ЭКОНОМЕТРИЯ – ЭКОНОМЕТРИКА, ЭКОНОМЕТРИЯ – математикалык-статистикалык ыкмалардын жана моделдердин жардамы менен экономикалык объектилердин жана процесстердин конкреттүү сандык байланыштарын изилдей турган экономика илиминин олуттуу бир тармагы. Эконометриялык илим тармагынын катарына статистикалык операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү экономикалык-математикалык моделдер гана кирет. Анткени ар бир алмашуучу эконометриялык моделден кийин чарбалык механизмдин кандайдыр бир жагын ар кандай тактыкта чеңөөчү статистикалык белгилүү бир индикатор турат. Бул моделдин базасында жүргүзүлүүчү эсептөөлөр, жыйынтыктоолор адатта, жетишерлик эң жогорку өлчөмдө практикалык мааниге ээ болот. Алар мамлекеттин экономикалык саясатын, фирманын базар стратегиясын ж.б. маселелерди иштеп чыгууда кеңири пайдаланылат. Эконометриялык агымдын башкы башатында турган өкүлдөрүнө жана аны андан ары карай улоочуларына Нобел сыйлыгынын лауреаттары Р.Фриш жана Я.Тинберген, В. Леонтьев сыяктуу дүйнөлүк деңгээлдеги окумуштууларды кошууга болот. Леонтьевдин "чыгым-чыгарылыш" модели, Фриштин, Тинбергендин жана алардын жолун жолдоочулар Кобба-Дугластын өндүрүштүк функциясы, ж.б. эконометриялык олуттуу иштеп чыгуулар орто жана узак мөөнөттүү божомолдоонун көлөмдүү макромоделдеринин пайдубалын түзүшкөн.

ЭКОНОМИКА – ЭКОНОМИКА (гр. oikonomia – үй чарбасын жүргүзүү чеберчилиги) – коомдун өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшүнүн тийиштүү баскычына туура келүүчү өндүрүштүк катыштарынын жыйындысы. Мунун базис катары башкы жана аныктоочу элементи болуп, *өндүрүш каражаттарына* болгон менчиктин катыштары эсептелет (мисалы, феодализм, капитализм, социализм экономикасы); тигил же бул өлкөнүн же өлкөлөрдүн тобунун чарба комплекси басымдуулук кылган эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгээли, өндүрүш ыкмасы ж.б. менен айкындалат, (мисалы, көз каранды эмес шериктеш мамлекеттер өлкөлөрүнүн, АКШнын, Кыргыз Республикасынын экономикасы; чарба комплексинин өнөр жай тармактары жана продукцияны өндүрүү көлөмү (жумуштар же тейлөөлөр), анын сапаты, ресурстары, пайдалануу деңгээли жана пландуу тапшырмаларды аткаруу даражасы менен бышыкталуучу өндүрүш түрлөрү, алардын абалы, коомдук илимдер тобунун курамдык бөлүгү, чарба комплексинин белгилүү бир тармагын (өнөр жай, айыл чарба, транспорт, курулуш ж.б.) жана өнөр жай тармактарын (таш көмүр, химиялык, жеңил, токой өнөр жайы, машина куруу экономикасы ж.б.) изилдөө менен иш алып баруучу илим. *Экономика илимдеринин* тутумунда *фундаменталдуу* жана *колдонулма* илимдеринин тармактары ажыратылып бөлүнөт. Фундаменталдуу илимдердин максаты – объективдүү экономикалык мыйзамдарды таануу жана аларды натыйжалуу пайдалануу жолдорун негиздөө болуп саналат. Колдонулма илимдерде болсо жеке жана конкреттүү практикалык маселелерди чечүү үчүн фундаменталдуу иштеп чыгууларынын натыйжалары пайдаланылат. Алар функционалдуу белгилери боюнча (эмгек, материалдык-техникалык жабдуу, чийки зат ресурстар экономикасы ж.б.) тармактык (өнөр жай, машина куруу ж.б.) өзгөчөлүктөрү боюнча чектелет. Экономикалык илимдер курамына *бугалтердик эсеп, финансы, менеджмент, маркетинг* ж.б. кирет.

ЭКОНОМИКА, АТОМИСТИЧЕСКАЯ – АТОМИСТИКАЛЫК ЭКОНОМИКА – чарба комплексинин бардык тармактарда көп сандагы өз алдынча товар өндүрүүчүлөр калыптандырган атаандаштыктын эң

жогору даражасы менен айгинелөнүүчү экономика. Мындай нуктагы экономикада айрым өндүрүүчүлөр жана сатып алуучулар баага олуттуу таасирин тийгизе албайт. Бирок айрым тармактардын атомистикалык структурасы таасир этиши ыктымал.

ЭКОНОМИКА, ДЕФИЦИТНАЯ – ДЕФИЦИТТИК ЭКОНОМИКА – *финансылар, баалар, кредиттер* менен тыгыз байланыштыруусуз материалдык агымдарды жөнгө салууга басым жасаган пландуу мамлекеттик экономиканын формасы. Мындай экономикада көпчүлүк товарларга шарттуу дефицит түзүлөт.

ЭКОНОМИКА, ЗАКРЫТАЯ – ЖАБЫК ЭКОНОМИКА – белгилүү бир өлкөнүн товарларды жана тейлөө иштерин *экспорттобой* жана *импорттобой* калышы, б.а. дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен байланышы үзүлгөн өлкөнүн экономикасы. *Кара. Экономика открытая – ачык экономика.*

ЭКОНОМИКА, ОТКРЫТАЯ – АЧЫК ЭКОНОМИКА – *товарлардын* жана *тейлөө иштеринин экспортун* жана *импортун*, ошондой эле башка өлкөлөр менен байланыштуу *финансылык бүтүмдөрдү* иш жүзүнө ашыруучу өлкөнүн экономикасы. Экономиканын ачыктуулук принциби ар кандай экономикалык субъект берилген мамлекеттин аймагында тышкы экономикалык операцияларды иш жүзүнө ашырууга укуктуу экендигин билдирет. Чет элдик *юридикалык* жана *жеке тараптар* ички базарда ошол өлкөнүн мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык, ата-мекендик бардык шарттардын негизинде тең укукта иш-аракет кыла алат. Ачык экономиканы түзүү социалдык-экономикалык жактан ийгиликтүү өнүгүү үчүн төмөндөгүдөй мүмкүнчүлүктөрдү берет: *бизнестин* бардык тармактарында кыйла ыңгайлуу режимди түзүүгө жана чет элдик *инвестицияларды* (өзгөчө *эркин конверсиялануучу валютада*) тартууга, базар экономикасына өтүүдө капиталдын баштапкы топтолуусуна, ыңгайсыз иш процесстерин азайтууга олуттуу өбөлгө түзөт; жалаң эле *экспортко* даярдабастан, ошону менен ошол жерде да кала турган продукцияны өндүрүп чыгарууну ойдогудай уюштуруу, бир катар социалдык-экономикалык олуттуу маселелерди чечүүгө жана калкты жумуш менен камсыз кылууга, жумушсуздардын санын азайтууга, акырында келип өлкөнүн (же анын айрым аймагынын) калкынын жашоо тиричилик деңгээлинин өсүшүнө көмөктөшөт.

ЭКОНОМИКА ПРЕДПРИЯТИЯ – ИШКАНАНЫН ЭКОНОМИКАСЫ – ишканада жүргүзүлүүчү экономикалык процесстердин жыйындысы.

ЭКОНОМИКА, РАСТУЩАЯ – ӨСҮП ЖАТКАН ЭКОНОМИКА – менчиктүү ички инвестициялардын накта көлөмү нөлдөн өйдө, б.а. *менчиктүү ички инвестициялардын дүн көлөмү амортизациялык чегерүүнүн* суммасынан көбүрөөк болуучу экономикалык көрсөткүч.

ЭКОНОМИКА, РЫНОЧНАЯ – БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ – товар-

акча катыштарына, менчиктин ар кыл формаларына, өндүрүп-чыгаруулардын жана жарандардын эркин атаандаштыгына негизделген улуттук экономиканын уюштуруу тутуму. Анын алкагында төмөндөгүдөй негизги базарлар калыптанат: *товарлар* жана *тейлөө* иштери; *эмгек*; *финансылык ресурстар*; *жерди пайдалануу*. Мамлекеттик жөнгө салуу даражасы боюнча *базар модели, либералдык модель* жана *социалдык нукка багытталган модель* (экономиканын өнүгүшүнө мамлекеттин бир кыйла кийлигишүүсү менен) болуп ажыратылат. Варианттардын кыйла көптүгүнө жана өзүнчө мүнөздүүлүгүнө карабастан, азыркы кездеги базар экономикасынын башкы принциптери катары анын көп кырдуулугу, мамлекеттин активдүү кийлигишүүсү, экономикалык өсүштүн негизи катарында жогору өнүккөн технологияны пайдалануу болуп саналат. Базар тутумунда *ишкердиктин эркиндиги*, кесипти жана керектөөнү тандоо мүмкүнчүлүгү иш-аракетте болот. Тандоонун негизине ишкерлердин жана керектөөчүлөрдүн экономикалык кызыкчылыктары кирет. *Ишкерлер* пайда табууну колдон келишинче арбытууга, керектөөчүлөр болсо зарыл товарларды көбүрөөк чыгарып жана тейлөө иштерин жакшыртуу аркылуу пайда алууну оптималдаштырууга умтулушат. Кызыкчылыктардын келип чыгышы, атаандаштыктардын күчөшү, базар алкагындагы карым-катнаштардын калыптануусу аркылуу байкалат.

ЭКОНОМИКА, РЫНОЧНАЯ РЕГУЛИРУЕМАЯ – ЖӨНГӨ САЛЫНУУЧУ БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ – базар мамилелеринин шартында экономика тармактарын түз же кыйыр түрдө жөнгө салууну жүзөгө ашыруу мамлекеттин кийлигишүүсү аркылуу ишке ашыруу ыкмасы. Дүйнөнүн көптөгөн мыкты өлкөлөрүнүн калыптанган бай тажрыйбасына ылайык экономиканын бардык тармактарын, айрыкча келечектүү тармактарын өтө кылдат жөнгө салуу керектиги толук ашкереленген. Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүдө мына ушундай ыкма толук ылайык келет.

ЭКОНОМИКА, РЫНОЧНАЯ СВОБОДНАЯ – ЭРКИН БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ – сатып алуу-сатуу процессинде мамлекеттин же жергиликтүү бийлик жана башкаруу органдарынын кийлигишүүсүз товарлардын, тейлөөлөрдүн жана баалуу кагаздардын эркин базар шартындагы атаандаштыкка негизделген экономиканы өнүктүрүү ыкмасы.

ЭКОНОМИКА, СМЕШАННАЯ – АРАЛАШ ЭКОНОМИКА – тигил же бул өлкөнүн экономикасын башкаруунун, өнүктүрүүнүн өзөгүн жеке менчиктүүлүк менен мамлекеттик сектордун удаалай үстөмдүк кылышы. Мамлекеттин улуттук чарбасынын белгилүү бир бөлүгү өкмөттүн мекемелерине, уюмдарына тиешелүү келип жана алар тарабынан башкарылуучу, ал эми анын дагы бир тиешелүү бөлүгү – жеке менчик ээлерине же алардын жамааттарына таандык болуп, ошол эле учурда алар

аркылуу башкарылуучу экономиканын өзгөчө түрү. Муну кеңири маанide алганда жеке менчик ээлери өзүнүн алдына көбүрөөк *пайда* алуу максатын көздөйт да, *мамлекеттик (коомдук) сектор* негизинен калктын социалдык-экономикалык жактан көрсөткүчтөрүн жакшыртууну максат кылып коёт. Жеке менчикке ыктаган сектор – акционерликтештириле элек *ишканаларды* (фирмаларды), мисалы жеке ээлик кылуучу ишкерлерди, өнөктүк орток ишканаларды, ошондой эле *акционердик коомдорду* же *компанияларды*; *мамлекеттик сектор* – министрликтерди, *социалдык камсыздоо* жана саламаттыкты сактоо мекемелери, окуу жайлары, куралдуу күчтөр ж.б., ошондой эле бийликтин жергиликтүү органдары, ар кандай *корпорациялар* (*мамлекеттик, муниципалдуу, ачык акционердик коом* ж.б.) жана мамлекеттик менчикке айландырылган *ишканалар*, чарба комплекстеринин тармактарын камтыйт. *Кара. Экономика рыночная – Базар экономикасы, Кейнсианство – Кейнсчилик, Монетаризм.*

ЭКОНОМИКА ТЕНЕВАЯ – КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКА – мамлекеттик жөнгө салып туруу механизми аркылуу көзөмөлгө алуу кыйыныраак болуучу белгилүү өлчөмдөгү *өндүрүш*, бөлүштүрүү, *товардык-материалдык баалуулуктарды* жана *тейлөөлөрдү алмашуу* жана *керектөөнүн* жыйындысы. Бул мамлекеттик башкаруу органдарынан жана коомчулуктан өзүнүн керт башынын пайдасына же белгилүү бир топтун кызыкчылыгына мамлекеттик же жеке менчик мыйзамга сыйбаган ыкмада, караөзгөйлүк менен пайдалануу боюнча айрым жарандардын, уюшулган топтордун ич ара социалдык-экономикалык нуктагы карым-катнаштары. Көмүскө экономикасы төмөндөгүлөрдү камтыйт: криминалдык экономика (мисалы, түрдүү баскычтагы уурдоо, кызматтык абалынан кыянаттыкта пайдалануу жана чарба ишинде жеке пайдасын көздөө, жашыруун кылмыштуулук); көзөмөлдөөнүн бардык түрлөрүнөн толугу менен көмүскөлөнгөн жашыруун экономикалык иш-аракеттер (бангизат бизнеси, кумар оюндары, сойкулук); кирешени экономикалык нуктан тышкары бөлүштүрүү формасы катары жеке менчикке каршы жалпы кылмыштуулук (жеке менчик мүлктү уурдоо, тоноо, каракчылык кылуу, жула качуу, б.а. мамлекеттик, жеке менчиктүү мүлктү, акча каражаттарын коркутуу, опузалоо же күч колдонуу менен алуу); жалган экономика – официалдуу экономика тармактарындагы эсеп-кысап иштеринде чындыкка жакындашпаган, жалган көрсөткүчтөрдү берүү, көз боёмочулук кылуу; формалдуу эмес экономика – уюмдун официалдуу белгиленген тартибин, экономикалык байланыштардын ишке ашуусун алмаштыруучу жана жеке карым-катнаштарга, алардын ортосундагы түздөн-түз байланыштарга негиздөлүүчү экономикалык субъектилердин ортосундагы карым-катнаштар тутуму. Көмүскө экономика азыр дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө тигил

же бул өлчөмдө орун алган. Мунун тамырын толугу менен кыркуу мүмкүн эмес. Мамлекеттин башкаруу органдары канчалык мыкты жана таза иштесе көмүскө экономика элементтери кыйла солгундайт, ал эми тескерисинче мамлекеттин башкаруу органдары чабал болуп, өздөрү дагы аралашып кетсе, анда көмүскө экономика күч алат. Мунун түбү келип өлкөнүн экономикасына олуттуу терс таасирин тийгизип, калк ичинде жиктөөнү пайда кылат.

ЭКОНОМИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ МЕТОДЫ – ЭКОНОМИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК МЕТОДДОР – экономиканын маселелерин математиканын жана кибернетиканын жардамы менен чечүүнүн ыкмалары. Алардын негизи катары экономикалык (экономика-математикалык) моделдер, тагыраак айтканда системаларды изилдөөнүн жүрүшүндө түрдүү элементтердин ортосундагы логикалык жана сандык байланыштарды (көз карандуулуктарды) аныктоо үчүн экономикалык процесстерди, кубулуштарды жана маселелерди математикалык каражаттар менен баяндап жазуу болуп саналат. Математикалык моделдердин жардамы менен алардын өз ара байланышынын жана шартталуусунун экономикалык процесстеринин негизги касиеттерин туюнтат. Экономикалык тигил же бул процесстин модели изилденүүчү объектинин оозеки, графикалык, математикалык ж.б. түрдүү элестетип көрсөтүүнүн жардамы менен даярдалат. Экономикалык процесстерди, алардын ички органикалык байланыштарын сапаттык жана сандык жагынан *анализдөөнү* жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү бир кыйла *универсалдуу модель* катары математикалык модель эсептелет. Бул эң алды менен белгилүү жана иликтенүүчү параметрлердин ортосундагы зарыл чектөөлөр, өз ара байланыштар жана тиешелүү натыйжалуулуктун критерийин математикалык баяндап жазуунун максаттуу функциясы катары саналуучу теңдемелердин, барабарсыздыктардын тутумун камтыйт. Эсептеп чыгарылуучу маселенин милдеттүү элементи катары накта ресурстар, пландоонун шайкештиги же өзгөчө шарттар, факторлор менен аныкталып көрсөтүлүүчү чектөөлөр саналат. Экономикалык процесстин математикалык моделин сандык эсептеп чыгаруу өзгөрүлмөлүү белгисиз чоңдуктардын маанилерин (алгоритмди түзүүдө аларды аныктап белгилөө үчүн) табууну болжойт. Пландоонун жана башкаруунун көп сандаган маселелерин эсептеп чыгарууда эң мыкты иш-аракеттердин программасын тандоо максаты менен алдыга коюлган максатка жетишүү үчүн математикалык программалоо (сызыктуу жана сызыктуу эмес) колдонулат. Ал төмөндөгүдөй эки багытка бөлүнөт: биринчи багытына мааниси дээрлик математикалык программалоонун нугунда түзүлгөн маселелердин детерминделиши кирет да, мында баштапкы маалыматтардын бардыгы толугу менен аныкталат; экинчи багытына стахостикалык программалоо деп аталуучу

маселелер таандык, алардагы маалымат белгисиздик элементтерин камтыйт да, анын кээ бир параметрлери туруктуу эмес кокустук, ыктымал мүнөздө болот. Мисалы, ишкананын (фирманын) иш-аракеттерин пландоо, көбүнчө толук эмес маалыматтын негизинде жүргүзүлөт. Сызыктык программалоо экстремалдык маселелердин теориясын жана методдорун – берилген чоңдуктун максималдуу же минималдуу көрсөткүчүн, белгилүү бир көрсөткүчтүн эң мыкты маанисин табуу маселелерин камтыйт. Мисалы, *эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн* максимумун, пайданын же *өздүк нарктын* минимумун табуу. Экономикалык маселелердин көпчүлүгү адатта экстремалдуу болуп саналат. Оптималдаштыруу маселесин коюу үчүн пландалуучу объектини (процессти, кубулушту) сапаттуу деңгээлде изилдеп үйрөнүү, анын өнүгүшүнүн мүмкүн болуучу багыттарын ачуу, иш-аракетте болушу үчүн зарыл негизги факторлорду аныктап белгилөө жана пландуу чечимдерди кабыл алууда жетекчиликке алуу талап кылынган критерийлерди аныктап белгилөө зарылчылыгы келип чыгат. Мына ушул негизде кабыл алынган оптималдуулук критерийин туюнтуучу, пландын жол берилүүчү варианттарын жана максаттык функцияны тактап белгилей турган чектөөлөр системасын камтуучу объектинин экономикалык-математикалык модели калыптанат. Тиешелүү маселенин чыгарылышы берилген чектөөлөрдөгү максаттык функциянын экстремумун (эң чоң же эң кичине маанисин) математикалык программалоо методу менен табуудан турат. Натыйжада пландын бардык мүмкүн болгон варианттарынан критерий менен кабыл алынган көз караш боюнча эң мыктылары тандалып алынат. *Кара. Экономические модели – экономикалык моделдер.*

ЭКОНОМИКС – ЭКОНОМИКС – коомдук өндүрүштү базардык нукта уюштуруу теориясы. Ал экономика илиминин олуттуу бөлүгү болгон *макроэкономика* жана *микроэкономика* тармактарын камтыйт. Коомдун экономикалык процесстеринин теориялык негиздерин изилдейт. "Экономикс" терминин кеңири карым-катнашка учурунда Британ окумуштуусу экономист А. Маршалл киргизип, мурда кеңири пайдаланып келген "саясый экономия" түшүнүгүн толук алмаштырууга жетишкен. "Экономикс" предметинин негизин сурам жана сунуш теориясы, базар тең дештигин орнотуу, атаандаштык, базар алкагындагы дүң өндүрүүчүлөр жана керектөөчүлөрдүн жагдайын изилдөө эсептейт. "Экономикс" англисчеден которгондо "экономика", "экономикалык теория" термини менен алмаштырып кароо кыйла туура болот.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ КИБЕРНЕТИКА – ЭКОНОМИКАЛЫК КИБЕРНЕТИКА (гр. kybernetike – башкаруу искусствосу) – экономикалык кубулуштарды изилдөөгө жана экономикалык процесстерди башкарууга карата кибернетиканын колдонулушу жана методдору менен иш алып баруучу илимий багыт. Экономикалык кибернетика экономика тармактарын, ошондой эле анын структуралык жана функционалдуу звенолорун системалар катары карайт, звенолордо башкарылуучу объектиден алынган маалыматтын негизинде жөнгө салуу жана башкаруу процесстери жүрүп турат. Анын негизги методдору экономикалык процесстерди изилдөөгө ар кандай илимдерди (мисалы, математиканы, социологияны) колдонууга негизделген системалуу мамиле жасоо, динамикалык (экономикалык системаларды өнүгүүдөгү жана реалдуу иш-аракеттеги абалда изилдөө), предметтер аралык мамиле жасоо болуп саналат. Бул методдор маалыматты стандарттоого жана унификациялоого мүмкүндүк берет; экономикалык маалыматты алууну, берүүнү жана иштеп чыгууну ийгиликтүү кылууга (пайдалуу кылып иштөөгө), аны иштеп чыгуунун техникалык каражаттарынын структурасын жана курамын негиздөөгө мүмкүндүк түзөт, автоматтык башкаруу станциясын (АБС) түзүүнүн теориялык негизи болуп кызмат кылат. Экономикалык кибернетиканын методдорун колдонуу татаал экономикалык өз ара байланыштарды жакшыраак түшүнүүгө, өндүрүштү бир кыйла натыйжалуу жана оперативдүү башкарууга мүмкүндүк берет.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ СИСТЕМА – ЭКОНОМИКАЛЫК СИСТЕМА – коомдук өндүрүш системасы, тагыраак айтканда өндүргүч күчтөрүнүн жана өндүрүштүк мамилелердин жыйындысы. Бул өндүрүү, алмашуу, бөлүштүрүү процессин жана материалдык баалуулуктарды камтуучу татаал, ыктымалдуу, динамикалык система. Кибернетикалык система классына кирет да, көп баскычтуу структурага ээ болуп, анын айрым бөлүктөрү, ошондой эле белгилүү өз алдынчалыкка жана өзүн өзү жөндөөгө айрым мүмкүнчүлүктөрү бар татаал система катары эсептелет.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ТЕОРИЯ НАЛОГООБЛОЖЕНИЯ – САЛЫК САЛУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК ТЕОРИЯСЫ. Белгилүү бир мамлекеттин тиешелүү функцияларын аткаруу үчүн акча каражаттарынын фондусу зарыл болот. Мындай финансылык ресурстардын булагын өкмөт салктан (*жеке* жана *юридикалык жактары* боюнча) жыйнаган каражаттар түзөт. Мамлекеттик атайын мыйзам чыгаруунун негизинде өкмөттүн тиешелүү органдары тарабынан жүргүзүлүүчү жыйымдар салык түрүндө алынат. Мында салыктар киреше алган бардык юридикалык жана жеке тараптардын мамлекеттик финансы ресурстарынын калыптанышына аралашкан милдеттенмелерин туюнтат. Ушундан улам салыктар *мамлекеттик финансы саясатынын* эң негизги мууну катары эсептелет. *Салыктык ставкалар ич ара туруктуу, шайкештүү, прогрессивдүү* жана *регрессивдүү* болуп айырмаланат. *Туруктуу ставкалар* кирешенин өлчөмүнө карабастан салык салуунун бирдигине абсолюттук суммада коюлат (мисалы, көмүрдүн жана мунайдын тоннасына). *Шайкештүү* салык өл-

чөмүнүн дифференциациясы эсепке алынбастан, анын көлөмүнө бирдей пайыздык катышта колдонулат (мисалы, эмгек акыга салык). *Прогрессивдүү* салыкта болсо орточо ставкасы кирешенин өсүшүнө карай жогорулайт. *Регрессивдүү* салыкта орточо ставкасы кирешенин өсүшүнө карай тескерисинче төмөндөйт. Төлөө жөндөмдүүлүгү боюнча салыктар ич ара түз жана кыйыр болуп ажырайт. Түз салыктар салык субъектисинен алынат (кирешеге жараша калктан *салык, социалдык камсыздандыруу фондусуна* салыктар ж.б.). Кыйыр салыктар – бул аныкталып тандалган товарларга жана тейлөөлөргө карата салыктар. Кыйыр салыктар баага карата кошумча түрүндө алынат (мисалы, акциздер). Акциздер эң керектүү тандалган товарларга жайылтылган *кыйыр салыктын* бир түрү (сигареттер, спирттик ичимдиктер, путевка жана тейлөөлөр, театр белеттери ж.б.). *Кошумчаланган наркка карата салык*. Бул алгач ирет 1954-ж. Францияда киргизилген. Кошумчаланган наркка карата салык "жиберилген" баа менен товарларды өндүрүүгө кеткен чыгымдардын ортосундагы айырмачылыктан алынат.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ, ЧИСТАЯ ПРИБЫЛЬ – ЭКОНОМИКАЛЫК НАКТА ПАЙДА – жалпы киреше менен чыгымдын ортосундагы айырма; ал өндүрүүчүнүн милдеттендирилген чыгымдарын, анын пайдаланбай калган мүмкүнчүлүктөрүн камтыйт; эсептик бугалтердик пайданын жана милдеттендирилүүчү чыгымдардын ортосундагы айырма катары эсепке алынат.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ЭФФЕКТИВНОСТЬ – ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛУУЛУК – экономикалык иш-аракеттерден, экономикалык программалардан жана иш-чаралардан алынган жыйынтык; бул алынган экономикалык натыйжа тиешелүү нарктагы факторлорду, ресурстарды колдонуу менен ал алынган жыйынтыкка көмөктөшкөн факторлорго, ресурстарга чыгымдалган жыйындын катышы менен мүнөздөлөт; белгилүү нарктагы ресурстарды пайдалануу менен өндүрүштүн олуттуу көлөмүнө жетишүү.

ЭКОНОМИЧЕСКИЕ МОДЕЛИ – ЭКОНОМИКАЛЫК МОДЕЛДЕР (фр. modele, лат. modulus, ит. modello – өлчөм, ченем, үлгү) – изилденүүчү *системалардын* ар кандай элементтеринин ортосундагы логикалык жана сандык көз карандылыктарды (байланыштарды) аныктап белгилөө үчүн экономикалык процесстерди, кубулуштарды жана маселелерди математикалык каражаттар менен баяндап жазуу. Экономикалык процесстердин сапаттык мыйзам ченемдүүлүктөрүнө жана экономикалык структуралардын элементтеринин ортосундагы көз карандылыктарга (байланыштарга) сандык белгиленген аныктыкты берүүгө мүмкүндүк түзөт. Жалпы формада модель – изилдеп-текшерүүнү жөнөкөйлөтүү үчүн конструкцияланган изилдөө объектинин шарттуу үлгүсү болуп саналат. Моделдин касиеттери

боюнча объектинин бардык касиеттери жөнүндө эмес, моделде жана объектиде окшош болгондор жөнүндө гана ой жорууга болот (мындай касиеттер олуттуу деп аталат). Объектинин ошол учурдагы абалы баяндала турган экономикалык моделдер статистикалык, ал эми объектинин өнүгүшү көрсөтүлө турган болсо динамикалык деп аталат. Моделдер сандык (сандык мисалдар түрүндө), аналитикалык [экономикадагы математикалык байланыштуулукту көрсөтүүчү жана натыйжалардын чыгымдардан функционалдуу байланыштуулукта болорун формула түрүндө көрсөтүүчү], матрицалык (таблицалар формасында) жана *торчо графиктердин* формасында деп ажыратылат. Экономикалык моделдер экономикалык процесстерди, божомолдоону жана бардык звенолорунда жана экономиканы башкаруунун деңгээлинде пландоону анализдөө үчүн колдонулат. Алар негизинен төмөндөгүдөй эки чоң топко бөлүнөт: пландын көбүнчө өндүрүш жагын чагылдыруучу жана өнүгүүнүн социалдык багытын көрсөтүүчү моделдер. Биринчи топко экономикалык өнүгүшүнүн жыйынтыкталган көрсөткүчтөрүнүн узак мөөнөттү божомолдоонун моделдери, өндүрүштү оптималдуу пландоо жана жайгаштыруунун, ошондой эле өндүрүш структурасын оптимизациялоонун тармактык моделдери ж.б. кирет. Экинчи топко калктын кирешелерин жана керектөөлөрүн божомолдоо жана пландоо менен байланыштуу моделдер жана демографиялык процесстер моделдери ж.б. бир кыйла иштелип чыккан маселелер таандык. Бул моделдер экономикалык-математикалык же математикалык деп аталат. *Кара. Экономико-математические методы – экономика-математикалык методдор.*

ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ – ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР – коомдун экономикалык абалынын жана өнүгүшүнүн объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө, чарбалык тиричиликтин кубулуштарын статистикалык иштеп чыгуу жана теориялык системалаштыруу, *өндүрүш* нугунда практикалык сунуштарды иштеп чыгуу, *материалдык ресурстарды бөлүштүрүү, керектөө* жана алардын алмашуусу менен иш жүргүзүүчү илимдердин системасы. Буларды классификациялоо бир катар белгилери боюнча ишке ашырылат да, алардын негизгилери – изилдөө объектисинин практикалык колдонулушунун жалпылыгы болуп эсептелет. Изилдөө объектинин жалпы мааниси боюнча экономикалык илимдер жалпы жана конкреттүү болуп ажыратылат. Жалпы экономикалык илимдерге, мисалы, *экономикстн* (экономикалык теориялар), коомдук өндүрүштү башкаруу теориясы ж.б. кирет. Мында өзгөчө орунду *экономикалык статистика, бугалтердик эсеп*, чарбалык иш-аракеттердин анализи, экономикада математикалык методдордун колдонулушу ж.б. ээлейт. Конкреттүү экономикалык илимдерге – *финансы, кредит, акча айланымы, баа чыгаруу,*

эмгек экономикасы ж.б. кошулат. Тармактык экономикалык илимдерге – өнөр жай, айыл чарба, транспорт, байланыштар экономикасы ж.б., ошондой эле өнөр жайдын жана өндүрүштүн айрым тармактарынын экономикалык маселелерин изилдей турган дисциплиналар кирет. Ал эми аймактык нуктан (регионалдык, өлкө таануу) экономикалык илимдерди изилдөө предмети катары айрым өлкөлөрдүн, региондордун ж.б. экономикасы саналат. Экономикалык илимдердин мындай чектөөлөрү белгилүү даражада шарттуу мүнөздө болот. Мисалы, чарба комплексинин экономикалык өнүгүшү (аны пландоо) жөнүндөгү илим коомдук экономикалык илим катары, ошондой эле функционалдуу нукта да каралышы мүмкүн. Экономикалык илимдерди изилдөөлөрдүн жыйынтыгы практикалык жактан колдонулушу боюнча төмөндөгүлөргө бөлүнөт: фундаменталдуу экономикалык илимдер – булардын изилдөөлөрүнүн максаты объективдүү экономикалык мыйзамдарды таануу, чарбалык механизмдин иштөө шарттарын жана факторлорун ачуу, ресурстарды натыйжалуу пайдалануу жолдорун жана ыкмаларын негиздөө менен туюнтулат; колдонулма экономикалык илимдер – булардын максаты жеке маселелерди чечүү, чарбалык иштерди практикалык жактан кароо, конкреттүү экономикалык иш-чараларды иштеп чыгуу ж.б. болуп саналат. Фундаменталдуу иштеп чыгуулар колдонулма илимдердин негизин түзөт, булардын экономикалык изилдөөлөрдө оптималдуу айкалыштырылышы айрым бирикмелердин (*фирмалардын, ишканалардын*), өнөр жай тармактарынын жана чарба комплексинин бүтүндөй өнүгүшүнүн натыйжалуулугун камсыз кылат.

ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ФУНКЦИИ ГОСУДАРСТВА – МАМЛЕКЕТТИН ЭКОНОМИКАЛЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ. Тигил же бул өлкөнүн чарба комплекстериндеги мамлекеттин ролу анын тиешелүү функциялары аркылуу ишке ашырылат. Булар ар түрдүү келип, кыйла олуттууларына төмөнкүлөр кирет: экономиканын укуктук негиздерин иштеп чыгуу жана бекитүү; макроэкономикалык өнүгүүнүн башкы багыттарын аныктоо, тагыраак айтканда бүгүнкү күндө улут үчүн эмне маанилүү, канча ресурстарды талап кылат, канчалык убакыт ичинде натыйжасын (социалдык, экономикалык, экологиялык, дүйнөлүк чарбалык) берет; социалдык баалуулуктарды ишке ашыруу; экономикалык иш-аракеттерди жөнгө салуу. Мамлекеттин негизги максаты макроэкономикалык орчундуу, келечектүү милдеттерди аныктоо болуп саналат. Базар мамилелери ишканалардын жана фирмалардын иш-аракеттерин жөнгө салат, мамлекет болсо кабыл алынган мыйзамдардын негизинде базар функциясын тигил же бул өлчөмдө жөнгө салат. Мыйзам чегиндеги мындай жагдай мамлекет ишканалардын жана базардын иш-аракеттерине кийлигишүүсүнүн чектелүү экендигин билдирет. Мамлекет

фирма же компания өнүгүү процессинде алдыга койгон максаттарынан олуттуу четтеп кеткен учурда кийлигишүүсү мүмкүн. Мындай учурда кийлигишүү мамлекеттик жөнгө салуу механизми аркылуу ишке ашат. Мамлекеттик жөнгө салуу механизми болсо өкмөттүн эле эмес, ошону менен бирге ишкана, фирмалардын кызыкчылыгына бирдей туура келиши керек.

ЭКСПАНСИЯ – ЭКСПАНСИЯ (лат. expansio – кеңейтүү, жайылтуу) – экономикалык методдор менен (мисалы, капиталды тышка чыгаруу, жогору пайыз менен берилүүчү карыздар), ошондой эле экономикалык эмес методдор менен (дипломатиялык басым көрсөтүү, куралдуу күч колдонуп басып алуу ж.б.) ишке ашырылуучу таасир этүү сферасынын кеңейиши.

ЭКСПЕРТИЗА – ЭКСПЕРТИЗА – илим, техника, искусство ж.б. жаатында чечүүдө, атайын тааныпбилүүнү талап кылууда кандайдыр бир маселелерди атайын адистердин (эксперттердин) изилдөө иши. Мисалы, бугалтердик экспертиза, патенттик экспертиза ж.б.

ЭКСПЛУАТАЦИОННЫЕ ЗАТРАТЫ – ЭКСПЛУАТАЦИЯЛЫК ЧЫГЫМДАР – *өндүрүштүн* күндөлүк чыгашалары. Бул термин жаңы техниканы экономикалык негиздөөдө ж.б. учурларда продукциянын, жумуштардын, тейлөөлөрдүн (анын бөлүктөрүнүн) өздүк наркын белгилөө үчүн кеңири пайдаланылат.

ЭКСПОРТ – ЭКСПОРТ (англ. export, лат. exportare – ташып чыгаруу) – эл аралык базарда сатуу үчүн *товарды, капиталды* бир өлкөдөн экинчисине алып чыгуу. Экспорт төмөндөгүдөй болуп ажыратылат: товарларды, буюмдарды, чийки заттарды, техникалык каражаттарды ташып чыгаруу; чет элдик өнөккө көрсөтүлүүчү өндүрүштүк нуктагы тейлөөлөр; капитал экспорту – капиталды чет өлкөгө акча же товар түрүндө жайгаштыруу жана аны тейлөө (ошонун ичинде *патент, лицензия, "ноу-хау"* формасында) аркылуу туруктуу түрдө *пайда* алып туруу укугун берет. Ошондой эле *көмүскө* экспорт деп дагы ажыратылат – жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү экинчи өлкө аркылуу кийинкисине ташып жеткирүү, камсыздандыруу жана кредиттик операциялар, чет элдик туризм ж.б. боюнча транспорт (негизинен деңиздик) менен тейлөөлөрдү ишке ашыруудан түшкөн төлөмдөрдүн эсебинен калыптанат. Экспорт базар мамилелери өнүккөн шарттарда эл аралык экономикалык кызматташтыктын жана эмгекти бөлүштүрүүнүн негизги формасы болуп саналат да, импорттун материалдык зарыл шарты болуп кызмат кылат. *Экспорттук* жана *импорттук карым-катнаштар* (катыштар) өз ара тыгыз байланыштуу болуп, ошону менен бирге тышкы сооданын жыйынтыгын баалоого мүмкүндүк берет.

ЭКСПОРТ ИНФЛЯЦИИ – ИНФЛЯЦИЯ ЭКСПОРТУ – экономикалык карым-катнаштардын негизинде жана акча, баа аркылуу келип

чыккан инфляциянын бир өлкөдөн экинчи өлкөгө таралышы.

ЭКСПОРТ КАПИТАЛА – КАПИТАЛ ЭКСПОРТУ – пайда алууну көбөйтүү, экономикалык жана саясый нугун бекемдөө жана үстөмдүк кылуу чөйрөсүн кеңейтүү максатында *акча* же *товардык формада* ишке ашырылуучу чет мамлекетке *капитал чыгаруу*, жайгаштыруу.

ЭКСПОРТ НЕВИДИМЫЙ – БАЙКАЛБАГАН ЭКСПОРТ – өлкөнүн эл аралык эсеп-кысабынын балансында камтылуучу тейлөө экспорту жана финансылык каражаттар. Буларга негизинен *товарларды жеткирип-тапшыруу наркы, банктык тейлөөлөр, роялти, камсыздандыруу кирешеси, рента, банктык пайыздар, дивиденддер,* туристтердин чыгымдары кошулат.

ЭКСПОРТ ТОВАРОВ – ТОВАРЛАРДЫН ЭКСПОРТТОЛУШУ – бир өлкөдөн экинчисине товарлардын ар кыл түрлөрүн чыгаруу ишин башынан аягына чейин камтуучу процесс. Товарларды тышка чыгаруу дүйнөлүк сооданын жалпы эле экономика тармактарынын өнүгүшүнө олуттуу салымын кошот. Эл аралык деңгээлдеги тажрыйба көрсөткөндөй канчалык экономикасы мыкты өнүксө, ошончолук сапаттуу товарларды сыртка көбүрөөк чыгарып акча каражатын арбын табат. Бирок, экспортко чыгарылуучу товардын жана тейлөө ишинин түпкү өзөгү ошол өлкөнүн жаратылыш ресурстарына, аны пайдалануу деңгээлине, экономика тармактарынын өнүгүү өзгөчөлүгүнө, келечегине тыгыз байланыштуу келет. Мисалы, Европанын өнүккөн айрым өлкөлөрү чыгарган товарларынын кээ бир түрлөрүнүн 85–90% чейинки үлүшүн экспортко жөнөтүп турат. Илим менен техниканын өнүгүшүнө, калктын өсүшүнө байланыштуу экспорттолуучу товарлардын көлөмү, түрү өзгөрүлүп турат. Экспорт товарларына техникалык жабдуулар, даяр товарлар, чийки заттар, продуктулар, жартылай-фабрикаттар, айтор, бардык товардын түрлөрү кирет; алар чет өлкөлөргө кайра иштетүү, кураштыруу, ондоо максатында, кийин улуттук экономика нугунда кайрадан өркүндөтүлгөн товар түрүндө андан ары пайдалануу үчүн алынып келинет. Башка өлкөлөргө өркүндөтүүгө жана ондоого жөнөтүлгөн товарлар адатта чет мамлекеттин экономикасынын мүлкү болуп саналбайт да, ошол өлкөнүн жалпы импорт алкагын өркүндөтүү боюнча жумуштардын наркы гана кошулат. Ал эми аткарылган иштин наркы өлкөнүн-заказчынын экспорт үлүшүнө кошулуп кетет.

ЭКСПОРТ ЧИСТЫЙ – ТАЗА ЭКСПОРТ – экспорттолуучу товарлардын *экспорт* менен *импорттун* ортосундагы айырмасы.

ЭКСПОРТ, ЧИСТЫЙ НЕГАТИВНЫЙ – ТАЗА НЕГАТИВДҮҮ ЭКСПОРТ – өнүгүп келе жаткан айрым өлкөлөргө, ал эми кээде өнүккөн өлкөлөргө тиешелүү болуучу жагдай; белгилүү бир убакта *импорт үлүшү экспорттон ашып кетет да*, тышкы карыздын пайда болушуна себепкер болот.

ЭКСПОРТЕР – ЭКСПОРТЧУ – экспорт менен иш алып баруучу *жеке же юридикалык тарап (жак)*.

ЭКСПОРТНЫЙ КРЕДИТ – ЭКСПОРТТУК КРЕДИТ – чет өлкө фирмаларына жана мамлекеттерге товарларды кредитордун өлкөсүнөн сатып алуу максатында экспорттоочулар тарабынан берилүүчү кредит. Экспорттук кредит төмөнкүдөй түрлөргө айырмаланат: жеткирип-тапшыруучунун (экспорттоочунун импорттоочуга – сатып алуучуга) фирмалык кредити жана сатып алуучуга берилүүчү банктык же мамлекеттик кредити (финансылык кредити). Бул эреже катары, вексель түрүндө болуп, ал негизинен экспорттоочу тарабынан коюлуучу жана импорттоочу тарабынан белгилүү мөөнөттө акцепттелүүчү векселге карата берилет.

ЭКСПРЕСС-ГРУЗ – ЭКСПРЕСС-ЖҮК – өтө жогорулатылган ылдамдык менен жүрүүчү жана ири автобекеттерде, станцияларда гана аялдоочу поездде, кемеде, автобуста ж.б. ташылуучу жүк.

ЭКСПРОПРИАЦИЯ – ЭКСПРОПРИАЦИЯ (лат. exprorpriatio – менчигинен ажыратуу) – мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлүүчү кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкүнөн юридикалык мажбурлап же төлөп берип ажыратуу. Бул кунун төлөгөнүнө же төлөбөгөнүнө жараша ич ара айырмаланат. Кунун төлөп бергени *реквизиция*, ал эми төлөнбөгөнү – *конфискация* деп аталат.

ЭЛАСТИЧНОЕ ПРЕДЛОЖЕНИЕ – ИЙКЕМДҮҮ СУНУШ – сунуштун ийкемдүүлүк коэффициенти тиешелүү бирдиктен чоңураак болгондо, тагыраак айтканда, сунуштун чондугунун өзгөрүү пайызы товардын баасынын өзгөрүү пайызынан көбүрөөк болгондогу сунуш. **Сунуштун ийкемдүүлүгү** – сунуш кылынуучу товардын жана тейлөөнүн санындагы өзгөрүүнүн алардын баасынын өзгөрүүсүнө кайтарган жооп даражасы; ал сандагы пайыздык өзгөрүүлөрдүн баага катышы аркылуу өлчөнөт. Узак убакыттык перспективада ал сунуш көбөйтүүчү баа фактору катары пайдаланылып өсөт.

ЭЛЕКТРОННАЯ ИНФОРМАЦИЯ – ЭЛЕКТРОНДУК МААЛЫМАТ – компьютердик системаларда, компьютердик коммуникацияларда жана аларга байланыштуу электрондук жабдууларда ишке ашырылган операциялар тууралуу электрондук формадагы маалымат.

ЭЛЕКТРОННЫЙ ПЛАТЁЖ – ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМ – Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына жана белгиленген иш-тартибине ылайык электрондук төлөм документинин жардамы менен жүргүзүлүүчү төлөмдөр.

ЭЛЕКТРОННЫЙ ПЛАТЕЖНЫЙ ДОКУМЕНТ – ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМ ДОКУМЕНТИ – эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн жана электрондук цифралык кол тамга менен күбөлөндүрүлгөн, жетиштүү маалыматты камтыган, электрондук формада түзүлгөн төлөө документинин түрү.

ЭМБАРГО – ЭМБАРГО (исп. embargo – камоого буйрук берүү) – мааниси боюнча тыюу салуу, камоого кол коюу дегенди билдирет. *1*) мамлекеттик бийлик тарабынан кандайдыр бир өлкөдөн алтын, *товарларды, баалуу кагаздарды* алып кирүүгө же өлкөдөн алып чыгууга тыюу салынышы; *2*) мамлекеттик бийлик тарабынан өз өлкөсүнүн деңиз портторуна башка өлкөлөргө тийиштүү кемелердин кирүүсүнө, ошондой эле алардын, жүктөрдүн портто кармалып турушуна тыюу салуучулук.

ЭМБОССИРОВАНИЕ – ЭМБОССИРЛӨӨ – рельефтик белгилер түрүндө картка маалыматтарды берүү.

ЭМИССИОННАЯ ПРИБЫЛЬ – ЭМИССИЯЛЫК ПАЙДА. *Баалуу кагаздардын (акциялардын жана облигациялардын)* эмиссиясынан түшкөн *банктардын* жана *финансылык компаниялардын пайдасы.* Өзүнүн капиталын көбөйтүү үчүн акциялардын жаңы чыгарылышына барган *акционердик коомдор* каадасынча арбын акча капиталы бар, ошол капиталынын жарым-жартылайын акцияларга салып турган ири банктарга акцияларды жайгаштырууга берет. Банктар акцияларды жайгаштыруу үчүн ошондой эле өзүнүн филиалдарынын тармагын жана кеңири кардарларын пайдаланат. Жаңы даярдалган акцияларды сатууну өзүнө алган банктар акционердик компаниялардан ошолордун аларды сатып жаткан курсунан кыйла төмөнкү курс боюнча сатып алат. Курстардагы бул айырма *эмиссиялык кирешени* түзөт да, адатта алар жаңы эмиссиянын суммасынан 4–6% ды, айрым учурда 6–10% ды жана андан да жогорку өлчөмдү түзөт. Мамлекеттик зайымдардын чыгарылышынан түшкөн *эмиссиялык пайда* алар өзүнүн *номиналдык* жана *базардык курсунан* төмөнкү курс боюнча мамлекет банктарга *облигация* сатуусуна байланыштуу түзүлөт. Банктар облигацияларды алардын номиналдык наркы боюнча сатылган кезде эмиссиялык пайда облигациялардын номиналдык наркы менен алардын чыгыш курсунун ортосундагы айырмасына барабар болот. Базардык курс номиналдык нарктан четтеп кеткен учурда эмиссиялык пайда базардык жана чыгарылган курсунун ортосундагы айырмасын түзүп калат.

ЭМИССИОННЫЕ ПОТЕРИ – ЭМИССИЯЛЫК ЖОГОТУУЛАР – *акчаны* ченемден көп чыгарып жиберүүнүн кесепетинен анын баасынын түшүп кетишинен калктын тарткан жоготуулары.

ЭМИССИОННЫЙ БАНК – ЭМИССИЯЛЫК БАНК – банктык белеттерди (*банкнот*) чыгарууга үстөмдүк укугу ыйгарылган *банк.* Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө алар мамлекеттештирилген же мамлекеттин көзөмөлүнүн астында болот.

ЭМИССИЯ – ЭМИССИЯ (лат. emissio – чыгаруу) – *банктык* жана *казыналык белеттерди, кагаз акчаларды* жана *баалуу кагаздарды* жүгүртүүгө чыгаруу. Накта акчалардын эмиссиясы же банк эмиссиясы *эмиссиялык* (улуттук, борбордук) *банк* тарабынан ишке ашырылат; **депозиттик-чектик** – *коммерциялык банктар*; *баалуу кагаздар эмиссиясын* – мамлекет, *акционердик коом* тарабынан жүзөгө ашырылат. Мамлекеттин аймагындагы бардык накта акча белгилерин жүгүртүүгө чыгаруу жана жүгүртүүдөн алып таштоо укугу *Улуттук банкка* гана тиешелүү болот; анын милдетине колдо болгон накта акчанын жетиштүү болушуна керектөөнү камсыз кылуу, коммерциялык банктардагы накта акчалар менен жүргүзүлүүчү иштердин тартибин белгилөө (улуттук банктын милдетине) кирет. Накта акча айланымга *пенсияларды, жөлөк пулдарды, стипендияларды* төлөө үчүн, *кызмат акы* боюнча эсептешүүлөрдү, продукцияларды сатып алуу ж.б. төлөмдөр үчүн чыгарылат. Банктардын накта акчаларга болгон керектөөсү биринчи кезекте алардын соода ишканаларынан, ошондой эле төлөнө турган тейлөөлөрдү көрсөтүүчүлөрдөн, салган салымдардан ж.б. келип түшкөндөрдүн эсебинен канааттандырылат. Коммерциялык банкта менчиктүү келип түшүүлөр жана накта акчалар жетишерлик болбой калган учурларда, анын операциялык кассасы, адатта, зарыл болуп калганда акчаны кошумча чыгарууну ишке ашыруучу Улуттук банктын накта акчаларынын эсебинен толукталып турат. Эгерде накта акчага керектөө төмөндөй баштаса, анда алардын ашыгы жүгүртүүдөн чыгарылат. Борбордук (Улуттук) банктын коммерциялык банктарга акча берүү шарттары келишимдик нукта иш жүзүнө ашырылат. Борбордук банкка, ошондой эле акчанын накта эмес (*кредиттик*) эмиссиясын банктардын жана өлкөнүн башка кредиттик мекемелеринин *депозиттик, ссудалык операцияларын* көзөмөлдөө аркылуу жөнгө салып туруу тапшырылган. Эмиссия, ошондой эле төмөндөгүдөй түрлөргө ажыратылат: кагаз акчаларды айланымга чыгаруу *казыналык* мекемеси же мамлекеттин башка финансылык органдары тарабынан ишке ашырылуучу **казыналык эмиссия** (*банкнотту* алтынга алмашуу алынып ташталгандан кийин ал адаттагы кадимки банк эмиссиясынан айырмаланбайт); **конверсиялык эмиссия** – мөөнөтү өтүп кетүүчү *зайымдарды* алмаштыруу үчүн *облигацияларды* же *конверсиялануучу облигацияларды* алмаштыруу үчүн *акцияларды* чыгаруу (мында тартылган каражаттардын жалпы суммасы көбөйбөйт), **контингенттештирилген эмиссия** – белгилүү бир (мурда белгилүү) чектерде же шарттар менен (мисалы, алтын менен камсыз кылуу талабы) чектелүүчү кредиттик белетерди же акча кагаздарды чыгаруу; **фидуциардуу эмиссия** – алтын менен камсыз кылынбаган акча эмиссиясы (азыркы убакта акча эмиссиясынын баарысы *фидуциардык* болуп саналат).

ЭМИССИЯ ДЕНЕГ – АКЧАЛАРДЫН ЭМИССИЯСЫ. Акчалардын эмиссиясы – *акча купюру* же *майда тыйын* түрүндөгү майда акчалардын жүгүртүүгө чыгарылышы. Биздин республикада акчаны жүгүр-

түүгө чыгаруу укугу Кыргыз Улуттук банкына берилген, акчаларды чыгаруунун көлөмү же аларды жүгүртүүдөн алып таштоо укугу Өкмөт тарабынан белгиленет.

ЭМИССИЯ КАРТ – КАРТТАРДЫН ЭМИССИЯСЫ – карттарды даярдоо, өзгөчө топтоо, берүү, счёторду ачуу жана жүргүзүү менен транзакцияларды иш жүзүнө ашыруу да картты кармап туруучуларды эсептик-кассалык тейлөө.

ЭМИССИЯ ЦЕННЫХ БУМАГ – БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН ЭМИССИЯСЫ. *Ишканалар, кредиттик мекемелер* жана мамлекеттик тараптан ишке ашырылуучу *акциялардын, облигациялардын* ж.б. карыз милдеттенмелерди жүгүртүүгө чыгарылышы. Ишканалардын мөөнөттүү карыздык милдеттенмелеринин эмиссиялары айлануудагы капиталдын жетишпегенин толуктайт; *акциялардын* жана *облигациялардын* эмиссиясы өндүрүштү кеңейтүү максатында *негизги капиталды* көбөйтүү үчүн кызмат кылат. *Баалуу кагаздардын эмиссиясы* жана аларды *акыркы инвесторлордун* арасына жайгаштыруу түздөн-түз *эмитент* тарабынан же болбосо бир катар *кредиттик мекемелер* аркылуу жүргүзүлөт. Баалуу кагаздардын мындай эмиссиясы өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: *эмитент* менен *консорциумдун* ортосунда келишим түзүү, ушулардын кийинкисине чыгарылган баалуу кагаздарды (сатып алуу же комиссиялык башталышта алуу) өткөрүп берүү ыкмаларын аныктоо, *инвесторлор* арасында жайгаштыруу тартибин белгилөө. Консорциум инвесторлордун арасында баалуу кагаздарды жайгаштыруунун бир нече жолдорун ишке ашырат: эл алдында жазылууну жарыя кылуу; инвесторлордун белгилүү бир чөйрөсүндө жайгаштыруу, *фондулук биржа* жана биржадан сырткары айланым аркылуу сатылат. Облигациялар улуттук, ошондой эле *эл аралык ссудалык капиталдардын базарында* жайгаштырылат. Эмиссиялык курс (баалуу кагаздардын эмиссиясын ишке ашыруучу курс) *эмитенттин* финансылык абалына, ссудалык капиталдардын базарындагы анын позициясына, пайыздык ставкалардын динамикасына жараша болот. Баалуу кагаздардын эмиссиясынын көлөмү жана эмиссиялык консорциумдун кирешеси эмиссиялык курстун деңгээлине жараша чечилет. Ошондуктан анын катышуучулары көп учурда чыгарылган баалуу кагаздардын курсун аларды сатып алуу-сатуу жолу менен жөнгө салууга умтулушат. Мамлекеттик баалуу кагаздардын курсу *Борбордук банктар* тарабынан ачык базардагы операциялар жолу менен жөнгө салынат.

ЭМИТЕНТ – ЭМИТЕНТ (лат. emittere – чыгаруу) – *эмиссияны* чыгаруучу мекеме же ишкана. *Баалуу кагаздарды, акча белгилерин*, төлөм-эсеп документтерин айланымга чыгаруучу мамлекет, ишкана, мекеме, уюм. *Борбордук* же *улуттук банктар* акча белгилерин, *мамлекеттик зайымдардын облигацияларын, казына векселдерин* ж.б. чыгарат. *Тради-*

циялуу эмитенттер катары өзүнүн жеке ишкердиги үчүн зарыл базардан зайымдык каражаттарды, ссудалык капиталдарды тартуу үчүн баалуу кагаздардын эмиссиясын пайдаланууучу коммерциялык банктар жана акционердик коомдор эсептелет.

ЭМИТЕНТ ЦЕННЫХ БУМАГ – БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН ЭМИТЕНТИ. *Баалуу кагаздарды* чыгаруучу жана булар боюнча аларга ээлик кылуучулардын алдында өзүнүн атынан милдеттенме алган *юридикалык тарап* же жергиликтүү уюмдун органы. *Эмитенттер* катары мамлекет, мамлекеттик органдар, жергиликтүү администрациянын органдары, ишкана жана белгиленген тартипте регистрацияланган башка юридикалык тарап (биргелешкен орток жана чет элдик ишканалар) чыгышы мүмкүн. *Кара. Эмиссия ценных бумаг – баалуу кагаздар эмиссиясы.*

ЭНЕРГОЁМКОСТЬ ПРОДУКЦИИ – ПРОДУКЦИЯНЫН ЭНЕРГИЯ СЫЙЫМДУУЛУГУ – продукцияны чыгаруу бирдигине же аткарылган жумуштардын (көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн) бирдигине сарпталган энергияны айкындоочу көрсөткүч.

ЭНТУЗИАЗМ – ЭНТУЗИАЗМ (гр. enthusiasmos) – көңүл көтөрүлүү, рухий нуктан жогорулоо, кумарануу, ынтызар болуу.

ЭНТУЗИАСТ – ЭНТУЗИАСТ (гр. enthusiastes) – ишке аябай берилген, ага бардык күчүн жумшаган, демилге менен иштеген адам.

ЭФФЕКТ – НАТЫЙЖА (лат. effectus – аткаруу, орундоо, аракет) – белгилүү бир техникалык-экономикалык же социалдык жактан коюлган максатка толук же тиешелүү өлчөмдө жетишүү. Бул термин менен ошондой эле иш-аракетти, кандайдыр бир нерсенин алынган натыйжасын белгилешет. Мисалы, дарылоонун үзүрү, кимдир бирөөдөн же бир нерседен келип чыккан эсте калгыдай күчтүү таасир, белгилүү бир таасир пайда кылуучу каражат, ыкма, физикалык кубулуш, сүрөт-натыйжа ж. б.

ЭФФЕКТ ВНЕШНИЙ – ТЫШКЫ НАТЫЙЖА – товарды өндүрүүдө жана тейлөөлөрдү жүргүзүүдө фирмаларга жана керектөөчүлөргө таасир көрсөтүүчү натыйжа.

ЭФФЕКТ ДОХОДА – КИРЕШЕНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ – продуктунун баасынын өзгөрүшү керектөөчүнүн реалдуу кирешесине жана тиешелүү натыйжалуулуктун эсебинен керектөөчү сатып алуучу продуктунун санына таасир этиши.

ЭФФЕКТ ЗАМЕЩЕНИЯ – ОРДУН АЛМАШТЫРУУНУН НАТЫЙЖАСЫ – башка товарлардын баасына карата баасын өзгөртүү натыйжасы катары товарга сурам чондугун өзгөртүү.

ЭФФЕКТ ПРОЦЕНТНОЙ СТАВКИ – ПАЙЫЗДЫК СТАВКАНЫН НАТЫЙЖАСЫ – баа деңгээлинин жогорулашы (төмөндөшү) акчага сурамды жогорулатууга (төмөндөтүүгө) алып келип, пайыздык ставканы жогорулатат (төмөндөтөт) да, жый-

ынтыгында келип чыгымдын жалпы көлөмүн кыскартат же көбөйтөт.

ЭФФЕКТ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ – ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖА – тигил же бул техникалык, чарбалык же башка дагы бир маселелерди чечүүнүн натыйжалуулугунун конкреттүү жыйынтыгы. Экономикалык натыйжалуулук башкаруу деңгээлине жана иш-чаралардын түрүнө байланыштуу акчалай жана натуралай көрсөткүчтөр ж.б. менен туюнтулушу мүмкүн, мисалы, *улуттук кирешенин* өсүшү же пайданын көбөйүшү, ресурстарды (материалдык, эмгек, финансылык) сарптоону төмөндөтүү.

Экономикалык натыйжа – экономикалык иш-аракеттердин үзүрлүү натыйжасы; ал адатта тигил же бул иш-аракеттерден келип түшкөн акчалай киреше менен аны ишке ашырууга чыгымдалган акча каражатынын ортосундагы айырма менен өлчөнөт.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ – НАТЫЙЖАЛУУЛУК. Белгилүү бир өндүрүлгөн товардын натыйжа берүү жөндөмдүүлүгү, таасир көрсөтүүсү.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ – ТЫШКЫ СООДАНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ – жалпы маанисинен алганда бул тышкы соода иш-аракеттерине жумшалган чыгымы менен түшкөн кирешенин катышы.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ ОБЩЕСТВЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА – КООМДУК ӨНДҮРҮШТҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ – өндүрүш ресурстары менен коомдун керектөөлөрүн салыштырууда өндүрүштүн натыйжалуулугун айкындоочу экономикалык категория.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ ПРЕДПРИЯТИЯ, ЭКОНОМИЧЕСКАЯ – ИШКАНАНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ – ишканалардын иш-аракеттеринин натыйжалуулугун баалоонун маанилүү көрсөткүчү. Ал бул иш-аракеттердин натыйжаларын салыштырууну камтыйт. Ишкананын экономикалык натыйжасы бул натыйжанын чыгымдарга болгон катышы, ал эми экономикалык натыйжа ошол натыйжа менен чыгымдын ортосундагы айырма болуп эсептелет.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ ПРОИЗВОДСТВА – ӨНДҮРҮШТҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ – сарпталган ресурстарга (эмгек, материалдык, финансылык ж.б.) карай зарыл натыйжага жетишүү үчүн адамдын иш-аракеттеринин (өндүрүштүк, чарбалык) жыйынтыгынын катышы. Коомдун, өлкөнүн экономикасынын өнүгүшү – чыгымды абсолюттуу же салыштырмалуу кыскартууда байкалуучу адам баласынын иш-аракеттеринин бардык алкагында натыйжалуулукту туруктуу түрдө жогорулатууну алдын ала болжоп карайт. Натыйжа экономикалык (*продукциянын, пайданын* ж.б. өсүшү) жана социалдык (эмгек шарттарын жакшыртуу, курчап турган чөйрөнү, адамдын ден соолугун сактоо ж.б.) жагын дагы камтыгандыктан ал ич ара экономикалык жана социалдык натыйжалуулук деп экиге бөлүнөт. Чарбаны жүргүзүүнүн азыркы базар экономикасынын шартындагы өндүрүштөн алынган жыйынтык социалдык жагынан алганда продукциянын чыгаруу көлөмүнүн ыксыз көбөйүп кетишине же калктын эмгек шарттарынын начарлашынын, курчап турган чөйрөгө зыян келтирүүнүн, элдин күндөлүк тиричилик-аракеттеринин олуттуу көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшүнүн эсебинен *пайда* алууга жол берилбей тургандыгын билдирет. Экономикалык натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү ар кыл болуп, мына ушунун өзү чыгым түрлөрү жана алынуучу натыйжалардын айырмачылыгы аркылуу шартталат. Алар, мисалы, улуттук кирешенин, продукцияны чыгаруунун же пайданын арбышын, ошондой эле ресурстардын айрым түрлөрүн (*жумушчу күчүн, негизги өндүрүш фондуларын* ж.б.) пайдаланууну мүнөздөөчү *капиталдык салымга* карата катышы болушу ыктымал. *Эмгек өндүрмдүүлүгү, продукциянын сапаты,* анын *материал-* жана *фонд-сыйымдуулугу* өндүрүштүн натыйжалуулугунун кошундусу болуп саналат. Бирок, белгилүү бир экономикалык шарттарда өндүрүш натыйжалуулугунун бир катар көрсөткүчтөрүнүн динамикасы, кээде алардын жалпы багыттуулугу ар башкача болушу да мүмкүн. Мисалы, продукциянын сапатынын жогорулашы көбүнчө кыйла кымбат материалдарды колдонуудан улам продукция бирдигине эмгектин сарпталышынын көбөйүшү менен тыгыз байланыштуу болот. Эмгек өндүрмдүүлүгүнүн жогорулашы жана *эксплуатациялык сарптоолордун* төмөндөшү, көп учурларда *негизги фондуларда капиталдык салымдардын* көбөйүшү менен ишке ашырылат да, *фондунун кайтарымдуулугун* төмөндөтүп жибериши мүмкүн. Базар экономикасынын шарттарында өндүрүштүн өнүгүшүнүн натыйжалуулугунун интегралдуу көрсөткүчүн пайдалануу да бир топ олуттуу татаал маселе болуп саналат. Мында өндүрүштүн натыйжалуулугунун интегралдуу көрсөткүчү төмөндөгүлөрдү камтыйт: курамы жана сапаты эске алынган таза продукт; жандуу эмгекке жумшалган чыгымдары; коомдук эмгектин күндөлүк жумшалуучу чыгымдары; өндүрүш фондуларына бир ирет салынчу салымдар; чыгымдарды жана салымдарды жыйынтыктоого мүмкүндүк берүүчү бирдиктүү өлчөмдүүлүккө келтирүү коэффициенти. Өндүрүштүн натыйжалуулугунун бирдиктүү көрсөткүчү коомдук өндүрүштүн (анын айрым түзүүчүлөрүнүн ар кандай багыттагы өзгөрүүсүн эске алуу менен) натыйжалуулугунун динамикасы жөнүндө жигердүү ой жорууга мүмкүндүк түзөт. Бирок, мындай шартта бирдиктүү өлчөмдүүлүккө келтирүү коэффициентинин тиешелүү чондугун теориялык негиздөө жана аныктоо көйгөйлүү иш болуп эсептелет. Өндүрүштүн оң натыйжалуулугунун экономикалык өсүшү социалдык мыкты натыйжаларга жетүү үчүн негиз болуп саналары, ал эми алар өз кезегинде *экономикалык натыйжалуулукка* күчтүү таасир тийгизери белгилүү. Ошондуктан өндүрүштүн натыйжалуулугуна карай экономикалык жана социалдык ыкманын

шайкештикте жана өз ара байланышта болушу – чарбаны тескөөнүн өтө маанилүү принциптеринин бири болуп саналат.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ ПРОМЫШЛЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА – ӨНӨР ЖАЙ ӨНДҮРҮШҮНҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ – ресурстардын айрым түрлөрүн (зарыл эмгек, эмгек каражаты жана предмети) пайдалануу натыйжалуулугунун жекече көрсөткүчтөрүн жана ресурстардын бир нече түрлөрүн пайдалануу натыйжалуулугун камтуучу көрсөткүчтөрдүн системасы менен айкындала турган өнөр жай өндүрүшүнүн натыйжалуулугу. Өнөр жай өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү өндүрүштүк натыйжасын авансыланган ресурстар же бул натыйжаны алууга байланыштуу чыгымдар менен салыштыруунун негизинде эсептелет. Натыйжанын көрсөткүчтөрү катары *чыгарылган продукция* же *пайда* (балансылык же өнөр жай продукциясын сатуудан түшкөн) эсептелет. Затка айландырылган эмгектин авансыланган ресурстарынын өлчөмүнүн көрсөткүчтөрү катары *негизги фонду, жүгүртүү фондусу* же акчалай туюнтулган бардык *өндүрүш фондулары* саналат. Ресурстардын айрым түрлөрүнүн күндөлүк агымдагы көрсөткүчтөрү катары – зарыл эмгек (жумушчу убакыт бирдигине же жумушчу-кызматкерлердин санына) чыгымдары, эмгек каражаттарынын чыгымдары (негизги өндүрүш фондуларынын амортизациясы) жана эмгек предметтеринин чыгымдары (акчалай туюнтулган чийки заттар, материалдар, отун жана энергия) чыгат. Авансыланган ресурстарды пайдалануу натыйжалуулугун ресурстардын кайтарым бирдиктеринин көрсөткүчтөрү, тагыраак айтканда фондунун кайтарымдуулугу, айланым каражаттарынын коэффициенти, өндүрүш фондуларынын рентабелдүүлүгү ж.б. аныктайт. Ресурстардын айрым түрлөрүнүн чыгымдарынын жыйынтыгынын жекече көрсөткүчтөрү болуп, зарыл эмгектин өндүрүмдүүлүгү же *продукцияга керектелүүчү эмгектин сыйымдуулугу, материал-сыйымдуулук* же *материал-кайтарымы, амортизация* өлчөмү (амортизация сыйымдуулугу) саналат. Күндөлүк агымдагы эффективдүүлүктүн жалпылоочу көрсөткүчтөрү натыйжа бирдигинин чыгым өлчөмү же *чыгым-кайтарымы* болуп эсептелет. Күндөлүк агымдагы чыгымдарды авансыланган ресурстардын өлчөмдөрү менен салыштыруу зарыл болуп калган учурларда жумшалган чыгымдар пайдаланылат. Жумшалган чыгымдар – күндөлүк агымындагы чыгымдардын жана *негизги фондулардын* жана *айланма өндүрүш фондуларынын* (капиталдык салымдын натыйжалуулугунун нормативдик коэффициентинин жардамы менен) бир мезгилге келтирилген өлчөмдөрүн камтыйт.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА – АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮНҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ – айыл чарбасында чарба жүргүзүүчү субъектинин финансылык-чарбалык иш-аракеттеринин натыйжалуулугун, өндүрүмдүүлүгүн, үнөмдүүлүгүн, кирешелүүлүлүгүн, продукциянын сапатынын жогорку көрсөткүчтөрүнө жетишүүнү камсыз кылуу жөндөмдүүлүгү. Айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун критерийи зарыл эмгекти жана затка айландырылган эмгекти эң аз ченемде сарыптап чыгымдоо менен айыл чарба продукциясын арбын алуу болуп саналат. Айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугу *эмгек өндүрүмдүүлүгү, фондунун кайтарымдуулугу, өздүк нарк, рентабелдүүлүк,* айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү, малдардын кунардуулугу ж.б. көрсөткүчтөрдүн тутумунун жардамы менен өлчөнөт.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ СТРОИТЕЛЬНОГО ПРОИЗВОДСТВА, ЭКОНОМИЧЕСКАЯ – КУРУЛУШ ӨНДҮРҮШҮНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ – курулуш жана монтаждоо мекемелеринин (уюмдарынын) материалдык жана эмгек ресурстарын чыгымдоону кыйла кыскартуу менен товар өндүрүшүндө олуттуу натыйжа алууга жетишүүнү туюнтуучу категория.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ ТРУДА – ЭМГЕК НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ – эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн натыйжалуулугун айкындоочу маанилүү экономикалык көрсөткүчтүн бири. Бул эмгекти колдон келишинче аз сарптап чыгымдоо менен кыйла олуттуу натыйжага жетишүүнү туюнтат.

Ю

ЮАНЬ – ЮАНЬ – Кытай Эл Республикасынын акча бирдиги, 10 цзаого жана 100 фынга бөлүнөт. Юань түрүндө биринчи жолу жез тыйындар VI кылымда чыгарылган. 1933-жылы юань Кытайдын бирден бир акча бирдиги деп жарыяланган.

ЮНЕСКО (ОРГАНИЗАЦИЯ ООН ПО ВОПРОСАМ ОБРАЗОВАНИЯ, НАУКИ И КУЛЬТУРЫ) – ЮНЕСКО (БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН БИЛИМ, ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА УЮМУ) – 1946-жылы түзүлгөн мамлекет аралык уюм. ЮНЕСКОнун башкы максаты – тынчтык жана коопсуздук ишине жардам кылуу жана "өлкөлөрдүн ортосунда эмгектешүүгө, кызматташтыкка билим, илим, маданият жана маалымат аркылуу өбөк болуу". Иш-аракеттеринин өтө маанилүү түрү – улуттук билимди, илимди жана техниканы, маданиятты, маалымат каражаттарын өнүктүрүү. ЮНЕСКОнун негизги басып чыгарып жарыялай тургандары: жыл сайынкы басылмалар, баяндамалар, изилдөөлөр, күндөлүк агымдагы текшерүүлөр, эл аралык сунуштар жана классификациялоолор.

ЮНИДО – ЮНИДО (англ. United Nations Industrial Development

Organisation, UNIDO – өнөр жайдын өнүгүшү боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун уюму) – Бириккен Улуттар Уюмунун эл аралык адистештирилген өкмөт-аралык уюму. Башкы максаты өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө улуттук жана эл аралык ресурстарды туура пайдалануу менен өнөр жайынын өнүгүшүнө жана экономикасынын ыкчам көтөрүлүшүнө өбөк болуу. 1966-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын автономдук органы катарында уюштурулган. Мунун 137 мамлекетти баш коштурган мүчөлөрү бар. ЮНИДОнун иш-аракеттери ич ара оперативдүү жана көмөкчү болуп ажырайт. **Оперативдүү иш-аракеттери** – өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө конкреттүү долборлорду ишке ашырууда техникалык жардам көрсөтүү (атайын *эксперттерди* жиберүү, консультацияларды өткөрүү, кадрларды жөнөтүү ж.б.); **көмөкчү иш-аракеттери** – өнөр жайынын өнүгүү маселелери боюнча маалыматтарды жыйноо, жалпылоо, басып чыгаруу, изилдөөлөрдү жүргүзүү, конференцияларды уюштуруу ж.б. Жаңы өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин ЮНИДОнун жөлөгү менен он жылдык регионалдык өнүгүү стратегиясы иштелип чыгат да, өнөр жай жана технологиялык маалымат банкы иш-аракетке келтирилет; өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө дүйнөлүк базардын технологиясын изилдөө боюнча улуттук мекемелерди түзүүгө жана өзүнүн жекече илимий-техникалык потенциалын бекемдөөгө багытталган технологиялык программа иш жүзүнө ашырылат. ЮНИДОнун башкы органдары – өзүнүн сессиясын төрт жылда бир жолу өткөрүлүүчү Генералдык конференция, өнөр жайынын өнүгүшү боюнча Кеңеши, ошондой эле Туруктуу комитет жана Секретариат болуп саналат. Мүчө болгон өлкөлөрдүн мүчөлүк акыларынан калыптанган менчиктүү бюджети болот; оперативдүү иш-аракеттерин каржылоо Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүгүү Программасынын каражаттарынан жана ЮНИДОнун мүчө-өлкөлөрүнүн өз эркин менен кошкон мүчөлүк акыларынан топтолуучу Өнөр жайлык өнүгүү фондусунан жүзөгө ашырылат. Уюмдун штаб-квартирасы Венада (Австрия) жайгашкан.

ЮНКТАД – ЮНКТАД (англ. United Nations Conference on Trade and Development, UNCTAD – Бириккен Улуттар Уюмунун соода жана өнүктүрүү боюнча Конференциясы) – Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын эл аралык соода уюму болуп эсептелбеген органы. 1964-жылы түзүлгөн, 168 өлкө-мүчөлөрү бар. Анын негизги милдеттери эл аралык соода, мамлекеттердин ортосунда тең укуктуу өз ара эки тарапка тең пайдалуу иш кылуу, эл аралык экономикалык карым-катнаштардын иштеши боюнча ар тараптуу сунуштарды иштеп чыгууну өнүктүрүүгө жардам берүү болуп саналат. Мунун иштеринин топтук принциби белгиленген – мамлекет-мүчөлөрү социалдык-экономикалык жана географиялык принциби боюнча төрт топко бөлүнгөн. ЮНКТАДдын чечимдери резолюция же өтүнүчтөр формасында кабыл алынат да сунуш түрүндө болот. Бул уюмдун жөлөгү менен көп тараптуу келишимдер жана конвенциялар иштелип чыгат, анын иштерине эл аралык бир катар уюмдар катышат. ЮНКТАДдын эң башкы органы – конференция, соода жана өнүктүрүү боюнча Кеңеш, анын алкагында беш комитет иштешет.

ЮРИДИЗАЦИЯ – ЮРИДИЗАЦИЯ – кандайдыр бир фактыга, карым-катнаштарга укуктук маанай берүү; *юридикалык тараптын* кандайдыр маселени, арызды ашыкча белгилеп көрсөтүшү.

ЮРИДИЧЕСКОЕ ЛИЦО – ЮРИДИКАЛЫК ТАРАП, ЖАК, МЫЙЗАМ УКУКТУУ МЕКЕМЕ – жарандык укуктар жана милдеттердин мыйзам боюнча субъекти болуп саналуучу *ишкана (фирма, концери, уюм, мекеме)*. Ал структурасын, максаттарын, жетекчини шайлоо тартибин аныктоочу уставында көрсөтүлгөн уюштуруу биримдүүлүгүнө ээ болот; *жикталген мүлктүн ээси*, өзүнүн атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укукту ала алат жана сотто жана арбитражда доокер жана жоопкер милдетин мойнуна алат. Анын укуктуулугу *уставда* алдын ала каралган максаттар менен аныкталып белгиленет. Атап айтканда аларга төмөндөгүлөр кирет: мамлекеттик ишкана – чарбалык эсептеги өнөр жайлык, айыл чарбалык ж.б. өзүнө бекитилген *негизги* жана *айланым каражаттары, өз алдынча бугалтердик балансындагы* ишканалар; бюджетте турган жана *өз алдынча сметасы* бар (эгерде алардын жетекчиси *кредиттерди бөлүштүрүү укуктарын пайдаланса*) банктар, мекемелер ж.б. мамлекеттик уюмдар; жамааттык менчикке – *ижаралык, коллективдүү, кооперативдүү уюмдар, акционердик коомдор, шериктештик, чарбалык ассоциациялар* ж.б. негизделген *ишкана (уюмдар, мекемелер)*; менчиктин аралаш түрүнө негизделген *ишканалар* жана *уюмдар – чет элдик капиталдын катышуусу* менен *биргелешкен орток ишканалар*; жеке менчиктүүлүккө негизделип, жарандар, алардын үй-бүлө мүчөлөрү ж.б. тарабынан түзүлгөн чакан ишканалар жатат.

ЮРИСДИКЦИЯ – ЮРИСДИКЦИЯ (лат. jurisdictio – сот ишин жүргүзүү) – *1*) соттуулук (иштин сотко таандуулугу), соттоого жатуучулук; *2*) берилген мамлекеттин органынын өкүлдүгүнүн таралуу укук чөйрөсү.

ЮРИСТКОНСУЛЬТ – ЮРИСТКОНСУЛЬТ (лат. juris consultus – укук изилдөөчү) – укуктун практикалык маселеси боюнча мекемеге, ишканага же уюмга караштуу туруктуу консультант. Бул ишкананын соттук жана башка инстанциялардагы кызыкчылыктарын жактап коргоочу.

ЮСТИРОВКА – ЮСТИРОВКА (нем. justieren – текшерип дурустугун билүү, эбине жеткирүү; лат. justus – адилеттүү, чын негиздүү) – иш-аракеттеринин тууралыгын жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуучу өлчөмдөрдү, чеңөөнү же оптикалык аспапты жумушчу абалга келтирүү боюнча операциялардын жыйнагы.

ЮСТИЦИЯ – ЮСТИЦИЯ (лат. justita – адилеттүүлүк, мыйзамдуулук) – *1*) сот адилеттиги, сот акыйкаты; *2*) сот мекемелеринин системасы; сот ведомствосу.

Я

ЯВЛЕНИЕ, МАССОВОЕ – МАССАЛЫК КУБУЛУШ – табигатта жана тиричиликте өтө эле көп байкалуучу, кездешүүчү кубулуш.

ЯВЛЕНИЕ "ОРЕОЛА" – "ОРЕОЛ" КУБУЛУШУ – кызматкерди мүнөздөмөнүн таасири менен ашыра баалоо.

"ЯМА" БИРЖЕВАЯ – БИРЖАЛЫК "АҢГЕК" – биржа жайынын бүт залдын таманына (эденине) караганда эдени кыйла төмөн орун алган бөлүгү. Биржа мүчөлөрүнө биржалык бүтүмдөрдү түзүүгө уруксат берилген орун. "Аңгектин" аянты ондогон чарчы метрден бир нече жүз чарчы метрге чейин жетет. Анын капталдарына брокерлер үчүн атайын жайлар беленделип, анда телефон, интернет, компьютердин эң акыркы моделдери жана башка байланыш каражаттары жайгаштырылат. "Аңгектин" дал ортосунда же четтеринде кичине көтөрүңкү орун даярдалып, анда бүтүмдөрдү жана бааларды каттоочу биржа кызматкерлери отурат.

ЯРЛЫК – ЖАРЛЫК (түрк сөзү) – товар жөнүндө саны, баасы жана башка маалыматтары белгиленген тамга, товардык белги, этикетка.

ЯРЛЫК ОТРЫВНОЙ ТОВАРНЫЙ – ТОВАРДЫК ЖЫРТМА ЖАРЛЫК – товарды сатууда бир бөлүгү жыртылып, автоматташтырылган эсепке келип түшүүчү жарлык.

ЯРМАРКА – ЖАРМАНКЕ (нем. Jahrmarkt – жыл сайын болуучу базар) – белгиленген жерде мезгилмезгили менен уюштурулуучу соода, товарлар базары. Жарманке бүткүл дүйнөлүк, эл аралык, аймактык, улуттук, жергиликтүү ж.б. түрүндө болот. Аларды өткөрүү үчүн атайын инфраструктура – көргөзмө имараты, катышуучулардын өкүлдүгү, сурап-билүү маалымат кызматы, байланыш каражаттары, социалдык-турмуштиричилик тейлөө объектилери ж.б. түзүлөт. Белгиленген мөөнөттөрдө чектелген убакыт аралыгында ошол эле жайда экспоненттерге өзүнүн продукциясынын үлгүлөрүн улуттук жана эл аралык масштабда соода бүтүмдөрүн түзүү үчүн алып келип коюуга уруксат берилет.

ЯРМАРКА, ВЕКСЕЛЬНАЯ – ВЕКСЕЛДИК ЖАРМАНКЕ – *баалуу каагаздардын – векселдердин* мезгилмезгили менен уюштурулуучу базары. Векселдик жарманкеге коюлуучу векселдер (жарманкелик векселдер) жарманкелик талаптарга ылайык келүүгө тийиш: колдон колго өтмө, акчалай ж.б. түрдө болушу зарыл.

ЯРМАРКА ОПТОВАЯ – ДҮҢ СООДА ЖАРМАНКЕСИ – эл керектөөчү товарларды дүңүнөн сатуу жана аларды жеткирип-тапшыруу боюнча чарбалык байланыштарды уюштуруу үчүн кыска мөөнөттүк болуп түзүлүүчү мекеме-аралык уюмдар.

ЯРМАРКА РОЗНИЧНОЙ ТОРГОВЛИ – ЧЕКЕНЕ СООДА ЖАРМАНКЕСИ – *1*) жергиликтүү бийликтер тарабынан белгилүү бир жерде убактылуу же туруктуу (күн сайын) иш-аракетте болуучу соода-сатык. Буга ишканалардын өкүлдөрү, жеке менчиктүү соодагерлер, негизинен товар алып-сатарлар сатуу үчүн ар кандай товарларды ташып келишет. *2*) чоң айыл базары.

ЯРМАРКА ТОРГОВАЯ – СООДА ЖАРМАНКЕСИ – товарлардын үлгүлөрүн демонстрациялоо жана *коммерциялык бүтүмдөрдү* түзүү үчүн жылдын белгилүү убагында жана белгиленген мөөнөттө, ошол эле бир орунга дайыма жыйналып туруучу мезгилдүү иш-аракеттеги ири жана ачык базар.

ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА ЖАНА ЧЕТ ТИЛДЕГИ КӨРСӨТКҮЧҮ

А

АБАНДОН — АБАНДОН (фр. abandon — баш тартуу) 27

АБОЛИЦИЯ — АБОЛИЦИЯ (лат. abolitio — жокко чыгаруу, жоюу) 27

АБОНЕМЕНТ — АБОНЕМЕНТ (фр. abonnoment — пайдалануу укугу) 27

АБОНЕНТ — АБОНЕНТ (нем. abonnent, фр. abonner — кол коюу, жазылуу) 27

АБРОГАЦИЯ — АБРОГАЦИЯ (лат. abrogatio — жоюу) 27

АБСОРБЦИЯ — АБСОРБЦИЯ (лат. absorption — сиңирүү) 27

АВАЛЬ — АВАЛЬ (фр. aval— кепилдик) 27

АВАНС — АВАНС (фр. avance, англ. advans — карызга берүү) 28

АВАНСИРОВАННАЯ СТОИМОСТЬ — АВАНСЫЛАНГАН НАРК 28

АВАНСОВЫЙ ОТЧЕТ — АВАНСЫЛЫК ЭСЕП-КЫСАП 28

АВИЗО — АВИЗО (ит. avviso, англ. advice — билдирүү) 29

АВИСТА — АВИСТА (ит. avista — көрсөтүү) 29

АВТАРКИЯ — АВТАРКИЯ (гр. autarceia) 29

АВТОКРАТИЯ — АВТОКРАТИЯ (гр. autokrateia — жеке бийлик) 29

АВТОМАТИЗАЦИЯ ПРОИЗВОДСТВА — ӨНДҮРҮШТҮ АВТОМАТТАШТЫРУУ 30

АВТОРИЗАЦИЯ — .АВТОРИЗАЦИЯ, АВТОРЛОО (фр. autoriser — уруксат этүү) 30

АВТОРИТАРИЗМ — АВТОРИТАРИЗМ (лат. auctoritas — бийлик, таасир этүү) 31

АВТОРИТАРНЫЙ — ӨКҮМДАР, АВТОРИТАРДЫК БИЙЛИК (фр. autoritaire — өкүмчүл) 31

АВТОРИТЕТ — АВТОРИТЕТ, БЕДЕЛ, КАДЫР-БАРК (лат. auctoritas, нем. autorität — бийлик, таасир) 31

АВТОРИТЕТ РУКОВОДИТЕЛЯ — ЖЕТЕКЧИНИН БЕДЕЛИ 31

АВТОРСКОЕ ПРАВО — АВТОРДУК УКУК 33

АВТОРСКОЕ СВИДЕТЕЛЬСТВО — АВТОРДУК КҮБӨЛҮК 33

АВУАРЫ — АВУАРЛАР (фр. avoir — мүлк, энчи) 33

АГЕНТ — АГЕНТ (лат. agens — таасир этүүчү) 34

АГЕНТ ТОРГОВЫЙ — СООДА АГЕНТИ 34

АГЕНТСКОЕ СОГЛАШЕНИЕ — АГЕНТТИК КЕЛИШИМ-ШАРТ (макулдашуу) 34

АГРАРНАЯ МОНОПОЛИЯ — АГРАРДЫК МОНОПОЛИЯ 35

АГРАРНАЯ РЕФОРМА — АГРАРДЫК РЕФОРМА 35

АГРАРНЫЙ КРИЗИС — АГРАРДЫК КРИЗИС 35

АГРЕГИРОВАНИЕ ЭКОНОМИЧЕСКИХ ПОКАЗАТЕЛЕЙ — ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮ ИРИЛЕШТИРҮҮ 35

АДВАЛОРНЫЙ — АДВАЛОРЕМ (лат. ad valorem — наркы боюнча) 35

АДДЕНДУМ — АДДЕНДУМ (лат. addere — кошуу, кошумчалоо) 35

АДМИНИСТРАТИВНО- УПРАВЛЕНЧЕСКИЕ РАСХОДЫ — АДМИНИСТРАТИВДИК БАШКАРУУЧУЛУК ЧЫГЫМДАР 35

АДМИНИСТРАТОР — АКИМ, АДМИНИСТРАТОР (фр. admistrateur — башкаруучу) 35

АДМИНИСТРАЦИЯ предприятия — ишкана, мекеменин АДМИНИСТРАЦИЯСЫ (лат. administrare — башкаруу, жетекчилик кылуу) 35

АЖИО — АЖИО (лат., ит. aggio — жогорулоо, көбөйүү) 35

АЖИОТАЖ — АЖИОТАЖ (фр. ajuotage — кызыууланууу, желигүү, алаптануу) 36

АЖУР — АЖУР (фр. ajuor — бүгүнкү күнгө чейин) 36

АКВИЗИТОР — АКВИЗИТОР (лат. acguisitor — алуучу) 36

АКВИЗИЯ — АКВИЗИЯ (лат. aguico — алуу, табуу) 36

АККОРДНАЯ ЗАРАБОТНАЯ ПЛАТА — АККОРДДУК КЫЗМАТ АКЫ 36

АККОРДНАЯ РАБОТА — АККОРДДУК ЖУМУШ 36
АККРЕДИТИВ — АККРЕДИТИВ (лат. accreditivus — ишеним кагаз) 36
АККРЕДИТИВНАЯ ФОРМА РАСЧЕТОВ — ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮН АККРЕДИТИВДИК ФОРМАСЫ 37
АКСЕЛЕРАТОР — АКСЕЛЕРАТОР (лат. accelerare — ылдамдакыч) 37
АКТ ХОЗЯЙСТВЕННЫЙ — ЧАРБАЛЫК АКТ 37
АКТИВ — АКТИВ (лат. activus — таасирдүү, иштиктүү) 37
АКТИВНАЯ ЧАСТЬ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН АКТИВДҮҮ БӨЛҮГҮ 38
АКТИВНЫЕ ОПЕРАЦИИ БАНКОВ — БАНКТАРДЫН АКТИВДҮҮ ОПЕРАЦИЯЛАРЫ 38
АКТИВНЫЕ СЧЕТА — АКТИВДҮҮ ЭСЕП-ЧОТУ 38
АКТИВНЫЙ ПЛАТЕЖНЫЙ БАЛАНС — АКТИВДҮҮ ТӨЛӨМ БАЛАНСЫ 38
АКТИВНЫЙ ТОРГОВЫЙ БАЛАНС — АКТИВДҮҮ СООДА БАЛАНСЫ 38
АКТИВЫ — АКТИВДЕР 38
АКТИВЫ БАНКА — БАНК АКТИВДЕРИ 39
АКТИВЫ МАТЕРИАЛЬНЫЕ — МАТЕРИАЛДЫК АКТИВДЕР 39
АКТИВЫ НЕМАТЕРИАЛЬНЫЕ — МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС АКТИВДЕР 39
АКТИВЫ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНА АКТИВДЕРИ 41
АКТИВЫ ФИНАНСОВЫЕ — ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР 41
АКЦЕПТ — АКЦЕПТ (лат. acceptus — макулдук) 41
АКЦЕПТ БЛАНКОВЫЙ — БЛАНКАЛЫК АКЦЕПТ 42
АКЦЕПТ ВЕКСЕЛЬНЫЙ — ВЕКСЕЛДИК АКЦЕПТ 42
АКЦЕПТ ЧАСТИЧНЫЙ — АНЧА-МЫНЧАЛАНГАН АКЦЕПТ 42
АКЦЕПТАНТ — АКЦЕПТАНТ (лат. acceptans, acceptantis — макулдугун берүүчү, кабылдоочу) 42
АКЦЕПТНАЯ ФОРМА РАСЧЕТОВ — ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮН АКЦЕПТИК ФОРМАСЫ 42

АКЦЕПТНО-РАМБУРСНЫЕ КРЕДИТЫ — АКЦЕПТИК-РАМБУРС КРЕДИТТЕРИ 43
АКЦЕПТНЫЙ БАНК — АКЦЕПТТИК БАНК 43
АКЦЕПТОВАННЫЕ КРЕДИТЫ — АКЦЕПТЕЛГЕН КРЕДИТТЕР 43
АКЦЕПТОВАННОЕ ПЛАТЕЖНОЕ ПОРУЧЕНИЕ — АКЦЕПТЕЛГЕН ТӨЛӨМ ТАБЫШТАМАСЫ 43
АКЦЕПТОВАННЫЙ ВЕКСЕЛЬ — АКЦЕПТЕЛГЕН ВЕКСЕЛЬ 43
АКЦЕПТОВАННЫЙ ЧЕК — АКЦЕПТЕЛГЕН ЧЕК 44
АКЦИЗЫ — АКЦИЗДЕР (фр. accise, лат. accidere — кесүү) 44
АКЦИИ — АКЦИЯЛАР (фр. action, нем. aktie — баалуу кагаз) 44
АКЦИИ БЕСПЛАТНЫЕ — БЕКЕР АКЦИЯЛАР 46
АКЦИИ ОБЫКНОВЕННЫЕ — ЖӨНӨКӨЙ АКЦИЯЛАР 46
АКЦИИ ПРИВИЛЕГИРОВАННЫЕ — АРТЫКЧЫЛЫГЫ БАР АКЦИЯЛАР 46
АКЦИИ С ОТСРОЧЕННЫМ ДИВИДЕНДОМ — МӨӨНӨТҮ УЗАРТЫЛГАН ДИВИДЕНДДҮҮ АКЦИЯЛАР 47
АКЦИОНЕР — АКЦИОНЕР (фр. actionnaire — акция ээси) 47
АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО — АКЦИОНЕРДИК КООМ 47
АКЦИОНЕРНЫЙ КАПИТАЛ — АКЦИОНЕРДИК КАПИТАЛ 49
АЛГОРИТМ — АЛГОРИТМ (лат. algorithmi, algorismus — борбордук-азиянын IX-кылымдагы илимпозу Аль-Хорезми Algorithm ысмы боюнча аталат) 49
АЛГОРИТМ УПРАВЛЕНИЯ — БАШКАРУУНУН АЛГОРИТМИ 49
АЛЛОНЖ — АЛЛОНЖ (фр. allonge — кошумча) 50
АЛЬПАРИ — АЛЬПАРИ (ит. alpari, alla pari — тең, бирдей) 50
АЛЬТЕРНАТИВНЫЕ ИЗДЕРЖКИ — АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ЧЫГЫМДАР 50
АЛЬТЕРНАТИВНЫЙ ЧЕК — АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ ЧЕК 50

АЛЬЯНС — АЛЬЯНС (фр. alliance — союз, бирикме) 50
АМАЛЬГАМАЦИЯ БАНКОВ — БАНКТАРДЫН АМАЛЬГАМАЛАНЫШЫ 50
АМОРТИЗАЦИОННЫЙ ПЕРИОД — АМОРТИЗАЦИЯЛЫК МЕЗГИЛ 50
АМОРТИЗАЦИОННЫЙ ФОНД — АМОРТИЗАЦИЯЛЫК ФОНДУ 50
АМОРТИЗАЦИЯ — АМОРТИЗАЦИЯ (лат. amortisatio — төлөө, карызды төлөп, документти жабуу; фр. amortir — бошондотуу, жумшартуу) 50
АНАЛИЗ — ТАЛДОО, АНАЛИЗ (гр. analysis — ажыратуу, бөлүктөргө бөлүү) 51
АНАЛИЗ БАЛАНСА — БАЛАНСТЫ ТАЛДОО 51
АНАЛИЗ БЕЗОПАСНОСТИ — КООПСУЗДУКТУ ТАЛДОО 51
АНАЛИЗ ДОКУМЕНТОВ — ДОКУМЕНТТЕРДИ ТАЛДОО 51
АНАЛИЗ ИЗДЕРЖЕК — ЧЫГЫМДАРДЫ ТАЛДОО 52
АНАЛИЗ ИЗМЕНЕНИЙ — ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ ТАЛДОО (АНАЛИЗДӨӨ) 52
АНАЛИЗ ПОСЛЕДСТВИЙ — НАТЫЙЖАЛАРДЫ ТАЛДОО 52
АНАЛИЗ РЫНКА — БАЗАРДЫ АНАЛИЗДӨӨ 52
АНАЛИЗ СПРОСА И ПОТРЕБЛЕНИЯ — СУРАМДЫ ЖАНА КЕРЕКТӨӨНҮ ТАЛДОО 52
АНАЛИЗ ХОЗЯЙСТВЕННОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН ЧАРБАЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРИН АНАЛИЗДӨӨ 52
АНАЛИЗ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ — ЭКОНОМИКАЛЫК АНАЛИЗ 53
АНАЛИТИЧЕСКИЙ МЕТОД НОРМИРОВАНИЯ ТРУДА — ЭМГЕКТИ НОРМАЛООНУН АНАЛИТИКАЛЫК МЕТОДУ 54
АНАЛОГ СОБСТВЕННОРУЧНОЙ ПОДПИСИ — ОКШОШ ӨЗ КОЛ ТАМГАСЫ (АНАЛОГУ) 54
АНДЕРРАЙТЕР — АНДЕРРАЙТЕР, ГАРАНТ, КЕПИЛ (англ. underwriter — кол кат берүүчү) 54

АННУИТАНТ — АННУИТАНТ (лат. annuitas — жыл сайын төлөм алуучу) 55
АННУИТЕТ — АННУИТЕТ (нем. annuität, лат. annuitas — жыл сайынкы төлөм) 55
АНТИМОНОПОЛЬНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ — МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ ЖӨНГӨ САЛУУ 55
АПОРТЫ — АПОРТТОР (англ. contribution of capital) 55
АРБИТР — АРБИТР, КАЛЫС, (ОРТОМЧУЛУК БЕЙТАРАП) СОТ (фр. arbitre, лат. arbiter — ортомчул) 55
АРБИТРАЖ — АРБИТРАЖ (фр. arbitrage — ортомчул сот) 55
АРБИТРАЖНЫЕ СДЕЛКИ — АРБИТРАЖДЫК БҮТҮМДӨР 56
АРБИТРАЖНЫЙ СУД — АРБИТРАЖДЫК СОТ 56
АРЕНДА — АРЕНДА, ИЖАРА (лат. arrendare, пол. arenda — карызга берүү) 56
АРЕНДА ДОЛГОСРОЧНАЯ — УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ ИЖАРА 56
АРЕНДАТОР — ИЖАРАЧЫ 56
АРЕНДНАЯ ПЛАТА — ИЖАРА АКЫСЫ 57
АРЕНДНОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ — ИЖАРАЛЫК (АРЕНДАЛЫК) ИШКАНА 57
АРЕНДНЫЙ ДОГОВОР — ИЖАРАЛЫК КЕЛИШИМ 57
АРЕНДНЫЙ ПОДРЯД — АРЕНДАЛЫК КӨТӨРМӨ 58
АРЕНДОДАТЕЛЬ — ИЖАРАГА БЕРҮҮЧҮ 58
АРТИКУЛ — АРТИКУЛ (лат. articulus — бөлүм, бөлүк) 58
АСПЕКТ — АСПЕКТ (лат. aspectus — түр) 58
АССИГНОВАНИЕ — БӨЛҮНГӨН АКЧА КАРАЖАТЫ (лат. assignare — бөлүү, чегерүү) 58
АССОЦИАЦИЯ — АССОЦИАЦИЯ (лат. associatio — кошулуу) 58
АТТЕСТАЦИЯ — АТТЕСТАЦИЯ (лат. attectatio — күбөлүк) 60
АТТЕСТАЦИЯ РАБОЧИХ МЕСТ (ПО УСЛОВИЯМ ТРУДА) — ЖУМУШЧУ ОРУНДУ (ЭМГЕК ШАРТТАРЫ БОЮНЧА) АТТЕСТАЦИЯЛОО 61
АУДИТ — АУДИТ [лат. audit — эсептөөлөрдү (счетторду) текшерүү, ревизия] 62

АУДИТОР — АУДИТОР (лат. auditor — угуучу, ревизор) 63
АУДИТОРСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ — АУДИТОРДУК ИШ-АРАКЕТТЕР 64
АУДИТОРСКАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ — АУДИТОРДУК УЮМ 65
АУКЦИОН — АУКЦИОН (лат. auction — көпчүлүк, эл алдында соодалашып сатуу) 65

Б

БАЗИСНАЯ ВАЛЮТА — БАЗИСТИК ВАЛЮТА 67
БАЗИСНАЯ СТАВКА — БАЗИСТИК ӨЛЧӨМ, СТАВКА 67
БАЗИСНЫЙ ГОД — БАЗИСТИК ЖЫЛ 67
БАЛАНС — БАЛАНС (фр. balance — тең салмактуулук) 67
БАЛАНС БУХГАЛТЕРСКИЙ — БУГАЛТЕРДИК БАЛАНС 67
БАЛАНС ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ — ТЫШКЫ СООДА БАЛАНСЫ; ЭЛ АРАЛЫК ЭСЕПТЕШҮҮЛӨР БАЛАНСЫ 69
БАЛАНС ДВИЖЕНИЯ КАПИТАЛОВ — КАПИТАЛДАРДЫН КЫЙМЫЛЫНЫН БАЛАНСЫ 69
БАЛАНС ДОХОДОВ И РАСХОДОВ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАЛАРДЫН КИРЕШЕЛЕРИ МЕНЕН ЧЫГЫМДАРЫНЫН БАЛАНСЫ 69
БАЛАНС ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН БАЛАНСЫ 70
БАЛАНС ПЛАТЁЖНЫЙ — ТӨЛӨМ БАЛАНСЫ 70
БАЛАНС РАБОЧЕГО ВРЕМЕНИ — ЖУМУШЧУ УБАКЫТЫНЫН БАЛАНСЫ 71
БАЛАНС РАСЧЕТНЫЙ — ЭСЕПТЕШҮҮ БАЛАНСЫ 71
БАЛАНС ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ РЕСУРСОВ (ЭНЕРГОБАЛАНС) ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК РЕСУРСТАРЫНЫН БАЛАНСЫ 72
БАЛАНС ТОРГОВЫЙ — СООДА БАЛАНСЫ 72
БАЛАНСОВАЯ ПРИБЫЛЬ — БАЛАНСТЫК ПАЙДА 72
БАЛАНСОВАЯ СТОИМОСТЬ — БАЛАНСТЫК НАРК 73

БАЛАНСОВЫЙ ОТЧЕТ — БАЛАНСТЫК ЭСЕП-КЫСАП 73
БАЛАНСЫ МАТЕРИАЛЬНЫЕ — МАТЕРИАЛДЫК БАЛАНС 73
БАЛАНСЫ НАТУРАЛЬНЫЕ — НАТУРАЛДЫК БАЛАНСТАР 74
БАНКИ — БАНКТАР (фр. banque, ит. banco — отургуч, акча майдалоочу, алмаштыруучу жай) 74
БАНКИР — БАНКЧЫ (нем. bankier, фр. banguier) 75
БАНК-КОРРЕСПОНДЕНТ — КОРРЕСПОНДЕНТ-БАНК 75
БАНКНОТНОЕ ОБРАЩЕНИЕ — БАНКНОТТУК ЖҮГҮРТҮЛҮҮ 75
БАНКНОТЫ — БАНКНОТТОР (англ. bank-note — банктык билеттер) 75
БАНКОВСКАЯ СИСТЕМА — БАНК СИСТЕМАСЫ 75
БАНКОВСКИЕ БИЛЕТЫ — БАНКТЫК БЕЛЕТТЕР 75
БАНКОВСКИЕ ОПЕРАЦИИ — БАНК ОПЕРАЦИЯЛАРЫ 75
БАНКОВСКИЙ ДЕПОЗИТ — БАНК ДЕПОЗИТИ (лат. depositum — сактоого берилген буюм) 76
БАНКОВСКИЙ КРЕДИТ — БАНКТЫК КРЕДИТ 77
БАНКОВСКИЙ ПЛАТЕЖНЫЙ КАРТ — БАНКТЫК ТӨЛӨМ КАРТ 77
БАНКОВСКИЙ РЕЛИЗ — БАНКТЫК РЕЛИЗ 77
БАНКОВСКИЙ ТЕРМИНАЛ — БАНК ТЕРМИНАЛЫ 77
БАНКОМАТ — БАНКОМАТ 77
БАНКРОТ — БАНКРОТ 77
БАНКРОТСТВО — БАНКРОТТУК, БАНКРОТ БОЛУУ (ит. banco — отургуч, орундук, банк жана rotto — сынып талкаланган) 77
БАРТЕР — БАРТЕР (англ. barter — товар алмашуу) 78
БАРТЕРНАЯ СДЕЛКА — БАРТЕРДИК БҮТҮМ 78
БЕЗНАЛИЧНЫЕ РАСЧЕТЫ — НАКТА ЭМЕС ЭСЕПТЕШҮҮ, АКЧАНЫ КОТОРУП ЭСЕПТЕШҮҮ 78

БЕЗОБЛИГАЦИОННЫЕ ЗАЙМЫ — ОБЛИГАЦИЯСЫЗ ЗАЙЫМДАР 79
БЕЗОПАСНОСТЬ ИНФОРМАЦИОННОЙ СИСТЕМЫ — МААЛЫМАТ СИСТЕМАСЫНЫН КООПСУЗДУГУ 79
БЕЗРАБОТИЦА — ЖУМУШСУЗДУК 79
БЕССРОЧНЫЕ ЗАЙМЫ — МӨӨНӨТСҮЗ ЗАЙЫМДАР 80
БИЗНЕС — БИЗНЕС (англ. business — иш, кызмат) 80
БИЗНЕС МАЛЫЙ — ЧАКАН БИЗНЕС 81
БИЗНЕСМЕН — БИЗНЕСМЕН, БИЗНЕСМЕНЧИ (англ. businessman — ишкер, эпчил) 82
БИЗНЕС-ПЛАН — БИЗНЕС-ПЛАН (англ. business-plan) 83
БИРЖА — БИРЖА (гол. beurs, нем. borse, лат. burse — намыян, капчык) 86
БИРЖА ТРУДА — ЭМГЕК БИРЖАСЫ 86
БИРЖЕВАЯ КОТИРОВКА — БИРЖАЛЫК КОТИРОВКА 87
БИРЖЕВОЙ БЮЛЛЕТЕНЬ — БИРЖА БЮЛЛЕТЕНИ 87
БИРЖЕВОЙ КОМИТЕТ — БИРЖАЛЫК КОМИТЕТ 87
БИРЖЕВОЙ КРИЗИС — БИРЖАЛЫК КРИЗИС 88
БИРЖЕВОЙ КУРС — БИРЖАЛЫК КУРС 88
БИРЖЕВОЙ НОТАРИУС — БИРЖАЛЫК НОТАРИУС 88
БИРЖЕВОЙ ОБОРОТ — БИРЖАЛЫК АЙЛАНЫМ, БИРЖАЛЫК ЖҮГҮРТҮҮ 89
БИРЖЕВОЙ ПОСЕТИТЕЛЬ — БИРЖАЛЫК КАТЫШУУЧУ 89
БИРЖЕВОЙ СОВЕТ — БИРЖАЛЫК СОВЕТ, БИРЖАЛЫК КЕҢЕШ 89
БИРЖЕВЫЕ СДЕЛКИ — БИРЖАЛЫК БҮТҮМДӨР 89
БЛАГОТВОРИТЕЛЬНЫЕ ФОНДЫ — КАЙРЫМДУУЛУК ФОНДУЛАРЫ 89
БОЙЕНТ — БОЙЕНТ (англ. buoyant — көшүүн, ийкемдүү) 90
БОНД — БОНД (англ. bond — күрөө, кепилдик) 90
БОНИФИКАЦИЯ — БОНИФИКАЦИЯ (фр. bonification, bonifico — кайрымдуу, жакшы) 90
БОНУС — БОНУС (лат. bonus — кайрымдуу, жакшы) 90
БОНЫ — БОНА (фр. bon — талон, чек) 90

БРОКЕР — БРОКЕР, ДАЛДАЛЧЫ, ОРТОМЧУ (англ. broker — далдалчы, маклер, баа коюучу, комиссионер, эскиуску менен соода жасоочу) 90
БРОКЕР БИРЖЕВЫЙ — БИРЖА БРОКЕРИ 91
БРОКЕР ВЕКСЕЛЬНЫЙ — ВЕКСЕЛЬ БРОКЕРИ 91
БРОКЕРСКИЕ КРЕДИТЫ — БРОКЕРДИК КРЕДИТТЕР 91
БРУТТО — БРУТТО (ит. brutto — дордогой, таза эмес) 91
БУМАЖНЫЕ ДЕНЬГИ — КАГАЗ АКЧАЛАР 91
БУХГАЛТЕРИЯ — БУГАЛТЕРИЯ (нем. Buch — китеп жана halten — кармоо) 92
"БЫКИ" — "БУКАЧАР" 92
БЮДЖЕТ — БЮДЖЕТ (англ. budget — сумма жана анын кармалышы, запас) 92
БЮДЖЕТ ВРЕМЕНИ — УБАКЫТ БЮДЖЕТИ 92
БЮДЖЕТ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ — МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТ 92
БЮДЖЕТ РЕСПУБЛИКАНСКИЙ — РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТ 93
БЮДЖЕТНАЯ СИСТЕМА — БЮДЖЕТТИК СИСТЕМА 94
БЮДЖЕТНЫЙ ПРОЦЕСС — БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕСС 94
БЮДЖЕТЫ МЕСТНЫЕ — ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕР 95
БЮЛЛЕТЕНЬ КУРСОВ ИНОСТРАННОЙ ВАЛЮТЫ — ЧЕТ ЭЛДИК ВАЛЮТАЛАР КУРСУНУН БЮЛЛЕТЕНИ 95

В

ВАЛОВАЯ ЗАРАБОТНАЯ ПЛАТА — ДҮҢ ЭМГЕК АКЫ 96
ВАЛОВАЯ ПРИБЫЛЬ — ДҮҢ ПАЙДА 96
ВАЛОВЫЙ ВНУТРЕННИЙ ПРОДУКТ — ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКТУ 96
ВАЛОВЫЙ ДОХОД — ДҮҢ КИРЕШЕ 96
ВАЛЬВАЦИЯ — ВАЛЬВАЦИЯ (фр. evaluation — баалоо) 97
ВАЛЮТА — ВАЛЮТА (ит. valuta — баа, нарк) 97
ВАЛЮТА, БАЗИСНАЯ — БАЗИСТИК ВАЛЮТА 98

ВАЛЮТА КЛИРИНГОВАЯ — КЛИРИНГДИК ВАЛЮТА....98
ВАЛЮТА МЯГКАЯ — ИЙКЕМДУУ ВАЛЮТА....98
ВАЛЮТА НЕКОНВЕРТИРУЕМАЯ — КОНВЕРСИЯЛАНБООЧУ ВАЛЮТА....98
ВАЛЮТА ОБРАТИМАЯ — КАЙТАРЫМДУУ ВАЛЮТА....98
ВАЛЮТА ТВЕРДАЯ — ТУРУКТУУ ВАЛЮТА....98
ВАЛЮТНАЯ БИРЖА — ВАЛЮТАЛЫК БИРЖА....98
ВАЛЮТНАЯ ВЫРУЧКА — ВАЛЮТАЛЫК ТҮШКӨН АКЧА....98
ВАЛЮТНАЯ ДЕКЛАРАЦИЯ — ВАЛЮТАЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯ....98
ВАЛЮТНАЯ ИНТЕРВЕНЦИЯ — ВАЛЮТАЛЫК ИНТЕРВЕНЦИЯ....98
ВАЛЮТНАЯ КОРЗИНА — ВАЛЮТАЛЫК СЕБЕТ....99
ВАЛЮТНАЯ КОТИРОВКА — ВАЛЮТАЛЫК КОТИРОВКА....99
ВАЛЮТНАЯ МОНОПОЛИЯ — ВАЛЮТАЛЫК МОНОПОЛИЯ....99
ВАЛЮТНАЯ ПОЛИТИКА — ВАЛЮТАЛЫК САЯСАТ....99
ВАЛЮТНАЯ САМООКУПАЕМОСТЬ — ВАЛЮТАНЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ АКТООЧУЛУГУ....99
ВАЛЮТНАЯ СИСТЕМА — ВАЛЮТАЛЫК СИСТЕМА....100
ВАЛЮТНОЕ ОГРАНИЧЕНИЕ — ВАЛЮТАЛЫК ЧЕКТӨӨ....100
ВАЛЮТНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ — ВАЛЮТАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ....100
ВАЛЮТНЫЕ ОПЕРАЦИИ (валютные сделки) — ВАЛЮТАЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР (валюталык бүтүмдөр)....100
ВАЛЮТНЫЕ РЕЗЕРВЫ — ВАЛЮТАЛЫК РЕЗЕРВДЕР....101
ВАЛЮТНЫЕ ЦЕННОСТИ — ВАЛЮТАЛЫК БААЛУУЛУКТАР....101
ВАЛЮТНЫЙ АРБИТРАЖ — ВАЛЮТАЛЫК АРБИТРАЖ....101
ВАЛЮТНЫЙ АУКЦИОН — ВАЛЮТАЛЫК АУКЦИОН....101

ВАЛЮТНЫЙ ДЕМПИНГ — ВАЛЮТАЛЫК ДЕМПИНГ....101
ВАЛЮТНЫЙ КЛИРИНГ — ВАЛЮТАЛЫК КЛИРИНГ....102
ВАЛЮТНЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ — ВАЛЮТАЛЫК КОЭФФИЦИЕНТ....102
ВАЛЮТНЫЙ КРЕДИТ — ВАЛЮТАЛЫК КРЕДИТ....102
ВАЛЮТНЫЙ КРИЗИС — ВАЛЮТАЛЫК КРИЗИС....102
ВАЛЮТНЫЙ КУРС — ВАЛЮТА КУРСУ....103
ВАЛЮТНЫЙ КУРС СОМА — СОМДУН ВАЛЮТАЛЫК КУРСУ....103
ВАЛЮТНЫЙ РЫНОК — ВАЛЮТАЛЫК БАЗАР....104
ВАЛЮТНЫЙ СЧЕТ — ВАЛЮТАЛЫК ЭСЕП....104
ВАРРАНТ — ВАРРАНТ (англ. warrant — өкүлдүк, ишеним кат)....104
ВАУЧЕР — ВАУЧЕР (англ. voucher — тил кат, ырастоочу документ)....104
ВЕКСЕЛЬ — ВЕКСЕЛЬ (нем. wechsel — алмашуу)....104
ВЕКСЕЛЬ КАЗНАЧЕЙСКИЙ — КАЗЫНАЛЫК ВЕКСЕЛЬ....104
ВЕКСЕЛЬНЫЙ АРБИТРАЖ — ВЕКСЕЛДИК АРБИТРАЖ....104
ВЕНЧУР — ВЕНЧУР (англ. venture — тобокелденген ишкана)....105
ВЕТО — ВЕТО (лат. veto — тыюу салуу)....105
ВЗАИМНЫЕ РАСЧЕТЫ — ӨЗ АРА ЭСЕПТЕШҮҮЛӨР....105
ВЗАИМОДОПОЛНЯЮЩИЕ ТОВАРЫ — БИРИН-БИРИ ТОЛУКТООЧУ ТОВАРЛАР....105
ВЗАИМОЗАМЕНЯЮЩИЕ ТОВАРЫ — БИРИН-БИРИ АЛМАШТЫРУУЧУ ТОВАРЛАР....105
ВКЛАДЫ — САЛЫМДАР....106
ВКЛАДЫ ДО ВОСТРЕБОВАНИЯ — ТАЛАП КЫЛГАНГА ЧЕЙИН САКТАЛУУЧУ САЛЫМДАР....106
ВКЛАДЫ НА ПРЕДЪЯВИТЕЛЯ — КӨРСӨТҮП АЛМА САЛЫМДАР....106
ВЛАДЕЛЕЦ АНАЛОГА СОБСТВЕННОРУЧНОЙ ПОДПИСИ — ӨЗДҮК КОЛ ТАМГА АНАЛОГУНУН ЭЭСИ....106
ВЛАДЕЛЕЦ ИНФОРМАЦИИ — МААЛЫМАТ ЭЭСИ....106

ВЛАДЕЛЕЦ СЧЕТА — СЧЕТТУН ЭЭСИ, ЭСЕП-ЧОТТУН ЭЭСИ....106
ВМЕНЕННЫЕ ИЗДЕРЖКИ — МИЛДЕТТЕНДИРИЛГЕН ЧЫГЫМДАР....106
ВНЕОБОРОТНЫЕ АКТИВЫ — ЖҮГҮРТҮҮДӨН (АЙЛАНЫМДАН) ТЫШКАРЫ АКТИВДЕР....106
ВОЗРАСТАНИЕ СТОИМОСТИ — НАРКТЫН ӨСҮШҮ....106
ВОССТАНОВИТЕЛЬНАЯ СТОИМОСТЬ — КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮЧҮ НАРК....107
ВСТРЕЧНЫЕ ВЕКСЕЛЯ — ЫЙГАРМА ВЕКСЕЛДЕР....107
ВСТРЕЧНЫЕ ТРЕБОВАНИЯ — ТОСМО УТУРЛАМА ТАЛАПТАР....107
ВТОРИЧНАЯ УСЛУГА — КОШУМЧА ТЕЙЛӨӨ....107
ВЫИГРЫШНЫЕ ЗАЙМЫ — УТУУЧУ ЗАЙЫМДАР....107
ВЫКУП ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫ САТЫП АЛУУ....107
ВЫПУСКНОЙ КУРС ОБЛИГАЦИИ — ОБЛИГАЦИЯНЫН ЧЫГАРЫЛЫШ КУРСУ....108
ВЫРАБОТКА — ӨНДҮРҮП ЧЫГАРУУ....108
ВЫРУЧКА — ТҮШКӨН АКЧА....108
ВЫРУЧКА ОТ РЕАЛИЗАЦИИ — САТУУДАН ТҮШКӨН АКЧА....109
ВЫЧЕТ — ЭСЕПТЕН ЧЫГАРУУ....109

Г

ГАВАНИ, НАЛОГОВЫЕ — САЛЫК ГАВАНИ....109
ГАРАНТ — ГАРАНТ (фр. garant — кепил адам)....109
ГАРАНТИЙНОЕ ОБЯЗАТЕЛЬСТВО — ГАРАНТИЯЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕ....109
ГАРАНТИЙНОЕ ПИСЬМО — ГАРАНТИЯЛЫК КАТ....110
ГАРАНТИЙНЫЙ КАПИТАЛ — ГАРАНТИЯЛЫК КАПИТАЛ....110
ГАРАНТИЙНЫЙ КРЕДИТ — ГАРАНТИЯЛЫК КРЕДИТ....110
ГАРАНТИРОВАННЫЕ ЦЕННЫЕ БУМАГИ — ГАРАНТИЯЛАНГАН БААЛУУ КАГАЗДАР....110

ГАРАНТИЯ — ГАРАНТИЯ (фр. garantia — камсыз кылуу, кепилдик)....111
ГЕНЕРАЛЬНЫЙ МЕНЕДЖЕР — ГЕНЕРАЛДЫК МЕНЕДЖЕР....111
ГЛАВНЫЙ КЛИРИНГОВЫЙ ЦЕНТР — БАШКЫ КЛИРИНГ БОРБОРУ....111
ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕГИСТРАЦИЯ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЯ БЕЗ ОБРАЗОВАНИЯ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА — ЮРИДИКАЛЫК ЖАК БОЛУП ТҮЗҮЛБӨГӨН ИШКЕРДИ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО....112
ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕГИСТРАЦИЯ ПРЕДПРИЯТИЙ — ИШКАНАЛАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО....112
ГОСУДАРСТВЕННОЕ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО — МАМЛЕКЕТТИК ИШКЕРДИК....113
ГОСУДАРСТВЕННОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ РЫНКА — БАЗАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛЫП ТУРУУ....113
ГОСУДАРСТВЕННОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ ЭКОНОМИКИ — ЭКОНОМИКАНЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ....113
ГОСУДАРСТВЕННЫЕ НАЛОГОВЫЕ ИНСПЕКЦИИ — МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК ИНСПЕКЦИЯСЫ....114
ГОСУДАРСТВЕННЫЕ ФИНАНСЫ — МАМЛЕКЕТТИК ФИНАНСЫ....115
ГОСУДАРСТВЕННЫЕ ЦЕННЫЕ БУМАГИ — МАМЛЕКЕТТИК БААЛУУ КАГАЗДАР....115
ГОСУДАРСТВЕННЫЙ БЮДЖЕТ — МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТ....115
ГРАНТ — ГРАНТ (англ. grant — сый акты, макул болуу, уруксат берүү)....115
ГРОССОВАЯ СИСТЕМА РАСЧЕТОВ — ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮН ГРОССТУК СИСТЕМАСЫ....116
ГРОССОВАЯ СИСТЕМА РАСЧЕТОВ В РЕЖИМЕ РЕАЛЬНОГО ВРЕМЕНИ — РЕАЛДУУ УБАКЫТ ЫРГАГЫНДАГЫ ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮН ГРОССТУК СИСТЕМАСЫ....116
ГУДВИЛЛ — ГУДВИЛЛ....116

Д

ДАВАЛЬЧЕСКИЙ ПРОДУКТ, ДАВАЛЬЧЕСКОЕ СЫРЬЕ — ИШТЕЛИП АЛМА ПРОДУКТУ, ИШТЕЛИП АЛМА ЧИЙКИ ЗАТ....116
ДАВЛЕНИЕ НА КОНКУРЕНТА — АТААНДАШКА КЫСЫМ КӨРСӨТҮҮ....116
ДАВЛЕНИЕ НА КУРС ВАЛЮТЫ — ВАЛЮТАНЫН КУРСУНА КЫСЫМ КӨРСӨТҮҮ....117
ДАВНОСТЬ ПРИОБРЕТАТЕЛЬНАЯ — ЭЭ БОЛУУНУН УЗАКТУУЛУГУ....117
ДАМНИФИКАЦИЯ — ДАМНИФИКАЦИЯ (лат. damnum — зыян тартуу жана facere — жасоо)....117
"ДАУН-ТИК", "МИНУС-ТИК" — "ДАУН-ТИК", "МИНУС-ТИК"....117
ДВИЖЕНИЕ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ — АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖҮГҮРТҮЛҮШҮ....117
ДВИЖИМОСТЬ — КЫЙМЫЛДУУ МҮЛК....117
ДВОЙНАЯ БУХГАЛТЕРСКАЯ ЗАПИСЬ — БУГАЛТЕРДИК КОШ ЖАЗУУ....117
ДВОЙНОЕ НАЛОГООБЛОЖЕНИЕ — КОШ САЛЫК САЛУУ....117
ДВОЙНОЙ КУРС — КОШ КУРС....118
ДВУСТОРОННЯЯ БАНКОВСКАЯ СДЕЛКА — БАНКТЫК ЭКИ ТАРАПТУУ БҮТҮМ....118
ДЕБЕНТУРА — ДЕБЕНТУРА (лат. debere — карыз болуу)....118
ДЕБЕТ — ДЕБЕТ (лат. debet — карыз)....118
ДЕБЕТОВАЯ КАРТА — ДЕБЕТТИК КАРТ....118
ДЕБИТ — ДЕБИТ (фр. debit — сатуу, чыгым)....118
ДЕБИТОР — ДЕБИТОР (лат. debitor — береселүү, карыздар)....118
ДЕБИТОРСКАЯ ЗАДОЛЖЕННОСТЬ — ДЕБИТОРДУК КАРЫЗ....119
ДЕВАЛЬВАЦИЯ — ДЕВАЛЬВАЦИЯ (лат. de — төмөндөө жана valeo — мааниге ээ болуу, арзуу, татуу)....119
ДЕВИЗНАЯ ПОЛИТИКА — ДЕВИЗДИК САЯСАТ....119

ДЕВИЗЫ — ДЕВИЗДЕР (фр. devices — девиздер)....119
ДЕКЛАРАЦИЯ — ДЕКЛАРАЦИЯ (лат. declaratio — жарыялоо, салтанаттуу жарыялоо)....119
ДЕКЛАРАЦИЯ НАЛОГОВАЯ — САЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯСЫ....120
ДЕКЛАРАЦИЯ О ДОХОДАХ — КИРЕШЕЛЕР ЖӨНҮНДӨГҮ ДЕКЛАРАЦИЯ....120
ДЕКЛАРАЦИЯ ТАМОЖЕННАЯ — БАЖЫЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯ....121
ДЕКОРТ — ДЕКОРТ (нем. decort — женилдик, кемитүү)....121
ДЕЛЬКРЕДЕРЕ — ДЕЛЬКРЕДЕРЕ (ит. del credere — ишеним үчүн)....121
ДЕМАРКЕТИНГ — ДЕМАРКЕТИНГ....121
ДЕМЕРЕДЖ — ДЕМЕРЕДЖ (англ. demurage — токтоп калуу үчүн төлөм)....121
ДЕМПИНГ — ДЕМПИНГ (англ. dumping — чыгаруу)....122
ДЕМПИНГ ВАЛЮТНЫЙ — ВАЛЮТАЛЫК ДЕМПИНГ....123
ДЕМПИНГ ТОВАРНЫЙ — ТОВАРДЫК ДЕМПИНГ....123
ДЕМПИНГОВАЯ ЦЕНА — ДЕМПИНГДИК БАА....123
ДЕНАЦИОНАЛИЗАЦИЯ — ДЕНАЦИОНАЛИЗАЦИЯ (фр. denationalisation — улуттук менчиктен ажыроо; мамлекеттештирилген менчикти мурдагы ээсине кайтарып берүү)....123
ДЕНЕЖНАЯ ЕДИНИЦА — АКЧА БИРДИГИ....123
ДЕНЕЖНАЯ МАССА — АКЧА МАССАСЫ....124
ДЕНЕЖНАЯ РЕФОРМА — АКЧА РЕФОРМАСЫ....124
ДЕНЕЖНАЯ СИСТЕМА — АКЧА СИСТЕМАСЫ....124
ДЕНЕЖНЫЕ РАСХОДЫ НАСЕЛЕНИЯ — КАЛКТЫН АКЧАЛАЙ САРПТООЛОРУ....125
ДЕНЕЖНЫЙ РЫНОК — АКЧА БАЗАРЫ....125
ДЕНЕЖНЫЙ ЧЕК — АКЧА ЧЕГИ....125
ДЕНОМИНАЦИЯ — ДЕНОМИНАЦИЯ (лат. denominatio — атын өзгөртүү)....125
ДЕНОНСАЦИЯ — ДЕНОНСАЦИЯ....125
ДЕНЬГИ — АКЧА....125
ДЕНЬГИ МИРОВЫЕ — ДҮЙНӨЛҮК АКЧА....125

ДЕПОЗИТАРИЙ — ДЕПОЗИТАРИЙ (фр. depositaire — сактоо үчүн адамга берилген буюм) 125
ДЕПОЗИТНЫЕ БАНКИ — ДЕПОЗИТТИК БАНКТАР 126
ДЕПОЗИТНЫЕ ОПЕРАЦИИ — ДЕПОЗИТТИК ОПЕРАЦИЯЛАР 126
ДЕПОЗИТНЫЙ СЕРТИФИКАТ — ДЕПОЗИТТИК СЕРТИФИКАТ 126
ДЕПОЗИТОР — ДЕПОЗИТОР (англ. depositor — салым ээси, салымчы) 127
ДЕПОЗИТЫ — ДЕПОЗИТТЕР (лат. depositum — шертпул, төгүм, күрөө, сактоого коюлган буюм) 127
ДЕПОНЕНТ— ДЕПОНЕНТ (лат. deponens — чогултуу, жыйнай берүү) 127
ДЕПОНИРОВАНИЕ — ДЕПОНИРЛӨӨ (лат. deponere — сактоого берүү) 127
ДЕПОРТ — ДЕПОРТ (фр. deport — чайкоочулук бүтүм) 127
ДЕПРЕССИЯ — ДЕПРЕССИЯ (лат. depressio — басылуу, басмырлануу) 128
ДЕРЖАТЕЛЬ КАРТЫ — КАРТ КАРМООЧУ 128
ДЕЦЕНТРАЛИЗАЦИЯ — БЕЙОРТОМДОШТУРУУ (ДЕЦЕНТРАЛИЗАЦИЯ) 128
ДЕФИЦИТ — ТАРТЫШ, ДЕФИЦИТ (лат. deficit — жетишсиз, бир нерсенин тартыштыгы) 129
ДЕФЛЯТОР ВАЛОВОГО НАЦИОНАЛЬНОГО ПРОДУКТА — УЛУТТУК ДҮҢ ПРОДУКТУНУН ДЕФЛЯТОРУ 129
ДЕФЛЯЦИЯ — ДЕФЛЯЦИЯ (лат. deflatio — жайылтуу, дем берүү) 129
ДИВИДЕНДЫ — ДИВИДЕНДДЕР (лат. dividendus — бөлүштүрүүгө жатуучу) 130
ДИЗАЖИО — ДИЗАЖИО (ит. disaggio — төмөндөө) 130
ДИЛЕР — ДИЛЕР (англ. dealer — сатуучу, соодагер) 130
ДИЛЕРСКИЕ ФИРМЫ — ДИЛЕРДИК ФИРМАЛАР 130
ДИСКОНТ — ДИСКОНТ (англ. discount — женилдик, товардын баасын бир аз арзандатуу) 130
ДИСКОНТИРОВАНИЕ (векселей) — векселдерди ДИСКОНТТОО 130

ДИСКОНТНАЯ ОБЛИГАЦИЯ — ДИСКОНТТУК ОБЛИГАЦИЯ 130
ДИСКОНТНАЯ (УЧЕТНАЯ) ПОЛИТИКА — ДИСКОНТТУК (ЭСЕП) САЯСАТ 131
ДИСКОНТНЫЕ (УЧЕТНЫЕ) ДОМА — ДИСКОНТТУК (ЭСЕП) ҮЙЛӨР 131
ДИСКРЕДИТАЦИЯ — ДИСКРЕДИТАЦИЯ 131
ДИСЦИПЛИНА — ТАРТИП (лат. disciplina — токтоолук, сабырдуулук, туруктуу, катаалдык) 131
ДИФФЕРЕНЦИРОВАНИЕ ЦЕН — БААЛАРДЫ ЖИКТӨӨ 131
ДИФФЕРЕНЦИРОВАННЫЕ ВАЛЮТНЫЕ КОЭФФИЦИЕНТЫ — ЖИКТЕЛГЕН ВАЛЮТАЛЫК КОЭФФИЦИЕНТТЕР 131
ДИСПАЧ — ДИСПАЧ (англ. dispatch — тездик, ыкчамдык) 131
ДИСТРИБЬЮТОР — ДИСТРИБЬЮТОР (англ. distributor — бөлүштүргүч) 131
ДИСЦИПЛИНА ДОГОВОРНАЯ — КЕЛИШИМДИК ТАРТИП 132
ДИСЦИПЛИНА КАССОВАЯ — КАССАЛЫК ТАРТИП 132
ДИСЦИПЛИНА ФИНАНСОВАЯ — ФИНАНСЫЛЫК ТАРТИП 132
ДИФФЕРЕНТ— ДИФФЕРЕНТ (лат. differens — айырма, өзгөчөлүк) 133
ДОБАВЛЕННАЯ СТОИМОСТЬ — КОШУМЧАЛАНГАН НАРК 133
ДОВЕРИТЕЛЬНЫЕ ОПЕРАЦИИ БАНКОВ — БАНКТАРДЫН ИШЕНИМ ОПЕРАЦИЯЛАРЫ 133
ДОГМА — ДОГМА (гр. dogma — абал, пикир, чечим) 133
ДОГОВОР ДЕПОЗИТАРНЫЙ — ДЕПОЗИТАРИЙЛИК КЕЛИШИМ 133
ДОГОВОР О МАТЕРИАЛЬНОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ — МАТЕРИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИК ЖӨНҮНДӨГҮ КЕЛИШИМ 134
ДОГОВОР ПОСТАВКИ — ЖЕТКИРИП-ТАПШЫРУУ КЕЛИШИМИ 134
ДОГОВОР СТРАХОВАНИЯ — КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМИ 135

ДОГОВОР ТРУДОВОЙ — ЭМГЕК КЕЛИШИМИ 135
ДОГОВОР УЧРЕДИТЕЛЬНЫЙ — УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК КЕЛИШИМ 135
ДОГОВОР ХОЗЯЙСТВЕННЫЙ — ЧАРБАЛЫК КЕЛИШИМ 136
ДОЛГ — КАРЫЗ 136
ДОЛГ, ВНУТРЕННИЙ — ИЧКИ КАРЫЗ 136
ДОЛГ, ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ВНЕШНИЙ — МАМЛЕКЕТТИК ТЫШКЫ КАРЫЗ 136
ДОЛЛАР — ДОЛЛАР (англ. dollar — акча бирдиги) 137
ДОМОХОЗЯЙСТВО, ДОМАШНЕЕ ХОЗЯЙСТВО — ҮЙ ЧАРБАЧЫЛЫГЫ, ҮЙ ЧАРБАСЫ 137
ДОПОЛНИТЕЛЬНАЯ КАРТА — КОШУМЧА КАРТ 137
ДОРОГИЕ ДЕНЬГИ — КУНДУУ АКЧА 137
ДОРОЖНЫЙ ЧЕК — ЖОЛ ЧЕГИ 138
ДОСТУПНОСТЬ — МААЛЫМАТТАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮ 138
ДОТАЦИЯ — ДОТАЦИЯ (лат. dotatio — сый, тартуу) 138
ДОТАЦИЯ, ЭКСПОРТНАЯ — ЭКСПОРТТУК ДОТАЦИЯ 138
ДОХОД — КИРЕШЕ 138
ДОХОД ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКИЙ — ИШКЕРДИК КИРЕШЕСИ 139
ДОХОДЫ НАСЕЛЕНИЯ — КАЛКТЫН КИРЕШЕЛЕРИ 139
ДОЧЕРНЕЕ ПРЕДПРИЯТИЕ, ОБЩЕСТВО — ТҮҮНДУ ИШКАНА, КООМ 139
ДРАФТ — ДРАФТ (англ. draft — чек) 139
ДРУЖЕСКИЕ ВЕКСЕЛЯ — МАМИЛЕ ВЕКСЕЛДЕРИ 139

Е

ЕВРОВАЛЮТЫ — ЕВРОВАЛЮТАЛАР (англ. eurocurrencies) 140
ЕВРОДОЛЛАРЫ — ЕВРОДОЛЛАРЛАР (англ. Euro-dollars) 140
ЕВРОКРЕДИТЫ — ЕВРОКРЕДИТТЕР 141

ЕВРОПЕЙСКИЙ БАНК РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ — РЕКОНСТРУКЦИЯЛООНУН ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЕВРОПАЛЫК БАНКЫ 141
ЕВРОПЕЙСКИЙ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ СОЮЗ, "ОБЩИЙ РЫНОК" — ЕВРОПАЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БИР СОЮЗ, "ЖАЛПЫ БАЗАР" 141
ЕВРОПЕЙСКОЕ СООБЩЕСТВО — ЕВРОПАЛЫК КООМДОШТУК 142
ЕВРОРЫНОК — ЕВРОБАЗАР 142
ЕВРОЧЕК — ЕВРОЧЕК 142
ЕДИНИЦА ИЗМЕРЕНИЯ ПРОДУКЦИИ — ПРОДУКЦИЯЛАРДЫН ӨЛЧӨМ БИРДИГИ 142
ЕМКОСТЬ РЫНКА — БАЗАРДЫН СЫЙЫМДУУЛУГУ 142
ЕМКОСТЬ ПОТРЕБИТЕЛЬСКОГО РЫНКА — КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨР БАЗАРЫНЫН СЫЙЫМДУУЛУГУ 142
ЕСТЕСТВЕННАЯ МОНОПОЛИЯ — ТАБИГЫЙ МОНОПОЛИЯ 143

Ж

ЖЕЛЕЗНОДОРОЖНЫЙ ИСКЛЮЧИТЕЛЬНЫЙ ТАРИФ — ТЕМИР ЖОЛ ӨЗГӨЧӨ ТАРИФИ 143
ЖЕНЕВСКИЕ КОНВЕНЦИИ — ЖЕНЕВА КОНВЕНЦИЯЛАРЫ 143
ЖЕСТИКУЛЯЦИИ БРОКЕРА НА БИРЖЕ — БИРЖАДА БРОКЕРДИН ЖАНДООЛОРУ 143
ЖИЗНЕННЫЙ ЦИКЛ ПРОДУКЦИИ — ПРОДУКЦИЯНЫН УЗАКТЫК ЦИКЛИ 144
ЖИРАНТ — ЖИРАНТ [ит. gronte, girare (une Soma) — суммага айландыруу] 144
ЖИРАТ — ЖИРАТ (ит. girate) 144
ЖИРО — ЖИРО (ит. giro — жүгүртүү, айландыруу) 145
ЖИРОРАСЧЕТЫ — ЖИРОЭСЕПТЕШҮҮЛӨР 145

З

ЗАДАНИЕ НА ПРОЕКТИРОВАНИЕ — ДОЛБОРЛОО ТАПШЫРМАСЫ 145

ЗАДАТОК — ШЕРТПУЛ 145
ЗАЁМ — КАРЫЗ 146
ЗАЁМ БАНКОВСКИЙ — БАНКТЫК КАРЫЗ 146
ЗАЁМНЫЕ СРЕДСТВА — КАРЫЗ КАРАЖАТТАРЫ 146
ЗАКАЗЫ — ЗАКАЗДАР 147
ЗАКЛЮЧИТЕЛЬНЫЙ БАЛАНС — ЖЫЙЫНТЫК-ТООЧУ БАЛАНС 147
ЗАКОН ПРЕДЛОЖЕНИЯ — СУНУШ МЫЙЗАМЫ 147
ЗАКОН СПРОСА — СУРАМ МЫЙЗАМЫ 147
ЗАКОН СТОИМОСТИ — НАРК МЫЙЗАМЫ 147
ЗАКУПОЧНЫЕ ЦЕНЫ — ДҮҢҮНӨН САТЫП АЛУУ БААСЫ 147
ЗАЛОГ — КҮРӨӨ 148
ЗАНЯТОСТЬ — ЖУМУШТУУЛУК 149
ЗАПАС СТРАХОВОЙ — КАМСЫЗДАНДЫРУУЧУ КОР 150
ЗАПАСЫ ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ — ӨНДҮРҮШТҮК КОР 150
ЗАПРОС — СУРАМ 150
ЗАТРАТЫ — САРПТООЛОР 150
ЗАТРАТЫ НА ПРОИЗВОДСТВЕ — ӨНДҮРҮШ ЧЫГЫМДАРЫ 150
ЗАТРАТЫ ПО ЛИКВИДАЦИИ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУНУ ЖОЮУ БОЮНЧА ЧЫГЫМДАР 150
ЗОЛОТАЯ ОГОВОРКА — АЛТЫН ШАРТ, АЛТЫН ЭСКЕРТМЕ 151
ЗОНЫ СВОБОДНОГО (СОВМЕСТНОГО) ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА — ЭРКИН (ОРТОК) ИШКЕРДИК ТИЛКЕСИ 151
ЗОНА СВОБОДНОЙ ТОРГОВЛИ ПРОМЫШЛЕННЫМИ ТОВАРАМИ — ӨНӨР ЖАЙ ТОВАРЛАРЫН ЭРКИН САТУУ ТИЛКЕСИ 151

И

ИДЕНТИФИКАЦИЯ — ИДЕНТИФИКАЦИЯ 152
ИЗДЕЛИЕ ГОТОВОЕ — ДАЯР БУЮМ 152

ИЗДЕЛИЕ КОМПЛЕКТУЮЩЕЕ — КОМПЛЕКТТЕЛҮҮЧҮ БУЮМДАР 152
ИЗДЕРЖКИ ВНЕШНИЕ — ТЫШКЫ ЧЫГЫМДАР 152
ИЗДЕРЖКИ ВНУТРЕННИЕ — ИЧКИ ЧЫГЫМДАР 152
ИЗДЕРЖКИ ПЕРЕМЕННЫЕ — ӨЗГӨРҮЛМӨ ЧЫГЫМДАР 152
ИЗДЕРЖКИ ПОСТОЯННЫЕ — ТУРАКТУУ ЧЫГЫМДАР 152
ИЗДЕРЖКИ ПРЕДЕЛЬНЫЕ — ЧЕКТЕЛГЕН ЧЫГЫМДАР 152
ИЗДЕРЖКИ ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ — ӨНДҮРҮШ ЧЫГЫМДАРЫ 153
ИЗДЕРЖКИ ТОРГОВЫЕ — СООДА ЧЫГЫМДАРЫ 153
ИЗДЕРЖКИ ТРАНСПОРТНЫЕ — ТРАНСПОРТТУК ЧЫГЫМДАР 153
ИЗДЕРЖКИ ХРАНЕНИЯ — САКТОО ЧЫГЫМДАРЫ 153
ИЗДЕРЖКИ ЯВНЫЕ — АЙКЫН ЧЫГЫМДАР 153
ИМИДЖ — ИМИДЖ (англ. image — образ, форма, икона, көркөм элестетүү) 154
ИММОБИЛИЗАЦИЯ ОБОРОТНЫХ СРЕДСТВ — АЙЛАНЫМ КАРАЖАТТАРДЫН ИММОБИЛИЗАЦИЯЛАНЫШЫ (лат. immobilis — кыймылсыз) 154
ИМПОРТ — ИМПОРТ (англ. import — тартып киргизүү, четтен келтирүү) 154
ИМПРИНТЕР — ИМПРИНТЕР 155
ИМУЩЕСТВО — МҮЛК 155
ИМУЩЕСТВО ПРЕДПРИЯТИЙ — ИШКАНАНЫН МҮЛКҮ 155
ИНВЕНТАРИЗАЦИЯ — ИНВЕНТАРИЗАЦИЯ (англ. inventory — такталган ведомость, мүлктү каттоо) 156
ИНВЕСТИЦИИ — ИНВЕСТИЦИЯЛАР (лат. investire — салуу, кийиндирүү) 157
ИНВЕСТИЦИОННАЯ КОМПАНИЯ — ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КОМПАНИЯ 159
ИНВЕСТИЦИОННАЯ ПОЛИТИКА — ИНВЕСТИЦИЯЛЫК САЯСАТ 159

ИНВЕСТИЦИОННЫЕ ИНСТИТУТЫ — ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИНСТИТУТТАР 160
ИНВЕСТИЦИОННЫЙ БАНК — ИНВЕСТИЦИЯЛЫК БАНК 161
ИНВЕСТИЦИОННЫЙ ФОНД — ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ФОНДУСУ 161
ИНВЕСТОР — ИНВЕСТОР (англ. investor — акча салуучу) 162
ИНДЕКСАЦИЯ — ИНДЕКСАЦИЯ 162
ИНДЕКСАЦИЯ ДОХОДОВ НАСЕЛЕНИЯ — КАЛК КИРЕШЕЛЕРИН ИНДЕКСАЦИЯЛОО 162
ИНДЕКС ДОУ ДЖОНСА — ДОУ ЖОНСТУН ИНДЕКСИ 163
ИНДИВИДУАЛЬНАЯ ТРУДОВАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ — ЖЕКЕ ЭМГЕК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ 163
ИНДОССАМЕНТ— ИНДОССАМЕНТ (нем. indossament, фр. endossement, лат. undorsum — арка) 163
ИНДОССАНТ — ИНДОССАНТ (нем. indossant) 164
ИНДОССАТ — ИНДОССАТ (нем. indossat) 164
ИНЖИНИРИНГ — ИНЖИНИРИНГ 164
ИНКАССАТОР — ИНКАССАТОР (ит. incassare — жащикке салуу) 164
ИНКАССО — ИНКАССО (ит. incasso — түшкөн акча, жыйым) 164
ИННОВАЦИОННЫЕ БАНКИ — ИННОВАЦИЯЛЫК БАНКТАР 165
ИНСАЙДЕР — ИНСАЙДЕР (лат. insider — ички) 165
ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНАЯ СОБСТВЕННОСТЬ — ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК (лат. intellectus — акыл) 165
ИНТЕРВЕНЦИЯ ВАЛЮТНАЯ — ВАЛЮТАЛЫК ИНТЕРВЕНЦИЯ 165
ИНФЛЯЦИЯ, СИСТЕМА АНТИИНФЛЯЦИОННЫХ МЕР — ИНФЛЯЦИЯ, ИНФЛЯЦИЯГА КАРШЫ ЧАРАЛАРДЫН ТУТУМУ 166

ИНФОРМАЦИОННАЯ СИСТЕМА — МААЛЫМАТ СИСТЕМАСЫ 167
ИНФОРМАЦИОННЫЙ ТЕРМИНАЛ — МААЛЫМАТТЫК ТЕРМИНАЛ 168
ИНФРАСТРУКТУРА — ИНФРАСТРУКТУРА (лат. infra — төмөн астында жана structura — түзүлүш, жайгашуу) 168
ИНФРАСТРУКТУРА РЫНОЧНАЯ — БАЗАРДЫК ИНФРАСТРУКТУРА 168
ИНФРАСТРУКТУРА УПРАВЛЕНЧЕСКАЯ — БАШКАРУУЧУЛУК ИНФРАСТРУКТУРАСЫ 169
ИПОТЕКА — ИПОТЕКА (гр. hupoteke — күрөө) 169
ИПОТЕКА "МЛАДШАЯ" — "КЕНЖЕ" ИПОТЕКА 170
ИПОТЕЧНАЯ ССУДА — ИПОТЕКАЛЫК ССУДА 170
ИПОТЕЧНЫЙ БАНК (БАНК ИПОТЕЧНЫЙ) — ИПОТЕКА БАНКЫ 170
ИПОТЕЧНЫЙ КРЕДИТ — ИПОТЕКАЛЫК КРЕДИТ 170

К

КАДАСТР — КАДАСТР (фр. cadastre) 170
КАДРЫ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНА КАДРЛАРЫ 170
КАЗНА — КАЗЫНА (түрк. казына — акча сактоочу жай) 171
КАЗНАЧЕЙ — КАЗЫНАЧЫ 171
КАЗНАЧЕЙСКАЯ ЭМИССИЯ — КАЗЫНАЛЫК ЭМИССИЯ 171
КАЗНАЧЕЙСКИЕ БИЛЕТЫ — КАЗЫНА БЕЛЕТТЕРИ 171
КАЗНАЧЕЙСКИЕ БОНЫ — КАЗЫНАЛЫК БОНА 171
КАЗНАЧЕЙСКИЕ ОБЯЗАТЕЛЬСТВА — КАЗЫНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР 171
КАЗНАЧЕЙСКИЙ ВЕКСЕЛЬ — КАЗЫНАЛЫК ВЕКСЕЛЬ 171
КАЗНАЧЕЙСТВО — КАЗЫНАЧЫЛЫК 172

КАЛЬКУЛЯЦИЯ — КАЛЬКУЛЯЦИЯ (лат. calculatio — эсептегич, эсептеп чыгаруу) 172
КАМБИСТ — КАМБИСТ 172
КАМПАНИЯ — КАМПАНИЯ (фр. campagne — кампания) 172
КАПИТАЛ — КАПИТАЛ (нем. kapital, лат. capitalis — башкы, башкы мүлк) 173
КАПИТАЛ АКЦИОНЕРНЫЙ — АКЦИОНЕРДИК КАПИТАЛ 173
КАПИТАЛ ВЕНЧУРНЫЙ — ВЕНЧУРДУК КАПИТАЛ 173
КАПИТАЛ ОБОРОТНЫЙ — АЙЛАНЫМ КАПИТАЛЫ 173
КАПИТАЛ РЕЗЕРВНЫЙ — РЕЗЕРВДИК КАПИТАЛ 174
КАПИТАЛОЁМКИЙ ТЕХНИЧЕСКИЙ ПРОГРЕСС — КАПИТАЛ СЫЙЫМДУУ ТЕХНИКАЛЫК ПРОГРЕСС 174
КАПИТАЛОЁМКОСТЬ — КАПИТАЛ СЫЙЫМДУУЛУК 174
КАПИТАЛЬНОЕ ВЛОЖЕНИЕ — КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР 174
КАПИТАЛЬНОЕ ВЛОЖЕНИЕ ДОПОЛНИТЕЛЬНОЕ — КОШУМЧА КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР 175
КАПИТАЛЬНЫЕ ВЛОЖЕНИЯ НОВЫЕ — ЖАҢЫ КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР 175
КАПИТАЛЬНЫЕ ВЛОЖЕНИЯ ОБЩИЕ — ЖАЛПЫ КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР 176
КАРТ — КАРТ (англ. cart) 176
КАРТ-БЛАНШ — КАРТ-БЛАНШ (фр. carte blanche) 176
КАРТ-СЧЕТ — КАРТ-СЧЕТ 176
КАРТЕЛЬ — КАРТЕЛЬ (фр. cartel — көрнөк, асып коймо такта, мандайча жазуу) 176
КАССА — КАССА (ит. cassa — сыйымдуу идиш, жащик) 177
КАССОВАЯ КНИГА — КАССА КИТЕБИ 177
КАССОВЫЕ ОПЕРАЦИИ — КАССАЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР 178
КАССОВЫЕ ОРДЕРА — КАССАЛЫК ОРДЕРЛЕР 178
КАССОВЫЙ ТЕРМИНАЛ — КАССАЛЫК ТЕРМИНАЛ 178
КВАЛИФИКАЦИЯ РАБОТНИКА — КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫ 178
КВОТА — КВОТА (лат. guota — ар бирине туура келүүчү бөлүк, guot — канча) 178
КВОТА ИМПОРТНАЯ — ИМПОРТТУК КВОТА 179
КВОТА ЭКСПОРТНАЯ — ЭКСПОРТТУК КВОТА 179
КЛАССИФИКАЦИЯ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫ КЛАССИФИКАЦИЯЛОО (ЖИКТӨӨ) 179
КЛАССИФИКАЦИЯ ПОКАЗАТЕЛЕЙ КАЧЕСТВА ПРОДУКЦИИ — ПРОДУКЦИЯЛАРДЫН САПАТЫН КЛАССИФИКАЦИЯЛООНУН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ 181
КЛЕЙМС — КЛЕЙМС (англ. claims — талап, укук) 181
КЛИЕНТ — КЛИЕНТ, КАРДАР (лат. cliens, ит. cliente — заказчы, заказ берүүчү) 181
КЛИРИНГ — КЛИРИНГ (англ. clearing — эсептик) 182
КЛИРИНГ ВАЛЮТНЫЙ — ВАЛЮТАЛЫК КЛИРИНГ 182
КЛИРИНГОВАЯ ПАЛАТА — КЛИРИНГ ПАЛАТАСЫ 183
КЛИРИНГОВАЯ (РАСЧЕТНАЯ) ПАЛАТА — КЛИРИНГДИК (ЭСЕПТЕШҮҮ) ПАЛАТА 183
КЛИРИНГОВАЯ СЕССИЯ — КЛИРИНГДИК СЕССИЯ 183
КЛИРИНГОВАЯ СИСТЕМА ПЛАТЕЖЕЙ — ТӨЛӨМДӨРДҮН КЛИРИНГ СИСТЕМАСЫ 183
КЛИРИНГОВЫЙ БАНК — КЛИРИНГДИК БАНК 183
КОД БУХГАЛТЕРСКОГО СЧЕТА — БУГАЛТЕРДИК ЭСЕП-ЧОТУНУН КОДУ 184
КОЛЛЕДЖ — КОЛЛЕДЖ (англ. college) 184
КОЛЛЕЖ — КОЛЛЕЖ (фр. college) 184
КОЛЛЕКТИВНОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ — ЖАМААТТЫК ИШКАНА 184
КОЛЛЕКТИВНЫЙ ПОДРЯД — ЖАМААТТЫК МАРДИКЕРЛИК 184
КОМАНДИТНОЕ ТОВАРИЩЕСТВО — КОМАНДИТТИК ШЕРИКТЕШТИК 185
КОМАНДНАЯ ЭКОНОМИКА — КОМАНДАЛЫК ЭКОНОМИКА 185

КОМИССИОНЕР — КОМИССИОНЕР (фр. comission-nate, лат. commissio — тапшырма).....185
КОМИССИОННАЯ ТОРГОВЛЯ — КОМИССИЯЛЫК СООДА.....185
КОМИССИОННЫЕ ПРЕДПРИЯТИЯ — КОМИССИЯЛЫК ИШКАНАЛАР.....185
КОМИССИЯ — КОМИССИЯ (лат. comissio — тапшырма).....185
КОМИТЕНТ — КОМИТЕНТ (лат. committens, committentis — тапшырма берүүчү).....186
КОММЕРСАНТ — КОММЕРСАНТ (фр. commercant, исп. commerciante — соодагер, сатуучу).....186
КОММЕРЦИЯ — КОММЕРЦИЯ (лат. commercium — соода, соодагерлик).....186
КОММЕРЧЕСКАЯ ТАЙНА — КОММЕРЦИЯЛЫК ЖАШЫРУУН СЫР.....186
КОММЕРЧЕСКИЕ БАНКИ — КОММЕРЦИЯЛЫК БАНКТАР.....186
КОММЕРЧЕСКИЙ ВЕКСЕЛЬ — КОММЕРЦИЯЛЫК ВЕКСЕЛЬ.....187
КОММЕРЧЕСКИЙ ДИРЕКТОР — КОММЕРЦИЯЛЫК МҮДҮР.....187
КОММЕРЧЕСКИЙ РАСЧЕТ — КОММЕРЦИЯЛЫК ЭСЕП.....188
КОМПАНИЯ — КОМПАНИЯ (фр. compagnie).....188
КОМПАНИЯ АФФИЛИРОВАННАЯ — АФФИЛИРЛЕНГЕН (БИРИККЕН) КОМПАНИЯ.....188
КОМПАНИЯ ВЕНЧУРНАЯ — ТОБОКЕЛЧИЛ (ВЕНЧУРДУК) КОМПАНИЯ.....188
КОМПАНИЯ ДОЧЕРНЯЯ — ТУУНДУ КОМПАНИЯ Кара. *ДОЧЕРНЕЕ ПРЕДПРИЯТИЕ — ТУУНДУ ИШКАНА*.....189
КОМПАНИЯ ЕДИНОЛИЧНАЯ — ЖЕКЕ КОМПАНИЯ.....189
КОМПАНИЯ ИНЖИНИРИНГОВАЯ — ИНЖИНИРИНГДИК КОМПАНИЯ.....189
КОМПАНИЯ ЛИЗИНГОВАЯ — ЛИЗИНГАЛЫК КОМПАНИЯ.....189

КОМПАНИЯ МАТЕРИНСКАЯ — БАШКЫ ИШКАНА Кара. *ГОЛОВНОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ — БАШКЫ ИШКАНА*.....189
КОМПАНИЯ ОФФШОРНАЯ — ОФФШОРДУК КОМПАНИЯ.....189
КОМПАНИЯ ПРИВИЛЕГИРОВАННАЯ — АРТЫКЧЫЛЫКТУУ КОМПАНИЯ.....189
КОМПАНИЯ ТРАСТОВАЯ — ТРАСТТЫК КОМПАНИЯ.....190
КОМПЕНСАЦИОННЫЕ СОГЛАШЕНИЯ — КОМПЕНСАЦИЯЛЫК КЕЛИШИМ-ШАРТТАР.....190
КОНВЕРСИЯ — КОНВЕРСИЯ (лат. convercio — айландыруу, өзгөрүлүү, алмашуу).....191
КОНВЕРТИРУЕМОСТЬ ВАЛЮТ — ВАЛЮТАЛАРДЫН КОНВЕРСИЯЛУУЛУГУ.....191
КОНГЛОМЕРАТНОЕ ОБЪЕДИНЕНИЕ — КОНГЛОМЕРАТТЫК БИРИКМЕ (лат. conglomeratus — топтолуп чогулган, жыйналган).....192
КОНДОМИНИУМ, КОНДОМИНАТ — КОНДОМИНИУМ, КОНДОМИНАТ (лат. condominium, con — бирге жана dominium — ээ болуу).....193
КОНКУРЕНТОСПОСОБНОСТЬ ТОВАРА — ТОВАРДЫН АТААНДАШТЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮ, ЖАРАМДУУЛУГУ, ТЕҢ ТАЙЛАШУУГА МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ.....193
КОНКУРЕНЦИЯ — АТААНДАШТЫК (лат. concurtia — түртүшүп кагылышуу, мелдешке түшүү).....193
КОНОСАМЕНТ — КОНОСАМЕНТ (фр. connaissement).....195
КОНСАЛТИНГ — КОНСАЛТИНГ (англ. concult — кеңешүү, кеңеш берүү, түшүнүшүү).....195
КОНСИГНАНТ — КОНСИГНАНТ (англ. consignor — жүк жөнөтүүчү).....195
КОНСИГНАТОР — КОНСИГНАТОР (англ. consign — алуу).....195
КОНСИГНАЦИЯ — КОНСИГНАЦИЯ (concignatio — жазуу жүзүндөгү далил, документ).....195
КОНСОРЦИАЛЬНЫЕ ОПЕРАЦИИ — КОНСОРЦИАЛДЫК ОПЕРАЦИЯЛАР.....196
КОНСОРЦИУМ — КОНСОРЦИУМ (лат. consortium — катышуу, шериктеш-өнөктөштүк, биргелешкен орток коом).....196

КОНСОРЦИУМНЫЙ БАНК — КОНСОРЦИУМДУК БАНК (лат. consortium — катышуу, шериктешөнөктөштүк).....196
КОНСЬЮМЕРИЗМ — КОНСЬЮМЕРИЗМ.....197
КОНТИНГЕНТИРОВАННЫЕ ЭМИССИИ — КОНТИНГЕНТТЕЛГЕН ЭМИССИЯЛАР (лат. contingentis — тийишишкен).....197
КОНТО — КОНТО (ит. conto — эсеп-чот).....197
КОНТОКОРРЕНТНЫЙ КРЕДИТ — КОНТОКОРРЕНТТИК КРЕДИТ.....197
КОНТОКОРРЕНТНЫЙ СЧЕТ — КОНТОКОРРЕНТТИК ЭСЕП-ЧОТУ (ит. contocorrente — учурдагы эсеп).....197
КОНТРАБАНДА — КОНТРАБАНДА (ит. contrabando, contra — каршы, bando — өкмөт указы — өкмөт указына каршы дегенди туюнтат).....197
КОНТРАГЕНТ — КОНТРАГЕНТ (лат. contrahens, contra hens — макулдашып келишүүчүлөр, келишим түзүүчү жактар).....197
КОНТРАКТ — КОНТРАКТ (лат. contractus, англ. contract — келишим, милдеттенме).....197
КОНТРАКТ ТРУДОВОЙ — ЭМГЕК КОНТРАГЫ (КЕЛИШИМИ).....198
КОНТРАФАКЦИЯ — КОНТРАФАКЦИЯ (фр. contrefaction — жасалма, жалгама, жалган документ жасоо, лат. contra — каршы, жана facere — жасоо).....199
КОНТРБРОКЕР — КОНТРБРОКЕР.....199
КОНТРИБУЦИЯ — КОНТРИБУЦИЯ (лат. contributio - мажбурлоо).....199
КОНТРОЛЬНЫЙ ПАКЕТ АКЦИЙ — АКЦИЯЛАРДЫН КӨЗӨМӨЛ (КОНТРОЛДУК) ПАКЕТИ.....199
КОНЦЕПЦИЯ МАРКЕТИНГА — МАРКЕТИНГ КОНЦЕПЦИЯСЫ.....200
КОНЦЕРН — КОНЦЕРН (англ. concern — иш, ишкана).....202
КОНЦЕССИОНЕР — КОНЦЕССИОНЕР.....203
КОНЦЕССИЯ — КОНЦЕССИЯ (лат. concessio — уруксат, чечүү, кайрылышуу, макул болуу).....203

КОНЪЮНКТУРА — КОНЪЮНКТУРА (лат. conjunctura — байлаштыруу, кошуу).....204
КОНЪЮНКТУРА МИРОВОГО РЫНКА — ДҮЙНӨЛҮК БАЗАРДЫН КОНЪЮНКТУРАСЫ.....204
КОНЪЮНКТУРА РЫНКА И НЕОБХОДИМОСТЬ ОБНОВЛЕНИЯ — БАЗАР КОНЪЮНКТУРАСЫ ЖАНА ЖАҢЫЛАНУУНУН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ.....204
КОНЪЮНКТУРА ЭКОНОМИЧЕСКАЯ — ЭКОНОМИКАЛЫК КОНЪЮНКТУРА.....205
КОНЪЮНКТУРНЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ — КОНЪЮНКТУРАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР.....206
КООПЕРАТИВ — КООПЕРАТИВ (cooperatio — эмгектештик).....206
КООПЕРАЦИЯ — КООПЕРАЦИЯ (лат. cooperatio — эмгектештик).....208
КООПЕРАЦИЯ ТРУДА — ЭМГЕК КООПЕРАЦИЯСЫ.....208
КООПЕРИРОВАНИЕ ПРОМЫШЛЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА — ӨНӨР ЖАЙЛЫК ӨНДҮРҮШТҮ КООПЕРАЦИЯЛОО.....208
КОРНЕР — КАЙРА САТУУ (англ. corner — бурч, бурчка такоо, туюкка камалуу, сатып алуу).....209
КОРПОРАТИВНЫЙ — КОРПОРАТИВДИК.....209
КОРПОРАТИВНЫЙ КАРТ — КОРПОРАТИВДИК КАРТ.....209
КОРПОРАЦИЯ — КОРПОРАЦИЯ (лат. corporatio — бирикме, биргелештик, союз).....209
КОРРЕЛЯЦИЯ — КОРРЕЛЯЦИЯ (лат. correlatio — катнаш).....210
КОРРЕСПОНДЕНТ — КОРРЕСПОНДЕНТ (фр. correspondant, лат. correspondere — жооп берүү, кабардар кылуу).....210
КОРРЕСПОНДЕНЦИЯ СЧЕТОВ — ЭСЕП-ЧОТТОРДУН КОРРЕСПОНДЕНЦИЯЛАРЫ.....210
КОРРУПЦИЯ — КОРРУПЦИЯ (лат. corruptio — сатып алуу).....210

КОТИРОВКА — КОТИРОВКА (англ. quotation — бир нерсеге кандайдыр бир өлчөмдөгү бааны белгилеп коюу).....210
КОТИРОВКА АКЦИЙ — АКЦИЯЛАРДЫН КОТИРОВКАСЫ.....211
КОЭФФИЦИЕНТ ТЕКУЩЕЙ ЛИКВИДНОСТИ — КҮНДӨЛҮК ӨТҮМДҮҮЛҮК КОЭФФИЦИЕНТИ.....211
КРЕДИТ — КРЕДИТ (лат. credit — ал ишенет).....212
КРЕДИТ — КРЕДИТ (лат. crediruv — ссуда, үлүш).....212
КРЕДИТ АКЦЕПТНЫЙ — АКЦЕПТИК КРЕДИТ.....213
КРЕДИТ БАНКОВСКИЙ — БАНК КРЕДИТИ.....213
КРЕДИТ ВАЛЮТНЫЙ — ВАЛЮТАЛЫК КРЕДИТ.....215
КРЕДИТ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ — МАМЛЕКЕТТИК КРЕДИТ.....215
КРЕДИТ ИПОТЕЧНЫЙ — ИПОТЕКАЛЫК КРЕДИТ.....215
КРЕДИТ КОММЕРЧЕСКИЙ — КОММЕРЦИЯЛЫК КРЕДИТ.....215
КРЕДИТ МЕЖДУНАРОДНЫЙ — ЭЛ АРАЛЫК КРЕДИТ.....216
КРЕДИТ ОНКОЛЬНЫЙ — ОНКОЛДУК КРЕДИТ (англ. on call — талап этүүсү боюнча).....217
КРЕДИТ ПОТРЕБИТЕЛЬСКИЙ — КЕРЕКТӨӨ КРЕДИТИ.....217
КРЕДИТ "СТЕНД-БАЙ" (РЕЗЕРВНЫЙ КРЕДИТ) — РЕЗЕРВДИК КРЕДИТ. КРЕДИТ "СТЕНД-БАЙ".....217
КРЕДИТ ФИРМЕННЫЙ — ФИРМАЛЫК КРЕДИТ.....217
КРЕДИТ ЭКСПОРТНЫЙ — ЭКСПОРТТУК КРЕДИТ.....217
КРЕДИТНАЯ КАРТОЧКА — КРЕДИТТИК КАРТОЧКА (англ. credit card).....218
КРЕДИТНАЯ ЛИНИЯ — КРЕДИТТИК БАГЫТЫ.....218
КРЕДИТНАЯ РЕСТРИКЦИЯ — КРЕДИТТИК ЧЕКТӨӨ.....218
КРЕДИТНАЯ СИСТЕМА — КРЕДИТ ТУТУМУ.....218
КРЕДИТНЫЕ РЕСУРСЫ — КРЕДИТ РЕСУРСТАРЫ.....219
КРЕДИТНЫЙ ДОГОВОР — КРЕДИТТИК КЕЛИШИМ.....219
КРЕДИТНЫЙ КАРТ — КРЕДИТТИК КАРТ.....219

КРЕДИТНЫЙ РИСК — КРЕДИТТИК ТОБОКЕЛДИК.....219
КРЕДИТОР — КРЕДИТОР (лат. creditor — карызга берүүчү).....219
КРЕДИТОРСКАЯ ЗАДОЛЖЕННОСТЬ — КРЕДИТОРДУК КАРЫЗ.....219
КРИВАЯ СБЫТА — САТУУНУН ИЙРЕГИ.....220
КРИЗИС ФИНАНСОВЫЙ — ФИНАНСЫЛЫК КРИЗИС.....220
КРИТЕРИЙ — КРИТЕРИЙ (англ. criterion — ойлонуунун негизи).....220
КРОСС-КУРС — КРОСС-КУРС.....220
КРОСС-ОПЕРАЦИЯ — КРОСС-ОПЕРАЦИЯ.....220
КУПОН — КУПОН (фр. coupon — кесилме талон).....221
КУПЮРА — КУПЮРА (фр. couper деген сөздөн coupure — кесүү, чорт кесүү).....221
КУРС ОБЛИГАЦИИ — ОБЛИГАЦИЯЛАР КУРСУ.....221
"КУРС ФОРВАРД" — "ФОРВАРД КУРСУ".....221
КУРС ЦЕННЫХ БУМАГ — БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН КУРСУ.....221
КУРСОВАЯ ПОТЕРЯ — КУРСТУК ЖОГОТУУ (ЗЫЯНДАР).....221
КУРСОВАЯ РАЗНИЦА — КУРСТУК АЙЫРМА.....222
КУРСОВАЯ ЦЕНА — КУРСТУК БАА.....222
КУРСОВОЙ БЮЛЛЕТЕНЬ ИНОСТРАННЫХ ТАБЛИЦ — ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ТАБЛИЦАЛАРДЫН КУРСТУК БЮЛЛЕТЕНИ.....222
КУРТАЖ — КУРТАЖ (фр. courtage).....222
КУРТЬЕ — КУРТЬЕ (фр. courtier).....222
КУСТАРНОЕ ПРОИЗВОДСТВО — КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК.....222
КЭШ — КЭШ (англ. cach).....222

Л

ЛАГ — ЛАГ (англ. lag — кечигүү).....223
ЛАЖ — ЛАЖ (ит. aggio — көбөйүү, чоңоюу).....223

ЛЕССИ — ЛЕССИ.....223
ЛЕССОР — ЛЕССОР.....223
ЛИБЕРАЛИЗАЦИЯ ЦЕН — БААЛАРДЫ ЭРКИН КОЁ БЕРҮҮ.....223
ЛИДЕРСТВО — ЖОЛ БАШЧЫ (англ. leader — башчы, жетекчи).....223
ЛИЗИНГ — ЛИЗИНГ (англ. leasing — ижарага алуу).....225
ЛИЗИНГ МЕЖДУНАРОДНЫЙ — ЭЛ АРАЛЫК ЛИЗИНГ.....225
ЛИЗИНГ НЕДВИЖИМОСТИ — КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛК ЛИЗИНГИ.....226
ЛИЗИНГ ОПЕРАТИВНЫЙ — ОПЕРАТИВДҮҮ ЛИЗИНГ.....226
ЛИЗИНГ ФИНАНСОВЫЙ — ФИНАНСЫЛЫК ЛИЗИНГ.....226
ЛИКВИДАЦИОННАЯ СТОИМОСТЬ — ЖОЮУ НАРКЫ.....227
ЛИКВИДАЦИОННЫЙ БАЛАНС — ЖОЮЛУУЧУ БАЛАНС.....227
ЛИКВИДАЦИЯ — ЖОЮЛУУ, ЖОК КЫЛУУ (фр. liquidation).....227
ЛИКВИДАЦИЯ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУНУ ЖОК КЫЛУУ.....227
ЛИКВИДНОСТЬ — ӨТҮМДҮҮЛҮК (лат. liquidus — суюк, агуучу).....228
ЛИКВИДНЫЕ СРЕДСТВА — ӨТҮМДҮҮ КАРАЖАТТАР.....228
ЛИКВИДНЫЙ РЫНОК — ӨТҮМДҮҮ БАЗАР.....229
ЛИМИТ — ЛИМИТ (лат. limes дегенинен, фр. limite — чек ара, чек).....229
ЛИНИЯ БЮДЖЕТНЫХ ОГРАНИЧЕНИЙ — БЮДЖЕТТИК ЧЕКТӨӨЛӨР СЫЗЫГЫ.....229
ЛИСТИНГ — ЛИСТИНГ (англ. list — тизме).....229
ЛИЦЕНЗИАР — ЛИЦЕНЗИАР (лат. licentiar, англ. licensee — лицензия, патент алуучу инсан).....229
ЛИЦЕНЗИАТ — ЛИЦЕНЗИАТ (лат. licentiot, англ. licentiate — *лицензия, патент* алуучу тарап).....229

ЛИЦЕНЗИОННАЯ ТОРГОВЛЯ — ЛИЦЕНЗИЯЛЫК СООДА.....229
ЛИЦЕНЗИОННОЕ СОГЛАШЕНИЕ — ЛИЦЕНЗИЯЛЫК КЕЛИШИМ-ШАРТ.....230
ЛИЦЕНЗИЯ — ЛИЦЕНЗИЯ (лат. licentia, англ. licence — укук, уруксат берүү).....231
ЛИЦЕНЗИЯ ВНЕШНЕ-ЭКОНОМИЧЕСКАЯ — ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ЛИЦЕНЗИЯ.....231
ЛИЧНЫЕ ПОТРЕБИТЕЛЬСКИЕ РАСХОДЫ — ЖЕКЕЧЕ КЕРЕКТӨӨ ЧЫГЫМДАРЫ.....232
ЛИЧНЫЙ ДОХОД — ЖЕКЕ КИРЕШЕ.....232
ЛИЧНЫЙ РАСПОЛАГАЕМЫЙ ДОХОД — ЖЕКЕ КОЛДОГУ КИРЕШЕ.....232
ЛИЧНЫЙ СЕКРЕТНЫЙ КЛЮЧ — ӨЗДҮК ЖАШЫРУУН АЧКЫЧ.....232
ЛОГОТИП — ЛОГОТИП.....233
ЛОКО — ЛОКО (ит. loco — бүтүм шарты).....233
ЛОМБАРД — КҮРӨӨКАНА (ЛОМБАРД).....233
ЛОМБАРДНЫЕ ОПЕРАЦИИ — КҮРӨӨКАНАЛЫК (ЛОМБАРДДЫК) ОПЕРАЦИЯЛАР.....233
ЛОРО — ЛОРО (ит. loro conta — алардын эсеп-чоту).....233
ЛОТ — ЛОТ (англ. lot — чүчү кулак, үлүш, масса).....233

М

МАГНИТНАЯ КАРТА — МАГНИТТИК КАРТ.....234
МАКЛЕР — МАКЛЕР (нем. Makler — далдалчы).....234
МАКЛЕР ВЕКСЕЛЬНЫЙ — ВЕКСЕЛЬ МАКЛЕРИ (ДАЛДАЛЧЫСЫ).....234
МАКРОМАРКЕТИНГ — МАКРОМАРКЕТИНГ.....234
МАКРОСРЕДА — МАКРОЧӨЙРӨ.....234
МАКРОЭКОНОМИКА — МАКРОЭКОНОМИКА (гр. macros — чоң жана экономика).....234
МАКРОЭКОНОМИЧЕСКАЯ ПОЛИТИКА — МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТ.....235

МАКРОЭКОНОМИЧЕСКИЕ МОДЕЛИ — МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК МОДЕЛДЕР....235
МАКРОЭКОНОМИЧЕСКИЕ ПОКАЗАТЕЛИ — МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР....236
МАКРОЭКОНОМИЧЕСКОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ — МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ....236
МАКСИМИЗАЦИЯ ТЕКУЩЕЙ ПРИБЫЛИ — КҮНДӨЛҮК ПАЙДАНЫ МАКСИМАЛДАШТЫРУУ (ЖОГОРКУ ДЕҢГЭЭЛГЕ КӨТӨРҮҮ)....236
МАЛОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ, ФИРМА — ЧАКАН ИШКАНА, ФИРМА....236
МАЛОЦЕННЫЕ И БЫСТРОИЗНАШИВАЮЩИЕ ПРЕДМЕТЫ — АРЗАН БААЛУУ ЖАНА ТЕЗ ИШТЕН ЧЫГУУЧУ БУЮМДАР....237
МАЛЫЙ БИЗНЕС — ЧАКАН БИЗНЕС....237
МАНКО — МАНКО (ит. manco — жетишсиз, кемчил)....237
МАРЖА — МАРЖА (фр. marge — беттин талаасы, чети)....237
МАРКА — МАРКА (нем. marke — почта маркасы, тамга, белги)....237
МАРКЕТИНГ — МАРКЕТИНГ (англ. marketing, market — *базар, сатуу* соода-сатык)....237
МАРКЕТИНГ ПРАКТИЧЕСКИЙ — ПРАКТИКАЛЫК МАРКЕТИНГ....242
МАРКЕТИНГОВАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ — МАРКЕТИНГДИК ИШ-АРАКЕТ....244
МАРКЕТИНГОВАЯ СРЕДА ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН МАРКЕТИНГДИК ЧӨЙРӨСҮ....244
МАРКЕТИНГОВЫЙ КОНТРОЛЬ — МАРКЕТИНГДИК КӨЗӨМӨЛ....246
МАСШТАБ ЦЕН — БААЛАРДЫН МАСШТАБЫ....247
МАТЕРИАЛОЕМКОСТЬ ПРОДУКЦИИ — ПРОДУКЦИЯНЫН МАТЕРИАЛ СЫЙЫМДУУЛУГУ....247
МАТЕРИАЛЬНО-ОТВЕТСТВЕННОЕ ЛИЦО — МАТЕРИАЛДЫК ЖАКТАН ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ ИНСАН....248

МАТЕРИАЛЬНО-ТЕХНИЧЕСКОЕ ОБЕСПЕЧЕНИЕ — МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗ КЫЛУУ....248
МАТЕРИАЛЫ — МАТЕРИАЛДАР....249
МАТЕРИАЛЫ КОНСТРУКЦИОННЫЕ — КОНСТРУКЦИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАР....250
МАТЕРИАЛЫ НОВЫЕ — ЖАҢЫ МАТЕРИАЛДАР....250
МАФИЯ — МАФИЯ (ит. maffia)....250
МЕДИО — МЕДИО (лат. medius — ортосу)....250
МЕЖДУНАРОДНЫЙ ВАЛЮТНЫЙ ФОНД — ЭЛАРАЛЫК ВАЛЮТАЛЫК ФОНДУ (International Monetary fond)....250
МЕМОРИАЛЬНЫЙ ОРДЕР — МЕМОРИАЛДЫК ОРДЕР....251
МЕНЕДЖЕР — МЕНЕДЖЕР (англ. manager — башкарма)....251
МЕНЕДЖМЕНТ — МЕНЕДЖМЕНТ (англ. management — башкаруу, жетекчилик кылуу, уюм)....252
МЕТА — МЕТА (ит. meta — жартылай)....253
МЕТОДЫ ОПРЕДЕЛЕНИЯ СЕБЕСТОИМОСТИ ПРОДУКЦИИ — ПРОДУКЦИЯНЫН ӨЗДҮК НАРКЫН АНЫКТОО МЕТОДУ....253
МЕТОДЫ УПРАВЛЕНИЯ ЭКОНОМИЧЕСКИЕ — БАШКАРУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК МЕТОДДОРУ....255
МИКРОМАРКЕТИНГ — МИКРОМАРКЕТИНГ (англ. micromarketing)....257
МИКРОСРЕДА — МИКРОЧӨЙРӨ....257
МИКРОЭКОНОМИКА — МИКРОЭКОНОМИКА....257
МИНИМАЛЬНАЯ ЗАРАБОТНАЯ ПЛАТА — МИНИМАЛДУУ ЭМГЕК АКЫ....257
МОДЕЛЬ ЭКОНОМИЧЕСКОГО РОСТА — ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШТҮН МОДЕЛИ....257
МОНЕТАРИЗМ — МОНЕТАРИЗМ....258
МОНИТОРИНГ — МОНИТОРИНГ....258
МОНОПОЛИЯ — МОНОПОЛИЯ (грек. monos — бир, бирден-бир жана poleo — сатамын)....258
МОРАЛЬНЫЙ ИЗНОС — МОРАЛДЫК ТОЗУУ....259

Н

НАКЛАДНЫЕ РАСХОДЫ — КОШУМЧА ЧЫГЫМДАР....260
НАКОПЛЕНИЕ — ТОПТОМ....260
НАЛОГ ЗА ПОЛЬЗОВАНИЕ ПРИРОДНЫМИ РЕСУРСАМИ, ЭКОЛОГИЧЕСКИЙ НАЛОГ — ТАБИГАТ РЕСУРСТАРЫН ПАЙДАЛАНУУ ҮЧҮН САЛЫК, ЭКОЛОГИЯЛЫК САЛЫК....260
НАЛОГ ЗЕМЕЛЬНЫЙ — ЖЕР САЛЫГЫ....261
НАЛОГ НА ДОБАВЛЕННУЮ СТОИМОСТЬ — КОШУМЧАЛАНГАН НАРККА САЛЫК....262
НАЛОГ НА ДОХОД — КИРЕШЕГЕ САЛЫК....263
НАЛОГ НА НЕДВИЖИМОСТЬ — КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛККӨ САЛЫК....263
НАЛОГ НА ПРИБЫЛЬ — ПАЙДАГА САЛЫК....263
НАЛОГ НА ТОПЛИВО — КҮЙҮҮЧҮ ОТУНГА САЛЫК....264
НАЛОГ НА ЭКСПОРТ И ИМПОРТ — ЭКСПОРТКО ЖАНА ИМПОРТКО САЛЫК....264
НАЛОГ ПОДОХОДНЫЙ С ГРАЖДАН — ЖАРАНДАРДАН АЛЫНУУЧУ КИРЕШЕ САЛЫК....264
НАЛОГ С ОБОРОТА — АЙЛАНЫМ (ЖҮГҮРТҮҮ) САЛЫГЫ....265
НАЛОГ СОЦИАЛЬНЫЙ — СОЦИАЛДЫК САЛЫК....265
НАЛОГ ТРАНЗИТНЫЙ — ТРАНЗИТТИК САЛЫК....265
НАЛОГИ — САЛЫКТАР....266
НАЛОГОВАЯ БАЗА — САЛЫК БАЗАСЫ....267
НАЛОГОВАЯ ДЕКЛАРАЦИЯ — САЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯСЫ....267
НАЛОГОВАЯ СИСТЕМА — САЛЫК СИСТЕМАСЫ....267
НАЛОГОВОЕ ПЛАТЕЖНОЕ ПОРУЧЕНИЕ — САЛЫКТЫК ТӨЛӨМ ТАПШЫРЫГЫ....267
НАЛОГОВОЕ ПЛАТЕЖНОЕ ТРЕБОВАНИЕ — САЛЫК ТӨЛӨМ ТАЛАБЫ....268
НАЛОГОВОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ — САЛЫКТЫ ЖӨНГӨ САЛУУ....268
НАЛОГОВЫЕ КАНИКУЛЫ — САЛЫК КАНИКУЛУ....268
НАЛОГОВЫЙ ТАРИФ — САЛЫК ТАРИФИ....268
НАЛОГООБЛОЖЕНИЕ — САЛЫК САЛУУ....268

НАЛОГООБЛОЖЕНИЕ ДВОЙНОЕ — КОШ САЛЫК САЛУУ....269
НАРИЦАТЕЛЬНАЯ ЦЕНА — СЫРТЫНА ЖАЗЫЛГАН БАА....269
НАЦИОНАЛЬНОЕ БОГАТСТВО — УЛУТТУК БАЙЛЫК....269
НАЦИОНАЛЬНЫЙ ДОХОД — УЛУТТУК КИРЕШЕ....269
НЕИСКЛЮЧИТЕЛЬНАЯ (ПРОСТАЯ) ЛИЦЕНЗИЯ — ЖӨНӨКӨЙ ЛИЦЕНЗИЯ....270
НЕТТО — НЕТТО (ит. netto — таза)....270
НЕУСТОЙКА — АЙЫП ТӨЛӨМ....270
НИЖНИЙ ПРЕДЕЛ ЦЕНЫ — БААНЫН ТӨМӨНКҮ ЧЕГИ....271
НОВАТОР — ЖАҢЫЧЫЛ (лат. novator — жаңыландыруучу, жаңылык киргизүүчү)....271
НОВАЦИЯ ВЕКСЕЛЯ — ВЕКСЕЛДИ ЖАҢЫРТУУ....271
НОВОВВЕДЕНИЕ — ЖАҢЫЛЫК КИРГИЗҮҮ....271
НОМИНАЛ — НОМИНАЛ (лат. nominalis — аты аталган же жазылган ысым)....271
НОМИНАЛЬНАЯ СТОИМОСТЬ — НОМИНАЛДЫК НАРК....271
НОРМА — ЧЕНЕМ, НОРМА (лат. norma — жетектөөнүн негизи, эреже, үлгү)....271
НОРМА АМОРТИЗАЦИИ — АМОРТИЗАЦИЯЛОО НОРМАСЫ....271
НОРМА ВРЕМЕНИ — УБАКЫТ НОРМАСЫ....272
НОРМА ВЫВОЗА И ВВОЗА НАЛИЧНОЙ НАЦИОНАЛЬНОЙ ВАЛЮТЫ — УЛУТТУК НАКТАЛАЙ ВАЛЮТАНЫ ТЫШКА ЧЫГАРУУ ЖАНА ТЫШТАН КЕЛТИРҮҮ НОРМАЛАРЫ....272
НОРМА ВЫРАБОТКИ — ИШТЕП ЧЫГАРУУ НОРМАСЫ....272
НОРМА ПРИБЫЛИ — ПАЙДА НОРМАСЫ....272
НОРМАЛЬНАЯ ПРИБЫЛЬ — НОРМАЛДУУ ПАЙДА....273
НОРМИРОВАНИЕ ТРУДА — ЭМГЕКТИ НОРМАЛОО....273
НОСТРО — НОСТРО (ит. nostro conto — биздин эсеп)....274
НОТАРИАЛЬНЫЕ СБОРЫ — НОТАРИАЛДЫК ЖЫЙЫМДАР....274

НОТИФИКАЦИЯ — НОТА ЖИБЕРҮҮ (лат. notifico — кабарландыруу).....274
"НОУ-ХАУ"— "НОУ-ХАУ" (англ. know-how — кандай экенин билем).....274
НУВОРИШ — НУВОРИШ (фр. nouveau riche — сөзмө-сөз которгондо жаңы бай).....275
НУЛЛИФИКАЦИЯ — НУЛЛИФИКАЦИЯ (лат. nullificatio — жоюу, жок кылуу).....275
НЬЮС-МЕЙКЕРЫ — НЬЮС-МЕЙКЕРЛЕР (англ. news-makers — жаңылык жасоочулар).....275
НЬЮС-РЕЛИЗ — НЬЮС-РЕЛИЗ (англ. news release).....275

О

ОБЕСПЕЧЕНИЕ ССУДЫ — ССУДАНЫН КАМСЫЗДАЛЫШЫ.....276
ОБЕСЦЕНИВАНИЕ ДЕНЕГ — АКЧА НАРКЫНЫН ТҮШҮҮШҮ.....276
ОБЛИГАЦИОННЫЙ КОНТРАКТ — ОБЛИГАЦИЯЛЫК КОНТРАКТ.....276
ОБЛИГАЦИЯ — ОБЛИГАЦИЯ (лат. obligatio — милдеттенме).....276
ОБЛИГО — ОБЛИГО (ит. obligo — карыз, милдет, милдеттенме).....276
ОБМЕН — АЛМАШУУ.....277
ОБМЕН БЕЗВАЛЮТНЫЙ — ВАЛЮТАСЫЗ АЛМАШУУ.....278
ОБМЕННЫЙ КУРС — АЛМАШУУ КУРСУ.....278
ОБОРАЧИВАЕМОСТЬ ОБОРОТНЫХ СРЕДСТВ — АЙЛАНЫМ КАРАЖАТТАРДЫН АЙЛАНЫМДУУЛУГУ.....278
ОБОРОТ КАПИТАЛА — КАПИТАЛДЫН АЙЛАНЫМЫ.....278
ОБОРОТНЫЕ СРЕДСТВА — АЙЛАНЫМ КАРАЖАТТАРЫ.....279
ОБОРОТНЫЕ ФОНДЫ — АЙЛАНЫМ ФОНДУЛАРЫ.....279
ОБОРОТНЫЕ ФОНДЫ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА — АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН АЙЛАНЫМ ФОНДУСУ.....280
ОБРАЩЕНИЕ ЦЕННЫХ БУМАГ — БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН ЖҮГҮРТҮЛҮҮШҮ.....280

ОБЩЕСТВО С ОГРАНИЧЕННОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТЬЮ — ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЧЕКТЕЛГЕН КООМ.....280
ОБЩЕСТВО ХОЗЯЙСТВЕННОЕ — ЧАРБАЛЫК КООМ.....281
ОБЩИЙ РЫНОК — ЖАЛПЫ БАЗАР.....282
ОБЪЕДИНЕНИЕ ПРЕДПРИЯТИЙ — ИШКАНАЛАРДЫН БИРИКМЕСИ.....282
ОВЕРБОТ — ОВЕРБОТ (англ. overbought — бааны ашыкча суроо).....283
ОВЕРДРАФТ — ОВЕРДРАФТ.....283
ОВЕРСОЛД — ОВЕРСОЛД (англ. oversold — ашыкча сатуу).....283
ОКОНЧАТЕЛЬНЫЙ РАСЧЕТ — ЖЫЙЫНТЫКТАП ЭСЕПТЕШҮҮ.....283
ОКУПАЕМОСТЬ ЗАТРАТ — ЧЫГЫМДАРДЫН АКТАЛЫШЫ.....283
ОЛИГОПОЛИСТИЧЕСКИЙ РЫНОК — ОЛИГОПОЛИЯЛЫК БАЗАР.....283
ОЛИГОПОЛИЯ — ОЛИГОПОЛИЯ (гр. oligos — анчамынча жана polio — сатуу).....283
ОЛИГОПСОНИЯ — ОЛИГОПСОНИЯ (гр. oligos — бир аз жана polio — сатамын, соодалашуу).....283
ОМБУДСМЕН — АКЫЙКАТЧЫ, ОМБУДСМЕН (швец. ombudsmen — кимдир бирөөнүн кызыкчылыктарын жактаган өкүл).....284
ОНКОЛЬНЫЕ ССУДЫ — ОНКОЛДУК ССУДАЛАР.....284
ОНКОЛЬНЫЙ КРЕДИТ — ОНКОЛДУК КРЕДИТ.....284
ОН-ЛАЙН — ОН-ЛАЙН.....284
ОПЕРАЦИИ НА ОТКРЫТОМ РЫНКЕ — АЧЫК БАЗАРДАГЫ ОПЕРАЦИЯЛАР.....285
ОПЕРАЦИОННЫЙ РИСК — ОПЕРАЦИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИК.....285
ОПТОВАЯ ТОРГОВЛЯ — ДҮҢ СООДА.....285
ОПЦИОН — ОПЦИОН (нем. Option, лат. optio, optios — тандоо, каалоо).....286
ОПЦИОННЫЙ ЗАЕМ — ОПЦИОНДУК ЗАЙЫМ.....286
ОРГАНИЗАЦИЯ ТРУДА — ЭМГЕКТИ УЮШТУРУУ.....286
ОРГАНИЗАЦИЯ ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОТРУДНИЧЕСТВА И РАЗВИТИЯ — ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ УЮМУ

(англ. Organization for Economic Cooperation and Development — OECD).....287
ОРГАНЫ УПРАВЛЕНИЯ ОБЩЕСТВАМИ — КООМДОРДУ БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ.....287
ОСНОВНОЙ КАПИТАЛ — НЕГИЗГИ КАПИТАЛ.....289
ОСНОВНЫЕ СРЕДСТВА — НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР. *Кара. ОСНОВНЫЕ ФОНДЫ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР*.....289
ОСНОВНЫЕ ФОНДЫ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР.....289
ОСНОВНЫЕ ФОНДЫ НЕПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ — ӨНДҮРҮШТҮК ЭМЕС НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР.....289
ОСНОВНЫЕ ФОНДЫ ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ — ӨНДҮРҮШТҮК НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР.....290
ОСТАТОЧНЫЙ СРОК СЛУЖБЫ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН ИШТИ ӨТӨӨ МӨӨНӨТҮНҮН КАЛДЫГЫ.....290
ОТЗЫВНОЙ КРЕДИТ — КАЙТАРЫП АЛЫНУУЧУ КРЕДИТ.....290
ОТКРЫТЫЕ ТОРГИ — АЧЫК ДҮҢ СООДА.....290
ОТКУП — САТЫП АЛУУ.....290
"ОТМЫВАНИЕ ДЕНЕГ" — АКЧАНЫН "ИЗИН ЖАШЫРУУ".....290
ОТЧИСЛЕНИЕ ОТ ПРИБЫЛЕЙ — ПАЙДАДАН ЧЕГЕРҮҮ.....291
ОТПУСК — ӨРГҮҮ.....291
ОФЕРТА— ОФЕРТА (лат. offero — сунуш кыламын).....291
ОФИЦИАЛЬНАЯ УЧЕТНАЯ СТАВКА — РАСМИЙ УЧЕТТУК СТАВКА (англ. official discount rate).....292
ОФФ-ЛАЙН — ОФФ-ЛАЙН (англ. off line — сызыктан тышкары).....292
ОФФШОРНАЯ КОМПАНИЯ — ОФФШОРАЛЫК КОМПАНИЯ.....292
ОЦЕНКА ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫ БААЛОО.....292

П

ПАБЛИК РЕЛЕЙШНЗ — ПАБЛИК РЕЛЕЙШНЗ (англ. public — көпчүлүк, коомдук; relation — катнашы).....294

ПАБЛИСИТИ — ПАБЛИСИТИ (англ. publicity — жарнама, кабардар кылуу, жалпыга белгилүү кылуу).....294
ПАЙ — ҮЛҮШТӨШ САЛЫМ.....294
ПАРАМЕТР — ПАРАМЕТР (гр. parametron — ченөөчү, өлчөмдөөчү).....295
ПАРИТЕТ — ПАРИТЕТ (лат. paritas — теңдештик, теңдик).....295
ПАРТНЕРСТВО — ӨНӨКТӨШТҮК (фр. partenaire — өнөк).....295
ПАССИВ — ПАССИВ (лат. passivus — пассивдүү, жигерсиз).....296
ПАССИВНАЯ ЧАСТЬ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН ПАССИВДҮҮ БӨЛҮГҮ.....296
ПАССИВНЫЕ СЧЕТА — ПАССИВДҮҮ ЭСЕПТЕР (ЭСЕПТЕГИЧТЕР).....296
ПАТЕНТ — ПАТЕНТ (лат. patens, patentis — ачуу).....296
ПАТЕНТ НА ИНДИВИДУАЛЬНУЮ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ — ЖЕКЕ ИШКЕРДИККЕ БЕРИЛҮҮЧҮ ПАТЕНТ.....296
ПАТЕНТ ТОРГОВЫЙ — СООДА ПАТЕНТИ.....297
ПАТЕНТНОЕ СОГЛАШЕНИЕ — ПАТЕНТТИК КЕЛИШИМ-ШАРТ.....297
ПАУШАЛЬНЫЙ ПЛАТЕЖ — ПАУШАЛДЫК ТӨЛӨМ (нем. pauschail— бүтүн бойдон алынган, бүтүндөй).....297
ПЕНСИОННЫЙ ФОНД — ПЕНСИЯ ФОНДУСУ.....297
ПЕНЯ — ТУУМ, ӨСҮМ, ФИНАНСЫЛЫК ЖАЗАПУЛ (лат. poena — жаза).....297
ПЕРВИЧНЫЙ ПЛАТЕЖНЫЙ ДОКУМЕНТ — БИРИНЧИ ТӨЛӨМ ДОКУМЕНТИ.....297
ПЕРВОНАЧАЛЬНАЯ СТОИМОСТЬ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН БАШТАПКЫ НАРКЫ. *Кара. ОЦЕНКА ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫ БААЛОО*.....297
ПЕРСОНАЛЬНЫЙ ИДЕНТИФИКАЦИОННЫЙ НОМЕР (ПИН-код) — ЖЕКЕ ИДЕНТИФИКАЦИЯЛЫК НОМЕР (ЖИН-код).....297
ПЕРСОНАЛЬНЫЙ КАРТ — ПЕРСОНАЛДЫК КАРТ.....297
ПЕРСОНИФИКАЦИЯ — ПЕРСОНИФИКАЦИЯ.....298
ПЛАН И РЫНОК — ПЛАН ЖАНА БАЗАР.....298
ПЛАНИРОВАНИЕ МАРКЕТИНГА — МАРКЕТИНГДИ ПЛАНДОО.....298

ПЛАНИРОВАНИЕ НА ПРЕДПРИЯТИИ — ИШКАНАДА ПЛАНДОО....298
ПЛАНИРОВАНИЕ ОПЕРАТИВНО-ПРОИЗВОДСТВЕННОЕ — ОПЕРАТИВДҮҮ-ӨНДҮРҮШТҮК ПЛАНДОО....300
ПЛАНИРОВАНИЕ СТРАТЕГИЧЕСКОЕ — СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДОО....301
ПЛАНИРОВАНИЕ ЦЕНЫ ТОВАРА — ТОВАРДЫН БААСЫН ПЛАНДОО....303
ПЛАТЕЖ — ТӨЛӨМ....303
ПЛАТЕЖЕСПОСОБНОСТЬ — ТӨЛӨМ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮ....303
ПЛАТЕЖНАЯ СИСТЕМА — ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ....304
ПЛАТЕЖНОЕ ПОРУЧЕНИЕ — ТӨЛӨМ ТЕСКӨӨЧ....304
ПЛАТЕЖНОЕ ПОРУЧЕНИЕ ПО СТРАХОВЫМ ВЗНОСАМ — КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТӨЛӨМДӨРҮ БОЮНЧА ТӨЛӨӨ ТАПШЫРЫГЫ....304
ПЛАТЕЖНОЕ СОГЛАШЕНИЕ — ТӨЛӨМ КЕЛИШИМШАРТЫ....304
ПЛАТЕЖНОЕ ТРЕБОВАНИЕ — ТӨЛӨМ ТАЛАП....304
ПЛАТЕЖНОЕ ТРЕБОВАНИЕ ПО СТРАХОВЫМ ВЗНОСАМ — КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТӨЛӨМДӨРҮ БОЮНЧА ТӨЛӨӨ ТАЛАБЫ....305
ПЛАТЕЖНЫЕ УСЛУГИ — ТӨЛӨМ ТЕЙЛӨӨЛӨРҮ....305
ПЛАТЕЖНЫЙ ДОКУМЕНТ — ТӨЛӨӨ ДОКУМЕНТИ....305
ПЛАТЕЖНЫЙ ИНСТРУМЕНТ — ТӨЛӨМ ШАЙМАНЫ....305
ПОЛНОМОЧИЯ — ЫЙГАРЫМ УКУК....305
ПОЛЬЗОВАТЕЛЬ ПЛАТЕЖНЫХ УСЛУГ — ТӨЛӨМ ТЕЙЛӨӨЛӨРҮН ПАЙДАЛАНУУЧУ....305
ПОРТФЕЛЬ ЗАКАЗОВ — ЗАКАЗДАР ПОРТФЕЛИ....305
ПОРЯДОК СОЗДАНИЯ ПРЕДПРИЯТИЙ (ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕГИСТРАЦИЯ ПРЕДПРИЯТИЙ) — ИШКАНАЛАРДЫ ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ (ИШКАНАЛАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО)....305
ПОСРЕДНИКИ — ОРТОМЧУЛАР....306
ПОТРЕБИТЕЛЬ — КЕРЕКТӨӨЧҮ....307
ПОТРЕБИТЕЛЬСКАЯ КОРЗИНА — КЕРЕКТӨӨ СЕБЕТИ....307

ПОТРЕБИТЕЛЬСКАЯ СТОИМОСТЬ — КЕРЕКТӨӨ НАРКЫ....307
ПОШЛИНА — БАЖЫ САЛЫГЫ, АЛЫМ (фр. de douane, нем. Zoll, англ. duty, tax — карыз, салык, тариф)....308
ПОШЛИНА АНТИДЕМПИНГОВАЯ — АНТИДЕМПИНГДИК БАЖЫ САЛЫГЫ, АЛЫМЫ....308
ПОШЛИНА ТАМОЖЕННАЯ — БАЖЫЛЫК САЛЫК, АЛЫМ....308
ПРАВО СОБСТВЕННОСТИ — МЕНЧИК УКУГУ....309
ПРАВОВЫЙ РИСК — УКУКТУК ТОБОКЕЛДИК....309
ПРЕДЛОЖЕНИЕ — СУНУШ....309
ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬ — ИШКЕР....310
ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬ ИНДИВИДУАЛЬНЫЙ — ЖЕКЕЧЕ ИШКЕР....310
ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКАЯ СПОСОБНОСТЬ — ИШКЕРДИК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК....310
ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКИЙ ДОХОД — ИШКЕРДҮҮЛҮК КИРЕШЕСИ....311
ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО ГОСУДАРСТВЕННОЕ — МАМЛЕКЕТТИК ИШКЕРДИК....311
ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО ИЛИ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ — ИШКЕРДИК ЖЕ ИШКЕРДИК ИШ-АРАКЕТТЕРИ....311
ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВО СОВМЕСТНОЕ — БИРГЕЛЕШКЕН ОРТОК ИШКЕРДИК....313
ПРЕДПРИЯТИЕ — ИШКАНА....313
ПРЕДПРИЯТИЕ АРЕНДНОЕ — ИЖАРАЛЫК ИШКАНА....314
ПРЕДПРИЯТИЕ ДОЧЕРНЕЕ — ТУУНДУ ИШКАНА....315
ПРЕДПРИЯТИЕ ИНОСТРАННОЕ — ЧЕТ ЭЛДИК ИШКАНА....315
ПРЕДПРИЯТИЕ КОЛЛЕКТИВНОЕ — ЖАМААТТЫК ИШКАНА....315
ПРЕДПРИЯТИЕ КОММЕРЧЕСКОЕ — КОММЕРЦИЯЛЫК ИШКАНА....316
ПРЕДПРИЯТИЕ КРУПНОЕ — ИРИ ИШКАНА....316
ПРЕДПРИЯТИЕ МАЛОЕ — ЧАКАН ИШКАНА....316
ПРЕДПРИЯТИЕ С ИНОСТРАННЫМИ ИНВЕСТИЦИЯМИ — ЧЕТ ЭЛДИК ИНВЕСТИЦИЯ НУГУНДАГЫ ИШКАНА....317

ПРЕДПРИЯТИЕ СОВМЕСТНОЕ — БИРГЕЛЕШКЕН ОРТОК ИШКАНА....318
ПРЕДПРИЯТИЕ ЧАСТНОЕ — ЖЕКЕЧЕ ИШКАНА....320
ПРЕЗЕНТ — ПРЕЗЕНТ (фр. present)....320
ПРЕЗЕНТАЦИЯ — ПРЕЗЕНТАЦИЯ (лат. presentatio — алып келип тааныштыруу, көрсөтүү)....320
ПРЕЙСКУРАНТЫ — ПРЕЙСКУРАНТТАР (нем. Preiskurant, фр. prix — баа, kourant — күндөлүк)....320
ПРЕФЕРЕНЦИЯ — ПРЕФЕРЕНЦИЯ (лат. praeferre — артыксынтуу)....320
ПРИБЫЛЬ — ПАЙДА....321
ПРИБЫЛЬ БАЛАНСОВАЯ — БАЛАНСТЫК ПАЙДА....321
ПРИБЫЛЬ БИРЖЕВАЯ — БИРЖАЛЫК ПАЙДА....322
ПРИБЫЛЬ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНА ПАЙДАСЫ....322
ПРИБЫЛЬ УЧРЕДИТЕЛЬСКАЯ — УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК ПАЙДА....322
ПРИВАТИЗАЦИЯ — МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ (лат. privatus — жеке менчик, өзүмдүк)....323
ПРИВИЛЕГИРОВАННЫЕ АКЦИИ — АРТЫКЧЫЛЫКТУУ АКЦИЯЛАР....324
ПРИВЛЕЧЕННЫЕ СРЕДСТВА — ТАРТЫЛГАН КАРАЖАТТАР....324
ПРИГРАНИЧНАЯ ТОРГОВЛЯ — ЧЕК АРАЛЫК СООДА....325
ПРИМА — ПРИМА (лат. prima — биринчи)....325
ПРИНУДИТЕЛЬНАЯ НАДПИСЬ — АРГАСЫЗ ЖАЗУУ....325
ПРИНЦИПАЛ — ПРИНЦИПАЛ (лат. principalis — башкы)....325
ПРИНЦИПЫ КРЕДИТОВАНИЯ — КРЕДИТТӨӨНҮН ПРИНЦИПТЕРИ....325
ПРИНЦИПЫ ОРГАНИЗАЦИИ БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА — БУГАЛТЕРДИК ЭСЕПТИ УЮШТУРУУ ПРИНЦИПТЕРИ....326
ПРОГНОЗ — БОЖОМОЛ (грек. prognosis — алдын ала көрө билүү, алдын ала айтуу)....327
ПРОГНОЗИРОВАНИЕ — БОЖОМОЛДОО (грек. prognosis — алдын ала көрө билүү, боолголоп айтуу)....328

ПРОГНОЗИРОВАНИЕ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН ИШ-АРАКЕТТЕРИН БОЖОМОЛДОО....328
ПРОГНОЗИРОВАНИЕ ТОВАРНОГО РЫНКА — ТОВАРДЫК БАЗАРДЫ БОЖОМОЛДОО....329
ПРОГНОЗИРОВАНИЕ ЭКОНОМИЧЕСКОЕ — ЭКОНОМИКАЛЫК БОЖОМОЛДОО....330
ПРОГРАММИРОВАНИЕ — ПРОГРАММАЛОО....331
ПРОЕКТНО-СМЕТНАЯ ДОКУМЕНТАЦИЯ — ДОЛБОРЛОО-СМЕТАЛЫК ДОКУМЕНТ....331
ПРОЖИТОЧНЫЙ МИНИМУМ — ТИРИЧИЛИК МИНИМУМУ....331
ПРОЛОНГАЦИЯ ВЕКСЕЛЯ — ВЕКСЕЛДИН УЗАРТЫЛЫШЫ, ВЕКСЕЛДИН АРАКЕТИНИН МӨӨНӨТҮНҮН УЗАРТЫЛЫШЫ (фр. prolongation, лат. prolongare — узартуу)....331
ПРОМЕССА — ПРОМЕССА (фр. promesse — убада, сөз берүү)....332
ПРОСТОЙ ВЕКСЕЛЬ — ЖӨНӨКӨЙ ВЕКСЕЛЬ....332
ПРОТЕКЦИОНИЗМ — ПРОТЕКЦИОНИЗМ (фр. protectionnisme < лат. protecto — далда, коргооч, бөлүк, жактоо, колдоо)....332
ПРОТЕКЦИЯ — ПРОТЕКЦИЯ (лат. protecto — жактоо, колдоо)....332
ПРОТЕСТ ВЕКСЕЛЯ — ВЕКСЕЛЬ КАРШЫЛЫГЫ....332
ПРОЦЕНТ ЗА КРЕДИТ — КРЕДИТ ҮЧҮН ПАЙЫЗ....333
ПРОЦЕНТНО-ВЫИГРЫШНЫЕ ЗАЙМЫ — ПАЙЫЗДЫК-УТУШ ЗАЙЫМДАРЫ....333
ПРОЦЕНТНОЕ ЧИСЛО — ПАЙЫЗДЫК САН....333
ПРОЦЕНТНЫЙ ПАРИТЕТ — ПАЙЫЗДЫК ПАРИТЕТ....333
ПРОЦЕССИНГ — ПРОЦЕССИНГ....333
ПРОЦЕССИНГОВЫЙ ЦЕНТР — ПРОЦЕССИНГДИК БОРБОР....333
ПРЯМОЕ ИНВЕСТИРОВАНИЕ — ТИКЕЛЕЙ ИНВЕСТИЦИЯЛОО....333
ПРЯМОЙ ВНЕШНЕТОРГОВЫЙ ОБОРОТ — ТЫШКЫ СООДАНЫН ТҮЗ АЙЛАНЫМЫ....333
ПРЯМОЙ МАРКЕТИНГ — ТИКЕЛЕЙ МАРКЕТИНГ....334

ПРЯМЫЕ НАЛОГИ — ТИКЕЛЕЙ САЛЫКТАР....334
ПРЯМЫЕ РАСХОДЫ — ТИКЕЛЕЙ ЧЫГЫМДАР....334
ПРЯМЫЕ ХОЗЯЙСТВЕННЫЕ СВЯЗИ — ЧАРБАЛЫК ТҮЗ БАЙЛАНЫШТАР....334
ПУБЛИЧНЫЙ КЛЮЧ — АЙКЫН КИЛИТ....334
ПУЛ — ПУЛ....334
ПУНКТ — ПУНКТ....334
ПУТ — ПУТ (англ. put)....334
ПЯТЬ ФУНДАМЕНТАЛЬНЫХ ЭКОНОМИЧЕСКИХ ВОПРОСОВ — БЕШ НЕГИЗГИ ЭКОНОМИКАЛЫК МАСЕЛЕ....334

Р

РАВНОВЕСИЕ РЫНКА — БАЗАРДЫН ТЕҢ САЛМАКТЫГЫ....335
РАВНОВЕСНАЯ ВЕЛИЧИНА — ТЕҢ САЛМАКТУУ ЧОҢДУК....335
РАВНОВЕСНАЯ ЦЕНА — ТЕҢДЕШ БАА....335
РАЗГОСУДАРСТВЛЕНИЕ — МАМЛЕКЕТТЕН АЖЫРАТУУ....335
РАМБУРС — РАМБУРС (фр. rembouser — кайтарып берүү, ордун толтуруу, карызды төлөө)....335
РАМБУРСИРОВАТЬ — РАМБУРСТОО (фр. rembourser)....336
РАНТЬЕ — РАНТЬЕ (фр. rentier, renta — кайра кайтарып берүү)....336
РАСХОДЫ КОММЕРЧЕСКИЕ — КОММЕРЦИЯЛЫК ЧЫГЫМДАР....336
РАСЦЕНКА — БАА КОЮУ....336
РАСЦЕНКА СДЕЛЬНАЯ — ИШИНЕ КАРАТА БАА КОЮУ....336
РАСЧЕТ — ЭСЕП, ЭСЕПТЕШҮҮ....336
РАСЧЕТНАЯ ЦЕНА — ЭСЕПТЕШҮҮ БААСЫ....336
РАСЧЕТНЫЕ ДОКУМЕНТЫ — ЭСЕПТЕШҮҮ ДОКУМЕНТТЕРИ....337
РАСЧЕТНЫЙ КРЕДИТ — ЭСЕПТЕШҮҮ КРЕДИТИ....337
РАСЧЕТНЫЙ СЧЕТ — ЭСЕП-ЧОТУ....337

РАСЧЕТНЫЙ (торговый, POS) ТЕРМИНАЛ — ЭСЕПТЕШҮҮ (соода, POS) ТЕРМИНАЛЫ....338
РАСЧЕТНЫЙ ЧЕК — ЭСЕПТИК ЧЕК....338
РЕАЛЬНАЯ ЗАРАБОТНАЯ ПЛАТА — АНЫК ЭМГЕКАКЫ....338
РЕАЛЬНЫЕ ДОХОДЫ НАСЕЛЕНИЯ — КАЛКТЫН АНЫК КИРЕШЕСИ....338
РЕВАЛЬВАЦИЯ — РЕВАЛЬВАЦИЯ (фр. revalution — кайра баалоо)....338
РЕВЕРС — РЕВЕРС (лат. reversus — кайта кайтаруу, кайрып берүү)....338
РЕГРЕСС — РЕГРЕСС (лат. regressus — кайра кайтуу, кайтуу, артка жылуу)....339
РЕГУЛИРУЕМАЯ РЫНОЧНАЯ ЭКОНОМИКА — ЖӨНГӨ САЛЫНУУЧУ БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ....339
РЕЕСТР — РЕЕСТР (лат. regestrum — тизме, мүлктүн эсебин алуу үчүн каттоо)....339
РЕЖИМ НАИБОЛЬШЕГО БЛАГОПРИЯТСТВОВАНИЯ — ӨТӨ ЫҢГАЙЛУУ ЭРЕЖЕ....339
РЕЗЕРВНЫЙ ФОНД — РЕЗЕРВДИК ФОНД....339
РЕИМПОРТ — РЕИМПОРТ (лат. re — сөздүн уңгусунун алдына жалгануучу мүчө, жаңылануу же кыймылдын кайталанышын билдирет, re .... + англ. import — кайра ташып келүү)....339
РЕИНВЕСТИРОВАНИЕ ДИВИДЕНДОВ — ДИВИДЕНДДЕРДИ РЕИНВЕСТИЦИЯЛОО....339
РЕИНВЕСТИЦИИ — РЕИНВЕСТИЦИЯЛАР....340
РЕЙТИНГ — РЕЙТИНГ (англ. raiting — баалоо, тигил же бул класска, разрядга киргизүү)....340
РЕКАМБИО — РЕКАМБИО, РЕТРАТТА, КАЙРА КЕЛҮҮЧҮ ВЕКСЕЛЬ (ит. recambio — кайра кайтарылчу вексель)....340
РЕКВИЗИТЫ — РЕКВИЗИТТЕР (лат. requisitum — зарыл, керек)....340
РЕКВИЗИЦИЯ — РЕКВИЗИЦИЯ (лат. requisitio — талап кылуу)....341
РЕКЛАМА — РЕКЛАМА, ЖАРНАМА (лат reclamo — жар салам, жарыя)....341

РЕКЛАМАЦИЯ — РЕКЛАМАЦИЯ (лат. reclamatio — каршы болуу, жактырбоо) 342
РЕКРЕДИТИВ — РЕКРЕДИТИВ (лат. re ... + creditum — ишеним) 342
РЕКТА-ВЕКСЕЛЬ — РЕКТА-ВЕКСЕЛЬ 342
РЕМИЗ — РЕМИЗ (фр. remise — сыйлык акы) 342
РЕМИССИЯ — РЕМИССИЯ (лат. remissio — кичирейүү, начар тартуу) 342
РЕМИТЕНТ — РЕМИТЕНТ (лат. remittens — жиберүү, жөнөтүү) 342
РЕМИТИРОВАНИЕ — РЕМИТТӨӨ (лат. remittere — жөнөтүү, салып жиберүү) 342
РЕНОВАЦИЯ — РЕНОВАЦИЯ (лат. renovatio — жаңылоо, кайрадан жаңыртуу) 342
РЕНОВАЦИЯ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫ ЖАҢЫЛООО 343
РЕНТА — РЕНТА (нем. rente, лат. reddita — кайта кайтарып берилген) 343
РЕНТА, ЧИСТАЯ ЭКОНОМИЧЕСКАЯ — ЭКОНОМИКАЛЫК ТАЗА РЕНТА 343
РЕНТАБЕЛЬНОСТЬ — РЕНТАБЕЛДҮҮЛҮК 343
РЕНТИНГ — РЕНТИНГ 343
РЕПОРТ — РЕПОРТ (фр. report) 343
РЕПРЕЗЕНТАНТ — РЕПРЕЗЕНТАНТ (фр. representant — өкүл) 343
РЕСТРИКАЦИЯ — РЕСТРИКАЦИЯ (лат. restricatio — чектөө — продукция өндүрүүнү, сатууну жана экспортту чектөө) 343
РЕСТРУКТУРИЗАЦИЯ ДОЛГА — КАРЫЗДЫН ТҮЗҮЛҮШҮН ӨЗГӨРТҮҮ 344
РЕТОРСИИ — РЕТОРСИЯЛАР 344
РЕФАКЦИЯ — РЕФАКЦИЯ (фр. refaction — арзандатуу, жеңилдетүү) 344
РЕФЕРЕНЦИЯ — РЕФЕРЕНЦИЯ (лат. referre — баяндоо, билдирүү) 344
РЕФИНАНСИРОВАНИЕ — РЕФИНАНСЫЛОО (англ. refunding — жабуу, тындыруу) 344
РЕЦЕПИССА — РЕЦЕПИССА (лат. recepisse — алуу) 344

РЕЦЕССИЯ — РЕЦЕССИЯ (лат. recessus — чегинүү, төмөндөө, солгундоо) 344
РЕЭКСПОРТ — РЕЭКСПОРТ (кара re + экспорт, англ. export, лат. exportare — кайра ташып чыгаруу) 344
РИМЕССА — РИМЕССА (ит. rimessa — акча берүү, тапшыруу, акча которуу) 345
РИСК — ТОБОКЕЛДИК 345
РИСК ЛИКВИДНОСТИ — ӨТҮМДҮҮЛҮККӨ (ЛИКВИДИТТҮҮЛҮККӨ) ТОБОКЕЛ КЫЛУУ 345
РИСКОВЫЙ КАПИТАЛ — ТОБОКЕЛДИК КАПИТАЛ 345
РОЗНИЧНЫЕ КООПЕРАТИВЫ — ЧЕКЕНЕ КООПЕРАТИВДЕР 345
РОЗНИЧНЫЕ ПОСРЕДНИКИ — ЧЕКЕНЕ ОРТОМЧУЛАР 345
РОЛЛОВЕР КРЕДИТ — РОЛЛОВЕР КРЕДИТ 346
РОЛЬ ПРОФСОЮЗОВ В ТРУДОВЫХ ОТНОШЕНИЯХ — ЭМГЕК МАМИЛЕЛЕРИНДЕГИ КЕСИПТИК БИРЛИКТЕРДИН МААНИСИ 346
РОЯЛТИ — РОЯЛТИ (англ. royalty — акы, төлөм) 346
РЫНОК — БАЗАР 346
РЫНОК БАНКОВСКИХ АКЦЕПТОВ — БАНК АКЦЕПТЕРИНИН БАЗАРЫ 348
РЫНОК ВАЛЮТНЫЙ — ВАЛЮТАЛЫК БАЗАР 348
РЫНОК В ЖИЗНИ ОБЩЕСТВА — КООМ ТИРИЧИЛИГИНДЕГИ БАЗАР 349
РЫНОК ЗАЕМНЫХ СРЕДСТВ — ЗАЙЫМ КАРАЖАТТАРЫНЫН БАЗАРЫ 350
РЫНОК И ГОСУДАРСТВО — БАЗАР ЖАНА МАМЛЕКЕТ 350
РЫНОК КАПИТАЛА — КАПИТАЛ БАЗАРЫ 352
РЫНОК КРЕДИТНЫЙ — КРЕДИТТИК БАЗАР 352
РЫНОК ПОКУПАТЕЛЯ — САТЫП АЛУУЧУНУН БАЗАРЫ 353
РЫНОК ПОСРЕДНИЧЕСКИЙ — ОРТОМЧУЛУК БАЗАРЫ 353
РЫНОК ПОТРЕБИТЕЛЬСКИЙ — КЕРЕКТӨӨ БАЗАРЫ 353

РЫНОК ПРОДАВЦА — САТУУЧУНУН БАЗАРЫ.....353
РЫНОК ССУДНЫХ КАПИТАЛОВ — ССУДАЛЫК КАПИТАЛДАР БАЗАРЫ.....354
РЫНОК СТРАХОВОЙ — КАМСЫЗДАНДЫРУУ БАЗАРЫ.....354
РЫНОК ТОВАРНЫЙ — ТОВАР БАЗАРЫ.....356
РЫНОК ТРУДА — ЭМГЕК БАЗАРЫ.....356
РЫНОК ФИНАНСОВЫЙ — ФИНАНСЫ БАЗАРЫ.....356
РЫНОК ЦЕННЫХ БУМАГ — БААЛУУ КАГАЗДАР БАЗАРЫ.....357
РЫНОК ЦЕННЫХ БУМАГ, ПЕРВИЧНЫЙ — БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН БАЗАРЫ (АЛГАЧКЫ).....357
РЫНОЧНАЯ ИНФОРМАЦИЯ — БАЗАР МААЛЫМАТЫ.....358
РЫНОЧНАЯ НИША — БАЗАР БОШТУГУ.....358
РЫНОЧНАЯ СИСТЕМА — БАЗАР ТУТУМУ.....358
РЫНОЧНАЯ СТОИМОСТЬ — БАЗАР НАРКЫ.....359
РЫНОЧНАЯ СТРАТЕГИЯ — БАЗАР СТРАТЕГИЯСЫ.....359
РЫНОЧНАЯ ЭКОНОМИКА — БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ.....359
РЫНОЧНЫЙ МЕХАНИЗМ — БАЗАР МЕХАНИЗМИ.....359
РЫНОЧНЫЙ ПОТЕНЦИАЛ — БАЗАР ПОТЕНЦИАЛЫ.....359
РЫНОЧНЫЙ ФОНД — БАЗАР ФОНДУСУ.....359

С

САЛЬДО — САЛЬДО (ит. saldo — эсептөө, акы төлөө, калдык, жыйынтык).....360
САЛЬДО ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ — ТЫШКЫ СООДА САЛЬДОСУ.....360
САЛЬДОВЫЙ СЕРТИФИКАТ — САЛЬДО СЕРТИФИКАТЫ.....360
САМООКУПАЕМОСТЬ — ӨЗҮН ӨЗҮ АКТООЧУЛУК.....360
САМОФИНАНСИРОВАНИЕ — ӨЗҮН ӨЗҮ КАРЖЫЛОО.....361
САНАЦИЯ — САНАЦИЯ (лат. sanatio — дарылоо, айыктыруу, бутуна тургузуу).....361

САНКЦИЯ— САНКЦИЯ (лат. sanctio — аябай катуу токтом).....362
СБЫТ — САТУУ.....362
СВИНГ — СВИНГ (англ. swing — ритм).....363
СВИТЧ — СВИТЧ (англ. switch — өткөөл, өтүү).....363
СВОБОДНАЯ ЗОНА, ВНЕШНЕТОРГОВАЯ ЗОНА — ЭРКИН ТИЛКЕ, ТЫШКЫ СООДА ТИЛКЕСИ.....363
СВОБОДНЫЕ ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ЗОНЫ — ЭРКИН ЭКОНОМИКАЛЫК ТИЛКЕ.....363
СВОП— СВОП (англ. swap — алмашуу).....365
СВОТ— СВОТ (англ. strength — күч, кубат, weak — бошоңдук, солгун тартуу, opportunity — мүмкүнчүлүк жана threat — коркунуч).....365
СГОВОР — СӨЗ БАЙЛАШУУ.....366
СДЕЛКА — БҮТҮМ.....366
СДЕЛКА БАРТЕРНАЯ — БАРТЕРДИК БҮТҮМ (англ. barter — товар алмашуу).....367
СДЕЛКА КАФ — КАФ БҮТҮМҮ.....368
СДЕЛКА КОМПЕНСАЦИОННАЯ — КОМПЕНСАЦИЯЛЫК БҮТҮМ.....368
СДЕЛКА ОНКОЛЬНАЯ — ОНКОЛДУК БҮТҮМ (англ. on call — белгиленгенге чейин).....368
СДЕЛКА РЕПОРТНАЯ — РЕПОРТТУК БҮТҮМ (фр. report — мөөнөттүү).....368
СДЕЛКА СИФ — СИФ БҮТҮМҮ (англ. CIF < кыс. cost — нарк, insurance — камсыздандыруу, freight — фрахт).....368
СДЕЛКА СПОТ — СПОТТУК БҮТҮМ.....369
СДЕЛКА ФАС — ФАС БҮТҮМҮ (фр. face — бойлото).....369
СДЕЛКА ФОБ— ФОБ БҮТҮМҮ (англ. FOB < кыс. free on board — бортто бош деген создөн).....369
СДЕЛКА ФОРВАРДНАЯ — ФОРВАРДДЫК БҮТҮМ.....369
СДЕЛКА ФЬЮЧЕРСКАЯ — ФЬЮЧЕРДИК БҮТҮМ.....370
СДЕЛКА ЭКСПОРТНАЯ — ЭКСПОРТТУК БҮТҮМ.....370
СЕБЕСТОИМОСТЬ ПРОДУКЦИИ — ПРОДУКЦИЯНЫН ӨЗДҮК НАРКЫ.....370
СЕГМЕНТ РЫНКА — БАЗАР СЕГМЕНТИ.....372

СЕГМЕНТАЦИЯ РЫНКА — БАЗАРДЫ СЕГМЕНТТӨӨ....374
СЕГРЕГАЦИЯ (РАЗДЕЛЕНИЕ) ПОЛНОМОЧИЙ — ЫЙГАРЫМ УКУКТАРДЫ БӨЛҮШТҮРҮҮ....374
СЕКВЕСТР — СЕКВЕСТР (лат. sequestro — тышка коём, ажыратуу, бөлүү)....374
СЕРВИС — СЕРВИС (англ. servise — кызмат көрсөтүү)....374
СЕРТИФИКАТ— СЕРТИФИКАТ (фр. certificat, лат. certum + facere — жасоо)....375
СЕРТИФИКАТ ДЕНЕЖНОГО РЫНКА — АКЧА БАЗАРЫНЫН СЕРТИФИКАТЫ....375
СЕРТИФИКАТ СБЕРЕГАТЕЛЬНЫЙ — АМАНАТ СЕРТИФИКАТЫ....375
СЕРТИФИКАЦИЯ — СЕРТИФИКАЦИЯЛОО....375
СИНДИКАТ — СИНДИКАТ(лат. syndicatus — биригүү, кошулуу)....375
СИСТЕМА БАНКОВСКИХ ПЛАТЕЖНЫХ КАРТ — БАНКТЫН ТӨЛӨМ КАРТТАРЫНЫН СИСТЕМАСЫ....376
СИСТЕМА МАРКЕТИНГОВОЙ ИНФОРМАЦИИ — МАРКЕТИНГ МААЛЫМАТЫНЫН ТУТУМУ....376
СИСТЕМА НАЦИОНАЛЬНЫХ СЧЕТОВ — УЛУТТУК ЭСЕП-ЧОТ СИСТЕМАСЫ....377
СИСТЕМА ПОСТАВКИ ПРОТИВ ПЛАТЕЖА — ТӨЛӨМ УТУРЛАП БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ....377
СИСТЕМНЫЙ РИСК — ТУТУМ ТОБОКЕЛДИГИ....377
СИФ — СИФ (англ. CIF, cost — нарк, insurance — камсыздандыруу, freight — фрахт; chargedin full — толук төлөм, чыгымдын баасы)....377
СКИДКИ ЦЕН — БААНЫ ЖЕҢИЛДЕТҮҮ, АРЗАНДАТЫП БЕРҮҮ....378
СКОЛЬЗЯЩАЯ ЦЕНА — ЖЫЛМА БАА....378
СЛИП (КАРТ-ЧЕК) — СЛИП (КАРТ-ЧЕК)....378
СМАРТ-КАРТА — СМАРТ-КАРТА....378
СМЕТА ЗАТРАТ — ЧЫГЫМДАРДЫН СМЕТАСЫ....378
СМЕШАННАЯ ЭКОНОМИКА — АРАЛАШ ЭКОНОМИКА....378
СМЕШАННЫЕ АКЦИОНЕРНЫЕ ОБЩЕСТВА — АРАЛАШ АКЦИОНЕРДИК КООМДОР....378

СМИТ (Smith), Адам (1723—1790)....378
СОБСТВЕННОСТЬ — МЕНЧИК....380
СОБСТВЕННОСТЬ ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНАЯ — ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК....380
СОВМЕСТНЫЕ ПРЕДПРИЯТИЯ — БИРГЕЛЕШКЕН ОРТОК ИШКАНАЛАР....381
СОВОКУПНОЕ ПРЕДЛОЖЕНИЕ — ЖЫЙЫНТЫКТАЛГАН СУНУШ....381
СОВОКУПНЫЙ СПРОС — ЖЫЙЫНТЫКТАЛГАН СУРАМ....381
СОИЗМЕРЯТЬ ИЗДЕРЖКИ И ПРИБЫЛЬ — ЧЫГЫМДЫ ЖАНА ПАЙДАНЫ САЛЫШТЫРУУ....381
СОЛО-ВЕКСЕЛЬ — СОЛО-ВЕКСЕЛЬ (ит. solo — бир, бирден-бир, жалгыз....382
СОПОСТАВИМАЯ ЦЕНА — САЛЫШТЫРЫЛУУЧУ БАА....382
СОЦИАЛЬНАЯ АССОЦИАЦИЯ — СОЦИАЛДЫК АССОЦИАЦИЯ....382
СОЦИАЛЬНАЯ ЗАЩИЩЕННОСТЬ НАСЕЛЕНИЯ — КАЛКТЫН СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН КОРГОЛУШУ....383
СПОНСОР — ДЕМӨӨРЧҮ (англ. sponsor)....383
СПОНТО — СПОНТО....383
СПОТ — СПОТ (англ. spot — накта, токтоосуз төлөнө тургандар)....383
СПРОС — СУРАМ....383
СПРОС И ПРЕДЛОЖЕНИЕ — СУРАМ ЖАНА СУНУШ....383
СПРОС ПЛАТЕЖЕСПОСОБНЫЙ — ТӨЛӨӨГӨ ЖӨНДӨМДҮҮ СУРАМ....385
СПРЭД — СПРЭД (англ. spread)....385
СРОЧНЫЕ ВКЛАДЫ — МӨӨНӨТТҮҮ САЛЫМДАР....385
ССУДА — ССУДА....385
ССУДНЫЙ КАПИТАЛ — ССУДАЛЫК КАПИТАЛ....385
ССУДНЫЙ ПРОЦЕНТ — ССУДАЛЫК ПАЙЫЗ....386
ССУДЫ БАНКА — БАНК ССУДАСЫ....386
СТАВКА ПРОЦЕНТА — ПАЙЫЗ ӨЛЧӨМҮ....386
СТАГНАЦИЯ — СТАГНАЦИЯ (лат. stagnum — акпаган суу; stagno — кыймылсыз кыламын)....386

СТАГФЛЯЦИЯ — СТАГФЛЯЦИЯ (лат. stagno — кыймылсыз кылам жана inflatio — көбүү).....386
СТАНДАРТ МЕЖДУНАРОДНЫЙ — ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТ.....386
СТАНДАРТНАЯ СИСТЕМА ПОКАЗАТЕЛЕЙ КАЧЕСТВА — САПАТТЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮН СТАНДАРТТЫК СИСТЕМАСЫ.....387
СТАТИСТИКА — СТАТИСТИКА (нем. Statistic, лат. status — иштин абалы).....387
СТАТИСТИКА БАНКОВ — БАНКТАРДЫН СТАТИСТИКАСЫ.....387
СТАТИСТИКА БИРЖИ — БИРЖА СТАТИСТИКАСЫ.....387
СТАТИСТИКА БЮДЖЕТНАЯ — БЮДЖЕТТИК СТАТИСТИКА.....388
СТАТИСТИКА ДОМАШНИХ ХОЗЯЙСТВ — ҮЙ ЧАРБА СТАТИСТИКАСЫ.....388
СТАТИСТИКА ЖИВОТНОВОДСТВА — МАЛ ЧАРБАЧЫЛЫК СТАТИСТИКАСЫ.....388
СТАТИСТИКА ЭКОНОМИЧЕСКАЯ — ЭКОНОМИКАЛЫК СТАТИСТИКА.....388
СТАТИСТИЧЕСКАЯ ОТЧЕТНОСТЬ — СТАТИСТИКАЛЫК ОТЧЕТТУУЛУК.....388
СТАТИСТИЧЕСКИЕ ПОШЛИНЫ — СТАТИСТИКАЛЫК АЛЫМ.....388
СТАТУС — СТАТУС (лат. status — иш жагдайларынын абалы).....388
СТАТУТ — СТАТУТ (лат. statuo — коёмун).....389
СТЕЛЛАЖ — СТЕЛЛАЖ (нем. Stellage — кош опцион).....389
СТОП-ЛИСТ — СТОП БАРАКЧА.....389
СТРАТЕГИЧЕСКИЕ ТОВАРЫ — СТРАТЕГИЯЛЫК ТОВАРЛАР.....389
СТРАТЕГИЯ — СТРАТЕГИЯ (греч. strategia — кошуун алып жүрүү).....389
СТРАТЕГИЯ МАРКЕТИНГА — МАРКЕТИНГ СТРАТЕГИЯСЫ.....389
СТРАТЕГИЯ УПРАВЛЕНИЯ — БАШКАРУУНУН СТРАТЕГИЯСЫ.....390

СТРУКТУРНАЯ ПОЛИТИКА — СТРУКТУРАЛЫК САЯСАТ.....392
СУБАГЕНТСКАЯ СЕТЬ — СУБАГЕНТТИК ТАРМАК.....392
СУБАРЕНДА — СУБИЖАРА (лат. sub — алдында жана пол. arenda).....392
СУБВЕНЦИЯ — СУБВЕНЦИЯ (лат. subvenire — жардамга келүү).....392
СУБСИДИЯ — СУБСИДИЯ (лат. subsidium — жардам берүү, көмөк көрсөтүү).....393
СЧЕТ ОНКОЛЬНЫЙ — ОНКОЛДУК ЭСЕП.....393
СЧЕТА БАНКОВСКИЕ — БАНК ЭСЕБИ.....393
СЧЕТА БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА — БУГАЛТЕРДИК ЭСЕПТИН СЧЕТУ (ЭСЕП-ЧОТУ).....393
СЧЕТОВОД — ЭСЕПЧИ.....395
СЫРЬЕ — ЧИЙКИ ЗАТ.....395

Т

ТАБЕЛЬ — ТАБЕЛЬ (лат. tabula — такта, таблица).....396
ТАБЛИЦА ОБМЕНА ВАЛЮТ — ВАЛЮТАЛАРДЫ АЛМАШУУ ТАБЛИЦАСЫ.....396
ТАБЛИЦА ОБМЕННЫХ КУРСОВ — АЛМАШУУ КУРСТАРЫНЫН ТАБЛИЦАСЫ.....396
ТАБЛИЦА ПРИБЫЛЕЙ — ПАЙДАЛАРДЫН ТАБЛИЦАСЫ.....396
ТАБЛО — ТАБЛО (фр. tableaum — картина).....396
ТАКСА — ТАКСА (нем. Taxe, лат. taxare — баалоо).....396
ТАКТИКА — ТАКТИКА (грек. taktiks — аскердин, кошуундун, сапка тизилип турушу, tasso — сапка тизилемин).....396
ТАМОЖЕННАЯ ДЕКЛАРАЦИЯ — БАЖЫЛЫК ДЕКЛАРАЦИЯ.....396
ТАМОЖЕННАЯ КОНВЕНЦИЯ — БАЖЫ КОНВЕНЦИЯСЫ.....396
ТАМОЖЕННАЯ ОЦЕНКА ТОВАРА — ТОВАРДЫ БАЖЫЛЫК БААЛОО.....397
ТАМОЖЕННАЯ ПОЛИТИКА — БАЖЫЛЫК САЯСАТ.....397
ТАМОЖЕННАЯ ПОШЛИНА — БАЖЫЛЫК АЛЫМ.....397

ТАМОЖЕННО-ТАРИФНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ — БАЖЫЛЫК-ТАРИФТИК ЖӨНГӨ САЛУУ....397
ТАМОЖЕННЫЕ ЛЬГОТЫ — БАЖЫ ЖЕҢИЛДИКТЕРИ....397
ТАМОЖЕННЫЕ ТАРИФЫ — БАЖЫЛЫК ТАРИФТЕР....397
ТАМОЖЕННЫЙ СБОР — БАЖЫ ЖЫЙЫМЫ....397
ТАМОЖЕННЫЙ СОЮЗ — БАЖЫ БИРИМДИГИ....398
ТАМОЖНЯ — БАЖЫКАНА (түрк. тамга — tamoja)....398
ТАНТЬЕМА — ТАНТЬЕМА (фр. tantiema — үлүш, бөлүк)....398
ТАРГЕТИРОВАНИЕ — ТАРГЕТИРЛӨӨ....398
ТАРИФ — ТАРИФ....398
ТАРИФИКАЦИЯ — ТАРИФТӨӨ....398
ТАРИФНАЯ СЕТКА — ТАРИФТИК СЕТКА....399
ТАРИФНАЯ СИСТЕМА — ТАРИФТИК СИСТЕМА....399
ТАРИФНАЯ СТАВКА — ТАРИФТИК СТАВКА....399
ТАРИФНЫЙ БАРЬЕР — ТАРИФТИК ЧЕКТӨӨ (БАРЬЕР)....400
ТАРИФНЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ — ТАРИФТИК КОЭФФИЦИЕНТ....400
ТАРИФНЫЙ РАЗРЯД — ТАРИФТИК РАЗРЯД....400
ТАРИФЫ — ТАРИФТЕР....400
ТАРИФЫ ТАМОЖЕННЫЕ — БАЖЫЛЫК ТАРИФТЕР....401
ТАРИФЫ ТРАНСПОРТНЫЕ — ТРАНСПОРТТУК ТАРИФТЕР....401
ТЕЗЕРВАЦИЯ — ТЕЗЕРВАЦИЯ (гр. trēsauros — казына)....401
ТЕЙЛОР (TAYLOR), ФРЕДЕРИК УИНСЛОУ (1856—1915)....401
ТЕЙЛОРИЗМ — ТЕЙЛОРИЗМ....402
ТЕКУЩИЙ СЧЕТ — КҮНДӨЛҮК ЭСЕП-ЧОТ....402
ТЕНДЕР — ТЕНДЕР (анг. tender — акчаны сунуш кылуу, тейлөө, сунушту жиберүү, мардикерлик бааларга заказ билдирме)....403
ТЕНЕВАЯ ЭКОНОМИКА — КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКА....403
ТЕОРИЯ ИЗДЕРЖКИ — ЧЫГЫМДАР ТЕОРИЯСЫ....403
ТЕРМИНАЛ — ТЕРМИНАЛ....405
ТЕРМИНЫ — ТЕРМИНДЕР....405

ТЕРЦИЯ — ТЕРЦИЯ (лат. tertia — үчүнчү)....405
ТЕСТ — ТЕСТ (анг. test — сыноо, изилдөө)....405
ТЕСТ ПСИХОЛОГИЧЕСКИЙ — ПСИХОЛОГИЯЛЫК ТЕСТ....405
ТЕСТ-РЫНОК, СИМУЛИРОВАННЫЙ — СИМУЛДАШТЫРЫЛГАН БАЗАР-ТЕСТИ....406
ТЕСТИРОВАНИЕ — ТЕСТТЕН ӨТКӨРҮҮ....406
ТЕХНИКА — ТЕХНИКА (грек. technike — уз, чебер, уста)....406
ТЕХНИКА АБСТРАКТНАЯ — АБСТРАКТТЫК ТЕХНИКА....406
ТЕХНИКА БАНКОВСКОГО ДЕЛА — БАНК ИШИНИН ТЕХНИКАСЫ....406
ТЕХНИКА УПРАВЛЕНИЯ — БАШКАРУУ ТЕХНИКАСЫ....406
ТЕХНОЛОГИЯ, ИНФОРМАЦИОННАЯ — МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯ....407
ТЕХНОЛОГИЯ, НОВАЯ — ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯ....407
ТЕХНОЛОГИЯ УПРАВЛЕНИЯ — БАШКАРУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ....407
ТЕХНОПОЛИС — ТЕХНОПОЛИС (гр. te˙chne — искусство жана polis — шаар)....407
ТЕЧЕНИЕ — АГЫМ....407
ТИК — ТИК (фр. tic)....407
ТИКЕР — ТИКЕР (анг. ticker — саат, tick — эсеп-чот, кредит, карыздарды китепке киргизүү)....407
ТИП — ТИП (гр. typos — наар, из, тамга, форма, үлгү)....407
ТИП КАНАЛОВ СБЫТА — САТУУ КАНАЛДАРЫНЫН ТИБИ....407
ТИП ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА — ИШКЕРДИКТИН ТИБИ....408
ТИП ТОВАРОВ — ТОВАРЛАРДЫН ТИБИ....408
ТОВАР — ТОВАР (түрк — кыргыз, казак — сатып алуу — сатуу буюму)....408
ТОВАР АУКЦИОННЫЙ — АУКЦИОНДУК ТОВАР....408
ТОВАР БИРЖЕВОЙ — БИРЖАЛЫК ТОВАР....408
ТОВАР БОНДОВЫЙ — БОНДДУК ТОВАР....409
ТОВАР ВЗАИМОДОПОЛНЯЮЩИЙ — БИРИН-БИРИ ТОЛУКТООЧУ ТОВАР....409

ТОВАР ВЗАИМОЗАМЕНЯЕМЫЙ — БИРИН-БИРИ АЛМАШТЫРА АЛУУЧУ ТОВАРЛАР.....409
ТОВАР ВИДИМЫЙ — КӨРҮНӨӨ ТОВАР.....409
ТОВАР ГИФФИНА — ГИФФИН ТОВАРЫ.....409
ТОВАРИЩ, ПОЛНЫЙ — ТОЛУК ШЕРИК.....409
ТОВАРИЩЕСТВО — ШЕРИКТЕШТИК.....410
ТОВАРИЩЕСТВО С НЕОГРАНИЧЕННОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТЬЮ — ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЧЕКТЕЛИНБЕГЕН ШЕРИКТЕШТИК.....410
ТОВАРИЩЕСТВО С ОГРАНИЧЕННОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТЬЮ, ОБЩЕСТВО — ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЧЕКТЕЛИНГЕН ШЕРИКТЕШТИК, КООМ.....410
ТОВАРИЩЕСТВО ХОЗЯЙСТВЕННОЕ — ЧАРБАЛЫК ШЕРИКТЕШТИК.....410
ТОВАРНЫЙ ЗНАК — ТОВАРДЫК БЕЛГИ.....412
ТОВАРООБОРОТ — ТОВАР АЙЛАНЫМЫ.....412
ТОРГИ — ДҮҢ СООДАЛОО.....412
ТОРГИ АУКЦИОННЫЕ — АУКЦИОНДУК СООДАЛОО.....413
ТОРГОВАЯ НАДБАВКА — СООДА ҮСТӨГҮ.....413
ТОРГОВАЯ СКИДКА — СООДА ЖЕҢИЛДИГИ.....413
ТОРГОВАЯ ТОЧКА — СООДА ТҮЙҮНҮ.....413
ТОРГОВЛЯ, БАРТЕРНАЯ — БАРТЕРДИК СООДА.....413
ТОРГОВЛЯ, БИРЖЕВАЯ — БИРЖАЛЫК СООДА.....414
ТОРГОВО-ПОСРЕДНИЧЕСКИЕ ОПЕРАЦИИ — СООДАЛЫК-ОРТОМЧУЛУК ОПЕРАЦИЯЛАР.....414
ТОРГОВЫЙ БАЛАНС — СООДА БАЛАНСЫ.....414
ТОРГОВЫЙ ДОМ — СООДА ҮЙҮ.....414
ТОРГОВЫЙ ЗНАК — СООДА-САТЫК БЕЛГИСИ.....414
ТОРГОВЫЙ ПОСРЕДНИК — СООДА ОРТОМЧУСУ.....414
ТРАНЗАКЦИЯ — ТРАНЗАКЦИЯ.....414
ТРАНЗИТ — ТРАНЗИТ.....414
ТРАНСАКЦИОННЫЕ ИЗДЕРЖКИ — ТРАНСАКЦИОНДУК (АРАДАГЫ) ЧЫГЫМДАР.....414
ТРАНСНАЦИОНАЛЬНАЯ КОРПОРАЦИЯ — УЛУТ АРАЛЫК КОРПОРАЦИЯ.....415

ТРАНСФЕРТ —ТРАНСФЕРТ (фр. transfert. лат. transferre — өткөрүү, которуу).....415
ТРАССАНТ — ТРАССАНТ (нем. trassant, ит. trassente).....416
ТРАССАТ — ТРАССАТ (нем. trassat, trassere — вексель боюнча өткөрүп берүү).....416
ТРАСТ — ТРАСТ (анг. trast — ишеним, тапшырма).....416
ТРАСТ, АКТИВНЫЙ — АКТИВДҮҮ ТРАСТ.....417
ТРАСТ, БЕЗОТЗЫВНЫЙ — КАЙРЫЛБАЙ ТУРГАН ТРАСТ.....417
ТРАТТА — ТРАТТА (ит. tratta).....417
ТРАТТА АКЦЕПТОВАННАЯ — АКЦЕПТЕЛГЕН ТРАТТА.....417
ТРАТТА БАНКОВСКАЯ — БАНКТЫК ТРАТТА.....417
ТРЕЙДЕР — ТРЕЙДЕР (анг. trader — соодагер).....417
ТРЕСТ — ТРЕСТ (анг. trust — ишеним) — *Кара: ТРАСТ*.....418
ТРЕТЕЙСКИЙ СУД — БЕЙТАРАП СОТУ.....418
ТРУДОВОЙ КОЛЛЕКТИВ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН ЭМГЕК ЖАМААТЫ.....419
ТРУДОВЫЕ ДОХОДЫ РАБОТНИКА ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНА КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЭМГЕК КИРЕШЕЛЕРИ.....419
ТУГРИК — ТУГРИК.....419
ТУМАН — ТУМАН.....419
ТУННЕЛЬ, АРБИТРАЖНЫЙ — АРБИТРАЖДЫК ТУННЕЛЬ.....419

У

УБЕЖИЩА, НАЛОГОВЫЕ — САЛЫКТЫК СЫЙЫНТАР (баш калка). *Кара. ГАВАНИ, НАЛОГОВЫЕ — САЛЫК ГАВАНИ*.....420
УБЫЛЬ — КЕМҮҮ, АЗАЮУ.....420
УБЫЛЬ ЕСТЕСТВЕННАЯ — ТАБИГЫЙ КЕМҮҮ.....420
УБЫТКИ — ЗЫЯН ТАРТУУ.....421
УБЫТКИ, БУМАЖНЫЕ — КАГАЗДЫК ЗЫЯН ТАРТУУ.....421
УБЫТКИ В СТРАХОВАНИИ, ПРЯМЫЕ — КАМСЫЗДАНДЫРУУДАГЫ ТҮЗ ЗЫЯН ТАРТУУ.....421

УБЫТКИ, КАПИТАЛЬНЫЕ — КАПИТАЛДЫК ЗЫЯН ТАРТУУ....421
УБЫТКИ ПО КРЕДИТАМ — КРЕДИТ БОЮНЧА ЗЫЯН ТАРТУУ....421
УБЫТКИ ПО КУРСУ — КУРСУ БОЮЧА ЗЫЯН ТАРТУУ....421
УБЫТКИ ПО ЦЕННОЙ БУМАГЕ — БААЛУУ КАГАЗДАР БОЮНЧА ЗЫЯН ТАРТУУ....421
УБЫТКИ ПРЯМЫЕ — ТҮЗ ЗЫЯН ТАРТУУ....421
УБЫТОЧНОСТЬ — ЗЫЯНДУУЛУК, ЗЫЯН ТАРТУУЧУЛУК, ӨЗҮН ӨЗҮ АКТАЙ АЛБООЧУЛУК....421
УБЫТОЧНОСТЬ ПРЕДПРИЯТИЯ, ФИРМА — ИШКАНАНЫН, ФИРМАНЫН ЧЫГАШАЛУУЛУГУ....421
УВЕДОМЛЕНИЕ — КАБАРЛАМА....421
УВЕДОМЛЕНИЕ БРОКЕРСКОЙ ФИРМЫ — БРОКЕРДИК ФИРМАНЫН КАБАРЛАМАСЫ....421
УДОСТОВЕРЕНИЕ ПОДЛИННОСТИ ДОКУМЕНТА (АУТЕНТИФИКАЦИЯ) — ДОКУМЕНТТИН АНЫКТЫГЫН ТАСТЫКТОО (АУТЕНТИФИКАЦИЯ)....422
УЗАНС — УЗАНС (фр. usance, лат. usus — адат, салт, каада) — *Кара. УЗАНЦИЯ*....422
УЗАНЦИЯ — УЗАНЦИЯ....422
УЗЕЛ, ВНЕШНИЙ ТРАНСПОРТНЫЙ — ТРАНСПОРТТУК ТЫШКЫ ТҮЙҮН....422
УЗО-ТАРА — УЗО-ТАРА (ит. USO — эреже)....422
УЗУКАПИЯ — УЗУКАПИЯ....422
УЗУРА — ПАРА, УЗУРА....422
УЗУРПАТОР — УЗУРПАТОР (лат. Usurpator)....422
УЛЬТИМО — УЛЬТИМО (ит. ultimo — акыркы, аяккы)....422
УНИВЕРСАЛ — УНИВЕРСАЛ(лат. Universalis — жалпы, бүт текши)....422
УНИЯ, ТАМОЖЕННАЯ — БАЖЫЛЫК УНИЯ — (лат. Unio — биримдүүлүк, бирикме)....422
УНЦИЯ — УНЦИЯ....422
УПРАВЛЕНИЕ — БАШКАРУУ....422
УПРАВЛЕНИЕ МАРКЕТИНГОМ — МАРКЕТИНГДИК БАШКАРУУ....423

УРОВЕНЬ ЖИЗНИ НАСЕЛЕНИЯ — КАЛКТЫН ЖАШОО ДЕҢГЭЭЛИ....424
УРОВЕНЬ ЦЕН, СОВОКУПНЫЙ — БААЛАРДЫН ЖАЛПЫ ДЕҢГЭЭЛИ....424
УСЛОВИЯ КОНТРАКТА — КОНТРАКТТЫН ШАРТТАРЫ....424
УСЛОВИЯ ПЛАТЕЖА — ТӨЛӨМ ШАРТЫ....424
УСЛОВИЯ ПОСТАВОК, ОБЩИЕ — ЖЕТКИРИП-ТАПШЫРУУНУН ЖАЛПЫ ШАРТТАРЫ....424
УСЛОВИЯ ТОРГОВЛИ — СООДА ШАРТТАРЫ....424
УСЛОВИЯ ТРУДА — ЭМГЕК ШАРТТАРЫ....425
УСЛУГИ НЕРЫНОЧНЫЕ — БАЗАРДЫК ЭМЕС ТЕЙЛӨӨЛӨР....425
УСЛУГИ РЫНОЧНЫЕ — БАЗАРДЫК ТЕЙЛӨӨЛӨР....425
УСТАВ БАНКА — БАНКТЫН УСТАВЫ....425
УСТАВ ОБЩЕСТВА — КООМДУН УСТАВЫ....426
УСТАВ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН УСТАВЫ....426
УСТАВНОЙ КАПИТАЛ — УСТАВДЫК КАПИТАЛ....427
УСТАВНОЙ ФОНД — УСТАВДЫК ФОНД....427
УСТОЙЧИВЫЕ ПАССИВЫ — ТУРУКТУУ ПАССИВДЕР — *Кара. ОБОРОТНЫЕ СРЕДСТВА — АЙЛАНЫМ КАРАЖАТТАРЫ*....427
УТИЛИЗАЦИЯ — ТАШТАНДЫНЫ ИШТЕТҮҮ....428
УЧАСТНИК МЕЖБАНКОВСКИХ ЭЛЕКТРОННЫХ ПЛАТЕЖЕЙ — БАНК АРАЛЫК ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМДӨРДҮН КАТЫШУУЧУСУ....428
УЧАСТНИК ПЛАТЕЖНОЙ СИСТЕМЫ — ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫНЫН КАТЫШУУЧУСУ....428
УЧАСТНИК ЭЛЕКТРОННЫХ ПЛАТЕЖЕЙ — ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМДӨРДҮН КАТЫШУУЧУСУ....428
УЧЕТ АНАЛИТИЧЕСКИЙ — АНАЛИТИКАЛЫК ЭСЕП....428
УЧЕТ БУХГАЛТЕРСКИЙ — БУГАЛТЕРДИК ЭСЕП....428
УЧЕТ ВЕКСЕЛЯ, ДИСКОНТ ВЕКСЕЛЯ — ВЕКСЕЛЬ ЭСЕБИ, ВЕКСЕЛЬ ДИСКОНТУ....430
УЧЕТНЫЙ КРЕДИТ — ЭСЕП КРЕДИТИ....431
УЧЕТНЫЙ ПРОЦЕНТ — ЭСЕП ПАЙЫЗЫ....431
УЧРЕДИТЕЛИ — УЮМДАШТЫРУУЧУЛАР....431

УЧРЕДИТЕЛЬНАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ ОТКРЫТОГО АКЦИОНЕРНОГО ОБЩЕСТВА — АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМДУН УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК КОНФЕРЕНЦИЯСЫ.....431
УЧРЕДИТЕЛЬНЫЕ АКЦИИ — УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК АКЦИЯЛАР.....431
УЧРЕДИТЕЛЬНАЯ ПРИБЫЛЬ — УЮМДАШТЫРУУЧУЛУК ПАЙДА.....431
УЩЕРБ ИМУЩЕСТВЕННЫЙ — МҮЛКТҮК ЗЫЯН.....432
УЩЕРБ МОРАЛЬНЫЙ — МОРАЛДЫК ЗЫЯН. *Кара. УЩЕРБ НЕИМУЩЕСТВЕННЫЙ — МҮЛКТҮК ЭМЕС ЗЫЯН*.....432
УЩЕРБ НЕИМУЩЕСТВЕННЫЙ — МҮЛКТҮК ЭМЕС ЗЫЯН.....432
УЩЕРБ ПОБОЧНЫЙ — КОШУМЧА ЗЫЯН.....432
УЩЕРБ РЕАЛЬНЫЙ — РЕАЛДУУ ЗЫЯН.....432
УЩЕРБ СТРАХОВОЙ — КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЗЫЯНЫ.....432
УЩЕРБ ЭКОНОМИЧЕСКИЙ — ЭКОНОМИКАЛЫК ЗЫЯН.....432

Ф

ФАБРИКАНТ — ФАБРИКАНТ.....433
ФАБРИКАТ — ФАБРИКАТ (лат. fabricatus — даярдалган).....433
ФАБРИКАЦИЯ — ФАБРИКАЦИЯ (лат. fabricatio — даярдоо).....433
ФАЗА — ФАЗА (грек. phasis — пайда болуу).....433
ФАЗЫ ЭКОНОМИЧЕСКОГО ЦИКЛА — ЭКОНОМИКАЛЫК ЦИКЛДЫН ФАЗАЛАРЫ.....433
ФАЙЛ — ФАЙЛ.....433
ФАЙОЛЬ (FAYOL), АНРИ (1861—1925).....433
ФАЙОЛИЗМ — ФАЙОЛИЗМ.....434
ФАК — ФАК.....434
ФАКСИМИЛЕ — ФАКСИМИЛЕ (лат. fac simile — окшоштуруп жаса).....434
ФАКТ — ФАКТ (лат. factum — жасалган, ишке ашырылган).....434

ФАКТ, МАТЕРИАЛЬНЫЙ — МАТЕРИАЛДЫК ФАКТ.....434
ФАКТОР — ФАКТОР (лат. factor — жасоочу, өндүрүүчү).....435
ФАКТОР БАНК — ФАКТОР БАНК.....435
ФАКТОР ВНЕШНЕГО ОКРУЖЕНИЯ — ТЫШКЫ ЧӨЙРӨ ФАКТОРУ.....435
ФАКТОР ВРЕМЕНИ В ФИНАНСОВЫХ РАСЧЕТАХ — ФИНАНСЫЛЫК ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДӨГҮ УБАКЫТ ФАКТОРУ.....435
ФАКТОР, ИНСТИТУЦИОННЫЙ — ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ФАКТОР.....435
ФАКТОР-КОМПАНИЯ — ФАКТОР-КОМПАНИЯ — *Кара. ФАКТОР-ФИРМА*.....435
ФАКТОР МАРКЕТИНГА, ПОБУДИТЕЛЬНЫЙ — МАРКЕТИНГДИН ТҮРТКҮ БЕРҮҮЧҮФАКТОРУ.....435
ФАКТОР, НЕКОНТРОЛИРУЕМЫЙ — КӨЗӨМӨЛДӨӨГӨ МҮМКҮН ЭМЕС ФАКТОР.....436
ФАКТОР ПОВЫШЕНИЯ ЦЕН — БААНЫН ЖОГОРУЛАШЫНЫН ФАКТОРУ.....436
ФАКТОР ПРЕДЛОЖЕНИЯ — СУНУШ ФАКТОРУ.....436
ФАКТОР ПРЕДЛОЖЕНИЯ НЕЦЕНЕВОЙ — БААГА ТИЙЕШЕСИЗ СУНУШ ФАКТОРУ.....436
ФАКТОР ПРОИЗВОДСТВА — ӨНДҮРҮШ ФАКТОРУ.....436
ФАКТОР РАСПРЕДЕЛЕНИЯ — БӨЛҮШТҮРҮҮ ФАКТОРУ.....437
ФАКТОР РЫНОЧНЫЙ — БАЗАР ФАКТОРУ.....437
ФАКТОР СНИЖЕНИЯ ЦЕНЫ — БААНЫН ТӨМӨНДӨШҮНҮН ФАКТОРУ.....437
ФАКТОР СПРОСА — СУРАМ ФАКТОРУ.....437
ФАКТОР СПРОСА, НЕЦЕНЕВОЙ — БААЛЫК ЭМЕС СУРАМ ФАКТОРУ.....437
ФАКТОР УСПЕХА, КЛЮЧЕВОЙ — ИЙГИЛИКТИН ТҮЙҮНДҮҮ ФАКТОРУ.....437
ФАКТОР ФИНАНСОВЫЙ — ФИНАНСЫЛЫК ФАКТОР.....437
ФАКТОР ФИРМА — ФИРМА ФАКТОРУ.....437
ФАКТОР ЭКОНОМИИ, ВНЕШНИЙ — ҮНӨМДӨӨНҮН ТЫШКЫ ФАКТОРУ.....437

ФАКТОР ЭКОНОМИИ, ВНУТРЕННИЙ — ҮНӨМДӨӨНҮН ИЧКИ ФАКТОРУ....438
ФАКТОРИНГ — ФАКТОРИНГ (анг. factor — фактор, соода ортомчусу, далдалчы, маклер, комиссионер, агент)....438
ФАКТОРЫ ПРОИЗВОДСТВА — ӨНДҮРҮШ ФАКТОРЛОРУ....439
ФАС — ФАС (анг. FAS, Free Alongside Ship — кемени бойлото эркин)....440
ФЕРМЕРСКОЕ (КРЕСТЬЯНСКОЕ) ХОЗЯЙСТВО — ФЕРМЕРДИК (ДЫЙКАН) ЧАРБА....440
ФИДУЦИАРНАЯ ЭМИССИЯ — ФИДУЦИАРДЫК ЭМИССИЯ....440
ФИЗИЧЕСКИЙ ИЗНОС ОСНОВНЫХ ФОНДОВ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРДЫН ЗАТТЫК ЭСКИРИШИ....441
ФИЗИЧЕСКОЕ ЛИЦО — ЖЕКЕ ЖАК....441
ФИКСИНГ — ФИКСИНГ (анг. fixing — бекемдөө, белгилөө)....441
ФИНАНСИРОВАНИЕ — КАРЖЫЛОО....441
ФИНАНСИРОВАНИЕ, БЮДЖЕТНОЕ — БЮДЖЕТТИК ФИНАНСЫЛОО (КАРЖЫЛОО)....441
ФИНАНСИРОВАНИЕ, ВЕНЧУРНОЕ — ВЕНЧУРДУК КАРЖЫЛОО....441
ФИНАНСИРОВАНИЕ ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ — ТЫШКЫ СООДАНЫ ФИНАНСЫЛОО....442
ФИНАНСИРОВАНИЕ, ДЕФИЦИТНОЕ — ТАРТЫШТЫКТЫ КАРЖЫЛОО....442
ФИНАНСИРОВАНИЕ, ЗАБАЛАНСОВОЕ — БАЛАНСТАН ТЫШКАРКЫ КАРЖЫЛОО....442
ФИНАНСИРОВАНИЕ ЗА СЧЕТ АКЦИОНЕРНОГО КАПИТАЛА — АКЦИОНЕРДИК КАПИТАЛДЫН ЭСЕБИНЕН КАРЖЫЛОО....442
ФИНАНСИРОВАНИЕ ЗА СЧЕТ ЗАЕМНЫХ СРЕДСТВ — ЗАЙЫМДЫК КАРАЖАТТАРДЫН ЭСЕБИНЕН КАРЖЫЛОО....442
ФИНАНСИРОВАНИЕ КАПИТАЛЬНОЕ — КАПИТАЛДЫК КАРЖЫЛОО....442

ФИНАНСИРОВАНИЕ, СМЕТНОЕ — СМЕТАЛЫК КАРЖЫЛОО....442
ФИНАНСИРОВАНИЕ, ЦЕЛЕВОЕ — МАКСАТТЫК КАРЖЫЛОО....442
ФИНАНСИСТ — ФИНАНСИСТ....443
ФИНАНСОВАЯ КОМПАНИЯ — ФИНАНСЫЛЫК КОМПАНИЯ....443
ФИНАНСОВАЯ СИСТЕМА — ФИНАНСЫЛЫК СИСТЕМА....443
ФИНАНСОВЫЕ ОБЯЗАТЕЛЬСТВА ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАЛАРДЫН ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕСИ....443
ФИНАНСОВЫЕ РЕСУРСЫ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРЫ....443
ФИНАНСОВЫЙ ЛИЗИНГ — ФИНАНСЫЛЫК ЛИЗИНГ....444
ФИНАНСОВЫЙ ОТЧЕТ, ОСНОВНОЙ — НЕГИЗГИ ФИНАНСЫЛЫК ЭСЕП-КЫСАП....444
ФИНАНСОВЫЙ РЕЗЕРВ — ФИНАНСЫЛЫК РЕЗЕРВ....444
ФИНАНСОВЫЙ РЫНОК — ФИНАНСЫЛЫК БАЗАР....444
ФИНАНСЫ — ФИНАНСЫ (фр. finance лат. financia — накта колдо болуу, киреше)....444
"ФИНАНСЫ ВЫСОКИЕ" — "ҮЛКӨН ФИНАНСЫ"....445
ФИНАНСЫ ГОСУДАРСТВЕННЫЕ — МАМЛЕКЕТТИК ФИНАНСЫ....445
"ФИНАНСЫ, ЗДОРОВЫЕ" — "ДЕНИ-ТАЗА ФИНАНСЫ"....446
ФИНАНСЫ, КОРПОРАТИВНЫЕ — КОРПОРАТИВДИК ФИНАНСЫ....446
ФИО — ФИО (англ. FIO — жүктөө-түшүрүү шарты)....446
ФИРМА — ФИРМА (ит. firma — кол коюу)....446
ФИРМА АУДИТОРСКАЯ — АУДИТОРДУК ФИРМА....446
ФИРМА БИРЖЕВАЯ — БИРЖАЛЫК ФИРМА....447
ФИРМА БРОКЕРСКАЯ — БРОКЕРДИК ФИРМА....447
ФИРМА ВЕНЧУРНАЯ — ВЕНЧУРДУК ФИРМА (венчур — анг. venture тобокелчил ишкана)....447

ФИРМА, ВНЕДРЕНЧЕСКАЯ — ИШКЕ КИРГИЗҮҮЧҮ ФИРМА.....447
ФИРМА, ВНЕШНЕТОРГОВАЯ — ТЫШКЫ СООДА ФИРМАСЫ.....447
ФИРМА ВО ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛЕ, РОЗНИЧНАЯ — ТЫШКЫ СООДА-САТЫК ЧЕКЕНЕ ФИРМА.....447
ФИРМА, ИНЖЕНЕРНО-КОНСУЛЬТАЦИОННАЯ — ИНЖЕНЕРДИК-КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК ФИРМА.....447
ФИРМА, КОНСУЛЬТАЦИОННАЯ — КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК ФИРМА.....447
ФИРМА ЛИЗИНГОВАЯ — ЛИЗИНГ ФИРМАСЫ.....448
ФИРМА ОПТОВАЯ — ДҮҢ СООДА ФИРМАСЫ.....448
ФИРМА ОПТОВО-ПОСРЕДНИЧЕСКАЯ — ДҮҢ СООДА-ОРТОМЧУЛ ФИРМА.....448
ФИРМА, ПОСРЕДНИЧЕСКАЯ — ОРТОМЧУЛ ФИРМА.....448
ФИРМА "ПРАЙС-ТЕЙКЕР" — "ПРЕЙС-ТЕЙКЕР ФИРМА.....448
ФИРМА, ПРОМЫШЛЕННАЯ — ӨНӨР ЖАЙ ФИРМАСЫ.....449
ФИРМА "РИСКОВАЯ" — "ТОБОКЕЛЧИЛ" ФИРМА. *Кара. ФИРМА ВЕНЧУРНАЯ — ВЕНЧУРДУК ФИРМА*.....449
ФИРМА, СТОКИСТ — ФИРМА, СТОКИСТ.....449
ФИРМА, ТОРГОВАЯ — СООДА ФИРМАСЫ.....449
ФИРМА, ЭКСПОРТНАЯ — ЭКСПОРТТУК ФИРМА.....449
ФИРМЕННЫЕ КРЕДИТЫ — ФИРМАЛЫК КРЕДИТТЕР.....449
ФИСК — ФИСК (лат.fiscus — казына).....450
ФИСКАЛЬНАЯ ПОЛИТИКА — ФИСКАЛДЫК САЯСАТ.....450
ФИСКАЛЬНЫЙ — ФИСКАЛДЫК, КАЗЫНАЛЫК (лат. fiscalis — казыналык).....450
ФИФО — ФИФО (анг. FIFO — fist-in first-out — биринчи келген, биринчи тейленген).....450
ФОБ ФРАНКО-БОРТ — ФОБ ФРАНКО-БОРТ (анг. FOB, Free on Board — бортко жол ачык).....451
ФОЛИО — ФОЛИО (лат. in folio — баракты ичинде).....451
ФОНД — ФОНД (фр. fond, лат. fundus — негиз).....451

ФОНД, АМОРТИЗАЦИОННЫЙ — АМОРТИЗАЦИЯЛЫК ФОНД.....451
ФОНД ВРЕМЕНИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ОБОРУДОВАНИЯ — ЖАБДУУЛАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН УБАКЫТ ФОНДУСУ.....451
ФОНД ЗАРАБОТНОЙ ПЛАТЫ — ЭМГЕК АКЫ ФОНДУСУ.....452
ФОНД МАТЕРИАЛЬНОГО ПООЩРЕНИЯ — МАТЕРИАЛДЫК ЖАКТАН КЫЗЫКТЫРУУ ФОНДУСУ.....452
ФОНД МЕЖДУНАРОДНЫЙ — ЭЛ АРАЛЫК ФОНД.....452
ФОНД НАКОПЛЕНИЯ — ТОПТОО ФОНДУ.....453
ФОНД ОБРАЩЕНИЯ — АЙЛАНЫМ ФОНДУ.....453
ФОНД ПЕНСИОННЫЙ — ПЕНСИЯЛЫК ФОНДУ.....453
ФОНД ПОТРЕБЛЕНИЯ ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН КЕРЕКТӨӨ ФОНДУСУ.....454
ФОНД ЭКОЛОГИЧЕСКИЙ — ЭКОЛОГИЯЛЫК ФОНДУ.....455
ФОНДОВАЯ БИРЖА — ФОНДУЛУК БИРЖА.....456
ФОНДОВООРУЖЕННОСТЬ ТРУДА — ЭМГЕКТИН ФОНДУЛУК ЖАБДЫЛЫШЫ.....456
ФОНДОВЫЕ ОПЕРАЦИИ — ФОНДУЛУК ОПЕРАЦИЯЛАР.....456
ФОНДОВЫЙ АРБИТРАЖ — ФОНДУЛУК АРБИТРАЖ.....456
ФОНДОЕМКОСТЬ — ФОНДУ СЫЙЫМДУУЛУГУ.....456
ФОНДООТДАЧА — ФОНД КАЙТАРЫМЫ.....456
ФОНДЫ — ФОНДУЛАР (фр. fond, лат. fondus — негиз).....457
ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ — НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР.....458
ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ МАТЕРИАЛЬНЫЕ — МАТЕРИАЛДЫК НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР.....458
ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ НЕМАТЕРИАЛЬНЫЕ — МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР.....458
ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ НЕПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ — ӨНДҮРҮШТҮК ЭМЕС НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР.....458
ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ — ӨНДҮРҮШТҮК НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР.....459

ФОНДЫ, ОСНОВНЫЕ СТРОИТЕЛЬНОГО НАЗНАЧЕНИЯ — КУРУЛУШКА АРНАЛГАН НЕГИЗГИ ФОНДУЛАР 459
ФОНДЫ ЭКОНОМИЧЕСКОГО СТИМУЛИРОВАНИЯ — ЭКОНОМИКАЛЫК СТИМУЛДАШТЫРУУ ФОНДУЛАРЫ 459
"ФОР ФРАНКО-ВАГОН" — "ФОР ФРАНКО-ВАГОН" 459
ФОРВАРД — ФОРВАРД 459
ФОРМАН — ФОРМАН 459
ФОРМЫ ВЕДЕНИЯ БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА — БУГАЛТЕРДИК ЭСЕПТИ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ФОРМАЛАРЫ 460
ФРАНКО — ФРАНКО (ит. franco — бирдемеден бош, эркин) 461
ФРАНЧАЙЗЕР — ФРАНЧАЙЗЕР 462
ФРАНЧАЙЗИ — ФРАНЧАЙЗИ 462
ФРАНЧАЙЗИНГ — ФРАНЧАЙЗИНГ 463
ФУНКЦИИ БИЗНЕСА — БИЗНЕС ФУНКЦИЯЛАРЫ 463
ФУНКЦИИ РЫНКА — БАЗАР ФУНКЦИЯЛАРЫ 463
ФУНКЦИЯ ПОТРЕБЛЕНИЯ — КЕРЕКТӨӨ ФУНКЦИЯСЫ 464
ФУНКЦИЯ СБЕРЕЖЕНИЯ — САКТАМ ФУНКЦИЯСЫ 465
ФУНКЦИЯ СПРОСА — СУРАМ ФУНКЦИЯСЫ 465
ФУНТ СТЕРЛИНГОВ — ФУНТ-СТЕРЛИНГ 465
ФУРНИТУРА — ФУРНИТУРА (фр. fournir — дегенден fourniture — жабдуу, жеткирүү) 465
ФУТУРОЛОГИЯ — ФУТУРОЛОГИЯ (лат. futurum — келечектеги + ... гр. logos — түшүнүк, окуу, соз) 465
ФЬЮЧЕРС — ФЬЮЧЕРС (анг. futures, лат. futurum — келечек). *Кара. ФЬЮЧЕРС БҮТҮМҮ* 465
ФЬЮЧЕРСКАЯ СДЕЛКА — ФЬЮЧЕРС БҮТҮМҮ 465
ФЬЮЧЕРСНЫЙ КОНТРАКТ — ФЬЮЧЕРСТИК КОНТРАКТ 465
ФЫНЬ — ФЫНЬ 465

Х

ХАЙРИНГ — ХАЙРИНГ (анг. hiring — ижарага берүү, жалга күчүн пайдаланууга берүү) 466
ХЕДЖ — ХЕДЖ (анг. hedge — жандуу кашаа) 466
ХЕДЖЕВЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ — ХЕДЖЕ КОЭФФИЦИЕНТИ 466
ХЕДЖЕР — ХЕДЖЕР (анг. hedger — колдоочу, камкорчу) 466
ХЕДЖИРОВАНИЕ — ХЕДЖЕРЛӨӨ (анг. hedging — колдоо) 466
ХОЗЯИН — КОЖОЮН 467
ХОЗЯЙСТВЕННАЯ АССОЦИАЦИЯ — ЧАРБАЛЫК АССОЦИАЦИЯ 467
ХОЗЯЙСТВЕННЫЙ РАСЧЕТ — ЧАРБАЛЫК ЭСЕП 467
ХОЗЯЙСТВО — ЧАРБА 468
ХОЗЯЙСТВО, БУХГАЛТЕРСКОЕ — БУГАЛТЕРДИК ЧАРБА 468
ХОЗЯЙСТВО, НАРОДНОЕ — ЭЛ ЧАРБАСЫ 468
ХОЗЯЙСТВУЮЩИЙ СУБЪЕКТ — ЧАРБА ЖҮРГҮЗҮҮЧҮ (ЧАРБАКЕР) СУБЪЕКТ 468
ХОЛДИНГ — ХОЛДИНГ (анг. holding — ишканага катышуудан келип чыккан ижаралынган участок, актив, укук) 469
ХОЛДИНГОВАЯ КОМПАНИЯ — ХОЛДИНГ КОМПАНИЯСЫ 469
"ХРОМАЯ УТКА" — "АКСАК ӨРДӨК" 471

Ц

ЦЕДЕНТ — ЦЕДЕНТ (лат. cedere — жол берүү, көнүү) 471
ЦЕЛЕНАПРАВЛЕННОСТЬ — МАКСАТТУУЛУК 471
ЦЕЛЕНАПРАВЛЕННОСТЬ КРЕДИТОВАНИЯ — КРЕДИТТӨӨНҮН МАКСАТТУУЛУГУ 471
ЦЕЛОСТНОСТЬ ДОКУМЕНТА — ДОКУМЕНТТИН БҮТҮНДҮГҮ 471
ЦЕЛЬ ИНВЕСТОРОВ — ИНВЕСТОРЛОРДУН МАКСАТЫ 471

ЦЕНА — БАА....471
ЦЕНА БАЗИСНАЯ — БАЗИСТИК БАА....472
ЦЕНА БИРЖЕВАЯ — БИРЖАЛЫК БАА....473
ЦЕНА ЗАКУПОЧНАЯ — ДҮҢ БАА....473
ЦЕНА ЗЕМЕЛЬНОГО УЧАСТКА — ЖЕР БӨЛҮГҮНҮН БААСЫ....473
ЦЕНА КАФ — КАФ БААСЫ....473
ЦЕНА КОНТРАКТНАЯ — КЕЛИШИМДИК БАА....473
ЦЕНА ЛИЦЕНЗИИ — ЛИЦЕНЗИЯ БААСЫ....473
ЦЕНА ЛЬГОТНАЯ — ЖЕҢИЛДЕТИЛГЕН БАА....474
ЦЕНА ЛЮБИТЕЛЬСКАЯ — "СҮЙМӨНЧҮКТҮҮ" БАА....474
ЦЕНА МИНИМАЛЬНАЯ — МИНИМАЛДУУ БАА....474
ЦЕНА МИРОВОГО РЫНКА — ДҮЙНӨЛҮК БАЗАР БААСЫ....474
ЦЕНА НАЧАЛЬНАЯ — БАШТАПКЫ БАА....474
ЦЕНА "НОУ-ХАУ" — "НОУ-ХАУ" БААСЫ....474
ЦЕНА ОБЩАЯ — ЖАЛПЫ БАА....474
ЦЕНА ОПТОВАЯ — ДҮҢ БАА....474
ЦЕНА ОТПУСКНАЯ — ӨТКӨРҮҮ БААСЫ....474
ЦЕНА ПАУШАЛЬНАЯ — ПАУШАЛДЫК БАА....475
ЦЕНА ПОТРЕБЛЕНИЯ — КЕРЕКТӨӨ БААСЫ....475
ЦЕНА ПРЕЙСКУРАНТНАЯ — ПРЕЙСКУРАНТТЫК БАА....475
ЦЕНА РАСЧЕТНАЯ ВНУТРИФИРМЕННАЯ — ФИРМАЛЫК ИЧКИ ЭСЕПТИК БАА....475
ЦЕНА РОЗНИЧНАЯ — ЧЕКЕНЕ БАА....475
ЦЕНА "УСПОКАИВАЮЩАЯ" — "ТЫНЧТАНДЫРУУЧУ" БАА....476
ЦЕНА ФАКТИЧЕСКАЯ — АНЫК БАА....476
ЦЕНА ФАКТИЧЕСКИХ СДЕЛОК — АНЫК БҮТҮМ БААСЫ....476
ЦЕНА ФАКТУРНАЯ — ФАКТУРАЛЫК БАА....476
ЦЕНА ФАС — ФАС БАА....476
ЦЕНА ФОБ-АЭРОПОРТ — ФОБ-АЭРОПОРТ БААСЫ....476
ЦЕНА ФОБ-СУДНО — ФОБ-КЕМЕ БААСЫ....476
ЦЕНА ФОР — ФОР БААСЫ....477
ЦЕННОСТИ — КУНДУУ МҮЛК, БААЛУУЛУК, АСЫЛ МҮЛК....477

ЦЕННЫЕ БУМАГИ — БААЛУУ КАГАЗДАР....477
ЦЕННЫЕ БУМАГИ, "АГРЕССИВНЫЕ" — "АГРЕССИВДҮҮ" БААЛУУ КАГАЗДАР....478
ЦЕННЫЕ БУМАГИ БЕССРОЧНЫЕ — МӨӨНӨТСҮЗ (МӨӨНӨТҮ КӨРСӨТҮЛБӨГӨН) БААЛУУ КАГАЗДАР....478
ЦЕНОВАЯ ПОДДЕРЖКА — ӨБӨК БАА....478
ЦЕНОВАЯ ПОЛИТИКА — БАА САЯСАТЫ....478
ЦЕНООБРАЗОВАНИЕ — БАА ТҮЗҮҮ....479
ЦЕНТРАЛЬНЫЙ БАНК — БОРБОРДУК БАНК....479
ЦЕНТРАЛЬНЫЙ ВАЛЮТНЫЙ КУРС — БОРБОРДУК ВАЛЮТАЛЫК КУРС....479
ЦЕНЫ КОНТРАКТА — КЕЛИШИМДИК БАА....480
ЦЕНЫ НЕИЗМЕННЫЕ — ӨЗГӨРҮЛБӨӨЧҮ БААЛАР....480
ЦЕНЫ СМЕТНЫЕ — СМЕТАЛЫК БААЛАР....480
ЦЕНЫ СОПОСТАВИМЫЕ — САЛЫШТЫРМАЛУУ БАА....481
ЦЕНЫ ТРАНСФЕРТНЫЕ — ТРАНСФЕРТТИК БААЛАР....481
ЦЕНЫ ФАКТУРНЫЕ — ФАКТУРАЛЫК БААЛАР....481
ЦЕНЫ "ФРАНКО" — "ФРАНКО" БААЛАР....481
ЦЕССИОНАРИЙ — ЦЕССИОНАРИЙ (фр. Cessionnaire — талап кылуу укугу ага берилгендигине байланыштуу кредитчи болгон инсан)....481
ЦЕССИЯ — ЦЕССИЯ (лат. Cessio — өткөрүп берүү)....482
ЦИВИЛИСТИКА — ЦИВИЛИСТИКА (лат. Civilis — инсандык)....482
ЦИКЛ — ЦИКЛ (гр. Kyklos — тегерек)....482
ЦИКЛ "БАЗИСНЫЙ" — "БАЗИСТИК" ЦИКЛ....482
ЦИКЛ ДЕЛОВОЙ АКТИВНОСТИ — ИШТИКТҮҮ АКТИВДҮҮЛҮК ЦИКЛ....482
ЦИКЛ, ЭКОНОМИЧЕСКИЙ — ЭКОНОМИКАЛЫК ЦИКЛ....482
ЦИСТЕРНА — ЦИСТЕРНА (лат. Cisterna — көлмө, суу сактагыч)....482
ЦОЛФЕРЕЙН — ЦОЛФЕРЕЙН....482

Ч

ЧАРТЕР — ЧАРТЕР (анг. charter — кемени жалдоо, кеменин ээси менен товарды жөнөтүүчүнүн ортосундагы келишим).....483
ЧАРТЕР БАНКОВСКИЙ — БАНКТЫК ЧАРТЕР.....483
ЧАСТНАЯ СОБСТВЕННОСТЬ — ЖЕКЕ МЕНЧИКТҮҮЛҮК.....483
ЧАСТНИК — ЖЕКЕ ИШКЕР.....483
ЧАСТНОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ — ЖЕКЕ МЕНЧИК ИШКАНА.....483
ЧАСТЬ ПРОМЫШЛЕННО-ПРОИЗВОДСТВЕННЫХ ОСНОВНЫХ ФОНДОВ, АКТИВНАЯ — ӨНӨР ЖАЙӨНДҮРҮШТҮК НЕГИЗГИ ФОНДУЛАРЫНЫН АКТИВДҮҮ БӨЛҮГҮ.....484
ЧЕК — ЧЕК (англ. cheque, амер. chech — акча документи).....484
ЧЕК, ОРДЕРНЫЙ — ОРДЕРДИК ЧЕК.....484
ЧЕК РАСЧЕТНЫЙ — ЭСЕПТЕШҮҮЧҮ ЧЕК.....484
ЧЕКОВАЯ КНИЖКА — ЧЕК КИТЕПЧЕСИ.....485
ЧЕКОВЫЙ ДЕПОЗИТ — ЧЕК ДЕПОЗИТИ.....485
"ЧИСТАЯ" ПОЗИЦИЯ — "ТАЗА" ПОЗИЦИЯ.....485
ЧИСТАЯ ПРИБЫЛЬ — ТАЗА ПАЙДА.....485
ЧИСТОЕ ЭКОНОМИЧЕСКОЕ БЛАГОСОСТОЯНИЕ — АНЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ЖЫРГАЛЧЫЛЫК.....486
ЧИСТЫЕ ИЗДЕРЖКИ ОБРАЩЕНИЯ — ЖҮГҮРТҮҮНҮН ТАЗА ЧЫГЫМДАРЫ.....486
"ЧИСТЫЙ" — "ТАЗА".....486
ЧИСТЫЙ ДОХОД ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН ТАЗА КИРЕШЕСИ.....486
ЧИСТЫЙ НАЦИОНАЛЬНЫЙ ПРОДУКТ — УЛУТТУК НАКТА ПРОДУКТУ.....486
ЧИСТЫЙ ЭКСПОРТ — НАКТА ЭКСПОРТ.....487
ЧЛЕН — МҮЧӨ.....487
ЧЛЕН БИРЖИ — БИРЖАНЫН МҮЧӨСҮ.....487
ЧЛЕН-ВКЛАДЧИК СМЕШАННОГО ТОВАРИЩЕСТВА — АРАЛАШ ШЕРИКТЕШТИКТИН САЛЫМЧЫ МҮЧӨСҮ.....487
ЧЛЕН КООПЕРАТИВА — КООПЕРАТИВ МҮЧӨСҮ.....487

ЧЛЕН КООПЕРАТИВА, АССОЦИИРОВАННЫЙ — АССОЦИАЦИЯЛАНГАН КООПЕРАТИВ МҮЧӨСҮ.....487
ЧЛЕН ТОВАРИЩЕСТВА — ШЕРИКТЕШТИК МҮЧӨСҮ.....487

Ш

ШАБЛОН — ШАБЛОН (нем. schablone — үлгү).....487
ШАГ АУКЦИОНА — АУКЦИОН КАДАМЫ.....487
ШАНС — ШАНС (фр. chance).....488
ШАНТАЖ — ШАНТАЖ (фр. chantage).....488
ШАХМАТНАЯ ОБОРОТНАЯ ВЕДОМОСТЬ — ШАХМАТТЫК АЙЛАНЫМ ВЕДОМОСТУ.....488
ШАХМАТНЫЙ БАЛАНС — ШАХМАТТЫК БАЛАНС.....488
ШЕФ — ШЕФ (фр. chef — шеф, башчы).....488
ШЕФМОНТАЖ — ШЕФМОНТАЖ.....488
ШИКАНЕР — ШИКАНЕР.....489
ШИПЧАНДЛЕР — ШИПЧАНДЛЕР.....489
ШИРОТА ТОВАРНОЙ НОМЕНКЛАТУРЫ КОРПОРАЦИИ — КОРПОРАЦИЯНЫН ТОВАРДЫК НОМЕНКЛАТУРАСЫНЫН КЕҢДИГИ.....489
ШИФР — ШИФР (фр. chiffre — ар. цифра).....489
ШИФР АВАРИЙНЫЙ — АВАРИЯЛЫК ШИФР.....489
ШИФР ДОКУМЕНТА — ДОКУМЕНТ ШИФРИ.....489
ШИФР ПЕРЕВОДНЫЙ — КОТОРУУ ШИФРИ.....489
ШИФРОВАНИЕ — ШИФРДӨӨ (фр. chiffre).....489
ШКАЛА ДОХОДНОСТИ — КИРЕШЕЛҮҮЛҮКТҮН ШКАЛАСЫ.....489
ШКАЛА КАЧЕСТВА — САПАТ ШКАЛАСЫ.....489
ШКАЛА ОБЩЕСТВЕННЫХ ПРЕДПОЧТЕНИЙ — КООМДУК АРТЫК КӨРҮҮ ШКАЛАСЫ.....489
ШКАЛИРОВАНИЕ — ШКАЛАГА САЛУУ.....489
ШКОЛЫ МАРКЕТИНГА — МАРКЕТИНГ МЕКТЕПТЕРИ.....490
ШОК ПРЕДЛОЖЕНИЯ — КАТААЛ СУНУШ.....491
ШОМАЖ — ШОМАЖ.....491

ШОП — ШОП.....491
ШОП-ТУР — ШОП-ТУР.....491
ШОУ, РЕКЛАМНОЕ — ЖАРНАМАЛЫК ШОУ.....491
ШПИОНАЖ, ПРОМЫШЛЕННЫЙ — ӨНӨР ЖАЙЛЫК ШПИОНАЖ.....491
ШТАБ-КВАРТИРА — ШТАБ-КВАРТИРА.....491
ШТАТЫ — ШТАТТАР (лат.status — абал, күй).....491
ШТРАФ — АЙЫП ПУЛ (нем. strafe — айып, жаза).....491
ШТРЕЙКБРЕХЕР — ШТРЕЙКБРЕХЕР (нем. streikbrecher < streik — иш таштоо + brechen — сындыруу, үзгүлтүккө учуратуу).....492
ШУЛЕР — ШУЛЕР (польск. Szuler — шылуун).....492
ШУМПЕТЕР (Schumpeter) ЙОЗЕФ АЛОИЗ (1883—1950).....492

Щ

"ЩЕЛЬ НАЛОГОВАЯ" — "САЛЫКТЫК ЖЫЛЧЫК".....493
"ЩИТ, НАЛОГОВЫЙ" — "САЛЫК КАЛКАНЫ".....493

Э

ЭВАЛЬВАЦИЯ — ЭВАЛЬВАЦИЯ, БААЛОО (фр. evaluation — баалоо).....493
"ЭВЕРДЬЮПОИС" — "ЭВЕРДЬЮПОИС".....493
ЭВРИСТИКА — ЭВРИСТИКА (гр. heurisko — табуу, издөө).....493
ЭКАУТАНТ — ЭКАУТАНТ (анг. accountant — бугалтер, эсеп жүргүзүүчү).....493
ЭКАУТИНГ — ЭКАУТИНГ (анг. accounting — эсептөө, эсепкысаптоо, фактура, отчет,баяндама, маани, маанилүү).....493
ЭКВАЙР — ЭКВАЙР.....493
ЭКВАЙРИНГ — ЭКВАЙРИНГ.....494
ЭКВИВАЛЕНТ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ — АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЭКВИВАЛЕНТИ.....494
ЭКЗЕМПЛЯР — ЭКЗЕМПЛЯР (лат. exemplar — үлгү).....494
ЭКОЛОГИЗАЦИЯ — ЭКОЛОГИЯЛАШТЫРУУ.....494

ЭКОЛОГИЧЕСКИЙ НАЛОГ — ЭКОЛОГИЯЛЫК САЛЫК.....494
ЭКОЛОГИЯ — ЭКОЛОГИЯ (гр. oikos — үй, мекен + ... логия).....494
ЭКОНОМ — ЭКОНОМ (гр. oikonomos — үй башкармасы).....494
ЭКОНОМЕТРИКА, ЭКОНОМЕТРИЯ — ЭКОНОМЕТРИКА, ЭКОНОМЕТРИЯ.....494
ЭКОНОМИКА — ЭКОНОМИКА (грек. Oikonomia — үй чарбасын жүргүзүү чеберчилиги).....495
ЭКОНОМИКА, АТОМИСТИЧЕСКАЯ — АТОМИСТИКАЛЫК ЭКОНОМИКА.....495
ЭКОНОМИКА, ДЕФИЦИТНАЯ — ДЕФИЦИТТИК ЭКОНОМИКА.....496
ЭКОНОМИКА ЗАКРЫТАЯ — ЖАБЫК ЭКОНОМИКА.....496
ЭКОНОМИКА ОТКРЫТАЯ — АЧЫК ЭКОНОМИКА.....496
ЭКОНОМИКА ПРЕДПРИЯТИЯ — ИШКАНАНЫН ЭКОНОМИКАСЫ.....496
ЭКОНОМИКА РАСТУЩАЯ — ӨСҮП ЖАТКАН ЭКОНОМИКА.....496
ЭКОНОМИКА РЫНОЧНАЯ — БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ.....496
ЭКОНОМИКА, РЫНОЧНАЯ РЕГУЛИРУЕМАЯ — ЖӨНГӨ САЛЫНУУЧУ БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ.....497
ЭКОНОМИКА, РЫНОЧНАЯ СВОБОДНАЯ — ЭРКИН БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ.....497
ЭКОНОМИКА, СМЕШАННАЯ — АРАЛАШ ЭКОНОМИКА.....497
ЭКОНОМИКА ТЕНЕВАЯ — КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКА.....498
ЭКОНОМИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ МЕТОДЫ — ЭКОНОМИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК МЕТОДДОР.....499
ЭКОНОМИКС — ЭКОНОМИКС.....500
ЭКОНОМИЧЕСКАЯ КИБЕРНЕТИКА — ЭКОНОМИКАЛЫК КИБЕРНЕТИКА (гр. kybernetike — башкаруу искусствосу).....500
ЭКОНОМИЧЕСКАЯ СИСТЕМА — ЭКОНОМИКАЛЫК СИСТЕМА.....500

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ТЕОРИЯ НАЛОГООБЛОЖЕНИЯ — САЛЫК САЛУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК ТЕОРИЯСЫ.....501
ЭКОНОМИЧЕСКАЯ, ЧИСТАЯ ПРИБЫЛЬ — ЭКОНОМИКАЛЫК НАКТА ПАЙДА.....502
ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ЭФФЕКТИВНОСТЬ — ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛУУЛУК.....502
ЭКОНОМИЧЕСКИЕ МОДЕЛИ — ЭКОНОМИКАЛЫК МОДЕЛДЕР (фр. modele, лат. modulus, ит. modello о — өлчөм, ченем, үлгү).....502
ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ — ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР.....503
ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ФУНКЦИИ ГОСУДАРСТВА — МАМЛЕКЕТТИН ЭКОНОМИКАЛЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ.....504
ЭКСПАНСИЯ — ЭКСПАНСИЯ (лат. expansio — кеңейтүү, жайылтуу).....505
ЭКСПЕРТИЗА — ЭКСПЕРТИЗА.....505
ЭКСПЛУАТАЦИОННЫЕ ЗАТРАТЫ — ЭКСПЛУАТАЦИЯЛЫК ЧЫГЫМДАР.....505
ЭКСПОРТ — ЭКСПОРТ (анг. export, лат. exportare — ташып чыгаруу).....505
ЭКСПОРТ ИНФЛЯЦИИ — ИНФЛЯЦИЯ ЭКСПОРТУ.....505
ЭКСПОРТ КАПИТАЛА — КАПИТАЛ ЭКСПОРТУ.....506
ЭКСПОРТ НЕВИДИМЫЙ — БАЙКАЛБАГАН ЭКСПОРТ.....506
ЭКСПОРТ ТОВАРОВ — ТОВАРЛАРДЫН ЭКСПОРТОЛУШУ.....506
ЭКСПОРТ ЧИСТЫЙ — ТАЗА ЭКСПОРТ.....506
ЭКСПОРТ, ЧИСТЫЙ НЕГАТИВНЫЙ — ТАЗА НЕГАТИВДҮҮ ЭКСПОРТ.....506
ЭКСПОРТЕР — ЭКСПОРТЧУ.....507
ЭКСПОРТНЫЙ КРЕДИТ — ЭКСПОРТТУК КРЕДИТ.....507
ЭКСПРЕСС-ГРУЗ — ЭКСПРЕСС-ЖҮК.....507
ЭКСПРОПРИАЦИЯ — ЭКСПРОПРИАЦИЯ (лат. expropriatio — менчигинен ажыратуу).....507

ЭЛАСТИЧНОЕ ПРЕДЛОЖЕНИЕ — ИЙКЕМДҮҮ СУНУШ.....507
ЭЛЕКТРОННАЯ ИНФОРМАЦИЯ — ЭЛЕКТРОНДУК МААЛЫМАТ.....507
ЭЛЕКТРОННЫЙ ПЛАТЕЖ — ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМ.....507
ЭЛЕКТРОННЫЙ ПЛАТЕЖНЫЙ ДОКУМЕНТ — ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМ ДОКУМЕНТИ.....507
ЭМБАРГО — ЭМБАРГО (исп. embargo — камоого буйрук берүү).....508
ЭМБОССИРОВАНИЕ — ЭМБОССИРЛӨӨ.....508
ЭМИССИОННАЯ ПРИБЫЛЬ — ЭМИССИЯЛЫК ПАЙДА.....508
ЭМИССИОННЫЕ ПОТЕРИ — ЭМИССИЯЛЫК ЖОГОТУУЛАР.....508
ЭМИССИОННЫЙ БАНК — ЭМИССИЯЛЫК БАНК.....508
ЭМИССИЯ — ЭМИССИЯ (лат. emissio — чыгаруу).....508
ЭМИССИЯ ДЕНЕГ — АКЧАЛАРДЫН ЭМИССИЯСЫ.....509
ЭМИССИЯ КАРТ — КАРТТАРДЫН ЭМИССИЯСЫ.....510
ЭМИССИЯ ЦЕННЫХ БУМАГ — БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН ЭМИССИЯСЫ.....510
ЭМИТЕНТ — ЭМИТЕНТ (лат. emittere — чыгаруу).....510
ЭМИТЕНТ ЦЕННЫХ БУМАГ — БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН ЭМИТЕНТИ.....511
ЭНЕРГОЕМКОСТЬ ПРОДУКЦИИ — ПРОДУКЦИЯНЫН ЭНЕРГИЯ СЫЙЫМДУУЛУГУ.....511
ЭНТУЗИАЗМ — ЭНТУЗИАЗМ (гр. enthusiasmos).....511
ЭНТУЗИАСТ — ЭНТУЗИАСТ (гр. enthusiastes).....511
ЭФФЕКТ — НАТЫЙЖА (лат. effectus — аткаруу, орундоо, аракет).....511
ЭФФЕКТ ВНЕШНИЙ — ТЫШКЫ НАТЫЙЖА.....511
ЭФФЕКТ ДОХОДА — КИРЕШЕНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ.....511
ЭФФЕКТ ЗАМЕЩЕНИЯ — ОРДУН АЛМАШТЫРУУНУН НАТЫЙЖАСЫ.....511
ЭФФЕКТ ПРОЦЕНТНОЙ СТАВКИ — ПАЙЫЗДЫК СТАВКАНЫН НАТЫЙЖАСЫ.....511

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ТЕОРИЯ НАЛОГООБЛОЖЕНИЯ — САЛЫК САЛУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК ТЕОРИЯСЫ.....501
ЭКОНОМИЧЕСКАЯ, ЧИСТАЯ ПРИБЫЛЬ — ЭКОНОМИКАЛЫК НАКТА ПАЙДА.....502
ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ЭФФЕКТИВНОСТЬ — ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛУУЛУК.....502
ЭКОНОМИЧЕСКИЕ МОДЕЛИ — ЭКОНОМИКАЛЫК МОДЕЛДЕР (фр. modele, лат. modulus, ит. modello о — өлчөм, ченем, үлгү).....502
ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ — ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР.....503
ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ФУНКЦИИ ГОСУДАРСТВА — МАМЛЕКЕТТИН ЭКОНОМИКАЛЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ.....504
ЭКСПАНСИЯ — ЭКСПАНСИЯ (лат. expansio — кеңейтүү, жайылтуу).....505
ЭКСПЕРТИЗА — ЭКСПЕРТИЗА.....505
ЭКСПЛУАТАЦИОННЫЕ ЗАТРАТЫ — ЭКСПЛУАТАЦИЯЛЫК ЧЫГЫМДАР.....505
ЭКСПОРТ — ЭКСПОРТ (анг. export, лат. exportare — ташып чыгаруу).....505
ЭКСПОРТ ИНФЛЯЦИИ — ИНФЛЯЦИЯ ЭКСПОРТУ.....505
ЭКСПОРТ КАПИТАЛА — КАПИТАЛ ЭКСПОРТУ.....506
ЭКСПОРТ НЕВИДИМЫЙ — БАЙКАЛБАГАН ЭКСПОРТ.....506
ЭКСПОРТ ТОВАРОВ — ТОВАРЛАРДЫН ЭКСПОРТОЛУШУ.....506
ЭКСПОРТ ЧИСТЫЙ — ТАЗА ЭКСПОРТ.....506
ЭКСПОРТ, ЧИСТЫЙ НЕГАТИВНЫЙ — ТАЗА НЕГАТИВДҮҮ ЭКСПОРТ.....506
ЭКСПОРТЕР — ЭКСПОРТЧУ.....507
ЭКСПОРТНЫЙ КРЕДИТ — ЭКСПОРТТУК КРЕДИТ.....507
ЭКСПРЕСС-ГРУЗ — ЭКСПРЕСС-ЖҮК.....507
ЭКСПРОПРИАЦИЯ — ЭКСПРОПРИАЦИЯ (лат. expropriatio — менчигинен ажыратуу).....507

ЭЛАСТИЧНОЕ ПРЕДЛОЖЕНИЕ — ИЙКЕМДҮҮ СУНУШ.....507
ЭЛЕКТРОННАЯ ИНФОРМАЦИЯ — ЭЛЕКТРОНДУК МААЛЫМАТ.....507
ЭЛЕКТРОННЫЙ ПЛАТЕЖ — ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМ.....507
ЭЛЕКТРОННЫЙ ПЛАТЕЖНЫЙ ДОКУМЕНТ — ЭЛЕКТРОНДУК ТӨЛӨМ ДОКУМЕНТИ.....507
ЭМБАРГО — ЭМБАРГО (исп. embargo — камоого буйрук берүү).....508
ЭМБОССИРОВАНИЕ — ЭМБОССИРЛӨӨ.....508
ЭМИССИОННАЯ ПРИБЫЛЬ — ЭМИССИЯЛЫК ПАЙДА.....508
ЭМИССИОННЫЕ ПОТЕРИ — ЭМИССИЯЛЫК ЖОГОТУУЛАР.....508
ЭМИССИОННЫЙ БАНК — ЭМИССИЯЛЫК БАНК.....508
ЭМИССИЯ — ЭМИССИЯ (лат. emissio — чыгаруу).....508
ЭМИССИЯ ДЕНЕГ — АКЧАЛАРДЫН ЭМИССИЯСЫ.....509
ЭМИССИЯ КАРТ — КАРТТАРДЫН ЭМИССИЯСЫ.....510
ЭМИССИЯ ЦЕННЫХ БУМАГ — БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН ЭМИССИЯСЫ.....510
ЭМИТЕНТ — ЭМИТЕНТ (лат. emittere — чыгаруу).....510
ЭМИТЕНТ ЦЕННЫХ БУМАГ — БААЛУУ КАГАЗДАРДЫН ЭМИТЕНТИ.....511
ЭНЕРГОЕМКОСТЬ ПРОДУКЦИИ — ПРОДУКЦИЯНЫН ЭНЕРГИЯ СЫЙЫМДУУЛУГУ.....511
ЭНТУЗИАЗМ — ЭНТУЗИАЗМ (гр. enthusiasmos).....511
ЭНТУЗИАСТ — ЭНТУЗИАСТ (гр. enthusiastes).....511
ЭФФЕКТ — НАТЫЙЖА (лат. effectus — аткаруу, орундоо, аракет).....511
ЭФФЕКТ ВНЕШНИЙ — ТЫШКЫ НАТЫЙЖА.....511
ЭФФЕКТ ДОХОДА — КИРЕШЕНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ.....511
ЭФФЕКТ ЗАМЕЩЕНИЯ — ОРДУН АЛМАШТЫРУУНУН НАТЫЙЖАСЫ.....511
ЭФФЕКТ ПРОЦЕНТНОЙ СТАВКИ — ПАЙЫЗДЫК СТАВКАНЫН НАТЫЙЖАСЫ.....511

ЭФФЕКТ, ЭКОНОМИЧЕСКИЙ — ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖА....512
ЭФФЕКТИВНОСТЬ — НАТЫЙЖАЛУУЛУК....512
ЭФФЕКТИВНОСТЬ ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ — ТЫШКЫ СООДАНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ....512
ЭФФЕКТИВНОСТЬ ОБЩЕСТВЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА — КООМДУК ӨНДҮРҮШТҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ....512
ЭФФЕКТИВНОСТЬ ПРЕДПРИЯТИЯ, ЭКОНОМИЧЕСКАЯ — ИШКАНАНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ....512
ЭФФЕКТИВНОСТЬ ПРОИЗВОДСТВА — ӨНДҮРҮШТҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ....512
ЭФФЕКТИВНОСТЬ ПРОМЫШЛЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА — ӨНӨР ЖАЙ ӨНДҮРҮШҮНҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ....514
ЭФФЕКТИВНОСТЬ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА — АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮНҮН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ....514
ЭФФЕКТИВНОСТЬ СТРОИТЕЛЬНОГО ПРОИЗВОДСТВА, ЭКОНОМИЧЕСКАЯ — КУРУЛУШ ӨНДҮРҮШҮНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ....515
ЭФФЕКТИВНОСТЬ ТРУДА — ЭМГЕКТИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ....515

Ю

ЮАНЬ — ЮАНЬ....515
ЮНЕСКО (ОРГАНИЗАЦИЯ ООН ПО ВОПРОСАМ ОБРАЗОВАНИЯ, НАУКИ И КУЛЬТУРЫ) — ЮНЕСКО (БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН БИЛИМ, ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА УЮМУ)....515
ЮНИДО — ЮНИДО (анг. United Nations Industrial Development Organisation, UNIDO — өнөр жайдын өнүгүшү боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун уюму)....515

ЮНКТАД — ЮНКТАД (анг. United Nations Conference on Trade and Development, UNCTAD — Бириккен Улуттар Уюмунун соода жана өнүктүрүү боюнча Конференциясы)....516
ЮРИДИЗАЦИЯ — ЮРИДИЗАЦИЯЛОО....517
ЮРИДИЧЕСКОЕ ЛИЦО — ЮРИДИКАЛЫК ТАРАП, ЖАК, МЫЙЗАМ УКУКТУУ МЕКЕМЕ....517
ЮРИСДИКЦИЯ — ЮРИСДИКЦИЯ (лат. jurisdictio — сот ишин жүргүзүү)....517
ЮРИСТКОНСУЛЬТ— ЮРИСТКОНСУЛЬТ (лат. juris consultus — укук изилдөөчү)....517
ЮСТИРОВКА — ЮСТИРОВКА (нем. justieren — текшерип дурустугун билүү, эбине жеткирүү, лат. justus — адилеттүү, чын негиздүү)....517
ЮСТИЦИЯ — ЮСТИЦИЯ (лат. justita — адилеттүүлүк, мыйзамдуулук)....517

Я

ЯВЛЕНИЕ, МАССОВОЕ — МАССАЛЫК КУБУЛУШ....518
ЯВЛЕНИЕ "ОРЕОЛА" — "ОРЕОЛ" КУБУЛУШУ....518
"ЯМА" БИРЖЕВАЯ — БИРЖАЛЫК "АҢГЕК"....518
ЯРЛЫК — ЖАРЛЫК (түрк сөзү)....518
ЯРЛЫК ОТРЫВНОЙ ТОВАРНЫЙ — ТОВАРДЫК ЖЫРТМА ЖАРЛЫК....518
ЯРМАРКА — ЖАРМАНКЕ (нем. Jahrmarkt — жыл сайын болуучу базар)....518
ЯРМАРКА, ВЕКСЕЛЬНАЯ — ВЕКСЕЛДИК ЖАРМАНКЕ....518
ЯРМАРКА ОПТОВАЯ — ДҮҢ СООДА ЖАРМАНКЕСИ....518
ЯРМАРКА РОЗНИЧНОЙ ТОРГОВЛИ — ЧЕКЕНЕ СООДА ЖАРМАНКЕСИ....519
ЯРМАРКА ТОРГОВАЯ — СООДА ЖАРМАНКЕСИ....519

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. *Антоновский Т.Р., Балдин Л.В., Богданов О.С. и др.* Основы предпринимательства. Словарь-справочник. — М.: "Луч-2", 1993. — 386 с.
2. *Ашимов М.* Экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. — Б.: Мамлекеттик тил жана Энциклопедия борбору, 2001 — 240 б.
3. *Беляев Ю.А.* Энциклопедия начинающего предпринимателя. — М.: Изд. Российского Университета Дружбы Народов, 1992. — 160 с.
4. Бизнес, коммерция, рынок. Сост. Саркисянц Г.С. Словарь-справочник. / Под ред. В.Г. Машенцева, А.Р. Саркисянца, Л.Д. Шарова. — М.: Информпечать, 1993. — 320 с.
5. Большой экономический словарь. / Под ред. А.Н.Азрилияна. — М.: "Институт новой экономики", 1997. — 864 с.
6. *Бунимович Н.Т., Жаркова Г.Г., Корнилова Т.М. и др.* Краткий словарь современных понятий и терминов. / Под ред. В.А. Макаренко. — М.: Республика, 1995,— 510 с.
7. Бухгалтерский словарь, 2-е изд. доп. — М.: "Финансы и статистика", 1996.
8. *Гавричина К.С., Сазонов М.А., Гавричина И.Н.* Торгово-финансовый словарь: французско-англо-русский. — М.: VIKRA, 1993.
9. *Долан Э. Дж., Домненко Б.И.* ЭКОНОМИКС. Англо-русский словарь-справочник. Справочное издание. — М.: Лазурь, Бухгалтерский учет, 1994. — 544 с.
10. *Евдокимова Г.Г., Маховикова Г.А.* Краткий словарь делового человека. — М.: Финансы и статистика, 1991.
11. *Ефимов С.Л.* Энциклопедический словарь. Экономика и страхование. — М.: Церих-ПЕЛ, 1996.
12. *Жумагулов К.* Рынок экономикасы боюнча орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүк. — Б.: "Кесип" басмасы, 1995.
13. *Жумадылов К.* Социалдык экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүк-справочниги. — Ф. "Кыргызстан" басмасы, 1989.
14. "Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы. "Эркин тоо" гезити; 9-февраль 2001-ж. № 11(1029).

15. *Калашников В.А.* Словарь рыночной экономики. — М.: НВЦ "Маркетинг", 1993.— 56 с.
16. *Карасаев Х.К.* Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. — Ф.: "Мектеп" басмасы, 1966.
17. *Ким Мадсен.* "Введение в основы экономики бизнеса". — Б.: Изд. "Кесип", 1997.
18. *Киперман Г.Я., Сурганов Б.С.* Популярный экономический словарь.— М.: Экономика, 1993. — 252 с.
19. Коммерческий словарь. / Под ред. А.Н. Азрилияна. — М.: Фонд "Правовая культура", 1992. — 320 с.
20. *Корельский В.Ф., Гаврилов Р.В.* Толковый биржевой словарь.— М.: Экспедитор, Руссо, 1996. — 432 с.
21. Краткий словарь терминов, используемых во внешнеэкономической практике. — М.: "Мир", 1990.
32. Кредитно-расчетные операции банков при внешэкономической деятельности предприятий. Вексельные, факторинговые, лизинговые операции. / Сост. М.Х. Лапидус. — Л.: ЛФЭИ, 1990.
23. Кыргызско-русский словарь. / Сост. Юдахин К.К. Изд. "Советская энциклопедия". — М.: 1965.
24. *Лашов Б.В., Соколов О.В.* Краткий экономический словарь школьника. — М.: Просвещение, 1993. — 80 с.
25. *Лозовский Л.Ш., Райзберг Б.А. Рапиовский А.А.* Универсальный бизнес-словарь. — М.: Инфра-М. 1997. — 632 с.
26. *Любимов Л.Л., Раннева Н.А.* Основы экономических знаний: экспериментальный учебник для общеобразовательных учреждений с углубленным изучением экономики. — М.: Фонд "За экономическую грамотность", 1995.
27. Маркетинг. Толковый терминологический словарь-справочник. — М.: Инфроконт, 1991. — 224 с.
28. *Могенс Абильгор.* "Введение в основы рыночной экономики". — Б.: Изд. "Кесип", 1997.
29. *Новиков А.М., Новикова Н.Е.* Универсальный экономический словарь.— М.: "Наука", 1994.
30. *Овганов Т., Суртаев Р.* Курулуш боюнча орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүк. — Б.: "Кесип басмасы", 2001 (кол жазма). — 525 б.

31. Орусча-казакча сөздүк. / Жалпы редакциясын башкарган проф. Г.Г. Мусабаев, 1—2 томдор. — Алматы, 1978; 1981.

32. *Пол. А. Самуэльсон, Вильям Д. Норхаус.* Экономика: пер. с англ. — М.: "Бинон" Лаборатория базовых знаний, 1997. — 800 с.: ил.

33. Политическая экономия. Словарь. / Под ред. О.И. Ожерельева. — М.: Политиздат, 1990. — 607 с.

34. Правовой словарь предпринимателя. — М.: Большая Российская энциклопедия, 1993. — 208 с.

35. *Райзберг Б.А.* Экономическая энциклопедия для детей и взрослых. — М.: АОЗТ "Нефтехиминвест", 1995. — 688 с.

36. *Райзберг Б.А., Заставенко Е.Л., Головко Е.Н.* Язык рынка. — М.: Дума, 1991. — 32 с.

37. *Райзберг Б.А., Лозовский Л.Ш., Стародубцева Е.Б.* Современный экономический словарь. 2-изд. исправл. — М.: Инфра-М, 1998. — 479 с.

38. *Румянцев О.Г., Додонов В.Н.* Юридический энциклопедический словарь. — М.: ИНФРА-М, 1996.

39. Русско-казахский толковый словарь юридических терминов. Заң терминдерінің орусча-казакша түсіндірме сөздігі. / Жалпы редакциясын баскарган А. Абдірахманов. — Алматы "Казакстан", 1986.

40. Русско-кыргызский словарь. / Сост. Юдахин К.К. — М.: 1944.

41. Рынок предпринимательства, коммерция. Толковый словарь-справочник. / Под ред. А.Г. Новицкого, В.К. Фединина. — М.: 1992.

42. Рыночная экономика: Словарь. / Под общ. ред. Г.Я. Кипермана. 2-е изд. допол. — М.: "Республика", 1995. — 495 с.

43. *Серен-Поульсен.* "Введение в современную методику преподавания". — Б.: Изд. "Кесип", 1997.

44. Словарь иностранных слов. — 18-е изд., стереотип. — М.: "Рус.яз", 1989. — 624 с.

45. Словарь предпринимателя. / Под ред. Д.Е. Сорокина. — М.: Риск, 1991. — 94 с.

46. Словарь-справочник менеджера. / Под ред. М.Г. Лопусты.— М.: ИНФРА-М, 1996.

47. Словарь терминов рыночной экономики. / В 2-х ч. Руковод. авт. колл. В.М. Лукашевский. — М.: Менеджер. 1991. — 200 с.

48. *Суртаев Р. Алиев Т.И..* Эл чарбасындагы техника боюнча орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүк. — Б.: "Кесип басмасы", 2002 (кол жазма). — 875 б.

49. Толковый словарь по управлению. — М.: изд. "Алонс", 1994.

50. Толковый словарь финансово-бухгалтерских терминов и понятий. / Составитель Е.Д. Чацкис. — Д.: "Сталкер", 1996.

51. Толковый экономический и финансовый словарь. Французская, русская, английская, немецкая, испанская терминология. В 2-х тт. Пер. с фр. — М.: Международные отношения, 1994,— 784 с.

52. *Турсунова С.Т.* Становление и развитие предпринимательства в Кыргызстане. — Б.: 1996.

53. Универсальный юридический справочник. / Под общ. ред. В.А. Щадацкого. АО "Инициатива", АКБ "Промтехбанк". — М.: 1992.

54. Финансово-кредитный словарь. / В 3-х тт. Гл. ред. В.Ф. Гарбузов. — М.: Финансы и статистика, 1986.

55. Финансово-экономический словарь. / Под ред. М.Г. Назарова. — М.: АО "Финстатинформ", 1995. — 224 с.

56. Финансы и инвестиции. Англо-русский, русско-английский толковый словарь. — М.: 1995.

57. *Фишер С., Дорнбуш Р., Шмалензи Р.* Экономика: пер. с англ. со 2-го изд. — М.: Дело, 1998. — 864 с.

58. *Хойер В.* Как делать бизнес в Европе. / Вступ. слово Ю.В. Пискулова. — М.: "Прогресс", 1990.

59. *Чмель Г.Н.* Малая таможенная энциклопедия. / Под ред. В.Г. Драганова. — М.: АОЗТ "Центр экономики и маркетинга", АОЗТ "Терминал А.Г.", 1997.

60. "Экономическая энциклопедия". — М. ОАО Издательство "Экономика", 1999. — 1055 с.

61. Энциклопедия предпринимателя. / Составители: Синельников С.М., Соломоник Т.Г., Биржаков М.Б., Янборисова Р.В. — СПб, ТОО "Олбис", АО "САТИСЪ", 1994.

62. "Эркин-Тоо" газетасынын 1999-жылкы чыгарылган сандарынан "Такталган терминдер" деген базар экономикасына байланыштуу терминдер толук пайдаланылды.

МАЗМУНУ

Кириш сөз.....3

Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы.....7

Закон Кыргызской Республики о защите прав предпринимателей.....16

А.....27

Б.....67

В.....96

Г.....109

Д.....116

Е.....140

Ж.....143

З.....145

И.....152

К.....170

Л.....223

М.....234

Н.....260

О.....276

П.....294

Р.....335

С.....360

Т.....396

У.....420

Ф.....433

Х.....466

Ц.....471

Ч.....483

Ш.....487

Щ.....493

Э.....493

Ю.....515

Я.....518

Терминдердин орусча-кыргызча жана чет тилдеги көрсөткүчү.....520

Пайдаланылган адабияттар.....600

Маалымдама басылмасы

Түзгөн авторлор:

К. Атышов

Т. Алиев

Р. Суртаев

ИШКЕРДИК БОЮНЧА ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

РУССКО-КЫРГЫЗСКИЙ ТОЛКОВЫЙ СЛОВАРЬ ПО ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВУ

Ишкердик боюнча орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүк редакциясы

Редакция башчысы
Р.С. Суртаев

Илимий редактору
М. Ашимов

Атайын редактору
Т. Рыскулова

Басманын редактору
Ж.С. Суртаева

Техникалык редактору
С.Н. Жмак

Корректору
Ү. Э. Иманкулов

Компьютерде терип, беттегендер Гүлмира, Айжан Иманкуловалар, Д. Джумагулова

Басууга 2003-жылы 24 мартта кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16, 37,75 шарттуу б.т. Офсеттик басылма.
"Таймс" Гарнитура. Нускасы 2000. Заказ № 56

"Кесип" басмасы, 720031, Бишкек ш., Медеров көчөсү, 42.

Жоопкерчилиги чектелген уюм "Веста" фирмасында басылды.
Бишкек ш., Достук көч., 73

